www.bizdin.kg

Абрамзон С.М.

«Кыргыз Республикасында гуманитардык билим берүүнү өзгөртүү»
ПРОГРАММАСЫ

С.М. АБРАМЗОН

# Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер

Дар Фонда "Сорос-Кыргызстан"
"Кыргызстан-Сорос" фондунун белеги

БИШКЕК 1999

www.bizdin.kg

ББК 63.3 (2 Ки) А—16

Бул китеп «Кыргыз Республикасында гуманитардык билим берүүнү өзгөртүү» программасынын талаптарына ылайык Кыргыз Республикасынын Билим берүү, илим жана маданият министрлиги менен бирдикте «Кыргызстан — Сорос» фонду тарабынан чыгарылды.

Программанын демөөрчүсү — америкалык белгилүү финансист жана ойчул Жорж Сорос.

Которгондор: Мамбеталиев Сатыбалды Сулайманкулов Дардайыл Макенов Советбек

Абрамзон С. М.

А—16 Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер/Котор. С. Мамбеталиев, Д.Сулайманкулов, С.Макенов. — Б.: «Кыргызстан — Сорос» фонду, 1999. —896 6.

15ВЫ 9967-11-042-2

Белгилүү этнограф, түркolog, кыргыз тарыхын изилдөөчү С. М. Абрамзондун бул тандалма эмгектеринде кыргыз элинин этникалык тарыхынын, турмуш-тиричилигинин жана маданиятынын ар түрдүү жагдайларына таандык этнографиялык, тарыхый маалыматтарды талдоонун жана корутундулоонун негизинде кыргыздардын этностук жана маданий турпатынын кандай жол менен калыптанганы баяндалып, алардын бөлөк элдер менен болгон этногенетикалык байланыштары изилденген.

Китеп жалпы окурмандарга арналат.

А 0503020911-99 ББК 63.3 (2Ки)

15ВЫ 9967-11-042-2

© «Кыргызстан—Сорос» фонду, 1999-ж.

# АЛГЫ СӨЗ

Саул Матвеевич Абрамзон 1905-жылы 5-июлда мурунку Орел губерниясынын Дмитров шаарында кол өнөрчү саат мастеринин уй-бүлөсүндө туулган. 1922-жылы совет мектебинин II баскычын бүтүргөн. Ошол эле жылы Ленинград айыл чарба институтуна кирген. Бирок, 1924-жылы ал окуу жайынан Ленинград университетинин түрк адистер бөлүмүнө которулган. Анын жетекчилери көрүнүктүү этнограф, түркологдор А. Н. Самойлович жана С. Е. Малов болгон.

Саул Матвеевич студенттик жылдары өз демилгеси менен эки жолу этнографиялык саякатка барган. 1924-жылы Ярославль губерниясынын Пошехоно-Володарский уездинде, 1925-жылы Кыргыз Автономиялуу облусунун Каракол округунда этнографиялык экспедицияда болгон. Ал эми 1926-жылы Кыргыз Илимий Комиссиясынын чакыруусу менен Кыргызстанга иштөөгө келген. Ушул мезгилден тартып, Саул Матвеевичтин илимий жана педагогикалык иши Кыргызстан менен байланышкан. Ал эмгек жолун облустук музейдин илимий кызматкеринен баштаган. Андан кийин адегенде Кыргыз АССР Эл Комиссарлар Советинин алдындагы Край таануу боюнча илим изилдөө институтунун директорунун орун басары, анан институттун «Адам» секциясынын жетекчиси болгон. Мындан тышкары Мамлекеттик музейдин илимий катчысы катары иштеген. Андан соң Саул Матвеевич Кыргыз Эл агартуу комиссариатынын алдындагы Чыгыш таануу институтунун директорунун милдетин аткарган, 1931 -жылы анын директорлугуна дайындалган. Бирок, ошол эле жылы турмуш шартына байланыштуу Ленинград шаарындагы Миклухо-Маклай атындагы этнография институтунун бөлүмүнө которулуп, анын Орто Азия, Казахстан жана Кавказ элдеринин этнография секторун өмүрүнүн аягына чейин жетектеген.

Саул Матвеевичти кыргыз этнографиясын изилдөөнүн негиз салуучусу десек болот. Ал кыргыз элинин этнографиясын жана маданиятын иликтеп, көптөгөн эмгектерди жараткан. Анын олуттуу эмгектери кыргыз этнографиясынын өзөгүн түзөт. 1926—1950-жылдардын ичинде Кыргызстандын аймагына жүргүзүлгөн этнографиялык экспедициялар С. Абрамзондун ысмы менен байланыштуу. Ал көп жолу Кыргыз Мамлекеттик педагогикалык институтунун (азыркы Кыргыз мамлекеттик улуттук университетинин) тарых жана география факультеттеринин студенттерине этнография боюнча лекцияларды окуган. Анын экспедицияларында келечектеги жаш окумуштуулар этнографиялык жана тарыхый материалдарды жыйноо ыкмаларын үйрөнүшкөн. С. Абрамзон этнография боюнча кыргыз кадрларын даярдоого көп салым кошкон. Анын окуучуларынын ичинен Т. Баялиева, А. Алымбаева, К. Мамбеталиеваны ж. б. атоого болот. С. Абрамзон тарых илимдеринин кандидаттары К. Антипина, А. Бурковский жана М. Айтбаевдерге дайыма кеңеш берип, алардын эмгектерин редакциялаган. Анын бул иштери Кыргыз Илимдер академиясынын Тарых институтунун структурасында 1966-жылы жаңы этнография секторун ачууга мүмкүнчүлүк берген. С. Абрамзон ал сектордун илимий ишине дайыма көзөмөл жүргүзүп, анын кызматкерлерине кеңешчи болгон.

Ал көптөгөн монографияларды, макалаларды, рецензияларды жазып калтырган. Анын Кыргыз Илимдер академиясынын алдындагы кол жазмалар бөлүмүндө жана тарых институтунда жарыялана элек эмгектери, рецензиялары, экспедицияларда чогулткан материалдары сакталып турат. Аларды жаш тарыхчылар, этнографтар пайдаланып жарыялап жатышат.

С.Абрамзондун изилдөө ишинде кыргыздардын Орто Азия, Түштүк Сибир жана Борбордук Азия элдери менен этногенездик, тарыхый-маданий байланыштары кеңири иликтенген. Алардын ичинде кыргыз элинин чарбасынын түрлөрү, урап-

адаттары, диний көз караштары сыяктуу мурун аз же али изилдене элек көп маселелер бар. Бул жөнүндө академик Б. Жунусалиев «эгерде С. Абрамзондун эмгектери болбосо кыйла этнографиялык материалдар илимге белгисиз болуп калмак» деп туура жазган.

Саул Матвеевичтин изилдөө ишинде басымдуу орунду кыргыз элинин этникалык тарыхы ээлейт. Бул проблема маалыматтардын аздыгына байланыштуу жана «кыргыз» этноними тарыхый булактарда Минуса ойдуңунда жана Тянь-Шань аймагында кездешкендиктен окумуштуулардын ичинде бир нече ой-пикирлерди пайда кылды- Ушуга байланыштуу 1953—1955-жылдары Кыргызстандын аймагына атайын археологиялык-этнографиялык экспедициялар уюштурулган. С. Абрамзон анын кура- мындагы этнографиялык отрядды жетектеп, кыргыз элинин калыптанышы жана анын этникалык структурасы жөнүндө баалуу материалдарды чогулткан. Бул татаал жана талаш маселе боюнча анын пикири «Кыргыздар жана алардын этногенетикалык жана тарыхый-маданий байланыштары» аттуу олуттуу эмгегинде жыйынтыкталган. Саул Матвеевичтин концепциясы боюнча кыргыз эли үч топ уруудан түзүлгөн: биринчиси — эзелтен бери жашаган жергиликтүү түрк уруулары болгон, алардын бир бөлүгүнүн түпкү теги түрк каганаттарынын, карлук, уйгур, кыргыз жана караханидер мамлекеттеринин доорунда жашаган уруулар менен байланыштуу болушу ыктымал. Экинчи топко теги Түштүк Сибирь жана Борбордук Азия менен байланышкан, Борбордук жана Батыш Тянь-Шанга, Памир-Алайга түндүк-чыгыш жана чыгыш тараптан көчүп келген түрк уруулары кирген. Үчүнчү топту монгол жана теги казак- ногой болгон уруулар түзгөн. Ошентип, С. Абрамзондун пикири боюнча кыргыз эли үч уруу тобунан жаралган, алардын ичинен Алтай тоолорунан Чыгыш Түркстан — Памирге чейинки аралыкта жашаган жергиликтүү түрк уруулары басымдуулук кылган.

Бул жерде айта кете турган бир нерсе, ошол кездеги Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин биринчи секретары Т. У. Усубалиев республикалык партактивде (1973-ж.) Саул Матвеевичтин аталган олуттуу эмгегин катуу сынга алган. Анын алдында (ак үйдүн шилтемеси менен) кошоматчы тарыхчылар К. К. Орозалиев, С. И. Ильясов жана А. Г. Зималар С. Абрамзондун эмгегин кыргыз элинин түзүлүшү «партиялык» көз караш менен жазылган эмес деп айыптап, бир топ «кемчиликтерди» табышкан. Алардын пикири боюнча С. Абрамзондун эмгегиндеги, маселен, урук-урууларды иликтөө жаштарды биримдүүлүккө тарбиялабастан, алардын арасында «жиктелүүнү» күчөтөт имиш. Чындыгында этнография илиминин эң негизги максатынын бири элдердин этникалык структурасын иликтөө болуп эсептелет. Анын жыйынтыгы дегеле урук-уруулардын карама-каршылыгына алып келбейт.

Албетте, С. М. Абрамзондун бул эмгеги эч кынтыксыз дештен алыспыз. Китепке автордун 1970-жылга чейин ар кайсы мезгилдерде жарыяланган эмгектери киргизилгенин жана алар ошол кездеги партиялык идеологиянын таасири астында саясатташтырылып жазылганын эске алышыбыз керек. Алсак, Арстанбек, Калыгул, Молдо Кылычтын эмгектери «реакциячыл» деп мүнөздөлгөн ж. б. Эгер автор тирүү болгондо бул өңдүү айрым маселелерди кайра оңдомок.

С. М. Абрамзондун Кыргызстандын тарых илимине кошкон салымы зор. Бирок ал көрүнүктүү илимпоздун көзү барында анын сиңирген эмгеги, тилекке каршы, калыс бааланбай, жогоруда айтылгандай, кайра сынга алынган. Так ошол учурда улуу жазуучубуз Ч. Айтматов ал кишиге 1973-жылы 10-мартта атайын кат жолдоп, анда: «...Кош болуңуз, Саул Матвеевич, Кыргыз интеллигенциясы өз кишиси жана чаалыкпас, таланттуу илимпоз катары Сизди абдан барктаарын жана жогору баалаарын эч унутпаңыз!» — деп жалпы коомчулуктун пикирин билдирген. Бул

катты окуганда Саул Матвеевич төбөсү көккө жеткендей кубаныптыр. Сөз жок, Ч. Айтматовдун бул пикирине окурмандар да кошулаары шексиз.


Өмүркул КАРАЕВ, тарых илимдеринин доктору

Китепке С. М. Абрамзондун 1970-жылга чейин ар кайсы мезгилде жарыяланган эмгектери эч өзгөртүлбөй которулуп басылды.

www.bizdin.kg

# I бөлүк

# Негизги эмгектери



# КЫРГЫЗДАР ЖАНА АЛАРДЫН ЭТНОГЕНЕТИКАЛЫК ЖАНА ТАРЫХЫЙ-МАДАНИЙ БАЙЛАНЫШТАРЫ

## КИРИШ СӨЗ

Советтик чыгыш изилдөөчүлөрдүн эң ирилеринин бири — акад. В. В. Бартольд кыргыздарды Орто Азиянын эң байыркы элдеринин катарына кошот[1]. Чынында да мындан эки миң жылдан көбүрөөк убакыт мурда эле жазма булактарда азыркы кыргыз элинин илгерки ата-бабаларына түздөн-түз же кыйыр түрдө тиешеси болгон, территориясы жана этникалык жалпылыгы жагынан тигил же бул түрдө жакындыгы болгон этнонимдер жана топтор учурай баштайт.

Кыргыздардын пайда болушунун байыркылыгы, алардын кыйын жана татаал тарыхый тагдыры, Борбордук Азия жана Орто Азия цивилизацияларынын жетишкендиктерин камтыган жана дүйнөлүк мaанидеги эстеликтин — элдик, баатырдык «Манас» эпосунун жаралышына алып келген өзгөчөлүү маданияты — мына ушунун баары кыргыз тарыхын изилдөө проблемаларына гуманитардык илимдердин, анын ичинде этнографиянын да зор кызыгуусун пайда кылып келген жана пайда кылып келе жатат.

Кыргыздарды этнографиялык жактан изилдеп-үйрөнүү XIX кылымда, айрыкча анын экинчи жарымында өнүгө баштайт. XIX кылымдын биринчи жарымына жана орто ченине тийиштүү булактардан этнографиялык жактан кыргыздарды изилдөөдө орус аскердик-дипломатиялык миссиясынын катышуучусу дарыгер Зибберштейндин (1825-ж.)[2] жазмалары, ошондой эле Тянь-Шанда биринчи болушкан окумуштуу-саякатчылар П. П. Семенов Тянь-Шанский[3] жана Чокон Валиханов[4] тарабынан чогултулган кыргыздар жөнүндөгү баалуу маалыматтар кызыктуу болуп эсептелет.

Кыргызстан Россиянын курамына өз ыктыяры менен киргенден кийин, кыргыздар этнографиялык жактан абдан көңүл коюп изилдөөнүн объектиси боло баштайт. Тилекке каршы, этнографиялык материалдар көпчүлүгүндө даярдыгы аз, же кыргыздардын маданияты менен турмуш-тиричилигин системалуу түрдө байкоого мүмкүнчүлүгү болбогон адамдар тарабынан чогултулган. Көпчүлүк учурда ал материалдар кокус, үстүрт мүнөздө келип, аларда бири-бири менен байланышпаган, ала- чокул фактылар келтирилген. Ошондой болсо да орус окумуштууларынын жана объективдүү байкоочулардын анчалык көп эмес сандагы эмгектеринин аркасында андан ары, бир кыйла тереңирээк этнографиялык изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн негиз салынган. Алардын ичинде В. В. Радловдун, Н. А. Северцовдун, М. И. Венюковдун, Г. С. Загряжскийдин, Н. И. Гродековдун, Н. А. Аристовдун, Ф. В. Поярковдун эмгектерин атоого болот.

Урууга бөлүнүү, чарбалык турмуш-тиричиликтин айрым жактары, социалдык мамилелер, дин, фольклор башкаларга караганда бир кыйла жакшы баяндалат. Материалдык маданияты, үй-бүлө-нике мамилелери, патриархалдык-жамааттык укладдын калдыктары, колдонмо искусство жана эл турмушунун башка жактары боюнча маалыматтар өтө үзүндү-үзүндү мүнөздө. Өтө бир кылка эмес чогултулган материалдар кыргыздардын турмуш-тиричилик укладынын ачык-айкын бейнесин

дегеле бере алган эмес жана илимий корутундуларды чыгаруу үчүн бекем пайдубал болуп кызмат кыла да алмак эмес. Кыргыз элинин революцияга чейинки мезгилдин этнографиялык жактан изилдеп-үйрөнүүнү негизинен факт түрүндөгү материалдарды чогултуу, дайыма эле толук жана так болбосо да, бирок билип-таануу жагы- нан чоң мааниси бар пайдалуу маалыматтарды илимге киргизүү мезгили катарында кароого болот[5].

Улуу Октябрь социалисттик революциясынан кийин кыргыздарды этнографиялык изилдеп-үйрөнүүнүн жаңы этабы башталат. Этнографиялык материалдарды чогултуу боюнча иштер бир кыйла кеңири кулач жаят, музейлер үчүн коллекцияларды жыйноо иши башталат. Москванын, Ленинграддын, Ташкенттин илимий мекемелеринин жана Кыргызстандын өзүндө пайда боло баштаган илимий ячейкалардын иш-аракеттери бириктирилет. Этнографтар эми байкоо жана фактыларды жөнөкөй эле белгилеп жазып алуу менен гана чектешпей, аларды корутундулоо жана талдоо жолуна түшүшөт. Алардын изилдөөлөрү изилденүүчү көрүнүштөргө бир кыйла тереңирээк мамиле кылгандыгы, айрыкча кыргыздардын социалдык мамилелерин талдоодо марксисттик-Лениндик методологияны колдонгондугу менен мүнөздөлөт. Жакын илимий дисциплиналардын өкүлдөрү — тарыхчылар, социологдор, филологдор, экономисттер, искусство таануучулар да өз изилдөөлөрүндө этнографиялык материалдарды пайдаланышып, иштеп чыгышуууда.

Кыргызстанда изилдөөлөрүн азыркы илимий талаптарга ылайык жүргүзүшкөн алгачкы советтик этнографтардын ичинде Ленинграддагы этнографиялык музейлер- дин кызматкерлери Ф. А. Фиельструп[6] жана Н. П. Дыренкова[7] болушкан. 1920-жылдардын экинчи жарымы экспедициялык-чогултуу иш-аракеттеринин күч алышы менен мүнөздөлөт. Экспедициялардын көпчүлүгү өз алдынча этнографиялык максаттарды көздөшкөн эмес, алар социологиялык жана социалдык-экономикалык изилдөөлөрдү гана жүргүзүшкөн. Бирок алар тарабынан этнографияга түздөн-түз тиешеси бар баалуу маалыматтар чогултулган жана жарыяланган. Алардын ичинде Н. Х. Калеминдин[8], М. Ф. Гавриловдун[9], П. И. Кушнердин[10], П. Погорельскийдин жана В. Батраковдун[11] изилдөөлөрү өзгөчө бөлүнүп көрсөтүлүүгө тийиш. 1928-жылы СССР Илимдер академиясынын Кыргыз антропологиялык-этнографиялык экспедициясы өз ишин жүргүзөт. Анын катышуучусу этнограф А. С. Бежкович кыргыз дыйканчылыгы менен мал чарбасын толук изилдеп чыгат[12].

Кыргызстандын улуттук-мамлекет болуп жашап турушунун биринчи жылдары Республика музейинин (1927-ж.) жана Кыргыз АССР Эл Комиссарлар Советинин алдында Край таануу илимий-изилдөө институтунун (1928-ж.) ачылышы менен белгиленди. Музейдин ачылышына байланыштуу 1926-жылы эле жергиликтүү окумуштуулардын күчү менен этнографиялык изилдөөлөр башталат. Өз элинин этнографиясына зор кызыгуу менен көңүл бурушкан жана этнографиялык жазып алууларды жүргүзүшкөн биринчи кыргыз изилдөөчүлөрү Белек Солтоноев[13], С.И.Ильясов[14], Б. Ж. Жамгырчинов[15] жана Б. М. Юнусалиев[16] болушкан.

1943-жылы СССР Илимдер академиясынын Кыргыз филиалынын жана анын курамында Тил, адабият жана тарых институтунун ачылышы этнографиялык изилдөөлөрдү кеңейтүүгө түрткү болду 1946-жылдан баштап, филиал бир нече экспедиция жүргүзөт жана кыргыз этнографиясынын ар түрдүү маселелери боюнча материалдар чогултулат. 1954-жылы филиалдын базасында Кыргыз ССР Илимдер академиясы түзүлөт. Ушул мезгилден баштап, Академиянын Тарых институтунда археология жана этнографиялык экспедициялар, этнограф кадрларды даярдоо иштери уюштурулат. Жергиликтүү этнографтар (А. Ф. Бурковский, А. Жумагулов, Л. Т. Шинло, К. И. Антипина, К. Мамбеталиева, З. Л. Амитин-Шапиро, Т. Баялиева, М. Айтбаев, Б. Алымбаева) үй турмуш кесиптери, аңчылык, материалдык маданият, прикладдык искусство, диний калдыктар, кыргыздардын — колхозчулар менен дыйкандардын турмуш-тиричилиги жана маданияты боюнча, дунгандардын жана башка айрым этнографиялык топтордун турмуш-тиричилиги жана маданияты боюнча, ошондой эле библиография[17] боюнча бир катар изилдөөлөрдү жарыялашат жана басмага даярдашат.

Кыргызстандын этнографиясынын айрым жактары тарыхчылардын (К. Үсөнбаевдин, Д. Айтмамбетовдун ж. б.), тилчилер менен филологдордун (К. К. Юдахиндин, И. А. Батмановдун, Б. О. Орузбаеванын ж. б.), искусство таануучулардын (В. С. Виноградовдун, Ж. Үмөталиеванын ж. б.), философтордун (Б. Аманалиевдин ж. б.) эмгектеринде чагылдырылат. К. К. Юдахин[18] тарабынан түзүлгөн «Киргизско-русский словарь» кыргыз этнографиясын изилдөө үчүн эң баалуу булак боло алат.

Ушул эмгектин автору да өзүнүн кыргыз этнографиясы жагындагы изилдөө иштерин 1925-жылы Ысык-Көлгө чалгындоо менен барып келүүдөн баштайт. 1926—1931-жылдарда ал Ысык-Көлдүн боюнда, Алай, Суусамыр, Чоң-Кемин, Кочкор өрөөндөрүндө этнографиялык материалдарды жана коллекцияларды чогултуу боюнча иликтөө иштерин жүргүзөт. Бул иштер жогоруда айтылган Республика музейин жана Край таануу институтун уюштуруу жана ал мекемелерге жетекчилик кылуу иштери менен айкалышта жүргүзүлөт. 1946—1948-жылдарда автор Борбордук Тянь-Шанга жана Түштүк Кыргызстанга (булардын ичинен экөө СССР Илимдер академиясынын Этнография институту жана СССР Илимдер академиясынын Кыргыз филиалы менен бирдикте жүргүзүлөт[19]) уюштурулган этнографиялык экспедицияларга жетекчилик кылат, 1950—1951-жылдарда СССР Илимдер академиясын Памир—Фергана комплекстүү археологиялык-этнографиялык экспедициясынын этнографиялык отрядына жетекчилик кылат. 1952—1955-жылдарда СССР Илимдер академиясынын жана Кыргыз ССР Илимдер академиясынын этнографтары менен фольклорчуларынын биргелешкен күчү менен автордун жетекчилиги астында кыргыз кыштактары Дархан жана Чычкандын (Ысык-Көл боюнда) колхозчуларынын турмуш-тиричилигин жана маданиятын ар тараптан изилдеп-үйрөнүү ишке ашырылат[20]. 1953-1955-жылдарда автор СССР Илимдер академиясы менен Кыргыз ССР Илимдер академиясынын Кыргыз археологиялык-этнографиялык экспедициясынын этнографиялык отрядына жетекчилик кылат, бул экспедиция Кыргыз ССРиндеги кыргыздар жашаган бардык негизги райондорду маршруттук изилдөөнү кучагына алат[21].

Жогоруда айтылган бир катар экспедицияларга этнографтар Е. И. Махова, К. И. Антипина катышышат. Алар чогулткан жана иштеп чыккан материалдар коллективдүү да жана монографиялык да изилдөөлөрдө жарыяланган[22]. Экспедициялардын учурунда авторго кыргыз жаштарынын ичинен төмөнкү аспиранттар жана студенттер жардам беришти: Ж. Шүкүров (1927-ж.), у. Абдукаимов (1928-ж.), С. Табышалиев (1946-ж), К. Курманов (1947-ж.), К. Дыйканов (1948-ж., 1953-ж.), Р. Рүстөмова (1950-ж.), З. Турдукулов (1951-ж.), А. Ниязов (1951-ж.), Ш. Бекеев (1954-ж.), Ж. Керимбеков (1955-ж.) жана башкалар, ошондой эле кыргыз турмушун жакшы билген Абдыкалык Чоробаев (1946, 1954-ж.ж.), экспедицияларга көп жолу катышкан З. Белекова (1948, 1952, 1953, 1954-ж. ж.) авторго өзгөчө баалуу жардам берди.

Жогоруда айтылып өткөн экспедицияларга катышуу жана мүмкүн болгон тарыхый, археологиялык, фольклордук жана башка маалыматтарды пайдалануу авторго феодалдык түзүлүштүн жана социализмге өтүүнүн шарттарында кыргыз элинин маданиятынын өнүгүшүнүн ар кыл жактарын изилдөөгө мүмкүндүк берди. Бул проблемаларды иштеп чыгуу көптөгөн бүдөмүк маселелерди, алардын ичинде кыргыз элинин уруулук түзүлүшүнө, анын коомдук түзүлүшүнө, идеологиясына жана башкаларына тиешеси бар теориялык маселелерди да баяндоону жана чечүүнү талап кылды. Изилдөөлөрдүн жыйынтыктары өзүнчө макалаларда да, ошондой эле коллективдүү эмгектердин бөлүмдөрүндө да жана монографияларда да чагылдырылды.

Бул эмгектерде кыргыздардын башка бир катар элдер менен этногенетикалык байланыштары жана кыргыз маданиятынын айрым өзгөчөлүктөрүнүн калыптануу

жолу каралат, советтик жана чет өлкөдөгү кыргыздарга тарыхый-этнографиялык мүнөздөмө берилет, кыргыз колхоз дыйкандары менен жумушчу табынын азыркы турмуш-тиричилиги жана маданияты баяндалат, кыргыздардын турмуш-тиричилигине жана маданиятына орус маданиятынын тийгизген прогрессивдүү таасири ачы- лып көрсөтүлөт, Кыргызстандын шартында улуттардын жакындашуусунун айрым маселелери изилденет.

Бул эмгекти даярдоодо автор кыргыз элинин этникалык тарыхынын, турмуш-тиричилигинин жана маданиятынын ар түрдүү көрүнүштөрүнө тиешелүү болгон маалыматтарды жыйынтыктоонун жана талдоонун негизинде, кыргыз элинин этникалык жана маданий бейнесинин (облик) калыптануу жолун, өткөн кылымдын экинчи жарымында жана биздин кылымдын биринчи жарымында кандай бейнеге ээ болгонун карап чыгууну өзүнүн негизги милдети деп эсептеди.

Кыргыз элинин кошуна элдер менен жана чектеш өлкөлөрдү[23] элдери менен болгон ар тараптуу этногенетикалык жана тарыхый-маданий байланыштарын иликтеп көрбөй туруп, кыргыздардын өмүрүнүн турмуш-тиричилигинин жана маданиятынын өзгөчөлүгүн чечмелөө жана түшүндүрүү кыйын болор эле. Биздин тарыхый- этнографиялык билимдерибиздин азыркы деңгээли бул татаал ишти колго алууга мүмкүндүк берди. Автор пайда болгон бардык проблемаларды ийгиликтүү чече алды деген ойдон алыс. Кээ бир проблемаларды көтөрүү менен гана чектелдик, ал эми башка маселелер боюнча эң эле жалпы жоболорду айтуу менен чектелүүгө туура келди. Ошондой болсо да автор өзүнүн бул эмгеги башка изилдөөчүлөр үчүн, алардын кыргыз элинин байыркы нукура негизи болгон жана Орто Азия менен Казакстандын, Түштүк Сибирдин, Моңгол Эл Республикасынын боордош элдеринин көптөгөн маданий жетишкендиктеринин өзүнчө бир синтези болгон бай жана көп түрдүү маданиятын дагы тереңирээк жана ар тараптан билип-таанууга умтулууларында жардам бере алат деп ишенгиси келет.

Өзүлөрүнүн баасын, сын пикирлерин жана каалоолорун айтып, ушул эмгекти даярдоодо мага жардам беришкен илимий мекемелерге, коллективдерге жана айрым адамдарга, айрыкча СССР Илимдер академиясынын Этнография институтунун Орто Азия жана Казакстан секторуна, Кыргызстан, Казакстан, Өзбекстан жана Кара-Калпакстандын этнографтар коллективдерине, Кыргыз ССР Илимдер академия- сынын Тарых институтунун жетекчилигине жана илимий советине, Кыргыз мамлекеттик университетинин тарыхчылар коллективине, ошондой эле Т. А. Жданкого, К. К. Каракеевге, Н. А. Кисляковго, С. Г. Кляшторныйга, Л. П. Потаповго, В. А. Ромодинге, К. К. Юдахинге, Б. М. Юнусалиевге терең ыраазылыгымды билдирүүнү өзүмдүн жагымдуу парзым деп эсептеймин.

# I бап КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ЭТНИКАЛЫК ТАРЫХЫНЫН МАСЕЛЕЛЕРИ

Кыргыз элинин пайда болушу жөнүндөгү проблема Борбордук Азиянын этникалык тарыхынын көбүрөөк татаал жана талаш-тартышуу жактарына кирет. XVIII кылымдын экинчи жарымынан баштап бул проблема орус, батыш европалык, чыгыш тарыхчыларынын, географтарынын жана хронисттеринин көңүлүн өзүнө бекем тартып келген. Кыргыздардын пайда болушу жөнүндө гипотезалар биринин артынан бири пайда болуп, ой жоруулар жана божомолдоолор айтылып, алардын этникалык тарыхынын ар түрдүү жактары изилденип келүүдө. Бул, биздин күнгө чейин айныбай, суубай келе жаткан кызыгуу көптөгөн себептер менен, айрыкча төмөнкүдөй кырдаал менен түшүндүрүлөт: тарыхый булактар далилдеп тургандай, бир кыйла мурдараак мезгилде Түштүк Сибирде, Енисейде, бир кыйла кийинчерээк мезгилде Орто Азиянын чыгыш бөлүгүндө, Тянь-Шань жана Памир-Алай тоолорунда «кыргыз» деген ат менен эки этникалык жалпылык жашаган. Кыргыздардын этникалык тарыхына болгон зор кызыгуу, ошондой эле, азыркы кыргыздардын ата-бабаларынын байыркы жана орто кылымдарда бир катар элдердин жана уруулардын тарыхый тагдырларында өзгөчөлүү бир роль ойногондугу менен да түшүндүрүлөт. Акырында, бул проблема башка маселелер менен эле бир катарда изилдөөчүлөрдүн көңүлүн буруп келгендигинин жана буруп жаткандыгынын себеби кечээ жакынга чейин эле илим көптөгөн маселелерди фактылардын бекем пайдубалына таяп чечүүгө мүмкүндүк бере турган иштиктүү булактарга ээ эмес болучу.

Азыркы кыргыздардын этникалык тарыхын изилдеп-үйрөнүүгө негиз салгандар деп толук негизде орус окумуштууларын эсептөөгө болот, алар бул проблеманы иштеп чыгууга алда канча орчундуу салым кошушкан. Алардын ичинде XVIII кылымдын окумуштуулары П. И. Рычковду[1] жана академик В. Н. Татищевди[2],ошондой эле капитан И. Г. Андреевди[3] атоого болот. Дагы бир кошуп айта кетчү нерсе бул, Ф. Ефремов 1770-жылдардын акыры ченде кыргыздар көчүп жүргөн аймактарда болуп, мындай деп билдирген: «Ушундан (Түштүк Кыргызстандын территориясындагы азыркы Ош шаары — С. А) Кашкарга (б. а. Кашкарга — С. А.) чейин 13 күндүк жол. Ош менен Кашкарынын ортосунда тоолордо кыргыз-кайсактардан айырмаланган кыргыздар көчүп жүрүшөт»[4].

Бул проблеманы иштеп чыгууда XIX кылымдын изилдөөчүлөрү Н. Я. Бичурин (Иакинф)[5], А. И. Левшин[6], Ч. Ч. Валиханов[7], академик В. В. Радлов[8] жана Н. А. Аристов[9], ал эми совет мезгилинде Г. Е. Грумм-Гржимайло[10], академик В. В. Бартольд[11], А. Н. Бернштам[12] жана башка окумуштуулар[13] ири салым кошушкан.

Бир катар чыгыш авторлорунун кыргыздар жөнүндө баалуу тарыхый жана этнографиялык маалыматтары бар чыгармалары да илимдин энчиси болуп калды, бул маалыматтар кыргыздар эң эле болбоду дегенде XV кылымдын экинчи жарымында Тянь-Шандын территориясында жашаган же аны менен кошуна жашаган деп ишенимдүү айтууга мүмкүндүк берет[14].

1950-жылдарда кеңири жайылган изилдөөлөр кыргыздардын этникалык тарыхын иштеп чыгууда жаңы этап болуп калды. Буга 1950—1951-жылдардагы Памир—Фергана археологиялык-этнографиялык экспедициясы

(жетекчиси А. Н. Бернштам) негиз салды. Бул изилдөөлөр бир кыйла кеңири негизде 1953—1955-жылдарда СССР Илимдер академиясынын жана Кыргыз ССР Илимдер академиясынын Кыргыз археологиялык-этнографиялык экспедициясы тарабынан улантылат (жетекчилери: 1953-жылы — А. П. Окладников, 1954—1955-жылдарда— Г.Ф. Дебец)[15]. СССР Илимдер академиясынын Чыгыш таануу институтунун Ленинград бөлүмү тарабынан (топтун жетекчиси В. А. Ромодин) чыгыш авторлорунун тарыхый жана географиялык чыгармаларынан материалдарды изилдөө жана бул чыгармалардан үзүндүлөрдү орус тилине которуу иши кыргыздардын этникалык тарыхын изилдеп-үйрөнүү үчүн олуттуу мааниге ээ болду- Ушул эле жылдарда жана кийинчерээк кыргыз тилчилери тарабынан да ар тараптуу изилдөөлөр жүргүзүлдү. Алардын эмгек- тери да кыргыздардын этногенетикалык байланыштарынын жана алардын этникалык тарыхынын айрым бир жактарын ачып көрсөтүүгө жардам берди[16]. Археологдордун, этнографтардын, тарыхчылардын жана тилчилердин кыргыз элинин пайда болуу проблемасын изилдөө жагындагы иликтөөлөрүнүн корутундулары СССР Илимдер академиясынын жана Кыргыз ССР Илимдер академиясынын кыргыз элинин этногенезине арналып 1956-жылы ноябрда Фрунзе шаарында биргелешип өткөргөн илимий сессиясында жыйынтыкталат[17]. Бул сессиянын катышуучулары, кыргыз элинин негизги уюткусу же эң болбоду дегенде, анын курамына кирген бөлүктөрдүн бирөө Борбордук Азияда пайда болгон деген корутундуга келишти. Ошону менен бирге кыргыздардын бор- бордук азиялык этникалык уюткусун бир кыйла тагыраак жиктөө жөнүндөгү маселе али жетишерлик даражада изилденип-үйрөнүлө элек деп табылды.

Кыргыздардын этникалык тарыхынын маселелери боюнча баалуу маалыматтар жогоруда айтылган, кечээ жакында илимий иликтөөнүн чөйрөсүнө киргизилген, XVI кылымда Ферганада Мулла Сайф ад-дин Ахсикенди тарабынан жазылган «Мажму ат-таварих» аттуу чыгарманын кол жазмасынан табылды. Ошондой эле Чокон Валихановдун архивинен мурда басылган «Чыгармаларына»[18] кирбеген, кыргыздарга[19] арналып жазылган, бирок толук иштелип бүтпөгөн кол жазмасынын жарыяланышынын чоң мааниси бар.

Айтылган материалдар жана булактар кыргыздардын этникалык тарыхынын башкы этаптарын аныктоо кыргыз элинин пайда болушу жөнүндөгү кээ бир жаңы гипотезаларды негиздөө үчүн жарым-жартылай пайдаланылды[20].

Азыркы мезгилде кыргыз элинин этногенезин жана этникалык тарыхын изилдөөдө үч багыт аныкталды. Алардын бири А. Н. Бернштамдын кыргыздардын Тянь-Шанга көчүп келиши 1300—1400 жылга созулуп «көп этаптуу» болгон деген гипотезасын өнүктүрүүгө же чечмелөөгө байланышкан (анын жогоруда жана төмөндө көрсөтүлгөн эмгектерин караңыз). Бул гипотезанын азыр да тигил же бул даражада өз тарапкерлери бар, алар кыргыздарды эң болбоду дегенде монголдор басып алаар алдындагы мезгилде Тянь-Шандын аборигендери болгон деп эсептешет.

Экинчи багыт А. Н. Бернштамдын гипотезасына өтө жакын, бул багыт кыргыздар эң байыркы мезгилден бери эле Тянь-Шань жана Памир-Алай тоолорунда жашап келишкен деп эсептейт. XIX кылымдын Н. Я. Бичурин, Ч. Ч. Валиханов, Н. А. Аристов сыяктуу изилдөөчүлөрү ушундай көз караштa турушкан. Акыркы мезгилде бул маселе боюнча Ч. Ч. Валиханов тарабынан айтылган бир катар ой жүгүртүүлөрдөн А. Х. Маргулан: IX—X кылымдарда

кыргыздардын саясий биргилигинин борбору Үрүмчү шаарынын аймагында жана Турфандын түндүк тарабында жайгашкан деген корутунду чыгарат. Бул жактан кыргыздар ар түрдүү багыттарда көчүп жүрүшкөн. Тянь-Шань тарапка көчкөндөрдүн кээ бир күчтүү топтору ушул территорияда калып, бул жерде пайда болгон элге кыргыз деген ат берген[21]. Кыргыздардын негизги уюткусу байыркы мезгилден бери эле Кыргызстандын азыркы территориясында жашап келген деген пикирди А. Хасанов[22] жана кыргыз элинин этногенези боюнча жогоруда эскерилген илимий сессиясынын башка катышуучулары колдошкон.

Кыргыздардын же алардын негизги уюткусунун пайда болушу жөнүндөгү автордук теориянын тарапкерлеринин далилдери же негизделген жок, же жетиштүү түрдө ишенээрлик да эмес жана кыргыздардын азыркы жашап турган жери менен болгон байыркы байланышы да ырастала элек, ошондой болсо да кыргыз элинин байыркы жергиликтүү калктын негизинде пайда болгондугу жөнүндөгү теория кандайдыр-бир жаңы илимий маалыматтарга негизделбесе да жашап жана колдоого ээ болуп келе атат. Бул теория Кыргызстандын кээ бир тарыхчыларынын көз караштарына белгилүү даражада таасир этүүдө.

К. И. Петровдун жогоруда аталган эмгектерине негизделген үчүнчү багыт да кыргыз этносу «Енисей-Эртиш дарыяларынын аралыгынан» эки-үч этап менен көчүп келген, бирок бул көчүү бир кыйла кийинчерээк мезгилде болгон жана ал 300—400 жылга созулган деген пикирге негизденет.

К. И. Петровдун гипотезасы жалпы жонунан алганда төмөнкүчө: кийинчерээк кыргыз элин түзгөн жана биздин замандын миң жылдыгында калыптанган уруулардын негизги массиви (массиви-агымы же уюткусу) «Енисей—Иртыш дарыяларынын аралыгындагы» калмак (кыпчак)-кыргыз уруулары, ошондой эле аларга жакын тектеш чыгыш-кыпчак уруулары болушкан. Адегенде Иле-Иртыш дарыяларынын аралыгын (XIII кылымдын ортосунда жана экинчи жарымында) ээлешип, алар кийин Борбордук Тянь-Шанга оой баштаган. Бул көчүп кетүүлөрдү автор согуштук-саясий окуялар менен, айрыкча душмандардын басып кириши менен түшүндүрөт. Алгач Тянь-Шанга майда топтор көчүп келишип, алар башка моңгол-түрк калкы менен аралашкан. Темирден кийинки мезгилде (XV к.) Тянь-Шанга көчүп келүүлөр массалык мүнөзгө ээ болгон. Аталган уруулардын Тянь-Шанга таралышы (XIII—XV к.к), автордун ою боюнча, кыргыз элинин калыптануу процесси менен дал келет.

Азыркы кыргыздардын пайда болушу жөнүндөгү бул гипотеза акыркы мезгилге чейин, кыргыз окумуштуусу Ө. Караевдин[23] макаласын эске албаганда, илимий басма сөздө олуттуу түрдө талдап карап чыгуунун предмети болгон эмес. К. И. Петровдун айрым көз караштарына автордун «Кыргыздар»[24] деп аталган жыйынтыктоо эмгегинде кыскача баа берилет. К. И. Петровдун айрым этногенетикалык жоболору толугу менен жокко чыгарылат[25].

К. И. Петровдун гипотезасынын негизги жоболору аздыр-көптүр негизделген болжолдоолорго, анын тарыхый булактарды бир кыйла талаш-тартыш пайда кыла турган, көпчүлүгүндө негизсиз талдоолоруна таянат. Ошондой болсо да, К. И. Петров өзүнүн гипотезалык болжоолорун тарыхый фактылар менен ырасталып, толук негизделген илимий далилдер катарында өтө көп пайдаланат. Ө. Караевдин аталган макаласы К. И. Петровдун эмгектеринин бирин ал өз гипотезаларын негиздөө үчүн келтирген айрым

булактарды туура пайдаланганбы жана туура талдаганбы — мына ушул көз караштан карап чыгууга жасалган алгачкы аракет болду- Ө. Караевдин аракети жалпысынан көңүл буруууга татыктуу болсо да, анын китептин авторуна каршы айтылган кээ бир ой-пикирлери жетишерлик ишенимдүү болгудай негизделген эмес, ал эми Ө. Караевдин айрым жоболоруна макул болуу кыйын.

Мен К. И. Петровдун гипотезасын кеңири түрдө сынга алуудан азырынча токтоп турууга аргасызмын, анткени ал өтө көп орун талап кылаар эле. Бул эмгекте келтирилген этнографиялык маалыматтардын көбү К. И. Петров иштеп чыккан схемага сыйбагандыктан, ал маалыматтар өзүнөн өзү эле анын гипотезасынын бир катар башка пикирлерине жетишерлик даражада далилденген каршы пикир боло алат. Бул гипотезанын тарыхый негизине келе турган болсок, В. И. Юдиндин дал К. И. Петровдун гипотезасына тийиштүү сын пикирине толук кошулууга болот деп эсептейбиз: «Кыргыздардын Тянь-Шанда пайда болушун, баарынан мурда, алардын Алтайдан жана Енисейден монгол басын алууларынан кийинки мезгилде Тянь-Шандын чет-жак аймактарына келиши менен, ал жерде көп сандагы кыргыз урууларынын топтолушу жана алардын кийин Тянь-Шандан монголдорду сүрүп чыгарып жана аларды жарым-жартылай өзүнө сиңирип алгандыгы менен түшүндүрүүгө жасаган аракети анчалык ишенээрлик эмес гипотеза бойдон кала берет, анткени процесс дал ушундай мүнөздө жана ырааттуулукта болгондугу жетиштүү түрдөгү булактар менен далилденип ырасталбайт»[26].

Бул эмгектин автору К. И. Петровдун гипотезасынын бир катар негизги жоболоруна өзүнүн сын көз менен мамиле кыла тургандыгын жашырбаса да, анын бүткүл гипотезасын кайра карап чыгууга же толук бойдон четке кагууга умтулбайт, анын гипотезасы Кыргызстандын кээ бир тарыхчылары тарабынан кабыл алынган.

Белгилеп гана коё турган нерсе: К. И. Петровдун 1960—1963-жылдарда жарык көргөн бир нече эмгектеринде, жогоруда айтылган кыргыз элинин этногенезине арналган илимий сессиянын катышуучулары жана 1947-1959-жылдарда кыргыз элинин этникалык тарыхынын ар түрдүү маселелерин иш-теп чыккан ушул эмгектин автору тарабынан көтөрүлгөн айрым маанилүү идеялар жана ой-пикирлер толук же жарым-жартылай кабыл алынган болучу, айрым учурларда кайталанып, башка бир учурларда өнүктүрүлгөн эле (бул изилдөөлөрдүн негизги жыйынтыктары 1954—1960-жылдарда жарыяланган айрым макалаларда жана докладдарда, жарым-жартылай 1961—1963-жылдарда басылган эмгектерде баяндалган).

Мына ошондуктан К. И. Петровдун эмгектери кыргыз элинин калып-танышынын жана анын этникалык тарыхынын маселелери боюнча негизинен өзүнөн мурдагылардын айткандары жана корутундулары менен окшош келген жоболорду камтыйт, ал эми бир кыйла даражада Кыргыз археологиялык- этнографиялык экспедициясынын жана жогоруда айтылган сессиянын кээ бир катышуучуларынын эмгектерине, айрыкча этнография жагындагы изилдөөлөрүнө, түздөн-түз эле таянат.

Кыргыздардын этникалык тарыхынын маселелери боюнча жогоруда айтылган гипотезалар менен теориялардын авторлору тарабынан сунуш кылынган чечимдер бир жактуу мүнөздө экендигин моюнга алууга туура келет. А. Н. Бернштамдын гипотезасы боюнча Тянь-Шанга көчүп келүүгө баарынан мурда Енисей кыргыздары катышкан. Бул кыргыздардын Тянь-

Шанга көчүп келиши жетишээрлик түрдө ачык көрсөтүлгөн болсо да, автордун далилдери бардык эле учурда ынандырарлык боло алган эмес. Ошол эле убакта

К. И. Петровдун калмак-кыргыз урууларынын кайсы бир шарттуу тобунун көчүп келиши жана бул көчүүлөрдүн «ташкыны» жана «тартылышы» болгондугу жөнүндөгү гипотезасы бизге этникалык процесстин өтө татаал сүрөтүн берет. Мында автор этникалык процесстерди кантип болсо да саясий окуялардын чектерине «сыйгызууга» аракеттенет, аларды негизинен саясий тарыхтын таасири астында карайт, этникалык тарыхтын фактыларын эрктүү түрдө же эрксизден саясий тарыхка «дал» келтирет. Бирок этникалык тарых дегенибиз — социалдык, экономикалык жана башка көрүнүштөрдүн, ошондой эле маданий, турмуш-тиричилик жана этникалык салттарды камтыган процесстердин жыйындысы. Этникалык тарыхты негизинен саясий окуялардан жана согуштук кагылышуулардан келип пайда боло турган миграциялар менен чектөөгө болбойт. Мындай ыкманы туура деп айтууга болбостур.

Анын үстүнө К. И. Петров этникалык территория деген факторго тийиштүү маани бербейт. Бирок да Тянь-Шань жана Памир-Алай, жарым-жартылай Саян-Алтай жана Куэн-Лунь тоо кыркалары ээлеген кеңири аймактар жана аларга танапташ тоолуу аймактар ар кайсы мезгилдерде ар түрдүү уруулар тарабынан өздөштүрүлгөн. Ошол аймактарда жайгашкан жайлоолор, көчмөн элдер, аңчылык жайлары, айдоо жерлер, андагы конуштар жана айылдар менен бирге толук негизде этникалык территория деп табылууга тийиш, кийин кыргыз элинин курамына кошулган уруулардын калыптанышы жана элдин өзүнүн куралышы да ушул территория менен байланыштуу болгон. Кыргыз эли куралып түзүлгөн көчмөн уруулардын жер которуп ооп жүрүшү жана алардын согуштук-саясий тагдырларынын оомалуу-төкмөлүү болуп турушу кээде алардын этникалык территориясын тарытып же кеңейтип же болбосо ал. территориянын чектерин «жок кылып» жибериш мүмкүн болсо да, кыргыздардын этногенезин, алардын этникалык тарыхын белгилүү бир мезгилди кучагына алган туруктуу этникалык территориядан тышкары кароого болбостур.

Кыргыздар терең автономдуу эл деп табууга умтулгандардын ой-пикири да, кыргыздардын этногенезин алда кайдагы алыскы территориялардан Тянь-Шанга кыргыз урууларынын кайсы бир «агымынын» же «массивинин» көчүп келишине алып барып такагандардын көз караштары да мага аша чапкандык болуп көрүнгөнсүйт.

Чындыгында кыргыз эли жергиликтүү жана сырттан келген калктын өз ара тыгыз этникалык байланыштарынын натыйжасында куралган, ал эми анын этникалык тарыхы К. И. Петров өз эмгектеринде сүрөттөгөндөй өтө татаал мүнөздө болгон эместир. Ал куралуунун башкы өзгөчөлүгү, эгер ушундай деп айтууга мүмкүн болсо, анын «көп кырдуулугунда». Кыргыздардын этникалык тарыхы Борбордук Азияда, Түштүк Сибирде, Орто Азияда, азыркы Казакстандын талаа мейкиндеринде болуп өткөн этникалык процесстер менен көп түрдүү байланышуулар аркылуу түзүлгөн; ал тарыхты бул байланыштарды эске албай туруп кароого болбойт.

Дал ошондуктан кыргыз элинин этникалык тарыхынын кыймылдаткыч күчтөрүн жана этаптарын талдоодо пайда болуучу көптөгөн маселелерди бир нече кылымдар бою «Енисей-Иртыш дарыяларынын аралыгынан» ооп келген, болгондо да толук түрдө калыптанып калгансыган кыргыз этникалык

жалпылыгы сыяктуу көрүнгөн түрк тилдүү уруулардын кандайдыр-бир бирдиктүү «массиви-агымынын» көчүп жүргөн жолдорунан издөө аркылуу чечүүгө боло койбос[27].

Айтылганга кошумчалай турган нерсе: эгерде енисейлик жана тянь-шандык кыргыздарды бирдей деп билүүнүн мүмкүн эмес экендиги алда качантан эле ачык болуп калган болсо, анда археология, тарых, тил жана этнография

маалыматтарын көбүрөөк кылдаттык менен караганда алардын ортосундагы айрым этногенетикалык байланыштардын бар экендиги байкала тургандыгын толук танып салуунун негизсиздиги да ошончолук ачык.

Кыргыз элин түзгөн уруулардын калыптаныш процесси зор территорияда узак убактар бою жүргөн. Азыркы изилдөөчүлөрдүн көпчүлүгү кыргыз урууларынын ата-бабаларынын пайда болушу сактар менен усундардын, динлиндер менен гунндардын эң байыркы уруулук бирликтери менен байланыштуу деген корутундуга келишти[28].

Кыргыз элинин этникалык тарыхын жана анын этногенез проблемасын карап чыгууда жообун этнография илими да бере турган маселелер келип чыгат. Буларга төмөнкү маселелер кирет: кыргыз эли кайсы этникалык компоненттерден түзүлгөн; бул этникалык компоненттердин калыптанышы жана кыргыз элинин өзүнүн куралышы кайсы территорияда болуп өткөн; алардын кыргыз элинин курамына киришинин ирет-кезеги, алардын «үлүш-салмагы» кандай ж. б.

Тилекке каршы, айрым тарыхчылар этнографиялык булактардагы маалыматтарды эске алышкан эмес, ал эми айрым авторлор ал булактарды четтеп да өтүшкөн. Бул болсо изилдөөлөрдүн факты жагынан белгилүү түрдө жардыланышына, айрым бир жактуулукка жана чала негизделген, шашылыш жана талаш-тартыш гипотезалардын, ой-пикирлердин жана концепциялардын пайда болушуна алып келген. Ырас, этнографиянын мүмкүнчүлүктөрү белгилүү бир даражада чектелүү келет, баарынан мурда хронологиялык алкактар менен чектелип калат. Бирок бир кыйла кийинки этнографиялык материалдарды да туура жана көңүл коюп пайдаланганда, аларга олуттуу илимий мамиле жасаганда, ал материалдар этникалык тарыхтын алда канча мурдакы мезгилдерин да баамдоого мүмкүндүк бере алат.

Кыргыз элинин калыптанышы жөнүндөгү маселени изилдөөдө баарынан мурда анын кайсы конкреттүү этникалык компоненттерден куралганын табуу керек эмеспи. Ошондой болсо да, көптөгөн эмгектерде кечээ жакынга чейин жалпы эле кыргыздар жөнүндө, бүт кыргыздардын этникалык тарыхын изилдеп-үйрөнүү да анын курамына кирген негизги компоненттердин пайда болушу аныкталганда гана ийгиликтүү болоорун моюнга алышууда. Кыргыздарга карата алганда бул өзгөчө маанилүү, анткени алардын аты менен байланышкан хронологиялык жана географиялык координаттар өтөмө-өтө кеңири.

Кыргыз элинин түзүлүшүнө алып келген этникалык процесстерди туура түшүнүү үчүн «кыргыз» деген этнонимдин өзү жөнүндөгү маселени тигил же бул түрдө түшүндүрүүлөр белгилүү мааниге ээ. Бул этнонимдин тарыхы жана этимологиясы жөнүндө жана кыргыздарга байланыштуу болгон «бурут»[29] деген этноним жөнүндө сөз кылбастан, анын этникалык мазмуну жөнүндө бир нече ой жорууларды гана айтып кетүү керек. «Кыргыз» деген этнонимге

анын бүткүл жашап келе жаткан мезгилинде бирдей этникалык мазмунга ээ болуп келген этноним катарында үстүртөн мамиле жасоого (мурда ушундай мамиле жасашкан жана кээде азыр да айрым изилдөөчүлөр ушундай мамиле жасашат) жол берүү туура боло койбос.

Бул маселени чечүүдөгү эң зор кыйынчылык мында турат: «кыргыз» деген этнонимди алып жүргөндөр (эң болбогондо XVI—XVII к.к.) бир эле убакта Түштүк Сибирде, Чыгыш Түркстанда, Тянь-Шанда, Памир-Алайда, Орто Азияда жана казак талааларында, Урал боюнда (башкыртатардын арасында), б. а. бири-биринен алда канча алыс турган территорияларда жашашкан. Ушул фактынын өзү эле кыргыздардын этникалык тарыхы Орто жана Борбордук Азиянын, ошондой эле канатташ аймактардын көптөгөн башка урууларынын жана элдеринин калыптануу (куралуу) тарыхы менен тыгыз байланышкан, узакка созулган коп кырдуу процесс болгондугун далилдеп турат. Конкреттүү этникалык мазмунунан ажыратып, курчап турган этномаданий чөйрөдөн тышкары жана хронологияны эске албай өзүнчө алынган элдин аты терең изилдөөлөр үчүн кантип алгачкы негиз боло алмак. Изилдөөчүлөр бири-биринен өтө алыс жаткан территорияларда «кыргыз» деген этнонимдердин бар экендигинин фактысынын өзү ал этнонимди алып жүргөндөрдүн пайда болушунун жалпылыгы жөнүндө айтылгандарды ырастай ала турган жетиштүү түрдөгү олуттуу далил боло албасын бир нече жолу белгилешкен.

Тянь-Шандын жана Памир-Алайдын азыркы кыргыздарынын IX—X кылымдардагы кыргыз мамлекети деп аталган мамлекеттин кыргыздарына кандай тиешеси бар экендиги жөнүндө маселе, кыргыз элинин калыптануу доору жөнүндөгү маселе да өтө татаал маселелердин катарына кирет, бул маселелер боюнча ушул кезге чейин талаш-тартыштар уланып, дискуссиялар болуп, карама-каршы көз караштар жашап келе жатат. Бир жагынан, Тянь-Шань жана Памир-Алай кыргыздарынын, экинчи жагынан, Енисей кыргыздарынын экөөнүн тең аталышынын окшоштугуна гана таянып, алардын ортосунда түз байланыштарды табууга аракеттенүү кандайдыр-бир олуттуу жыйынтык бере алган жок, кыргыз элинин пайда болуу проблемасын илимий түрдө чечүү үчүн негиз боло алган жок. Ошондой болсо да, кечээ жакынга чейин бир катар эмгектерде «кыргыз» этноними аны алып жүрүүчүлөр менен бирге алынып, канча мезгил өтсө да, кандай аймактарда болсо да өзгөрүлбөгөн түрдө көчүп-ооп жүргөн нерсе катарында каралып келди. XII—XIII кылымдардын кыргыздарына да, XVIII—XIX кылымдардын кыргыздарына да бир тектеш этникалык коллектив, бирдиктүү этникалык жалпылык катарында мамиле жасашты. Енисей кыргыздары менен Тянь-Шань кыргыздары жөнүндө сөз болгондо алардын өндүргүч күчтөрүнүн өнүгүү деңгээли, саясий шарттарынын аркылдыгы, географиялык чөйрөсүнүн өзгөчөлүгү, өндүрүштүк мамилелеринин башкачалыгы, аларды курчаган ар түрдүү этникалык чөйрө жетишээрлик түрдө эске алынган эмес.

Бирок да «кыргыз» деген аттын Енисейдин баш жагынан алыскы түш- түк-батышка, Ура-Дөбөгө чейин, Ооган Бадахшанына чейин «ооп» кеткендигинин себебин кантип түшүндүрүүгө болот? Биздин замандын I миңинчи жылдыгында бул аттын ары жагында эмнелер жашырынып жатты экен: саясий бирликпи, уруулардын административдик-территориялык же жоокерлик- көчмөн бирикмелериби же өзүнүн ушундай аты бар калыптанган элби? Эгер ошол мезгилде (IX—X) кк. кыргыз мамлекетинин жашап тургандыгы жөнүндөгү булактарга толук ишенген күндө да, ошондо да бул мамлекетти уруулук салттар үстөмдүк кылган алгачкы-феодалдык типтеги

мамлекетке таандык кылууга болот. Бул мамлекет-бирикменин курамына кирген уруулар өзүлөрүнүн этнонимдерин, өзүлөрүнүн уруулук аң-сезимин сактабай коё алмак эмес. Ошондуктан, кээ бир окумуштуулардын IX—X кылымдарда эле толук куралып калыптанып бүткөн «кыргыз» деген аты бар эл жашап турган деген пикирлери менен макул болуу кыйын. Ал кезде эл болуп куралуу үчүн объективдүү шарттар өсүп жетиле элек (төмөндө, 28—29-беттерди караңыз) эле, социалдык-экономикалык өнүгүү өз алдынча эл куралып түзүлгүдөй деңгээлге али жете элек болчу. Орто Азия жана Казакстандын дээрлик бүт түркий тилдүү элдеринин куралып калыптанган мезгилдери өтө жакын туш- таш болгону жакшы белгилүү. Бул жагынан алганда кыргыздарда кандайдыр- бир артыкчылык болгон деп болжолдоого негиз жок, бирок кыргыз элинин куралып калыптанышы өзгөчөлүү бир белгилерге ээ болгону шексиз.

Ошондой болсо да биз «кыргыз» деген аталыш этнонимге дайыма бир маанилеш болгон деп моюндоо менен жаңылыштык кетирген жокпузбу? Уникалдык жазууларда, Махмуд Кашкарлыктын өзүнүн «Диванында» айт-кандарында да, Рашид-ад-Диндин «Жылнаамалар жыйнагында» да, башка булактарда да «кыргыз» деген терминдин этноним болгондугу жөнүндө ишенимдүү далилдер жок. В. П. Юдиндин: «Сыягы, кыргыз элинин пайда болушун түшүндүрүүдө терминди жетекчиликке алууга умтулуудан баш тар-туу керек, бул казактарга карата да негизинен кабыл алынган көз караш болуп саналат» деп жазганы абдан туура[30].

Этникалык жалпылыктын белгилүү бир этабы катарында кыргыз элинин куралып калыптанышы бир кыйла татаал болгондугу чындык. «Кыргыз» деген аталышты эч кимден «өткөрүп алган» эмес, ал акырындык менен, тарыхый өнүгүүнүн жүрүшүндө, кыргыз этносунун өзүнүн куралып калыптануу процессинде этникалык өз аты катарында аталып калган. Кыргыз деген атка тигил же бул адам өзү таандык болгон уруунун атын кошуп айтып келген мезгил анчалык деле алыс узап кеткен жок.

XX кылымдын башында, кыргыздын негизги массасынан бөлүнүп алыскы Куэн-Лунь тоолорунда калган жана өзүлөрүн кыпчактарбыз деп аташкан майда тайпалар бир эле убакта өздөрүн кыргыздарбыз деп да эсептешкен. Демек, этникалык өздүк аң-сезим ошондо эле бекем орун алып калууга үлгүргөн. Алыскы өткөн мезгилде ар кыл мезгилде жана ар кандай себептер менен өз «уюткуларынан» ажырап бөлүнүп калган бир катар уруулук топтор өзүлөрүнүн саясий биримдиги жөнүндө ачык түшүнүктү сактап калышкан жана муну менен бирге өзүлөрүнүн жалпы аталышын да жана өз уруу аттарын да карманып жүрүшкөн деп болжолдоого болот.

Тарыхтын бир кыйла алгачкы этабында, айрыкча өтө эле апыртылып жүргөн кыргыз «улуу державасынын» доорунда «кыргыз» деген ат, биздин көз карашыбызда, этникалык эмес, саясий мазмунга ээ болсо керек. Бул ат Минусин ойдуңунда жана Саян-Алтай аймагында жашаган теги ар түрдүү уруулардын топторуна гана тарабастан, ошондой эле бир кыйла түштүгүрөөк жана түштүк-батышыраак тарапка, Жунгариянын жана жарым-жартылай Чыгыш Түркстандын территориясына да тараган. X кылымдын булактары кыргыздардын түштүк чек арасы Чыгыш Түркстан аркылуу өткөндүгү жөнүндө ынаарлык айтып турат[31]. Демек, кошуналары кыргыз деп аташкан (бул уруулардын өз аттары белгисиз), теги борбордук азиялык болгон уруулардын бир бөлүгү кыргыздар жашаган азыркы территорияга жакын аймактарда, ал эми кайсы бирлери бир эле территорияда жашап турушкан.

Эгерде кыргыз урууларынын айрым бир бөлүгү азыркы кыргыздардын жашаган территориясына келип туруп калышы үчүн түндүк-чыгыштан жана чыгыштан Батыш Тянь-Шанга карай, андан кийин түштүгүрөөк тарапты көздөй бир нече жүз километр эле көчүү жетиштүү болсо, анда Енисейлик кыргыздардын кандайдыр-бир ири массивинин ооп көчүп келиши жөнүндө айтуунун зарылдыгы деле жоктур. Изилдөөчүлөрдүн колунда болгон материалдар азыркы Кыргызстандын территориясына негизинен Енисейде жашаган кыргыздар эмес, көбүнчө, мурда Чыгыш Тянь-Шандын жака-белдериндеги, жарым-жартылай Иртыш боюндагы жана Алтай аймактарынын чектеринде жашаган кээ бир түркий тилдүү уруулар көчүп келишкен деген ой жорууга негиз түзөт. Алардын көбү үчүн «кыргыз» деген ат адегенде этноним эмес, алар таандык болгон саясий бирликтин аты болгон.

Бул татаал маселеге диалектикалык түрдө карасак, төмөндөгүлөрдү айтууга болот: эгерде X—XI кылымдарга чейин «кыргыз» деген аттын географиялык

таралышы, бул ат этникалык өз аты болгон этникалык уюткуга караганда алда канча кеңири болсо, X—XI кылымдардан кийин, тескерисинче, кыргыз этногенезинин процессине тартылган уруулардын чөйрөсү «кыргыз» деген этнонимге түздөн-түз тиешелүү болгон территорияга караганда алда канча кеңири болгон. Кээ бир изилдөөчүлөрдүн жаңылыштыгы алардын кыргыздарды «кыргыз» деген аты бар жерден гана издешкендигинде болгон. Бул ат сыйкырдуу күч сыяктуу изилдөөчүлөрдү өз артынан элпек эрчүүгө аргасыз кылган. Бул аталыштан тышкары турган этникалык топтор кыргыз этногенезине эч кандай тиешеси жок нерсе катарында эсептелген.

Азыр бул проблеманы чечүүгө конкреттүү-тарыхый түрдө мамиле кылуу керек экендиги, б. а. кыргыз элинин куралып калыптануусуна катышышы мүмкүн болгон бардык урууларды жана этникалык топторду эске алуу керек экендиги айдан ачык болуп калды. Бирок, кыргыз элинин өзүнүн пайда болушу үчүн бир катар шарттар талап кылынды: а) уруулардын бири-бири менен байланышын жетишерлик даражада камсыз кыла ала турган бир кыйла туруктуу территориянын болушу; б) бардык негизги урууларда үстөмдүк кылып турган бир тилдин болушу; в) негизги чарбалык укладды чарбалык иш-аракеттердин башка формалары менен айкалыштыра турган чарбалык системанын болушу; г) айрым уруулардын конкреттүү тарыхый кырдаалда бири-бирине белгилүү бир жакындашышына түрткү бере турган жана алыш-бериш, маданий-тарыхый өз ара аракеттенишүүлөрдүн процессинде калыптана турган маданий-тиричилик өзгөчөлүктөрүнүн жакындыгы; д) идеологиялык көз караштарында окшош белгилердин жана табынууда жалпылык элементтердин болушу; е) белгилүү бир уруулардын тобун башка коңшу элдер жана уруулар менен болгон мамилелеринин жагдайына жараша бирликке же конфедерацияга баш коштуруучу социалдык-саясий факторлордун болушу; ж) жаңы, алда канча кеңири этникалык жалпылыгы болгон элге таандык экендикти сезүү.

Бардык ушул шарттар бар болчу. Кыргыз элин түзгөн уруулардын орто кылымдарда эле жалпы территориясы, бир тили (уруулук диалектилери бар) болгон. Бардык ушул урууларда жалпы этникалык өздүк аң-сезим калыптанып калган эле. Алар көчмөн турмушта жашап, мал өстүрүп, мергенчилик кылышып, патриархалдык-уруулук турмуштун жана уруулук өзгөчөлүктөрү бар маданияттын жалпы тиби түзүлүп калган. Уруулук

эпостордон бирдиктүү жалпы элдик эпикалык эстелик «Манас» калыптана баштайт. Акырында, ойрот феодалдарынын агрессиялык умтулууларынын келип чыгышы территориялык жактан жакын жана негизинен боордош урууларды бирдиктүү социалдык-саясий биримдикке баш коштурууга түрткү берген.

Жогоруда айтылган шарттар, булардын ар бири жана ар түрдүү даражада болсо да, акырында келип кыргыз элинин куралып түзүлүшүн камсыз кылды. Бул татаал процесстин башталышын болжол менен XIV—XV кылымдарга тушташтырууга болот, бирок бул процесс XVI—XVII кылымдарда алда канча ургалдуу жүргөндүгү шексиз. Бардык белгилер боюнча кыргыз элинин калыптануу процесси, айрым бир аймактарда ал жарым-жартылай кийинчерээк да уланганы менен, XVIII кылымда аяктап бүтөт. Кандай болсо да, Кыргызстанды Россияга кошуп алуунун алдындагы мезгилде кыргыздар толук калыптанып бүткөн ири эл болуп калган эле.

Этнографиялык маалыматтардын комплекси (жыйындысы) — атап айтканда, адабиятта орун алган, ошондой эле, айрыкча 1953—1955-жылдарда Кыргыз археологиялык-этнографиялык экспедициясынын этнографиялык отряды тарабынан чогултулган этнонимиканын жана (генеалогиялык жана тарыхый) элдик уламыштардын баяндоолорунун комплекси, тарыхый булактарда айтылгандар менен толукталып келип, кыргыз элин — анын XVI—XIX кылымдардагы бешбейнесин түзгөн негизги этникалык компоненттер жөнүндөгү маселеге алда канча тактык менен жооп берүүгө мүмкүндүк түзөт.

Үч мамлекеттин территориясында жашап турган кыргыздардын саны 1500 миңден ашык. Кыргыздардын негизги массасы СССРдин территориясында, алардын саны — 1452 миң адам (1970-ж.)[32], Кытай Эл Республикасында — 71 миң адам (1953-ж.)[33] жана Афганистанда — 15 миңдей адам жашап турат[34]. СССРдин өзүндө кыргыз калкынын 88,5% (1285 миң адам)[35] Кыргыз ССРинде топтолгон. Өзбек жана Тажик ССРлеринде 146 миң адам жашайт, калгандары бир аздап башка республикаларда турат. Кытай Эл Республикасындагы кыргыздардын басымдуу көпчүлүгү Синьцзян-Уйгур автономдуу районунда, мында 50 миңге жакыны — Кыргыз автономдуу округу — Кызыл-Сууда жашайт. Афганистандагы кыргыздардын топтору Чоң жана Кичи Памирде, Гиндукуштун жака-белдеринде көчүп жүрүшөт.

Ошентип, кыргыздардын таркалышынын реалы — Тянь-Шандын түндүк тоо этектеринен түштүктөгү Куэнь-Лунь жана Гиндукуш тоо теңирлерине чейин, чыгыштагы Куча оазисинен Түркстан тоо кыркаларынын батыш капталдарына чейин созулуп, өтө кеңири[36].

Кыргыз элинин этникалык курамы урууга бөлүнүүнүн мурда жашап келген системасы менен тыгыз байланыштуу.

Кыргыздардын уруулук курамы жөнүндө, албетте, ошол элдин өз көз карашын билдирген баалуу маалыматтар XVIII кылымдагы кытай булактарында учурайт. Алар И. Бичуриндин, А. Н. Бернштамдын, А. А. Кондратьевдин эмгектеринде каралган[37]. Аларды XVIII кылымдагы орус автору И. Г. Андреевдин[38] маалыматтары толуктайт. Кыргыздардын уруу-урууга бөлүнүшү жөнүндө толук маалыматтарды өз саякатынын учурунда Чокон Валиханов[39] да чогулткан. Кыргыздардын этникалык курамын изилдеп үйрөнүүгө М. Венюковдун, В. В. Радловдун жана Н. А. Аристовдун[40] эмгектери ири салым кошкон. Памир-Фергана кыргыздарынын урууга бөлүнүшү жөнүндө Н. Ф. Ситняковскийдин[41] эмгегинде баяндалат. Чыгыш

Түркстан кыргыздары жөнүндө ушундай эле маалыматтарды Корнилов келтирет[42]. Совет мезгилинде жарыялангандардан В. Н. Дублицкийдин, Г. Е. Грумм-Гржимайлонун, А. С. Сыдыковдун, С. И. Ильясовдун, Б. Ж. Жамгырчиновдун, Б. М. Юнусалиевдин эмгектеринде[43] каралып жаткан маселе боюнча мурда белгилүү болгондорду толуктай турган далилдер, ошондой эле жаңы маалыматтар келтирилет.

1953—1955-жылдардагы Кыргыз археологиялык-этнографиялык экспедициясынын учурунда Кыргызстандын түндүк райондорунда — С. М. Абрамзон жана Түштүк райондорунда — С. М. Абрамзон жана Я. Р. Винник тарабынан чогултулган талаа материалдары жаңы булак болуп калды[44]. Ар кайсы мезгилдерде чогултулган маалыматтардын аркасында Кытай Эл Республикасынын Синьцзян-Уйгур автоном районунда жашашкан кыргыздардын уруу-урууга бөлүнүшүн кароого да мүмкүндүк пайда болду.

А. Т. Тагиржанов жана В. А. Ромодин Ленинград архив сактагычында сакталып турган, XVI кылымда жазылган Сейф ад-дин Ахсикендинин «Тарых жыйнагы» (Мажму ат-таварих)[1] деген тажик тилиндеги чыгармасынын көчүрмөсүн изилдеп-карап чыкканда кыргыз элинин уруулук структурасы жөнүндө жаңы баалуу маалыматтар табылган, бул маалыматтар алардын генеалогиялык түшүнүктөрүнүн терең традициялуулугун далилдөөгө кызмат кыла алат[45].

Колдо болгон мол далилдер кыргыздар жайгашкан территорияда алардын бардык топторун кучагына алган урууга бөлүнүшүнүн татаал жана ошол эле учурда бир кыйла ийкемдүү системасын толук, майда-чүйдөлөрүнө чейин кайрадан түзүп чыгууга мүмкүндүк берди. Кыргыздардын уруулук түзүлүшү жалпы схеманын тигил же бул элементтерине, тигил же бул легендарлуу ата-бабалардын же айрым уруулардын структурасына тиешеси бар генеалогиялык уламыштардын көп сандаган варианттарынын бар экендигине карабастан, биздин көз алдыбызда жалпысынан бардыгын кучагына алган бирдиктүү жана текши система катарында көрүнөт.

Жогоруда айтылган XVI кылымдын кол жазмасындагы маалыматтарды биз чогулткан генеалогиялык уламыштар менен салыштырып көрүү кыргыздардын кол жазмада айтылган легендарлуу ата-бабаларынын жарымынан кем эмеси азыр жашап жаткан генеалогияда да бар экендигин ырастоого мүмкүндүк берет. Бул ата-бабалардын арасында (атадан баласына карай) төмөнкүлөр бар: Аналхак, Арслан-бий, Мары-бий, Шүкүр-бий, Сангин-бий, Сары-бий, Домбур (Домбул), Долон-бий, Ак уул. Биздин мезгилдеги генеалогиялык уламыштардын көпчүлүгү негизги кыргыз урууларынын пайда болушун Долон жана анын уулдары Ак уул (Агул, Абыл) жана Куу уул (Куул, Кугул, Кабыл) менен байланыштырышат.

XVI кылымда эле, бир кыйла кийинки мезгилдегидей, кыргыздар оң канатка (оң) жана сол канатка (сол) бөлүнүшкөн. Бирок, эгерде XVI кылымда оң канат отуз уул тобуна жана Булгачынын тукумдары болгон уруу топторуна бөлүнсө, бизге бир кыйла жакыныраак мезгилде «отуз уул» деген ат менен кыргыздардын көпчүлүгүн оң жана сол канат бириктирип турган, ал эми Булгачынын тукумдарынан болгон уруулардын тобу, аларга кошулган башка уруулар менен бирге, ичкилик деп аталып калат. Кытай Эл Республикасынын Синьцзян-Уйгур автоном районунда жашаган кыргыздар уруу-урук

---

[1] Полиграфиялык базанын мүмкүнчүлүгүнүн чектелүү экендигине байланыштуу мындан ары түрк жазмалары басылмада бүт бойдон орус транскрипциясы менен берилет.

түзүлүшүн бир аз башкача түшүнүшөт. Сол канатка алар отуз уулдун[46] бардык тобун, ал эми оң канатка — ичкилик тобун таандык кылышат.

Оң канаттын курамында Тянь-Шань кыргыздары үч тектеш тармакты: тагай, адигине жана мугушту бөлүп көрсөтүшөт. Булардын биринчисине алар төмөнкү урууларды таандык кылышат: сарбагыш, бугу, 'солто, тынымсейит, саяк, чекир саяк, жедигер, черик, азык, багыш, моңолдор, баарын, суу мурун. Адигине тармагына жору, бөрү, баргы, кара багыш, сарттар уруулары кирген. Муңгуш тармагы жагалмай жана кош тамга деген эки бөлүктөн турган, булар да өз кезегинде бир нече урууларга бөлүнгөн. Коцурат уруусу өз алдынча турган.

Сол канатка төмөнкү уруулар таандык кылынган: кушчу (кутчу), саруу, мундуз, жетиген, кытай, басыз, төбөй жана чоң багыш.

Кыргыздардын ичкилик деген ат менен белгилүү болгон үчүнчү тобуна: кыпчак, найман, тейит, кесек, жоо кесек, каңды, бостон, нойгут, төөлөс (дөөлөс)[47], авагат (ават) уруулары кирген. Кээде анын курамына кыдырша тобун да киргизишкен. Кээде жетишээрлик негизи жок болсо да бир нече учурда ичкилик курамында оргу[48] тобуна өз алдынча маани берилген.

Жогоруда айтылган булакта (Мажму ат-таварих) көрүнгөндөй, кыргыздардын уруулук структурасынын дааналыгы кыргыз элинин этникалык курамы XVI кылымга карата турукташып калган деп айтууга негиз берет, ал эми XVI кылымдагы кыргыздар жашаган территориядан тышкаркы жерлерде мындай болушу мүмкүн эмес эле. Колдо болгон маалыматтар далилдеп тургандай, кыргыз эли куралып калыптанган түркий тилдүү уруулардын көпчүлүгү алыскы бир жактан көчүп келген эмес, алар өзүлөрүнүн куралышынын кайсы бир этабын кыргыздардын азыркы жашап турган территориясынын өзүндө эле же буга жакын турган аймактарда өткөрүшкөн. Кыргыздар XV кылымда эле Жети-Суу аймактарында, атап айтканда, Чүй дарыясынын өрөөнүндө жашаганын өзбек окумуштуусу Б. Ахмедов[49] тарабынан изилденген булактардын негизинде келтирилген, бирок аны башка изилдөөчүлөр этибарга албаганын маалыматтар ишенимдүү далилдейт.

Далилдүү тарыхый маалыматтар колдо турганда, азыркы кыргыздардын этникалык тарыхын алардын Тянь-Шанга массалык түрдө көчүп келиши менен түшүндүрүп жүрүшкөндөр үчүн XV кылымда, а мүмкүн андан мурда эле, Тянь-Шанда «кыргыз» деп аталган этникалык жалпылыктын жашагандыгынын фактысын тануу кыйын болуп бара жатат. Ушуга байланыштуу «Тянь-Шань» деген түшүнүктүн өзүнүн мазмуну жөнүндө да маселе коюу орундуу. Кыргыз элинин куралышына байланышкан этникалык процесстерге карата көз караштардын ар түрдүүлүгү бир кыйла учурда терминологиянын так эместигинин жана ар башка түшүндүрүлүшүнүн натыйжасы болуп саналат, анын үстүнө бул этникалык да, социалдык да жана географиялык да түшүнүктөргө тийиштүү. Бул толугу менен «Тянь-Шань» түшүнүгүнө да тиешелүү. Көп учур- да, Тянь-Шань кыргыздары жөнүндө жазганда жана сөз кылганда азыркы Кыргызстандын территориясын гана түшүнүшөт. Бул болсо, албетте, кыргыздардын этникалык тарыхынын фактыларын талдап түшүндүрүүдө олуттуу бурмалоолорго алып келет. Ал эми Тянь-Шань тоо системасы катары азыркы Кыргызстандын чектеринен тышкары чыгышты карай алыска созулуп жат- каны белгилүү. Ошондуктан, эгерде Тянь-Шанды жалпысынан географиялык түшүнүк катары карай

турган болсок, анда бир катар талаш-тартыш маселелер өзүнөн өзү эле түшүп калат.

Кыргыздардын этникалык курамында, жогоруда аталгандардан башка, кээ бир аралаш же тектеш эмес компоненттер да болгон. Аларга күркүрөө, күрөң, калча, келдике, калмак, сарт-калмак, калмак-кыргыз, чала-казак жана башкаларды таандык кылышат[50].

Сарт-калмак этнографиялык тобунун көпчүлүк бөлүгү[51] — 2,5 миңге жакын адам (1959-ж.) — Прежевальск шаарынын (Ысык-Көлдүн боюнда) жанындагы Бөрүбаш жана Челпек айылдарында жашашат, алар бул жерге XIX кылымдын 80-жылдарында биротоло көчүп келишкен. Сарт-калмактардын бул бөлүгү өзүнүн курамы боюнча аралаш топ болуп саналат. Буга кээ бир кыргыз топторунун тукумдары да кирет. Бир нече жүздөгөн сарт-калмактар Кытай Эл Республикасынын Синьцзян-Уйгур автоном районунун Монгол-Курэ (Чжаосу) уездинде кыргыздар менен казактардын арасында жашайт. Сарт- калмактардын тигилери да, булары да дини боюнча мусулмандар, эзелтен эле эки тилде сүйлөшөт, узак мезгил бою кыргыздар менен чогуу жашап келеаткандыктан өзүлөрүн кыргызбыз дешет.

Синьцзян-Уйгур автоном районундагы Эмелгол Монгол автоном округунун Дөрбөлжүн уездинде калмак-кыргыздардын 1000 кишиге жакын болгон өзгөчөлүү бир тобу жашайт. Анын курамына өзүлөрүн сары багыш, мундуз, баарын урууларынанбы деген кыргыздар, ошондой эле бир аз санда ханьцылар, тувалыктар (көк мончок тобу)[52], казактар кирет. Өзүлөрүнүн турмуш-тиричилиги жагынан бул топ моңголдорго жакын, ламаизм динин тутушат, алар кыргыз тилинин элементтери аралашкан казак тилинде сүйлөшөт. Ламалар жана

карылар монгол тилин билишет. Алар биерге 300 жылга жакын убакыт мурда «Ала-Тоодон» келгенбиз дешет. Азыр калмак-кыргыздар кээ бири ата-теги кыргыз эмес экенин билишсе да, өзүлөрүн кыргызбыз деп эсептешет. Бул топтун негизин XVIII кылымдын башында жүнгарлар Сибирден күч менен айдап кеткен кыргыздардын бир бөлүгүнүн тукумдары болушу ажеп эмес.

Кыргыз ССРинде өзүлөрүн кыргызбыз деп эсептешкен чала-казак деп аталган бир нече топ жашап турат. Алардын бири Фрунзе шаарынын батыш тарабында, мурдагы Кызыл-Аскер кыштагында, калган эки тобу Талас өрөөнүндө жашайт. Бул топтордун курамында айрым кыргыз урууларынан (солто, моңолдор ж. б.) чыккандар да, ошондой эле башка улуттардын: өзбек-тердин, казактардын, уйгурлардын да өкүлдөрү бар.

Биздин көптөгөн информаторлорубуз Кытай Эл Республикасынын Синьцзян-Уйгур автоном районунда жашаган долондор (же доландар) деген этнографиялык топтун ата-тегин кыргыздар менен байланыштырышат, алар азыр да тили жана жашоо-тиричилигинин түрү боюнча уйгурлардан дээрлик айырмаланышпайт. Информаторлордун айткандарына караганда, долондордун өзүлөрү ата-тегибиз кыргыз деп эсептешет. Долондордун дене түзүлүшүнүн тиби боюнча кыргыздарга жакын экендигин, кошуна кыргыздардын улак тартыш, ат чабыш ж. б. салтын колдонушаарын белгилешет. В. П. Юдиндин долондордун ата-теги могулдар деп божомол кылганы, ошондой эле Э. Р. Тенишевдин «долон» этнонимин монголдордун «жети» — долон[53] деген саны менен окшоштурганына макул болгону — кыргыздардын долондор менен мүмкүн болгон этногенетикалык байланыштарына карама-каршы келбейт.

СССРдин жана КНРдин кыргыздарынын негизги уруу-урук топтору таралган чектер төмөнкүчө: тагай тармагындагы бүт дээрлик уруулар жашаган жерлер —• Борбордук жана жарым-жартылай Батыш Тянь-Шань, Чүй өрөөнү жана Ысык-Көл ойдуңу, Текес дарыясынын бассейни, Көкшаал тоо кыркасынын түштүк капталдары менен чектелет; адигине жана муңгуш тармактарынын уруулары Фергана жана Алай тоо кыркаларынын капталдарында, Фергана ойдуңунун чыгыш бөлүгүндө жана Кыргыз автоном округунун (КНР) Улугчат уездинде жашаган; сол канаттын уруулары Талас жана Чаткал дарыяларынын өрөөндөрүндө жана ушундай аталган тоо кыркаларынын теңирлеринде, жарым-жартылай Фергана тоо кыркасынын этектеринде, ошондой эле Көкшаал тоо кыркаларынын түштүк капталдарында жашашкан; ичкилик тобуна кирген уруулар Алай жана Түркстан тоо кыркаларынын бир бөлүгүнүн этектеринде жана аларга танапташ жаткан Фергана ойдуңунун аймактарында, Алай өрөөнүнүн батыш тарабында, Каратегиндин чыгыш тарабында жана чыгыш Памирде, ошондой эле КНРдин Синьцзян-Уйгур автоном районунда: Ак-Тоо, Улугчат, Таш-Коргон уездинде, Кашкар, Янги-Гиссар жана Яркенд шаарларынын батышында жана Куэнь-Лунь тоо этектеринде — Гума уезддеринде жашашкан[54].

Кыргыздардын арасында өз ичине кирген уруулардын курамы боюнча гана эмес, ошондой эле алардын материалдык жана рухий маданиятынын бир катар өзгөчөлүктөрү жана айрым үрп-адаттары боюнча да айырмаланышкан эки топ даана байкалып турат. Биринчисине Кыргызстандын түндүк бөлүгүнүн жана КНРдеги Синьцзян-Уйгур автоном районунун калкы кирет, булар өзүлөрүн отуз уул урууларынын тобуна таандык кылышат, экинчисине Кыргыз ССРинин Түштүк райондорунун жана Тажик ССРинин жакын жаткан райондорунун, КНРдеги Синьзян-Уйгур автоном районунун түштүк бөлүгүнүн кыргыз калкы кирет, булар өзүлөрүн ичкилик тобундагы урууларга, ал эми жарым-жартылай отуз уулдун оң канатына (адигине жана муңгуш тармагына)

таандык кылышат. Бирок мурда эки топтун көчмөн жана жарым көчмөн мал чарбачылыгына байланышкан жашоо шарты, маданияты менен турмуш-тиричилигинин эң маанилүү белгилери, алардын этникалык аң-сезими жана түндүк кыргыз, түштүк кыргыз диалектилеринин бир экендигине карабастан тили жалпы болгон. Кыргыздардын бул аталган ири топторуна мүнөздүү өзгөчөлүктөр, сыягы, алардын этникалык тарыхындагы айырмачылыктардан улам келип чыккан болуу керек. Ушул топтордун ар бирин түзгөн этникалык элементтердин калыптануу процесси кандайдыр-бир даражада бири-биринен обочо жагдайда өтсө керек, бирок бул алардын белгилүү бир мезгилде жалпы бир этникалык коллективге — кыргыз эли болуп баш кошушуна жолтоолук кылган эмес.

Кыргыздардын этникалык курамынын эң башкы өзгөчөлүктөрүнүн бири — анын татаалдыгы, ар түрдүүлүгү жана аралаш болгондугу. Мындан бир кыйла жакын мезгилдерде эле болуп өткөн этникалык процесстердин натыйжасын көрбөй коюуга болбойт.

Этникалык курамдын бул татаалдыгы кезинде В. В. Радлов жана Н. А. Аристов сыяктуу изилдөөчүлөрдү алтайлыктардагыдай кандаш-уруулук бирикме катары түшүнүлгөн «сөөк» сыяктуу эле кыргыздарда да уруулук структура- сынын өзгөчө бир звеносу болгон деген жаңылыш корутундуга алып келген. Чындыгында кыргыздардын арасында мындай звено жок. Айрым аты уйкаш уруулук жана уруктук топтордун өткөндө бир кыйла

кеңири территорияларда жашашканы орун алган социалдык-саясий окуялардын, ооп кетүүлөрдүн, ар түрдүү топтордун кошулушунун жана бөлүнүп кетишинин жана башкалардын натыйжасы болуп саналат. Мисалы, бугу уруусунун негизги бөлүкчөлөрүнүн бири болгон кыдыктын курамында теги өтө ар түрдүү майда топтор бар, алар: кыпчак, кутчу, тынымсейит, катаган ж. б. Бир катар уруулардын курамында теги башка майда топтордун, мисалы моңолдордон, чериктен, кутчудан чыккандардын ж. б. болушу моңолдор, черик жана дагы ушул сыяктуулардын «сөөктөрү» деп атала тургандардын бар экендиги жөнүндө дегеле билдирбейт, кайра этникалык топтордун өтө тез-тез жер ооштуруп тургандыгынын фактысын гана ырастайт. XIX—XX кылымдарда сөөк нике боюнча кудалашуу катарында каралган, мында кудалардын ортосундагы мамилелерге тең маанилеш келген эки тайпанын ортосундагы мамилелер (.сөөкчүлүк) эске алынып жатат.

Ысык-Көл боюндагылар үчүн түштүк кыргыз урууларынын топтору менен жана Талас дарыясынын өрөөнүндөгү топтор менен олуттуу этникалык байланыштарынын болгондугу шексиз экендиги белгиленүүгө тийиш. Алсак, бугу уруусунун кээ бир ири бөлүкчөлөрүнүн ичинде тейит, жору, кара багыш ж. б. сыяктуу түштүк кыргыз урууларынан чыккан майда топторду жолуктурууга болот. Ысык-Көлдүк мундуздардын анча чоң эмес топтору түштүк кыргыздардын бир кыйла ири келген мундуз уруулары менен түздөн-түз генетикалык байланыштары бар. Ушунун эле өзү Ысык-Көлдүн жээгинде жана Кочкор өрөөнүндө жашаган, Таластан чыккан кутчу жана кытай топторуна да тиешелүү.

Ысык-Көлдүн жээгиндеги жергиликтүү калктын негизги массасынын арасында чачыранды түрдө жашаган анча чоң эмес бир катар башка топтор бир кездерде ар кандай себептер менен башка территорияларда жашап турган өз уруулаштарынын тобунан бөлүнүп калышкандар. Мындайларга, жогоруда аталгандардан башка, дөөлөс[55], баарын, керейлер кирет. Тянь-Шанда келдике (өзүлөрүн багыш сыяктуу чоң уруу менен байланыштырышат), жетиген, төбөй ж. б. майда топтор жашайт. Бул топтордун айрым-

дарынын тарыхында татаал этногенетикалык процесстерди түшүндүрүү үчүн маанилүү болгон көптөгөн баалуу белгилер бар. Патриархалдык-феодалдык мамилелер үстөмдүк кылып турган шартта мындай майда топтор көп учурда «кул-кутандардын» (букаранын) абалында болушкан, алар үстөмдүк кылып турган уруулук топтордун феодал төбөлдөрү тарабынан ырайымсыз эксплуатацияланган.

Этникалык курамы жагынан көп түрдүүлүк эки ири уруу: сары багыш менен солтого мүнөздүү. Сары багыштардын ичинде теги казак болгон топтор менен катар теги «сарт» болгон (чертике) топтун, Таластагы өзүк, чечей, молой ж. б. сыяктуу теги белгисиз уруулардан чыккан кулдардын тукумдарынын бар экендиги белгиленген. Солто уруусунун курамына моңолдор, кыпчак, багыш, баргы, сарттар, саяк ж. б. кыргыз урууларынан чыккандар, ошондой эле «жети кулдун» тукумдары деген ат менен белгилүү болгон майда «кул-кутандардын» тукумдарынан турган бир кыйла чоң топ кирген. Булар солтонун ири манап- тарынын ортосунда мурас катарында бөлүнүп алынган. Бул эки уруунун курамы этникалык тарых социалдык өнүгүүнүн процесси жана таптык карама- каршылыктар менен кандайча чырмалышып кеткендигин далилдейт.

Ири уруулар: бугу менен сары багыштын, солто менен сары багыштын, бугу менен саяктын ортосунда бир кыйла кийинки тарыхый мезгилде генеалогиялык байланыштардын болгондугу жөнүндө маалыматтар бар, ал маалыматтар бул уруулардын ортосунда ургалдуу карым-катнаштардын болгондугун айгинелейт. Бул тамга жөнүндөгү маалыматтар менен да ырасталат. Байыркы жагалмай тамгасы көңүл буруууга татыктуу, бул тамга өткөндө, баарынан мурда, бугулар менен сарбагыштардын арасында таралган; тамганы жылкыга гана салбастан, башка буюмдарга да (мисалы үзөнгүгө) салышкан. Ушундай эле же белгилери боюнча ушуга өтө окшош тамга черик жана моңолдор (тагай тармагы) урууларында, сарттар, баргы жана кара багыш (адигине тармагы), жагалмайдын (муңгуш тармагы) бир бутагында бар экендиги байкалган; ушундай эле же ушуга жакын белгиден тамга багыш уруусунда (тагай тармагы; аты жок тамга), бөрү уруусунда (адигине тармагы; бөру талаасы), саяк уруусунда (тагай тармагында; саяк тамгасы), кыпчак (кыпчак тамга) жана коңгурат (аты жок) урууларында, басыз уруусунун бай согур бутагында (байсогур тамга) да болгон.

Чекир-саяк уруусунун кайчы. талиа деп аталган тамгасы бугу уруусунун көп түрдүү тамгаларынын бири менен жана формасы боюнча мунгуш тобунун тамгаларынын ушуга окшош тамгасы менен абдан окшош.

Саруу уруусунун (сол канат) ай талаа деген бөлүкчөсүнүн тамгасынын белгиси бугу уруусунун жаа тамга[56] деп аталуучу тамгасы менен, азык уруусунун тамгасы, ошондой эле бугу жана сары багыш урууларынын жогоруда аталган «жагалмай» тамгасы менен окшош.

Солто уруусунун (тагай тармагы) тамгасы бул тармактагы көпчүлүк уруулардыкынан айырмаланып, ай тамга деп аталган. Ушундай эле типтеги жана ушундай эле аталган (наал тамга деген ат менен да белгилүү, наал — така деген сөздөн) тамга сарттар (адигине тобу) уруусунда, чоң багыш (сол канат) уруусунда, ошондой эле дөөлөс (төөлөс) уруусунда байкалган. Дөөлөс уруусунун (Кыргызстандын түштүгүндө) ай тамга деп аталган бутагы болгон.

Кушчу уруусунун (сол канат) тегерек түрүндөгү тамгасы мунгуш тармагында жана жору (адигине тармагы) уруусунун теңсизбай деген бөлүкчөсүндө кайталанат.

Белгилери окшош, көп учурда аталыштары да окшош тамгалардын ичинен төмөнкүлөрдү белгилөөгө болот: керки тамга — саяк уруусунда жана басыз

уруусунун керки тамга (керкиден улам) деп аталган бөлүкчөсүндө болгон; босого тамга (босогодон улам) — кара багыш жана баарын урууларында, саруу уруусунун бөлөк чал деген майда тобунда жана кадырша уруусунда болгон; ача тамга — мундуз (сол канат) уруусунда, саруу уруусунун алакчын бөлүкчөсүндө жана ушундай эле белгиде мунгуш тармагында болгон; бөрү (аты жок тамгалардын бири) уруусунун жана саруу уруусунун оготур тайпасынын тамгалары бирдей болгон (ал көөкөр тамга деп аталган; көөкөр — кымыз куюучу булгаары идиш) ж. б.

Эгерде кээ бир учурларда тамгалардын белгилеринин окшош болушу түздөн-түз этногенетикалык байланыштар менен шартталган эмес деп болжолдоого мүмкүн болсо, оң канаттын негизги урууларында жана топторунда (бугу, сары багыш, багыш, кара багыш, черик, моңолдор, баргы, сарттар, бөрү, саяк, чекир-саяк, азык, жагалмай ж. б.) колдонулган тамгалардын чоң тобу бул уруулардын этногенетикалык жактан тектеш экендигин толук түрдө ачык ырастап турат. Сол канаттын урууларына таандык болгон тамгалар алда

канча ар түрдүү келип, анын курамынын өтө аралаш болгонун далилдебей коё албайт[57].

Ю. А. Зуев VIII—X кылымдарда «Танхуйяо» деген чыгармадан үзүндү которуп басып чыгарышынын аркасында байыркы түрк урууларынын тамгаларын кыргыздардын тамгалары менен салыштырып көрүү мүмкүнчүлүгү пайда болду. Ар түрдүү уруулардын[58] жылкыга сала турган тамгаларынын таблицасында кыргыздардын тамгалары менен окшош же аларга жакын тамгалар учурайт. Цзе-гу (киргут, б. а. байыркы кыргыздардын) уруусунун тамгасы оң канаттагы бугу, сары багыш, черик, моңолдор, азык сыяктуу мурдагы ири кыргыз урууларында, ошондой эле сол канаттын саруу уруусунун бөлүкчөлөрүнүн бир бөлүгүндө таралган тамгага (жагалмай тамга жана жаа тамга) окшош болгондугунун фактысы айрыкча кызыгууну туудурат. Н. Г. Маллицкий тарабынан келтирилген «кара-кыргыз» (б. а. жалпы кыргыз) тамгасы цзе-гунун тамгасы менен окшош экендиги да кызык нерсе. Пу-гу уруусунун тегерек түрдөгү байыркы тамгасы карыяларга кыргыздардын адигине жана муңгуш топторунун жана кушчу уруусунун тамгасы катарында белгилүү. Хуй-гэ (уйгур), чэ-ли (черик) жана хүнь (күн) сыяктуу байыркы уруулардын тамгалары жазылышы боюнча кыргыздардын төөлөс (дөөлөс), мундуз жана солто урууларынын тамгаларына окшош. А-шина уруусунун тамгалары адигине тармагынын тамгаларынын бирине окшойт. Байыркы цзюй-ло-бо (күрабор; кыргыз этноними — кара боор менен салыштыргыла) уруусунун тамгалары да кыргыздардын төөлөс, саруу урууларынын тамгалары менен жана адигине тармагынын тамгаларынын бири менен салыштырылышы мүмкүн. Жогоруда келтирилген салыштыруулардын айрымдары өтө терең көңүл бурууга татыктуу, себеби алар этникалык байланыштардын жибин кечээ жакынкы учурдан байыркы көнөө мезгилди карай чубап, өткөндөрдүн учугун табууга мүмкүндүк берет.

Колдо болгон материалдардын негизинде кээ бир учурларда кыргыздардын этникалык тарыхынын алда канча мурдагы, XVI—XVII кылымдарга чейинки мезгилинин изин табууга мүмкүн болуп отурат. Буларга кыргыздардын казак, өзбек жана ойрот уруулары менен болгон этникалык байланыштары жөнүндөгү маалыматтар таандык. Жергиликтүү калк сары багыш уруусунун курамындагы абыла, сабыр жана чагалдак топторун, бугу уруусунун курамындагы отуз уул тобун жана башкаларды ата-теги боюнча казактар деп айтышат. Экинчи жагынан, Н. А. Аристовдун[59] эмгектеринде келтирилген маалыматтар ырастап тургандай, кээ бир казак этникалык топторунун ата- теги кыргыздар менен байланыштуу болгондугун коп ирет көрсөткөн далилдер да аз эмес. Бугулардын ичинде такабай уулу, торгой, сары багыштарда жумаш ууху ата-теги боюнча өзбектер деп аталат. Бир катар учурда ата-теги ойрот (калмак) болгон муундар да катталган; алар: бугулардын ичиндеги жээренбай, чурум, кызыл сакал топтору; сары багыштардын, суу мурундардын, адигиненин жана башкалардын ичиндеги калмактар. Жогоруда айтылган жана башка теги боюнча ар түрдүү топтор бир кездерде тигил же бул кыргыз уруулары менен сиңишип кеткен, ошондуктан алардын ата-теги башка экендиги жөнүндөгү генеалогиялык уламыштарды сактап жүрүшкөн карыялардын эскерүүлөрүндө гана айтылып калды.

Айрым топтордун курамынын аралаш мүнөзү сары багыш уруусундагы жети кул тобунун мисалында жакшы байкалат. Буга калмактардан төрт, кутчу уруусунан бир, моңолдор уруусунан бир жана мундуз уруусунан бир адамдын тукумдары кирет. Алгач (Эсенгул феодалдын кулдарынан), социалдык топ

катарында пайда болуп кийин жети кул тобу этникалык жалпылыктын белгилерине ээ болот.

Кыргыздардын ойроттор менен узакка созулган байланыштары кыргыздар менен ойроттордун этникалык курамында гана эмес, ошондой эле алардын көп сандаган уламыштарында, айрым каада-салттарында, тамгаларында жана башкаларында да терең из калтыргандыгын белгилеп кетүү керек.

Бул фактылар, мурда келтирилген маалыматтар менен бирге, өткөндө кыргыздардын өз урууларынын ортосунда, ошондой эле, бир жагынан, Чыгыш Түркстанга канатташ райондордо жашаган, экинчи жагынан, «Анжиян» деген жалпы термин менен бириккен Чыгыш Фергана райондорунда жашаган түркий тилдүү жана моңгол тилдүү уруулар менен кыргыздардын ортосунда тынымсыз жана ургалдуу түрдөгү этникалык байланыштардын болуп турганын айгинелейт. Жунгариянын жана Чыгыш Түркстандын, Түштүк Жети- Суунун, Фергананын жана Алайдын территориясы өткөн чакта бир бүтүн чоң казан сыяктуу болуп, мында акыры келип кыргыз элин түзгөн этникалык компоненттер уюп отуруп, ийине жетилишинин узакка созулган процесси болуп өткөн. Буга мындан ары жакта каралуучу көп окуялардан далил табууга болот.

Алыскы бир көөнө мезгилде болуп өткөн окуя, жогоруда айтылгандай, карыялардын эсинде калган. Алсак, жетиген тайпасынын пайда болушу жөнүндөгү уламышта (Куланак району, Тянь-Шань) Эдигенин да, Токто-мушкан (Тохтамыш) менен Баракандын (Боракхан) да ысымдары айтылат, бул болсо уламыштын XV кылымдын отузунчу жылдарындагы, Могулстанды да кучагына алган окуялар менен байланышы бар экендигин көрсөтүп турат. Баса, жетиген уруусунун түпкү теги «Ногойго» таандык кылынат. Уламышта Баракан тарабынан Эдигенин үч уулу өлтүрүлгөндөн кийин өлкөнү каптаган каардуу кара тумоонун эскерилгени да кызык (1428—1430-жылдарда дешти. Кыпчакта чуманын катуу тарап турганы белгилүү)[60].

Кыргыздардын ата-бабасы жөнүндө таралган легендалардын биринде Дайыр деген келгин эскерилет, ал кийин казактарга барып, казактардын жалаир (башка вариант боюнча — албан) тобунун түпкү атасы болот. Бул ысым тарыхый инсан — казак ханы Тахирдин ысмы менен толук үндөшүп турат, ал XVI кылымдын 20-жылдарында бир аз убакыт могулстан кыргыздарынын башында турган.

Уламыштар менен легендалардагы айтылган бир катар маалыматтар XVII кылымды кымтыйт. Алардын ичинен эң кызыктуусу — кыргыздардын Кудаяр хандын башчылыгы менен батышка жасаган жортуулу жөнүндөгү баян; бул жортуулду баянчылар «казактар кайың саап, кыргыздар Гиссар менен Кулябга кеткен» (казак кайыц саап, кыргыз ысар-көлөпкө кетти) кыргыздар үчүн ачарчылык, оор мезгил менен байланыштырышат. Кээ бир легендаларда кыргыздардын Кудаяр баштаган жортуулу «каратегин» деп аталган элге кол салуу катарында мүнөздөлгөнү бир кызык; Кыргыздардын чоң тобунун (12 миң үй-бүлө) 1635—1636-жылдарда Каратегин аркылуу Гиссарга көчкөнү белгилүү[61].

Кыргыздардын айрым топторунун этникалык курамынын татаалдыгы жана аларга тигил же бул элементтердин киришинин белгилүү бир шарттуулугу ичкилик тобунун мисалында түшүндүрүлүшү мүмкүн. Демейде бул топтун курамына киргизилип жүргөн уруулардын көпчүлүк бөлүгү Чыгыш Түркстанды өзүлөрүнүн байыркы мекени катары эсептешет. XVI—

XVII кылымдардагы булактар алардын айрымдары ошол мезгилде Чыгыш Тянь-Шань аймактарында жашаган кыргыз урууларынын арасында бар экендигин эскерет. Ичкиликтердин негизги уюткусу Орто Азиянын территориясында, калыбы, XVI—XVII кылымдарда пайда болсо керек, кээ бир уруулар бул тарапка кийинчерээк ооп келишкен[62]. Мисалы, нойгут уруусу XVIII кылымда эле Чыгыш Түркстанды жердеп турган. Азыр нойгуттардын тукуму, бир азынан башкасы, Кыргыз ССРинин Ош областынын түштүк тарабында жашайт.

Ичкилик тобуна киргизилип жүргөн кыргыз уруулары Орто Азиянын территориясына келген соң, бул жерде мурда жашап турган жергиликтүү түркий тилдүү калк менен тыгыз аралашып, бул тайпалардын бир бөлүгүн өзүлөрүнө сиңирип алган. Мунун түздөн-түз далилин биз султан Бабурдун мемуарынан табабыз («Бабур-намэ»). Ферганадагы социалдык-экономикалык абал менен байланышкан бир катар көрүнүштөргө токтолуп, Бабур кадимки Фергана менен Кашкардын ортосунда бир нече миң үй-бүлөдөн турган, мал чарбачылыктагы чоң уруунун көчүп жүргөнүн белгилейт. Бул уруу көчүп жүргөн тоолорду жетүүгө кыйын тоолор деп, ал көчмөндөрдүн көп жылкысы жана койлору бар экендигин, уйлардын ордуна алар сандаган топоздорду багып өстүрөөрүн көрсөтөт.

Бул жерде, атап айтканда, кыргыздар менен гана байланыштырууга боло турган топоз багуу сыяктуу өтө маанилүү этнографиялык белги бар. Орто Азияда топоз багуу негизги кесиптеринин бири болгон кыргыздардан башка бир да эл белгисиз. Бабур келтирген уруунун аты ар түрдүүчө окулат: чакрак, чограк, чагрек, чегерак[63]. Мен өзүлөрүн ата-теги боюнча тейит, нойгут жана бостон урууларына таандык кылышкан түштүк кыргыздардын калкынын арасында ушул күнгө чейин чогорок деген этнонимди алып жүргөн анча чоң эмес топтордун бар экендигин таптым. Мына ушулардын бардыгы Бабур атаган уруу ичкиликтердин курамына кирген деп болжолдоого негиз берет.

Ичкиликке тийиштүү болуп жүргөн уруулардын баары эле аларды бириктирип турган бул жалпы атты кабыл ала беришпейт. Булардын теги ар түрдүүчө келип чыккан. Алардын бул топко кириши ар кайсы убактарда болуп өткөн. XIX—XX кылымдарда «ичкилик» деген ат менен белгилүү болгон негизги он уруунун ичинен «Мажму ат-таварих» чыгармасында бешөө гана Булгачынын тукумдары катарында аталат, мында кесек сыяктуу ири уруу, ошондой эле кыпчак, найман ж. б. уруулар дегеле жок. Ошондой болсо да, башкалардан айырмаланып турган бул топтун негизги урууларынын маданий-турмуш- тиричилигинин өзгөчөлүктөрүнүн жана диалектилеринин байкалган окшоштугу алар этникалык жана социалдык-саясий тарыхтын жалпы этаптарын башынан бирге өткөргөндөрүн айгинелеп турат. Ошол эле убакта өткөндө бул топтун бир катар изилдөөчүлөр[64] тарабынан белгиленген айрым урууларына мүнөздүү этнографиялык белгилери ичкилик тобунун баш кошуу процесси өтө эле алыскы мезгилде болуп өтпөгөнүн көрсөтөт.

К. И. Петровдун эмгектеринде[65] азыркы Түштүк Кыргызстандын территориясында куралган ичкилик тобу менен (же анын «уюткусу» менен) жана XIII кылымда Енисей боюндагы Баргужин Токум аймагында жашаган ачык эле моңгол тилдүү булгачин жана кэрэмучин урууларынын ортосунда түздөн- түз этногенетикалык байланыштын болгондугун далилдөөгө аракет жасалат. Бул байланыш бизге апыртылгандай көрүнөт. Биз жазып алган генеалогиялык уламыштарда бир катар кыргыз урууларынын ата-бабаларынын аттарынын ичинен Булгачы деген ысымды (ошондой эле

Булганч, Булганчы түрүндө) табабыз, бирок бул ысым түрк тилинин негизинде келип чыккан деп болжол- доого болот (караңыз: Кыргызча-орусча сөздүк, 1957—1958).

Азыр ичкилик тобуна киргизилип жүргөн бир катар уруулардын ата-бабасы болгон Булганчтын ысмын мен биринчи жолу 1953-жылы жазып алган элем[66]. Кийинчерээк, 1955-жылы ошонун эле өзүн Курманалиев Сарт[67] да ырастады. Анын варианты боюнча Булганчтан тейит, каңды, жоо кесек, нойгут, кыпчак, кызыл аяк, кесек, найман уруулары пайда болгон («Мажму ат-таварихте» булардын биринчи үчөө гана аталган; демек, ичкилик бирлигинин курамы өзгөрүп кеткен).

Чормошев Закир[68] Булганчтын ысмын жору уруусунун (адигине тармагынын курамында) негизин салган Жорунун уулдарынын ичинде атады. Акырында, Исламов Низам[69] найман уруусунун курамында булгачы-найман тукуму бар экендигин айтты; анын өкүлдөрү Өзбекстандагы Шаарканда (Шаарихан) жашашат, өзүлөрүн эми өзбекпиз деп аташат. Анын айтканы боюнча, мурда булгачы-найман чоң тайпа болгон, бирок ачкачылыктын айынан алардын көбү Ысарга (Гиссар) кетишип, ошол жерде жашап калышкан. Алардын тукумдарын азыр ал жерде калдык-найман (калдык же карлык, б. а. карлуктар) дешет.

В. П. Юдин Низамуддин Шаминин «Зафар намасына» таянып, булгачы уруусу Темирдин заманындагы салучилер менен бирге айтылаарын белгилейт. Вайсхан өлгөндөн кийин, деп көрсөтөт В. П. Юдин, булгачы уруусу калучилер жана бир катар башка уруулар менен бирге Дашти Кыпчакка Абу-л-Хайр-ханга кетип калышат. Ал жөнүндө могул уруусу катары айтылат[70]. «Тарихи Рашидиде» да XV кылымдын экинчи чейрегинде «булгачы» деп аталган уруу Абу-л-Хайр-хан[71] башчылык кылган көчмөн өзбектер менен биригип кеткендигин кабарлайт. Ушул маалыматтардын баары К. И. Петровдун гипотезасы менен дегеле дал келбейт. Бул гипотезаны далилденген деп айтышка али эч болбойт. Ичкилик тобунун пайда болушу гипотезанын автору ойлонгондон алда канча татаал.

Кыргыздардын азыркы этникалык курамынын калыптануу тарыхын изилдөөгө киришүү менен, кыргыздын баатырлык эпосу «Манаста» кезиге турган этнонимика этникалык тарых үчүн да олуттуу маалыматтарды камтый турганын белгилеп кетүү керек. Ал этнонимиканы 1946-жылы[72] мен бир аз талд[ап] чыккан элем. «Манастагы» этнонимдерди, өзгөчө алардын этимологиясын изилдөөдө баалуу тажрыйба тилчи Б. Ө. Орузбаевага таандык[73].

Кыргыздардын этникалык курамын мүнөздөй турган колдогу маалыматтарды тарыхый жана географиялык чыгармалардын маалыматтары менен жана байыркы, орто кылымдардагы түркий тилдүү, ошондой эле моңгол

тилдүү уруулардын жана элдердин этнонимикасы менен салыштырып чыгуунун негизинде аталыштарында кыргыз элинин этникалык тарыхынын эң маанилүү этаптары чагылдырылган бир нече этникалык топтордун «катмарларын» бөлүп көрсөтүүгө болот.

Мындай топтордун биринчи «катмары» биздин замандын VI—XI кылымдары менен чектелген мезгилде жатат. Бул мезгилдин акырында гана феодалдык мамилелер биротоло калыптанып бүтөт. Мына ошондуктан карала турган бүт ушул мезгил бою эл сыяктуу этникалык жалпылыктын жашап тургандыгы жөнүндө сөз кылуунун кереги деле жоктур. Бул

«катмарга» байыркы түрк урууларынын жана орто кылымдардын баштапкы мезгилиндеги уруулардын чөйрөсү менен өтө жакын түрдө байланышкан этнонимдер, атап айтканда: төөлөс, мундуз, кыпчак, каңды (б. а. каңлы), кутчу, арык, уйгур, бугу, азык уруулары жана болжол менен солто, саяк (жарым-жартылайы), багыш, сары багыш, чоң багыш, кара багыш, жедигер жана айрым бир уруулар кирет.

Бугу уруусунун генеалогиялык уламыштарын кунт коюп карап чыкканда анын курамына кирген арык тобунун (же арык тукуму) бөлөк экендиги ачык байкалат. Бугулардын XVIII кылымда Ысык-Көлгө келиши менен байланышкан уламыштарда да арык өз алдынча топ катары айтылат. Бул болсо Г. Е. Грумм- Гржимайлонун арыктын ата-теги уйгурлардын арык[74] деп аталган уруусу болуп саналат деп айтканын колдоого мүмкүндүк берет.

Азык уруусун биз байыркы асиги менен жакындаштырабыз. Гэшу (азыркы кушчу) сыяктуу эле ал Нушиви аймагына таандык болгон (VII к., Батыш түрк каганаты)[75]. Ошондой болсо да бул этнонимди Күл-тегиндин жана Тонукуктун[76] урматына коюлган эстеликтердеги орхон жазууларында (Чоң жазуу) эскерилген «аз» элинин аты менен окшоштурууга. болот. VII кылымдагы Жети- Суудагы түргөштөрдүн эки муунунун — тохсиликтер менен азийликтердин — окулушу күмөндүү экендигин белгилеп, В. В. Бартольд мындай деп жазат: «... мүмкүн азийликтер орхон жазууларында эскерилген аз элинин өзүдүр»[77]. В. В. Бартольд өзүнүн «Кыргыздар» деген эмгегинде да Тонукуктун эстелигин- деги жазууда кыргыздар менен бирге аз эли[78] да бир нече эскерилээрин белгилеп келип, аздарды түргөштөрдүн бир тармагы деп ишенимдүү түрдө айтат[79].

Аздар-түргөштөр жөнүндө айтылгандарга байланыштуу азык уруусунун тамгасынын сүрөтү (Э-Э) менен Чүй өрөөнүндө казуу учурунда табылган түргөштөрдүн VIII кылымдагы жаа түрүндө салынган тамгасынын окшоштугу көңүлдү бурат[80]. Ушундай эле түрдөгү тамга бугу уруусунда болгон. Ал «жаа тамга» деп аталган[81].

Азык уруусун азыркы теленгуттар менен ач-кыштымдардын[82] курамына кирген алтайлык «төрт-ас» тобу менен салыштырууга болот, анткени кыргыздын азык уруусунун (же асык) өкүлдөрү да козугуна, байщчук, бынман, бөру деген төрт бөлүкчөнүн саны боюнча өзүлөрүн «төрт тамгалуулар (төрт тамгалуу азык) деп аташат[83].

Аталышында багыш деген этноним бар бир нече уруулардын пайда болушу жөнүндө маселе эң татаал маселелердин катарына кирет. Бул уруулар ата-теги боюнча шексиз Борбордук Азияга таандык экендиги жөнүндөгү Н. А. Аристевдин гипотезасын кечээ жакынга чейин далилсиз гипотеза деп эсептеп келдик[84]. Бул гипотеза В. В. Радлов тарабынан ишке ашырылган кыргыздын сары багыш жана чоң багыш (желтый лось, большой лось)[85] урууларынын аттарынын которулушуна негизделген эле. Н. А. Аристовдун пикири боюнча бул этноним Орто Монголиядан, балким жарым-жартылай, а түгүл Саяндын арка жактарынан алынып келиши мүмкүн. Акыркы мезгилде жапайы айбандардын аттары Тянь-Шанга Саян-Алтайдан «алып келиниши» мүмкүн

экенин ырастай турган бир кыйла олуттуу далилдер пайда болду- 1953-жылы Кыргыз археологиялык-этнографиялык экспедициясынын этнография отрядынын иштөө учурунда жазылган жазмаларымдын биринде куну деген тааныш эмес сөз жолукту. Бул жазма менен К. К. Юдахинди тааныштырдым. Анын изилдөөлөрүнүн, ошондой эле А. М. Шербактын изилдөөлөрүнүн натыйжа- сында кыргыздын «куну» деген сөзү росомаха (суусардын бир түрү)

(салыштырыңыз: хакастарда — хуну, шордуктарда — кунучак) экендиги азыр анык- талды[86]. Росомаха Тянь-Шанда болгон эмес, бул ат Саян-Алтайда пайда болгон.

Л. П. Потапов кең пейилдик менен мени тааныштырган анын соңку изилдөөлөрүнө ылайык челкандарда (түндүк алтайлыктардын курамындагы этнографиялык топтордун бири) шаман зикир чалуу убагында өзүнүн дабын (бубен) «ер пагыч» деп атаган. Зикир учурунда дап — бул мингич унаа болгондуктан (демейде териси дапка керилген жаныбар), демек ер пагыч дегенибиз ошол малдын эркеги (ер). Эгерде пагыч терминин ала турган болсок, бул кыргыздын багыш этнониминин фонетикалык варианты; демек челкандык шаман үчүн дап багыштын символу болгон. Багыштар болсо кечээ жакынга чейин челкандыктар аңчылык кылчу жаныбар болгон жана алардын териси чындыгында да шамандардын даптарын каптоого жумшалган. «Тувалыктарда шамандардын дапы, — деп жазат Л. П. Потапов, — Саян-Алтай тоолорундагы башка элдердегидей эле зикир чалуу убагында шамандын мингич унаасы катары түшүнүлөт. Даптын аты адатта туяктуу аң жаныбарларын билдирет[87]. Ошентип, Алтай этнографиялык материалы багыш этнониминин семанти- касын ырастады.

Демек, Н. А. Аристовдун пикири айрым бир негиздерге ээ болгонсуду. Бирок Н. А. Аристовдун гипотезасы багыш этнониминин семантикасында гана жарым-жартылай ырасталып тим калбастан, ошондой эле башка фактыларда да ырасталат. «Манас» эпосундагы архаикалык сөздөрдү изилдеген кыргыз окумуштуусу Биялиев Абак булан деген жапайы жаныбардын атына менин көңүлүмдү бурду. К. К. Юдахин айткандай, чынында да кыргыз эпосундагы булан — жапайы жаныбардын аты, ал кээ бир түрк тилдеринде багыш, бугу[88] дегенди билдирет. Азыркы кыргыздарга мааниси белгисиз болгон бул архаикалык сөз дал Саян-Алтай элдеринде багыштын аты катарында сакталып калган[89]. Ошентип, багыш этнониминдеги кыргыз урууларынын Енисейде пайда болгондугу жөнүндөгү маселе талаш-тартыш маселе бойдон калып отурса да, жогоруда келтирилген фактылар түпкү теги Саян-Алтай менен байланыш- кан этникалык компонент кыргыздардын ата-бабасынын курамына кирген деген пикирди ырасташы мүмкүн.

В. В. Бартольд өз кезинде көңүл бурган канды (каңлы) деген бир кыйла чоң уруу, сыягы, түркий тилдүү абориген уруулардын биринен болсо керек. Кара-кытайлар азыркы Кыргызстандын территориясына басып киргенге чейин эле Баласагундун ээсин (Караханилерден) түрк уруулары — канглы менен карлуктар кысымга алышкан[90], демек, канглы Чүй суусунун өрөөнүндө кошуна жашаган[91]. Балким ошондуктан, В. В. Бартольд өзү келтирген Абулгазынын каңглылар моңголдорго чейинки мезгилде эле Таластан Ысык-Көлгө чейинки территорияны ээлеп турган деген билдирүүсүн четке каккан эмес[92]. Мындай болгондо каңглылар кийинчерээк кыргыз элинин курамына кирген түркий тилдүү башка уруулар менен да жакын байланышта болушу мүмкүн. Ошондуктан каңглылар ушул эле территорияда бир кыйла кийинчерээк мезгилде Могулстандын башка урууларынын арасында да эскерилет. Алар казактардын Улуу жүзүнүн[93] курамына да, ошондой эле кыргыздардын курамына да киришкен[94].

Кыргыз генеалогиясынын билермандары кыргыздардын этникалык кура- мында бир кыйла байыркы жана кийинчерээк мезгилдеги уруулардын бар экендигин айырмалашат. Байыркы уруулардын катарына алар кыпчакты,

мундузду, кутчуну (кушчу), кандыны кошушат, бул тарыхый фактылар менен толук сыйышат. Ушул эле топко нойгут, катаган, жедигер урууларын кошуу анчалык негиздүү эмес. Кээ бир кыргыз этнонимдери жана генеалогиялык уламыштардын далилдери кыргыз урууларынын бир бөлүгүнүн карлук-уйгур чөйрөсу менен болгон этногенетикалык байланыштары жөнүндө айтууга мүмкүндүк берет, бул чөйрө моңголдорго чейинки мезгилде Тянь-Шандын жана Тянь-Шандын жака-белдеринин калкынын этникалык тарыхында маанилүү роль ойногон[95].

Кыргыз урууларынын карлуктар менен байланышы жөнүндө кабарлаган жаңы далилдер Б. Х. Кармышева[96] келтирген тажикстандык карлуктардын этнонимдери менен кыргыз этнонимдеринин айрым бир дал келүүлөрүнө көңүл коюп мамиле кылууга мажбурлайт. Алсак, карлук этноними «мажаки» кыргыздардын чоң багыш жана саруу урууларынын курамындагы мачак топторунун атына дал келет. Карлук этноними «гилат» ошол эле чоң багыш уруусунун килет тобунун аталышына дал келет.

Биз уйгур этнонимин келечектеги кыргыз элинин курамынын биринчи этабын түзгөндөрдүн катарына кошконубузда айрым изилдөөчүлөр күмөн санашкан эле. Мындай күмөн саноого негиз жок. X кылымдын «Худуд-ал-алам» (Б. В. Бартольд тарабынан басылып, В. Минорский тарабынан которулуп жана комментарийлер берилген) чыгармасында кыргыздар жана VII—VIII кылымдарда курамына теле уруулары кирген токуз-огуздар, алардын ичинде уйгурлар жөнүндө коңшу уруулардын конфедерациясы катары бир нече жолу эскертилгени[97] жакшы маалым. Кыргыз иликтегич-филолог Б. М. Юнусалиев кыргыз тилинин уйгур тили менен байланышын белгилеп, минтип жазат: «Негизги сөз фондусунан келтирилген фактылар дагы да болсо азыркы кыргыз тилин, бир жагынан, ошол эле алтай тили же, андан да кеңирээк тува жана хакас тилдери менен, экинчи жагынан, уйгур тили менен байланыштырып турат... Түштүк кыргыздар болсо Фергана өрөөнүнүн, Памирдин жана Кашкардын өзбек-уйгур-тажик калктары менен өз ара тыгыз маданий- экономикалык жана саясий байланышта турушкан»[98]. Бул контекстте сөз азыркы кыргыз жана уйгур тилдери жөнүндө болуп жатат, бирок кыргыз жана уйгур урууларынын алда канча мурдагы байланыштары жөнүндө да күмөн саноого болбос, анткени байыркы уйгур тили да жана байыркы кыргыз тили да түрк тилдеринин чыгыш же чыгыш-хунн тарамындагы уйгур тобунун бир саласы — уйгур-тукуй саласына кирген[99]. Түштүк Кыргызстанда катталган уйгур этноними да кыргыздардын уйгурлар менен этникалык мамилелеринин чагылышы катары кызмат кылат[100]. Азыркы учурда өзүлөрүн ата-теги боюнча уйгурлардын бөлүкчөлөрүнө таандык кылган топтор Үч-Коргон районунда, Кароол-Буйга, Авузтам-Пилал, Тегирмеч, Караганды, Керегеташ, Олагыш, Каракыштак, Пум кыштактарында жашап турушат. Мурда Шыпы (Шиббе) кыштагында жана Лянгар жеринде да жашаган. Көпчүлүк информаторлордун маалыматтары боюнча, уйгурлар — тейит («ичкилик» деген ат менен бириккен уруулардын бири) уруусунун өз алдынча турган бөлүкчөсү. Башка бир маалыматтар боюнча, уйгур — ошол эле уруунун чал-тейит бөлүкчөсүнүн же болбосо сары-тейит бөлүкчөсүнүн бир бөлүгү. Өзүлөрүн уйгур тобуна таандык кылган карыялар Айтемиров Кенжебай жана Ормонов Райымберди бул топтун алгачкы ата-бабалары Бухарадан келишкенин (Бухара-и Шарып), ал эми уйгурлардын үч-коргондук топтун

түздөн-түз ата-бабасы бул жакка Каратегинден көчүп келишкенин, ал жакта Кош-Тегирмен деген жерде уйгурлар тобунун бир бөлүгү азыр да жашап турушаарын айтышат.

Айрым бир фактыларга караганда, уйгур тобуна киргендер мал чарбачылыгы менен да, дыйканчылык менен да кесиптенишкен. Алсак, Кароол кыштагына жакын жерде Уйгур-арык деп аталган канал бар. Булгачы-найман жана уйгур топторунун ортосунда Тегирмеч көлүнүн айланасындагы жайыттардан улам айыгышкан талаш-тартыштар болгондугун айтышат. Ата-теги боюнча өзүлөрүн уйгур тобуна таандык кылгандар Тейит уруусу менен жакын тектеш экендигин белгилешет; тейит менен уйгурдун урааны бир, б. а. тигилердин да, булардын да урааны бир[101]. Айтемиров Кенжебай уйгур тобу ошондой эле кыдырша, канды, кесек жана нойгут топтору менен теги бир (бир жаамы) деп кошумчалайт. Бирок анын буйга жана төөлөс деген эки топ менен да жакын тектештик байланышы бар экендигин билдирген далил- дер да бар.Ураан баисы уйгур деген сөздүн таралып айтылып жүргөнү да бир кызык. Бул сөздүн мааниси жөнүндө ар түрдүү уламыштар бар. Алардын бири боюнча илгери ачкачылыктын айынан адамдар туш-тушка тараганда Каратегинден Түштүк Кыргызстандын территориясына ооп келген уруулардын бөлүкчөлөрүнүн башында уйгурлардын тобу турган экен; экинчи бир уламыш боюнча качандыр-бир убакта уйгурлар тобу көп санда болуп, кимдир-бирөөлөргө үстөмдүк кылып турган имиш. Тарыхый көз караштан алганда бул уламыш- тардын экөөнө тең толук жол берүүгө болот. Өзбектердин уруу-урууга бөлүнгөн тобунун бир уруусу да уйгур этнонимин сактап калгандай эле, уйгурлардын кыргыз тобу да байыркы уйгур калкынан бери келаткан этнонимди сактап калгандыгынан күмөн саноого болбос. Биз жазып алган бир катар генеалогиялык уламыштарда өзбектердин 92 уруусунун ичинде уйгур уруусу сөзсүз түрдө кошо айтылат.

Кыргыздын кыпчак уруусунун теги «алтайлык» уруулар менен байланышта болгону ачык байкалат. Кыргыз кыпчактарын өзбектер менен каракалпактардын арасындагы кыпчактар менен салыштырууга мүмкүн эмес. Кыргыздардын кыпчак уруусунун курамында (тогуз уруу кыпчак) төмөнкү негизги майда бөлүктөр айтылат: тору айгыр, таз, кожомушкур, жартыбаш, шерден, кармыш, жаманак, омонок, алтыке. Дагы сакоо-кыпчак тобун айтышат. Кыргызстандын түштүгүндө жашаган бул уруунун бөлүкчөлөрүнүн ичинде КНЭРдин Синьцзян-Уйгур автоном районунун территориясында гана жашаган кээ бир топтор: кан-кыпчак, товур-кыпчак жана башкалар гана айтылбайт.

Ошол эле убакта өзбек элинин этногенезине катышкан кыпчак уруу тобунун (кыргыздар аны — сарт-кыпчак деп аташат) структурасы башкача болгон. Ш. И. Иногамов Ферганадагы өзбек-кыпчактарда төмөнкүдөй уруулук бөлүкчөлөрдү каттаган: яхцик, ульмас, бугач, жайдак, кугай, илятан, огин, күчжарак, күмүшай, тикан, сары-кыпчак, тоз, кызылмуш, туртайлык ж. б.[102] 1940-жылдардын акыры ченде В. Г. Мошкова тарабынан мага берилген Өзбекстандын азыркы Наманган областынын территориясында жашаган «кыпчак урууларынын» тизмесинде Ш. Н. Иногамов келтирген айрым бөлүкчөлөрдүн (күмүшай, кугай, бугач, ульмас, яшик, яйдаг, илатан жана тикан) башка да төмөнкү бөлүкчөлөр көрсөтүлгөн: пучукой, бугаз, курама, кулон, айбойра, чляль, чирик, итти кашка (?). Акыркы бөлүкчө, В. Г. Мошкованын айтканына караганда, В. П. Наливкиндин эмгегинде Фергана кыпчактарынын беш ата-бабасынын ичинде аталгандыктан гана бул тизмеге

www.bizdin.kg
киргизилген[103]. Ошентип, кыргыздардын жана өзбектердин кыпчак урууларынын генеалогиялык структурасы, эгерде кыргыздардагы таз жана өзбектердеги тоз бөлүкчөлөрүн эсепке албаганда, дал келбейт. Ошондой болсо да, бул уруунун кыргыздар менен Орто жүз казактарындагы бөлүкчөлөрдүн арасында тору айгыр деп жалпы ат менен аталган топчолордун бар экендиги көңүл бурат[104]. Кыпчактардын кыргыз жана казак уруулары жердеген территориялар бири- биринен жүздөгөн километр алыстыкта жатса да, тигинисинде да, мунусунда да аты бир болгон бөлүкчөлөрдүн бар экендиги өзгөчө кызыгууну туудурат. Бул фактыны ушул эки уруунун эзелки этногенетикалык байланышынын түздөн-түз далили катарында кароого болот. Кыргыздардын кыпчак уруусунун кыпчактардын чыгыш, алтай жергесиндеги тобу менен болгон этногенетикалык байланышы жөнүндө жана анын Жети-Суу аркылуу түштүк тарапка оогондугу жөнүндө 1959-жылы айткан божомолум XVI—XVIII кылымдардагы болгон окуялар тууралу баяндаган чыгармалардын кол жазмаларында бул уруу Жети- Суунун жана Чыгыш Түркстандын территориясына көчүп келгендиги жөнүндө айтылган маалыматтар менен да ырасталып отурат[105].

А. А. Валитованын изилдөөлөрү көрсөткөндөй, XI кылыллда Баласагундук Юсуф жазган белгилүү чыгарманы кыпчак этноними биринчи жолу аталган түрк тилиндеги эстелик деп эсептөөгө болот (автору Баласагун шаарында туулган, бул шаар көптөгөн изилдөөчүлөрдүн пикири боюнча Чүй өрөөнүндө жайгашкан)[106]. А. А. Валитова Махмуд Кашкарлыктын (XI к.) «Диванындагы» кыпчактар жөнүндөгү маалыматтар Жети-Суу менен Чыгыш Түркстандын кыпчак урууларына таандык экендиги тууралу маанилүү фактыны белгилейт ,[107].

Кыргыздардын кыпчак уруусунун сарт-кыпчактарга карата катышы жөнүндө ар түрдүү пикирлер бар. Кээ бирөөлөр алардын жалпы түпкү атасы Кыпчак болгон дешет. Анын бир аялы кыргыз, башка бир аялы сарт болгон. Биринчисинин тукуму — кыргыз-кыпчактар, экинчисиники — сарт-кыпчактар[108]. Башка бирөөлөр бул эки топтун теги боюнча жакын экендигин жөн гана баса белгилешет[109]. Бирок, бул экөөнүн ортосунда эч кандай байланыш же жакындык болгон эмес, ал жөнүндө уккан эмеспиз деген маалымат да бар[110].

Кыпчак компоненти кыргыз элинин этникалык тарыхынын биринчи «катмары» куралып жаткан этабында эле белгилүү бир роль ойногондугунан шек кылууга негиз жок. Бул жөнүндө кыргыз тилинин тарыхы эң ынандырарлык түрдө белгилейт. Кыргыз тили, курамында өз алдынча турган кыпчак тобунун түрк тилдеринин батыш же батыш-хунн тармагынын бар экендигине карабастан, алтай тилинин түштүк диалектилери менен бирге алганда башка классификациялык категория болуп эсептелген чыгыш же чыгыш-хунн тармагынын кыргыз-кыпчак тобун түзөт[111]. Мындайча классификациялоо кыргыз тили да жана алтай тили да кыпчак тилдеринин таасири астында болгондугу менен шартталган. Ошондуктан, кыргыз тилинин субстратын (жалпы негизин) биздин замандын биринчи миң жылында Алтайда жана ага коңшулаш аймактарда жашаган байыркы түрк урууларынын тилдери түзгөн деп айтууга болот[112].

Кыпчак компонентинин ролу бир кыйла кийинки убактагы — «Мажмуат-таварихтин» кол жазмасындагы маалыматтардан да жакшы байкалат. Мында баяндалган окуяларга кыпчак Ак-Тимурдун Жети-Кашка (жогоруда айтылган итти кашкага салыштырыңыз) деп аталган уулдары, андан кийин Ульмас-

Кulандын кошууну (аскери) катышат (жогорудагы сарт-кыпчак бөлүкчөлөрү ульмас жана кулонду салыштырыңыз). Муну менен катар бул окуяларда Каркыранын кыпчактары катышат (Каркыранын уулу — Жакыпбек, Жакыпбектин уулу — Манас). Бул кыпчактар Кара-Кышлакта жашашкан.

Аталган кол жазмадан үзүндүлөрдү которууга байланыштуу В. А. Ромодиндин айтуусуна караганда, Кара-Кышлак калыбы азыркы Мерке (Казакстан) шаарынын аймагында жайгашкан болсо керек; азыркы картада ошол эле жерде Каракыстак өзөнү көрсөтүлгөн. Болжол менен XVIII кылымдын орто ченине тийиштүү уламыштар боюнча Меркеге жакын тоолордун батыш тарабында Каракыштак шаары турган, анда калмактардын ханы Коң-таажы жашаган[113]. Кол жазмада Жети-Кашка кыпчактары менен Каркыра кыпчактарынын теги бир экендиги көрсөтүлсө да, калыбы, сөз кыпчактардын ар түрдүү топтору жөнүндө болуп жатса керек, анын үстүнө Каркыра кыргыз эпосунун легендарлык каарманы Манастын чоң атасы деп аталган. Биз эпос жөнүндө сөз кылган соң, «кенже» эпостордун кээ бир чыгармаларында («Эр-Төштүк», «Курманбек», «Олжобай менен Кишимжан» поэмалары) дал кыпчак уруусунун турмуштары сүрөттөлөт. «Манас» эпосунда Манастын соратниги, кыпчактын ханы Үрбү көрүнүктүү роль ойнойт.

Айрым бир кыргыз уламыштарына караганда, кыпчактардын Шырдак хан башында болгон бүт уруусу Көк-Дөбө — Каркыра жеринен көчүп келишкен (жогору жакты караңыз: Каркыра кыпчактарынын жол башчысы)[114]. Шырдак ханды кыпчактардын кожомүшкүр бөлүкчөсү өзүлөрүнүн ата-бабасы деп эсептешет[115]. Кээ бир карыялар кыпчактардын «ак калпак» (кыргыздардын байыркы урууларын ушундайча аташат) элинин ичинен үстөмдүк кылуучу топ катарында бөлүнүп чыгышкандыгын, алар аксакалдар деп эсептелгенин (бийлеп, башкарып чыкты)[116], адегенде бардык кыргыздарды кыпчак уруусу, кийинчерээк — багыш уруусу бийлегенин айтышат[117].

Дагы бир белгилей турган нерсе, кыргыз орнаментинин курамындагы биринчи комплексти С. В. Иванов кыргыз искусствосунун мүнөзүн аныктоочу негизги комплекс деп эсептеп, аны шарттуу түрдө кыпчактык комплекс деп атайт, «анткени ал курамына кыпчактар кирген бир катар элдерде кезигет. Сыягы, ал кийинки көчмөндөрдүн арасында, б. а. IX—XII кылымдарда калыптанса керек... IX—XII кылымдардагы көчмөндөрдүн орнаменти (оймочиймелери) талаа жерлеринде отурукташкандардын азыркы орнаменттери менен окшоштугу бар, атап айтканда, кыргыз жана казак орнаментине жакын»[118].

Айтылгандардын баары кыпчактардын чыгыш, алтай тараптагы бутагынын этникалык чөйрөсү да жана ошондой эле, тили да, кыргыз элинин, анын тилинин, фольклорунун, көркөм сүрөт искусствосунун жана маданиятынын башка өзгөчөлүктөрүнүн калыптанышына белгилүү бир таасирин тийгизгендигин далилдеп турат.

Кыргыздардын этникалык топторунун андан кийинки «катмары», алардын этнонимдери жана айрым бир этнографиялык маалыматтар боюнча алып караганда, XII—XIV кылымдарда пайда болгон. Бул мезгил эки ири тарыхый окуя менен: бир катар түркий тилдүү уруулар, алардын ичинде бир канча кийинчерээк кыргыз элинин курамына кирген уруулар жашаган территорияга кытайлардын жана моңголдордун басып кириши менен мүнөздөлөт. Бул «катмарга» теги моңгол уруулар жана айрым бир башка уруулар кирет. Аларга' нойгут (Рашид ад-Дин эскерген онгут уруусу болушу мүмкүн), баргы (моңгол уруусу баргу же баргут), коңурат (моңголчо

хонкират), катаган (моңголчо хатакин), баарын (моңголчо баарин), найман, кереит, меркит[119] урууларын киргизүүгө болот. Ушул эле катмарга, кыязы, кодогочун (муңгуш уруусунун курамында), кара кунас жана ардай (экөө тең жору уруусунун курамында, адигине тармагы) сыяктуу анча чоң эмес топтор да таандык кылынышы мүмкүн. Кытай уруусу өзгөчө турат, бул уруу кидандардын (кара кытайлардын) кыргыздарга сиңип кеткен алыскы урук-тукумдары деп айтса болот.

Кытай уруусу Талас жана Чаткал дарыяларынын өрөөндөрүндө жайгашкан, бирок бул уруунун ири топтору Ысык-Көл боюнда, Чүй өрөөнүндө, бир кыйла майдалары Тянь-Шанда жашаган. Мындан анчалык алыс эмес мезгилде аралаш жашаган башка калктар аларды тамаша иретинде «кара кытай» деп аташкан. Бул уруунун бөлүкчөсү — кыйранын курамында кара-кытай деп аталган топ бар. Кыргыздардын кытай уруусу өз атын ушул урууга негиз салган адамдын аты же анын лакап аты менен аталып калса керек деген пикир бар. Бул пикир менен макул болуу кыйын, анткени ушундай эле аталган (же ушунун эле фонетикалык варианты менен аталган) уруулар өзбектердин, каракалпактардын, казактардын жана башкырттардын курамында да болгон, б. а. кыязы, булардын түбү жалпы этникалык прототип болгон кидандарга барып кошулат.

Бул мезгилде негизги кыргыз урууларынын калыптануу процесси өзүнүн аяктоо тилкесине кирет жана алардын курамынан кыргыз түзүлө баштайт.

Үчүнчү «катмар» кыргыздардын этникалык тарыхынын акыркы этабына, XV—XVIII кылымдарга таандык, бул мезгилде кыргыз элинин акыркы этникалык бейнеси калыптанып калган. Мында такталып аныктала элек жергиликтүү түркий тилдүү топтордун (жогоруда айтылган чогорок уруусу жөнүндөгү мисалды караңыз, 37-б.) башка да, казак-ногой тегиндеги топтор көрүнүктүү орун ээлейт. Алардын ичинен биз чекир-саяк (алардын урук-тукумдары негизинен Суусамыр, Жумгал өрөөндөрүндө жана Нарын дарыясынын орто агымында жашашат), жетиген топторун, саруу уруусунан (алакчын, колпоч), сары багыш уруусунан кээ бир топторду, ошондой эле азыр Талас өрөөнүнүн калкынын курамына кирген, теги казак болгон айрым майда топторду бөлүп көрсөтөбүз.

Ушул эле мезгилде, кыязы, биз теги моңгол-түрк болгон аралаш топ катары эсептеген, кийин кыргыз элинин курамына кирген айрым бир уруулар калыптанса керек. Буларга баарынан мурда моңолдор менен чериктер кирет. Бул уруулардан биз чагатай могулдарынын топторун көргүбүз келет, булардын этникалык курамы, тарыхый булактарда кандай даражада чагылдырылса, Б. П. Юдиндин баалуу эмгегинде да ошондой эле даражада чагылдырылган.

В. П. Юдиндин кыргыздар Могулстандын жана Могулиянын[120] могулдары менен этникалык жактан байланыштуу экендиги жөнүндө айткандары мага кыйла жемиштүү ой-пикир катары көрүнөт, анын үстүнө кыргыз элинин өзүнүн калыптанышы дал ушул доордо болгон. В. П. Юдиндин пикири боюнча, бул байланыштарды эки этапка бөлүүгө болот: I — Могулстандын «могул» деген этноним менен бириккен урууларынын бирлигинин курамына кирген кыргыздар менен могулдардын жалпылыгынын мезгили (XV кылымга чейин); II — элдердин өз алдынча боло баштоо жана андан кийин могулдарды коңшу элдердин сиңирип алуу мезгили (XV кылымдан баштап). Биринчи мезгилде түзүлүп жаткан могул элинин курамына келечектеги могул жана кыргыз (жана келечектеги казак) уруулары тең негизде

киришкен[121]. Бул процесс аягына жеткен эмес. Андан ары саясий-экономикалык себептер менен уруулар обочолонуп, топторго бөлүнөт да, алардын бири «могул» деген атты сактап калат, экинчи «кыргыз» деген атка ээ болот, үчүнчүсү казак элинин курамына кошулуп кетет.

Этникалык процесстердин мындай багыты эгер төмөнкүдөй эки кырдаалды эске ала турган болсок чындыкка көбүрөөк жакын: 1) бул процесстер кээ бир бөлөк коңшу элдердин (өзбектердин, казактардын) калыптануу процесси менен хронологиялык жактан дал келет; 2) Могулстандын территориясы азыркы Кыргызстандын бир бөлүгүн гана эмес, ошондой эле Чыгыш Тянь-Шань жака-белдеринин бир кыйла мейкиндиктерин да камтыган, б. а.

кыргыз элинин келечектеги компоненттери калыптанган этникалык территорияны да кучагына алган.

В. П. Юдин кыргыздардын курамында «нагыз могул жана могул элементтери менен жалпылыгы бар»: баарын, балыкчы, барак, дуулат, керейит, кушчу, моңгол, моңолдор, нойгут жана башкалардын болгондугун адилеттүү белгилейт. Буга баргы уруусун (эгерде В. П. Юдин мисал келтирген барки деген ат туура болсо; бул кээде булактарда да кездешип калат), ошондой эле мекрит (кыргызча меркит), булгачы[122] (кыргыздарда булгачы-найман)[123] жаначерик[124] урууларын кошууга болот.

Черик уруусуна өзгөчө токтолуп кетүү керек. К. И. Петров өз изилдөөлөрүндө Анга (Инга, Инка) төрө Бай Мурад Чериктин улусун кыргыз улуусу деп карайт. Мындай деп айтуу Анга-төрөнүн атынын курамына кыргыздын черик уруусунун атына окшош «Черик» деген сөздүн киргендиги негиз болгон, ошондой эле буга «Мажму ат-таварихте» айтылгандай, Анга-төрөнүн генеалогиясы кайсы бир бөлүгүндө кыргыздардын оң канатынын генеалогиясы менен дал келгендигинин фактысына да негизделген. Бирок бул далилдер ынандырарлык эмес. Биринчиден, белгилүү болгондой, черик — моңгол сөзү (инди тилдеринен кабыл алынган), ал «жоокер, аскер, казат»[125] дегенди билдирет, б. а. аскердик терминге тиешелүү. Бул сөз черик уруусунун атына тиешеси жок эле, Анга-төрөнүн ысмынын (а мүмкүн титулунун) кошумча бир бөлүгү болушу мүмкүн. Экинчиден, «Мажму ат-таварихте» баяндалган генеалогиялык уламыштарды иликтеп-үйрөнүп көргөндө Анга-төрөнүн ата- тегинде анын ата-бабасынын 12 ысмынын ичинен (алар моңголдордун ата- бабасы деп аталган) алтоо гана (Ана-л-хакк, Лар-хан, Гуз-хан, Арсланг-бий, Кули-бий жана Мары-бий) кыргыздардын оң канатынын ата-тегиндеги айтылып жүргөн легендарлуу ата-бабалардын ысымдары менен дал келерин аныктоого мүмкүн болду- .Кыргыздардын оң канатында уруу башчысы Ак уулдун ата-бабаларынын ысымдарынын тизмеги 19 ысымдан турат. Бул болсо, кыргыздардын оң канатынын кээ бир ата-бабаларынын ысымдары кыргыз феодал төбөлдөрү тарабынан, белгилүү бир максатты көздөп, Анга-төрөнүн ата-бабаларынын катарына кийинчерээк «жалгаштырылып» жиберилгендигинин далили боло алат.

«Мажму ат-таварихте» Анга-төрөнүн улуусу жөнүндө төмөнкү айтылгандар өтө кызык[126]. «Анга-төрөнүн жанына моңголдор топтолушту (ага Тохтамыш кол салганда)»; «Анга-төрө Кара-кожо менен Манаска 10 миң моңголду жардамга жөнөттү»: «Анга-төрө моңголдор менен чериктерди көчүрүп жиберди». Кыргыздар (алардын ичинде черик уруусу да) Анга-төрөнүн улуусуна кирет, бирок ал улус «кыргыздыкы» эмес.

Мына бул маалыматтардан көрүнүп тургандай, XVI кылымда черик уруусу кыргыздардын курамында болгон, бирок ал аралаш мүнөздө болушу мүмкүн. Аталган булактан көрүнүп тургандай, оң канаттын структурасында черик уруусу аталган эмес. Бирок кол жазмасынын башка бөлүктөрүндө черик уруусуна тикелей катышы бар бир топ ысымдар кездешет. Анга-төрө- нүн кол башчысы Ахмед Бек-Назардын уулдары — Ак-Чубак, Бай-Чубак, Диван-Черик, Молдо-Черик, Кара-Черик болгон. Черик уруусунун структурасындагы негизги бөлүкчөлөргө, биздин маалыматтарыбыз боюнча, төмөнкүлөр кирет: ак-чубак, бай-чубак. Мындан да майдараак топтордун бар экендиги көрсөтүлгөн, алар: молдо-черик, дубан жана кара-черик[127]. Ошентип, XVI кылымдагы черик уруусу менен ата-теги боюнча өзүлөрүн черик уруу- суна таандык кылып жүрүшкөн азыркы кыргыздардын черик тобунун орто- сунда түз генетикалык байланыштын бар экендиги аныкталып отурат. Бирок черик уруусу XVI кылымдан мурда эле калыптанышы да мүмкүн. Бул термин этникалык аталыш катарында көптөн бери эле белгилүү. Ал табгач лексикасынан чечмеленген: чэ-ли=t*siet(-r) - liji(ri) чериктер VIII кылымдагы «сактарга» таандык документте да эскерилет, бул документте «алардын батыш, а мүмкүн, чыгыш түркстанды жердегени ачык байкалат, анткени тохарлар алардын жакын кошунасы катарында аталат»[128].

Кыргыздардын моңолдор уруусун могулдар менен, атап айтканда, Анга-төрөнүн улусу менен салыштыруу өтө кызыгууну туудурат. «Мажму ат-таварихте» лакап аты Көк-бука болгон Мухаммед бек Анга-төрөнүн уулу деп айтылган. Ошентсе да, азыркы кыргыздардын генеалогиялык уламыштарынын айрым варианттары боюнча, моңголдордун уруу башчысын (Адигине менен Тагайдын карындашы — Наалдын күйөөсү) Көкө деп аташкан, ал эми анын лакап аты Көк-бука болгон. XVI кылымдын кол жазмасында төмөнкүлөр Мухаммед-бектин тукумдары деп аталган: Кувай (төртүнчү атасы), Куу-Сөөк (сегизинчи атасы), Сейид-Газы (тогузунчу атасы), Кувай Буваке Дават-бий (онунчу атасы). Булардан башка дагы Бай Могол жана анын тукуму Чолок Туума менен Кыйра айтылат. Бардык аталган ысымдар (кол жазмада жарым- жартылай бурмаланган болсо да) моңолдор уруусунун азыркы генеалогиялык уламыштарда айтылып жүргөн айрым уруктарынын түпкү аталарынын ысымдары жана бөлүкчөлөрүнүн аталышы менен толук дал келет. Бул уруунун структурасынан биз төмөнкүлөрдү табабыз: кабай, куу сөөк, бай-могол, чолок туума, улуу кыйра (жана бала кыйра). Бөгөнөк бөлүкчөсүнүн түпкү атасы Сейитказы деп аталат. Уруунун түпкү атасы Баакы-бий деп эсептелет[129].

Чорас уруусу кубаттуу могул урууларынын биринен болгон[130]. Кыргыздын черик-саяк уруусунун эң ири бөлүкчөлөрүнүн катарына чоро бөлүкчөсү кирген. Ал да өзүнүн согушчандыгы менен айырмаланган. XVIII кылымда анын ичинен аскер башчысы Жанболот чыккан, Бос тумак да ошол мезгилдин көрүнүктүү ишмери болгон, И. Г. Андреевдин маалыматы боюнча ал аты уйкаш «болуштун» башчысы болгон. XIX кылымдын биринчи жарымындагы эки аскер башы — Атантай менен Тайлак да чоро бөлүкчөсүнө таандык болгон, булар бүткүл чекир-саяк уруусунун чет жерлик баскынчыларга каршы күрөшүнө башчылык кылышкан. Чоро бөлүкчөсүн могулдар менен кыргыздар баш кошуп жалпы эл болуп турган мезгилдеги чорас уруусунун тукумдары деп кароого бардык негиздер бар (бул жерде жана башка учурларда «с» көптүк түрдө билдирүүчү аффикс болушу мүмкүн).

Бул «катмарга» «калмак» деп аталган топторду, ошондой эле, жергиликтүү калк тарабынан түпкү аталарынын аты менен аталып, бирок, теги калмак деп айтылып жүргөн айрым топторду да кошууга болот. Тигилер да, булар да кыргыздардын ар түрдүү урууларынын бөлүкчөлөрүнүн курамына киришкен[131]

Акырында, этникалык жагынан жергиликтүү өзбек, жарым-жартылай тажик калктары менен байланышкан (көбүнчө анча чоң эмес) топторду да ушул эле катмарга кошууга болот. Алардын ичинде сарттар, мангыт, сарай, чертшсе, калча жана кээ бир башкалар да бар.

Ошентип, кыргыз элинин этникалык курамында ар түрдүү тектеги бир нече уруулардын болгондугу аныкталып отурат. Алардын ичинен борбордук-азиялык (негизинен түркий тилдүү, бир азы моңгол тилдүү) жана жергиликтүү орто-азиялык (казак-ногойлорду кошкондо) компоненттерди башкы компоненттер деп эсептөөгө болот.

Борбордук-азиялык компонент дегенибизде биз моңголдор Орто Азияны басып алган мезгилде же андан кийин Тянь-Шандын территориясында пайда болгон урууларды гана түшүнбөстөн, ошондой эле, моңгол мезгилине чейин эле бул территорияда жашаган же бул жакка ооп келген, бирок кандай да болсо өзүлөрүнүн теги боюнча Борбордук Азия менен байланышкан урууларды да түшүнөөрүбүздү билдирип коюшубуз керек (аларга Саян-Алтайдан, Монголиядан, а түгүл мүмкүн Тибетке жакын жерлерден чыккандар таандык кылынышы мүмкүн). Бул мааниде алганда «казак-ногой» компоненттери (аларды кыпчак-ногой компоненттери деп айтса да болот) деген түшүнүк да шарттуу мүнөзгө ээ.

Кээ бир этникалык компоненттердин калыптануу процесси болуп өткөн территория жөнүндөгү маселе да терең көңүл буруууга татыктуу. Тянь-Шанда жана Чүй өрөөнүндө жазылып алынган, этникалык тарыхтын эң баштапкы этаптарына таандык болгон элдик уламыштардын ичинде кыргыздардын мур- дагы мекени Алтай болгон дегендери да бар экендигин баарынан мурда белгилеп кетким келет. Ал жерде кыргыздарды Кыргыз-кан башкарган. Бир катар кыргыз этнонимдеринин түштүк алтайлыктардын этнонимдери менен түздөн- түз окшоштугу бар: кыпчак, найман (алтайлыктарда да — айман), меркит (кыргыздарда да, алтайлыктарда да бул топту үркүт же меркит-муркут деп аташат), төөлөс же дөөлөс (алтайлыктарда — телес), мундуз (алтайлыктарда — мунус). Төөлөс жана мундус этнонимдери кыргыздар менен алтайлыктарда гана кездешет. Мындан башка да, алтайлыктардын арасында «кыргыз» жана «бурут» деген этнонимдер бар. Кыргыздарда керейит этноними учурайт. Орто кылымдардагы кераиттердин жана алардын алмат (албат) кераиттерине таандык болгон тункаит тобунун тукумдары түштүк алтайлыктарда «тонг- жоан» жана «алмат» сөөктөрү, түндүгүндө «тонг» сөөгү деп аталат[132].

Этникалык топтордун өзүлөрүнүн аттарынын гана эмес (алтай сөөктөрү менен кыргыз урууларынын), ошондой эле алардын бөлүкчөлөрүнүн аттарынын да дал келиши өтө маанилүү. Кыргыздарда да жана алтайлыктарда да — кара найман, кеке найман (алтайлыктарда — көгөл найман) деген бөлүкчөлөр бар; алтайлыктардагы «кочкор мундус» бөлүкчөсүнө кыргыздардагы кочкор мундуз бөлүкчөсү дал келет; алтайлык «дьарык» бөлүкчөсүнө (алтайлыктарда — кижү) кыргыздардын жарыке бөлүкчөсү (мундуз уруусунун курамында) жана кээ бир башкалар дал келет. Кыргыз-дөөлөстөрдүн ысык-көл тобу өзүлөрүнүн түпкү атасын Чулум-Кашка

деп аташат, ал эми алтайлыктардын курамында «чулгум мундус» бөлүкчөсү бар[133]. Кыргыздардын дээрлик бардык аталган уруулары жана уруу топтору толугу менен (мисалы, найман) же басымдуу көпчүлүгү Түштүк Кыргыздардын аймагынан орун алган. Төөлөс (дөөлөс) уруусу гана башкалардан айырмаланып турат, анын бир кыйла сандагы өкүлдөрү Ош областынын Жаңы-Ноокат районун жана Жети-Өгүз районунун (Ысык-Көл бою) бир катар кыштактарын жердешет. Анча чоң эмес меркит, кереит кыргыз топтору төөлөстөрдүн арасында жашап, өзүлөрүн төөлөс уруусунун бөлүкчөлөрү дешет.

Кыргыздардагы жана алтайлыктардагы аталган этнонимдердин ичинен эң байыркыларына кыпчак, төөлөс жана мундуз таандык кылынышы мүмкүн[134]. Кыргыз элинин этникалык тарыхында кыпчак компонентинин ролу жөнүндө биз токтолуп өткөнбүз[135]. «Теле» деп аталган эң байыркы түрк көчмөн бирлик- терин түзгөн уруулар менен түз же кыйыр түрдө, ишенимдүү же болжолдуу түрдө салыштырууга боло турган кыргыз этнонимдер тобу жөнүндөгү маселе да карап чыгууга татыктуу. Бул бирликке кирген уруулар Гоби чөлүнүн түндүк тарабындагы, чыгышта Чоң Хинган менен батышта Чыгыш Тянь-Шандын ортосундагы кеңири мейкиндиктерде көчүп жүрүшкөн. Теле уруусу көчүп жүргөн аймак азыркы Монголиянын, Туванын жана орус карамагындагы да, ошондой эле Монголия карамагындагы да Алтай территорияларын камтыган. Теле бирлигинин этникалык курамы Л. П. Потаповдун алтайлыктар этногенезине арналган эмгектеринде кеңири баяндалган[136], бул эмгегинде ал ошондой эле Ф. Хирттин, Э. Шаванндын, В. Томсендин, Е. Пуллибланктын, О. Притсактын, Д. Позднеевдин, В. В. Бартольддун, В. В. Радловдун жана башка изилдөөчүлөрдүн пикирлерин толук карап чыккан.

Кыргыздардын ата-бабаларынын теле конфедерациясына тиешеси бар экендигин баарынан мурда төөлөс (дөөлөс) деген кыргыз этнониминин өзү айгинелеп турат, бул этноним түштүк алтайлык «телес» этноними сыяктуу эле «теле» деген этнонимдин түркчө көптүк түрдө айтылышынын грамматикалык формасы болуп саналат[137]. Теледен пайда болгон уруу аттарынын катарында түштүк алтайлыктарда «телеут» да бар. Алтайлыктардагы мундус сөөгү же уруусу — телеуттардын[138] курамындагы эң эле байыркы жана кеңири тараган уруу болгондуктан кыргыздардын мундуз уруусунун да генетикалык жактан деле конфедерациясынын урууларына тиешеси бар деп эсептей алабыз.

Л. П. Потапов моңголдордун «Ыйык баян» деген байыркы аңгемесинде айтылган «тенлек» этнонимин тувалыктардын бир кыйла тобунун «телек» же «телег» деген аты менен салыштырат, бул ат да байыркы теле этнонимине туура келет. Л. П. Потапов мисал алып келтирген Л. Лмбис (L/Hambis) тилек кытай булактарында айтылган «толо» (T'o-lo) деген термин менен берилген этнонимдин диалектикалык формасы катарында каралышы мүмкүн деп эсептейт[139]. Кыргыз этнонимикасында төлөк термини чекир-саяк, баргы (адигине тобу), саяк, солто урууларында бар[140].

Теле «тукумдарынын» катарына бөлөктөр менен катар «пугу» (кыргыздын бугу уруусу менен салыштырыңыз), «байси» (кыргыздын саруу уруусунун кырк уул бөлүкчөсүнүн курамына кирген уруктардын бири — байсу же байзу менен салыштырыңыз), «хойху» же «уйгур» (кыргыздардын уйгур тобу жөнүндө жогоруда айтылганды караңыз, 32-33-66.), «апа» же «аба» (ичкиликтердин курамына кирген кыргыз урууларынын бири — абат, ават,

авагат менен салыштырыңыз) кирген. Ушуга байланыштуу эки факт көңүлдү бурат: батыш пугулардын Цзиньвэй-шань округу түндүк-батыш Жунгариядагы Тарбагатай тоо тизмегине ылайык келет, ал эми Пугу-чжень (Бугу-чин) өзөнү — Жогорку Эртишке ылайык келет[141].

Кыргыздын кытай уруусунун төмөн тамга бөлүкчөсүнүн курамындагы топтордун бири төрдөш деп аталган. Биз бул этнонимди байыркы түрк рун жазууларындагы тардуш менен салыштырып көргүбүз келет (бул термин байыркы түрктөрдүн батыш бөлүгүн же батыш канатын билдирет). Теле урууларынын сеянъто уруусу башчылык кылып, кыска мөөнөт өкүм сүргөн каганатында ээликтин батыш бөлүгү таду[142] деп аталган.

Акырында, теле «муундарынын» биринин паегу же баегу (байырку) деген аты өзгөчө кызыгууну туудурат. 1954-жылы ушул аталышка тийиштүү болгон уламышты жазып алган элем. А. Чоробаев[143] мындай деди: «Байгур менен Уйгур — бир туугандар; Уйгурдан — кашкарлыктар, Байгурдан — тараанчы». Көкөев Абдыке[144] карыялардан башка бир вариантын уккан экен: «уйгурлар — Үйгурдун тукуму, кыргыздар — Байгырдын тукуму». Байгур-Байгыр этнонимин баегу (байырку) этноними менен салыштырып көрүү өтө кызык- тырчу маселе[145].

Жогоруда келтирилген салыштыруулардын айрымдарынын ачык эле шарттуу экендигине карабастан, айрым кыргыз уруулары теле бирлигин түзгөн байыркы түрк конфедерациясынын уруулары менен этногенетикалык байланышта болгондугу жөнүндөгү ой-пикир талашсыздай көрүнөт.

Алтайлыктар менен кыргыздардын ата-бабаларынын байыркы этникалык тектештиги этнонимдердин окшоштугу менен гана эмес ошондой эле, алтай (тагыраагы, түштүк алтай) жана кыргыз тилдеринин өтө жакындыгы жөнүндө сөз кылбаганда да, бул элдердин көз караштарынын жана турмуш-тиричилигинин ар түрдүү жагдайларына тийиштүү көптөгөн этнографиялык параллелдер менен да ырасталат[146].

Кыргыздар менен хакастарда, кыргыздар менен тувалыктарда аз даражада болсо да, бирок жалпы этнонимдер бар (кыргыздарда — желдец, хакастарда — чжельден; бугу; хакастарда — кыргыз), (кыргыздарда — муңгуш, тувалык- тарда — монгуш; уйгур; тувалыктарда — кыргыз)[147].

Демек, бир кыйла көп сандагы этникалык байланыштар Саян-Алтай, айрыкча Алтай багытында экендиги байкалат. Этникалык аталыштардагы параллелдер жалгыз эмес, алар Алтай элдеринде кыргыздар менен жакындаштыра турган бир катар тарыхый-маданий мүнөздөгү көрүнүштөр менен коштолуп отурат. Бул жерде этникалык жактан алганда, бир кыйла туруктуу келген ырым-жырымдарга жана үрп-адаттарга тийиши бар бир гана мисал келтирейин: географ-альпинист В. И. Рацек Ысык-Көлдүн сырттарында үстүндө жыгачтан[148] күмбөзчө салынган бир катар мүрзөлөрдү жолуктурган. Мындай курулуштар Ысык-Көл менен Тянь-Шандын азыркы кыргыздарында жолукпайт, алар таптакыр башка түрдө салышат. 1954-жылы географ А. В. Станишеский тарабынан Л. П. Потаповго КНРдин Синьцзян-Уйгур автоном районунун түндүк бөлүгүнүн территориясында, Бийик кырка тоосунун капталдарында орун алган бүтүндөй бир кыргыз көрүстөндөрүнүн сүрөтү берилген. Көрүстөндө В. И. Рацек сүрөттөп жазган эстеликтерге окшош жыгачтан курулган күмбөзчөлөргө, ошондой эле Л. П. Потапов тарабынан белгиленген Алтайдагы мүрзө үстүнө коюлган жыгач күмбөзчөлөргө[149] окшогон курулуштар салынган. Бул көрүнүштү кокустук деп айтууга болбойт. Бул эмгектин тийиштүү главаларында кыргыздардын Саян-Алтай элдери

www.bizdin.kg

менен терең этногенетикалык байланыштары жөнүндө далилдөөчү материалдар келтирилген. Ал байланыштар материалдык маданиятка да, коомдук түзүлүштүн айрым белгилерине да, бир катар үй-бүлөлүк ырым-жырымдар менен үрп-адаттарга да, диний көз караштарга да тиешелүү.

* * *

Кыргыз уруулары менен тарыхый жана генеалогиялык байланыштын көз карашынан алганда кызыгууну пайда кыла турган дагы бир территория — Чыгыш Тянь-Шань жана Тянь-Шандын жака-бели (биз мында негизинен Жунгария менен Кашкариянын территориясын эске алып отурабыз), ошондой эле Иртыш бойлору. Өз учурунда А. Н. Бернштам тарыхый документтерде (Ф. Томас тарабынан жарыяланган тибет документтеринде) Тибеттин жака- этектеринде жана Чыгыш Түркстандын территориясында жашаган, VIII кылымга — IX кылымдын башына таандык кыргыз уруулары жөнүндө маалыматтар бар экендигине көңүл бурган[150]. С. Е. Малов өзүнүн лобнор тили жөнүндө изилдөөсүндө бул тил байыркы кыргыздардын оозеки тилинин түздөн түз уландысы деген корутундуга келген[151].

Этнографиялык маалыматтар да бул территория менен эзелки этникалык байланыштардын болгондугун ырастайт. Материалдык маданиятка этнографиялык параллелдер гана эмес, ошондой эле кыргыз урууларынын чыгыш- тан Борбордук жана Батыш Тянь-Шанга жана Памирдин жака-белдерине ооп келгендиги жөнүндөгү тарыхый уламыштар, көп сандаган далилдер> топонимика, фолыслор жана башкалар көрсөтүлгөн территорияда кыргыз урууларынын таралышынын алы кээ бир мезгилдерде азыркыга караганда алда канча кеңири болгондугун айгинелейт. Алар Тибет жана Кашмирге танапташ жаткан жерлерге чейин таралган, азыркы Цинхай провинцижынын калкы менен жакын алакада болушкан, Хотанга чектеш тоолуу аймактарды жердешкен.

Этнографиялык жазмалар жана адабий булактардагы маалыматтар аталган байланыштарды көп жагынан даректүү далилдейт. Кыргыздарда, мисалы, жылан, бөйөн-чаяндар жана башкалар чакканда дем салып дарылоо (бадик) сыяктуу эң байыртан келаткан ырым-жырым бар. Жылан жана бөйөн-чаяндар сыяктуу зыяндуу күчтөргө каршы колдонулган бадиктердин биринде мындай деп айтылат: «Көкөноордун көлүнө көч!... какшаалдын чөлүнө көч!» Кыргыздардын арасында Күкү-Нор деген ат кайдан пайда болгон? Тибеттин жака-белиндеги алыскы аймактын кыргыздарга кандай тиешеси бар? Айрым информаторлордун, ошондой эле географ А. В. Сташевскийдин айткандарына караганда, кыргыздардын айрым топтору кечээ жакынга чейин эле Тибетке дейре көчүп-конуп жүрүшкөн. Азыр да Куэнь-Лунь тоолорунда, Тибеттен анчалык алыс эмес жерде майда кыргыз топтору жашап турат.

Бул планда алганда «мачиликтер» деп аталуучу жарым-жартылай отурук-ташкан топтор өзүнө көңүлдү бурат, кезинде алар жөнүндө Н. М. Пржевальский[152] үстүртөн жазып кеткен. Кээ бир информаторлордун айткандарына караганда, бир нече кылым мурда эле кыргыздар Хотан тоолорунда, б. а. аталган мачиликтер жашоочу жерлерге жакын аймактарда жашап, тиричилик кылышкан.

Тянь-Шандын территориясында, бир аздап азыркы Ош областынын территориясында басыз уруусунун өкүлдөрү жашайт. Уламышка караганда, бул топтун түпкү атасы аксуулук болгон; Мундуз уруусунун негизинен Ош

областынын территориясынан орун алган бир бөлүгү өзүлөрүнүн түпкү атасын Аксуулук Баймундуз деп аташат. Бул эки ысым тең Чыгыш Түркстандагы Аксу жери менен байланыштуу. Таласта кушчу уруусунун ичинде жана Синьцзян- Уйгур автоном районундагы ошондой кушчу уруусунун курамында кагасты деп бир ат менен аталган уруу бөлүкчөлөрү бар. Таласта саруу уруусунун курамында жана кашкарлык сарууларда бөлөкнал деп жалпы ат менен аталган майда тайпа бар.

Чыгыш Түркстандын гидрографиясына арналган «Си-юй-шуй-дао-цзы» деген чыгармада, — мунун материалдары, кыязы, XVII—XVIII кылымдардан кеч эмес мезгилдерде чогултулган болуу керек, — ушул эле территорияда, ошондой эле Кыргыз ССРинин аймагында азыр да жашап жатышкан бир катар этникалык топтор катталган. Аларга төмөнкүлөр кирет: цзи-бу-ча-кэ (кыпчак), э-дэ-гэ-на (адигине), ху-ши-цы (кушчу), но-и-гу-тэ (нойгут), чун-бака-ши (чоң багыш)[153]. Азыркы убакта нойгуттар анчалык көп эмес санда Таш-Коргондун аймагында гана бар, бирок бул маалымат текшерүүнү талап кылат. Ош областынын азыркы Баткен районунун территориясында алар өзүнчө топ болуп чогуу жашап турушат.

Кыргыздардын генеалогиялык уламыштарынын системасында сол деген жалпы ат менен бириккен уруулар тобунун жоокерлик урааны — Каратал болгон. Бул топтун өкүлдөрү бир кыйла көп санда Чыгыш Түркстандын территориясында, жогоруда аталган чыгармада көрсөтүлгөндөй Ха-ла-та-лэ же Каратал өзөнүндө да жашап турушкан.

Памир-Алай кыргыздары өстүрүп багып жатышкан топоздор бир катар мүнөздүү белгилери боюнча топоздордун монголдук эмес, тибеттик түрүнө кирет. Адистин далилин келтирели: Топоздордун Түндүк Кыргызстанга, б. а.

Тянь-Шань тоолоруна келиши түштүктөн түндүктү карай жүргондүгү шексиз. Бул болсо Тянь-Шандагы бакма топоздор Монголиядан эмес, Тибеттен чыккан топоздор го деп ойлоймун, анткени, Кыргызстандын түштүгүөөк жагында, Кашкар тоолорунда жана Какшаал-тоодо ушул эле топоздорду багып естүрген кыргыздар жашашат. Алайдагы жана Памирдеги кыргыздар багып өстүргөн топоздор да, калыбы, ушундай эле топоздор болсо керек... алай топоздору морфологиялык белгилери боюнча Тянь-Шань топоздорунан эч айырмаланбайт, тигиниси да, мунусу да монгол топозуна караганда Тибет топоздоруна жакын»[154]. Мүмкүн, Тибетке кошуна жаткан аймактарды жердешкен айрым уруулар кыргыз элинин куралышына катышкан уруулар менен тыгыз чарбалык байланышта болсо керек; эгер ушундай болгондо, анда кыргыздарда да бийик тоолуу жерлерге мүнөздүү болгон топоз өстүрүү сыяктуу чарбанын маанилүү түрү өнүккөн.

Тянь-Шанга түпкү теги борбордук-азиялык болгон жана кыргыз элинин курамына кирген этникалык топторунун көчүп келишинин жолдору жөнүндөгү маселени чечүү үчүн өткөндө кыргыздар көчүп жүргөн аймактар алыскы чыгышка, Күнөс өзөнүнө жана Жылдыз өрөөнүнө (Чоң жана Кичи Жылдыздар) чейин созулуп жаткандыгын далилдеген бир катар маалыматтар өтө олуттуу мааниге ээ. Бул конуштардын аймактары Алтайдан Ысык-Көлгө чейинки аралыктын дээрлик орто чендеринде жатат.

Кыргыздардын жакын мезгилдерде эле Күнөс менен Жылдыздагы алыскы жайыттарды пайдаланганы, сыягы, бул жайыттардын кеңири белгилүү болгон оттуулугу менен гана байланыштуу болбосо керек. Мында качандыр-бир убакта кыргыздар тарабынан өздөштүрүлгөн ошол территориялар жөнүндөгү эскерүүлөр, байыркы уламыштар да белгилүү роль ойносо керек.

Азыр да Күнөс менен Жылдыздын калмак жана казак калкынын арасында түгасү теги кыргыз топторунун бар экендиги жөнүндө маалыматтар кезигет, ал кыргыздар маданий-турмуш-тиричилик жагынан өзүлөрү аралаш жашоочу калктын таасири астында калышкан. Айрым информаторлор, өзүлөрүнүн аталарынын жана чоң аталарынын аңгемелерине таянып, кыргыздар Фергана-Алай тоолоруна көчүп барганга чейин, алар Жылдыз тараптан ооп келишкенин айтышат.

Кыргыздардын эң алгачкы түпкү ата-бабаларынын ичинде Кылжыр да аталат[155]. Түштүк Алтайга танапташ жаткан территорияда Калжыр деген аты окшош дарыя агат. Чыгыш Тянь-Шандын жака-белдеринде кыргыз урууларынын атактуу ата-бабаларынын ысымдары менен байланышта аталган (мисалы, Үрүмчү, Муңаты)[156] же кыргыз урууларынын аты менен аталган (Ават, Меркит, Актачы, Бостон-Терек, Орху ж. б.) жерлер бар. Бул жерлер- дин көбүндө азыр кыргыздар жашабайт. Алар кээ бир кыргыз уламыштарында жана баатырдык эпосто кыргыздардын байыркы мекени катары эскерилип жүргөн жерлерде да (Үч-Куштай, Жылдыз, Күнөс, б. а Күнгес, Манас шаары ж. б.) жашабайт. Синьцзян-Уйгур автоном районунун азыр отурукташып калган жана уйгур тилинде сүйлөгөн калкынын белгилүү бир бөлүгү өзүлөрү ата-теги боюнча кыргыз экендигин эскеришет. Бардык ушул жана башка фактылардан көрүнүп тургандай, XVI кылымда Чыгыш Тянь-Шандын жака-белдеринде жашагандыгы жөнүндө жогоруда сөз болгон кыргыз калкы бул крайдын калкынын курамында анчалык деле кечирээк кошулган компонент эмес, ал эми укум-тукуму кийинчерээк кыргыздардын арасындагы бир катар уруулук топторду түзгөн уруулардын бир бөлүгү дал ушул территориянын аймагында куралган.

Жогоруда келтирилген маалыматтар кыргыз элинин куралышында ири роль борбордук-азиялык элементке таандык болгон деп эсептөөгө мүмкүндүк

берет. Бул жалаң гана этнонимикада эмес, элдин өздүк атында да чагылдырылган. Ушул эле пикир бир катар тарыхый-маданий мүнөздөгү маалыматтар менен да ырасталат. Бул маалыматтарды жана Борбордук Азиянын азыркы Кыргызстандын территориясына чектеш жаткан жерлериндеги тарыхый өнүгүүнүн бүткүл жүрүшүн талдап көрүү — Енисейдеги байыркы кыргыз уруулары кыргыз элинин этникалык уюткусу боло албагандыгын моюнга алууга мажбурлайт, бирок алардын укум-тукумдары, кыязы, кыргыздардын этногенезине катышкан болуу керек. Бул уютку баарынан мурда түштүк чет-жаканын түркий тилдүү «кыргыз» уруулары болушу мүмкүн. Кыргыз деген ат ал уруулар тарабынан өзүлөрү түзгөн элди — жаңы этникалык жана социалдык-саясий мааниге ээ болуп, ушул элдин өз атына айланып кетиши ыктымал.

Келечектеги кыргыз уруулары куралган этникалык чөйрө негизинен алтай түрктөрү, бир аздап карлуктар, уйгурлар, ошондой эле башка түркий тилдүү уруулар болгон, бул уруулардын тарыхый турмушу Борбордук Азиянын азыркы Кыргызстандын территориясына жакын жаткан аймактарын- да өткөн. Бул региондогу тарыхый өнүгүүнүн жалпы жүрүшүн жана аны менен чогуу өткөн этникалык процесстерди аньпстоо үчүн 1960-жылдарда байыркы түрктөрдүн тарыхы боюнча жана Борбордук Азиянын өзүнүн айрым жерлеринин жана ага танапташ жаткан аймактардын, анын ичинде Орто Азия менен Казакстандын да социалдык-саясий жана этникалык тарыхы боюнча жарыкка чыккан жалпы эмгектер олуттуу мааниге ээ[157]. Бул

изилдөөлөрдү жана басылмаларды карап чыгып, баа берип отурбай эле негизги жобосу илимде калыптанып калган көз караштарга кескин карама-каршы келген эмгекке токтоло кетүү зарыл. Бул эмгектин автору К. И. Петров мындай дейт: «Түркий тилдүү элдердин ата-бабаларынын эмгек иш-аракетинин башталышы жана чарбалык өнүгүшү алгачкы этаптарда Борбордук Азияда эмес, а Алдыңкы Азияга жакын жаткан региондо болуп өткөн, бул жерде алар индоевропалык жана башка элдер менен бирдикте бир бүтүн этносту түзүшкөн жана ушул жерден жүрө-жүрө Азияга тараган»[158]. Өзүнүн жаңы гипотезасын тил маалыматтарына негиз- дөө менен, К. И. Петров археологиялык жана тарыхый изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын таптакыр этибарга алган эмес.

Кыргыздардын төөлөс, мундуз, кыпчак, каңды (каңглы), кушчу, бугу, азык, мүмкүн чоң багыш, сары багыш, кара багыш жана айрым башка урууларынын куралышы, биринчи кезекте Түштүк Алтайдын, Эртыштын жака- бойлорунун жана Чыгыш Тянь-Шандын жака-белдеринин территориялары менен байланыштуу болгон. Бул айрым бир кийинки тарыхый булактар менен да ырасталып отурат. Алсак, «Тазкира-и-ходжаган»[159] чыгармасында мындай деп айтылат: Чыгыш Түркстандын территориясында XVI кылымдын орто ченинде эле кушчу уруусу жашаган, ал эми XVIII кылымдын орто ченине чейин Иле дарыясынын бойлорунда кыпчак уруусу жайлаган, кийин алар Хотанга өтүп кетишкен. Айтмакчы, сары калпак (чыгармада — сарыг-калфак) деген ат менен азыр да бугу, сары багыш, солто жана чекир-саяк урууларынын курамында анча чоң эмес топтору бар экени белгилүү. Чыгармада мунки уруусу да айтылат. Чүй өрөөнүндөгү кыргыздардын арасында мөцкө деген өтө майда топтор бар.

Жогоруда айтылгандар кыргыз элинин «этникалык уюТкусунун» курамы жөнүндө маселе коюуга мүмкүндүк берет. Кыргыздар кыргыз элин түзгөн эң маанилүү этникалык компоненттерди эстеринде али да тунук бойдон сактап келеатышкандыктан, кыргыздардын ата-бабаларынын кайсы бир урунттуу топтору жөнүндөгү уламыштар элдин эсинен таптакыр чыгып кетти деп болжолдоо кыйын. Бул болсо өзөнүн теги боюнча конкреттүү түрк-моңгол уруулары менен, булардын ичинен айрыкча орто кылымдарда тарыхый аренага бирге чыгышкан уруулар менен байланышкан этникалык катмарларды алда канча ишенимдүүлүк менен бөлүп алууга мүмкүндүк берет. Улам бирин жокко чыгаруу ыгын колдонуу аркылуу биз издеп жаткан этникалык урусунун башкы курама элементтерин таап алууга болот. Бул уюткуга түпкү тегин кандайдыр бир түркий тилдүү же башка бир уруулар менен байланыштырууга мүмкүн болбогон (шарттуулуктун белгилүү бир үлүшү менен) кыргыз урууларын таандык кылууга болот. Буга саяк (чоң саяк) уруусунан башка сары багыш, карабагыш, багыш, солто, жору, жедигер жана айрым башкалар, б. а. оң канаттын урууларынын бир кыйла ири бөлүгү кирет.

Ал эми оң канаттын моңолдор, черик, чекир-саяк жана башка урууларынын, ошондой эле сол канаттын бир кыйла бөлүгүн жана ичкилик урууларынын бирлигин ала турган болсок, бул уруулардын көпчүлүгү этногенетикалык жактан болжол менен X—XV кылымдарда Орто Азиянын территориясында пайда болгон жана куралган түрк-моңгол жана башка уруулар менен толук байланышта турат. Бирок бул багытта андан ары да изилдөөлөр талап кылынат. Уруулардын экинчи тобунун бир бөлүгү да, бир катар түрк-моңгол уруулары тигил же бул даражада башка элдердин (өзбектердин, казактардын, кара- калпактардын, башкырттардын,

алтайлыктардын ж. б.) этникалык компонент- терин түзгөнүнө карабастан, кыргыз элинин этникалык уюткусунун өзүнө жакын турушу жана аны менен кошулуп кетиши айдан ачык нерсе. Мисалы, 92 өзбек уруусу жөнүндөгү уламыштардын бардык варианттарында тигил же бул санда кыргыз этноними менен жалпы болгон аттар бар экендиги, ал эми «кыргыз» этноними тез-тез жолугаары бекеринен эмес. Алсак, санжыралардын биринде 92 уруунун ичинде төмөнкүлөр аталат: катаган, сарай, коңурат, найман, кыпчак, кытай, кушчу, арлай (кыргыздарда ардай), маңгыт, меркит, кыргыз, мундуз, тубай, уйгу[160]. Башка бир санжырада: коңурат, маңгыт, катаган, маңгул (кыргыздарда моңгол), уйгур, манап, жапалак, бостон жолугат[161]. Ч. Валихановдун «Өзбектердин түпкү ата-бабалары» деген жазмаларында кыргыз этнонимдерине окшош этнонимдер айтылып өтөт, алар: сарай, кунграт, найман, хтай, канглы, жилжут (кыргыздарда чилжубут), кераит, маңгыт, меркит, кыргыз, тубай, уйгур, бахрин[162].

Башкырт урууларынын курамына кыргыз уруусу да киргендиги белгилүү. С. И. Руденко билдиргендей[163], уламыш боюнча, кыргыздар моңгол мезгилине чейин эле башкырттардын негизги он эки уруусунун бирин түзгөн жана Ика дарыясынын баш жагында жана Дёманын боюнда жашашкан. Р. Г. Кузеевдин маалыматы боюнча XVIII кылымда кыргыз уруусу гирей, канглы жана башка уруулар менен бирге Белая өзөнүнүн өрөөнүндө жана анын оң, сол куймаларынын бойлорунда жердеген[164]. Башкырттардын уруулук курамынын таблицасында кыргыздар табын уруусунун кесе-табын уруусунун бөлүкчөлөрүнүн бир катарында, кудей уруусунун шайтан-кудей уруусунун бөлүкчөсү катарында, миң уруусунун илекей-мин жана кубоу уруктарынын бөлүкчөлөрү катарында жана батыш башкырттардын ылдыйкыбельск урууларынын танкей жана кадыкей уруктарынын ичинде өз алдынча кыргыз уруусу катарында кирет[165]. Мындан башка уруулардын аттарында (кыпсак, катай, канлы) да, уруктардын аттарында (аю, мунаш, барын-табын, кошсы, балыксы, миркит-мин ж. б.) кыргыздар менен жалпы этнонимдер бар[166]. Р. Г. Кузеев өзүнүн басып чыгарган баш- кыр шежересинде, 1913-жылы бугульмалык мугалим Халимов Ахмедгали «Шуро» журналында (Оренбург, № 10) батыш башкырттык кыргыз уруусунун шежересинин кыскача мазмунун жарыялаганын билдирген. «Кыргыз уруусунун

шежереси, — деп жазат Р. Г. Кузеев, — кыскача баяндалса да, башкырттардын бул тобунун пайда болушу жөнүндө баалуу маалыматтарды камтыйт»[167].

Бул шежере айтылган басылмага кирбегендиктен, мен Р. Г. Кузеевге кайрылып, анын мазмуну менен тааныштырууну өтүнүп, андан шежеренин тексти менен орусча котормосун алган элем (учурдан пайдаланып Р. Г. Кузеевге чын жүрөктөн ыраазычылыгымды билдиремин). Менин оюмча бул булак көңүл бурууга татыктуу, ошондуктан мен анын Р. Г. Кузеев тарабынан ишке ашырылган толук котормосун келтиремин.

## *БАШКЫРТТАРДЫН КЫРГЫЗ УРУУСУ ЖӨНҮНДӨГҮ ШЕЖЕРЕСИ*

Биздин ата-бабаларыбыздын мезгилинен бери сакталып калган санжырага (шежере) ылайык, Бугульма уездинин Александровск волостунун Ташлы кыштагында жашаган кыргыз башкырттарынын (кыргыз уруусунун башкырттары деген мааниде) түпкү атасын «Куркод-ата» деп аташкан, ал Саиддин (Магометтин укум-тукумунан) тукумдарынын кыргыз журтунан

чыккан; ал Сыр деңизинин боюнда, Бухар жолунда жашаган. Анын (Куркод-атанын) уулу — Ахмед бий, андан — Мухамед бий, андан — Янба бий, андан — Кишик бий.

Кишик бий Татыш көлүнүн жээгинде, Белая дарыясынын өрөөнүндө Иске кыргыз (Эски кыргыз) кыштагында жашаган жана Ак бийге кулдук уруп турган.

Кишик бийдин эки уулу болгон: биринчисхшин аты — Аккош бий, экинчисиники — Куккуз бий. Аккош бийдин Бугамыш бий аттуу уулу болгон, андан — Буралмыш бий. Куккуз бийдин Кылчан аттуу (азыр кичинекей кыштактын аты) жана Тыныч аттуу эки уулу болгон; бул эки урук (зат) биздин жерге Улуу падыша Алексей Михайловичтен грамота алган деп жазышат.

Кылчандын Уразкилде деген уулу болот, андан — Ыдай, андан -— Модок, андан — Бикмухамед. Жакшы адам Бикмухамед өзүнүн туугандары менен Иске кыргыз кыштагынан көчүп келип, Катай кыштагында жашап калат. Бикмухамеддин Хусаин аттуу уулу болот, ал 1755-жылы өзүнүн туугандары менен Бугульма уездиндеги Александровск волостунун Ташлы кыштагын негиздеген.

Мына ошентип, Хусаин башкырттардагы кыргыз уруусунун атактуу түпкү бабасы — Куркод-атанын (огуз эпосу «Коркут-атанын» каарманынын ысмы менен салыштырыңыз) тукуму, он биринчи атанын уулу болгон. Эң эле бери дегенде кыргыз уруусунун башкырттар арасында пайда болушун XV кылымдын аягы чененен кеч эмес мезгилге таандык кылууга болот. Р. Г. Кузеев өзүнүн олуттуу методикалык мааниге ээ болгон жана байыркы башкырт урууларынын[168] пайда болушуна арналган этюдунда IX—XIV кылымдарда Орто Азиядан жана Арал жээгинен көчүп келишкен уруулардын ичинде кыргыздарды атабайт. Мындан төмөнкүдөй корутунду чыгарууга болот: кыргыз уруусу башкырттардын арасына XIV кылымдан кийин көчүп келишкен (бул жогоруда шежереден келтирилген маалымат менен дал келет), же андан мурда, бирок Орто Азия аркылуу эмес башка жактан хсөчүп келген болуу керек. Ушул эле эмгегинде Р. Г. Кузеев азыркы учурда көпчүлүгү чыгыш Башкыртстанды жердеп турушкан башкырт уруулары менен уруктарынын бир тобунун жалпы аты катары алынып жүргөн «истяк» деген этноним жөнүндөгү маселени карайт. Айрым бир изилдөөчүлөр бул этнонимди Обь дарыясынын бойлорундагы угрылардын «остяк» деген этноними менен байланыштырышат. XVII—XVIII кылымдарда, деп белгилейт автор, казактар менен ногойлор бардык башкырттарды истяктар деп аташкан, кээде бараба татарларын да ушинтип аташкан. Ушуга байланыштуу кыргыздардын солто уруусунун баштыгы болгон атактуу адамдын атасы — Эштектин ысмы (кээде — Эстек, Валихановдо — Истэк)[169] көңүлдү бурат. Мен жазып алган санжыралардын бирине караганда[170] Буруттун Кабыран жана Усун деген эки уулу болот; Кабырандан — Эштек жана Нур- кунан. Усундан бардык казактар тараган, Нуркунандан -— нойгут, кыргыз жана жедигер, а Эштектен — башкырттар. Айткан киши, теги боюнча башкырттар казактарга караганда кыргыздарга жакын экенин белгиледи. Кыязы, кыргыз этноними башкырттардын жана Батыш Сибирдеги айрым элдердин ата- бабалары менен тарыхый байланыштардын болгондугун көрсөтүп тургансыйт, анткени бул байланыштар жөнүндө башка маалыматтар да бар (атап айтканда кыргыз уруусу азык).

Биздин колдо болгон фактылар Чыгыш Тянь-Шандын жака-белдеринде жана ага чектеш аймактарда моңголдор басып алганга чейинки жана бул басып алуудан кийинки мезгилде теги байыркы түрктөрдөн тараган уруулардан, ошондой эле орто кылымдардагы түрк-моңгол урууларынан турган, кийин кыргыз элинин курамына кирген алда канча ири массив (эл-журт) куралган деп айтууга мүмкүндүк берет.

Антропологдордун изилдөөлөрү ушундай болжоолордун негиздүүлүгүн өтө ынандырарлык түрдө ырастап турат[171]. Алар Кыргызстандын территориjындагы расалык типтердин алмашылуу ыраатын изилдеп чыгышкан. Кыргызстандын байыркы жана азыркы калкынын антропологиялык курамын талдап чыгып, Г. Ф. Дебец эң ары дегенде усун мезгилинен бери тарта байыркы калктын курамында байкалган моңголдук аралашмалар биздин замандын V кылымынан кийин бир аз күч алганын аныктаган. Азыркы кыргыздар үчүн мүнөздүү болгон моңголдук белгилердин кескин басымдуулук кылышы бир кыйла кийинчерээк калыптанган. Г. Ф. Дебецтин пикири боюнча кыргыздардын түпкү ата-бабаларынын басымдуу көпчүлүгү Борбордук Азиядан тараган деп айтууга болот.

Муну менен бирге кыргыздардын дене тибинин калыптанышына өтө аз даражада болсо да, Кыргызстандын өрөөндөрүндө биздин эранын экинчи миң жылдыгынын башы ченде эле жашаган байыркы европалык калк да катышкан.

Кыргызстандын палеоантропологиясын изилдеген Н. Н. Миклашевская биздин замандын биринчи миң жылдыгынын орто ченинде ар түрдүү антропологиялык (европеоид, аралаш жана монголоид) типтер бирге жашап турган, биздин замандын биринчи миң жылдыгынын акыры ченде монголоид тиби азайып, биздин замандын экинчи миң жылдыгынын алгачкы кылымдарында ал кайра кескин түрдө көбөйүп кеткен деген корутундуга келет.

В. В. Гинзбург: кыргыздардын азыркы антропологиялык тиби биздин замандын экинчи миң жылдыгынын башында калыптанган деп эсептейт. Биздин замандын биринчи миң жылдыгынын орто ченинде жана экинчи жарымында Кыргызстандын жергиликтүү калкынын дене тибине сырттан келген алгачкы түрктөрдүн топтору таасир тийгизген, булардын антропологиялык тиби Алтайда, ошондой эле Чыгыш Түркстанда пайда болгондугу жөнүндө маалымдайт.

Антропологиялык изилдөөлөрдүн бул объективдүү маалыматтары этнографиялык материалдар менен бирге алганда кыргыз элинин этногенезинин эң маанилүү, түйүндүү учурларынын бири биздин эранын экинчи миң жылдыгынын биринчи жарымындагы окуялар менен байланышкан деген корутунду чыгарууга мүмкүндүк берет. Дал ушул доордо Кыргызстандын территориясына чыгыштан азыркы кыргыздардын, лингвисттер айткандай, калыптанып калган кыргыз тилинде сүйлөгөн ата-бабаларынын бир кыйла көпчүлүгү ооп келишкен.

* * *

Кыргыздардын башка багыттагы байланыштары, айрыкча уруулардын казак-ногой чөйрөсү менен болгон этникалык байланыштары да олуттуу маселе болуп саналат.

Сол канаттын кыргыз урууларынын аттарынын ичинде бечине (пичине) деген этнонимдин бар экендигине көңүл бурбай коюуга болбойт, бул этноним бизди Тянь-Шандан түндүк-батышты карай, өгүз чөйрөсүнө алып

барат, анткени бул этнонимден орто кылымдардагы «печенег» этнонимин оңой эле көрүүгө болот; айрым бир кыргыз уламыштарында Балгар өлкөсү айтылат, айрым уруулар (жетиген, кушчу, күркүрөө)[172] ушул өлкөдөн келишкен; XV кылымдарда Дешти Кыпчакта болуп өткөн окуялардын элестери карыялардын эсинде сакталып калган[173].

XV—XVI кылымдардагы казак жана кыргыз урууларынын ногой уруулары[174] менен жакын карым-катнашын айгинелеп турган тарыхый окуялар менен уламыштардын Чокон Валиханов алда качан эле белгилеген байланышы автор тарабынан чогултулган этнографиялык материалдар менен да ырасталып отурат. Бул материалдардын ичинде жетиген, чекир-саяк урууларынын «ногойлордон» (ногой, же астрахан ногой) тарагандыгы жөнүндө, кыргыздардын каракалпактар менен этникалык байланыштары жана башкалар жөнүндө уламыштар бар[175].

Ногой этникалык элементи Алтын Ордонун дооруна таандык. Ал элементтер бир катар кыргыз урууларын Дешти Кыпчактын өзбек көчмөн уруулары менен жана казак, каракалпак уруулары менен байланыштырып турат. Түндүк Кавказдагы ногойлордун урууларынын аттарынын ичинде онго жакыны кыргыздардын этнонимдери менен жалпы келет: найман, кыпчак, коңырат, катаган, уйгур, кытай ж. б.[176]

Кыргыздардын каракалпактар менен этникалык жана тарыхый байланыштары жөнүндөгү маалыматтар жана легендалар бир аз күтүлбөгөндөй болуп көрүнгөнү менен, бирок ал көбүрөөк көңүл бурууга татыктуу. Кара- калпактар менен кыргыздардын тектеш экендиги жөнүндөгү (кыргыздардын коңшулары алардын баш кийиминин аты боюнча «ак калпак» деп аташкан) легендалар менен бирге жана каракалпактардын адигине уруусунун кыргыздарынан тарагандыгы жөнүндөгү легендалар менен катар, саяк уруусунун «каба» деп аталган ири тобунун каракалпактардан тарагандыгы жөнүндө да уламыш бар[177], ошондой эле кыргыздардын Сыр-Дарыянын төмөнкү агымы- нан келишкен каракалпактар менен кагылышы тууралуу да уламыш бар. Абдыкалыков Чоробайдан жазып алынган уламыш боюнча каракалпактардын кол башчыларынын бири — Эшмат кыргыз жеринде өлтүрүлгөн. Ушундан кийин каракалпактар менен кыргыздардын ортосунда касташуу башталат. Каракалпактар бирде бул жерде, бирде тигил жерде кыргыздарга кол сала башташат. Алардан: «Силер эмне үчүн кол саласыңар?», — деп сурашса, алар: «Эшмат үчүн кун берген жок, ошон үчүн кол салып жатабыз», — деп жооп беришет. Ошондуктан кыргыздардын айрым бир топторунун арасында «Каракалпак Эшматтын кунундай эле болду» деген лакап кеп бар. Мындай маалыматтардын тууралыгы Т. А. Жданконун каракалпактардан жазып алган- дары менен ырасталат. Алардын биринде мындай деп айтылат: «Ормамбет- бий өлгөндөн кийин (көрүнүктүү ногой мырзасы — С. А.) кыргыздар кара- калпактарга кол салышат, ушул себептен алар Түркстандан кетип калышат»[178]. Бул кагылыштар, кыязы, XVI—XVIII кылымдардын чектерине таандык болсо керек. Кыргыздар XVIII кылымдын башында — жогорку каракалпактар дечүлөр Сыр-Дарыянын орто агымында жашап турган кездерде да каракалпактар менен кагылышкан болушу ыктымал.

Кыргыздар менен каракалпактардын генеалогиялары менен байланышкан башка фактылар да бар. Кыргыздардын генеалогиялык уламыштарынын биринде[179] кыргыздардын түпкү атасы Ак-Чолпон болгон, андан адигине жана тагай тармактары тараган. Кар калпактарда муйтен

уруусунун башчысы Есимхандын кызы Ак-Шолпан болгон экен, анын лакап аты — Муйтен болуптур. Бул ысым ушул уруунун урааны да болгон[180]. 1900-жылы Хивада жазылып алынган санжырага караганда казактар менен каракалпактардын жалпы түпкү атасы — Эр-Калпак болгон экен[181]. Кыргыздардын түпкү атасы Долон-бийдин уулун бир нече информаторлор Эр-Калпактын аты менен аташкан[182]. Бир катар санжыра уламыштары Калпак-бийди кыргыздардын оң жана сол канаттарына негиз салган Долон-бийдин чоң атасы (же атасы) деп айтышат. Түштүк кыргыз урууларынын генеалогиялык уламыштарында кыргыздардын атактуу ата-бабаларынын ичинде Узун-Калпак Маат-бий же Узун-Калпак Муратай көп айтылат.

Кыргыз жана казак элдеринин куралуу мезгилдеринин дал келиши алардын курамына тектеш же этникалык жактан жакын элементтердин киришине алып келген. Казак жана кыргыз уруулары катышкан XVI—XVII кылымдар- дагы саясий окуялар алардын ортосундагы байланыштарды күчөткөн[183]. Бул жөнүндө биздин таластык информаторубуз өзгөчө кызыгуу менен айтып берди. Бул бекеринен эмес. Дал Талас суусунун бассейнинде көптөгөн кылымдар бою казак-кыргыздардын тыгыз карым-катнашы болгону байкалат.

XVII кылымдын биринчи чейрегинде казак хандары Ишим менен Турсундун ортосундагы чабышка кыргыздардын катышкандыгы жөнүндө уламыш жана тарыхый баяндар түрүндөгү бир катар маанилүү маалыматтар бар. Турсун хандын өлтүрүлгөндүгү жана анын колунун талкаланганы жөнүндө (бул тарыхый фактыларга да туура келет) айтылат. Уламышта бул Ишимге берген антын бузгандыгы үчүн жаза болгон деп айтылат. Ташкент менен Түркстан шаарларынын тарыхына байланышкан окуяларга казактар менен бирге кыргыздар да көп катышкандыгын тарыхый маалыматтар далилдейт[184]. Саруу уруусунун курамында алакчын жана колпоч бөлүкчөлөрүнүн пайда болушун кыргыз уламыштары дал ушул окуялар менен байланыштырат. Булардын теги казак деп айтылат, бирок ал али ырастоону талап кылат. Бирок буга карабастан, «алакчын» этникалык тобунун пайда болушу атайын көңүл бурууга татыктуу. Абулгазынын жазганында Алакчин шаары кайдадыр түндүктө жайгашкан; ал шаардын эли өз атын өзүлөрү өстүргөн жылкылардын түсүнө жараша (ала) алышкан. Бул жана башка булактардан алынган маалыматтардын фантазиялуу болушуна карабастан, бул маалыматтарда, кыязы, чыныгы бир нерсе жашырынып жаткансыйт. Ю. А. Зуев өзү изилдеген чыгармадагы[185] этнонимдердин бирин реконструкциялоого аракет жасайт. Ал гэ-ло-чжи = а-еэ-tsie алагчын (алачин, алчин) деген сөз деп эсептейт[186]. Эгерде ушундайча реконструкциялоо жана аны ушундайча негиздөө кабыл алына турган болсо, анда кыргыз этноними алакчын биздин эранын VII—VIII кылымдарындагы этникалык аталыштан келип чыккан.

Кыргыз уламыштарынын бири Астрахан ханы Жедигер жөнүндө баяндайт, ал Казан ханышасы Сүйүн-бийкечтин чакыртуусу боюнча ханышанын өз элиндеги көтөрүлүштү басып салуу үчүн жөнөйт. Чындыгында да XVI кылымдын орто ченинде Казан хандарынын биринин Сүйүнбике деген аялы болгон[187]. Жедигер деген хан Эдигенин тукумдарынын бири болгондугу белгилүү. Ал гана эмес, 1549-жылы Казан Жедигер-Мухаммед хан тарабынан басылып алынат[188], б. а. кыргыз уламышында айтылып жаткан окуянын болгондугу ырас.

www.bizdin.kg

Казак тарыхында Таукехандын тушунда кыргыздарды Көкүм-бий Кара-чорин[189] башкарган деген маалымат бар. Кыргыз уламыштарына караганда мындан бир нече кылым мурда багыш уруусунун эң атактуу жол башчысы Көкүм-бий экен, ал эми Көкүм-бийдин түпкү атасы атактуу Тагайдын уулдарынын бири Кара-Чоро болуптур.

Кыргыз археологиялык-этнографиялык экспедициясына катышкан этнографтар үй-жай, кийим-кечек, колдонмо искусствосу боюнча чогулткан материалдарды иштеп чыгуу Талас менен Чаткал сууларынын өрөөндөрүндө жана аларга жакын жаткан тоолуу аймактарда жашаган кыргыз калкы өзүлөрүнүн маданий-турмуш-тиричилигинин өзгөчөлүгү боюнча башка кыргыздардан бир аз айырмаланаарын көрсөттү. Бул жагдай кыргыздардын материалдык маданиятынын өз алдынча түндүк-батыш комплексин бөлүп көрсөтүү үчүн негиз болду- Мында кыргыздарга да, ошондой эле казактарга, каракалпактарга, өзбектердин айрым бир топторуна мүнөздүү белгилер айкалышып турат[190]. Ошентип, толук объективдүү маалыматтар кыргыз урууларынын «батыш» жана «түндүк-батыш» байланыштары жөнүндө жогоруда келтирилген даректер менен толук дал келет.

Кыргыздардын этникалык тарыхында белгилүү бир роль ойногон этникалык байланыштарынын жогоруда аталган багыттарынын чыныгы мааниси кечээ жакынга чейин эле жеткире бааланбай келген. Бул багыттардын мааниси жогоруда келтирилген «Мажму ат-таварихтин» кол жазмасында баяндалган жарымы чын, жарымы жомок сюжеттерде кайрадан ачылып көрсөтүлөт жана В. М. Жирмунскийдин кыргыздардын баатырдык эпосу «Манаска»[191] арналган изилдөөлөрүндө ынандырарлык түрдө далилденген.

Ал эми кыргыздардын этникалык тарыхында жергиликтүү, орто азиялык компоненттердин ролу жөнүндө айта турган болсок, бул али жетишерлик ачык эмес. Ушул максатта азыр кыргыз элинин курамына кирген этникалык топтордун айрымдарынын аттары кылдаттык менен изилдеп чыгууга муктаж. Алсак, солто уруусунда башка уруулардан кирген «кошундулардын» ичинде кайдоол тайпасы бар. Маалыматтарга караганда ал кушчу уруусунан (сол канат) чыккан, экинчи бир уламышта — багыш уруусунан (оң канат) чыккан. Бирок, биз үчүн бул этнонимдин, кыязы, Тохаристандын эфталиттеринин атына («хайтал») жакын байланышы бар экендиги маанилүү. Эмнеси болсо да, орто азиялык тектеги колшоненттер кыргыздарга гана мүнөздүү болгон жана аларды өткөндө бир катар кошуналарынан айырмалантып келген жана азыр да айырмалап турган этникалык беш-бейнесинин калыптанышына өз салымын кошкон деп ишенимдүү эле айтууга болот.

* * *

Этнографиялык материалдардын жыйындысын колдо болгон антропологиялык, лингвистикалык жана тарыхый маалыматтарды эске алуу менен карап чыгуу кыргыз элинин куралышына таасирин тийгизген этникалык процесстердин багыты жана мүнөзү жөнүндө кээ бир ой-пикирлерди айтууга мүмкүндүк берет.

1. Кыргыз эли куралган уруулардын түзүлүү процесси негизинен Чыгыш Тянь-Шандын жана Тянь-Шандын жака-белдериндеги территорияларында,

ошондой эле Памир-Алайда жана ага канатташ жаткан тоолуу аймактарда (Алтай, Иртыш бойлору, Чыгыш Түркстан) болуп өткөн.

2.XIV—XVII кылымдарда түзүлгөн кыргыз элинин негизин төмөнкүлөр түзгөн: а) бул жерде эзелтен бери эле жашап турган жергиликтүү түркий уруулар (анын ичинде карлук-уйгур калкы); булардын бир бөлүгү теги боюнча түрк каганаттарынын, уйгур жана кыргыз мамлекеттеринин, ошондой эле Караханилер мамлекетинин (X кылымдын аягы — XII к.) доорундагы уруулардан тарашы мүмкүн; б) Борбордук жана Батыш Тянь-Шандын жана Памир-Алайдын территориясына түндүк-чыгыштан жана чыгыштан ооп келишкен, теги борбордук-азиялык болгон, негизинен түркий тилдүү уруулардын тобу; в) теги моңгол жана казак-ногой болгон уруулар түзүшкөн.

3. Азыркы Кыргызстандын территориясына ар түрдүү уруулардын өтө көп көчүп келүүлөрү моңгол басып алуусунун башталышына байланыштуу болгон, жарым-жартылайы андан мурда келиши да мүмкүн. Этникалык процесстердин өнүгүшүнө ар түрдүү уруулук топтордун көп санда, ошондой эле өз ара көчүп жүрүүлөрү олуттуу мааниге ээ болгон, мындай көчүүлөрдүн себеби алардын көчмөн жана жарым көчмөндүү турмушта жашагандыгы менен шартталган. Бирок, мындай көчүштөрдүн көбү социалдык-саясий себептер менен да жана экономикалык жагдайлар менен да шартталып турган, алар: чет жерлик баскынчыларга каршы күрөш, мындай күрөш кээде өздөштүрүлгөн жерлерди узак убакытка таштап кетүүгө аргасыз кылган; уруу топторуна башчылык кылган феодалдардын ортосундагы чыр-чатактар жана касташуулар уруулардын ортосунда согуштун чыгышына, феодалдардын өзүнө баш ийген калктын бир тобун күч менен башка территорияга көчүрүп жиберүүсүнө алып келген; калктын санынын көбөйүшү; феодалдардын көрсөткөн кысымы калктын кээ бир топторунун жаңы территорияга уюшкан түрдө көчүп кетишине себеп болгон, теги боюнча жакын, бирок территория жагынан бөлүнүп калган топтордун бири-бири менен кошулууга умтулушу; бир атанын ар түрдүү аялдарынын тукумдарынын ортосундагы чыр-чатак; жайыттардын жетишсиздиги; бөлөк кырсыктар, жана д.у.с.

4. Жогоруда аталган уруулардын чарбалык укладынын бир түрдүүлүгү (көчмөн мал чарбачылыгы, бир аздап аңчылык жана дыйканчылык), маданияты менен турмуш-тиричилик формаларынын жакындыгы, алардын арасында патриархалдык-феодалдык мамилелердин үстөмдүк кылышы обочолонуунун акырындык менен жок болуп кетишине шарт түзүп, бир уруунун экинчи бир урууну сиңирип алуу процессин жана алардын аралашып кетишин жеңилдеткен, бул болсо социалдык-саясий өнүгүүнүн процесси жана айрым бир тышкы саясий кырдаалдар менен айкалыша келип, жаңы жалпылыктын — кыргыз элинин куралышына өбөлгө түзгөн.

Этнографиялык маалыматтар кыргыздардын этникалык тарыхы өтө татаал мүнөздө болгонун далилдейт. Ошондуктан кыргыздардын азыркы жашап турган территорияда пайда болушун уруулардын кайсы-бир ири тобунун бир территориядан экинчи бир территорияга көчүп келиши менен, мисалы кайсы- бир топтун «Или-Иртыш дарыясынын ортосунан» Тянь-Шанга көчүп келиши менен гана бир беткей түшүндүрүүгө жасаган аракеттен эч нерсе чыкпайт. Тянь-Шань жана Памир-Алай бардык шарттарда тең кыргыз элинин этникалык тарыхында маанилүү роль ойногон этногенетикалык процесстердин зор тоому (түйүнү) болгон.

www.bizdin.kg

# II бап
# ЧАРБАЛЫК УКЛАДЫ

Кыргызстандын территориясынан табылган археологиялык көп сандаган эстеликтер бул жерде байыркы мезгилде эле бай жана ар тараптан өнүккөн маданият болгондугун айгинелеп турат, ал маданият Орто Азия кош өзөнүнүн аймагында, ага канаатташ жаткан тоо-талаа жерлеринде жашашкан уруулардын жана элдердин маданияты менен тамырлаш. Байыркы мезгилде жана орто кылымдарда Тянь-Шанды жана Памир-Алайды мекендеген уруулардын урпактары тигил же бул даражада кыргыз элинин курамына кирген, ушундан улам бул территорияларда мурда жашап өтүшкөн элдин чарбачылык турмуш, тиричилик жана маданият салттары менен азыркы кыргыз калкынын бул жагынан белгилүү бир улантуучулугу бар экендиги жөнүндө кеп кылууга болот.

## *МАЛ ЧАРБАЧЫЛЫГЫ*

Ошентип, кыргыздардын революцияга чейин өткөн мезгилдеги нукура чарбачылык тиричилигинин терең тамырлаган салттары бар. Кыргыздардын экстенсивдүү мүнөздөгү көчмөн жана жарым көчмөн мал чарбачылыгы көптөгөн кылымдар бою тарыхый калыптанган башкы кесиби болгон. Археологиялык маалыматтар Тянь-Шань тоолорунда жана өрөөндөрүндө биздин заманга чейинки VII кылымдан баштап эле көчмөн мал чарбачылыгынын мурдатан келе аткан формалары болгондугун далилдеди, ошондуктан кыргыздардын мал чарбачылыгынын салтка айланып калгандыгы бул маалыматтарга байланыштырылбай каралышы мүмкүн эмес. Сак уруулары (б. з. ч. VII—IV кылымдар) жана алардын ордун баскан усунь уруулары (б. з. ч. III к. — б. з. IV к.) көчмөн мал чарбачылыгын кесип кылышкан, бул чарбачылык азыркы Кыргызстандын аймактарында алда канча кийинчерээк жашаган түркчө сүйлөгөн уруулар үчүн да мүнөздүү болгон. Кыргыздардын мал чарбачылыгында бул жергенин байыркы жашоочуларынын да, ошондой эле бул жакка Түштүк Сибирден жана Борбордук Азиядан кийинчерээк келгендер да көчмөндүк салттарды улантышкан.

XIX кылымда — XX кылымдын башталышында кыргыз коомунун өндүргүч күчтөрү өнүгүүнүн али да салыштырмалуу төмөнкү деңгээлинде турган. Анда көчмөндүк жана жарым көчмөндүк менен тиричилик кылган мал кармоочу майда чарбалар басымдуулук кылган. Өлкөнүн табигый шарттары малды жыл бою жайытта кармоого мүмкүнчүлүк берген. Тоолуу жер жана өзүнүн климаттык шарттары, өскөн өсүмдүктөрү жагынан улам өр талаша жайгашкан географиялык ар кыл зоналар малчылардын кылымдап калыптанган көчүп-конуусунун жыл бою улантып туруучу циклин план ченемдүү түрдө жүзөгө ашырууларына, ыңгайлата бир жайыттан экинчисине мал-тегеси менен конуш которуп жүрүшүнө шарт түзгөн. Бирок кыргыздардын дыйканчылыгы менен мал чарбачылыгы небактан эле эриш-аркак жүргүзүлгөн, бул дыйканчылык башкалардан обочолонгон түрдө эмес, көчмөндөр айылынын чарбачылыгынын ажырагыс бөлүгү болуп кирген. Кээ

бир жерлерде алда канча кийинчерээк гана чакан дыйканчылык жерлери түзүлгөн, бирок алар деле өзүлөрүнүн айлана-жакаларындагы малчылар менен тигиндей же мындай даражада байланышта болушкан.

Мал өстүрүү чарбачылыгынын багыты тарыхый шарттарга жараша өзгөрүп турган. Кыргызстан Россиянын курамына кошулаардан мурдагы мезгилде, феодалдык согуштар тез-тез болуп, чет элдик баскынчылар жапырып кирип келип турган кезде кыргыздар негизинен жылкы кармашып, көчүп-конууга кыбыр мал катары койго жана төөгө анчалык маани беришкен эмес.

Россияга кошулгандан кийин кыргыздардын бейкут турмушка өтүшү менен кой кармоо биринчи орунга чыгып, кара малдын жана төөнүн да саны көбөйгөн. Кожолуктардын кээ бир бөлүгүнүн негизги кесип катары дыйканчылыкка өтүшүндө, бөтөнчө түштүктөгү аймактарда, ал кожолуктардын мал-тегесинде жылкы, кара мал жана анча-мынчалап эчки кармоо негизги орунду ээлеген. Кара мал отурукташып тиричилик кылууга аргасыз болгон кедей кожолуктарда улам маанилүү боло берген.

Кыргыздар Чыгыш Памирде, Ош областынын түштүгүндөгү тоолуу бөлүгүндө жана анча-мынчалап Борбордук Тянь-Шанда ээлтеден асырап келген топозду малдын эң негизги түрлөрүнүн бири катары тутушкан. Мурда Кыргызстандын түштүгүндөгү бай кожолуктар көбүнчө өз малчылары үчүн эшек жана качыр кармашкан. Эшек жана качыр бул жерде 1930-жылдан баштап гана, атап айтканда, республиканын түндүгүндө кеңири тарай баштаган.

Кыргыз жылкысы — моңгол жылкысынын түрлөрүнүн бири. Кыргыздардагы кара мал аласа, азыктуулугу кем жергиликтүү тукумдан болгон. Кылчык жүндүү, куйруктуу кыргыз койлору жергиликтүү кээ бир бөтөнчөлүктөрү менен айырмаланган. Кыргыздарда кош өркөчтүү төөлөр (бактриялык) басымдуулук кылган.

Ар бир уруу жана урук белгилүү аймакта көчүп-конуп жүргөн. Казактардын көптөгөн топтору көбүнчө меридиан багытын улап (түштүктөн түндүккө карай) өрүш алышса, кыргыздар өр талашып: бөксө тоолуу өрөөндөрдөн бийик тоолуу жайлоо жайыттарын беттеп конуш которуп жүрүп отурушкан жана алардан кайра жакага түшүшкөн. Малчылар кыш бою ылымта кокту-колот- тордо жана капчыгайларда турушкан. Малы көп бай кожолуктар коштоонун жака-белиндеги жерлерге кара малын, төөлөрүн, жаш төөлөрүн жана алыскы сапарга минилүүчү жылкыларын гана жайышкан. Койлорун жана калган жылкыларын адатта кар жатпас тоо беттерине канатташ жайгашкан тоолордо кармашкан. Бай жана оокаттуу кожолуктар тоолордо мал багуу үчүн койчуларды жана жылкычыларды жалдашкан же өзүлөрүнө көз каранды жамаатташтарынын эмгегинен пайдаланышкан. Кышкы жайыттын шарттары өтө оор болгон. Кычыраган аяз жана бороон-чапкын, узак убакыт бою ачык асмандын алдында жүрүү, алачык-боз үйлөрдүн муздактыгы же кийим-кеченин начардыгы тоолордогу тиричиликти оордотуп, жүдөмүш турмушка айландырган. Орто оокаттуу кожолуктар мал-тегесин өз күчтөрү менен биргелешип кыштатуу үчүн кой-жылкыларын короо-короо, үйүр-үйүр кылып бириктиришкен же чогулуп, койчу-жылкычыларды жалдашкан.

Кышкы жайытта мал жаюу чоң кыйынчылыктар менен коштолгон жана малды аман алып калуу үчүн көп күч-аракет жумшоону талап кылган. Мына ошондуктан кышында мал жаюунун жол-жобосу бөтөнчө кылдаттык менен

иштелип чыккан. Кар астында калган тоютту өз алдынча тээп оттой албаган жандыктарды жана кара малды жаюу үчүн тоолордун күңгөй беттери пайдаланылган. Жылкылар кар басып калган жерлерди тээп оттошкон. Кар жатпаган жерлер жок болуп калганда малды белгилүү тартипте жайышкан: кар тээп оттоо үчүн адегенде жылкылар, андан соң кара мал, алардын артынан койлор коё берилген.

Орто оокаттуу чарба эрте жазда, бирок адатта өзүнүн чакан талаасына аштыгын эгип бүткөндөн кийин өзүнүн кыштоосуна жакын жайгашкан тоо этектериндеги бөксөлөргө көктөөгө мал-жаны менен көчүп барган. Ал ошол жерде койлорун төлдөткөн. Жайкы аптаптуу ысык башталып, мал-жандын тынчын алган ар кандай чымын-чиркейлер чыкканда чарбалардын бир бөлүгү өзүлөрүнүн мал-жанын төрлөрдөгү жайлоолорго чыгарып кетишсе, малы чакталуу чарбалардын көбү кыштоого кайтып келишкенге чейин ошол эле бөксөлөрдө кала беришкен. Жайлоолордун көбү деңиз деңгээлинен 3,5 миң метрге чейин бийиктикте, ак кар, көк музга жакын жаткан жерлерде болгон. Күз келип, суук тарта баштаганда чарбалар жайлоодон көбүнчө жазында көктөөгө турган бөксөлөргө түшүп келишкен. Бул убакта ал жайыттар алысындап кайрадан жетилип калган болот. Эгин оруп-жыюу, чөп чабуу бүткөндөн кийин көчмөндөр кыштоолоруна кайтып келишкен. Жыйым-теримди үй-бүлөлөрдүн атайын жиберилген мүчөлөрү жүргүзүшкөн, байлар бул ишке өзүлөрүнө көз каранды кедейлерди жумшашкан.

Көчүп-конуунун толук шаан-шөкөтү унаалары көп, бай жана оокаттуу чарбаларда гана толук сакталган. Жылкылары жана жандыктары жок же биринэкин кедей чарбалар өз алдынча дегеле көчүп-конушкан эмес. Алардын кээ бирөөлөрү өзүлөрүнүн бай тууган-туушкандарынан май акысына иштеп берүү шарты менен анча-мынча мал алып, ошол тууган-туушкандарын каралап көчүп кетишкен. Малы чакталуу чарбалар өзүлөрүнүн бирин-экин малы менен жай бою жакын жерлердеги жайыттарда калышкан. Бай чарбалардын кээ бирөөлөрү мал-жаны менен бийик тоолуу сырттарда кышы бою көчүп-конуп жүрүшкөн. Кээ бир жерлерде жайлоолор социалдык топтор боюнча чек салынып, бөлүнүп коюлган. Кышкысын жайыттарды жалпы пайдалануу үчүн биригиш- кен чарбалардын тобу жылдын калган башка мезгилдеринде көп учурда бир нече топко бөлүнүп кетишкен. Жайыттарды иш жүзүндө феодал-бай төбөлдөр тескешкени менен аларды көп учурда жамааттык башталыштарда пайдаланышкан, чабындылар бөлүштүрүлүп берилген жана кээ бир гана учурларды эске албаганда, атадан балага мураска алуучу ээликке айландырылган.

Кычыраган кыштан кийин, кыштоодон конуш которуу өзүнчө бир майрам болгон. Бир аз оокаттуу чарбалардын баары эң жакшы кийим-кечелерин кийинип, аттарын үртүктөшкөн, төөлөрүнө жасалгаларын тагышкан. Төөлөргө же аттарга жүктөлгөн боз үйдүн жабдууларына жана башка үй эмеректерине килем же кооз таар жабылып, алда канча баалуу буюмдардын (самоорлор, сандыктар, жайпак табактар) үстүнөн бастыра таңылчу. Салтка ылайык, мурда конуш алышкандар конушка жаңы жайланышкандарды өрүлүктөп келишкен.

Ар кыл аймактарда көчүп-конуу аралыктарынын алыстыгы бирдей болгон эмес, ал бир нече ондогон километрден 100—125 километрге чейинки аралыктын тегерегинде болуп, кээ бир жерлерде 150—200 километрге чейин жеткен. Көчүп-конуп жүрүүнүн алыстыгы айрым чарбалардын мал менен камсыз болгонуна байланыштуу эле.

www.bizdin.kg

Малдын ар бир түрүнө жайытты жер шартына жана оңтоюна ылайыктап тандап алышкан. Эмгекчи чарбалар жазгы-жайкы мезгилде жылкылары менен койлорун бириктиришип жайышкан. Көбүнчө туушкандар, кээде кошуналар малдарын чогуу жайышкан. Мындай топко кирген чарбалардын саны алардын малынын санына жараша болгон. Мындай биригүүлөр мал жаюуда, аларды көзөмөлдөп турууда, катаал ашуулардан, кукуктөгөн өзөн-суулардан өтүүдө көчмөндөрдүн эмгегин жеңилдеткен, жайыттарды алда канча натыйжалуу пайдаланууга мүмкүнчүлүк берген. Бай чарбалар өзүлөрнчө чакан айыл-айылы менен көчүп-конууну жакшы көрүшкөн.

Жылкычылар жайылып жүргөн жылкыларды кармоо үчүн өзүлөрү менен чалмаларды жана укуруктарды дайыма ала жүрүшкөн. Кулундар бээлер байыганча күндүзү желелерде кармалган. Сааш үчүн бээлерди күн бою алты-сегиз жолу желедеги кулундарга айдап келишип, түнкүсүн кулундарды энелери менен жайытка коё беришкен. Чабан койлорду атчан же өгүз мен кайтарып, түнкүсүн айылга айдап келген. Койлорду түнкүсүн кыздар жана келиндер кайтарышкан. Түндү өткөрүү жана короого ит-куштарды жолотпоо үчүн алар бек-бекей айтып чыгышкан.

Кыргыздардын мал багуу жөн-жайын жана ыктарын көбүрөөк конкреттүү элестетүү үчүн биз мал чарбасынын эң маанилүү тармактарынын бири — койчарбасына[1] мүнөздөмө берип өтөбүз.

Кышкысын койлорду күн бою кыштоого жакын, кары жок күңгөй беттерде жайышкан. Кар өтө оор түшкөн жылдарда койлорду кар түшпөгөн же ал аз түшкөн ылымта жерлерде багышкан. Мындай жайыттарда койлор кургап калган чөп оттошкон. Түнкүсүн алар короого камалган. Мындай короолор чычырканак, алтыгана менен тозулган же таш сокмо дубалдар менен курчалган. Кээ бир жерлерде бул сыяктуу короолорду жасашпай эле, койлорду көңдөнүп калган колотту ылымта жерлерге түнөтүшкөн.

Койду ээсинин үйүнө жакын жерлерге жайган койчу үчүн турак жай жасап беришкен эмес. Эгер андай жайыттар айылдан алыс болсо, анда койчунун короосунун жанына алачык куруп, кийиз менен жаап, этегин бастыра топурак кырдап, суук кирбегендей жасашкан. Алачыкка айланта камыш калап, аркан менен курчап коюшкан, синьцзяндык кыргыздар мындай турак-жайды ак төгөр дешкен. Бир учун жерге, экинчи учун кадимки боз үйдүн түндүгүнө аштап, чабак[2] жыгачтан жасашкан. Айланта чий калашып, анын үстүнө кийиз жабышкан. Мындай жөнөкөй турак-жайларда байлардын койчулары, кедей малчылар дагы турушкан.

Бай чарбалардын чабыр жана ылаңдаган койлоруна, чөп чаап-жыйноо кеңири тараганга чейин, отурукташкан кедейлерден бир аз санда сатып алган чөп менен кошумча тоюттандырышкан. Түндүк Кыргызстанда ушундай болгон. Чарбалардын көпчүлүгү бир аздан чөп даярдап алган, өлкөнүн түштүгүндө мындай койлорго эртең менен арпа, андан соң чөп берип, мындан кийин күңгөй бетке айдап жиберишкен. Кечинде кайрадан чөп беришкен. Кыштын алгачкы бир—бир жарым айында койлор адатта эттүү болушкан, андан кийин алардын кээ бирөөлөрү арыктай баштаган. Мына ошондо аларды 50—60 күн жемдеп-чөптөшкөн. Түштүктө 500—600 боо чөп даярдашкан, чөп оруу үчүн орокту колдонушкан. Мындай орок менен бир адам бир күндө 20—30 боо жакшы чөп оргон. Чөптү үй-бүлөнүн башчысы же анын балдары даярдашкан. Чабылган чөптү ат же эшек менен ташышкан. Аны сактоо үчүн кыштоодо таштан же арчадан, болбосо сокмо дубалдан жай жасашкан. Аны кепе же кедец дешкен.

Жазында кой багуудагы эң жооптуу мезгил — төл алуу башталган. Малдар март—апрелде, бугу же марал айында төлдөгөн. Төлдөтүү апрелдин аягында

бүткөн. Төл башталаардын алдында тубарларды кыштоого жакын жердеги тегиз, таза жайыттарда жаюуга аракеттенишкен. Кой жаюуда алдыга узап кетпөөсү жана текши жайылышы үчүн койчу алардын алдында жүргөн. Койчулардын байкоолору боюнча тууту жакындап калган койлордун белгилери булар болгон: тубардын курсагы салаңдап, капталы бөксөргөн, желини чоңоюп, катуулана баштаган, көчүгү шишип, андан сары ууз чыга баштаган. Тубардын качан төлдөөрүн билиш үчүн койчу анын желинин кез-кези менен кармап көрүп турган. Тубар төлдөгөндөн кийин койчу козунун тонун (чарайнасын) шыпырып-тазалап, эгерде күн суук болсо, козуну койнуна салып алып боз үйгө киргизген. Күн жылуу болсо козуну дароо энесине салып эмизип алып, андан кийин боз үйгө жеткирген. Жайытта бир-эки тубар төлдөсө, койчу козуларды боз үйгө өзү алып келген, койлор жапырт төлдөп калса, анда айылга кабарлаган, ал жактан ат жиберишкен, анан козуларды капка же куржунга салып алып келишкен. Кандай болсо да соолук козунун артынан ээрчип барган.

Тубардын төлдөшүнө койчу чанда бир учурда гана, мисалы, козу башынан эмес, аягынан келип калганда жардамдашкан. Мындай учурлардын көп-чүлүгүндө козу өлүү түшкөн, козу тирүү болсо койчу аны башы менен келгидей кылып оңдогон Бул үчүн койчу койдун ичине колун салып, козунун алдыңкы колдорун таап, ошондон кармап, аны сууруп чыккан. Ал эгерде алдыңкы колдорун таба албай койсо, анда ал козуну арткы бутунан кармап эле сууруп алган, мындай учурда козу өлүп калган. Козунун киндиги үзүлбөй түшкөн чанда бир учурларда койчу аны үзүп салган.

Койчу козуну энесине жалаткандан жана эмизгенден кийин гана алып кеткен. Бирок бардык козулар эле энесин дароо эме албагандыктан, андай козуларды боз үйгө алып барышкандан кийин эмизишкен.

Козулар киргизилген боз үйдө сөзсүз от жагышкан. Боз үйдүн сол капшытына кагылган эки казыкка бурчактуу коргон тартышкан. Бурчактарга козулар байланган. Кургакташ үчүн алардын алдына кургак кык төгүшкөн. Боз үйдү жылуулаш үчүн түндүк жабуусун, кош канаттуу эшигин жаап, керегелердин түбүнө топурак үйүп, анын үстүнө чөп таштап, анан кыш менен бастырып коюшкан. Боз үйдө түн бою чоюн чырак күйүп турган. Чыракка мал майын куюшкан, билигин бөздөн жасашкан. Козулар турган жердин үстүнө бийигирээк бир нече таякты жаткырып, кийиз менен жаап купкө жасап жылуулашкан. Жаңы туулган козулар бир боз үйгө батпай калса, анда таяктарды тегерете сайып, туш-тарабын жылуулап жаап, ичине казанбак жасашкан, козуларды ошого жайгаштырышкан.

Туулган козуларды кыштоодо турган айылга жакын жерлерде жайышкан. Алар чубабай, кеңири, текши чачылып жайылышына аракеттенишкен.

Байдын чарбасында жалданма койчу болуп иштеген Усубалы Чоткараев кой төлдөө мезгилинде кой багуучулардын эмгеги кандай уюштурулгандыгын төкпөй-чачпай мындайча айтып берди. Болжол менен 400 тубардан турган атардын төлдөөсүн кеминде үч адам: койчунун өзү жана анын үй-бүлөсүнүн эки мүчөсү көзөмөлдөп турган. Булардан тышкары мал ээси өз үй-бүлөсүнүн мүчөлөрүнөн бирөөнү жана бир ай жардам берсин үчүн дагы беш киши бөлүп берген. Алардын бири — түнкү тууткa көзөмөлдүк кылган; экинчиси — атчан күндүзү кой жайган; үчүнчүсү — энесине эмизүү үчүн козуларды алып келип турган; төртүнчүсү — козулар бири-бирин

тебелеп салбоосу үчүн көз салып, жатып калгандарын тургузуп, козуларга жем-чөп берген; ошол эле адам козулар турган жерди тазалап, алардын кумалактарын чыгарган; бешинчиси — сүткө тойбой калган козуларды тойгуза эмизүү аракетин көргөн; ал андай козуларды сүттүү тубарларга тейлеген (бул ишти адатта койчунун аялы аткарган); алтынчысы — козуларды алар туулгандан 20 күндөн кийин жайытка чыгарган: жетинчиси — койчунун өзү бардык ишке баш-көз болуп турган; сегизинчиси — адатта байдын кызы же келини болгон, алардын түздөн-түз аткарчу милдеттери болгон эмес.

Козуларды багуу жана жаюу жагдайындагы маалыматтар ушунчалык ар түрдүү жана бири-бирин толуктоо түрүндө болгондуктан, алардын ар бирин өзүнчө келтирүүгө туура келет.

Мисалы, К. Эркебаевдин айтуусуна караганда, козулар бир ай бою боз үйдө кармалган. Алар эртең менен энелери менен чыгарылып, күн бою жайытта жүрүшкөн, түнкүсүн кайрадан көгөөнгө коюшкан. 15 күндөн кийин аларга бир аздан чөп бере башташкан. Бир айдан кийин аларды боз үйдөн чыгарышкан жана энелери менен жайытка айдап кетишкен. Бир ай бою, чөп көктөп чыкканча ушундай кылышкан. Ошондон кийин (май айында) кой саан башталган. Козуларды кечкисин сыртка көгөөндөп, эртең менен коё беришип, энелеринен бөлөк жайышкан. Саат 12 ченде адегенде козуларды айдап келип көгөөндөп, андан соң жайытта жүргөн энелерин айдап келишкен жана саанды башташкан. Бир гана эмчектин сүтүн саап алышып, экинчисин козуга калтырышкан. Саандан кийин козуларды кеч киргенче энелери менен чогуу жайышкан. Июлдун башы же орто ченинде саан токтотулуп, козулар күндүр-түндүр энелери менен чогуу болушкан. Сентябрда энелери этинен түшүп кетпөөсү үчүн козуларды алардан бөлүп, өзүнчө бир отор кылып коюшкан.

Түштүктүк башка бир кыргыздын, М. Асановдун билдиргенине караганда, козуларды эки ай бою боз үйдө кармашкан жана кой саан башталган кездерде гана сыртка чыгарышкан. Койлорду эки жолу — эртең менен жана кечке жуук саашкан. Саан башталаардын алдында козуларды энелерине салышкан. Энелери ийигенден кийин козуларды тартып алышып, энелерин саашкан. Сүт аз калганда козуну кайрадан коё беришкен. Козулар энелерин эмип бүткөндөн кийин аларды кайтадан көгөөндөп коюшкан. Козулар туулгандан 20—30 күн өткөндөн кийин, аларга жаңы чабылып келген чөп салышкан. Кээ бир козулар адегенде эле отугуп кетишсе, башкалары бара-бара көнүгүшкөн. Күн сайын жаңы чөп алып келишип, мурдагыдан калган шакелдерин чыгарып салып турушкан. Козулар эки айга чейин боз үйдө кармалышы керек болсо да, алардын жакшы отугуп кеткендерин көп учурда боз үйдүн сыртына көгөөндөп коюшкан. Козулар үч айга чейин көгөөндө турушкан. Койлордон сүт саап алуу үч ай бою улантылган, мындан кийин козулар энелери менен чогуу жайытка чыгарылган.

У. Чоткараев билдиргендей, козулар энелерин 20 күн эмишине мүмкүн-чүлүк беришкен, бирок козулар туулгандан 10 күн өткөндөн кийин эле аларды жем-чөпкө көнүктүрө башташкан. Бул үчүн козулар турган боз үйдүн керегелерине чөп байлап коюшкан жана андан тышкары туз кошуп тартылган дан (арпа же сулу) беришкен. Козулар туулгандан 20 күндөн кийин суу ичүүгө көнүктүрүлгөн. Кой саалаардын алдында алар энелерине салынган. Мындай багуунун натыйжасында козулар тез иргенишкен. Козулар туулгандан 20 күндөн кийин ачык-жарык күндөрдө жайытка чыгарылган, бирок алар энелеринен бөлөк жайылган. Алгачкы күндө козуларын эмизүү

жана саап алуу үчүн тубарларды жайыттан үч жолу айдап келип турушкан. Өзүнчө басууга жараган чыйрак козуларды бул мезгилде энелери менен чогуу жайышкан, козулар ирденип алгандан кийин алардын баарын энелери менен чогуу жайытка чыгарышкан.

Койлор төлдөгөндөн 40 күн өткөндөн кийин тубарларды эртең менен эрте жайытка чыгарышып, андан кеч күүгүмдө гана айдап келишкен. Анын үстүнө түбарлар короого — эртең менен жайытка чыгарылган жол менен эмес, башка жол менен айдалып келген. Койлорду түз жерге эмес, айдоо жерге түнөтүүгө аракеттенишкен. Койлор майын курсагына эмес, жонуна жыйнашы үчүн ушундай жасалган. Мындай болгондо койлор ысык-суукка жакшы туруштук берген. Койлор күндүз да суу боюнда жарым — бир саатча жуушатылган. Кышкысын койлор жайытка кеч чыгарылган, анткени түнкү суукtан кийинки жайыт эртелеп мал жаюуга жараксыз болгон. Жайыттан келээр замат жуушап калсын үчүн койлорду короого кеч айдап келүүгө аракеттенишкен.

Эркек козуларды алар туулгандан 20—30 күндөн кийин биттешкен. Бул жумушту жергиликтүү усталар атайын жасаган бычактын жардамы менен өзүлөрү жүргүзүшкөн. Ал бычак кыска, кош миздүү, шибегеникиндей жумуру саптуу жасалган. Түштүктөгүлөр аны наштар дешкен. Козунун биттелген жерине эч нерсе сеппей эле түкүрүп гана коюшкан. Көл кылаасындагылар козуларды битеттүү үчүн атайын адамды (биттегичти) чакырып келишкен. Ал козунун урук безин кесип таштагандан кийин ага эч нерсе сеппей эле коё берген. Бул иш козулар туулгандан 40 күндөн кийин жасалган.

Куут адатта ноябрда, койлор күздөөдөн түшүп, кочкордун белдиги (түштүкчө бул көөк деп аталат) алынгандан кийин жүргүзүлгөн. Элдик календардагы айдын аталышына ылайык, бул кезди «бештин айында белдик алынат» деп коюшкан. Кыргызстандын түштүгүндө кочкорлор оторго айдалып келгенден кийин ырым-жырым жасашкан. Ал түгүл арчанын бутагын түтөтүп алып, «бисмилля ырахман ырахым, чолпон-ата тукуму көбөйсүн» деп, ар бир койдун башынан[3] түтүн айлантып чыгышкан. Мындан кийин кочкорлорду тубарларга коё беришкен. Куут январга чейин созулган. Бул мезгилде жана андан кийин кочкорлор жайытта койлор менен чогуу жүргөн. Августта адатта аларды койлордон бөлүп коюшкан, бирок аларды өзүнчө жаюуга мүмкүнчүлүк жок болсо, анда аларга жогоруда айтылган белдикти тартып коюшкан.

Куут (демек, туут да) акырындык менен жүрүшү үчүн у. Чоткараевдин айтуусунча, 300 тубарга беш кочкор кошкон. у. Чоткараевдин кошумчалай кеткенине караганда, куут декабрь айынан башталып, күн чил[4] арышына узара баштаган кыш чилдеде аяктаган. Бай чарбалар кочкорлорго эртең менен жана кечинде бир кочуштан таза арпа же сулу, дегисин айтканда, кыйла кедей чарбалар деле кочкорлорго мүмкүнчүлүгүнө жараша жем беришкен. Ошол эле адам — койлор козу салып койбосун үчүн өтө семиз койлорду кыгы. чыгарылып ташталган тоң короого кармашканын айтты.

Койлорду эки жолу жазында (май айында) жана күзүндө (кыштоого көчүп келишкенден кийин) атайын кайчы — жуушаң менен кыркышкан. Жазгы жүндү даакы, күзгүсүн — кузөм дешкен. Күзгү жүн жазгы даакысынан жогору бааланган, андан эң мыкты кийиздер, тердиктер ж. д. у. с. жасалган.

Ар бир кожоюн өзүнүн койлорунун кулагына эн салган. Ал эндердин формалары жана аталыштары ар түрдүү болгон. Койлорду өңүнө, мүйүзүнө

жана башка белгилерине карап таанышкан, ар бир койдун өзүнүн тийиштүү аты болгон.

Мал кармоонун жөн-жайы көп кылымдык тажрыйбанын сыноосунан өткөн система болсо да, али төмөнкү деңгээлде турган. Өткөндө кыштык тоют даярдоо деген дээрлик болгон эмес. Чөп чаап-жыйноо түштүк кыргыздарында бир аз мурдараак, түндүк кыргыздарында орус келгиндеринин түздөн-түз таасири астында XIX кылымдын аягынан — XX кылымдын башталышынан тартып жайыла баштаган. Тоютту аз эле даярдашкан, ал көбүнчө ылаңдап

калган же арыктап кеткен малга, жаш төлгө, ошондой эле алыс сапарга минилчү көлүктөргө берилген. Чөп чаап-жыйноо үчүн адатта орокту колдонушкан, бирок XX кылымдын башында чалгы, чапкы (орустун косалитовкасы) жайыла баштаган.

Кыштык тоюттун жетишерлик запасынын жоктугу кыргыздын көчмөн мал чарбачылыгын табияттын кырсыктуу кубулуштарына толук көз каранды кылып койгон. Илдеттер, мисалы, ылаң, анан, мезгил-мезгили менен кайталанып, малды боо түшүрүп салган жут мал чарбасына чоң зыян келтирген. Алар кар оор түшүп, суук күч болуп, кыштын мойну узарып кетишинин жана эрте жаздагы кара тоңголоктун натыйжасында башталган, мындай жылдарда тоңгон кардын астында калган отту тээп оттой албаган мал (баарынан мурда кой) чыгымга учурап турган.

Кыргыздар XIX кылымдын үчүнчү чейрегине чейин мал үчүн кандайдыр-бир короо-жай дээрлик курушкан эмес. Таштан, камыштан, куурайдан ж. д. у. сыяктуулардан короо гана кармашкан. Сокмо дубалдуу короолор, андан соң кепелер адегенде бай чарбаларда пайда болгон. Кийинчерээк алар, бөтөнчө Түштүк Кыргызстанда, бир аз кеңирирээк жайылган, анткен менен малдын көп бөлүгүн мурдагыдай эле жөнөкөй короолордо баш калкалатып келишкен, мындай короолор мал үчүн шамалды тозуп калчу ылымта гана болуп, кардан, бороон-чапкындан коргой алган эмес.

Мал кармоочу эмгекчи чарбада мал жаюуну жана тоют даярдоону уюштурууга байланышкан бардык иштер эркектердин мойнунда болгон. Аялдар айылдын жака-белинде жайылып жүргөн малга көз болгон, бээ, уй, кой-эчки сааган, жаш төлдү- ак берүүчү бодолорду багышкан, түнкүсүн анда-санда короо кайтарышкан, айылдын көчүп-конушуна байланышкан жумуштардын негизги бөлүгүн аткарышкан. Кыргыздар бардык жерде малды төлүн эмизип ийитип саашкан.

Кыргыздардын мал кармоо чарбачылыгында бакма малынын илдеттерин дарылоонун ар түрдүү ыкмалары: кан чегип алуу, сыныктарды шак-шактап таңуунун ар кыл жолдору жана элдик ветеринариянын эмпириялык башка каражаттары колдонулган. Бирок илдеттердин көбүн дарылоо колдорунан келген эмес. Мына ошондой учурларда сыйкырчылыктын ар кыл ыктарын колдонушкан: малга күйгүзүлгөн арчанын[5] түтүнүн каптатышкан. Малды мазарларга айдап барып, ал жерде тилек сурап, дуба окушкан, колдоочуларына курмандык чалышкан ж. д. у. с. Албетте, булардын баары кырсыктардын алдын алып кала алган эмес, ал кырсыктардан дээрлик жыл сайын малчылар жапа чегип турушкан. Кыргызстан Россияга кошулгандан кийин пайда болгон ветеринария мекемелеринин тармагы өтө чектелүү болгон жана зор мейкиндиктерде чачкын жайгашкан кыргыз айылдарын тейлей алган эмес.

Бул жерге орустар менен украиндыктар көчүп келгенден соң жергиликтүү чарбачылык турмушта кээ бир жаңылыктар пайда болгон[6]. В. А. Пяновский Ысык-Көл ойдуңунда жылкы заводун уюштурган. Пржевальск шаарында негизделген куут сарайында да асыл тукум айгырлар болгон. Кыргызстанга кара малдын жакшыртылган тукумдары, уяң жундүү койлор алып келинген. Кээ бир жерлерде айыл чарба мектептери ачылган. Бирок чөп чаап-жыйноонун жана тоют даярдоонун өнүгүшү сыяктуу эле, прогрессивдүү мына ушул чаралардын баары кыргыздын мал чарбачылыгында сезилээрлик кандайдыр бир натыйжаларды берген эмес. Бул чарбачылык мурдагыдай эле артта турган жана азыктуулугу аз, табият шарттарына караманча көз каранды бойдон кала берген. Көчмөн жана жарым көчмөн турмуш үстөмдүк кылып турган бойдон калган.

Кыргыздардын жана Орто Азиядагы, Казакстандагы, Түштүк Сибирдеги, Монголиядагы жана аларга канатташ турган өлкөлөрдөгү мурдагы көчмөн элдердин мал чарбачылыгынан көрүнүп турган этностук салттарды талдоо сөзсүз атайын изилденүүчү маселе болууга тийиш. Ал өз ара таасир этишүүлөрдүн конкреттүү жолдорун табууга жана ушул элдердин этностук тарыхынын жана маданият тарыхынын жаңы барактарын жазууга мүмкүнчүлүк берээр эле. Биз бул жерде, калыбы, мына ошондой, изилдөөлөргө багыт берүүчү кээ бир пикирлерибизди айтуу менен гана чектелебиз. Мына ушуга байланыштуу көчмөндүүлүктүн тарыхына тиешелүү археологиялык жана этнографиялык даректердин чоң билерманы С. И. Руденконун айткан мындай бир калыс пикирин эске сала кетким келээр эле: «Кыргыздардыкы сыяктуу эле казактардын тиричилиги да илимий көз караштан алганда өзгөчө кызыгууну туудуруучу маселе, анткени алар, шексиз, жалпы эле түрктөр үчүн мүнөздүү турмуш элементтеринин баарын, малчылык-көчмөндүк эзелки турмушу менен бирге эң таза түрүндө сактап калышкан түрктөрдүн (б. а. түрк тилинде сүйлөгөндөрдүн. — С. А.) бирден бир өкүлдөрү»[7].

Көрсөтүлүп өткөн көз караштан алганда, С. И. Руденконун эмгеги жарыкка чыккандан кийин жарыяланган изилдөөлөр көрсөткөндөй, түштүк алтайлыктар, тувалар, жарым көчмөн өзбектер сыяктуу элдер да кыргыздардан, казак- тардан кем калышпаган кызыгууну туудураарын көрсөттү, анткени алар да мал кармоочулук-көчмөндүк турмуштун жана башаты байыркы замандын түпкүрүнөн башталган өтө көп жаркын белгилерин сактап калышкан.

Малды жыл бою жайытка багууга негизделген малчылык түштүк алтайлыктардын көп топторунун чарбачылык турмушунун негизи болуп саналат. Мал чарбачылыгын жүргүзүүнүн негизги бардык ыктары жана мал чарбачылыгына тиешелүү терминдердин кыйла бөлүгү сыяктуу эле мал тобунун составы (буга башка малдардан тышкары топоздор да кирген) алтайлыктарда жана кыргыздарда олуттуу айырмаланбайт. Мисалы, алтайлыктар музоолорду жана козуларды боз үйдө кармашкан; козуларды астына саман төшөлгөн жана үстү чабак жыгачтар менен жабылган ороолорго салышкан (алар «күркө»[8] же «купкө»[9] деп аталган.) Кыргыздар да малдын жаш төлүн боз үйдө кармашкан же алар үчүн ороо, ошондой эле кийизден купкө[10] жасашкан.

Биз кызыккан жагдайда алганда, мал кармоо чарбачылыгы менен байланышкан терминдер бөлүп көрсөтүү маанисине ээ. «Кыргызча-орусча сөздүктүн» жаңы басылышына диалектикалык лексиканы чагылдырган көп

материалдардын киргизилиши бир катар салыштырып көрүүлөрдү жүргүзүүгө негиз берет. Айтсак, кыргыздардын тянь-шань говорунда сейнек (эки жаштагы эчки)[11]деген термин бар, ал термин тувалардын сейнек (1—2 жаштагы биттелген эркеч)[12] деген сөзү менен үндөшүп турат. Үй малдарынын моңголдордукуна тектеш түрлөрүнүн окшош аталыштары кыргыз тилинин түштүк диалектилеринде гана учураары мүнөздүү көрүнүш. Дөнөн (4 жашка караган жылкы, өгүз, төө), дөнөн кой (4 жашхса караган кой)[13] дегенде мааниси жагынан моңголдордун «дөнөн морин», «дөнөн ухэр», «дөнөн хонь»[14] деген сөздөрүнө окшош. Түндүк диалектилериндеги бышты:[15] деген (жылкы, өгүз, төө үчүн) жогорку сөздөргө ылайык келет. Адаттагы мөөнөтүнөн мурда тууп койгон чебичтерди түштүк кыргыздар жусак[16] деп коюшат. Кашкарлык кыргыздар койду да ушинтип аташаарын билдим. Эки жаштагы эчкини моңголдор «Зусаг ямаа», эки жаштагы койду «зусаг хон»[17] дешет. Бул фактылар, калыбы, түштүк кыргыздарынын урууларынын арасында теги моңгол бир аз сандагы топтордун

(баргы, кодогочун, коңурат, керей ж. б.) белгилүү байланышы бар экендиги менен түшүндүрүлсө керек. Бирок башка да түшүндүрүүсү болушу мүмкүн.

Ошол эле түштүк кыргыздарынын урууларынын лексикасында үй малдарынын иран тилдериндеги (же иран-түрк тилдериндеги) аталыштарынын бар экендиги ал уруулардын отурукташкан жергиликтүү тажик жана өзбек калктары менен тыкыс карым-катнашынын натыйжасы болуп саналат. Ал аталыштар булар: кэлтэ тай (кулун, тай) чари, чары (4 жаштагы ирик), кунан ноопаз (3 жашка караган кара малдын эркеги) бада, пада (үй), тайкар (эшектин тайы), акта (бычылган эшек)[18]. Бул аталыштар анча-мынчалап Тянь- Шанда да учурайт, мисалы, ноопалан (3 жашка караган кара малдын эркеги)[19]. Менин тянь-шандык жазмаларымда тай ноопас (бычылган торпок), бышты. ноопас (4 жашка караган өгүз) дегендер да бар.

Л. П. Потапов тувалар үй жаныбарларын кандай аташаары жөнүндө көп маалыматтарды келтирет. Мына ушуга байланыштуу ал венгер этнографы жана филологу Кете Урай-Кохальминин[20] чоң кызыгуу туудурган изилдөөсүнө көңүл бурган. К. Урай-Кохальми моңголдордон үй жаныбарларын жашы боюнча атоонун эки системасын: сандардын жардамы менен жана малдын тишине карап аташаарын учураткан[21]. Анын үстүнө, изилдөөчү аныктагандай, экинчи система ч ы г ы ш моңголдору үчүн гана мүнөздүү болгон. Ал манчжурларда да сакталып калган, эвенкилерде жана эвендерде эки жаштан төрт жашка чейинки бугуларды атоодо учурайт, тибеттерде сандар системасы менен кезектештирилип колдонулат. Тишине карап атоо системасы түрк тилинде сүйлөгөн элдердин ичинен якуттарга гана белгилүү.

Тувалардын үй жаныбарларын атоолорун, изилдөө көрсөткөндөй, түштүк-чыгыштык туваларда (чооду, кыргыз, саян жана иркит уруу-урук топтору) үч жаштан беш жашка (кошо алынат) чейинки үй жаныбарларынын жашы жылдар боюнча бирдей, тишине карап атоолор системасын чагылдыруучу моңгол терминдери менен аталат. Иркиттерде жылкы жана кара мал, анча-мынчалар төөлөр үчүн да алты жашка чыккандан кийин сандык атоолор системасы колдонулат. Мына ошентип, түштүк, чыгыштык туваларда малдарды атоолордун эки системасы тең белгилүү жана ырааттуу айкалышта учурайт Л. П. Потапов малдарды атоолорун жарыялоо менен, түрк тилдеринде сүйлөгөн элдердин ичинен малдын тишине карап атоо

системасын колдонгон якуттар гана деген болжолдоого олуттуу оңдоо киргизген[22].

Ушу кезге чейин үй жаныбарларын жашы боюнча ажыратуу үчүн, түрк тилдеринде сүйлөгөн башка элдердегидей эле, кыргыздарда да сан эсебин пайдалануу системасы гана колдонулат деп эсептелип келген. Эми бул абалга да кээ бир оңдоолорду киргизүүгө туура келип отурат. Мен 1947-жылы Түштүк Кыргызстанга барган убагымда мурда Кытай Эл Республикасынын Синьцзян- Уйгур автономиялуу областынын түштүк бөлүгүндө жашап келген адамдардан кээ бир маалыматтарды жазып алган болуучумун. Ошондо бакма малдын башка аталыштарынын катарында: эки жаш койду эки тиштүү, үч жаштагысын — төрт тиштүү, 4 жаш төөнү — бир кырктый, 5 жаштагысын — эки кырктый, 6 жаштагы сын — тегерек тиш деп аташаарын жазып алган элем. Бул аталыштардын баарында тиштердин саны (же формасы) маанилүү роль ойнойт.

Биздин байкоолорубуз К. К. Юдахиндин «Сөздүгүндө» келтирген так-таасын жаңы маалыматтар менен толук ырасталды. Ал «Сөздүктө» эки жана үч жаш койлорду эки тиштүү кой жана төрт тиштүү кой деп, ошондой эле жогоруда аталып өткөн жаштагы эркек төөлөрдүн да дал ушундай аталыштары (жалпы кыргыздардын жана түштүк кыргыздардын атоо варианттарында)

берилген: 4 жаш төө — бир кырккан, 5 жаштагысы — уч кырккан (же түш-түктө — төрт курэк), 6 жаштагысы — алты курэк (түштүктө), жети жаштагысынын — буура деп аталаары көрсөтүлгөн[23]. К. К. Юдахин жашын тишине карап аныктоо фактысын жалпы кыргыздар үчүн мүнөздүү экенин белгилейт, түштүк кыргыздар үчүн «күрэк» — кашка тиш терминини маанисин берет. Мындай төөнүн кашка тиштеринин канчасы чыккандыгы аныктоочу маанилүү белги болуп саналат деген тыянак келип чыгат.

Мына ошентип, үй жаныбарларын тишине карап атоо системасынын ачык- айкын билинип турган калдыктары, мисалы, кээ бир жаштагы койлорду жана буура, айгырларды атоо, кыргыздарда да сакталып калган. Бул система жаныбарлардын башка түрлөрүн атоо үчүн колдонулган-колдонулбаганын айтуу азырынча кыйын. Мына ушуга байланыштуу асый деген термин өзүнө көңүл бурдурат; ал терминди кыргыздар чоң (беш жашка караган) малды: жылкы, кара мал, төө, ошондой эле бугуларды атоо үчүн колдонушат. «Төрт жаштан кийин, — деп жазат К. К. Юдахин, — асый менен, мисалы, беш жашка караганы жаңы асый же бир асый, алты жашка караганы эки асый, жети жашка караганы үч асый ж. д. у. с. деп эсептелет»[24]. «Асый» деген терминдин этимологиясы азырынча такталбаган бойдон калууда. Анын «азуу» деген түшүнүк менен байланышы бар экени жөнүндөгү жоромолду гана айтууга болот. Кыргыз тилинде дал ушул маанидеги азуу[25] деген сөз бар, башка түрк тилдеринде «азw», «азы», «азу», «азiк», «азiг», «азыг», «азук»[26] деген формалар белгилүү. Мында азый асый деген тыбыштык өтүүнү көрүү кызык болоор эле. Бардык жерде «з» табышынын учураганы мүнөздүү. Фразеологиялык мисалдар: жылкы асыйында азуу саят; жылкыда беш жашында азуу өсүп чыгат; азуу сай (жылкыда) азуусу чыкты (б. а. Жылкы беш жашка карады) дегендер «асый» деген сөз азуу деген термин менен байланыштуу экенин көрсөтүп турат[27].

Эгер биздин болжолубуз ырасталып калса, анда биз кыргыздар мурда кээ бир жаштагы койлорду жана төөлөрдү сан эсеби системасы менен катар аларды, мүмкүн жылкыларды да, тишине карап атоонун системасын

колдонушканына кошумча далилди алган болоор элек. Буга байланыштуу бизге дунган жана кыргыз лексикографиясы боюнча адис Юсуп Яншансин билдирген кызык пикирди да эске алуу керек. Анын оюна караганда, «асый» термининин экинчи жарымы (а+сый) дунгандын жана кытайдын «суй» деген сөзү менен байланышкан. Суй деген № 7011 иероглиф[28] мына буларды билдирет: 1) жылдын саны, жашы (баланча) жаш; 2) жыл, жылдын башы ж. д. у. с. Ушул эле иероглифти япондор - сай, корейлер — се, вьетнамдар — tue деп айтышат. Бирок мунун бардык учурунда сөздүн биринчи бөлүгүнүн мааниси белгисиз бойдон кала берет.

Кыргыздарда жаныбарларды тишине карап атоонун мүнөздөлүп өткөн системасы негизги сан эсеби боюнча атөо системасы менен катар колдонулат, мындай абал тибеттерде жана тувалардын бир бөлүгүндө да орун алган. Кыргыз системасы семантикалык жактан түштүк-чыгыш туваларда жана чыгыш моңголдордо колдонулуп жүргөн системага өтө жакын, минтип ойлоого лексика мүмкүнчүлүк берип турат. К. Кохальми мындай терминдерди келтирет: siduleng — тиши жаңыдан жарылып келе жаткан 3 жаш мал (Ибн-Муханндын глоссарийи (сөздүгү) боюнча sidun — тиш); kijayalang — алдыңкы тиштери бар 4 жаш мал[29]; sojuyalang — азуулары бар (караңыз: кыргызча асый) 5 жаш мал; guyiceleng — бардык тиштери бар 6 жаш мал[30]. Келтирилген бул маалыматтар кыргыздар менен моңголдордун бабаларынын этностук тарыхына дагы үңүлө кароого мажбур кылып турат, бул тарыхта этностук, тилдик жана маданий эң жакын карым-катыштардын этаптары болушу мүмкүн (жана калыбы, болсо деле керек).

## ДЫЙКАНЧЫЛЫГЫ

Кыргыздардын чарбачылыгы бир беткей өнүккөн эмес. Кыргыздардын мал- чылыгы дыйканчылык, анан анча-мынчалап аңчылык кылуу менен да айкалыштырылган, чындыгында ал комплекстүү мүнөздө болгон. Анткен менен кыргыздардын ар түрдүү топторунун чарбачылык багыт алуусу бирдей болгон эмес.

Азыркы кездеги кыргыздар мекендеп турган аймакта дыйканчылык маданияты алда качантан эле болгон. Ал байыркы мезгилде Ферганада кыйла өнүгүүгө жетишкен[31]; биздин заманга чейинки 1-миң жылдыктын экинчи жарымында дыйканчылык маданияты Чүй өрөөнүндө гүлдөө мезгилин башынан өткөрүп, ага Согдадан[32] келген дыйкандардын таасири тийген. Моңголдор мезгилинен кийин түндүк Кыргызстанда дыйканчылыктын толук кедери кеткен.

Көл кылаасынын, Чүй өрөөнүнүн аймактарында жана Түндүк Кыргызстандын башка райондорунда дыйканчылыктын кайра жаралышы бул жакка орус жана украин дыйкандарынын көчүп келиши (бул XIX кылымдын 60—70-жылдарында башталган) менен байланыштуу болду деген пикир жакында эле айтылып келген эле. Чындыгында бул жердеги дыйканчылык маданияты андан алда канча мурда кайра жаралган. Ал маданиятты жайылтуучулар бул жергенин түпкүлүктүү тургундары — кыргыздар болгон, алар ойрот феодалдары XVII кылымда убактылуу басып алган мурдагы жерлерине келишээр замат жерди иштете башташкан.

Автор топтогон материалдар көрсөтүп тургандай, Фергана менен канаатташ жаткан Тогуз-Торо өрөөнүндө (Тянь-Шань) XVII—XVIII кылымдардын тогошунда эле кыргыздар сугат дыйканчылыгын

жүргүзүшкөн[33]. Бул маалыматтар XVIII кылымдын соңку чейрегине таандык кытай даректеринде[34], ошондой эле капитан И. Г. Андреевдин XVIII кылымдын аягында жазган (караңыз: 1-баптын 3-шилтемеси) эмгекте ырасталат. И. Г. Андреев «Кыргыздар аштыкты кыйла көп өстүрүшөт, ал үчүн жай бою иштеп чыгышат», — деп билдирет. Фергана ойдуңунун жана аны курчап турган тоо этектеринин территорияларында кыргыздар шексиз мындан мурда деле дыйканчылык кылышкан. В. П. Наливкиндин материалдарынан XVII кылымда кыргыздар бул жерде ирригациялык чоң системаларды куруу үстүндө иштешкендиги көрүнүп турат[35].

Алда канча кийинки даректер Ысык-Көл ойдуңунда, Чүй жана Талас өзөндөрүнүн бойлорунда, ошондой эле Фергана өрөөнүндө, Кетмен-Төбө ойдуңунда жана климаттык шарттар мүмкүнчүлүк берген тоолуу жерлерде, кээде кыйла бийик жерлерде (мисалы, Ат-Башы өзөнүнүн бийик тоолуу өрөөнүндө) жашашкан кыргыздарда дыйканчылык кеңири таралганы жөнүндө жапырт айгинелеп турат. Муну Зибберштейн (1825-ж.) жана Чокон Валиханов (1850-жылдардын экинчи жарымы) ынандырарлык далилдешкен[36].

Кыргыздардын дыйканчылык маданиятында отурукташкан коңшу элдердин — өзбектер менен тажиктердин жана отурукташкан уйгур калкынын (азыр Кытай Эл Республикасынын Синцзян-Уйгур автономдуу районунда жашап жаткан) дыйканчылык маданияты менен окшош көп белгилери бар. Мына ошентип, кыргыздарда дыйканчылык Орто Азиядагы жергиликтүү дыйканчылык менен тыкыс карым-катышта өнүккөн[37]. Ошону менен бирге өлкөнүн түндүгүндөгү (анча-мынчалап түштүгүндөгү да) кыргыз дыйкандары

XIX кылымдын 60—70-жылдарынан баштап эзелтеден берки дыйканчылыкта орус жана украин келгиндеринин жагымдуу таасирин өз баштарынан кечиришкен.

Түштүк кыргыздардын чарбачылыгында дыйканчылыктын салыштырма салмагы небактан эле жогору болгон. Түндүк Кыргызстанда анын мааниси Кыргызстан Орусиянын составына киргенден кийин арта баштаган. 1913-жылы эле Бишкек уездиндеги кыргыз чарбаларынын 93 процентке жакыны дыйканчылык кылган[38]. Кыргыз кедейлеринин кыйла бөлүгүнүн дыйканчылык кылууга жана отурукташууга өтүшүнө баарынан мурда кыргыз коомунун күчөп алган таптык катмарлануусу, кыргыздардын чарбачылыгына капиталисттик мамилелердин кириши себеп болгон. Мында падышачылыктын колониячыл саясаты чоң роль ойногон: айдоо жерлеринин келки массивдери жана жайыттары, бөтөнчө алардын мал башын азайтууга алып келүүчү — баалуу кышкы жайыттар тартылып алынган. Кыргыздарда дыйканчылыктын өнүгүшүнө алардын коңшуларынын — орус дыйкандарынын оң өрнөктөрү да кыйла таасирин тийгизген.

Бирин-экин мал-тегеси бар жакырданган чарбалардын бир бөлүгү дыйканчылыкка өткөнү менен деле, жайдыр-кыштыр болбосо да көчүп-конуп жүрүшкөн. Мал-тегеси таптакыр жок кедей чарбалар үчүн дыйканчылык күн көрүүнүн бирден-бир булагына айланган.

Октябрь революциясы болоордун алдындагы жылдарда жарым отурук-ташкан типтеги мал чарбачылык-дыйканчылык кылуу жагында аралаш чарбачылык жүргүзүү кыйла жайылган; мындай чарбадагы үй-бүлөнүн бир бөлүгү талааларды иштетүү үчүн кыштаган жеринде жатакка калган. Анткени менен дыйканчылык кылууга өтүү мурдагы көчмөн чарбалардын

отурук- ташуусу менен дайыма эле төп келген эмес. Айтсак, ошол эле Бишкек уездинде кыргыз чарбаларынын ичинен отурукташканы 15,1 процент гана болгон. Кыргыз кедейлеринин дыйкандардын абалына өтүү үчүн жасаган аракеттери манаптар тарабынан кескин каршылыктарга учураган, анткени манаптар мындан өзүлөрүнө көз каранды калкты эксплуатациялоо үчүн мүмкүнчүлүктөрдүн тарып жаткандыгын көрүшкөн. Узакка созулган күрөштөн кийин 1900-жылы Бишкек уездинде отурукташкан кыргыздардын Таш-Дөбө деген биринчи кыштагы негизделген[39]. Пржевальск уездинде муну менен дээрлик бир убакта Боз-Учук кыштагы пайда болгон. Октябрь революциясы болоордон бир аз мурдараак кыргыздар отурукташкан бир нече кыштакты, алардын ичинде кыргыздар менен орустардын Дархан деген аралаш кыштагын түзүшкөн[40]. Мындан соң кыргыздардын отурукташкан бүтүндөй болуштуктары (волосттору) пайда боло баштаган[41].

Падышачылыктын агрардык саясатынын шартында кыргыз кедейлеринин дыйканчылыкка жана отурукташууга өтүшү көп учурда аргасыздыктан жана кыйналып-кысталуу менен жүрүп жатса да, бул көрүнүштөрдүн, сөзсүз прогрессивдүү мааниси болгон, алар чарбачылыктын жана маданияттын көбүрөөк жогорку формаларына өтүүнүн учуру болуп калган.

Кыргыздардын негизги көпчүлүгүнүн чарбачылыгында дыйканчылык көмөкчү тармак болгон жана көбүнчө керектөөлөрдү канааттандыруу мүнөзүндө жүргүзүлгөн. Эгин себилген аңыздар, бөтөнчө кедей чарбаларда анчалык көп болгон эмес. Малдуу байлар гана кыйла чоң аянттарга эгин себишкен. Фергана өрөөнүндө дыйканчылык улам көбүрөөк товардык мүнөз ала баштаган, буга ал жердеги пахта өстүрүүчүлүктүн өнүгүшү көмөктөшкөн. Түштүктөгү кыргыздар пахтадан тышкары буудай, жүгөрү, тиш жүгөрү, күрүч, бакча өсүмдүктөрүн, беде өстүрүшкөн. Кыргызстандын түндүгүндө буудай, таруу жана арпа негизги өсүмдүктөрдөн болгон, ал жерде бир аздап сулу жана беде өстүрүшкөн. Бийик тоолуу райондордо арпа бөтөнчө көп тараган. Бул жергеде сулу эгүү орус элинин таасири астында пайда болгон. Таруу, калыбы, кыргыздардын эң эзелки аштыгы болсо керек. Огород өсүмдүктөрү өтө аз тараган. Айтсак, Пржевальск уездинде 1913-жылы аларды кыргыз чарбаларынын бир гана проценти өстүргөн[42].

Кыргыздардын дыйканчылыгы негизинен сугат жерлерде жүргүзүлгөн. Сугаттын, калыбы, небак эле чебер иштелип чыккан, бийик тоолуу шартка ылайыкташтырылган ыктары колдонулган. Сугат каналдары (арык, өстөн) көп учурда өтө бийик аскалуу жерлерде, алдына таш төшөлүп жасалган.

Биз атагы бүткүл Тянь-Шанга белгилүү 79 жаштагы Өмүке Атабеков[43] деген ошондой ирригациялык курулуштарды куруп келген бир адам менен жолугуштук. Ал боз улан кезинде эле Теке-Секирик деген жерде арык салууга катышыптыр. Өмүке жети чоң сугат каналын куруптур. Анын айтканына караганда, өзөндөн арык алынып чыкчу жерди көз болжоо менен аныктоочу экен. Ал сабатсыз болгону менен арык алып чыгуу планын түзө билет экен. Нарын шаарынын жанынан өткөн чоң арык ошо кишинин планы боюнча казылыптыр.

Арык алынып чыкчу жер аныкталгандан кийин анын нугу салына баштаган. Арык өтүүчү жерге ар бир 50—100 метрден кийин белги коюлган (таш, жыгач, же чым-көң). Куруучу кайсы жерде арыктын тереңдигин 0,5—1 же 1,5—2 метр казуу керек экендигин көз болжоо менен аныктаган. Сууну калкытып токтотуп калчу жерлерди тереңдетип казышкан. Арыктын

тереңдиги жана анын бөлүктөрүнүн узундугу бир саржан таяктын жардамы менен ченелген, бирок анын узундугу 10 карышка[44] барабар болот деп эсептелген.

Арыктын тигил же бул бөлүгү кыртыштын түзүлүшүнө жана бөтөнчөлүктөрүнө жараша казуучуларга бөлүштүрүлчү экен, топуракты чыгарууда арыктын тереңдиги да эске алынган. Арык казуу үчүн кетмен менен темир күрөктөр колдонулган. Таштуу жерлерден арык алып чыгууда чукулдуктар пайдаланылган. Өмүке Атабеков качандыр-бир кезде кимдир-бирөө текенин мүйүзү менен арык казганын угуптур, бирок өзү ал курал колдонулганын көрбөптүр.

Аскалуу жерден арык алып чыгууда ноо жасашкан. Ал үчүн асканы чукулдук менен оюп, ага чоң темир казыктарды урушкан, анан ага ноону орнотушкан. Ал ноону төрт (түбүнө эки тактай) карагай тактадан жасашып, мык менен бекитип коюшкан. Арыкка биринчи жолу суу коё берилгенде жер-суу таюу курмандыгын чалышкан.

Тянь-Шандык аксакалдын айтканына 77 жаштагы тажрыйбалуу дыйкан Сексенбай Калыгулов олуттуу кошумчалоолорун киргизди[45]. Анын айтканына караганда, атасы тирүү кезинде чоң арыктарды көп казышкан. Андай арык- тарды чабуу үчүн жергиликтүү эл биригип иштешкен. Алар ишке жетекчилик кылып туруу үчүн тажрыйбалуу аксакалдардын бирин башчылыкка шайлашкан. Арыктын жайгашуу деңгээли көз болжоо менен аныкталган. Арыктын бийиктигин ченеп көрүп туруу үчүн узундугу төрт карыш келген таяк колдонулган. Арык чабууда кетмен, чоку[46], чукулдук, лом, кийиктин мүйүзү (таштарды оодаруу үчүн) пайдаланылган.

Арык чабылып жатканда аскалуу жер туш келип калса, асканы жарып алып таштоо үчүн чукулдук колдонулган, андан кийин ташты калтектин жана моюнтуруктун жардамы менен оодарып ташташкан. Сууну жарлар аркылуу алып өтүү үчүн жумуру карагайларды оюп, ноо жасашкан. Устунду керки, балта, байтеше[47] менен оюшкан.

Суу көп болуп кеткенде эки ноо коюшкан. Жар жазы болгон учурда ноолордун эки башынан бири-бирине улаштырып, ортосунан туркук. менен тиреп коюшкан. Түркүктөрдү ноолорго узун мыктар менен бекитишкен. Ноолордун өзүн чаңгектер менен карматышкан.

Көп учурда арык чыгаруу учун аскаларды тешип өтүшкөн, бул үчүн мети[48] деген куралды колдөнушкан.

Арык чабылаардын алдында чогулуп акылдашышкан. Мындай учурларда мал союп, тамак ичишкен.

Арыктар таруу сугаруу үчүн гана пайдаланылган. Ал сууну ушул максат үчүн шайланган «Көк башы»[49] бөлүштүргөн.

Жергиликтүү кыргыздар айрым жерлердеги байыркы, алда качантан бери кароосуз калган сугат тармактарды да калыбына келтиришкен, бирок өзүлөрүнүн салтка айланып калган сугат тармагын да түзүшкөн. Суу өзү агып чыкма сугат гана колдонулган. Сугат тармагы аштык эгилип бүткөндөн кийин алардын жайлоого көчүп кетишине жана түшүм жыйнап алууга кайтып келишине мүмкүнчүлүк берген. Бул мезгилдин аралыгында аштыкты сугарып кетүү үчүн малчылардын үʹй-бүлөлөрүнүн кээ бир мүчөлөрү гана келип турушкан.

Кээ бир жерлерде дыйканчылык түшүм бериши жаан-чачынга көз каранды болуучу кайрак жерлер менен айкалыштырып жүргүзүлгөн. Бирок

кайрак жерлерге аштык эгүү кийинчерээк, айлана-чөйрөдөгү орус калкынын таасири менен көбүрөөк кеңири тараган.

Кыртышты иштетүүдөгү негизги курал жыгач буурусун (түштүктө — амач, омоч, ысфар; салыштырыңыз; тажикче — сипөр), украиндыктардын бир тиштүү рало деген куралына окшош болгон. Адатта анын учтуу башына чоюн тиш кийгизилген. Анын бул аймактарда колдонулуп келген байыркы курал экендиги 1953-жылы Чүй өрөөнүндөгү будда храмын казуу убагында табылган дал ошондой курал менен ырасталган; ал арчадан жасалган, биздин замандын VIII кылымына таандык[50].

Анын кемчиликтеринен улам кыртышты каршы-тершисинен эки ирет айдоого туура келген. Кыргыздардын жер айдоочу куралынын тиби жана аны менен байланыштуу терминдер Орто Азиянын жана Чыгыш Түркстандын отурукташкан калкынын дыйканчылыгынын техникасында жалпы белгилер бар экендигин көрсөтүп турат.

Октябрь революциясы болоордун алдында буурусун кыргыздардын айыл чарба техникасында дагы эле үстөмдүк кылып турган. Бирок орус дыйкан-дарынын таасири менен орустун темир соколору да тарала баштаган. 1913-жылы Бишкек уездиндеги кыргыздардын чарбаларында 3538 соко, ошол эле убакта 13217 буурусун болгон[51].

Кыргыздардын дыйканчылыгында жерди кысыр калтырып айдоо системасы үстөмдүк кылган, которуштуруп айдоо өтө сейрек учураган, жер семиртүү Түштүк Кыргызстанда анча-мынчалап колдонулган.Кыргыздар үрөндү айдалган да, айдалбаган да кыртышка кол менен себишкен. Айдалбаган аңызга эгин эгилгенде аны үрөн себилип бүткөндөн кийин айдашкан жана малалашкан. Баш кийимге, күрмөнүн этегине, көнөккө, төрбөгө салынган үрөндү уучтап алып себишкен. Кийинчерээк үрөн себүүдө орустардын ыкмасы колдонулган: үрөндү капка салып алып эгишкен. Кыргыздарда үрөн себүүнүн көчмөндөр үчүн гана мүнөздүү ыктары али сакталып турган. Атчан бастырып баратып үрөндү аттын башынан ашыра себишкен[52]. Малалоо бир нече жол менен жүргүзүлгөн. Долононун, арчанын ж. д. у. сыяк- туулардын таңылган бутактары (мала, шак мала) же бутактуу устундар пайдаланылган, көп учурда буурусунду капталынан жыгып алып, оор болсун үчүн анын үстүнө бир адамды чыгарып коюп малалашкан. Кийинчерээк жыгач же темир тиштүү малаларды пайдалана башташкан, аларды кандай жасоону орустардан үйрөнүшкөн.

Түшүм чаап-жыйноодо ороктун эки түрү — идирек миздүү кыргыз орок, кол орок жана Орто Азиянын башка жерлеринде да жайылган мацгел бирден-бир курал болгон. Карылардын эскерүүлөрүнө караганда, эгин чаап-жыйноо үчүн качандыр-бир кездерде койдун жаак сөөгү же жылкынын кабыргасы колдонулуптур. Чакан аянттагы аштыктын баштарын жөн эле кол менен жулуп, же кадимки эле бычак менен кесип, же тамыры менен жулуп алышкан. Кийинчерээк орус чалгысы[53] бир аздан жайыла баштаган. Орулган эгиндин боолорун адегенде же талаага үйүп коюшкан, же чийнеге жүктөп алышып түз эле кырманга тартып келишкен, бул үчүн чанда гана орус же украин арабалары колдонулган.

Дан бастыруу үчүн ар кыл ыктар колдонулган. Аштыктын аянты өтө чакталуу, эң алгачкы мезгилдерде кызылды аштыктын башы үйүлүп турган жеринде эле токмоктоп күбүп алышкан. Бул максат үчүн жыгач сокурларды да пайдаланышкан. Анткен менен малдарды (жылкыларды, өгүздөрдү, эшектерди) пайдалануу темин басуунун, пайкандын эң кеңири тараган ыгы

болгон. Бул үчүн кырмандын ортосуна орнотулган момукка (мамыга) кийгизилген чыбык төңөлүккө — чалгберекке аларды байлап коюп, төшөлгөн боолорду тебелетип айдашкан. Түштүк Кыргызстанда эгин бастыруу үчүн өзбектер менен тажиктердин тик бурчтуу, чырпык менен ортосу тордолгон увалын (тажикче: чапар) колдонушкан. Орус жана украин келгиндеринен жана дунгандардан моло таш менен кызыл бастыруу жолун үйрөнүшкөн.

Кызылды биринчи жолу бешилик айры менен топондошкон, андан кийин, экинчи жолу бастырылган соң күрөк менен сапырышкан. Түштүктө данды калбыр — парак менен элеп алышкан. Эгинди бастыруу бүтүп, таза дан үймөктөлгөндөн кийин салттык сый чеч берилген. Бул үчүн кандайдыр-бир майда жандыкты союу жөндүү деп эсептелген. Жандыктын башына шыпыргы төшөп, канын күрөккө агызышкан. Данга жана таякка малдын канын чачышкан. Бул ырасымды баба дыйканга арнап өткөрүшкөн. Бул ырасым тажиктердин «чошбандисине» окшош болгон.

Ун тартуу үчүн Орто Азияда жалпы типтеги суу тегирмендери менен катар көп учурда жаргылчактарды колдонушкан. Кыргыздар чарбачылыкта универсал курал кетменди колдонушкан. Жер казуу, арык чабуу ж. д. у. сыяктуулар үчүн колдонулган бул курал Орто Азиянын бардык жерлеринде кеңири тараган.

Жалпысынан кыргыздардын дыйканчылыгы өзүнүн кээ бир эзелки, өзгөчөлүү белгилерин сактап калып, бүткүл Орто Азия элдеринин дыйканчылыгы менен табигый байланышта турган. Бирок кыргыздардын дыйканчылыгынын техникасынын ыктарына коңшу жашаган орус жана украин калкы менен карым-катышта болуу, ошондой эле Орусия менен экономикалык байланыштардын чыңдалышы прогрессивдүү таасирин сезилээрлик тийгизе баштаган.

## АҢЧЫЛЫГЫ

Байыркы мезгилдерде эле кыргыздардын ата-бабаларынын негизги кесиптеринин бири болуп келген аңчылык XIX кылымдын башталышында деле кыргыздардын эмгекчи чарбаларында кыйла жөлөк-таяк болгон тармак бойдон кала берген. Элдик оозеки чыгармаларда жана аңыз кептерде мергенчилер айрым учурларда кедей айылдарды жана чакан жамааттарды эт менен жан сактатып келишкендиги жөнүндөгү эскерүүлөр сакталып калган.

Алгыр куштардын жана куралдардын жардамы менен аңчылык кылышкан, тегерек темир капкандар салышкан жана тузак, кылтак тартышкан, буктурмалар жасашкан. Октябрь революциясына чейин милтелүү мылтык, кара мылтык жана алтайдын таш мылтыгы (буттары жыгачтан жасалган) кыйла кеңири тараган, бирок пистондуу куралдар жана бардаңкелер да болгон. Кулжага, тоо эчкиге, эликке, аюуга, карышкырга, түлкүгө аңчылык кылышкан; XIX кылымдын биринчи жарымында маралдарга аңчылык кылуу кеңири тараган, жылдын белгилүү бир мезгилинде атылып алынган маралдын мүйүзү Кытайда жогору бааланган, аларды кытай көпөстөрү кыргыздардан сатып алып кетип турушкан. Кыргыздардын чебер, көзгө атаар жана чаалыкпаган мергенчилер катары аты чыккан.

Мергенчилер койчулар сыяктуу эле тоодо жүрүш үчүн бутуна тай туяк кийишкен. Алар ошондой эле терең кардын үстүндө жүрүү үчүн төгөрөк же

төрт бурчтук формадагы лыжаны — жалпак, чаңгыларды[54], аскаларда жүрүү үчүн темир чокойлорду колдонушкан.

Алгыр куштар менен аңчылык кылуу кыргыздарда эзелтеден эле кеңири тараган кесип болгон. Алгыр куштар катары бүркүт, ителги, шумкар салышкан, аларды аябай жеткилең тапташкан. Негизинен бүркүт салып аңчылык кылуунун промыслолук мааниси болгон, бүркүткө түлкү, кээде карышкыр, элик алдырышкан. Жапайы куштарга ителги жана шумкар салып аңчылык кылуу негизинен көңүл ачуу, көбүнчө феодал ак сөөктөрдүн сейилдөөсү катары каралган. Кыргыздар эзелтеден эле тайган[55] кармашкан, ал түлкүнү жакшы алат. Тайгандар жаныбарларга ууга чыкканда да пайдаланылган. Кыргыздарда мергенчиликке бата берүү ырымы болгон. Ар түрдүү жаныбарларга, илбирстерге тосот уюштуруу колдонулган.

Кыргыздарда кечээ жакынга чейин эле сакталып келген чогулуп аңчылык кылуу бөтөнчө кызыгууну туудурат. Негизинен жапайы ача туяктууларга ошондой аңчылык кылууга чыгышкан. Аңчылык кылуунун мындай тиби жөнүндөгү маалыматтар биринчи жолу 1948-жылы жарыяланган болучу[56]. Ал макала ошондой чогулуп аңчылык кылууга өзү катышкан автордун көргөндөрүнүн жана кыргыздын эски каада-салттарынын белгилүү билерманы Абдыкалык Чоробаевдин айтып бергендеринин негизинде жазылган эле. СССР Илимдер академиясынын Кыргыз филиалы жана СССР Илимдер академиясынын этнография институту 1946-жылы уюштурган этнографиялык экспедиция Борбордук Тянь-Шандын райондорунун биринде — Тогуз-Торо районунда иштеп кайткан болучу.

Ошол күндөрдүн биринде аңчылык кылууга катышуучулардын бир тобу таң атаардан алда канча мурда «Дөдөмөл» колхозунан чыгып, Нарын суусун бойлой, Ак-Шыйрак тоосунун каршы бет маңдайында созулуп жаткан тоо кыркаларын беттеп, түштүк-батыш тарапты көздөй жөнөп калдык. Он бир адамдан (алардын үчөө — экспедициянын кызматкерлери болучу) турган бул топто Абдылдабек Монгошев (лакап аты Ак-Көз), Жаналы, Борбу жана Аж деген тажрыйбалуу төрт мерген бар эле. Эки сааттан көбүрөөк убакыт бою бийик тоонун тик бети менен өргө жүрүп отурушту. Мергенчилер 3000 метрге жакын бийиктикке чыгышкандан кийин, эртең мененки саат 6,30 да 6 тоо текеден турган алардын биринчи тобун көрүштү, ал текелер асканын бир борчугунан экинчисине шашылбай секирип өтүп отурушуп, бир оокумда көрүнбөй калышты. Мергенчилер андан ары жол улашып, бир чокуга жетишти, ал жерден туш тарабын тоо курчаган, көк тулаңга бөлөнгөн жайлуу чакан колот жакшы көрүнүп турду. Мында 15—20 чакты келишкен текелерди дүрбүдөн даана көрүүгө болот эле. Алар бир ордунан экинчи орунга өтүп, бирде түп-түп болуп чыккан бадалдардын далдаасынан көрүнбөй калып, капарсыз оттоп жүрүштү. Аңчылардын экөө аларды айланып өтүп, айдап келүүгө жөнөп кетишти, башкалары ордундарында калышты. Арадан жарым саат өткөндөн кийин мергенчилердин бирөө далдааланып улам бир аз чуркап коюп келе жатканын, анан бир маалда текелерди айланып өтүп, түздөн-түз текелердин жанына жакын жерге келип калганын көрдүк. Аңгыча мылтык бир нече жолу катары менен атылып калды, текелер ошол замат көздөн кайым болушту.

Биз шапа-шупа төмөн түшүп, бир чакан жайыкка келдик. Мындан көп өтпөй эле алиги атып алынган текелерди сүйрөп келе башташты. Көрсө, чогуу аңчылык кылуу тартиби бир аз бузулуп калган экен, анткени «айдоочулардын» бири, Ак-Көз беш текени тобунан бөлүп калыптыр. Ак-Көз

мергенчилик кумарын токтото албай жана жагымдуу кырдаалдан пайдаланып, текелерди андан ары туюкка камоого айдабай эле үч текени атып алыптыр.

Ак-Көз өзүнүн районунда таякеси Каакы Матыбаев жана Медет Азаматов сыяктуу эле кеңири белгилүү адам экен. Бул көзгө атаар мергендердин ар биринин эсебинде жүздөн жана андан көп атып алынган ири аңдар бар. Ак-Көз Нарын өзөнүнүн оң жээгиндеги кеңири жерлердин коён-жатагына чейин билет.

Аңдарды сүйрөп келип союшкандан соң, отту алоолонто жагып, үч мергенчи текелерди союп этин буза баштады. Мергенчилик салт боюнча, баарынан мурда майлуу боор даярдалды. Ал үчүн, отко камыраак какталган боорду чакандап кесишти. Андан кийин боордун жалпак кесиндилерин жука ич майга ороп, сүмбөгө сайган соң шишкебек сыяктантып отко карап бышырышты. (Л. П. Потапов тувалардын «согажды» — боордон жасалган таңсык тамакты ушундайча даярдашаарын сүрөттөп жазган). Мергенчилер айтып бергендей, илгери мындай тамак атып алынган аркардын ич этинен жасалаар болсо, анда аны жыгач сүмбөгө сайып алып гана бышырышкан. Башка аңдардын ич этин темир сүмбөгө сайып гана бышырууга жол берилген. Бөйрөк, төш эттин бир бөлүгү да отко какталып бышырылды. Ички ичегилерге май толтурулуп жасалды, ал да ошол эле жерде бышырылды.

Бул арада текелердин этин жилктөө улантыла берди. Ич этинин бир бөлүгү (карыны, өпкөсү, жоон ичегиси) алып ташталды, калган башка эттер ар биринин өз терисине оролуп коюлду. Ал эттер ошол абалында аттарга жүктөлдү. Ак-Көз бул күчкө-күч кошот (күчтүү кылат) деп, текенин өтүн чийки бойдон эле ичип алды. Текенин өтүнүн бел ооруга да дарылыгы бар деп эсептелет.

Мергенчилер менен аңгемелешүүлөрүмдүн убагында металлдан жасалган идиштер жок кезде эт бышыруунун эски ыктары жөнүндө кабардар болдум. Эт бышырылчу идиш катары аңдын карынын пайдаланышкан. Ага жиликтелген этти сөөктөрү менен кошо салып, суу куюшкан. Анан аны жерге орнотулган жыгачтарга асышкан. Чакан таштарды кызарта ысытып, улам бирден карынга салып турушкан. Муздап калган ташты чыгарып алып анын ордуна кызарта ысытылган ташты дагы салышкан. Мына ошентип отуруп суу кайнап, эт да бышкан. Этти мындай бышыруу жолу таш боркок[57] деп аталган. Муну өзүнүн сөздүгүндө К. К. Юдахин да сүрөттөп өтөт, ошол эле убакта анын таш казан жана таш кордо[58] дегендерин келтирет. Анын сүрөттөп жазганына ылайык, кызыта ысытылган таштарды улам салып отуруп тамак бышыруу үчүн жылкынын терисинен жасалган идишти, ошондой эле ушундай жол менен бышырылган тамакты ушундай аташкан (ал согуш жортуулдарынын убагында пайдаланылган). Калыбы, бул аңчыларда жана малчы-көчмөндөрдө эт бышыруунун эң эзелтеден бери колдонулуп келген ыктарынын бири болсо керек.

Биз катышкан аңчылык кылуу кадимки шарттарда ууга чыгууну анча-мынчалап гана эске салып турду. Өтө тажрыйбалуу мергенчи башчылык кылган ошондой эле аңчылык кылууга 30—40 киши катышкан. Ага чыгуудан бир канча кун мурда аңчылык кылууга катышуу үчүн мергенчилер өз айылынын же көчмөн жамаатынын гана эмес, ошондой эле башка жерлерден да мергенчилерди чакырышкан. Жакшы тааныштарын да меймандар катары чакырышкан. Ууга чыгаардын алдында бөтөнчө эч кандай ырым-жырым жасашкан эмес, бирок мергенчилер айылдан чыгып кетип бара жатышканда

карыялар жана аялдар: омийин алло акбар, жолду болсун! —• деп бата беришкен.

Мергенчилер аңчылык кылынуучу, тосоту ылайыктуу жерге уй мүйүз тарта жайгашышкан. Тосоттун бет маңдай жагына тайганчан мергенчилер дал ошондой уй мүйүз тарта орун алышкан. Атайын дайындалган айдоочтор аңды (аркарларды же текелерди) таш менен ургулап жана кыйкырып-бакырып, негизги мергенчилер тосотто отурган жакка айдашкан. Эгерде аңды негизги мергенчилер отурган жакка үркүтүп айдап кирүүгө мүмкүн болбой калса, аңга тайгандарды агытышкан, алар аңды мергенчилер отурган жакка сөзсүз кууп барышкан.

Атылып алынган аңдын этин эзелтеден калыптанган тартипке ылайык бөлүштүрүшкөн. Аңды аткан мергенчи анын башын, мойнун, төшүн (кабыргалары менен) жана терисин алган. Калган эт ууга чыккандардын баарына тепетең бөлүштүрүлүп берилген. Аң аз атылып калган учурда эттин бардык жиликтери тепетең бөлүштүрүлгөн, аңды аткан мергенчи ал бөлүктөн тышкары аңдын терисин жана биринчи омурткасын да алган.

Мергенчилер үйлөрүнө олжолуу кайтып келе жатышкан жолдо жолуккан ар бир адам эт алгысы келсе гиыралга[59] бере кетиңиздер деп айтууга тийиш болгон, ошондо мергенчи бул кыйытууга жооп кылып, сөзсүз эт бериши керек бөлгон. Мергенчи алып келе жаткан бардык этин мына ошентип таратып берип койгон учурлар да болчу экен. Эгерде ошол мергенчиге дагы кимдир-бирөө жолугуп, шыралга сурап калса, мергенчи «болсун» деген, бул — шыралганды эмки жолу беремин дегени болчу. Мына ушуга байланыштуу моңголдордун И. В. Вяткина келтирген мына ушундай ырасымы жөнүндөгү маалыматтарды келтире кетели. «Эгерде аңды атып алып, анын этин бөлүштүрүп же терисин сыйрып жатканда башка бир киши келип «шорлога» (ырымын бер) деп калса, мергенчилер «өгнө» (берели) деп жооп кайтарып, олжосунан бөлүшүшкөн. Анын үстүнө келген адам мергенчилерден улуу болсо анда эттин жакшы жеринен беришкен»[60].

Кыргыздардын ууга чогуу чыгуу бөтөнчөлүктөрүнөн толугураак түшүнүк алуу үчүн Бусурманкул Тупановдон[61] уккан кошумча маалыматтарды да келтире кетели. Ал көп учурда чогулуп алып ууга барып жүрүшкөн учурларын да айтып берди. Андай учурларда ууга барабыз деп коюшчу экен. Ал үчүн 5—6 мергенчи бир топко биригишкен. Алар менен дагы 2—3 адам (сүрөөнчүлөр[62] жана карасанчылар) кошо чыгышкан, алардын милдети тосотто отурган мергенчилерге аңды айдап келип берүү болгон. Алар тоо эчки-текелерге жана аркарларга, негизинен жашоого керектүү эт алып келүү үчүн аңчылык кылышкан. Мергенчилер тосотко бири-биринен алыс эмес жерде, жел айдагычтар жактан мергенчилер тарапка уруп тургудай жайгашкан. Айдагычтар аңды үркүтүп жатышканда катуу кыйкырып турушкан. Эгерде айдагычтардан үрккөн аң мергенчилер күтүп отурган жакка барбай качып калышса, анда ага тайган агытышкан, ал аңды кууп отуруп туюкка алып барып кептеген, мергенчилер аны ошол жерден атып алышкан.

Атып алынган аңды кандайдыр-бир өзөндүн боюна атка артып келишкен, союп-жиликтеп, боор менен ич майын сүмбөгө же ичке жыгач таякка сайып, отко кактап бышырышкан. Бул мергенчилердин тамагын кара кыйма[63] дешкен. Боор мергенчи үчүн өтө пайдалуу тамак деп эсептелген. Андан ооз тиердин алдында жолуң болсун дешкен, бул мындан ары да жолуң шыдыр болсун деген маанини билдирген. Ошол эле жерде аңдын бөйрөгүн, жүрөгүн

бышырып жешкен. Тоо эчкини атып алып жана аны союп, жиликтегенден кийин мергенчи тянь-шандыктар сыяктуу аңдын өтүн ичкен, бул ага күч-кубат берген.

Бусурманкул эт бышыруунун дагы бир мындай ыгы жөнүндө айтып берди: аңдын тазаланган карынына чакан-чакан кесилген бүкүлү этти салып, ысык көмүрдүн үстүнө орнотулган жыгачка асып коюшкан. Карынга куюлган суу бир оокумда кайнап чыгып, эт бышып калган.

Олжо мергенчилердин ортосунда алардын жашына жараша бөлүштүрүлгөн: эң улуусуна уча сыйрымасын, андан кийин, катары менен, саны, колу, жиликтери берилген. Аңды аткан мергенчи дайыма келдесин, карынын, терисин жана төшүн алган. Төш мылтык акыга[64] берилген сый катары эсептелген. Аңдын өпкөсү, ичегиси тайганга берилген.

Эгерде мергенчинин алдынан кимдир-бирөө жолугуп, «Э-э, мергенчим, шыралга бер»[65], — деп калса, мергенчи аңдын 12 жилигинен мүчө берүүгө милдеттүү болгон. Сураган адамга эт бербей кетүү уят иш деп эсептелген. Ошондуктан мергенчи үйүнө көп учурда көзгө чалдыкпай келүүгө аракеттенген.

Мергенчилер айылга кайтып келишкенден кийин эт бышырып, өзүлөрүнүн бардык айылдаштарына тамак беришкен. Эгерде мергенчи аңды өзү жалгыз атып келсе, анда эттин бир бөлүгүн айылдагы коңшуларына чийки таратып берген, калган этти бышырып, баарын меймандаган.

Тянь-Шанда чогулуп ууга чыгуу жөнүндө Дүйшөмбү Касымов да айтып берди[66]. Андай ууга чыгууга 10дон 40ка чейинки адам катышкан. Алардын бир бөлүгү мергенчилер, калгандары карасанчылар болгон. Көп учурда мындай аңчылык кылуу узак убакытка эсептелип уюштурулган. Мындай учурда аң уулоого катышкандарды (мергенчилердин өзүлөрүнөн башкаларды) салбырынчы дешкен. Аңга чыгаардын алдында салбырынга барабыз деп кабарлашкан.

Бизге аңгеме куруп отургандар аң уулоого катышкандарды «салбырынчы» деп аташты. Эгер аң уулоого болгону бир нече эле адам катышса, анда аларды кара санчы дешкен. Бул терминдер башка маалыматтардан улам тактоону жана көбүрөөк кеңири түшүндүрүүнү талап кылды. Токтокожо Айтбаевден (60 жашта[67]) жазып алгандарыма караганда чогулуп ууга чыгуу салбаран деп аталган, ал эми «кара санчы» деген терминди мергенчилерге жардам берген, бирок олжодон өз үлүшүн алууга акылуу болушса да, куралы же кушу жок катышуучуларга карата колдонушкан.

К. К. Юдахиндин сөздүгүндө салбырын (ошондой эле салбырак, салбуурун) — алыска аң уулоого чыгуу деп түшүндүрүлөт. Анткен менен «салбырынчы» деген сөз тажрыйбалуу мергенчилерден таалим-тарбия алып ууга чыккан жаш мергенчилер дегенди билдирет[68]. Алыскы аң уулоого негизги катышуучуларды, тажрыйбалуу мергенчилерди кантип аташкандыгы түшүнүксүз бойдон кала берди[69].

«Кара санчы» деген термин (же жандоочу) аңчылык кылууга жардамдашкандарга, аңдын турган жерин мергенчиге жандап көрсөтүп берүүчүлөргө, же аң айдоочуларга карата колдонулган[70]. К. К. Юдахиндин сөздүгү боюнча санчы (түштүктө айтылат) деген көмөкчү жумуш аткарып (мисалы, тамак- аш көтөрүп), аңчылык кылууга жардамдашкан адамды билдирет. Сөздүктө санчыга — сан деген макал келтирилет[71]. Биз менен

баарлашкан Бусурманкул Тупанов да кара санчы сан алаарын көрсөткөн болучу.

«Салбырын» деген терминдерди аныктоо үчүн К. К. Юдахин бир нече мындай мисалы келтирет: алты ай, жети ай жоголуп, салбуурун кетип калбасын (фольк.); мээлей алып, боо тагып, салбуурундап жер чалып — бабабыздан калган иш (фолыс:); атайын салбырынга чыккан соң, көпкө жүрүшүбүз керек, салбырынга келгенде, сүлөөсүн менен илбирстен атып келет мергендер[72] (ыр). Келтирилген бул мисалдардан кээ бир тыя- нактарды чыгарууга болот. Биринчиден, салбырын[73] деген, арийне, жөн эле алыска чыгып келүү эмес, ошондой эле кыйла узак убакыт бою аңчылык кылуу дегенди да билдирет. Эгерде бул ушундай болсо, анда мындай аңчылык кылуу сөзсүз коллективдүү, топтук мүнөздө болууга тийиш. Экинчиден, бул ок чыгарып гана эмес, ошондой эле куш салып да аңчылык кылуу болушу керек. Үчүнчүдөн, алыска барып мындай аңчылык кылуунун максаты эт таап келүү гана эмес, ошондой эле куну аңдарына да мергенчилик кылуу болгондугу өтө ыктымал.

Кыргыздардын чогулуп алып аң уулоосу тажиктердин жакынкы кезге чейин эле колдонулуп келген тегеректеп айдап жүрүп тоо эчкилерге аңчылык кылуусуна эң жакын салыштырылышы мүмкүн. Аңчылык кылуу техникасынын өзүндө жана олжону бөлүштүрүүдө да жалпы белгилер бар[74]. К. Шаниязов карлуктардын чогулуп алып жапайы эчкилерге аңчылык кылганы жөнүндө кызык маалыматтарды келтирет. Тянь-шандык кыргыздардагыдай эле олжо аңчылык кылууга катышкандардын ортосунда тепетең бөлүштүрүлгөн[75].

Кыргыздардын аңды тегеректеп айдап жүрүп аңчылык кылуусунун кээ бир белгилери буряттардын ушундай түрдө аң уулоосун эске түшүрүп турат. Мындай аңчылык кылуу качандыр-бир кезде аларда коомдук кеңири мүнөздө жүргүзүлгөн жана калыбы, алардын жоокердик турмуш-тиричилиги менен тыкыс байланышкан болсо керек. М. Хангалов минтип жазат: «Ар бир «зэгэтэ-абаны» (аңды тегеректеп айдап жүрүп аңчылык кылууну ушундай аташкан, — С. А.) мергенчилердин артели деп гана эмес, ошондой эле жоокерлер отряды да деп элестетүүгө болот... Калыбы, аңды тегеректеп айдап жүрүп аңчылык кылуунун мындай жоокердик аракеттерге айланып кетиши жүзөгө өтө оңой эле ашып, көп учурда кол салууга айланып кетсе керек[76]. Түндүк буряттардын мындай аңчылык кылуусунун мындайча сүрөттөлүп жазылышы аң уулоонун байыркы жолдорунун белгилүү даражага чейин реконструкцияланышы болуп саналат[77]. Биздин колубузда кыргыздардын аңды тегеректеп айдап жүрүп аңчылык кылуусунун байыркы формасын реконструкциялоо үчүн, эгерде «Манас» эпосундагы айрым эске түшүрүүлөрдү эске албай турган болсок, маалыматтар жок, ал эпосто Манас 600 жоокерин аң уулоого жибергени, анан алар жети жүз аркар, кулжа атып алып кайтып келишкени жөнүндө баяндалат.

Алтайлыктардын жана тувалардын чогулуп алып аң уулоосунун уюштурулуш принциптерин жана олжону бөлүштүрүш жолдорун түшүнүү үчүн Л. П. Потаповдун жана С. И. Вайнштейндин бул маселе жагынан билдирген материалынын кыйла кызыктуу мааниси бар[78].

Н. И. Лепехиндин «Күндөлүк жазмаларына» (1770-ж.) жана өзүнүн материалдарына таянып, С. И. Руденко жана Р. Г. Кузеев башкырттардын чогулуп алып ууга чыгуулары жөнүндө кээ бир маалыматтарды келтиришет

жана атып алынган чоң аң аңчылык кылууга катышкандардын ортосунда тепетең бөлүштүрүлүп алынган деп белгилешет[79].

* * *

Кыргыздардын элдик календары башка элдердикиндей эле чарбачылык жана маданият тарыхын таанып-билүү үчүн даректердин бири катары пайдаланылса болот. Бул тема жагынан олуттуу изилдөөлөр азырынча жарыялана элек[80]. Анткен менен дал ушул календарь жана аны менен ирегелеш турган элдин көргөн-билгендери аңчылык кылуу сыяктуу кесиптин чарбачылык турмуштагы ордун жана ойногон ролун алда канча толук изилдөө мүмкүн- чүлүгүн ачып берет.

Жакынкы кезге чейин эле кыргыздардагы беш айдын элдик аталышы жапайы жаныбарлардын атына байланыштырылып келгендиги белгилүү болучу, ал жаныбарлардын, калыбы, аңчылык кылуу объектилери катары промыслолук мааниси бар окшойт. А. М. Щербактын[81] жана К. К. Юдахиндин[82] эмгектерин салыштырып көрүүнүн натыйжасында эми беш эмес, жети айдын аталыштары аңчылык кылуу тиричилиги менен байланышкан болуп чыкты. Мурда түшүндүрүүгө мүмкүнчүлүк бербей келген баш оона жана аяк оона (августка жана сентябрга туура келет) деген айлардын аталыштары эми тувалардын «оона» (эски өзбек тилинде хуна) деген сөзүнөн улам эликтин, бөкөндүн текеси (моңголчо ухна жана огоно — талаа эчкиси; Юдахиндин пикири боюнча — моңголчо жейрендин текеси) деп түшүндүрүлдү- Калган беш айдын аталыштары төмөндөгүдөй: жалган куран[83] (же абал куран же жан куран)[84] — эликтин же жейрендин жалган эркегинин айы (мартка туура келет; башка жоромол боюнча — февралга жана ал түгүл январга туура келет); чын куран — эликтин же жейрендин чын эркегинин айы (апрелге туура келет); бугу — (майга туура келет); кулжа — жапайы тоо кочкорунун айы (июнга туура келет); теке — жапайы тоо текенин айы (июлга туура келет). Баш оона, аяк оона айларын мергенчилердин[85] берген маалыматтарынын негизинде бул жаныбарлардын жүгүрүшү башталган жана аяктаган айлар катары түшүндүрүүгө болот (эликтердин жүгүрүшү башка ача туяктууларга караганда мурда — августтун аягында — сентябрдын баш ченинде башталып, бир айга жакын созулат).

Промыслолук жаныбарлардын турмуштук цикли менен байланышкан сезондор негизинен кыргыздарга жакшы белгилүү. Биздин жазып алгандары- быз боюнча бугу, теке айлары — бул алар төлдөгөн мезгилдер; ошондон улам алар бугу тууйт, кийик тууйт деп коюшат. К. К. Юдахин теке ноябрда[86] жүгүрөт дейт, бул мергенчилердин да берген маалыматтарына дал келет[87].

Кыргыздарда промыслолук жаныбарлардын курактарына, жынысына байланыштуу бай аталыштары бар. Мисалы, бугулар үчүн мындай: марал — ургаачысы, соечор — 2—3 жаштагы букачар; бышты чыгар (3 жаштагы); бугучар — жаш бугу; музоо — бир жаштагысы[88]; алты айры бугу — ача мүйүздүү бугунун эркеги (үч жаштагы); тогуз айры бугу — 9 ача мүйүздүү бугунун эркеги (төрт жаштагы); он эки айры бугу — 12 ача мүйүздүү бугунун эркеги (эң картаңы)[89].

Бугулардын жыныс-жаштык бөтөнчөлүктөрүнө байланышкан терминдер өзүнүн молдугу жана ар түрдүүлүгү менен бугуларга (маралдарга) аңчылык кылуунун промыслолук олуттуу мааниси болгондугун айгинелеп турат. Бирок профессор Б. М. Юнусалиевдин 1968-жылы эл алдында айтканы жана мен өзүм колдоп чыккан пикирим боюнча кыргыздардын ата-бабаларынын кандайдыр-бир бөлүгү бугу өстүрүүнү кесип кылган болушу мүмкүн, бул

тожин-туваларлан да байкалат[90], ошол эле убакта, ошол эле тувалардын башка топтору талаа жерлерде типтүү малчылар болуп эсептелишет.

Бул С. И. Вайнштейндин кызык этюдунда ырасталды, С. И. Вайнштейн кыргыздардагы балдар үчүн токулуучу айырмачтын тиби менен бугу өстүрүүчү тувалар, ошондой эле бугу өстүрүүчү тофалар менен дархаттар үчүн мүнөздүү балдар айырмачтары тибинин түздөн-түз окшош экендигин көрсөттү. Бул айырмач туваларда кыргыздардагыдай эле «эримээш»[91] деп аталат.

Жылкы өстүрүүчүлүктүн таасири астында мингич бугу өстүрүүчүлүктүн өнүккөнү жөнүндөгү гипотезанын пайдасына С. И. Вайнштейн өзүнүн бир катар эмгектеринде көтөрүп чыккан далилдерди бул жерде карап чыгып отурбай эле, саян элдеринин мингич бугу өстүрүүчүлүктүн жылкы өстүрүүчүлүк менен байланыштары — жылкы өстүрүүчүлөр араба-чанага унаа чегүүнү бугу өстүрүүчүлөрдөн үйрөнүп алган деген пикирдин пайдасына да түшүндүрүлүшү мүмкүн деп белгилеп кетмекчимин. С. И. Вайнштейн саяндык бугу өстү- рүүчүлөрдөн жана эзелтеден жылкы кармап келген кыргыздардан келтирген бул кызык окшоштук кыргыздардын этностук татаал тарыхынын күбөсү гана болуп турат, кыргыздардын ата-бабаларынын бир бөлүгүнүн Саян-Алтайды мекендегендигине шектенүүлөрдү туудура албайт, бирок жамы кыргыздар жөнүндө минтип айтууга болбойт. Кыргыздын балдар айырмачы байыркы кыргыз жылкы өстүрүүчүлөрүнүн, мүмкүн анча - мынчалап, бугу өстүрүүчүлөрдүн да азыркы тувалардын бугу кармоочу ата-бабалары менен этностук тыкыс байланыштыгы болгон деген жоромол кыргыздын жөн-жайын изилдеп жүргөндөрдүн кимисине болсо да көбүрөөк ачык-айкын жана ынандыраарлык пикир боло алат.

Келтирилген маалыматтар кыргыздардын чарбалык турмушунда аңчылык эзелтеден эле чоң роль ойноп келгендиги жөнүндө мындан 20 жылдан көбүрөөк мурда жасалган тыянакты дагы бир жолу ырастоого негиз берет[92]. Аңчылык аларды куну (тери) менен гана эмес, ошондой эле эт менен да камсыз кылган, тез-тез болуп турган жутчулук жана кырсыктардын шартында мунун кыйла мааниси болгон. Элдик календарда мына ушул өзүнүн чагылдырылышын тапкан кыргыздардын календарын түрк тилдеринде сүйлөгөн башка элдердин календары менен салыштырып көрүү — анда аны аңчылык чарбачылыгы менен байланыштырып турган белгилер өтө ачык-айкын сакталып калгандыгын көрсөтүп турат. Бул жагынан тожи-тувалар кыргыздарга жакын. Аларда апрель «ыдалаар ай» (каткалаң убагында тайган агытып аңчылык кылуучу ай), сентябрь — «хулбус айы» (элик айы; П. И. Каралысиндин жазып алгандарында «кульбус айы» — август, теке уулоо айы), октябрь — «алдылаар айы» деп аталган (киш уулоо айы; П. И. Каралысиндин жазып алгандарында башка да — «тиин-нер ай» — тыйын чычкан уулоо айы деген аталыш бар)[93]. Алтайлыктарда да айлардын теке айы (куран ай), марал айы (сыгын ай)[94] деген аталыштары бар. Хакастарда «ашг ай» (аюу уулоо айы, февраль), күзөн уулоо айы (март, апрель)[95], шорлордо «корук аа» — бурундук уулоо айы; карагастарда тайган агытып, аң уулоо айы (март), бугу, изюбер жана багыш куудуруу айы (сентябрь), бугу уулоо айы (октябрь)[96] деген аталыштар бар. Казым остяктарында (ханттарда) жана эвенктердин кээ бир топторунда сентябрь да бугуларды жупташтыруу айы[97] деп аталаарын белгилеп кетейин.

Ошол эле убакта алтайлыктардын, хакастардын (сагайлар, бельтирлер), шорлордун, барабин татарларынын, тофалардын (карагастардын) элдик

календарларында айлардын аталыштарынын кээ бирөөлөрү мал чарбачылыгындагы, дыйканчылыктагы, мөмө-жемиш (кандык, сараң, жаңгак) терүүдөгү өндүрүштүк процесстер ж. б. менен байланышкан. Кыргыздарда мындай аталыштар, ошондой эле табияттагы тигил же бул сезондук кубулуштарды чагылдыруучу аталыштар да жок, кийинки аталыштар, тескерисинче, түштүк алтайлыктардын жана тувалардын элдик календарларында берилген, хакастарда, шорлордо, чулым татарларында, казактарда жана башкаларда учурайт.

Кыргыздарда калган айлардын аталыштары, мисалы, уйгурлардыкындай эле, саналма айкалыштар түркүмүнө кирет. Бирок түштүктүк кыргыздарда кээ бир айлардын арабча аталыштары учурайт, алар Зодиактын 12 белгисине ылайык келип, алардын күн календары менен (тажиктер жана өзбектер аркылуу) тааныштыгы бар экенин көрсөтүп турат. Андай аталыштар мына булар: ут (февраль), соор (апрель), саратан (июнь), асат (июль), мийзам (август), сумбула же сумбила (сентябрь), акырап же акрап (октябрь). Бирок, биз бул аталыштарга жазган комментарийлерде табияттагы сезондук өзгөрүштөр жана чарбалык иш-аракеттин айрым түрлөрүнө алардын тийгизээр таасирин белгиледик.

Кеп элдик календарь жөнүндө болуп жаткан соң, мезгилди Топ жылдыз- дарга карап эсептөөгө токтоло кетүү керек, мунун бөтөнчө кызыкчылыгы бар, аны биринчи жолу кыргыздардан М. С. Андреев жазып алган[98]. Ырас, казак- тарга карата бул жөнүндө Ч. Валиханов андан мурда жалпы формада минтип билдирген болучу: «Кыргыздар Топ жылдыздарга карап түнкү саат канча болгонун жана жыл мезгилдерин билишет[99]. М. С. Андреев мезгилди Топ жылдыздарга карап эсептөөнү эң байыркы эсептөөлөрдүн бири деп негизсиз карабайт. Кээ бир тунгус-манжур элдеринде мезгилди Чоң Жетигендин жана башка топ жылдыздардын турган ордуна карап эсептөө колдонулаары билинди[100].

Кыргыздарда (жана казактарда) элдик метеорологдор жана жылдызга карап билген эсепчилер — планеталардын жана топ жылдыздардын кыймылын байкоолорго негизделген бул календардын билермандары болушкан. Манаке (бугу уруусунун белек уругунан) деген адам Көл кылаасындагы атактуу эсепчи болгон. Өзүңүздүн айткандарыңызды эмнеге негиздейсиз деп сураганыбызда, ал малга кайсы жер жайлуу болоорун, кар качан оор түшөөрүн ж. д. у. сыяк- тууларды жылдыздарга, айга, күнгө карап билемин деп жооп берди.

Чоң Жетигенге каран эсептөөгө (тогоол), К. К. Юдахиндин айтуусу боюнча, Ай жана Чоң Жетиген бири-биринен алыс жана бири-бирине маңдайлаш турган мезгилге туура келет[101]. Бул кыш эсеби, М. С. Андреевдин айтуусу боюнча, күздүн жана кыштын бир бөлүгүн камтып, жарым жылга созулат. Бул мезгилдин ичинде Ай менен Чоң Жетиген асмандан бир убакта жети жолу көрүнөт. Беш тогоол мезгилине элдик көп байкоолор жана лакаптар байланыштырылат, бул мезгил болжол менен март айына туура келет. К. К. Юдахин беш тогоол болбой бел чечпейт деген лакап келтирет[102]. Биздин жазып алгандарыбызды бештин тогоолунда токсон толкуп, эшикте тоң калбайт, бешикте бала тойбойт деп көрсөтүлгөн. Ушул эле мезгилде, б. а. мартта, деп белгилейт М. С. Андреев, кочкорлордун туварларды кууп коюшуна мүмкүнчүлүк бербей келген белдиктерди алышат, анткени эрте туулуп калган козулардын суукка тоңуп калышы үчүн мындан ары коркунуч болбойт. Тувалар менен алтайлыктар да аба ырайына тиешелүү кээ бир

байкоолорду жана аларга негизделген нерселерди Чоң Жетигендин кыймылына байланыштырышат[103].

Мына, ошенᴦгип, этнографиялык далилдер кыргыздын элдик календарын — өзүндө төмөнкүлөрдү айкалыштырып турган түшүнүктөрдүн татаал системасы катары сүрөттөйт: а) байыркы аңчылык, чарбачылык кылуу тиричилиги менен тыкыс байланышкан элдик календарды; б) планеталардын жана топ жылдыздардын кыймылын байкоолорго негизделген байыркы элдик календарды (Чоң Жетигенге карап эсептөөнү); в) күн календарын; г) айлардын сандык аталыштарын. Бүтүндөй алганда бул календарь тарыхый ар кыл доорлорду документ жүзүндө ырастагансып, алардын тирүү күбөсү болуп саналат. Белгилүү даражада ал Саян-Алтайдын түрк тилдеринде сүйлөгөн элдеринин ушундай түшүнүктөрү менен шексиз ген жагынан байланышкан жана ошол эле убакта Орто Азиянын башка элдери менен кыргыздардын маданий жактан эбактан берки карым-катышынын далили болуп кызмат кылат. Кыргыздардын, алтайлыктардын, хакастардын, шорлордун, тафалардын жана башка кээ бир элдердин элдик календарларында сакталып калган «аңчылык катмар», алардын традициялык чарбачылыгында аңчылык маанилүү роль ойногондугун чагылдырып турат. Бул, өткөндө аңчылык кыргыздардын жана алардын ата- бабаларынын олуттуу, негизги кесипчиликтеринин бири катары роль ойногон деп чоң ишеним менен ырастоого мүмкүнчүлүк берет.

Келтирилген маалыматтар байыркы түрктөргө тиешелүү тарыхый далилдер менен толук үндөшүп турат. Аларда түрктөр «жайытын жана суунун жайлуулугуна жараша бир орундан экинчисине көчүп-конуп жүрүшөт: мал-чылыкты жана аң уулоону кесип кылышат жана жүндүү териден, жүндөн жасалган кийимдерди кийип жүрүшөт» деп билдирилет[104]. Даректерге байыркы түрктөрдүн «аң кармоочулугу», багыштарга жана бугуларга «аң уулоого» чыкканы жөнүндө нечен жолу эске салынат[105]. Малчы-көчмөндөрдүн чарбачылыгында көмөкчү промысел катары аңчылыктын ойногон ролу жөнүндө азыркы кездеги Кыргызстандын территориясына тиешелүү археологиялык эстеликтердин көптөгөн далилдери бар. Этнографиялык жазыл- маларда да аңчылыкка тиешелүү кыйла маалыматтар камтылган. Кыргыздардын ар кыл урууларынын генеалогиялык аңыз кептеринде алардын түп аталары аң уулашканы жөнүндө көп эскерүүлөр айтылат. Оң канаттын түп аталарынын бири — Тагай жааны эң сонун тартчу экен, анын карындашы Наалы эже да аңчылык кылыптыр. Бугу уруусунун ата-бабалары ууга чыгышкан (Асанмырза, Карамырза, Белек, Бирназар, Төрөштүк ж. б.), Саалай (лакап аты — Кырк-Саадак) — кытай уруусунун ата-бабаларынын бири мергенчи болуптур. Ат-Башылык кыргыз карыялардын айтуулары боюнча, мындан эки кылымга жакын убакыт мурда маралдарга, кулжаларга жана тоо текелерге аңчылык кылуу толук малчылардын чарбачылыгында кыйла маанилүү орунда турган экен[106].

Бугу уруусунун ата-бабаларынын бири — Арык тирүү кезинде чоң ачар-чылык болуптур. Кыргыздардын айрым бөлүгү казактар менен бирге түштүккө, Гиссарга жана Кулябга кетиптир. Кетпегендери Ысык-Көлдө калып, ачарчылыктан аңчылык кылуунун аркасында аман калышыптыр[107].

Түрк тилдеринде сүйлөгөн бир катар элдердин (Түндүк алтайлыктар, тувалардын бир азы, шорлор ж.б.) чарбасында аңчылыктын ойногон ушундай ролун эске алып, калыбы, байыркы түрктөрдү талаа-түздүктөрдө жашаган эзелки көчмөн малчылар катары тараган түшүнүккө кээ бир тактоолорду

кийирүү керек окшойт[108]. Колдо бар даректердин жыйындысы байыркы түрктөр туташ эле талаа-түздүктү мекендеген малчылар эмес экендиги, токойлорго жана тоолуу жайыттарга бай райондордо жашаган алардын бөлүгү комплекстүү чарбачылык кылганы, ал чарбачылыкта малчылык менен катар аңчылык да, дыйканчылык да болгондугу жөнүндө айтууга мүмкүнчүлүк берет[109].

## ҮЙ ТИРИЧИЛИК ЖУМУШТАРЫ ЖАНА БАШКА КЕСИПЧИЛИКТЕРИ

Кыргыздын чарбачылыгында ар кыл үй тиричилик жумуштары кыйла маанилүү орунда турган, ал тиричиликтер мал чарбачылыктын продуктыларын иштетүү менен байланышкан. Эркектер жазында жана күзүндө кырккан койлордун жүнүнөн аялдары ийик менен жип ийришкен. Алар өрмөктө ошол жиптерден таарлардын түркүндөрүн токуп кементай, чепкен, чапан, шым, кап, куржун, ошондой эле боз үйдүн эмеректерин, жип-шуруларды даярдашкан. Кыргыздардын өрмөгү өзүнүн түзүлүшү, жалпы белгилери жагынан коңшу, Орто Азиянын мурдагы көчмөн элдериникине окшош.

Кой жүнү килем (түштүк кыргыздарында) жана боз үйдүн жабдуулары, кийиз жасоо үчүн да пайдаланылган. Ошол эле жүндөн шырдак, ала кийиз, чепкен, кементай, калпак, чокой, кийиз байпак, ар түрдүү ээр токум буюмдарын жасоо үчүн кийиз басышкан. Төөнүн жүнүн кийим-кечек тигүүгө, эчкинин жана топоздун жүнүн аркан эшүү үчүн пайдаланышкан. Койдун терисинен тон, шым, тебетей, көлдөлөң жасашкан. Терини туз кошулган айран менен ашатышып, андан кийин челдешкен. Эчкинин терисинен чанач жасашкан. Кыргыздарда жана казактарда терини иштетүүнүн жалпы көп жолдору бар. Кара малдын, жылкынын жана төөнүн терилери бут кийим жана ар кандай типтеги идиш-аяктарды жасоого жумшалган. Териден үй эмеректеринин көп түрлөрү да даярдалган, бөтөнчө жылкынын териси кеңири колдонулган. Тери идиштер жана саба жасалчу терилер, ошондой эле чаначтар атайын жасалган ыштыкта ышталган[110].

Ар бир үй-бүлөнүн керектөөлөрүн канааттандыруучу жана дээрлик бүт бойдон аялдарга жүктөлгөн үй тиричилик жумуштарынын катарына чий токууну да кошо кетүү зарыл.

Кедей жана орто чарбаларда үй тиричилик жумуштарында үй-бүлө мүчөлөрү гана иштеген; бай чарбалар үй жумуштарында иштетүү үчүн өзүлөрүнө көз каранды кедей туугандарын тартышкан.

Жыгач иштетүү негизинен боз үйдүн кереге, ууктарын, бешик, ээр, айырмач, ыңырчак, анча-мынчалар идиш-аяк жана үй-эмеректерин жасоодон турган[111]. Кырма жыгач идиш-аякты жасоо үчүн жыгач усталар — кырманы, дүкөндү колдонушкан. Кээ бир усталар заказ боюнча иштеп, көп учурда заказчынын материалын пайдаланган, кол акысы көбүнчө натуралай түрдө төлөнгөн.

Металл иштетүү кыргыздарга эзелтеден эле белгилүү болгон[112]. Ысык-Көлдүн темир шлихталуу кумун кол көөрүктө эритүү жолу менен темир алышкан. Темир усталар андай темирден така, бычак, орок, жуушаң, кишен, балта, колунан көөр төгүлгөн чеберлери — курал жасашкан. Күмүш уста, зергерлер күмүштөн аялдардын жасалгаларын, эркектердин кур-кемерлерин, ат жабдыктарын жана көп учурда көркөмдүгү жагынан айырмаланып турган ушул сыяктуу буюмдарды жасашкан. Кыргыз зергерлерине зергерчилик буюмдарын жасалгалоонун — оюу түшүрүү, карайтуу, күмүш, алтын менен

буулоо, сиркелөө, согуу, ошондой эле калыптап чыгаруу жолдору белгилүү болгон.

Кол өнөрчүлүктүн кээ бир түрлөрү кыргыздарда муундан муунга өткөн. Укум-тукумунан бери темир усталык, зергерлик кылгандар, тегирмен ташын чеккендер болгон. Ошондой болсо да кыргыздарда кол өнөрчүлүк өнүгө алган эмес. Андай чебер усталар малчылык жана дыйканчылык кылуу ишин уланта беришкен.

Айрым жерлерде асыл таштардан ок куюучу калыптар, май чырактар, топчулар жасашкан. Памирдик кыргыздар хрусталь, яшма, уюган алтын өндүрүп, алардын баарын Кашкардын жана Жаркенттин базарларында сатышкан. Түштүк кыргыздар көмүр өчүрүшүп, аны Фергананын шаарларында соодалашкан.

* * *

Кыргызстанды Орусия өз курамына кошуп алгандан кийин, айыл чарба азыктарынын кээ бир түрлөрүн керектөө жогорулаганына байланыштуу, ошондой эле орус келгиндери менен карым-катыштын күчөшүнүн натыйжасында ар кайсы жерлерде кыргыздарда мурда учурабаган же кокусунан болуп келген кесиптер жана өнөрчүлүктөр пайда болгон. Балык уулоочулук, аарычылык[113], жибекчилик мына ошолордун катарына кирет. Мурда кыргыздар Ысык-Көлдөн балык кармоо үчүн жөнөкөй *дегээни*, каптарды колдонушкан, өзөндөрдү бууп салышкан. Орус өнөр жайчыларына жалданышкан кээ бир кедей кыргыздар алардын балык кармоо ыктарын өздөштүрүп, балык кармоо шаймандарынан пайдаланышчу болгон. Бирок бул деле кандайдыр- бир деңгээлде өнүгө алган эмес. Ысык-Көлдөгү кыргыздардын айрым чарбалары орус келгин дыйкандарынан аары күтүүнүн жөн-жайын үйрөнүшкөн, бирок кыргыздын жарым көчмөндүк чарбачылыгынын бөтөнчөлүктөрүнөн улам балчылык деле ал чарбачылыкта кандайдыр-бир көрүнөөрлүк роль ойногон эмес. Түштүк кыргыздардын бир бөлүгү дыйканчылык менен катар жибекчиликти кесип кылышкан, жибек курттарын багуу бүт бойдон аялдардын мойнунда болгон.

* * *

Кыргыздар коңшу өлкөлөр менен эзелтеден бери эле айырбашташуу соодасын кызуу жүргүзүп келген. Соодагерлер аларга Ферганадан жана Кашкардан пахтадан жана чала жибектен жасалган кайыма чепкендерди, жууркан-төшөктөрдү, топуларды, жоолуктарды, пахтадан токулган жана жибек кездемелерди алып келишүүчү. Пиязи жана пахтадан токулган кездемеден жасалган чепкендерди көп сатып алышкан. Ошол эле жактардан курал-жарак алып келишкен. Көпөстөр Кулжадан чай, тамеки, күрүч, жибек кездемелер жеткирип турушкан. Кыргыздарга Орусияда чыгарылган товарлар да келип турган. Орусия менен соода-сатык кыргыздар орус букаралыгын алышкандан алда качан мурда эле жүргүзүлүп келген. Орусиядан кездемелер, даяр булгаары, көбүнчө юфть, темир жана чоюн буюмдар, коздук жасалгаларды алып келишкен. Бул товарларды кыргыз калкы көп сатып алышкан. Көпөстөр алып келген товарларын малга, териге, кийизге, булгаарыга, жүнгө, кунуга, кылга айырбаштап кетишкен. Айырбаштоо убагында кой жалпы эквивалент ордуна жүргөн. Алып келинген көбүрөөк баалуу нерселерди (мисалы, жибек кездемелерди, булгаары, күрүчтү) бай малчылар сатып алышкан.

Отурукташкан кошуна элдер менен соода-сатыктын жана айырбаш-ташуунун бир аз өнүккөнүнө карабастан, XIX кылымда товар өндүрүшү

кыргыз коомунда түйүлдүк абалда турган. Шаарлардын жана рыноктордун өтө аз экендигинин айынан малчылардын жана дыйкандардын басымдуу көпчүлүгүнүн чарбачылыгы негизинен натуралдык чарбачылык болгон. Ош жана Анжиян, Кашкар жана Жаркент сыяктуу экономикалык борборлорго жамаатташ аймактарда жашаган кыргыздарда абал башкача болгон. Ал жерлерде соода- сатык мамилелеринин белгилүү даражада мааниси болгон.

XIX кылымдын аягында XX кылымдын башталышында Кыргызстанда экономикалык турмуш жандана баштаган. Мал жана мал чарба продуктыларын сатуу улам көбүрөөк кеңейип, товар-акча мамилелери айылдарга кирип, кыргыздын натуралдуу чарбачылыгынын тиректерин акырындап копшута баштаган. Алмашуу соода-сатыгы акырындап акча соода-сатыгы менен алмаштырылып отурган.

Кыргыздардын чарбачылык уклады үчүн жарым көчмөндүк мал чарбачылыгында анын тоодо көчүп-конуп жүрүүчү бөтөнчө өзгөчөлүгүнүн басымдуулук кылышы мүнөздүү болгон, бул чарбачылыкта малды алыскы жайыттарда багуу системасы да бир топ роль ойногон[114]. Малчылык чарбачылыгынын бул тибинен көбүрөөк «нагыз» көчмөндүк тарабына да, ошондой эле отурукташуу багытына да болгон оош-кыйыштыктар байкалган, бирок отурукташуу көп учурда али кадыресе туруктуу мүнөздө болгон эмес. Бул оош- кыйыштыктар кыргыз коомунун ар түрдүү катмарларында бирдей роль ойногон эмес. Буга карабастан, кыргыздардын арасында нагыз көчмөн да, ошондой эле нагыз отурукташкан да чарбалардын (отурукташкан чарбалардын саны мындан 80—100 жыл мурдараак гана акырындап көбөйө баштаган) кандайдыр-бир олуттуу топтору болгон эмес же дээрлик болгон эмес деп эсептөөгө болот.

Кыргыздардын чарбачылыгы жалпы жонунан комплекстүү мүнөздө болгон. Дыйканчылык — малчылыктан кийин, дээрлик бардык жерде экинчи орунда турган. Тоолуу көп аймактар үчүн «көчүп-конуп жүрүп» дыйканчылык кылуу- нун өзүнчө бир белгилери мүнөздүү болгон. Кыргыздардын дыйканчылыгында Борбордук Азиядагы байыркы дыйканчылыктын кээ бир элементтери менен Орто Азиядагы отурукташкан дыйкан чарбачылыгынын бай традициялары үндөшкөн деп ойлоого негиздер бар. Ирригациялык чарбачылык салыштырмалуу өнүгүү деңгээлине жетип, анда сугат дыйканчылыгынын байыркы ыктары тигил же бул даражада колдонулган. Акырында кыргыздардын чарбачылык укладында үй тиричилик жумуштары жана кол өнөрчүлүк менен катар аңчылык кылуу да белгилүү роль ойногон, ал аңчылыкта анын байыркы белгилери (чогулуп алып ууга чыгуу, бүркүт-куш салуу) таасын көрүнүп турат.

Кыргыздардын чарбачылык укладын иликтеп-изилдөө кийинки кездерге чейин алга аз эле илгериледи, кыргыздардын чарбачылыгынын тарыхынын маанилүү кээ бир жактары, бөтөнчө малчылык жана дыйканчылык чындыгында жетишсиз же өтө начар изилденген бойдон калган. М. Т. Айтбаевдин эмгектеринде[115] малчылыкты жана дыйканчылыкты сүрөттөөдө олуттуу кемчиликтер бар, көп сандаган так эместиктер учурайт. Биздин күндөрүбүздө Кыргызстандын этнографтары кыргыз малчылыгын жана дыйканчылыгын кеңири изилдөөгө киришишти.

# III бап
# МАТЕРИАЛДЫК МАДАНИЯТЫ

Чарбачылыктын үстөмдүк кылып турган укладынын мүнөзү — көчмөн малчылык — анан тиричиликтин патриархалдык-уруулук жагдайы кыргыздардын материалдык маданиятына терең из калтырган. Турак-жайынын, кийим-кечесинин тиби, тамак-ашынын жана эмеректеринин мүнөзү, транспорт каражаттары ж. д. у. с. баарысы — алыскы аралыктарга тез-тез көчүп-конуп жүрүү зарылдыгы, бекем отурукташпагандыгы, чарбалык иш- аракетинин сезондук мүнөздө болушу менен аныкталган.

Тянь-Шань түндүк бөксө тоолорунан түштүктөгү Куэнь-Лундун жана Гиндукуштун тоо кыркаларына, батышынан Ура-Төбөдөн чыгыштагы Күчө оазисине чейинки кеңири территорияны мекендеген кыргыздардын материалдык маданияты да (анда ар кандай себептер менен шартталган жергиликтүү бөтөнчөлүктөр байкалып келсе да) алардын рухий маданиятынын көп жактары сыяктуу эле өзүнүн башкы бардык белгилери жагынан бүтүндөй алганда бирдиктүү болгон. Алардын ичинен башкысы кыргыздардын кээ бир топторунун мурдагы уруулук бөтөнчөлүктөрүнүн сакталып калышы жана кошуна элдер менен маданият жактан өз ара аракеттенишүүсү болгон.

Материалдык маданияттын көп элементтерине мүнөздүү жергиликтүү бөтөнчөлүктөрдүн болушу анын негизги үч комплексин бөлүп көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берди[1]: а) түндүк комплекси (Борбордук Тянь-Шань аймагы, Көл кылаасы, Чүй өрөөнү жана Нарын дарыясынын төмөнкү агымынын боюндагы райондордун бир бөлүгү); б) түндүк-батыш комплекси (Талас жана Чаткал өрөөндөрүнүн жана аларга канаатташ райондордун аймактары); в) түштүк комплекси (Ош областынын түштүк-батыш райондору, Алай өрөөнү, Каратегиндин чыгыш бөлүгү — Жергетал району, Чыгыш Памир). Түндүк жана түштүк, түндүк-батыш жана түштүк комплекстери тараган территориялардын ортосунда — материалдык маданиятына коңшу эки комплекстин белгилери аралашып кеткен кыргыздардын топтору жашайт. Материалдык маданияттын жергиликтүү мүнөз алып калышы — кыргыз урууларынын тигил же бул топторунун өткөндө белгилүү бир аймактарда жайгашышынын натыйжасы болуп саналат. Мына ошентип, аталган комплекстер менен кыргыздардын этностук тарыхынын түздөн-түз байланышы бар.

Анткен менен материалдык маданияттагы айырманы белгилүү социалдык себептер, баарынан мурда — кыргыз коомунун таптык түзүлүшү да пайда кылган.

Тарых далилдери, ошондой эле Түштүк Сибирде, Жети-Сууда, Тянь-Шанда жана Памир-Алайда кеңири масштабдарда жүргүзүлгөн археологиялык

изилдөөлөр кыргыз урууларынын материалдык маданиятында сактардан, усундардан жана гунндардан тартып түрктөргө жана моңголдорго чейинки көчмөндөрдүн материалдык маданиятынын традициялары тигил же бул даражада улантылып келген деп ырастоого мүмкүнчүлүк берет.

Боз үй тибиндеги которулуучу турак-жай усундарга да, ошондой эле байыркы кыргыздарга да белгилүү болгон[2]. Гунндардын Кыргызстан аймагындагы эстеликтерин биринчи болуп изилдеген А. Н. Бернштамдын пикири боюнча «Кеңкол тибиндеги маданият өзүнүн негизги бардык белгилери менен кыргыз уруулары тарабынан кабыл алынган»[3]. Бул пикир Кеңкол көрүстөнүнүн

материалдары менен бөтөнчө ынандыраарлык ырасталып олтурат, андан табылган кийим-кечелердин тигилиши бут кийимдердин[4] тиби, олуттуу өзгөрүүсүз кыргыздарда гана эмес, ошондой эле Орто Азиянын башка элдеринде да, биздин убагыбызга чейин сакталып келди. Түрк мезгилиндеги[5] нукура көчмөндөрдүн таш балбандарга чегип түшүрүлгөн кийим-кечелери, Жети-Суудагы (Сюань цзянь VII к.) байыркы түрктөрдүн кийизден жасалган кийим-кечелери жөнүндөгү маалыматтарды жана байыркы кыргыздардын (хягастардын) кийим кечелеринин (кийизден жасалган ак калпактарды, койдун терисинен жасалган жана жүндөн токулган кездемеден тигилген кийимдерди)[6] «Тан- Шудагы» сүрөттөлүшүн азыркы кыргыздардын кийим-кечелери менен салыштырып көрүү кийим-кечелердин типтери бери эле болгондо 1300—1400 жылдан бери өзгөрбөй келе жаткандыгына шектенүүгө негиз калтырбайт. Калыбы, коoздук жасалгалары жөнүндө деле мына ушуну айтууга болот. Мындан тышкары, үй эмерегинин жана үй тиричилигинин көп буюмдары (түбү жайпак тегерек жыгач чаралар жана табактар, чыны каптар, шамдар, жыгач бешиктер ж. б.) кыргыздарда биздин мезгилибизге чейин жашап келди жана колдонуудан жакында эле чыгып калды, ал буюмдар өзүлөрүнүн фор- малары жана ал тургай, жасалган материалы (мисалы, арча жана Тянь-Шань карагайы) жагынан да Тянь-Шандагы[7] гунндардын, усундардын жана түрк- төрдүн көрүстөндөрүнөн табылган тийиштүү буюмдарга дээрлик окшош болгон. Ат жабдыктары жана анын жасалгалары[8] жагынан да ушундай эле окшоштук байкалат. Бул жерде келтирилген кээ бир маалыматтар эле кыргыздардын материалдык маданиятынын татаал мүнөздө экенин жана Бор- бордук Азиянын, Орто Азиянын[9] байыркы мезгилдеги жана орто кылымдардагы көчмөн урууларынын кеңири чөйрөсүнүн маданияты менен анын генетикалык байланышы бар экенин дапдаана эле көрсөтүп турат.

Кыргыздардын материалдык маданияты жөнүндөгү алгачкы даана маалыматтар XVIII кылымдагы кытай даректеринде камтылган. Алар: Чунь Юандын: «Сиюй вэнь цзянь лу», 1977-ж. (Батыш жергесинен көргөндөрүмдүн жана ал жөнүндө уккандарымдын сүрөттөлүшү), анан «Циньдин хуанчао вэньсян тункао» (Классикалык тексттерден жана Цинь династиясынын тушунда түзүлгөн эң соңку түшүндүрүүлөрдөн эркин баяндоо) деген эмгектери. Бул эмгектерде турак-жайдын (кийиз алачык), тамак-аштын мүнөзү белгиленип, күрмөлөр жана баш кийимдер[10] кыскача сүрөттөлөт. Бул маалыматтар XIX кылымдын орто ченинде Кыргызстандын территориясына белгилүү окумуштуулар П. П. Семенов-Тян-Шанский жана Чокон Валиханов келип кетишкенден кийин кеңейген жана документ жүзүндөгү биринчи маалыматтар пайда болгон. П. П. Семенов-Тян-Шанскийди узатып жүргөн сүрөтчү П. М. Кошаров этнографиялык эң сонун альбом калтырган, анын таблицаларында жана сүрөттөрүндө Көл кылаасындагы кыргыздардын материалдык маданияты[11] дээрлик толук түрүндө көрсөтүлгөн. Бул альбом Ч. Валихановдун кыскача, бирок таасын жазып алгандарын жана сүрөттөмөлөрүн[12] эң сонун толуктап турат.

XIX кылымдын 60-жылдарында кыргыздын бугу жана сарбагыш урууларында болуп кайткан академик В.В. Радлов да баалуу маалыматтарды билдирген[13]. Мындан кийин жазып алынгандар жана СССРдин музейлерине чогултулган коллекциялар кыргыздардын материалдык маданияты жөнүндөгү биздин түшүнүктөрүбүздү көп жагынан байытты. Кыргыз археологиялык-этнографиялык экспедициясынын этнографиялык отряды да ал маданиятты изилдөөгө олуттуу салым кошту. Кыргыздардын материалдык маданиятында

Орто Азиянын башка элдери менен казактардын маданий традицияларына өтө жакын көрүнүштөр басымдуулук кылаары аныкталган. Муну менен бирге аны Түштүк Сибирдин жана Борбордук Азиянын элдеринин[14] маданияты менен жакындаштырып турган бүтүндөй бир катар элементтер ачык-айкын табылып отурат.

## КОНУШТАР ЖАНА ТУРАК-ЖАЙ

Кыргыздардын конуштары жана турак-жайынын тиби түзүлгөн тарыхый шарттарга жараша өзгөрүүгө учурап келген.

Өзүлөрүнүн феодалдары тарабынан өз ара чабышууларга тартылып, коңшу өлкөлөрдүн феодалдарынын кол салууларына кабылып турган кыргыз калкы XIX кылымдын 50-60-жылдарына чейин негизинен уруулук белгилери боюнча түзүлүүчү чоң-чоң айыл-жамааттарга биригүүгө жана ошондой жамаат болуп жашоого аргасыз болгон. Академик В. В. Радлов кыргыздарда өзүнчө бир түр-дөгү «көчүп-конуп жүрүүчү уруу» бар экени жөнүндө жазган, алар айыл-айыл болуп эмес, «бүтүндөй уругу (уруусу) менен өзөндөрдүн жээгин бойлото кырка тарта тигилген боз үйлөрдө турушаарын, алардын катары кээде 20 жана андан да көп чакырымга чейин созулуп кетээрин[15] көрсөткөн. Г. С. Загряжскийдин билдиргенине караганда, XIX кылымдын орто ченине чейин «кыргыздар 200 жана андан да көп түтүндөн турган чоң-чоң айыл болуп жашаган»[16].

Көчмөн жана жарым көчмөн турмушта жашагандыктан, кыргыздарда XIX кылымдын орто ченине чейин кандайдыр-бир бекем отурукташуу деген болгон эмес. Түндүк Кыргызстанда мына ушул мезгил ченде гана феодалдар катмарында анын түйүлдүктөрү пайда боло баштаган[17]. Бугу уруусунун жол башчысы Боромбайдын Жууку (Заука) капчыгайында мына ошондой чарбагы болгон, ал чарбалык сокмо тамдардан, кампадан жана тегирменден турган. Г. Бардашевдин маалыматтары боюнча Боромбай бул жерге кербендерди талап- тоноодон жана касташып жүргөн сарбагыш уруусу кол салып калса мал-мүлктү коргоп калуу үчүн 1843-жылы эле сокмо дубалдардан тургузулган чакан чеп курдурган, анын мылтык атуучу тешиктери болгон. Чептин ичине онго чейин боз үй тигилген, аларда, атап айтканда, белен аштык сакталган[18].

Биздин билишибизче бул кыргыздарда колдон тургузулган чептердин болгондугун айгинелеп турган бирден-бир анык далил.

Кыргыздардын отурукташкан конуштарынын түзүлүү процесси Фергана боюндагы райондордо мурда башталган жана ал Ферганада көбүрөөк өнүккөн экономикалык мамилелердин жана отурукташкан жергиликтүү өзбек жана тажик калкы менен карым-катыштын таасирлери менен шартталган. Чүй өрөөнүндө жана Ысык-Көл ойдуңунда андай кыштактар XIX кылымдын эң аягында, анын үстүнө өтө аз санда гана пайда болгон. Алардын пайда болушу Түндүк Кыргызстандын Орусиянын составына кошулушу пайда кылган социалдык-экономикалык жаңы шарттардын гана эмес, ошондой эле бул жерде жашай баштаган орус келгин дыйкандарынын тийгизген оң таасиринин да натыйжасы эле.

Кыргыз калкынын негизги эли көчмөн жана жарым көчмөн типтеги конуштарда — айылдарда жашоосун уланта берген. Жайлоого көчүп кеткен мезгилде айылдардын саны азайып, ал эми кыштоого келген мезгилде көбөйүп турган. Бирок андай айылдар кышында деле жыш жайгашкан эмес. Алар чакан, бири биринен кыйла алыс жайгашкан турак-жайлардын топтору болгон. Бул

айылдардын көбүнүн тургундары эң жакын туугандардан болгон. Ал айылдарды жайгаштырууда да туугандык жана уруучулук принциби сакталган.

Боз уй, кара уй, кыргыз уй[19] — Октябрь революциясына чейин турак жайдын үстөмдүк кылып турган тиби болгон. Тоолуу шарттарда эзелтеден эле көчмөн малчылык менен кесиптенип келишкен кыргыз уруулары турак- жайдын өтө ыңгайлуу тибин жасап алышкан, андай турак-жайды чечүү, унаага артып ташуу жана кайра тигүү оңой болгон. Талаа-түздөрдү мекендеген көчмөндөрдүн арасында Орто кылымдарда тараган турак-жай бул шарттарга ылайык келмек эмес, анткени ал арабага жүктөп ташылган.

Боз үй негизинен бир нече бөлүктөн, керегеден, ууктан, түндүктөн, анан босогодон турат. Түндүгүнөн түтүн чыгып, жарык түшөт. Босогосуна кош канаттуу эшик орнотулат же кийиз капталган чий тартылат. Капталдарына ошондой эле чийлер каланып, үстүнө ар кандай формадагы жана чоңдуктагы жабуулар жабылат. Түндүгү түнкүсүн жана жаан-чачындуу күндөрдө түндүк жабуу менен жабылат.

Боз үйдүн эшигин кай жакты каратуу жөнүндөгү маселе — кыйла кызы- гууну туудурган маселе болуп саналат. Бизге белгилүүдөй, байыркы түрктөр өзүлөрүнүн турак-жайынын эшигин чыгыш жакты гана каратып чыгарышкан. Эшикти мындай чыгаруу Саян-Алтай элдеринде, айтсак, Батыш туваларда ушу кезге чейин колдонулуп келе жатат[20]. Кыргыздардын көп бөлүгүндө ал каада бул күндөрдө сакталбай калды, боз үйдүн эшиги аларда жердин шартына (айылдын тоого, сууга карата жайгашканына) жараша жана шамалдын кай жактан көп болооруна карап (ал эшиктин бет маңдайынан уруп турбашы үчүн) чыгарылат. Жайлоолордогу айылдын боз үйлөрүн кыйла көп учурда тегерете тигишкен, анан бардык боз үйлөрдүн эшиктери ортого карай чыгарылган[21]. Бирок кээ бир жерлерде (мисалы, Т. Баялиеванын билдириши боюнча Тоң районунда), боз үйдүн эшиги ошондой болсо да, чыгыш жактан чыгарылгандыгы байкалган. Чыгыш Памирдеги кыргыздарга келсек, Ю. А. Шибаеванын кызыгууну туудурган бир мисалы бар, ал мындай дейт: «Биз Мургабдан көргөн бардык боз үйлөрдүн эшиги чыгыш жактан гана чыгарылган»[22]. Мүмкүн, бир аз карым-катышсыз калуунун натыйжасында турак-жайдын эшигин чыгаруунун байыркы түрктөр колдонгон тибин дал ушул памирдик кыргыздар сактап калышкан болсо керек.

С. И. Руденко казактардан мындай законченемдүүлүктү байкабаптыр. Ал адайлар өзүлөрүнүн үйлөрүн көп учурда тептегерек кылып тигишкенин, бирок ал өзү изилдеген уруктардын казактары, Карутцтун билдиргенине карабастан, өзүлөрүнүн үйлөрүнүн эшигин эч качан түштүк жактан чыгарышпагандыгын көрсөтөт[23]. Бирок өзбек-карлуктар боз үйдүн эшигин түштүк жактан[24], б. а. моңголдорчо чыгарышкан. Кыргыздар туурасында, боз үйдүн эшигин түштүк жактан чыгарууну жакшы көрүшкөнү жөнүндө бизде маалымат жок, бирок айрым учурларда ушундай болуп калган учурлар дагы кездешет.

Өткөндө кедейлер жыртык кара туурдук жабылган, ыш баскан кичинекей боз үйлөрдө жашаган. Байлардын жана манаптардын боз үйлөрү чоңдугу жагы- нан гана эмес, ошондой эле жабууларынын сапаты боюнча айырмаланган; алар жүндөн жука бышырылган кийизден жасалган оймолуу үзүк-туурдук, көп сандаган көркөм коохдолгон боолору менен да айырмаланчу. Боз үйлөрүнүн жыгачтары да бөтөнчө жасалгаланган.

Азыркы учурдагы боз үйдүн типтери кыргыздардын бардык топторунда бирдей эмес. Негизги айырма — боз үйдүн түндүк бөлүгүнүн формасынан көрүнөт. Түндүк Кыргызстанда (Талас өрөөнүн кошпогондо) боз үйдүн

түндүгүнүн формасы конус түрүнө жакындап барса, Түштүк Кыргызстанда, Талас жана Чаткал өрөөнүндө бир аз чамгарагы түзүрөөк келип, жалпагыраак келет[25]. XIX кылымдын орто ченинде боз үйдүн бул формасы Түндүк Кыргызстанда да тараган. Бул жөнүндө көзү менен көргөндөр бир ооздон айтып жүрүшөт[26]. Бул форма өткөн жарым көчмөн турмушта жашаган өзбектердин кээ бир топтору үчүн да мүнөздүү болуп, сыртынан караганда моңгол боз үйүнө бир аз окшошуп турган.

Боз үйлөрдүн түрүнүн айырмачылыктары алардын түндүгүнүн формасы менен чектелген эмес. Алар туурдук жабууларынан да байкалган. Кыргыздардын көпчүлүгүндө боз үйдүн төмөн жагын — керегесин жапкан туурдук жана өйдө жагын — ууктарын жапкан үзүк) деген эки бөлөк жабуудан турса, айрым жерлерде (Талас дарыясынын өрөөнүндө, түштүктүн кээ бир райондорунда) үстүнөн этек жагына чейин жерге 20—25 см жеткирбей гана баштан аяк келки үч-төрт туурдук менен жабышкан. Боз үйдү жабуунун бул ыгы — түндүгү шуңшуюңку боз үйлөр колдонулуучу зоналарда, бул үйлөр жайлоого көчүп барганда кеңири пайдаланылган.

Кээ бир жерлерде боз үйдүн тышкы көркөмдөп жасалгалоосу да өзүнүн бөтөнчөлүктөрү менен айырмаланат. Айтсак, Ош облусунун түштүк-батыш райондорунда (кесек жана жоо кесек топторундагылар) жабдууларды байлоо үчүн жазы ак сызмалар колдонулат; алар түндүктүн маңдайкы жана туш жактарын бир нече жолу айланта курчай тартылат жана боз үйдүн жасалгасы болуп турат. Боз үйдү мындай жасалгалоо кара калпактарда, жарым көчмөн өзбектерде да учурайт[27]. Түштүк Кыргызстандын райондорунда боз үйдүн башка жасалгалары да, эшигинин тышкы бети да башкача келет.

Боз үйдүн ичинде жүк-эмеректерди жасалгалоодо да, ошол жасалгалоо элементтеринде да, ошондой эле аларды жайгаштыруу тартибинде да жергиликтүү кээ бир айырмачылыктар мурда эле байкалган жана биздин убагыбызда деле учурап жатат. Түштүк Кыргызстанда ар кандай көлөмдөгү жана ар кандай максаттарга арналган килемдер жасалгалоонун сөзсүз керектүү элементи болуп саналат. Кыргыздардын ичкиликтер деп аталган кээ бир топторунда шырдак же шырдамал, ошондой эле калган топтордун көпчүлүгү үчүн мүнөздүү туш кийиз дегендер болбойт.

Ички жасалгалоо буюмдарынын жана эмеректеринин жайгаштырылышы боз үйдүн аянтынын тигил же бул бөлүгүнүн тиричиликте жана чарбачылыкта эмнеге арналгандыгы менен шартталган. Боз үйдүн чок ортосуна — от жагуучу жерге — коломто жайгаштырылат. Анын төр жагындагы керегенин жанына жыгач тактай, таш, ээр, ж. д. у. с. коюлуп, аларга сандыктар, жууркан-төшөктөр, таңгактар, кийиздер жана килемдер, жумшак буюмдар, териден жана башка материалдардан жасалган тыш кийимдер салынган өзүнчө бир түрдөгү кап-тарды жыйышат. Бир нече катар кылып жыйылган мындай буюмдар жук деп аталат. Жүктүн жанындагы орун — төр ардактуу орун деп эсептелет. Мында конокту кабыл алышат, түнкүсүн төшөк салып жаткызат. Эшиктин кире беришинин оң капшытында көпчүлүк учурларда эпчи жак (эпчи — байыркы түркчө аял дегенди билдирет) жайгашат. Бул жер саймалуу чий каланган чарбалык бурч болуп, анда тамак-аш сакталат. Анын тушуна идиш-аяктар жана чарбачылык эмеректери илинип же жөн эле иреттелип коюлат. Боз үйдүн буга карама-каршы тарабы эр жак деп аталат. Бул жерге ээр токум, аркан, мылтык, ат жабдыктары, мал багууга керек буюмдар коюлат. Мурда бул жерге жаңы төрөлгөн козулар жана улактар да көгөндөлүп коюлган. Бирок мындай

жайгаштыруу бардык эле жерде байкалбайт. Алай өрөөнүнүн батыш бөлүгүндө, Чыгыш Памирдин кээ бир жерлеринде, ичкиликтер деп аталгандардын кээ бир топторунда эпчи жак боз үйдүн кире беришинин сол, эр жак — оң тарабынан орун алат.

Боз үйдүн ичине жерге кийиз, анын үстүнө көлдөлөңдөр, талпактар жана төшөктөр салынат. Ардактуу орунга мурда көп учурда шырдак төшөлөт. Бай мал кармоочулардын боз үйлөрүнө мурда түктүү килемдер, аюу же карышкыр талпактар салынган. Кээде кездеме жабылган жыгач керебеттер жана жапыз үстөлдөр да боз үйдүн жасалгасы болгон. Мурда боз үйдүн жасалгасынын саны жана сапаты бүт бойдон боз үйдүн ээсинин кайсы таптан экенине байланыш- туу болгон.

Мурда боз үй менен катар көчүрүлүүчү турак-жайдын башка типтери да учураган. Алардын байыркысы — шыргыйлардын башын тийиштирип байлап, үстүнө кийиз жабылган конус түрүндөгү алачык. Чыгыш Памирдин кыргыз- дары мындай алачыкты илгери жырткычтардын терилери менен жабышканы жөнүндө маалыматтар бар[28]. Мындай үйлөр сайма алачык деп аталган[29]. Тянь-Шанда жылкычылар урунган андай типтеги алачыкты отоо[30] деп аташаарын бизге айтышты. Ф. А. Фиельструп өз отчётунда учтары буулган түз шыргыйлардан же түтүн чыгуучу тешик болуп кызмат кылган чакан ачакейге учтары аркан менен тизилген шыргыйлардан конус түрүндө тулкусу бар «кийиз алачык» жөнүндө жазган[31]. К. И. Антипина да тулкусунун ортосунда шыргый тирөөч коюлган, түндүккө сайылган ууктар түзгөн алачыктын ушундай эле тиби жөнүндө эске салат[32].

Көчүрүп жүрүүчү башка типтеги турак-жай (алачык) — балаган менен боз үйдүн элементтерин камтыган дагы бир түрдүү алачык көбүрөөк кеңири тараган. Анын тулкусу болуп түндүккө ашталып, экинчи учу жерге сайылган ууктар. Үстүнө бир-эки туурдук жабылат. Ф. А. Фиельструп жогоруда аталган отчётунда «жүк артуучу унаасы аз адамдар» мына ушундай типтеги турак- жай менен көчүп-конуп жүрүшкөнүн билдирет, К. И. Антипина анын башка: кепе, актигер, тегиртльек[33] деген башка аталыштарын да келтирип, аны сүрөттөп жазат, К. К. Юдахин дагы ал жөнүндөгү маалыматтарды келтирет[34]. Турак-жайдын бул тибине казактардын (алтай кылаасындагы наймандардын) «косу» өтө окшош, ал «ууктардан» жана «чамгарактан» турат, үстү бир-эки кийиз[35] менен жабылат: тувалардын конус түрүндөгү эң эски боз үйү — «подей» да балагандын өзү болгон, анын «тулкусу» да боз үйдүн түтүн чыгуучу түндүгүнөн жана ага сайылган ууктардан туруп, кийиздер менен жабылган[36]. Л. П. Потаповдун билдирүүсү боюнча чыгыш (улагандык) алтайларда үстүнө кийиз жабылган, кыргыздын сайма алачыгынын тибиндеги «соольте» деп аталган конус түрүндөгү балагандар урунулган.

Бул жерде баяндалган материал керегелүү боз үйдүн келип чыгышы жөнүндөгү маселени кароо үчүн маанилүү. Б. Х. Кармышеванын[37] пикири боюнча карлуктардын жарым сфера формасындагы боз үйү жөнүндөгү маалыматтарды талдоого негизделген, анан казак уездиндеги малчы азербайжандар мурда урунуп келген турак-жайдын көчүрүлүп жүрүүчү тиби жөнүндөгү маалыматтар менен бекемделген пикири боюнча, карлуктар менен башка өзбекке чейинки уруулар, азербайжан түрктөрү сыяктуу эле, түрк тибиндеги керегелүү боз үй үчүн алгачкы негиз катары карала алаарлык көчүрүлүп жүрүүчү турак жайдын формасын биздин күндөрүбүзгө чейин сактап калышкан. Ал карлуктардын үйлөрү иран тилинде сүйлөгөн байыркы көчмөндөрдүн турак-жайынын

түрлөрүнүн бири бөлүп саналат деп да эсептейт. Кыргыздарга, казактарга жана Саян-Алтай элдерине тиешелүү маалыматтар түрк жана моңгол боз үйү деп аталган керегелүү боз үйдүн эки тибинин адепки формасы конус түрүндөгү балаган болгону жөнүндө кеңири жайылган пикирден баш тартууга негиз бербейт. Анткени менен, бул маселелерди чечүү үчүн мындан ары да иликтеп-изилдөө талап кылынат. Арийне, көчмөндөрдүн жана жарым көчмөндөрдүн көчүрүлүп жүрүүчү турак-жайынын типтеринин И. Харузин[38] тарабынан сунуш кылынган классификациясына байланыштуу негизинен таптакыр эскирип калган бир катар жоболорду кайра карап чыгуу зарылдыгы бышып жетилгенсийт, анткени ал жарыялангандан бери өткөн мезгилдин ичинде оригиналдуу көп материал топтолду- Аны жалпылоо жана турак-жайдын типтерин илимий билимдердин азыркы деңгээлине ылайык келүүчү 1 классификациясын иштеп чыгуу милдети жетилди.

Көчмөн калктын басымдуу көпчүлүгү үчүн XIX кылымдын биринчи бөлүгүндө деле боз үй жайкы гана эмес, ошондой эле кышкы да турак-жай болуп кызмат кылган. Мындан кийин жаңы турак-жай курулуштарынын пайда болгонуна карабастан, жылы бою боз үйлөрдө жашаган кыргыздардын чарбачылдары өтө көп болгон.

Боз үй өзүнүн маанисин ушул кезде деле жоготуудан алыс турат. Кыргыздардын тиричилигинде анын анча-мынчалап сакталып калып жатышы мал өстүрүүчү тоолуу жерлердеги колхоздор менен совхоздордун чарбачылыгынын өзүнчө өзгөчөлүү бөтөнчөлүктөрү менен шартталган. Ал көмөкчү жайкы турак- жай катары урунулат. Кыргызстандын көп колхоздору алыскы жайыттарга колхоздордун малы менен кетүүчү жылкычылар жана башка малчылар үчүн сатып алышат. Алардын бир бөлүгү сырттарда кышташат жана жыл бою боз үйдө жашашат, калгандары аны жаз-жай мезгилинде пайдаланышат, кышында өзүлөрү үчүн курулган үйлөрдө жашашат. Боз үйлөр чарбалык муктаждыктар үчүн да кызмат кылат. Боз үйдү көп учурда жайыттарда маданий-агартуу иштерди жүргүзүүчү жай катары да пайдаланышат. Аны той берүү жана табыт коюу сыяктуу үй-бүлөлүк окуялар болуп калышына байланыштуу сөзсүз тигишет. Колхозчулардын жана совхоздордун жумушчуларынын боз үйүнүн ички жасалгасы кээ бир өзгөрүштөргө дуушар болду-

Соңку жылдарда бийик тоолуу жерлердеги алыскы жайыттарда колхоздордун малчылары үчүн алар дайыма жашоочу үйлөрдү куруу кеңири масштабдарда кулач жайды.

Отурукташуунун алгачкы очоктору кыштоолордо пайда болуп, алардын жанындагы аңыздын чакан участокторуна мал үчүн эң жөнөкөй жайларды курушкан. Түндүк Кыргызстанда XIX кылымдын экинчи жарымында келген орус жана украин калкынын чарбалык курулуштарынын тиби кабыл алынган. Бул калктардын оң таасири турак-жайдын жаңы түрү — адамдар туруктуу жашоочу үйлөрдүн тибинин өнүгүшүнө да тийген. Алар феодал ак сөөктөрдүн жана бай малчылардын орус усталарга курдурган үйлөрү болгон. Кедейлер жана орто чарбалар кыштоолордогу айрым жерлерде сокмо дубалдуу жапма, үстү дээрлик тегиз чакан үйлөрдү өзүлөрү куруп алчу болушкан[39].

Алайдын ортоңку жана төмөнкү бөлүгүндө (Маргалаң Алайы), өз көзү менен көргөн адамдын сүрөттөп жазып кеткенине караганда, XIX кылымдын 80-жылдарында эле кыргыздарда «мал үчүн да, ошондой эле өзүлөрү үчүн да[40] кыйла жакшы жасалган кыштоолор болгон».

Памирдин кыргыздары боз үйдөн тышкары таштардан курулган жана шамалдан ылымта жерлерге салынган кепелерден да пайдаланышкан. Аларда малчылар катуу сууктардын убагында баш калкалашкан[41].

Түштүк райондордогу кыргыздар өзүлөрүнүн өзбек жана тажик коңшуларынан турак үйлөрдүн архитектурасын жана алардын ички бөлүштүрүлүшүнүн бөтөнчөлүктөрүн үйрөнүшкөн. Бул райондордо пайда болгон кыштактар өзүлөрүнүн тиби боюнча коңшу өзбек жана тажик кыштактарын эске салып турган. Түндүк Кыргызстанда кыргыздардын отурукташкан биринчи кыштактары эле жалпы турпаты жагынан коңшу орус жана украин келгин дыйкандарынын айылдарына окшош болгон. О. А. Шкапский көрсөткөндөй[42], Таш-Дөбө кыштагы кыркалата теректер тигилген, үстү көбүнчө камыш менен жабылган, терезелери чакан орустун тибиндеги чатырлуу үйлөр менен бир көчө кылып курулган.

Көчмөн кыргыздардын кыштактарга жана турак-жайлардын отурукташкан формаларына өтүшүнүн прогрессивдүү процесси Кыргызстандын аймагында бир кылка өткөн эмес. Ал түштүктө түндүктөгүгө караганда тезирээк жүргөн. Кыштактардын жана турак-жайлардын тиби да бирдей болбой, Түндүк жана Түштүк Кыргызстандын калкынын тарыхый-маданий ар кандай байланыштарына ылайыктуу калыптанган.

Улуу Октябрь социалисттик революциясынан кийин туруктуу типтеги отурукташкан кыштактарды жана турак-жайларды түзүү процесси күчөй баштаган. Айыл чарбасын туташ коллективдештирүү бул жагынан баштан- аяк өзгөрүүлөрдү алып келген. Мурдагы көчмөндөр колхоздорго биригүү менен бир убакта жашоонун отурукташкан түрүнө өтүшкөн. Коммунисттик партия жана Совет өкмөтү көчмөндөрдүн отурукташуу проблемасына чоң маани берген. Бул максат үчүн ири каражаттар каралып, курулуш материалдары бөлүнүп берилген, техникалык жактан жардам көрсөтүү уюштурулган. Натыйжада үч гана жылдын ичинде (1932—1934) 34500 көчмөн жана жарым көчмөн кыргыз кожолугу отурукташууга өткөрүлгөн. Турак үйлөрдү куруу калктын өзүнүн түздөн-түз катышуусу менен жүргүзүлгөн. Эми мурда адам жашабай ээн жаткан мейкиндиктерге көрктөндүрүлгөн жүздөгөн кыштактар орношкон. Алардын көбү Совет мамлекетинин жардамы менен тургузулган. Көчмөндөр отурукташуучу райондо 35 миңге жакын турак үйлөр курулган. Мурда чачкын жашаган үй-бүлөлөрдүн бир кыштакка биригиши турмуштун жаңы формаларын иштеп чыгууга, өндүрүштүк жана үй тиричилигин кайра түзүүгө алып келген[43].

Азыркы кездеги кыргыз кыштактары ар кыл мезгилде, тарыхый ар кыл шарттардын таасири менен пайда болгон ар түрдүү типтердин жана варианттардын чырмалышып калган татаал көрүнүшү болуп саналат. Эгерде республиканын түштүк бөлүгүндө азыркы кыштактардын мүнөзүнө коңшу өзбек жана тажик калкы менен алакада болуу сезилээрлик таасир тийгизген болсо, Түндүк Кыргызстандагы кыргыз кыштактарынан кыргыздардын орус жана украин калкы менен чарбалык жана маданий жактан жакындашуусунун тийгизген апачык таасири көрүнүп турат.

Кыргыз кыштактарындагы турак үйлөрдүн басымдуу көпчүлүгү коллективдешүү башталгандан кийин — 1930-жылдарда, кыргыз калкынын отурук- ташкан тиричиликке жапырт өтүүсү башталган кезде курулган. Мурда, ошондой эле соңку мезгилде тургузулган үйлөр аябай көп түрдүүлүгү менен айырмаланат. Бири биринен алыс жайгашкан райондордо, алардын ар биринин өзүнүн жергиликтүү бөтөнчөлүктөрү мүнөздүү[44]. Соңку жылдарда Түндүк

Кыргызстандан конструкциясынын өркүндөлүшү, кылдат жасалгаланышы ж. д. у. сыяктуулары менен айырмаланган турак-жайдын тиби улам көп таанылып жана жайылтылып жатат. Мындай типтеги үй 2—3 бөлмөдөн турат, анын шифер, карагай же камыш менен жабылган бийик чатыры, чоң терезелери, жыгачтан төшөлгөн полдору, террасасы же орустун үлгүсүндө жасалган крыльцосу бар, Түштүк Кыргызстандын кыргыз кыштактарында аралаш типтеги үйлөрдү кура башташты, аларда азыркы кездеги шаар үйүнүн белгилери Фергана архитектурасынын мыкты традициялары менен айкалышып турат.

Турак үйлөрдүн ички жасалгаларынан мурдагы көчмөндөр өзүлөрү үчүн жаңы турак-жайдын тибин өздөштүрүү процессинде пайда болгон улуттук тиричиликтин таптакыр жаңы белгиси көрүнүп турат. Анда эски боз үйдүн интерьерине мүнөздүү салттык нерселер дүкөндөрдөн сатып алынган жасалгалоонун жана үй тиричилигинин жаңы буюмдары менен тыкыс жанашып турат. Жаңы интерьердин кээ бир элементтери коңшу элдер менен узак мезгил бою алакада болуу процессинде алардан кабыл алынган.

Кечээки көчмөн кыргыздар кыска мөөнөттүн ичинде отурукташкан тиричиликтин эң маанилүү нерсесин — туруктуу типтеги турак-жайды курушту. Өзүнүн ар кырдуулугунун көптүгүнө карабастан, бул турак жай кыргыз элинин ушу кезде эле мурдагысына окшобой калган, бирок өзүнүн улуттук формасы бар, азыркы кездеги тиричилик укладынын ажырагыс бөлүгү болуп калды. Жаңы турак-жай анда жашаган үй-бүлөлөрдүн чарбачылык адистешүүсүнө ушул кезде эле байланышпай калды жана бул алардын азыркы кездеги тиричилик керектөөлөрүнө жооп берип жатат.

## *КИЙИМ-КЕЧЕЛЕРИ*

Орто Азиянын кыргыз калкынын кийим-кечеси өзүнүн өнүгүшүндө тарыхый ар кыл себептер: өндүргүч күчтөрдүн өсүшү, алмашуунун жана сооданын, коңшу элдер менен байланыштардын өнүгүшү ж.д.у.с. менен шартталган көп өзгөрүштөргө дуушар болгон. Материалдык маданияттын кээ бир башка жактарындагыдай эле, кыргыздын кийим-кечесинде өткөндө айрым урууларга мүнөздүү болгон бөтөнчөлүктөр ачык-даана көрүнүп турган.

Кыргыздардын кийим-кечеси өзүнчө өзгөчөлүү, көчмөндөрдүн кийим- кечеси үчүн типтүү көп белгилер менен да мүнөздөлөт, бул көчмөндүк мал чарбачылыгына байланышкан жашоонун тарыхый калыптанган образы менен түшүндүрүлөт. Кыргыздарды кийим-кечесинин мүнөзүнө температурасы кескин өйдө-төмөн болуп туруучу, кээ бир жерлерде кыйла катаал болуп кетүүчү бийик тоолуу климаты да белгилүү тагын калтырган. Мындай климат кээде жайкы сезондо да пайдаланылуучу жылуу кийим-кечэнин ар кыл түрлөрүнө болгон керектөөнү пайда кылат. «Дайыма суук болуп турушу жана жылуу турак-жайдын жоктугу, — деп жазган Б. Л. Тагеев XIX кылымда памир кыргыздары жөнүндө, — көчмөндөрдү дайыма жылуу кийинип жүрүүгө мажбур кылат, кебез салынган же кой жүнүнөн калың токулган чапан алар үчүн мына ошондой жылуу кийим болуп кызмат кылат»[45].

Өзүнүн негизинде натуралай алмашуу болгон кыргыз чарбачылыгынын мүнөзү революцияга чейинки өткөн мезгилде калктын негизги массасынын кийим-кечесине таасирин тийгизген. Дээрлик ар бир үй-бүлөдө өрмөктө токулган таардан, кийизден, үй жана жапайы жаныбарлардын терилеринен жасалган кийим-кече кеңири колдонулган. Анткени менен, XVIII—XIX кылымдарда эле кыргыздар кийим-кечесинин бир бөлүгүн Кашкардан жана Орто

Азия хандыктарынан алып келинген кездемелерден жасашкан. Ошол эле жактардан аз-аздап даяр кийим кече жана бут кийимдерди, көркөм-жасалга буюмдарын алып келип турушкан. Түндүк Кыргызстанга XIX кылымдын орто ченинен Орусиядан орус өндүрүшүндө токулган кездемелер (чыт, камсып, болотнай ж. б.), ошондой эле кызыл булгаары түшө баштаган.

Кийим-кеченин негизги типтери жана анын тигилиши бардык жерге жайылган. Буга карабастан, өткөндө кыргыздын тышкы турпатын аныктап келген кийим-кеченин тигилиши менен эмнеден тигилгени ээсинин кайсы тапка таандык экендигин аныктап көрсөтчү. Кедей адам адатта тыш кийим катары одуракай таар чапан кийип, анын үстүнө, кээде аны жылаңач этине кийип жүрүүгө аргасыз болгон. Койчулар жана үй жумушундагы аялдар өзүлөрүнүн эмгеги үчүн бай же оокаттуу үй-бүлөнүн мүчөлөрүнүн бирөөнүн эски, кийилип калган кийим-кечегин алышкан. XIX кылымдын экинчи жарымындагы байкоочулар кыргыздар кийим-кечесин өтө сейрек которуп кийишээрин белгилешкен, алар кийим-кечесинин тымтыракайы чыгып калганда гана кийим которушкан. 10 жашка чейинки балдар же жылаңач, же бир нерсени жонуна салып жүрө беришкен[46]. М. И. Венюков кыргыздардын тышкы турпаты жөнүндө айтып келип, «кээде көйнөк кийип жүрүшөт, бирок анысы деле ич кийим болгон эмес» деп белгилейт[47]. Бул айтылгандардын баары сөзсүз калктын эң кедей бөлүгүнө тиешелүү болгон. Феодалдардын жана малдуу байлардын тыштан алып келинген кымбат баалуу кездемелерден тигилген кийим-кечеси болгон, мисалы, алардын тондору козулардын жакшы ийленип-өңдөлгөн терилеринен тигилген. Жазы күмүш чаптырылып кооздолгон кемер курлар алардын кийим-кечесинин бөтөнчөлүгү болгон. Бут кийим, баш кийим жана жасалгаларында да мына ушундай айырмалар байкалган.

XVIII кылымга жана XIX кылымдын орто ченине таандык маалыматтар менен таанышканыбызда кыргыздардын кийим-кечесинин салттуу мүнөзү[48], ошондой эле ал дуушар болгон өзгөрүүлөр көзгө урунат. XVIII кылымдагы даректерде жол башчылары (уруу башчылары) менен карапайым элдин кийим- кечеси айырмаланып көрсөтүлөт. Ал даректерде мындай деп билдирилет: эгерде уруу башчылары парчадан тигилген кийим-кечени жана жээги кыюуланган кийиз калпактарды кийип, кызыл шайы курчанышып, бутуна кызыл булгаарыдан өтүк кийишсе, кедейлери башына жөнөкөй калпак, одуракай токулган таардан тигилген кийимин кендир менен курчанышып, кайыштан бут кийим кийишкен. Бул сүрөттөөдөн ал кездеги кыргыздардын кийим-кечеси ачык жакалуу, эркектин жана аялдын кийим-кечесинин бычылышы аздыр-көптүр бирдей, кайрыма жакалуу[49] болгон деп тыянак чыгарууга болот. Кийиз калпактар көрпө менен кыюуланып, төбөсү бийик жасалганы жөнүндөгү маалыматты — Тарых музейи (Фрунзе шаары) 1946-жылы сатып алган калпак ырастап турат, ал XVIII кылымдагы кыргыз жол башчыларынын биринин калпагы болгон. Анын төбөсү өтө шуңшугуй жасалган жана аталышына караганда (кары боюу киш ксиспак), киштин териси менен кыюуланган. Мындан тышкары анын саймалап кооздолгонун айтышты. «Тан-Шу» династиялык хроникасы байыркы кыргыздар жөнүндө жазып «алардын жол башчылары кышкысын киш тумакчан, жайкысын алтын кыюуланган кырбысы кайрылган, шуңшугуй калпакчан, ал эми башкалары кийиз ак калпакчан жүрүшөөрүн»[50] билдирет.

Ч. Ч. Валихановдун, П. М. Кошаровдун жана В. В. Радловдун байкоолорунун маалыматтары кыргыздын XIX кылымдын 50—60 жылдарындагы кийим-кечесин элестетүүгө мүмкүнчүлүк берет. Бул жерде бардык кийим-кече жөнүндө

сөз кылбай туруп, анын өзүнчө өзгөчөлүгү жана анда байыркы салттын сакталып калгандыгы жөнүндө гана эмес, ошондой эле Борбордук Азиянын кээ бир элдеринин кийим-кечеси менен шексиз байланыштары бар экендигин да айгинелеп турган белгилерин атап кетүүгө болот. В. В. Радловдун сөзүнө караганда кийизден жасалган жеңдүү тыш кийим (Радловдун айтуусу боюнча — «кибенек», азыркы кыргыздардын «кементайы»), эчкинин тыбытынан чабылган ак кийиз өтүк, ошондой эле казактарда сейрек учуроочу ак кийиз калпак кыргыздардын өзүнчө өзгөчөлүү кийим-кечесинин түрлөрүнүн биринен болгон, мына ушундан улам бул уруу (кыргыздар — С. А.) Ак-калпак деп аталган[51]. Чынында эле кыргыз фольклорунда да «ак калпактуу кыргыздар» деген эпитет учурайт. Кыргыздардын кийиз калпактары, XVIII кылымдагы даректерде жазылганга караганда, будда монахтарынын Пилу орденинин[52] баш кийимине окшош болгон.

Кыргыз аялдарынын белдемчисинин окшоштук белгилери да мына ушул багытта аныкталат. Мындай белдемчини турмушка чыккан аялдар тартынган. Мындай кийим (казак аялдарында да болгон[53]), моңгол тилинде сүйлөгөн ту (монгорлор)[54] элинде ушу кезде да учурайт. Алар аны майрам жана ырым-жырымдар өткөрүлгөн күндөрдө кийишет.

Көл кылаасында XIX кылымдын орто ченинде урунулган тик жакалуу, көкүрөгү ар кандай кооз боолор менен көркөмдөлгөн эркектердин жана аялдардын чапаны кыргыздардын чыгыш Түркстан калкы менен болгон тыкыс байланыштары жөнүндө айгинелеп турат[55]. Мурда кыргыздарда сол өңүрү оң өңүрүнө кымтылуучу белдемчи бир аз тараганы жөнүндө маалыматтар бар, ал белдемчи моңгол элдери[56] үчүн типтүү кийимге жакын болгон.

XIX кылымдын орто ченинде кыргыздардын кийим-кечесине аялдардын көкүрөктү кооздоочу сайма көйнөгү, же түстүү жиптер менен туташ саймалап, өзүнчө айрым кийилүүчү өңүр же жака, колукту кийүүчү (шөкүлө), көбүнчө териден же жүнсүз эчки-теке терисинен аңтара тигилген эркектердин (көбүнчө жибек жип менен кайылган) шымы (чалбары, кандагайы, жаргак шымы), кончу узун, таманы кыска, кууш тумшугу бир аз кайкайыңкы, бийик жыгач такалуу, милте коюп кызыл булгаарыдан ултарылган өтүктөр (аларды эркектер да кийишкен) өзүнчө өзгөчөлүк түрүн берген.

Кийим жана бут кийимдин бул түрлөрүнүн кээ биреөлөрүнө окшоштору казактардын жана Орто Азиянын айрым элдеринин кийим-кечесинен учураган, бирок бүтүндөй алганда бул кийим үчүн өз алдынчалуу этнографиялык турпат мүнөздүү болгон. Кыргызстан Орусиянын курамына кошулгандан кийин, XIX кылымдын аягы — XX кылымдын башында бир катар өзгөрүүлөр болот. Баарынан мурда орустардан сатып алынган кездемелер кеңири тарай баштаган. Рыноктук байланыштардын өнүгүшүнө, башка элдер (түндүгүндө — орустар, татарлар, түштүгүндө — өзбектер, тажиктер) менен карым-катыштын күчөшүнө, чарбалык турмуштагы жылыштарга байланыштуу кийим-кеченин кээ бир түрлөрү таптакыр жок болуп кеткен, башкаларынын тигилиши өзгөргөн, үчүнчүлөрү кескин кыскарган. Тыш кийимдерде элементтерин алмаштырган же сүрүп чыгарган жаңы, башка элдерден алынган белгилер кире баштаган[57].

Улуу Октябрь социалисттик революциясынан кийин кыргыз костюмун кайра түзүүдө айыл чарбасын коллективдештирүү жана мурдагы көчмөндөрдүн отурукташууга өтүшү, өлкөнү индустриялаштыруу жана шаардык турмуштун өнүгүшү сыяктуу факторлор чечүүчү роль ойногон. Сооданын өнүгүшү жана калктын турмуш жыргалчылыгынын жогорулашы аркасында жаңы, бөтөнчө

шаардык маданияттын таасири менен жана улуттар аралык байланыштардын өнүгүшүнүн натыйжасында кыргыз костюму өзүнүн көрүнүшүн кыйла даражада өзгөрткөн. Ал үчүн кийим-кеченин тарыхый жактан калыптанган, өз кезегинде кээ бир өзгөрүштөргө дуушар болгон формаларынын жаңы, азыркы учурдагы орус костюму негиз болуп калган кийим-кеченин түрлөрү менен айкалышып кетиши эң мүнөздүү болуп калды. Муну менен бирге, бөтөнчө ар кыл курактагы топтордун арасында кийим-кече буюмдарынын кыйла туруктуу комплекси иштелип чыкты.

Шаардык типтеги кийим-кеченин айыл жерлерине кеңири тараганына карабастан, элет жерлеринде мурдагы кийим-кеченин көп түрлөрү өзүлөрүнүн орду жана салыштырма салмагы боюнча адам курагына жана өндүрүштүк иш-аракеттин мүнөзүнө байланыштуу али да туруктуу сакталып калууда Бирок эскиче бычылып, анча-мынчалап сакталып келе жаткан кийим-кече, анын көрүнүшү калктын тиричилигине фабрикада токулган кездемелердин бекем киргенинин аркасында олуттуу түрдө өзгөрдү, мурда буларды жапырт сатып алуу кыргыз калкынын кедей-кембагал катмарларынын кеңири массасынын колунан келген эмес. Азыр элет калкынын бир аз бөлүгүнөн башкасы бардык кийим-кечесин фабрикада токулган кездемелерден тигип алышат.

Мындан 60—70 жыл мурдагыдай эле, кийим-кеченин эскиче бычылган кээ бир түрлөрү кайрадан иштелип чыгып, салттуу костюмдун жаңы талап- тарына ылайык келбей калган айрым жерлери урунуудан тез чыга баштады, алар азыр улгайып калган адамдардын арасынан гана учурайт. Дегиси, улуттук бөтөнчөлүктөр улуу муундагылардын кийим-кечесинен көбүрөөк даана, сезондуу жайыттарда мал баккан колхозчулардын кийим-кечесинен кадимкидей таасын байкалат, бул кыйла даражада бийик тоолуу жердин климаттык шарттарына байланышкан.

Кыргыздын азыркы кездеги костюмун мүнөздөгөндө анын көп түрдүү экенин белгилебей кетүүгө болбойт, бул негизинен мурдагы уруулук кээ бир бөтөнчөлүктөрүнүн сакталып калып жатышынын, ошондой эле коңшу элдер менен карым-катыштын кеңейишинин натыйжасы болуп саналат. Баарынан мурда республиканын түндүк жана түштүк бөлүгүндө жашаган кыргыздардын кийимдеринде белгилүү айырмалар болушу мүмкүн.

Түндүк Кыргызстанда жалпысынан кийим-кеченин аздыр-көптүр бирдиктүү тиби, ырас мында деле жергиликтүү кээ бир белгилер учураса да, үстөмдүк кылат. Мисалы, Борбордук Тянь-Шанда аялдар башка жерлердегиге караганда кийим-кечени узун кийишет, ал эми Талас өрөөнүндө аялдардын эски костюмунун салыштырмалуу көп элементтери, аны менен бирге, анын өзүнчө өзгөчөлүүлүгү да сакталып калган.

Өткөндө кийим-кеченин урууга жана урукка таандыгына байланышкан кээ бир бөтөнчөлүктөрү сакталып калган. Абдыкалык Чоробаевдин баалуу маалыматынын аркасында 1946-жылы түндүк кыргыздардын урук-уруулук кээ бир топторунун эркектеринин кийим-кечесине да XIX кылымда айырма болгондугун аныктоого жетиштик. Ал айырмаларды көрсөтүү үчүн бир таблицаны келтиремин, ага кийим-кеченин, баш кийимдердин жана бут кийимдердин түрлөрү боюнча тийиштүү маалыматтар киргизилген (кээ бир маалыматтар жок) (караңыз: 94—95-беттер).

Кыргыз археологиялык-этнографиялык экспедициясынын талаа жумуш-тарынын жүрүшүнөн келтирилген маалыматтар 1953 —1955-жылдары Е. И. Махова тарабынан текшерилип, анча-мынчалап оңдолгон жана такталган,

ошондой эле жаңы кеңири материалдар менен толукталган. Кыргыздардын кийим-кечесиндеги урук-уруулук айырмаларынын жергиликтүү бөтөнчөлүктөрү жана белгилери жөнүндө ал жыйнаган маалыматтардын анча-мынчасы жарыяланган[58]. Алар К. И. Антипинанын китебинде да кеңири берилген[59]. Аталган авторлордун эмгектеринде ар түрдүү (негизинен аялдардын) кооздуктар да чагылдырылган, биз мында аларга токтолбойбуз.

Кыргызстандын түштүгүндө кийим-кеченин үч комплекси даана байкалып турат. Ичкилик тобуна кирген уруулар жайгашкан Ош областынын түштүк-батыш райондорунда бүткүл Ферғананын өзбек да, тажик да калкы үчүн мүнөздүү, бирок кийимдин жалпы кыргыздык бир катар элементтери менен айкалыштырылган кийим-кече учурайт. Өзүлөрүн адигине, муңгуш топторуна кошуп жүрүшкөн уруулар жайгашкан областтын чыгыш жана түштүк-чыгыш аймагындагы кыргыз кийими түндүк кыргыздардын кийим-кечесинин элементтеринин белгиленип өткөн түштүк-батыш варианттарын дагы бириктирип тургансыйт. Акырында, Ош облусунун түндүк жана түндүк-чыгыш бөлүгүнүн аймагында түндүк кыргыздардын кийимине окшошкон кийим формалары басымдуулук кылат, бирок алар орустун шаардык костюмунун жана өзбектердин азыркы кездеги «Фергана» тибиндеги кийиминин элементтери менен айкалышып турат. Өзбекстан менен коңшу жайгашкан аймактарда өзбектердин таасири бөтөнчө сезилээрлик[60].

Башка көптөгөн элдердегидей эле, улуттук кийимдин көбүрөөк туруктуулугу аялдардан байкалат. Анткен менен келиндер, анан орто жаштагы аялдар, бөтөнчө кыздар улгайган аялдарга караганда кийим-кеченин салттык түрлөрүн өзгөртүшүп, анын жаңы түрлөрүн өздөштүрүшкөн. Бул аялдарды бардык жерде коомдук өндүрүшкө тартуунун, алардын коомдук турмушка катышуусунун түздөн-түз натыйжасы болуп саналат.

Улгайган аялдардын кийимдеринде салттуулуктун кыйла көп белгилери сакталып калууда. Аларда дагы түштүктүк жана түндүктүк аялдарга мүнөздүү айырмалар байкалат. Мурда күйөөлүү бардык аялдардын кийимдеринде элечек маанилүү роль ойногон, анын түрлөрү көп болгон, ага карап аялдын кайсы уруудан экендигин да билүүгө мүмкүн болгон. Азыр Кыргызстандын көпчүлүк райондорунда элечек оронгондор дээрлик жок болуп калды.

Аялдын баш кийими кеп такыядан, чач кептен, баш кептен турган. Ага элечек, илеки, калак оролгон. Элечек үчүн жука ак кездеме пайдаланылган. Элечектин формасына, бийиктигине жана көлөмүнө жараша, ошондой эле кооздуктарына жараша аялдын баш кийиминин төрт түрү айырмаланган.

Терең өзгөрүүлөргө карабастан, аялдардын кийими көп аймакты бүтүндөй алганда өзүнүн улуттук көрүнүшүн сактап калууда, мында аларга мүнөздүү түстөрдүн көп түрдүүлүгү, ажарлуу колорити кыйла роль ойноп жатат.

Аялдын кийим-кечесинен айырмаланып, эркектин кийим-кечесинде шаардын формаларынын алда канча сезилерлик таасири байкалат, бирок ал таасир куракты топтордо ар кандай. Азыркы кездеги шаар кийими жаш колхозчулардын арасында да кеңири тарады. Анткени менен республиканын түштүгүндө улуттук костюмдун элементтерин көбүрөөк учуратууга болот.

Элет жерлериндеги орто жаштагы эркектер көбүнчө аралаш типтеги кийим-кече кийишет. Бирок республиканын түштүгүндө алар салттык негизде бычылган тыш кийимди кийип жүрүшөт.

Улуттук кийим-кечекенин көп түрлөрү улгайган жана картаң эркектердин кийиминде туруктуу сакталып келүүдө. Аялдардын костюмундагыдай эле анда да жергиликтүү көп варианттар учурайт.

Түндүк Кыргызстандагы чабандарда жана жылкычыларда тыш кийимдин эски түрлөрү: күрөң же ак кийизден жасалган, кенен бычылган, жаанга же карга жакшы байыллдуу кементай, анан — колдон токулган ноотудан жасалган, өтө кенен узун этектүү, жеңдери узун тигилген чепкен, чекмен урунуудан чыгып кала элек, аны башка тыш кийимдин үстүнөн кийишет. Чепкенди ичилик менен да, ичиликсиз да тигишет.

Тянь-Шанда жана Көл кылаасында кара кездеме тышталган кайырма көрпө жакалуу ичик кадимки кышкы тон, адаттагы кийимдин түрлөрү болуп саналат. Түндүктө жана Ош облусунун түндүк райондорунда бул тондорду чоң көрпө жакалуу кылып тигишет жана сары, ак же кара боёкко салышат. Кыргызстандын түштүгүндө постун деген тонду кээде жакасыз жасашат, чыгыш аймактарда аларды ак боёкко салышат, батыш жактарында этегин тилик кылып тигишет. Тондун кооздолушу өтө ар түрдүү болот: өңүрүнө, этегине жана жакасына көрпө же кара кездеме кыюуланат, кездемеден ийиндерине, этегине, тиликтерине тилкелер жана үч бурчтуктар сайышат.

Көрпө тумактар да көп түрдүүлүгү менен айырмаланат. Кийиз калпак- тардын бир нече түрү дээрлик бардык жерлерде учурайт, төбөсүнүн формасы, талааларында тиликтеринин бар же жок экендиги, тигиштеринин мүнөзү менен айырмаланат. Айтсак түштүктөгүлөрдүн калпагы түндүктөгүлөрдүкүнө караганда көбүрөөк бийигирээк келип, талааларында жазы тиликтери болот. Талас өрөөнүнүн кээ бир жерлеринде калпактын кыры дээрлик келте, төбөсү туюк, талаалары жок. Көл кылаасында жана Чүй өрөөнүндө тегерек, тиликтери жок калпактар учурайт (Р. Д. Ходжаеванын билдиргенине караганда, уйгурлардын «малакайлары» туюк бышырылып этегине кара кездеме кармалып, тилинген эмес) ж. д. у. с. Кырына көп учурда кара баркыт кармалган, талаалары кошулган жерлер кара кездеме менен чыраштaлган же жылкынын кылы менен тигилген. Калпакка кээде кара жип менен оймо-чиймелер жасалган.

Кыргыздын салттуу кийим-кечеси башка көп элдердин кийим-кечеси сыяктуу эле, байыркы этностук-гендик жана маданий байланыштарды табуу үчүн баалуу булак болуп кызмат кылат. Кыргыздардын этностук тарыхынын көп маалыматтары көрсөтүп тургандай, бөтөнчө кеңири жана көп түрдүү. Бул байланыштарды карап чыгууга айрым аракеттер жасалды[61]. Аларды кылдат изилдеп чыгуу жакынкы келечектин иши болууга тийиш. Ушу тапта бул байланыштар, албетте, элдердин чоң тобун камтып, кийим-кечени мүнөздөөчү белгилеринин, анан аларга тиешелүү көп терминдерди камтып турса да, алардын кээ бир багыттарын белгилөөгө гана болот.

Бизге замандаш түрк жана моңгол көчмөндөрүндө жакында эле урунулуп келген кийим-кечеге токтолуп өтүп, Л. П. Потапов алардын кийим-кечесинин бычылышы жана жасалган материалы, ошондой эле чач коюу-тарануу жана кээ бир кооздук буюмдары Борбордук Азиянын байыркы көчмөндөрүнүн тарыхый даректеринде сүрөттөлүп жазылган же көчмөндөрдүн мүрзөлөрүндө (б. з. ч. 1-миң жылдыктын аягы — б. з. 1-миң жылдыгындагы)[62] сакталып, бизге жеткен ушундай буюмдар менен окшош экендигин туура белгилеген. Ал көрпөдөн жана жүндөн жасалган узун этек тыш кийим жана ичилиги кийиз, жумшак булгаарыдан ултарылган бут кийим көчмөндөр жашаган жерлердин климаттык

шарттарында жана дайыма атчан жүрүү үчүн да табылгыс кийим экенине көңүл бурган[63].

О. И. Руденко өз убагында батыш тараптагы казактардын кийим-кечесин изилдегг чыгып, алардын тыш кийими, ар кандай түрдөгү күрмөлөрү жана тондору, белге тартылчу буюмдары, ыштандары жана шымдары байыртадан эле урунулуп келе жатканын, көчмөн малчылар үчүн типтүү көрүнүш экендигин жазган[64]. Казактардын кийим-кечесин иликтеп-изилдөө жагында Казакстандын этнографтары тарабынан 1954—1963-жылдарда жүргүзүлгөн иштер, аларга ал кийим-кечени негиздүү сүрөттөп жазууга, ошондой эле аны Орто Азиянын, Волга боюнда, Сибирдин жана Борбордук Азиянын коңшу элдеринин кийим-кечеси менен салыштырып көрүүгө гана эмес, ошондой эле тарыхый-этнографиялык олуттуу экскурсия жасоого, ал үчүн байыркы

| Урук-уруулук жана жергиликтүү топтор | Тыш кийим (гпон, ичик, чапан, чепкен). | Көрпө тумактар | Кийиз калпак | Топу |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
| Чекир саяк уруусу: чоро Тянь-Шандын Ак- Талаа, Тогуз-Торо райондору, жарым-жартылай Кулананак району | чоро тон: койдун бордолгон терисинен жасалат, жакасы, этеги, жеңучу кара баркыт менен кобөлөнөт | тебетей: төбөсү ак кездеме, түрүмү орточо, кара көрпө, чогу шайы | тилик калпак 4 талалуу, төбөсү кара жип менен тигилген, чогу бар, талааларынын тилиги бар, кырлары кара же күңүрт баркыт же кездеме менен капталат | Ак кездемеден жасалат, четтери саймалуу |
| кулжыгач (Тянь-Шандын Жумгал району) | | мытаам тебетей: тө- бөсү ар түрдүү түстөгү чыттан жана баркыттан шырылган, чогу жок, түрүмү кара, кызыл, көк тустө, орточо чоңдукта, арт жагы түшүрүлөт | | |
| курманкожо (Тянь-Шандын Жумгал району) | айрымдары чоро тон, айрымдары ичик кийишкен | Ошондо эле | Ошондо эле | — |
| Черик уруусу (Тянь- Шандын Ат-Башы райо- ну, Нарын районунун бир бөлүгү) | Тон, койдун бордолгон терисинен жасалган, кара көрпө менен ичке көбөлөнөт | Тебетей: төбөсү кара же күңүрт түстөгү баркыт же трайке, бийик жана далдагай, чогу кичинекей | Ошондо эле | Кара ж көк, кээде а кезде- меде жасалат, сайманбай |
| Моңолдор уруусу (Тянь-Шандын Ат-Башы району, Нарын району- нун | Ошондо эле | | Ошондо эле | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| бир болүгү) | | | | |
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
| Тынымсейит уруусу (Тянь-Шандын Нарын району) | Көпчүлүгү ичик (аялдары баркыт тышталган, эр- кектери кара же күңүрт түстөгү трайке тыш- талган) кийишкен | | тилик калпак. төбөсү 4 талаалуу, кара жип ме- нен тигилген чоктуу, кырлары кесик, алдынан кара же күңүрт түстөгү баркыт же башка кездеме менен капталат | |
| Сарбагыш уруусу: (Тянь-Шандын Нарын жана Кочкор райондору). | — | — | Ошондо эле | |
| Солто уруусу (Чүй өрөөнү) | тон: койдун сары боёкко салынган терисинен жа- салган, кара баркыт менен жасалгаланган же шырылган; чапанды жаргак шымга шымданышкан | тебетей: төбөсү чакан, шырылган, (ак түстө- гүдөн башка) ар кыл кез- деме тышталган кызыл көрпөдөн | калпак. төбөсү 4 талаадан турган ак жип менен тигилет, талаалары кесиксиз, саймаланбайт, кара түстө, чогу жок | |
| Көл кылаасы: бугу, саяк уруулары, сары багыш уруусунун тынай бутагы | жазы жана узун жакалуу чепкен (кайырма) | £ | калпак. төбөсү 4 талаалуу, кара жип менен тигилген, талаалары кесиксиз, чоктуу. | |
| Тянь-Шандын Тогуз- Торо району: басыз уруусу, саяк жана чекир саяк урууларынын бу- тактары жана башка топтор | | малакай: түгү ичине каратылып туюк тигилген, четтерине кездеме кыюу салынган* | | |

даректерди тартууга да мүмкүнчүлүк берди[65]. Түркмөн-нохурлилердин кийим- кечесин талдай келип Г. П. Васильева Орто Азиядагы байыркы жашагандарынын кийим-кечесинин бычылышын мүнөздөөчү археологиялык табылгаларды ушу куздеги элдердин кийим-кечесинин бычылыш формасынын туруктуу окшош келгендигинин буюмдук далили катары туура карап, мындай кылууда Кең-Кол көрүстөнүндө А. Н. Бернштам тарабынан жүргүзүлгөн казууларды мисалга келтирет[66]. О. А. Сухареванын эмгеги бул жагынан алганда

Орто Азиянын өткөндөгү көчмөн элдери жөнүндөгү маалыматтарды өзүндө камтып турган тарыхый-этнографиялык баалуу изилдөө болуп саналат[67].

Кыргыздардын кийим-кечесинин байыркы көчмөн түрктөрдүн кийим- кечеси менен тарыхый окшош экендиги баарынан мурда кыргыздар үчүн да баса көрсөтүлүшү керек. Бул абалды ырастоочу бир нече мисалды келтирелик. Батыш тараптагы казактар үчүн мүнөздүү, бөтөнчө андайлардын арасында кеңири тараган жылуу кийим-кечени — купуну белгилеп келип, С. И. Руденко «бул шекпен, бирок ал төөнүн чуудасы менен ичтелип, көбүрөөк кең-кесири жасалган. Палеоэтнологиялык маалыматтардын негизинде бул чепкендерди түрктөрдүн кийим-кечесинин байыркы тиби катары кароо керек жана бул жупуну кийим казактардын жана алардын ата-бабаларынын бери эле дегенде эки миң жыл бою маданий байлыгы болуп келген деп ишенимдүү айтууга болот» деп жазган[68]. Кыргыздарда ушундай эле «купу» деп аталган кийим-кече: 1) тайлактын терисинен жасалган тон, 2) жаанын огу өтпөс согуштук жумшак олпок (эпосто), 3) жүн салынган жаздык[69] белгилүү. Кыргыз терминининин бул маанилеринин баары бир даректен тараганы, генндик жактан казактын «күпүсү» менен байланыштуу экендиги таптакыр ачык-айкын. Буга ушул эле терминдин байланышынын башка бутагы ынандырып турат. Изилдөөчүлөр билдиргендей, казак койчулары төөнүн жүнүнөн колдо согулган таар менен тышталган «шідем күпі» кийип жүрүшкөн. Ал койлордун же төөлөрдүн түлөп түшкөн даакысы менен ичтелген жана узатасынан тигилип коюлган[70].

Казактын бул кийимин кыргыздардын койчуларынын жүндөн колго согулган таар менен тышталган, кийиз менен ичтелген кийимине окшош деп эсептөөгө болот. Ал “чийдан”[71] деп аталган. Жакында эле өткөн мезгилде жарым көчмөндүк турмушта жашаган өзбек карлуктарда кийим-кеченин аталып өткөн тибине окшош кийим-кече урунулган. Карлуктар (эркектер жана балдар) «гуппи» кебезден жасалган топчулама көйнөк жана «чайдам» — кийиз ичтелип, жүндөн жасалган чапан кийип жүрүшкөн[72]. Бирок кеп казактардын шідем күш, кыргыздардын чайдан, карлуктардын чайдам сыяктуу кийим-кечесинин толук окшош экендигинде эле эмес, К. Шаниязов карлуктардын аталып өткөн кийим-кечесинин типтери түрктөрдө XI кылымда урунулганын аныктоого жетишти. Махмуд Кашгари аларды өзүнүн чыгар- масында атап өтөт: ялмо же «гуппи» — көйнөк түрүндө кебезден жасалган топчулама кийим; «жайдам» — кийиз материалдан жасалган тыш кийим, бул кийим жаан-чачын күндөрдө кийилген (жууркан-төшөккө да кебездин ордуна жайдам салышкан)[73].

Кийим-кеченин башка тиби — кийизден жасалган жеңдүү чепкен чайдам менен түздөн-түз байланышы бар, кыргыз мал кармоочулары аны да кийип жүрүшкөн. Ал кийимди кементай дешкен, бирок В. В. Радлов анын «кибенек», «кебанак» деген башка аталыштарын келтирген[74]. К. Шаниязов Шурчи районундагы карлуктар чайдамды «кебеняк» дешээрин жана кийимдин ушундай эле тиби ушул эле аталыш менен Ибн-Фадландын эмгегинде жолугаарын көрсөтөт[75]. Ал ошондой эле бай адамдардын чайдамы бүт бойдон каралжын, бышык басылган кийизден жасалаарын, жеңи, жакасы, этеги кооз саймаларменен жасалгаланаарын белгилейт. Эгер ошол саймаларды алып таштасак, анда мындай чайдам, албетте, чынында эле кыргыздын кементайына (кебенегине) окшош.

Түрктөрдө, деп жазат В. П. Курылев[76], кийизден жасалган кенен-чонон «кепенек» сакталып келе жатат. Анын жеңи жок, алды жагы туташ ачык. Бул кийимдин материалы, көздөгөн максаты, анын аталышы кыргыздын жана карлуктун кийим-кечесинин тибине толук төп келет, бычылышы — таптакыр

башка. Мына ошентип, эгерде карлуктардын гупписин эсептебей турган болсок, өзүнүн бычылышы боюнча айырмаланган, бирок жасалыш ыгы боюнча казактардын күписи менен окшош (топчулама кийим), казактардын, кыргыздардын жана карлуктардын кийим-кечесинин аталып өткөн бардык типтерин байыркы түрктөрдүн көчмөн мал кармоочулар үчүн мүнөздүү кийим-кечесинин үлгүлөрүнө барып такалуучу кийим-кече катары кароого болот. Терминдердин өзүнүн талашсыз окшош экендигин: гуппи (карлуктарда), күпи (казактарда) жана күпү (кыргыздарда) баса белгилей кетүү маанилүү.

Байыркы түрктөрдүн рун текстеринде «тон» — кийим дегенди билдирет. Бул сөз кыргыз, тува, хакас, шор, алтай[77], ошондой эле башка кээ бир түрк тилдеринде мааниси кандай болсо, дал ошондой берилет, анын үстүнө кой терисинен жасалган кийимди ушундай, ал эми түштүк диалектисинде жалпы эле тыш кийимди (негизинен эркектердин кийимин) тон деп коюшат[78]. Байыркы Енисей сөзү кеш[79] (кур) кыргыздын кешенесинде[80] сакталып калган. Байыркы түрктөр ар кандай илгичтер кадалган ичке кур курчанып, аларга оттук жана башка майда-бараттар, кайрак, бүлөө салынуучу баштыктарды тагынып жүрүшкөнү археологиялык маалыматтардын негизинде аныкталган. Түрктөр үчүн мүнөздүү мындай курлардын жасалгалары, баштыктары Кыргызстанда да: Чүй өрөөнүндө[81] жана Талас өрөөнүндө табылган[82]. Азыркы кыргыздар үчүн тийиштүү маалыматтарды келтире кетели. Кээ бир жерлерде, деп билдирет К. К. Юдахин, илгич деген ат менен тогоолуу (мурда коозделуп жасалган)[83] кайыш курлар тараган. Ф. В. Поярков өзүнүн күнүмдүк жазгандарында мындайча ырааттуу маалыматтарды келтирет: «Эркектин курунда оттук, шибеге, сакал тарагы жана башка буюмдары кыстарылчу. Мурда курчанышкан кисе-кур колдонуудан чыгып, өтө сейрек, карыган адамдарда гана кездешет... Кисе-кур эни 2ден 3 укумга жакын тилинген кайыштын жээктеринен көзөнөктөр чыгарылат, курдун оң кол жагына капкактуу кайыш баштыкча бекитилип, ичине таралган тарамыш, ээр токумга керектүү буюм- тайымдар салынат, ал эми сол жагына бычак жана башка жабдыктар кыстарылат экен. Мурда булардын баарысы күмүш, жез, калай жана темир менен коозделуучу[84]. Ушундай эле «Кисе» деген ат менен, художник П. М. Кошаров курга илинүүчү ок-дарылуу баштык менен оттук[85] салынган булгаары сумкени сүрөттөгөн. Ушуга окшогон ат менен «кісе-кур» тууралуу Ч. Валихановдун казактардын куралы жөнүндөгү эмгегинде баяндалып, сүрөтү тартылган[86]. Эзелки түрктөргө тиешелүү ташка түшүрүлгөн көптөгөн сүрөттөрдү көрүп чыгуунун өзү эле жакынкы өткөн мезгилде кыргыз менен казактарда пайдаланылуучу курлар менен аларга кыстарылуучу баштык менен башка буюм-тайымдар ошол даана тартылган таштагы сүрөттөргө, кээде майда-баратына чейин окшош экенине ишенүү үчүн жетиштүү[87].

Келин-кыздардын кийим-кечесинин, калыбы, байыркы дагы бир буюмуна токтоло кеткибиз келет, ал жөнүндө Ч. Валиханов: «мурда кыздар кокузбек[88] (корсет) деп аталганды (аны менен эмчек тарттырышкан) тагынып жүрүшчү эле дешет» деп жазат. Азыркы кыргыздарга бул аталыш белгисиз. Бирок Махмуд Кашкарлыктын эмгегинен биз «көкүрөк»[89] деген мааниде колдонулган «кокуз» ) деген сөздү жолуктурабыз. Калыбы, Ч. Валиханов кыздын кийиминин ушул бөлүгү үчүн кыргыздарда сакталып калган байыркы түрк терминин белгилеп калууга үлгүрсө керек.

С. И. Вайнштейн менен М. В. Крюковдун жакында жарыяланган эмгегинде байыркы түрктөрдүн турум-турпаты жөнүндөгү маалыматтарды тактоочу жана толуктоочу баалуу материал бар[90]. Алар этностук маанилүү белгилердин бирине:

тыш кийимди бүчүлөө ыкмасына чоң көңүл бурушкан, түрк изилдөөчүлөрдүн арасында бул жөнүндө пикир келишпестиктер бар. Авторлор байыркы түрктөр үчүн кийимди оңдон солго (оң өңүрүнүн үстүнө чыгарып) бүчүлөө мүнөздүү көрүнүш болгондугун ынандырарлык далилдешет[91]. Этнографтардын маалыматтарына караганда, азыркы кыргыздар кечээ жакынга чейин эле кийимди солдон оңго бүчүлөнүшкөн. Бирок мындан бир аз илгерирээк этнограф Т. Баялиева сөөк оролуучу кепин (анын бөлүктөрү тиричиликте кийилүүчү кийим-кеченин кээ бир түрлөрүнүн аталыштары менен аталат) тескерисинче бүчүлөнөөрүн аныктай алган. Ага билдиришкендей, кепинди (маркумдун жынысына карабастан) оңдон солго, а тиричиликте кийилүүчү кийимди дайыма солдон оңго бүчүлөшөт. Бул көп элдин табыт коюусу үчүн мүнөздүү салт болушу да ыктымал, бирок кыргыздардын табыт коюу «кийиминде» кийимди бүчүлөөнүн байыркы ыкмасы «тирилгенсип» турганын жокко чыгарууга болбойт, анткени, мисалы, аялдардын кепининде «белдемчи» деп, б.а. күйөөгө чыккан аялдын кийиминин бирөөнүн (калыбы бул да байыртадан эле урунулуп келе жаткан буюмдур) аталышы кайрадан учурайт[92].

Кыргыздар менен алтайлыктардын кийим-кечесин салыштырып көргөндө кыйла кызык окшоштуктар билинет. Бул элдердин улуттук кийим-кечеси бүтүндөй алганда олуттуу айырмалары бар болсо да, кийим-кеченин айрым бөлүктөрүн жана анын терминологиясын кунт коюп иликтеп-изилдеп көр- гөндө жалпы көп нерселерди табууга болот. Алтайлыктардын эркектеринин кийим-кечесинин ичинен кыргыздардын кулундун же эликтин терисинен жасалган жайкы тыш кийимине өтө жакыны «дрьаргак», анан эликтин терисинен аңтара тигилип, тондун үстүнөн кийилүүчү «дьака» деген кийими[93]. Кыргыздар да даакы кийип жүрүшкөн. Алар малдын (бөтөнчө тоо эчкинин жана эликтин) жүнү жыдытылып иштетилген терисин жаргак деп аташып, андан көбүнчө жаргак шым, кандагай тигишкен. Түштүк алтайлыктар мергенчи келишкендиктен марал менен эчкинин терисинен шым кийишкен. Кыргыздардай эле алтайлар да (телеуттар) кышында койдун терисинен жасалган шым кийип жүрүшкөн. Шымдардын бычылышы, башка бөлүктөрүнөн айырмаланып, тигилерде да, буларда да бирдей болгон. Жеңдүү кементай кыргыздар үчүн мүнөздүү кийим болгон. Алтайлыктар да XIX кылымдын 60-жылдарында кийизден жасалган тыш кийим (чокпень) кийип жүрүшкөн. Теле уттардын кышкы «турпа берүгү» Ош областынын түштүк бөлүгүндөгү кыргыздар кийүүчү телпекке окшош: төбөсү 4 талаадан туруп, түрүмүнө ичке көрпө кармалган. Мына ушундай эле окшоштук кыргыздардын чылгый териден жасалган чокоюнан да табылышы мүмкүн, алтайлыктар анын кончун узун тигишет.

Кашкардык кыргыздардан биз тонду жува деп атаган терминди учураттык, ал алтайлыктардын жесир аялдарынын «чуба» деп аталган кийимине окшош.

Телеут аялдарынын көйнөгүнүн көкүрөк жасалгалары «төштүгү» бычылышы жагынан кыргыз аялдарынын эски көйнөктөрүнүн көкүрөк жасалгаларына — саймаланган жакаларына же өңүрлөрүнө окшош[94]. Акырында, телеут аялдарынын тону бычылышы жагынан кыргыз аялдарынын ичигине жакын.

Олуттуу бир катар окшоштуктар терминдеринде гана эмес, ошондой эле кийим-кечесине тийиштүү буюмдардын типтеринин өзүндө да, кыргызмоңгол байланыштарынын багытында да байкалат. Моңголдордо мерген- чилер бугунун жана багыштын терисинен жасалган булгаарыдан жасалган «бойтог» деген бут кийимди[95] кийишкен, тянь-шандык кыргыздарда бойто деген аталыш менен булгаарыдан тигилген кепичтердин[96] түрү белгилүү. Кыргыздардын

«кандагайы» моӊголдун «хандагасы» — багыш деген атка түздөн-түз байланышкан. Кыргыздар менен алтайлыктардын топчусу — «топчысы» башка түрк тилдеринде учурабайт, бирок моӊгол тилинде «тобшо», «топчи»[97] деген сөз ошол эле маанисинде колдонулат. Кыргыздарда сөйкө деген аталыш менен көкүрөк жасалгасы белгилүү, ал жасалга-чынжыр — көп сандаган кооздуктар чиркелген конус түрүндөгү чоӊ сөйкө формасында болгон. Батыш тараптык моӊгол аялдары сөйкөлөрдүн ордуна кулактарына узун илгичтерди — чынжырлар менен күмүш же металл кооздуктарын чиркештирип тагынышкан[98]. Орто кылымдардагы моӊголдор сөйкөнү «зшке» деп аташкан[99]. Моӊголдордун баардык аялдары баркыт же кездеме чач бастыргычтарды тагынышкан[100]. Кыргыз аялдарда да өрүлгөн чачтар салынчу баркыттан түтүкчө түрүндө жасалган тилкечелер урунулган. Аларга кооз күмүш каӊылтырлар, топчулар, берметтер тагылган. Аларды чачпак же чачкап деп аташкан[101]. Кыргыз аялдарынын кеп такыясына түштүктүк моӊгол аялдарынын үзүмчүсүнүн жакын окшоштугу бар, андан түстүү таштар, күмүш же металл каӊылтырлар тизилген чынжырлар саамай чачтарга тагылган[102]. Батыш тараптагы моӊголдор менен кыргыздардын бут жана баш кийимдеринде, аялдардын көйнөгүнүн көкүрөк саймаларында ж. д. у. сыяктууларында бөтөнчө көп окшоштуктар бар.

Тувалыктар менен кыргыздардын кийим-кечесинде да кээ бир байланыштарды байкоого болот. Буга бир гана далил келтирүү менен чектелебиз. Тувалардын бардык тыш кийимдери үчүн сфера түрүндөгү ичи көӊдөй бир көздүү топчулар (жезден, күмүштөн жасалган) мүнөздүү. Пий-Хем районунда табылган ушундай типтеги сфера түрүндөгү коло топчуларды С. И. Вайнштейн түрк мезгилине таандык кылган (VIII—IX кылымдар)[103]. Мына ушундай типтеги топчуларды кыргыздардын кыздарынын жана балдарынын кийимдеринен жакында эле жолуктурууга мүмкүн болучу. Памирдик кыргыздардын аялдарынын баш кийимине буун, түймө, буйнак[104] тигилчү же алтын жалаткан күмүш коӊгуроолор сөзсүз аралаш тагылчу.

Кыргыздардын салттуу кийимдери менен казактардын жана Орто Азия элдеринин, бөтөнчө өзбектердин жана тажиктердин кийимдеринин кеӊири байланышына токтолуп отуруунун зарылдыгы жок. Аларга Е. И. Махованын жана К. И. Антипинанын эске алынып өткөн изилдөөлөрүндө эле чоӊ көӊүл бурулган болучу. Мисалы, кыргыздар менен тоолук тажиктердин бут кийим типтеринин (кыргызча меку, чарык, тажикне мукки, чорчък), аялдардын маӊдай таӊгычтарынын (кашкардык кыргыздарда чеке тацгыч; тажикче сарбанд же мандил)[105] жана башка көп нерселердин төп келүүчүлүгү байкалат.

Кыргыздардын кийим-кечеси жана кооздуктары өзүнүн көп сандаган варианттары жагынан ар тараптуу байланыштарга мүнөздүү. Алар биздин көз алдыбызга Орто Азиянын жана Борбордук Азиянын маданий таасирлеринин көп кылымдык аралашуусунун өзүнчө, өзгөчөлүү жемиши катары тартылып, ошол эле убакта байыркы түрк-малчылардын жана аӊчылардын кийим- кечесинин көп белгилерин сактап турат.

## *ТАМАК-АШЫ*

Кыргыздарда дыйканчылыктын бир аз тараганына карабастан XIX кылымдын үчүнчү чейрегине чейин алардын тамак-ашы мал чарбачылыгынын үстөмдүк кылып турушу менен аныкталган: аларда сүт азыктары жана эт басымдуулук кылган. Ч. Валихановдун байкоолоруна караганда, XIX кылымдын орто ченинде түндүктүк кыргыздар, Ч. Валиханов таруу ботко жөнүндө эске салып өткөн болсо

да, негизинен «сүт жана өлгөн малдын эти менен» тамактанышкан[106]. Бул мезгилде, мисалы, Памирдин жана Каратегиндин кыргыздарына ун деген белгисиз болгон: ун алардын колуна тийип калган күндө деле андан нан жабышпай, жарма жасашкан[107].

Кыргызстандын Орусиянын составына кошулушунан кийин көп өтпөй эле кыргыздардын чарбачылык укладында башталган өзгөрүүлөр алардын тамак-ашында дан азыктарынын үлүшү көбөйүшүнө алып келген[108]. Андан кийинки мезгилде кыргыз калкынын көпчүлүгүнүн тамак-ашынын негизги түрлөрү сүт, өсүмдүк азыктары жана анча-мынчалап гана эт азыктары болуп калган. Байкоочулар кыргыздардын көпчүлүгү үчүн эт өтө бардарлыктын белгиси жана өтө бай адамдардын гана күндөлүк жеп турган тамак-ашы болуп калганын[109] мурда эле жөндүү белгилешкен.

Кыргыздардын тамак-аш режиминин өтө бөтөнчөлүктөрүнүн бири — анын жылдын мезгилине мүнөздүүлүгү болгон. Жылдын жылуу мезгилдеринде тамактануу сүт азыктарынын негизинде жасалса, кышында кээ бир сүт азыктары (сыр, май, туздалган быштак) кошулган ун жана дан тамак-аштары басымдуулук кылган. Дайыма, бөтөнчө чала тоют тамактануу калктын көпчүлүк бөлүгүнүн үлүшү болгон, мал массалык түрдө кырылып калган учурларда, көп мезгилде чыныгы ачарчылык башталган.

Кыргыздын улуттук дасторкону аны түзүүчү тамак-аштарынын түрлөрү боюнча кыйла бай. Бирок ушундай болсо да калктын негизги массасынын тамактанышы өтө жардылыгы жана бир түрдүүлүгү менен айырмаланган. В. И. Кушелевский «жарды кыргыздар жарым ачкачылыкта, жүгөрү жарма же суусуга эзилген курутту ичип күн көрүшөт»[110]. Адатта кедейлер жана жармач орто чарбалар жыл бою суюк тамак-аш менен канааттанышкан. Анын өтө таралган түрү максым жана жарма болгон. Жарманы муздак бойдон ачыбаган да, ошондой эле ачкыл да түрүндө ичишкен. Булардан тышкары талкан, сүт же айран катыкталган көжө (көчө) көп колдонулган. Сейрек учурда шорпо жасашкан. Тамак катары таруу боткону да жешкен[111].

Бардык эле кедейлердин көчмөндүк адаттагы тамагын — жууратты күн сайын ичип жүрүүгө мүмкүнчүлүгү болгон эмес. Малчынын жакшы көргөн тамактарынын бири — кымызды кедейлер сейрек ичкен, аны да көп учурда байдын дасторконунан кайыр-садага катары, же байлар жана манаптар той-топур берген убактарда сый тамак катары ичишкен. Кант жөнүндө айтпаганда да, чай кедей үчүн дээрлик кол жетпеген нерсе болгон, ал тургай нан да анын күн сайын жей турган тамагы болгон эмес. Ошол эле убакта кыргыз калкынын оокаттуу катмарларынын тамак-ашы мол жана ар түрдүү болгон.

Мурдагы мезгилде калктын ар кыл катмарларынын тамак-ашы көп жагынан колдогу чарбачылыктын мүнөзүнө байланыштуу болгон.

Азыркы кездеги кыргыз калкынын тамактанышына социалдык-экономикалык укладды терең кайра түзүүлөр, маданият деңгээлинин жогорулашы жана бөтөнчө, мурдагы көчмөндүк жашоонун — отурукташкан түрүнө өтүшү өз таасирин тийгизди.

Муну менен бирге, тамак-аштын түрдүүлөнүшүнө шаар жана коңшу орус, өзбек, тажик, дунган жана уйгур калктары менен байланыштардын кеңейиши таасир этти. Бул таасир Көл кылаасында, Чүй өрөөнүндө, Түштүк Кыргызстанда бөтөнчө байкалаарлык. Тамак-аш бүтүндөй алганда өзүнүн улуттук мүнөзүн сактап турушун улантып, аны даярдоо жолдору олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болбосо да, анда жаңы, мурда белгисиз болгон тамак-аштар да пайда болуп, ал ар

түрдүү болуп калды. Тамак-аш көчмөндөргө мурда дээрлик белгисиз болгон чарбачылыктын жаңы тармактарынын: огородчулуктун, багванчылыктын, аарычылыктын, канаттууларды өстүрүүчүлүктүн өнүгүшү менен кыйла даражада байыды. Буга карабастан, тамак-аш өзүнүн сезондук мүнөзүн, бөтөнчө малчылардын арасында толук даражада жогото элек. Күзүндө жана кышында тамак-аш көбүрөөк аш болумдуу жана ар түрдүү болот, жайкысын андан чай жана муздак суюк тамак-аштар кыйла орун алат, ысык тамак-ашты көбүнчө кечкисин даярдашат.

Калктын басымдуу массасынын тамак-ашынын сапат жагы кескин жакшырды, тамак-аштын өтө аш болумдуу түрлөрүнүн салыштырма салмагы жогорулады. Баарынан мурда эт, мал майы кыргыз колхозчусунун дасторконунда сейрек учуроочу тамак-аш болуудан калды. Картөшкө, жашылча жана жемиштер, бал, сатып алынчу азыктар (кант, кондитер азыктары ж. б.) тамак- аш үчүн кадыресе колдонулуп жатат, күрүч, аны менен бирге палоо кеңири массанын колу жеткен тамак-ашы болуп калды, тамак-аш үчүн канаттуулар эти, бышырылган жана куурулган жумуртка колдонула баштады. Тамак-аш бышырууда пияз, помидор, бадыраң, сабиз, капуста (кээде щи дагы бышырылат) сыяктуу жашылчалар кыйла көп колдонулат. Түштүк Кыргызстанда жашылча жана жемиштер тамак-ашка небак эле аралашып калган, мында ашкабакка кыйла орун таандык, аны шорпого, чүчпарага кошушат, эт менен жешет жана өзүнчө тамак катары даярдашат. Адаттагы көмкөрмө токоч жана көмөч нан менен катар Түштүк Кыргызстанда жана Талас өрөөнүнүн айрым бөлүгүндө тандыр (ал Түндүк Кыргызстанда, көбүнчө Көл кылаасынын аймагында тараган жана анын формасы башкача болот) нан менен бирге азыркы кездеги жол менен бышырылган нан да колдонулат.

Сүттөн жана сүт азыктарынан айран, кымыздан тышкары курут даярдашат: аны кышкысын кургатылган же майдаланган жана жылуу сууга эзген түрүндө колдонушат, сүзмө даярдашат, айрандан жайкысын суусундук катары чалап жасап суусунга ичишет, быитгак же пышлак жасашат (көбүнчө түштүктүк кыргыздарда даярдалат жана жасалганынан алгачкы бир нече күндөн кийин тамак-аш катары колдонушат), эжигей кайнатып алышат, сары май, каймак ж. б. даярдашат. Май даярдоо ыктарында айырма бар экенин айта кетүү керек. Айтсак, түштүктө тараган — жыгач же металлдан жасалган май чалгыч (куу же гуу) Түндүк Кыргызстанда кеңири колдонулбайт.

Сүт тамак-ашы колхоз малчыларына жайкысын негизги тамак болуп саналат. Алар кышка көп өлчөмдө курут, сары май жана туздалган быштак даярдашат. Малчылар жайлоодон түшүп келишкенде ушу кезде да аларды өрүлүктөп барышат. Мурда кыштоого эрте келишкендер жаңы түшүп келишкендерге өрүлүктөп барышкан. Азыр айылдарда жашаган тууган- туушкандары жайлоодон келгендерге суусундуктарды, улуттук таттуу тамактарды, жапкан нан, жемиштерди д. у. сыяктууларды алып келишет. Малчылар аларга сүр салып, курут, май берип сыйлашат.

Дан азыктарынын молдугу колхозчуларга ундан жасалган ар түрдүү тамак-аштарды колдонууга мүмкүнчүлүк берет, алар азыр тамак-аштын арасынан бекем орун алып калды. Ундан өзүлөрү жакшы көргөн боорсок, көмөч, каттама, май токоч, куймактарды ж. б. жасашат. Боорсокту эми көп учурда кумшекер кошуп бышырышат. Түштүктө, ошондой эле Талас өрөөнүндө таруу жана жүгөрү талкан ушу кезде деле колдонулат. Аны сүткө же майга көйлөп жешет, же чай менен кошо беришет.

Ундан жасалган тамак-аш өтө көп учурда башка азыктар менен катарлаша колдонулат, кээде эт кесме же сүт кесме жасашат, түштүктө күрүчтөн сүтботко шооланы көп жешет. Чай менен бирге нан сөзсүз кошо берилет.

Чай кыргыздарда өтө кеңири таралган суусундуктардын катарына кирет. Мисалы, Ысык-Көл ойдуңунда кечээ жакында эле чайды көп учурда өздөрү даярдап алышкан, чайды, көбүнчө таш чай сатып алуу баарынын эле колунан келген эмес. Ч. Валиханов өз убагында эле кыргыздар «калмактардын затуранындай»[112] чайды туз кошуп кайнатып алышаарын белгилеген. Түндүк кыргыздардын арасында революцияга чейин куурма чай кеңири тараган: майга унду же талканды кууруп, сууга сүт аралаштырып, ага туз салып кайнатышкан. Түштүктүк кыргыздар даярдаган чайды В. М. Кушелевский минтип сүрөттөп жазган: «Кээде чай сүттүн, майдын, туздун жана калемпирдин аралашмасы түрүндө казанга кайнатылат, мындай кайнатылган учурда, ал шир-чай же ак-чай, ошондой эле калмак чай деп аталган. Мындай аралашма-чайга караганда шорпого көбүрөөк окшош жана ал көчмөн калкта кыйла кеңири колдонулган»[113].

Азыр бардык жерде кадимки эле чайды сатып ичишет, анын үстүнө Түштүк Кыргызстанда жайында көк чай ичкенди жакшы көрүшөт. Түндүктөгүлөр чайлык сууну, эреже катары, самоордо (ал, бул жерде XX кылымдын баш ченинде пайда боло баштаган), түштүктөр көбүнчө металл чөөгүндө кайнатышат. Түндүктөгүлөр чайды ар бир кишиге бирден пияла менен беришсе, түштүктөгүлөр бир-эки пияла менен кезектешип ичишет. Дасторконго чай менен кошо нандан жана боорсоктон тышкары май, каймак, кургатылган жемиштер, татты, мисалы, бал коюлат. Көл кылаасындагылар жана башка кээ бир жердегилер чайга кээде жаңы саалган жана бир аз туз салынган сүт куюп ичишет. Башка суусундуктардан биз жогоруда эскертип өткөн жарма, ошондой эле бозо кеңири таралган, бозону негизинен кышында таруудан, арпадан же жүгөрүдөн жасалган шакка угут кошуп ачытышат. XIX кылымдын 60-жылдарында В. В. Радлов кыргыздар таруудан кантип бозо жасашканын, андан кышында ичилчү арак тартышканын көргөн[114]. Кыргыздар ал кезде сүттөн чыгарылган аракты да ичишкен[115], ал үчүн кымызды Борбордук Азиянын кээ бир элдери кандай жол менен иштетишсе, дал ошондой жол менен иштетишкен[116]. Кийинчерээк ал арак колдонулуудан чыгып калган.

Эми кымыз менен катар (аны жайында көбүнчө малчылар ичишет) накта кымызга ачытылган уй кымызды да ичишет.

Түштүктө жүгөрү унунан жасалган аталаны көп колдонушат, аны айран же май кошуп ичишет.

Кыргыздар эттин ар кандай түрлөрүн: жылкы эти (бул бөтөнчө бааланат), кой, уй этин, ошондой эле жапайы айбанаттардын: тоо текенин, эликтин жана кулжанын, илбээсиндердин этин тамак-ашка колдонушат. Мергенчилердин арасында эт бышыруунун эски жолдору ушу кезге чейин сакталып келет[117]. Адатта этти баардык жерде чоюн казандарда бышырышат.

Эт тамак-ашынын өтө көп таралган түрү койдун бышырылган эти. Кесилген этти сорпого малып жешет, мындан тышкары сорпону тамак жээр- дин алдында жана андан кийин ичишет. Сорпону кымыз же айран катыктап да ичишет, мындай сорпо ак серке деп аталат, муздак суу кошулуп ичилчү сорпону кара дөц дешет, аны адатта этке нык тойгондон кийин ичишет[118].

Тууралган эт (азыр аны көп учурда беш бармак дешет) кыргыздардын эң жакшы көргөн тамагы, аны ошол эттин сорпосуна бышырылган камырга аралаштырып, үстүнө чык[119] куюп даярдашат, XIX кылымда Түндүк:

Кыргызстанда этке камыр аралаштырышкан эмес жана андай этти нарын деп коюшкан. Түштүктүк кыргыздарда нарын ушу кезде да учурайт. Ага тууралган пияз аралаштырышат. Койдун сүт жана май куюлуп сууга бышырылган өпкөсү — олобо, жылкынын чучугу кыргыздардын эң жакшы көргөн тамагы. Күлчөтай жана куурдак, куурма да жешет.

Памирдик кыргыздардын өтө кызыгууну туудурган эт бышыруу ыгын Ю. Д. Головина минтип билдирет: «мууздалган койдун ичеги-карынын алып таштап, анын ордуна куйругун салып, жүнү алынбаган териси менен тигип, аны катуу ысытылган кордуу чуңкурга салып, бир аз топурак менен жабышат, анан анын үстүнө белгилүү убакка чейин отту жага берет. Койдун эти мына ошондо болгон ширесин жана майын өзүндө сактап калат[120]. М. Айтбаев минтип жазат: «Чанда бир учурда этти мындайча бышырышкан. Ичеги-карыны алынып салынган койдун этин ысык чоктуу чуңкурга салышкан. Анан ысык чок көп болсун үчүн үстүнө алоолонто от жагышкан. Мындан соң чуңкурга аба кирип кетпеши үчүн анын үстүн таш, топурак менен көмүшкөн. Эртеси этти чуңкурдан чыгарып алып, күйүгүн кырып салышкан... Кээде этке калемпир, туз себишкен, Кыргызстандын түштүгүндө күрүч кошушкан[121].

К. Шаниязов койчу карлуктар жайлоодо этти (көммө шорпб) ушуга окшош ык менен бышырганын минтип жазат: «Соолукту, ирикти же эчкини союп, анын этин жана майын туздашып ошол чийки бойдон малдын терисине ороп көктөшкөн. Бул үчүн терисин куйкалап, аны жакшылап тазалашкан. Тереңдиги 50—60 см. чуңкурга от жагып, анан бир аз убакыт өткөндөн кийин эт жана май салынган терини чуңкурга салып, үстүн топурак менен көөмп коюшкан. Буу чыгып турушу үчүн теринин орто жерине (киндиктин тушунан) камыш түтүк сайылып, анын учу тышта калтырылган. Көммө шорпо мына ушинтип бир күн бою даярдалган, аны чабандар бир нече күн бою жешкен[122].

В. П. Курылев түрктөр ушундай ыкманы колдонушканы жөнүндөгү маалыматтарды келтирет. Анын айтуусунда, токойлуу жерлерде «күйүк кебаб» жасашат: койдун этин терисине орошуп, анан аны алдын ала катуу ысытылган чуңкурга салышат да, үстүн жаап, от жагышат[123]. Этти кордоп бышыруу да мына ошондой ыкманын катарында турат, бул жөнүндөгү маалыматтарды К. К. Юдахиндин «Сөздүгүнөн» табабыз. Ал таш кордо деп аталат. Аны даяр- доо үчүн ичеги-карыны алынып ташталган, бирок териси сыйрылбаган койдун же эчкинин эти — ичине ысытылган таштар салынып бүт бойдон бышырылган[124]. Бул ыкмалардын баары мергенчилердин жана мал туткан көчмөндөрдүн чарбачылыгы менен байланышкан, тиричиликтин эң байыркы формаларынан келип чыгат.

Бышкан эттин устукандарын меймандын «кадырлуусуна» карап тартуу чоң кызыгууну туудурат. Буга К. К. Юдахин биринчи болуп көңүл бурган. Ал мындай деп жазат: «Мейманчылап жүргөн убагымда табактан жылкы этин да, койдун башын да учуратпаганымда бөтөнчө таң калдым. Көрсө, түндүктүк кыргыздарда (эскертүү: «баш — солто менен сарбагыштарда өтө жогору бааланат — С. А.) ушунчалык кадырланган бул тамактар бул жакта баркталбайт экен. Мунун эсесине түндүктө баркталбаган бөйрөк башка устукандар менен катарлаш берилет экен. Бул этнографиялык жактан өтө маанилүү факты»[125]. Кеп, албетте, бөйрөктө эмес, мында устукандардын арасында уачанын эң биринчи орунда турганында. Кыргызстандын түндүгүндө жана түштүгүндө бир катар карыялардын пикирин сурап билишибиз устукан тартуу ырасымында чоң

айырма бар экенин көрсөттү. Анын үстүнө тигил же бул устукандын «барктуулук» даражасы ал койдун же жылкынын устуканы экенине жараша болот. Карыялар аялдарга «эркектердин» барктуу устуканы берилбестигин баса көрсөтүшсө да, мейман аялдарга ушундай учурларда дал ошондой эле устукандар тартылат.

Көл кылаасында өтө кадырлуу мейманга кой союлганда ага жамбаш, андан соң, баш, жото жилик же кабырга тартышкан. Тянь-Шанда (Ат-Башы, Ак- Талаа райондорунда) кабырга биринчи орунда, андан кийин жамбаш жана баш турат. М. Айтбаевдин маалыматына караганда, Ысык-Көлдө, Нарында, Тогуз-Торо жана Тянь-Шандын башка райондорунда улуу жана кадырлуу мейманга баш тартышат, Ат-Башы, Кочкор, анан Жумгал райондорунда мындай эмес[126]. Ысык-Көлдө жылкы этин тартууда, бөтөнчө аштарда жана ар кандай тойлордо табак тартууда жогоруда эске салынып өткөн уча эң барктуу устукан деп эсептелет[127]. Андан соң кабырга, жамбаш ж. б. устукандар берилет. Тянь-Шанда чоң аш-тойлордо жылкынын учасы биринчи, карчыга — устукан болуп берилген[128], адаттагы шарттарда болсо, кабырга биринчи орунда турган. Түндүктүк кыргыздарда аялдар үчүн койдун куймулчагы[129] барктуу устукан деп эсептелет.

Меймандагы сый көрсөтүү жөнүнө жазып алган Ч. Ч. Валихановдун төмөнкү эскерүүсү өзүнө көңүл бурдурат: «... биздин алдыбызга кой эти үйүлө салынган табакты коюшту, анын эң үстүндө куймулчак — эң барктуу устукан турду»[130].

Чыгыш Памирде жана Чоң-Алайда — койдун куйругу[131] (буйрак), Ноокат районунда (муңгуш жана каңды урууларында) — куймулчак, Лейлек районунда — уча эң барктуу устукан деп эсептелет. Жылкы эти жагындагы маалыматтар да ар кандай. Эгерде Памирде — жая[132], Алайда — жамбаш[133] жылкы этинин эң барктуу устуканы деп айтышса, Ноокат районунда учаны эсептешет. Памир-Алайда — кадырлуу мейман аялга «карчыга» тартылат.

Келтирилген кыскача бул маалыматтарга таянып, казак жана саян-алтай элдерине тиешелүү маалыматтарды карап чыгууга болот. Казактардын кадырлуу мейманга тартуучу эң барктуу жуп устуканы — жанбас[134] кыргыздардын жамбаш устуканына толук төп келет. Ноокат районунда ашыктуу жилик үчүнчү (куймулчактан жана жамбаштан кийинки) орунда турганын белгилеп өткөн элек, бул казактардын барктуу экинчи устуканына — «асыктуу жилигине» туура келет. Төштүн жөн-жайына келсек, ал казактарда жаш күйөө балага, эгерде ал жок болсо кызына же аялына (моңголдордо — кыздарга же жаңыдан турмушка чыккан келинге)[135] берилген, бул да кыргыздардыкына төп келет, «мурда аларда төш меймандарга тартылган эмес, аны аялдар мүлжүгөн»[136]. Памирде жүргөнүбүздө аялдарга тартылчу кой этинин устукандарынын ичинен төштү акыркы орунда аташты. «Куймисакты, — деп жазат Н. Ильминский, — кыздарга беришет»[137]. Биз бул жерде да Кыргызстандын түндүгүндө учураган куймулчак тартуу каадасынын төп келгенин көрүп турабыз. Башка жагынан кыргыздар менен казактардын устукан тартуу тартиби бири бирине дал келбейт.

Мунун эсесине, алтайлыктар жана тувалар каадасы менен салыштырууда табылган окшоштуктар өтө маанилүү. Меймандар келгенде алтайлыктарда союлчу малдын устуканын бөлүштүрүү жөн-жайын сүрөттөп жазып келип В. В. Радлов, арка жана куймулчак устуканы — алардын өтө барктууларынан экенин эскертип кеткен[138]. Бул сүрөттөп жазууга байланыштуу мага жазып жиберген пикирлеринде Л. П. Потапов минтип туура көрсөткөн: «Менимче, устуканды мындай бөлүштүрүү тартибинде алтайлыктардын социалдык-экономикалык теңсиздигинен келип чыккан коомдук абалы басымдуулук абалга ээ болсо керек.

Мисалы, келин той берүү жана курмандыкка чалынган малдын (шаман рухуна курмандыкка чалынган жылкынын же өгүздүн) устуканын бөлүштүрүүдө сакталып калган устукан бөлүштүрүүнүн көбүрөөк эзелки жолдоруна ылайык, баш жана төш, анан төштүн керчөөсү да, өтө кадырлуу меймандарга, мисалы таякесине (taj), жээнине (тойду тайы берип жатса) берилген». Н. П. Дыренкованын билдирүүсүнөн кыргыздарда эске салынып өткөн учаны да учуратабыз. Ал минтип жазат: «Келин тойлордун убагында күйөө баланын жана колуктунун ага-туугандарына эң «барктуу устукандар — uca же tøs тартылган... Кыздын таякеси жайланып отуруп, учаны колуна алгандан кийин гана сыйлоого киришишкен. Башка устукандардын арасында төш сөзсүз болгон. Таякеси төштү жээнине бергенден кийин гана тамакты жей баштаган. Күйөө баланын таякесине, адатта союлган койдун башын тартышкан (goj bas sallatan)[139].

Тувалардын тамак-ашын сүрөттөй жазып келип, Л. П. Потапов койдун төшү эң кадырлуу мейманга, же (эгерде меймандар жок болсо) үй ээсине берилет деп белгилейт. «Ужа» (караңыз: кыргызча уча) эң барктуу жана жегиликтүү устукан деп эсептелет. «Бул (саян-алтай элдери жөнүндөгү этнографиялык адабияттарда жакшы белгилүү) аталышты айтышканда, кабыргаларынан жана эки санынан ажыратылган койдун сегизинчи омурткадан куймулчактын учуна чейинки мүчөсү эске алынат»[140].

Алтайлыктарда жана туваларда өтө баркталган устукандын бири — төштү мындай койсок, анда кой же жылкы этинин түндүктүк жана түштүктүк кыргыздардын, алтайлыктар менен тувалардын бир катар топтору үчүн жалпы устукан (уча, ужа) калат. Бул элдердин ата-бабаларынын ортосундагы этностук-гендик жана тарыхый байланыштарды аныктоо үчүн бул фактынын маанисин баалоо өтө кыйын, анткени тиричиликтин мындай чөйрөлөрүндө этностук салт-саналар бөтөнчө туруктуу келет.

Мурда малчы ири жана анча-мынчалап орто чарбалардын ээлери гана этти жетишээрлик камдап алууга мүмкүнчүлүгү болгон. Эми колхозчунун дээрлик ар бир үй-бүлөсү кышка согум[141] союп алат. Кеч күздө бир-эки кой, кээде жылкы союп алышат. Эттин бир бөлүгүн бир аз туздап, аны терисине эки күн ороп коюп, анан кампага илип салышат. Кушелевскийдин маалыматына караганда, этти өзүнүн эле терисине бир нече убакытка ороп коюп, андан соң боз үйдүн ичиндеги очоктун үстүнө бийик илип алып ышташкан же сүрсүтүшкөн[142]. Азыр айылдык кыргыздардын ар биринин үйүндө ашыкча азык- түлүктөрдү сактоо үчүн өзүнчө жай бар экени мүнөздүү. Мурда андай жайлар болгон эмес, анткени анча-мынча азык-түлүктү боз үйдө эле сакташып, дан куюу үчүн гана ороо казышкан.

Жылдын башка мезгилинде деле үй-бүлөлүк же коомдук салттарга, уяттуу коноктор келгенине байланыштуу эт бышырып даярдашса да, эттен жасалган тамак-ашты негизинен кеч күздөн кыш бою жешет. Эттен жасалган тамак- аштар малчыларда кышкысын басымдуулук кылат. Салтанат дасторконго эттен тышкары май, пияз жана калемпир, кээде күрүч кошуп жасалган быжы. да коюшат[143].

Эттен жасалган адаттагы тамак-аштар менен катар, турмушта экономиканын өзгөрүүлөрү, башка элдер бөтөнчө орустар менен тыкыс байланыштардан улам пайда болгон жаңы тамак-аштар да тартыла баштаган. Бул жаңы керектөөлөрдүн жана жактыруулардын пайда болгондугун айгинелеп турат. Жаңы тамак-аштардын арасында картөшкө жана пияз кошуп жасалган сорпо, шорпо, жаркөп, ичине картөшкө салынган пирожки ж. б. бар. Уйгур-дунгандардын кээ бир тамак-аштары, мисалы, өзбектер менен уйгурлардын касканда бышырылган

мантуусундай эле чучпара, лагман күндөлүк тиричиликке кирип калды, өзбектердин палоосу той-топурдун тамак-ашы катары Түндүк Кыргызстанда да даярдала баштады. Көл кылаасында көп учурда таруу ботко да даярдашат[144].

Өтө даамдуу, эт тамак-аштарын адат боюнча, көбүнчө кечкисин жешкени мүнөздүү көрүнүш. Бирок куурдакты, жаркөптү, мисалы, кээде күндүз деле жешет.

Ысык тамак-ашты очокко асылчу казанда даярдашат. Аны дасторконго эмалдалган же фаянс идиштерге куюп беришет. Тамакты жана чайды жерге салынган шырдактын (кийиздин) үстүнө жайылган дасторконго уй мүйүз тарта отуруп ичип-жешет. Бирок Көл кылаасында жана Чүй өрөөнүндө (аз-аздап Талас өрөөнүндө жана Тянь-Шанда) жапыз тегерек столдор колдонула баштаган, үй-бүлө мүчөлөрү ошону тегеректей отурушуп тамак ичишет. Мурда эң акыркы орундарда отуруп, тамак-аштын начарын ичип келишкен аялдар жана балдар азыр үй-бүлөнүн башка мүчөлөрү менен бирдей тамактанышат. Үй тиричилигинде болгон чоң өзгөрүштөр мына ушундан көрүнүп турат.

Өткөндө жарым көчмөндүү турмушка ылайыкташылган эски үй тиричилик эмеректери, жыгач жана тери идиштер эми негизинен малчылардын боз үйлөрүндө гана учурайт. Бирок жыгач соку, челек, чакалар, эт салынчу чуңкур чаралар азыркы айылдарда дале кездешет. Чарбачылык турмушка жана маданиятка колхоз түзүлүшү тарабынан киргизилген өзгөрүштөр менен бирге пайда болгон азыркы эмеректер ар түрдүү идиш-аяктар түрүндө көп учурайт.

Насыбай жергиликтүү негизги наркотик болуп саналат. Мурда колдонулган канжалар алда качан эле колдонулбай калган.

Тамак-аштагы тарыхый калыптанган (анын составындагы да, ошондой эле аны даярдоо ыгындагы да) улуттук бөтөнчөлүктөр алыскы жайыттардагы малчыларда өтө туруктуу сакталып келүүдө.

Кыргыздардын тамак-ашынын кыскача баяны[145] тиричиликтин ушул жагында өзүнүн чагылышын тапкан маданий-тарыхый байланыштардын кээ бир багыттарына тийе өтүүгө мүмкүнчүлүк берет. Кыргыздар менен алтайлыктардын тамак-ашында окшоштуктар кыйла көп[146]. Алардын ар түрдүү сүт тамак-ашын даярдоо жолдорунда жана аталыштарында көп жалпылыктар бар. Сүт тамак-ашына — курут, койчу-малчылар тамактанчу көөрчөк, каймак жана башкалар кирет. Эт тамак-ашынын ичинен кыргыздар жана алтайлыктар үчүн жалпы жөргөм (алтайча дөөргом же төргөм)[147], же ошондой эле (алтайлыктарда) май, жүрөк, өпкө жана боор салынган ичеги, карта (кыргыздардын жакшы көргөн тамагы), керчөө (алтайча керзең), чучук (алтайча «чочук» — жылкы этинен жасалган эзелки тамак, ал үчүн жүрөктүн кабына майда тууралган эт жана май салынып, түтүнгө ыштап сүрсүтүшкөн), быжы — кандан (Көл кылаасындагы кыргыздарда боордон жана ич кандан, Таласта мээден, майдан жана кандан) жасалган ж. д. у. с. тамак-аштар да (талкан, көчө) ушундай окшош. Мурда кыргыздар да алтайлыктардай эле сүттөн арак тартышкан.

Кыргыздардын этностук-маданий байланыштары жөнүндөгү маселени чечүү үчүн сүттөн азык-түлүк жасоонун жолу сыяктуу материалды да алууга болот. Бул жагынан алганда Ф. А. Фиельструптун эмгегинде камтылган маалыматтардын баалуу жыйындысы зор көңүл бурууга татыктуу[148]. Ал Г. Н. Потаниндин классификациясын кабыл алган, бул классификациясына ылайык, кыргыздар үчүн башка түрк элдеринин көпчүлүгү сыяктуу эле, кай- нак сүттөн айран уютуу мүнөздүү. Анткен менен Ф. А. Фиельструп дал ушул кыргыздарда сейрек көрүнүш катары чийки сүттөн да айран уютуунун моңголдук жолу сакталып калгандыгын,

андай айран бөтөнчө ысык күндөрдө уютулаарын белгилейт[149]. Ф. А. Фиельструптун маалыматтары боюнча кыргыздарда моңголдордогудай эле каймактан май сызгырып алуу ыгы бар[150]. Сүт азык-түлүктөрүнүн бир катарын даярдоо мисалынан кыргыздардан түштүк алтайлыктар, тувалар, моңголдор менен маданий жактан жалпылык бөтөнчө таасын көрүнүп турат. Айтсак, кайнак сүттөн сыр жана быштак (алтайча — пыштак, моңголчо — бислаг)[151] бул элдер үчүн жалпы нерсе болуп саналат. Аларды даярдоонун жолдору майда чүйдөсүнөн гана айырмаланат. Ошол эле убакта, кыргыздарда сүт азык-түлүктөрүн даярдоонун негизги ыкмалары түрк тилдеринде сүйлөгөн элдердин көпчүлүгүнүндөй эле.

Кымыздан арак тартуу үчүн кыргыздар колдонгон[152] жөнөкөй аппаратты биринчи болуп сүрөттөп жазган Ф. А. Фиельструп, бул аппараттын конструкциясын жана арак тартуу техникасын моңголдордон жолуктурууга болоорун белгилеген. Эң соңку байкоолор[153] батыш моңголдордун (ойроттордун) арак тартуучу аппаратынын эки вариантынын бири кыргыздардыкына өтө окшош деп ырастоого мүмкүнчүлүк берет. Алтайлыктардын Л. П. Потапов сүрөттөп жазган арак тартуучу аппараты жана сүттөн арак тартуу ыгы кыргыздардыкынан дээрлик айырмаланбайт[154]. К. В. Вяткина буряттардын аппаратын да аппараттардын мына ушул тибине кошот[155]. Хакастар айрандан арак тартуу үчүн колдонгон (А. В. Андрианов сүрөттөп жазган) аппарат да кыргыздардыкынан дээрлик айырмаланбайт[156].

Аппараттын жана анын бөлүктөрүнүн аталыштарына тиешелүү терминдердин да бирдей экендиги мүнөздүү көрүнүш. Аппарат кыргыздарда капка чорго[157] (жапкыч капкак, чорго — буу чыгуучу түтүк) деп аталат. Хакастарда «кахпак» — жыгач аяк (капкак), «сорга» — арак агып түшүүчү түтүк. Алтай- лыктарда «чорго» деген арак тартуу үчүн жасалган дого түрүндөгү түтүк[158]. Моңголдордо ал «цорго» деп аталат.

Түрк жана моңгол көчмөндөрүндө сүттөн арак тартуу ыгынын өзүнүн эзелки ык экендиги жөнүндөгү маселеге байланыштуу у. Иохансен жазган макалада бир катар элдердеги арак тартуучу аппараттардын ар кыл түрлөрү каралып жана бири-бирине салыштырылып чыгат[159].

Ат, өгүз, эшек жана качыр минип жүрүү ушу кезде да көчүп-конуп кыймылдоонун кеңири таралган жолу болуп саналат. Кыргыздар узак убакыт бою ээрден түшпөй эң оор тоскоолдуктардан: ашуулардан, аскалардан, атырылган тоо сууларынан ж. д. у. сыяктуулардан өтүп кетүүгө жөндөмдүү, атка бышык эл. Аталган жаныбарлар жүк артып-ташуу үчүн да колдонулат. Памирдик кыргыздарда топоз — минип жүрүүчү жана жүк артуучу негизги унаа болуп саналат. Түштүктүк кыргыздардын арасында өзбектердин «фергана» тибиндеги кош дөңгөлөктүү арабасы мурда эле бир аз болуп келген, түндүктүк кыргыздарда дөңгөлөктүү транспорт Октябрь революциясы болоор алдындагы мезгилде тарала баштаган. Кыргыздар орус дыйкандарынан жалаң эле арабаларынын түрлөрүн кабылдашпастан, ага керектүү жабдыктарын да дээрлик толук кабыл алышкан. Бийик тоолуу жерлерде алиге эле чийне — узун эки жыгачка эки-үч чабакты туурасынан бекитип, узун эки жыгачтын бир учтарын ээрге бекитип алып сүйрөшөт. Аны менен чөп, боолонгон эгинди, отун ж. б салып ташышат.

Токумдар тиби жана максаты жагынан айырмаланып турат. Мингич ат үчүн — ээр, мингич жана жүктөө үчүн өгүзгө — ыңырчак, жүн артуу үчүн төөгө — ком токулат. Балдарды атка минүүгө үйрөтүүдө өзгөчө ээр — айырма жакында эле пайдаланылчу. Анын алды жана артындагы кайчылаш каштары бийик, эки

капталынан эки узун таякча каштарына бекитилип, кичине чабандести жыгылуу коркунучунан сактайт. Ат ээрлеринин көптөгөн түрлөрү кездешет. Кыйла кеңири тараган түрү анжиян тиби деп аталган. Жыгачтан алдыңкы кашы ичкериге чабылып, эки ачаланта тоголок (кушкаш) чабылат, арткы жагы отурганга ыңгайлуу, кайкы болот.

Кечээ жакында эле кыргыздарда, өзүнүн турпаты жагынан алтайлык- тардын, тувалыктардын[160] жана моңголдордун ээрлерине окшоштугу жагынан жакын ээрлер кездешүүчү. Алардын алдыңкы кашы калыңыраак жазы келип, арткы кашы жаа түрүндө чабылган[161]. Мындай ээрлер (данбаш, же нанбаш ээр, ак кацгы. ээр) казактардын арасында да тараган[162]. Эң жаңы изилдөөлөр көрсөткөндөй, эзелки кыргыз ээрлеринин түбү, айрым Саян-Алтай элдеринин ээрлери сыяктуу эле, чыгышы боюнча эзелки түрктөрдүн ээрлерине барып такалат[163].

Кыргыздардын материалдык маданиятында Орто Азия жана Казакстандын башка элдери менен тарыхый жана маданий жактан тыкыс байланыштары болгонун күбөлөндүрүүчү көптөгөн көрүнүштөр бар, ошондой болсо да жогоруда келтирилген материалдык маданияттын көптөгөн фактылары кыргыздар Саян-Алтай, Моңгол, Чыгыш Түркстан, ошондой эле Тибетке жакын аймактардын элдери менен өтө алыска кеткен этногенетикалык жана тарыхый-маданий байланышта болгонун ишенимдүү күбөлөндүрөөрүн дагы бир ирет айта кетишибиз керек.

## IVбап
## КООМДУК ТҮЗҮЛҮШҮ

Укум-тукуму кыргыз элинин составына кирген кээ бир байыркы жана орто кылымдагы урууларда мүлк жагынан теңсиздиктин, урук-уруулук төбөлдөрдүн, таптык мамилелердин бар экендиги тарыхый булактар, анын ичинде орхон-енисей жазмалары, ошондой эле археологиялык маалыматтар менен далилденген[1]. Бир кыйла кийинки мезгил үчүн, атап айтканда XVI—XVII кылымдардан тартып тянь-шандык кыргыздарда да феодалдык мамилелердин болгондугу жөнүндө анык маалыматтар бар. Мындай мамилелер кыргыз урууларында, ошондой эле башка көчмөндөрдө бир кыйла кийинчерээк, жок эле дегенде биздин доордун 1-миң жылдыгынын акырынан кеч эмес биротоло түзүлгөн деп божомолдоого болот.

Албетте, кылымдар бою феодалдык мамилелер кээ бир өзгөрүүгө туш болгон. Бирок көчмөн малчылыктын, көчмөн уруулар башынан өткөргөн туруктуу кыйынчылыктардын шарттарындагы өз ара бүлүндүргүч кол салуулардын натыйжасында өндүрүштүк күчтөрдүн төмөнкү жана сенектик мүнөзү, албетте, өндүрүштүк мамилелердеги өтө жай жана билинер-билинбес эволюцияга алып келген. Бирок XIX кылымда өндүрүштүк мамилелер патриархалдык-феодалдык мамилелердин бардык мүнөздүү белгилерине ээ болуп, Кыргызстандын Орусиянын составына ыктыярдуу киришинин учуруна карата булар кыргыз коомунда чексиз үстөмдүк кылган.

Алардын өзгөчөлүгү мындай мамилелер жарым көчмөндүк жана көчмөндүк мал чарбанын шарттарында болгондугунда жана өнүккөндүгүндө. Бул мамилелерге феодалдык мамилелердин алгачкы формаларына таандык көп өзгөчөлүктөр мүнөздүү болгон. Башкы өзгөчөлүктөрдүн бирин алардын негизги мазмунун түзгөн феодалдык мамилелер феодалдык мамилелерге чейинки,

www.bizdin.kg

патриархалдык-уруулук, жамааттык мамилелердин калдыктары жана эски көндүмдөрү менен айкалышып кеткендигинен көрүүгө болот.

Кыргыздардагы социалдык мамилелер 1920-жылдардын аягынан тартып советтик окумуштуулардын кунт коюп көңүл бурушунун объектиси болуп калды[2]. Советтик этнографтардын жана башка адистердин иликтөөлөрүнүн натыйжасында келип чыккан адабият Орто Азиянын элдеринин социалдык түзүлүшүнүн проблемаларын чечүүдө көп баалуу жана үзүрлүү нерселерди киргизип, илимге жаңы жана жаңыча чагылдырылган фактыларды кошту. Марксизм-ленинизмдин негиз салуучулары иштеп чыккан көз караштардын бекем орногон системасына таянган советтик илимдин негизги жетишкендиги Орто Азиянын элдеринде жана мурда көчмөн болгон башка элдерде сакталып калган сыртынан окшош уруулук түзүлүштүн коомдук

турмушунун жана көп социалдык институттарынын таптык мазмуну жөнүндө маселе жаңыча коюлду[3].

Мына ушуга байланыштуу изилдөөчүлөр Орто Азиянын көчмөндөрүндөгү жана казактардагы уруктук-уруулук уюмдун формаларын да козгоду. 1954-жылы Ташкенттеги илимий сессияда[4] Орто Азиянын жана Казакстандын көчмөндөрүндөгү патриархалдык-феодалдык мамилелердин маңызы жөнүндөгү дискуссияга байланыштуу этнографтар көчмөндөрдөгү социалдык мамилелер, атап айтканда, аларда уруу-уюмдарынын жана патриархалдык- жамааттык укладдын ролу жана орду жөнүндөгү маселени иштеп чыгууга бир кыйла салым кошушту.

Улуу Октябрь социалисттик революциясынын алдындагы кыргыз коомунун социалдык структурасынын кыскача мүнөздөмөсүнө өтөлү. Кыргыз калкынын негизги бөлүгүн чакан малдын ээлери (букара, чарба) түзгөн. Калктын бул же тигил тобунун башында бийлер жана манаптар сыяктуу феодалдык-уруулук төбөлдөр турган. Манаптардын жана бийлердин эмгекчилерди эксплуатациялашы коомдук турмуштун өзөгү аркылуу өткөн «уруулук биримдиктин», «уруулук ынтымакташтыктын» идеологиясынын чектеринде болгон, бул патриархалдык-уруулулук турмуштун көп түрдүү көрүнүштөрүнөн байкалган. Патриархалдык-уруулук салттардын терең сиңгендигинен пайдаланышып, манаптар менен бийлер аларды эксплуатациялоонун өзүнүн мазмуну боюнча феодалдык формаларын чүмбөттөө үчүн кеңири гана пайдаланбастан, уруулук салттарды жана адат укукту — *заңды*, *наркты* «сактоочулардын» жана «түшүндүрүүчүлөрдүн» ролунда чыгуу менен бул салттардын бекемделишине активдүү көмөк көрсөтүшкөн.

Таптык бөлүнүштүн негизин жер, өзгөчө жайыт сыяктуу өндүрүштүн башкы каражатына карата кыргыз коомунун мүчөлөрүнүн ар түрдүү мамилеси түзгөн. Мал чарбасынын шарттарында жерге болгон феодалдык менчик чечүүчү мааниге ээ болгон, ал кыргыздардагы патриархалдык-феодалдык мамилелердин негизин түзгөн. Сыртынан караганда жайыттарды ээлөө жамааттык мүнөздө болгону менен, иш жүзүндө жайыттардын баары ири бийлер менен манаптардын ортосунда бөлүштүрүлүп, алар феодалдык жер ээлери катары жайыттарды жана башка жерлерди башкаруу укугун өздөрүнө ыйгарып алышкан. Ошонун өзү менен кыргыз коомунун феодалдык төбөлүнүн жерге ээлигинин монополиясы түзүлгөн. Жекече жер менчигинин өзүнчө бир мүнөзү кыргыздардын адат укугунда чагылдырылган жерге жамааттык менчик формасына дегеле ылайык келген эмес жана өздөрүнүн таптык таламдарында феодалдык төбөлдөр тарабынан катуу корголгон. Жайытка уруулук жана уруктук менчик үстүртөдөн

гана аталып, юридикалык жактан чындыгында жер менчигинин феодалдык формасы катары чыккан.

Мүлктүк мамилелердин өзгөчөлүгү феодалдык төбөлдөрдүн жерди басып алышы «уруктук» же «уруулук» менчик деген түшүнүк менен чүмбөттөлгөндүгүндө болгон. Манаптардын, бийлердин жана байлардын колдоруна зор жер массивдеринин жана малдын топтолушу көптөгөн катардагы көчмөндөр өндүрүштүн эң маанилүү каражаттарынан бара-бара ажырап, феодалдык төбөлдөргө таптакыр көз каранды болушуна алып келген.

Менчиктин жогоруда мүнөздөлгөн формалары кыргыз коомунун таптык структурасын да, өндүрүштөгү ар түрдүү социалдык топтордун абалын жана алардын өз ара мамилелерин да аныктаган.

Кыргыз коомунун жашашынын бүткүл мезгилинде биз экономикалык жана саясий жактан үстөмдүк кылган топ катары феодалдык-уруулук төбөл менен жолугушабыз. Анын негизги өзөгүн XVIII кылымда жана андан бир кыйла мурдагы мезгилде феодалдык төбөлдөр — бийлер түзгөн, алардын колуна коомдук турмушка жетекчилик кылуу, анын ичинде ошол убактагы башкаруунун эң башкы функциясы — сот да топтолгон, ошондуктан андан ары бий деген ат судья деген наам менен окшоштурулуп келген. Бирок чындыгында бийдин абалы соттук функциялар менен эмес, кыргыз коомунун турмушундагы үстөмдүк менен аныкталган. XVIII кылым үчүн муну жазма булактар жакшы белгилешкен.

XIX кылымдын биринчи жарымында Түндүк Кыргызстанда «манап» деген социалдык жаңы термин кеңири таркалып, ал феодалдык төбөл катары бий деген түшүнүктү бара-бара сүрүп чыгарган (Түштүк Кыргызстанда феодалдарды мурдагыдай эле бий деп аташкан). Жакынкы убакка чейин эле бул терминдин пайда болушун мурунку бийлерден айырмаланган жаңы социалдык институт катары манапчылыктын түзүлүшү менен байланыштырышкан. Чындыгында, муну этнографиялык маалыматтар[5] белгилөөгө мүмкүндүк бергендей, адегенде XVII кылымда жашаган өздөрүнүн уруу башчысынын аты боюнча «манап» деп аталган сарбагыш уруусунун составындагы уруктардын бирине таандык болгон бардык адамдарды аташкан. Манап уругунун феодалдары сарбагыш уруусунун ичинде артыкчылык абалды гана ээлебестен, өздөрүнүн таасирин башка кыргыз урууларына да таркатышкан. «Манап» деген термин бул уруунун башка уруктарынын феодалдары үчүн да жана көп кыргыз урууларынын бийлерине да колдонулуп калган. Ошондуктан «манап» деген терминди жаңы социалдык институттун пайда болушу менен байланыштырууга болбойт. Бийлер менен манаптардын ортосунда эч кандай принциптүү айырмачылык болгон эмес.

Бийчиликтин жана манапчылыктын институттарынын генезиси али жетиштүү изилденген эмес. Фольклордук материалдар, атап айтканда, кыргыздын «Манас» баатырдык эпосу кыргыздарда түзүлгөн феодалдык мамилелерге өзүнчө бир аскердик-демократиялык түзүлүш негиз болгон деп божомолдоого мүмкүндүк берет. Коомдун уруулук структурасы ал убакта өнүккөн аскердик уюм менен тыгыз айкалышкан. Мындай шарттарда коомдук-саясий турмуштагы маанилүү роль аскер башчыларына — баатырларга таандык болгон. Балким, феодалдык төбөл катары бийчиликтин түзүлүшү ар түрдүү даражадагы жана рангдагы аскер башчылары — баатырлар сыяктуу аскердик-уруулук төбөлдүн негизинде чыгышы мүмкүн[6].

Манаптын бийлиги, адатта, мурас боюнча өткөн. Манаптардын жана бийлердин ичинен эң ирилери өздөрүнүн бийлигин ар түрдүү уруудагы калкы бар өтө кеңири аймакка таркаткан.

Ири феодалдарга (ага манап же чоң манап) орто манаптар жана майда манаптар (чала манап) көз каранды болгон. Алардын ар биринин ар кандай сандагы көз каранды калкы болгон[7]. Өздөрүнүн жамааттык тартип деген тар кызыкчылыктарына жамынып, иерархиялык феодалдык төбөлдөр жайыттарды гана башкарбастан, кээ бир ири манаптар менен бийлерди өздөрү көп сандаган үйүр-үйүр жылкылардын, короо-короо койлордун, бада-бада уйлардын, төөлөрдүн жана топоздордун ээлери болушкан. Малдын калган бөлүгү майда мал ээлеринин жеке менчигин түзгөн. Мал алардын арасында өтө өзгөчө айырмада бөлүштүрүлгөн.

Орто жана майда феодалдарды, аларга баш ийген көчмөндөрдүн бир кыйла санын, дыйкандардын да бир бөлүгүн көз карандылыкта кармап турган XIX кылымдын биринчи жарымында Түндүк Кыргызстандагы ири феодалдардын ичинде сарбагыш уруусунун чоң манабы Жантай болгон, анын 700 түтүнгө чейин букарасы, бугу уруусунун башкы манабы Боромбайдын 1000 ге чейин түтүнү, сарбагыш уруусунан чыккан Үмөтаалы манаптын (Ормондун уулу) — 1500, ал эми анын бир тууганы Чаргындын — ЮООге чейин түтүн букарасы болгон. Кээ бир ири манаптар өздөрүнүн уулдарына бүтүндөй урууларды мураска энчилешкен. Маселен, Төлөберди манаптын (солто уруусунун талкан уругу) уулдары атасы өлгөндөн кийин ага таандык болгон букараларды мурас катары бөлүшүп, алардын ар бири өз энчисин алышкан. Чыны манап өзүнө беш көрүк жана мааке «уруктарын» алган, Канайга төлөк «уругун», Эшкожого — жоо чалыш, шалта жана кара сакал «уруктарын», Карбозго — асылбаш «уругун» беришкен. Бул өзүнчө бир энчи системага өтө окшошкон. 100 дөн аз түтүн букарасы бар манаптардын катмары өтө көп болгон.

Феодалдык-уруктук төбөлгө «букара» — феодалдык жактан көз каранды көчмөн жана дыйкан эмгекчилеринин массасы каршы турган. Бирок манаптардын бийлиги астындагы букара бир түрдүү масса болгон эмес. Букаранын ичинде мүлк жагынан теңсиздик ачык байкалган. Өзүнүн коомдук абалы боюнча белгилүү манаптардан букаранын ичинен чыккан байлар — бай мал ээлери өтө аз айырмаланган, ошондуктан аны үстөмдүк кылуучу тапка кошууга толук негиз бар[8]. Ошол эле убакта өз малынан ажырап, манаптарга жана бийлерге толук көз каранды жана иштеп берүүнүн шарттарында алардын чарбаларын тейлөөгө аргасыз болгон кембагал чарбалар көбөйө берген. Кембагалдардын бир бөлүгү (коңшу) манаптар жана байлар менен бирге көчүп, ошол эле шарттарда алардын малын баккан, башка кембагалдар көчүшкөн эмес, бирок байлардын жерин айдап, алардан саан мал алып жан багышкан. Өз малынан ажыраган кембагалдар кыргыз коомунун айрыкча эзилген бөлүгүн түзгөн. Аларды малай, койчу жана жылкычы, жалчы. катары пайдаланышкан.

Орто чарбалар жандарын үрөп оокат кылышканы менен манаптардын зомбулугунан жана эртеңки күнкү жардылыктан кутула алышкан эмес.

Бирок феодалдык төбөлдөрдүн өкүлдөрүн букаранын эмгеги гана байыткан эмес. Орусияга кошулганга чейин кыргыздарда патриархалдык кулчулуктун калдыктары сакталган, алар негизинен согуш убагында колго түшкөн туткундардан эле. Тууган-туушкандары кун төлөөдөн баш тарткан кылмышкерлер да кулга айландырылган. Манаптар кулдарды калыңга жана сепке кошуп, аларды ат чабыштарда байгеге коюшкан, кунга төлөшкөн д.у.с. Негизинен аларды үй чарбасында малай жана кээде мал багууда пайдаланышкан. Кулдардын өздөрү «уруктук» жамааттын мүчөлөрү деп эсептелген эмес, алардын уруктары ошол жамааттын мүчөлөрүнүн катарына чектелүү укуктар менен

кирген. Кулчулук кыргыздарда кеңири таркабады. Кулдардын урпактарынан тышкары «уруктук» жамааттын ичине өздөрүнүн уруктук атын сактап калган жат «уруктардын» мүчөлөрү (кирме) кирген. Алар адатта общинанын башка мүчөлөрү сыяктуу эле жергиликтүү феодалдарга көз карандылыкта жашашкан.

Кыргыздардагы патриархалдык-феодалдык мамилелердин системасына феодализмдин мүнөздүү белгиси — малайына феодалдын толук эмес менчиги мүнөздүү болгон. Ал урукташтарын тууган-туушкандарына көмөк көрсөтүү жана жардамдашуу чүмбөтү астында эзүүнүн өзүнчө бир формасы болгон. Кээ бир манаптар өздөрүнүн урукташтарын калыңга кошумчалап беришкен, башкалары белекке тартуулашкан, же урукташтары эмес кыргыздарга алмашышкан, үчүнчүлөрү кандайдыр-бир саясий же үй-бүлөлүк максаттар менен өз букарасынын чарбаларынын бүтүндөй топторун зордук менен башка жакка көчүргөн. Манап букаранын жеке, үй-бүлөлүк турмушуна да кийлигишип, өзүнөн уруксат болмоюнча карапайым көчмөндөрдү үйлөнүү мүмкүнчүлүгүнөн ажыраткан, же болбосо кээде аны аялы менен ажырашууга мажбурлап, урукташы алган калыңды тартып алып турган д.у.с.

Кыргыз феодалдары жакырданган малчыларга «жардам берүүнүн» патриархалдык-уруктук чүмбөтүнө жамынып, букараны эксплуатациялоонун ар түрдүү формаларын кеңири пайдаланышкан. Анын көбүрөөк таркаган формаларынын бири саап болгон, мында сүтүн жана жүнүн каалашынча пайдалануу шарты менен кембагал туушкандарына саан уйду же койлорду убактылуу берип турган. Бул үчүн манап же бай аларды чарбасында кээде бүтүндөй үй-бүлөсү менен мал багууга, отун даярдоого, эгин айдоого иштеткен. Манаптан алган малды жыл бою багып, анын төлүн аман сактап калууга милдеттүү болгон.

Ушундай эле типтеги эксплуатациялоонун башка бир формасы *күч* деп аталган, мында манаптар жана байлар муктаж болгон туугандарына көчүү үчүн көлүк унаа, же болбосо жер айдоо үчүн ат-өгүз убактылуу, ижарага пайдаланууга берип турган, бул да туугандык жардам катары көрсөтүлгөн. Мындай «жардам» үчүн кембагал манаптын же байдын чарбасында иштеп берген.

Феодалдык эксплуатациялоонун бул жана башка формалары иштеп берүү рентасы, сыртынан гана уруктук өз ара жардам көрсөтүү түрүндөгү өзүнчө бир барщина мүнөзүндө болгон. Манап менен байга мындай мамилелерге кирүүдө жакырданган малчы же дыйкан феодалга кулчулук көз карандылыкка туш келген. Манапка же байга «жардамдашуунун» ашар сыяктуу формасы ачыктан-ачык барщина мүнөзүндө болгон. Манаптын же байдын сунушу боюнча ага көз каранды букара чогулуп, кыска убакыттын ичинде анын чарбасында талааларын иштетип берүү боюнча кандайдыр-бир чоң ишти чогуу аткарып беришкен. Манап бекер малайларынын курсагын тойгузуу менен гана чектелген.

Кыргыздардын арасында, өзгөчө түштүктө, кээде түндүктө да ортоктошуу формасында да томаяктарды эзүү кеңири өнүккөн.

Эзүүнүн орток деп аталган бул түрү сыртынан (1952-жылы Ысык-Көлдүн боюнан чогултулган маалыматтар боюнча) «шериктештик» формасында болгон, мында жер ээси менен үрөн, унаа жана шайман ээси бириккен. Көп учурларда ортоктош ижарага берүүнүн ачыктан-ачык байкалган формасы болгон. Кембагал же батрак орус кулагынан же бай дунгандан соко, ат жана үрөн алган. Ал өз жерин айдап, алган үрөнүн сээп, отоп, аны сугарып, түшүмүн жыйнаган. Бирок алган түшүмүнүн жарымын, көп учурда көбүрөөк бөлүгүн өзүнүн «шериктешине»

берүүгө милдеттүү болгон. Кээде күч унааны кыргыз байларынан, ал эми сокону орус же дунган кулактарынан ижарага алган.

Эксплуатациялоонун бардык бул түрлөрү кара таман букара үчүн өтө азаптуу болгон. Бирок иш муну менен гана чектелип калган эмес. Азык-түлүк рентасы да күчөп бул букаранын мойнуна түшкөн оор жүк болгон. Манаптар өз бийлигинин астындагы калкты дайыма салык төлөөгө мажбурлашкан, ал мал (адатта кой жана жылкы) жана азык-түлүк түрүндө алынган. Мындан тышкары букара манаптын дасторкону үчүн мал жана азык-түлүк берип турууга (союш), меймандарды күтүүгө, тойлорду жана майрамдарды өткөрүүгө кеткен манаптардын чыгымдарын жабууга, ат чабыштарда жана мелдештерде байге үчүн, манаптын үй-бүлө мүчөлөрүнүн үйлөнүү тойлоруна кете турган белектер үчүн мал чогултууга милдеттендирилген. Мергенчилердин олжосу, устат чеберлердин буюмдарынын эң мыкты үлгүлөрү да милдеттүү түрдө манапка «белекке» тартууланган.

Кылымдардан бери сакталып калган патриархалдык салттын күчү жетпеген учурларда, манаптын эркин аткаруучулар — баш ийбегендерди чөгөлөткөн жигиттер жана манаптын соту пайдаланылган. Манаптар көп учурда өздөрү

бийлер менен катар соттук милдеттерди жүзөгө ашырып, соттошкондордун ишин чечкендиги үчүн бийлик деп аталган салыкты, ал эми күнөөкөрдү да айыпка тартып, төлөтүп алышкан. Көпчүлүк учурларда бийлер да манаптардын көңүлү түз адамдары болгондуктан бардык иш алардын кеп-кеңешисиз чечилбеген.

Өздөрүнүн сот жүргүзүүлөрүндө манап да, бий да жазылбаган мыйзамга ылайыкталбаган укукту жетекчиликке алышкан. Алар байлар менен кедейлердин, аял менен эркектин ортосундагы теңсиздиктин мурдатан түзүлгөн бекем жоболоруна негизделишкен. Маселен, кун төлөөнүн өлчөмдөрү өлгөн адамдын коомдук абалына, анын байлыгына же кедейлигине жараша болгон. Мына ошентип, уруулук расимдер жана бийлердин соту үстөмдүк кылуучу таптардын колундагы маанилүү идеологиялык курал катары пайдаланылган.

Орусияга кошулганга чейин уруулар аралык жана феодалдык согуштар жалпы көрүнүш. Алар букара үчүн оор жана азаптуу, манаптар жана бийлер үчүн пайдалуу болгон. Уруулар ортосундагы талаш-тартыштарды чечүүнүн каражаты же кандайдыр-бир айылга келтирилген зыяндын ордун күч менен толтуруунун каражаты катары, кээде доону камсыз кылуунун өзүнчө бир формасы катары мурда кызмат кылган барымта да феодалдык чабыштардын мүнөзүнө ээ болду. XVIII—XIX кылымдарда эле барымта кыргыз коомунун феодалдык төбөлдөрүнүн таламдарында малды жана урууларды үй чарбасындагы кулдар катары пайдалануу максатында басып алуунун каражатына айланган. Таптык карама-каршылыктардын өнүгүшү менен бул согуштардын жана чабыштардын масштабдары жана максаттары өзгөргөн. Алар майда чабыштардан аймакты, малды басып алуу жана эмгекчи массаларды эксплуатациялоону кеңейтүү максатында ири согуштук кагылышууларга айланган. Чоң манаптар адатта коңшулаш уруулардын үстүнөн өзүнүн бийлигин күчөтүүгө умтулушкан. Ошону менен бирге, бул согуштардан феодалдык төбөлдөр бул же тигил уруунун ичиндеги кээде курчуп кеткен таптык карама-каршылыктарды «басаңдатуунун» формасын да көрүшкөн. Феодалдык-уруктук төбөлдүн таламдарында жүргүзүлгөн бул баскынчылык феодалдык согуштар букараны гана бүлүндүрүп, манаптар аны «жалпы уруулук» акциялар катары көрсөтүшкөн. Алардын

демилгечилери катары саясий таасирин арттыруу үчүн өз ара күрөшүп жаткан феодалдык топтор чыгышкан.

Кыргыз элинин өткөн согуштук аракеттери тарых үчүн да, этнография үчүн да зор кызыкчылык туудурат. Ал өзгөчө изилдөөгө арзыйт [9].

Кыргыз элинин көп кылымдык тарыхы кандайдыр-бир өлчөмдө согуштук аракеттери менен, кыргыз жерине, кыргыз урууларынын көз каранды эмес жана эркин жашашына көз арткан чет өлкөлүк жеңип алуучуларга каршы талыкпаган күрөшүнө байланышкан окуяларга толгон. Азыркы Кыргызстандын Орусиянын курамына киргенге чейин кыргыздардын саясий жана коомдук турмушундагы эң маанилүү окуялар согуштар, чабышуулар жана кагылышуулардын негизинде пайда болгон деп айтсак туура болот. Кыргыз элинин турмушунун бүткүл түзүлүшү согуш жортуулдарынын каарман эрдигине жана согуштук коогалаңдын абалына жык толгон. Бул каардуу согуштук турмуш тиричилик кыргыздардын материалдык маданиятынын көп жактарына, чарбалык укладына, коомдук мамилелерине өзүнүн таасирин тийгизбей койгон жок.

Академик В. В. Бартольддун келтирген түрк тарыхчысы Сейфинин (1582-жыл) далилдерин, академик В. В. Радловдун жарыялаган XIX кылымдын экинчи жарымынын башталышына таандык жеке байкоолору жана салыштыруулары эле жетиштүү, мында токтотулбаган согуштардын кырдаалы кыргыздардын турмуштук укладында кандай аныктоочу факторго ээ экендигин көрүүгө болот. Биз Сейфиден кыргыздар «өткөөлдөрү бар бийик тоолордо жашай тургандыгын, эгер кандайдыр-бир падыша аларга каршы аскерлерин жиберсе, алар өздөрүнүн үй-бүлөсүн тоолордун түпкүрүнө жиберип, ал эми өздөрү эч кимди өткөрбөө үчүн өткөөлдөрдү ээлешкен»[10] деген көрсөтмөлөрүн табабыз. Академик В. В. Радлов да ар бир кыргыздын боз үйүнүн түбүндө сайылган найзаны көрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон. Ал патриархалдык-уруктук мамилелердин үстөмдүгүнө жана күжүрмөн даярдык абалында болуунун зарылчылыгына байланыштуу жайгашуунун кыргыздар үчүн бөтөнчө формасын белгилеген: «Кара-кыргыздар айыл-айыл болуп жашашпастан, кайта дайралардын боюнда, кээде 20 же андан ашуун чакырымга созулган боз үйлөрүн кас катар тизип бүтүндөй урук (уруу) болуп жашашат. Алар тоого боз үйлөрү менен бүтүндөй чубап көчүшөт, ал жерде ар бир урук чектелген тоо жайытынан пайдаланат. Көчүүнүн мындай түрү бир жагынан жергиликтүү шарттар менен, бир жагынан элдин жоокердик мүнөзү менен түшүндүрүлөт. Боз үйлөрдү мындай жайгаштыруу кара кыргыздарда кыска убакта кол салууга же коргонууга бүтүндөй аскерди даярдоого мүмкүнчүлүк түзөт»[11].

Албетте, кеп кыргыздардын «жоокердик мүнөзүндө» эмес, алар башынан өткөргөн мезгил феодалдык-уруулук төбөл, ошондой эле кокон хандары жана кээ бир кыргыз уруулары кандайдыр-бир даражада көз каранды болгон манжурдук-кытайлык феодалдар колдогон уруулук бытырандылыкта. Бирок «көчүүнүн мындай түрүнөн» ал убакта али күчтөн тайыбаган патриархалдык- уруктук салттардын көрүнүшүн, кыргыз көчмөндөрүнүн турмушунда, анын ичинде уруулар ортосундагы жана феодалдык согуштардын убагында урук- уруулардын уюмунун маанилүү ролун көрөбүз.

Кыргыздардын өткөн тарыхындагы белгиленген өзгөчөлүктөр «Манас» элдик баатырдык эпосто айкын чагылдырылган.

Кеңири аймактагы кыргыздарда болуп өткөн кыргыздардын согуш искусствосунун өнүгүшүнүн башаттары жана жолдору жөнүндө маселени этногенетикалык процесстин чектеринде карап чыгуу менен биз бүтүндөй

алганда кыргыз маданияты сыяктуу эле кыргыздардын согуш иши кыргыз урууларынын Сибирдин, Борбордук жана Орто Азиянын элдери жана мамлекеттери менен көп кылымдык байланыштарынын натыйжасы болуп саналат деген тыянакка келүүгө тийишпиз. Маселен, А. Н. Бернштам кыргыздардын куралдарында ата-бабалары коңшулаш жана өз ара жакын карым-катнашта жашашкан усундардагы жана байыркы түрктөрдөгү согуш техникасынын издери сакталгандыгын көрсөткөн.

Эпосто айкын сүрөттөлгөндөй, кыргыз жоокерлери — кол же кошуун (моңголчо хошун менен салыштырыңыз) уруулук ополчениенин принциби боюнча уюштурулган. Бул пикирди академик В. В. Радловдун эң кийинки байкоолору да далилдейт, ал «манаптын чакырыгы боюнча уруктун бардык согушка жарамдуу эркектери кол салуунун мизин кайтаруу үчүн, же кол салуу үчүн колуна курал алууга милдеттүү»[12] экендигин кабарлаган.

Кыргыз аскерлеринин оң жана сол канатка бөлүнүшү, кыязы, бардык кыргыз урууларынын жакынкы мезгилге чейин сакталган эки канатка: оң жана сол канатка бөлүнүшү менен байланыштуу.

Аскерлерди жана элди эки канатка бөлүүнүн дал ушундай үлгүсүн али Чыңгыз хандын доорундагы моңголдордон жолуктурабыз.

Кыргыздарда, ошондой эле кээ бир башка түрк-моңгол урууларында аскерлерди ондукка, жүздүккө, миңдикке жана он миңдикке (түмөнгө) бөлүп түзүүнүн системасы болгон, мунун өзү эпостун маалыматтары боюнча, ошондой эле тарыхый күбөлүктөр боюнча далилденип отурат. «Чоң казаттын» («Манас» эпосунун борбордук цикли) эпизоддорунун биринде кыргыздардын колунун жаңы кол башчысы Алмамбет аскерлерди жогоруда көрсөтүлгөн ыкма боюнча кандайча бөлүштүргөндүгү жөнүндө баяндалган[13]. «Моңголдордун ыйык тарыхында» камтылган енисейлик кыргыздарды моңголдордун каратып алышы жөнүндө В. В. Бартольд келтирген баянга ылайык Чыңгызхандын уулу Жучу кыргыздарды баш ийдирип «кыргыздардын түмөндөрүн (он миң адамдан турган отряддардын башчысы) жана миң башчыларын өзү менен кошо алып атасына кайтып келген»[14].

Кыргыздарда куралдын кандайдыр-бир белгилүү түрү менен куралданган аскер отряддары жөнүндө жеткиликтүү тарыхый маалыматтар бизде жок. Бирок мындай божомол үчүн кээ бир кыйыр далилдер эпосто кездешет, ошондой эле лексикалык маалыматтар бар.

Бээжинге жортуулга чыгаардын алдында кыргыз армиясынын башкы кол башчысын шайлоонун салтанаттуу жыйынын эпикалык сүрөттөөдө Манастын жан-жөкөрлөрүнүн жана сакчыларынын толук тизмеси келтирилген. Манастын алды жагына милтелүү мылтыкчан 20 аткыч, арт жагына 20 жаа тарткыч, оң жагына — жалаңдаган кылыччан 20 жоокер, сол жагында ай балта менен куралданган 20 жоокер жайгашкан; андан ары жоокерлердин экинчи алкагы жайгашкан: алды жакта соот көтөргөн жоокерлер, арт жагында — найза көтөргөн 40 жоокер.

Бул учурда, кыязы, аскер башчынын, жол башчынын жеке сакчылары жөнүндө сөз жүрүп жатса керек. Бирок кыргыз тилинин өзүндө жаа тарткыч, найзачы же найзакер, балта чабар, кылычкер деген терминдер болгон соң кыргыз аскерлеринин курамында өзгөчө шамдагайлыкты талап кылган жаа, айбалта сыяктуу куралдын бул же тигил түрү басымдуулук кылган отряддар болушу мүмкүн[15].

Кыргыз аскерлеринин негизин жеңил атчандар түзгөн. А. Н. Бернштам салмактуу жааны жана темир чопкуттарын тешип өтүүгө жарамдуу учтуу жебелердин согушууда пайдаланышына байланыштуу кыргыздарда., ошондой эле байыркы кээ бир башка көчмөндөрдө атчандарды коштоочу жөө аскерлердин бөлүктөрү колдонула баштаган деп эсептейт. Жаа тарткыч жөө бөлүктөрүнүн болушу кыргыздарда «адистештирилген» аскерлердин кээ бир түрлөрү жөнүндөгү ойду ырастайт.

Кыргыз элинин этникалык курамынын бир кыйла татаалдыгы жогоруда белгиленди. Кыргыз элин түзгөн уруулардын арасында моңгол тегиндеги уруулар да, Саян-Алтай жана Орто Азиянын азыркы убактагы элдеринин составына да кирген бир катар түрк уруулары (алтайлыктар, казактар, өзбектер жана башкалар) болгон. Кыргыздардын татаал этникалык курамы алардын аскерлерине да таасирин тийгизген. Бул жагынан да эпос нукура чындыкты ! чагылдырат. Эпосто кыргыздар менен бирдикте согуш аракеттерине катышкан жогорку уруулардын арасында моңгол тегиндеги уруулар: дөрбөн, нойгут (кыязы, моңголчо онгут) жана башкалар, найман уруусу, казактардын аргын, , уйшун уруулары, кээ бир өзбек уруулары д.у.с. жолугушат. Бул уруулардын кыргыз аскерлеринин курамына кошулуусу ар түрдүү этникалык тектеги | элементтерди камтыган уруулук союздардын болушунун натыйжасы сыяктуу, бирок бул же тигил саясий жана стратегиялык милдеттерди чечүү максатын көздөгөн убактылуу аскердик-саясий келишимди да жокко чыгарбайт.

Фольклордун жана этнографиянын маалыматтары боюнча биздин алдыбызда сүрөттөлгөндөй кыргыздардын аскердик уюмунун социалдык жагына өтүү менен биз баарыдан мурда кыргыз аскерлерине башчылык кылуунун жол-жобосун карап чыгууга тийишпиз, анткени ал үстөмдүк кылган коомдук мамилелер менен тыгыз байланышкан. Көп кылымдар бою кыргыз коомундагы негизги адам, аскер башчысы — баатыр. Бул фигуранын социалдык мааниси негизинен өзгөрбөстөн кала бергени менен анын түрү өзгөргөн.

Өнүгүүнүн бир кыйла алгачкы этаптарында аскер башчысы уруунун же уруктун жол башчысынын бийлигине ээ болгон эмес. Анын ролу согуштук кагылышууларлын жана жортуулдардын мезгилинде гана күчөгөн. Бейкут мезгилде болсо бийликти бүт бойдон уруу аксакалдары жүргүзүшүп, жер которуп көчүүнүн тартибин белгилешкен, күнөөлүүлөрдү соттошкон жана жазалашкан д.у.с. Баатыр өзүнүн жеке сапаты, эрдиги, жоокердик каармандыгы менен айырмаланган, бирок анын бийлиги белгилүү даражада урук аксакалдары, карыялардын — ардактуу жана белгилүү адамдардын кеңеши тарабынан белгиленген.

Аскер башчылары коомдук турмушта улам барган сайын алдыңкы абалды ээлей баштаган, андан кийинки этап бизге карыялардын эскерүүлөрүндө келип жетти. Алар, атап айтканда, терең ойлонуп изилденген А. Соколовдун эмгегинде келтирилген, ал өткөн убакта акылман башкаруучулар (бий) же согуштарда жана жортуулдарда өз урууларынын баатыр башчылары катары даңкы чыккан адамдар бүтүндөй уруу топторунун уруу башчылары деп эсептеле тургандыгын көрсөткөн. «Белгилүү топтогу өзүнүн тууган-туушкандарынын арасынан өзүнүн сапаты менен бөлүнүп чыккан ар бир мындай баатырдын жанында, кыргыздардын сөзүнө караганда, анын жигиттери (адатта кырк жигит) жүрүп, алар менен ал өзүнө даңк алып келген: жортуулга чыгып, аны караан тутушкан тууган-туушкандары үчүн согушкан, аларды коргогон, туугандарынын саны анын даңкына жана өзүнүн карамагындагыларды башкара билишине түздөн- түз

байланыштуу болгон, бул туугандарынын үстүнөн сот жүргүзүп, жер которуп көчүүнү башкарган жана бардык маанилүү иштерде дегеле башкы жетекчи болгон, анын үстүнө мен суроо берген адамдардын көпчүлүгү, — деп жазган А. Соколов, — мындай баатыр-манап эл арасындагы өзүнүн баркын чыңдоо үчүн, өзгөчө сот иштеринде, өзүнүн алдындагы кеңешти түзгөн атайын кадырлуу адамдар менен кеңешкен» [16]. Мына ошентип, баатыр бара-бара уруу аксакалдарынын укугун тартып алган. Бул процесстин акыркы этабы кыргыз коомунун үстөмдүк кылуучу төбөлү катары бийчиликти жана манапчылыкты, аны менен бирге феодалдык мамилелерди да түзүү болгон.

«Манас» эпосу аскер башчысы-баатырдын алгачкы абалдан ал коомдун социалдык төбөлүнүн басымдуулук кылуучу күчү болуп калган учурга карай өткөөл этапты өзүнө камтыган. Биз бул өткөөл этап аскердик демократия деп аталган коомдук абалга бир кыйла жакын деп ойлойбуз. Манастын атасы Жакыптан, Манастын өзүнөн тартып Манастын нөкөрү Бокмурунга чейинки башчылар коомдук турмуштун бардык маанилүү окуяларына, өзгөчө согуш жортуулдарынын алдында, аксакалдарды, акылман карыяларды, уруу башчыларын, атактуу баатырларды же кошуунчуларды, кээде бүткүл элди да кеңешке чакырышкан. Кеңеш чакыруу өзүнүн маанисин али жоготкон эмес. Кол башчы катары Манастын өзүн аксакалдар шайлаган. Бээжинге казатка чыгаардын алдында Манас башкы кол башчыны шайлоо сунушу менен шериктеш уруулардын кол башчыларына кайрылган. Алардын баары Манас көрсөткөн Бакайдын кандидатурасына макул болушкан.

Бирок али күчтүү демократиялык башталыш бара-бара кийинки жаңы мамилелердин күчөшүнөн жоголуп кеткен. Бир катар карама-каршылыктар бышып жетилип, атап айтканда, Манаска каршы жети хандын чагымчылыгына айланганы буга далил. Мына ушул социалдык чыр-чатактарга К. А. Рахматуллин өзгөчө көңүл бурган[17]. Бирок, бул чыр-чатакты мамлекет ичиндеги карама-каршылыктардын чыгышы катары карап, эң башкысын — эски демократиялык негиздердин Манас киргизген жаңы мамилелердин элементтери менен күрөшүн байкабай калган.

Эпосто чагылдырылган негизги социалдык келишпестиктер алгачкы жамааттык түзүлүштүн акыркы этабына таандык коллективдүү башталыштын феодалдык укладдын калыптанышынын дооруна мүнөздүү жаңы коомдук мамилелер менен күрөшү, өзүнчө бир аскердик-демократиялык түзүлүштүн негизинде жайылтылган.

Манастын өзү жөнүндө кеп кылсак, анда анын социалдык турпатынын карама-каршылыгы эпос чагылдырган доордун коомдук мамилелеринин татаалдыгын өзүнө камтыйт. Анын үстүнө жаңы багыттар канчалык сезилсе да, жол башчылар жана кол башчылар биздин алдыбызда канчалык өкүмчүл көрүнбөсүн бул көркөм оозеки чыгармадан байыркы өткөн заманда кыргыздарда аскердик-демократиялык түзүлүштүн доорон сүргөндүгүнөн кабар алабыз. Анын кээ бир калдыктары дээрлик XIX кылымдын ортосуна чейин сакталган. Кыргыз жоокерлеринин «командалык курамын жана кадрларын» дал ушул негизде кароо зарыл. Ар бир ири аскер жетекчисинин 40 чородон турган жасак түрүндөгү тандалма кошууну болгон. Манастын 40 чоросу — анын жан-жөкөрлөрү, анын таянаары. Алар бир эле убакта Манастын жүз башы, миң башылары, көпчүлүгү ар түрдүү уруулардын өкүлдөрү, арасында туугандары да бар, маселен Бакай жана Сыргак — Манастын атасы Жакыптын бир туугандарынын уулдары. Манастын чоролору академик Б. Я. Владимирцов ийне-жибине чейин изилдеген моңголдук

нөкөрлөрдү өзгөчө эске салат[18]. Айырмасы — курамы боюнча бир тектүү эмес. Чоролордун арасында зарыл учурларда аскерлерге кол башчылык кылган, жүрүштүн жолун, чабуулга өтүүнүн учурун аныктаган Бакай да, нойгут уруусунун башчысы Чубак да, «ондуктун» башчысы Тазбаймат да бар. Алардын баарын жан дилинен Манаска, жоокердик милдетине бекемдиги, эл-жерин коргоо идеясы бириктирип турат. Манас аларга ат, байлык, аял тартуулаган.

Манастын мүнөздүү белгиси жөнөкөйлүк, өзүнүн чоролоруна тең мамилеси. Манастын казак ханы Көкчө, кыпчак ханы Үрбү, хотан ханы Төштүк, бухара ханы Музбурчак жана башкалар менен мамилелери таптакыр башкача. Алар Манаска баш ийишет, бирок өздөрүнүн аскерлери бар, чектелүү өз алдынчалыкка ээ. Бул Манастын атактуу жан-жөкөрлөрү көбүнчө баш ийгендерге караганда анын шериктештерине көбүрөөк окшойт. Бээжинге чоң казаттын алдында Манас келген хандарды аскерлери менен бирге меймандос тосуп, дүр-дүйнө оокаттар менен сыйлап жана тейлөө үчүн өзүнүн эң көрүнүктүү чоролорун бөлүп койгондугу кокусунан эмес. Кыязы, бул көрүнүш букаралыктын бири болууга тийиш.

* * *

Кыргызстандын Орусиянын курамына ыктыярдуу кириши кыргыз элинин турмушундагы эң ири бурулуш окуянын бири, анын андан аркы тагдырында зор прогрессивдүү мааниге ээ болду.

XIX кылымдын 50—70-жылдарында Орусияга бүткүл Кыргызстандын кошулушунун натыйжасында жайыттары менен мал-жанын гана эмес, адамдарды да тебелеп-тепсеген согуштар токтоду. Миңдеген адамдар өз ара кол салуулардан кийин болгон кулчулук абалдан куткарылды. Кыргыз эли кокон зомбулугунун эзүүсүнөн жана артта калган коңшулаш чыгыш мамлекеттеринин бири тарабынан кулга айлануу коркунучунан кутулду.

Кыргызстандын Орусияга кошулушунун өтө маанилүү натыйжасы кыргыз элинин орус эли менен мурдагы саясий жана экономикалык байланыштарын чыңдоо, бир мамлекеттин чектеринде алардын жакындашуусу болду. Бул жакындашуу падышалык өкмөттүн эркинен жана каалоосунан тышкары жүргүзүлдү. Орус эли аркылуу кыргыздар өзүнүн ишенимдүү шериктешин жана досун тапты. Орусияга кошулгандан кийин Кыргызстандын орусиялык капитализмдин экономикалык турмушунун чөйрөсүнө тартылышы, анын чарбасынын жалпы орусиялык экономиканын бир бөлүгүнө айланышы башталды. Орусиянын бул алыскы чет-жакасынын өндүргүч күчтөрү ойгоно баштап, өзүнүн өнүгүшү үчүн түрткү алды. Соода өнүгүп, отурукташкан кыштактар, шаарлар, катнашуунун алгачкы жакшыртылган жолдору пайда болду. Зор жер массивдерин өздөштүрүүгө, асыл тукум малды, айыл чарба машинелерин ташып келүүгө, кол өнөрчүлүк өндүрүшүнүн өнүгүшүнө жол ачылды. Алгачкы кол өнөрчүлүк өнөр жай ишканалары пайда болду. Ага чейин кыргыз айылында өкүм сүргөн патриархалдык-феодалдык мамилелери ыдырап бөлүндү. Бир кыйла прогрессивдүү капиталисттик мамилелер өтө жайбаракаттык менен болсо да кыргыз чарбасына сүңгүп кире баштады.

Ошол эле убакта кыргыз элинин турмуш тиричилигинде, материалдык жана рухий турмушунун ар түрдүү жактарында орус адабиятынын, орус коомундагы алдыңкы бөлүктүн революциялык-демократиялык идеяларынын жагымдуу таасирин кадимкидей сезип баалай баштаган.

Бирок падышачылык Кыргызстанда өзүнүн реакциячыл максатын ишке ашырууну көздөгөн, бул аёосуз колониалдык саясаттан, бул өлкөнү Орусиянын

агрардык-сырьёлук коштондуларынын бирине айландыруудан байкалган. Байлардын жана манаптардын колдоосуна ээ болгон падышачылыктын колониялык саясатынын бүткүл оорчулугу кыргыз элинин эмгекчилеринин мойнуна жүктөлгөн. Падышалык өкмөт түпкү калктын пайдалануусунан зор массивдеги айдоо жерлерин тартып алып, кыргыздарды — малчыларды жана дыйкандарды кунарсыз тоолорго айдап жиберишкен. Айылдарда жана болуштуктарда байлардан жана манаптардан түзүлгөн падышалык бийликтин башкаруу аппаратынын жардамы менен эмгекчил кыргыз калкынан көп сандагы салыктар, жыйымдар алынып турган. Булар менен катар жергиликтүү администрация жана кыргыз феодалдары практикалаган официалдуу эмес жыйымдар да болгон. Кыргыз кембагалдарынын, катардагы малчылардын байларга жана манаптарга кулчулук көз карандылыгы азаймак гана турсун, улам барган сайын күчөгөн. Кыргыздардын эмгекчи массасы аттуу-баштуу адамдарды жана байларды колдогон мыйзамдын алдында саясий жактан таптакыр укуксуз жана толугу менен коргоосуз болгон.

Падышалык колониялык администрациянын системасы эзүүнүн куралы катары феодалдык жергиликтүү төбөлдөрдү жана байларды пайдаланууга негизделген. Ак сөөктөрдүн жана байлардын таламдарын ачык коргогон мындай системада калктын эмгекчил бөлүгү, өзгөчө кембагалдар жана бат- рактардын көп сандаган катмары саясий гана эмес, эң эле жөнөкөй адамдык укуктардан ажыратылган болучу. Коргоодон жана жардам алуудан алар үмүттөнүшкөн эмес. Бай-манаптык төбөлдүн зомбулугу, алардын эмгекчилерди аёосуз эзүүсү акыркы чегине жеткен. Эл массалары караңгыга камалып, рухий жактан басмырланып, наадандыкта, ырым-жырымдардын кысымынын астында кыйналып жашаган.

Бирок, падышачылыктын бул реакциячыл саясатына карабастан ага каршы күрөшкө кыргыз жана орус элдеринин жакындашына көмөктөшкөн факторлор да болгон. Мындай факторлордун бири Кыргызстандын аймагына

падышачылык уюштурган орус жана украин дыйкандарынын бир кыйла массасын көчүрүшү болуп саналат.

Дыйкандарды калк жыш жайгашкан губерниялардан көчүрүү менен падышалык өкмөт аларды кыргыздардын жерин тартып алуунун эсебинен камсыздаган. Өкмөт ошонун өзү менен Орусиянын борборундагы агрардык маселенин курчтугун басаңдатууга, бир жагынан, помещиктер менен, экинчи жактан — жерсиз дыйкандардын ортосундагы орус жана украин кыштагында улам барган сайын тереңдеп жаткан карама-каршылыктарды басууга аракеттенген. Мына ошентип, бир катар этаптан өткөн дыйкандарды мындай көчүрүү падышачылыктын колониялык саясатынын көрүнүштөрүнүн бири болгон.

Ошону менен бирге, Кыргызстандын аймагында көчмөндөргө караганда эски жана ченемсиз жогору дыйканчылык маданияты бар орус жана украин дыйкандарынын бир кыйла массасынын пайда болушу оң натыйжаларды берди. Кыргыздардын кыштоолорунун катарында өздөрүнө мүнөздүү болгон толук отурукташкан турмуш уклады, үй жана чарба турмуш-тиричилигинин бир кыйла жогорку маданий деңгээли бар дыйкан кыштактары өсүп чыккан. Мындай коңшулук крайдын чарбалык турмушуна көп өзгөрүштөрдү алып келип, кыргыздардын отурукташуусуна жана дыйканчылыкка өтүшүнө көмөктөштү. Ал кыргыз калкынын караңгы массасынын орус элинин маданиятына жакындашында маанилүү тарыхый роль ойноду.

Кыргыз чарбасына капиталисттик мамилелердин кириши анын натуралай негиздеринин бара-бара бошоңдошун, товардуулуктун өсүшүн туудурду, кыргыз айылында таптык күчтөрдүн ого бетер зор жикке бөлүнүшүнө алып келди. Бул жобону Октябрь революциясынын алдында Көчүрүү башкармасынын чиновниктери жүргүзгөн изилдөөлөрдүн маалыматтары ынанымдуу далилдеп отурат[19].

Кыргыз коомунун социалдык структурасынын татаалдыгын түшүнүү үчүн бул коомдун негизги таптарынын бири — манапчылыктын эволюциясын карап чыгуу жетиштүү[20].

Кыргызстандын Орусиянын составына кириши феодализмдин өнүгүшүнө алып келген жаңы учурлар алгачкы убакта таптык күчтөрдүн катышын кескин өзгөртүп, үстөмдүк кылган экономикалык укладдын бузулушуна алып келген жок. Капиталисттик мамилелер кыргыз көчмөн чарбасына кире баштаган кандайдыр-бир мезгил өткөндөн кийин гана манаптын жаңы тиби — соодагердин, ишкана ээсинин, капиталисттин тиби түзүлө баштайт.

Кыргыз коомчулугунун негизги фигурасы катары орус жеке бийлигинин түзүлүшүн тааныган жана өзүнүн бүткүл колонизатордук саясатында таяныч жасаган манапчылык өз кезегинде жаңы рыноктордун пайда болушунан, шаардык борборлордун өнүгүшүнөн, көчүп келген орус жана украиндик дыйкан кыштактарынын түзүлүшүнөн, товардык-акча мамилелеринин интенсивдүү киргизилишинен келип чыккан экономиканы кайра куруунун натыйжасында ички өзгөрүүлөргө дуушар боло баштаган.

Манаптын — баарыдан мурда экономикалык жактан салыштырмалуу өнүккөн пункттарга умтулган райондордо пайда болгон манап-байдын жаңы тиби феодалдык мамилелердин системасына капиталисттик эксплуатациянын элементтерин киргизген, батрактарды жана кембагалдарды эзүүнүн өзүнчө бир системасын түзгөн.

Ал түгүл бир кыйла «тектүү» манап үй-бүлөлөрүндө капиталисттик өнүгүүнүн айлампасына кошулуунун болбой койбой турган процесси болуп өткөн. Маселен, империалисттик согуш башталганга чейин бир аз мурда Түндүк Кыргызстандын эң ири феодалы Шабдан Жантаевдин уулдары падышалык өкмөткө көрсөткөн бир кыйла баалуу кызматтары үчүн анын бөтөнчө колдоосунан пайдаланып, мурда калктын арасынан жыйноонун эсебинен өнүгүп келген өз чарбаларын ишкана тибиндеги чарбаларга кайра кура баштаган.

Анын улуу баласы Хисаметдин жергиликтүү рынокто көбүрөөк талап кылынган зор аянтка себилген бедеси бар 100 гектарга жакын жерге ири дыйканчылык чарбасын (анын ичинде 18 гектар жемиш багы бар) уюштурган. Хисаметдин бир жолу инженер Васильевдин иликтөө партиясына 1700 сомго беде саткан. Өз букарасынын акысыз эмгегинен жана өз ара жардамдашуунун салт болуп калган формасын (ашар) пайдалануудан тышкары ал жалданма эмгекти да кеңири колдонгон.

Шабдандын экинчи уулу — Мөкүш жогорку товардуу жылкы чарбасын түзгөн, 200 башка чейин жеткен анын үйүрлөрүндө жылкынын жакшы асыл тукумдары басымдуулук кылган.

Үчүнчү уулу — Кемел көп бал челек (300 бал челекке чейин) кармап, бал сатыкка түшүп турган. Бир жолу Ташкенге 11,5 тоннага жакын бал жөнөтүлгөн.

Эң акырында, төртүнчү уулу — Аман «өнөр жай капитализминин» биринчилеринен болгон, анын сезондо (ал жайында гана иштеген) 3ООгө чейин

тери иштетүүгө жарамдуу өзүнүн булгаары заводу жана 3000ге жакын сом жүгүртүү капиталы болгон.

Манаптардын арасынан ири капиталисттер өсүп чыга баштайт, сүткорлук менен кесип кылган манаптар да пайда болот. Алардын ичинен көбүрөөк белгилүүсү Өзбек манап ири мал өнөр жай ээси болгон (бүткүл малын майда жандыкка айландырганда 80 миңге жакын кою болгон), сүткор жана соодагер Абдулла Мусиндин бир канча ири дүкөнү болгон, соодагер Түркмөн Сарпеков мал жана кездеме сатып, сүткорлук аркылуу өзүнө зор капитал топтогон.

Колониялык мезгилдеги манапчылыктын социалдык жүзүн баарыдан мурда ал туземдик администрациянын бардык звенолорун түзүү үчүн негизги резервуар болуп саналгандыгы менен мүнөздөлөт. Болуштар, элүү башчылар, айылдык старчындар, бийлер манаптардын ичинен же болбосо алардын койгон адамдарынын ичинен тандалып алынган. Мына ошентип, букаранын үстүнөн манаптардын чексиз бийлиги закондоштурулган. Майрамдарды уюштуруу, аш берүү, үйлөнүү тойлору, ажыраштыруу, калың төлөө, соттук чыр-чатактар, болуштуктан башка болуштукка которуу, болушту, бийди шайлоо сыяктуу айылдын коомдук турмушундагы аздыр-көптүр ири көрүнүштөрдүн бири да манаптардын активдүү катышуусуз өткөн эмес.

Калктын кеңири массасынын эмгеги, эртеңки күн жөнүндө кооптонуулар жана камкордуктарга жык толгон мурдагы кыргыз айылындагы коомдук турмуштун жай агымы башкаруучу төбөлдөрдүн таламдарына ылайыкташып, аларга кандайдыр-бир пайда алып келген окуялар менен гана олуттуу бузулган. Бирок кыргыздардын турмуш-тиричилигинде коомдук  убакыт өткөрүүнүн башка формалары да болгон, алар кеңири аралашууда эл массасынын табигый керектөөлөрүн канааттандырып, аёосуз колониялык эзүүнүн жана байлардын зомбулугунун бир түрдүү жана оор жашоо шарттарынан алагды кылган.

Кыргыз калкынын динчилдик даражасы анчалык жогору болбогондугуна карабастан, ар жылы өткөрүлө турган мусулмандардын дин майрамдары кандайдыр-бир өлчөмдө бүткүл үй-бүлө тарабынан өткөрүлүп, ал майрамдарга коомдук мүнөз берилген. Жыл сайын бир айга созулган диндик орозо аяктагандан кийин орозо айт өткөрүлгөн, курман айт майрамы да сакталган. Бул майрамда бир-бирине мейманга барышып, өз ара тамак берип сыйлашкан. Жарды калк үчүн бул майрам кыйынчылыкка турган, анткени салт боюнча кандайдыр-бир мал союлууга тийиш болгон. Көп учурда бул майрам күндөрүндө спорт мелдештери (ат чабыштар, эңиштер жана башкалар) өткөрүлүп, алар көп сандаган көрүүчүлөрдү чогулткан.

Февраль айынын акырына же март айынын башына туура келген Жаңы жыл майрамы милдеттүү түрдө өткөрүлгөн жана Ысык-Көлдө оруздама (персинин «Нооруз» деген сөзүнөн) деп аталат. Өзүнүн келип чыгышы боюнча кээ бир диний түшүнүктөр элдик салттар менен өзүнчө бир айкалышканы менен бул майрам диндик мүнөздөн оолак болгон. Анын негизги мазмуну жаздагы жаратылыштын жандануу идеясына байланыштуу. Майрамдын убагында буудайдан, талкандан, быштактан, дагы ушул сыяктуулардан — азыктын жети түрүнөн көжө бышырып, коңшуларын жана тууган-туушкандарын мейманга чакырышып, жакшылык тилектерин айтышкан. Кээде айылдын калкы чогулуп, от жагышып андан балдар жана жаштар секиришкен. Арчанын түтүнү менен үйдү, малды, ага катышкан адамдарды аласташкан. Бул майрамды Октябрь революциясынан кийин бир канча убакыт бою Ысык-Көлдө дагы эле белгилөөнү улантышып, андан кийин ал бүт маанисин жоготкон.

Бул майрамдын уландысы узакка созулган кыштоодон кийин малчылардын көктөмгө чыгышы. Ал зор жана кубанычтуу окуяга айланган. Көктөмгө чыкканда адамдар эң жакшы кийимдерин кийишип, көчтү, миңген аттарын жасалгалашкан.

Кышкы зериктирген мезгилди айылдарда салт боюнча кезектешип жоро бозо өткөрүү менен кыскартышса, жайкы мезгилде шерине уюштурушкан. Кезектешип тамак берүү менен чогулушуу достору менен жолугушууга, бири-бирине жаңылыктарды айтып, ырчыны же комузчуну угууга, күндөлүк зарыл иштер жөнүндө сүйлөшүүгө себеп болгон. Болгон социалдык экономикалык шарттардын натыйжасында бул жыйындарга катышуучулардын (алар жалаң гана эркектер болгон) коомдук таламдары кууш мүнөздө болуп, көбүнчө өздөрүнүн үй-бүлөлүк-тууган-туушкандык тобунан, айылдан же айылдык жамааттын чегинен чыккан эмес.

Бирок үйлөнүү же өлгөн адамга, өзгөчө белгилүү адамга аш берүү сыяктуу окуялар адатта кеңири коомдук мүнөздө болуп, ар түрдүү айылдардан гана эмес, кээде ар түрдүү болуштуктардан да көп меймандар чакырылган. Бул окуялар сөзсүз тамак берүү, элдик оюндар, мелдештер жана башка массалык көңүл ачуулар менен коштолгон. Чоң той жана салтанат өткөргөндөр — байлар жана манаптар көп учурда алардан зор материалдык пайда түшүрүшкөн, анткени бул салтанатка келгендер кандайдыр-бир белек — милдеттүү түрдө кошумча беришет. Бул окуялар андан ары жумалар, айлар бою, өзгөчө салтанаттарга атактуу балбандар, ырчылар жана акындар, манасчылар, белгилүү күлүктөр катышкан болсо ар кандай кеп кылууга негиз болгон. Белгилүү акындын же манасчынын айылга келишинин өзү эле коомдук окуяга айланган. Эгерде жергиликтүү байлардын же манаптардын бирөө тоскоолдук кылбаса аларды угууга адатта айылдын бүткүл калкы чогулган.

Ар кайсы айылдардан жана болуштуктардан келген калктын, өзгөчө эркектердин, мезгил-мезгили менен жолугушуп сүйлөшө турган орду базар болгон. Түндүк Кыргызстандагы базар соодасынын эң ири пункттары Пишпек, Токмок, Кара-Кол шаарлары болгон. Базарга шаарларга жакын болуштардын малчылары жана дыйкандары умтулган. Алар бул жакка бирдемесин сатуу же сатып алуу үчүн гана эмес, жөн эле тааныштарын, досторун көрүү үчүн да келишкен. Базарда уккандардын жана көргөндөрдүн баары айылдагы кызуу сөздөрдүн негизи болгон.

Ооруп калгандыкка, бала көрбөгөндүккө же бөөдө кырсыктарга байланыштуу ыйык жерлерге (мазар) баруу, жергиликтүү судьялардын (бийлердин) сот иштерин териштирүүсү Жана башка окуялар да адат болуп калган бир түрдүү турмуш-тиричиликтен кандайдыр-бир өлчөмдө алагды кылып, бирок

коомдук өнүгүүгө көмөк көрсөткөн эмес.

* * *

Орто Азиянын жана Казакстандын башка элдери сыяктуу эле кыргыздарда феодалдык түзүлүш жана патриархалдык-феодалдык мамилелер үстөмдүк кылса да, бул башка коомдук-экономикалык укладдардын элементтеринин болушун жокко чыгарган эмес. Аларга кулоо стадиясында турган патриархалдык-жамааттык укладды жана жаңыдан жаралып келаткан, кээ бир жерлерде улам барган сайын өнүгүп бараткан капиталисттик укладды таандык кылууга болот.

Патриархалдык-феодалдык мамилелердин ажырагыс бөлүгү катары Орто Азиянын жана Казакстандын көчмөндөрүндө патриархалдык укладдын сакталып калгандыгы жөнүндө жобо автор тарабынан биринчи жолу 1949-жылы көтөрүлгөн болучу[21]. Ал бир аз кийинчерээк пайда болгон эмгекте кеңири

аргументацияланган[22]. Кийинчерээк бул жобону Н. А. Кисляков колдогон жана мурунку Бухара хандыгынын отурукташкан калкына карата колдонууда өнүктүргөн[23]. Андан ары бул проблема кошумча иштелип чыгып, автордун доклады антропологиялык жана этнографиялык илимдердин VII Эл аралык конгрессине[24] сунуш кылынган. Орто Азиянын жана Казакстандын элдеринде патриархалдык-жамааттык укладдын болгондугу жөнүндө өзүнүн тезисинин негизине автор Советтик Орусиянын коомдук-экономикалык түзүлүшүнүн көп укладдуулугу жөнүндө В. И. Аениндин теориялык тыянактарын алган, бул Улуу Октябрь социалисттик революциясынын жеңишинен кийин кээ бир мезгил бою сакталып калган.

Орусиядагы коомдук-экономикалык укладдарды мүнөздөп келип, В. И. Ленин алардын ичинен биринчи деп «патриархалдык, б.а. бир кыйла даражада натуралык, дыйкандар чарбасын»[25] атаган. Бул ойду өнүктүрүп, ал мындай деп жазган: «...Дыйкандар чарбасы өзү үчүн гана иштесе же эгер көчмөн же жарым көчмөн абалында болсо патриархалдык чарба болот»[26]. Акыр-аягында, ушул эле темага дагы бир жолу кайрылып, В. И. Лениндин «патриархалдык, б.а. айыл чарбасынын өтө жөнөкөй формасы»[27] катары «чарбалык түзүлүштүн элементи» жөнүндө айткан. В. И. Лениндин эмгектеринде[28] камтылган «патриархалчылык», патриархалдык уклад түшүнүгү Орто Азиянын жана Казакстандын элдеринин патриархамык-жамааттык укладына да таандыкталышы мүмкүн. Анын ар түрдүү көрүнүштөрү советтик окумуштуулардын изилдөөлөрүндө каралган болучу[29].

Капитализмге чейинки коомдук-экономикалык формацияларда патриархалдык у1слад коомдук өнүгүүнүн өткөн этаптарынан сакталып калган баштан өткөн көрүнүштөрдүн белгилүү сомосу гана болуп саналбастан, ошону менен бирге ошол коомдук структуранын ажырагыс бөлүгү да болуп саналат. Ошол формациянын өнүгүшүнүн жалпы закондоруна баш ийип, коомдук мамилелердин үстөмдүк кылган система менен тыгыз айкалышып жана жанаша жашап, патриархалдык-жамааттык уклад ошол эле убакта социалдык-экономикалык өнүгүүнүн деңгээлине, тарыхый, география жана башка шарттарга байланыштуу болгон кандайдыр бир өзүнүн «кыймылдаткыч күчтөрүнө» ээ болот.

Ал уклад экономиканын айрым жактарынан көрүнүп, коомдук мамилелердин бир кыйла бөлүгүн козгогон, кандайдыр-бир даражада турмуштун бардык жактарын кучагына алып, идеологияда да өзүнүн чагылышына ээ болгон. Орто Азиянын жана Казакстандын элдеринде революцияга чейинки өткөн тарыхта патриархалдык-жамааттык уклад патриархалдык-феодалдык мамилелердин системасында өтө олуттуу жыйынды болгон. Көчмөн же жарым көчмөн турмуш образы мүнөздүү болгон элдерде (казактар, кыргыздар, түркмөндөр, кара калпактар, жарым көчмөн өзбектер) турмушка өтө жөндөмдүү экендигин көрсөтүү менен ал патриархалдык-уруулук турмуш-тиричиликтин туруктуу формаларына ээ болгон, бирок тоолук тажиктерде жана Памир этегиндеги элдерде өзгөчө ачык көрүнүү менен отурукташкан калктарга да мүнөздүү болгон.

Бирок жогоруда аталган элдердин патриархалдык-жамааттык турмуш-тиричилиги алгачкы коомдун чектеринде турган социалдык-тарыхый көрүнүш катары патриархалдык-уруулук түзүлүштөн алыс болгон. Ал үстөмдүктүн жана баш ийүүнүн мамилелери менен, таптык карама-каршылыктар менен ажырагыс байланышкан.

Эгер патриархалдык көрүнүштөр салттар, нормалар, расимдер жана адаттар социалдык-экономикалык жана үй-бүлөлүк турмуштун бардык эле жактарына

дээрлик сиңсе, ал эми таптык мамилелер да ыңгайлашып, түрүн өзгөртүп, өзүнө мүнөздүү болгон мамилелерди жана үстөмдүк кылган феодалдык төбөлдүн таламдарында көз караштарды пайдалануу менен өз кезегинде патриархалдык укладдын бардык жагына терең сиңген.

Орто Азиянын жана Казакстандын элдеринде патриархалдык-жамааттык уклад урук-уруулук уюмдун калдыктарына таандык салттары жана байланыштары менен көрүнгөн, бул отурукташкан жана жарым отурукташкан калкта, айылдык жана коңшулук жамаатта, көчмөндөрдө, жайыттык-көчмөн айылдык жамаатта, соңку феодалдык шаарлардын калкында кол өнөрчүлүктүн цехтик уюмдарында жана махаллалык жамаатта, ошондой эле айрым элдерде болгон патриархалдык үй-бүлөлүк жамаат жана алардын дериваттары: үй-бүлөлүк-туушкандык топтор жана бир түтүн үй-бүлөлөр түрүндө эски бойдон сакталып калган.

Айылдык жерлерде патриархалдык-жамааттык укладдын эң маанилүү белгиси натуралай чарба басымдуулук, ал эми кээ жерлерде үстөмдүк кылган. Көптөгөн кыштактык, айылдык жана үй-бүлөлүк жамааттарда дыйканчылык (же малчылык), үй кол өнөрчүлүгү жана бир бөлүгү зергерчилик менен айкалыштырылып, алардан алынган продукция керектөө эмеректери жагынан негизги муктаждыктарды канааттандырган. Жогоруда аталган жамааттардын типтери коомдук турмуш-тиричиликтин караңгылыгы, обочолонгондугу, консерватизми менен айырмаланган. Патриархалдык-жамааттык укладда илгерки коллективизмдин айрым оң салттарынын сакталып калгандыгына карабастан, бүтүндөй алганда ал эчак эле прогрессивдүү роль ойноодон калып, капиталисттик мамилелердин бышып жетилишине бөгөт болгон, коомдук өнүгүүнүн процессин токтоткон, мүлктүк теңсиздиктин жана таптык антагонизмдин жымсалданышына көмөктөшкөн, жергиликтүү калктын орто

кылымдардан мураска алган ансыз да терең артта калуусун күчөткөн.

* * *

Кыргыздардын жана Орто Азиянын мурдагы көчмөн жана жарым көчмөн элдеринин урук-уруулук уюмдашуусунун кээ бир белгилерин карап чыгууну XIX кылымда — XX кылымдын башында болгон ушул уюмдашуунун жалпы мүнөздөмөсүнөн баштоо керек[30].

Урук-уруулук структуралык тип жогоруда айтылган элдерде (казактарда да) ар кандай болгон, ал түгүл бүтүндөй бир элде да өзгөчөлөнгөн, ар түрдүү аймактардагы көчмөн жамааттардын өнүгүшү бири-биринен айырмаланып, көптөгөн социалдык-экономикалык жана саясий факторлор менен шартталган. Казактар, түркмөндөр, кыргыздар жана каракалпактар өздөштүргөн аймакта өткөн мезгилде алардын таптык жаратылышы бир кыйла ачык болсо да (казактардын кичи жүзүнүн түбөлүк көчмөндөр деп аталган кээ бир топтору ушундай) али сырт жагынан уруулуктун белгилери болгон ылгый көчмөн жамааттардан тартып, дыйкандардын типтүү коңшулаш жамааттарына (Сыр-Дарыя өрөөнүндөгү казактардын, Фергана өрөөнүндөгү кыргыздардын топтору д.у.с.) чейин коомдук уюмдашуунун көптөгөн ар түрдүү формалары жолуккан. Бул өтө айырмалуу формалардын ортосунда көптөгөн өткөөл формалар болгон. Маселен, урук-уруулук структуранын формаларынын жана көптөгөн варианттарынын жана градацияларынын өтө ар түрдүүлүгүн көрүү үчүн Казакстандын жана Кыргызстандын ар түрдүү областтарына жана уезддерине тийиши болгон Жер которуу башкармасынын «Материалдары» менен таанышып

чыгуу жетиштүү, алардын маалыматын белгилүү законченемдүү иретке келтирүү атайын эмгекти талап кылаар эле.

Казактарга жана кыргыздарга карата акыркы кылымдарга таандык булактардагы маалыматтар боюнча урук-уруулук структуранын мазмуну бүтүндөй бузулуп, ал негизинен үстүртөдөн гана сакталган. Уруулук топтордун — уруулардын жана алардын конфедерацияларынын калдыктары жөнүндө өтө шарттуу гана кеп кылууга болот. Бул жалпылыктар үчүн туруктуу белгилер жок, ал эми эгер бул жалпылыктар тарыхта белгилүү аттар жана белгилүү аймакта чыккан болсо, анда алар хандар, султандар, бийлер, манаптар жана алар менен букаралык мамилелер жагынан байланышкан феодалдык төбөлдөр башчылык кылган жана генеалогиялык туушкандыктын сырткы түрү менен гана чүмбөттөлгөн (бул сырткы түрү менен жана ушул туушкандыгы менен али көчмөндөрдүн күндөлүк турмушунда реалдуу мааниге ээ болгон патриархалдык-уруктук мамилелердин бүтүндөй системасы менен ширелишкен болсо да) саясий топтор гана болуп саналат.

Көп тепкичтүү генеалогиялык структуранын белгилүү звенолорунун формасы катары чыккан бир кыйла бытыранды составдуу бөлүктөр да ушундай эле социалдык-саясий бирикмелер болушкан.

Н. А. Аристовдун жана анын эмгектеринде[31] алдыга коюлган бир катар жоболордун каталыгына карабастан, казактар менен кыргыздардын урук-уруулук структурасынын маңызын туура түшүнүүгө ал өтө жакын келгендигин моюнга албай коюуга болбойт. Н. А. Аристовдун, ошондой эле Г. С. Загряжскийдин[32] көз карашын өнүктүрүп, А. Соколов урук-уруулук структуранын ар түрдүү звенолорунун түзүлүшүнүн жолдору жөнүндө кээ бир баалуу жалпы ойлорду айткан. Ал тарыхый жактан азыркы убактагы уруктук топтор кан жагынан урукташ союздар эмес, жалпы чарбалык (биз саясий деп да кошумчалай кетели) кызыкчылыктардын негизинде келип чыккан бирикмелер болуп саналат деп жазган. Анын сөздөрүнө караганда, алар «баатырлар доорунда» коомдук-саясий топтордон түзүлүп, алардын уюткусу акылдуу жана жөндөмдүү жетекчиси бар туушкан үй-бүлөдөн турган, анын айланасына баш ийген, өз ара коргонууга карай жалпы умтулушкан башка ар уруктун топторунун аздыр-көптүр бир кыйла чөйрөсү топтолгон. «Бул ширелишүү жоюлгандан кийин, — деп көрсөткөн А. Соколов, — урук өз ара ыдырап, башка коомдук-саясий уюмдар менен союзга кирген же кошулуп кеткен[33]. Мындай «шериктештиктердин» жетекчилери адатта үстөмдүк кылуучу таптын өкүлдөрүнөн бөлгөн, ал эми алардын айланасындагы топторду тигил же бул сапаттарынын артыкчылыктары менен эмес, коомдук-экономикалык себептер менен түшүндүрүү туура болот.

Түркмөн коомунан биз башкача абалды байкадык. Анда уруулук түзүлүш XIX кылымда кадимкидей так формаларда сакталып калган, ал казактар менен кыргыздардыкына караганда экономикалык жана коомдук турмуштун ар түрлүү жактарына бир кыйла терең таасирин тийгизген. Бул түркмөн коому өнүккөн бөтөнчө тарыхый шарттар менен түшүндүрүлгөн. Этникалык жана саясий жактан түркмөн уруулары жакшы жөнгө салынган аскердик уюмдашуунун жардамы менен гана соңку орто кылымдардын конкреттүү кырдаалында сакталмак, ал үчүн уруулук структура бир кыйла ыңгайлуу форма болуп чыкты. Бул ырастоого Ю. Э. Брегелдин[34] каршы болушу түркмөндөрдүн социалдык уюмдашуусунун бөтөнчөлүгү жөнүндөгү маселени алып таштайт, анткени ал түркмөндөрдүн урук-уруулук түзүлүшүнүн туруктуулугун чарбалык зарылчылык менен

негиздейт. Албетте, бул фактор зор мааниге ээ болгон, бирок ал түркмөндөрдө гана эмес, бардык көчмөн элдерде бирдей таасирин тийгизген.

Бир жагынан, түркмөн коомчулугу менен, экинчи жактан, казак жана кыргыз коомчулугуна тушташ каракалпак коому орто аралык абалды ээлеген, бирок ал өзүнүн экономикалык бөтөнчөлүктөрү боюнча (жарым отурукташкан жана отурукташкан дыйканчылык турмуш-тиричиликтин басымдуулук кылышы) түркмөн урууларынын бир кыйла бөлүгүнө жакын болгон. Бирок түркмөндөрдө да, каракалпактарда да казактар менен кыргыздардын урук-урыулук уюмдашы үчүн мүнөздүү белгилер бар: уруулардын жана уруулук бөлүктөрдүн генеалогиялык байланышы, уруулук топтордон айкын байкалган саясий мүнөзү, кээ бир уруулардын өтө ар түрдүү уруктук составы д.у.с.

Кыргыздарда урук-уруулук уюмдашуу урууларга жана уруктарга ачык бөлүнүү сакталган. Орто Азиянын башка элдериндегидей эле, бул бөлүнүш эчактан эле алгачкы коомдун кандаш туушкандык структурасына ылайык келбей калган. Манаптар жана бийлер башчылык кылган чоң же кичине өлчөмдөгү топтор бирдиктүү урук-уруулук структуранын звеносу катары бир бири менен реалдуу же легендалуу генеалогиялык туушкандык менен байланышкан уруулардын жана уруктардын эски формасына ээ болгон.

Урук-уруулук бөлүнүү жана алар менен шартталган түшүнүктөр жана расимдер кыргыз калкынын коомдук турмушунун жана үй-бүлөлүк-тиричилик укладынын эскилигинин, артта калышынын сакталып калышында зор роль ойногон. Феодалдык төбөлдөр урук-уруулук салттарды колдоого өтө таламдаш болгон жана уруулар менен уруктарга бөлүнүүнү калкты эзүүнүн куралы катары өз кызыкчылыгына пайдалана алган. Алар айрым уруулар менен уруктардын байыркылыгы жана алардын уруу башчыларынын сиңирген эмгеги айтылган генеалогиялык уламыштардын таркатылышына көмөк көрсөтүшкөн.

Кыргыздардагы уруулук жана уруктук топтор составы боюнча бир тектүү болгон эмес, алар башка уруулардын жана уруктардын калдыктарын жана бөлүнүүлөрүн, ал түгүл бүтүндөй чоочун уруулук топторду өздөрүнө камтыган. Бул социалдык жана этникалык түзүлүштөрдү бириктирген принцип эми кандаш туушкандык байланыштар эмес, аймактык-чарбалык жана коомдук- саясий кызыкчылыктардын жалпылыгы болуп калган. Бул кызыкчылыктарга ар бир уруу, ал эми кээде уруктун башында турган манаптар чечүүчү таасирин тийгизген.

Бүтүндөй алганда башка элдердегидей эле кыргыздарда урук-уруулук структура ыдыроо стадиясында турган. Эми ал реалдуу коомдук структура болбой калган. Али колдонулуп келген «уруу», «урук» деген түшүнүктөрдүн шарттуулугу толук көзгө көрүнөрлүк болгон.

Урук жана уруу көчмөндөрдүн социалдык-экономикалык уюмдашуусунун формасы катары надстройкалык көрүнүшкө айлануу менен өзүнүн маанисин эбак жоготкондугун моюнга алып, бирок, көчмөндөрдүн арасында түзүлгөн реалдуу мамилелерди кунт коюу менен тамоого алып, түрүн өзгөрткөн абалда болсо да кандайдыр-бир себептер боюнча жашоосун улантып жаткан урук-уруулук уюмдашуунун калдык формалары сакталып же сакталбай калгандыгын айкындоо керек.

Колдо болгон материалдар көчмөндөрдүн бирикмесинин кээ бир формалары чынында сакталып калгандыгын күбөлөп отурат, булардын негизин кандаш туушкандык мамилелердин ар түрлүү даражалары менен тыгыз айкалышкан

экономикалык турмуштун белгилүү жалпылыгынын принциптери түзгөн. Аларга өтө майда уруктук бөлүктөр таандык болгон.

Алар эми тышкы форма же «чел» катары гана эмес, патриархалдык-уруктук турмуш тиричиликтин жандуу жана активдүү аракеттенген көрүнүштөрүнүн комплекси катары чыккан. Коомдун бул социалдык түйүлдүктөрү, «төмөнкү» клеткалары ошол эле убакта урук-уруулук уюмдашуунун калдык, «жандуу» формасы да, патриархалдык үй-бүлөлүк жамааттардын өзүнчө бир эски калдыгы да болгон.

Кээ бир изилдөөчүлөр феодалдык мамилелердин өнүгүшүнүн мезгилинде көчмөндөрдө патриархалдык үй-бүлөнүн бар экендигин танууга аракеттенишкен. Бул багытта жүргүзүлгөн изилдөөлөр[35] көчмөн коомчулугундагы патриархалдык үй-бүлө толук законченемдүү көрүнүш деген тыянакка алып келди. Орто Азиянын көчмөн элдеринде жана казактарда башка элдердеги патриархалдык үй-бүлөлүк жамааттарга өтө жакындыгын эске түшүргөн мындай үй- бүлөлөр эски формада кээ бир жерлерде XX кылымдын башына чейин али сакталып кала берген, бирок басымдуу көпчүлүгүндө патриархалдык чоң үй- бүлөлүү жамааттар ыдырап жок болуп кетүүгө үлгүрүп, чакан, жеке үй-бүлөлөргө ордун бошотуп берген. Кыязы, мындай жамааттардын ыдырашы мурдараак башталган болууга тийиш. Патриархалдык үй-бүлөлөр экономикалык дифференциянын үзгүлтүксүз күчөшүнө жана терең кайра түзүүлөрдүн жеке менчиктик башталмаларынын өсүшүнө байланыштуу, бирок, тууган-туушкандык, үй-бүлөлөрдүн болгондугуна карабастан чарбалык жана социалдык жактан акырына чейин обочолонгон топко айлана алган жок. Эски патриархалдык үй-бүлөнүн же патриархалдык үй-бүлөлөрдүн тобунун ордуна уюмдашуунун жаңы формасы келди, үй-бүлөлүк-туушкандык топтору деген жаңы жалпылык келип чыкты. Өлчөмдөрү ар түрдүү болгон бул жаңы жалпылык малга, айдоо жерине (ал эми көп учурда чөп чабындыларына да), жайытка бекем орнотулган жеке менчиктин убагында малды жаюуну коллективдүү уюштуруунун элементтери менен бирге жайыттарды коллективдүү пайдалануунун принциби аракетин сактап калган. Бирок көп мындай алакалашууларда бир же бир канча бай үй-бүлөнүн айланасына топторду бириктирүү өтө маанилүү данакер башталма болуп саналат, алар ар кандай даражада жакындыгы бар өздөрүнүн тууган-туушкандарын эзүү үчүн көз карандылыктын ар кандай формаларын пайдаланышкан.

Биз патриархалдык-уруулук түзүлүштүн шарттарында жана феодализмдин өнүгүшүнүн эң алгачкы этабында негизги экономикалык бирдик патриархалдык чоң үй-бүлө, кийинчерээк чакан үй-бүлө, бирок өзүнөн мурда өткөндөрдүн көп белгилерин сактап калууну улантып келген жеке үй-бүлө болуп саналгандыгына таянабыз. Бирок чакан үй-бүлө менен катар экономикалык, көп учурларда аймактык да биримдиктин белгилүү белгилери бар бир кыйла кеңири социалдык бирикмелер да пайда болгон, муну колдоодо тукумдаш карым-катнаш да бир кыйла мааниге ээ болгон. Көпчүлүк учурларда булар жек-жааттык байланыштагы адатта тукумунун бир ата-бабадан таралгандыгына ишенишкен топтор болуп саналган. Ар бир ушундай топ өздөрүн «бир атанын балдарыбыз» деп аташканы кокусунан эмес. Кеп чынында эле бир атадан туулган боордош бир туугандар жөнүндө жүрүп жатат деп ойлоого болбойт. Мында «ата» деген терминди эң жакын ата-баба маанисинде түшүнүү керек. Бул чоң атасы да, чоң атасынын атасы да, ал эми кээде андан илгерки бабасы да болушу мүмкүн. Мына ошентип, бул топ ар түрдүү муундардын үй-бүлөлөрүнүн санын өзүнө камтыган,

ал муундардын башчылары өздөрүнүн жалпы ата-бабасы болуп эсептелген белгилүү адамдын — «атанын» түздөн-түз тукумдары болуп саналат.

Эгер жакынкы өткөн мезгилде эле мындай топ көп учурларда чакан, жеке үй-бүлөлөрдү бириктирип келсе, бир кыйла илгерки убакта ушундай эле принцип боюнча патриархалдык чоң үй-бүлөлөр биригип келишкендиги айдан ачык. Бирок кээ бир элдер үчүн М. О. Косвен[36] белгилегендей, чоң үй-бүлөлөрдүн сегментациясынын натыйжасында мындай топтордун түзүлгөн-түзүлбөгөндүгү жөнүндө ой жүгүртүүгө бизде азырынча маалыматтар жок. Азырынча биздин маалыматтар жетишсиз болсо да, бирок ал маалыматтар бөлүштүрүүнүн бир кыйла жөнөкөй процессинин мүмкүндүгү жөнүндө көрсөтүп отурат, мунун негизин чоң үй-бүлөлөрдөн чакан үй-бүлөлөрдүн бүчүр сыяктуу бөлүнүп чыгышы түзөт, алар да өз кезегинде патриархалдык жаңы чоң үй-бүлөлөрдүн башталышын бериши мүмкүн. Туушкан үй-бүлөлөрдүн мындай тобу М. О. Косвен сүрөттөгөн «патронимияны»[37] эске салат. Бирок «патронимия» түшүнүгү бул топко бириккен тууган-туушкандардын чөйрөсүнүн толук айкын чегин бере албайт. Бул түшүнүк бир кыйла чаржайыт мүнөздө (топ үй-бүлөдөн көп жана уруктан аз). Өзү үчүн жалпы ата бабадан эркек жагынан өзүнүн тегин алып келаткан тууган-туушкандардын чынында реалдуу жашап жаткан топту бир кыйла так аныктоону белгилөөдө зарылчылык келип чыгат. Бул кээде ал түгүл аймактык жактан чачкынды болуп кеткен, бирок белгилүү даражада туушкандык мамилелер менен байланышкан, кээ бир жалпы эрежелери жана милдеттери болгон бир адамдын тирүү урпактарынын тобу. Булар дайыма «бир атанын балдары», өз ара катыштыгы бар туушкан үй-бүлөлөрдүн так аныкталган тобу. Алар адатта кыштоолордо бир бирине жакын жашашып, жылдын көпчүлүк мезгилинде бир айыл болуп жайлоолорго көчүп чыгышкан.

Орто Азиянын ар түрдүү элдеринде жана казактарда болгон үй-бүлөлүк туушкандык топтордон байыркы типтеги патриархалдык үй-бүлөлүк жамааттардын ыдырашынан келип чыккан үй-бүлөлүк байланыштардын өнүгүшүнүн кийинки этабын гана эмес, бул элдердеги патриархалдык-жамааттык укладдын реалдуу формасын да көрө билүүгө болот. Бул топтордун составына кирген үй-бүлөлөрдүн ортосунда тыгыз чарбалык, турмуш-тиричилик жана идеологиялык байланыштар сакталып кала берген.

Г. П. Васильеванын билдиргенине караганда, «гарындаш», б.а. жатындаштар деп өздөрүн атаган нохурлук түркмөндөрдүн өтө майда бөлүктөрү жашап жаткан же кайтыш болгон бабасынын атын алып жүрүшкөн; жайлоого чыкканда мындай топтун мүчөлөрү өздөрүнүн боз үйлөрүн ушундай эле башка топтордон обочо бир катар тигишкен. Уулун үйлөндүрөөрдүн алдында атасы адегенде өзүнүн туушкандарын — гарындаш мүчөлөрүн чогултуп, колукту тандоо жөнүндө алар менен кеңешкен. Эгер үйлөнө турган жигиттин каражаты жетишпесе, топтун мүчөлөрү ага калың төлөө жагынан жардамдашкан[38]. Г. И. Карповдун маалыматы боюнча, түркмөндөрдө мындай топтор «бир ата» деп аталган[39].

Түркмөндөрдүн көчмөн жамааттары жөнүндө маалыматтардын баалуу жыйындысы Ю. Э. Брегелде[40] бар. Анын толук колдоого арзырлык пикири боюнча, «чоң көчмөн айылдарда да негизги чарбалык бирдик катары жазгы жана кышкы жайыттарга бирге көчкөн, ал эми жайлоодо дайыма ушундай эле башка топтордон обочо жайгашкан бир канча түйүндөн турган топ кала берген. Бул топту кандаш туушкандар түзгөн[41]. Андан ары мындай деп жазат: «Мындай көчмөн жамааттын мүчөлөрүн баш коштуруп турган туушкандык байланыштардын даражасы ар түрлүү болушу мүмкүн; булар же бир канча боз

үйдө жашаган патриархалдык бир чоң үй-бүлөнүн, же кандаш туушкандык менен байланышкан бир канча чакан үй-бүлөнүн мүчөлөрү болушкан[42]. Ю. Э. Брегель мындай деген маанилүү тыянакка келет: «Түркмөндөрдүн көчмөн жамааттарынын көпчүлүгү, кыязы, ата жагынан туушкандык менен байланышкан жана бир тукумдан — көбүнчө анчалык алыс эмес бир ата-бабадан чыккан бир канча чакан үй-бүлөдөн турган»[43].

Т. А. Жданконун[44] маалыматына караганда, каракалпактарда ар урук бөлүктөрү «кошолор» — кандаш туушкандардын тобу болуп саналган. Ушул топтор боюнча жер бөлүштүрүү жүргүзүлгөн. Т. А. Жданко кошодон патриархалдык үй-бүлөлүк жамааттын соңку формасын, анын ыдырашынын натыйжасын адилеттүү көрө алган. Кошонун мүчөлөрүнүн саны «шаңгарактын» (түндүктүн) же «түтүндүн» саны боюнча эсептелгендиги өзүнчө кызык.

1956-жылы Т. А. Жданконун жетекчилиги астында Жекенсал деп аталган жана өткөн убакта өздөрүн мюйтен уруусунун кенгтанау уругуна (Кара-Калпак АССРинин Муйнак району) таандык кылып келген ушундай туушкан уруктардын (кошо) бирине толук изилдөө жүргүзүлгөн. Бул топ 10 үй-бүлөдөн туруп, ата жагынан жакын кандаш туушкандардын (бардыгы 44 киши) беш муунун өзүнө камтыган. Кошонун мүнөздүү өзгөчөлүктөрү аныкталган: топтун мүчөлөрүнүн чарбактарынын жакын коңшулугу; малды чогуу жайытка чыгаруу; тиричилик турмуш маселелеринде кошобийге (топтун башчысына) баш ийүү, кошобий бүт чарбалык ишти жүргүзүүнүн, балык уулоого чыгуунун мөөнөтүн белгилеген, салыкты бөлүштүрүп, кошонун бүт турмушун башкарган; аны менен чарбалык да, үй-бүлө-турмуш-тиричилик иштери жагынан да кеңешишкен[45]. Кийинки, 1957-жылы Хорезм археологиялык-этнографиялык экспедициясынын каракалпак этнографиялык отряды изилдеген Елибай айылы (Кегейли району) да арасында бир гана келгин үй-бүлө болгон бир кыйла жакын туушкандык менен байланышып, 12 үй-бүлөдөн турган типтүү каракалпак кошосунун айылы болуп чыккан[46].

Каракалпактар үй-бүлөлүк-туушкандык топторду бөлүп көрсөтүү үчүн колдонуп жаткан «коше» термининин өзү зор кызыкчылык туудурат. Кыязы, бул терминге В. В. Радлов келтирген: «коч» — аял, үй-бүлө (чагатай китеп тилинен), «кош» — үй-бүлө, түтүн (Mad. W)[47] деген сөздөр семантикасы боюнча бир кыйла жакын. Ошол эле мааниде (үй-бүлө) «кос» деген сөздү С. Е. Малов Рабгузинин «Пайгамбарлардын тарыхына» (XIV кылымдагы чыгарма)[48] таянып келтирет. «Коше» деген терминди мындай түшүндүрүү бул үй-бүлөлүк туушкандык топтордон чоң үй-бүлөлүк уюмдашуунун акыркы стадиясын ого бетер зор негиз менен көрө билүүгө мүмкүндүк берет.

Казактардагы ушундай үй-бүлөлүк-туушкандык топтордун мүнөздөмөсү үчүн өтө маанилүү материалды В. А. Соколовский берет. Ал айыл-кстау деп аталган бир канча миң майда айылды изилдеп чыккан. Айыл-кстау, адатта, теги боюнча өз ара тыгыз байланышкан туушкан үй-бүлөлөрдөн түзүлгөн. Өздөрүн жалпысынан төлөс деп атаган үй-бүлөлөрдүн В. А. Соколовский толук сүрөттөгөн тобунун составына Төлөстүн үчүнчү жана төртүнчү муундагы урпактарынын он үй-бүлөсү кирген. Бул үй-бүлөлөрдүн башчылары үч ата жана төрт ата өткөн бир туугандар болгон, ушундай үч үй-бүлөдө али бөлүнө элек үйлөнгөн бир туугандар жашаган. Мындай топко кирген үй-бүлөлөр бир кыштоодо гана жашабастан, бирге жер которуп көчүп жүрүшкөн. Казактардагы чоң айылдар майда айыл-кстаулардын биригишинин натыйжасында келип чыккан. Мындай учурларда бир

айыл-кстаунун калкы экинчи айыл- кстаунун алысыраак туушкандары болгон. Мында айыл-кстаулар өзүнүн мурунку обочолонуусун сактап калышкан[49].

Автордун карама-каршы көз караштарына, ошондой эле эмгегинде болгон олуттуу каталыктарга карабастан эң майда туушкандык бирикмелердин В. А. Соколовский ачып көрсөткөн структурасы жакынкы өткөн убактарда эле казактарда. болгон патриархалдык-феодалдык мамилелердин мазмуну жөнүндө, аларда патриархалдык-жамааттык тартиптердин сакталып калгандыгы жөнүндө ой жүгүртүүгө мүмкүндүк берет.

Жакын туушкандарынын үй-бүлө топторун казактар «ата баласы», б.а. бир атанын, ата-бабанын балдары деп аташкан.

Биз карап жаткан маселелердин негизинде тувалыктардын айылдык (аалдык) жамааты жөнүндө жакында жарыяланган маалыматтар зор кызыкчылык туудурат[50].

Л. П. Потаповдун билдиргенине караганда, Батыш Туванын райондорунда өзү изилдеген тувалыктар мурда адатта ондогон, кээде андан да көп үй-бүлө болуп көчүп жүрүшкөн. Ар бир айыл чакан жамаатты түзүп, адатта жакын туушкандардын («торель») жана эң ар түрдүү категориядагы куда-сөөктөрдүн тобун бириктирип турган. Бул топ-жамааттардын өзгөчөлүгү аларга кирген үй-бүлөлөр туушкандыгы жана куда-сөөктүгү менен гана байланыштуу болбостон, сөзсүз чогуу пайдаланышкан жер жайыттарынын жалпылыгы менен байланыштуу болгондугунда, кээ бир чарбалык кызыкчылыктардын жана биргелешип иштеген жумуштардын түрлөрүнүн жалпылыгында болгон. Айылдын калкы бирге гана көчүп жүрүшпөстөн, көп учурда мал ар кимдин жеке менчигинде болсо да аны чогуу жайышкан. Айыл көп учурда биргелешип кой-эчкилер үчүн бир кенен жыгач короо «кажаа» курушкан (кыргызча — бодо мал же кой үчүн жыгач тосмо же чырпыктан согулган тосмо — кашаа менен салыштырыңыз[51]). Бир айылдын калкынын биргелешкен эмгеги чөп даярдоого да, эгин эгүүгө да, түшүм жыйноого, аңчылыкка, кой кыркууга, кийиз жасоого да д.у.с. таркатылган. Түштүк Туванын айылдык жамааты (ал «хот» деп аталган) бир кыйла бөтөнчөлүктөрү менен айырмаланган. Автор айылдык жамааттын чарбалык турмушун, айылдын калкы бирге же жекече катышкан бир катар өндүрүштүк процесстерди, мал чарбасынын жана аңчылыктын азыктарын жалпы бөлүштүрүүнүн калдыктарын, кээ бир расимдерди жана айыл үчүн жалпы болгон сыйынуунун элементтерин сүрөттөйт.

Л. П. Потапов келтирген материалдарда чарбалык турмушту жана тиричиликти уюштуруусунун структурасы жана жалпы принциптери боюнча тувалык айылдык жамаат Орто Азиянын мурдагы көчмөн жана жарым көчмөн элдеринин үй-бүлөлүк-туушкандык топторуна окшоштугун далилдейт. Алар да тувалык айылдардай чакан жамааттар катары каралышы мүмкүн. Тувалык айылдык жамааттан айырмачылыгы алар көп учурда толук өз алдынчалуу көчмөн жамааттар мүнөзүнө ээ болбостон, бир кыйла кеңири көчмөн бирикмелеринин бир бөлүгү болуп саналгандыгында. Ошондуктан аларды көбүнчө жайыт-көчмөн жамаатынын составына кирген көчмөн топтор (чарбалык жактан алганда) деп эсептөөгө болот. Бирок өзүнүн ички структурасы боюнча булар, албетте, тувалык жамааттык бирикмелер менен бир типте болгон. Тувалык айылдык жамаат менен, айталы, кыргыз үй-бүлөлүк-туушкандык топтун ортосунда айырмачылыктын кээ бир башка белгилери да болгон. Акыркысына, адатта, куда-сөөктөр кирген эмес. Кыргыз үй-бүлөлүк-туушкандык топко атты айылда жашаган курагы боюнча улуу эркектин (же аялдын) бири

эмес, кайтыш болгон түпкү ата (чоң ата, чоң атасынын атасы д.у.с.) берген. Тувалыктардан айырмаланып, топтун аты анын сан жагынан өсүшүнүн жана муундардын эсебиндеги жылыштардын натыйжасында өзгөрүшү мүмкүн болгон.

Л. П. Потапов өзүнүн изилдөөсүндө ушул эмгектин авторунун көчмөндөрдүн социалдык уюмунун звеносу катары үй-бүлөлүк-туушкандык топ жөнүндөгү, патриархалдык-жамааттык укладдын көп түрлүү көрүнүштөрүн консервациялоодогу анын маанилүү ролу жөнүндөгү төмөнкү ойлорун толук колдогон: «Бир кыйла майда «уруктук» бөлүктөргө карата», атап айтканда — үй-бүлөлүк-туушкандык топторго карата... уруулук уюм «тышкы катмар» сыяктуу гана чыкпастан, патриархалдык-уруктук турмуш-тиричиликтин жандуу жана активдүү аракеттенген комплекси да болгон Мына ушул майда «уруктук» бөлүкчөлөрдө кандаш туугандык байланыш жана патриархалдык-уруктук салттар таптык карама-каршылыктар жана эксплуатациянын өнүккөн формалары менен тыгыз айкалышып (бирок дайыма эле жаңжалсыз эмес), жуурулушуп кеткен. Акыркысы бул эң майда коомдук ячейкалардын турмушунун «чордону», өзөгү болгон. Үстөмдүк кылуучу топтор аларга уруктук тилектештиктин бардык көрүнүштөрүн, уруктук расимдерди жана тартиптерди ыңгайлаштырууга аракет жасашып, аларды жок кылууга кудурети жетпеген соң, көп учурда ылайыгына жараша алардын формаларынын, ал түгүл мазмунунун түрүн өзгөртүшкөн. Мына ушул коомдун бөлүкчөлөрүндө жогоруда аталган патриархалдык байланыштар жана салттар коңшулук, аймактык мамилелер менен толук алмаштырылбастан аракеттенүүсүн уланта берген. Дал. ушул жек-жаатташ топтордо коомдун «төмөнкү» бөлүкчөлөрүндө бир кыйла реалдуу жарым патриархалдык-жарым феодалдык мамилелер болгон, анын үстүнө алар экөө тең жогоруда мүнөздөлгөн эки коомдук укладды (патриархалдык-уруктук жана феодалдык, — С. А.) чагылдырган». Андан төмөнүрөөк жакта мындай деп жазган: «Көп мындай алакалашууда (үй-бүлөлүк-уруктук топтор эске алынып жатат, — С. А.) өтө маанилүү данакерлөөчү башкарма туушкандыктын ар кандай даражасындагы өзүнүн тууган-туушкандарын эксплуатациялоо үчүн көз карандылыктын ар кандай формаларын пайдаланган бир же бир канча бай чарбалардын айланасына үй-бүлөлөрдүн тобунун биригиши болгон»[52].

1958-жылы мага ушул эле маселени козгоого туура келди: «Малды жайлоого чыгаруу үчүн жайкы көчтүн мезгилдеринде, ошондой эле аскердик жортуулдардын убагында мындай жамааттардын айрым мүчөлөрү убактылуу өз ордунда боло алган эмес, бирок булардын маанисин өзгөртпөгөн, жамаат үй-бүлөлүк уюмдашуунун формасы гана эмес, эң жөнөкөй өндүрүштүк бирикме, коомдун чыныгы чарбалык бирдиги да болуп саналган. Бул айрым жеке үй- бүлө үчүн бир катар себептер боюнча мал чарбасын уюштуруунун баалуу формасы болгон. Бул бөлүнбөгөн чоң үй-бүлөлөрдүн эски калдыгы болгон үй-бүлөлүк жамааттын узак убакка үстөмдүк кылышы чакан үй-бүлөнүн жашашына караганда белгилүү өлчөмдө экономикалык жактан өзүн актаган. Үй- бүлөлүк-эмгектик бирикме катары чоң үй-бүлөлүк жамааттын сакталып калышына кандайдыр-бир этапта жакыр малчылардын бөлүгү да таламдаш болгон.

Бул темадагы эмгекти корутундулап мен мындай деп жазган элем: «Патриархалдык үй-бүлө жамаатынын структурасы, өнүгүшүнүн өзгөчөлүктөрү жана жолдору, трансформациясы жөнүндө ачык түшүнүк албай туруп, Орто Азиянын малчы көчмөн жана жарым көчмөн элдеринде келип чыккан коңшулук жамаатты түшүнүү кыйын. Биздин пикирибизче, коңшулук жамаат чоң үй-бүлөлүк жамааттардын урандыларында эмес, бул үй-бүлөлүк жамааттардын

жаңы коомдук-экономикалык шарттарына ыңгайлашып, чоң үй- бүлөлөрдүн акырындык менен өтө жай кайра өнүгүшүнөн келип чыгышы мүмкүн. Үй-бүлөлүк жамааттардын ыңгайлашуусу өздөрүнүн жоголуу процессинде ээ болгон өзүнчө бир формасы менен жеңилдетилген»[53].

Тувалык айылдык жамаатты изилдөөгө киришүү менен Л. П. Потапов мындай деп көрсөткөн: «Тувалыктардын, ошондой эле бир катар башка мал чарба элдериндеги феодалдык мамилелердин бөтөнчөлүгү алардагы феодалдык мамилелер патриархалдык-уруктук, жамааттык мамилелер менен тыгыз айкалышкандыгында болгон жана көп учурда патриархалдык формаларда көрүнгөн; ошондуктан алар биздин адабиятта жарым патриархалдык-жарым феодалдык мамилелер деген атка ээ болгон... Көчмөн малчылардагы патриархалдык- феодалдык мамилелерди адатта феодализмге чейинки, патриархалдык-уруктук мамилелердин себептерин изилдебей туруп эле алардын калдыктарынын же эски салттарынын бар экендиги менен түшүндүрүшөт. Мына ошондуктан мен азыркы убакта тувалыктардын улуу муундарына суроо берип билүүнүн негизинде мүмкүн болушунча байкоо үчүн тувалыктардын жамааттык мамилелерин изилдөөнү Тува комплекстүү экспедициясынын кыдырып изилдөө жумуштарынын милдеттеринин бири катары койдум.

Мына ушуга байланыштуу тувалыктарда жакында эле айылдык (аалдык) жамааттын болгондугуна көңүл бурууга туура келди. Өзүмдүн терең ишенимим боюнча, ал патриархалдык-мамилелердин алып жүрүүчүсү болгон жана ар түрдүү патриархалдык эски салттардын сакталып калышын колдоочу зарыл чөйрө. Тувалыктарда айылдык жамааттын болушунун фактысы өндүргүч күчтөрдүн төмөнкү деңгээли менен түшүндүрүлө тургандыгы өзүнөн өзү түшүнүктүү. Али алгачкы жамааттык түзүлүштүн түпкүрүндө түзүлгөн, көп кылымдар бою жашап келип, артта калган, чарба жүргүзүүнүн ыкмасында айылдык жамаат түрүндөгү көчмөн малчылардын кооперациясынын эң жөнөкөй формасы алар үчүн экономикалык зарылчылык болгон. Тувалыктардын айылдык жамааты жаңы, б.а. таптык, феодалдык мамилелерге ыңтайлашкан жана бүтүндөй алганда Тувада коомдук мамилелердин мүнөзүнө таасирин тийгизүү менен башкача шарттарда жашоосун уланта берген».

Айылдык жамааттардын социалдык структурасына токтолуп келип, Л. П. Потапов мындай деп жазат: «... тувалык чакан айылдарда байлар да, кембагалдар да болгон. Кээ бир тувалык айылдар чындыгында эми айылдык жамаат болбостон, байдын көчмө айылы болуп саналган, ага өзүнүн үй-бүлөсүнөн тышкары көз каранды туушкандары да, ага акысыз иштеп берген кембагал туушкандары, туугандык жардам дегендин чүмбөтү астында эзилген куда-сөөктөрү д.у.с. кирген.

Бирок калкы экономикалык жактан бир-биринен анчалык айырмаланбаган көп үй-бүлөлөр да болгон. Мындай айыл сөзсүз түрдө феодалга жана байга көз карандылыкта жашап, ар кандай феодалдык салыктарды төлөп, натуралай кызмат өтөп, аёосуз эзүүгө дуушар болсо да, анын ичинде байыркы жамааттык тартиптер али сакталып калган»[54].

Л. П. Потапов илимге киргизген айылдык жамаат жөнүндөгү жаңы маалыматтардын зор мааниси бар. Л. П. Потапов «бул маалыматтар көчмөн жайыт

мал чарбачылыгы чарбасынын башкы түрү болгон башка элдердин да коомдук түзүлүшүн изилдөөдө олуттуу пайда алып келе алат» деп абдан туура баамдап айткан.

Кыргыздарга тийиштүү болгон маалыматтарды баяндоого өтөлү. Адабий булактардын маалыматтарында, ошондой эле этнографиялык талаа жазууларында кыргыздарда болгон үй-бүлөлүк туушкандык топтор бир атаным балдары деп аталат. Алар жалпы ата-бабанын, көбүнчө үчүнчү, төртүнчү, сейрек учурда экинчи же бешинчи муундун урпактары болуп саналат.

Колдо болгон булактар мындай топтордун сандык курамы жөнүндө төмөндөгүдөй көрсөткүчтөрдү берет. Кыргызстандын Нарын районунда (1927-жылдагы административдик бөлүнүш боюнча) 762 көчмөн топтун жалпы санынын ичинен (биз аларды көпчүлүк учурда туушкан топтор катары карап жатабыз) топтордун 25 процентке жакыны 2—5 үй-бүлөдөн, 37 проценти 6—9 үй-бүлөдөн жана 27 проценти 10—15 үй-бүлөдөн турган[55]. Батыш Казакстан боюнча ушуга окшош маалыматтар бар: «койчу айылдардын» көпчүлүгү (21 жалпы сандын ичинен) 5—10 үй-бүлөдөн (12 айыл) жана 11—15 үй-бүлөдөн (4 айыл) турган[56]. Биздин маалыматтар боюнча, мындай топтордун ар биринде көпчүлүгү жакын туушкандардан турган 5 тен 15 ке чейин үй-бүлө болгон.

Байкозунун тукумдарынын ушундай тобун сүрөттөп жазууга мүмкүн болду. Бул топтун курамына төмөндөгүлөр кирген: Байкозунун уулу — Молтой (70 жашта), Байкозунун беш небереси жана анын алты чөбөрөсү — баары үйлөнгөн. Байкозунун тукумдарынын үй-бүлөлөрү Чоң-Таалга деген бир чакан айылда бир-биринен алыс эмес жашап, ушул айылдын башка калкы менен бирге Жумгал районундагы (Тянь-Шань) «Кызыл Октябрь» колхозунун бир бригадасында эмгектенишкен. Өткөн убакта, көчмөн түрүндө жашаган топтордогу туушкан үй-бүлөлөр бир же бир канча айыл болуп, бир-бирине жакын конушкан. Кышында бардык туушкан үй-бүлөлөр кой же жылкыларды багуу үчүн атайын бирөөнү жалдап алышкан. Жайкысын малды кошчуга кошуп жиберишкен (малдын түрү боюнча), ал эми койчуну топтогу баары урматтаган улуу адам (аксакал) ар бир үй-бүлөдөн кезектештирип дайындаган, Ошол эле аксакал көктөмгө чыгуунун күнүн да белгилеген. Ар бир үй-бүлөнүн малга айрым эни (кулагында) болгон, ал эми тамга салуу бул топ үчүн гана эмес, бир кыйла кеңири бирикме — боркемик үчүн да жалпы болгон.

Талаачылыктагы чарбалык жумуштардын убагында (эгин эгүү, дан бастыруу) топтун мүчөлөрү бир-бирине жардам көрсөтүшкөн, үй куруп жаткан топтун мүчөсүнө колунан келген жардамды көрсөтүүгө умтулушкан. Үй-бүлөлүк майрамдарды (той) өткөрүүдө жана аш берүүдө, ошондой эле үйлөнгөн учурда топтун аксакалдары менен кеңешип, андан кийин той өткөргөнгө же күйөөнүн (колуктунун) атасына мал-жан жактан жардам көрсөтүшкөн, койлору аз үй-бүлөлөргө жүн жыйнап беришкен.

Аксакалдын байбичеси айылда көпчүлүктүн жалпы эмгектенишин талап кылган аялдардын чарбалык жумуштарын (кийиз басуу, аркан эшүү, чий согуу, боз үйдүн тасмаларын токуу д.у.с.) башкарган.

Эгер топтун мүчөлөрү өз ара ынтымактуу жашаса, маселен, кымызды бир боз үйдө ачытышып, башка үй-бүлөлөр ал үйгө бээнин сүтүн жеткирип турушкан. Эртең менен кымызды баары чогуу ичип, кимдир-бирөө баарын «келгиле, кымыз ичкиле!» деп чакырат. Күндүзү ар бир адам каалаган убагында келип кымыз иче берет. Ар бир короо кой-эчкини өзүнчө бөлөк саап алышкан. Эжигей кайнатканда бир канча үй-бүлө болуп чакан топко биригишкен. Саалган сүттүн баарын кезек боюнча бул же башка аялга алып келип турушкан.

Өткөн убакта бир үй-бүлөгө, Молтой Байкозуевдин айтканына караганда, 11 — 12 ден ашпаган адам кирген. Уулун үйлөндүргөндө (улуулугу боюнча) аны

дароо эле эмес, 2—3 жыл өткөндөн кийин бөлүшкөн, андан кийин кийинки уулун үйлөндүрүшкөн. Кенже уулуна калган атасынын үйү чоң уй деп аталган: бөлүнүп чыккан уулдары 2—3 жыл бою атасыныкынан бир казандан тамак- танышкан; бул тартип чоң казан деп аталган. Мында бээнин этинин төрттөн бир бөлүгү же бир койдун эти баткыдай 9 карыш[57] чоң казандар пайдаланылган.

Жаңы жылды («Ноорузду») тосоордо туушкан үй-бүлөлөр арпадан же буудайдан, таруудан жалпы тамак — көжө даярдашып, аны кудайы деп аташкан.

Өткөн убакта жек-жааттардын ортосундагы гана эмес, бирок белгилүү даражада эри жана аялы жагынан бир кыйла алыс тууган-туушкандардын ортосундагы да тыгыз байланышты билдирген туушкандык түйүндөрдүн бекемдиги кыргыз коому сыяктуу патриархалдык-феодалдык коомдо коомдук байланыштардын формаларынын бири болгон. Таптык карама-каршылык-тардын өнүгүшү бара-бара байланыштын мындай түрүн бошоңдотуп, улам барган сайын ар түрлүү таптардын таламдарынын алдында артка чегинген, бирок Улуу Октябрь социалисттик революциясына чейин өзүнүн маанилүү ролун аткарууну уланта берген. Революциядан кийин ого бетер бошоңдоо жагына өзгөрүп, бирок, бул туушкандык байланыштар акыркы убакка чейин жоголгон жок. Мында, албетте, алар өтө жакын тууган үй-бүлөлөрдүн ортосунда өтө ачык көрүнүүдө, бирок үй-бүлөлүк туушкандык топтун (бир атанын балдары) чектеринде да маанисин али толук жогото элек.

Туушкан үй-бүлөлөрдүн тобунун чектеринде мындай байланыштардын тышкы көрүнүшүн биз жакында эле мындай үй-бүлөлөрдүн бир-бирине жакын жайгашуусунан байкадык. Жайгашуунун мындай тиби колхоздордун борборунан бир кыйла алысыраак жерлерде ачыгыраак көрүнүп, башка жерлерден сейрек учурайт. Ош областындагы Баткен районунун Рават айылындагы колхоздо жакын туушкандардын үйлөрү өзүнчө бир чакан махалла сыяктуу топ-топ болуп жайгашкан. Мындай топтун бирин изилдөө (1951-жылы) ал топ Сейиттин тукумдарынын үй-бүлөлөрүнөн тургандыгын көрсөттү. Башкалар менен катар ал жергиликтүү наймандардан (найман — өткөн убакта ичкилик тобундагы уруулардын бири) тобуна кирген Райым тобунун бөлүгүн түзгөн. Сейит тобуна алты бир тууган жана аталаш туугандардын үй-бүлөлөрү кирет, алар үчүн Сейит чоң атасынын атасы болуп саналат. Алар жайында да кыштакта катар жайгашкан боз үйлөрдө жана там үйлөрдө жашашат. Алардын айткандарына караганда, өткөн көчмөн мезгилде жайлоого чыкканда малдарын кошуп бирге жайышкан.

Ошол эле областтын Гүлчө районундагы «Октябрь» тоолуу колхозунда да (1951-жылы) үйлөр чакан топ болуп жайгашып, алардын ар биринде теги боюнча жакын байланыштуу туушкан топтордун бир (же эки-үч) үй-бүлөсү жашаган. Үйлөрдүн бул топтору бир биринен алыс эмес өзүнчө аталышы бар кичине коктуларга жана жылгаларга салынган. Үйлөрдүн топторунун бири Шалба жылгасына салынган. Бул жерде эки тармактын: Жорук уулунун (Жоруктун тукуллдары) тобуна кирген Жээнкул уулунун жана Байкул уулунун (алардан тышкары дагы үчөө) үй-бүлөлөрү жашаган. Жээнкул уулунун тармагынын арасында — Жээнкулдун небересинин бир үй-бүлөсү, анын чөбөрөлөрүнүн алты үй-бүлөсү (эки ата жана үч ата өткөн туугандар) жана чөбөрөлөрүнүн эки үй-бүлөсү (төрт ата өткөн туугандар) болгон. Алмалы деп аталган башка бир жылгада Жээнкулдун тукумдарынан дагы 13 үй-бүлө да

өзүнчө бир топ болуп жашаган: анын неберелеринин эки үй-бүлөсү, анын чөбөрөлөрүнүн беш үй-бүлөсү жана анын мөмөрөлөрүнүн алты үй-бүлөсү.

Жээнкулдун 75 жаштагы небереси Амат Тынымсейитовду биздин аксакал деп аташкан.

Жайгашуунун ушундай эле формасы 1951-жылы ошол эле областтагы Өзгөн районунун Зергер айылдык советинин колхоздорунун биринде белгиленген. Маселен, Жүдөштүн тукумунан болгон 11 үй-бүлө бир бирине жакын жашаган. Алардын арасында Жүдөштүн неберелеринин (аталаш туугандардын) сегиз үй-бүлөсү жана анын неберелеринин үч үй-бүлөсү болгон. 1950-жылы Жалал-Абад областынын мурунку Ачы районундагы Октябрдын 15 жылдыгы атындагы колхозго кирген жана Ырай уулунун туушкандык тобун түзгөн 12 үй-бүлөнүн ичинен сегиз үй-бүлө бир бирине кошуна колхоздун экинчи бригадасынын аймагында, калган төрт үй-бүлө биринчи бригаданын аймагында жашаган. Мындай жайгашуунун белгилери Ысык-Көлдүн түштүк жээгиндеги Дархан чоң кыштагында да, Тянь-Шандагы Жумгал районунун «Кызыл Октябрь» колхозунда да жана башка жерлерде байкалган. 1948-жылы «Кызыл Октябрь» колхозунда Токтоматтын тукумунан 12—13 үй-бүлөдөн турган Токтомат уулунун тобу болгон. Бул топтун эң улуусу Токтоматтын эки небересинин бири — 77 жаштагы Жантай Осмонов болгон. Ошондуктан Жантайды анын бүт туугандары ата дешкен. Бирок мындай урмат көрсөтүп мамиле кылууда эч кандай деле олуттуу мазмун жок. Карыялардын сөзүнө караганда, азыр көбүнчө алар менен эмес, айылдык советтин төрагасы же колхоздун төрагасы менен кеңешип турушат. Албетте, бул андай деле эмес. Кээ бир учурларда, өзгөчө ажырашуу, мүлк бөлүштүрүү д.у.с. маселелер боюнча карыялардын пикирин угушуп, алардын тилин алышат[58]. Карыяларды улуттук салттын тирүү алып жүрүүчүлөрү деп эсептешет. Үйлөнүү тойлорунда, сөөк коюуда тигил же бул расимдер жөнүндө сурашып аксакалдарга кеңеш салышат[59].

Жогорку үй-бүлөлүк туушкандык топтордун мүчөлөрүнүн айткандарына караганда, алар ушул убакка чейин өзгөчө ошол топтун ичинен бирөө каза болгондо, ошондой эле кээде үйлөнгөн же турмушка берген учурда бир-бирин колдоп турушат. Толубай уулунун бир кыйла ири тобунун (28 үй-бүлө) ичиндеги байланышы топтун мүчөлөрүнүн биринин сөөгүн койгондо байкалат. Толубай уулунун ичине кирген жана «Жаңы-Жол» колхозунда жашаган үй- бүлөлөрдүн ичинен бирөө каза болгондо бул жактан (25 үй-бүлө жашаган «Октябрь» колхозунан) топурак салууга Толубай уулунун баары чакыртылат. Үйлөнүү тоюна болсо туушкандык таандыгына карабастан бардык коңшу колхозчулар чакырылат[60]. Жданов атындагы жана «Кара-Суу» колхоздорунда жашаган (биринчисинде — 10 үй-бүлө, экинчисинде 30 үй-бүлө) Жантай тобунун эки бөлүгүнүн ортосунда да туушкандар ортосундагыдай байланыш бар. Алар бардык учурларда — жамандыкта да, жакшылыкта да бир-бирин чакырып турушат. Жданов атындагы колхоздо бул топтун мүчөлөрүнөн кимдир-бирөө каза болгондо «Кара-Суу» колхозунда жашап жаткан Жантайларга сөзсүз кабар беришет жана аларды топурак салууга чакырышат. Бирок мында эки учурда тең ичинде ого бетер майда бөлүктөр болгон топтор жөнүндө сөз жүрүп жатат (маселен, Жантай тобунда Калыбай балдары, Төлөберди балдары ж.б. бар). Акыркылардын мүчөлөрүнүн ортосунда бир кыйла тыгыз байланыш түзүлгөн[61].

Көп учурда бир кыйла чоң үй-бүлөлүк-туушкандык топтор эски салт боюнча топтун мүчөлөрүнүн сөөгүн жалпы көрүстөнгө коюша тургандыгын белгилей кетүү керек. Маселен, жогоруда айтылган Сейит тобу, Райым тобуна кирген башкалар менен бирге өзүнүн мүчөлөрүнүн сөөгүн Кош-Дөбө деген жердеги бөлөк көрүстөнгө коюшат. «Октябрь» колхозунда Жоруп уулу менен Толубай

улуунун аталган топторунун да өздөрүнүн көрүстөндөрү бар: биринчиси — Бейиттин мойногу, экинчиси — Төрт-Күл. Жумгал районундагы «Орто кууганды» колхозунда сарттар деген чакан үй-бүлөлүк туушкандык топ акыркы убакка чейин өзүнүн мүчөлөрүнүн сөөгүн Ниязалы Орозалиевдин үйүнүн жанындагы чарбак участкасында жайгашкан өзүнчө көрүстөнгө коюп келишкен. Биздин күндөргө чейин Жети-Өгүз районундагы «Ала-Тоо» колхозунда жашаган ири үй-бүлөлүк туушкандык топтордун өздөрүнүн өзгөчө көрүстөнү болгон. Ак күптөр Төш деген жерге, тойчулар — Кашат деген, күрүпчөктөр — Карганын коргону деген жерге сөөктөрүн коюшкан д.у.с.

1953-жылы Дархан айлында (Көл кылаасы) Зайнакан Белекова, Асылкан Белекованын сөөгүн коюуга байланыштуу чыгымдарга үй-бүлөлүк туушкандык топтун мүчөлөрүнүн катышуусунун формасын белгилеген. Боло турган чыгымдар жөнүндө кайтыш болгон аял таандык болгон Шорук уулунун үй-бүлөлүк-туушкандык тобунун карыялары атайын кеңешкен. Топтун бардык мүчөлөрү (ага 30 үй-бүлө кирген) 50 сомдон кошуп, ал эми эң жакын туугандары дагы кошумча чыгым чогултуп беришкен. Маселен, Мурат Дыйканбаев (маркуллдун күйөөсүнүн бир тууганынын уулу) бир кой, 2 чай жана 5 метр чыт; Курманалы Супатаев (маркумдун күйөөсүнүн бир тууганынын уулу) — бир эчки, бир аял көйнөк жана 100 сом; Ысак Алдашев (маркумдун күйөөсүнүн аталаш тууганы) — бир кой; өлгөндүн күйөөсүнүн аталаш туугандарынын аялдары — абысындары. Ботокан Алдашева — бир улак, Үмүт Алдашева — 100 сом; Калбүбү Мамбетова (маркумдун күйөөсүнүн атасынын бир тууганынын кызы) — 100 сом; өлгөндүн кызы Мария — бир самын, бир чай, 8 метр чыт; экинчи кызы Кашымкан — 6 метр чыт, көлөч жана чоң жоолук кошкон. Кепинге кездеме сатып алуу чыгымынан тышкары мүчөгө 600 сом акча жумшалган. Аларды итийбас, ак-күп жана күрүчбек «урук топторунун» өкүлдөрүнө мүчөгө (200 сомдон) бөлүп беришкен. Көр казгандардан тышкары өлүк жуугандарга да акы төлөнгөн: аларга өлгөндүн кийимдеринин, ошондой эле туушкандары алып келген кошумчалардын бир бөлүгү таркатылып берилген.

Үй-бүлөлүк-туушкандык топтордун ички бир кыйла тыгыз мамилелери ар түрдүү формаларда байкалат; белгилүү даражада алар өткөн убакта болгон чарбалык байланыштарды кайра кайталайт жана үй-бүлөлөр аралык эмгек кооперациясынын мүнөзүндө болот. П. Погорельский менен В. Батраков жарым көчмөн мал чарбачылыгынын шарттарында мындай үй-бүлөлөр аралык кооперациянын принциптерине жана формаларына өтө ачык баяндама беришкен[62]. Кийиз, ала кийиз жасоо же таар токуу сыяктуу коллективдүү эмгекти талап кылган кээ бир үй жумуштары, бир үй үчүн сүт азыктарын жасоо жана башкалар туушкан үй-бүлөлөр тарабынан чогуу жүргүзүлгөн. Биз дубал согуу, жаңы үйдүн чатырын жабуу сыяктуу жумуштарды коллективдүү бүтүрүүнүн көп учуруна туш келдик, ал жардам берүү мүнөзүндө болуп агаар деп аталат. Иштегендердин негизги уюткусун иш ээсинин эң жакын тууган-туушкандары жана үй-бүлөлүк туушкандык топтордун ага тууганды жактан байланышы бар мүчөлөрү түзгөн. Жумуш аяктагандан кийин жумушка катышкандардын баары үчүн сый тамак уюштурулган.

Туушкан үй-бүлөлөрдүн бир-бирине эмгектик жардамы көп учурда коомдук мал чарбасында иштеген тууган үй-бүлөлөргө жеке чарбадан мал жаюуга жайыт берүүдөн да байкалган. Буга жесир эже-карындаштарынын же тууган-туушканынын короо жанындагы жеринин түшүмүн жыйнап берүү

сыяктуу жардамдын түрүн да кошо кетели. Көп учурда туушкан үй-бүлөнүн аялы баласы менен бирге келип, дээрлик күн бою чарбалык жумуштарда жардам берет.

Туушкан үй-бүлөлөрдүн ортосундагы байланыштар ар түрдүү үй-бүлөлүк окуяларга (үйлөнүү тою, сөөк коюу ж.б.) байланыштуу материалдык өз ара жардам көрсөтүүнүн ар түрдүү формаларында гана эмес, башка себептер боюнча жардамдан да көрүнгөн. Кыргыз коомунда кандайдыр-бир себептер боюнча материалдык оор абалда калган туушкандарына жана урукташтарына жардам көрсөтүү илгертеден болуп келген. Мындай жардам элдик расим мүнөзүндө болуп, кайрылган ар бир адам өзү таандык болгон уруктун же үй- бүлөлүк туугандаш тобунун мүчөлөрүнөн андай жардамды алаарына ишенимдүү үмүттөнөт.

Үй-бүлөлүк мамилелерди изилдөөнүн процессинде ар кандай себептер боюнча чачырап кеткен тууган-туушкандарын мүмкүн болушунча бир жерге, ал эми кээде бир үй-бүлөгө «чогултуу» сыяктуу кызык көрүнүшкө туш келдик. 1948-жылы Жумгал районундагы «Кызыл Октябрь» колхозунун мүчөсү Кармыш Манапов Чүй өрөөнүнөн 9 жашар жетим кыз Бурулбүбү Ожурованы — өз бир тууганынын уулунун кызын (ал бир тууганы менен аталаш, бирок энелери башка болгон) алып келген. Бурулбүбүнүн атасынын биринчи аялынан дагы 12 жашар Жыргал деген жетим уулу калып, ал да Чүй өрөөнүндө алыскы туугандарында жашап жүргөн. Кармыш ага да бармак болгон. Бул жөнүндө айтып жатып ал инимдин балдарын алып келүү милдети менде деп белгиледи. Ал 17 жаштагы Дүйшө Курамаевди — атасынын үчүнчү аялынын баласын да алып келгиси келген. Дүйшө Карабалта кыштагына (Чүй өрөөнү) жакын жердеги «Кум-Арык» колхозунда иштеп, өзүнүн агасы Касымдыкында жашап жүргөн. Ушундай эле фактыларды биз башка жерлерден да жолук- турдук.

1955-жылы С. И. Ильясов кыргыздардын социалдык уюмдашуусунун жогоруда айтылган формаларынын бардык жерде таркатылгандыгын ырастаган кээ бир маалыматтарды жарыялаган. Ал кыргыз уруктары топторго — «бир атанын балдарына» бөлүнгөндүгүн белгилейт, алар өздөрүнүн түшүнүгү боюнча бир атанын тукумдары болушкан[63]. Мындай топтор жеке чакан жана чоң үй-бүлөлөрдөн турган. Мал, айдоо жерлери жана шалбаалары алардын жеке ээлигинде болуп, ал эми жайыттарды жалпы негизде пайдаланышкан. Өздөрүн кандаш туушкандар деп эсептеген мындай топтун мүчөлөрү той же аш өткөргөндө, айып, калың төлөгөндө, сөөк койгондо д.у.с. учурларда бир-бирине кошумча түрүндө материалдык жардам көрсөтүшкөн, ошондой эле түшүм жыйноодо, чөп чабууда, кой кыркууда жардамдашкан. Бул топтун ар бир мүчөсү ошол топтун малын жана аймагын кайтарууну, топтун ар мүчөсүн коргоп калууну жана таарынткандыгы үчүн өч алууну өзүнүн милдети деп эсептеген. Материалдык жана жумуш жактан жардам көрсөтүү расмиси ошол топтун мүчөлөрүнүн арасында гана өз күчүнө ээ болгон.

Чүй өрөөнүндөгү кыргыздардагы ушундай үй-бүлөлүк-туушкандык топтор жөнүндө маалыматтарды А. Жумагулов[64] да кабарлайт. Алар мурда жарыяланган маалыматтарды кээ бир кошумчалар менен толуктайт. Майрамдардын жана салтанаттардын убагында эски тартип сакталган, б.а. бир казандан тамак ичишкен. Тамактануунун убагында үй-бүлөсү боюнча эмес, курагына жараша бөлүнүп отурушкан. Эмгек кооперациясынан тышкары бул топтун мүчөлөрүнүн ортосунда айрым үй-бүлөлүк окуяларга (үйлөнүү тою, сөөк коюу жана аш берүү,

сүннөткө отургузуу д.у.с.) байланыштуу материалдык өз ара жардам көрсөтүүнүн ар түрдүү формалары да болгон. Топко кирген ар бир үй-бүлө

ошол топтун муктаж болгон башка үй-бүлөлөрүнө материалдык жардам көрсөтүшкөн. Туушкандык байланыштын мындай формасы кээ бир жерлерде биздин күндөрдө да сакталып калган. Маселен, Боз-Бөлтөк айлында теги боюнча өздөрүн солто уруусунун бөтөш бөлүмүнө таандык деп эсептеген айта жана чыңгыш деген негизинен эки чакан туугандаш топтор жашайт. 1954-жылы Жапар Садырбаев (ал айта тобунун эң кадырлуу аксакалы болгон) каза болгондо анын сөөгүн коюуга кошумча берүүгө 40тан ашуун үй-бүлө — айта тобунун мүчөлөрү катышкан.

Бир атанын балдарынын ичиндеги туушкандык мамилелер жана башка туугандык байланыштар жалпысынан кээде советтик этиканын талаптарына, советтик закондорго, саясий жана ишкердик сапаты боюнча кадрларды тандоо принцибине каршы келет. Айрым колхоздордо үй-бүлөлүк туушкандык байланыштар, туугандык белгиси боюнча адамдарды жайгаштыруу өз пайдасын көздөп пайдаланылган. Советтик закондорду бузуучуларды жаап-жашыруу үчүн бир-бирин колдоого кызмат кылган. Советтик коомчулук туушкандык мамилелерди мындай пайдаланууга каршы келишпес күрөштү жүргүзүп келген жана жүргүзүп жатат.

Кыргыздардын жана өткөндөгү көчмөн башка элдердин урук-уруулук уюмдашуусунун реалдуу звенолору жөнүндө маселени карап чыгуунун тыянагын чыгарып, биз өтө майда «уруктук» бөлүктөрдө, көбүнчө өлчөмү боюнча чоң же чакан үй-бүлөлүк-туушкандык топтор түрүндөгүлөрдө патриархалдык-туушкандык салттар чыныгы, реалдуу формага ээ болгондугун белгилей алабыз. Аларга кирген үй-бүлөлөрдүн ортосунда чарбалык, турмуш-тиричиликтик жана идеологиялык тыгыз байланыштар болгон, өз ара материалдык жана эмгек жактан жардамдашуу практикаланган.

Мында кандаш туугандык байланыштар өзүнүн күчүн сактап калып, үй-бүлөлөр аралык өндүрүштүк кооперациянын кээ бир түрлөрү (айрым үй- бүлөнүн малга жеке менчигин сактап калуу менен) колдонулган, керектөөчүлүк жалпылыктын, топ ичиндеги тилектештиктин айрым белгилери байкалган д.у.с. Мына ушунун баары өзүнүн өнүгүшүнө жараша терең таптык дифференцияга жеткен, улам күчөп бараткан мүлктүк теңсиздик менен өзүнчө бир айкалышып кеткен.

Мына ошентип, урук-уруулук уюмдашуунун азыркы, реалдуу жашап жаткан «жандуу» формасы өзүнүн жоголуу жолуна түшкөн. Бирок бул процесс коллективдештирүүнүн башталышына карата аяктоого үлгүрбөдү. Алгачкы учурда ал жайыраак темпте болсо да али улантыла берген. Орто Азия республикаларынын жана Казак ССРинин эмгекчилеринин айыл чарба өндүрүшүнүн жаңы, социалисттик формаларына — колхоздорго жана совхоздорго биригиши гана, ошондой эле аларды өнөр жай өндүрүшүнө тартуу урук- уруулук уюмдашуунун бардык эски калдыктарына чечкиндүү сокку урду жана үй-бүлөлүк туушкандык топтор үчүн өзгөчө мүнөздүү болгон жогоруда баяндалган патриархалдык байланыштардын маанисин жоготту.

Бирок жакынкы убакка чейин белгилүү чыдамкайлыгын көрсөткөн үй-бүлөлүк туушкандык байланыштар дайыма эле бейтарап болуп кала бербеди, кээ бир учурларда коомдук өнүгүүгө белгилүү зыян келтирди.

* * *

Өткөн мезгилдеги көчмөн жана жарым көчмөн элдердин — кыргыздардын, казактардын, каракалпактардын, ошондой эле тувалыктардын үй-бүлөлүк туушкандык топторунун, өзүнчө бир майда чарбалык жамааттарынын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн салыштырып көрүү алардын баары сөзсүз патриархалдык үй-бүлөлүк жамааттын ыдырашынын натыйжасы, туушкандык, үй-бүлөлүк байланыштардын өнүгүшүнүн андан кийинки этабы болуп санала тургандыгын көрсөтүп отурат. Бирок үй-бүлөлүк туушкандык топтор ошол эле убакта уруктардын эң майда бөлүкчөлөрү, алар кыргыздардын, ошондой эле бир катар башка көчмөн элдердин, маселен, казактардын жер-суу (түркмөндөр, каракалпактар, өзбектер менен кыргыздардын бир бөлүгү) жана жайыт-көчмөндүк айылдык жамаатынын өзөгү, ал эми башка бир учурларда составдуу бөлүгү да болуп саналган. Бул жамааттар алардын социалдык уюмдашуусунун негизги формасы болгон.

Бул жамааттардын келип чыгышы байыркы өткөн убакта коомдук өнүгүүнүн жаңы этабынын — таптык коомго өтүүнүн башталышынын далили болгон. Бул жаңы социалдык түзүлүштөр өзүнүн ички түзүлүшү боюнча отурукташкан дыйкандар үчүн мүнөздүү болгон айылдык жамааттарга таандык болушу мүмкүн. Бирок алардын социалдык жана чарбалык уклады, өзгөчө өнүгүүнүн алгачкы этаптарында уруктук жамааттын көптөгөн белгилерине али жык толгон.

Жогоруда аталган элдердин жамааттарынын бөтөнчөлүгү бир кыйла илгерки, уруктук жамааттын формасынын сакталып калышы. Мындай жамаат патриархалдык-уруктук жана бир кыйла соңку коңшулук жамааттын (Маркстын айтуусу боюнча «экинчи формациянын» жамааты) белгилерин өзүнө камтыган. Анда жамааттын мүчөлөрүнүн кандаш туушкандыгынан байкалган, «күчтүү, бирок тар байланыш» али толук үзүлө элек болучу. Бирок ал үчүн «ички дуализм» мүнөздүү болгон: жер-суу жамааттарында жамааттык жер менен сууну пайдалануу, жерди парцеллярдык иштетүү жана иштетүүнүн үзүрүн жекече өздөштүрүү менен коштолгон; көчмөн айылдык жамааттарда жайыттарды чогуу пайдалануу малга жеке менчик менен айкалышкан.

Бул жамааттардын ичинде терең таптык жикке бөлүнүшүү болгон. Ошону менен бирге мында кээ бир патриархалдык-жамааттык салттар туруктуу сакталып калган, алар биргелешкен чарбалык башталмалардан жана эксплуатациянын (дыйканчылыкта — жасалма сугатка байланыштуу ар кандай жумуштар, мал чарбасында — малды биргелешип жаюу, кой кыркууда, чөп чабууда өз ара жардамдашуу д.у.с.) элементтерин камтыбаган эмгектин жөнөкөй кооперациясынан көрүнгөн.

Байыркы жамааттын турпатын жоготушкан коңшулук (айылдык) жамааттар башкалардан бөлүнүп калган бийик тоолуу райондордо, Орто Азиянын чөл талааларында жана жарым чөл талааларында, ошондой эле Орто Азиянын маданий оазистеринде, анын ичинде сугат дыйканчылыгынын экономикалык жактан өнүккөн райондорунда да (өзбектердин жана тажиктердин арасында) жашоосун уланта берген. Алар ар башка формада өзүнүн жоюлушунун ар түрдүү этаптарында болгон, бирок алардын баарына ошол эле «ички дуализм» мүнөздүү.

Бирок бул жамааттардын арасынан, бир жагынан, жамааттык-кайра бөлүштүрүп жер пайдаланууга («пайкал») негизделген бир кыйла архаикалык типтеги жамааттар, экинчи жактан — жалпы сугат системасы гана сакталып калган жамааттар кезиккен.

Орто Азиянын соңку феодалдык шаарларында жамааттык тартиптер бул же тигил даражада кол өнөрчүлүк өндүрүшүнүн цехтик уюштурулушунда

чагылдырылган. Бирок жамаат — кол өнөрчүлүк цехи менен катар, 0. А. Сухареванын изилдөөсү көрсөткөндөй, жамаат-махалланын өтө эски формасы да болгон, анын ичиндеги мамилелер коңшулук реминисценцияга, ал эми

айрымдары алгачкы жамааттык коомго таандык. Бул же тигил махалланын калкынын күндөлүк турмуш-тиричилиги жамааттык эрежелер менен эң тыгыз байланышкан[65].

Кыргыздарда да жамаат сыяктуу социалдык уюмдашуунун формасы сакталып калган. Бирок кыргыз жамаатын изилдөөгө ушул убакка чейин али таптакыр жетишсиз көңүл бурулуп келген, ал эми, маселен, казактардын жамааты, атап айтканда, советтик окумуштуулар С. З. Зимановдун[66] жана В. Ф. Шахматовдун[67] эмгектеринде толук изилденген. В. Ф. Шахматов дүйнөдөн кайткандан кийин анын баалуу эмгеги басмадан чыкты, анда казак жамаатын изилдөө жалпыланган68.

Кыргыз айылдык жамаатынын мүнөзү жөнүндө кээ бир маалыматтар (тилекке каршы, өтө фрагменттүү) К. Үсөнбаевдин69 китебинде камтылган. Анда кыргыздардын социалдык түзүлүшүнүн ушул жагы жөнүндө өтө жалпы түшүнүк гана берилген. Кыргыздардын айылдык жамааты жөнүндө маселени толугураак карап чыгууга М. Т. Айтбаев аракет жасаган. Бирок өзүнүн китебинин бул маселеге атайын арналган главасында автор айылдык жамаат жөнүндө так түшүнүк бере алган эмес[70]. Баарыдан да автордун теориялык жактан кудуретсиздиги кыргыз айылдык жамаатынын структурасы жана өзгөчөлүктөрү жөнүндө маселени таптакыр чаташтырышына алып келген. М. Т. Айтбаевдин ой жүгүртүүлөрү фактылардын үзүндүлөрүнүн, марксизм- ленинизм классиктеринин айткандарынын, көркөм адабияттын жана айрым булактардын үзүндүлөрүнүн укмуштай аралашмасы, ал эми эң башкысы — бир-бирин жокко чыгарган автордун ойдон чыгаруулары жана божомолдору болуп саналат. Бир канча мисалдарды келтирүү эле жетиштүү. Бир эле абзацтан (119-бет) биз мындай деген сөздөрдү жолуктурабыз: «Кыргыз айылдык жамааты... дегени менен ондогон жана жүздөгөн үй-бүлөлөрдү бир бүтүнгө бириктирген татаал административдик-экономикалык бирдик болгон». Ошондон кийин эле мындай деп жазылган: «Мындай жамаат жалпы айылдык жайга ээ болгон бир канча үй чарбаларынын жыйындысы гана болгон». Андан төмөнүрөөк жакта «Айыл бир канча майда айылга, башкача айтканда майда көчтөргө бөлүнүп кеткен» деген сөздөр бар.

Бир учурда М. Т. Айтбаев жамаат менен айылдын ортосуна барабардык белгини коёт (118-бет), ал эми башка учурларда ал көчмөн жамаатты ага кирген айылдардын сомосу катары түшүндүрөт (119-бет). 124-бетте эч кандай түшүндүрүүсүз эле текстте «үй-бүлөлүк жамааттар» пайда болуп, ал эми андан ары биз «Бара-бара айрым жамааттардын ичинде шериктештик уюштурула баштаган» (?!) деген сөздөрдү окуйбуз.

Автордун бул айтканы боюнча, Кыргызстандын аймагында айылдык жамаат көчмөн мал чарбачылыгы түзүлгөнгө чейин эле келип чыккандай болуп калат (116-бет). Негизин койчуларды жалдоо жолу түзгөн жамаатты «категорияларга» же «формаларга» классификациялоо да эч кандай сынга арзыбайт.

Мына ошентип, М. Т. Айтбаевдин айрым туура тыянактарына (131-бет) карабастан, кыргыз жамаатынын проблемасын иштеп чыгуу ал тарабынан алга гана жылдырылбастан, белгилүү түрдө андан ары изилдөөгө тескери багыт берген.

Кыргызстандын революцияга чейинки тарыхы боюнча тажрыйбалуу адис

С. И. Ильясов өзүнүн китептеринин биринде каралып жаткан проблемага да өзгөчө көңүл бурган[71]. Жер котоpуу башкармасынын кызматкерлери жүргүзгөн изилдөөлөрдүн маалыматтарынын негизинде ал Түштүк Кыргызстандагы көчмөн жамааттардын курамын жана санын талдап келип, кыргыздардын

айылдык жамаатынын тибине аныктама берет. Бирок, С. И. Ильясов көтөрүп чыккан жобо көп каршылыктарды туудурат. Чындыгында автор ал түгүл кыргыз жамаатынын генезиси жөнүндө маселени койгон эмес. Бул жамааттар кандайча келип чыккан, алар качан азыркы формасына ээ болгон, Кыргызстан Орусиянын курамына киргенден кийин алардын өнүгүшүндө падышалык бийликтердин административдик иш чаралары кандай роль ойногон — мына ушул суроолордун баарына жооп жок. Атап айтканда, автор административдик жол менен түзүлгөн көптөгөн жамааттардын жасалма мүнөзүн байкабай калган (185—186-беттер).

С. И. Ильясов кыргыздардагы жамаат түшүнүгүнүн өзүнө карама-каршы жана толук айкындалбаган аныктама берет. Ал мындай деп жазган: «Мына ошентип, № 2 жамаатты уруктук жамаат деп, ошол эле убакта — ылгый аймактык жамаат деп эсептөөгө болбойт» (343-бет). «Жамаат (кыргыздарда, — С. А.) уруктук эмес, аймактык жамаат болгон, анткени жамааттын мүчөлөрү ар түрдүү уруктарга жана урууларга таандык болгон. Бирок отурукташкан элдердин жамааттарынан айырмаланып, көчмөндөрдүн жамааттарынын мүчөлөрү кандаш туушкандыгы жана уруктук мамилелердин расми менен байланышкан ар түрдүү майда уруктук топтордон турган (344-бет). Кийинки беттен (345) биз бул проблеманы изилдөөнү өзүнө максат кылып койбогон, атап айтканда, Б. Ж. Жамгырчиновдун пикирине негизделген карама-каршы ырастоону табабыз. «Кыргыз жамаатынын, — деп баса белгилейт С. И. Ильясов, — өзүн генеалогия боюнча кандаш туушкандар деп эсептегени шектенүүнү туудурат, анткени кандаш туушкандардын арасында бир кыйла жат уруктар болгон. Профессор Б. Жамгырчинов "кыргыздар экстенсивдүү жайыт чарбасын жүргүзүү менен отурукташкан дыйканчылык элдери сыяктуу коңшулук эмес, туушкандык- тын белгиси боюнча жер-жайыт жамааттарына бириккен деп туура жазат (бөлүп көрсөтүү меники — С. А.)... Бирок кыргыздардын айылдары жалаң эле кандаш туушкандардан турган эмес"».

С. И. Ильясов шилтеме жасаган Б. Ж. Жамгырчинов андан ары өзүнүн китебинде мындай деп белгилейт: «Ар бир уруктан жана уруудан башка уруу-уруктагыларды табууга болор эле... Так ошондой эле айылдын курамына да ар түрдүү уруктардын өкүлдөрү кирген»[72]. Бирок бул тезисти бекемдөөгө эч кандай далилдер жок. Ошондой болсо да Б. Ж. Жамгырчиновдун айткандарын айылдарга карата мындай ырастоо толук бойдон кабыл алынышы мүмкүн эмес, анткени кээ бир учурларда айылга башка (адатта дегени менен туугандыгы бар) уруктан чыккандар кириши мүмкүн болгон.

Туушкандык белгиси боюнча кыргыздардын жамаатка биригиши жөнүндө Б. Ж. Жамгырчиновдун туура жүйөөлөрүн мойнуна алып, С. И. Ильясов өзүнө- өзү карама-каршы чыгат, ошентип, изделип жаткан аныктаманы түзүүгө аракеттенип кыйын абалда калган. Мына ушуга байланыштуу, биринчиден, өтө жакын туушкандардын же жок эле дегенде бир уруктун мүчөлөрүнөн турган анчалык аз эмес жамааттар болгон деп айтуу керек (бул ал түгүл автордун өзү келтирген маалыматтар менен ырасталып отурат); экинчиден, жамаат «кандаш туушкандык жана уруктук мамилелердин адаттары менен байланышкан майда уруктук топтордон» турганда аны ылгый коңшулук же тармактык жамаат деп атоого эми болбой калган.

Кыргыз уруулары менен уруктары табигый түзүлгөн коллективдер болуп саналбайт деп С. И. Ильясовдун кесе ырастаганы (345-бет) дегеле туура эмес. Биз түзүлүштүн мындай тибин «табигый өсүп чыккан ассоциациялар»[73] деп атаган С. П. Толстовдун жобосу чындыкка бир кыйла жакын деп эсептейбиз, бирок өзүнүн өнүгүшүнүн процессинде алар ар кандай өзгөрүштөрдү башынан өткөргөн. С. И. Ильясов «үй-бүлөдөн өсүп чыккан» кандаш туушкан уруктардын болушу мүмкүн деп эсептейт. Бирок бул өзүнүн массасы жагынан же майда урук бөлүктөрү (көп учурда үй-бүлөлүк-туушкандык топторго ылайык келген), же манаптык «фамилиялар», өзүнчө бир «дворяндар уясы», булардын курамына, айтмакчы, кандаш туушкандар гана кирген эмес.

С. И. Ильясов кыргыз айылдык жамаатын мүнөздөгөн көп түрдүүлүктү ачып көрсөтүүгө аракет кылбаган. Анын үстүнө ал келтирген материалдардан деле ачык көрүнүп турат. Биздин көз карашыбызча, мына ушул көп түрдүүлүктүн артынан кыргыздардын жайыттык-көчмөндүк общинасынын өнүгүшүнүн жана бузулушунун ар түрдүү стадиялары жашырылып турат. Кыргыз жамааты жашаган социалдык-тарыхый, географиялык жана чарбалык шарттардын ар түрдүүлүгүндө алардын өнүгүшүнүн бир калыпта эместиги абдан закон ченемдүү көрүнүш болгон.

Кыргыз айылдык жамааты жөнүндө азырынча белгилүү болгон бир аз нерселердин баары кээ бир жалпы жобону калыптандырууга мүмкүндүк берет.

Кыргыздарда айылдык жамааттар сыртынан уруктук жамааттардын формаларын сактап калууну уланта берген. Бирок алардын экономикалык мазмуну эми таптакыр башкача болгон. Аларга баарыдан мурда конуштарды жана жайыттарды биргелешип пайдалануу менен бириккен малдуу жеке менчик ээлери кирген. Продуктуларды чыгаруу жана ээлөө айылдык жамаатта жеке мүнөздө болуп, көчүп-конуу жана жайыттарды пайдалануу жамааттык принципте түзүлгөн. Бирок бул жерге эркин жамааттык ээлик кылуу эмес, жерди феодалдар — бийлер жана манаптар башкарган. Чындыгында жамааттык деген ээлик кылуу эмес, көчүп барган жерден пайдалануу болгон. Айылдык жамааттын ичинде мүлктүк теңсиздик, таптык жикке бөлүнүү байкалган. Мындай жамааттардын курамы бардык эле учурда бир тектүү болгон эмес. Аларда кээде туушкан эмес топтордун өкүлдөрү да болгон. Бирок жамааттын негизги уюткусун топтордун бу же тиги саны түзүп, аларга жакын туушкандарынын үй-бүлөлөрү кирген. Кыргыз көчмөн айылдык жамааты өзүнүн экономикалык мазмуну боюнча да коомдук уюмдашуунун тибине толук ылайык келген, дыйканчылык элдерине карата колдонулуучу бул уюмдашууну К.Маркс айылдык жамаат деп атаган.

«Уруктук» бөлүктөрдүн ичинде жана өзгөчө үй-бүлөлүк-туушкандык топтордун күндөлүк турмушунда көп учурда феодалдар өздөрүнүн кызыкчылыгын көздөгөн патриархалдык-уруктук мамилелердин эски калдыктары сакталган. Алар коомдук жана үй-бүлөлүк турмуштун кээ бир жактарында, ошондой эле идеологияда байкалган.

Кыргыздарда өз ара жардамдашуу адаттары, атап айтканда, ар бир катышуучунун эгин талаасын кезектешип жыйнап берүү үчүн бирикмелер (алгоо, уюиша) уюшулган. Алсыз жана кембагал чарбаларда өтө жылма түрдө колдонулган артелдик эмгектин бул формалары байлардын өздөрүнүн кембагал коңшуларын эксплуатациялоо үчүн көп учурда чүмбөт катары кызмат кылган. Эң жөнөкөй өндүрүштүк кооперациянын бир кыйла туруктуу формалары мал чарбасында сакталган. Мында чакан айдоо жерлеринде иштөөнү да кошуп

алганда сезондук жумуштардын дээрлик бүт цикли артелдик башталмаларда иш жүзүнө ашырылган. Бул максат үчүн көп учурда кыштоодогу жакын туушкандардын ондогон жана андан да көбүрөөк үй-бүлөлөрү кирет.

Тойлорду (үйлөнүүгө, сүннөткө отургузууга байланыштуу), ошондой эле мурда бүт уруу өткөргөн жана мал көп союлган аштарды, ар түрдүү элдик оюн-тамашаларды манаптар менен байлар кийинчерээк өздөрүнүн кадыр-баркын көтөрүү жана таасирин күчөтүү үчүн өзгөчө шаан-шөкөт менен өткөрүшүп, бир кыйла киреше табышкан, анткени тойго чакырылгандар адат боюнча той ээсине кошумча түрүндө жардам көрсөтүшкөн. Биз мурда белгилегендей, өзгөчө оор абалда, муктаждыкта калган урук мүчөсүнө материалдык жардам көрсөтүү, чарбасына эмгек жагынан жардам берүү бардык жакын туугандар үчүн милдеттүү болгон.

Патриархалдык-уруктук мамилелердин саркындылары жана эски калдыктары кыргыз коомунда таптык карама-каршылыктардын басаңдашына көмөктөшкөн. Көчмөн калктын караңгылыгы жана эзилиши, кембагалдардын таптык аң-сезиминин жетилбегендиги, өнүкпөгөндүгү тап күрөшүнүн өнүгүшүнө тоскоолдук кылган. Бирок ак сөөк феодалдык төбөлдөр менен карапайым көчмөндөрдүн, дыйкандардын жана малсыз койчулардын эзилген массасынын ортосундагы бул күрөш патриархалдыктын жана артта калгандыктын торун бузуп өтүп, өзүнө мындан чыгуунун аргасын тапкан. Тап күрөшүнүн формаларынын өзү өтө артта калган мүнөздө болуп, өзгөчө катуулугу жана таш боордугу менен айырмаланган манаптардын бийлик астынан калктын айрым топторунун кетип калышы же көчүп кетиши, кээ бир эзүүчү феодалдардын малын айдап кетүү, айрым жек көрүмчү манаптарды өлтүрүү ж.б. менен билдирилген. Социалдык карама-каршылыктар тереңдеген сайын гана тап күрөшү бара-бара өсүп, бир кыйла курч формага ээ болгон[74].

Кыргыздардын патриархалдык-жамааттык укладынын биз карап чыккан ар түрдүү формалары жана көрүнүштөрү Улуу Октябрь социалисттик революциясына чейин болгон, атап айтканда андан кийин алгачкы 10—15 жылга чейин сакталган. Социализмди куруунун жүрүшүндө гана, 1930-жылдарда патриархалдык-жамааттык уклад өзүнүн жашоосун токтоткон[75].

* * *

Патриархалдык-феодалдык мамилелердин шарттарында жана патриархалдык-жамааттык укладга тыгыз байланышкандыктан кыргыздарда кандайдыр-бир даражада эң байыркы доордон келип чыккан кээ бир институттардын калдыктары сакталып калган. Негизин уруулардын кош фратриалдык структура түзгөн түркмөндөрдөгү дуалдык уюмдашуунун издерин С. П. Толстовдун ачышы кийинчерээк кыргыздарда[76] да, каракалпактарда да, казактарда[77] да табылган. Бул дуалдык уюмдашуунун эски калдыктарына байланыштуу ошол эле каракалпактардан Т. А. Жданко белгилеген башка көрүнүштөр бар, атап айтканда никелешкен тараптагы эки топтун ортосунда түзүлгөн жана моңголдордукуна окшош «куда» деп аталган мамилелер. Буга Г. И. Карпов түркмөндөрдөн ушу сыяктуу мамилелердин эски калдыктарын ачкан жаңылыкты кошуу зарыл, булар экзогамиянын баштапкы формасы катары уруунун кош фратриалдык структурасын түздөн-түз көрсөтүп турат. Түркмөндөрдүн гоклен уруусунун бардык мүчөлөрүн коңшулаш йомут уруусунун бүт мүчөлөрүн жашына карабастан «даи», б.а. энесинин төркүндөрүн таекелер деп, ал эми йомуттардын баары бүт гоклендерди «еген» б.а. , энеси жагынан жээндер деп аташкан. Бул өткөн убакта гоклендер аялды дал ошол йомуттардан

www.bizdin.kg

алгандыгына байланыштуу. Мында энеси боюнча тууган- дары — йомуттар улуу деп, ал эми аял алган гоклендер — кенже деп эсептелген. Анысынан да Түркмөнстандын Теджен районунда теке уруусунун серге ден аталган бөлүгү ошол эле уруунун аманша бөлүгүнө карата мамиле боюнча «даилер», б. а. таякелер болуп саналган [78].

Бир кыйла адаттагы бул сыяктуу эски калдыктардын болушун кыргыздардан да белгилөөгө болот. Кыргыздардын урук-уруулук структурасынын оң «канатынын» эки негизги тобу «тагай» (тагай — энеси боюнча таяке) жана «адигине» деп аталгандыгын эске сала кетели. Кыргыздардын өтө майда (өтө көп учурда туугандаш) топторунун ортосунда түркмөндөрдүкүнө окшош таяке- жээн мамилелери болгон. Маселен, Байкозунун тукумдарынын тобу (боркемик «уругунун» бөлүкчөсү) өйдөчекти «уругунун» бардык мүчөлөрүн таяке деп аташкан, анткени Байкозунун өзүнүн биринчи аялынын (ал байкозулардын баары үчүн «эне» болуп саналат) төркүнү өйдөчектер болгон. Андан ары да байкозулар өйдөчектердин кыздарына үйлөнүшкөн. Бул түшүнүк никелик мамилелердин толугу менен байыркы нормаларынан келип чыккан, ал убакта энесинин бир тууганы бир эле убакта кайын ата, ал эми күйөө бала — эже-сиңдисинин уулу болуп саналган. Мына ошентип, кыргыздарда таякелердин «уругу» Л. Я. Штернберг сүрөттөп жазган гиляктардын (atk, axmalk) кайын атасынын уругуна, ал жээндердин уруусунун уругу — ошол эле гиляктардын күйөө балдарынын уругуна окшош келген[79]. Таякелер менен жээндердин ортосунда, ошондой эле тийиштүү туушкан топтордун ортосунда адаттагы туугандыктын же куда-сөөктүн чектеринен тышкары мамилелер болгон.

Биз кыргыздарда никелик байланыштарга да негизделген жана куда-сөөк же сөөк-тамыр деп аталган мамилелердин тиби жөнүндө маселени да козгоого тийишпиз. В. В. Радлов өзгөчө анын («Aus Sibirien») менен Н. А. Аристовдун эмгектеринен кийин кыргыздарда түштүк алтайлыктар менен хакастагылардай эле сөөк деген ат менен чынында эле кандаш туушкандык топтор жөнүндөгү пикир бекемделди. Качандыр-бир убакта мүчөлөрүнүн кандаш туушкандыгына негизделген мындай топтордун болушу толук ыктымал, анткени алардын аттарынын өзү ушул жөнүндө күбөлөп отурат (кыргызча сөөк, моңголчо ясун — урук, сөөк). Биздин мезгилдеги «сөөк» деген сөз «куда-сөөк, нике боюнча туушкан» деген маанини билдирет[80]. «Сөөк» деген сөздүн бул маанисин али 1924-жылы Ф. А. Фиельструп мындай деп туура белгилеген: «Алтайлык жана абакандык элдерде болгон сөөк деген терминди биз кыргыздардан да жолуктурабыз, бирок ошол эле убакта Сибирде ал өз ара кандаш туушкандык менен байланышкан адамдардын чөйрөсүн билдирет, кыргыздарда бул атты кандаштык боюнча өздөрүнүн туугандарынын нике аркылуу туугандашкан адамдарга карата колдонушат. Ошондой болсо да сөөк ошол эле учурда өзүнчө ачык билдирилбесе да кан боюнча туугандык болуп санала тургандыгы жөнүндө бүдөмүк түшүнүк болуп саналаарын айта кетүү керек»[81].

Биз «сөөк» деген терминдин башкача түшүндүрүлүшү жөнүндө ал түгүл «бүдөмүк түшүнүгүн» таба албадык. Аны менен куда-сөөктүк боюнча, б.а. каракалпактардагы «куда» сыяктуу мамиле гана түшүндүрүлгөн[82]. «Сөөк» деген түшүнүк чындыгында башка бир үй-бүлөлүк-туушкандык топ өзүнө аял алган же өзүнүн кыздарын күйөөгө берген үй-бүлөлүк-туушкандык топ менен ылайык келген. Маселен, менин апамдын же аялымдын төркүнү болгон үй- бүлөлүк-туушкандык топ мен үчүн жана менин туугандарым үчүн сөөк болоор эле. Мына

ошентип, мындай эки топко карата кыргыздарда «муундук» мүнөз болсо да экзогамия менен байланыштуу никелик нормалар байкалган.

Эркектин аялы өлсө, же бир тууганынын аялы өлсө, же болбосо уулун үйлөндүрсө аялынын, уулунун энесинин төркүнүнөн аял же уулу үчүн колукту алып берип, башкача айтканда сөөк жаңыртуу керек болгон. Эгер эркектиң аялы өлсө, ал аялдын төркүнү эски сөөк болуп, жаңы аялынын (ал эски сөөктөн болсо да) жаңы сөөк деп эсептелген. Чындыгында бир эле адамдын көп куда- сөөктүк жактан мамилеси болгон.

Кээ бир жерлерде мындай расим колдонулган: каза болгонду анын туушкандары эмес, жаңы сөөктүн адамдары сууга алган. Кээде сууга алууга өлгөндүн сөөгүнүн бири сөзсүз катышкан.

Мына ошентип, ар бир адам үчүн сөөк анын энесинин же аялынын төркүнүнөн чыккан адамдардын тобу болгон. Көп учурда энеси чыккан мурдагы эле сөөктөн аял алуу кийинки күндөргө чейин дурус деп эсептелинет. Өз кезегинде анын өз тобу ар кандай эже-карындашы д.у.с. күйөөгө берилген башка топ үчүн сөөк болуп саналган. Таякелеринин урууларына жана жээндеринин урууларына токтолгондо мамилелердин бул системасы маңызы боюнча биз жогоруда айткандардын эле өзү. Сөөккө кирген бардык адамдар ушул сөөктөн аял алган эркектерге жана анын туушкандарына карата таяке же тайже деп, ал эми туушкан эркектердин тобунун өзү — биринчи топтун адамдары жээндер деп эсептелген.

Эки мындай топтун ортосундагы мамилелер адатта өтө жакын туугандык мүнөздө болгон. Алар кээде бири-бирине жөлөк-таяк болгон. Көп жыл мурда Үсөнбай Улаков Жумгал районундагы Сары-Камыш айылдык советинен Чүй өрөөнүнө көчүп кеткен. Сары-Камышта малсыз, начар турмушта жашагандыктан аялынын төркүнүнө көчүп келген. Төркүндөрү ага орун-очок алууга жардамдашкан. Анын бир тууганынын уулу Акмат Жээналиев Бишкек шаарында колхоз төрагаларынын 6 айлык курсунда окуп жүргөн болот. Ал карыя Үсөнбайды издеп таап, аны өзүнүн «Бирлик» колхозуна кайра алып келүүгө чараларды көргөн.

Дагы бир колхозчу Бектеналы Орозалиев (ошол эле колхоздон) колхоздун төрагасы менен ымаласы келишпей, аялынын туугандары жашаган Сары-Булуңга көчүп кетет. Ал кайын энесинин үйүнө кирет, анын үстүнө Бектеналынын аялы кемпирдин жалгыз кызы болгон.

Молдоке Жаркымбаевдин уулдары — Маамыткан менен Кара Улуу Ата Мекендик согуштун убагында өздөрүнүн үй-бүлөлөрү менен бирге Жумгал районундагы «Бирлик» колхозунан Тогуз-Торо районуна, өз энесинин — Айымбүбүнүн төркүнүнө көчүп кетишкен. 1950-жылы Үч-Терек районундагы «Кызыл Өзгөрүш» колхозуна Базар-Коргон районунан Канат Осмонов көчүп келип, бухгалтер болуп иштеп турган. Эмне үчүн дал ушул жакка көчүп келгендигин биз сураганыбызда ал «мында менин таякелерим жашайт» деп жооп берди. 1938-жылы «Бирлик» колхозунан өз энесинин төркүнүнө Керимкул Тартаков көчүп кеткен. Мында, «Бирлик» колхозунда ал жетим болгон соң жашоо кыйындаган. Ал энесинин бир тууганы Рыспайдыкына көчүп кетүүгө бел байлаган, анткени жакын таякеси өзүнүн жээндерине сөзсүз жардам берүүгө тийиш болгон.

1950-жылы Өзгөн районундагы «Эркин-Too» колхозунда биз бригадир Арстанбек Чынгараевдин чакан үйүндө болдук. 1948-жылы ал үйдү колхоздун ветсанитары Бекмамат Эсеналиев өзү үчүн курган экен. Анын карындашынын уулу Арстанбек жакында үйлөнүп, аны бөлүп чыгарышмак болушат. Таякеси

www.bizdin.kg

(тагасы) Бекмамат адат боюнча өзүнүн жээни жөнүндө камкордук көрүүгө милдеттүү болгондуктан, ага өзүнүн жаңы үйүн берип, өзү үчүн кийинчерээк башка үй куруп алган. Ушуну менен, сөзсүз, энесинин бир тууганы (таяке) тараптан, өзгөчө үйлөнүүнүн убагында материалдык жардамга болгон закондуу талабын тааныган эски салтка урмат көрсөтүлгөн. Келтирилген фактылар энеси жактан туушкандары менен байланыштын бекемдиги жөнүндө далилдеп отурат.

Уруунун кош фратриалдык структурасынын эски калдыктары жана ага ылайык никелердин системасы, авункулаттын эски калдыктары сыяктуу эле. Орто Азиянын бир катар көчмөн элдеринде байкалган. Кыргыздарда, казактарда, каракалпактарда жана түркмөндөрдө генеалогиялык уламыштарда урукту энелеринин тарабы боюнча эсептөөнүн издери чагылдырылган, ал эми кыргыздардын кээ бир топтору жакында эле өздөрүнүн уруктук таандуулугун атап келип, өздөрүнүн урук башчылары катары энелерин аташкан (чекир саяктарда — Күрүчбек, солтолордо — Мамаш, бугуларда — Барчаке уулу жана Чолпон уулу, саяктарда — Зуура эли ж.б. )

Биз жаш курагына байланыштуу түркмөндөрдүн аскердик уюмдашуусунун эң байыркы формасын ачкан С. П. Толстовго милдеттүүбүз. Түркмөндөрдө «ак өйлү» деген жаштар тобу болуп, алар уруунун чек арасын кайтарышкан[83]. В. Л. Вяткиндин карши өзбектери жөнүндөгү материалдарынын мүнөзү боюнча өтө жакын «ак уйли» өзбектерде да сакталып калгандыгы көрүнүп турат[84]. Кыргыздын «Манас» эпосунда да ээлик жердин чек араларын коргогон жаштардан турган черүүлөр жөнүндө маалыматтар бар. Жаштардын өзүнчө бир уюму жөнүндөгү маалыматтар Манастын боз улан жылдарындагы эпизоддррдон жакшы байкалат.

Мына ушунун баарын чогуу алганда никенин формаларындагы, үйлөнүү жана башка расимдердеги байыркы элементтер жөнүндө айтпаганда да патриархалдык-феодалдык мамилелердин көп кылымдар бою үстөмдүгүнө карабастан Орто Азиянын көчмөн элдеринде бөтөнчө кебелбестик менен сакталып калган патриархалдык доорго чейинки институттардын бир кыйла катмары жөнүндө далилдейт. Муну көчмөн коом өз убагында тапка чейинки коомдон таптык коомго өтүшүнүн дүркүрөгөн процессин башынан өткөргөндүгү менен гана түшүндүрүүгө болот, мында энелик-уруктук уюмдашуу түзүлө баштаган, кийин тез эле чыңдалган таптык мамилелердин шарттарында өзүнөн-өзү жоюлган. Орто аралык этаптарды аттап өтүп, энелик түзүлүштөн таптык түзүлүшкө өтүүнүн мындай мүмкүнчүлүгү С. П. Толстов тарабынан кеңири негизделген[85].

* * *

Америкалык антрополог Л. Крадердин[86] жакында эле пайда болгон изилдөөсүндө Ордостун моңголдоруна, буряттарга, волгалык калмактарга, казактарга жана Ганьсу-Тибет чек арасындагы моңголдорго таандык болгон кеңири материалда түрк-моңголдук көчмөн малчылардын социалдык уюмдашуусуна өзгөчө мүнөздүү белгилерди талдоо аракети жасалган. Көбүнчө орус, советтик жана батыш европалык авторлордун эмгектерин окуп- үйрөнүүгө негизделген Л. Крадердин монографиясы жогоруда аталган элдердин социалдык структурасы жөнүндө маалыматтардын толук жыйындысын камтыйт. Анда уруулук түзүлүш, уруктук уюмдашуу, жайгашуу жайларынын типтери, үй-бүлө жана нике, туушкандыктын терминологиясы жана системасы жана социалдык мамилелердин башка маселелери толук каралган. Автордун бир катар жалпылоолору жана тыянактары бир кыйла кызыкчылык туудурат. Бирок, бул

китепте кең-кесири каралуучу көп нерселер азыркы убактагы советтик изилдөөчүлөрдү канааттандыра албайт, анын үстүнө алардын бир катар эмгектерин автор пайдаланган эмес. Айрым маселелерди ачыктан-ачыкката түшүндүргөндүгү жөнүндө айтпаганда да ошол эле убакта Л. Крадердин кээ бир өтө жооптуу жоболору олуттуу каршылыкты туудурат. Маселен, кыргыздарга токтолуп келип Л. Крадер бул атты алып жүргөн кийинки түрктөрдүн топторунун кээ бирөөлөрү байыркы кыргыздардын жалпы биологиялык тукумдары[87] деп жазган, албетте бул азыр кабыл алынышы мүмкүн эмес.

Өткөн убакта көчмөн жана жарым көчмөн турмушта жашаган көптөгөн башка түрк тилиндеги элдерге өзбектердин, түркмөндөрдүн, каракалпактардын, кыргыздардын, тувалыктардын, алтайлыктардын, башкырттардын ири топторуна көңүл бурбай, казактарды гана изилдөө менен чектелип, Л. Крадер казактарга жана моңгол тилинде сүйлөгөн элдерге, бардык көчмөн түрктөргө таандык болгон маалыматтарды негизсиз талашат. Башка элдер боюнча ал келтирген салыштырма маалыматтар эпизоддук, кокустук мүнөздө болуп, так пикир бербейт. Аталган бардык элдерде алардын социалдык уюмдашуусунда кээ бир жалпы белгилер байкалса да, баары бир алардын ар биринде өзүнчө бөтөнчөлүк болгон, бул тийиштүү көңүл бурууну жана эске алууну талап кылат.

Л. Крадердин орто кылымдагы мезгил үчүн туушкандык жана социалдык мамилелерди талдоодо керектүү маалыматтарды табуу кыйын, анткени түрктөр менен моңголдордун ортосундагы социалдык структурадагы кылдат айырмачылыктар тууралуу жазылган даректер жок[88] деген пикирин негиздүү деп эсептөө ылайыксыз. Бул айырмачылыктар болгон, Борбордук жана Орто Азиянын, Казакстандын тарыхы боюнча көп санда жарыяланган булактар аларды изилдөөгө мүмкүндүк берет.

Казак коомундагы уруктун, үй-бүлөнүн, айылдын конкреттүү катнашына токтолуп, автор эки маанилүү социалдык звенону: көчмөн айылдык жамаатты жана үй-бүлөлүк-туушкандык топту («бир атанын балдарын») көз жаздымда калтырган. Чындыгында казак айылын Л. Крадер чоң же эли көбөйүп кеткен (кеңейип кеткен) үй-бүлө катары элестетет, ал эми иш жүзүндө ал адатта ар бири бөлөк өзүнчө чарба жүргүзгөн туушкан үй-бүлөлөрдүн тобу. Бирок мындай топ же бир канча ушул сыяктуу топтор туушкандар бирикмеси гана эмес, чарбалык коллектив — өздөрүнө мүнөздүү болгон мыйзамдар боюнча жашаган көчмөн жамаат болгон. Бул жамаатты автор изилдеген эмес.

Л. Крадердин негиз болуучу позицияларын толук карап чыгып отурбастан, биздин көз карашыбызча, алардын ичинен эң орчундуу жаңылыштыктарын белгилей кетүү зарыл. Л. Крадердин хронологиялык эмгеги байыркы түрктөрдөн тартып XX кылымга чейинки мезгилди кучагына алат. Бирок андан Азиянын чөл талаа элдеринде жакынкы убакка чейин эле үстөмдүк кылып келген социалдык-экономикалык мамилелердин мүнөздөмөсүн, феодализмдин мүнөздөмөсүн табуу кыйын. Мында топтор катмарлар менен алмаштырылган (мында «ак сөөк» жана «кара сөөк» эске алынып жатат). Тарыхта чечүүчү мааниси болгон социалдык-экономикалык факторлорду буйтап өтүп, Л. Крадер кандаш туушкандык байланыштарды чаташтыра баалайт. Л. Крадердин пикири боюнча, «мамлекет коомдун бир кандаш уюмдашуусун сактап турат»[89], «Азиянын чөл талааларында саясий байланыштардан тартып бардык социалдык мамилелер эркек тараптагы туушкандыкка негизделет»[90], Азиянын малчылык менен жашаган элдеринде «саясий жана башка социалдык мамилелер кандаштык байланыштарга

негизделген»[91]. Л. Крадердин бүткүл изилдөөсүнүн өзөгүн түзгөн бул концепцияга макул болууга мүмкүн эмес.

Мына ушуга байланыштуу Л. П. Лашуктун алгачкы коомго тийиштүү болгон (анын үстүнө Л. Крадер талдоого алган таптык коомго тийиштүү болгон) төмөндөгүдөй эң маанилүү пикирин келтирейин: «Кандаштык туушкандык байланыштарды тапка чейинки коомдун тарыхый кыймылынын өз алдынча маңызына (имманенттик категорияга) айландырууга эч кандай негиздер жок. Бул байланыштарда кандай гана табигый, түпкү маалыматтар болбосун, социалдык-тарыхый чындыкта алар материалдык дөөлөттү табуу боюнча мамилелерде шериктешкен. Архаикалык формациянын адамдарынын өз ара мамилелеринин материалдык-коомдук негизи, «алар иш аракет менен

алмашкан жана биргелешкен өндүрүшкө катышкан шарттар» болгон (К. Маркс жана Ф. Энгельс, Чыг., 6-том, 441-бет). Мамилелердин бул динамикалык системасын ачып көрсөтүү — азыркы убактагы тарыхчылардын жана социологдордун милдети»[92]. Изилдеп жаткан элдердеги социалдык мамилелердин бул татаал системасын Л. Крадер, тилекке каршы, ачып көрсөтө алган эмес. Буга «корпоративдик туушкандык топтун» теориясы да тоскоолдук кылган, мында автор катмарларды, кландарды, уруктарды, туушкандык менен отурукташкандарды жана «кеңейген» үй-бүлөнү талдоодо мына ушу теорияга таянат. Бардык ушул социалдык түзүлүштөрдү Л. Крадер «корпоративдик системанын» звеносу катары карайт. Айтылган теория көчмөн малчылардын бардык жыйынды социалдык структурасынын катнашына жана ролуна туура баа бергидей «ачкыч» боло албады жана болушу да мүмкүн эмес.

Корутундусунда автор баяндаган бардык мезгил үчүн «кеңейген» үй-бүлөнү абсолютташтыргандыгын да көрсөтүү зарыл[93]. Л. Крадер: «...бардык чөл талаа коомдорунда үй-бүлө — кеңейтилген типте... тоо-талаадагы кеңейген үй-бүлө корпорация болуп саналат»[94] деп жазат. Андан ары: «...көчмөн үй-бүлө, конуш социалдык уюшууну камтыйт»[95]. Эгер түрк жана моңгол элдеринин тарыхынын эң алгачкы мезгили үчүн «кеңири» үй-бүлөнүн (үй-бүлөлүк жамааттын) басымдуулук кылышы жөнүндө ой колдоого алынса, анда андан кийинки, миң жылдан ашуун мезгилде «кеңири» үй-бүлө Л. Крадер берген орунду ээлей алышы мүмкүн эмес эле.

Америкалык изилдөөчүлөрдүн биринин китеби жөнүндө мында айтылган эң жалпы ойлор, анын татыктуу бардык жактарына карабастан, ал Л. Крадердин теориялык позицияларында бекем орногон өтө олуттуу кемчиликтерди да камтый тургандыгын көрсөтөт. Советтик окумуштуулардын изилдөөлөрү, ошондой эле ушул бапта баяндалган материалдар[96] тарыхый материализмдин теориясына таянган советтик этнографтарда жана социологдордо болгон башка, бир кыйла үзүрлүү мүмкүндүктөр жөнүндө далилдеп турат.

## V бап
## НИКЕ ЖАНА ҮЙ-БҮЛӨ

Кыргыз үй-бүлөсү, жалпы эле башка үй-бүлөлөр сыяктуу, жаралгандан тартып узак мезгилдерге чейин түрлөнүп өзгөрүп келген. Ал да коомдук мамилелердеги кайра түзүлүүлөргө байланыштуу кайра өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Бирок кыргыз үй-бүлөсүнүн тарыхын биз эч болбогондо бир-бирине туушкан кыргыз уруулары жөнүндө ишенимдүү айта ала турган мезгилден гана баштоо тарыхый келечекти жасалма тарытуу болоор эле, анткени кыргыз урууларына өздөрүнө мүнөздүү болгон коомдук жана үй-бүлөлүк мамилелери менен өз кезегинде белгилүү этникалык жалпылашуунун негизинде калыптанып, өздөрүнүн ата-бабалары болгон. Демек, кыргыз үй-бүлөлөрүнүн башаты эң байыркы доорго, алгачкы жамааттык түзүлүштүн стадиясындагы этникалык жалпылыктарга такалат, ал уруулардын калыптанышынын негизинде кыргыз эли түзүлгөн.

Матриархаттан патриархатка өтүшүнүн башаты жана патриархалдык үй-бүлөнүн келип чыгышынын сөзгө алаар белгилери карасук мезгилинде (биздин заманга чейинки 1200—700-жыл) табыла баштаган; бул убакта Саян-Алтайдын, азыркы убактагы Чыгыш Казакстандын жана Тянь-Шандын кеңири аймагында түрк тилинде сүйлөгөн эң кийинки уруулардын ата-бабалары жашаган. Алгачкы жамааттык мамилелердин интенсивдүү ыдырашынын жана таптык коомдун жаралышынын доору (биздин заманга чейинки VI—III кылымдар), ошол эле убакта патриархалдык үй-бүлөлүк мамилелердин үстөмдүк кылган формасына айланышынын доору (болжол менен биздин заманга чейинки I миң жылдыктын ортосунан тартып) болгон. Үй-бүлөнүн бул формасы өзүнүн басымдуулук кылган формасын биздин замандын I миң жылдыгынын орто ченинен тартып жогото баштаган, бул убакта тарых аренасында түрк тилинде сүйлөгөн көп сандаган уруулар жана уруулук бирликтер пайда болуп, алардын арасында азыркы убактагы кыргыздардын түпкү ата-бабалары да болгон.

Таптардын түзүлүш ыкчамдашы жана эрте феодалдык мамлекеттердин түзүлүшү менен мүнөздөлгөн андан кийинки V—VI кылымдардан IX—X кылымдарга чейинки мезгил үй-бүлөлүк мамилелердин өнүгүшүндө өтмө мезгил болуп саналган. Патриархалдык үй-бүлө жеке менчикке негизделген, ага карама-каршы турган чакан же жеке үй-бүлө менен алмаша баштаган, бирок жеке үй-бүлө алдыңкы абалды ээлөөгө али үлгүрбөгөн[1].

Биздин замандын I миң жылдыгынын экинчи жарымында патриархалдык-феодалдык мамилелер пайда болуп, ал эми X—XI кылымдардан тартып кыргыздардын жана аларга туугандаш уруулардын ата-бабаларынын арасында үстөмдүк кыла баштаган. Бул мезгилде чакан үй-бүлө басымдуулук роль ойногон. Бирок патриархалдык чоң үй-бүлөлүү жамааттар жоголгон эмес, бара-бара өзгөрүүгө дуушар болуп, өзүнүн маанисин жогото баштаган. Ошол эле убакта туушкан үй-бүлөлөрдүн ортосунда патриархалдык байланыштардын ар түрдүү формалары өкүм сүрүүсүн уланткан. Кыргыздарда патриархалдык үй-бүлөнүн эски калдыктары али XIX кылымдын биринчи жарымында, ал эми айрым учурларда кийинчерээк да сакталып калган. Мурунку өткөн мезгилдердегидей эле кыргыздардын чоң да, чакан да үй-бүлөлөрү алардын таптык таандыгына жараша бир канча типке ыдырап бөлүнгөн.

Кыргыз таптык коомунда үй-бүлөнүн өнүгүшүнүн акыркы этабы XIX кылымдын экинчи жарымын жана XX кылымдын башын кучагына алат. Бул мезгилде коомдук мамилелердин негизин көчмөн мал чарбачылыкка жана патриархалдык-туушкандык турмуш-тиричиликке таянган патриархалдык-феодалдык мамилелер түзүшүн уланта берген. Бирок Кыргызстандын Орусиянын курамына киришине жана кыргыз экономикасына, өзгөчө XX

кылымдан баштап капиталисттик мамилелердин бара-бара киришине байланыштуу кыргыз төбөлдөрүнүн — манаптардын жана байлардын үй-бүлөлөрү бир аздап буржуазиялык (айыл чарба буржуазиясы эске алынып жатат) үй-бүлөлөргө айлана баштаган (чындыгында, өнүгүүгө үлгүргөн эмес). Жай өнүккөн буржуазиялык мамилелер карапайым малчылардын жана дыйкандардын үй-бүлөсүнө билинер-билинбес жандап, оолак өткөн; пролетардык үй-бүлөнүн алгачкы белгилери айыл чарба пролетариатынын жана бүлүнгөн кембагалдардын үй-бүлөлөрүндө, ошондой эле аз сандагы өнөр жай жумушчуларынын үй-бүлөлөрүндө пайда болгон. Албетте, бул мезгил үчүн кыргыз коомунда толук түзүлгөн таптар: буржуазия жана пролетариат жөнүндө кеп кылууга али эрте. Үй-бүлөнүн эки тиби өтө басымдуулук кылган — феодалдын үй-бүлөсү жана дыйкандын үй-бүлөсү. Ар түрдүү социалдык катмарларга таандык болгон кыргыз үй-бүлөсү Кыргызстанга тараган орус маданиятынын кандайдыр-бир даражада үзүрлүү таасирин сезишкен[2].

Патриархалдык-феодалдык коомдун ар түрдүү этаптарынын болушунун, буржуазиялык жана пролетардык үй-бүлөлөрдүн алгачкы башаттарынын пайда болушунун башталышынын бул этабы 1917-жылдын октябрында аяктады. Бирок бир катар себептер боюнча бул этап үчүн мүнөздүү үй-бүлөлүк турмуштун көп көрүнүштөрү 1920-жылдардын акырына чейин али сакталып кала берди, андан кийин бара-бара жоюла баштады. Бул Коммунисттик партиянын жана совет бийлигинин айыл чарбасын туташ коллективдештирүү жана акыркы эзүүчү таптарды — манаптар менен байларды, патриархалдык-феодалдык жана буржуазиялык идеология менен реакциячыл салттарды алып жүрүүчүлөрдү жоюу боюнча, ошондой эле бул таптардын көксөгөн тилектерин алып жүргөн буржуазиялык улутчулдарды талкалоо боюнча саясатынын ишке ашырылышынын аркасында болду. Үй-бүлөлүк мамилелердин өнүгүшүнө индустриялаштыруу саясаты жана маданий революция зор таасирин тийгизди.

Сапаттык жактан жогорку типтеги үй-бүлө катары кыргыз үй-бүлөсүнүн өнүгүшүнүн жаңы, азыркы убактагы этабы Улуу Октябрь социалисттик революциясынан кийин ачылды. Советтик доордо үй-бүлөлүк-никелик мамилелердин таптакыр башкача негиздери кыргыз үй-бүлөсүн мурда өткөн мезгилдеги бардык формалардан принциптүү айырмалап турат. Кыргыз советтик үй-бүлөнүн өнүгүшүнүн аныктоочу факторлору өндүрүш каражатына жеке менчикти алып салуу жана адамдын адамды эзүүсүн жоюу, чарбанын социалисттик системасын орнотуу, аялдарды чындыгында азаттыкка чыгаруу, коммунисттик моралдын принциптеринин үстөмдүк кылышы жана эң акырында эң маанилүүлөрүнүн бири — СССРдин боордош элдери тараптан туруктуу жардамдын жана колдоонун болушу, алардын көп жактуу оң таасири болуп саналат.

## *ТУУШКАНДЫКТЫН СИСТЕМАСЫ ЖАНА НИКЕНИН НОРМАЛАРЫ*

Кыргыз коомунда патриархалдык, андан кийин чакан үй-бүлөнүн узакка жашашынын негизинде келип чыккан туушкандык мамилелер үстөмдүк абалды ээлеген. Ошого карабастан туушкандыктын кыргыз системасынын өзүндө, ошондой эле реалдуу турмушта илгерки өткөн тарыхтан келип чыккан туушкандык мамилелердин кээ бир башка формалары да чагылдырылып жана кандайдыр-бир даражада таасирдүү болуп чыкты.

Кыргыздардын туушкандык системасы жана өзгөчөлүгү жөнүндөгү маселе адабиятта бир кыйла кеңири изилденген[3]. Кыргыздардын туушкандык

терминологиясында классификациялык системанын бардык мүнөздүү белгилери бар экендиги далилденген. Кыргыздардын туушкандык терминологиясына сүйлөп жатканга карата мамиле боюнча алардын курагына жараша эркек жагынан туушкандардын көп категорияларынын айырмачылыгы, ал эми энеси боюнча туушкандык үчүн — муун боюнча туушкандык терминдерге бөлүү мүнөздүү.

Туушкандыктын терминдери кыргыз тилинин негизги сөз байлыгына таандык жана кылымдар бою өзгөрбөстөн колдонулуп келген, көптөгөн кылымдар бою туруктуу болуп саналат. Бирок, Кыргызстандын ар түрдүү райондорунан чогултулган материалдар бирдей эмес тарыхый шарттардын жана коңшулаш элдер менен узакка созулган карым-катнаштын натыйжасында кыргыз калкынын кээ бир топторунун туушкандык терминологиясында кээ бир айырмачылыктар байкалгандыгы жөнүндө далилдеп отурат.

Айтмакчы, терминдердин кээ бирөөлөрү сөздүн түздөн-түз маанисинде туушкандыктын санак терминдери болбостон «чакыруу» же кайрылуу терминдеринен болоорун белгилөө керек. Бул кырдаалды изилдөөчүлөр жетиштүү эске алышкан эмес. Натыйжада бул маселеге чаташтыруу киргизилип, туушкандыктын туура терминологиясы бурмаланган. Кайрылуу терминдери да жетиштүү туруктуу жана аларды колдонуунун өзүнчө закон ченемдүүлүгү бар.

Туушкандык мамилелердин системасында атасы боюнча туушкандык так айырмаланат, буга *аталаш*[4] деген термин жана энеси боюнча туушкандык (*жатындаш*, *киндиктеш*[5] ж.б. ) шарттуу колдонулушу мүмкүн. Кыргыздарда туушкандыкты эсептөө эчактан бери эле эркек боюнча жүргүзүлүп, коомдук пикирдин астында дал ушундай туушкандык закондуу күчкө ээ болсо да, бирок күндөлүк турмушта энеси тараптагы туушкандыкка өтө олуттуу маани берилип, энеси тараптан туушкандары өтө жакын деп эсептелген. Кыргыздын «*аталаштан алтоо болгончо, энелештен экөө бол*» деген макалы бекеринен айтылган эмес»[6].

Туушкандык байланыштардын үчүнчү тармагы — никенин натыйжасында келип чыккан куда-сөөктүк мамилелер. Адабиятта бул мамилелерге ушул убакка чейин дээрлик эч кандай көңүл бурулбай келген. Куда-сөөктүк мамилелер дайыма кыргыз коомунда маанилүү роль ойногон, анын үстүнө алар никелик мамилелердин ошол убакта болгон системасы менен тыгыз байланышта болуп, мында көп учурда энеси тараптан туушкандардын тобу чындыгында аялы тараптын туушкандарынын тобу менен туш келген. Мындай мамилелер «куда-сөөк» деп аталат. «Сөөк» деген түшүнүк акыркы убакта ал качандыр-бир убакта, кыязы, кандаш туушкандык топту билдирсе да куда-сөөктөрдүн тобуна таандык кылынган. Кыргыздарда туушкандык топтордун келип чыгышы боюнча жакындыкты билдирүү үчүн алтайлыктарга окшош (*карындаш* — жатындаш деген мааниде)[7] *карындаш уругу* деген термин колдонулган. М. Г. Левин алтайлыктарда туугандаш сөөктөрдүн бар экендигин белгилеген:

«Айрым сөөктөр өз ара туушкандар катары каралат. Сөөктөрдүн ортосундагы бул мамилелер «карындаш» деген термин менен билдирилет. Атасы боюнча туугандык да ушундайча («карындаш» — бир жатындаш) билдирилет»[8].

Куда-сөөк мамилелери (алар жөнүндө IV бапта толугураак айтылган) энесинин бир туугандары (таяке же тага) менен аялдар жагындагы туугандардын (жээн) ортосундагы мамилелер формасында да көрүнгөн. Алар өздөрүнүн өлчөмдөрү боюнча урук-уруу топторунун ичинде да орун алышы мүмкүн. Мамилелердин мындай системасы бекем калыптанган бөлөлүк

никелердин негизинде гана келип чыгышы мүмкүн. Куда-сөөктүк боюнча жогоруда айтылган мамилелер, өзүбүз көрүп тургандай, энеси боюнча туушкандыкка түздөн-түз тийиши бар болуп, туушкандык түшүнүгүнүн өзүнүн гана болушу жана жакшы ниетти көрсөтүү менен чектелген эмес. Алар кээ бир расимдерге жеке катышуу менен гана эмес, өз ара материалдык жардам көрсөтүүдөн, коомдук-саясий колдоодон көрүнгөн реалдуу жана көп учурда тыгыз байланыштардын бүтүндөй системасына алып келген.

Никенин нормалары да туушкандык системасы менен тыгыз байланышта болгон. Совет мезгилинде кыргыздардын нике нормаларын биринчи болуп Н. П. Дыренкова изилдеген. Кыргыздардын уругун экзогамдык деп атоо менен, Н. П. Дыренкова ошол эле убакта мындай деп мойнуна алат: «азыркы убакта уруктун ичиндеги экзогамия бул же тигил муундун ар түрдүү уруктарында чектелген. Маселен, моңголдор уругунда жети муундан жакынды аялдыкка албоо адат-салты ушул убакка чейин сакталып калган. Черик уругунда төртүнчү муунда никелешүүгө уруксат берилет, бирок мурда ушул эле урукта жетинчи муундан жакынга үйлөнбөө адат-салты болгон»[9].

Кыргыздарда никелик нормалардын системасы укуктук экзогамия менен толук окшоштурулушу мүмкүн эмес. Аларда «муундук» экзогамия принциби үстөмдүк кылган, ошондуктан бул принципти колдонгон адамдардын составы муун өткөн сайын өзгөргөн. Адаттагы укук эркек боюнча жетинчи муундан кем эмес жакын бир ата-бабанын урпактарынын ортосунда чынында никеге жол берген. Бирок реалдуу турмушта бул никелик тыюу салуулардан бошоңдоо тенденциялары болгон [10].

Биздин изилдөөлөр кыргыздарда, казактарда жана каракалпактарда нике нормаларынын, экзогамия принциптеринин жана никелик тыюу салуулар бири-бирине шайкеш келээрин, мунун кээ бир окшош белгилери өзбектер менен тажиктердин бир катар никелик нормаларында байкалды, бирок буларда да, экинчилеринде да экзогамия кандайдыр-бир даражада жоюлган[11].

Кыргыз коомунда колдонулуп келген туушкандык даражасы боюнча никени чектөөнүн реалдуу көрүнүшүн, ошондой эле туушкандык никелердин ар түрдүү категорияларынын таркалышын толугураак билүү максатында автор бир канча кыдырып изилдөө сезондорунун ичинде 26 үй-бүлөлүк-туушкандык топторду изилдеген. Бул топтордун курамындагы никелешкен 990 жубайдын туушкандык мамилелери каралган. Никелердин басымдуу көпчүлүгү туушкандыгы жок адамдардын ортосунда же алыс туушкандарынын ортосунда, б.а. колдонулуп келген «муундук» экзогамиянын системасына ылайык кыйылган. Бирок изилденген никелешкен жубайлардын 224 никеси, же 22,6 проценти түз же кыйыр түрдө туушкандык никелердин санына таандык, анын ичинде 87 нике (туушкандык никелердин жалпы санына карата 38,8 проценти) — энеси боюнча туушкандарына таандык.

Кыргыздарда бөлөлөрдүн никеге турушу кеңири таралган. Бөлөлөрдүн никесине (ал түгүл энесинин сиңдиси менен никеге туруу — мындай 12 нике катталды) артыкчылык берилип, кубатталган. Кыргыздардын көп топторуна

бөлөлүк жактан кайчылаш никеге туруу мүнөздүү экендигин аныктоого мүмкүндүк болду- Ал эки түрдө тең болгон (таенесинин кызы менен никелешүү жана атасынын эже-карындашынын кызы менен никелешүү), бирок экинчиси бир кыйла сейрек таркаган. Атасынын ага-инисинин кызы менен никеге туруу жалаң гана Кыргызстандын түштүгүндө жолукту. Кыязы алар шарыят жолуна ылайык исламдын таасири астында пайда болсо керек[12].

## *КАЛЫҢ ТӨЛӨӨ МЕНЕН НИКЕЛЕШҮҮ*

Калың кыргыздарда никелешүүнүн башкы шарты болуу менен патриархалдык-феодалдык мамилелердин өнүгүшүнүн стадиясындагы башка элдердегидей эле өзгөчө чоң өлчөмдө болгондуктан, зарыл сандагы малы же башка материалдык байлыгы болбогон калктын кээ бир бөлүгүн никелешүү мүмкүнчүлүгүнөн чындыгында ажыраткан.

Калыңдын өзүнүн генезиси биздин изилдөөнүн темасы болуп саналбайт, бирок мында калыңдын генезиси[13] жөнүндө маселе боюнча Н. А. Кисляковдун эмгектеринде көрсөтүлгөн бардык эле жоболорго макул болууга мүмкүн эместигин айта кетүү керек. Никелешүүнүн шарты болуп саналган калың, ошондой эле нике патриархалдык мамилелердин өнүгүшү менен бирге жана бир эле убакта бир кыйла өнүккөндүгү жөнүндө автордун негизги жобосу каршылык туудурбайт. Бирок Н. А. Кисляковдун эмгектериндеги калыңдын келип чыгышы жөнүндөгү маселенин өтө кызыктуу жана көп жагынан ынандырарлык коюлушу андан ары негиздөөгө али муктаж.

Калың качан пайда болгондугу жөнүндө бир кыйла сандагы далилдүү маалыматтар бар, ал кыздын үй-бүлөсүнө же атасына эмес, кыз таандык болгон бүтүндөй урукка төлөнгөн, кийинчерээк гана — туушкандарынын кууш чөйрөсүнө, акыр аягында, кыздын атасына гана төлөнгөн. Бирок өзүнүн өнүгүшүнүн белгилүү тепкичинде калың колуктунун туушкандарына гана эмес, анын туушкандарынын бүтүндөй тобуна төлөнгөн жана калың төлөө күйөөнүн атасы гана эмес, анын бүт туугандарынын иши болуп эсептелген. Маселенин бул жагы адатта изилдөөчүлөрдүн көз жаздымында калып, же ага өтө аз көңүл бурулуп жатат. Бул калыңдын генезиси жөнүндө маселеге түздөн-түз тийиштиги бар, ошондой эле бизге жакын мезгилдеги калыңдын жаратылышын түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Күйөөнүн туушкандарынын тобунун калың «чогултуу» расими колуктунун беделдүү туушкандарына үйлөнүү белеги катары алып баруу максатында калыптанып калган урук-уруулук төбөлдөр, андан кийин феодалдык төбөлдөр тарабынан көз каранды калктан салык чогултуунун формасы катары пайдаланылган.

Бул айтылганга сүрөттөмө катары кыргыздын «Манас» эпосунан XIX кылымдын 60-жылдарында академик В. В. Радлов жазып алган үзүндүнү келтирели.

... кырк чоро келди дейт,
кырк жүз жылкы айдап келди:
«Бу немине жылкылар?»
«Жакыптын элге салган салымы
Каныкейге кырк чоронун
айдап келген калыңы».
«Жылкыны айдап алыңар!
Төрт чуңкурга салыңар!
төрт чуңкур толсо,
бүттү сенин калыңың,
төрт чуңкур толбосо
сенин калыңың бүтпөсө,
дагы айдап келиңер!»[14]

Калың институтунун өнүгүшүн, анын Орто Азия менен Казакстандын элдеринде белгилүү болгондой формага айланышын, биздин оюбузча, коомдун экономикалык структурасы менен байланышынан, патриархалдык-феодалдык

мамилелердин өзүнүн өнүгүшүнөн тышкары нике менен үй-бүлөнүн чектеринде гана кароо мүмкүн эмес. Дал акыркылардын үстөмдүгүнүн жана чакан үй-бүлөнүн чындыгында басымдуулук кылышынын шарттарында калың ушундай зор мааниге ээ болуп, ал сакталып кала берген. Бул биринчи кезекте калың зор өнүгүүгө ээ болгон менчиктик мамилелердин чагылдырылышына байланыштуу. Бирок анын сакталып калышына натуралай чарба гана эмес, аны менен байланышкан патриархалдык-феодалдык мамилелер да көмөк көрсөткөн. Буга адат укугу, салттар, дин д.у.с. түрүндө бир кыйла даражада көмөк көрсөткөн. Патриархалдык үй-бүлөнүн жоюлушуна, натуралай чарбанын бузулуу процессинин өнүгүп жаткан процессине, жер-жерлерде товардык-акчалай мамилелердин терең орун алгандыгына карабастан Казакстандын, Кыргызстандын, Түркмөнстандын көп райондорунда Октябрь революциясына чейин, Н. А. Кисляковдун пикирине караганда, калыңдын жоюлушуна олуттуу белгилер байкалган жок. Калың дегеле салтка айланбастан жана жөн эле фикция болуп калбастан толук өлчөмдө жашоосун уланта берген[15].

Өткөн убакта «сатып алуу никеси» деп аталып, басымдуулук кылган никенин формасы (калың төлөө менен) бышып жетилген жана чыңдалган таптык мамилелердин шарттарында гана никенин өз алдынча формасы катары кызмат кыла алган. Ал мезгилдин өтүшүнө байланыштуу бүткүл коомго үстөмдүк кылган таптардын идеологиясы жана практикасы деп аталган. Дал ошолор калың төлөө менен никелешүүгө сатып алуу-сатуу актысынын маанисин берген. Калың жөнүндө маселени карап чыгууда сөз жөн эле расимдин «күчү» жөнүндө эмес, реалдуу экономикалык кырдаалдардын күчү жөнүндө болууга тийиш. Ошондуктан калыңды кандайдыр-бир «таптан тышкаркы» категория катары кароого болбойт. Калыңдын өлчөмү көпчүлүк учурларда күйөө менен колуктунун ата-энелеринин социалдык жана мүлктүк абалына жараша болгон. Феодалдарда жана чоң байларда ал өтө зор өлчөмдөргө жетип, калктын жакыр бөлүгүнүн ичинде кээде бар болгону бир канча баш малга чейин төмөндөгөн. Адабиятта белгиленгендей, ата-энелери өздөрүнүн кыздары үчүн бай күйөө балдарды табууга, ал эми уулдарын — өңү серт жана кедей кыздарга үйлөндүрүүгө аракеттенишкен, анткени андай кыздар үчүн аз калың жумшалган. Бирок бул көз көрүнөө таптык принцип кыргыз коомунун эмгекчи катмарларынын арасында калың төлөөгө күйөөнүн атасы гана эмес, анын үй-бүлөлүк-туушкандык тобунун мүчөлөрү да катышкандыгынын, ошондой эле алынган калыңдын бир кыйла бөлүгү колуктунун үй-бүлөлүк-туушкандык тобунун мүчөлөрүнө таркатылып берилгендигинин кеңири таркаган расиминин фактысына эч кандай карама-каршы келбейт[16]. И. Д. Старынкевич мындай деп белгилейт: «Күйөөнүн тууган-туушкандары калың төлөөдө ага материалдык жардам берүүнү талкуулоо үчүн бир канча жолу бирге чогулушат»[17].

Кыргыздардын калыңы негизинен малдан турган. Бай мал ээлеринде ал көп учурда *тогуздап* эсептелген. Октябрь революциясынын алдындагы акыркы он жылдыкта калың көп учурда акча менен да, кээде эгин менен (дыйкан кыргыздарда) төлөнгөн. Кашкардык кыргыздарда бай кыргыздар көп учурда калыңды күмүш уютмасы (*жамбы*) түрүндө төлөшкөн; аларда калыңдын баалуу бөлүгү болуп топоздор да эсептелген.

Кыргыздарда калыңдын өлчөмдөрү жөнүндө маалыматтар ушунчалык ар башка болгондуктан аларды кандайдыр-бир белгилүү чоңдукка тыянактоо кыйын. Казактар менен кыргыздардагы калыңды салыштырган Г. С. Загряжский муну жакшы түшүндүргөн[18]. Бирок турмушу начар катмарлар калыңдын

өлчөмдөрү канчалык көп болбогону менен, аны төлөө кембагал үй-бүлө үчүн, анын үстүнө малсыз «жатак» үчүн өтө оор иш болгон. Бир кыйла мындай үй-бүлөлөр үйлөнүү тоюнун чыгымынын кесепетинен бүлүнүүнүн чегине чейин жеткен. Ал мүлктүү үй-бүлө үчүн калыңдын оор жүгүн эки кырдаал гана бир аз жеңилдеткен: жакын туушкандарынын жардамы жана калың төлөөнүн мөөнөтүн узартуу. Акыркы кырдаал нике жөнүндө макулдашуу менен колуктунун күйөөнүн ата-энесинин үйүнө чындап келин болуп баргыча кээде көп жылдардын өтүшүнө алып келген.

Кембагалдардын, жалданма койчулардын, жерсиз жана малсыз чайрыкерлердин абалы бөтөнчө оор болгон. Алардын ичинен кээ бирөөлөрү калың төлөөгө каражат топтоого үлгүрө албай, бойдок бойдон өтүп кеткен, көптөрү никелешүүнү көп жылдарга кийинкиге калтырууга аргасыз болуп, өмүрүнүн жаш кезин бойдок өткөрүүгө туура келген.

Септин өлчөмү да абдан өзгөрүп турган. Ал төлөнгөн калыңга түздөн-түз байланыштуу болбосо да, бирок кандайдыр-бир өлчөмдө сеп менен калыңдын ортосундагы теңдештик сакталган; биздин кыдыруубузда чогултулган материалдар көрсөткөндөй, көп учурларда септин наркы калыңдын наркынан бир аз гана төмөндөгөн. Бай ата-энелер мурда өзүнүн кызын кийим-кече жана үй эмеректери менен гана камсыз кылбастан, сеп катары боз үй, ат берип, колукту ал атка минип өзүнүн күйөөсүнүн үйүнө жөнөп кеткен. Кембагалдарда болсо, Гродеков белгилегендей, «алачык да, унаа мал да беришкен эмес, жаңы үйлөнгөндөр жөө-алаңдап жөнөп кетишкен»[19].

Калың менен септин теңдештигинин маселеси боюнча карама-каршы көрсөтүүлөр бар. Жарыяланбаган кол жазмаларда камтылгандардын бири көңүл буруууга арзыйт. «Калыңдын өлчөмү белгиленген эмес жана ал күйөөнүн колундагы байлыгына жараша болгон. Ошол эле убакта колукту өзү менен кошо канча сеп алып келүүгө тийиш экени аныкталган... Септеги — *кийит* калыңдан азыраак болууга тийиш, анткени кыз күйөөгө чыккандан кийин, бир жылдан үч жыл өткөнгө чейин анын үлүшү — *энчиси* берилет, ал кийит менен бирге калыңга барабар болууга тийиш. Оокаттуу адамдардын чөйрөсүндө кийит дайыма марттык менен кийгизилип, көпчүлүк учурда энчи менен кошуп алганда калыңдан бир кыйла ашып кетет... Калктын көпчүлүгү кызы үчүн көп сеп бербейт... Ал түгүл энчи элдин көпчүлүгүндө калыңдын наркына чейин кийитти эч убакта толуктабайт... Адатта ар түрдүү кийимкечеден, жасалгалардан, килемдерден, кийиздерден, чарба эмеректеринен жана акчадан (бирок мал эмес, эгер берилсе да өтө сейрек жана чектелген санда) турган кийиттин өлчөмү дайыма калыңдын өлчөмү менен салыштырылат, бирок дайыма андан аз болот... Негизинен ар түрдүү малдан турган энчи калыңдын наркына барабар келсин үчүн кийит менен толукталат. Ата-энелеринин ак ниетине ишенип, кудалашкан убакта энчи жөнүндө сөз болбойт.

Адат укугу боюнча кийит менен энчи калыңдын наркына барабар болууга, ал эми бул аркылуу калыңдын жардамы менен үйлөнүү жолун ыраазы кылууга тийиш экендигине карабастан көп учурларда кийит менен энчи бирге калыңга анчалык барабар келбейт»[20].

Казактарга таандык болгон адабиятта да карама-каршы көрсөтмөлөр бар. Красовский мындай деп жазат: «...калыңдын жардамы менен кээ бир кедейлер бир кыйла сеп алышат, бул калыңдын өлчөмүнөн кемибейт, ал эми көптөрүндө ал түгүл андан ашып да кетет». П. Богаевская да мындай деп көрсөтөт: «Никелешкенде, белгиленген сеп калыңдан дээрлик дайыма көбүрөөк болуп

чыгат. Кедейлердин ортосунда да сеп көпчүлүк учурда калыңдан ашып кетет». Бул маселени Г. Гинс башкача чагылдырат: «...калың үчүн адатта берилген сеп калыңдын жартысына барабар». А. Евреиновдон да олуттуу ой-пикирди табабыз: «Алган калыңын атасы кызына сепке жумшайт: боз үй, кийим-кече, үй эмеректерин жасатат, малынан бөлүп берип, күйөө баласынын айлына узатат»[21]. Мында да калың септи даярдоо үчүн материалдык негиз катары пайдаланылат.

Тувалыктар боюнча Л. П. Потапов келтирген маалыматтар да бир топ кызык. Алар никелешүүгө байланыштуу келип чыккан күйөө бала менен колуктунун ортосундагы мүлктүк мамилелердин табиятын тереңирээк изилдөөгө жардам берет. Куда түшкөн кызы үчүн ата-энелери кыз күйөөсүнүн үйүнө алып кете турган ар түрдүү мүлктү даярдай тургандыгы айтылган. Ал сеп катары каралган эмес. Бул анын жеке менчиги болгон. Бул мүлктү топтоого ата-энелеринен тышкары колуктунун туушкандары милдеттүү катышкан. Алар өздөрүнүн күчү менен жана өз каражаттарынын эсебинен колукту үчүн боз үй даярдашып, аны бүт эмерек-буюмдар менен жабдышкан, жаш жубайлар үчүн белектерди чогултууга катышкан.

Күйөө баланын ата-энесинен колуктунун бардык туугандары үчүн жалпы болуп эсептелген жана колуктунун ата-энеси өзүнүн жакын туушкандарына малды сөзсүз бөлүштүрүп (Алаша өрөөнүндө чогултулган материалдар боюнча), аларга калыңга келген малдын үчтөн экисине чейинкисин берген. Ошондуктан мал бөлүнүп берилгендин ар бири колуктуну жабдууга жана ага зарыл мүлктү («ончу»; кыргызча энчи менен салыштырыңыз) топтоого материалдык жактан катышууга милдеттүү болгон. Бул расим «малдар»[22] деп аталган. А. П. Потапов сүрөттөгөнгө эң жакын расимдер кыргыздарда да болгон. Дал мына ошондуктан кээ бир изилдөөчүлөр жол берген «сатып алуу никеси» сыяктуу институтту абсолютташтыруу кайра карап чыгууну, олуттуу оңдоолорду жүргүзүүнү талап кылат.

Калыңга жана сепке чыгымдардан тышкары, ар бир тарап үйлөнүү тоюна чейин кудалардын бир-бирине катташына, күйөө баланын колуктусуна ар бир барышына жана үйлөнүү аземдеринин бүт жөрөлгөсүнө байланыштуу белектерге да бир кыйла каражатты жумшоого тийиш болгон. Белектерге чыгымдарга атасы тараптын гана эң жакын туушкандары эмес, күйөө баланын жана колуктунун энеси тараптан да катышкан. Түшкөн белектерди адатта ошол эле туушкандар өз ара бөлүп алышкан.

Калың аялды жеке менчиктин башка түрлөрү менен бир катарга койгон. Ал аялдар үчүн терең запкы тартуунун булагы, материалдык байлыктын талап кылынган санына ээ болбогон эркектер үчүн никелешүүгө зор бөгөт болуп саналат. Анын өзү зор коомдук залал болуп саналат. Болгон коомдук мамилелерди жоюу гана аларды жок кыла алды, муну Улуу Октябрь социалисттик революциясы жүзөгө ашырды.

## *НИКЕНИН АЛГАЧКЫ ТҮРЛӨРҮНҮН КАЛДЫКТАРЫ*

**Балдарды жаш кезинде никелөө жөнүндө бүтүм.** Никелешүүнүн өткөн убактагы эң көп жайылган түрлөру али төрөлө элек балдарга ата-энелеринин куда түшүүсү — бир-бирине карата бел куда болушу, ошондой эле көп учурда ал түгүл бешиктеги наристе балдарын ата-энелердин кудалашы, мындай учурларда *бешик куда* мамилелери келип чыккан. Бул эки форма тең кандайдыр-бир даражада «калыңдык» никенин басымдуулук кылышы менен байланыштуу болгон. Эки учурда тең калың төлөнгөн, ал эми аны төлөө көп жылдар бою,

колуктунун күйөөсүнүн үйүнө кирген учуруна чейин созулган. Бирок никелешүүнүн бул формаларынын өз алдынча мааниси да болгон, ал эми өзүнүн келип чыгышы боюнча алардын «калыңдык» нике менен эч кандай жалпылыгы болгон эмес, бирок акыркысы сыяктуу эле болочоктогу жубайлардын ата-энелеринин бүтүмүнүн натыйжасы болгон; генетикалык жактан ал эң байыркы никелик институттардан келип чыккан.

Кыргыздарда кичине балдардын, ал түгүл курсактагы балдардын болочоктогу никеси жөнүндө алардын ата-энелеринин ортосунда келишим түзүүнүн расми адабиятта белгиленген, ал жөнүндөгү маалыматтар Токмок уездинин23 кыргыздарынын адат укугуна арналган кол жазмаларда да, ошондой эле биздин кыдырып чогулткан жазмаларыбызда камтылган.

Бул адат бойго жеткенде болуучу үйлөнүү аземинин өзүнчө белгилүү тарыхы болуу менен кыргыздардын үйлөнүү расимдерине да түздөн-түз тиешеси бар. Бул үйлөнүү аземинин негизги белгилери ал бала чак курагында кудалашкан, бойго жеткен жаш адамдардын ортосунда болгон никенин бардык учурларында да сакталып калган.

Никелешүүнүн бул сыяктуу түрлөрү өткөн мезгилде кыргыздардын арасында гана эмес, казактардын[24], жарым көчмөн өзбектердин[25], тажиктердин[26] жана Орто Азиянын башка элдеринин арасында да таркаган. Анын үстүнө казактардын «Козу-Көрпөш менен Баян-Сулуу» деген элдик лирикалык белгилүү поэмасынын мазмундук негизин дал ушул расим — али төрөлө элек балдардын болочоктогу никеси жөнүндө ата-энелеринин ортосундагы макулдашуу түзөт. Акад. В. В. Радлов жазып алган поэманын варианты боюнча, бул поэманын мазмуну төмөндөгүдөй.

Эки бай — Сарыбай менен Карабай экөөлөп маралга аңчылык кылып жүрүшүп, бир-бири менен аңгемелешип отуруп, алардын ар биринин үйүндө кош бойлуу аялдары калгандыгын билишет. Алар өздөрүнүн ортосунда түзүлгөн достукту бекемдөө үчүн күтүлүп жаткан балдарды никелештирмек болушат. Алар өздөрүнүн чечимин «Сизден уул, менден кыз туулса, анда куда бололу» деген ант менен бекемдешет[27]. Карабайдан кыз, Сарыбайдан — уул туулат. Бирок Сарыбай дүйнөдөн кайтыш болуп, Карабай жаңы досунун өлүмүн жамандыкка жоруп, кызын жетимге бергиси келбей, башка жакка көчүп кетет. Калмак Кодардын жардамы үчүн Карабай ага өзүнүн кызы Баян-Сулууну аялдыкка берүүгө убада кылат. Кайтыш болгон Сарыбайдын уулу Козу-Көрпөш кудалашкан колуктусун энесинен угуп, аны издеп чыгат. Кыздын атасынын айылына келип, ал койчулукка жалданып, кыз менен жолугушат. Бирок Кодар жаштардын өз тагдырларын баш коштуруу жөнүндө каалагандыктары жөнүндө билип калып, Козу-Көрпөштү жүзү каралык менен өлтүрөт. Баян-Сулуу Кодардан өч алып, ал да өлөт. Өзүнүн сүйгөнүнүн мүрзөсүнө келип, кыз өзүн- өзү өлтүрөт.

Ушул сыяктуу эле мазмун — балдарды төрөгөнгө чейин эле никелештирүү кыргыздын «Манас» эпосунда да бар. Эпостун каарманы Манас күтүлүп жаткан балдардын болочоктогу никеси жөнүндө афгандык аким Акун-кан менен келишим түзөт. Биринчисинен Семетей деген уул, ал эми экинчисинен — Айчүрөк деген кыз төрөлүп, алар күйөө бала жана колукту деп эсептелип, акыры жубай болушат.

Фольклордук чыгармаларда бул реалдуу расим идеалдаштырылып, татаал мазмундук түзүлүш үчүн: күйөө бала менен колуктунун төрөлгөнгө чейин эле өз бактылары үчүн күрөшү, патриархалдык-феодалдык уклад түзгөн бөгөттөрдү алардын жеңип чыгышы үчүн негиз катары кызмат кылат. Албетте,

патриархалдык-феодалдык мамилелердин чектелбеген ата-энелик бийлик менен бирге бул элдик расим терең из калтыргандыгы менен эсептешпей коюуга болбойт. Акад. В. М. Жирмунский мындай деп адилеттүү жазат: «Эгер реалдуу турмуш-тиричилик мамилелеринде жакынкы убактарда эле бул расимди аткаруу көп учурда жаш адамдардын жекече сезимдери менен патриархалдык ата-энелик бийликтин, урук менен үй-бүлөнүн ортосунда курч жаңжалга алып келсе, эпостун жана элдик романдын (негизин ошол эле коллизия түзгөн ортоазиялык «Тахир менен Зухра» элдик романы эске алынып жатат) идеалдык чагылдырылышында төрөлгөнгө чейин же бешиктеги кезинде эле кудалашуу бир кыйла учурларда сүйгөндөрдү төрөлгөнгө чейин бириктирген провиденциалдык, ыйык жана бузулбас байланышты көрсөтүп турат. Мунун өзү үй-бүлөлүк мамилелер же мүлктүк ой-максаттар өзгөргөн учурларда ата-энелердин өздөрүнүн ыйык расимди бузушуна мажбурлап»[28] тигилердин өз сезимдери үчүн күрөшүнө жогорку санкция берет.

«Козу-Көрпөш менен Баян-Сулуу» поэмасында жана «Манас» эпосунда чагылдырылган жана өткөн убакта казактар менен кыргыздардын турмуш-тиричилигинде кеңири таркаган расим өзүнүн келип чыгышы жагынан бөлөлүк никеге милдеттүү. Ал никенин милдеттүү формасы болгон жана бөлөлүк нике эркек төрөлгөндөн тартып эле аялдардын белгилүү категориясына — ар кандай даражадагы туугандаш өздөрүнүн бөлөлөрүнө үйлөнүүгө укук алган мезгилде келип чыгышы мүмкүн[29].

Ортоазиялык арабдарда калың төлөө болгон эмес, муну Н. И. Винников баарыдан мурда аларда бөлөлүк никелер кеңири таркагандыгы менен түшүндүрөт. Акын Жанактан жазылып алынган «Козу-Көрпөш менен Баян-Сулуу» поэмасынын варианттарынын биринде *бел-куда* расимине негизделген никелешүүлөрдө бир кыйла өткөн заманда калың төлөнбөгөн. Карабай менен Сарыбайдын ортосундагы сүйлөшүүлөрдүн убагында милдеттенме мындай деген формула менен билдирилген: «уул туулганда, кыз туулган заман болсо, аларды калыңсыз никелештирелик»[30].

Никенин бул формасы коомдун өнүгүшүнүн кийинки этаптарында да өзүнүн милдеттүү-мажбурлоо мүнөзүн али сактап кала берген, ал түгүл никелешүүнүн башка формалары биринчи планга коюлган убакта бөлөлүк никелер сакталып, аны али урматташкан. Никенин бул формасынын андан аркы эволюциясы бир кыйла алыс туушкан ата-энелердин, андан кийин ушундай никелердин жардамы менен өзгөчө тыкыс, достук мамилелерди түзүшкөн туушкан эмес үй-бүлөлөрдүн ортосунда да төрөлө элек же наристе балдардын никелешүүсү жөнүндө бүтүмдөрдүн практикасына алып келген[31].

Тарыхый-социологиялык аспектте алганда «бел куда» жана «бешик куда» деп аталган никелешүү менен бөлөлүк никелердин формаларынын ортосунда белгилүү байланыш орнотулушу мүмкүн. Биринчилерин никенин эң байыркы формаларынын — бөлөлүк никелердин дериваттары катары кароого бардык негиздер бар.

Күйөөнүн жана колуктунун никеге чейин жүз көрүшүүлөрүнүн расими. Өткөн убакта кыргыздардын үйлөнүү расимдеринин жөрөлгөлөрүндө күйөө менен колуктунун никеге чейин жүз көрүшүү (күйөөлөө же күйөөлөп баруу)[32] расими маанилүү орунду ээлеген, аны аткаруу бир кыйла аземдер менен болгон. Ал бардык эле жерде таркатылган, бирок кээ бир түштүк кыргыз уруулары жайгашкан райондордо бул милдеттүү мүнөздө болгон эмес, сейрек сакталып жана анын өзүнчө бөтөнчөлүктөрү болгон.

Күйөө менен колуктунун никеге чейин жүз көрүшүүлөрүнүн расиминин келип чыгышы үй-бүлөлүк никелик мамилелердин байыркы формалары менен тыгыз байланышта болгондугуна карабастан анын турмушта өкүм сүрүшүнө белгилүү өлчөмдө экономикалык себептер да колдоо көрсөткөн. Колуктусуна күйөөсүнүн никеге чейин барышынын мезгили адатта калың төлөөнүн жүрүшүнүн мезгилине туш келген. Калыңды толук төлөп бүтмөйүнчө күйөө колуктусун үйүнө алып келүүгө жана өзүнүн никелик укугун ачык жүзөгө ашырууга мүмкүнчүлүгү болбогондугу белгилүү. Бирок калыңды төлөө көп учурда узак мезгилге созулуп, калыңы жетишпеген үй-бүлөлөрдө негизинен калыңды бара-бара, бөлүп-бөлүп төлөп берүү зарылчылыгы менен түшүндүрүлгөн.

Кыргыздарда никеге чейин күйөө менен колуктунун жүз көрүшүүсүнүн расими болгондугу жөнүндө бир катар байкоолор жана изилдөөлөр[33] кабарлайт. Ал жөнүндө маалыматтар кыргыздардын расимдери жөнүндө кол жазмаларда да бар[34].1946—1955-жылдардагы кыдырып жазып алгандарыбыз бул расимдин бардык белгилерин калыбына келтирүүгө мүмкүндүк берди.

Күйөөлөө расими кыргыздарга гана эмес, башка элдер үчүн да, анын ичинде кыргыздардын коңшулары үчүн да мүнөздүү. Ал «жасырын баруу» жана «урын келүү»[35] деген ат менен казактардын арасында кеңири таркап, жарым көчмөн өзбектерде эскинин саркындысы формасында сакталып калган[36] жана тажиктерде «кынголь-бози!» (колукту менен ойноо, колукту менен эрмектешүү)[37] деген ат менен бекем сиңген. Мына ошентип, бул расимди түшүндүрүүнү никенин тарыхына байланыштуу көп элдер үчүн кандайдыр жалпы көрүнүштөрүнөн издөө керек. Бул проблеманы изилдөө менен А. Н. Максимов колуктусуна күйөөнүн баруу расиминин өтө олуттуу ырым-жырымдык мааниси бар, анткени ал «белгилүү даражада бүткөн нике катары адат укугу тарабынан таанылган»[38] деген толук негиздүү ынанымга келген. А. Н. Максимов айткан жобону бир аз тактоо менен башкы үйлөнүү тоюна — үйлөнүү аземинин чегине жеткен пунктуна чейин кыргыздарда болгон күйөөнүн колуктусуна барышынан коомдук пикир менен адат укугунун нормалары жактырган, чындыгында никенин өзүнүн башталышын, никелик мамилелердин келип чыгышын көрө билүү керектигин көрсөтүүгө болот. Күйөө менен колуктунун жүз көрүшүүлөрүнүн маанисине мындай көз караш Л. Я. Штернберг көтөрүп чыккан кээ бир ой жүгүртүүлөргө да толук ылайык келет, анын пикири боюнча, бул сыяктуу расимдер жыныстык катнашууну никеге айландырат жана эгер алар коомдук жана диндик санкцияларды туудурбаса[39], укук ченемдүү болуп саналат.

Күйөөлөө расиминин көп жактары күйөө менен колуктунун үйлөнүү тоюна чейин жолугушуусунун мезгили байыркы өткөн убакта жубайлык турмуштун башталышы болгондугу жөнүндө пикирди ырастап отурат. Эгер кыргыздардын туушкандык жана куда-сөөктүк терминологиясына таянсак, бул расимдин ал түгүл атынын өзүн «*күйөө*» деген түшүнүктөн эмес, «кызынын күйөөсү, карындашынын күйөөсү», б.а. күйөө бала деген түшүнүктөн тыянак кылып чыгаруу туура, бул үчүн да күйөө деген термин колдонулат. Бул — «*күйөөлөө*» расими. Колуктунун сиңдиси эжесинин күйөөсүн жезде деп аташы да бекеринен эмес. Колуктунун энеси кызынын күйөөсү менен жолугушуулары жөнүндө билмек гана турсун, андай жолугушууга көмөк көрсөтөт. Алар жөнүндө колуктунун атасы да билет, бирок «официалдуу» гана кабардарсыз адам катары эсептелет. Бирок аларга карата күйөө качуу (көрүнбөө) расимин катуу сактайт.

Күйөөлөө расиминин кээ бир белгилери үйлөнүү тоюнун убагында болучу нерселер менен толук ылайык келет (жаштардын ойну, күйөөгө жаңы кийим

кийгизүү, күйөө менен колуктуну «байланыштыруу», күйөө тараптан колуктунун туушкандарына көп сандаган белектерди тартуулоо ж.б. ). Күйөөнүн колуктусуна барышынын бүт аземин үйлөнүү расиминин алгачкы стадиясы катары кароого болот. Кийинчерээк эскире баштаган үйлөнүү тойлору таптык коомдун шартында калыңдын жана септин маанисинин баарыдан мурда күчөшүнөн келип чыккан үйлөнүү расиминин алгачкы формасынын өнүгүшү жана татаалдашы гана болуп саналат. Үйлөнүү циклинде мусулмандык никелешүү расиминин (*нике кыюунун*) пайда болушу никенин диндик санкциясынын идеясынын киришинин, исламдын идеологиясынын бекемделишинин натыйжасы болгон.

Күйөөлөө расиминин өзү жубайлардын матрилокалдык жайгашуусу мүнөздүү болгон никелик мамилелердин стадиясына сөзсүз барып кошулат. Дал колуктунун атасынын айлында күйөө менен колуктунун жүз көрүшүүсү болот, бул жакка ал үчүн «жол ачык», ошондуктан ал биринчи жолу келгенден кийин колуктунун улуу туушкандары менен жолугушуп калуудан гана качып ийменип, эми таптакыр ачык келе баштайт. Бул жолугушууларда маанилүү роль колуктунун туушкандарына, анын айлында жашагандарга таандык. Алар күйөө жана анын жоро-жолдоштору минип келген аттарды пайдалана алышат, ушул жерде күйөөгө жаңы кийим кийгизишет д.у.с.

Күйөөлөөнүн убагында көңүл ачууга катышкандардын арасында байкалгандай жыныстардын ортосундагы кээ бир эркиндик көп башка элдер сыяктуу эле бир убактарда кыргыздардын ата-бабалары басып өткөн топтук никелик мамилелердин стадиясынын башка калдыктары менен байланыштуу болгон. Никенин эрте формаларына мүнөздүү болгон айрым көрүнүштөрүн күйөөлөөнүн убагында жанданышында адаттан тыш эч нерсе жок. Мындагы бардык шаан-шөкөттөрдүн башкы катышуучулары жаштар болгон, анын үстүнө активдүү роль, бир жагынан күйөөнүн жолдошторуна, экинчи жактан — колуктунун жакын туушкан кыздарына таандык болгон.

## *НИКЕЛЕШҮҮНҮН БАШКА ТҮРЛӨРҮ*

Кыргыздардын, ошондой эле Орто Азиянын жана Казакстандын башка элдеринин да турмуш-тиричилигине жакынкы өткөн убакта эле бардык жерде таркалган никенин түрлөрүнө левират (жесирин — жеңесин, келинин алуу) жана сорорат (балдызын алуу), өзгөчө биринчиси таандык болгон. Никенин бул формалары жана алардын генезиси каралып чыккан[40]. Кыргыздарда никеден тышкары мамилелеринин өзүнчө бир формалары, алар менен левират менен соророттын генетикалык жактан байланышта болушу алтайлыктарда Л. П. Потапов[41] изилдеген ушул сыяктуу социалдык институттар менен салыштырылышы мүмкүн. Тувалыктарда никелик топтук мамилелердин ушуга окшош эски калдыктары жөнүндө С. И. Вайнштейн[42] кабарлайт.

Никелешүүнүн өзгөчө формасы алмашма нике, б.а. кайчы куда деп аталган никелешүү болгон[43]. Мындай учурларда же үй-бүлөлөр экинчи тараптын уулдарына кыздарын күйөөгө беришкен же башка комбинациялары да мүмкүн болгон, маселен, бир адам өзүнүн кызын экинчи бир адамдын уулуна берген, ал эми экинчиси өзүнүн карындашын биринчинин инисине турмушка берген. Эже-сиңдилер менен да так эле ушундай алмашышкан. А. Жумагуловдун билдиргенине караганда, кээде кыздары же карындаштары менен эмес, бир кыйла алысыраак даражадагы туушкандарынын кыздары менен алмашкан.

Никенин бул сыяктуу формасы Орто Азиянын башка элдерине да, маселен өзбектерге («каршы куда» деген ат менен )[44] жана түркмөндөргө белгилүү[45].

Г. П. Васильеванын пикири боюнча, никенин мындай формасы генетикалык жактан дуалдык уюмдашуунун шарттарында экзогамияга барып такалышы мүмкүн. Андан ары, патриархалдык-феодалдык мамилелердин таасири астында никенин бул формасынын мазмуну өзгөрүп, кыздар менен алмашуу үйлөнүү тоюна материалдык чыгымдарды, баарыдан мурда калың төлөөнү азайтуу же жокко чыгаруу максаты менен жасалган. Расимди мындай түшүндүрүүгө көп негиздер бар, муну, мисалы, кыргыздардын кайчы кудасынан да көрүүгө болот.

Никелешүүнүн дагы бир формасы — бул келинчеги үчүн иштеп берүү, буга калың төлөөгө каражаты болбогон жана анын үстүнө жардам күткүдөй жакын туушкандары жок кембагал же кедей барууга аргасыз болгон. Мындай эркекти өзүнүн уулу жок жана өз чарбасы үчүн жумушчу күчүнө муктаж болгон адам үйүнө кийирип алып, күйөө бала кылып алган (аны *күч күйөө*, б.а. иштеп берүүгө алынган күйөө бала деп аташкан). Эки-үч жыл жашап, аялы үчүн «иштеп бергенден кийин» кедей аялын алып кетүүгө укук алган.

Никелешүүнүн формасы катары *кыз ала качуу* өткөн убакта өтө сейрек жолуккан. Тянь-Шанда биз маектешкендин айтып бергенине караганда, куда түшкөн кызга калың төлөөгө каражат жетишпесе, ал адегенде бир аз төлөгөн, андан кийин кыз менен макулдашып алып, аны ала качып кеткен. Ушундан кийин баланын атасы кыздын атасына барып, уулу үчүн кечирим суроого тийиш болгон. Бул *алдына түшүү* деп аталган. Жарашуудан кийин күйөөнүн ата-энесине колуктунун энеси жөнөгөн. Ал кыздын себин ала келген.

А. Жумагулов алган маалыматтар боюнча46, күйөөнүн туушкандары кадырлуу адамдар болуп, аны колдой алган учурларда же жигиттин жуучулары ийгиликке жетише албаганда, же болбосо колуктунун ата-энелери бул никеге каршы болгон учурларда гана ала качып кетүүгө аргасыз болгон. Ала качуу, адатта, колуктунун макулдугу менен жүзөгө ашырылган.

Ала качып кеткен кызды анын туушкандарынын зордоп кайра алып келиши күйөө жана анын туушкандары үчүн намыс болгон, ошондуктан кыздын туушкандарынын уруксатысыз алынып кеткен кызды болочоктогу күйөөсүнүн кадырлуу туушкандарынын биринин үйүнө кармашкан. Адатта иш тараптардын жарашуусу менен аяктаган. Мындай учурларда калың бир кыйла көп өлчөмдө төлөнгөн.

Кыз ала качууну салыштырмалуу сейрек колдонушкандыгынын негизги себеби, ушунун негизинде келип чыккан жаңжалга эки тараптын тең туугандарынын жана туушкандарынын кеңири чөйрөсү тартылып, кээде оор кесепеттерге алып келген уруктук араздашуулар келип чыккан.

## *ҮЙЛӨНҮҮ РАСИМИ*

Адабиятта47 камтылган маалыматтардын толук эместиги кыргыздардын негизги үйлөнүү расимдери жөнүндө ачык түшүнүктү түзүүгө акыркы мезгилге чейин мүмкүнчүлүк берген жок.

1946-жылдан тартып, автор Кыргыз ССРинин ар түрлүү райондорундагы кыргыздардын үйлөнүү расимдери жөнүндө бир кыйла материал чогулткан. Кыргыз этнографтары[48] чогулткан маалыматтар менен чогултулган бул материал кыргыздардын үйлөнүү шаан-шөкөтүнүн бардык негизги этаптарын жана көп маанилүү тетиктерин калыбына келтирүүгө мүмкүндүк берет.

Үйлөнүү шаан-шөкөттөрүнүн ырааттуулугунун көп варианттары болсо да, ал эми үйлөнүү расимдери жергиликтүү өзгөчөлүктөргө ээ болгон (алардын келип чыгышы мурунку уруулук салттар менен, ошондой эле кыргыздардын айрым

топтору менен коңшулаш элдердин ортосундагы көп жылдык карым-катнаштарынын натыйжаларына байланыштуу), үйлөнүү расимдеринин эң маанилүү составдуу бөлүктөрү жалпы схемага алып келиниши мүмкүн.

Улан менен кыздын ата-энелеринин ортосундагы сүйлөшүүлөрдүн сериясын ачкан, кудалашууну жана сөйкө салууну түзгөн биринчи акт жуучуларды жиберүү. Сөйкө салуунун акырында калыңдын өлчөмү жөнүндө макулдашуу болууга тийиш болгон. Бирок кээ бир жерлерде калыңдын өлчөмүн белгилөө эки тараптын өкүлдөрүнүн бир канча жолугушуусу менен коштолгон үйлөнүү ырым-жырымынын маанилүү өз алдынча этабы болуп саналган.

Үйлөнүү расимдеринин чоң циклин жогоруда айтылып кеткендей, күйөө менен колуктунун никеге чейин жүз көрүшүүлөрү түзгөн. Мындан тышкары, калың төлөшүнүн жана колукту тараптын сеп даярдашынын убагынын ичинде өткөн сөйкө салуу менен үйлөнүү тоюнун ортосундагы мезгил күйөө менен колуктунун туушкандарынын өз ара катнашууларын, өз ара белек беришүү, кээ бир башка расимдерди жана үйлөнүү тоюна даярданууну өзүнө камтыган.

Колуктунун атасынын айлында өткөрүлгөн кыз узатуу тою үйлөнүү шаан-шөкөтүнүн акыркы чеги болгон. Бул үйлөнүү тоюнун алдында жана тойдун убагында байыркы социалдык нике институттарына, ошондой эле диний-символикалык жана магикалык түшүнүктөргө барып такалган көп сандаган расимдик аракеттер жасалган. Үйлөнүү салттары көп тамаша куруу, ыр-музыкалык жана мелдешүү элементтерин камтыган оюн-шоокторо менен коштолгон. Бул расимдердин жана каадалардын эч болбогондо кээ бирөөлөрүн санап өтөлү: эң ар кандай шылтоо менен күйөөдөн жана анын туушкандарынан колуктунун туушкандарынын сатып алуу-белектерди талап кылышы, меймандарга ун чачуу же аларга сүт же айран чачуу, күйөө тараптан тамак-аш салынып келген куржунду ачуу, күйөөнүн ата-энелеринин белектерди таратып бериши жана колуктунун ата-энелеринин батасын алуу (бул үчүн ичине тамак салынган тогуз жыгач табакты, кийим-кече жана майда буюмдарды беришкен); ат чабыш, жөө күрөш жана эңишүү, улак тартуу, жаштардын оюндары, колукту менен күйөөнү жүз көрүштүрүү аземи, күйөөгө жаңы кийим кийгизүү, жаштарды символдуу «байлаштыруу», күйөө менен колуктуга атайын союлган улактын өпкөсүн чабуу, жерге терең орнотулуп көмүлгөн жоон арканды тартышуу (төшөк талашуу) боюнча мелдеш, жаңы баш кошкондор үчүн атайын тигилген үйлөнүү боз үйүн көрүү жана анда үйлөнүү төшөгүн салуу, нике кыюунун мусулмандык расими, септи көрсөтүүгө коюу жана аны күйөөнүн туушкандарынын карап чыгышы, эң акырында кетип жаткан кыздын энеси жана башка жеңе-сиңдилери менен коштошуусу.

Үйлөнүү шаан-шөкөтүнүн баары жаш келиндин күйөөсүнүн айлына жөнөп кетиши менен аяктоого тийиш болгон. Бирок чындыгында меймандар тарап кеткенден кийин жаш күйөө көп учурда дагы беш күнгө чейин кайнатасынын айлында жашап, андан кийин аялын айлына алып кеткен. Кээ бир жерлерде жаш келин бир-бир жарым айдан беш-алты айга чейин атасынын үйүндө жашап кала берип, бул убактын ичинде күйөөсү дайыма ага келип-кетип, 15—20 күнгө чейин калып турган.

Жаш келиндин жөнөп кетишинин өзү да бир катар өтө ар түрдүү шаан-шөкөт менен өткөн, ал эми келиндин күйөөсүнүн айылына келишинен кийинки башкы актылардын бири отко аралаштыруу, күйөөсүнүн үйүндөгү очокко жакындатуу (отко киргизүү) расими болгон. Андан ары жаш келин күйөөсүнүн атасы жана

анын туушкандарынын мүлктүк үлүшүн (энчи) бөлүп бериши, өкүл ата менен өкүл эне дайындоо болгон.

Никелешүүнүн аземинин эң акыркы, корутунду «аккорду» жаш келиндин бир канча убакыт өткөндөн кийин ата-энесинин үйүнө барышы (төркүлөө) болуп саналган, мында ал бир айдан үч айга чейин, ал эми кээде бир жылга чейин мейман болгон. Ал кайра жөнөп кетээрде атасы ага мүлкүнүн бир бөлүгүн берген, бул да энчи деп аталган.

Кызды ала качып кеткен учурда үйлөнүү ырым-жырымы кээ бир өзгөчөлүктөр менен жүргүзүлгөн.

Бүтүндөй алганда көп башка элдер сыяктуу эле кыргыздардын үйлөнүү расими кеңири коомдук мүнөзгө ээ. Ал күйөөнүн, ошондой эле колуктунун бүткүл үй-бүлөлүк-туушкандык тобунун иши болуп саналган шаан-шөкөттүн көп белгилерин сактап калган.

* * *

Кыргыздардын үйлөнүү расиминде казактардын, Орто Азиянын жана Түштүк Сибирдин кээ бир элдеринин үйлөнүү шаан-шөкөттөрүнө бир кыйла окшош белгилери байкалат. Көптөгөн үйлөнүү расимдеринин универсалдуулугу жалпыга белгилүү, аны баарыдан мурда кыргыздардын, казактардын, жарым көчмөн өзбектердин, Саян-Алтай тайпак тоолорунун элдеринин жана башкалардын үйлөнүү расимдеринин төмөндө мүнөздөлгөн окшоштугу менен түшүндүрүүгө болор эле. Бирок мындай түшүндүрүү жетишсиз. Бул элдердин тарыхый тагдырлары бир-биринен ажырагыс, этникалык жактан калыптануу процесси ал элдердин эң кийинки маданий-тарыхый өзгөчөлүктөрүнө таасирин тийгизүүчү байланыштарын көрсөтүп отурат.

Үйлөнүү расиминин биринчи эле этабы — куда түшүү менен сөйкө салуу, кыргыздар менен казактарда көп жалпы белгилери боюнча окшош. Жуучуларга жана күйөөнүн туугандарына кийит кийгизүү расими буряттарда да белгиленген[49]. Мурда айтылып кеткендей, колуктусуна күйөөсүнүн никелешүүдөн мурда барышы (күйөөлөө) көп жагынан казактардын расимине ылайык келет[50]. Маселен, кудалашкандардын никеге чейин жүз көрүшүүсүнө кыздын атасынын алдын ала макулдук бериши, кыздын туушкандарынын аялдарынын (*жеңелеринин*) күйөөдөн белектерди алышы (муну менен ал колуктусу менен жолугушууга өзүнө укук «сатып алгандай» болот). Күйөөнү бөлөк боз үйгө жайгаштыруу д.у.с. кыргыздар менен казактарда милдеттүү болуп саналган.

Башкы үйлөнүү тоюн колуктунун атасынын үйүндө өткөрүү расими кыргыздар менен казактарда гана эмес, жарым көчмөн өзбектерде[51], алтайлыктарда[52] жана буряттарда[53] да болгон. Акыркыларда, кыргыздардыкы сыяктуу эле үйлөнүү аземинин алдында күйөөнүн атасынын үйүндө өзгөчө той өткөрүлгөндүгү кызык.

Ал түгүл жаштарга бата берүүнүн формуласы кыргыздарда, хакастарда (бельтирлерде)[54], буряттарда[55], телеуттарда56 тексттик жактан дээрлик дал келет.

Мына ушуга байланыштуу кыргыздардын жана алтайлыктардын үй-бүлөлүк-никелик мамилелеринде колдонулган терминологиянын өтө жакындыгын белгилей кетүү керек, маселен колукту үчүн термин (кыргызча *колукту*[57], алтайча — колту[58]), колукту үчүн акы төлөө термини (кыргызча — *салык*59, алтайча — шаалта, шалта[60] д.у.с.) менен сүрөттөлүшү мүмкүн.

Казактарда жолуга турган үйлөнүү расимдеринин арасында колукту үчүн күрөштү, анын убагында ар бир тарап колуктуга ээ болууга тырышкандыгын элестеткен[61] кыздар менен уландардын ортосундагы мелдеш («тартыс») бардык жерде ойнолот. Бул расимден кыргыздарда күйөө менен колуктуну «байланыштыруу» расиминдеги мотивди көрүү кыйын эмес, мында тараптардын ар бири (күйөөнүн туушкандары — эркектер, колуктунун туушкандары — аялдар) байланган күйөөнү жана колуктуну өздөрүнө тарткылашып, эркектер (күйөө тараптан) менен аялдардын (колукту тараптан) ортосунда аркан тартышуу боюнча мелдеш жүргүзүлгөн. Бул мотив күйөө менен колуктунун уруктарынын ортосундагы күрөштөр, башкача айтканда чыңдалып бараткан патриархалдык уклад менен өз позицияларын коргоп жаткан үй-бүлөлүк-никелик мамилелердин архаикалык түзүлүшүнүн ортосундагы карама-каршылыкты чагылдырат.

Үйлөнүү тоюндагы жаштардын оюндары казактарда да, буряттарда да кеңири тараган.

Уруулук түзүлүштүн эң байыркы көрүнүштөрүнө барып такалган расимдердин ичинен кыргыздарда үйлөнүү тоюнун убагында жээндерди атайын сыйлоо жана калың менен сепке кетүүчү чыгымдарга таекелеринин милдеттүү катышуусун (аларды алууга да катышуусун) атай кетүү керек. Н. П. Дыренкованын[62] сүрөттөп жазганына караганда, телеуттарда үйлөнүү тоюнун убагында колуктунун таекелери өзүнүн жээндерине атайы «дьеен» деп аталган эт табак тарттырган. Болжол менен мына ушундайдын өзү кыргыздарда болгон, үйлөнүү тоюнун убагында той ээси ар бир жээнине эт табак тарттырган (мына ушундан жээн табак деген расим келип чыккан), мында эттин чүйгүнү тартылган[63].

Шорлордогу, алтайлыктардагы жана кумандиктердеги никенин материалдык жагынан күйөөнүн жана колуктунун энелеринин туугандарынын ролу Н. П. Дыренкова[64] тарабынан толук чагылдырылган.

Күйөө баланын (күйөөнүн) жана колуктунун (келиндин) туушкандарына карата сактала турган тыюу салууларга байланыштуу милдеттүү мүнөздө болгон расимдерди кыргыздардан тышкары өзбектерден[65], казактардан, алтай түрктөрүнөн[66] жолуктурабыз. Бул тыюуларды алып салууга кыргыздарда белгиленген «отко киргизүүгө» окшош расимдер тыгыз байланышта болгон (бул М. Хангалов тарабынан буряттарда сүрөттөлүп жазылган).

Бийск округундагы алтайлыктарда, деп кабарлайт С. Швецов[67], колукту өзүнүн болочоктогу күйөөсүнүн боз үйүнө жөнөп бараткан да, аны коштоп бараткан эки атчан кыздын көздөрүн *бүркөнчөк* менен тосуп барышкан. Кыргыз аялдары, алтайлыктар сыяктуу эле өздөрүнүн жүзүн эч убакта жаппаганы менен, бирок жаш кыргыз келин күйөөсүнүн айылына биринчи жолу бараткан убагында жүзүн баш киймине төөнөлгөн бир жапырак ак чүпүрөк менен жаап алат, ал бүркөнчөк деп аталат[68]. Бул чүмбөттү келин боз үйгө кирээрдин алдында кимдир-бирөө, адатта бала же өспүрүм сөзсүз алып салууга тийиш.

Казактардын эски үйлөнүү расминде ушуга окшош «бет ашар» расми жолугат, мунун убагында кандайдыр-бир улан ыр ырдап жатып, таяк менен келиндин бетин ачкан. Ушундай эле учур кунград уруусундагы өзбектердин расминде да бар; буларда ал «келин көрсатар» деп аталган; келинди боз үйгө киргизип, ал отургандан кийин эркектердин бирөө ордунан туруп, ичке чыбык менен анын жүзүн жаап турган чүпүрөктү артка каңтарып салган. Шорлордо келин күйөөсүнүн агаларынын үйлөрүнө биринчи жолу барганда бетин чүмбөттөп

кирип, отко жүгүнгөн. Кузнецк тайгасынан тартып түштүк Өзбекстандын Гиссар тоо кыркасынын этектерине чейин тарыхый-маданий байланыштын изин ушундайча байкоого болот.

Кээ бир жерлерде, атап айтканда түштүк кыргыздарда жаш келиндин үйлөнүү тоюнан кийин атасынын айлында көпкө чейин жашашынын жана келиндин өзүнүн тууган-туушкандарыныкына (төркүнүнө) сөзсүз барышынын (адатта үйлөнүү тоюнан кийин бир жыл өткөндө) биз жогоруда белгиленген расимдери матрилокалдык никенин айкын далили боло алат.

А. Д. Гребенкин ар түрлүү өзбек урууларынын никелик нормаларын кыскача санап өтүп, тюаклы, багрин, кыпчак, мангит жана кытай урууларында аял үйлөнүү тоюнан кийин күйөөсүнүн үйүнө барбастан көп убак бою өзүнүн ата-энесинде жашай берет (мангиттерде бир жылга чейин жана багриндерде 6 жылга чейин). Мындай учурларда күйөөсү аялына түн жамынып уурданып барып турат. Аны аялынын үйүнө анын жакын тууганы болгон кемпир тосуп алып, узатып турат. Аялдын өзүнчө үйү болсо да, өзүнүн жасаган иштери жагынан атасына жана энесине баш ийген. Күйөөгө чыккан өзбек кызы төрт жылдай бөлөк жашап, 3—4 балалуу болгондон кийин күйөөсүнө көчүп барган учурлар да болот. Мына ошентип, түштүк кыргыздарда жана жарым көчмөн өзбектерде байыркыдан келип чыккан өтө окшош расимдери бар[69].

Кыргыздарда жаңы турмуш кургандар үчүн күйөөнүн айлында алачык тигип берүүнү белгилей кетүүчү факт, ушундай эле максат менен шорлор, шолгандар, кумандиндер да «adag», «pukpecek», «solte», «odan» деп аталган алачык сыяктуу турак-жай жасап беришкен[70].

Жаш келиндин өз ата-энелерине барып келишинин кыргыздарда жогоруда белгиленген расимине толук окшош расим алтайлык түрктөрдө бар, ал ушуга окшош «төркүн-торгун»[71] деп аталат. Эң акырында, кыз ала качып кетүүгө байланыштуу кыргыз расимдери да жарашуу, уландын атасынын үйүндө үйлөнүү тоюн өткөрүү ж.б. маанилүү учурларда, ошондой эле айрым майда нерселерде хакастар менен шорлордогу[72] бул сыяктуу расимдерге өтө жакын. Кыргыздардын жана Түштүк Сибирь менен Орто Азиянын элдеринин үйлөнүү расимдеринен кээ бир гана жалпы белгилери мына ушундай.

Кыргыздар менен же эң илгерки, же бир кыйла кечки мезгилде кандайдыр байланышта болгон элдердин окшош шаан-шөкөттөрүн кыргыздардын үйлөнүү расими менен салыштырганда ал ортоазиялык түрк тилинде сүйлөгөн дүйнөгө (баарыдан мурда казактардын жана жарым көчмөн өзбектердин раашдерине) жана элдердин түштүк сибирдик түрк-моңгол чөйрөсүнө (өзгөчө алтайлыктардын жана хакастардын, айрым жагынан буряттардын расимдерине) өтө жакындыгын көрсөтөт. Мындай жакындык бул элдер басып өткөн социалдык өнүгүүнүн стадияларынын жана алардын экономикалык базисинин бир типтүүлүгүнүн, чарба жүргүзүүнүн шарттарынын жалпылыгы жөнүндөгү болжол менен гана түшүндүрүлүшү мүмкүн эмес. Үйлөнүү шаан-шөкөттөрүнүн окшоштугу, ырым-жырымдардын кээ бир маанилүү элементтеринин, ошондой эле бир кыйла сандагы майда салттардын түздөн-түз катарлаштыгы жогоруда аталган элдердин составына кирген кээ бир уруулардын жалпы тарыхый тагдырларына, бир катар бул элдердин жалпы ата-бабаларына алып келип такалашы мүмкүн деп айтууга толук жол берилет. Демек, мына ушунун баары элдердин каралып өткөн чөйрөсүнүн этногенетикалык байланыштарынын кошумча далили боло алат.

## *НИКЕДЕН АЖЫРАШУУ*

Өткөн убакта кыргыз чөйрөсүндө никеден ажырашуу негизинен бир жактуу мүнөздө болгон, анткени чындыгында чечүүчү сөз эркекке гана таандык болуп, материалдык жактан да аял ага толук көз карандылыкта жашаган. Аял өтө сейрек учурда гана бул кадамга барган, баарыдан мурда мунун себеби — ал өзү үчүн төлөнгөн калыңды күйөөсүнө кайтарып беришинде болгон, бул кээ бир учурда гана мүмкүн болбосо, анын колунан келген эмес.

Г. С. Загряжскийдин[73] көрсөткөнүнө караганда, күйөөсү аялын бага албай калган учурда же жагымсыз жүрүм-туруму үчүн аялынын башын ыктыярдуу

бошото алган. Мындай учурда калың кайтарылып берилген эмес. Эгерде аял ажырашкысы келсе, ал бийлердин сотуна кайрылууга тийиш болгон. Бийлер анын өтүнүчүн жетиштүү негиздүү жүйөлөр болгондо гана канааттандыра алышкан: 1) Эгер ал күйөөсүнүн жубайлык милдеттерин аткарууга жөндөмсүздүгүн далилдей алса, 2) эгер күйөөсү ага 6 ай 13 күн бою тамак жана кийим-кече бербесе, 3) күйөөсү ага ташбоордук менен мамиле кылса, 4) аялынын иштөөгө мүмкүнчүлүк бербегидей дене жагынан кемчилиги болсо, 5) жубайлардын биринин акыл жагынан майыптыгы болсо ж.б. Мындай учурларда бийлер ажырашууга жол берип, ажырашууга көбүрөөк таламдаш болгон тараптан өз пайдасына бир кыйла айыпты төлөтүп алуу менен калыңды жана септи кайтарып берүү жөнүндө чечим чыгарышкан.

Күйөөсү ар кандай убакта жана ар кандай шылтоо менен аялынан ажыраша алган. Бул үчүн ага «талак» деген сөздү айтуу эле жетиштүү болгон. Мындай учурда ажырашуу күчүнө кирген, бирок каалаboard күйөөсү бул сөзүн кайра алуу жана үй-бүлөлүк турмушун кайра баштоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон. Бирок ажырашуунун кайра жангыс мүнөздөрү шарияттта алдын ала каралган башка түрү болгон, муну жасоо үчүн «талак» деген сөздү үч жолу айтуу талап кылынган. Мындай учурда никени кайра жаңыртуу Түштүк Кыргызстанда алала деп аталган (*адал* — таза, шарият уруксат берген деген сөздөр) татаал «орто аралык нике» талап кылынган. Аял үчүн бул кемсинтүүчү ырым- жырымдын так мүнөздөмөсүн биз К. К. Юдахинден табабыз: «**үч талак** — үч жолу ажырашуу (ажырашуунун өзгөчө формасы, мында никелик союзду калыбына келтирүү ажырашкан аял жалган да болсо башка бирөөгө күйөөгө чыгып, жаңы күйөөсү ага ажырашууга уруксат бергенден кийин гана мүмкүн; үч жолу ажырашуу (*үч талак*) чындыкка айланышы үчүн үч жолу «талак» деген сөздү айтуу жетиштүү болот, андан ары формалдуулук гана калат)»[74].

Бийлердин соту адатта эркек тарапта болгон соң, аял ал жакка кайрылууга батына алган эмес. Күйөөсүнүн талабы боюнча ажырашкан аял андан өзү үйгө ала келген мүлктү да, күйөөсү менен бирге тапкан балдарын алууга укуксуз.

Эгер Түндүк Кыргызстанда ажырашуу негизинен адат укугунун (исламдын бир кыйла таасири астында болгондугун айта кетели) нормаларына ылайык жүзөгө ашырылса, Түштүк Кыргызстандын көп райондорунда эл бүтүндөй шарияттын нормаларына баш ийген. Н. И. Гродеков белгилегендей, Сыр-Дарыя областынын кыргыздарында ажырашкан учурда аялдын пайдасына аныктала турган «акимара», б.а. мүлк бөлүнгөн эмес, бул шарият боюнча «махра» деп аталган.

Кыргызстан Орусияга кошулгандан жана анда «туземдерге» тийиштүү граждандык иштерди териштирүүгө формалдуу укугу болбогон орус сот мекемелери түзүлгөндөн кийин, баарыдан мурда аялдардын өздөрүнүн демилгеси боюнча ажырашуулардын саны көбөйгөндүгү байкалгандыгын

белгилөө зарыл. Мындан жаңы укук тартибинин белгилүү таасирин көрбөй коюуга болбойт, анткени ал түгүл падышалык администрациянын чиновниктери көп учурда күндүн абалына чейин жеткирилген кыргыз аялдарын жактаган учурлар белгилүү. Муну, атап айтканда, А. Чайковский[75] көрсөтөт.

## ҮЙ-БҮЛӨНҮН ТҮРЛӨРҮ, СТРУКТУРАСЫ ЖАНА САНЫ

Кыргыз элинин калыптанышынын базасы болгон урууларда патриархалдык үй-бүлөлөрдүн болгондугу көптөгөн булактар менен ырасталган. Анын калдык формаларын эски патриархалдык-феодалдык түзүлүштүн шарттарынан издөө

толук ылайыктуу. Бирок эң акыркы мезгилге чейин кандайдыр өлчөмдө кыргыздардын үй-бүлөлүк, жалпысынан социалдык мамилелерине тийиши бар этнографиялык адабиятта кыргыздардын патриархалдык үй-бүлөлүк жамаатынын — үй-бүлөнүн жана коомдун өнүгүшүнүн бул маанилүү звеносунун кандайдыр-бир издери жөнүндө ал түгүл эскерүүлөр да болгон эмес.

Ошол эле убакта Орто Азиянын башка элдерине, казактарга жана алтайлыктарга тийиштүү болгон этнографиялык маалыматтар патриархалдык-феодалдык өндүрүштүк мамилелердин, патриархалдык-үй-бүлөлүк жамааттардын болгондугунун фактысын ырастап отурат. Бул маалыматтар көчмөн жана жарым көчмөн мал чарбачылыгынын жана патриархалдык-уруулук турмуш-тиричиликтин шарттарында патриархалдык үй-бүлөлөрдүн өзгөчөлүктөрү жөнүндө кээ бир түшүнүктөрдү берет. Булар кандай маалыматтар? Бул, баарыдан мурда, XIX кылымда, ал эми кээ бир райондордо кийинчерээк да сакталып калган бир чоң үй-бүлөлөр жөнүндөгү маалыматтар. А. Гребенкиндин маалыматтары боюнча, XIX к. 60—70-жылдарында өзбектердин жарым көчмөн уруктарынын бир бөлүгүндө үйлөнгөн уулдары бир казандан тамактанып узакка чейин атасы менен бирге жашашкан; бул учурда үйлөнүп, өз кезегинде балдары бар 10 уулунан турган үй-бүлө бир короо деп эсептелген[76]. Казак этнографиясынын маалыматтары боюнча, XIX к. чөл талааларында көп учурда чоң үй-бүлөлөр болуп (алар адабиятта татаал деп аталган), мында үйлөнгөн уулдары атасынын жанында болуп, анын бийлигине баш ийишкен. Мындай үй-бүлөлөр бир кыйла кечирээк мезгилде да жолуккан. Чоң үй-бүлөдө, деп жазат Н. Малышев, «мал жана казына жалпы орток деп эсептелген, аларды үй-бүлөнүн башчысы башкарган»[77]. Ошол эле автор белгилегендей, татаал үй-бүлө, эгер ал кедей жана өзгөчө чоң эмес болсо, бир алачыкта, же эгер үй-бүлө оокаттуу жана көп сандуу болсо бир канча боз үйдө жашаган. Үй-бүлөнүн башчысы өлгөндөн кийин анын ордун улуу уулу, ал эми кээде уулдарынын эстүүсү ээлеген. Ушуга окшош маалыматтарды А. Евреинов келтирет: «кыргыздар дээрлик дайыма бир үй-бүлөнү түзүү менен дайыма айыл болуп, б.а. 5 боз үй же 10 жана андан көп боз үй болуп бирге көчүп жүрүшөт, мында эң улуусу — анын башчысы катары баарын башкарат. Анын айткандары — калгандары үчүн закон»[78].

Биз өзүбүз азыр кайтыш болгон Г. И. Карповдон алган жеке маалыматтар боюнча, революциядан кийинки биринчи жылдарда ал түркмөндөрдүн арасынан бир канча бай үй-бүлөнү жолуктурган. Ар бир үй-бүлө айрым алганда, ар түрдүү муундарга таандык болгон 50 мүчөгө чейин жеткен. Өткөн убакта каракалпактардын, түркмөндөрдүн жана алтайлыктардын патриархалдык үй-бүлөлөрүнүн болгондугу жөнүндө кыскача эскерүүлөр Т. А. Жданконун[79], Г. П. Васильеванын[80], Л. П. Потаповдун[81] эмгектеринде камтылган.

Бирок келтирилген маалыматтар Б. К. Кожамуратовдун тыянагы үчүн негиз боло албайт. Анын пикири боюнча, Улуу Октябрь революциясына чейин падышалык Орусиянын улуттук чет жакаларында, атап айтканда, Орто Азия менен Казакстанда патриархалдык чоң үй-бүлө үстөмдүк кылган, анткени «бүтүндөй алганда капиталисттик мамилелер жашап жаткан, бирок ыдырай баштаган патриархалдык-феодалдык мамилелерди козгогон эмес»[82]. Автор Орто Азиянын элдериндеги үй-бүлөлүк мамилелердин системасында чоң патриархалдык үй-бүлөнүн ордун жана салыштырма салмагын ачыктан-ачык апыртып жиберген, бул мамилелерди архаизмдештирип, бул элдердин чарбасына, атап айтканда капитализмдин элементтеринин кире башташынан келип чыккан товардык-акча мамилелеринин өсүшүнүн дал натыйжасында болуп өткөн чоң үй-бүлөлүк байланыштардын ыдырашынын даражасына жеткире баа берген эмес. Б. К. Кожамуратов чарбада болгон алга жылыштар чоң патриархалдык үй-бүлөнү чакан, жеке үй-бүлөгө алмаштырууга алып келгидей ошончолук радикалдуу жылыштар болгон эмес деп ырастайт. Мындай ырастоо менен макул болуу мүмкүн эмес, ал Орто Азиянын жана Казакстандын экономикасынын өнүгүшү жөнүндө жана чакан үй-бүлөнүн чынында басымдуулук кылгандыгы жөнүндө объективдүү маалыматтарга карама-каршы келет. Бул маселе боюнча Н. А. Кисляков[83] келтирген материалдар Б. К. Кожамуратовдун көз караштарынын жаңылыштыгы жөнүндө далилдеп отурат.

Этнографиялык экспедициялардын натыйжалары жана кыргыздардын социалдык мамилелери боюнча жакында гана колго тийген материалдар өткөн мезгилде эле кыргыздардын арасында да өзүнүн түздөн-түз мурдагы түзүлүшү — патриархалдык үй-бүлөлүк жамааттын өтө көп жана мүнөздүү белгилерин сактап калган али бөлүнбөгөн ири үй-бүлөлөр жолуккандыгы жөнүндө далилдеп отурат.

Кыргыздардын социалдык-экономикалык мамилелерин изилдөөгө арналган эмгегинде П. Погорельский менен В. Батраков[84] кыргыз коомунда жакынкы өткөн убакта патриархалдык үй-бүлөлөр болгон деп эсептешкен «кээ бир изилдөөчүлөрдүн» (алардын ысымдары аталбай калган) көз караштарын биринчи жолу сынга алышкан. Авторлор көп сандаган жүйөөлөрдү бүйрөлүк менен тандап алышып, алардын жардамы менен *чоң уй, чоң казан, чоң түндүк* сыяктуу терминдер кыргыздардын «тээ илгерки убакта эле» жок болуп кеткен имиш патриархалдык чоң үй-бүлөсү менен эч кандай жалпылыгы болгон эмес деп далилдөөгө умтулушкан. Мына ошентип, кыргыз калкынын арасында патриархалдык үй-бүлөлүк жамааттын калдыктарынын сакталышынын мүмкүнчүлүгүнүн өзү бүткүл революцияга чейинки мезгил үчүн таптакыр жокко чыгарылат.

Талаш-тартышка кызуу киришкен авторлор жакынкы өткөн убакта эле кыргыздарда чакан үй-бүлөлөр менен катар чоң патриархалдык үй-бүлөлөрдүн болгондугун аныктаган биринчи изилдөөчү советтик чыгыш таануучу раматылык Н. Х. Калемин болгондугун, бул изилдөөчүнүн материалдары жарыяланбагандыгын, үй-бүлө маселелери боюнча фактылык материалдар эске алынбастан, жогоруда айтылган терминдер жасалма түрдө жулунуп алынып, кыйраткыч сынга дуушар кылынгандыгын көрсөтүүнү керек деп эсептешкен эмес. Анын үстүнө Н. Х. Калеминдин[85] кол жазмасында жогоруда аталган китептин авторлору ырастоого аракет кылгандарга тескерисинче ынанымдуу далилденген кең-кесири материалдар камтылган. Н.Х.Калеминдин негизсиз жаманатты кылынган материалдары канчалык баалуу экендигин анын

докладдык жазууларынын[86] кыскартылып баяндалып, 1945-жылы жарыяланган бөлүгү көрсөтүп отурат.

1947-жылы В. С. Батраковдун макаласы[87] жарыяланып, анда менин китебимде88 камтылган кээ бир жоболор сынга алынган. Н. Х. Калеминдин кол жазмасында кыргыздардын социалдык мамилелерине бир катар туура эмес баалар камтылган деген сынына макулмун. Бирок мен Кыргызстандын тарыхынын жана этнографиясынын бир катар маселелери боюнча анда камтылган фактылык материал жагынан ал олуттуу көңүл буруга арзыйт деп дагы эле эсептей береримди айта кетүүм керек, ал материалдан В. С. Батраковдун өзү да жогоруда аталган китептин[89] авторлорунун бири катары пайдаланган.

Жогоруда аталган жазмасында Н. Х. Калемин өзү изилдеген бардык үч болуштукта үй-бүлөнүн эки тибине: күйөөсүнөн, аялынан жана бойго жете элек балдарынан турган азыркы убактагы «аз сандуу» (чакан үй-бүлөнү эске алып жатат) үй-бүлөгө жана өзүнүн составында он бештей (үч муундун) мүчөсүнө чейин жеткен чоң үй-бүлөгө (чоң үйгө) туш келгендигин көрсөткөн. Мында автор үй-бүлөнүн биринчи тиби кыргыз айылы үчүн адаттагы нерсе экендигин, ал эми экинчиси сейрек жолугаарын белгилейт, эгер изилдөө 1925— 1926-жылдарда жүргүзүлгөндүгүн эске алсак, мунун өзү толук түшүнүктүү.

Кыргызстандын Орусияга кошулушунун алдында типтүү кыргыз үй-бүлөсү изилденген райондо чоң үй-бүлө болгондугун карыялар жазуулардын авторуна айтып беришкен (автор мындай үй-бүлөлөр үчүн аттар катары имиш колдонгон жогоруда саналып көрсөтүлгөн терминдерди келтирет). Алардын сөздөрүнө караганда, мындай үй-бүлөлөрдүн кээ бир саны 1916-жылдагы белгилүү көтөрүлүшкө чейин сакталып калган.

Мындай чоң үй-бүлөнүн курамын мүнөздөө үчүн Н. Х. Калеминге анын информаторлоруна белгилүү болгон бир канча үй-бүлө жөнүндө маалыматтар билдирилген. Маселен, моңолдор уруулук тобунан («улугир мууну, баки тармагы»)90 Жаныбековдун үй-бүлөсү төмөндөгү адамдардан турган: үй-бүлөнүн башчысы, анын төрт аялы, төрт уулу, үч келини, сегиз небереси, Жаныбектин иниси, анын эки аялы, төрт уулу жана беш кызы, төрт келини, алты небереси. Мындан тышкары, үй кызматында иштеген алты адам үй-бүлөнүн мүчөлөрү имиш деп эсептелген. Мына ошентип, Жаныбектин үй-бүлөсү үч муунга таандык болгон 48 адамдан турган. Өзүнүн мүлктүк абалы боюнча Жаныбектин үй-бүлөсү, кыязы, ири мал ээлеринин бир аз үй-бүлөлөрүнүн санына таандык болгон. Анын 2000 кою, 600 бээси, 60 баш ую жана 30 төөсү болгон. Жаныбектин үй-бүлөсү край Орусияга кошулгандан кийин алгачкы он жыл бою жашоосун уланткан. Бул үй-бүлөнүн бөлүнүшүнүн себептери, тилекке каршы, аныкталбаган бойдон калды.

Чоро тобунун уруусунан («көкчөкөз мууну»)[91] чыккан Ботогардын үй-бүлөсүнүн курамына үй-бүлө башчысы менен анын аялынан башка беш уулу жана үч кызы, уулдарынын жети аялы жана жети небереси, небересинин аялы жана бир чөбөрөсү кирген. Үй-бүлөнүн мүчөлөрү катары тууганынын жесири жана анын эки уулу да, ошондой эле 8 адамдан турган малайлар да эсептелген. Демек, Ботагардын үй-бүлөсү 37 адамдан туруп, алардын арасында төртүнчү муундун өкүлү болгон. Үй-бүлөнүн жалпы менчиги 1000 кой, 500 бээ, 30 төө жана 30 баш уй болгон. Биз көрүп тургандай, анын экономикалык кубаттуулугу да жетиштүү зор болгон. Үй-бүлө ушундай курамында анын башчысы өлгөнгө чейин (1903-жыл) жашаган, кыязы, анын өлүмү бул үй-бүлөнүн ыдырашына түрткү болсо керек.

Моңолдор тобуна («бугонак мууну, куу-сөөк тармагы»)[92] таандык болгон Тынайдын үй-бүлөсү үй-бүлөнүн башчысынан, анын төрт аялынан, жети уулунан жана төрт кызынан, үч келининен жана үч малайдан, б. а., 22 адамдан турган. Үй-бүлөнүн негизги байлыгы 200 кой, 50 бээ, 20 баш уй жана 5 төө болгон. Үй-бүлө XX к. биринчи он жылдыгында али бөлүнбөгөн бойдон жашай берген. Анын андан аркы тагдыры жөнүндө маалыматтар жок.

Өткөн убакта мындай бөлүнбөгөн үй-бүлөлөрдүн жашашынын зарылчылыгынын «идеологиялык» негизи катары «*бөлүнгөндү бөрү жейт*» деген макал же «бөлүнгөн мүлк пайда алып келбейт» деген пикир кеңири тараган.

Н. Х. Калемин Шаркыратма болуштугунун 2-айылынын Акмоюн кыштоосунда жашаган 64 жаштагы Токтоназар башчылык кылган чоң үй-бүлөнү толук сүрөттөп калтырган, Токтоназар өзүн моңолдор уруулук тобуна («бугонак мууну, чолок-тума тармагы»)[93] таандыктаган. Бул сүрөттөө өткөн убакта патриархалдык-феодалдык коомдун экономикалык жана социалдык структурасынан келип чыккан, анын бардык мүнөздүү өзгөчөлүктөрү менен кошо кыргыз чоң үй-бүлөсүнүн ички уюмдашынын өтө жандуу жана айкын көрүнүшүн камтыйт. Бул бөтөнчөлүктөр Кыргызстандын айрым тоолуу райондорунда коллективдештирүүгө чейин бир кыйла өлчөмдө али сакталып калган.

Токтоназардын үй-бүлөсү 15 адамдан: өзүнөн, анын эки аялынан, алты уулунан (Иманназар, Исак, Абдурасул, Иманалы, Жапаралы жана Жунусалы), эки кызынан, үч келининен жана бир небересинен турган. Тун баласы Иманназар 42 жашта, кенжеси Жунусалы — 5 жашта болгон. Иманназардан башка бардык балдары атасы менен бир үйдө жашаган. Иманназар өзүнүн аялы жана алты жашар уулу менен бөлөк кыштоо үйүндө жайгашкан.

Үй-бүлөнүн жалпы байлыгы: 150 кой, 20 бээ, 10 уй жана 1 төө болгон. Малдын формалдуу белгилүү бөлүгү өзүнчө түтүн булаткан улуу баласынын менчиги деп эсептелгени менен, чындыгында мал бөлүнгөн эмес. Тамак-аш запастары да бүт үй-бүлө үчүн жалпы болуп, бирге тамактанышкан.

Бүткүл чарбалык тиричиликке жана ички үй-бүлөлүк иштерге жетекчилик анын башчысы Токтоназарга таандык болгон. Ага уулдарынын ичинен бардык жагынан эстүү жана бирден-бир сабаттуу үчүнчү уулу Абдурасул жардамдашкан. Ал үй-бүлөлүк иштерди башкарууда атасынын түздөн-түз жардамчысы гана болбостон, керек учурларда ал бүткүл жамаатка тийиштүү болгон бул же тигил маселелерди үй-бүлөнүн атынан чечкен. Токтоназарды кошуп алганда үй-бүлөнүн калган мүчөлөрү коомдук мамиле жагынан пассивдүү болушкан. Патриархалдык-уруктук расимдерге байланыштуу кандайдыр-бир аракет жасоонун зарылчылыгы келип чыккан учурда үй-бүлөнүн бардык мүчөлөрү Абдурасулдун тийиштүү көрсөтмөлөрүн аткарышкан.

Улуу уулу Иманназар мал жактан чарбалык тажрыйбасы бар адам катары бүткүл үй-бүлөнүн малына көз салган. Бирок анын курагы ага башка бир туугандарына караганда артыкчылык жана керек болгон учурларда карган атасы жана иниси Абдурасул менен бирдикте үй-бүлөлүк иштерди талкуулоого катышуу укугун берген. Сезонго жараша ал жазгы (бөксө), жайкы (жайлоо) же күзгү (күздөө) жайыттарында мал менен бирге болуп, ал эми кышкысын малдын бир бөлүгү менен (отор) алыскы кышкы жайыттарга жөнөп кеткен. Экинчи жана төртүнчү уулдары — Исак менен Иманалыга үй чарбасы боюнча эркектин жумуштарынын кээ бир түрлөрү (отун даярдоо ж.б. ), эгин эгүү, сугат, түшүм

жыйноо жана чөп даярдоо кирген. Акыркы эки уулу — Жапаралы менен Жунусалы али жаш болгондуктан белгилүү милдеттери болгон эмес.

Үй-бүлөнүн башчысы Токтоназар жайыттарга чыгуунун убагын жана иретин, кой кыркын мезгилин аныктаган, жайыттын убагында малга сак болуу жагынан балдарына көрсөтмөлөрдү берген. Малды кечкисин *короого* айдап келүүнүн, эртең менен жайытка чыгаруунун тартибине өзү көз салган. Үйүндө болуу менен Токтоназар балдарына мал үчүн (унаа мал, ылаң же көтөрүм мал эске алынып жатат) тоют жагынан буйрук берип, үй-бүлө мүчөлөрүнө — аялдарга да үй жумуштарынын кээ бир түрлөрүн тапшырган. Анын карамагында бул же тигил мүлктү сатуу жана сатып алуу, азык-түлүк даярдоо, уулун үйлөндүрүүгө же кызын турмушка берүүгө тийиштүү маселелерди чечүү д.у.с. болгон.

Адат боюнча, үй-бүлөнүн башчысы өз үй-бүлөсүнүн бардык мүчөлөрүн жемелөөгө жана жазалоого укуктуу. Үй-бүлөнүн курамынан чыгып калуу коркунучу астында анын буйруктарын аткарбай коюуга же ал түгүл ага каршы каяша сөз сүйлөөгө тыюу салынган. Тил албаган уулу бир аз үлүштөгү мүлктү бөлүп берүү менен үй-бүлөдөн куулушу мүмкүн болгон.

Токтоназардын *байбиче* деп аталган биринчи аялы үй-бүлөнүн үй тиричилигин башкарган, келиндерине жана кыздарына буйрук берген, алар аткарууга

тийиш болгон үй жумуштарынын түрлөрүн белгилеген. Ал кыз-келиндерине жип ийрүүнү, сокмого калың жүк таарларын согууну, аркан эшүүнү, үй-бүлө мүчөлөрү үчүн кийим тигүүнү, сайманы үйрөтүп, аларга түшүндүрмө берип турган. Байбиче кандай жана канчалык санда тамак даярдоо керектигин айтып, ал үчүн азык-түлүктү бөлүп, меймандарды кабыл алууга сөзсүз катышып, алар үчүн тамак асууга буйрук берген. Кыздардын жана келиндердин адептүүлүгүнө көз салуу да байбиченин милдетине кирген. Ал жүрүш-туруштун эрежелери жөнүндө аларга насаатын айтып, үйдөн көп чыгууга жана чоочун эркектер менен сүйлөшүүгө тыюу салган. Улуу аялы Токтоназардын экинчи аялын да кошуп, калган кыз-келиндерин жемелөөгө укуктуу. Экинчи аялы жалпысынан биринчи аялга баш ийип, бардык иштерде анын жардамчысы болгон. Анын тилин албай коюуга же каяша айтууга уруксат берилген эмес. Байбиченин өзү күйөөсүнө гана кыңк этпестен баш ийип, үй-бүлөнүн калган бардык мүчөлөрү менен катар күйөөсүнө «сиз» деп гана кайрылган.

Токтоназар жана анын улуу аялы үй-бүлөнүн бардык калган мүчөлөрүнөн мурда уктоого жатышып, алардан эрте турушкан. Жатаар алдында алар башкаларга чарба боюнча бул же тиги көрсөтмөлөрдү беришкен.

Токтоназардын келиндери бардык үй жумуштарын биргелешип аткарышкан: тамак даярдашып, суу ташышкан, меш жагышкан, жип ийришкен, уйларды, койлорду жана бээлерди саашкан, жүндөн кездеме токушуп, тери ашатышкан, кийиз бышырып, көчкөндө үй чечип, үй тигишкен, үй-бүлөнүн бардык мүчөлөрү үчүн төшөк салышкан. Алар үй-бүлөнүн мүчөлөрүнүн кийим- кечелерин жамап, өтүктөрдөн башка бүткүл эркек жана аялдар киймин тигишкен. Алардын милдетине көп учурда ал түгүл эркектердин бут кийимин чечиндирүү да кирген. Көп учурда келиндер малга көз болуу жана отун даярдоо жагынан эркектин жумушун да аткарышкан.

Токтоназардын кыздары бир эле убакта аялдын бардык жумушуна үйрөнүп, келиндерге жана энелерине жардам берген. Чоң үй-бүлөнүн бүткүл ички уклады жана анын мүчөлөрүнүн ортосундагы өз ара мамилелер жалпы үй-бүлөлүк тамактануунун убагында өзгөчө ачык көрүнгөн. Бардык мүчөлөрү бала кезинен

үйрөнгөн катуу белгиленген иретте орун алып отурушкан жана ал тартип аларга сиңип калыптанган. Бул ирет кедейлердин үй-бүлөлөрүнөн тартып, бай мал ээлеринин үй-бүлөлөрүнө чейин бардык кыргыз үй-бүлөлөрүндө сакталган.

Адат боюнча ардактуу орунга (*төргө*) Токтоназар өзү отурган. Анын сол жагынан — байбичеси орун алган. Экинчи аялы босогодогу чокко жакын, кире бериштин оң жагына, идиштердин жанына отурган. Байбиченин катарына кыздары жайгашып, алардан кийин босогону карай бош жерлерге келиндери өздөрүнүн күйөөлөрүнүн улуулугуна (курагы боюнча) ылайык отурушкан. Токтоназардын оң жагына курагы боюнча улуулук тартипти сактоо менен анын уулдары отурушкан.

Дал казандын түбүнө Токтоназардын үйлөнгөн уулдарынын эң кичүүсүнүн аялы отуруп, Токтоназардын токолунун байкоосу астында казанда болгонду чоң жыгач идишке (*чарага*) салган. Андан кийин бул тамак (көбүнчө бышкан эт) салынган идиш Токтоназардын кичүү аялына өткөрүп берилип, ал чүйгүн эттерди жалпы, бирок кичине жыгач *табакка* салган. Бул табак карыя, байбиче жана улуу уулу үчүн арналып, Токтоназардын кыздары да алар менен табакташ болушкан. Ушундай эле табак калган балдарына тартылган. Табактын түбүндөгүнү келиндерине беришкен. Чалдын токолу келиндери жана балдары менен бир табактан тамактанган.

Катуу сакталган расим боюнча, чал-кемпирдин табагында тамактан артканы (*табак түп*) калтырылып, ал сөзсүз келиндерге берилген. Бул расимди сактоо меймандардын да милдетине кирген, анын үстүнө кемпир-чалга же меймандарга сунуш кылынган тамактын санына карабастан табак түп калтыруу зарыл болгон. Бул расимди сактабаганды келиндер жактырбай, алардын арасында «*түбү тойбогон*» же «*куну кеткир*» дегендей күбүр-шыбыр пайда болгон.

Тамак ичилип жатканда меймандар келип калса, жогоруда айтылган ирет бир аз өзгөргөн, бирок анда да курактык улуулук принциби сакталып калган. Меймандардын ичинен улуусуна үй-бүлөнүн башчысы өзүнүн төрдөгү ордун бошотуп берген. Калган меймандар төрдүн оң капшытына, уулдардын ордуна жайгашкан. Токтоназардын өзү жана анын улуу аялы меймандардын сол жагына отурушуп, ал эми кыздары жүк жыйылган бөлмөдөгү ардактуу орундун бурчунан — *жүктүн бурчунан* оң капшыттан орун алышкан. Үй-бүлөнүн бардык калган мүчөлөрү каалганы карай багыт боюнча мурдагыдай иретте жайгашкан, ал эми батпай калгандары отурбастан чыгып кеткен. Меймандар үчүн казандан тамакты чоң табакка Токтоназардын бойго жеткен кичүү уулу келиндердин же чалдын экинчи аялынын жардамы менен салган. Этке толтурулган табакты ал Абдурасулга (чалдын үчүнчү уулу) берип, ал Токтоназар менен байбичеге адегенде бир кесимден *ооз тийгизип*, чүйгүн этти меймандардын табагына салган. Калгандарын ал мурдагыдай иретте үй-бүлөнүн бардык мүчөлөрүнүн ортосунда бөлүштүргөн.

Менчиктин чексиз укугу үй-бүлөнүн башчысынынын колуна топтолгон. Үй-бүлөнүн бир да мүчөсү анын уруксаты болмоюнча жалпы мүлктүн жок дегенде арзыбаган бөлүгүн да башкара алган эмес. Ал түгүл улуу баласы Иманназар өзүнчө үй-бүлөсү жана ага атасы бөлүп берген мүлкү болсо да Токтоназардын кеңешисиз жана макулдугу болмоюнча өз үлүшүн өз алдынча башкарууга акысы болгон эмес.

Үй-бүлөнүн башчысы — Токтоназар өлүп калган учурда улуулук жана үй-бүлөнүн бүткүл мүлкүн башкаруу укугу анын улуу баласы Иманназарга өтүүгө тийиш болгон. Бирок тун уулу койчу болууга гана жөндөмдүү болуп

чыккандыктан үй-бүлөнүн башчысынын абалы жана менчикке укук Токтоназардын жашы боюнча үчүнчү уулу Абдурасулга өткөн. Мына ошентип, үй-бүлө өзүнүн бир кыйла жөндөмдүү жана эстүү мүчөсүн (эркекти) курагына (улуулугуна) карабастан үй-бүлөнүн башчысынын абалына коё алган. Бул расимди кыргыздын «*чүкөң* жакшы болсо, *сака* кылып ал» деген лакабы, «иниң тартипти сенден көп билсе, аны агаң катары тааны» деген сөздөрү ырастап турат.

Үй-бүлөнүн башчысынын көзүнүн тирүүсүндө үй-бүлө бөлүнүп чыккан учурда, ар бир баласы үчүн мүлктүн үлүшүн аныктоо анын ажырагыс укугун түзгөн. Үй-бүлөнүн башчысы өлгөндөн кийин мүлктү бөлүштүрүүнү адатта белгилүү акы үчүн кадырлуу урукташтары же манаптар жүргүзүшкөн. Акыркы учурда мүлктүн салыштырмалуу көпчүлүк бөлүгү адатта улуу баласына өткөн, андан кийин калган балдарына (улуулугуна жараша) үлүш берилген. Эгер мүлктү бөлүштүрүү үй-бүлөнүн башчысынын жесиринин көзүнүн тирүүсүндө жүргүзүлсө, мүлктүн салыштырмалуу көпчүлүк бөлүгүн энеси менен калган кенже уулу алган. Ар бир мураскор үчүн мурастын белгиленген үлүшү болгон эмес.

Кыздары мурастык эч кандай укуктарга ээ болгон эмес, тескерисинче, алардын өздөрү белгилүү өлчөмдө өздөрүнүн бир туугандары үчүн кирешенин түрү болгон; эски лексикондо *кыз* деген сөз бекеринен *кырк жылкы* деген түшүнүк менен алмаштырылбаган. Эже-карындаштары күйөөгө чыккандан эки-үч жыл өткөндөн кийин бир туугандары аларга өздөрү мурда алган мурастан бирдемелерди бөлүп беришкен, бирок мүлктү бул бөлүп берүү бир туугандар үчүн милдеттүү болгон эмес.

1920-жылдардагы кыргыздардын чоң үй-бүлөсү ушундай көрүнүштө болгон. Чоң үй-бүлөлөрдүн мындай тибинин ыдырашын карыялар 1916-жылдагы окуялардан кийин өзгөчө күч менен көрүнгөн өз алдынча жашоого жаштардын умтулгандыктары менен түшүндүргөн.

Н. Х. Калеминдин пикири боюнча, чоң үй-бүлөлөрдүн жоюлуу процессинин ылдамдашына таасирин тийгизген себептер төмөндөгүлөр: а) край Орусияга кошулгандан кийин уруулар ортосунда араздашуулардын, чаап кетүүлөрдүн, талап-тоноонун д.у.с. токтотулушу; б) падышачылыктын бардык анын көрүнүштөрүндө андан кийинки колониялык саясаты; в) кыргыз элинин эмгекчи массасынын кедейленишине жана бүлгүнгө учурашына алып келген 1916-жылдагы окуялар.

Автордун мындай түшүндүрүшүнө макул болуу кыйын. Албете, ал атаган факторлордун баары процесстин күчөшүндө, патриархалдык чоң үй-бүлөлөрдүн жок болуп кетишинде белгилүү роль ойногон. Бирок ал эң чечүүчү кырдаал жөнүндө сөз кылбастан буйтап өткөн, аны эске алмайынча кыргыз үй-бүлөсүнүн формасында болуп өткөн өзгөрүүлөрдү, атап айтканда — үй-бүлөнүн өзүнүн ичинде жеке менчиктик башталманын күчөшүн, бир убакта бекем болгон патриархалдык үй-бүлөдө товардык-акча мамилелеринин өнүгүшүнүн натыйжасында жикке бөлүнүүнү туура түшүнүүгө болбойт. «Жекечиликтин» таламдары үй-бүлөлүк биримдиктин, туушкандык баш кошкондуктун принциптерине үстөмдүк кыла баштаган. Үй-бүлөнүн башчысынын уулдарынын колуна жеке менчиктин топтолушу кандай жол менен жүргөндүгү, бул жеке менчик жалпы үй-бүлөлүк менчик менен карама-каршылыкка кандайча баргандыгы жана бул карама-каршылык кандай формаларда чечилгендиги бизге белгисиз. Бирок чоң үй-бүлөнүн ичинде жеке чарбалык таламдардын дал ушул

обочолонушу жана күчөшү анын биротоло ыдырашына алып келген — бул эч кандай шек туудурбайт.

Н. Х. Калемин жогоруда келтирген материалдар али XIX к. биринчи жарымында кыргыздардын патриархалдык чоң үй-бүлөсү бир кыйла эрте мезгилдеги патриархалдык үй-бүлөлүк жамааттын демократизминин көп белгилерин жоготсо да чакан үй-бүлө менен катар болгондугун жана ушундай көп үй-бүлөлүүлөр учурагандыгын толук ишенимдүү ырастоого мүмкүндүк берет. Н. Х. Калеминдин материалдарын негизсиз сынга алуу ал чогулткан конкреттүү фактылар «Кыргызстандын көчмөн айлынын экономикасы» деген китептин авторлорунун концепциясына карама-каршы келгендиги жөнүндө гана далилдеп отурат. Бирок Н. Х. Калеминдин материалдарынын аркасында кыргыз элинин коомдук турмушунун тарыхындагы маанилүү этапты реконструкциялоо мүмкүнчүлүгү пайда болду. Чоң үй-бүлөнү белгилөө үчүн ал келтирген терминдерге токтолсок, чоң үй-бүлөнүн өзү эмес, атасынын үйү (бөлүнүп чыккан балдары үчүн), ал түгүл атасы дүйнөдөн кайтып, өзүнүн кенже уулу (бөлүнүп чыккан уулдарынын кенже иниси) менен энеси жашап жаткан үй «чоң үй» деп аталган. «Чоң казан» деген термин чоң үй-бүлөнү белгилөө үчүн айтылбагандыгы да туура. Бул термин бөлүнүп чыккан уулдары бир канча жыл бою атасы менен бир казандан тамактанган үй-бүлө тиричилигинин ушундай тартибин атоо үчүн колдонулган. Бизге Молтой Байкозуев (Тянь-Шандагы Жумгал району) айтып бергендей, уулун үйлөндүргөндө мурда аны дароо эмес, эки-үч жыл өткөндөн кийин бөлгөн, ошондон кийин кийинки уулун үйлөндүргөн. Бирок бөлүнүп чыккандан кийин да өз үй-бүлөсү менен атасына катар жашап жаткан уулу эки-үч жыл бою атасынын боз үйүндө жалпы казандан тамактанган.

Эң акырында, «чоң түндүк» деген термин, албетте, чоң үй-бүлө гана эмес, байдын же манаптын кадимки эле үй-бүлөсү жашай турган чоң өлчөмдөгү боз үйлөргө карата техникалык мааниде да колдонулушу мүмкүн. Бирок үй- бүлөнүн тарыхы менен тааныш болгон ар бир адам үчүн генетикалык жактан бул терминдердин баары дал патриархалдык чоң үй-бүлө менен байланыштуу экендиги, алар кыргыз тилинин негизги сөздүк фондусуна таандык экендиги, алар «чоң үй» же «чоң түндүк» деген терминдер баарыдан мурда полигамияда жашаган патриархалдык үй-бүлөнүн башчысынын чоң үйүн билдирүү үчүн колдонулган патриархалдык чоң үй-бүлө жашаган доордо пайда болгондугу айдан ачык; «чоң казан» чоң үй-бүлө үчүн мүнөздүү «жалпы казан» принцибин, б.а. үй-бүлөнүн бардык мүчөлөрүнүн жалпы казандан биргелешип тамактанышын билдирет. Айырмасы — бизге бир кыйла жакыныраак мезгилде бир казандан бөлүнүп чыккан уулдары убактылуу гана тамактангандыгында, ал эми бир кыйла илгери убакта бири да калбастан уулдарынын баары үй-бүлөлөрү менен кошо жалпы казандан туруктуу пайдаланышкандыгында турат.

Н. Х. Калеминди сындоочулардын принциптүү каталыгы алар, биринчиден, патриархалдык үй-бүлөлүк жамааттын мазмунун түшүнүшпөгөндүгүндө, экинчиден, патриархалдык үй-бүлөнүн көчмөн коомдук шартында өзүнчө өзгөчөлүктөрү бар экенин жана толук отурукташкан дыйканчыл элдердин патриархалдык үй-бүлөсү менен дегеле окшошпогондугун түшүнүшпөгөндүгүндө.

Жогоруда айтылгандай көрүнүш Волгадан батыш жактагы талааларда жашаган калмактарда байкалган. XVIII к. алардын турмуш-тиричилигин сүрөттөп келип, Паллас ар бир аймак мал жаюу үчүн артелге же хатунга (10—12 алачыктан) бөлүнө тургандыгын белгилеген. Хатун, деп жазган ал, «чынында

казан дегенди билдирет, ошентип бул сөздүн өзү эле тамакты бир казанга бышырган артелди далилдеп отурат»[94]. Ф. И. Леонтовичтин[95] маалыматтары боюнча, калмактардын хотону алачык болуп (үчтөн тартып бир канча ондогонго чейин) бирге көчүп жүргөн жана жалпы чарбасы болгон бир канча алачыктардан турган. «Чоң алачык» (кыргызча чоң үй) хотондо бүткүл тиричиликтин чордону болгон. Бул жерде бардык үй жумуштары бүтүрүлүп, жалпы тамак-аш сакталып, жалпы очок жана жалпы казан болгон. Хотондун башчысынын үйлөнгөн чоң уулдарынын жана бой тарткан кыздарынын (алар күйөөгө чыкканга чейин) өз алдынча коломтосу болгон эмес. Хотондун аксакалы хотондун толук ээси жана башкаруучусу болгон. Хотондун курамына малайлар да, кулдар да кирген. В. А. Рязановский батыш моңголдорунун айылы да бир чоң үй-бүлөнү түзөөрүн белгилейт[96].

Каралып чыккан маалыматтар жакынкы өткөн убакта эле айрым көчмөн жана жарым көчмөн элдерде адаттагы көрүнүш катары патриархалдык үй-бүлөлүк жамааттардын талашсыз далили катары кызмат кылат. Акыркы убактарга чейин Орто Азиянын ар түрдүү элдеринин турмуш-тиричилигинде өзүнчө бир үй-бүлөлүк-туушкандык топтордун сакталып калышы көчмөн элдерде өткөн убакта чоң үй-бүлөлүк жамааттардын болушунун пайдасына ынанымдуу далил болбой коё албайт, анткени бул топтор — мындай жамааттардын ыдырашынын түздөн-түз натыйжасы.

Көчмөндөрдө патриархалдык чоң үй-бүлөнүн болгондугунун фактысынын ырастоосу катары бир катар элдердин адат укуктарынын кээ бир материалдары жана үй-бүлөлүк турмуш, сыйынуу д.у.с. айрым тиричиликтин эски калдыктары (маселен, чогуу тамак берүү, туушкандарынын жардамы менен калың төлөө, жакын туушкандарынын сөөгүн коюу үчүн күмбөздөрдүн өзгөчө тиби жана көптөгөн башкалар) кызмат кыла алат.

Келтирилген бардык маалыматтардын негизинде көчмөндөрдө Маркс менен Энгельс белгилеген бардык негизги белгилерге ээ патриархалдык үй-бүлөлүк жамаат сөзсүз болгондугуна кандайча ой жүгүртөбүз. Ошону менен бирге көчмөндөрдүн мындай жамаатына алардагы болгон коомдук-экономикалык мамилелердин жана алардын турмуш түрүнүн мүнөзү менен шартталган өзүнчө бир өзгөчөлүктөр да мүнөздүү болгон. Бул бөтөнчөлүктөр патриархалдык үй-бүлөлүк жамаатка узак убакыт бою көчмөн жамааттын бир кыйла өнүккөн формасы менен катарлаш жашоосуна мүмкүндүк берген, муну отурукташкан дыйканчыл элдердин коңшулаш жамаатына окшош деп эсептөөгө болот. Бир кыйла кийинчерээк көчмөн жамааттын негизин көпчүлүк учурларда жогоруда аталган чакан үй-бүлөлүк-туушкандык топтор түзгөн.

Патриархалдык-үй-бүлөлүк жамааттын структурасы, өнүгүшүнүн бөтөнчөлүктөрү, жолдору жана трансформациясы жөнүндө ачык түшүнүк болмоюнча Орто Азиянын мал чарбачыл көчмөн жана жарым көчмөн элдеринде келип чыккан коңшулук типтеги жамаатты (көп учурда укуктук жамааттын формасын сактап калган) туура түшүнүү, кыязы, өтө кыйын болот. Коңшулук жамаат, биздин көз карашыбызча, чоң үй-бүлөлүк жамааттардын урандыларында эмес, кийинкилердин бара-бара жана өтө жай кайра түзүлүшүнүн жолу менен, бүт үй-бүлөлүк жамааттардын жаңы коомдук-экономикалык шарттарына карата табигый ыңгайланышынын жолу менен келип чыгышы мүмкүн. Алардын мындай ыңгайлашы үй-бүлөлүк жамаат өзүнүн ыдырашына ээ болгон өзүнчө бир формасы менен жеңилденген.

Патриархалдык үй-бүлөлүк жамаатты үй-бүлөнүн орто аралык формасы катары гана эмес, көчмөн элдердин кооллдук уюллдашуусунун өтмө формасы катары толук негиз менен кароого болот.

Акыркы убактарда чогултулган жана өткөн убакта кыргыздарда патриархалдык чоң үй-бүлөлөрдүн болгондугу жөнүндө далилдеген кээ бир этнографиялык маалыматтарды кыскача баяндоого өтөлү.

Этнография институтунун Ысык-Көл экспедициясынын катышуучусу Р. Г. Кузеевдин жазып алгандарына караганда (1952-ж.), болжол менен XIX к. биринчи жарымында Карбоз Итийбасов жана анын үйлөнгөн төрт уулу жалпы үй чарбасы менен жашаган. Бийик тоолуу сырт жайыттарында малды Карбоз өзү кайтарган, ал эми Ысык-Көлдүн жээк тилкесиндеги жер кесиндилерин анын балдары иштеткен. Чарбаны уюштуруунун ушундай эле принциптерине негизделген бөлүнбөгөн чоң үй-бүлөлөр XIX к. Көл кылаасында бир кыйла кеңири таркаган[97].

Кыргыздардын арасында жер-жерлерде бөлүнбөгөн чоң үй-бүлөлөр ушул убакка чейин сакталууда. Көл кылаасындагы экспедиция изилдеген «Ала-Тоо» колхозунда ондогон ушундай үй-бүлө бар, аларда атасы, үйлөнгөн эки уулу же үйлөнгөн бир туугандарынын бөлүнбөгөн үй-бүлөлөрү бирге жашап жатышат. 15 адамдан турган Качаган Чүрөковдун үй-бүлөсүндө үйлөнгөн эки уулу балдары менен, жесир кыздары ж.б. чогуу турушат [98].

Али 1940-жылдардын ортосунда Б. Ж. Жамгырчинов Чүй өрөөнүнүн кээ бир пункттарында жакында эле кыргыз калкынын арасында патриархалдык типтеги чоң үй-бүлөлөрдүн кээ бир саны сакталып калгандыгын бизге кабарлаган эле. 1950-жана 1954-жылдарда кыргыз жумушчуларынын турмуш-тиричилигин изилдегенде биз патриархалдык чоң үй-бүлөлөрдүн жандуу реликттерин жолуктуруп, алардын ичинен бирин — 1953-жылга чейин өзүнүн үйлөнгөн төрт уулу менен жалпы үй чарбасын жүргүзүп жашаган Алим Сайпидиновдун үй-бүлөсүн сүрөттөп жазганбыз[99]. Ушундай эле маалыматтарды А. Жумагулов[100] келтирген. К. Мамбеталиева жакынкы өткөн убакта эле Түштүк Кыргызстандын кыргыз калкынын арасында чоң үй-бүлөлөрдүн болгондугу жөнүндө маалыматтарды келтирет[101].

Жогоруда айтылгандардын баары Н. Х. Калемин белгилеген жана сүрөттөгөн көрүнүш жергиликтүү мүнөздө болбогондугу жана Борбордук Тянь- Шандын гана эмес, Кыргызстандын башка областтарынын кыргыз калкына мүнөздүү болгондугу жөнүндө күбөлөп турат. Ошону менен бирге кыргыздарда патриархалдык чоң үй-бүлөлөр башкалардан обочолонгон социалдык көрүнүш болгон эмес, алар Орто Азиянын жана Казакстандын, Түштүк Сибирдин, Борбордук Азиянын өткөн убактагы көчмөн жана жарым көчмөн башка элдери үчүн да мүнөздүү патриархалдык-жамааттык мамилелерге негиз болгон.

Кыргыздардагы чоң үй-бүлөлөр ыдыроо процесси эчак эле башталган өзүнүн мурдагы патриархалдык үй-бүлөлүк жамааттардын тышкы белгилерине абдан окшош. Бул үй-бүлөлөр жалпы үй чарбасы менен жашаган үч муундун (кээде үч муундан да ашык) туушкандарынан турган; мындай үй-бүлөлөрдө мүчөлөрдүн саны бир канча ондогон адамга жеткен. Көчмөндөрдүн негизги байлыгы — мал жалпы үй-бүлөлүк дүнүйө деп эсептелип, камдаган тамактары ошондой эле оокат-тиричилиги жалпы болгон.

Чоң үй-бүлөнүн бул формасынын сакталып калышы кандай да болсо мүлктүк теңсиздиктин өсүшүнө байланыштуу. Үй-бүлөлүк менчиктин өнүгүшү, анын топтолушу ири чарбанын жумушчу күчү менен толукталышын талап кылган. Натуралык чарба үстөмдүк кылган шартта жумушчу күчүн жалдоо, албетте,

кеңири колдонулган эмес. XIX к. али биринчи жарымында жашап жаткан патриархалдык кулчулук да жумушчу күчүнө керектөөнү толук өлчөмдө канааттандыра алган эмес. Албетте, мындай шарттарда мал өстүрүүчү ири чарбаларда үй-бүлөлүк кооперация зор мааниге ээ болгон. Чоң үй-бүлөлөр экономикалык жактан адатта бир кыйла оокаттуу жашагандыгы кокусунан эмес, толук закон ченемдүү.

Натуралык чарбанын бузулушу жана анын товардуулугунун өсүшү, өзгөчө кыргыз айылына капиталисттик мамилелердин сиңе башташына байланыштуу анча-мынча сакталып калган чоң үй-бүлөлүк жамааттардын ого бетер тез жоюлушуна алып келген. Бирок, жогоруда көрсөтүлгөндөй, мындай ыдыроо чакан үй-бүлөлөрдүн толук обочолонушу менен бүткөн эмес. Алар кадимки шарт боюнча туушкан үй-бүлөлөрдүн топторун түзүшкөн, аларды бир ата-бабадан тарадык деген сезим, ошондой эле тыгыз чарбалык, турмуш-тиричиликтик жана идеологиялык байланыштар бириктирип отурган.

Ушул мезгилдеги чакан үй-бүлөлөрдүн басымдуу көпчүлүгү бир тектүү болгон эмес. Алардан көз көрүнөө таптык мүнөз байкалган. Үй-бүлөлөрдүн негизги эки тибин: феодалдарга көз каранды, түздөн-түз өндүрүүчүлөрдүн — катардагы малчылардын жана дыйкандардын үй-бүлөлөрү жана феодалдык төбөлдөрдүн үй-бүлөлөрү деп бөлүп көрсөтүүгө болот. Кыргыз экономикасына жаңы, капиталисттик мамилелердин бара-бара кириши, бир жагынан, болочоктогу буржуазиялык үй-бүлөлөрдүн, экинчи жагынан, пролетардык үй-бүлөлөрдүн калыптанышы үчүн өбөлгөлөрдү түзгөн. Бирок революцияга чейинки кыргыз коомунда басымдуу орун дыйкандар үй-бүлөсүнө таандык болгон. Анын бир канча көп түрдүүлүгүнүн арасында аргасыздан байга жана манапка эзилүүчү көз карандылыкка барган кембагалдардын жана кудуретсиз орто дыйкандардын үй-бүлөлөрүнүн бир кыйла олуттуу тобу болгон. Булар, адатта, моногамдуу үй-бүлөлөр, аларда аял толук тең укуксуз, бирок башка топтогуга — орто жана оокаттуу үй-бүлөлөрдөгүгө караганда бир кыйла эркин абалды ээлеген. Акыркы топто патриархалдуулуктун белгилери бир кыйла ачык көрүнүп, көп аял алуу практикаланып, аял бир кыйла эзилген абалда жашаган.

Феодалдык төбөлдөрдүн жана байлардын үй-бүлөлөрүндө деспотизм жана сараңдык өкүм сүргөн. Бардык таламдар жана жеке өз ара мамилелер баюунун, каражат топтоонун, саясий жана экономикалык таасир үчүн, падышалык, «туземдик» деп аталган администрациянын карамагындагы кызмат орду үчүн күрөштүн айланасында болгон. Никелешүү да ушул максаттарга багытталган. Бул үй-бүлөлөрдө эң ар түрдүү формада башкалардын эмгеги кеңири пайдаланылган. Алардагы патриархалдык-феодалдык тартиптер акыркы чегине жеткирилген. П. Погорельский менен В. Батраков: «Чарбанын камсыз болушунун даражасына жараша эркекке, үй-бүлөнүн башчысына карата аялдын укуксуздугунун даражасы да прогрессивдүү жогорулайт»[102] деп туура белгилешкен. Бул бүтүндөй бойдон Октябрга чейинки мезгилге да таандык.

Кыргыз коомунун улам көбөйүп бараткан айыл чарба пролетариатынын, өтө жакырланган катмарынын арасында үй-бүлө курууга кудуретсиз эркектер көп жолуккан. Маргалаң Алайына (Түштүк Кыргызстан) тийиштүү статистикалык-экономикалык изилдөөдө никеге турбаган эркектер изилденген райондун эркектеринин 24,3 процентин түзгөндүгү белгиленген[103].

Интеллигенциянын үй-бүлөлөрүнө токтолсок, сөздүн туура маанисинде алганда, алар эски кыргыз коомунда дээрлик болгон эмес. «Туземдик» администрациянын кызматчыларынын, мугалимдердин бир аз үй-бүлөсү

көпчүлүк жактан манаптар менен байлар чөйрөсүнө таандык болгон жана чындыгында алардан айырмаланган эмес.

Кыргыз үй-бүлөсүнүн орточо составы айрым райондор боюнча айырмаланган. Маселен, Пишпек уездинде 1912—1913-жылдарга таандык болгон маалыматтар боюнча, кыргыз үй-бүлөсү эки жыныстын орточо эсеп менен 5,57 адамынан турган[104]. Наманган уезди боюнча болжол менен ошол эле мезгилде орточо кыргыз үй-бүлөсү 5,5 адамды[105], ал эми Анжиян уезди боюнча эки жыныстан 5,9 адаллды106 түзгөн. Кыргыз калкынын айрым топторунун ичинде орточо көрсөткүч жогорулаган. Жогоруда айтылган изилдөөнүн маалыматтары боюнча[107], баргы урук тобунда ал бир үй-бүлөгө 6,1 адамды көрсөткөн. Демек, бул каттоодо эсепке киргизилген үй-бүлөлөрдүн ичинен көбүнүн «өз алдынчалыгын» өтө шарттуу деп эсептөөгө болсо да чакан үй-бүлөнүн обочолонуу процессинин бир кыйла өнүгүшү жөнүндө ишенимдүүлүк менен айтууга болот.

Өздөрүнүн материалдык жактан камсыз болгондугуна жараша кыргыз үй-бүлөсүнүн сандык составын мүнөздөгөн маалыматтар өзгөчө кызыктырат. Ошол эле маалыматтар боюнча, үй-бүлөнүн сандык составы азыраак камсыз болгондон көбүрөөк камсыз болгон топторго карай закон ченемдүү жогорулаган. Маселен, Пишпек уезди боюнча 1 баш малы болгон түтүндөрдө эки жыныстын 3,79 адамы, 1 баштан 25 башка чейин малы болгондор — 5,53, ал эми 25тен ашык болгондор — эки жыныстын 7,19 адамы болгон[108]. Наманган уезди боюнча ушундай эле өзгөрүүлөр байкалган. Унаасыз түтүндөрдө жана бир эле аты болгон түтүндөрдө үй-бүлө тийиштүүлүгүнө карай эки жыныстагы 4 жана 4.7 адамдан турса, анда 25тен 50гө чейин жылкысы болгон түтүндөрдө аларга эки жыныстын 8,1 адамы кирген, ал эми эң жогорку топто (5тен ашуун жылкы) анын составы 9,5 адамга чейин көбөйгөн[109]. Эгер үстөмдүк кылган таптардын үй-бүлөлөрүндө көп аял алуунун, уулдарынын адатта эрте үйлөнгөндүгүнүн кеңири тарагандыгын, балдардын жана чоңдордун өлүм житиминин аздыгын д.у.с. эске алсак, бул закон ченемдүүлүк толук түшүнүктүү болот.

Улуу Октябрь социалисттик революциясынын жеңишинин натыйжасында өлкөбүздүн мамлекеттик жана коомдук түзүлүшүндө болуп өткөн эң терең

өзгөрүштөрдүн аркасында кыргыз үй-бүлөсүнүн формасынын жана тибинин өзү да өзгөрүштөргө дуушар болду.

Бирок айыл чарбасын туташ коллективдештирүүгө жана ушунун негизинде тап катары кулактарды, байларды жана манаптарды жок кылганга чейин революцияга чейинки кыргыз коомуна мүнөздүү негизги социалдык топтор сакталып кала берген. Кыргыз коомунда өзүнүн социалдык структурасына ылайыкташкан үй-бүлөнүн жок эле дегенде алты-жети тиби болгон.

## ПОЛИГАМИЯ

Патриархалдык-феодалдык коомдук мамилелер үстөмдүк кылган шарттарда көп аял алуу үстөмдүктүн жана баш ийүүнүн бүткүл системасынын табигый жандоочусу болгон. Ал ошону менен бирге аялдар эмгегин эксплуатациялоонун формаларынын бири катары пайдаланылган. Кыргыз калкынын басымдуу бөлүгү өткөн убакта да бир никеде жашагандыгына карабастан, калктын психологиясынын өзү никенин жол берилген жана жагымдуу формасы катары көп аял алууга феодалдык-байлык көз караштарга жык толгон. Бул көз караштар жана салттар көп никелүүлүктү кубаттаган мусулман дининен гана эмес, адат укугунун нормаларынан да колдоого алынган. Ошондуктан, көп аял алуу

практикасы кыргыз коомунун эмгекчил катмарына да бир аз өткөн. Бирок көп аял алуунун мында жолуккан учурлары көбүнчө айрым турмуш-тиричилик себептеринен келип чыккан.

Көп аял алуу, кээ бир башка эски калдыктар сыяктуу эле, дин жактан келип чыккан көрүнүштөргө таандык деген оозеки түшүнүк бар. Эгер иш чынында ушундай болсо, көп аял алуу кыргыздарда кандайдыр-бир өнүгүү эле, анткени мусулман дини аларда өткөн убакта терең тамыр жайган эмес жана анын догмалары менен укук нормалары эмгекчил чөйрөдө өтө үстүртөдөн гана өздөштүрүлгөн. Башка көп элдер сыяктуу эле полигамиянын кыргыздарда бир кыйла илгерки башаты бар. Бул жөнүндө баарыдан мурда качандыр-бир убакта кыргыздарда өкүм сүргөн патриархалдык чоң үй-бүлөнүн көп сандаган эски калдыктары далилдеп отурат. Анын мүнөздүү белгиси полигамия болгон. Кыргыздардын арасында XVI—XVII кк. кийин таркаган ислам ага чейин эле кыргыздарда болгон полигамияга санкция гана берип, аны «аластаган».

Кыргыздарда полигамиянын тамырынын тереңдигинин ынандырарлык далили катары кыргыз генеалогиясынын материалдары кызмат кылат. Бир катар кыргыз урууларынын урук башчыларынын — кыргыздардын башкаруучу төбөлдөрүнүн чөйрөсүндө көп аял алуу кадимки көрүнүш болгон. Бул XVII к. алгачкы үчтөн бир бөлүгү — ислам кыргыздарда диндик идеология катары үстөмдүккө жетиле элек мезгил[110].

Генетикалык жактан көп аял алуу азыркы убактагы кыргыздардын ата-бабалары болгон уруулардын курамында калыптанган этностук жалпылыктардын арасында таралган расимдерге барып такалат. Байыркы түрк урууларынын төбөлдөрүндөгү полигамиянын расми жөнүндө байыркы руникалык эстеликтерде даректелет. Маселен, Күлтегиндин урматына орнотулган эстеликте (Чоң жазууда) «аталаш энелер», б.а. Күлтегиндин атасы Билгекандын аялы эске алынган[111]. Мына ошентип, кыргыздарда полигамиянын салттарынын байыркы дареги бар.

«Токмок уездинин каракыргыздарынын (Кара ордо же жапайы таштак) расимдери» деген кол жазмада мындай деп көрсөтүлгөн: «Көп аял алууга калың төлөөдөн тартынбастан өзүнүн ички сезимин, ошондой эле чарбалык жактан пайданы канааттандырууга мүмкүнчүлүгү жеткен бай адамдар гана жол бере алат. Кембагалдарда гана бирөө (аялы — С. А.) болгон. Уруктук принциптер боюнча ар бир кыргыз тукумун көбүрөөк таратууга умтулган, анткени уулдары уруктун санын жана таасирин арттырат, ал эми кыздары карым-катнаш мамилелерди кеңейткен, мына ошондуктан төрөбөгөн аял үйлөнүү үчүн маанилүү шылтоо болгон. Эң акырында, аялдардын эмгеги менен гана кармалып турган чарбаны жүргүзүү үчүн аялдар зарыл болгон. Манаптардын арасында мактаныч үчүн гана ашык аял алган адамдар жолуккан[112].

Революцияга чейинки убакта кыргыздарда көп аял алуу кыргыз коомунун бардык таптарына бирдей даражада таралбагандыгын 1913-жылы жарыяланган статистикалык маалыматтар[113] далилдейт. Бардыгы болуп Наманган уездинде 7452 кыргыз түтүнү болгон. Аларда эки аял алуунун 363 учуру жана үч аял алуунун 19 учуру белгиленген. Бул учурлар белгиленген түтүндөрдө уездин кыргыз болуштуктарында жалпысынан бардык түтүндөрдүн 5,12 процентин түзгөн.

Бирок түтүндөрдү кармаган малы боюнча топко бөлгөндө таптакыр башкача көрүнүш түзүлөт. Малы аз түтүндөрдө эки аял алуу өтө сейрек кезиккен (I топто 0,5 процент, II топто 1,7 процент). Бирок V топто алар үй-бүлөлөрдүн бардык

санына карата 10,2 процентти түзгөн. Мал боюнча VII топто үй-бүлөлөрдүн башчыларынын чейрекке жакыны полигамияда жашаган, ал эми эң жогорку, IX топто полигамия үй-бүлөлөрдүн 52,6 процентинде белгиленген.

Жогоруда аталгандардан тышкары көп аял алуу үчүн башка себептер жана жүйөлөр да болгон: биринчи аялынын төрөбөстүгү, ошондой эле левират расиминин таркагандыгы.

Полигамия манаптар менен байлардын идеологиясы жана социалдык практикасы менен ушунчалык тыгыз байланышкандыктан «атактууларды жана байларды» биротоло жок кылганга чейин ага каршы күрөшүү зор кыйынчылыктар менен коштолгон. Турмуш-тиричилик көрүнүшү катары көп аял алууну кыска мөөнөттө жоюуга күч жетпеген.

1920-жылдарда эле көп аял алуу бир кыйла кеңири таркаган[114].1930-жылдарда гана кыргыз калкында көп аял алуу социалдык турмуш-тиричилик көрүнүшү катары негизинен жоюлуп, моногамия толук жеңишке жетишкен.

## МҮЛКТҮК МАМИЛЕЛЕР

Эски кыргыз үй-бүлөсүндөгү мүлктүк мамилелер боюнча маалыматтардын ушул убакка чейинки негизги булактары Н. И. Гродековдун[115] китебиндеги бир канча барак, Г. С. Загряжскийдин[116] макаласындагы, П. И. Кушнердин жана Н. Х. Калеминдин[117] эмгектериндеги айрым сын-пикирлер. Ушул эле маселе боюнча баалуу маалыматтар азырынча жарыялана элек архивдик материалдарда[118] камтылган. Биз мүлктүк мамилелердин кээ бир жактарына гана токтолобуз, анткени аларды толук талдоо атайын изилдөөнү талап кылат.

Бул мамилелер негизинен адат укугунун нормаларына (нарк, заң) негизделген. Адат укугу эркек-менчик ээсинин таламдарын коргоого туруп, демек толук калыптанган социалдык теңсиздиктин принцибине негизделген. Кыргыз калкынын чөйрөсүнө, өзгөчө Кыргызстандын түштүк райондоруна ислам улам күчөп кирген сайын адат укугу толукталып, шарияттын таасири астында түрүн өзгөрткөн, ал эми шарият да үстөмдүк жана баш ийүү, эркектер менен аялдардын тең укуксуздугун ачык коргогон.

Көчмөн мал чарба турмуш-тиричилигинин үстөмдүгүнүн шарттарында кыргыздарда козголбос мүлк жөнүндө түшүнүктүн өзү ал биротоло калыптанып, сиңүүгө үлгүргөн эмес, анткени чарбалык курулуштары бар үйлөрдү тоолуу райондордун калкы сейрек курган, жемиш бактарын анда-санда гана тигишип, айрым аймактарда гана айдоо жерлерин сатып алуу жана сатуу объектине айланган, айрым райондордо гана үй-бүлө бөлүнгөндө жана мурастоодо эсепке алынган. Мына ушунун натыйжасында кыймылсыз мүлктүн бөлүнбөстүгү жагынан туруктуу нормалар али иштелип чыккан эмес, ал эми бул Орто Азиянын отурукташкан элдеринде мүлктүк укуктун негизинин негизи болгон. Кыргыздарда кыймылсыз мүлк менчиктин олуттуу элементи болуп калган жерде шарияттык тартиптердин даяр нормалары күчүнө кирген.

Кыргыз үй-бүлөсүндө мүлктүк укуктардын алып жүрүүчүсү, ережe катары, эркек болгон. Үй-бүлөлүк менчик жалпы мүлк катары каралса да, ал менчиктин толук укуктуу ээси деп эсептелген. Ошондуктан кыргыз үй-бүлөсүн бөлүү, андан бөлүп чыгаруу үй-бүлө башчысынын толук макулдугу менен гана жүзөгө ашырылган.

Эгерде таластык кыргыздарда уулуна 13 жаш толгондо, б.а. ал бойго жеткенде, бирок ал никеге тургандан кийин[119] гана аны бөлүп чыгарышса, чүйлүк жана тянь-шандык кыргыздарда бойго жетүү кийинчерээк башталып,

демек, бөлүп чыгаруу да кийинчерээк болгон. 20 жаштык куракка жеткен уулун, дайыма эле бөлүп чыгарышпаса да, атасынан алыс эмес жерге ага бөлөк боз үй тигип беришкен. Бирок, бул албетте, калктын бир кыйла камсыз болгон катмарына таандык, анткени катардагы үй-бүлөдө бөлүнүп чыга элек уулуна бөлөк боз үй көтөрүп берүү мүмкүнчүлүгү дайыма эле боло берген эмес. Эгерде чоңоюп калган уулу бөлүнбөсө, анда баары бир ага «тамак жана үйдө керектөө үчүн»[120] бир канча сандагы мал берилген.

Уулдарын жана аларга тийиштүү болгон малдын үлүшүн үй-бүлөдө кармап турууга карай тенденциялардын болгондугун булактардагы маалыматтар далилдеп турат, бул кедей жана жакыр орточо үй-бүлөлөр үчүн өзгөчө мүнөздүү[121].

Кыргыз үй-бүлөсүндө мүлктү бөлүштүрүүнүн тартиби Н.И. Гродековдун эмгегинде[122] чагылдырылган. Атасы тирүү кезинде кенже уулуна мүлктүн үлүшү адатта бөлүнгөн эмес жана ал атасы өлгөнгө чейин аны менен бирге жашап кала берген. Кыздары болсо мүлктүн өз үлүшүн мал менен эмес, көбүнчө өздөрүнүн колу менен жасалган буюм түрүндө алышкан, бул буюмдар турмушка чыкканда сепке кошулган. Анын үстүнө, кыздары үйлөнүү тоюнан кийин ата-энелерине биринчи жолу төркүлөп келгенде сепке кээ бир кошумчаларды алышкан.

Атасы өлгөндөн кийин эң кенже уулуна атасынын боз үйү калган. Эреже катары, анын үлүшү мурда бөлүнүп чыккан өзүнүн агаларынын үлүшүнөн бир кыйла көп, анткени ал сөөк коюу жана аш берүү боюнча негизги чыгымдарды көтөрүүгө жана энесинин көзү өткөнчө аны багууга милдеттүү. Эгер өлгөндүн уулдары болбосо анын мүлкү улуу агасына, улуу агасы жок болсо — инисине өткөн[123]. Бир туугандары жок болгондо, деп белгилеген Н. Х. Калемин, атасы боюнча байкелери же атасы боюнча энелеш эмес бир туугандары мүлктү мурастап калган. Үй-бүлөдө бир канча аял болгон учурларда мүлктү бөлүштүрүүнүн жана мурастоонун тартиби өтө толук жөнгө салынган. Жесирдин жана кыздарынын тагдырлары да аныкталып, алардын өздөрү мурасчылардын менчиктери катары каралган.

Мына ушуга байланыштуу доктор Ф. В. Поярковдун байкоолору эске алууга арзыйт: «Күйөөсү өлгөндөн кийин, эгер жесирдин балдары калса, эгер ал улгайып гана калган болсо, бардык чарбаны айрым учурларда энеси менен кеңешип, мураскерлер башкарган; бирок энеси эч таасирге ээ болгон эмес; ал эми кыздары калышса, аларды мүлк менен кошо өлгөндүн бир туугандары жакын же алыс туушкандары алып кетишип, багып, күйөөгө бергенде калыңын алышкан, ал эми жесир кемпирдин бир туугандары же туушкандары болбосо, жакшы күйөө балдарынын биринде баш калкалап же тамак жана кийим-кече үчүн эмгектенип, өлгөн күйөөсүнүн туугандарында өлгөнгө чейин жашаган.

Эгерде баласыз жаш жесир калса, аны өзүнө аялдыкка кайнилеринин же күйөөсүнүн туугандарынын бири бүт оокаты жана малы менен кошо алган да, малы болсо туушкандарынын ортосунда бөлүштүрүлгөн... анткени жесир үчүн калың төлөөгө туушкандары да катышкан, ошондуктан алардын ортосунда мурасты бөлүштүрүү жүргөн»[124].

Кыргыз үй-бүлөсүндөгү мүлктүк мамилелерге жалпы мүнөздөмө берүү менен төмөнкү учурларды белгилөөгө болот.

Мурда патриархалдык үй-бүлөлүк жамаатта үстөмдүк кылган мүлктүк укуктун негизги принциптери чакан үй-бүлөдө да сакталып кала берген. Мурдагыдай эле мураскерлердин чөйрөсүнөн аялдарды чыгарып салышкан.

Үйлөнгөн уулдарына мүлктүн белгилүү үлүшүн бөлүп берүү өндүрүш каражатынын минимуму менен камсыз кылынган жана өз алдынча жашоого жөндөмдүү жаңы экономикалык бирдикти түзүү максатын көздөгөн. Бирок мүлктүк мамилелер жамааттын таламдары менен эмес, жеке менчикти чыңдоого карай умтулуу менен аныкталган.

Өлгөндүн эркек туугандарынын түздөн-түз тукумдары жок болгондо мурасты сактап калууга умтулуу «уруктук» кызыкчылыктарды эмес, акыр аягында ошол эле жеке менчик ээлеринин кызыкчылыктарын көздөгөн; кандаш туушкандык мүлктү кармап калууга эркектин укуктарынын өзүнчө бир идеологиялык негизи катары пайдаланылган. Бирок, атасы менен бөлүнүп чыккан уулдарынын ортосундагы, ошондой эле уулдарынын өз ара (атасы өлгөндөн кийин да) кээ бир чарбалык байланыштарынын чындыгында сакталып калышы экономикалык бирдик катары чакан үй-бүлөнүн обочолонушунун жана чыңдалышынын табигый процессин басаңдатуу менен патриархалдык салттар али аракетин уланта беришкендигин көрсөтүп отурат.

## ҮЙ-БҮЛӨДӨГҮ ЖЕКЕ ӨЗ ЛРЛ МАМИЛЕЛЕР

Эски кыргыз үй-бүлөсүндө жеке өз ара мамилелер жөнүндөгү маселе аялдын үй-бүлөдөгү абалына чечүүчү түрдө байланышкан. Аялдын абалы болсо үй-бүлөдө үстөмдүк кылган патриархалдык укладдан келип чыккан. Ал коомдук турмушта аялдын укуксуздугу менен да аныкталган.

Бирок аялды эркек менен тең укуксуз абалга койгон адат укугунун бүткүл катуулугуна карабастан кыргыз аялдары үй тиричилигинде кээде анын чегинен тышкары да бир кыйла өз алдынчалыкты көрсөтүшкөн. Тянь-Шанда болуп кеткен белгилүү изилдөөчү жана саякатчы Н. А. Северцовдун жасаган сын-пикирлери көңүл бурууга арзыйт. Ал «... дегеле кыргыз аялдары коркоктордун бири эмес»[125] деп жазган. Анын сөзүнө караганда, кыргыз аялдары дегеле «эркин ой жүгүртүшү» менен айырмаланышат, алар «бийликти таанышбайт». Аял үйдө башын көтөрбөгөн кызматчы болсо да, деп көрсөткөн ал, «анчалык күң эмес, өзүнө өзү ээ», атүгүл аял өзүнүн күйөөсүнө бир аз кекирейүү менен мамиле кылып, «ал эми күйөөсү ага баш ийип, анын тилинен чыкпайт». Н. А. Северцовдун байкоосу боюнча, үй тиричилигинде «көп учурда баш ийүү эркектин үлүшүнө туура келет», ал үйдө «мүмкүн болушунча жакшы урмат- талган, бирок үнсүз жана унчукпас мейман катары, ал эми аял өз алдынча жана толук бийликтүү киши»[126]. Экинчи бир байкоочу И. П. Ивачев мындай деп белгилеген: «Кыргыз аялы — мыкты чабандес, укмуштай кызматчы жана меймандардын чөйрөсүндө өтүмдүү аял. Кыргыз аялдары коомдук иш аракеттерге катышкан учурлары да болгон»[127].

Орто Азиянын отурукташкан элдеринин аялдары менен салыштырганда кыргыз, ошондой эле казак аялдары бир кыйла дурусураак шартта жашашкан. Алар бекинбей, жүздөрүн чүмбөттөбөй, эркектердин арасында (эгер эркектердин арасында адат боюнча ал качууга тийиш болгон адамдар болбосо) ачык жүрүүгө укуктуу болгон. Бирок бул ыңтайлуу шарттарды кыргыз аялы дайыма жана бардык эле жерде пайдалана алган эмес. Бул баарыдан мурда исламдын улам барган сайын күчөгөн таасиринин натыйжасында болгон. Кыргыз коомунда ар түрдүү таптардын үй-бүлөлөрүндө аялдардын абалы түрдүүчө болгон, ошондой эле социалдык «төмөнкүлөрдүн» жана үстөмдүк кылуучу таптардын үй-бүлөлөрүндө аялдардын ролуна эркектердин көз карашы да ар кандай.

Кедейлердин үй-бүлөлөрүндө (пролетарлашкан үй-бүлөлөр жөнүндө кеп кылбаганда да) аял адатта чыгыштын бардык аялдарына кабыл алынган укуксуздуктан тышкары жашаган. Дал ушул үй-бүлөлөрдө эркек менен аялдын ортосунда чарбада биргелешип иштешине негизделген жолдоштук мамилелер түзүлөт. Мында патриархалдык тартиптер сакталган жана өтө бошоң түрдө колдонулган. Анын эсеси манап-байлардын үй-бүлөлөрүндө толук күч менен чыгарылган. Аларда аялдын, өзгөчө экинчи же үчүнчү аялынын жана бөлүнүп чыга элек уулунун аялы малайдын же күңдүн абалынан аз гана айырмаланган. Мындай үй-бүлөдө башчысынын бийлиги таш боордук мүнөздө жүргүзүлгөн.

Үй-бүлөнүн башчысы болгон эркек басымдуу учурларда үй-бүлөлүк турмуштун бардык маселелерин жеке өзү чечкен.

Аялы күйөөсүн атынан айткан эмес. Башкалардын көзүнчө ал күйөөсүн *абышка* же *кожоюнум* деп тергеген. Андан да күйөөсүн байым деп атоо көбүрөөк болгон. Күйөөсү, өз тарабынан аялын, *жанагы*, *ой*, *катын*, *биздин үйдөгү* деп атаган.

Ата-энелери менен чоңоюп калган балдарынын ортосундагы өз ара мамилелер патриархалдуулукка сиңген. Бойго жете элек балдары үчүн атасынын кадыры эч каяшасыз болгондугу жөнүндө кеп кылбаса да болот. Алардын бардык жоруктары жана каалоолору атасынын айтканына жараша болгон. Бир аз камсыз болгон үй-бүлөдө кыз 12—13 жашынан тартып колуктунун абалына өтүп, ал үчүн үйдө отуруу белгиленген. Ал көбүнчө өзү үчүн сеп даярдоо менен алектенген. Үй-бүлөдө жаш *келиндин* абалы өзгөчө кем укукта болгон, ал кайненесине толук баш ийүүдө жашаган. Ал негизинен кайнатасына жана күйөөсүнүн улуу тууагандарына карата көп сандаган тыюуларды сактоого милдеттүү болгон[128].

Кыргыз үй-бүлөсүндө үстөмдүк кылган патриархалдык-укуктук салттардын зор туруктуулугу менен шартталган патриархалдык уклад Орто Азиянын жана Казакстандын, Саян-Алтайдын жана аларга тутумдаш өлкөлөрдүн өткөн убактагы көчмөн жана жарым көчмөн башка элдеринин үй-бүлөлүк турмуш-тиричилик уклады менен өтө көп окшош белгилери бар.

## БАЛДАР ЖАНА АЛАРДЫ ТАРБИЯЛОО

Патриархалдык коомдун идеологиясы эркек адам малга гана бай болбостон, балдарга да, өзгөчө уулдарга бай болуу талабын өзүнө камтыган. Мындай коомдо үй-бүлөнүн идеалы көп сандаган тукуму бар үй-бүлө, баласыз калгандар өзүн эң бактысыз, бечара адам деп эсептеген.

Патриархалдык-феодалдык коомдун идеологиясынын бул жагы кыргыздын эпикалык чыгармачылыгында айкын чагылдырылган. Жакып-кан аялы толгото баштаганын уккандан кийин уулдуу болууну көксөп мындай деп айткан:

«Байбичең тууйт» дегенде,
Бай Жакып ыйлап каңгырап,
Бакырып ыйлап заңгырап:
«Баласы жоктон жүдөдүм,
Эркек деп бирөө жүгүрсө,
Жарылып кетер жүрөгүм!
Ботосу жоктон майышып,
Ботосуз жүрдүм кайышып».[129]

Кыз төрөшүн каалабаган Жакып мындай буйрук берет:

«Эркек болсо эр болсун,
Кыз болбосун не болсун.

Кыз болсо үйдө калыңар,
Кыймылдаба баарыңар,
Эркек болсо чабыңар,
Талаадан мени табыңар».[130]

Байлыкты топтоого жана аларды өзүнүн тукумуна өткөрүп берүүгө умтулган бай көчмөн мал ээсинин үй-бүлөлүк идеалы Көкөтай хандын өзүнүн асырап алган уулу Бокмурунга керээзинде мындай деп билдирилген:

Арбын дүйнө жыйнаса,
Арбып кетип жыйганы,
Жер жүзүнө сыйбаса,
Алганы туубай токтолсо,
Артында бала жок болсо,
Калса малы талаага,
Бербесе бөлүп балага,
Мал жайында турганы
Баарын бөлүп олжо дейт
Аталаш кыйыр тууганы.[131]

Эски кыргыз коомунда бул көз караштар жана салттар бир кыйла жандуу келип, балдарына карата мамилени, алардын үй-бүлөдөгү ордун аныктаган. Алар кыргыз аялына да таасирин тийгизген, ал үчүн бала төрөбөстүк орду толгус бактысыздык болгон. Балдарынын болушу же жок болушу өткөн убакта үй-бүлөдө, ошондой эле коомдо аялга карата мамилени бир кыйла өлчөмдө аныктаган.

Кыргыздын *«Бээ туумайынча байтал*[132] *аты. калбайт, катын туумайынча келин аты калбайт»*[133] деген макалы бар. Туубаган аялдын кадырсыздыгын баса белгилеген дагы бир макалада *«Туубаган катындан улактуу эчки артык»* деп ого бетер күчөтүлүп айтылган.

Аялдын төрөбөстүгү анын гана кырсыгы эмес, бүткүл үй-бүлөнүн, өзгөчө күйөөсүнүн кырсыгы катары каралган. Туубас аялдын күйөөсүнө жан тартып боору ооругандык *«куу баш болчу жигитке туубас катын жолугат»*[134] деген макалда билдирилген.

Туубастык башына түшкөн кыргыз аялы балалуу болбогонуна абдан катуу кайгырган. Анын ой-максаты дайыма туубастыктан кутулуунун аргасын издөөгө багытталган.

Кыргыз аялдары барган «дарылануунун» бардык жолдорунан жана ыкмаларынан терең архаизм байкалат. Туубастыктан дарылануунун эң көп колдонулган жолдорунун бири *«көчөт көчүртүү»*. Көптөн бери төрөбөгөн аял ал үчүн жасалган жети *куурчакты* жети үйдөн чогулткан. Ал бул куурчактарды жоолукка ороп, аны колтугуна кысып, бубу-кемпирди чакырган. Мууздалган койдун терисин туюк сыйрып алып, ачык мойнун жана бучкактарын тигип салганда чанач болуп калган. Этти бышырып, бардык сөөктөрдөн этин ажыратып алып, сөөктөрүн чаначка салышкан. Аны куурчактар менен кошо аял менен *бүбү-кемпир* жолдун кайчылашына алып барып, ал жерге чаначты калтырып, куурчактардын баарын чачышып, артын карабастан үйлөрүнө кайтышкан. Мында *«балакет-салакет ушуну менен кетсин»*[135] деп айтышкан.

Туубастыктан дарылануунун толук «натыйжалуу» ыкмасы — бул касиеттүү жерлерге (*мазарга*) барып сыйынуу.

Кыргыз үй-бүлөлөрүндө өлүм көп болгон, ал баланын төрөлүшүнөн да ашып кеткен. Бул жөнүндө объективдүү байкоочу мындай деп күбөлөйт: «кара-

кыргыздарда... өлүм сөзсүз баланын төрөлүшүнөн ашат: жок эле дегенде бул көрүнүш кээ бир жылдарда, маселен 1883, 1886 ж.б. жылдарда байкалган... Көчмөндөрдө болгон көп ачарчылыктар, андан да көп жуттан малдын кырылышы элди жакырлантып, анын арасында баланын төрөлүшү төмөндөгөн»[136]. Андан ары автор иштин маңызын ачып көрсөтөт... Кубат жеткис жумуш мойнуна түшүп, жарым-жартылай ачка жашаган аялдын өтө оор абалынын кесепетинен, ошондой эле тукум куучу кулгунанын кесепетинен балдардын төрөлүшү азайган»[137].

Бай үй-бүлөлөр көп тукумдуулугу менен айырмаланган. «Талкан болуштугунда өтө бай Өзбек деген карыя бар, анын үй-бүлөсү аялдары, уулдары, неберелери жана чөбөрөлөрү менен бирге жүзгө жакын адамды түзөт»[138].

Кыргыз аялдарында кош бойлуу мезгили менен бир катар түшүнүктөр байланыштырылган, ал түшүнүктөрдө алдыда күтүлүп турган коркунуч да, кээ бир магиялык каражаттардын, ошондой эле анчалык түшүнүксүз физиологиялык көрүнүштөргө таасир көрсөтүүнүн ар түрдүү эмпирикалык ыкмаларынын жардамы менен бул коркунучту болтурбай коюунун аргасыз аракеттери чагылдырылган[139].

Төрөт баланы күтүүгө байланыштуу бардык камкордуктардын, кооптонуулардын жана үмүттөрдүн жеткен жогорку чеги болуп саналган. Төрөттүн натыйжасына үй-бүлөнүн жыргалчылыгындагы өтө көп нерселер байланыштуу болгон. Чыныгы медициналык жардам алуудан ажыраган артта калган кыргыз аялы аначылардын жана эмчи-домчу кемпирлердин колуна өзүн кыңк этпестен салып бергендиги таң калычтуу эмес. Көпчүлүгү аялдын ден соолугуна зыян гана алып келиши мүмкүн болгон ар кандай ишенимдер жана эмчилик ыкмалар төрөткө байланыштуу дал расимдерде бөтөнчө бекем сакталган.

Наристе пайда болгон алгачкы күндөр үй-бүлөдө бир жагынан өзгөчө кубанычка, экинчи жактан — ымыркайдын өмүрүн сактап калуу жөнүндө үзгүлтүксүз камкордуктарга жык толгон. Бул күндөр тырмактай бала үчүн да, анын алсыз энеси үчүн да өзгөчө кооптуу деп эсептелген. Бала төрөлгөндүгүнө байланыштуу ата-энелери сары майга көөлөнгөн талканды жентек деп меймандарды сыйлашкан.

Үй-бүлөдө бала токтобогон учурларда баланын өмүрүн сактап калуу үчүн бүгүндөй бир катар дуба-демдерди жасашкан. Алардын ичинен чоочун аялга эмизүүгө жаңыдан төрөлгөн баланы берүү ырымы өзгөчө орунду ээлеген. Белгилүү убакыт өткөндөн кийин аны кайра алышып, бул баланы «сатып алуу» катары ырымдалган. Кээде аны чоочун үй-бүлөгө 3, 7 же 40 күнгө беришип, ал эми айрым учурларда ал түгүл энесине көрсөтүшкөн эмес. Баланы «сатып алууда» аны эмизген аялга акы катары баланын жынысына жараша тогуз буюм беришкен.

Кыргыз үй-бүлөсүндө ат коюуга зор маани берилген. Аны менен адамдын келечеги байланыштырылып, ага белгилүү мазмун киргизилген, ал наристенин тагдырына таасир тийгизүүгө тийиш болгон. Эпикалык «Эр Төштүк» поэмасында төмөндөгүдөй учур баяндалган. Элеман бай кичинекей баласын мал кайтарууга мажбурлагысы келгендиги жөнүндө оюн аялына айтат. Аялы аны менен макул болбой мындай дейт:

Какбаш экенсиң, Элеман,
Бу баланын аты жок,
аны кантип жибересиң?

Баланын атын койсокчу!»
Анда туруп Элеман,
Койлорунан бир койду
Союп салды Элеман,
Эли-журтун чакырды,
Элине эт тартты дейт,
Эли этке тойгон соң,
Баланы колунан алып,
Жетелеп чыкты Элеман.
«Балама ат кой!» деди.[140]

Элемандын алдынан аксакал киши чыгып анын уулуна ат коёт.

Мусулман идеологиясы бекемделгенден кийин бала төрөлөөрү менен ага атты *молдо* же *азанчы* койгон, бирок көп учурда баланын атасынын өзү ат койгон.

Кыргыз аттарынын арасында көп араб аттары жолугат, бирок дегени менен алардын көпчүлүгү элдик тектеги аттар болгон. Балдардын атын жакшы тилек менен байланыштырууга аракеттенишкен. Айбанаттын жана канаттуулардын атын көп учурда балдары токтобогон үй-бүлөлөрдө беришкен. Бул үй-бүлөлөрдө балага анын өмүрүнүн узун болушуна көмөк бергидей атты берүүгө аракеттенишкен.

Эгер даяр бешик болсо бешинчи-жетинчи күнү, же болбосо экинчи же үчүнчү күнү баланы бешикке бөлөшкөн. Бул күнү *бешик тойго* меймандар чакырылган. Баланы бешикке бөлөө өзгөчө ырым-жырым менен коштолгон[141].

Кыркынчы күнү (*кыркы*) меймандар чогулуп, той өткөрүлгөн. Төрөлгөндөн кийин балага кийгизилген «*ит көйнөктү*» бул күнү чечип салышып, ага башка көйнөктү — «*кырк көйнөктү*» кийгизишкен. Ал көйнөк баланын энеси бардык коңшу боз үйлөрдү кыдырып чыгып, ар кандай кездеменин кырк курандысынан тигилүүгө тийиш болгон.

Көп учурда жаңы төрөлгөн баланын чачын алган күнү (же бешик тою күнү) таякеси бала үчүн бүт кийимди даярдап энчилеген.

Эркек балдары токтобогон үй-бүлөдө төрөлгөн баланын бутуна билерик кийгизишип, бир кулагына сөйкө салышып, көкүлүн өрүшүп, сүннөткө отургузганга чейин аны кыздай кийинтишкен.

Энесинин балдарына болгон мээрими назик жана эркелеткен *бешик ыры*, *бөбөк ырларынан* айрыкча билинет. Ал ырларда ыйлабагын деп жалбаруу,

балага ар кандай каалоо-тилектер, эненин жана баланын жакындарынын турмушунан өмүр баяндык учурлар, энесинин жеке башынан өткөргөндөрү, жомокторду айтып берүү камтылган.

Ыңгайсыз турмуш-тиричилик шарттары, жакырчылык жана чала тоют, бийик тоонун каардуу абасы, мезгил-мезгили менен чыга калган жугуштуу оорулар жана дарыгерликтин жоктугу балдардын оорусун, өлүм-житимди күчөткөн. Аялдар балдарды дарылоочу эмчиге кайрылуудан башка арга болгон эмес. Жогоруда эске алынган Д. Бердибаеванын айтуусуна караганда, маселен, итийден «*дарылоонун*» мындай ыкмасы колдонулган: өлгөн итти таап, оорулуу баланы жоолукка ороп, аны өлгөн иттин үстүнө мингизишкен. Андан кийин анын кийимин бүт чечип алышып, жоолук менен кошо ыргытып жиберишкен. Жыланач баланы койнуна катып, аял үйүн көздөй чуркап барып, ал жерде ага жаңы кийим кийгизген.

Жаш курагында балдардын арасында массалык өлүм адаттагы көрүнүш болгон. «Кыргыз болуштуктарында чечек эпидемиясы уйдун кара обосунан да

күчөдү, күн сайын калктын арасында, көбүнчө балдар курман болуп жатат... ошол эле убакта уездде кара обого каршы күрөшүү үчүн 12 ветеринардык врач иштеди, ал эми чечек эпидемиясына каршы күрөшүү үчүн бир медициналык фельдшери бар, 1 гана врач бар (уездде 134000 жан жашайт; ал эми анын аймагы Франциянын жарымына барабар)»[142].

Көпчүлүгү кыймыл-аракеттүү жана мал чарбачылык турмуш тиричилик менен тыгыз байланыштуу балдар оюндары жалпысынан кедей үй-бүлөлөрдө кыргыз баласынын жыргалсыз турмушунда көңүлүнө бир аз төтө болгон, балдар кичинесинен эле көбүнчө үй-бүлөнүн чоң мүчөлөрү менен бирдей эле эмгектенүүгө катышкан.

Конфессионалдык типтеги мектептердин чакан санын жана кээ бир башка окуу жайларын[143] кошпогондо эски кыргыз айлында чыныгы мектептер дээрлик болгон эмес.

Мусулмандык расимдин көз карашынан алганда сүннөткө отургузууга зор маани берилген, баланы 3 же 7 жашында, көбүнчө ал беш жашка толгондо сүннөткө отургузушкан. Бул расим (*кол адалдатуу, чочок кестирүү, сүннөт*) байларда чоң той өткөрүү жана ар түрдүү көңүл ачуу (күрөш, ат чабуу д.у.с.) менен коштолгон.

Үй-бүлөдө эркек балдар менен кыздардын абалы бирдей эмес болгон. Үйдүн ээси кыз эмес, эркек балалуу болууну артык көргөн, бирок кыздын төрөлүшү деле анчалык кайгырткан эмес, анткени — кийин үй-бүлө кыз үчүн калың алмак.

Атасы же энеси өлгөн, ошондой эле алар ажырашкандан кийин балдар оор тагдырга туш болгон. Атасы өлгөндөн кийин анын уулдары жана кыздары анын туушкандарында калган[144]. Ажырашкан аял да балага ээ болгон эмес, ал энелик укугунан биротоло ажыраган.

Өткөн убакта асырап алуу адаты кеңири таркаган[145]. Бул адаттын кеңири колдонулушунун негизги себептери аялдын төрөбөстүгүнүн учурлары, көп балалуу үй-бүлөлөрдө турмуштун оордугу, үй-бүлөлүк-туушкандык байланыштардын бекемдиги болгон. Көпчүлүк учурларда эркек тараптагы туугандарынын (көбүнчө эң жакын) уулдарын (бир тууганынын уулун, небересин, жээн небересин) асырап алышкан.

# VI бап
# ДИН ЖАНА КУЛЬТ

## *ИСЛАМ*

Кыргыз коомунда патриархалдык-феодалдык мамилелердин туруктуу сакталып турушу кыргыздардын дүйнөгө болгон көз карашында идеологиянын эң эле артта калган формасы — диний идеологиянын сакталып калышына шарт түзгөн. Диний идеология да өзүнүн мазмуну боюнча үстөмдүк кылып турган ислам динине анчалык жакындабаса да өткөндө кыргыздардын руханий турмушунда олуттуу роль ойногон. Бул дин кыргыздардын арасына бир кыйла кечирээк тараган. XVI—XVII кылымдарга тийиштүү болгон тарыхый булактарда кыргыздар али да «капырлар», б.а. мусулман эместер же «капыр да, мусулмандар да эмес»[1] деп айтылат. Исламдын кыргыздардын арасына бир кыйла ургаалдуу

түрдө жайылышы болжол менен XVII кылымдын экинчи жарымына — XVIII кылымга дал келет деп эсептөөгө болот. Бул процесс, сыягы, кыргыз жерлерин Кокон хандыгы тарабынан басып алынышынан баштап бир кыйла активдүү түрдө жүргөн.

Исламды киргизүүдө жана аны жайылтууда дервиштер, кожолор жана эшендер сыяктуу үгүтчүлөр менен бирге кыргыз ак сөөктөрү да негизги роль ойногон[2]. «Кыргыздар — Мухаммеддин туу көтөрүүчүсү Эркештин тукумунан» — манаптар жана алардын идеологдору айтып жүрүшкөн мындай «тарыхый» далилдер ислам жана анын традициялары кыргыздарда атам замандан бери эле жашап келе жаткандыгын жана анын түбөлүктүүлүгүн баса көрсөтүү үчүн колдонулган. Бирок, ислам кыргыздардын арасында бир кыйла кечирээк тараган көрүнүш экендиги белгилүү.

Эгерде, ислам XVI кылымда кыргыздардын арасына таптакыр эле аз тараган болсо, андан кийинки кылымдарда да мусулман диний окуусу олуттуу ийгиликке жетише алган эмес.

XIX кылымдын 60—80-жылдарында бул аймакта болушкан саякатчылардын (М. И. Венюков, Г. Е. Грумм-Гржимайло ж.б. ) жазгандары XVI кылымдагы Сейфинин жазгандарынан аз гана айырмаланган көрүнүштү берет. Кыргыздар «үрп-адаттарды жылына бир жолу — Рамазанда айылга кожолор келгенде гана колдонуша турган» өтө начар мусулмандар катарында сүрөттөлөт, алардын арасында «өз пайгамбарынын атын билбегендер да» бар, ал эми даарат алуу, орозо тутуу үрп-адатын, а түгүл намаздын өзүн билгендер дегеле аз. Эгерде бул жазмаларда белгилүү бир даражада апыртуучулук бар деген күндө да тарыхый фактылар ислам кыргыздардын арасына алардын кошунасы — казактардын арасындагыга караганда терең тамыр жаюуга үлгүрө албаганын айгинелейт.

XVII кылымда, ойрот феодалдары кыргыз жерлерин басып алган мезгилде кыргыздардын бир кыйла бөлүгүнүн Фергана аймагына көчүп барышы кыргыздарды исламга тартуу ишине өз таасирин тийгизген өтө олуттуу окуя болду. Ферганада кыргыздар өзбек мусулман динчилеринин таасири астында калды, ишенчээк жана карапайым көчмөндөрдү динчилер үгүттөп өзүнө тартып, исламды кабыл алдырып, өзүлөрү үчүн кирешенин жаңы булагын түзүшкөн.

Кыргыздардын негизги массасынын Ферганадан өзүлөрүнүн мурдагы жерлерине, Тянь-Шандын аймагына көчүп келишкенинен кийин көпкө узабай көпөстөр, алардын артынан пайдакер жана фанатик өзбек молдолор жана айрыкча эшендер кыргыз калкынын калың катмарын көздөй агылып келе баштайт. Муну менен бир эле мезгилде өтө маанилүү стратегиялык жана соода пункттарын аскердик жактан бекемдеп чыңдоо аркылуу Кокон хандыгынын аскерлери буларды согуштук жол менен басып алуусун улантат. Кыргыздар үчүн анчалык узак эмес болсо да, бирок оор мезгил — өзбек колонизациясы башталат.

Исламды жайылтуу ишинде өзбек динчилеринде кыргыз бийлери менен манаптары жардамга келишти, алар өзүлөрүнүн кол алдындагы букараларына идеологиялык таасир көрсөтүү үчүн аппарат түзүүгө жан дили менен кызыгышкан.

Өндүргүч күчтөрүнүн деңгээлинин төмөндүгү, тез-тез болуп туруучу жуттарга (малдын массалык кырылышына) байланыштуу мал чарбачылыгынын туруксуздугу, бири-биринин малын басып алуу менен коштолгон уруулардын ортосундагы жана коңшу элдер менен болуп туруучу согуштук кагылышуулар, дыйканчылыктын начар өнүккөндүгү — ыдырап бүлүнүп калган уруулук

түзүлүштүн илээшме салттары исламга чейинки диний ишенимдердин комплексинин сакталып турушу үчүн негиз болгон.

Диний түшүнүктөрдүн мындай системасы белгилүү бир кызыкчылыкты жана максатты көздөгөн тап болуп калыптанып калган жана феодалдык көчмөн төбөлдөрдүн белгилери ачык эле байкалып турган артыкчылыгы бар мите төбөлдөргө тезинен айланып бара жаткан манаптарды канааттандыра албай тургандыгы табигый нерсе эле. Өз букараларынын дүйнө-мүлкүнө жана өмүрүнө кожоюндук кылган, мурдагы уруу аксакалдарынын бийлигин толук тартып алган манаптарга ийкемдүү, жакшы жөнгө салынган идеологиялык аппарат керек эле, мындай аппарат бул дүйнөдө элдин тагдырын тескөөчү катарында манаптардын кадыр-баркын колдоого жана ал эми баш ийбегендерди теске салууга кызмат кылууга тийиш эле. Бул ролду массага таасир берүүнүн зор тажрыйбасы бар жана молдолордон жана үгүтчүлөрдөн турган чоң «штаты» бар ислам гана ийгиликтүү аткара алмак.

Манаптар менен бийлер ислам динин биринчи кабыл алышат, андан кийин аны өз букараларынын арасына, көпчүлүк убакта күч менен жайылта башташат. Ушул максатта айрым манаптар өзүлөрүнө өзбек молдолорду чакырышкан, алар алгач букараларды намаз окуу үчүн зарыл болгон негизги ырым- жырымдарды жана негизги дубаларды гана үйрөтүшкөн.

Кыргыздардын арасында исламдын таралышы жетишээрлик даражада узак жана оор процесс болгон. Жаңы дин массаларга түшүнүксүз эле, ал эми букаралардын бир бөлүгү молдолорго кас маанайда болушкан, анткени алар ырым-жырымдарды аткарууну катуу талап кылышкан жана зекет жана башка жыйымдарды — диний салыктар түрүндөгү материалдык төлөмдөрдү чогулта башташкан эле. Калк Кокон динчилдерин анча сүйө беришкен эмес, анткени ал кыргыздар жашаган бир кыйла аймакты «колония» катарында сүлүктөй соруп жаткан кокондук мамлекеттик системанын ажырагыс бир бөлүгү болгон.

Жердеги ар кандай жыргалчылыкка ач көздүк менен жутунган динчилдер букаранын көбүрөөк эксплуатацияланган жана экономикалык жактан чабал бөлүгүнүн жактыруусунан аз гана пайдалана алмак. Ошондой эле манаптардын өз ичинде да исламды колдогону менен, динчилдердин ачык душманы болгондор да бар эле[3].

Ислам акырындап үстөмдүк кылуучу динге айлануу менен, кыргыздардын арасында кеңири тараган байыркы үрп-адаттар жана ырым-жырымдар менен сыйышып жашоосун уланта берди. Ислам кыргыздардын моралдык негизине жана турмуш-тиричилик укладына анчалык деле өзгөртүү киргизе алган жок. Өзүнүн таралышынын алгачкы этаптарында ал өтө эле жупуну роль ойноду, ал эми ошол эле убакта мусулманчылыкка чейинки диний түшүнүктөр али бир кыйла күчтүү болучу. XIX кылымдын эң ири феодалдарынын бири Ниязбеков Ормондун уулу — Үмөтаалынын Талканчы деген «ордолук» шаманы (бакшысы) болгонун айтуу эле жетиштүү. Ч. Валихановдун маалыматтарына караганда да Үмөтаалынын өзү шаман болгон экен. Ал мындай деп жазат: «Сарбагыштардын азыркы жол башчысы Умбет-Алинин ушундай (бакшы деген — С. А.) ардактуу наамы бар»[4].

Ортодоксалдык динчилдердин өкүлдөрү, ошондой эле эшендер бакшыларды (калктын арасында кеңири таанымал болушкандыктан) өзүлөрүнүн атаандаштары катарында эсептешип, ошон үчүн аларды жек көрүшкөн жана ар кандай жолдор менен калктын аларга болгон ишенимин кетирүүгө аракет жасашкан.

Мусулман динчилдерин колдоонун пайдалуулугу манаптар үчүн ушунчалык ачык көрүнүп тургандыктан, бир кыйла кийинки муундун манаптары динчилер менен эң тыгыз байланыш жасай башташат. Буга XIX кылымдын 60—70-жылдарында Кыргызстандын Орусиянын курамына өз ыктыяры менен кириши бир кыйла даражада себеп болду. Бул окуянын артынан эле кыргыздарга татар динчилдери жабылып келе баштайт, булар диний үрп-адаттарды аткарууну катуу талап кылбагандыктан, зекет төлөөнү да жөн-жай койгондуктан кокон динчилдерине караганда калктын арасында чоң кадыр-баркка ээ болушкан.

Бул жерде кээ бир изилдөөчүлөр тарабынан жол берилип жүргөндөй исламдын таралышында аймактын Орусияга кошулуу фактысын ашыра баалап жиберүүгө көңүл буруп кетүү орундуу. Алар, орустардын келиши менен кыргыздар мусулманчылыкка кошулууну эмне үчүндүр зарыл деп табышкан деп айтышат. Бул — чындыкка туура келбейт, анткени Кыргызстанда, ал Орусиянын курамына киргенге чейин эле ислам үчүн негиз даяр болуп калган эле. Орусия капитализми тарабынан аймакты колонизациялаштыруу доорунда пайда болгон жаңы социалдык-экономикалык жана саясий шарт исламды кыргыз калкынын калың катмарына киргизүүнүн мурда эле башталган процессин тездеткен жана исламдын кыргыз кыртышына тамыр жаюусуна жардам берген ошол эле манаптар, орус падышасына кызмат кылууга өтүү менен исламдын идеологиясын жайылтууга алда канча белсемдүү киришкен.

Мындан келип, манаптар кыргыз айылынын социалдык структурасы менен тыкыс байланышкан элдик диний ишенимдердин өзүнө киреше алып келе турган жана анын кадыр-баркын көтөрө турган калдыктарын таптакыр этибарга алган эмес деп айтууга болбойт. Буга манаптардын ыйык мазарларды жана арча-талдарды пайдаланганын көрсөтүп кетүү эле жетиштүү. Манаптардын жетекчилиги менен алардын жанында курмандык чалынып, мусулман майрамдарынын (мисалы, курман айт) да, ошондой эле ар кандай стихиялуу

апааттардын учурунда (кургакчылык, жут, жер титирөө ж.б. ) да чоң түлөө өткөрүлгөн. Ушуга эле манаптардын той (туулган күнгө, үйлөнүүгө ж.б. байланыштуу) жана аш сыяктуу элдик үрп-адаттарды пайдаланышканын да кошууга болот, бул үрп-адаттарга исламдын бир аз таасири тийгени менен да, көпчүлүгүндө салттык түшүнүктөрдү сактап турган. 1930-жылдардын башталышына чейин той жана аш манаптар үчүн жеңил жол менен байлык табуунун ыгы (буларды уюштурууга байланышкан зор чыгымдардын бүткүл оорчулугу айыл менен кыштактын кедей жана орто чарба элинин мойнуна түшкөн) жана эмгекчи массаларга саясий таасирди чыңоо үчүн белгилүү бир система болгон.

Манапчылыктын феодалдык маңызынын дагы көбүрөөк тереңдеп, андан ары өнүгүшүнө, андан кийин анын капиталисттик эксплуатациянын методдорун пайдаланышына, анын падышалык түзүлүштүн бекем тирегине айланышына байланыштуу мусулман динчилдери акырындап отуруп манап бийлигинин системасына ушунчалык тамырлап кирип кеткендиктен, ири манаптардын көпчүлүгүндө имам менен мечиттер болуп, алар («рухий бийлик» дей турган) бийлик жана башкаруу аппаратынын «граждандык» бөлүгү менен бир катарда турган курамдык бөлүгүн түзүп калат.

Ошентип, кыргыз айылынын феодалдык төбөлдөрү исламды кыргыз калкынын калың катмарына киргизип, жайылтууда чечүүчү роль ойногон. Мына ошондуктан Б. Аманалиевдин «кыргыз манаптары исламды кабыл алууга жана жайылтууга анчалык кызыгышкан эмес» деген пикири менен макул болуу

кыйын, бирок, бир жагынан анын төмөнкүдөй жазганы туура: «Жалпы эле Кыргызстандын коомдук турмушунун патриархалдык-коомдук түзүлүшүнө монетеизмге негизделген ислам динине караганда бутпарастык түшүнүктөр көбүрөөк туура келген»[5].

Кыргыз калкынын басымдуу көпчүлүгүндө диний фанатизм байкалган эмес. Исламдын догмалары аз белгилүү болгон, диний ырым-жырымдарды баары эле аткара беришкен эмес. Бул жөнүндө Чокон Валиханов мындайча жазат: «Исламдын пуританизми бул элдин ичинде таралууга али үлгүргөн эмес. Буруттар (ал кыргыздарды ушундайча атаган — С. А.) өзүлөрүн мусулманбыз дешет, бирок Мухаммеддин эмне деген адам экенин да билишпейт. Өлүк көмүү, үйлөнүү шаман ырым-жырымы боюнча өткөрүлөт, бирок эгерде орто азиялык сабаттуу адам же татар табылса куран окутушат»[6].

Тескерисинче, эл массасында антиклерикалдык маанайлар тараган. Алар расмий мусулман динчилдерине каршы багытталган. Алсак эң жогорку теңир — Кудайга кайрылган бир дубада төмөнкүдөй өтүнүч бар:

Ала чапан кожодон сакта!
Жыла баскан молдодон сакта!

Бардык колдо болгон каражаттар менен мусулман идеологиясын, «динсиздерди» жек көрүүчүлүктү жайылтуу менен феодал төбөлдөр динди өзүлөрүнүн үстөмдүгүн чыңдоонун куралы катарында пайдаланууга аракеттенишкен. Алар панисламизм идеологиясын элдик-поэтикалык чыгармачылыкка да жайылтышкан, элдин адаттагы каада-салттары акырындык менен мусулман үрп-адаттары менен алмашылган. Ислам идеологиясынын көбүрөөк агрессивдүү формаларынын бири суфизм болгон. Мунун өкүлдөрү — эшендер кыргыздардын арасында суфизмди пропагандалоо боюнча активдүү аракеттенишкен. Алар «динсиздерге» каршы күрөшкө чакырышып, өз жолун жолдогондорду рухий жактан кулдандырышкан. Эшендер көчмөн кыргыздардан өзүлөрүнө жанталаша мурут тартышып жана аларга такай каттоо менен өзүлөрүнүн

пайдасына диний салык түрүндө көп сандаган мал алып турушкан. Кайсы-бир жерлерде, а түгүл Тянь-Шанда да кыргыз суфий жамааттары болгон[7].

Суфизм түштүк кыргыздардын арасында өзгөчө кеңири таралган. Г. П. Снесаревдин бизге билдиргенине караганда жана XVI кылымдын чыгармасы «Мажму ат-таварихтен» да көрүнүп тургандай, Түштүк Кыргызстанда акыркы кылымдарда бир нече эски эшендик династиялар өтө зор таасирге ээ болуп турган (атап айтсак, акын-мистик Хувайдодон башталган династия, резиденциясы Ош шаарында болгон). Түштүк кыргыз уруулары жана кыргыздардын өзүлөрү мурут катарында мына ошол эшен династияларынын ортосунда бөлүнгөн. Өз кезегинде жергиликтүү эшендер өзүлөрүнүн санжырасын чуулгандуу Аппак кожодон бери улантып келе жаткан кашкарлык суфий жамааттары менен байланышып турушкан. Түштүк кыргыздардын эшен жамааттарынын суфизми анын бир кыйла көбүрөөк өнүккөн, таза түрүндөгү формасына (Хуфия) таандык болгон жана жакшы уюмдашкандыгы менен айырмаланган.

Мусулмандардын беш ирет намаз окуу сыяктуу диний милдети негизинен эксплуататорлор табына таандык болгон адамдар тарабынан такай аткарылган. Меккедеги мусулман ыйык жайларга баруу (*ажы*) XIX кылымдын аягында — XX кылыА4дын башы ченде байлар менен манаптардын арасында бир аз тараган. Мусулман диний майрамдары элдин чөйрөсүндө да майрамдалган. Бирок

алардын майрамдары бутпарастык ырым-жырымдар менен айкалыша өткөн. Орозо тутуу сыяктуу диний үрп-адат ата-бабаларды эскерүү менен белгиленген. Ал күнү боорсок бышырышып, 40 шам (чийге кебезди ороп, май менен майлашкан) жагышкан, ал боз үйдүн очогуна тегерете коюлган. Арбактардын ысымдары аталгандан кийин шамдардын түбүн очоктогу отко ташташкан. Ал күнкү желген тамак-аш ата-бабалардын арбагына арналды деп эсептешкен. Эркектер жыйналып, чогуу намаз окушкан.

Экинчи бир диний майрам курман айт болгондо малды курмандыкка чалышкан жана ал тирүүлөрдүн майрамы деп эсептелген. Үй-бүлө мүчөлөрүнө, туугандарга, кошуналарга тамак-аш берилген. Бул майрамдын биринчи күнү кээде жаштардын катышуусу менен кыз куумай уюштурулган.

*Жаңы жылды* (*нооруз же оруз-нама*) тосуу майрамы алда канча архаикалык мүнөздө болгон, бул орто азиялык дыйканчылык майрамы — науруздун белгилери жергиликтүү бутпарастык культтун калдыктары менен өзүнчө бир формада айкалышып турган. Бул майрамдын учурунда атайылап (февралдын аягында) буудайдан суюк ботко (көжө) бышырышкан. От жагылып, эркектер менен балдар анын үстүнөн секиришкен, күйгөн арчанын түтүнү менен адамдарды жана малды аласташкан.

Кыргыздардын арасында жашап келген байыркы диний түшүнүктөрдүн көп сандаган калдыктары алардын исламды үстүртөдөн өздөштүргөнүн айгинелеп турат. Түштүк кыргыз урууларынын арасында ислам алда канча тереңирээк тамыр жайган. Бирок бул жерде да анын идеологиясы бир кыйла мурдагы диндердин калдыктары менен сыйышып жашап турган, бул калдыктардын айрымдарына исламдын тийгизген таасири күчтүүрөөк келген. Азыркы Кыргызстандын түштүгүндө диний караңгылыктын башкы борбору Ош шаары жана анын Тахти Сулейман «ыйык» тоосу болгон. Мындан башка да Азрети-Аюптун «ыйык» дары булагы (азыркы Жалал-Абад шаарынын жанында), азыркы Ала-Бука районундагы Сафид-Буленд кыштагынын жанындагы Шах Фазил күмбөзү, Чаткал өрөөнүндөгү Идрис Пайгамбардын күмбөзү жана башкалар зыяратчылыктын жана мусулман идеологиясын жайылтуунун борборлору болгон. Бардык жерде тараган мусулман олуяларынын культу түштүк кыргыздардын арасында алда канча ачык көрүнөт, бирок бул жерде да ал белгилүү бир даражада ата-бабалардын культу менен байланышкан диний түшүнүктөрдү өзүнө сиңирип алган, бул Ортө Азиянын башка элдеринде да болгон[8].

Кыргыздардын «мусулманчылыкка чейинки диний ишенимдери»[9] деп айтылып жүргөн диний түшүнүктөрдүн комплексин кароого өтүү менен анын өзгөчө татаалдыгын жана көп стадиялуулугун баса белгилеп кетүүбүз керек, бул кыргыз элинин ошондой эле даражада татаал болгон этникалык тарыхы менен шартталган. Кыргыз элин түзгөн этникалык компоненттер өзүлөрүнүн теги боюнча бири-биринен айырмаланып турушкандыктан, алар туткан ар түрдүү диний системалар биринин үстүнө бири жөнөкөй гана «кабатталып» турат деп күтүү мүмкүн эмес. Кыргыздардын диний көз карашына синкретизм мүнөздүү деп эсептелинет. Бирок ал тигил же бул даражада бардык ошол этникалык компоненттерге да мүнөздүү болгон. Жыйынтыгында биз айрым диний түшүнүктөрдүн жонунан гана биригишип турганына же жанаша жашап турганына эмес, азыркы кыргыздардын ата-бабаларынын диний ой-жүгүртүүлөрүнүн ар түрдүү стадияларында пайда болгон ошондой түшүнүктөрүнүн өзүнчө бир «эритиндисине» туш келебиз, мына ошондуктан

кыргыздардын диний түшүнүктөрүндө синкретизм бар экенин таануу — кыргыздарда байкалган ар түрдүү диний культтардын бардык көрүнүштөрүн терең көңүл коюп изилдеп чыгуу зарылдыгынан бизди бошото албайт.

Диндин жана культтун алгачкы формаларынын калдыктарын «мусулманчылыкка чейинки диний ишенимдер» деген жалпы түшүнүккө топтоштуруу менен, Орто Азияга ислам тараганга чейин анын калкынын арасында кээде бирин бири алмаштырган, кээде катар жашаган ар түрдүү диний системалар болгондугун белгилеп кетүү керек. Буларга буддизмди, зороастризмди, христианчылыкты, манихейчиликти таандык кылуу керек. Булардын айрымдары Борбордук Азиянын көчмөндөрүнүн арасына чейин жеткен, алар менен кыргыздардын ата-бабалары да тааныш болушу мүмкүн. Биз исламга чейинки бул диндердин тигил же бул көрүнүштөрүн иликтеп карап отурбайбыз, биз — хронология жагынан алганда исламдан мурда орун алган диний түшүнүктөргө жана мүмкүн бул түшүнүктөр менен кошо бир мезгилде эле, кыргыздардын турмушуна азыноолак кирген диний түшүнүктөргө гана токтолобуз, анткени кыргыздардын өзүлөрү исламды бир аз кечирээк, ал кээ бир жергиликтүү элдик культтар менен чырмалышып калган кезде кабыл алган эле.

Бирок мен өз алдыма кыргыздардын исламга чейинки элдик диний ишенимдеринин бардык формалары менен ар кандай көрүнүштөрүн карап чыгуу милдетин койбоймун, мен кыргыздардын тигил же бул этногенетикалык байланыштарын ачып көрсөтүүгө мүмкүндүк бере тургандарына, алардын диний көз караштарында көрүнүктүү орун ээлегендерине гана токтоломун. Ушул көз караштан Үмай эненин культун, тотем түшүнүктөрүнүн калдыктарын, табият культун, фетишизмдин издерин, шаман культун, өлгөндөрдүн жана ата-бабалардын культун изилдөө менен, мен бири менен бири, ошондой эле ортодоксалдык ислам менен өзгөчө бир түрдө жана тыкыс чырмалышып кеткен исламга чейинки диний түшүнүктөрдүн алгачкы формаларын өзүмдүн классификациялаганымды жактоого умтулбаймын. Диндин алгачкы формаларын классификациялоонун азыркы тартиби азырынча жалпы таанууга ээ боло элек. Муну С. А. Токарев тарабынан иштелип чыккан классификацияга таандык кылууга болот[10]. Өзүнүн өтө кызыктуу эмгегинде Г. П. Снесарев мусулманчылыкка чейинки диний түшүнүктөрдү өзгөчө бир түрдө классификациялайт[11]. Бирок ал «диндин алгачкы формаларынын элементтеринин генезиси жана өз ара байланышы жөнүндөгү дискуссияга кошулгусу» келбегенин[12], бирок диндин бул формаларына таандык болгон ар түрдүү комплекстерине

тийип өтөөрүн баса белгилейт[13]. Азырынча бизде бул көрүнүштөрдүн толук илимий түрдөгү, бардыгы тарабынан кабыл алынган классификациясы жок, ошондуктан материалды жайгаштыруунун жана талдоонун өзүбүз түзгөн схемасына таянууга туура келет.

Жогоруда айтылгандай, мен кыргыздардын дининин алгачкы формаларынын бир катар калдыктарын четтеп өтүүгө аргасыз боломун. Аларга жаныбарлар культу, магиянын ар кыл түрлөрү (чарбалык, дубалоо, үй-бүлө-тиричилик ырым-жырымдарынын магиясы ж.б.), демонология, үй-бүлө культу жана үй очогунун культу, жалпы эле өлүк көмүү ырым-жырымдары, от культу жана д.у.с. кирет. Башка изилдөөчүлөр аларды, төмөндө сөз боло турган диний түшүнүктөр жана ырым-жырымдар менен байланышта майда-чүйдөсүнө чейин көңүл бурушат деп ишенемин. Менин көз карашымча, аларды, кыргыз элинин этникалык тарыхын

да жана маданиятынын тарыхын да кайрадан түзүү үчүн башка булактар менен бирдей даражада зарыл керектүү болгон тарыхый булактарга кошууга болот.

## *УМАЙ ЭНЕ КУЛЬТУ*

Умай эне культу кыргыздардын байыркы диний культтарына кирет[14]. Бул культту кароого киришүү менен баарынан мурда мунун байыркы түрктөрдүн диний түшүнүктөрүнүн татаал системасынын курама бөлүгү болгондугун белгилеп кетүү керек. Бул диний түшүнүктөрдүн бүткүл жыйындысын карап чыгууга болгон аракет Л. Н. Гумилевге таандык[15]. Бирок да алардын генезисин Түндүк уюлдун аркы жагында жаткан жана сандардын дин ишенимдери менен орунсуз салыштыруу аркылуу түшүнүү мүмкүн боло койбос[16]. Байыркы түрк бирлештиги түзүлгөнгө чейин Борбордук жана Чыгыш Азияда үстөмдүк кылган диний системалардын табигый өнүгүшүнүн продуктусу катарында байыркы түрктөрдүн динин, биринчи кезекте — алардан мурда жашаган хуннулардын жана сянбийлердин динин изилдеп-үйрөнүү бир кыйла натыйжалуу болоор эле. Дагы бир маанилүү багыт — кечээ жакынга чейин түркий тилдүү элдердин дин ишенимдеринде сакталып келген байыркы түрк дининин калдыктарын изилдеп-үйрөнүү болуп саналат.

Байыркы түрк рун тексттеринде Умай теңири жөнүндө айтылган менен, ал жөнүндө ыраттуу маалымат жок. А. Н. Бернштам П. М. Мелиоранский менен В. В. Бартольддун айткан пикирлерине таянып, Умайды аял теңири, үйдүн колдоочусу, укум-тукум сактоочусу катарында карап, мындан аялдардын эне культунун калдыгын көргөн[17]. Мунун баары кандайдыр-бир даражада туура. Бирок Умайдын образы алда канча көп кырдуу болгон.

Кыргыздарда аял теңири, балдарды колдоочу катарында качандыр-бир убакта өтө өнүккөндүгү жана кеңири тарагандыгы талашсыз болгон жана Умай эне жөнүндөгү түшүнүк азыркы кезде көөнөрүп, бүдөмүк, ачык эмес бир калдык түрүндө сакталып калган. Бердибаева Жаңылча[18] бизге айткандай, *илгерки аялдар Умай энеге сыйынышчу, Умай эне Батма, Суура аялдардын энеси*.

Кыргыз-мусулмандар байыркы теңирдин образын жана анын атын да мусулмандар кадыр туткан аялдардын: Фатиманын (Мухаммеддин кызы, Аалынын аялы) жана Зухранын образдары жана ысымдары менен бириктиришип, аларды бирге аташкан (Батма Зуура же Суура).

Айтууларга караганда Умай эне жерге келгенде анын изи кээ бир аскаларда жана таштарда калган. Аларды *Умай энеңдин тагы* деп аташат. Кыргыздарда эмчи-домчу жана бүбүлөр төрөт учурунда жана балдарды эмдегенде Умай энеге кайрылышып: *менин колум* эмес, *Умай эненин колу* деп айтышкан. Балдарды, ал түгүл чоңдорду да бир жакка жөнөтүп жатышып, кемпирлер аларды *Умай энеге тапшырдым* деген сөздөр менен узатышкан. Бирок, өзгөчө кызык нерсе, Умай энени алда канча жакшылыктуу жана түшүмдүү жылдарда эскеришкен. Түшүм мол болуп, мал көбөйгөндө *Умай эненин эмчегинен* сүт агат деп айтышкан.

В. В. Радлов да шорлуктарда кыргыздардын түшүнүгүнө окшогон түшүнүктөрдүн бар экендигин белгилеген, алар «умай» деген ат менен жакшы периштени — балдарды колдоочу периштени жана өлгөндөрдүн жанын ала турган периштени аташкан[19], телеуттарда «маі анасі» же «маі аназі» — балдарды сактоочу-периште[20]. Ошол эле телеуттарда, ошондой эле туваларда жана лебединдиктерде эң жогору турган жакшылык периштесинин аты «пајана»[21].

М. С. Андреевдин билдирүүсү боюнча, Арашан капчыгайындагы (Бишкек шаарына жакын, азыр Арашан курорту жайгашкан жерде) аскадагы Будданын

сүрөтү азыр «Умай-Ана», б.а. байыркы түрктөрдүн молчулук кудайы Умайдын аты менен Умай-эне деп аталып, айлана-тегерегиндеги кыргыздардын эркек-аялдары келишип, зыярат кылышат[22]. М. С. Андреевдин пикиринин тууралыгына Г. П. Снесаревдин изилдөөлөрү да бизди ынандырып турат, ал Хорезм өзбектериндеги Амбар-она[23] деп аталган аялдарды колдоочунун образын толук сүрөттөп берет. Амбар-онанын милдеги — төрөт учурунда жардам берүү, аны жеңилдетүү. Бирок Амбар-онанын дубалдарында бул образдын асман, көлдөр, талаа ж.б. сыяктуу айлананы курчап турган жаратылыш менен байланышы байкалып турат. Амбар-онанын образынан Г. П. Снесарев түшүмдүүлүктүн мусулмандашкан кудайын көрөт, биз муну генетикалык жактан теңир Умай менен байланыштырууга укуктуубуз. Чынында да бул эки образ тең баланын киндиги түшкөн күнү өзбек аначы кемпир «доянын» дубасында, а түгүл кошо айтылганын көрөбүз.

| | |
|---|---|
| ... маның колым эмæс, | ...менин колум эмес, |
| бібі пæИмæ, бібі syhra колы, | бүбү Фатиманын, бүбү Зухранын колу, |
| умай-ана, камбар-ана колы.[24] | Умай эненин, Камбар эненин колу. |

Мына ошентип, байыркы түрк кудайы Умай жалаң эле Саян-Алтайдын элдеринин гана эмес, Орто Азия элдери — кыргыздар менен өзбектердин диний ишенимдеринде кечээ жакынга чейин жашап келген деп толук негизде айтууга болот. Ал гана эмес, бул образдын көп белгилери байыркы түрк Умайын — түшүмдүүлүктүн культу менен байланышкан эң алгачкы кудайлардын бири катарында кароого мүмкүнчүлүк берет. Мындай корутунду байыркы жана азыркы түрк жана моңгол тилдериндеги айрым сөздөрдүн семантикасы менен да ырасталып отурат. Брокельмандын сөздүгүндө umai сөзүнө Nachgeburt мааниси берилген, б. а. атасы өлгөндөн кийин төрөлүү, ошондой эле — (медиц.) баланын тону[25]. Байыркы түрк сөздүгүндө umai — баланын тону, баланын орду, эненин жатыны[26], uma тибетче — эне[27]. Волга боюндагы татарларда «ума» — «ич» деген мааниде[28]. Моңгол тилинде умай «курсак»[29] деген маанини берет. Бардык ушул түшүнүктөр баланын төрөлүшү менен, аялдын төрөгүч кудурети менен тыкыс байланышкан.

Каралып отурган образдын эзелки замандан келе жатканын айгинелеген дагы бир жагы бар. Кыргыздарда «умай» деп атала турган оюмдук белги бар, андан да кызыгы, оюмдун бул элементи кушка окшош келип, анын сүрөтү катарында кабыл алынат[30]. Кыргыз тилинде болсо «умай» абадагы уяда жашаган жомоктогу зымырык куш катарында белгилүү[31]. Бул сөз перси тилинен (Huma) алынып, ал дүйнө дарагында жашаган кушту билдирет. Ал «бүркүттөрдүн эң эле зору, жакшылыктар үчүн жаралган эң эле асыл жана кең пейил куш» катарында сүрөттөлөт[32]. Кыязы, теңир Умай жөнүндөгү

түшүнүк качандыр-бир убакта күн кудайы (ал көпчүлүк убакта куш катарында кабыл алынат), бардык жандуу нерселерди жараткан, тукумдуулуктун, түшүмдүүлүктүн символу болгон куштун байыркы жалпы адамзаттык мотиви менен байланышта болсо керек[33]. Хорезмдик легендалардын биринде, уулун издеп жүргөн Амбар-она куш катарында сүрөттөлөт («абада куш болуп учуп жүрөт»)[34]. Бул якуттардагы аккуу-белимчи түшүмдүүлүктүн кудайы, якуттарды сактоочу Аисыттын[35] өзү деп эсептеле тургандыгы менен дал келет.

Орто Азияда кезиге турган, балдарга арналып жасалган куш түрүндөгү зооморфдук топурак идиштер[36], өзбек жана тажик топуларынын орнамент-териндеги куштардын (мисалы, бактек - «мусичтин») сүрөтү, аял төрөп жаткан

учурда «албарстыны» кууп жиберүү үчүн казактардын бүркүттү пайдаланганы, үкүнүн канатынан жана тырмагынан[37] балдарды, кыздар менен аялдарды жамандыктан коргоо үчүн жасалган тумарлардын кеңири таралышы (кыргыздарда, казактарда, өзбектерде ж.б. ) диний түшүнүктөрдүн ошол эле чөйрөсү менен байланыштуу болушу мүмкүн.

Байыркы түрктөрдөгү, алтайлыктардагы, кыргыздардагы Умай, өзбектердеги Амбар-она, жакуттардагы Аисыт генетикалык жактан алганда бир эле образдын ар түрдүү көрүнүшү. Кыргыздардагы теңир Умай жөнүндөгү түшүнүк, биз көргөндөй, миң жылдыктарды башынан кечирген диний ишеним, мекени Борбордук Азия болгон эң байыркы культтардын калдыгы болуп саналат, ал эми азырынча белгилүү болгондой, анын таралышынын чектерине Алтай, Тянь-Шань жана анын батыш тоо кыркаларына жакын жаткан орто азиялык отурукташкан дүйнө аймагы кирет. Бул түшүнүк коомдун энелик түзүлүшүнөн келип чыккан, а мүмкүн, андан мурдагы доордо пайда болгон көз караштардын категориясына таандык кылынса болот.

Жогоруда келтирилген маалыматтар Умай эненин образынан М. С. Андреев атагандай, түшүмдүүлүктүн кудайын көрүүгө мүмкүндүк берет. Умайдын образын ушундайча түшүндүрүүгө Г. П. Снесарев да кошулат. Ал, ошондой эле, түшүмдүүлүк культун диндин өз алдынча болгон алгачкы формасы катарында кароо керек, бул культ дыйкандарга гана эмес, чарбанын ар кыл формалары бар элдерге мүнөздүү болгон деген пикирди айтат. Анын пикири боюнча, түшүмдүүлүк культу тарыхтын башталышында пайда болуп, ар түрдүү элдерде өз өзгөчөлүгү менен өнүгөт жана өнүккөн диний системалардын калыптанышы менен ал системага сөзсүз кошунду катарында кирет, кээде өзүнүн автономдуулук үлүшүн сактап калат[38]. Бул менин жогоруда Умай эне жөнүндөгү түшүнүктүн генезиси жөнүндө айткан пикириме өтө жакын.

Демек, VII—VIII кылымдардагы байыркы түрк тексттеринде эскерилген кудай Умай асман кудайы теңир жана жер-суу кудайы менен катар бизди алыскы өткөн доордо кеңири тараган түшүмдүүлүк культунан (бул культтун ар түрдүү көрүнүштөрү жөнүндөгү «Табият культу» деген бөлүмдөн караңыз) кабардар кылат, ошол эле убакта күн культу менен болгон кээ бир байланышты билдирип турат. Бул болсо азыркы кыргыздар менен уруулардын жана конфедерациялардын байыркы түрк чөйрөсүнүн ортосундагы этногенетикалык байланыштардын учугун ишенимдүү чубап чыгууга мүмкүндүк берет.

Аялдар менен балдардын ырайымдуу кудайы Умай эненин антиподу — кыргыздарда албарсты деген ат менен белгилүү болгон кара ниет жиндер болгон, бул түшүнүк кыргыздардын арасында гана эмес, түркий тилдүү элдердин арасында да (албарсты, албыс, алмыс), тажиктердин жана башка элдердин арасында кеңири тараган. Бул жиндер жөнүндө казактардын жана кыргыздарын арасынан жазылып алынган маалыматтарды, атап айтканда, Ф. В. Поярков келтирет[39].

Бирок албарстынын образы, М. С. Андреев аныктагандай, татаал жана карама-каршы. Анын пикири (кээ бир изилдөөчүлөр кабыл албаган пикири) боюнча бул образ эң алгач төрөттүн эң байыркы кудайы болгон жана ал төрөттүн учурунда катышып турган, бирок кийин гана өзүнүн карама-каршысына — төрөгөн аялдарга атайылап зыян кыла турган аял жинге айланып кетет. М. С. Андреев ошондой эле бул жиндин — Умм-ус-Сабиян (Балдардын энеси) деген арабдашып кеткен атын келтирет. Албарстынын милдетинин көп түрдүүлүгүнө токтолуп, М. С. Андреев мындай деп жазат. «Кайсы бир жерде бул келет да уктап жаткан

адамдын үстүнөн басып, ага кыймылдоого мүмкүндүк бербейт, ал эми башка бир жерлерде (мисалы, татарларда) ал атайы тандап алган эркек адамга аял түрүндө, аялга эркек түрүндө келе баштайт, ал келип жүргөн адам чүнчүп, өлүмгө жакындайт. Дагы бир жерде ал жолоочуларды жолдон адаштырат жана д.у.с.»[40]

Ушуга байланыштуу Л. П. Потапов билдирген албарсты жөнүндөгү маалымат кызыктуу. Ал мындай деп жазат: «Карахолдук тувалыктарда болсо, албарсты түндүк алтайлыктардын түшүнүгүндөгү жылаңач аялдын образындагы тоонун жин-ээсинен (тагдын ээси) эч айырмаланбайт, ал мергенчилер менен (аң уулоо учурунда) ойнош болуп, мергенчилердин олжолуу болушун камсыз кылат. Биз Алаша дарыясынын жогорку агымына барган кезде тувалык мергенчилердин албарстылар менен ойнош болгондугу жөнүндөгү ар түрдүү сөздөрдү бир нече жолу уктук»[41].

Бул маалымат албарстынын образына жаңы белгилерди берип, М. С. Андреевдин мында бир ат менен мүнөздөрү боюнча ар башка болгон жиндер менен кудайлардын функциялары айкалышып кеткен деген оюн ырастайт[42]. Мен кыргыз демонологиясынын башка персонаждарына токтолбостон, окурмандарды жарыяланган изилдөөлөрдү окууга чакырам[43].

## ТОТЕМ ТҮШҮНҮКТӨРҮНҮН КАЛДЫКТАРЫ

Кыргыздардын дүйнө көз карашында сакталып калган эң алгачкы диний ишенимдеринин ичинде тотемизм менен байланыштуу болгон түшүнүктөр да аталууга тийиш. Алар өзүнчө бир бүтүн система катарында эмес, айрым бир, өтө терең өзгөрүүлөргө учураган элестер катарында сакталып калган. Бирок, кээ бир изилдөөчүлөр тотемизмге түздөн-түз тиешеси болбогон (кээ бир жапайы жана үй жаныбарларын же алардын коргоочуларын)[44], теротеизмдин же зоолатриянын белгилери катарында карала турган бир катар көрүнүштөрдү негизсиз түрдө эле тотемизмдин калдыктарына таандык кылып жүрүшөт.

Тотемизмдин өткөн-кеткендерин изилдегендердин көңүлүн баарынан мурда кыргыз этнонимикасы өзүнө бурат[45]. Бирок, ага талдоо жүргүзгөндө этнонимдердин маанисин өтө кеңири чечмелеп жиберүүдөн качуу керек. Алардын көпчүлүгүн азырынча тотемдик түшүнүктөрдүн реалдуу издери деп кароого болбойт. Ушуга байланыштуу Ю. А. Зуевдин «кыргыз» этнонимин «жорулардын» (грифтердин) эли» (инди-иран тилинен кагказа, кагказ ж.б. — бүркүт), ал эми «бурут» этнонимин «бүркүт» катарында чечмелеген гипотезалары жетиштүү даражада далилденбегендигин моюнга алуу керек. Бул гипотезалар түпкү тотем-атанын атын атоого тыюу салуунун натыйжасында келип пайда болгон жана кеңири тараган «этнонимдин көчүрмөсүн пайдалануу» идеясына негизденген»[46].

Кээ бир учурларда, этнонимдер байыркы уруулардын аттары катарында каралып талкууланганда көбүрөөк жемиштүү натыйжага жетишүүгө болот. Бул маанайда алганда, баарынан мурда түндүк кыргыз урууларынын эң ирилеринин биринин аты — бугу этноними иликтеп көрүүгө татыктуу. Бугу — байыркы түрк урууларынын негизги тотемдеринин биринен болгону белгилүү. Ошондой эле бул этноним («пугу» формасында) байыркы түрк «муундарынын»[47] биринин аты катарында айтылып жүргөнүн да эске түшүрүү керек. Бирок жалгыз бул салыштыруулар, албетте, жетишсиз. Алар бугу уруусунун түпкү атасынын пайда болушу жөнүндөгү легендалар менен ырасталат. Мындай легенданы биринчи жолу 1850-жылдарда Чокон Валиханов жазып алган: «Бугу деген аттын пайда болушу жөнүндө элде кызыктуу миф бар. Карамырза менен Асан Аламышык

тоосунда маралдарга аңчылык кылып жүрүшүп, алардын ичинен мүйүздүү татынакай кыз менен эркек баланы көрүшөт. Алар эркек баланы атып өлтүрүшүп, кызды колго түшүрүшөт, кыз бир тууганынын өлүгүн басып жыгылып, көпкө басылбай ыйлайт. Уламыштарга караганда кыздын каргышы тийип, Асан менен Карамурза баласыз өтүшкөн экен.

Жакшынакай кызды уруу башчысы Мырзакулга тапшырышат, ал болсо кызга өзүнүн небереси Жаманкулду үйлөндүрүп коёт. Укум-тукумдарынын айткандарына караганда бул уруунун түпкү энеси жөнөкөй аял болгон эмес (ыйык маанисинде) жана Мүйүздүү-байбиче аталып, өзүнүн жанда жок акылдуулугу менен атагы чыккан. Кийинчерээк ал мүйүзүнөн ажырагандыгын жана башын жууп, күңүнө кир сууну адам баса турган жерге төкпөгүн деп буйрук берчү экен деп айтышат. Бул ишти аткарып жүргөн кызматчы аял, кызыгыппы, (а) мүмкүн төгө турган окчун жай жок болгондуктанбы, бул сырдуу сууну ичип алат да, андан эркек бала боюна бүтүп, ага Желден деп ат коёт.

Жапайы таш кыргыздары мүйүздүү эненин элесин ыйык тутушат жана ушул күнгө чейин өз турмуштарындагы кайгылуу учурларда аны эскеришип, ага жалынып-жалбарышып, уруунун атынан курмандык чалышат.

Ал Ысык-Көлдүн коргоочусу деп эсептелет жана элдин пикири боюнча, анын руху Ысык-Көл өрөөнүнүн үстүндө көрүнбөй айланып жүрөт»[48].

Жүз жылдан кийин легенданын өзүнүн тотемдик мүнөзүн ачып бере ала турган айрым бир кошумчалар менен толукталган, ошол эле легенданын бир нече вариантын мен да жазып алдым. Алардын бирин келтирели[49].

Карамырза менен Асанмырза белгилүү мергенчилер болот. Күндөрдүн биринде алар аңчылык кылууга барышканда, таңга маал Карамырза бугулардын чоң тобун көрөт. Алардын арасында бир эркек жана кыз бар экен. Асанмырза эркекти атып өлтүрөт. Кызды мергенчилер өзүлөрү менен кошо ала келишет. Кызга алардын агасы Мырзакулдун уулу Алсеит үйлөнөт. Алсеитке турмушка чыгаардын алдында кыз анын алдына үч шарт коёт: 1) сен мени эч качан олжо катын деп айтпайсың; 2) сен эч качан менин денемди ачып көрбөйсүң, болбосо мен кетип каламын; 3) эгер сен мени ура турган болсоң *башка урбагын*.

Күндөрдүн биринде Асанмырза менен Карамырза аңчылыкка жөнөмөкчү болушат. Муну угуп, Алсеиттин аялы аларга бир бала жиберип, ургаачы марал атып алышса терисин *төшү* жана *желини* менен кошо сыйрып мага алып келип беришсин деп өтүнөт. Минтип өтүнгөн себеби ал маралдын сүтүн эмгиси келген экен. Бул өтүнүчтү угушуп, Асанмырза менен Карамырзанын ачуусу келип, минтип айтышкан экен: «Кечээ эле ата-энеси жок жетим, маралдардын арасынан таап келген күң эле, эми минтип бизди башкаргысы келгенин кара». Мергенчилердин сөзү ага угулуп калат (ал *касиеттүү киши* болгон) да таарынып, аларды минтип каргаган экен:

Карамырзанын түтүнү үчтөн артпасын!
Асанмырзанын түтүнү жүзгө жетпесин,
Жүзгө жетсе да күзгө жетпесин!

Аял жиберген бала уккандарын мергенчилердин Арык деген агасына айтып келет. Арык өтө карыган чал болсо да, мылтыгын даярдап, тоого барып, ургаачы маралды атып алат да аял инилеринен сураган нерсени алып келет. Аялга теринин жарымын төшү менен эмчегин берип жиберип жатып, Арык үйдө аялдан башканын баарын сыртка чыгарып, анын өзүнө гана тапшырууну буйруган экен. Дал ушундайча иштелет. Аял (ал *мүйүздүү эне* болучу) төштү эмчеги менен алат

да, көшөгөнүн артына кирип эмчекти эме баштайт. Өлгөн маралдын эмчегинен аял каалагандан да көп сүт чыгып, ал тойгончо эмет.

Ушундан кийин Арыктын келини ага ыраазычылыгын билдирип минтип айткан экен:

«Учугуң узарсын, жаның жай алсын,
Душман туурдугуң ачпасын![50]

Легенданын экинчи вариантында маанилүү нерсе бар[51]. Аламышык тоосунда мергенчи колго түшүрүп, өзү аялдыкка алган кыз андан бир гана нерсени өтүнөт: үйгө кайтып келгениңде, келгениңди билдирип жөтөлүп кой, боз үйгө эскертмейинче кирбе дейт. Ал аялы айткандай иштейт. Бирок, ал аялы эмне үчүн үйгө эскертпей кирбегин дейт, мүмкүн ага эркек келип жүргөндүр деп ойлоп, аны билгиси келет. Күндөрдүн биринде ал үйгө билинбей келет да, туурдуктун жылчыгынан шыкаалап караса аял эмес эле ургаачы маралды көрөт. Ал так секирип, оюн салат, боз үйдүн керегесине кашынат. Мергенчи үйгө киргенде аял да, марал да жок болуп калат. Мергенчи аялын канчалык сагынса да, ошол бойдон кайрылып келген эмес экен. Күндөрдүн биринде мергенчи үйүндө отурса, кимдир-бирөө бала салынган бешикти анын жанына коюп кетет. Ал мергенчинин уулу болучу. Ал баланы тарбиялап чоңойтот. Андан бугу уруусу таралат.

Дагы бир аңгемеде баалуу кошумча маалыматтар бар[52].

Мергенчилер Аламышык тоосунан *ак бугу* атып алышат да, *башында* анча чоң эмес мүйүзү бар кызды колго түшүрүшөт. Ал кыз *Кайыптын кызы* болот[53]. Асанмырза менен Карамырза ак бугуну атып өлтүргөндөн кийин, кыз «*жалгызымды атып өлтүрдүң*» деп каргайт. Кийин ал кыз Бапа деген уул төрөйт. *Мүйүздүү байбиче* бир жакка кетип, бир ай убакытча үйдө жок болот. Кайра келгенде Мүйүздүү байбиче өзүнүн *сиңдисин* ээрчите келет да, ага уулу Бапаны үйлөндүрүп коёт. Ал кыз да Кайыптын кызы болучу, аны *олуя байбиче*[54] деп коюшчу. Мырзакул (кайнатасы) Мүйүздүү байбичеге бир калмак аялды күң кылып жумшап берет, ал күңдүн Туума-Кашка деген жети жаштагы уулу болот. Күң тигил айымдын башын жууп, анын мүйүзүн көрөт, кийин жазында мүйүзү түшкөнүн көрөт да аны касиеттүү аял экен деп ойлоп, мырза айымдын башын жууган сууну жерге төкпөй өзү жуунуп, өзү ичип, уулуна да ичирип жүрөт. Муну уккан мырза айым: *тукумуң эми башка тукумга теңелиптир* деп батасын берет. Мына ошондуктан күңдүн уулунан тараган желден уруусу көбөйгөн экен. Аламышык тоосунда, ал жерде Кайыптын жашаганын билдирип түнкүсүн от күйүп турчу экен.

Мүйүздүү эне өлүп, көмөөр алдында жуугандан кийин, анын өлүгү жок болуп кеткен экен. Т. Айтбаевдин варианты боюнча[55] анын кызы Олуя байбиче өлгөндө, анын өлүгүн жууйлу десе ордунда жок болуп чыгат. Олуя байбиче казактардын «Сары-Арка» деген талаасына кетип, ал жактан кайрылып келбей калган уулдарына кетип калган имиш.

Ошентип, легендаларга караганда бугу уруусунун түпкү энеси мүйүздүү аял болгон, ал бугудан чыккан жана бугулардын, маралдардын, аркар, кулжалардын, элик, текелердин ыйык ээсинин кызы болгон. Бугу уруусунун бул

тотемдик түпкү энесинин образы Саян-Алтай элдериндеги жапайы мүйүздүү жаныбарлар, алардын ичинде өзүлөрүнүн тотеми болгон бугу жөнүндөгү түшүнүктөрү менен тыкыс байланыштуу, бул Л. П. Потаповдун эмгегинде толук каралып чыккан[56].

Тотем циклиндеги легендаларга ишенимдүү түрдө таандык кылына турган «мүйүздүү эне» жөнүндөгү легенданын байыркы убакта эле пайда болгондугун

айгинелей турган нерсе — бул легенданын бугу уруусунун генеалогиясына белгилүү бир даражада жасалма түрдө «жабыштырылганы» болуп саналат. Алсеит «мүйүздүү эненин» эри деп эсептелет. Бирок, генеалогиялык уламыштарга караганда андан тараган урук-тукумдарга белек, кыдык, желден, бапа тукумдары гана кирет. Ал эми арык (же арык тукуму) жана тынымсеит (муну өз алдынча турган уруу катарында кароо керек) сыяктуу ири тукумдар генеалогиялык жактан Мүйүздүү эненин тукумдары болуп эсептелбейт. Анткен менен бул эки уруу жана башка бир катар майда уруулар (боор, асан, токоч ж.б. ) бугу уруусунун курамына кире турган уруулар катарында эсептелет.

Тотемдин атын билдире турган этнонимдердин катарына *жагалмайды* кошууга болот. Бул муңгуш уруусунун эки тобунун биринин аты.

Жагалмай — майда алгыр куштардын бири[57]. Бирок жагалмай этноним гана болбостон, оң канаттын бир катар кыргыз урууларынын, алардын ичинде баарынан мурда бугу жана сарбагыш, ошондой эле черик, моңолдор, кара багыш, мунгуш, баргы, сарттар[58] урууларынын тамгасы да болуп саналат. Баарынан кызыгы, жагалмай тамга көптөгөн варианттарда учуп бара жаткан куш түрүндө салынат. Бир катар кыргыз урууларынын жана тукумдарынын тамгалары, алар «*жагалмай тамга*» деп аталган менен, формасы боюнча дал ушул тамгага окшош келет. Багыш уруусунун, адигине тобунан бөрү жана тооке урууларынын, ошондой эле кытай жана кыпчак урууларынын тамгалары да ушундай[59]. 1953-жылы Ысык-Көл боюндагы этнографиялык экспедициянын учурунда бул тамганын сүрөтү үзөңгүдөн табылган. Ээрдин ээси бул белгини түз эле Жагалмай тамга деп айткан.

Буга Ысык-Көлдүн бийик тоолуу сырттарында Жагалмай топоними жолукканын кошумчалап кетүү керек. Бул аймакты ягма деген байыркы түрк уруусу ээлеп турган.

Адигине тобунун бөрү уруусунун атын да тотемдик этнонимдердин категориясына кошууга болот. Бөрү — карышкыр. Бөрү, бугу сыяктуу эле байыркы түрк урууларынын негизги тотемдеринин бири болгон. Байыркы түрк легендасында ашина уруусунун түпкү атасы болгон эркек баланын өмүрүн карышкыр сактап калган, ал балага дайыма эт алып келип берип турган. Кийин бала карышкырга үйлөнүп, андан он бала көрөт. Карышкырдын тукумдарынын бири, Ашина деген жол башчысы өзү жашаган жердин дарбазасына карышкырдын башынын сөөгүн туу кылып60 илип койчу экен. Ошентип, карышкыр түрктөрдүн тотеми болуп калган. Ю. А. Зуев бул легенданын Цзычжи тунцзянь, Тундянь жана Чжоушу деген үч варианты боюнча жыйнакталган текстин келтирип, муну бир нече жүз жыл мурда Цянь Ханьшуда жана Шицзиде пайда болгон, бирок усундардын дооруна таандык болгон легенда менен салыштырып көрөт. Бул легендада жаңы төрөлгөн эркек бала жөнүндө сөз болот, баланы багып алган киши аны чөптүн үстүнө калтырып, өзү тамак-аш таап келгени кетет, кайра келсе баланы карышкыр эмизип жатканын көрөт. Ю. А. Зуев бул уламыштардан бардык негизги деталдар боюнча белгилердин жалпылыгы байкалып турганына көңүл бурат[61]. Бул болсо усун урууларынын бирлигинде да, сыягы бөрү тотем жаныбары болгон деп корутунду чыгарууга мүмкүндүк берет.

Кыргыз турмушунда карышкыр менен байланыштуу болгон айрым үрп-адаттар жана ишенимдер өзбектердин жана башка түркий тилдүү элдердин үрп-адаттары жана ишенимдери менен бир катар окшоштугу бар[62]. Алардын көпчүлүгү, карышкыр (же анын териси, эти, тиши, тырмагы ж.б. ) адамдарды, айрыкча балдарды, оору-сыркоодон же жин-шайтандардан коргой турган, же кээ

бир илдеттен айыктырууга жардам бере турган жана дагы ушу сыяктуу сыйкырлуу күчкө ээ деген түшүнүктөн келип чыккан.

Карышкыр менен байланышкан уламыш Тянь-Шанда айтылды[63]. Бир эркек бала бечел болуп өз убактысында баспай калат экен. Ата-энеси көчкөндө аны журтка таштап кетишет. Кимдир-бир жолоочу киши ошол жерден өтүп бара жатып, карышкырдын балага эмчегин эмизип жатканын көрөт. Жолоочу баланы өзү менен кошо ала кетип, багып чоңойтот. Ал баягы бечел бала болучу. Ага Кааба деп ат коёт. Анын чачы жал сыяктуу болгондуктан аны жалдуу каба деп аташат. Кааба саяк уруусунун ири тайпаларынын биринин түпкү атасы. Анын Ак-Тери жана Боз-Тери деген тукумдары болгонун айтып коюу керек. Ушул бөлүкчөгө кирген эки тукум ушундайча аталган.

Ошентип, кыргыз тукумдарынын биринин түпкү атасын карышкыр эмизген. Ушуга байланыштуу академик В. М. Жирмунский баамдаган бир учур кызыктай көрүнөт. «Манас» эпосунун үчилтигинин Манастын уулу Семетейге арналган бөлүгү — «Семетей» эпикалык поэмасынын сюжети жөнүндө айтып, ал минтип жазат: «Каныкейдин (Семетейдин энеси — С. А.) менен Чыйырдынын (Жакыптын жесири — С. А.) Бухарга качкан эпизоддорунун ичинде бир окуя өзгөчө көңүл бурууга татыктуу. Жол жүрүп чарчап-чаалыккан качкындар ыйык дарактын (бай-теректин) көлөкөсүнө эс алып, уктап калышканда Семетейди ак архар эмизген экен. Жаныбарлар сүтүн эмизген каарман жөнүндөгү аңгемелер — кеңири таралган байыркы фольклордук мотив, бул мотивдин негизинде тотемизм мезгилиндеги тукумдун же уруунун түпкү атасынын айбанаттар болгондугу жөнүндөгү түшүнүктөр жатат. Карышкыр сүтүн эмизип баккан Ромул менен Ремдин тарыхынын катарында Героглы деген бала жөнүндөгү орто азиялык жомокту эскерсек болот, бул баланы ал Героглынын Гырат деген тулпар атынын энеси сүтүн эмизип баккан экен[64].

Мындай уламыштар кеңири таралган. Алардын бири баягы эле Каабага тиешелүү. Уруунун легендарлуу түпкү атасы Саяк (бул уламышта ал Кайдуулат деген ысым менен айтылат) бир жакка жол жүрүп баратып жолдо эс алмакчы болот. Анын жанына *элик* келет да дароо эле кайра кетип калат. Ал дагы бир жолу келип кайрадан кетет. Бул дагы бир нече жолу кайталанат. Жолоочу, жакын жерде эликтин улагы бар болсо керек деп ойлоп, аны издеп жөнөйт. Ал эликтин улагын эмес, баланы көрөт. Бала эликтин терисине оронуп, элик ага эмчегин эмизип жаткан болот. Кайдуулат баланы асырап багып алат да, ага Кааба деп ат коёт. Кааба эликтердин арасынан табылган соң ал жөнүндө: *Каабаны кайып колдогон* деп айтышчу экен[65].

Кыргыздардын келип чыгышы жөнүндөгү уламыштардын варианттарынын биринде отуз кыздын көбүктөн бойлоруна бүтүп, тоодо уул төрөшкөндүгү жөнүндө айтылат. Бул аялдарды балдары менен кошо Кайберен кайтарчу экен. Кайберен алар үчүн үңкүргө тамак-аш жеткирип берип турат. Эмчегинен сүт чыкпаган энелердин балдары архардын сүтүн ичишет экен. Хан тарабынан жиберилген адамдар бир бала архардын эмчегин эмип жатканын көрүшүп, аялдар менен балдарды Кайберен кайтараарын билишет66.

Черик уруусунун түпкү атасынын теги жөнүндө аңгеме салып отурган адам67 Адигине менен Тагайдын жортуулга чыкканын сүрөттөйт. Жолдо алыстан алар архарды көрүшөт. Алар жакындап келишсе архардын өзү жок, анын ордуна *бешиктеги* баланы табышат. Баланын эрди сүт болуп жүрөт. Бир туугандар баланы үйүнө алып келишет, аны алардын карындашы Наал-эже багып өстүрөт.

Анын курсагы чоң болгондуктан Наал-эже аны *чердегеим*, *черигим* деп эркелетип, атын Черик койгон экен.

Ушундай эле аңгемени, бирок башка вариантта — ит менен байланышкан вариантта Төөлөс уруусунун уруктарынын биринин түпкү атасы жөнүндө да угууга туура келди. Мүркүт тукумунун түпкү атасы Мадаминдин бардык туулган уулдары өлүп калат экен. Дагы бир эркек бала төрөлгөндө ырым кылышып, ага иттин эмчегин эмизишип, ага Итемген деп ат коюшат[68]. Итемгендин[69] атын (анын бир тууганы Сүтемген) биз чекирсаяк уруусунун генеалогиялык уламыштарынан бул уруунун ири бөлүкчөлөрдүн биринин түпкү атасы — Күлжыгачтын уулу катарында жолуктурдук Бул ырым-жырым кээ бир учурларда колдонулган болуу керек жана иттин мындай роль ойногону кокусунан эмес экендиги ачык көрүнүп турат. Итке карата мындай мамилени карышкыр менен байланышкан түшүнүктөрдөн ажыратып кароого болбойт. Карышкыр менен иттин байланышы — кыргыз лексикасында мындайча чагылдырылат: *ит-куш* — бөрү[70]. Кыргыздын түпкү чыгышында айбан ата-теги катарындагы мааниси Ч. Ч. Валихановдун жазып алган уламыштарында ачык көрүнөт.

Анын жазганын келтирели: «Жапайы таш кыргыздардын эң байыркы жана эң сонун уламышы өзүнүн түпкү теги жөнүндөгү уламыш экендиги шексиз. Алар кызыл итти түпкү атабыз деп эсептешет, бирок бул жөнөкөй эмес кубулушту алар ар түрдүүчө түшүндүрүшөт. Жалпысынан (бул) түшүндүрүүчүлөр өзүлөрүнүн руху боюнча кийинчерээк, мусулманчылыктын таасири астында пайда болгон. Ислам динин кабыл алышкан соң алар өз ата-тегинде кызыл иттин түздөн-түз катышуусун түшүндүрө турган же бир аз башкача мааниде көрсөтө турган бир нече амалкөй талкуулоону ойлоп табышкан.

Алгачкы (ариптердин арасын мен ачтым — С. А.) уламыштагы айтылган кырдаал төмөнкүчө: кайсы-бир хандын кызы 40 нөөкөрдүн коштоосунда алыска басып көңүл ачмай адаты бар экен. Күндөрдүн биринде демейдеги көңүл ачуудан каныке үйүнө кайтып келсе өз айылын тыптыйпыл кылып жоо чаап кеткенин көрүп таң калып, коркуп кетет. Алар жоо чапкан журттан жалгыз гана жаныбарды — кызыл итти көрүшөт. Жапайы ордонун түпкү кырк энесинин кашында кызыл иттин милдети кыйла эле бүдөмүк болсо да, кандайча болуп, кандай себеп менен экени белгисиз, арасында кызыл иттен башка эркек аттуу болбосо да каныкенин жана анын 40 нөөкөрүнүн боюна бүтүп эне болушат. 40 кыздын тукумдары, энелеринин саны боюнча кыргыз деп атала баштайт. Бул, мен жогоруда белгилегендей, дайыма өзгөрүүсүз айтылып келаткан уламыш»[71].

Андан ары Ч. Валиханов бул уламыштын бир кыйла кийинки редакциясын келтирет (аларды ал «комментарийлер» деп атайт), бул уламыштар, ал туура белгилегендей, «сөзсүз, соңку стилде баяндалып, кыязы, мусулман молдолорунун же кожолордун жетекчилиги астында түзүлсө керек»[72].

Түпкү ит-ата жөнүндөгү эскерүүлөрү бар ушуга окшогон уламыштарды биз да жазып алдык. Алардын айрымдарында кыргыздардын пайда болушуна иттин түздөн-түз катышы «булганып» (Валихановдун сөзү) кеткен. Алсак, бир аңгемеге караганда[73] *падышанын* кызы *авызда* калкып турган алманы жегенден кийин боюна бүтүп калат, атасынын буйругу боюнча ал 40 нөөкөрү менен бирге эч ким жашабаган ээн жерге айдалып жиберилет. Ал жерде каныке уул төрөйт, нөөкөр кыздардын бири кыз төрөйт. Кыздардын арасында алар менен кошо барган ит да болот. Сарттар (өзбектер) кыргыздарды «ит кыргыз» дешип, алар иттен тараган деп айтышат. Кыргыздар болсо муну танышып, Кайыптан жаралып (*кыргыз*

*алалхактан таралган*), каныкенин уулу менен нөөкөрүнүн кызынан көбөйүшкөнүн айтышат.

Экинчи бир уламышты айткан адам[74], биздин болжолубузча алда канча мурдакы вариантты айтты. Бул уламышта, хандын кызынын 40 нөөкөрү көбүк ичип, боюна бүтөт. Хан аларды өлтүрүүгө буйрук берет, бирок жигиттер кыздарды аяп, эч ким жашабаган токойго жеткирип салышат. Алардын артынан сары ит ээрчип барат. Ал жерде кыздардан 30 уул жана 10 кыз төрөлөт. Ит майда жандыктарды кармап келип, аларды багып турат. Бир бала менен бир кыз ыйлашып биздин атабыз ким деп сурашканда силердин атаңар — ит (сары ит) деп жооп беришкен экен.

Ч. Валиханов өзү келтирген кыргыздардын алгачкы уламышын башка элдердеги ушундай эле уламыштар менен салыштырып көрүп, алардын жаралышынын тотемге байланыштуу экендиги жөнүндө негиздүү жыйынтык чыгарат. Ал минтип жазат: «Жапайы таш кыргыздардын өзүлөрүнүн кызыл тайгандан жана кайсы бир каныке кыздан жана анын 40 нөөкөр кызынан тарагандыгы жөнүндөгү уламышы өтө эле байыркы мүнөзгө ээ. Байыркы орто азиялык элдердин уламыштарынын мүнөздүү белгилеринин бирин кандайдыр-бир айбанаттан тарагандыгы жөнүндөгү миф түзөт. Кытай тарыхынын маалыматы боюнча гао-гюй (kao-tche) эли, же телэ же чилэ деп аталган эл карышкырдан жана хуннулардын эң сулуу каныкесинен төрөлөт. Хунн шанүйлеринин (хандарынын) биринин ченде жок сулуу эки кызы болгон экен, хан аларды жөнөкөй адамдарга күйөөгө бергиси келбей, бийик мунара тургузат да, аларды эч ким жашабаган эрме чөлгө калтырып, минтип айткан экен: «О теңир, өзүң кайрып ал буларды». Каныкелердин кенжеси жалгыздыктан зеригип отуруп, бир жыл бою сепилдин түбүндө күнү-түнү кетпей, акыры үңкүр казып жашап жүргөн карт бөрүгө көңүлү түшөт; эжесинин айтканына көнбөй кыз карышкырга турмушка чыгат. Түгү (Иакинф көлүндөгү дулгастар) карышкырды, ал эми туфандар (тибеттиктер) итти түпкү энебиз деп эсептешкен. Кытайлыктардын айтканына караганда моңгол хандарынын түпкү бабасы Батачи көк бөрү менен ак эликтин уулу болгон экен. Түндүк Америкадагы айрым кызыл түстөгү уруулар өзүлөрүн кемчеттен, таш бакадан жана башкалардан тарагандыгын айтышат. Уламыштардын бул түрү Орто Азияда, а түгүл Америкада да эң байыркы, кыязы, эң ардактуу уламыштардан болгону жогорку мисалдардан ачык көрүнүп турат»[75].

Ч. Валихановдун изилдөөлөрү кыргыздардын диний түшүнүктөрүндөгү тотемдер катарында карышкырдын жана иттин ролу жөнүндө жогоруда келтирилген маалыматтар, ал басып өткөн тотемизм стадиясынын башка маалыматтарынан обочолонуп турганын ынандырарлык түрдө ырастайт. Тотемизм тигил же бул даражада Орто Азия менен Казакстандын башка элдеринин диний ишенимдеринде да чагылдырылган[76].

## *ТАБИЯТ КУЛЬТУ*

Кыргыздардын диний ишенимдеринин системасында табият культу[77] сөздүн кеңири маанисинде алганда өтө олуттуу орунду ээлейт (биз муну менен астралдык культту да, табигый кырсыктарга табынууну да байланыштырабыз), бул культ өз кезегинде, өзгөчө бөлүп карап чыгууну талап кыла турган бир катар кубулуштардан келип түзүлөт. Биз алардын айрымдарына гана токтолуп өтөбүз. Эң башкы кудай катарында асман — теңир, теңири жөнүндөгү түшүнүктү эң эле байыркы, изи дээрлик жок болуп кеткен түшүнүк деп эсептөөгө болот[78].

Байыркы түрктөрдүн көз караштарынын системасында асман кудайына — Теңирге башкы орун берилген. Бирок, адамдар чогулуп курмандык чалып, асманга табынуу үрп-адаты байыркы түрктөргө чейин эле, хуннуларда, усундарда, сянбилерде, гаогүйлерде (теле бирлештиги), ухуандарда, гаочандарда жана андан ары чыгышты карай, гаогүйлиге[79] чейин, б.а. иш жүзүндө Борбордук жана Чыгыш Азиянын бардык территориясында да таралган. Демек, асман культу байыркы түрк уруулары калыптанган чөйрөдө пайда болгон. Кытай булактарына караганда асман культу өтө көп учурда жер культу менен айкалышып, а түгүл биригип, бир бүтүн культту түзгөн. Таш бетиндеги жазуу эстеликтер да байыркы түрктөрдө «taңri» деген түшүнүктүн мазмуну асман кудайы деген түшүнүктөн алда канча кеңири болгон деп корутунду чыгарууга мүмкүндүк берет. Бул жогорку кудай бардык астралдык ишенимдердин синтези катарында көрүнөт, ал «Аалам» деген түшүнүк менен бирдей. Кудай маанисинде алганда taңri асманга гана эмес, күнгө да (күн taңri), айга да (ai taңri), жерге да (taңri jar) таандык кылынып, асман менен жердин кудайынын бөлүнбөстүгүн айгинелеп турган[80].

Этнографиялык жазмаларда биз *теңир жалгасын* деген сөздү учураттык, бул *кудай жалгасын* менен бирдей мааниде айтылат экен. Мындан башка да, Аалиев Кул калмактарда «көкө теңири» деген сөз бар экенин уккандыгын, бул сөз кыргыздардагы кудай деген сөздүн эле өзү экенин, бирок кыргыздар муну колдонушпай турганын айтты[81].

Кыргыздарга тийиштүү адабияттарда бул жөнүндө М. Венюковдун кыскача пикири бар: «... мен, кандайдыр-бир кырдаалда кыргыздын адатта башка мусулмандардай, «Аллах» деп кайрылганын эч качан уккан жокмун; кээ бирөөлөр кыргыздар мындай учурларда шаман элдериндегидей, асманга кайрылыша турганын байкашкан»[82]. Казактардын космология түшүнүктөрүн мүнөздөп келип, Ч. Валиханов кыргыздар жөнүндө да токтолот: «Асман — шаманчылыкта эң жогорку кудай. Көк тэнгри — Көк асман. Кыргыздарда (сөз казактар жөнүндө болуп жатат — С. А.)... (тэнгри) (алланын) жана кудайдын синонимине айланып кеткен. Талаанын алыскы бурчтарында, мисалы, Жапайы таш ордодо (б. а. кыргыздарда — С. А.) кудайга кайрылып, жалынып- жалбарганда куке-тянгри деп айтуу али сакталып келет»[83]. Кыргыздарга арналган жазмаларында Ч. Валиханов мындай деп көрсөтөт: «Алланын ысмын кыргыздар көп колдонушат, аны азыр байыркы моңголдордой, куктенгри (Асман-кудай) деп аташат[84]. Автордун, исламдын таасири астында «маңызы эмес, аты, сөзү өзгөрдү. Онгонду арбак деп, куктенгрини алла же кудай деп айта баштады..., ал эми идеясы болсо шамандыкы бойдон калды... Асман алла идеясы менен кошулуп кетти»[85] деген пикири казактарга карата да, кыргыздарга карата алганда бирдей даражада адилеттүү.

Өткөндө асманды кудай катарында урматтоонун изи сакталып калгандыгы жөнүндө К. К. Юдахин келтирген баалуу маалыматтар да күбө[86]: теңир 1. кудай (кудайдын ордуна же ага кошулуп айтылат: кээде асман же көк менен бирге айтылат87); теңир урсун! же кудай-теңир урсун! теңир соккур![88] 2. небо; көк теңирдин каары; кудай сени каргасын, теңир сени тепсесин! ыр Көк теңири урду.

Биз кыргыздарда чогулуп, кудай катарында асманга сыйынышкандары, курмандык чалышкандыгы жөнүндө кандайдыр-бир эскерүүлөрдү учурата алган жокпуз, мындай сыйынууну 1913-жылы бельтирлерден (хакастардан) өз көзү менен көргөн С. Д. Майнагашев тарабынан эң сонун жазылган[89].

Мындагы кызык нерсе, асманга курмандык чалуу хакастарда «tirip taji» деп аталат; курмандык чалуу сөзүнүн (taji) өзү кыргыздардын тайы деген сөзү менен толук дал келет[90]. Бул сыйынуу шамандардын катышуусусуз өткөндүгү мүнөздүү. Качиндиктерде сыйынуу — дан болсун, кара жерге мал жаюу үчүн чөп чыксын, жаш муундарга ден соолук болсун деген тилек тилеп өткөрүлгөн, б.а. биз бул жерде асман кудайынын түшүмдүүлүк культу менен байланышын көрүп турабыз. Бельтирлер сыйынышканда асманга, өздөрү жашап турган тоого, агын сууга, жамгыр сурап чімыр-чамыр жинге кайрылышат. Алар күн чыгышты карашып, колдорун асманга көтөрүшөт. С. Д. Майнагашев «tirip taji» ырым-жырымында эки диний системанын: анимисттик ишеним менен айкалышкан шамандык доорго чейинки уруулук культтун жана күндү урматтоочулук менен айкалышкан жалпы уруулук асман культунун аралашып кеткендиги жөнүндө туура жыйынтык чыгарат. Л. Я. Штернберг асман культунун өзү күн культунан келип чыккандыгын белгилейт[91].

Алтайлыктарда асман жана жер кудайлары шамандык космология менен чырмалышып кетип, шаман культунун ажырагыс бир бөлүгү болуп калган. Асмандын башкы руху — Ульген, күндү, айды жана асмандагы бардык нерсени жараткан деп эсептелген[92]. Шамандардын дубасында төмөнкүдөй сөздөр учурайт: jalbarганым Таңара, «Ам ман таңаразша зикир чалдым»[93] жана д.у.с. Ульгенге атайы сыйынышып, 3, 6, 9 жана 12 жылда бир жолу кандуу курмандык чалышкан. Бул курмандык чалуу ырым-жырымын «устугу» деп, б.а. асманда жашаган рухка тартуу деп аташкан. Ульгенге — берген жыргалчылыгы үчүн алкыш айтышып, андан мал, бала, аңчылыктын ийгиликтүү болушун, сүттүн, арпанын, чөптүн мол болушун сурашкан[94]. Башка сөз менен айтканда ага түшүмдүүлүктүн кудайы катарында кайрылышкан. Алтайлыктарда кыргыздардагыдай эле «таңара» жана «кудай» терминдерин синонимдер деп эсептөөгө болот, «таңара» перси сөзү «кудайдын» ордуна колдонулат.

Л. И. Лавров биздин көңүлүбүздү балкарлар менен карачайларда карыялар «тейри» деп аташкан кудайга ишенишээрине бурду[95]. Бул асман кудайы болучу. Волга боюндагы татарлардын тилинде «тэңре»[96] деген сөз сакталып калган, башкырттар жөнүндө С. И. Руденко Ибн-Фадландын 12 «төрө» (табияттын) тууралуу маалыматын келтирет; ал мындай деп жазат: «...асмандагы төрө болсо, алардын баарынан чоңу»[97].

Асман культунун кыргыздарда сакталып калган изи азыркы кыргыздардын ата-бабалары тарабынан асман эң кубаттуу башкы кудайлардын бири катарында урматталганы шек санатпайт; анын каарынан, жазасынан коркушкан, демек, байыркы түрктөр асман рухуна курмандык чалышкандай, кыргыздар да асмандан ырайым сурап курмандык чалышкан[98]. Байыркы түрктөрдө «täңri» — асман, Умай жана жер-суу кудайы менен бирдикте кудай аял катары эсептелген. Тонүкүккө коюлган эстеликтеги жазууларда төмөнкүдөй саптар бар: «Таңri, Umai, ydyq jar sub basa darti arinc», б.а. «Асман, (кудай аял) Умай, ыйык Жер суу — мына (бизге) жеңишти ушулар берди деп ойлоо керек»[99]. Тувадагы экинчи бир эстеликте мындай жазуу бар: « Таңrim очук бизка», б.а. «Менин асманым (кудайым) бизге чатыр»[100].

Жакынкы эле өткөн мезгилде асман культунун бир кыйла өнүккөн формада (хакастар менен алтайлыктарда), ошондой эле бир канча начар, калдык түрүндө (кыргыздарда, карачайларда жана балкарларда) сакталып келиши бул элдердин белгилүү бир бөлүгү этникалык жактан алганда байыркы түрк этномаданий чөйрөсүнө таандык болгондугун айгинелеп турат.

Жазма булактарда хуннулардын жерди ыйык тутушкандыгы жөнүндө маалыматтар бар: «...сюнну сегизинчи айда жердин рухуна күзгү курмандык чалуу учурунда сыйынуу үчүн бирге чогулушкан»[101], Ухуандар (биздин замандын I—II кк.) асман рухуна гана эмес, жердин, тоонун жана дарыялардын рухтарына да сыйынышкан[102]. VIII кылымда кидандар жерге курмандык чалышкан[103]. Байыркы түрктөрдө жер культу андан ары өнүккөн. Өзүнүн байыркы түрк сөзү otukan[104] жөнүндөгү этюдунда Л. П. Потапов бул терминдин П. Пельо жана башка изилдөөчүлөр тарабынан сунуш кылынган талдоосун келтирет. Байыркы түрк сөзү otukan байыркы түрктөр жашаган территориядагы тоо кыркаларынын аты» ал эми терминдин өзү жер кудайы деген мааниге ээ болгон деп табылган. А. П. Потаповдун этнографиялык материалдарга негизденип айткан пикири боюнча, сөз байыркы түрктөрдүн жалпы уруулук менчигин түзгөн жана алар ата-бабаларга, тоолорго жана асманга сыйынышкан аймак жөнүндө болууга тийиш. Байыркы түрк уруулары менен тукумдарынын бир бөлүгүнүн Енисейдин баш жагында реалдуу жашап турган otukan тоо кыркаларынан оолак жашап турган шартта, ал акырындык менен конкреттүү тоо кыркасы эмес, жалпы түрктөргө тийиштүү абстракттуу жер кудайы катарында кабыл алынып кеткен, otukan байыркы түрктөрдүн гана эмес, моңголдордун да жер кудайы болгон. Ошентип, жер кудайын ыйык тутуу кеңири тараган. Бул, жер-суу кудайы (Jar sub) байыркы түрк рун жазууларында да чагылдырылган.

Бул байыркы түрк кудайы менен байланышкан ишенимдин калдыктары кыргыздарда *Жер-Суу кудайы* жөнүндөгү түшүнүк түрүндө сакталып калган, бул кудайга ырайым сурап же алкыш иретинде курмандык чалууга туура келген[105]. Бул кудайга курмандык чалып сыйынуу (ал *жер-суу тайы, жер-суу таюу* деп аталган) жаан жаабаган, кургакчылык болгон учурларда өткөрүлгөн. Ар бир боз үйдөн бирден кой же 7 токоч алынып, казан жана идиш-аяктарды чогултушуп, *суу башына* барышкан. Сыйынууга эркектер да, аялдар да жана башкалар да катышкан. Койду мууздоонун алдында бардык эркектер менен аялдар жүздөрүн кыбылага бурушуп, жаш жигиттер курмандыкка чалына турган койлорду даяр кармашып, бардык катышып тургандар:

Кудай жалгай көр!
Кудай бере гөр,
Айланайын, жамгырыңды бер!

— деп бата кылышкан.

Койду мууздашып, канын сууга агызышкан, этин бышырышып, жалпы отуруп тамак жешкен[106].

«Жер-суу таюу» деген ат менен ооруп калганда же башка кырсык болгондо жеке сыйынуулар да өткөрүлгөн. Бул максатта жакын жердеги мазарлардын бирине барышкан. Ал жерде тигил же бул мал союлуп, тууган-туушкандарын чакырып тамак беришкен. Диний *даарат* алышып, курандан аяттарды окушкан[107].

М. Н. Богданова Жер-суу таюу ырым-жырымын — жер суу кудайынын урматына курмандык чалууну — дыйканчылык ырым-жырымдарынын категориясына таандык кылат. Бул жаз мезгилинде, адатта суунун жээгинде жер жаңы көктөй баштаганда өткөрүлгөн. Айтылган дубаларда жердин түшүмдүү болушун, суунун жана түшүмдүн мол болушун сурашкан. Мындай ырым-жырымды өткөрүшкөндөр сууну жөнгө салып турган мурабды (*көк башы*) сууга салуу же ага суу чачуу салты болгон; бул суунун мол болушун пайда кылат деп эсептешкен[108].

www.bizdin.kg

Жер-Суунун урматына курмандык чалууга байланышкан бардык дубалар менен айтылмалар салттык элементтер менен мусулман ырым-жырымдарынын чырмалышып турганы мүнөздүү. Айтмакчы, суук тийген адамды дубалоо да: «А кудай оомийин, жер оомийин, суу оомийин...» деген сөздөр менен коштолгон.

Ысык-Көл боюнда чөп чабыктын учурунда, эгин бышаар алдында өткөрүлүүчү *жер таюунун*[109], ошондой эле Түштүк Кыргызстанда эгин дан байлаганда, эгер анда зыяндуу курт-кумурскалар пайда болсо, кара көсө басса жана д.у.с. учурларда өткөрүлүүчү ырым-жырымдардын жер-суу кудайынын урматына өткөрүлүүчү ырым-жырымдар менен сөзсүз байланышы бар; бул учурда мал союшуп, анын канын машактарга чачышкан, түшүмдү сактай көр деп тилек тилешип, дуба айтышкан. Түштүк Кыргызстанда дыйкандар кургакчылык учурларда мечиттин жанына же арыктын боюна чогулушуп мал союп, сыйынышкан, андан кийин тамактанышкан. Бул ырым-жырым *кудайы*[110] деп аталган, б.а. бул тамак ичүү кудайдын ырайымына ээ болуу максатында уюштурулган, бирок, анын маңызы Жер-Суу кудайына ишенүүгө байланышкан башка ырым-жырымдары менен бирдей болгон.

Албетте, М. И. Богданованын Жер-Суу таюу ырым-жырымын жалаң дыйканчылык ырым-жырымдарынын категориясына гана таандык кылганы анчалык туура эмес. Бул ырым-жырым бирдей эле даражада малчылар үчүн да олуттуу мааниге ээ болгон. Т. Баялиева тарабынан 1959-жана 1960-жылдарда чогултулган материалдарга караганда Жер-Суу кудайына курмандык чалуу жылына эки жолу[111]: койлордун туутунун башталышы менен дал келген жазгы көктөмдүн учурунда жана кеч күздө, малдын ээлери малын кыштоолорго айдашып, катаал кышка камына баштаган учурда өткөрүлгөн. Бир уруктун бардык мүчөлөрү, балдары менен кошо бир жерге чогулушуп, даярдалган тамак-ашты алып келишип, курмандыкка чалына турган малдарды айдап келишкен. Урматтуу карыялардын бири кудайга, жерге, сууга кайрылып, алардан ар кандай кырсыктардан, оору-сыркоодон сактоону өтүнүп, мал жана адамдар үчүн ден соолук тилеген. Андан кийин союлган мал этин казанга бышырышкан; үйдөн ала келген тамак-аш менен этти жеп бүтүшкөндөн кийин Жер-Суу кудайына арнап сыйынуу сөздөрүн айтышкан.

Ушундай эле ишеним өткөндө алтайлыктар менен хакастарда да тараган, бул ишеним аларда бир кыйла өнүккөн мүнөздө болгон. Л. Э. Каруновская мындай деп билдирет: «Ak toson altaj тоосунда жердин эң кадыр-барктуу руху Geri-su турат, буга жердин бардык рухтары баш иет. Бул жерде малчылар барк туткан объектилер сакталып турат: малдын (kut), тайга жаныбарларынын жана балдардын (jula) түйүлдүктөрү — жаны сакталып турат. Зикир убагында шаман ошол жандарды алууга аракеттенет. Geri-su курмандык чалуу үч жылда бир жолу өткөрүлөт, курмандыкка жээрде ат же ак кой, арак, сүт, чеген чалышат»[112]. Алтайлыктардын түшүнүгү боюнча жер чөйрөсүндө жашаган рухтардын катарында А. В. Анохин суу жана жер рухтарын атайт (jer-su)[113]. Кызылдыктар (хакас топторунун бири) С. Д. Майнагашевдин билдирүүсүнө караганда «жерге курмандык чалууну» өзгөчөлүү өткөрүшкөн[114].

Л. Э. Каруновскаянын баянына караганда Geri-su кудайында өң-турпат болгон эмес[115]. С. А. Токарев да «алтайлыктар туткан жалпы эле табият культунда персондошторуу элементи өтө начар роль ойногон... Мүнөздүү мисалдардын бири — Иер-суу... «Жер жана суу», жер жаратылыш — уруктук гана эмес, жалпы уруулук культтун нерсеси катарында кызмат кылат. Бул ишенимде анимисттик

да, мифологиялык да элементтер көрүнбөйт. Жер үстүндөгү көзгө көрүнгөн нерсенин бүт баары адамга кудай катарында көрүнөт»[116].

Кыргыздарда жер-суу кудайы жөнүндөгү түшүнүк абдан исламдашкан болсо да жана өтө эле күңүрт мүнөздө болсо да алар алтайлыктар менен хакастардын диний ишенимдери менен жалпы белгилерди сактап калгандыгын көрүү кыйын эмес Курмандык чалуу менен бирге өткөрүлө турган бардык магиялык ырым-жырымдардын өзгөчөлүгү толук түрдө «жердеги» турмуш-тиричилик менен байланыштуу болгондугунда, алар баарыдан мурда, курчап турган жер жаратылышынын негизги ресурстарын — жер менен сууну пайдаланууга негизденген мал чарбасы менен, дыйканчылыктын керектөөлөрү менен шартталган ырым-жырымдар болуп саналат. Кыргыздардын ырым-жырымдарынын тизмегинде да, — бул тизмени дагы созо берсе болоор эле, — биз персондоштуруу элементтерин байкабайбыз, жер-суу культуна байланышкан кандайдыр-бир турпаттардын бар экендиги да аныкталган жок.

Кыргыздардын жалпы жер-суу кудайына карата ишенимдери, жер жаратылышын кудайга айландырып жиберген ишенимдери асман жылдыздары жана жаратылыштын стихиялуу күчтөрү жөнүндөгү түшүнүктөрү менен толукталат.

Кыргыздардын диний көз карашына токтолуп, Ч. Валиханов мындай деп жазат: «От, ай, жылдыздар алар урматтаган нерселер»[117]. Автор казактар менен кыргыздардагы «шаманчылыкты» бирдей карагандыктан, жаңы туулган айды көргөндө үч ирет жүгүнүү жөнүндө анын айтканы кыргыздарга да тиешелүү деп эсептөөгө болот[118]. Ф. Поярков да минтип жазат: «Айды көрүп, ар бир кара-кыргыз, эркек да, аял да ага бата кылат[119] ( б.а. сыйынып, жакшы тилек тилейт — С. А.)». Этнографтар менен тилчилерде кыргыздардын жылдыздарга өзгөчө мамилеси, шамалды, чагылганды жана табияттын башка каардуу кубулуштарын жандуу нерсе катарында түшүнүшкөнү жөнүндө да айрым маалыматтар бар.

Атап айтсак, өлүк көмүү ырым-жырымында мындай бир деталды белгилеп кетели: маркумдун кийимин үйүнө алып келгенден кийин (кылган кызматы үчүн сый катарында) аны жууган адамдар ал кийимдерди «жылдыздар көрсүн» дешип, бир күнгө тышка калтырып коюшкан, андан кийин үйгө киргизишкен[120], маркумдун бүткүл кийимин жылдыздар көрсүн дешип, боз үйдүн үстүнө жайып салышкан[121]; өлүктү көмүү алдында пайдаланылган кийизди, жапкычты жана башка буюмдарды да *жылдыз көрсүн* дешип, тышка калтырып коюшкан[122]. Г. П. Снесарев туура айткандай, бул ырым-жырымдар — асман жылдыздарынын тазалоочу касиети бар деген байыркы түшүнүктөрдүн калдыктары[123].

В. В. Радлов жазып алган «Эр Төштүк» эпикалык поэмасында биз төмөнкүдөй саптарды окуйбуз:

Асмандан урган мөндүр, катуу шамал
Элеманга кеп айтат:
Сен малга тойбос болупсуң,
Сен данга тойбос болупсуң,
Сенин ачкөздүгүң ашыптыр,
Курмандык чал малыңдан,
Ырайым сура Кудайдан[124].

В. Вербицкийдин билдирүүсүнө караганда алтайлык мундус жана төөлөс уруулары «добулдун, чагылгандын жана жамгырдын ээси» Тотой-Паянды ыйык тутушкан[125]. Кыргыздарда коркков, чоочуганда (негизинен аялдарда): **О,**

**татай!** эмне деген шумдук![126] деп үн салмай адат бар. Бул мүмкүн качандыр-бир убактагы дал стихия кудайына карата ишеним менен байланыштуу болсо керек.

Кыргыздарда көптөгөн башка элдердегидей эле жаратылыштын кырсыктуу күчтөрүнө бир катар магиялык ырым-жырымдардын жардамы менен таасир кылууга болот деген түшүнүктөрдүн болгондугу табигый нерсе. К. К. Юдахин биринчи жолу жазгы күн күркүрөгөндө аялдар жалынып, *дамбыр таш* айтышып, чөп менен сүттүн көп болушун тилешкенин айтат. Алар сүт чаканы көтөрүп алышып боз үйдү үч ирет айланышып: чаканы ургулашып: **жер айрылып көк чык, желин айрылып сүт чык**[127], дешип үн салышкан.

Койдун карынынан табылган таштын (*жай таш*) жардамы менен аба ырайын өзгөртүү, айрыкча жамгыр, кар жаадыруу максатында иштелүүчү ырым-жырым да өзүнчө формага ээ болгон[128]. Ушундай «уу» таштын бар экендигине жана анын сыйкырлык күчүнө ишенүү түркий тилдүү элдердин, алардын ичинде байыркы түрктөрдүн арасында кеңири тараган[129]. Кыргыздардын арасында да жай таштын жардамы менен жамгыр жаадыра ала турган *жайчы* деп аталган өзгөчө адамдар болгон. Жайчылар өз дубаларын араб-фарсы тилинде айтышкан, анын маанисин өзүлөрү да түшүнүшкөн эмес. М. Н. Богданованын айтканына караганда жайчылык дубалар жана ага тийиштүү ырым-жырымдар кургакчылык учурунда жамгыр жаадыруу максатында өткөрүлгөн.

Жайчы өз дубасын кырк чыбыкты дубалап, кырк жолу кайталагандан кийин аларды сууга салган. Андан кийин кезеги менен төрт жолу дуба окуган. Мындан кийин ал мүрзөдөн топурак алып келип, ал абага чачып, кырк жолу дагы дуба окуган[130]. М. И. Богданова дубачылар адетте профессионал бакшылар болушканын, алар бир эле убакта эмчилик жана шамандык милдеттерди да аткарышканын белгилейт.

Көчмөн-малчы кыргыздардын диний ишенимдерин изилдөөчүлөр үчүн мал чарба культуна тийиштүү болгондордун баары өзгөчө кызыгууну туудураар эле. Бирок, бул тема өтө эле аз изилденгендердин катарына кирет. Эгерде мал чарба турмуш-тиричилигинин айрым бир нерселери менен байланышкан бир катар ырымдарды жана ишенимдерди эске албаганда, мал чарба культуна тийиштүү көрүнүштөрдүн катарына, баарыдан мурда, малчылык ырымдарын. кошууга болот[131].

Алсак, музоо туулганда айтылуучу кылоо-кылоо деген белгилүү дуба бар. Төлдөгөндөн кийин саап алынган ууз сүттү казанга кайнатып айылдаштарды сыйлашкан; казандын түбүндө калган ууз сүттү чөмүч менен сүзүп алышып, музоонун маңдайына алып келип, үч жолу тийгизип, миң уйдун башы бол дешип ырымдашкан. Андан кийин аял чөмүчтөгү ууз сүттү музоонун маңдайына тамызып, калганын төгүп салышкан.

Сактоочу ырымдардын башка бир категориясы — төлдү бөлөк малга телигенде колдонулуп, ал *мал телүү* деп аталган[132]. Мындай ырымдарды койдун козусу же башка үй жаныбарларынын улагы, музоосу ж.б. өлүп калганда колдонулган. Кой ылаңдап, сүтү байып кетпесин үчүн өлгөн козунун терисин сыйрып алышып, аны бөлөк бир тирүү козуга жаап коюшуп, койдун жанына алып келишкен. Кээде тирүү козуну эмес, өлгөн козунун терисинин үстүнө туздан сээп коюшуп, аны койго жалатышкан, бул кой козусунун жытын сезсе, сүтү байыбайт деген максатта иштелген. Козуну башка койго телигенде козу телүү деген ырым ыры ырдалган.

Жылкычылардын арасында кары жиликке чоң маани берилген. Эгер: ал жилик жылкычынын боз үйүндө турса, ал жалгыз калганда да өзүн коопсуз

сезген. *Кары жилик жылкы кайтарат* деп эсептешкен. Андан карышкырлар да, уурулар да коркушкан. «Бул жиликти тиш менен мүлжүбөө керек»[133].

Келтирилген маалыматтар кыргыздардагы мал чарба культун көрсөтүп турат.

* * *

Өз кезегинде, мурда эле С. Д. Майнагашев хакастарга баргандыгы жөнүндөгү баянында — качиликтерде, сагайларда, белтирлерде өткөрүлүүчү бир катар курмандык чалууда шамандык ишенимдер менен аз сыйынышаарын, алардын айрымдарын калк, шамандарды катыштырбай эле өзүлөрү өткөрүшөөрүн, башка бир курмандык чалуу ырымында эки диний системанын: уруулук культ менен шаманизмдин аралашып кеткенин эң туура белгилеген[134]. Бул элдерде шаманизмге чейинки (жана уруулук) культтун орун алгандыгы жөнүндөгү ушул эле ой кийин Саян-Алтайдын бир катар башка элдерине карата колдонулуп Л. П. Потаповдун жана С. А. Токаревдин эмгектеринде өнүктүрүлгөн[135]. Бул изилдөөлөр ал элдердин уруулук культу табият культунун ар түрдүү көрүнүштөрү менен өтө тыкыс түрдө чырмалышып калганын көрсөттү. Уруулук культ кийинчерээк шаманчылыкка байланыштуу келип, түшүнүктөрдүн системасынан мурда болгондугу шексиз. Уруулук культта тигил же бул деңгээлде — асман культу да, жердин жана суунун культу да, тоонун культу да жана бир катар башкалары да калыптанган. Бул уруулук культ, С. А. Токаревдин изилдөөсү көрсөткөндөй, өтө татаал мүнөздө болгон. Ал, атап айтканда — жерди, тоолорду, өрөөндөрдү, тоо мөңгүлөрүн, дарыяларды, булактарды жана аларды колдоочу рухтарды (же ээлерин) урматтоодон көрүнгөн. А. В. Анохин бардык ушул рухтардын жалпы атын төмөнкүчө келтирет: «а» (ээси)[136]. Кыргыздарда ээ деген сөздүн бир мааниси кудай, колдоочу рух болуп саналат[137]. Бул колдоочу рухтардын ар түрдүү категориялары бар: мазардын ээси — ыйык жайлардын колдоочу руху; башаттын ээси — булактын колдоочу руху; арашандын ээси — дары булактын колдоочу руху. Кыргыздардын түшүнүгү боюнча адамдын да колдоочу руху бар: Турумбегимди ээси алды ( б.а. Турумбек өлдү)[138]. Көпчүлүк убакта ата деген сөз — ээси, колдоочу рух деген эле мааниде колдонулат, айрыкча ыйык нерселерге карата алганда ушундай маанини берет. Кыргыздардын колдоочу рухтары (ээ, ата) алтайлыктардыкы (а) сыяктуу эле «тигил же бул жайга — тоого, дарыяга, көлгө, аскага ээ кылынат да, жергиликтүү рухтар болуп саналат»[139].

Көчмөн адамдын жакын айлана-чөйрөсүндөгү объектилерге табынышы кыргыздардын күндөлүк турмушунда жана жөнөкөй аң-сезиминде көбүрөөк реалдуу мааниге ээ болгон. Алардын арасында тоолор, аскалар, булактар, бадалдар, айрым дарактар жана д.у.с. бар. Булардын айрымдары кыргыздарда өткөн чакта уруулук культтун объектилеринен болгон деп эсептөөгө негиз бар. Бул баарынан мурда тоону ыйык тутууга тиешелүү. Алтайлыктарда, Л. П. Потапов белгилегендей, тоо культунун уруулук мүнөзү ачык байкалат[140]. Кыргыздардагы бул культ жөнүндөгү так маалыматтар жагынан биз В.В. Радловго милдеттүүбүз, ал мындайча белгилейт: «...бугуларда, мага билдиргенине караганда, каракыргыздардын бул тарабында Чүй дарыясынын башындагы Кунграман (Күнгүрөмө) тоосу, Көк суу дарыясынын боюндагы Чолпон-ата жана Текес дарыясынын боюндагы Ала-баш-ата ыйык деп эсептелинет»[141]. В. В. Радловдун текстинен, Ысык-Көл боюндагы жана ага чектеш жаткан Текес дарыясынын бассейниндеги аймактардагы бул тоолор дал бугу уруусунун табынуучу жайлары болгондугу, алардын кыштоолору менен конуштары ушул жерлерде орун алганы билинип турат.

Биз тараптан 1953-жылы чогултулган талаа материалдардан кээ бир тоолор айрым бир уруулардын ыйык жайы болгон деп айтууга мүмкүндүк берет. Ысык-Көлдүн түштүк-батыш тарабында, өзүлөрүнүн теги боюнча бугу уруусунун бапа уругуна таандык болушкан кыргыздар жашаган Барскоон кыштагынан болжолу 35 км аралыкта турган Дүңгүрөмө[142] тоосу ушундай ыйык тоо болуп саналат. Ушул кыштактын тургуну Т. Айтбаевдин айтканына караганда, ыйык деп эсептешип, ал жерге зыяратка барышкан, курмандыкназир тайышкан. Тоодо ашуу бар, андан суунун шары адамдардын сүйлөшкөнүндөй болуп угулуп, ал эми жумага караган түнү баланын ыйлаганы угулуп турган. Ыйык тоодон коркуп сестенишсе да, адамдар ага барганын уланта беришкен. Кочкор өрөөнүндөгү (Тянь-Шань) Кочкор-Ата тоосу жана башкалар да ыйык тутулган. Кашгарлык кыргыздарда Муз-таг-ата (Сары-кол тоо кыркасында) жана Маркен-Ата (Улуг чатка жакын) ыйык тоолор деп эсептелген. Бугулардын түпкү энеси — мүйүздүү байбиче жөнүндөгү легендага байланыштуу болгон Аламышык тоосу да ыйык тутулганын белгилебей коюуга болбойт. Ал тоодо ушул легендалуу аялдын аты менен аталган ыйык мазар бар. Ал жерде адамдар табынган жалгыз түп арча да бар.

Ал эми Кочкор-Ата тоосуна келе турган болсок, бул жөнүндө мурда эле Ч.Валиханов казак султаны Барактын (1770-ж.) кыргыздарга кол салганына токтолуп, минтип жазат: «...ал өзүн өтө эле бейкам тутуп жана күчүнө чиренип, жапайы кыргыздардын ыйык жайын — Кочкор-Атанын бейитин кордогон». Анын мыкаачылыгына кыжыры келген кыргыздар Барактын лагерине кол салып, анын аскерлерин качууга аргасыз кылып, Иле дарыясына чейин кууп барышкан. «Кыргыздар аскерлердин качышын ыйык атанын колдогону менен түшүндүрүшкөн»[143].

Биз тоолорго же тоо рухтарына назир таюунун кандайдыр-бир белгисин көрө албадык. Бирок кыргыз тилинде мындай издер сакталып калган. К. К. Юдахин «тайы» (курмандык чалуу, табынуу) деген сөзгө түшүнүк берип: Оподдун тоосун тайыпсың деген сүйлөмдү мисал келтирет (бул тоо кашкарлык кыргыздар тарабынан ыйык тутулган)[144].

Табияттын ар түрдүү нерселеринин «ээлеринин» арасында өтө күчтүүлөрү жана зорлору болгон. Аларга тоолордун бийик чокулары жана ашуулар кирет. Аларды ыйык тутуу моңголдор менен буряттарда күчтүүрөөк, кыргыздар менен кандайдыр-бир этногенетикалык байланыштары болгон алтайлыктарда, тувалыктарда, хакастарда жана башка элдерде да байкалган. Бул өзгөчөлүү культту Е. Г. Кагаров толук талдап карап чыккан[145]. К. К. Юдахин «Кыргызча-орусча сөздүктүн» жаңы басылышында кыргыз тилинде да обоо деген сөз — таштардын үймөгү, таш дөбө дегенди — тоо рухуна таюу дегенди билдирээрин тактагандан кийин[146] (алтайлыктарда да «обого», «обоо» — тоо рухунун урматына тайылган таштардын үймөгү)[147] бул терминди өткөн убакта кыргыздарда орун алган диний сыйынуулардын объектилери (кайсы бир жерлерде азыр да кезиге турган), алардын ичинде ашууларда, тоо капчыгайларынын өзгөчө урунттуу жерлеринде жайгашкан объектилери менен салыштырып көрүүгө мүмкүнчүлүк пайда болду. Булар үймөк таш, таш коргон, ал эми кээде топурак кирпичтен жасалган үй түрүндө — айрыкча бийик тоолуу райондордо, баарыдан мурда Памир-Алай тоо кыркаларында көп учурайт[148]. Алардын жанында, албетте, тоо текелердин, эликтердин баш сөөктөрү жыйылып коюлат, топоздордун куйругу, же алардын бир ууч жүнү, кездеменин айрыгы байланган бакандар турат, ал эми куурай же бактарда көптөгөн кездеменин

айрыктары, кебездин булалары, жип жана д.у.с. илинип турат. Ашуу-белдерде көп учурда алардын «ээлерине» курмандык чалышкан.

Бул ыйык тутулчу жерлерде азыр бардык жерлер обоо делбей мазар деп аташат. Алар мусулманчылыктын ыйык элементтеринин бирине айланып кеткен. Алардын жанында жалгыз-жарым, кээде бир топ бейиттер болот. Ф. Поярков «өзгөчө ыйык тутулган жерлерде же бейиттерде бакан сайып, аны түрдүү түстөгү чүпүрөктөр менен коoздоо, мындай жерлерге мүйүз жана башка нерселерди алып келип коюу» кыргыздардын адаты деп жазат[149].

Мисалы, Алай кырка тоосундагы Алай өрөөнүнөн чыгыш Памирди карай кеткен Кызыл-Арт белиндеги кадимки эле эски обоо — мазар ыйык деп эсептелген. «Ашуунун белинде (Кызыл-Арт — С. А.) мазар, б.а. күмбөз бар. Аркардын баш сөөктөрү менен мүйүздөрү аркайып турат, топоздордун ак жана кара куйруктары, шамалга желбиреген кездемелердин айрыктары»[150]. Сарык-Могол ашуусунун жанында (Алай кырка тоосунда) биз «Ала-мазарды» көрдүк: тегерете таш коргон менен курчалган 5—6 бейит жатат. Алардын ортосунда топоздун куйругу байланган бакан турат. Бейиттердин бири ыйык деп эсептелет. Кечээ жакында эле жалпыга белгилүү болуп жүргөн, Фергана тоо кыркасындагы Көк-Арт ашуусунун жанынан орун алган Саймалу-Ташты обоо тибиндеги ыйык жай деп эсептөөгө болот. Бул жер ыйык деп эсептелинген. Ал жерге төрөбөгөн аялдар, ошондой эле сыркоолор 2—3төн болуп барышкан. Алар өзүлөрү менен кошо кайсы-бир малды жетелешип, токоч алышып (сөзсүз 7 токоч — жети нан алуу керек болгон) барышкан. Ал жерде малды союшуп, этин бышырып жешкен, курандан дубаларды окушуп, түнөшкөн. Бул жерде кыргыздар адам баласы жаза албай тургандай сүрөттөрү бар миңдеген таштар жана алардын сыныктары жатат. Мында малдын тумоосу, кырсык болгон учурларда көп адамдар чогулуп сыйынышкан. Мындай учурда бул жерге жакын жайгашкан жайлоолордон малды айдап келишкен. Курмандыкка бир мал чалып, этин ушул эле жерде жешкен[151].

Ушуга байланыштуу муну айтуу керек: курмандыкка мал чалуу (ыйыктын ырайымына ээ болуу же күнөөсүн кечирүүнү сурап назар таюу) кыргыздардын диний практикасында өтө кеңири тараган, бул көрүнүш кыргыз лексикасында атайын терминологияда берилген[152]. Ч. Валихановдун «Кыргыздардагы шаманчылыктын издери» деген эмгегинде «Курмандык чалына турган мал жөнүндө» деген атайын бөлүм бар, мында ал курмандык чалып жатып, дуба кылган казак тайылган малдын белгилерин кошо айтаарын (кыргыздарда да ушундай) көрсөтөт. Ал дагы мындай деп белгилейт: «...кыргыздар (бул казактарга да, кыргыздарга да тиешелүү — С. А.) кенедей эле кырсык болсо кудай деп... же арбактарга арнап мал союшат, курмандыкты обонун жанында эмес, ата-бабанын бейитинде чалышат»[153].

Кыргызстандын бүткүл аймагында учурай турган жергиликтүү ыйык жайлар — мазарлар көпчүлүгүндө обоо сыяктуу түшүнүктөн келип пайда болгон. Бул мазарлардын культу турмуш-тиричиликтеги исламдын, айрыкча олуялар культунун ажырагыс бир бөлүгү болуп калгандыктан, муну мусулман диний ишенимин активдүү жолдоочулары кеңири пайдаланышкан. Биз а түгүл ар түрдүү ыйыктардын ортосунда «генеалогиялык» байланыштардын элементтерин табууга аракеттенүүнү да көрдүк Алсак, Чолпон-Ата кыштагында (Ысык- Көл боюнда) бир молдо бизди төмөнкүдөй схема менен тааныштырды: Арстанбабанын (Түштүк Кыргызстанда жайгашкан белгилүү мазар, Арслан- боб же Арстанбап деп аталат) жети уулу болгон, алардын урматына төмөнкү мазарлар курулган: 1) Ойсул-Ата (Кулжа шаарында), 2) Каракол-Ата (Каракол

өзөнүнүн жээгинде, Пржевальск шаарынын жанында, азыр көрүстөн); 3) Шың-Ата (Ысык-Көлдүн түндүк жээгинде, айыл чарба техникумунун жанында)[154], 4) Манжылы-Ата (Ысык-Көлдүн түштүк жээгинде, жолдон 600—700 м. алыстыкта, Кекилик суусунан бир нече километр аралыкта); 5) Чолпон-Ата (Ысык-Көлдүн түндүк жээгинде, ушундайча аталган курорттун түндүгүнөн орун алган белгилүү мазар); 6) Кочкор-Ата (209-бет) жана 7) Олуя- Ата (Аулие-Ата, азыркы Жамбул шаары). Молдонун сөзү боюнча, «олуя» Чолпон Ата дөбөгө коюлган. Ал жерде бири муздак, бири жылуу эки булак, терек жана мажрүм тал өсүп турган. Бул жерге Ысык-Көлдүн түндүк жээгиндеги Чоң-Өрүктү кыштагынан Тору Айгырга чейинки кыштактардан төрөбөгөн аялдар жана оору-сыркоо адамдар келип турушкан. Ушул эле жерге ылаңдаган малды айдап келишип, түнөтүп, дуба окуп сыйынышкан (адетте жумага караган түнү). Ушул эле жерде Жер-Суу кудайына назар тайышып, жамгыр сурашкан. Жакын арада жашагандар, ошондой эле белгилүү манаптардын үй-бүлөсү өлгөн адамдарын дөңдүн этегине көмүшкөн.

Жети бир тууган «олуялар» жөнүндөгү ушуга жакын маекти Кыргызстандын түштүгүнөн угууга туура келди[155]. Бул жети бир тууган өз душмандарынан ар башка жерге качып кетишкен. Бири биринен алыс турган ыйык мазарлар алардын ысымдары менен аталган: Арстанбап, Тастар-Ата (Күнелек жериндеги тоонун чокусунда), Токбай-Ата, Шамшыкал-Ата (Кетмен-Төбөдө), Күртүк-Ата (Алай районундагы Андреев атындагы колхоздун аймагы), Морпостун (Анжыянда). Жетинчи мазардын атын маектешкен адам эстей алган жок.

Ыйык деп эсептелген жана айыктыруучу касиети бар деп эсептелген ар кандай жайларга баруу төрөбөгөн аялдарды эмдөөнүн көбүрөөк тараган ыгы болгон[156].

Төрөбөгөн кыргыз аялдарынын ар түрдүү ыйыктардын жардамын жана колдоосун сурап кайрылышы, өткөндө Орто Азия элдеринин арасында тараган мазарлар культунун ичинен өзгөчө айырмаланбайт. Бул культта ислам тарабынан канондоштурулган инсандардын күмбөзүнө же андай адамдар менен кандайдыр-бир байланышы болгон жайларга табынуу мусулманчылыкка чейинки магиялык-анимисттик мүнөздөгү түшүнүктөрдүн калдыктары менен чырмалышып кеткен.

Маңызы жагынан башка элдердеги «обоо» менен бирдей болгон көптөгөн кыргыз мазарлары менен байланышкан түшүнүктөрдү Борбордук Азиянын элдери үчүн мүнөздүү болгон жана кечээ жакынга чейин көптөгөн түркий тилдүү элдерде жашап келген байыркы диний түшүнүктөрдүн кеңири чөйрөсүнүн ыргактуу түрү катарында кароо керек экендиги айдан ачык.

* * *

Уруулук культ, тоо культу, ошондой эле үй-бүлө-урук ырым-жырымдары менен байланышкан үрп-адаттардын арасында үй-жаныбарларын тигил же бул рухтарга, кудайга арнап атоо, же илдетти ошол арналган жаныбарга көчүрүү үрп-адаты көрүнүктүү орун ээлейт. Мындай үрп-адат көптөгөн түркий тилдүү элдерде жана моңголдордо болгон. Бул кыргыздарда да болгон. Профессор К. К. Юдахин ошол эле маанайда ыйык мал тууралу төмөнкү маалыматты келтирет: **ыйык 2**. эски сөз, ыйык деп аталган мал (оторго коё берилет, мындай малды союуга жана этин жегенге болбойт, кээ бир жерлерде жылкыны мындай ыйык малдын катарына кошушпайт); **козголбос ыйык.. серке** (муну ыйык деп союшпайт); **ыйык көтөр** — жакшы көргөн малын короого кошуу (аны ыйык деп союшпайт); **ыйык көтөргөн тору айгыр; ыйык көтөргөн буура ыйык**

**көтөргөн** короодо сыркоо адамдын жакшы көргөн малын кармап, ал өзү каалаганда союп берүү[157].

Биздин жазгандарыбыз далилдеп тургандай[158], кыргыздарда башка элдердин малды багыштап атоо үрп-адатынан айырмаланып, жеке адамга, негизинен үй-бүлө мүчөсүнүн кимдир биринин ооруп калганына байланыштуу болгон. Адетте кой же эчки (көп учурда — *улак*) аталган. Бирок, К. К. Юдахиндин айтканына караганда кээ бир жерлерде жылкы да аталган. Отордон тандап алынган койду оорулуу адам жаткан үйгө алып келип, анын шыйрагын оорулууга карматышкан. Андан кийин койду кайрадан оторго кошуп жиберишкен. Эгер оорулуу адам сакайып кетсе ал койду союшкан, кээде сойбой да коюшкан. Эгер ал адам каза болсо, анда ал койду союшкан эмес. Мындай үрп-адат *ыйык көтөрүү (ыйык көтөрсө, шыйрагын кармап, түлөө кылат кудайга)* деп аталган[159]. Кээде тоокту да ыйыкташкан (*тоокту көтөрөт*). Биздин жазгандарыбызда үрп-адатты талдоо К. К. Юдахин тарабынан берилген талдоого жакын.

Дагы бир урунттуу нерсе — бул: «Кыргызча-орусча сөздүктүн» жаңы басылышында К. К. Юдахин ыйык деген мааниде (ыйык үй жаныбары) *сетер*[160] деген сөздү жана ага ылайык *сетер көтөр* деген сөздү келтирет. «Сетертей» же «сэтэртэй мал» деген термин моңгол малчыларында ыйык жаныбарды билдирет[161]. Л. П. Потапов билдиргенге караганда, түштүк-батыш тувалыктарда да үй-бүлө мүчөсүнүн ооруп калгандыгына, малдын илдетине жана өлүмүнө, жаңы шамандын пайда болгонуна байланыштуу мал багыштап атоо үрп-адаты болгон. Ал Борбордук жана Батыш Тувадагы «ыдыкка» дал келүүчү моңголдордо «сетэр» деп аталган. Кожоюндун оторунан тигил же бул малды тандап алышып, анын моюнуна арцистин[162] түтүнү менен (дубаланган) ышталган кездеменин айрыгын тагып кайра оторго коё беришкен. Ушундан кийин тувалыктардын ишеними боюнча үй-бүлөдө бакыбатчылык орногон. Мындай «дубаланган» мал «отордун ээси» деп эсептелип, башка адамдар ага тие алышкан эмес. Сетэр карыганда аны союп этин пайдаланышкан, бирок, ордуна жаңы сетэрди коюшкан. Төөнү[163], андан кийин сарлыкты жана эчкини (бычылган көк текени сетэр көтөрүүгө болот) сетэр көтөрүшкөн эмес[164]. Кыргыздар менен тувалыктардын үрп-адатынын айырмалары бар экенине карабастан окшоштугу ачык көрүнүп турат.

Ушундай эле үрп-адат, Ч. Валиханов белгилегендей, кыргыздарда да болгон: «Кыргыздар бир кырсык болгондо көпчүлүк убакта эмне үчүндүр жакшы көргөн жылкысын же башка малын атаган менен, курмандыкка анча баалуу эмес малын чалышкан. Бул үчүн аталган малдын (арналган малдын болсо керек — С. А.) шилекейин чындыгында союла турган малдын оозуна сүртүшкөн»[165].

Мына ошентип, кыргыздардын ыйык-сетэр үрп-адаты казактарда, тувалыктарда, алтайлыктарда, моңголдордо таралган үрп-адатка жалпысынан окшош деп эсептөөгө болот166. Бул болсо кыргыздардын жогоруда аталган жана башка коңшу элдер менен этногенетикалык терең байланышы бар экендигин дагы бир жолу ырастайт.

Жергиликтүү жаратылыш культунун бир бөлүгү болгон аскаларды, айрым таштарды, жалгыз тал даракты, токойлорду жана дагы ушу сыяктууларды ыйык тутууну мындай калтырып, сууларга жана булактарга өзгөчө мамиле жасоого да токтолуп өтөлү. Баарынан мурда, кыргыздарда, бүдөмүк болсо да, суунун ээси — колдоочусу жөнүндөгү түшүнүк бар[167]. Мындай ээ-колдоочу айрым агын-сууларда да болгон деп болжолдорго негиз бар. Тянь-Шанда *Алабуга* деген дарыя бар. Алабуга деген сөздүн азыркы мааниси — окунь. Бирок, кыргыз кары

тарыхынын билерманы Чоробаев Абдыкалык бул сөздү башкача түшүндүрүп, *ала бугу* дегенден келип чыккан дейт. Бул дарыянын башкы агымы ченде бугулар жүрчү экен, алардын бири *ала* болгон экен. А. Чоробаев ошол ала бугу ошол дарыянын колдоочу суу-руху (ээси), «кожоюну» болгондугуна ишенет. Дарыянын аталышынын ушундайча түшүндүрүлүшү чындыкка өтө жакын. Мурда келтирилген маалыматтардан көрүнүп тургандай бугу уруусунун түпкү энеси — Мүйүздүү эне Ысык-Көлдүн колдоочу суу — руху болгон.

Г. П. Снесарев сууга назир таюуга арналган кызыктуу этюдунда жазында, жер тосмолор алынып ташталып, суу каналга ага баштаганда, ага атайы арналып, алдын ала башы кесилген өгүздү алып келип салышкан. Кээ бир учурларда малды каналга салбастан, жээкте мууздашып, канын сууга агызышкан. Биз ислам менен эч кандай байланышы болбогон нагыз курмандык чалууну көрүп отурабыз»[168] — деп жазат автор. Кыргыздар жаңы арык казган учурда сууга же арыктын нугуна курмандыкка чалынган малдын канын агызуу үрп-адатын да сууга курмандык чалуу катарында кароо керек, бул жөнүндө көп сандаган далилдер бар. Алсак, Тянь-Шанда169 арык казуу жагынан кеңири белгилүү курулушчу айткандай, жаңы арыкка биринчи жолу суу коё бергенде «жер, суу таюу» деп аталган курмандык чалууну уюштурушкан. Сууну коё берээрдин алдында да кой союлуп, арыктын али кургак нугуна кан чачышкан. Канды чачканда төмөнкүдөй бата кылышкан:

Кан арыгы, жер-суу, тоо-таш,
Кудайым сенин жолуңа!

Союлган койдун этин бышырып, чакырылгандарды сыйлашкан.

Т. Баялиева суу рухун ыйык тутууга тиешелүү болгон калдыктардын жашоо байымдуулугунун күбөсү катарында мындай бир кызыктуу фактыны келтирет170. 1950-жылы Кочкор кыштагында (Тянь-Шанда) катуу сел жүрүп, малды жана үй эмеректерин сел алып кетип, оор кырсык болот. Ушундай кыйын учурда бир нече киши өзүлөрү менен кошо назир мал жетелеп алышып, айылдан алыскы сел башталган жерге барышып, ал жерде кудайга жана арбактарга аташып курмандык чалышып, малдын канын сууга агызышат. Мына ушул далилдүү фактыдан кандуу курмандык чалуу аркылуу албууттанган суу ээсинен ырайымдуулукту өтүнгөн аракетти көрүүгө болот. «Кудайдын жана арбактардын урматына» курмандык чалуу, суу амирине курмандык чалуу жөнүндөгү алда канча байыркы түшүнүктү кийинки шартка жараша өзгөртүп колдонуу деп эсептөөгө болот.

XIX кылымдын 90-жылдарында Ош шаарында Ак-Буура суусуна адамдар курмандыкка чалынгандыгы жөнүндөгү маалымат бар[171]. Бул маалымат текшерүүнү талап кылат. Бул жерде, мүмкүн, Аму-Дарыянын суусун каналга коё бергенде мурабды сууга салгандагыдай үрп-адат колдонулгандыр[172].

Качиндиктер дарыянын ээсине курмандык чалыша тургандыгы жөнүндө С. Д. Майнагашев жазган. Абакан дарыясына курмандык чалганды өзү көргөн. Ар кыл түстүү тасмалар менен оролгон торпокту дарыяга чөктүрүшкөн. Мындай курмандык үч жылда бир жолу өткөрүлүп турган[173].

Алтайлыктарда да суу руху — «su eezi» жөнүндө ишеним болгон. Суу ээсине оочу, тодош, мундус, меркит сөөктөрү курмандык тайышкан. Курмандыкка чалынуучу кара-боз аттын үстүнө кыл аркан — kesiI бекитишип[174], ага жоолук түрүндөгү чүпөрөктөрдү байлашкан. Суу ээси — «Су азі Cybai (Суват)-кан» шамандын батасында айтылат[175].

Кыргыздардагы ишенимдердин жоон тобу башаттар, кайнар булактар жана *арашан* суулар менен байланышкан. Бул жөнүндөгү баалуу маалыматтарды XIX кылымдын акырына таандык кол жазмалардан табабыз. Анын автору төмөнкүчө жазат: «Белгилүү же арашан жерлер ардакталат, ал жерлерде курмандык да чалышат. Мындай ыйык туткан жерлерге: Ысык-Атадагы арашан булактар, Жуван-арыктагы Сасык булак, Берикме менен Кетмен-Төбөдө — Кемпир-Тырмак... кирет. Бул жерлерде курмандык үчүн кой союшуп, этин бышырып жешет да, мүлжүгөн сөөктөрдү көрүнүктүү жерге жыйып коюшат, ошону менен бирге ал жердеги ар түрдүү сүрөттөрү бар таштарды мал майы менен сүртүшөт». Май менен майлагандан башка да ал таштардын үстүнө «шам чырак» коюшат, алардын саны ар бир курмандыктын максатына ылайык келет»[176].

«Бул дарыя (Ак-суу, Жыргалаң дарыясынын куймасы, Ысык-Көл боюнда) Жапайы таш кыргыздарынын арасында өзүнүн дарылык жылуу суулары менен белгилүү, — деп жазат П. П. Семенов, — Алма-Арасан (Ак-Суу өзөнүндөгү минералдуу арашан, башка бир арашан Алтын-Арасан деп аталат — С. А.) айланта саябалуу бак-дарактар менен курчалган; алардын арасында атайын өстүрүлгөн алмалар да бар. Булакты курчап турган дарактар ыйык тутулат; аларга ар кыл түстөрдөгү чүпүрөктөр илинип турат, ал чүпүрөктөр жапайы таш кыргыздарынын булактын ыйыктыгына тайыган назирлери»[177]. Бул маалыматтар биздин убагыбызда да толукталды. Алмалуу мазар деп аталган бул мазарда мал союлган, нан жабышкан, булактан суу ичишип, суу толтурулган кудукка түшүшкөн. Кээ бирөөлөр ал жерден ак тайлакты көрүшкөн. Ал булактын «кожоюну» деп эсептелет (булактын ээси )[178] .

Малтабар кыштагына жакын жерде (Чүй өрөөнүнүн батыш бөлүгүндө) Ак-башат булагы бар. Анын суусу кышында тоңбойт. Кечээ жакында эле аны ыйык тутушуп, жайкысын ага жамгыр сурап барышчу. Кой союп, этин бышырып жеп, дуба кылышып, түнөп калышчу. К. Дыйкановдун айтканына караганда, илгери сууга курмандыкка чалынган малдын канын куюшчу. Жергиликтүү тургундардын айтымына караганда, мурда булактын жанынан, түнкүсүн боздогон ак тайлакты көрүшчү экен. Ал эми кийинчерээк булакка баргандар ал булактын өзүнөн канаттуу жыланды көрүшкөн имиш.

Мындай легендаларды көп угууга туура келди. Ар бир ушундай башаттын же булактын ээси бар экендигин, аларга курмандык чалышаарын жана алардын ичинде Г. П. Снесарев белгилегендей Хорезм өзбектериндегиге окшош болгон курмандыктар чалынаарын белгилеп кетүү маанилүү.

## *ФЕТИШИЗМДИН ИЗДЕРИ*

Кыргыздар жөнүндөгү этнографиялык адабияттарда кечээ жакынга чейин фетишизмдин көрүнүштөрүнө таандык кыла турган диний ишенимдер жөнүндө кандайдыр-бир анык маалыматтар келтирилген жок.

Фетиштер (онгондор) культунун качандыр-бир убакта казактар менен кыргыздарда болгондугун Ч. Валихановдун болор-болбос бир эскертүүсүнөн баамдоого болот: «...элестери ыйык тутулган, айрыкча сүрөттөрү бар, мисалы, жер кудайлары буркандар — зыягачтар сыяктуу экинчи даражадагы теңирлер таптакыр унутулуп калган, мунун себеби, исламдын киргизилиши менен мусулмандар жек көргөн буттар көбүрөөк куугунтукталгандан улам болсо керек»[179].

Кечээ жакында эле Ч. Валихановдун пикири ырасталып отурат. Орто азиялык суфийлердин белгилүү шейхи Хожо Исхактын турмушуна арналган «Зия ал-

Кулуб» деген кол жазмада Хожо Исхактын муруттарынын бир тобунун кыргыздар сыйынчу жайга келишкени эң сонун сүрөттөлөт[180]. Кыргыздардын көп сандаган тобу өзүлөрүнүн оорулуу жол башчысы Сарыктун маңдайында отурушат. Тамак алдыга келгенде ар кимиси эттен бир тилим кесип алышып, идишке салды. Андан кийин бардык эркектер менен аялдар дараюса барышып, ага жүгүнүшөт да, эт салынган идишти дарактын түбүнө коюшуп, анын алдында ийилип турушат. Даракта күмүш бут[181] (идол) илинүү турат, анын айланасында жыгачтан жана таштан чегип жасалган эки миңге жакын башка буттар коюлган. Бул кыргыздардын бутканасы болгон. Кол жазмада буттун аты — «талбийа-йижакар» келтирилген.

Эт салынган идишти башкы буттун алдына коюшуп, аны тамактан ооз тийүүсүн суранышат. Андан кийин эт салынган идишти четке жылдырышып, бир кесим этти буттун сол колуна, экинчи бир кесим этти оң колуна салышып, үчүнчү кесимди (туурап) чачып жиберишет[182].

Бутпарастардын жөрөлгөсүнө ызаланып, ачуусу келген шейхтин шакирттери башкы бутту жерге ыргытып жиберишет да, алардын баарын шейхке ээрчитип келишет. Шейх топко кайрылып, бутту көрсөтүп: «Мунуңар эмне, мунун колунан эмне келет?» — деп сурайт. Чогулгандар: «Бул биздин кудайыбыз (худа), силердин кудайыңардын колунан эмне келсе, биздин кудайыбыздын колунан да ошол келет», деп жооп беришет. Андан ары эшендин оорулууну кеселден айыктырганы жана чогулгандардын баарынын мусулман болуп калышканы жазылган. Ушундан кийин бардык буттарды талкалашат да, күмүштөрдү шейхти жандагандарга тартуу кылып беришет.

Кыска болсо да бул маалыматтар кыргыздардын онгондор культунун мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн аныктоо үчүн баалуу материал берет. Жазылганга караганда, бул сыйынуунун максаты оорулууну оор кеселден айыктыруу болгон. Бул жөрөлгө онгонго тамак берүү менен коштолгон. Башкы онгон антропоморфтуу болгон. Онгондорду жасоо үчүн күмүш, таш жана жыгач пайдаланылган.

Азыркы кыргыздардагы фетишизмдин издери жөнүндө Ф. В. Поярков жазган: «Орто Азия хандарынын тушунда кирген мусулманчылыктын өркүндөтүлүшүнө чейин кыргыздарда «кут» — бут бар болучу же болгон, калайдан жана коргошундан куюлуп, ар түрдүү, көбүнчө көгүш жана кызыл түстөгү чүпөрөктөр менен чулганган бут болгон. Бул бут майда мал ооруганда колдонулган, аны сууга чайышып, ал сууну малга чачышкан, азыр болсо ал пайдаланылбайт жана ал жөнүндө эскерүүлөр гана калган»[183].

Ушул эле онгонго тиешелүү болгон жана жарым-жартылай Поярковдун жазганы менен дал келген эң сонун маалыматты К. К. Юдахин чогултуп, жарыялаган: **кут 2**. *эски сөз*, тумар, адамды жана малды кайтарат имиш (ичинде бир тоголок коргошуну бар баштыкка тигилген жети седеп топчу жана коргошундан же калайдан жасалып, көк же кызыл чүпөрөк кийгизилген адамдын келбети, бул келбет сууга жуулуп, ал сууну малга чачышкан; азыр бул унутулган, карыялар гана элес-булас билишет)[184].

## ШАМАН КУЛЬТУ

Шаманчылык жана аны менен байланыштуу болгон дүйнөгө көз караш, ошондой эле ооруларды эмдөөнүн ага негизденген жолу эски кыргыз турмушундагы баарынан көбүрөөк туруктуу келген көрүнүштөрдүн катарына кирген.

Кыргыз шаманчылыгы жөнүндө бизди кызыктырган маалыматтар Ч. Валихановдун[185], Ф. Поярковдун[186] эмгектеринде, В. Шумиловдун187 чакан макаласында, башка бир эмгектерде жолуга турган айрым кыска үзүндүлөр гана бар. Кыргыз шамандары жөнүндөгү баалуу эскертүүлөр П. П. Семенов-Тянь-Шанскийдин[188] мемуарларынан учурайт. Ошондой эле С. Ильясовдун[189] чакан макаласын белгилеп кетүү керек.

1946-жылы Тянь-Шань этнографиялык экспедициясынын учурунда бизге мурдагы эки эмчи-шаман (*бакшы*) — Шыгаев Борбу (Куланак району, «Чоң-Арык» колхозу) жаңа Моңгошев Абдуллабек (Тогуз-Торо району, «Кош-Булак» колхозу) менен жолугушууга туура келди. Алардан С. Табышалиев жана А. Чоробаевдер тарабынан жазылып алынган маалыматтар бул маселе боюнча адабияттагы жокко эсе маалыматтарды олуттуу толуктады.

Айтылып жаткан жаңы жазып алуулар, башка булактар менен бирге алганда, биринчи жолу кыргыз шамандарынын өзгөчөлүктөрүнө жалпы мүнөздөмө берүүгө мүмкүнчүлүк түздү[190].

XIX кылымдын аягы ченде шамандардын негизги милдети, негизинен нерв ооруларын эмдөө болгон жана алар *көзү ачык* деп эсептелген. Бирок, кыргыздарда шамандарга мүнөздүү болгон белгилер айрым бир адамдардын өзүнчө бир категориясында да болуп, алар да көзү ачык деп эсептелинген, бул жөнүндө мурда эле П. П. Семенов-Тянь-Шанский белгилеп кеткен. Ал өзүнө келген көзү ачык адамды «дуана»191 деп атаган. Кыргыздарда апендилер жөнүндөгү түшүнүк шаман культу менен чырмалышып кеткен деп болжолдоого болот; айрым бир шамандарды көзү ачык апенди деп айтышкандай эле, кээ бир көзү ачык «дуаналарды» шаман катарында да эсептешкен.

Орто Азиялык жана казак шаманчылыгынын дервишизм менен белгилүү болгон байланышы кыргыз материалы менен да ырасталат. Муну кыргыз шамандарынын биринин айткандарында жана П. П. Семенов-Тянь-Шанскийге келген «дуана» да ак куу жүнүнөн жасалган шуңшугуй күлө (баш кийим) кийип келген. Мындай күлө кийүү кыязы дервиштер менен шамандар үчүн жалпы мүнөздүү болсо керек. Тянь-Шанда жашашкан бир нече думана ак куунун жүнүнөн жасалган күлө же гүлө деп аталган баш кийим кийип жүрүшкөн (өзбектердеги кулах — дервиштин конус түрүндөгү баш кийими менен салыштырыңыз). Кыргыз думанасынын ак куунун жүнүнөн жасалган күлө кийгени — кээ бир сибирлик эддердин шамандарынын жалпы окшоштугун далилдейт. Дервиштердин баш кийимин Сибирь шамандарынын баш кийими менен окшоштугу жөнүндө О. А. Сухарева да жазган192. Ал орто азиялык шамандардын орто азиялык суфизмдин идеологиясы жана үрп-адаты менен болгон байланышына өтө кылдат мамиле жасап, чоң көңүл бурат[193].

Кыргыздардын көчмөн чөйрөсүнө суфизмдин киргендиги жөнүндө жогоруда көрсөтүлгөн. Кыргыз шамандарынын, апендилердин жана жиндилердин өтө зор, бирок көзгө көрүнбөгөн күчтөр менен катнаш түзө ала турган өзгөчө жөндөмдүүлүгү жөнүндөгү калктын түшүнүгү менен тыкыс байланыштуу экендиги да ачык нерсе (алар көпчүлүгүндө нерви оорулуу адамдар болушкан).

Кыргыз бакшыларынын шамандык жөндөмдүүлүккө ээ болушу дегинкисинде шамандык жөндөмдүн ага кайсы бир ата-бабасынан өткөндүгү менен байланыштуу. «Классикалык» шаманчылыктагыдай эле, кыргыз бакшыларын да тигил же бул жин колдоп жүргөн. Бул түшүнүк ошол жин өзү колдогон адамды анын жаш курагында, тигил же бул нерв оорусунан катуу жабыркаган учурунда тандап алат деген ишеним менен байланыштуу болгон. Мындай «тандалгандар»

шамандык жөндөмдү алууга каршы болушкан, бирок алар, айтканыма көнбөсөң акыры азап тартасың жана өлөсүң деп жиндери коркутканда гана шаман болууга моюн сунат экен.

Мындай кыстоо казак, ошондой эле тажик жана өзбек шаманчылыгында да бар194. Тандоо мотиви бир катар учурларда белгилүү шамандардан үйрөнүп такшалууну жокко чыгарган эмес. Т. Баялиева кыргыз шамандыгында да сексуалдык талдоонун калдыгы бар экендигин байкаган[195].

Шамандын «дубагерлигинин» негизги методу ооруган адамдын денесинен ага кирип алган шамандык жинин кууп чыгуу болгондуктан, ушуга ылайык, дарылоо ыгындагы маанилүү учур шамандын өзүн колдогон чымындарды жана жардамчы чымындарын чакырганы болуп саналат, бул чымындарынын жардамы менен шаман оорулуу адамдын ичине кирип алган жинге каршы күрөшкөн. Шамандын дубаларынын өзүндө диний синкретизм ачык көрүнөт. Мындагы мүнөздүү бир нерсе: бул дубалардагы мусулман элементтери көп даражада суфизм менен байланышкан түшүнүктөрдөн келип чыккан. Кыргыз шамандарынын дубаларында жолуккан айрым архаикалык мотивдер менен образдар бизди Сибирь шамандарынын дүйнөсүнө алып барат.

Чынында бул жалаң эле шамандардын чакырыгына тиешелүү эмес. Л. П. Потапов кыргыз шамандары жөнүндөгү материалдар менен таанышып чыгып, Сибирь элдеринин белгилүү бир чөйрөсүндөгү шамандыктын кээде кыргыздардагы шаманчылык менен таң калаарлык окшоштугуна көңүл бурат. Аларга түштүк алтайлыктар (негизинен телеуттар), жакуттар жана буряттар кирет. Булардагы шамандык ачык көрүнгөн жалпы мүнөзгө ээ. Жакуттар менен болгон окшоштук жөнүндөгү маселе коюлган жок жана адабиятта да талкууланган жок. Шамандын жакутча аты — «ојун», Л. П. Потапов белгилегендей, Сибирь элдеринин шамандарынын аттарынын тизмесинде өзгөчөлөнүп турат. Бирок, кыргыздарда оюн деген термин менен шамандын зикир чалышынын өзү аталат. Хорезмдеги[196] өзбек шаманчылыкта да зикир чалуу ушундайча («уйин») аталат, Чыгыш Түркстандын уйгурларында да шамандардын зикири ушуга окшош («пери-ойюн») аталат[197]. Л. П. Потаповдун пикири боюнча бул алгачкы жана орто кылымдардагы уйгурлардын, бир катар түркий тилдүү элдердин этногенезинде, алардын ичинде жакуттардын этникалык курамында ойногон ролун көрсөтүүчү этногенетикалык белги катарында кызмат кылат. Кыргыздардын этногенезинде уйгурлардын катышы бар экенин биз жогорто көрсөткөнбүз.

Ушундай эле этногенетикалык фактылардын сериясына Л. П. Потапов кыргыз шамандарынын «кара» жана «ак» шаман болуп бөлүнүшүн таандыктайт, мында Т. Баялиеванын маалыматына караганда, түндүк кыргыздар кара шаманды артык көрүшөт, түштүк кыргыздарда ак шамандарды алда канча күчтүү деп эсептешет. Ушундайча бөлүү жакуттар менен буряттарга да мүнөздүү. Дал буряттар менен жакуттардын байыркы этногенетикалык байланышы болгондугу жакшы белгилүү. Сибирдин жакуттар менен буряттардан башка элдеринде шамандарды мындайча бөлүү байкалбайт[198]. Д. К. Зеленин жана башка изилдөөчүлөрдүн көпчүлүгү (алардын ичинде Л. П. Потапов да) бул маселеге токтолушуп, шамандардын мындай категорияга бөлүнүшү — кийинчерээк пайда болгон көрүнүш, шаманчылыктын жогорку өнүккөндүгүнүн натыйжасы деп табышат[199].

Т. Баялиеванын маалыматы боюнча, кыргыздарда шамандар зикир чалуу учурунда камчы жана бычакты колдонушкан (кашкарлык кыргыздардын шаман аялдары бул максатта тили жок чакан коңгуроолорду колдонушкан), кээ бир

түндүк кыргыз шамандары үч кылдуу музыкалык аспапты (комуз) колдонушкан. Адабияттагы маалыматтарга караганда жакуттарда шаман барабан («тунгур») менен бирге кыл тартылган аспаптарды пайдаланышкан. Сибирдин башка элдери, белгилүү болгондой, мындай аспаптарды пайдаланышкан эмес. Казак шамандар зикир чалышканда кылдуу аспапта («кобыз») да ойношконун эске сала кетейин.

Кыргыз шамандарынын көз карашынын кээ бир фактылары телеуттардын шамандарынын көз караштарына жакындашып кетет. Т. Баялиеванын маалыматына караганда, кээ бир кыргыз шамандарынын «ээси», колдоочу рухтары Ак-Тайлак болгон. Шаман аны ак тайлак түрүндө элестеткен. Телеуттарда да (шамандын барабаны Л. П. Потапов белгилегендей, зикир учурунда «ак адан» деп, б.а. мингич ак төө деп аталган). Н.П. Дыренкова тарабынан жазылып алынган шамандардын чакырыктарында барабандын жыгач туткасынын «ээсин» колдоочусу катарында дайыма Ак-Тайлак айтылат. Кыргыз шамандары боюнча Л. П. Потаповдун материалы түштүк алтайлыктарга тиешелүү болгон дагы бир таңгаларлык окшоштукту белгилейт, буга Т. Баялиева да көңүл бурган. Кыргыздын Томо (саяк уруусунан) деген «кара» шамандын чакырыктарынын биринде Бууракан (ашуунун аты катарында), бууранын образы жана Муз- Таман деген жаныбар айтылат. Алтайлыктардан шамандын дубасы жазылып алынган, анда «Пулут көстүү Пура-кан» (Бура-хан), «Мус ajактуу Пікіжі», «Пулут костү Taj-Пура» деген сөздөр айтылат[200]. А. В. Анохиндин материалдарына караганда Пура-Кан жогорку кудай Ульгендин уулдарынын бири деп эсептелген[201]. Т. Баялиеванын Пура-Кан менен Муз-Таман (алтайлыктарда Мус ajакту) рухтары саян-алтай элдеринде жана кыргыздарда тараган деп эсептегени туура болсо керек. Телеуттардын бир катар топтору азыркы кыргыздардын курамына киргендигинин фактысы азыр аныкталды, бул — Л. П. Потаповдун жана ушул эмгектин авторунун (I бапты караңыз) эмгектеринде чагылдырылган. Демек, кыргыз шамандары боюнча материалдар кыргыздардын этногенетикалык байланыштарын изилдеп-үйрөнүү үчүн кошумча тарыхый булак боло алат.

Кыргыз бакшыларынын зикири казак шамандарынын — «баксыларынын» зикири менен көп жалпылыгы бар.

Кыргызстандын түндүк райондорундагы кыргыз шамандарынын «эмдөө иштеринде» казактардын «баксыларына», уйгурлардын «перихондоруна» жана башка бир катар элдердин шамандарына өтө мүнөздүү болгон эмдөө ыктары жок Булардын эмдөө ыгы — оорулуу адамдардын денесиндеги жамандык жинди кайсы бир жаныбарга же буюмга (малга, канаттууларга, куурчакка жана д.у.с.) «көчүрүү» болгон. Бирок, ар түрдүү илдетти эмдөөнүн ушул эле ыктары кыргыз калкынын арасында да колдонулган, бирок ал ыктар шамандар менен шаман аялдар тарабынан эмес, ар түрдүү даражадагы эмчи-домчулар, бүбү, бакшылар колдонушкан.

Алсак, Н. П. Дыренкованын билдирүүсүнө караганда (анын жазмалары Борбордук Тянь-Шанга тиешелүү) кээде бир балдар ооруган учурларда, аны дубалоо жана — «илдетти көчүрүү» жолу менен «*көчөт*» деп аталган магиялык ырым-жырымдын жардамы менен эмдешкен. Кемпир үйдө баланын жанына отурат да, эски чүпөрөктөрдөн (ак жана кара) жана талаа өсүмдүгү чийдин талынан эки куурчак — эркек жана аял куурчакты жасайт. Ак чүпүрөктүн бир учуна *талкан*, акшак, туз, май, кайсы бир өсүмдүктүн данын түйүп байлап коёт — бул азык-түлүк деп аталат. Эки куурчакты кемпир чийден жасалган эки атка

мингизет да, *азык-түлүк* салынган түйүнчөктөрдү чийге арта салып коёт. Булардын баардыгын ал чогуусу менен бир чүпүрөккө оройт (МАЭнин коллекциясы, №3359—17 а, г). Бул түйүнчөктү баланын бүт денесинен үч жолу айлантат да кемпир мындай дуба кылат:

Эртеңки учук кечке жетпе,
Кечки учук эртеңкиге жетпе,
агыны катуу суугa бар,
ашуусу бийик тоого бар
ичи жаманга бар,
туура келди душманга бар,
мен да кайттым,
сен да кайт.

Андан кийин куурчактарды боз үйдөн ыраак бир жерге ыргытып жиберишет, кээде жерге көөмп салышат. Булар менен кошо илдет да чыгып кетет деп ойлошот. Куурчактарды ыргытып жатып, минтип дуба кылышат:

Сен жолоочу болсоң —
жол менен кет,
жортуулчу болсоң —
жон менен кет.

Ушундан кийин суу куюлган чөйчөктү алып, *айланайын кудай суу менен кетир* деп айтат да, чөйчөктү баланын үстүнөн айлантышкан. Суудан балага ичирип, калганын боз үйдүн артына төгүшкөн. Оорулуу баланын кийимин кайырчыга же жетимге беришкен. Бул назир таюу *кудайы* же *садага* деп аталат.

Н. П. Дыренкованын келтирилген жазмаларында, биз көрүп тургандай, бул куурчактар — телеуттардагы, шорлуктардагы жана кумандыктардагы «эмегендерлер» (өрөкендер) деп аталган аялдардын түпкү эне-рухтарынын сүрөттөрү менен болгон кандайдыр-бир байланышты көрсөтө турган эч нерсе жок. Бирок, Н. П. Дыренкованын[202] башка бир эмгегиндеги кээ бир эскертүүлөрү ушундай байланыш болгон деп болжолдоого аргасыз кылат.

Кыргыздарда бала ооруганда жасала турган жогоруда айтылган куурчактарды даярдоо, аларды «сапарга» узатып жатып, тамак-аш жана «ат» менен жабдуу жана аларды айылдын сыртына алыс ыргытып жиберүү, аялдардын түпкү-эне рухтарынын сүрөтүнүн шорлордо (qurtyjaq), кумандыктарда да (qurtujaq) жана кыргыздарда *балдар куурчагынын* жалпы бир ат менен аталышы, бизге куурчактар кыргыздарда магиялык эмдөөнүн учурунда аялдардын түпкү-эне рухтарынын сүрөтү болгондугун көрсөтүп тургансыйт. Аларга балдардын «илдетин» берип (же аларга ошол илдетти «өткөрүп»), ал куурчактарды телеуттар ашык болуп калган же керекке жарабай калган эмегендерди кайыкка отургузуп, суунун шары менен агызып жолго узатыш- кандай эле сапарга узатышкан (же аларды үйдөн окчунураак жерге ыргытып жиберишкен).

Т. Баялиеванын маалыматына караганда, Түштүк Кыргызстанда кыргыз шамандары менен шаман аялдар илдетти канаттууларга жана малга «көчүрүү» сыяктуу эмдөөнүн ыгын колдонушкан[203]. Демек өзүлөрүнүн аракеттеринин ушул жагынан түндүктөгү кесиптештеринен айырмаланышкан.

Кыргыз шамандыгы али начар изилденген. Ошондой болсо да биздин колдо болгон материалдар, бир жагынан сибирдик жана борбордук азиялык (атап айтканда, уйгурлук) шамандыкка, экинчи жагынан орто азиялык (ислам менен, баарынан мурда суфизм менен байланышкан) шамандыкка мүнөздүү болгон көптөгөн өзгөчөлүктөр кыргыз шаманчылыгында айкалышып турганын

ынандырарлык далилдейт. Кыргыз шаманчылыгы ар түрдүү диний системалар чырмалышып кеткен өзүнчө эле бир «түйүн» сыяктуу. Кыргыз шаманчылыгынын генезиси курамына теги жагынан түштүк сибирдик жана борбордук азиялык жана жергиликтүү, орто азиялык этникалык элементтер кирген кыргыз элинин өзүнүн калыптануусунун татаал процессин чагылдырып турат. Бирок кыргыз шаманчылыгынын кийинки формаларынын түзүлүшүнүн жүрүшүндө Чыгыш жана Батыш Түркстандын отурукташкан калкынын кыргыз уруулары менен түздөн-түз карым-катнашы (жүздөгөн жылдар бою) да чоң роль ойногон, алар кыргыз урууларынын диний идеологиясына өз таасирин тийгизишкен.

## *ӨЛГӨНДӨРДҮН ЖАНА АТА-БАБАЛАРДЫН КУЛЬТУ*

Өз кезегинде, коомдук түзүлүштүн өзгөчөлүгүнө, көчмөн мал чарбасынын артта калган формасына негизденген патриархалдык традициялардын оңойлук менен жоюла койбой, жашоого байырлуу келиши мусулманчылыкка чейинки көп түрдүү диний ишенимдердин жашап турушу үчүн ыңгайлуу шарт түзгөн. Көчмөн мал чарбачылыгынын дайыма ачарчылыкка жана эмгекчи чарбалардын бүлүнүшүнө алып келүүчү олку-солку өнүгүшү, «мүлктүүлөрдүн бийлигинин» алдында, ошондой эле эпидемиялардын жана башка ар түрдүү илдеттердин алдында адамдын күчсүздүгү турмуштагы бактысыздыктар менен кырсыктардын себеби жөнүндөгү жалган түшүнүктөрдү пайда кылган. Эзүүнүн жана укуксуздуктун социалдык күчтөрүнүн алдында, табияттын кырсыктуу күчтөрүнүн алдында алсыз карапайым малчылар менен дыйкандар өзүлөрүнүн эле фантазиясынан жаралган демейкиден тышкаркы сырдуу күчтөрдүн колдоосуна муктаж болушкан. Алар ошондой эле өзүлөрүнүн өлгөн ата-бабаларынын арбактарынан колдоо жана жардам алууга умтулушкан; ата-бабалардын арбактары артындагы укум-тукумдарынын бейкут жашоосуна жардам бере алат деп ишенишкен.

Өлгөндөрдүн жана ата-бабалардын культу кыргыздардын исламга чейинки түшүнүктөрүндө башкы орундардын бирин ээлеген. Ал кыргыздардын бардык топторунун арасында жайылган жана толук калыптанган туруктуу формага ээ болгон, бул төмөнкү эки себеп менен: патриархалдык белгилер мүнөздүү болгон кыргыз коомунун мүнөзү жана ата-бабалар культунун ислам менен айрым бир байланыштары менен (бул байланыш дайыма эле жетишээрлик даана болбосо да) түшүндүрүлөт. Өлгөндөрдүн жана ата-бабалардын культунун негизин — өлгөндөрдүн жана ата-бабалардын арбактары реалдуу түрдө жашайт деген идеядан келип чыккан анимисттик түшүнүктөр түзгөн. Бул культ коомдун өнүгүшүнүн бир кыйла кийинки стадиясында калыптанган. Ал уруу аксакалдары — патриархалдык үй-бүлө жамааттарынын башчылары кың эттирбес кадыр-баркка ээ болуп турган патриархалдык-уруулук коомдо көбүрөөк өнүгүүгө ээ болгон. Аксакалдардын жана чоң үй-бүлө жамааттарынын башчыларынын кадыр-баркы жана бийлиги ал жамааттагы адааларда баш ийүү жана басынуу сезимин пайда кылуу менен, алардын тиги дүйнөдө жашап жаткан арбактары да ушундай эле кадыр-баркка жана бийликке ээ болгон. Патриархалдык жол башчылар жана аксакалдар өзүлөрү каза болгондон кийин да өз укум-тукул1дарында ошол эле сезимди пайда кылган. Өлгөндөрдүн жана ата-бабалардын арбактары өзүлөрүнүн калган укум-тукумдарынан такай көңүл бурууну жана камкор мамилени талап кылууга акылуу деп эсептешкен. Чындыгында да, тирүү укум-тукумдары ата-бабаларынын арбактарын терең

урматташып, тирүүлөрдүн турмушу жана аман-эсендиги өлгөндөрдүн жана ата-бабалардын арбактарына жасалган мамилеге бир кыйла олуттуу даражада байланыштуу деп эсептеп, алардын көңүлүн алууга, таарынтпоого умтулушкан.

Ошентип, адамдардын аң-сезиминде тирүү туугандарын колдоп, аларды кырсыктардан, апааттардан коргоп жана сактай ала турган ата-бабалардын күч-кубаттуу арбагы жөнүндөгү түшүнүктөр пайда болгон.

Кыргыздар менен казактарда өлгөндөрдүн жана ата-бабалар культунун бар экендигин биринчи жолу ачык түрдө Ч. Ч. Валиханов белгилеген. Ал Ысык-Көл боюндагы кыргыздарда болгон кезде, негизинен сурап билгендерине жана байкагандарына таянып өзүнүн «Кыргыздар жөнүндө макалалар» деген, иштелип бүтпөгөн кол жазмасында мындай деп жазат: «Өлгөндөрдүн арбагы да кудайдай эле мааниге ээ, алардын урматына шам жагылып, курмандыкка кой чалынат. Отко жана рухуна кайрылышканда (кыязы, өлгөндүн арбагына болсо керек — С. А.) төмөнкүчө жалбарышкан: От эне! же Арбак ата! Сенин арбагыңа кулдук урабыз. Тобо, тобо! Ырайым кыл!»[204].

Ч. Валиханов «Кыргыздарда шамандыктын калдыктары» деген макаласында казактар менен кыргыздардын байыркы диний түшүнүктөрүн карап чыгып, арбактарды ата-бабалардын рухтары деп түшүнөт. Адам өлгөндөн кийин арбакка, б.а. рухка айланып калаарын белгилеп, минтип жазат: «Анын тиги дүйнөдөгү бейкуттугу туугандарынын аш багыштоо ырым-жырымдарын кандай аткаргандыгына байланыштуу болгон. Эгер аш жакшы берилсе, ал бейкут болгон, бардык туугандарын колдогон, андай болбосо, ал кыянатчылык, душмандык кылган»[205]. Ушундан улам ата-бабалар культу менен кыргыздардын салттуу өлүк көмүү культуна кирүүчү аш ырым-жырымдарын өткөрүү кезмегинин ортосунда тыкыс байланыш келип чыккан.

Андан ары Ч. Ч. Валиханов кыйын учурларда тирүүлөрдүн өз ата-бабаларынын атын атап чакырганы жөнүндө, ата-бабаларынын мүрзөлөрүнө сыйынуу үчүн барыша тургандыгы жөнүндө, ата-бабаларына өтүнүч менен кайрылыша тургандыгы жөнүндө (мисалы, баласы жоктор уул сурашкан) жазат[206]. Кыргыздар, деп баяндайт Ч. Ч. Валиханов (бул жерде ал шексиз казактарды да, кыргыздарды да эске алып жатат — С. А.), бир аз эле кырсык болсо кудайдын... же арбактардын урматына мал союшат, курмандыкты ободо эмес, ата- бабаларынын бейитинде чалышат»[207].

Ата-бабалар культунун өлүк көмүү культу менен чырмалышып кеткени Ч. Ч. Валихановдун төмөнкүдөй эскертүүсүнөн көрүнүп турат, бул эскертүү, текстке караганда, казактарга тиешелүү болсо да, бирдей эле даражада кыргыздарга да таандык: «Адам өлгөндө анын арбагына — кырк күнгө чейин, же төрт күн... күнүгө бирден шам жагышат[208], себеби өлгөн адамдын арбагы кырк күн бою өзүнүн боз үйүнө келип, балдарынын абалын көрүп турат деп болжолдонот; ал үчүн кечки күүгүмдө, шам жакканга чейин каалганы ачып коюшат, бир чөйчөккө толтура кымыз куюп, босогого ак кийиз төшөп, маркумду тосуп алууга даярданышат. Боз үйдө олтургандардын баары куран окушуп, арбакка чөйчөктөрүн тартуулашып шам жагышат»[209].

Кыргыз патриархалдык коомунда ата-бабалар культу өткөндө баатырлар культу менен өзүнчө бир түрдө ажырагыс байланышта болгон. Кыргыздарда ата-бабалардын ичинен эң бийик кадыр тутулгандары — генеалогиялык жана тарыхый уламыштар менен легендаларда айтыла жүргөн, тигил же бул уруунун жана уруктун, алардын бөлүкчөлөрүнүн түпкү атасы болгон уруу башчылары, уруу бирикмелеринин өзүнүн акылы жана эрдиги менен даңкы чыккан жол

башчылары, ченде жок баатырдыгы жана жоокердик ийгиликтери менен айырмаланган аскер кошуундарынын кол башчылары (*баатыр*) жана чарбалык, коомдук турмушта өзүлөрүнүн сапаттары, ишмердиги менен көзгө көрүнгөн бардык башка инсандар болгондугу табигый нерсе. Мындай ата- бабалардын арбагына айрыкча көп кайрылышкан. Алардын ысымдары көп жолу уруу бирликтеринин, айрым уруулардын жана уруктардын кужүрмөн урааны болгон. Бул жөнүндө Ч. Ч. Валиханов минтип жазат: «Улуу, күчтүү адамдар эң күчтүү, эң кубаттуу онгондор болушкан (автор арбактарды ушундайча атайт — С. А.), ал эми майда мүдөөлүү адамдар өлгөндөн кийин, жакшылык кыла албаган жана жек көрө албаган кунарсыз рухка айланышкан... Кыргыздарда арбактарды урматтоо бүгүнгө чейин толук күчүндө... Ар кандай ийгиликти арбактын колдогону деп түшүнүшөт»[210]. Ата-бабалардын культу менен баатырларды жана эң көрүнүктүү инсандарды кадыр тутуунун ортосундагы мындай байланыш — өлгөн ата-бабалардын арбактары жөнүндөгү ишенимдерге өзгөчө күч жана таасирдүүлүк берген. Ата-бабалардын культу жогоруда келтирилген XVI кылымдагы «Мажму ат-таварих» кол жазмасында кокусунан баяндалбаса керек.

Кыргыздардын түшүнүгү боюнча ата-бабалардын арбагы артында калган тирүү тууган-уруктарын колдойт; ар кандай кырсыктар жана илдеттер адамдын ата-бабаларынын арбактарынын кадыр-баркына шек келтире турган жүрүм-турумуна жараша арбактардын «аны колдоодон баш тарткандыгы» катарында түшүндүрүлгөн. Ата-бабалардын бейиттерин өзгөчө урматтоо мына ушундай көз караштан улам келип чыккан. Адамдардын айтууларына караганда илгери бейитке шек келтирген адам өлүм жазасына тартылган. Өлгөндөрдүн бейиттерине милдеттүү түрдө кандайдыр-бир эстеликтер жана белгилер тургузулган. Мисалы, саяк уруусунда маркумдун эң жакшы көргөн атынын куйругуна байланган узун бакканды сайып коюшкан. Демейде бейитти топурак дубал менен курчашып, белгилүү жана бай адамдын бейитинин үстүнө, кээде бир кыйла ири көлөмдөгү, мавзолей тибинде (күмбөз) тургузушкан.

Ушуга байланыштуу биз кыргыздарда көрүстөн курулуштарынын кээ бир типтерин караштырып чыгууга токтолобуз. Алар жалаң гана кыргыз маданиятынын, тарыхынын жана анын Орто Азиянын байыркы тургундарынын маданияты менен болгон байланыштарынын көз карашынан эмес, өлгөндөрдүн жана ата-бабалардын культу менен тикеден-тике байланышкан материалдык объектилер катарында да алда канча олуттуу кызыгууну пайда кылат.

1946-жылы мурдагы Тянь-Шань облусунун Ак-Талаа районунда Куртка-Коргон деген кокон сепилинин урандысына жакын жерде ири күмбөз менен таанышууга туура келди. Ал иш жүзүндө бири-бирине улай курулуп, кыргыздардын саяк уруусунун белгилүү жол башчылары Атантай менен Тайлактын бейиттеринин үстүнө тургузулган эки күмбөздөн турат экен.

Эл оозунан укканыбызга караганда, курулуш XIX кылымдын экинчи чейрегинен кеч эмес мезгилде салынган[211]. Күмбөздүн эки куполу тең бузулган. Сакталып калган дубалы бышырылган кыштан салынган. Күмбөздүн оң (чыгыш) бөлүгүндө, көргөндөрдүн айткандарына караганда, кыштан тургузулган кире бериш жол болгон. Ал арчадан жасалган, кичине каалгасы бар бөлмөгө алып барат. Каалга ачылгандан кийин ал жол күмбөздүн сол (батыш) бөлүгүнө жайгаштырылган өлүк жаткан жерге алып барат. Ал сакана же сагана[212] деп аталат. Кыш төшөлгөн кире бериши арча жыгачтардан төшөлүп, үстү топурак менен шыбалган. Жер алдындагы өлүк жаткан жерге Атантай, Тайлак жана алардын

жакын туугандары: Тайлактын жети уулу жана неберелери коюлган[213]. Демек, бул үй-бүлөлүк күмбөздө ар кыл убакта 10 го жакын адам көмүлгөн.

Карыялардын айткандарына караганда, мындай күмбөздөрдө мурда көчмөн феодал төбөлдөрүнө таандык болгон өзгөчө белгилүү адамдар, ошондой эле эң көрүнүктүү баатырлар көмүлгөн. Аялдарды бул жерде көмүүгө уруксат берилген эмес.

Өлүк коюлуучу жай жоокердин найзасы өз огунда эркин айлана тургандай кылып жасалган. Өлүк астына булгаары төшөлүп, жер таманга коюлган. Ар бир өлүк экинчи өлүктөн бийиктиги болжол менен 0,5—0,6 м. кирпич дубал менен бөлүнгөн, бул мусулман салтынын маркумдар бирин бири көрүшпөсүн деген талабына ылайык жасалган.

Мындай типтеги күмбөздөр өткөндө ыйыктык шарданасына бөлөнгөн. Туугандары аларга табынуу үчүн келип турушкан. 1919-жылы эле Тогуз-Торо районундагы биз жазып отурган күмбөзгө Тайлактын неберелери менен Атантайдын небереси өз үй-бүлөлөрү менен зиярат кылууга келип кетишкен. Күмбөздүн жанына бээ жана уй союлуп, тамак-аш берилген. Келгендер түн бою болушуп, шам жагышып, өлүк сакталган жер алдындагы бөлмөгө киришип (аялдар менен балдарга кирүүгө уруксат берилген эмес), сыйынышкан.

Жогоруда жазылган типтеги жер алдындагы өлүк сакталуучу жай жөнүндө өз көзү менен көргөн адамдын айтканын келтиремин[214]. Аңгеме салып берген адамдын атасынын Чоро деген бир тууганы болгон. 1938-жылы Чоронун небереси — Мамбеталиев Канабай каза болот. Анын сөөгүн Чоронун өзү коюлган «үй-бүлө» күмбөзүнө коймокчу болушат. Ал кезде күмбөз али бузула элек болучу. Күмбөз ичиндеги өлүктөр жатчу жай жер астындагы бөлүгүндө эле. Ага баруучу жол арча жыгачтар менен тосулуп, алардын арасындагы ачык жерлер топурак кыштар менен бүтөлгөн. Кезектеги өлүктү көмүү учурунда ар бир жолу жыгачтар менен кирпичтер алынып турган. Анын алдында тереңдиги адамдын көкүрөгүнөн келген төрт бурчтуу чуңкур бар. Ал чара деп аталат[215]. Анын дубалынын түбүндө бир кыйла чоң өлчөмдөгү казанакка кире турган тешиктери болгон[216]. Ал төрт бурчтуу келип, ар бир дубалынын узундугу — 3 метрге жакын, бийиктиги болжол менен орто бойлуу адамдын бою менен барабар келет. Бөлмөнүн түбү чаранын түбүнө караганда бир кыйла, болжол менен 1.2—1.3 метр ылдый. Өлүктү койгондон кийин казанак кирпич менен бекитилет.

Айткан киши өзү ал бөлмөгө кирген. Анын айтканына караганда анда 5—6 кишинин кургаган сөөгү жана Чоронун өзүнүн сүлдөрү жатат. Чоро көмүлгөндө, айтып жаткан киши 6—7 жашта экен, б.а. ал 1898 же 1899 жылы көмүлгөн экен. Мындан жакын туугандардын бүтүндөй бир тобун коюуга арналган жер алдындагы көрүстөндүн мүнөздүү мисалын көрүп отурабыз.

1946-жылы биз саяк уруусунун өткөндөгү ири феодалдарынын бири Келдибектин күмбөзүндө болдук. Ал кезде күмбөз жарым-жартылай урап калган экен. Бизди ээрчитип жүргөн адамдардын айтканына караганда мурда күмбөздүн ичинде куполдун бетинде төө көчүнүн, мылтыгы бар мергенчинин, тайгандын, жаштар оюнунун сүрөтү болгон. Күмбөздү биз көргөндө ал сүрөттөрдүн изи да калбаптыр. Алынган маалыматтарга караганда бул күмбөз көрүстөнгө өз убагында Келдибектин 5 же 6 тууганы коюлган.

Кечээ жакынга чейин эле кыргыздардын арасында «бир урук» бөлүкчөнүн мүчөлөрүн өзүнчө көрүстөнгө коюу салты сакталып келгенин белгилей кетүү керек; азыр да, көпчүлүк учурда анча чоң эмес үй-бүлө, туугандардын сөөктөрү бир жерге көмүлгөнүн жолуктурууга болот. Жумгал районунда, Кыз-Арт ашуусу

менен Чаек айылынын ортосунда анчалык чоң эмес көрүстөндү көрүүгө болот, ал жакшы сакталган топурак дубал менен курчалган. 1948-жылы көрүстөндө бир күмбөз жана жыйырмага жакын кадимки бейиттер болгон. Бул жерде бир үй-бүлө тууган-туушкан адамдардын, б.а. бир адамдан тараган үй-бүлө мүчөлөрүнүн сөөгү коюлган.

Келтирилген маалыматтар кыргыз коомунда тууганддык байланыштардын чоң роль ойной тургандыгын далилдейт. Өткөндө, патриархалдык башталышка, ата-бабаларды урматтап кадыр тутууга негизденген бул коом өлүк көмүү үрп-адатында да тууганчылык принцибин ыраатуулук менен сактаган.

Биз жогоруда көргөндөй, кыргыздардын өлүк көмүү үрп-адатында кечээ жакында эле негизинен теги белгилүү адамдарды чогуу көмүүгө арналган жер алдында курулуучу көрүстөндөр сакталып калган. Бирок, мындай же ушуга жакын типтеги көрүстөндөр мурда бир кыйла кеңири таралган деп болжолдоо чекилик боло койбос.

1959-жылы менин өтүнүчүм боюнча Т. Баялиева Ала-Бука районунда (Чанач айылдык советинин Ак-Таш айылы) кутчу уруусунан Абдиев Мусабай менен аңгемелешкенде, ал төмөнкүлөрдү айтып берген: ал саздуу жерлерде жер астында курулуучу көрүстөн (сагана көр) жөнүндө уккан экен. Аларды жакын тууганддардын ар бир тобу (бир атанын балдары) үчүн өзүнчө, кыштан курушкан, сөөктөрдү бири бирине катар коюшкан. Мындай чогуу көмүлүүчү көрүстөндүн эшигин кулпулап коюшчу экен. Муну айтып берген адам мындай көрүстөндү өзү көрбөптүр. Бирок, мындай көрүстөндүн болгондугунун фактысы шек туудура койбос Мындай маалыматтар Г. П. Снесареванын Хорезмде өлгөндөр үчүн курулган чоң үйлөр жөнүндө жазганына байланыштуу зор кызыгууну пайда кылат[217].

Этнографиялык материалдарга караганда бул сөз болуп жаткан жер астында салынган көрүстөндөрдү сөзсүз «катакомбалык» көрүстөнгө таандык кылууга болот, бул кыргыз калкынын арасында азыр да бар. Бирок, азыр буга жалаң гана жалгыз өлүктү коё турган болушту[218]. Өлүк коюучу бейиттин өзүнүн принциби болсо жалпысынан тобу менен өлүк коюлуучу бейит кандай болсо ошондой бойдон калган,

1955-жылы Исламов Төлөнбайды көмгөндө (Ош облусунун Алай району) биз өзүбүз катышып, көргөн бейиттин курулушу кыргыздардагы азыркы катакомбалык көрүстөн жөнүндө түшүнүк бере алат. Бейит тик бурчтуу терең чуңкур (айван) түрүндө казылып, анын ортосунда туурасынан кеткен үң1сүр бар. Ал үңкүр батыш дубалынын ары жагындагы казынага алып барчу тешик (диаметри 0,6 м чейин). Казынанын түбү туура тешиктин түбүнөн 0,3—0,35 м. төмөн жайгашкан. Казынанын узундугу болжол менен казынага баруучу тешиктин узундугуна дал келет, бийиктиги — 1 метрге жакын. Өлүктү казынага койгондон кийин анын оозу (бир аз эңкейтилип) тикесинен коюлган арча жыгачтар менен бекитилет; андан кийин биринчи жыгачтарга туурасынан жаткызып, экинчи катар кылып жыгач таяктарды коюшат. Тешикти арчанын чоң бутактары менен толтуруп, анын үстүнө бир нече кучак чөп таштап коюшту. Мунун баары тапталгандан кийин топурак сала турган орун дээрлик калган жок Демейде бул тешик топурак менен толтурулат.

Кыргыздардын өзүлөрү көрүстөн курулушун үчкө бөлүшөт: жогоруда айтылган сагана же сагана көр, жарма көр[219] жана акырында, катакомбалуу көр. Көрдүн экинчи тиби көпчүлүгүндө көп адам өлгөн учурларда (эпидемиялардын жана башка табигый кырсыктардын убагында), же кандайдыр себеп менен

өлүктү шашылыш көмүү керек болгондо, ошондой эле топурак жумшак келип катакомба жасоого мүмкүн болбогон учурларда колдонушат. Башка бир учурларда көрдүн үчүнчү тиби — катакомбалуу көр колдонулат. Бирок, айрым райондордо көрүстөн курулуштары этникалык топтор боюнча да айырмаланып тураарын белгилеп кетүү керек. Азыркы убакта көрдүн акыркы эки тиби мусулмандардын өлүк көмүү үрп-адатынын талаптарына толук ылайык келет.

Соңку он жылдыктарда Орто Азия археологиясы көп сандаган катакомбалуу көрүстөн эстеликтеринин ачылышы менен байыды[220]. Биздин заманга чейинки I миңинчи жылдыктын акырына жана биздин замандын башына таандык бул эстеликтердин өз өзгөчөлүктөрү бар. Алардын азыркы эстеликтерден негизги айырмасы — ал көрүстөндөр ар түрдүү типтеги үймөк топурактардын астына жайгаштырылгандыгында. Бирок, алардагы жалпы курулуш түзүлүшүндө кыргыздардын азыркы көрлөрүнө мүнөздүү окшоштуктар бар экенин байкоо кыйын эмес. Жалпы белгилеринен башка, алардын айрым деталдары да байыркы жана азыркы көрүстөн курулуштарынын жана өлүктү көмүүнүн өзүнүн ырым-жырымдарынын ортосунда айрым бир окшоштуктардын бар экендигин көрсөтүп турат. Тешиктен сөөк коюлган казынага алып баруучу аралыкты байыркы көрүстөн курулуштарындагыдай эле кыргыздар топурак, кыш же таш менен, көп учурда чабак жыгачтар же төрт кырдуу устундар менен бекитишкен. Кыргыздар мурда өлүктүн алдына тери төшөшкөн; байыркы эстеликтерде тактай, сокмо таар, кийиз ж.б. төшөлгөн. Кечээ жакындагы кыргыз көрүстөндөрүндөгү бейиттердин ичинде же бейиттин жанында өлүктү коюуга байланышкан инвентарлардын жок экендиги толук түшүнүктүү: анткени, бул исламдын жол-жобосуна карама-каршы келээр эле, бирок, бул жол-жобону бузууга уруксат бере турган айрым маалыматтар да бар. Мисалы, А. Чоробаевден алынган маалыматка караганда (ал окуя болжол менен XVIII кылымдын акырына тиешелүү), бири-бири менен жоолашкан эки кыргыз баатыры Кемпир бала менен Чомой баатырдын сөөктөрү жанаша коюлган. Эгерде Кемпир бала менен жарашпаса «тигил дүйнөдө» да аны менен согушууга мүмкүндүк алуу үчүн Чомойдун көрүнө анын найзасын кошо көмүшкөн. Эки күмбөз тең азыр да Ак-Терек жеринде турат (Ак-Талаа району).

А. Н. Бернштамдын жана башка археологдордун изилдөөлөрү көрсөтүп тургандай, катакомбалуу көрлөр жана жарма көрлөр биздин заманга чейинки I миңинчи жылдардын акырына жана биздин замандын башы ченге гана мүнөздүү болбостон, андан кийинки доор үчүн да, атап айтсак, соңку түрк мезгилине да мүнөздүү. Ал эми кыргыздардын сөөк коюлуучу жер астындагы көрүстөн курулуштарына келе турган болсок, орто кылымдардагы мусулман эстеликтеринин арасында да, алда канча кийинки мезгилде эле ушуга окшогон курулуштар кезигет[221].

Мына ушунун баары кыргыздардын көрүстөн курулуштары, өлүк мусулман үрп-адаты боюнча көмүлсө да, мурдагы өткөн доорлордун эстеликтери менен белгилүү бир генетикалык байланышта болгондугун далилдейт, аларда бир кыйла кийинки жергиликтүү традициялар да өз чагылышын тапкан.

Жер астында көмүүнүн үстөмдүк кылган ыгынан башка да, өлгөндөрдү убактылуу сактап туруунун өзгөчөлүү бир тиби болгондугу жөнүндө да маалыматтар бар. Мындай сактоо өлгөн адамдын сөөгүн сөзсүз түрдө урукка тийиштүү көрүстөндө, ал өзү туулган, анын ата-бабасы жашаган жерде көмүү салты менен байланыштуу болгон. Бугу уруусунун тектүү жол башчыларынын бири Бирназардын (белек уругунан) сөөгү Ысык-Көл боюнан анын ата-бабалары

жашаган (Алай өрөөнүнө жакын) Кызыл-Коргонго алып келинген[222]. Саяк уруусунун феодалдарынын бири Түнтөй өлгөндө сөөгү Ысык-Көлдөн анын ата журту — борбордук Тянь-Шанга (Миң-Булак деген жерге) алып келинген[223]. Согу уругунда (могол уруусу) урукка тиешелүү көрүстөн болгон, бирок өткөндө бай жана тектүү адамдар өлгөндө алардын сөөгүн бул көрүстөнгө коюшпай, Чаткал өрөөнүнө алып барышып, Идрис-Пайгамбардын мазарынын жанына көмүшкөн[224].1851-жылы жазылып калган булактардын биринде мындай деген маалымат бар: «...казак аймагы Ташиганды (Ташкент) ордо деп эсептейт, бирок анын княздары менен хандарынын көчүп-конуп жүргөн кыштоолору жана жайлоолору болгон. Өлгөндө (сөөгү) көмүү үчүн Ташиганга алып келинет»[225].

Кыргыздар менен казактардын арасында тараган бул салт көп учурда башка жерде, кеч күздө өлгөн адамды, оңтойсуз шартка байланыштуу (мисалы, кышында ашуунун жабылып калышы), жазга чейин көмбөй сактап туруунун зарылдыгынан келип чыккан. Мындай учурда өлүктү көмүүнүн бардык ырым-жырымдарын аткарышып, сөөктү кепиндеп, ышталган чийки төө териге (шири) ороп, тигип салышкан. Сөөктү ушундай түрдө короодогу бийик бакка жазга чейин илип коюшкан. Күн жылыганда сөөктү алып барышып, урукка тиешелүү көрүстөнгө же белгилүү мазардын жанына көмүшкөн жана ушундан кийин гана аш берүү үрп-адаттарын аткарышкан. Маркумду ал тигилген тери менен кошо көмүшкөн[226]. Өлгөн адамды убактылуу «сактай туруунун мындай ыгы» «абага» көмүү сыяктуу байыркы ыкты эске түшүрөт. Алсак, си(хи), кумоси (кумохи) урууларына таандык болгон булактарда (биздин замандын VII—VIII к.к.) мындай деп көрсөтүлөт: «Өлгөндөрдүн сөөгүн камышка жана чөпкө ороп туруп, бакка илип коюшат»[227]. Мындай салт байыркы түрктөрдө — теле бирлигинде да болгон: өлгөндөрдү табытка салышып, тоого алып барып коюшкан же бакка таңып салышкан»[228].

Кыргыздарда өлүк көмүүнүн адаттагыдан башкача түрлөрү сөөгүнөн этин шылып салышып, сөөгүн ата-бабалары жашаган жерге алып келип көмүшкөнүн көп жолуктурууга туура келген. Алсак, нойгут уруусунан чыккан Нарбото-бий Кашкар аймагы ченде согуштан каза табат. Анын максатташы жана уруулашы Турдубай Нарботонун сөөгүнөн этин шылып салып, сөөгүн Газ же Согмент кыштагына (ал жерде нойгуттар жашаган) алып келип, көмдүргөн[229].

Жалпы эле кыргыздардагы өлүк көмүү ырым-жырымдарын толук талдап-карап чыгууга зарыл маалыматтар колдо бар болсо да, биз бул изилдөөбүздө

андай кылууга мүмкүнчүлүгүбүз жок[230]. Изилдөөдө, Орто Азиянын башка элдеринен жана казактардан[231], жарым-жартылай Сибирь элдеринен жеңил табууга боло турган кээ бир окшош үрп-адаттар келтирилет.

Өлүк көмүү культунун кээ бир жактарына жана аны менен байланышкан түшүнүктөргө гана токтолуп өтөбүз. Бул түшүнүк боюнча ар бир адамдын чымын түрүндө жаны болот[232]. Балдардын жаны майда чымчык түрүндө болот[233]. Жан сур, кут деген терминдер менен да белгиленет[234]. Дем алуу, тыным алуу — адамга, жандуу нерсеге мүнөздүү[235]. Үзүлдү деген сөз эки мааниде колдонулат: 1) үзүлүү, бөлүнүү, айрылуу; 2) өтмө мааниси, өлүү[236]. Бул маалыматтарды алтайлыктардын жана хакастардын диний ишенимдери менен салыштырууга болот. Дененин дем алуу, өсүү, жашоо жөндөмдүүлүгү алтайлыктарда да «тын» деген термин менен аныкталат. Алардын түшүнүгү боюнча «сун» деп аталган жан адам өлгөндө денеден бөлүнүп «узут» деп аталган тунук бууга айланат[237]. Хакастар болсо тирүү адамдын жаны «хут» бир жылдан кийин өлгөн адамдын жаны «узутка» айланат. Аларда «тын» — жан жана өмүр; «тын үзүлдү» деп

айтканда адамдын жаны үзүлдү дегенди, б.а. адам өлдү дегенди билдирет [238]. Кыргыздардагы «үзүл», алтай-хакастардагы «узут», хакастардагы «узул» деген түшүнүктөрдүн ортосунда түздөн-түз семантикалык байланыш болушу мүмкүн.

Түркмөндөрдөй эле, Хорезм өзбектериндей эле[239] кыргыздар өлгөндөрдүн жанын тамак-аш менен камсыз кылуу керек деп эсептешкен. Адам өлгөндө үчүлүгүн, жетилигин, кыркын жана өлгөндөн бир жылдан кийин чоң ашын өткөрүү, бейитке барып тамак-аш жеп, ал жерде тамак-аш калтыруу ушул максатта иштелген. Биз менен аңгемелешкендердин бири[240] Ысык-Көлдүн түндүк жээгинде, кээ бир бейиттердин жанында бир нече кесим эт же боорсок салынган чөйчөктөрдү калтырып кетишкенин өз көзү менен көргөнүн айтып берди. Кээде кымыз да калтырышкан. Илгери, деп айтты урматтуу Узун молдо[241], Шариаттын талабынан чегинип, жети күндөн кийин, анда-санда 20—30 күндөн кийин өзүлөрү менен кошо бышырылган эт, айран, кымыз алышып, өлгөн адамдын бейитинин башына барып, тамактанышкан. Кээде этти көрүстөндө бышырып жешкен. Бир аз айранды же кымызды бейиттин үстүнө төгүшкөн.

Жогорудагы алдын ала кыска эскерүүлөрдөн кийин, адам жанынын тиги дүйнөдө жашай тургандыгы жөнүндөгү жалпы ишенимге токтололу.

Ушуга байланыштуу М. С. Андреевдин Касан районуна баргандыгы жөнүндө жарыяланган баяндоосунда белгиленген ажайып факт зор кызыгууну пайда кылат[242]. Автор кыргыздарда өлгөн эркектин үйүндө маркумду элестетүүгө тийиш болгон куурчак сымал тул жасоо салты азыр тез жоголуп бараткандыгы жөнүндө айтат. Тикесинен коюлган жаздыкка маркумдун чапанын кийгизип, үстүнө анын чалмасын коюп коюшат. Тул бурчка орнотулуп, көшөгө тартылат. Тул коюлган бурч тарапка ызаат мамиле жасашат. Маркумдун тулу аш берилгенге чейин, б.а. бир жыл сакталат. К. К. Юдахин белгилегендей[243], тул эрдикатын жатчу жайдын үстүнө илинип коюлат. Жесир тулдун астында отуруп, маркум күйөөсүн жоктоп ыйлайт [244].

Кыргызстандын ар түрдүү аймагынан биз тараптан алынган маалыматтар менен ырасталган бул салт кыргыздарда адам өлгөндөн кийин да анын жаны жашай берет деген ишенимдин болгондугун далилдеп турат. Мындай ишеним кыргыздарда гана эмес, башка бир катар элдерде да жолуга турган, ушуга окшогон диний ишенимдердин бүтүндөй бир цикли менен катар турат[245]. Бул түшүнүктөр, тиги дүйнөнүн бар экендиги жөнүндөгү идея менен байланышкан диний ишенимдердей эле, кыргыздарда өлгөндөрдүн жана ата-бабалардын культу түрүндө өзгөчө өнүгүүгө ээ болгон[246].

Кыргыздардагы өлгөндүн тулун жасоо сыяктуу опокшош салт казактарда бар экендигин А. Левшин жана Г. Н. Потанин [247], осетиндерде бар экенин В. Миллер жана М. М. Ковалевский[248] белгилешкен.

Кыргыздардын баатырдык эпосу «Манаста» жолуга турган этнографиялык деталь да түшүнүктөрдүн ушундай системасы менен байланышкан. Манастын тирүү кезинде эле анын аялы Каныкей ага арнап күмбөз курдурат[249]. Бирок, ал өлгөндөн кийин анын сөөгүн душмандары мазакташынан чоочулап, Каныкей кара асканын боорунан үңкүр ойдуруп, Манастын сөөгүн ошол жерге жашыруун коюуга буйрук берет. Үңкүрдүн босогосуна Манастын өзүнүн сүрөтү түшүрүлгөн тирөөч коюлат. Андан ары эпосто айтылгандай, Манастын сөөгүнүн ордуна күмбөзүнө анын жыгачтан жасалып, ак кийизге оролгон сүрөтү көмүлөт.

Эпикалык баяндын бул деталынан, М. С. Андреев жазган салттан белгилүү болгон диний ишенимдин эле өзү, маркумдун сүрөт турпатында анын жаны жашай берет деген ишеним ачык көрүнүп турат. Формасы боюнча жакын болгон

ушундай эле ишенимдер башка элдерден да байкалат[250]. Маркумдун сүрөт турпатын жасоого байланышкан бүткүл ырым-жырым анын тиги дүйнөдө жакшы жашоосун камсыз кылуу, ага тирүүсүндө кандай шартта жашаган болсо ошондой шарт түзүп берүү максатын көздөгөн.

Биз сөз кылып отурган кыргыз салты менен Енисейдеги жазма эстеликтерде чагылдырылган байыркы түрктөрдүн өлүк көмүү үрп-адатынын тамыры бир. Кожээлиг-Ховудеги (Е-45) эстеликтерде төмөнкүдөй саптар бар:

5) Бир йетмиш йашымга көк теңриде күнке азыдым. Сезиме...
6) шүрси йамда, элим, сизиме, йерим, субум, сизиме, куйда кунчуйум тулы кылты. Сизим...

5) Жетимиш бир жашымда көк теңирдеги күндү көрүүдөн калдым. Силерден...
6) өз мамлекетимден, силерден, жеримден, өз суумдан, силерден... Менин канышам мунарада тул жасады. Силерден...[251]

Тувада, Кожээлиг-Хову жеринде табылган бул эпитафия Күлүм еге өлгөндө анын атынан чегилип жазылган, сыягы, анын жесири жасай турган тул маркумдун тиги дүйнөдө жашоосу улана берээрине түздөн-түз тиешеси бар неме болсо керек. Идеясы боюнча кыргыздардагы өлүк көмүү ырым-жырымдары менен байланышкан түшүнүктөргө жакын түшүнүктөр биздин өтүнүчүбүз боюнча кыргыз этнографы Баялиева Токтобүбүнүн жазып алгандарынан да көрүнүп турат. Ал жазылып алынгандарга караганда, өлгөндүн сөөгү менен кошо *кепинге* чийден кайчылаштырып, чүпүрөк менен ороп жасалган куурчакты кошо салышкан. Мында чүпөрөктөн «баш» да жасап куурчакка байлап коюшкан. Баштагы ак чүпүрөк адамдын бет түспөлү болгон. Мындай куурчакты өлгөн адамдын муундары катпай, кыймылдап турган учурда сөөк менен көргө кошо көмүшкөн. «Куурчак» мындан ары өлүм-житим болбосун деген максатта жасалган[252].

Башка бир жазылып алынган маалыматта төмөнкүчө айтылат253. Өлгөн адамдын моюну жана муундары катпай кыймылдап турса, муну — жаман жышана, маркумдун үй-бүлөсүнөн, жакындарынан дагы бирөө жан таслим болот деп эсептешкен. Мындай учурда маркумдун бою менен тең таякка, жазылыгы анын ийни менен туура келгендей кылып, экинчи таякты арчындашып, аны *кепиндин* чүпөрөгү менен байлашып: *ушул сенин шеригиң*[254] деп айтып, «куурчакты» маркумдун сөөгү менен кепинге кошо орошкон. Бул ырым- жырым өлгөн адам өзү менен кошо башка бир тирүү жакынын алып кетпесин үчүн иштелген. Куурчак, ошондой адамды алмаштырууга тийиш болгон.

Бул өлүктү көмүүнүн алда качантан бери колдонулуп келе жаткан ырым-жырымы, ортодоксалдык формадагы ислам ырым-жырымы мындайга деги эле жол бербесе да, мусулман ырым-жырымы менен кошо аткарылып жүргөнү, анын үстүнө бул ырым-жырым Кыргызстандын башка райондоруна караганда ислам тереңирээк тамырлаган Түштүк Кыргызстанда жолугуп отурганы өтө кызык.

Кыргыздын бул ырым-жырымын Оглахтин көрүстөнүндөгү бейитте табылган көр куурчактары менен түздөн-түз байланыштырууга болот[255]. Мындагы кызыктуу нерсе, ичине ныктап чөп тыгылып, териден жасалган адам турпатындагы бул көр куурчактардын — маркумдардын сөөгүнүн үстүнөн табылганында турат. А. В. Андрианов көрүстөндү казуу жөнүндөгү

баяндамасында «адам турпатындагы нерселердин алдында сөөктөрдүн» жаткандыгын түз эле көрсөтөт. Л. Р. Кызласовдун пикири боюнча, бул факт — көргө адегенде өлүк, андан бир канча убакыт өткөндөн кийин гана көр куурчагы көмүлгөн[256]. Көр куурчагынын милдетин жана аны менен байланышкан бардык ырым-жырымдарды аныктап билүү үчүн Л. Р. Кызласов ханттардын диний ишенимдери жана культу боюнча тарыхый-этнографиялык маалыматтарды алган. Ал маалыматтардан төмөнкүлөр белгилүү болот: адам өлгөндөн кийин жасала турган куурчак маркумдун көлөкөсү, убактылуу жашап туруучу нерсе катарында (адамдык «Мендин» үчилтигинин бири), болжол менен бир жыл бою өлгөндүн жакындары тарабынан камкордукка алынып, көңүл бурулуп турган; аны тамактандырышкан, кийиндиришкен, чечиндиришкен, киринтишкен, жаткызып уктатышкан жана д.у.с. Ханттардын түшүнүгү боюнча, бир жыл өткөндөн кийин, маркум башка бирөөнүн камкордугуна муктаж болбой, өзү жөнүндө өзү камкордук көрүүгө жарап калганда, куурчакты көмүү ырымын уюштурушкан жана аны маркум жаткан көргө көмүшкөн. Ошентип, көлөкөнү өзү чыккан дененин өзүнө биротоло кайрадан кайтарып беришкен. Л. Р. Кызласов ханттардын көр куурчактары Оглахты бейиттеринде сактальга калган таштык көр куурчактарына толук окшош деген корутундуга келет.

А. Н. Липский нанайлыктардагы өлгөндүн жанын «өлгөндөрдүн дүйнөсүнө» жөнөтүүгө байланышкан өтө кызык үрп-адатты жазып алган[257]. Адегенде жыгачтан куурчак — «фанды» жасашкан, ал куурчак маркумдун көлөкөсү, анын жандарынын бири деп эсептелген, ошол эле убакта ал башка бир — астралдык жандын байыр алуучу жайы да болгон. Өлүктү көмгөндөн кийин үч жыл бою ал куурчакка оорулуу адамга жасалуучу мамиле жасашкан: аны «тамактандырышкан», чылым чектиришкен, жаңы кийим арнашкан, белек беришкен жана д.у.с. Үч жылдан соң «касатаури» ырым-жырымы жасалган, бул үчүн башка куурчак — «мугдэ» даярдалган[258]. Анын жоондугу адамдын белиндей келип, бийиктиги адамдын боюнан чоң болгон эмес. Куурчаюса маркумдун костюмун кийгизишип, анын жанына маркумдун башка буюмдарын да коюп коюшкан. Бул ырым-жырымдын учурунда фаня куурчагын таштап чыгып бараткан маркумдун жанын шаман мугдэге көчүргөн. Жанды кабыл кылышып, аны «өлгөндөрдүн дүйнөсүнө» өткөрүшкөн учурда мугдэни отко ташташкан. Ал толук күйүп кетпей, чала күйүүгө тийиш болгон. А. Н. Липскийдин пикири боюнча куурчакты өрттөө бир замандарда нанайлыктардагы өлүктү өрттөп жиберүү ырым-жырымынын калдыгы болгон. Демек, бул эски өлүк көмүү ырым-жырымынын элес-булас көрүнүшү гана болгон.

Л. П. Потапов тувалыктардын кызык ырым-жырымы жөнүндө жазат, ал ырым-жырым өлгөндү — буюмдары жана үй жаныбарлары менен бирге көмүүнүн байыркы ыгын туурайт (маркумдун жана өгүздүн камырдан жасалган сөлөкөттөрү, кайыштан жана кездемеден жасалган жүгөн, кийим жана жүк баштык, ээрдин жана чөйчөктүн жыгачтан жасалган моделдери).[259]

Жыйынтыгында Тува археологиялык-этнографиялык экспедициясы байыркы түрк мезгилиндеги эки көрдү казганда табылган олгон адамдардын куурчак түрүндөгү турпатын эске салабыз. Көрдүн биринде куурчак чөптөн оролуп жасалып, кытай кездемеси менен оролуп тигилген, алтын тоголуу кадимки кайыш кур менен курчалган, экинчи көрдөгүсү — кытай шайысынан жасалган[260]. Биздин доорго чейинки I миңинчи жылдыктын акырындагы — биздин доордун биринчи кылымдарындагы Кокэль көрүстөнүндөгү эстеликтерге жалпы мүнөздөмө бере келип, С. И. Вайнштейн жана В. П. Дьяконова мындай деп

жазышат: «Кыязы, өлүк менен кошо ата-бабалардын культу менен байланышкан айрым бир буюмдарды көмүү ырым-жырымы жашап келсе керек. КЭ-8 дөбөсүндө, XIX к. бейитте табылган тери кийиминин үзүктөрү сакталып калган, жыгачтан жасалган антропоморфдуу сөлөкөт дал ошондой буюм болсо керек»[261].

Көр куурчактары жөнүндө келтирилген маалыматтарга караганда, кыргыздарда өлүк көмүүнүн мусулман ырым-жырымы менен катар, сакталып калган өлүк менен кошо куурчакты көмүү ырым-жырымы таштык жана байыркы түрк мезгилиндеги ушуга окшогон үрп-адат менен, ошондой эле алардын ханттардын, нанайлыктардын жана башка элдердин турмуш- тиричилигиндеги калдыктары менен да генетикалык байланышы бар деп эсептөөгө болот. Булардын баарысы тиги дүйнөдө маркумдун жаны жөнүндө камкордук көрүү менен байланышкан диний ишенимдерди чагылдырат. Өлүктү көмүүдө колдонулган кээ бир ырым-жырымдар да ушул эле максатта иштелген.

Биз жогоруда эскерген Манастын өлүмүнө жана аны көмүүгө тиешелүү болгон эпостогу эпизоддо да Манастын өз каалоосу боюнча анын аялы Каныкей маркумдун өлүгүн ок өтпөс жибектен жасалган *ак олпок* менен жаап, башына жана аягына бүт курал-жарагын: найзасың, кылычын, мылтыгын жана д.у.с. коюп койгон.

Кыргыздардын кээ бир бейит үстүндөгү курулуштарынын — мазарларынын дубалдары, деп белгилейт өзүнүн эмгегинде А. Ромм[262], фреска сүрөттөрү менен кооздолгон. Башка бир сүрөттөрдүн ичинде кийим, эмеректер жана идиш-аяктар, курал-жарактар, үй жаныбарларынын сөлөкөттөрү бар. Байыркы убакта бейитке буюмдар жана мал кандай максат менен кошо көмүлсө, бул сүрөттөр символдуу түрдө ошол эле максат үчүн кызмат кылган. Манас үчүн салынган күмбөздүн дубалына Каныкейдин буйругу боюнча тартылган сүрөттөрдү баяндоого эпосто ошончо орун берилгендиги да кокусунан эмес, Бул сүрөттөрдө Манаска душман хандар, Манастын жоокерлери, чоролору ж.б. тартылган[263].

Кыргыздарда өлгөнгө багышталып уюштурулган аштарда, айрыкча чоң ашында мол тамак-аш берип сыйлоонун түпкү негизинде арбактардын, жалпы эле ата-бабалардын арбактарынын тамак-ашка болгон муктаждыгын канааттандыруунун зарылдыгы жөнүндөгү камкордук жатат.

Маркумдун жаны тиги дүйнөдө жашайт деген диний түшүнүктөрдүн жогоруда келтирилген комплексин кыргыздардын өткөндөгүсүн жакшы билген 70 жаштагы Түгөлов Нуралынын баалуу маалыматтары толуктайт[264]. Маркумдун чоң ашын берүүгө байланышкан үрп-адат жөнүндө айтып келип, Нуралы, аш учурунда эки-үч атка адам кейпиндеги бир нерсени отургузушуп, аларга маркумдун кийимин, тебетейин кийгизишип, курун курчантып, кылычын байлап коюшкан. Аттарды байлап салышкан. Аларды аш тарагыча атайын адам кайтарып турган. Башка жакка көчкөндө ал аттарды ошол эле адам кошо коштоп жүргөн (*тул кайтарган киши*). Ал кызыл чепкен кийип, башын кызыл жоолук менен байлап, маркумдун курал-жарагын (найзасын, кылычын) ийнине илип алчу экен.

Аза күтүү туусун көтөргөн адам (*туу көтөргөн киши*) өлгөндүн тууганы болгон эмес. Ал маркумдун боз үйүндө (ашка чейин) болуп, ошол жерде тамактанып, жатып жүргөн. Көчкөндө жана аш учурунда маркумдун кийимдерин кийип алып, аттардын жанында турган. Өлүк чыккан үйдө ал эркектин бардык ишин аткарган. Үйдө жүргөндө өзүнүн демейки кийими менен меймандарды күткөн. Аза күтүү бүткөндөн кийин маркумдун атын алып, өз үйүнө кеткен. Тулду кайтарган адам жесир менен сүйлөшкөн эмес, бирок анын бардык суроо-

өтүнүчтөрүн аткарган. Жесир аны *аке*[265] деп, бирок ага тикеден-тике өзү эмес, өтүнүчүн башка бир аял аркылуу айтып кайрылган.

Бул маалыматта бардыгы эле жетишерлик ачык эмес, бирок, Нуралы айтып отурган персонаждардын биринен биз өтө жөнөкөйлөштүрүлгөн түрдөгү «маркумдун орун басарын» көрө алабыз. Ал чындыгында маркумдун үйүндө гана жашабастан, анын үйдөгү чарба милдеттерин да кошо аткарган. Ал жесир менен өзгөчө мамиледе болгон, муну жесир менен карым-катнаш жасоого тыюу салуунун натыйжасы деп кароо керек.

«Маркумдун орун басары» болуу салты — өлгөн адамдын жаны белгилүү бир убакытка чейин өзү кайсы коомдук топко таандык болсо, ошол топто жашап турат деген идеядан келип чыккан өлүк көмүү культунун эң байыркы көрүнүштөрүнүн бири. Л. Леви-Брюль Нигердеги мосси уруусунун турмушунан мисал келтирет, аларда адам өлгөн учурдан баштап, аны экинчи жолу көмгөнгө чейин кимдир-бирөөгө маркумду туурап, анын ролун аткаруу милдети жүктөлөт. Тирүүлөр өзүлөрүн маркумду көрүп турушкандай, андан таптакыр бөлүнүшпөгөндөй сезишет. «Бул, — деп жазат Левирюль — жок нерсенин бар нерседей болуп сезилип, кадимкидей «катышып» турушу»[266].

А. Д. Авдеев буга окшогон маркумдун «орун басарларынын» Африканын кээ бир урууларында, корейлерде жана кытайларда, мордвалыктарда жана марийлерде да бар экендиги жөнүндөгү маалыматтарды келтирет[267]. Мордвалардагы жана марийлердеги өлгөн маркумдун ордуна коюлган тирүү адам катышкан өлүк көмүү жана аш берүү менен байланышкан ырым-жырымдар В. Рагозиндин чыгармасында268 толук баяндалат. А. А. Поповдун билдиргенине караганда, тавгыйлерде өлгөн адамдын жакын туугандарынын ичинен бирөө тандалып, ал — маркумду көмгөнгө чейин анын милдетин аткарып, анын атынан сүйлөп, тамак-ашка, «ажалдуу» бугуларды кармоого катышкан, маркумдун сөөгү салынган чананы айдаган жана д.у.с.[269].

Демек, кыргыздардагы өлүк көмүү культунун кээ бир элементтери жана аны менен байланышкан аза күтүү жана аш берүү ырым-жырымдары өтө байыркы диний түшүнүктөрдүн, анын ичинде анимизм жана ата-бабалардын культу менен байланышкан көз караштардын кыргыз турмушундагы чагылышы болуп саналат. Жогоруда келтирилген үрп-адаттардан өлгөндөрдүн жана ата-бабалардын арбактарынын конкреттүү коомдук топ менен байланышы токтобойт жана алар менен карым-катнаш эң эле ар түрдүү формада боло берет деген диний түшүнүктөрдүн реалдуу көрүнүштөрүн байкоого болот.

Өлгөндөрдүн жана ата-бабалардын культун карап чыгууну аяктоодон мурда Б. П. Шишлонун СССР Илимдер академиясынын Археология институтунда жана Этнография институтунда окуган докладдарында бир нече жолу баяндалган көз караштарына токтолуп кетейин. Бул көз караштарга ылайык, өлгөндөрдүн куурчагын жасоо үрүп-адатты ата-бабалардын культунан келип чыккан эмес, ал баарынан мурда өлгөндүн арбагынан, жалпы эле өлгөндөрдүн жанынан коркуу идеясына байланыштуу.

Тулдун ата-бабалардын рухтары (арбактар) жөнүндөгү түшүнүк менен эч кандай байланышпай тургандыгы — Б. П. Шишло үчүн өлгөндүн куурчагын жасоо (биз жогоруда жазган тул) ата-бабалардын культунан келип чыккан эмес деген көз караштын пайдасына чечилчү эң маанилүү аргумент. Бирок, бул үстүртөдөн түшүнүүчүлүк, бул тул жасоо үрп-адаты аза күтүү ырым- жырымы менен гана байланышкан, бул бар болгону «жесирликтин символу» гана деп корутунду чыгарууга олуттуу негиз боло албайт. Б. П. Шишло баяндалып отурган

үрп-адатты өлгөндөрдүн жана ата-бабалардын культу менен байланышкан түшүнүктөрдүн бүткүл системасынан бөлүп карап отурат.

«Арбак» деген сөздүн өзү арабдыкы болсо да, ата-бабалардын рухтары жөнүндөгү түшүнүк кыргыздарга ислам менен келди деп эсептөөгө эч кандай негиз жок. Муну кыргыз тилин кадыр-барктуу изилдөөчүсү, профессор К. К. Юдахин тарабынан келтирилген лексикалык жана фразеологиялык материалдар ынандыраарлык далилдеп турат: **арбак** *ар*. I. *миф*. ыйык же ардактуу ата-бабанын руху ага кайрылгандарга жардам берүүгө же душманын жазалоого тийиш; **арбакка сыйын** *этн*. өзүн сыйынганына табыштоо (алардын жардамына кайрылуу); **арбак конгон — жолдуу киши...;** ата-бабалардын арбагы консун — сага ийгилик каалайм (*түзү* — ата-бабаңдын арбактары колдосун); **арбагы колдойт; арбактан кутул** *этн*. **арбактын алдынан өт** *этн*. (мисалы — убадаңды, милдетиңди аткар же башкалардын күнөөсүнөн улам аткара албаганыңды билдир); **арбакты аттап өт** *этн*. ата-бабанын арбагын сыйлабоо (түзү — ата-бабанын арбагын тепсөө); **арбакка кой** *этн*.\ (арбактар калыстык кылсын, жазаласын д.у.с.)[270].

Келтирилген маалыматтар орозо кармоо аяктагандан кийинки орозо айт майрамы жөнүндө жогоруда айтылган маалыматтар менен жана Ч. Валиханов келтирген далилдер менен өтө эле жакшы айкалышып турат[271].

Менин жазып алгандарымда төмөнкүдөй саптар бар: «Адам өлгөндө анын жаны арбакка айланат (*жан арвай болуп*). *Арвай ашы* — деген үрп-адат бар... Ооруп калган аялдар көрүстөнгө карапа идиш менен *ысык аш* ала барышат. Бул тамакты алар каалаган бейиттин жанына калтырып коюшат: бейиттин жанында этек-жеңин күбүнүшөт. Тамак-ашты арбактарга арнашат»[272]. Кыргыздардын башка бир тобунда өлүктү койгондон кийин 10—15 (кээде 30—40) күн өткөндө аялдар өлгөндүн бейитине барышат. Өзүлөрү менен тамак-аш ала келишип, ошол эле жерде жеп-ичишет, ал эми айрым жерлерде тамак- аштын жарымын бейитке калтырып кетишет.

Каралып чыккан материал көрсөтүп тургандай, өлгөндөрдүн жана ата-бабалардын культуна тиешелүү түшүнүктөр өлүктү көмүү ырым-жырымдары жана аш берүү-эскерүү үрп-адатынын цикли менен ажырагыс байланышта болгон. Булардын жана башкалардын негизинде анимисттик идеялар жаткан. Бул ырым-жырымдар менен үрп-адаттардын көпчүлүгүнө ортодоксалдык мусулман ырым-жырымынын тигил же бул даражада таасири тийген болсо да, алардын тобу тиги алыстан келаткан салт экендигине шек кылууга болбойт. Өлгөндөрдүн жана ата-бабалардын культундагы, өлүк көмүү, аш берүү-эскерүү комплексиндеги ушул байыркы белгилер кыргыздардын диний ишенимдерин Орто Азиянын бир катар элдеринин жана казактардын, бир жагынан Саян-Алтай элдеринин да диний ишенимдери менен кээде таңданарлыктай окшоштукка чейин жакындаштырып турат. Кыргыздардын дүйнөгө көз карашынын бул жагы, алар жогоруда аталган элдер басып өткөн диний ойломдун жалпы стадиясын чагылдырып гана тим болбостон, алардын айрымдарынын ортосундагы тарыхый-маданий, белгилүү бир этаптарда этногенетикалык байланыштарды да чагылдырып турат.

Жогоруда айтылгандай, арбактарды ата-бабанын руху катарында түшүнүү — кыргыздар менен казактарда ата-бабалардын бейиттерине өтө урматтоо менен мамиле кылууга алып келген. Бирок атактуу адамдардын сөөгү көп учурда жашыруун түрдө көмүлгөн[273]. Легендарлуу Манастын күмбөзүндө да эпикалык баянга ылайык, анын куурчак сүрөтү гана көмүлгөн. Эгерде, өзгөчө Манастын

айланасында, легендарлуу баатыр жана түпкү баба катарында алда качан эле чыныгы культ түзүлүп калгандыгын эске алсак, муну өлүктөн коркуунун натыйжасы катары эч бир түшүндүрүү мүмкүн эмес. Баса, эпостун текстинде Манастын өзүнүн ата-бабаларынын арбактары жөнүндө бир нече жолу эскертилет. Б. П. Шишло көчмөн турмушта жашаган көптөгөн элдердин идеологиясында чоң роль ойногон генеалогиялык уламыштар толугу менен ата-бабалар культунун идеясынан келип чыгуу менен бирге, бардык муундардын ата жагынан теги бир болуу принцибинде түзүлгөндүгүнөн кабардар болбосо керек. Орто Азиянын элдерине исламдын узак мезгил бою таасир тийгизгенине карабастан, ошол өлгөндөрдүн жана ата-бабалар культу менен байланышкан бир катар түшүнүктөр мусулман идеологиясына чырмалышып калган. Диний орозо тутуу бүткөндө өткөрүлүүчү эскерүү ырым-жырымдары (орозо айт же айттык) дал ушундай. Бул күнү желген тамак-аш ата-бабалардын арбагына арналган деп эсептелген. Өлүктү көмгөндөн кийин окулуучу дубалардын бири *жалпы арбактарга* арналган.

* * *

Акыркы убактарда кыргыздардын диний көз караштарын бир кыйла ургаалдуу түрдө изилдеп-үйрөнүү башталды[274]. Бирок бул изилдөөнүн басымдуулук кылган багыты турмуш-тиричиликтеги исламдын жана мусулманчылыкка чейинки диний калдыктардын жана культтардын ар түрдүү тараптарын конкреттүү изилдөө эмес, кыргыздардын диний ойлоосун жалпысынан иликтеп-талдоо жана исламдын кыргыздар арасына таралышынын белгилүү болуп калган фактыларын, ошондой эле мурда адабиятта чагылдырылган тигил же бул калдыктар түрүндөгү көрүнүштөрдү философиялык, социологиялык көз караштан түшүндүрүү болуп саналат.

Биздин күндөрдө кыргыз калкынын динчилдигин социологиялык жактан изилдеп-үйрөнүү аракети, менин көз карашымда, азырынча, жетишерлик түрдө натыйжалуу болбой жатат, анткени мындай аракеттер кыргыздардагы диний калдыктар ислам идеологиясынын тигил же бул көрүнүштөрүнөн, мусулман үрп-адаттарын аткаруудан, мусулман догмаларын тигил же бул даражада өздөштүрүүдөн жана исламды туткандарга коюла турган талаптарды иш жүзүндө аткаруудан гана турат деген идеологиялык өбөлгөлөргө негизденип жүргүзүлгөн.

Мындай ашкере бир жактуу мамиле жасоо — кыргыздардын динчилдигинин, ал өткөндөгүгө салыштырганда сандык жана сапаттык терең өзгөрүүлөргө учураган болсо да, чындыкка окшошоорлук сүрөтүн бере албайт. Өткөндө кыргыз калкынын кеңири массасынын диний көз карашынын негизин ислам жана анын догмалары менен ырым-жырымдары түзгөн деген түшүнүктү толук туура деп эсептөөгө болбойт. Чындыгында, кыргыздардын эл массасы канондошкон исламга жат бойдон калышкан. Объективдүү байкоочулар келтиришкен көп сандаган маалыматтар жана кыргыздардын өткөндөгү диний түшүнүктөрүнүн бүткүл комплексин жана алардын азыркы учурдагы калдыктарын көп жыл бою кунт коюп изилдеп-үйрөнүү бизди кыргыздардын диний аң-сезимин аныктоочу алда канча терең катмарды (ал эми кээ бир даражада биздин күнгө чейин) ортодоксалдык ислам менен байланышкан түшүнүктөр түзбөстөн, исламга чейинки диний ишенимдердин жана байыркы культтардын, диний ырым-жырымдардын, диний көз караштардын калдыктары түзгөн деген корутундуга алып келбей койбойт, булар узак мезгилдер бою расмий ислам менен катар жашап жана кечээ жакында эле элдин нукура диний турмушунда, кыргыздардын

элет калкынын күндөлүк турмушунда, айрыкча Түндүк Кыргызстанда, алыскы бийик тоолуу райондордо, баарынан мурда аялдардын арасында кеңири таралып келген. Албетте, бул айтылгандар негизинен улгайган курактагы адамдарга, карыларга, бир аз орто муундарга тиешелүү. Мында, мусулман культунун кээ бир элементтери кээде исламга чейинки диний ишенимдер менен тыкыс чырмалышып жашап келгендигин эске алуу зарыл.

Дал мына ошондуктан, бир топ изилдөөчүлөр тарабынан кыргыздардын элет камсынын бир кыйла массасына карата «динсиз» (белгилүү бир даражада атеизм түшүнүгүн) деген, бир катар өтө эле формалдуу белгилерге негизделген түшүнүктүн колдонулушунун өтө шарттуу экендигин моюнга алуу керек. Мында республиканын түштүк жана түндүк бөлүктөрүндөгү кыргыздардын ортосундагы айырмачылык жетишээрлик ачык аныкталбайт, бул болсо изилдөөчүлөрдү жалпы эле динчиликтин көрүнүшүн кээде бузуп көрсөтүүгө алып келет. Муну менен бирге, жаштардын жана бир кыйла улгайыңкы көп сандаган адамдардын арасында, айрыкча, шаарларда, өнөр жайлуу райондордо, маданий жана экономикалык борборлорго жакын жайгашкан ири калк пункттарында динден кеңири четтеп кетүүлөрдүн жана атеисттик көз караштардын тарагандыгын төгүндөлгүс факт катары моюнга алуу керек. Диний калдыктарды изилдеп-үйрөнүүдө жана илимий-атеисттик пропагандада көбүрөөк көңүл коюу, жакшылап ойлонулган мамиле гана керек.

Ушул эмгекте жана башка авторлор тарабынан изилденген кыргыздардын исламга чейинки элдик ишенимдери — билип-таануу жагынан гана маанилүү болбостон (алар кыргыздардын элдик маданиятынын тарыхы үчүн өтө маанилүү), кыргыз калкынын кеңири катмарында илимий көз караштыы калыптандыруу проблемасын чечүү үчүн да белгилүү практикалык баалуулукка ээ болот. Жалпы күч-аракет менен кыргыздардын диний ишенимдеринин дээрлик бүткүл комплекси калыбына келтирилүүдө, бул диний ишенимдер, белгилүү болгондой, ислам динин тутпаган Саян-Алтай тоо элдери үчүн да мүнөздүү болгон.

Анын үстүнө бул баптагы талдоого алынып отурган материал, мурда көрсөтүлгөндөй, белгилүү бир даражада кыргыз элинин пайда болушунун проблемаларынын жана этникалык тарыхынын маселесин чечүү үчүн маанилүү тарыхый булак катарында пайдаланылышы мүмкүн. Кыргыздарда кечээ жакынга чейин эле байыркы түрк кудайларын (Умай, Теңир, Жер, Суу) ыйык тутууга байланышкан калдыктардын жашап жаткандыгы жөнүндө жогоруда келтирилген маалыматтар жана бир катар шамандык түшүнүктөр, өлгөндөрдүн жана ата-бабалар культунун өтө ачык белгилери, өлгөндөрдү чогулуп жоктоо, өлгөндү жоктоп ыйлаган аялдардын өз бетин өзү тырмап тытканы, өлгөн кишини мингич аты менен кошо көмүү ырым-жырымынын издери[275] — мына ушунун баары кыргыздардын көз караштары жана үрп-адаттарынын байыркы түрктөрдүн көз караштары жана үрп-адаттары менен этногенетикалык байланыштарынын, азыркы кыргыздардын этногенезинде байыркы түрк этникалык компоненттеринин катышкандыгынын жандуу далилдери. Ошентип, алгачкы диний түшүнүктөрдүн калдыктары сыяктуу булактар да биздин замандын кыргыздарынын VI—VIII кылымдардагы, байыркы түрк каганаттарынын мезгилиндеги түркүй тилдүү чөйрө менен болгон байыркы терең этногенетикалык байланыштарын табууга мүмкүндүк берет.

# VII бап
# ООЗЕКИ ПОЭТИКАЛЫК ЧЫГАРМАЧЫЛЫК

Кыргыздардын маданиятында оозеки элдик поэтикалык чыгармачылык ири роль ойногон. Анда көп кырдуу жана ачык-айкын формада элдин өзгөчөлүү тарыхый тагдыры, анын башкалардан айырмаланып турган байыркы маданияты, эмгеги, үмүтү жана ой-максаты, табиятты поэтикалык кабылдоосу чагылдырылган.

Кыргыздардын биздин күндөргө чейинки келип жеткен оозеки чыгармалары жанр жагынан өтө көп түрдүүлүгү менен айырмаланат[1]. Эмгек, лирикалык жана үрп-адат ырлары менен катар кыргыз элинин чыгармачылыгында элдик чыгармалардын башка түрлөрү да: жомоктор, уламыштар, элдик романдар тибиндеги баатырдык поэмалар, айрыкча баатырдык эпос олуттуу өнүгүүгө ээ болгон.

Кыргыздардын өткөндөгү көчмөн турмушу кой кайтарган аялдардын ыры (*бекбекей*) жана жылкычылардын ыры (*шырылдаң*) сыяктуу чыгармаларды пайда кылган. Бекбекей ыры аялдар менен кыздар тарабынан, алар түнкүсүн айыл жанындагы кой оторлорун кайтарышканда ырдалган. Ал ырлар созулма муңдуу үн менен аткарылган. Ал ырларда аялдар карышкырларды коркутушуп, бири-бирин анын кол салуусунан сактандырышкан. Шырылдаң ырын кошумча тамак-аш алуу үчүн алыскы жайлоолордон айылга келишкен жылкычылар ырдашкан.

Жылкычы, койчулардын эмгек ырларынан башка да дыйканчылык эмгегин, атап айтсак эгин бастырууну (*оп майда*) коштогон ырлар да болгон.

Мындай ырлар Орто Азиянын дыйканчылык кылышкан коңшу элдеринде — өзбектер менен тажиктерде да кеңири тараган[2]. Орто Азиянын элдеринде, алардын ичинде кыргыздарда да бул ырлардын жаралышынын булагы бир гана нерсе: жупуну техникага негизденген, күч унаа катарында үй жандыктары пайдаланылган дыйкан чарбасы болгон. Кыргыздарда фольклордун бул түрүнүн Орто Азиядагы чарбачылыктын байыркы формалары менен болгон байланышы ырдын атындагы «оп» деген иран сөзү болгондугу менен ырасталып турат[3]. Бирок, ал сөз туркий тилдерде «оор жумуштарга пайдаланылуучу өгүз» катарында көптөн бери эле колдонулуп келген. Буга Махмуд Кашгаринин эмгегине таянып, А. М. Щербак көңүл бурган[4]. Ошентип, кыргыздардагы оп майда ырынын салттык мүнөзгө ээ экендиги шек туудурбайт.

Элдин турмуштук тажрыйбасы, анын даанышмандыгы көп түрлүү макал-лакаптарда ачык-айкын көрүнөт. Ар кандай элдик санат сөздөр сыяктуу эле кыргыз макал-лакаптары өтө көркөм жана таасирдүү формада ата-мекенди жана элди сүйүүгө үйрөтөт, эр жүрөктүүлүк сезимин тарбиялайт, кемчиликтерди жерип, жамандыкты айыптайт. Алар мурда элдин мал чарбачылык, бир аз жоокерлик, көчмөн турмуш-тиричилиги менен тыкыс байланыштуу болгон. Элдик оозеки чыгармачылыктын бул жанрынын негизинде кыргыз фольклорунда акыл-насыят ырлары жана поэмалары түрүндөгү өз алдынча болгон, өзгөчөлүү чыгармалар өсүп чыккан. Алар эл арасында таралып жүргөн макал-лакаптардан (көпчүлүк учурда ыр түрүндө) жана уйкаш афоризмдерден турат. Мындай поэмалар санат (насыят же жакшы, үлгүлүү, өрнөк) деп аталат. Макал-лакаптар кандайдыр өзүнчө бир темага арналат же тематикасы ар түрдүү болгон, бирок жалпысынан поэтикалык адеп-ахлак насыяты түрүндө болот.

Акыл-насаат поэмаларынын (*насыят*, б.а. үгүт-нуска, кеңеш) башка бир түрү макал-лакаптарды өзүнө кошумча элемент катарында гана камтыйт. Революцияга чейинки, бир кыйла соңку насыяттар кол өнөрчүлүктү үйрөнүүгө, сабаттуулукка үндөгөн, билимдин пайдалуулугу жөнүндө айтылган. Дин маанайындагы насыят ырлары дагы болгон.

Кыргыз фольклорунда ыр чыгармачылыгы чоң орун ээлейт. Бул биринчи кезекте кыргыздардын өзгөчө поэтикалык шыгы, алардын сейрек учуроочу төкмөлүгү, өзүлөрүн курчаган турмуштагы бардык олуттуу окуяларды поэтикалык образдарда жана ыр түрүндө берүүгө болгон жөндөмдүүлүгүнө байланыштуу. Ырдын кеңири өнүгүшү элдин музыкалык таланты менен да шартталган. Ыр жанрында негизги орунду лирика ээлейт. Мында эң эле назик саймалардан жаралгансыган ашыктык ырлары (секетбай менен күйгөн) да, кандайдыр-бир кайгылуу кырсык болгондо, жакынынан ажыраганда аткарылчу жүрөктү сыздаткан кайгылуу ырлар (арман) да бар. Ал ырларда жокчулук жана кедейлик жөнүндө, зордоп эрге берүү жөнүндө айтылат. Арман ырларга ажырашууда (коштошуу) ырлары жакын турат, алар ата-журту, эли, жакындары, сүйгөн жары менен коштошуу учурунда аткарылат.

Айтышуу — ырдын өзгөчө түрүн түзөт, булар эл акындарынын ортосунда болучу аземдүү поэтикалык жана музыкалык турнирлердин (айтыш) учурунда аткарылат. Төкмөлүккө шыктуулуктун мындай мелдешинде көпчүлүк учурда эки гана акын катышат, бирок чоң майрамдарда келгендердин ичиндеги көп адамдарды катыштырып да уюштурулган. Кээде ошондой эле табышмак-жандырмактан турган кайым айтыштар да өткөрүлгөн.

Өткөн мезгилде кыргыз манаптары даңазалоо (мактоо) ыр жанрын өнүктүрүшкөн. Буга демократтык маанайдагы акындардын бай-манаптарды келекелеген (кордоо) ырлары карама-каршы турган. Ал ырларда да адамдардын терс жүрүш-туруштары айыпталган.

Демейде, оюн-зооктордо ырдалчу ар түрдүү курактагы адамдардын, айрыкча жаштардын ырлары да бар. Алсак, «кыз өбүү» же жоолук таштамай оюндарында, алты бакан тепкенде (селкинчек), кыздар акыйлашканда (акый же акыйнек) аткарылчу ырлар бар. Бешик ырлары балдарды терең сүйүү сезимине жык толгон.

Турмуш-тиричилик ырларынын ичинде, атап айтканда, үйлөнүү жана өлүк көмүү үрп-адаттары коштоло турган кошок жана ырым-жырым ырлары көрүнүктүү орун ээлейт. Колуктуну ата-энесинин үйүнөн келечектеги эринин үйүнө жөнөтөөрдүн алдында анын энеси, жакын тууган аялдар жана курбулары муңдуу ажырашуу ый-ырын (кошок) ырдашкан. Ал ырларда күйөөгө кетип жаткан кыздын укуксуздугу өтө таасирдүү күч менен ачылып, ага барган жеринде өзүн кандай алып жүрүү керек экендиги жөнүндө акыл-насаат жана күйөөсүнүн ата-энесине келинге жакшы мамиле жасагыла деген өтүнүч айтылат.

Ушундай эле аталган, зор көркөмдүк күчкө ээ болгон, демейде аялы тарабынан аткарылуучу кошок ыйлары да белгилүү. Кайсы бир учурларда ал кошок

түрүндө, кыска лирикалык чыгарма болгон, башка бир учурда маркумдун жашоо-турмушу жөнүндө толук баяндаган элегия түрүндөгү бир кыйла чоңураак чыгарма болгон. Кошоктун элегия түрүндөгү көпчүлүк учурда феодалдык төбөлдөрдүн буйругу боюнча профессионал кошокчулар тарабынан чыгарылып аткарылган. Анын мазмунун тигил же бул манаптын «сиңирген эмгегин» даңазалоо түзүп, эмгекчилердин аң-сезимине идеологиялык таасир тийгизүү

максатын көздөгөн. Өлгөндөрдү эскерүү күндөрүндө аткарылчу кошоктор эскерүүнүн өзгөчө бир түрүнө — жоктоо кошогуна айланып кеткен. Кошок биздин күндөрдө да аткарылат.

Кыргыздардын оозеки чыгармачылыгында эпикалык жанр кеңири орун ээлейт. Баарынан мурда чакан формадагы эпикалык чыгармаларга токтолуп кетүү зарыл. Ондон ашык эпикалык поэмалар бар, алардын көпчүлүк бөлүгү, кыязы, түпкүлүгүндө келип кыргыз элинин курамына кирген уруулардын эпикалык жомокторунун калдыктары болсо керек. Алардын айрымдары байыркы мезгилдерде пайда болгондугу шексиз. «Эр Төштүк» жомок поэмасы ушундайларга кирет, анын каарманынын иш-аракети жер астындагы дүйнөдө өтөт. Бул поэманын сюжети жана образдары Алтай элдеринин эпосу менен үндөшүп турат. Жомоктук-фантазиялык мотивдер «Кожожаш» поэмасында да чагылдырылган, поэма сыйкырдуу күчкө ээ болгон кайберендер менен узакка күрөш жүргүзүп келген мергенчи жөнүндө баяндайт. Бул күрөштү Кожожаш акырына жеткирет. Поэма, кыязы, өндүргүч күчтөр төмөнкү деңгээлде турган коомдо пайда болсо керек, анда анимисттик көз караштын белгилери ачык сезилип турат.

«Курманбек» жана «Эр Табылды» поэмаларында эки карама каршы таптын — феодалдардын жана аларга көз каранды болгон жөнөкөй малчылардын кызыкчылыгы ачык билдирилген. Сөзсүз эл чөйрөсүндө пайда болгон бул поэмаларда башкы каармандарга элдин кызыкчылыгын коргоочулардын, эл мүдөөсүн көздөгөндөрдүн мүнөзү берилген. Мында чет жерлик баскынчыларга — ойрот феодалдарына каршы күрөш чагылдырылган. Бул типтеги эпос кыргыз урууларынын эл болуп биригүүсү аяктаган доорго мүнөздүү. Буга карама- каршы турган поэма да бар, мисалы, «Жаныш жана Байыш» поэмасында баскынчыл согуштар макталып ырдалат. Алар мындай согуштарга кызыккан феодалдык-аристократтык чөйрөдө пайда болгон.

Акырында келип, ушул жанрдагы чыгармалардын арасында социалдык-турмуштук жана жомоктук-романтикалык мазмундагы новеллалык поэмалар да бар («Олжобай менен Кишимжан», «Мендирман», «Жаңыл Мырза» ж.б. ). Булар тиби боюнча элдик романдарга жакындашат. Алардын мазмуну — каармандардын башынан өткөн укмуштуу окуялар, үй-бүлө турмушундагы чыр-чатактар. Чыныгы элдик поэма «Кедей-кан» өзгөчө көңүл бурууга татыктуу, бул поэма элди эзүүчүлөргө каршы багытталган социалдык сатиранын үлгүсү болуп саналат. Ал куулук менен хандын тактысын ээлеп алып, хандын бийлигин өзүнө окшош жөнөкөй адамдардын кызыкчылыгы үчүн пайдаланган кедей жөнүндө баяндайт.

Кыргыз фольклорунда легендалар жана уламыштар олуттуу орун ээлейт. Генеалогиялык мүнөздөгү уламыштардан башка да байыркы мезгилдерде пайда болгон мифологиялык мазмундагы, негизинен космогониялык түшүнүктөрдү чагылдырган легендалар да белгиленүүгө тийиш. Кээ бир легендаларда тотемдик дүйнө көз караштарынын калдыктары сакталып калган; бугу уруусунун түпкү энесинин теги бугудан келип чыккандыгы жөнүндөгү легенда ушундай легендага кирет. Жаныбарлардын жана канаттуулардын пайда болушу жөнүндө да көп сандаган легендалар бар. Азыр да кээ бир тарыхый уламыштар таралып жүрөт.

Мазмуну жагынан ар түрдүү болгон жөө жомоктор да эпикалык жанрга таандык кылынууга тийиш: сыйкырдуу жомоктор каармандардын башынан өткөн укмуштуу окуяларды, фантастикалык жаныбарлар жөнүндөгү баяндарды

камтыйт; турмуш-тиричилик жагындагы жөө жомоктордо элдин жашоо-турмушу, анын жакшы келечеги жөнүндөгү кыялы айкын-ачык чагылдырылган; анекдот түрүндөгү жомоктор жана жаныбарлар жөнүндөгү жомоктор бар. Жокмокторду профессионал-жомокчулар жаратып, таратышкан.

XIX кылымдын орто чени ири илимий ачылыштар менен белгиленген: чыгыш таанyучу-илимпоз жана агартуучу, улуту боюнча казак Чокон Валиханов биринчи болуп кыргыздардын баатыр Манасын, анын уулу Семетей жана небереси Сейтекти даңазалаган элдик баатырдык үчилтиктин бар экендигин аныктаган[5]. Валиханов ачкан табылга ошол кездеги чыгыш таануу илими тарабынан дээрлик байкалбай кала берген. 1885-жылы гана В. В. Радлов тарабынан «Манас» эпосунун кыргыз тилиндеги биринчи илимий жазмасы, В. В. Радлов 1862-жана 1869-жылдарда Тянь-Шань кыргыздарынын арасынан чогулткан «Манас», «Иолой Кан» жана «Эр Төштүк» эпостук ырларынын немец тилиндеги котормолору менен кошо бастырылып чыгат[6]. Бирок, бул жолу да кыргыздардын эпостук чыгармачылыгынын үлгүсү, орустун гана эмес, дүйнөлүк илим- дин энчиси болуп калган ажайып эстелигине, тилекке каршы, тийиштүү көңүл бурулган эмес. 1885-жылдан кийин үчилтикти жаңыдан жазып алууга, аз болсо да көңүл бурууга татыктуу болгон изилдөөлөрдү жүргүзүүгө аракет болгон эмес.

Биздин мезгилде гана, 1922—1926-жылдарда таланттуу жомокчу, төкмө акын Орозбаков Сагымбайдан «Манас» эпопеясы биринчи жолу толук жазылып алынгандыгы менен совет илими жана маданияты сыймыктана алат, бул жазып алуу кыргыздардын оозеки элдик чыгармачылыгынын мындай монументалдуу эстелигин жаңыча ачып көрсөттү. Чындыгында бул илим үчүн кайрадан ачылыш болду» анткени илимдин колуна эпос толук жана ажайып түрүндө тийди. «Манастын» Сагымбай версиясы бир нече убакыттан кийин ири манасчы Каралаев Саякбайдын оозунан «Манастын» жаңы жазылып алынышы менен толукталат. Улуу Ата Мекендик согуштан бир аз мурда башталган иш согуш бүткөндөн кийин да улантылган.

Эми кыргыз элинин бул улуу эпопеясын дүйнөлүк эпостук адабияттын эң сонун эстеликтеринин бири деп айтууга толук укук бар.

«Манас» баатырдык эпосу — кыргыз элинин бүткүл бай поэтикалык чыгармачылыгынын сереси жана уюткусу. Сюжеттик негизинин татаалдыгы жана көп түрдүүлүгү, образдардын байлыгы, каармандардын жана аларды курчаган чөйрөнүн сүрөттөлүшүндөгү ажайып боёктор, болуп жаткан окуялардын залкарлыгы «Манаста» форманын өркүндөтүлгөндүгү жана өзгөчө көркөмдүгү менен айкалышып турат.

«Манас» эпостук үчилтиги кыргыз эл музыкасы, элдик көркөм сүрөт искусствосу жана башкалар сыяктуу эле, кыргыздын улуттук маданиятынын айырмалуу өзгөчөлүгүнүн ачык-айкын көрүнүшү болуп саналат. «Манас» үчилтиги сыяктуу поэтикалык эстелик башка эч бир элде жок, ал кыргыз эли дүйнөлүк маданияттын казынасына кошкон баалуу салым болуп саналат. Социалисттик улуттардын жакындашуусунун көптөн бери жана улам тереңдеп жаткан өнүгүү процесси, алардын маданиятынын өз ара байланышынын натыйжасында «Манас» эпосу азыр бүткүл көп улуттуу советтик маданияттын энчиси болуп калды, СССРдин бардык элдеринин эпостук эстеликтеринин катарына кирди.

Ар кандай чыныгы эпос сыяктуу эле, «Манас» биздин көз алдыбызда баарыдан мурда идеал образдардын дүйнөсүн тартууга умтулат. Ошондой болсо да, анда кыргыз тарыхынын кээ бир конкреттүү окуялары да камтылган деп

айтууга болот. Кыргыз эпосунун өзгөчөлүгү — ал реалдуу мазмундуу эпизоддор жана кырдаалдар менен жык толгондугунда: анын каармандары бизге нарк-насили жана кемчиликтери бар, кадимки эле жандуу адамдардай көрүнөт. Бул өзгөчөлүктү кыргыз эпосун айтуучу манасчылардын көркөм ыктарынын бөтөнчөлүгү менен гана түшүндүрүү кыйын. Чынында, эпостун айрым сюжеттик багыттарынын, анын ири эпизоддорунун негизинде ар түрдүү мезгилдерде болуп өткөн нукура окуялар жатса керек, алар жөнүндөгү эскерүүлөр көркөм формага түшүрүлүп жана ал түрүндө нечен жолу кайра иштелип отуруп, бизге жалпы сюжеттик өзөк менен бириккен эпикалык ырлардын цикли түрүндө жетип отурат, бул өзөк легендарлуу Манастын жана анын кырк баатыры — кырк чоросунун эрдиктери болуп саналат.

Эпос ажайып көркөмдүк формада биздин көз алдыбызга Манас башында болгон кыргыз кошуунунун кыргыздардын душмандарына каршы казаттарынын тизмегинен турган согуштук салгылаштардын сүрөтүн тартат. Бул болсо кыргыздардын оозеки эпикалык чыгармачылыгы алардын өткөндөгү баатырдык согуштары менен ажырагыс байланышта болгондугун ынандыраарлык далилдейт.

Кыргыз урууларынын өткөндөгү тарыхынын айрым бир этаптарын эпикалык чагылышта сүрөттөп, кыргыз эпосу кыргыздардын маданий турмушунун ар түрдүү жактарын, ал маданияттын Батыш менен Чыгыштын элдеринин жана урууларынын маданияты менен көп кырдуу жакындыкта жана өз ара таасир алышууда болгондугун чагылдырат. Эпостун мазмунунун бул жагы кыргыз маданиятынын калыптануу жана өнүгүү тарыхын изилдеп-үйрөнүү жаатында кызыктуу келечекти ачып берет.

Азыркы убакта совет илими «Манас» эпосун изилдөө жаатында кээ бир натыйжаларга ээ болду. «Манас» эпосун адабий эстелик катарында изилдеп-үйрөнүү жагында Муктар Ауэзов, Өмүркул Жакишев, Е. Мозольков, П. Н. Берков, М. И. Богданова, Калим Рахматуллин үзүрлүү эмгектениште. Кыргыздардын эпикалык чыгармачылыгы жаатындагы баалуу изилдөөлөр В. М. Жирмунскийге, кыргыз адабият таануучулары, тилчилери, жазуучулары жана фольслорчулары Б. М. Юнусалиевге, Б. К. Керимжановага, Токомбаев Аалыга, Сыдыкбеков Түгөлбайга, К. Асаналиевге, К. К. Юдахинге, З. Мамытбековго, Э. Абдылдаевге жана башкаларга таандык[7]. Бардык жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыгында бир нече эмгек пайда болду, ал эмгектерде «Манаска» тарыхый-адабий баа берилди, эстеликтин ыр түзүлүшү жана бир катар формалдык жана стилдик өзгөчөлүктөрү каралып, «Манасты» айтуучулар изилденди, кыргыз эпосунун башка элдердин эпикалык чыгармалары менен болгон байланышы талдоого алынды.

А. Н. Бернштам тарабынан «Манас» эпосун тарыхый жактан интерпретациялоого жасалган аракет көңүл буруууга татыктуу. А. Н. Бернштам эпоско жалпы баа берүү менен катар, жыйынтыгында «Манас» эпосун түзгөн түпкү маалыматтар жана компоненттер боюнча бир катар жемиштүү, иштиктүү конструкцияны берет, анын пикири боюнча эпостун сюжетинин түзүлүшүндө тарых басымдуу роль ойногон. А. Н. Бернштамдын схемасы боюнча «Манастын» кыртыш алдын түзгөн катмар башка эпостук эстеликтерден да белгилүү болгон жомоктук-мифологиялык сюжеттердин цикли болуп саналат. Андан кийинки калың катмарды «Манастын» — курамдык элементтеринин төрт тобу түзөт: 1) алтай-минусин легендалары; 2) Огуз-каган жөнүндөгү легенданын байыркы версиясынын кыргыз варианты; 3) Орто Азиянын иштелип чыккан жергиликтүү

уламыштары; 4) «Шах-Намэден» алынган образдар жана мотивдер. Эпостун үчүнчү жана баарынан ачык-айкын катмары тарыхый сюжеттер

болуп саналат. Буларда, А. Н. Бернштамдын пикири боюнча, кыргыздардын уйгурлар менен күрөшү (IX к.), ошондой эле кыргыздардын сибирь-моңгол, орто-азиялык жана Чыгыш Түркстанга жасаган жортуулдары. А. Н. Бернштам «Манас» эпосу пайда болгон доор кыргыздар саясий жактан өтө күч-кубаттуу болуп турган мезгил — IX кылымдын орто чени деп эсептейт[8].

А. Н. Бернштам көтөргөн айрым жоболор талаш жана божомол экендигине карабастан, «Манас» эпосун изилдеп-үйрөнүү проблемасынын кеңири коюлушунда анын эмгеги зор экендигин моюнга алуу зарыл.

А. Н. Бернштамдын концепциясын улантып, К. Рахматуллин — негизги идеясы кыргыз элинин чет жерлик эзүүчүлөргө каршы боштондук күрөшү болгон «Манас» эпосун — элдик адабияттын эстелиги катарында карайт[9]. Ал эпостун бир катар эпизоддорунун маанисин кеңири ачып түшүндүрүп, ошол эпизоддордо ар түрдүү тарыхый окуялардын чагылышын көрсөтөт. А. А. Валитова андан да ары кетет, ал Жахангир-кожо көрүнүктүү роль ойногон эпикалык ырды — XIX кылымдын биринчи чейрегине таандык болгон белгилүү тарыхый окуяны — Жахангир-кожонун көтөрүлүшүн бир аз өзгөртүп, поэтикалык түрдө кайра айтылышы катарында карайт[10].

Адабият таануучу А. Климович эпостогу эпизоддордун бирин — «Алмамбеттин баянын» байыркы кыргыз эпосун «мусулман ортодоксалдык клерикализминин рухунда» кайра иштелип чыккан деп түшүндүрүүгө аракет жасаган. Л. Климович Алманбет жөнүндөгү «легендалар» жалпыга белгилүү мусулман уламыштарын да, ошондой эле кудай жана пайгамбарлар жөнүндөгү мифтерди кайталайт деп далилдейт[11].

Бирок, 1893-жылы эле академик В. В. Радлов түрк урууларынын арасында азыркыга чейин Огуз-каган жөнүндөгү уламыш айтылып жүргөнүн белгилеп, мисал катарында «Түндүк түрк урууларынын элдик адабиятынын үлгүлөрүнүн» V томунда басылган «Манастын» текстин далил кылып келтирет[12]. Кыргыздардын Манас жөнүндөгү эпикалык жомогунун экинчи эпизодунда калмак баатыры Алмамбет казактын баатыры Көкчө тарабынан ислам динине кандайча өткөндүгү жөнүндө сөз болот. Атасы Кара-ханды ислам динин кабыл алууга макул кыла албаган соң, аны өлтүрүп, Алмамбет Манастын соратниги болуп калат. Жогоруда аталган эмгекте А. Н. Бернштам да Огуз-каган жөнүндө байыркы уйгур жомогуна кыргыз эпосу «Манастын» сюжеттик негизин түзүүдө мүмкүн болгон булактардын бири катарында карайт.

Огуз-каган жөнүндөгү легенданын уйгурлардагы версиясын «Манас» эпосу менен салыштырып көрүп, биз чынында эле «Манастан» А. Н. Бернштам жасаган божомолго негиз болуучу айрым бир белгилерди таба алабыз. Огуз-кагандын энеси — Ай-кагандын ысмынан Алмамбеттин энеси — Алтынайдын ысмындагы окшоштукту көрөбүз. Бирок, Огуздун образынын айрым бир белгилери «Манаста» Алмамбетке эмес, эпостун каарманы Манаска таандык болуп калган. Огуз энесинин эмчегин биринчи эле жолу эмгенден кийин эт жана башка тамак-аш, суусундуктарды сураган болсо, Манас да төрөлгөндөн кийин үч карын майды бир ичип алат. Эгер Огуздун буту өгүздүн бутундай, денеси карышкырга, көкүрөгү аюунукуна жана д.у.с. окшош болсо, эпосто айтылгандай Манастын да моюну жолборстукундай, кабагы ажыдаардыкындай, кулагы бөрүнүкүндөй. Манас да Огуз сыяктуу бала чагында мал кайтарат, атка минип, мергенчилик кылат. Огуз жылкыларды апылдатып жеп, адамдарды оп тартып жутуп кырып

сала турган жалкы мүйүздүү желмогуз менен бетме бет кармашат. Манас да Огуз сыяктуу, бала кезинде жырткыч желмогузду, Огуздай найза менен сайып өлтүрбөй өзүнүн укмуштуу Ак-келте деген мылтыгы менен атып өлтүрөт. Баса, жалгыз мүйүздүү желмогуздун образы «Манаста» да кезигет, бирок башка байланышта кезигет: кыргыздардын душманы Мады-хан баатыр согушка жалгыз мүйүздүү өгүз минип аттанат. «Манас» эпосунда Огуз жөнүндөгү легендада орун алган диний көз караштардын изи байкалат. Огуз жөнүндөгү легендада түш жоругуч Улук Турук да, кыргыз эпосунун каарманы да кудай катарында асманга кайрылат. Акырында келип, «Манастагы» Манастын өзүнө колдонулуучу баатырларга мүнөздүү эпитеттерди көрсөтүүгө болот, — көк жал, көк бөрү баатырлыктын синоними[13]. Огуз жөнүндөгү легендада болсо, Огуз уйгурлардын онгону көк бөрү болот деп айтат, андан ары легендадагы персонаждардын бири көк жал бөрү болуп калат, ал кишиче сүйлөйт жана Огузга берилип кызмат кылып, жортуул учурунда ага жол көрсөтөт.

Бирок «Манастын» Огуз жөнүндөгү легенда менен түздөн-түз байланышы бул легенданын XIV кылымдын башы чендеги эстеликте, Рашид-ад-Диндин «Тарихи-Газани» деген эмгегинде баяндалган мусулман версиясы менен таанышканда ого бетер айкын ачык формада көрүнөт. Огуз-каган жөнүндөгү баяндын сюжетинин келечектеги үлгүсү болушу чындыкка көбүрөөк жакын.

Алмамбеттин окуясынын бир катар тетиктери Чыгыш Түркстанда тараган байыркы мусулман легендаларынын мотивдери менен сюжет жагынан таң каларлыктай окшоштугун көрсөтүп кетүү керек.

Беллью менен Р. Шанын[14] эмгектеринде биз Алманбеттин тарыхынын айрым тетиктерин жана «Манастын» башка да эпизоддорун эске салуучу өтө жакын сюжеттерди жолуктурдук. Беллью өзүнүн «Күндөлүгүндө» XI кылымда жазылган перси нускасынан түрк тилине которулган мусулман чыгармасы «Тазкира Бархахандан» жазып алган баянды келтирет. Анда хандын кызы Аланора Түркандын тарыхы баяндалат. Түнкүсүн кыз намаз окуп жатканда Гавриил периште келип, анын оозуна бир тамчы нур куюп кетет[15]. Бир нече айдан кийин ал алдына келген жолборстон коркуп эси ооп калат (кош бойлуу Чыйырдынын жолборстун жүрөгүн жегендигинин себеби менен салыштырып көрүңүз), дагы бир нече айдан кийин ал уул төрөйт. Анын атасынын ачуусу келип, төрөлөрүн, бектерин, акылмандарын жана молдолорун чогултат да, кызынын жүрүш-турушун текшерүүгө буйрук берет. «Манас» эпосунда Алтынайдын (Алмамбеттин энеси) эри Азиз-хан аялынын пакизалыгынан шек санап эсепчилерин, катчыларын жана бүбү-бакшыларын чакырып, айын күнүнө чейин эсептетип чыккандан кийин гана Алманбетти өз уулум деп табат.

Аланора төрөгөн эркек бала 5 жашында мектепке барып 6 айда бүткүл сыйкырчылык да, жөнөкөй да илимди өздөштүрүп алат. Алманбет да 6 жашында сыйкырчылыктын жашыруун сырларын үйрөнүү үчүн 60 баштуу ажыдаарга шакирттике жиберилет. Андан ары Беллью, атасы өлгөндөн кийин таякеси Гарун Бахра-хан багып алган Саток Бахра-хандын тарыхын баяндайт. Саток 12 жашында Бухарадан исламды таратуу үчүн Кашкарга келген «Абу Назар Саманиден исламды кабыл алат». Сатоктун Абу Назар менен жолугушун жана Сатоктун исламды кабыл алышын баяндаган бул эпизоддун мазмуну Манастын Айкожо кары менен жолукканын жана Манастын исламды кабыл алышын баяндаган эпизод менен жалпы окшоштуктары бар. «Манастын» персонаждарынын арасында Абу-Насыр деген адам жолугат. Андан ары Саток өзүнүн таякеси бутпарас Гарун менен кармашып, аны өлтүрөт. Бул мотив

Алмамбеттин мусулман болуудан баш тарткан атасын өлтүргөн себебине окшош. Р. Ша Хазрат Султан падыша жөнүндө (бутпарас падышанын уулу) укканын жазат, «туура динди Багдаддан келген миссионер Абдул-Насар Саманиден кабыл алат». Хазрат Султан тектүү жаш адамдардан кошун курап, өзү баш болуп, атасына келип, ислам динин кабыл алууга буйрук берет. Ал баш тартат, атасын кармап алышып, тикесинен жерге тургузушканда жер аны соро баштайт. Акырындап ал жерге кирип жок болот. Беллью баяндаган бул варианты да «Манастагы» айтылган мотивге жакын.

Биз белгилеген окшоштуктар, албетте, кокусунан эмес. Ал окшоштуктар «Манас» айтуучулар тарабынан эпостун калыптанышынын жолдорунун биринде илгертеден эле Чыгыш Түркстанда, демек, кыргыздардын арасында таралып келген көөнө мусулман легендалары (алардын ичинде Огуз-каган жөнүндө да) пайдаланылып, чыгармачылык менен кайра иштелип чыккандыгын далилдеп турат. Мында «Алмамбет баяны» Рашид-ад-Дин келтирген Огуз-каган жөнүндөгү жомоктун жогоруда көрсөтүлгөн версиясынын эң маанилүү белгилерин сактап калган. В. В. Радлов жазып алган «Манас» версиясынан көрүнүп тургандай, Алмамбет, Огуз-каган сыяктуу Кара-хандын уулу болуп саналат.

Төрт арыштуу ойроттун,
Кыл жакалуу ойроттун,
Алтын айдар, чок белбоо
Каракандын баласы
Кабылан тууган Алмамбет[16].

Рашид-ад-дин боюнча[17] Огуздун ата-энеси каапыр болушкан. Ал мусулман болуп төрөлөт да, түшүндө энесине келип, аны мусулман болууга үндөйт. С. Каралаевдин варианты боюнча, Алмамбет жашыруун мусулман болгон Алтынайдан төрөлөт. Абулгази (XVII кылыллдын орто чени) баяндаган Огуз-каган жөнүндөгү жомоктун соңку редакциясында Огуз-каган адеп сүйлөгөндө эле пайгамбардын ысмын атаганы айтылат. Алмамбет болсо, төрөлгөндө эле «ислам» деп кыйкыра баштайт.

Рашид-ад-Дин андан ары Огуздун үйлөнүү тарыхын баяндайт. Ал эки кызга исламды кабыл алууну сунуш кылат, бирок үчүнчү кыз гана анын сунушуна макул болот, ошонусу үчүн Огуз кызды сүйүп калат. Ушул эле мотивди башкача түшүндүрүүнү «Манастан» да жолуктурабыз. Алмамбет бутпарас кезинде эле жашыруун мусулман болгон хан кызы Бурулчаны сүйүп калат да, ага үйлөнмөкчү болот. Бурулча Алмамбетке мусулманчылыкты кабыл алгандан кийин гана мен сени сүйөм деп шарт коёт. Алмамбет Бурулчанын талабын аткарып, ислам үстөмдүк кылып турган өлкөгө кетет.

Кара-хан уулу Огуз башка динди тутканын билип, аны өлтүрмөкчү болот. Абдулгазинин вариантында айтылган бир тетикти белгилеп кетебиз: «Кара-хандын учурунда түрктөрдүн динсиздиги ушунчалык күчтүү болгондуктан уулу атасынын ислам динин кабыл алганын угуп, аны өлтүргөн, атасы уулу жөнүндө ушунун эле өзүн угуп, уулун өлтүргөн». Кара-хандын чечими жөнүндө билип калып, аялы Огузду эскертет. Кара-хан менен Огуздун тарапкерлеринин ортосундагы салгылашта Кара-хан кылычтан өлөт. Абулгази боюнча Кара-хан белгисиз бирөөнүн башка аткан жаа жебесинен өлөт. Ошол эле автордон Огуздун исламды таратуучу, «дин үчүн күрөшкөн», исламды кабыл алгандарга жоомарттык менен белек берип сыйлаган, ал эми динди кабыл албагандарга каршы казатка аттанган адам катарында мүнөздөлгөнүн табабыз. Могулдар жана татарлар менен 75 жыл согуштан кийин Огуз аларды багынтып, мусулман кылат.

Атасын өлтүрүүнүн ошол эле мотивин жана дин үчүн казатты Алмамбеттин өмүр баянынан да көрөбүз[18]. Ошентип, кээ бир адабият таануучуларга эпосто жат, жасалма, «атайылап жасалган бурмалоо» жана д.у.с. болуп көрүнгөнсүгөндүн баары эпостук чыгармачылык үчүн закон ченемдүү жана табигый нерсе болуп саналат, алардын тамыры байыркы фольклордук сюжеттерде жатат.

«Манас» китебине кириш макаласында авторлор у. Жакишев менен Е. Мозолысов Манастын душмандар менен күрөшүнө токтолушуп, аны белгилүү бир даражада мусулманчылыктын буддизм менен болгон диний күрөшү катарында кароо менен, алар буддизмди гана эске албастан, сөздүн кеңири маанисиндеги бутпарасчылык же бейдинийликти да, б.а. В. В. Радлов жазган бутпарасчылык менен исламдын ортосундагы карама-каршылыкты эске алып отурушат[19]. «Бул согуштар (калмактар менен, XVIII к.— С А.) чынында диний согуш болгон эмес, бирок калмак княздары жана кытайлыктар өзүлөрүнүн кысымы аркасында кыргыз-магометандардын арасында бейдиний душмандарга жек көрүүчүлүктү козгогон». Демек, «Манас» эпосун шөкөттөгөн кыргыздардын өз душмандары менен болгон күрөшүнүн диний мотиви XVII—XVIII кылымдардагы конкреттүү тарыхый кырдаал менен гана эмес, кыргыз-мусулмандар менен кээ бир мусулман эмес кошуна элдердин ортосундагы касташуунун гана эмес, ошондой эле Кытайдагы ислам да катышкан диний агымдардын байыркыдан берки күрөшүнүн объективдүү чагылышы болуп саналат.

Эпикалык чыгармалардын жаралыш жана түзүлүш процессине карата азыркы илимий көз караштарга негизденип, «Манастын» колдо болгон варианттары жомокчу-манасчылардын көптөгөн муундары тарабынан эпикалык сюжеттерди чыгармачылык менен кайра иштеп чыгуунун натыйжасы деп болжолдоого болот. Өз кезегинде жомокчулар, Орозбаков Сагымбай менен Каралаев Саякбайды кошуп алганда, ар качан «өз доорунун персенттери» болгон жана өз чыгармаларында үстөмдүк кылып турган идеялар менен көз караштарды, демек, диний идеологияны да чагылдырбай коё алышкан эмес Кыргыздардын идеологиясындагы ар түрдүү элементтердин чырмалышкан татаалдыгын эске албай коюу соңку кылымдар бою түзүлүп келген нукура тарыхый кырдаалдарды этибарга албай койгондук болоор эле.

Кыргыз эпосун изилдөөдө адабият таануучулар менен тарыхчылар белгилүү натыйжаларга жетишишти. Ал эми этнографиялык илим тарабынан «Манасты» булак катарында изилдеп-үйрөнүү иши башкача абалда турат. Бул илим үчүн «Манас» али олуттуу илимий изилдөөлөрдүн объектиси боло элек. «Манасты» этнографиялык жактан изилдеп-үйрөнүү спецификалык кыйынчылыктарга учуроодо.

Орус этнографиясы эпостук материалдарды этнографиялык илим үчүн баалуу нарративдик булактардын бири катарында пайдалануу жагынан кээ бир тажрыйбага ээ болсо да, совет этнографиясында эпосту изилдөөгө арналган эмгектер анча көп эмес

Этнографиялык илимдин таламынын жана позициясынын көз карашы- нан алганда, баарыдан мурда эпоско олуттуу мамиле жасоонун үлгү болууга татыктуу тажрыйбасы катары — Н. П. Дыренкованын эмгегин[20] атап кетсек болот. Карело-фин эпосунун[21] басылышына карата Е. Г. Кагаровдун кириш макаласын, С. А. Козиндин «Жангариаданы[22]» изилдеп-үйрөнүүгө арналган эмгегиндеги баалуу эскертүүлөрдү, А. П. Потаповдун изилдөөсүн[23] атасак болот. Азырынча этнографтар тарабынан эпосту изиддөөнүн бекем традициясы калыптана элек,

эпостук эстеликтерди этнографиянын максаты үчүн сын көз менен пайдалануунун ыктары жана методдору жетишээрлик даражада иштелип чыга элек.

Өзүнүн көлөмү боюнча элдик оозеки чыгармачылыктын зор кенчи болгон «Манас» — залкар көркөмдүк дөөлөт гана болбостон, кыргыз элинин өткөндөгү бай саясий жана жоокерлик тарыхын чагылдырган өзүнчө бир поэтикалык санжыра гана болуп саналбастан, ошондой эле өтө бай этнографиялык булак, кыргыз эл маданиятынын өзгөчөлүү эстелиги да болуп саналат. «Манас» эпосунун таанып-билүү жагындагы зор мааниси мурда эле Ч. Валиханов тарабынан бааланган. «Манас», — деп жазган Валиханов, — бир мезгилге алып келип камтыган жана бир адамдын — баатыр Манастын айланасына топтоштурулган бардык кыргыз мифтеринин, жомокторунун, уламыштарынын энциклопедиялык жыйындысы. Бул талаа Илиадасы сымал нерсе. Бул залкар эпопеяда кыргыздардын жашоо-турмушунун түрү, үрп-адаттары, адеп-ахлагы, географиясы, диний жана медициналык таанымдары жана алардын эл аралык мамилелери чагылдырылган»[24]. Кыргыз эпикалык жомокторун биринчи изилдеген В. В. Радлов да жомоктордун жашоо-турмушун бүтүнү менен чагылдыруудагы ролун белгилейт. «Бул эпос, — деп окуйбуз Радловдон, — нагыз грек эпосундай эле бүтүндөй бир элдин рухий турмушунун жана адеп-ахлагынын ачык-айкын сүрөтүн берет, жоокерлик жүрүштөрдү, кудалашуу-үйлөнүү, аш, ат чабыш, үй тирлиги жана башкаларды эпикалык залкарлык менен чагылдырат»[25].

«Манас» эпосунун олуттуу этнографиялык булак катарындагы мааниси, баарыдан мурда, кыргыз маданияты жана анын өнүгүшүнүн ар түрдүү этаптары жөнүндөгү биздин билимибизди кыйла олуттуу түрдө толуктай ала турган маалыматтарды камтып тургандыгында. Албетте, этнографтар тарыхчылардай, фольклорчулардай же адабият таануучулардай эле, ар кандай окуя, көрүнүш же этнографиялык факт эпосто чыгармачылык менен кайра иштелген, көркөмдөштүрүлгөн, мурдагысынан өзгөртүлгөн формада сүрөттөлөөрүн көңүлгө алуулары тийиш. Бирок, бул маанилүү учурду эске алуу менен бирге, эпостогу маалыматтар кыргыз элинин маданиятынын тарыхын таанып-билүү үчүн жаңы барактарды ачып гана бербестен, ошондой эле жалпы адамзат маданиятынын байыркы элементтерин ачуу жана түшүнүү үчүн да, этнографтарга убайлуу материалдарды бере алгандыгы да зор кызыгууну пайда кылат.

Биз «Манас» эпосундагы айрым бир этнографиялык сюжеттерди мүнөздөөгө аракеттенип көрөлүк[26], албетте, эпостун колдо болгон бардык варианттарын терең изилдеп үйрөнүү гана «Манастын» мазмунунун биз үчүн көбүрөөк маанилүү болгон жагын ачып бере алат. Бул аракетибизди биз эпикалык материалдардын калың катмарларына жасаган айрым бир этнографиялык чалгындоо катарында гана, кыргыздын «Манас» эпосун этнографиялык жактан изилдеп-үйрөнүүгө өзүнчө бир киришүү катарында гана карайбыз. Бир жагынан биз айрым гана мисалдарды келтиребиз, башка бир учурларда — эпостун айрым мотивдерине алдын ала талдоо беребиз.

Кыргыз ССРинин Илимдер академиясынын Тил жана адабият институтунда азыр сакталып турган айрым бир тексттерден жана сөзмө-сөз котормолордон башка да («Манастын текстинен бир топ сандагы үзүндүлөр «Манас сериялары» деген илимий-популярдуу серияда жарыяланган), бизде «Манас» эпосунун Бектенов Зияш тарабынан ишке ашырылган кара сөз менен айтылган сюжетин (Валиева Айсулуунун орусча котормосу да бар) изилдеп-үйрөнүүгө мүмкүндүк

болду, ал бүтүнү менен камтып элестетүүгө кыйын болгон эпикалык материалдар (Сагымбайдын варианты гана 240 миң ыр саптан турат) менен иш жүргүзүүнү оңойлотууга жана андан ары изилдөөлөрдү тереңдетип жүргүзүү үчүн таяныч табууга эпостун бул кара сөз менен айтылган сюжети «Манас» боюнча бизге өзүнчө эле бир жол көрсөткүч жана этнографиялык сюжеттерди табуунун ачкычы катарында кызмат кылды. Бул эмгектеги табылган кыйла көлөмдөгү айрым этнографиялык фактылар, эпостун өзүндө да маанилүү деталдардын жок экендигине карабастан, ал фактыларды баалап жана ойлонуштуруп көрүүгө алгачкы кадам жасоого мүмкүндүк берет.

Эпостун «Манастын төрөлүшү жана балалык курагы», «Манастын Каныкейге үйлөнүшү», «Көкөтөй хандын ашы», «Манастын өлүмү жана аны көмүү» жана башка эпизоддорунда этнографиялык материалдар бир кыйла толугураак берилген.

Мисалы, Орозбаков Сагымбайдын варианты боюнча, эпос Манастын ата-тегинен, анын ата-бабаларын атоодон башталат. Радлов Манастын сары-ногой уруусуна таандык экендигин көрсөтөт, ал эми Сагымбай боюнча ал байыркы кыргыз уруусунан чыккандыгын белгилеп кетели. Манастын атасы — Жакып Ногой хандын уулу болот, атасы Ногойдун бир тууганы Чыйырдын жесири Шаканга үйлөнөт. Өлгөн күйөөсү Чыйырдын эстелигинин урматына Шакан Чыйырды деген ысымды алат. Жакып 50 жашка чейин баласыз калат. Андан кийин ал сырдуу түш көрөт. Түшүндө туурга Буудайык деген алгыр кушту, анын катарына ала моюн ак шумкарды отургузат. Ошол эле убакта Жакыптын биринчи аялы Чыйырды да, экинчи аялы — Бакдөөлөт да түш көрүшөт. Чыйырдынын түшүндө бир абышка ага чоңдугу чөйчөктөй, балдай ширин, ак алма берет, ал алманы жегенден кийин Чыйырдынын боюна бүтүп, 60 кулач ажыдаар төрөйт. Ал ажыдаар:

Ачууланып оп тартса,
Ай ааламды соруптур.
Көрүп чоочуп нес болуп,
Узарыптыр өз бою
Бир жүз отуз кез болуп[27].

Бакдөөлөт да түшүндө эки тунжур карчыганы туурга кондуруп байлайт.

Жакып элин салтанаттуу тойго чакырат. Ал элди сыйлоо үчүн көп мал союп, курмандык чалат. Анан ал боз үйүнө жакын туугандарын чакырып, ар бирине чепкен жабат, жесир менен жетимдерге белек тарат да, отургандарга сырдуу түштү жоруп берүүсүн өтүнөт. Карыялардын бири, Байжигит деген акылман Жакыптын түшүн жоруп, баатыр уулдуу болот экенсиз деп айтат.

Ай тийген жердин баарысын,
Алат экен балаңыз. ...
Күн тийген жердин баарысын,
Күтөт экен балаңыз[28].

Тойдон кийинки үчүнчү жылдын башы ченде Чыйырдынын боюна бүтөт. Ал, анын өтүнүчү боюнча алып келинген жолборстун жүрөгүн жейт. Тогуз ай жана тогуз күн дегенде толгоосу башталып, ал 9 күн жана 9 түнгө созулат. Жаңы эле төрөлгөн баланын биринчи бакырыгы жоокер ураанын таштаган 30 жаштагы баатырдын үнүндөй угулат, колуна болсо бир чеңгел кан уучтап түшөт. Энеси баласына оң эмчегин эмизгенде биринчи жолу сүт, экинчи жолу суу, үчүнчү жолу кан чыгат. Манас менен бирге кара жал кула бээден кулун туулуп, Жакып аны Ак-Кула деп атайт. Биринчи уулунун төрөлгөнүнүн урматына Жакып чоң той берип,

бардык өлкөлөрдөн коноктор чакырылат. Тойдо ар түрдүү оюн-зооктор, чечендердин мелдеши, күрөш, ат чабыш жана башка тамашалар өткөрүлөт. Тойдон кийин Жакып уулун чепкенинин этегине ороп алып, кыргыз, казак жана нойгут аксакалдарына барат да уулуна бактылуу ысым коюп берүүнү өтүнөт. Бул бактылуу ысымды капыстан келип калган кайырчы думана коёт. Манас деген ысымды айтып думанаа көздөн кайым болот.

Манастын балалык курагы бака-шака оюн-тамашалар менен өтөт. Андан кийин ата-энеси аны Ошпур деген койчуга жардамчы кылып беришет. Өспүрүм курагында Манас өзүнүн алп күчүн көрсөтүп, кыргыздардын душманы — калмактарды жеңип, бир катар эрдик кылат. Өз курагындагылардан кырк чоро кошуунун курайт. Манас кол башчылык кылган кыргыз кошууну Нескара дөөнүн колун кыйратат. Ушул эле эпизоддо Манастын мусулман динине өтүшү кызыктуу түрдө толугу менен баяндалат. 550 жаштагы акылман абышка Айкожо Манаска оозуңду ач деп буйруп, анын оозуна түкүрөт. Манастын көзү ачылып, ага тозок жана динсиздердин тозокто кыйналып жатканы көрүнөт. Манастын бетине сыйкырдуу парда жабылганда ал жети күн бою бейиш жайларын көрөт. Манастын бетине суу бүркүп, Айкожо парданы сыйрып алат да, аны мусулман кылат, ага Ач-албарс деген курч болот кылыч жана Ак-келте деген мылтык тартуу кылат. Айкожодон кайтып келе жатып, Манас укмуштуу жырткычты жолуктурат. Манас аны Ак-келте менен атканда, ал асманга атып чыгып, кайрадан алты аркан сымал оролуп, ач кыйкырык менен жерге кулап түшөт. Манас аны Ач-албарс кылычы менен эки бөлүп, жара чаап өлтүрөт. Эр жүрөктүүлүгү, алп күчү жана баатырдык эрдиктери үчүн курдаштары Манасты ак кийизге салып хан көтөрүшөт. Кийинчерээк жаштардын сунушу боюнча, Манас бардык элдер тарабынан хан шайланат.

Поэманын биринчи циклинин кыскача мазмуну ушундай, бул цикл этнографиялык мүнөздөгү көп нерселерге бай (мисалы, Чыйырдынын төрөтү жөнүндөгү баян, жаштардын оюн-тамашалары, ат коюу ырасымы ж.б. ). Маркум күйөөсүнүн урматына Чыйырдынын жаңы ысымды кабыл алышы сыяктуу кызыктуу факт көңүл бурууга татыктуу. Мындан кыргыз коомунда патриархалдык негизди бекемдөөгө басым жасаган тетиктерди көрбөй коюуга болбойт.

Жакыптын жана анын аялдарынын аян берген түштөрү чоң кызыгууну пайда кылат. Биздин бул багыттагы изилдөөлөрүбүз төмөнкүдөй жыйынтыкка алып келди. Моңголдордун 1240-жылдагы «Сыр баянында» төмөнкүдөй эпизод бар. Темужин 9 жашка толгондо атасы Есугай аны ээрчитип алып, уулуна колукту кудалашканы кетип баратып, жолдо Дэй-Сеченди жолуктурат. Дэй-Сечендин кайда бара жатасың деген суроосуна Есугей: «Мына бул уулум үчүн Олхонут уруусундагы таякесинин кызына куда түшкөнү бара жатамын», — деп жооп берет. Дэй-Сечен анда мындай дептир: «Уулуңдун көзү оттон, жүзү нурдан бүткөндөй. Есугай куда, мен ушул түнү түш көрдүм, түшүмдө колума ак шумкар келип конуптур, ал шумкар ай менен күндү чеңгелдеп алыптыр... Бул эмненин жышаны, деп ойлоорум менен Есугай куда уулуң экөөң келип калдың. Бул эмне деген түш. Силер, өз кият урууңардын руху менен түшүмдө мага келип, ушул жолугушууну күн мурдатан билдиргениңер го»[29]. Башка бир «Алтан Тобчи» деген моңголдук эстеликте Дай Сецэн (Дэй Сечен), кетип баратып Есугайга жолугуп, ал түш көргөнүн, түшүндө киот уруусундагы сүлдөнүн сүрөтү болгон ак шумкар сындуу карганы кармагынын айтат[30]. «Сыр баянынын» жана «Алтын Тобчинин» мазмунунан көрүнүп тургандай, куш (карга жана шумкар) Чыңгыз-хан таандык

болгон кият уруусунун колдоочусу деп эсептелген. Г. Н. Потанин «Сыр баянынан» жогоруда келтирилген эпизодду «Көгүчкөн китебиндеги» мотив менен байланыштырат. Анда Давид Волотомандын түшүн жоруйт, ал түшүндө бакка конуп отурган ак шумкарды көрөт. Давиддин жоруганы боюнча, Давид Соломон деген уулдуу болот жана ал Волотомандын кызына үйлөнөт[31]. Өткөндө кыргыздарда тотемизм жана жаныбарлар культу менен байланышкан түшүнүктөрдүн болгондугу тарыхый жана этнографиялык маалыматтар менен далилденген. Салыштырма этнографиянын тиешелүү маалыматтарын эске түшүрүп көрөлү. Байыркы адамдардын түшүнүгүндө бүркүт менен шумкар көп убактарда окшоштурулат, ал эми бир катар элдерде карга бүркүт менен бир катар турат же аны алмаштырат. В. М. Ионов[32] билдиргендей, төрөбөгөн жакут аялдар бала сурап бүркүткө сыйынышат экен, эгер ошондон кийин бала төрөлсө аны бүркүттөн төрөлдү деп эсептешчү экен. А. Я. Штернбергдин бүркүт культу жөнүндөгү эң сонун этюдунда[33] шаман дарагына маанилүү орун берилген, бул дарак (жакуттарда, тунгустарда) кээ бир элдерде жогоруда биз токтолуп кеткен кыргыздардын тууруна окшош аталат.

Бардык ушул баяндалгандар төмөнкү ой-пикирлерди айтууга мүмкүндүк берет: 1) Жакыптын аян түшүнүн фольклордук мотивинин «Сыр баяны» жана «Алтан Тобчи» деген датасы белгилүү эстеликтерде келтирилген мотивдер менен сөзсүз байланышы бар экендигин аныктоого болот, 2) Жакыптын түшүндө кабарлаган ак шумкар Манастын төрөлө тургандыгы жөнүндө, моңголдордогудай эле кыргыздарда да уруунун (уруктун) колдоочусу болуп саналат; 3) «Жакыптын түшүн» эпостогу эң байыркы сюжеттердин бири катарында караса болот.

Кыргыз эпосу «Манастын» моңгол урууларынын адабият жана фольклордук эстеликтери менен белгиленген байланыштары мындан ары бир кыйла кеңейтилиши мүмкүн. Манас сыяктуу эле «Сыр баянында» Темучин да төрөлгөндө чоңдугу чүкөдөй болгон коюу кан уучтап түшөт[34]. Г. Н. Потанин келтирген «Ирин-Сайн-Гунын-Настай-Мекеле» деген дорбот жомогунда, анын каарманы төрөлгөндө оозуна «алмысты» (каардуу макулукту) тиштеп, оң колуна койдой кан, сол колуна муштумдай асыл зат кармап түшөт[35].

Бул жөнөкөй гана фольклордук мотив эмес, тамыры дүйнө көз караштарынын бирдейлигинде жаткан көрүнүш. Байыркы адам үчүн кан адамдын эң башкы жандарынын бири же анын материалдашкан, нерсеге айланган түрү. Жаңы төрөлгөн наристе баатырлардын колдорундагы уюган кан алардын жаны жатчу жай, жандын өзү болуп жүрбөсүн?

Эпостогу Манастын куда түшүшү жана анын Каныкейге үйлөнүшү жөнүндөгү эпизод өзүнө чыныгы кызыгууну пайда кылат. Манас Карабөрк жана Акылай деген эки аялы болсо да, өзүнүн досу Алманбеттин кеңеши боюнча жакшы кызга куда түшүү жөнүндө ата-энесине өтүнүч менен кайрылат. Мында Манас Карабөркту жоодон олжолоп алганын, Акылай болсо барымтага келгенин айтат. Эпостун мурдагы эпизоддорунда калмактардын ханы Кайыпты талкалап, Манас Карабөрктүн сулуулугуна суктанып калат. Карабөрк хандын отуз кызынын бирөө болот, ал атасынын өлүмү үчүн өч алып, — Манасты өлтүрмөкчү болот. Бирок атасы өлбөй тирүү калганын билип, Карабөрк аттан түшүп Манаска таазим кылып жүгүнөт. Манас менен Карабөрктүн үйлөнүшүнө байланыштуу отуз күнү той болот.

Манастын жоокерлеринен жеңилген ооган ханы Шоорук баш ийгендигинин белгиси катарында өз кызы Акылай башында болгон отуз кызды барымтага

берет. Манас кыздарды өз жоокерлеринин ортосуна тургузуп, аларга өзүңөргө жаккан жигитиңерди тандап алгыла дейт. Биринчи болуп Акылай чыгат да, Манасты өзүнө күйөө кылып тандап алат.

Манастын өтүнүчү боюнча атасы Жакып колукту издеп жөнөйт. Көп өлкөлөрдө болуп, ылайыктуу кыз таппай, Жакып тажиктердин өлкөсүнө келет. Тажиктердин амири Атемир-хандын кызы Санирабийга сынына толуп, Жакып кызга куда түшүп, кыздын атасы айткан өлчөөсүз көп калыңды берүүгө макулдашып кайтып келет. Калыңды төлөө үчүн элден мал чогулткандан кийин, Манас 12 миң жигити менен 40 миң колунун коштоосунда, атасы менен тажиктердин өлкөсүнө жөнөйт. Шаардын жанындагы лагерге жайгашкандан кийин Манас Санирабийга уктап жаткан үйгө кирет. Манас менен колукту биринчи жолу көрүшкөндө чатакташа кетишет. Кыз аны канжар менен колго саят, Манас болсо кызды тээп жиберсе, ал эси ооп жыгылып калат. Хан кызынын текеберчилигине ачуусу келген Манас согуш добулбасын урат, бирок, анын атасы жана анын жанындагы акылман аксакалдар аскерлерди токтотуп калышат.

Үйлөнүү тоюна чакырылган Манас, кызмат кылган аялдар сүрүнөн коркуп, үстүнө даап кире албагандыктан, өзү үчүн арналып көтөрүлгөн өргөөдө эки күн бою жалгыз отуруп калат. Ачуусу келген Манас Атемир-хандын шаарын кыйратмакчы болот. Манастын каарын басуу үчүн Санирабийга дөбөгө чыгып, өзүнүн ак жоолугун таштап, татуулашуу ырасмисин кылат, болгон чатактын айыбын өз мойнуна алып Санирабийга Манаска келет да, анын атынын тизгининен алат. Манаска колукту болуп, Санирабийга өз ысмын өзгөртүп, Каныкей деген ысымды алат. Күйөө менен колуктунун үстүнө таттуу татымдардан чачыла чачылат. Манастын кырк чоросу, кимиси кайсы кызды алаарын талкуулашат. Манастын сунушу боюнча ат чабыш уюштурулат. Ар бир жигиттин аты кайсы боз үйдүн жанына келип токтосо, ал үйдөгү кыз аттын ээсине таандык болот. Биринчи болуп Алманбеттин аты келет, ат Каныкейдин сиңдиси — айдай сулуу Арууке отурган өргөнүн жанына келип токтойт. Эң артында Манастын аты келет. Каныкей боз үйдөн чыгып, Манастын атын тизгинден алып, аны өз өргөсүнө киргизет. Манас менен Каныкей баатырлар менен кыздар үчүн уюштурулган тойдон кийин, алардын ортосунда ырк келишпестиктер чыкпасын дешип, ал түнү уландар менен кыздардын ар кимисин өз өргөөлөрүнө жиберишет. Эртең менен Манас кыздардын көзүн жоолук менен таңып, кыздын колу кайсы жигиттин денесине тийсе ошол жигитке таандык болот дейт. Көздөрү таңылган кыздардын ар кимиси кечээки ат чабышта өз өргөөлөрүнө чаап келишкен жигиттерин эле тандап алышат. Үйлөнүү үлпөттөрү, оюн-тамашалар 30 күн жана 30 түнгө созулуп, тойдон кийин Манас Каныкей менен, Алманбет жана 40 чоро өз колуктулары менен өз айылдарына кайтып келишет.

Келтирилген эпизоддун мазмуну көрсөтүп тургандай, этнограф кудалашуунун жана үйлөнүү үлпөтүнө байланышкан каада-салттардын баяндалышынан өзү үчүн көп баалуу нерселерди таба алат. Мында колукту үчүн калың эл тарабынан чогултулганын белгилеп кетели. Кыргыздарда кечээ жакынга чейин жашап келген, күйөө менен колуктуга чачыла чачуу каадасынан байыркы ырасымды көрбөй коюуга болбойт. Ар түрдүү рухтардын, кудайлардын, онгондордун урматына күн күркүрөгөнгө байланыштуу зикир чалуунун алдында сүт же арак чачуу Саян-Алтай тоолук элдеринде, буряттардын арасында жана башкаларда кеңири колдонулган. Бул үрп-адаттын шаман культу менен байланышы бар экендигин чачыла деген сөздүн өзү айтып отурат, бул сөз чач деген этиш сөзүнөн

чыккан, ал чачуу, бүркүү, себелөө дегенди билдирет[36]. Алтайлыктарда сүт төгүү ырымы «чачылгы» деп аталат.

Боз уландардын колукту жана кыздардын күйөө тандоо каадасы сөзсүз кызыгууну пайда кылат, бул кааданын тамыры, кыязы, үйлөнүүнүн эң байыркы формасы менен байланыштуу болсо керек, анткени келечектеги күйөөсүн тандап алууда чечүүчү роль кыздын өзүнө таандык болуп олтурат. Ушуга байланыштуу Л. Я. Штернберг[37] (Тарнстон боюнча) тарабынан белгиленген Индиядагы наяди уруусунун салтын эске түшүрө кетсе болот, бул салт боюнча кызга үйлөнүүнү каалаган бардык жаш жигиттер коддоруна ар бири өзгөчөлүү таяк алышат да, кыз отурган үйлөнүү чатырын айланып бийлей башташат. Бий аяктагандан кийин күйөөчүлөгөн ар бир жигит өзүнүн таягын чатырдын ичине таштайт. Кыз ал таяктардын бирин тандап алат, ал эми тандалып алынган таяктын ээси чатырдагы жашынып отурган кыздын күйөөсү болуп калат. Манас менен Каныкейдин үйлөнөөрдөн мурда биринчи жашыруун жолугушу алардын ортосундагы чатак менен бүткөнү да кокусунан эмес. Акырында, Каныкейдин сиңдиси Аруукенин Манастын талабы боюнча анын инисиндей болуп калган Алманбетке аял болушунун фактысы (адегенде Арууке Алманбетке аял болуудан баш тартат) жана Манастын колуктусунун ысмын өзгөрткөнү да көңүл буруугa татыктуу, муну моңголдордун күйөөсү же сүйгөнү — аялга экинчи ысым берүү салты менен салыштырса болот.

Эпостогу этнотрафиялык жактан көбүрөөк мазмундуу келген эпизоддордун үчүнчүсү — «Көкөтөй хандын ашы».

Манастын кеңеши боюнча, анын берилген көмөкчүлөрүнүн бири — Ташкендин ханы Көкөтөйдүн жаш асыранды уулу Бокмурун атасын чоң салтанат менен коёт, эки жыл өткөндөн кийин аябаган чоң аш берет. Ашты Каркыра өрөөнүндө өткөрмөкчү болуп, Бокмурун өз элин бүт ал жакка көчүрүп барат. Баш аягы үч күндүк жолдо созулуп жаткан чоң көч эпосто өтө шөкөттүү сүрөттөлөт. Аш берилчү жайга көчүп келгенден кийин Бокмурун ага даярдык көрө баштайт да, атасынын өлгөнүн баардык элдерге кабарлап, аларды ашка чакыруу үчүн алп баатыр Жаш-Айдарды жөнөтөт. Чабарманга ат чабышта мөрөй алгандар үчүн көп байгелердин берилээрин, ал эми ашка келбей кордогондор катуу жазага тартылаарын кабарлоо буйрук кылынат. Меймандар келе башташат. Эң артында Манас келет. Аш миңге жакын мыкты күлүктөр катышкан зор ат чабыш менен башталат. Чабандестер маарага жөнөшкөндө, калган элдин баардыгына тамак-аш бериле баштайт. Көптөгөн ар түрдүү мелдештер өткөрүлөт. Биринчи болуп узун бакандын учуна илинип коюлган алтындын уютмасын — жамбыны атып түшүрүү мелдеши өткөрүлөт. Андан кийин кыргыз балбаны Кошой менен калмактын ханы Жолойдун жөө күрөшү болот. Жар салынып, бирок болбой калган тастардын күрөшүнөн жана төө чечмей мелдешинен кийин, ат үстүндө жекеге чыгып найза сайыш өтөт, буга калмак баатыры Коңурбай жана Манастын өзү катышат. Андан кийин ат оодарыш болот. Тамаша ат чабыштын аякташы жана байгелердин таратып берилиши менен бүтөт. Калмактардын таратылган байгелерди күч менен тартып алууга жасаган аракети жалпы салгылашка айланып, кыргыздардын жеңиши менен аяктайт.

Эпостун бул эпизодун дагы толугураак баяндап отурсак көп орунду алаар эле, анткени жогоруда айтылган ар бир мелдештин баяны чынында өз алдынча ырдан турат. Бул эпизоддун кызыктуу материалы этнограф үчүн изилдөө иштерине кыйла мүмкүнчүлүктү ачып берет.

Башкы каармандын кайгылуу өлүмү менен бүткөн акыркы эпизоддо жараланган Манастын ата-мекенине кайтып келгени, анын өлөөр алдында айткан керээзи, Каныкейдин күмбөз курушу, Манастын сөөгүн жашыруун көмүү жана Каныкейдин кичинекей Семетей менен Бухарага — атасыныкына качканы баяндалат.

Өтө кунт коюп көңүл буруугa татыктуу болгон этнографиялык материал эпостун жогоруда айтылган эпизоддорунда гана эмес, көптөгөн башка эпизоддррдо да көп санда чачкынды түрдө жолугат.

Дагы бир маанилүү маселеге — мифологиялык сюжеттерге токтолуп кетели. Алар жиндер жана перилер жөнүндөгү жомоктордо жана Манастын Меккеге жасаган саякаты жөнүндөгү баянда көбүрөөк ачык-айкын көрүнөт.

Жиндер жана перилер жөнүндөгү жомокто Манас тарабынан аңчылыкка жиберилген 600 мергенчи 700 аркар менен кулжаны атып алышып, кайтып келе жатышканда жалгыз көздүү дөөнү жолуктурушат. Жалгыз көздүү дөө 400 мергенчини кармап алып, аларды үңкүргө ыргыта баштайт. Мергенчилердин бири Куту-мерген дөөнү көзгө атып өлтүрүп, үңкүрдө 2 жылдан 7 жылга чейин чынжырга байланып, туткунда жатышкан 92 кишини бошотот. Алардын биринин айтымына караганда, ал саякаттап жүрүп, аялдары өтө сулуу, ал эми эркектери итке окшош «Итаалы» деген өлкөгө туш болот.

Кыргыздардын диний ишенимдеринде дөөлөр жөнүндөгү мифтердин бар экендиги Ф. Поярков[38] тарабынан белгиленген, ал жалгыз көздүү адам жөнүндөгү легенданы келтирет. Ал легендада жалгыз көздүү дөө жөнүндөгү мифтин кыргыздардын арасында кеңири тараган жез тумшук же жез тырмак жөнүндөгү легендалар менен кандайдыр кызыктуу аралашып кеткенин байкайбыз[39]. Мында жалгыз көздүү дөө жөнүндөгү мифтин бардык негизги элементтери 1900-жылы Арал деңизинин жээгинде Л. С. Берг[40] тарабынан жазылып алынган жалгыз көздүү дөө жөнүндөгү казак жөмөгу менен, ошондой эле Европада, Кавказ, Орто Азия элдеринин арасында, Алтайда[41] жана башка жердин элдеринде, ар түрдүү варианттарда таралып жүргөн Полифеме жөнүндөгү гомердик жомок менен дал келип турат. Жалгыз көздүү дөө жөнүндөгү бир эле мифте жез тырмак жөнүндөгү легенданын биригип кетиши М Миропиевдин жазганы боюнча казактарда да жолугат[42].

Жалгыз көздүү дөө жөнүндөгү мындай мифтердин пайда болушун көп убакта Европа элдеринин фольклору аркылуу кабыл алуунун натыйжасы деп эсептешет. Бирок, мифологиялык сюжеттердин таралышынын башка жолдору да болушу мүмкүн. Н. Я. Никифоров өзү түзгөн алтайлыктардын жомокторунун жыйнагында[43] жалгыз көздүү киши жегич жөнүндөгү жомокту келтирет, бул жомоктун биринчи бөлүгү жалпы белгилери боюнча кыргыздар менен казактардын жалгыз көздүү дөө жөнүндөгү фольклордук сюжети менен дал келет. Бирок жомоктун экинчи бөлүгү кыргыздардын эпикалык баянындагы — сулуу аялдардын күйөөлөрү эркек иттер-дөбөттөр (тууралуу ит баштуу эркектер) болгон өлкөгө баруу жөнүндөгү жомоктогуга жакын версияны баяндайт. Бул адамдардын душманы («нохой-эртын») Киргис деп аталган жалгыз көздүү киши жегич болот. Бул жомок эпостогу кыргыз мотиви менен мазмуну боюнча да, мификалык жандардын аттары боюнча да (кыргыздарда — итаалы <ит, алтайлыктарда нохой-эртын<моңголдордо нохой — ит), ошондой эле алтай жомогундагы киши жегичтин аты боюнча да тыкыс байланыштуу.

А. Диваев[44] тарабынан казактардын арасынан «ит-ала-каз» (атайка) куш жөнүндөгү легенда жазылып алынганын белгилеп кеткибиз келет, ал куштун

жумурткасынан «кумай» деп аталган тайгандар чыгат имиш. Жору кумай өзүнүн жумурткасынан күчүктөрдү басып чыгара тургандыгы жөнүндөгү ушундай эле легенданы биз кыргыздардын арасынан да уктук. Эч кандай жырткыч качып кутула албай турган легендарлуу кумайык ит кыргыздардын көз карашы боюнча иттердин төрөсү (мүмкүн, колдоочусу, түпкү теги) болуп саналат[45]. Биздин замандын V—VII кылымдарына таандык болгон кытай жылнаама булактарында чыгыштагы чет жерликтер жөнүндөгү баянда Фусань (Ортолук падышачылыгынын чыгышында) падышачылыгынан 1000 ли аралыкта турган аялдар падышачылыгы жөнүндө айтылат. Ал аялдардын денеси ак жана таза, бирок жүндүү келет да, эмчектери жок болот. Эркек балдарды төрөшөт. Дарыяга сууга түшкөндө бойлоруна бүтөт. Ушул эле убакта Пхуань аймагынын тургунун 506-жылы катуу шамал учуруп кетип, ал деңиздеги бир аралга туш келгендиги жөнүндө айтылат. Ал денеси адамдыкындай ит баштуу эркектерди көрөт. Алардын үнү иттердин үргөнүнө окшойт[46]. Ушул сюжетке өтө жакын сюжетти биз Плано Карпиниден табабыз[47]. Чөл аркылуу кайтып келе жатышып, татарлар бир өлкөгө кез келишип, адам түспөлүндөгү желмогуз-аялдарды, итке окшогон эркектерди көрүшөт.

Ошентип, орто кылымдарда кеңири тараган жана моңголдордо, биздин убагыбызда — алтайлыктар менен кыргыздарда учураган бул фольклордук мотивдин тамыры эң эле байыркы мезгилдерден башталып, бир жагынан, гректерде (Алтын жүн жөнүндөгү мифте аргонавттардын ит баштуулар менен жолукканы), экинчи тарабынан — Ыраакы Чыгышта пайда болгондугунда шек жок. Бул мотив мүмкүн кыргыз эпосуна өтө эзелки мезгилдерде киргендир, ал эми анын ыраакы чыгыштын миф чыгармачылыгы менен болгон байланышы дээрлик толук мүмкүн деп эсептесе болот[48].

Биз «Манас» эпосунан кезиктирген этнографиялык мүнөздөгү ар түрдүү элементтердин арасынан эпостун көп сандаган каармандарынын жеке ысымдары, топонимика жана этнонимика боюнча көп сандагы маалыматтар да бир кыйла орунду ээлейт.

«Манастын» ономастика боюнча маалыматтары менен үстүртөн таанышуунун өзү эле, эгерде аларды кунт коюп талдап чыга турган болсо, келечекте өтө баалуу корутундуларга алып келээрин көрсөтүп турат. «Манас» эпосунун башкы каармандарынын бири Коңурбайдын ысымынын калмак эпосу «Жангардын» башкы каармандарынын бири Хонгордун[49] ысмы менен окшоштугу да оңой эле байкалат. Кыргыз эпосунда Коңурбай кара ниет, арам ойлуу, кыргыздарга душман күчтөрдүн өкүлү катарында чыкса, калмак эпосу «Жангарда» ал Жангардын таламы үчүн күрөшкөн оң каарман катарында чыгат. Окшош ысымдарды алып жүрүшкөн эпостук каармандарга мындай карама-каршы мүнөз берүү толук табигый нерсе, анткени кыргыздар менен калмактар эпосто гана эмес, тарыхта да көп учурда душмандык мамилелерде болушкан. Дагы бир башка салыштыруу талап кылынат. «Манас» эпосундагы калмак баатыры Жолойдун ысмы моңгол (халха) князы, Алтын-хандар династиясын негиздеген Шолой Убаши Хун-тайжинин (XVI—XVII к.к.) ысмы менен дал келип турат[50]. Шолой Убаши Хун-тайжи жөнүндөгү эпикалык баяндан бизге жеткен ойрот версиясы XVI кылымдын акыры чендеги окуяны баяндайт. Эпостук Жолой менен тарыхый Шолой бир эле адам болушу мүмкүн, анткени кыргыздар өз тарыхынын кээ бир этаптарында моңгол чөйрөсү менен, атап айтканда Халха менен жакын байланышта болгон.

«Манастын» эпизоддорунун биринде Чыгыш Түркстандын 11 шаарынын бири Дагалакты ээлеген Кырмусша деген хан жолугат. Бул ысым, биздин пикирибиз боюнча, будда-шаман мифологиясындагы теңир Хормустанын (Индра) ысымынын өзү болуп саналат. Эгерде буга моңгол фольклорундагы (шаман пантеонундагы кудай) Когутэйдин ысмына окшош болгон Манастын үзөңгүлөшү Көкөтөй хандын ысмын кошо турган болсок, биз «Манастан» белгилүү бир катмардын бар экенин көрөбүз, бул катмар өткөн доорлордо кыргыздардын арасында моңголдошкон түрдөгү буддизм менен байланышкан түшүнүктөрдүн таасиринин негизинде пайда болушу мүмкүн.

«Манас» эпосунун каармандарынын жеке ысымдарын кыргыз этнонимикасынын маалыматтары менен салыштырып көргөнүбүздө, биз кээ бир этнонимдер эпостун башкы каармандарынын ысымдары менен толук дал келээрин аныктадык. Бир кыйла этнонимдер айрым бир кыргыз урууларынын тарыхый түпкү атасынын же ата-бабаларынын ысымдарынын негизинде пайда болгондугу ачык. Ошентип, бул ысымдарды алып жүрүшкөндөр чынында да жашаган тарыхый инсандар катарында каралса болот. Эпосто этнонимдерге окшош ысымдарды алып жүргөн, көпчүлүк учурда уруулардын жана уруктардын жол башчылары жана кол башчылары катарында аракет кылышкан каармандардын болушу кыргыз баатырдык эпосу өзүндө белгилүү бир тарыхый окуяларды гана чагылдырып турбастан, ошондой эле ар түрдүү доорлордо жашаган жана аракеттенген конкреттүү тарыхый инсандарды да чагылдырып турат деген болжолду айтууга аргасыз кылат. Эпостук чыгармачылыктын казанында кайнап чыккан бул инсандар жөнүндөгү эскерүүлөр эпостун башкы каарманы — Манастын айланасына бириккен эпостук баатырлардын бүтүндөй бир тобунун өмүрү жана эрдиктери жөнүндөгү эпостук баяндарга айланган. «Манас» эпосунун каармандарынын ысымдарын азыркы кыргыздардын уруу тайпаларынын аталышы менен кээ бир салыштырууларды келтиребиз:

Манас — манас (черик-саяк уруусу)[51]

Чубак — Манастын 40 чоросунун бири — ак чубак, бай чубак (черик уруусу)

Кошой, Манастын аскер башчыларынын бири — Кошой (солто уруусу)

Тубай, эпостун каармандарынын бири — тубай (саруу уруусу)

(«Мажму ат-таварих» келтирген версия боюнча)

Эштек, Манастын таякеси — эштек же эстек солто уруусунун түпкү атасы (ошондой эле моңолдор уруусу)

Музбурчак, Манас менен бирлешкен хан — музбурчак (саруу уруусу)

Көкчө, Манас менен бирлешкен хан — көкчө уулу (баргы уруусу)

Көкчө көз, Манастын аталаш тууганы — көкчө көз (мундуз уруусу)

Эпостун каармандарынын ысымдарынын топонимиканын маалыматтары менен дал келиши өтө кызыктуу нерсе, анын үстүнө, бул топонимдер кыйла санда Чыгыш Түркстандын аймактары менен чектелет. Мындан башка да, бул аймагыбыздан биз Манас атындагы шаарды да, дарыяны да жолуктурабыз, ушул эле аймакта эпикалык баатыр аял Орондгунун ысмы менен дал келген Урунгу өзөнүн, Хотан оазисинде Малгун кыштагын («Манастагы» укмуштуу жалгыз көздүү дөөнүн аты) жолуктурабыз жана д.у.с.

«Манаста» учураган топонимиканы жана кыргыздын башка да географиялык билимдерин сын көз менен карап иликтеп үйрөнүү, изилдөө үчүн өз алдынча тема болушу мүмкүн жана ал этнография үчүн да көп кызыктуу нерселерди бере алат[52].

Ал эми «Манаста» камтылган этнонимика боюнча бай материалдарга келе турган болсок, аларды иликтеп-үйрөнүү кыргыздардын этногенезинин айрым бир маселелерин чечүүгө, ошондой эле кээ бир башка проблемаларды талдап түшүндүрүүгө сөзсүз жардам берет.

«Манас» эпосу башка эпостук чыгармалардын катарында кандай орунду ээлейт, ал чыгармалардагы сюжеттердин мазмунунун жана бүткүл өзгөчөлүктөрүнүн жалпылыгы жагынан «Манас» алардын кайсынысы менен өзгөчө жакын байланышта болгон жана этнографиялык материалдар бул жөнүндө пикир айтууга канчалык мүмкүндүк берет? деген мыйзам ченемдүү суроо пайда болот.

Раматылык академик С. А. Козин бир кезде моңгол тарыхын изилдеген белгилүү окумуштуу В. Л. Котвичтин академик В. М. Алексеевдин адресине жазылган жана СССРде моңгол адабиятынын эстеликтерин басып чыгаруу ишине арналган катынын көчүрмөсүн бизге сүймөнчүлүк менен берген эле. Катта бизди кызыктырган маселе боюнча өтө баалуу жана көрөгөчтүк менен айтылган көрсөтмөлөр бар. С. А. Козин моңголдордун «Сыр баяны», «Жангариада» жана «Гесериада» сыяктуу адабий табылгаларынын тыкыс байланыштары жөнүндөгү изилдөөлөрү «Евразиянын чексиз талаа аймактарындагы бардык көчмөн эндердин чыгармачылык жагында дагы алда канча кеңири масштабда изилдөөлөрдү жүргүзүүгө түрткү берээрин» белгилеп келип, В. Л. Котвич мындай деп жазат: «Бул аймактарда жашап, биринен кийин бири бийликти ырааттуулук менен колуна алган көчмөн элдер өзүлөрүнүн бүткүл тышкы тарыхы жана эл рухунун агымы чагылдырылган бир катар мыкты чыгармаларды калтыргандыгы кокустук эместигин ойлонуу керек. Алсак, VIII кылымдын түрктөрү Монголиядагы таш эстеликтеринде өзүлөрүнүн баатырдык жосундары жөнүндө жазып кетишкен; алардын ордуна бийликке келген уйгурлардан бүгүнкү күнгө Огузкаган жөнүндө поэма сакталып калды; алардын ордуна келген кыргыздар Манас баатыр, анын уулу жана небереси жөнүндө дүйнө жүзүндөгү эң эле залкар эпопеяны жаратышып, ал — эл эсинде сакталып келе жатат; акырында, монголдор өзүлөрүнүн өткөндөгү улуу тарыхынын үч фазасына таяштырылган баатырдык үчилтикти жаратышты. Эгерде бардык ушул элдердин иш аракеттеринин ортосунда хронологиялык мурас өткөөлдөрү гана жашабастан, азыр жетишээрлик түрдө аныкталгандай, алардын саясий, социалдык-экономикалык, административдик мекемелеринде жана маданий турмуштарында тыкыс байланыштар да болуп келген болсо, анда алардын чыгармачылыгында жалпы адабий традициялар да жашаган деп болжолдоо толук табигый нерсе». Чындыгында да моңгол эпосунун жогоруда айтылган эстеликтери менен таанышып чыгуу кыргыз эпосу «Манас» аларга кээ бир эпизоддорду түшүндүрүү боюнча да, эпикалык баатырлардын образдарын сүрөттөө манерасы боюнча да, жана бир катар башка нукура адабий ыктар (эпитеттер, салыштыруулар ж.б. ) боюнча да, көптөгөн этнографиялык сюжеттер жана тетиктер боюнча да жакын экендигине ынандырат.

Кыргыз фольклору алтайлыктардын фольклорунан олуттуу түрдө айырмаланганына карабастан, түпкү тамыры байыркы кыргыз-алтай биримдигине сөзсүз таандык болгон кээ бир сандагы сюжет менен образдарды

сактап кала алган. Кыргыздар менен алтайлыктардын фольклорунда айрым окшоштуктар жогоруда айтылган. Кыргыздардын «кенже» эпостук чыгармаларынын бири «Эр Төштүккө» өзгөчө көңүл буруу керек. Бул мазмуну жомок-мифтерден турган поэма каармандын жер астындагы дүйнөдө болгондугу жөнүндө кеңири өнүктүрүлгөн сюжеттен турат. Поэманын образдарынын түзүлүшү, каармандын башынан өткөргөн окуялары жана алардын мотиви, чындыкта болбогон укмуштуу персонаждар — ушунун бардыгы алтайлыктардын эпикалык чыгармачылыгы менен өтө тыкыс байланышкан. Мында биз адамча сүйлөгөн канаттуу атты да, кара ниет сыйкырчы Желмогузду да (алтайлыктардын Делбегенинин образына жакын), кубулуп кетүүнү да (аттын алтынга, баатыр-каармандын түрү суук тазга айланып кетиши) жана д.у.с. кезиктиребиз. Алтайлык «Алтынмизе» деген жомокто жаңы эле төрөлгөн каарман эки күндөн кийин — «эне», алты күндөн кийин — «ата» деп сүйлөй баштайт[53]. Кыргыз поэмасында балакай Эр Төштүк жөнүндө: «жаңы туулган бу бала эки конбой эне деди, алты конбой ата деди» деп айтылат[54].

Кыргыздардын Алтай элдери менен этнографиялык байланыштары жөнүндөгү башка маалыматтар менен тыкыс байланышта болгон мындай дал келүүлөр (алар аз эмес) кыргыз жана алтай фольклорунун кээ бир чыгармаларынын башаты бир экендигин далилдейт[55].

Бирок «Эр Төштүк» поэмасынын дагы бир кызыктыра турган жагы — мазмуну боюнча ушуга окшош баатырдык жомоктордун кээ бир башка түркий тилдүү элдерге да, баарынан мурда тоболдук татарларга тааныш болгондугу, буга В. В. Радлов көңүл бурган[56]. Эпостук чыгармачылыктын байланышынын бул багытынын маанилүү болгон себеби, бул багыттын этногенетикалык изилдөөлөрдө Сибирдин четки батышын карай кеткен дагы бир жолун көрсөтүп берип жаткандыгында (46-47-66. караңыз).

Демек, кыргыз эпосу моңгол-ойрот эпосу менен, ошондой эле Саян-Алтай тоолорун жердеген элдердин эпосу менен эң тыкыс байланышта каралып, изилденүүгө тийиш.

Биз учугун чубап-билип жаткан жалпы фольклордук жана этнографиялык сюжеттер гана эмес, ошондой эле кыргыз элинин этникалык, тарыхый жана маданий байланыштары да бизди дал ушул жакка — Монголияга, Тувага, Алтайга, Минусин талааларына жана Чыгыш Түркстанга алып келип отурат. Ушул жол менен жүрүп отуруп, этнографтар эпостук материалдарды этнографиялык булак катарында пайдаланууда кыйла жемиштүү натыйжаларга жетише алат. Бирок, бул айтылгандан кыргыз эпосу менен Орто Азия жана Казакстан элдеринин эпосунун ортосунда болуп келген жана болуп жаткан калың жана тыкыс байланыштарды этибарга албаса деле болот деген корутунду чыгаруу натуура болоор эле. Бир жагынан, кыргыздардын, экинчи жагынан, ногойлор менен казактардын эпикалык баяндарынын жана уламыштарынын ортосундагы мындай байланыштардын бар экендигин мурда Чокон Валиханов да көрсөтүп кеткен[57]. Кийинчерээк В. М. Жирмунский кыргыз эпосунун «батыш» менен байланышына толук токтолуп, «Манастын» кээ бир сюжеттери менен образдарынын калыптанышында ал байланыштардын маанисин ачып көрсөткөн[58]. Молдо Сайф ад-дин Ахсикенди менен анын уулу Нур Мухаммаддын[59] калемине таандык болгон жана «Манастын» кара сөз менен жазылган бир нече сюжети бар кол жазмасынын илимий иликтөөгө алынышына байланыштуу кыргыздардын жана Орто Азиянын башка элдеринин эпостук

чыгармачылыгындагы тыкыс катнаштын болгондугунун жаңы далилдери алынды.

Кыргыз эпосунун катышынын бардык багыттарын изилдеп-үйрөнүү — этнографка «Манас» эпосундагы эң маанилүү этнографиялык сюжеттердин калыптанышынын негизги жолдорун туура жана толугураак аныктоого жардам берет.

«Манас» эпосундагы этнографиялык сюжеттерди изилдөө илимий турмушка жаңы этнографиялык материалдардын киргизилишине алып келет, ал материалдар кыргыздардын этнографиялык таанымы үчүн баалуу кошумча булак болуп калат, анткени элдин турмуш-тиричилигинин көптөгөн көрүнүштөрү азыр жок болуп кеткен, ал эми колдо болгон адабият текшерилип, такталган фактыларга анчалык бай эмес. Эпостогу этнографиялык сюжеттерди изилдөөнүн салыштырма-этнографиялык методун колдонуу менен талдап чыгуу кыргыз элинин маданий турмушунун тарыхынын жана анын кошуна элдер менен өз ара мамилелеринин көптөгөн маанилүү салааларын ачып көрсөтүүгө жардам берет.

Бардык ушул айтылгандар бизге Кыргызстандагы этнографиялык илимдин эң маанилүү милдети катарында кыргыз маданиятынын эң сонун эстелигин — «Манас» эпосун өздөштүрүү жана изилдөө милдетин көтөрүп чыгууга мүмкүндүк берет.

* * *

«Манас» таланттуу жомокчулардын — манасчылардын көптөгөн муундарынын коллективдүү чыгармачылыгынын натыйжасында түзүлгөн залкар көлөмдөгү эпостук үчилтиктен турат. Кыргыздардын арасында «Манас» оозеки түрүндө жашап келген. «Манастын» акыркы мезгилге чейин сакталып калышына манасчылардын укмуштуудай эске тутуу жөндөмдүүлүгү жана анын эл ичинде кеңири белгилүү болгондугу менен түшүндүрүлөт. Кыргыздардын эпосу тигил же бул даражада фольклордун калган бардык башка жанрларынын дөөлөтүн: уламыштарын да, жомокторун да, ырларын да, макал-лакаптарын да өзүнө камтып турат.

Жомокчулар, көпчүлүгүндө эпосту аткаруучу гана болушпастан, ошондой эле төкмө акын да, анын жаңы варианттарын түзүүчүлөрдөн да болушкан. «Манасты» айтуу үчүн көп күндөр, а түгүл жумалар талап кылынган. Манаптар, бийлер жана байлар гана манасчыларды узак мөөнөткө чакыра алышкан. «Манасты» эл арасында жайылтууда поэманын кеңири белгилүү айрым эпизоддорун аткарган ырчылар чоң роль ойногон. «Манастын» айрым үзүндүлөрү калктын кеңири катмарында жакшы белгилүү болгон. «Манас» демейде көп эл чогулган жыйындарда, музыка менен коштолбостон эле айтылган. Поэманын баяндоолорду жана сүрөттөмөлөрдү камтыган бөлүгү шар айтылат, ал эми каармандардын диалогу жана сөздүгү обондотулуп жай жана салтанаттуу аткарылат. Алар музыкалык баяндын рухунда ырдалат.

«Манас» жыйырмадан ашык обон менен аткарылат. Манасчылардын поэманы аткарышы көптөгөн ар түрдүү кыймыл-аракеттер жана бай мимикалар менен коштолуп отурат.

«Манаста» бир нече айрым-айрым сюжеттер иштелип чыккан, алардын ичинен эң ириси Манастын Каныкейге кудалап барышы жана ага үйлөнүшү, жети хандын Манаска каршы кастык иши, Манаска анын туугандары — көз камандын көчүп келиши болуп саналат.

Эпосто социалдык-турмуш тиричилик материалдары чоң орун ээлейт: үйлөнүү тою, аштар, элдик оюн-тамашалар, үй тиричилиги жана башкалар өтө чеберчилик менен сүрөттөлүп айтылат.

Эпосто камтылган жана биз алдын ала изилдеген этнографиялык сюжеттердин катарына социалдык мамилелер жөнүндөгү маалыматтар (аларда коомдун курак-жыныстык белгилери боюнча бөлүнүшүнүн белгилери, патриархалдык-уруулук укладдын, жоокерлик-демократиялык түзүлүштүн, патриархалдык-кулчулук институтунун, өнүккөн кол-кошун уюмунун мүнөздүү белгилери байкалат), байыркы үй-бүлө-нике институттарынын калдык түрүндөгү формалары (аталык, боордошуу, бала багып алуу, таеке-жээнчилик мамиле, колукту тандоонун өзгөчө бир жолдору), мифологиялык сюжеттер, магиялык-анимисттик түшүнүктөрдүн чөйрөсүнө кире турган өлүк көмүү жана башка ырым-жырым, шаман культу, ономастика, этнонимика ж.б. кирет[60].

Манас — эпостогу башкы, негизги каарман, башкалардын бардыгы анын айланасына топтолгон. Эпос кыргыз аялдарынын, баарынан мурда, Манастын акылдуу жана көрөгөч аялы, баатырдын берилген, кайраттуу жары Каныкей сулуунун эң сонун образдарын сүрөттөйт. Поэмада Манастын сыйкырдуу аты Ак-Кулага чоң орун берилген.

«Манаста» көп нерселер жомок, фантастика жагына таандык, ал мифологияга өтө бай келет. Бирок, «Манаста» айтылган окуялардын бир бөлүгү кыргыз элинин жана анын курамына бириккен уруулардын, алардын ичинде алда канча байыркы уруулардын тарыхындагы кээ бир доорлорунун көркөм чагылышы да бар.

Кыргыз элинде кылымдар бою жашап келе жаткан «Манас» эпосу өзүнүн негизинде сөзсүз элдик чыгарма болуп саналат. Ошону менен бирге эпостун жазылып алынган варианттарында олуттуу карама-каршылыктар да бар. Варианттардын кээ бирлеринде жана көптөгөн сюжеттерде, эпосто кыргыздардын чет жерлик баскынчыларга каршы эчакки күрөштөрүн чагылдырган элдик мазмуну, көркөм образдар жана идеялык багыты жакшы сакталып калган. Бирок, өткөндөгү таптык коомдо өнүгүп отуруп, «Манас» жаралышы жагынан элдик болгон эпосту өзүнүн феодалдык идеологиясына ыңгайлаштырууга умтулган бай-манап төбөлдөрү тарабынан активдүү таасирге учураган.

Кийинчерээк, буржуазиялык улутчулдар кээ бир манасчыларга өзүлөрүнүн зыяндуу таасирин тийгизишкен. Натыйжада, кыргыз эпосунда анын эки редакциялык тексти: бир жагынан — элдик, демократиялык тобу, экинчи жагынан — панисламизм менен пантүркизмдин элге жат жана кас идеялары менен каныккан феодалдык-бай табынын редакциялык тексттери калыптанган.

Тилекке каршы, «Манас» жөнүндө жазышкан бир катар авторлор, алардын ичинен тигил же бул тарыхый булактарга таянууга аракеттенгендери да, эпосту талдоого элдин конкреттүү тарыхынан айрым бир четтөө менен мамиле жасашты. Кыргыз элинин өзү бирдиктүү бир бүтүн эл катарында калыптана элек кезде жалпы элдик «Манастын» болушу мүмкүн беле? Буга терс жооп кайтаруу керек. Кээ бир баатырдык поэмалар жана жомоктор кийинчерээк кыргыз элин түзгөн бардык урууларда болгондугу шексиз, бирок аларда психикалык мүнөздүн жалпылыгын билдире алуучу жалпы эпос болгон эмес. Анын үстүнө кыргыз эли бир кыйла кийинчерээк XIII жана XVII кылымдардын аралыгында калыптанган; демек, «Манас» оозеки адабияттын стили жана мазмуну боюнча бирдиктүү эстелиги катарында бул мезгилден мурдараак пайда боло алмак эмес эле. В. В.

Радловдун XIX кылымдын орто ченине таандык болгон жазмалары «Манастын» бирдиктүү эпопея болуп калыптануу процесси ошол кезде да толук түрдө аяктала электигин жакшы далилдеп турат.

М. И. Богданова «Манас эпосу феодалдык доордон алда канча мурда пайда болгон жана аны эң биринчи жолу эл түзгөн»61 деп эсептейт, бирок минтип эсептөөгө эч кандай негиз жок. Мындай пикирди кабыл алууга болбойт, анткени «феодалдык доордон алда канча мурда» кыргыз элинин өзү жок болучу, көптөгөн кыргыз уруулары үчүн жалпы элдик, бирдиктүү эпостук чыгарма катарында «Манастын» пайда болушунун фактысынын өзү эле «Манастын» элдик чыгарма экендигинин түздөн-түз далили боло алат. Көп сандаган уруулар үчүн жалпы болуп эсептелген эпос элдик боло алмак эмес. «Манас» эпосу эпостук цикл түрүндө кыргыз элинин өзүндөй эле патриархалдык-феодалдык мамилелердин чыңдалуу мезгилинде калыптанса да, ал эл массасынын чыгармачылыгынын жемиши болгон. Мунун алда канча ынанымдуу далили катарында эл чыгармачылыгынын нукура элдик чыгармаларынын көп сандаган үлгүлөрүнүн: жомоктордун, легендалардын, турмуш-тиричилик жана үрп-адат ырларынын, ашыктык лирикасынын, макал-лакаптардын жана башкалардын эпоско жуурулушуп, чырмалышып кеткенин көрсөтүүгө болот. «Манас» үчилтигинин элдик негизи жөнүндө көлөмү жагынан тактакыр кичине деп айтууга болбой турган ондон ашык эпостук мүнөздөгү, биздин оюбузча, мурдагы уруулук эпостордун калдыктары болгон, биз жогоруда айтып өткөн «кенже» эпостун бар экендиги да эң сонун далилдеп турат. Кыргыздардын кыпчак компоненти өз ролун ойногон этникалык тарыхынын чагылышы катарында «Эр Төштүк», «Курманбек», «Олжобай менен Кишимжан» сыяктуу поэмаларын атоого болот. Бул поэмалар кыпчак уруусунун турмуш барактарынан баян берет, ал эми «Эр Табылды» катаган уруусунун эпосу катарында каралса болот; «Саринжи менен Бөкөй» поэмасынын окуялары мундуз уруусунун турмуш-тиричилигин мүнөздөйт, ал эми «Кожожаш» поэмасында кытай уруусунун турмуш-тиричилиги баяндалат.

Сайф ад-дин Ахсикенди моддрнун белгилүү болуп калган «Мажму ат-таварих» кол жазмасындагы «Манас» эпосунан алынып, кара сөз менен айтылган айрым эпизоддордон да уруулардын жомокторунун издерин табууга болот[62].

«Кенже» эпостун кээ бир поэмаларынын социалдык багыты, баатырлардын образдары алтайлык баатырдык эпос менен көп жалпылыгы бар, Л. П. Потапов көрсөткөндөй, алар «түз эле белгилүү бир социалдык чөйрөгө, атап айтканда

демократиялык, элдик чөйрөгө таандык кылынышы мүмкүн»63. Кийин, «Манас» эпосу калыптанган эпостук жомоктор дагы ушундай эле мүнөздө болгондугуна шек кылууга болбойт.

«Манас» эпосунун идеялык мазмунуна баа берүүдө кыргыздардын эпостук чыгармачылыгынын «кенже» эпос сыяктуу олуттуу компоненти эске алынбагандыгына өкүнүүгө гана туура келет.

«Манастын» жогоруда көрсөтүлгөн редакцияларынын идеялык мазмуну «Манасты» ушул азыркы түрүндө пайда кылган кыргыздардын патриархалдык-феодалдык укладына мүнөздүү болгон карама-каршылыкты нагыз түздөн-түз түрдө чагылдырат. Патриархалдык-феодалдык укладдын өзү эч кандай өзгөрүүгө учураган эмес, көптөгөн кылымдар бою ал бир типте кыймылсыз тура берген деген көз караштын бар экендигин белгилеп кетебиз. Бирок, бул таптакыр андай эмес. Өндүргүч күчтөрүнүн өнүгүшүнүн деңгээлиндеги өзгөрүүлөргө байланыштуу патриархалдык-феодалдык коомдун базиси да, надстройкасы

(үстүңкү куруму) да өзгөрүлүп турган. Ошондой болсо да «Манас» эпосунун тексттеринин редакцияларындагы негизги өзгөрүүлөрдүн себеби, адатта, кыргыздардын арасына исламдын ургаалдуу түрдө киришине алып барып такашат, бул туура боло койбос. «Манастын» тексттеринин жаңы редакцияларынын пайда болушу үчүн исламдын таралышы гана жетиштүү эмес эле, бул үчүн исламды үстөмдүк кылуучу активдүү идеологияга айланткан коомдук- экономикалык өбөлгөлөр бышып жетилиши керек болучу.

Кыргыздарга чет жерлик баскынчыларга жана эзүүчүлөргө — моңгол, ойрот, өзбек феодалдары менен хандарына ж.б. каршы көп жолу күрөшүүгө туура келгени белгилүү. Эпостогу согуштук эпизоддордун көпчүлүгүндө, кыязы, кыргыз урууларынын XV—XVIII кылымдарда Орто Азиянын территориясына басып кирген жунгарларга (ойротторго) каршы айыгышкан күрөшү менен байланышкан окуялар чагылдырылса керек. Жунгарларга каршы күрөштүн мотиви кыргыз эпосун Орто Азиянын башка элдеринин (өзбектердин, кара калпактардын), казактын эпостору менен жакындаштырат64.

Ошону менен бирге «Манас» эпосунда кыргыз урууларынын, аларда аскердик-демократиялык түзүлүш үстөмдүк кылып турган өткөндөгү тарыхый доорунун эң алгачкы мезгилдериндеги эпизоддор өз чагылышын тапкандыгы да ачык.

«Манас» өзү жаралганга чейин да бир кыйла тарых жолун басып өткөндүктөн жана ал буркан-шаркан түшкөн саясий окуялардын шартында эпопея болуп калыптангандыктан, эпос жалпысынан өтө эле бир татаал көрүнүштөрдөн турган мүнөзгө ээ болгон; эпосто ар кандай шартта жана ар кандай мезгилдерде пайда болгон ар түрдүү сюжеттер менен жанрлар «камыр-жумур» болуп калган. Эпостун курамы Сагынбай менен Саякбай айткан кеңири көлөмдөгү түрүндө кыска убакыттын ичинде пайда болушу мүмкүн эмес экенин, ал улам жаңы идеялар менен толукталып, баарынан мурда кыргыз элин түзүп, анын курамына кирген уруулардын эпостук баян-жомокторун өз боюна сиңирип отуруп, акырындык менен өнүгүп-өөрчүп, кайра иштелип жаңырып келгенин далилдейт.

Ар түрдүү чачкын уруулар биригип, кыргыз эли куралып, калыптана баштаган доордо өзүнүн башкы белгилери боюнча эпопея катарында түзүлүп калган «Манас» эпосу баарынан мурда тышкы коркунучтарга каршы урууларды бириктирүү, элдик биримдикти түзүү сыяктуу өз доору үчүн прогрессивдүү болгон идеяны чагылдырган. Көптөгөн кылымдар бою биримдиктин жоктугунан жапа чегип келген кыргыз уруулары Манастын образынан — бардык уруулардын башында болуп, аларды бүткүл тышкы душмандарга каршы тура билген күчкө айландыра ала турган мыкты жол башчыны көргүлөрү келген. Кыргыз коомунун реакциячыл феодал чөйрөлөрү эпостогу конкреттүү тарыхый кырдаал менен шартталган мындай ак ниет умтулуштарды өзүлөрүнүн таптык кызыкчылыктары үчүн пайдаланууга аракеттенишип, пантүркчүл, панисламчыл идеяларды туруктуулук менен жайылтышкан. Манаска бардык түркий тилдүү элдерди, бардык мусулмандарды баш коштурган жол башчынын, ислам дини үчүн күрөшкөн баатырдын образын беришкен. Бирок, алар эпосту анын терең элдик негизинен ажырата алышкан эмес. Ошондой болсо да үчилтиктин экинчи жана үчүнчү бөлүмдөрү — «Семетей» менен «Сейтек» патриархалдык феодалдык укладды идеалдаштыруудан куру эмес болсо да, эл чөйрөсүнө көбүрөөк жакын.

Эпостун ар түрдүү варианттарында элдин биримдигинин идеясынын терең өзгөрүп кетиши менен бирге, патриархалдык-феодалдык тартиптердин, кыргыз урууларынын башкаруучу төбөлдөрү эмгекчи массалардын үстүнөн өз үстөмдүгүн бекемдеп жана кармап турган ырайымсыз ыкмалардын да

идеалдаштырылганын көрөбүз. Эпосто кыргыз коомунун үстөмдүк кылуучу табынын идеологиясы көп түрдүү чагылдырылган. Хан бийлиги, вассалитет системасы, феодалдардын өз ара согуштары, мал жана туткундар, бай олжолор үчүн жасалган баскынчыл кол салуулар, хан сарайынын байлыгы, төрөлөргө малайлык кылган кулдар, элдин мойнуна жүк болуп, жакырланткан аш-тойлор, дагы көптөгөн башка нерселер эпостун таптык багытталышын мүнөздөйт. Мына ушундан келип, Манастын өзү жөнүндө баяндалган, эпостун биз жогоруда айткан редакцияларынын кээ бир сюжеттик багыттарынын идеялык мазмуну элге каршы мүнөздө болуп отурат, анын үстүнө, бул сюжеттик багыттар негизинен ири жортуулдук жүрүштөр менен байланышкан. Эгерде, эпостун ушул эле редакцияларында көп орун алган мифологиялык жана жомоктук сюжет- терге, турмуш-тиричилик материалдарына кайрыла турган болсок, эпостук баяндардагы мындай элге жат идеялар болор-болбос түрдө байкалаарын, көп учурда дегеле жок экендигин көрөбүз.

Ошентип, жогоруда көрсөтүлгөн редакциядагы «Манас» эпосу — бир эле учурда кыргыз элинин жаңы этникалык жана социалдык жалпылык катарында пайда болушун ырастаган эстелик да, патриархалдык-феодалдык укладды ар тараптан мүнөздөгөн жана аны даңазалаган эпопея да болуп саналат.

Эпостогу реакциячыл мотивдер феодал төбөлдөрүнүн чөйрөсүнө таандык болгон манасчыга байланыштуу келип чыккан. Бирок, манасчылардын ара- сында, айрыкча эл массасынын алдында, эпостун айрым бир сюжеттерин аткаргандардын ичинен, кыязы, өзүнүн рухий таламдары боюнча элге жакындары аз болгон эмес. Атүгүл В. В. Радлов да «эгерде угуп отургандар кедей адамдар болсо, ал (манасчы — С. А.) манчыркаган байлар менен манаптарды чымчый турган ар түрдүү кыйытмаларды кошуп айта турганын»65 белгилеп кеткен. Мындай манасчылардын айрымдары баян-жомокторду демократиялык маанайда ойлоштуруп-багып, жаңыртып айтышкан. Алардын түшүнүгүндө Манас бир жалгыз-жарым баатыр эмес жана өзүнүн чоролорунан турган кошуундун кол башчысы гана эмес. Манастын артында эл турат, дал элдин башында туруп жана эл менен бирге болуп, Манас өз максатына жетип турган, бирок чачыранды урууларды бириктирип, кыргыз жерин «чогултат». Ал тышкы душмандарга гана каршы күрөшпөстөн, ички душмандар менен да күрөшөт. Бул уруулук жана феодалдык бытырандылыкты жоюуга карай, кыргыз элинин бүтүндүгүнө жана биримдигине карай багыт — орундуу жана прогрессивдүү багыт болгон. Бирок үстөмдүк кылып турган феодалдык идеология эпостогу ак дилдүү агымдарды өнүктүрбөй басып, өчүрүп, аларды элге жат болгон панисламчыл жана пантүркчүл идеяларга баш ийдирген. Эпостун эл арасында өтө сүйүктүү болушу — андагы демократиялык агымдардын жетишээрлик даражада күчтүү жана таасирдүү болгондугунун эң сонун далили.

Улуу Октябрь социалисттик революциясынан кийин кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын өнүгүшү үчүн жаңы колдоолор пайда болду. Аны жазып алуу жана изилдеп-үйрөнүү боюнча чоң иштер башталган. Кыргызстанда совет бийлиги орногонго чейин «Манас» оозеки чыгарма катары гана жашап келген. 1920-жыддан кийин, Кыргызстанда граждандык согуш аяктаган соң, «Манас- тын» көлөмү боюнча ири текстин жазып алууга биринчи аракет жасалат. Кийинчерээк советтик ири манасчы Каралаев Саякбайдын оозунан эпостун 40 миңден ашык саптан турган эң баалуу варианттарынын бири жазылып алынат. Башка манасчылардан да «Манастан» көптөгөн варианттар жана үзүндүлөр жыйналган. 1958—1960- жылдарда профессор Б. М. Юнусалиевдин жалпы

редакциясы астында үчилтиктин кыскача жыйынтыкталган төрт томдугу басылып чыгат.

Жалпысынан алганда жанрлары көп түрдүү жана мазмуну бай кыргыз оозеки эл чыгармачылыгын элдик маданияттын эң маанилүү жетишкендик- теринин бири катарында кароого болот. Өткөн доорлордо ал феодалдык эзүүгө каршы социалдык нааразылык мотивинин күч алышына жараша тынымсыз байып келген. Кыргыз фольклорунун көптөгөн мыкты үлгүлөрү биздин күнгө чейин жетип, кыргыз советтик социалисттик маданиятына курамдык бир бөлүгү катарында кирди.

Эски фольклордун мыкты көркөм үлгүлөрү жазылып алынып, изилденип-үйрөнүлүүдө, алардын көбү азыр да аткарылууда. Ошол эле учурда, фольклордун салттуу формаларын пайдаланып, эл азыркы ачык-айкын чындыкты чагылдырган, жаңы мазмун менен толукталган жаңы чыгармаларды, айрыкча лирикалык ырларды жаратууда.

Театрда, эстрада концерттеринде, талаа стандарында, грампластинкалардан жана радиодон биздин доорго көбүрөөк үндөшүп турган фольклордук чыгармаларды угууга болот. Белгилүү акындар жана манасчы-жомокчулар бардык жерде сүйүктүү меймандар. Мыкты кыргыз төкмө акындарынын жана манас- чыларынын ысымдары Кыргызстандын бардык булуң-бурчтарында белгилүү. Алардын ырларында мурдагыдай кайгы-муң жок, ал ырларда советтик Мекен гүлдөгөн бак менен салыштырылып, көңүл эргиткен саптар коммунисттик партияга, элдердин достугуна, Москвага арналат.

Акындар кыргыз фольклорунун мыкты үлгүлөрүн жыйноо жана калыбына келтирүү боюнча бир кыйла иштерди жүргүзүштү.

# VIII бап
# ЭЛ ИСКУССТВОСУ

## *ДЕКОРАТИВДИК-КОЛДОНМО ИСКУССТВОСУ*

Кыргыздарда эзелтен эле өнүккөн декоративдик-колдонмо искусствосунун материалдык негизи малдын продуктуларын, өсүмдүк сырьёлорун жана метамдарды иштетүү менен байланышкан үй өндүрүшү болгон (II бапты караңыз). Үй өндүрүш процессине үй-бүлөнүн ар бир эмгекке жөндөмдүү мүчөсү катыша алган. Бирок бул иш өзгөчө талантты да, көнүгүүнү, тажрыйбаны да талап кылган, мындай адамдар өз элинин чебери катарында бааланып, урмат сыйга бөлөнүшкөн.

Үй промыселдери менен кол өнөрчүлүгүнүн өнүгүшү (булар жашоонун башатында эле пайда болгон) үй чарбачылыгынын жана турмуш-тиричилигинин нукура керектөөлөрү менен гана шартталбастан, рухий талаптар менен да, элдин сулуулукка болгон түбөлүктүү умтулуусу менен да шартталган.

Эстетикалык керектөөлөрдү канааттандырууга, тиричиликти көркөм жасалгалоо үчүн колдогу мүмкүнчүлүктөрдү болушунча пайдаланууга умтулуу декоративдик-колдонмо искусствонун ар кыл түрлөрүн пайда кылган. Искусствонун бул түрү формаларынын коздугу жана байлыгы, орнаменттик мотивдеринин дааналыгы, боёкторунун бийик маданияты, көп түркүм түстөрү менен айырмаланат. Көчмөн турмуш көркөм сүрөт искусствосунун өнүгүшүн

чектеп келген болсо да, үй тиричилигинде узакка урунуучу буюмдардан гана эмес (үйдүн ички-тышкы жасалгалары, аялдардын асем буюмдары, ат жабдыктар), ошондой эле кийимдерден, үй тиричилигинин буюмтайымдарынан, эмеректерден да көркөм чыгармачылыктын ажайып белгиси көрүнүп турган. Үй өндүрүшү менен кол өнөрчүлүктүн тигил же бул декоративдик жасалгалары бар буюмдарынын дээрлик баарысы тиричиликте түздөн-түз пайдаланылып, белгилүү бир утилитардык милдетти да өтөгөн. Мында тигил же бул буюмдардын жасалгалары — ал буюмдарды тиричиликке пайдаланууда эч кандай тоскоолдук кылган эмес, ал кооздук буюм менен ажырагыс болуп жарашып, эски көчмөн турмуштун көптөгөн буюм- тайымдарын искусствонун чыныгы чыгармасына айландырган. Колдонмо искусство элдин аң-сезиминде турмуш-тиричилик укладынан ажыратылгыс болгон. Кыргыз оймо-чиймесинин мотивдеринин олуттуу көпчүлүгүнүн көзгө даана көрүнүп турган чыныгы негизи баарыдан мурда турмуш-тиричилик менен, адамды курчап турган буюмдар жана көрүнүштөр менен түздөн-түз байланышып турат. Кыргыз колдонмо искусствосунун эң сонун үлгүлөрү (таланттуу чеберлердин жана уздардын колунан жаралган андай жасалгалар аз эмес) ар качан сыймыктануучу нерсе болуп келсе да, көркөм чеберчиликтин табылгыс үлгүлөрү катарында кабыл алынган эмес, алар үйдүн жасалгаларында, кийим-кечекте, ат жабдыктарында алардын ажырагыс нерсеси катарында табигый түрдө эле катышып турган.

Феодалдык төбөлдөрдүн жана малдуу байлардын турмуш-тиричилигин кеңири шөкөттөгөн колдонмо искусствонун жеткилең үлгүлөрү өзүнүн элдик мүнөзүн жоготкон эмес, анткени ал үлгүлөрдө муундан муунга өтүп келе жаткан мыкты көркөм салттар ишке ашырылган эмеспи. Алар эл арасынан чыккан таланттуу чеберлердин жана уздардын колу менен жасалган.

Кыргыз элинин бийик көркөм шыгы дал декоративдик-колдонмо искусстводо өзгөчө толук көрүнгөн.

Көркөмдүк насили төмөн, бирок жасалышынын шаан-шөкөттүүлүгү менен таң калтырган боз үй жасалгалары, феодалдардын тапшыруусу боюнча жасалган айрым асем буюмдар анча деле көп болгон эмес жана алар кыргыздардын өзүнүн — мазмуну боюнча, жалпысынан демократиялуу болгон көркөм сүрөт искусствосун өзгөртүп же начарлатып жибере алмак эмес.

Кыргыз элинин улуттук мүнөзү ажайып бир кооздуктарга жана күтүлбөгөн карама-каршылыктарга толгон жаратылыштын кучагында калыптанган. Кыргыз элине өзүн курчап турган дүйнөнү поэтикалык маанайда кабыл алуу, терең көркөм ой жүгүртүү, түркүм түстүү боёкторду аздектөө, сулуулукту назик сезе билүү мүнөздүү.

Өлкөнүн түштүгүндө коңшу өзбек жана тажик калктары менен, түндүгүндө орус, украин жана казак калктары менен, ошондой эле уйгурлар, дунгандар, татарлар менен болгон тыкыс тарыхый-маданий байланыштар декоративдик-колдонмо искусствого, оюм-чийимге да тараган. Бирок, кыргыздардын көркөм сүрөт искусствосунда турмуш-тиричиликтин башка тармактарындагыдай эле алардын коңшулары менен болгон байланышы менен гана эмес, кыргыз маданиятынын өз ичиндеги кескин айырмалар менен да шартталган өзгөчөлүктөрү бар. Бул айырмалар ар түрдүү тексттеги компоненттерден куралган кыргыз элинин татаал этникалык тарыхынын натыйжасы болуп саналат. Бул жерде майда-чүйдөсүнө токтолуп отурбай эле кыргыз декоративдик-колдонмо искусствосунун кээ бир түрлөрүндөгү айрым бир айырмачылыктар эки ири территориялык топтун — түндүк жана түштүк

кыргыздардын ортосунда, ошондой эле кыргыз калкынын материалдык маданиятынын бир катар өзгө- чөлүктөрү боюнча түндүк-батыш комплексине таандык кылынган бөлүгүнүн турмуш-тиричилигинде көбүрөөк даана байкаларын белгилей кетүүгө болот[1].

Кыргыздардын декоративдик-колдонмо искусствосун алардын руханий турмушунун, маданиятынын жана искусствосунун башка да тармактары менен байланышынан тышкары алып кароого болбойт. Колдонмо искусствонун чыгармалары, оюм-чийимдери — оозеки акындык жана музыкалык чыгармачылык сыяктуу эле ажырагыс байланышта жана өз ара таасир тийгизүү аркылуу өнүгүп келген, ошондуктан кыргыз көркөм чыгармачылыгында жалпы мүнөздүү белгилердин байкалганы кокусунан эмес. Ал жалпы мүнөздүү белгилер — терең элдик нукура чыныгы стиль, ачык-айкын көркөмдүк, бай образдуулук, көркөмдүк таасир. Кыргыз оймо-чиймелерин изилдөөчүлөрдүн бири, сүрөтчү М. В. Рындиндин аны «көркөм сүрөттүү фольклор» деп аныктаганында белгилүү бир негиз бар экендигин танууга болбойт. Кыргыз оюм-чийими «сайманын пейзаждык жанрына» жакындыгына В. Чепелев да көңүл бурган[2].

Кыргыздардын колдонмо искусствосуна килем токуу, оюм салынган кийиздерден ар түркүн оймолуу шырдактарды жана үй жасалгасынын буюмдарын жасоо, оюм-чийимдүү чий чырмоо, сайма саюу, саймалуу кездеме токуу, булгаарыга наар түшүрүү, жыгачка оймо салуу жана метамды көркөм иштетүү (зергерчилик өндүрүшү) кирет.

Памир-Алаи жана Фергана кыргыздары, ошондой эле кашкарлык кыргыздар жүндөн түктүү килем жана майда килем буюмдарын жасашкан. Түктүү кездеме токуу өнөрү көпчүлүгүндө ичкилик деген ат менен бириккен уруулардын арасында өнүккөн, бирок ал түштүк кыргыздардын башка топторуна да белгилүү болгон. Бул буюм кыдыршанын уруулук тобунда өзгөчө белгилүү болгон.

Килем буюмдары өткөндө турмуш-тиричилигинде кеңири колдонулган. Түктүү *килемден* башка да өң жагы килем болгон ар түрдүү каптар (*чавадан, баштык*), илинип коюла турган *аяктекче*, *кош жабык*, боз үйдү коoздой турган килем тасмалар (*тегирич*), боз үй үчүн килем «эшик» (*эшиктыш*), асынма баштык (куржун), ээрге салына турган килем (*ээр көпчүк*) ж.б. жасалган. Мурда көлөмү чакан килемдерди токуу адат болсо, XIX кылымдын аягы ченден тартып, килемдер жергиликтүү рынокторго сатыкка түшө баштаганда чоң көлөмдөгү килемдерди да токуй башташат. Акыркы учурда 3—3.2 х, 1.4—1.5м. көлөмдөгү килемдер басымдуулук кылат.

Кыргыз килемдери түркмөндөр жана өзбектердегидей эле, жөнөкөй түз өрмөктө *дүкөндө* токулат. Ал эки узун чабак жыгачтан (алар аркактын жазылыгынан бир канча узунураак) жана үч таяктан турат, алар эриш жиптердин арасын ачуу жана алмаштыруу үчүн колдонулат. Аркак жана түктүү түйүндөр тиштүү жыгач тарак менен тапталып, түктүн жиптерин бычак менен кесип алышат, ал эми түктү болсо кайчы менен тегиздешет. Түктүн узундугу 6—8 мм. Түктүү бир жарым түйүн кол менен байланат. Кыргыз килеминин тыкыстыгы 1 чарчы метрге орто эсеп менен 80—90 миң түйүндөн туура келет. Адатта көлөмдүү килемдерди көптөп жатып бүтүрүшөт. Аларды көпчүлүгүндө койдун жүнүнөн токушат, бирок эришине төөнүн да, эчкинин да жүндөрү жарай берет.

Килемдерде жана килем буюмдарында саргыч-кызыл жана кочкул-көк түстөр басымдуулук кылат, экөө тең күңүрт түстө болот, бирок алар өтө назиктелген түстө болот. Сары, күрөң, кызгылт сары, жашыл, ак жана башка түстөр сейрек колдонулат. Боёктордун түстөрү жана кошумча түстөрү өзгөчөлүү келет. Аларды

айкалыштыра билүү килемчилердин ар кыл түс-түркүмдөрдү кылдат колдоно билээрин далилдейт. Мурда кыргыздар жүндү өсүмдүктөн алынган боёктор менен боёшкон, кийинчерээк анилин боёкторун пайдаланышкан, бул болсо килемдердин сапатын начарлатып жиберген.

Көпчүлүк килемдердин көркөмдөө жасалгалары — борбордук бөлүктөгү жана жээктериндеги жасалгалар болуп бөлүнөт. Килемдин борбордук бөлүгүнүн оймо-чиймелерин түзүү композициясынын бир нече варианты бар. Мисалы, борбордук бөлүк узунунан кетчү тилкелерге бөлүнөт, ал тилкелерге саймалар түшүрүлөт же анда шахматтык же кыйгачынан бир типтүү саймалар жайгаштырылат, же борбордук бөлүктүн ичинде саймалары кыйгач төрт бурчтуктар, төрт бурчтуктар жана тик бурчтуктар ж.б. жайгаштырылат.

Килем оймо-чиймелери көпчүлүгүндө сегиз кырдуу, ири кресттер, үч бурчтуктар, жөнөкөй жана баскычтуу кыйгач төрт бурч түрүндөгү геометриялык формалардан түзүлүп, көп учурда «кочкор мүйүз» тибиндеги (тармал, илмек) жана башка ыкмалар менен айкалыша колдонулат. Бирок, анда өсүмдүктөрдүн да түрлөрү бар. Оюм-чийимдердин аталышында курчап турган айлана- чөйрөдөгү нукура нерселер чагылдырылса да, саймалардын өзү көпчүлүк учурда чыныгы буюмдарды элестетпейт. Оюм-чийимдик маңыздардын бир бөлүгү килемди токуу учурунда кошо түшүрүлөт. Килем оюм-чийимдери кыргыздардын чырмаган чийлериндеги (*ашкана,, чыгдан*), жарым-жартылай кийиз буюмдарындагы оюм-чийимдери менен өтө эле окшош келет. Кыргыз килемдери өзүлөрүнүн оймо-чиймелери жана гүлдөрүнүн өзгөчөлүгү боюнча анжияндык деп аталган, өзбектер менен катар кыргыздар да катышкан килемдерге жана чыгыш Түркстанда токулган килемдерге көбүрөөк жакын. Оюм-чийим маңыздарында каракалпак килемдери менен да көп жалпылыктар бар.

Кыргыздардын килем токуу өндүрүшү Октябрь революциясы болоор алдында ар түрүү жагымсыз себептердин таасири астында начарлап кеткен. Биздин күндөрдө ал кайрадан өнүгүүдө.

Кыргыздардын арасында түр салынган кийиз килемдер жана ар түрдүү тиричилик буюмдары көбүрөөк тараган. Кийизге түр салуу үчүн бир нече техникалык ыкма колдонулат. Биринчи ыкма кийиз жасоодо колдонулат жана ал төшөлгөн чийдеги болочок кийиздин бетине түстүү жүндөрдөн оюм-чийим салынып, түйүлүп, тоголотуп тебүү аркылуу бышырылат. Мындай типтеги килем *ала кийиз* деп аталат. Экинчи ыкма кийизге боёлгон кийизден же түстүү кездемеден кесип жасалган оюмдарды тигүү менен көркөмдөп жасоо. Акырында, үчүнчү ыкма (аны мозаика техникасы деп атоо анча туура эмес) түстөрү ар башка кийиздерди беттештирип кабаты боюнча кесип алынган оймонун элементтерин бири-бирине кыналыштырып тигүүдөн турат. Ал кесиндилердин бири оймо болот да, экинчиси бет болот же тескерисинче. Мындай жол менен жасалган килемдер *шырдак* (*шырдамал*, *төрбөлжүн*) деп аталат. Оюмдуу кийизден, алдыга салынуучу шырдактан башка да, буюм- тайымдарды салып жана ташып жүрө турган каптар жана баштыктар, ат жабдыктарынын айрым бир түрлөрү, боз үйдүн ичин жасалгалоо үчүн декоративдүү тосмолор (жабык баш) жана башка буюмдар жасалат.

Кийиз буюмдардагы оюмдар — алардын жөнөкөйлүгү, дааналыгы жана ачыктыгы менен, өлчөмүнүн бир кыйла ирилиги менен айырмаланат, ал көпчүлүгүндө негизги эки түстөн: көк жана кызыл, күрөң-кызгылт сары, кызыл же сары түстөн турат.

Шырдактын бети — ортосу жана четки бөлүгү болуп эки бөлүктөн турат. Шырдак тибиндеги кийиз килемдер оюмдарынын композициясы боюнча ар түрдүү территорияларда гана эмес (Ысык-Көлдө, Чүй өрөөнү, Талас ж.б. ), бир эле аймактын өзүндө да бири экинчисинен айырмаланат. Алардын ичинде — бүт бети ири оймолонгон жана жазылыгы ар түрдүү болгон кыюулардан турган шырдактар: бурчтарында ири төрт бурчтуктар, тик бурчтуктар же кыйгач төрт бурчтар түшүрүлгөн жана алардын арасына жана ичтерине оймо-чиймелер салынган шырдактар; ортосу эки бөлүккө бөлүнгөн (негатив жана позитив принциби боюнча) шырдактар; ортосунда ири тегерекчелер бар шырдактар ж.б. бар.

Кыргыздардын кийиз килемдери оюмдарынын түрү боюнча казактардын ушундай килемдери менен өтө окшош, аларга мурдагы жарым көчмөн өзбектердин, ошондой эле Түндүк Кавказдын кээ бир элдеринин кийиз буюмдары да жакын.

Кыргыз аялдарынын кийизди оюп буюм жасоо салтынын башаты өтө тереңде жатат. Анын оюмдары менен жасоо ыкмаларын айрым изилдөөчүлөр скифтердин заманынын искусствосунун эстеликтерине байланыштырат.

Кыргыз аялдарынын искусствосунда сайма саюу өнөрү көрүнүктүү орундардын бирин ээлейт. Сайма менен кийимдер, үй тиричилигинин ар түрдүү буюмдары (илип коюлуучу баштыктар, каптар, жаздык каптар, жапкычтар, кыюулар, кооз сүлгүлөр), тердиктин үстүнөн токулуучу ат жабдуулар кооздолот. Панно-килемдердин өзгөчө тиби болгон, үйдүн бооруна тартылуучу туш кийиздердин чекелерине түшүрүлүүчү, көркөмү боюнча өтө бай, гүлдүү композициялар сайма саюу искусствосунун мыкты үлгүлөрү болуп саналат. Алар баркытка, кебез жана жүн кездемелерине, ноотуларга, кийиздерге, акырында териге түрдүү түстөгү пахта, жүн жана жибек жиптер менен сайылат. Техникалык ыктардын ичинен илме сайма, өрмө сайма жана башка ыктары учурайт. Саймалардын стилдештирилген өсүмдүк, мүйүз, ийри-буйру, гүл, жалбырак, геометриялык фигуралар сыяктуу түрлөрү бар. Түндүк кыргыздардын бул кооздоолору казактардыкына жакын. Кийинки жылдарда кошуна орус калкынын таасири менен крест саймасы, орус жана украин орнаменттеринин түрлөрү да тарады.

Боз үйдүн керегесинин сыртына кадай турган чийлерди чырмоодо түстүү жүндөрдөн оюм түшүрө ороо да техникалык жактан оригиналдуу келет. Мындай чий буюмдарынын оймо-чиймелеринин композициясынын бир нече тиби болот. Алардын арасында сегиз кырдуу ичине кош «мүйүздөрү» бар төрт бурчтуктар жайгаштырылат. Бул сегиз кырдуулар, ошондой эле оюм-чийимдин композициясы, кыюулар — кызыл, ак, көк түстөрдүн кыйгач-симметриясын пайдалануу менен түркүн түстөрдүн айкалышы — кыргыздардын, ошондой эле түркмөндөрдүн токулган (бир жагынан кийизден жасалган) килемдерин көбүрөөк элестетет. Ушундай эле буюмдарды жасоо казактарга жана Кавказдын кээ бир элдерине да белгилүү.

Боз үйдүн ар түрдүү нерселерин, анын жасалгаларын байлап, бекемдөө, каптарды, баштыктарды, шалчаларды жасоо үчүн пайдаланылуучу тасмалар да көп учурда оймо-чиймелүү токулат. Кыргызстандын бардык аймактарында токуунун бир (терме) ыгы тараган, ал ар түстүү аркак жиптен токулуп, жалпы түс гаммалары анчалык ачык болбойт. Республиканын түштүк бөлүгүндө токуунун экинчи ыгы (кажары, букары) жолугат, ага мүнөздүү нерсе саймалуу жана бир түстүү тилкелер алмашылып токулат жана оюм-чийими да өзгөчөлүү болот.

Токуунун үчүнчү ыгы (беш кештё) Ош областында жана Талас өрөөнүнүн бир кыйла бөлүгүндө тараган. Ал жөрмөмө саймага окшоп кетет. Анын өзгөчөлүгү ага эки аркак өткөрүлөт, анда геометриялык саймалар, ачык бир түстүү фон жана саймалардын карама-каршы түстөрүнүн белгилүү айкалышуулары мүнөздүү. Айтылгандарга окшош саймалуу токуунун айрым типтери жана ага тийиштүү оюм-чийимдер мурдагы жарым көчмөн өзбектерде, казактарда, каракалпактарда, түркмөндөрдө болгон.

Кечээ жакында эле булгаарыга наар түшүрүү жана булгаары чаптоо колдонулган. Аларды, негизинен эски сандыктардан, кутулардан, сүт, кымыз үчүн ар түрдүү булгаары идиштерден, ат жабдыктардан, кийимдерден жана башкалардан учуратууга болоор эле. Кымыз куюлуучу булгаары идиштерге (көөкөр) түшүрүлгөн наарлардын оюм-чийимдери өзүлөрүнүн формалары боюнча алтайлыктардын ушундай эле булгаары идиштерине түшүрүлгөн наарга жакын келет. Кыргыздардын булгаары буюмдарындагы оюм-чийимдер якут, казак, калмак орнаменттерине окшош.

Ат жабдыктар, эркектердин курлары жана кээ бир башка буюмдар чегип, жылмалап, күмүштү карартып, кооздоп оюп жасоо жолдору менен көркөмдөлгөн метам (күмүштөн жана күмүш жаптырылган темирден) каңылтырлар жана купалар менен көркөмдөлүп, ошондой эле эмаль, ири бүртүктөр, түстүү таштар, шуру маржандар менен кооздоо да колдонулган. Күмүштөн азыр да ар түрдүү аял жасалгаларын даярдашат. Зергерлер тарабынан колдонулуучу эң көп тараган техниканын түрү — темирди күмүш менен жаптыруу же темирге күмүш зымдарын жаткызуу, ошондой эле беттөө болуп саналат. Ар түрдүү насилдеги күмүш жасалгалардын айрым түрлөрүн эң эле байыркы мезгилдин мурасы катарында кароого болот. Бул буюм-тайымдардын жасалыш ыкмасына да, оюм-чийим мотивдерине да тиешелүү.

Боз үйдүн каалгалары жана босого жыгачтары, сандыктар жана шкафтар, музыкалык аспаптар жана башкалар оюп жасалчу оюм-чийимдер менен кооздолгон. Оюм эки ыкма менен: томпойтулуп жана жалпак кылып жасалат, мында жалпак оюм көп учурда кызыл, көк, ак, сары боёктор менен боёлот. Оюмдун маңызы негизинен геометриялык белгилер менен мүнөздөлөт. Кыргыз оюму байыркы традицияга ээ, ал казак усталарынын искусствосуна көбүрөөк жакын.

Жыгачка оймо салуу, металлды көркөм иштеткендей эле, эреже катарында эркектер тарабынан иштелет, көркөм сүрөт искусствосунун калган түрлөрү аялдардын көркөм чыгармачылык эмгеги болот.

Кыргыз оймо-чиймелеринде, атап айтканда, саймада айбанаттарды, канаттууларды жана айлана-чөйрөдөгү жаратылыш нерселеринин, ошондой эле турмуш-тиричилик буюмдарынын нукура сүрөттөрү, кээде атүгүл жанрдык кыймыл-аракеттер да жолугат. Булар менен бирге, айрыкча саймаларда жана чаптоо өнөрүндө кыял деп аталган фантастикалык саймалар бар.

Ушуга байланыштуу 1940-жылы пайда болгон өзгөчө бир идеяны эскертип кетүү керек, бул идея кыргыз оюм-чийими жөнүндө китеп-альбомдун түзүүчүлөрү жана авторлору — сүрөтчү М. В. Рындин жана профессор А. Н. Бернштамдын эмгегинде3 чагылдырылган. Алардын ою боюнча кыргыз оймо-чиймеси «баяндоочу» мүнөзгө ээ жана нукура чындыкты чагылдырат. Бул жалпы жобону этнографтар да, искусство таануучулар да колдошкон эмес4.

Жалпы эле кыргыз сүрөт искусствосунда, А. Н. Бернштам айткандай, «чыныгы оймо-чийме» багыты көрсөтүлгөнү кадиксиз. Бирок, А. Н. Бернштамдын

өнүгүүнүн форма жаратуучу багыты кыргыз саймасынын багыныңкы жагы болуп саналат дегени менен макул болуу кыйын[5]. Кыргыз оюмдарынын байлыгы андагы чыныгы элементтердин эң мыкты иштелип чыгасан «форма жаратуучу», декоративдик жагы менен терең, ыргактуу түрдө айкалышкандыгында турат, мында диний-сыйкырлык насилиндеги кээ бир элементтердин да бар экени белгилүү.

Кыргыздарда колдонмо искусствонун көбүрөөк таралган түрлөрүнөн башка да турмуш-тиричиликтин сейрек колдонулуучу буюмдарын көркөм иштетүүнүн башка ыктары да (алардын айрымдары кечээ жакында эле пайда болду) болгон. Буга жүндөн жана жибектен (курларды, тасма-сызмаларды, боолорду, чачы, чокторду) кол менен өрүү, саймалуу жүн байпактарды жана кол каптарды токуу, пахта жиптерден тор токуу (орус жана украин келгиндеринен үйрөнүшкөн)[6], кайыштан (ат жабдыктардын бир бөлүгүн, камчыларды өрүү)[7], жыгачка түстүү түр түшүрүү (Кыргызстандын түштүгүндө, кыязы, өзбектерден кабыл алынса керек[8], ал эми түндүгүндө кийинчерээк тарала баштаган), сөөгасө оюм түшүрүү (мындай оюмдун үлгүсү XVIII кылымдагы сөөк менен бастырылган оюмдары бар кутуда болгон, бул куту Тянь-Шандан табылган, азыр ал Бишкек шаарында Тарых музейинде сакталып турат) кирет.

Ошондой эле, изилдөөчүлөрдүн жана байкоочулардын көңүлүнөн сыртта калган оймо-чиймелердин кээ бир башка түрлөрү да айтылууга тийиш. Культ курулуштарында — XVIII—XIX кылымдардагы күмбөздөрдө — кышты кыноонун ар түрдүү ыктары менен кооздолгон орнаменттерди азыр да жолуктурууга болот. Борбордук Тянь-Шандагы жана Ысык-Көл боюндагы кээ бир күмбөздөрдө топуракка оюм түшүрүлгөн. Түштүк Кыргызстандын айрым нан бышырчу мештеринде (тандыр) топурактан жабыштырылып жасалган өзүнчө бир орнамент байкалган. Кыргызстандагы XI—XIV кылымдарга тиешелүү архитектуралык эстеликтердеги, атап айтсак, уламышка караганда Манастын урматына курулган күмбөздөгү орнамент кыргыз орнаментинин көптөгөн мотивдери менен жалпы окшоштуктары бар.

Кийинки мезгилде жүргүзүлгөн кыргыз оймо-чиймесин изилдөөлөр[9] — анын узак жылдар бою акырындык менен калыптангандыгын жана өз курамына байыркы да жана алда канча кийинки элементтерди да камтып тургандыгын көрсөттү. Бир катар учурларда, кыргыздар жана алардын ата-бабалары ар түрдүү мезгилдерде тигил же бул формада карым-катышта болгон элдердин таасирине дуушар болгон.

Кыргыз декоративдик-колдонмо искусствосуна мүнөздүү болгон буюмдардын, материалдын кээ бир типтери жана аларды жасоонун техникалык ыктарынын жана орнаменталдык мотивдеринин башаты алыскы өткөн чакта жатат.

Негизинен жыгач буюмдарда, бир аз — саймада жана кийиз буюмдарда жолуга калуучу жөнөкөй геометриялык мотивдер — кыргыз оймо-чиймесинин эң байыркы элементтери. Мүнөздүү нерсе — оюм-чийимдин мындай мотивдерин Орто Азиянын бир катар элдеринен, казактардан жана башкырттардан, Алтай элдеринен жана Тувадан табууга болот. Бул комплекстин айрым мотивдери алгачкы коло доорунун мезгилине таандык болгон буюмдардан кезигет. Тоолуу Алтайдын байыркы калкынын, байыркы түрктөрдүн, енисейлик кыргыздардын искусствосунда көрүнгөн оюм-чийим мотивдери кыргыздардыкы менен жакын, ал эми кээде бирдей келет. Крест түрүндөгү фигуралар, пальма жалбырактары түрүндөгү ар түрдүү сүрөттөр, мүйүз түрүндөгү мотивдер, тармалданган

толкундар ж.б. кыргыз декоративдик-колдонмо искусствосунун жалпы мүнөзүн аныктайт жана алар кеңири тараган. Алар менен кыргыздар булгаарыны, жыгачты, металлды кооздошкон. Бул оюм-чийим комплекси, кыязы, IX—XII кылымдарда, кийинки көчмөндөрдүн чөйрөсүндө (анын башаты андан алда канча мурда пайда болушу мүмкүн) калыптанып, XIII—XVI кылымдарда өнүксө керек. Бул комплекс курамына кыпчак компоненти кирген бир катар элдерде кезиккендиктен, С. В. Иванов аны шарттуу түрдө кыпчак мотиви деп атоону сунуш кылат. Бул комплекстин кыргыздардыкына окшогон мотивдери казактарда (булгаарыда, сөөктө, саймада), жарым көчмөн өзбек- терде (килем, таарларда, саймада), каракалпактарда (жыгачта, килемдерде жана саймада), башкырттарда, жакуттарда, хакастарда, тувалыктарда жана буряттарда, кара-ногойлордо (Кавказда) бар.

Бир кыйла татаал ыкмалар — ар түрдүү тегерекчелер, сегиз бурчтуктар, ири кресттер, жөнөкөй жана баскычтуу кыйгач төрт бурчтуктар — кыргыздарда килемдерде, килемден жасалган буюмдарда жана чийден жасалган буюмдарда жолугат. Бул комплекстин кыргыз орнаментине окшоштору Орто Азиянын жогоруда аталган элдеринде жана казактарда бар.

Кыргыз саймасында таралган өсүмдүк мотивдери жана гүл, жалбырак сыяктуу жасалып, шыпка, дубалга жабыштырылуучу жасалгалар, жогоруда аталган татаал мотивдердей эле кыргыз оюм-чийиминин кээ бир башка кошуна көчмөн элдердикиндей эле Орто Азиянын отурукташкан калкынын искусствосу менен, айрыкча согди элинин искусствосу менен эски байланышы болгондугун далилдеп турат. Ал мотивдер көчмөндөрдүн орнаментикасына орто азиялык шаардык борборлордун таасири аркылуу өткөн. Казактардын, өзбектердин жана тажиктердин саймаларындагы өсүмдүк мотивдеринин таралышын да дал ушуну менен түшүндүрүүгө болот.

Кыргыз декоративдик-прикладдык искусствосундагы оюм-чийим ыкмаларынын жогоруда аталган элдердин искусствосуна жакын окшоштугу алардын ортосунда тарыхый өнүгүү процессинде маданий жана экономикалык байланыштардын болгондугун гана ырастабастан, ошондой эле бир катар учурларда бул элдердин этникалык тарыхынын жалпы этабы, этногенетикалык жакындыгы болгондугун, ата-бабаларынын түпкү тегинин бирдигин жана туугандыгын да ырастайт.

Кыргыз корком сүрөт искусствосу толук өз алдынча жана башкаларга окшобогон мүнөзгө ээ, өзүнүн улуттук өзгөчөлүгү бар. Ал дал өзүнө гана мүнөздүү болгон мыйзам ченемдүүлүктүн негизинде өнүккөн. Ошол эле убакта кыргыздардын орнаменти «Орто азиянын башка элдеринин орнаменти менен көп жалпылыгы бар, бирок бул жакындык бирдей эмес: кээ бир учурларда, мисалы, казактардыкы менен дээрлик окшоштукту көрөбүз, башкаларда — жакындык орнаменттин айрым бир түрлөрүндө гана байкалат. Техникалык ыктарында да жалпылыктар көп. Бул мааниден алып караганда кыргыз орнаменти каракалпак орнаментине, Европа жакта — башкырттардыкына, Сибирде — хакастар менен якуттардын орнаментине жакыныраак. Буряттардын искусствосу менен параллелдер да, Алтай жана Тува элдеринин искусствосу менен кээ бир жалпы элементтер да бар»[10]. XIX кылымдын акырында — XX кылымда кыргыз көркөм сүрөт искусствосуна орус, ошондой эле украин эл искусствосу да айрым бир таасир тийгизди.

Жогоруда көрсөтүлгөн жагдайлардын натыйжасында кыргыз декоративдик-колдонмо искусствосунун территориялык жактан таралышы да ар түрдүү.

Борбордон четирээк жактарда анын кошуна элдер менен болгон байланышы көбүрөөк байкалат. Көптөгөн жалпы белгилери болсо да, кыргыз декоративдик-колдонмо искусствосу кыргыздардын этникалык жана маданий тарыхы менен шартталган ургаалдуу өзгөчөлүккө да ээ.

Кыргыздарга оюм-чийимден башка да көркөм сүрөт искусствосунун башка бир түрү — XVIII кылымдан бери негизинен көр үстүнө курулуучу күмбөздөрдүн дубалдарына тартылуучу тематикалык сүрөттөр да белгилүү болгон. Бул — Казакстандын мазарларындагы сүрөттөргө окшогон фрескалар тибиндеги сүрөт. Казакстандагыдай эле бул жетиштүү түрдө изилденип- үйрөнүлө элек. Күмбөздөрдүн дубалдарындагы сүрөттөрдүн арасында ар түрдүү айбанаттардын (төөлөрдүн, жылкылардын, иттердин, текелердин), үй-тиричилик буюмдарынын, курал-жарактын, кийимдин жана акырында адамдын сүрөттөрү жолугат. Кээде, эски кыргыз саймаларында (атап айтсак, кийизде) учураган кээ бир реалисттик сүрөттөр фигураларды өз ара байланышып турган бир композицияга (аң уулоо, көчүү-конуу) бириктирүү аракети, ошондой эле бир пейзажды түзүүгө болгон аракет сезилет. Бул бардык сүрөттөрдү салуу, алар чындык мүнөздө болсо да, казактардагыдай эле анимисттик идеянын түрмөгү менен ишке ашырылган жана диний искусствонун тармагын түзгөн. Композиция өлгөн адамдын тирүү кезиндеги болгон окуяны чагылдырат. Буюмдардын сүрөттөрүн салуу, кыргыздардын ишеними боюнча, өлгөндүн тиги дүйнөдөгү муктаждыгын канааттандыруу үчүн зарыл болгон нукура буюмдарды алмаштырууга тийиш болгон[11].

## *ЭЛ МУЗЫКАСЫ*

Кыргыз музыкасынын тамыры байыркы замандардын тереңине кетет. Кыргыздардын музыкага жана поэзияга болгон сүйүүсү жөнүндө дээрлик бардык байкоочулар жана изилдөөчүлөр айтышат. Өткөн мезгилдерде эле музыка ар кандай коомдук окуяларды, анын ичинде майрамдарды, той, аштарды, жоокерчил жортуулдарды, үй-бүлө салтанаттарын жана башкаларды коштоп жүргөн.

Кыргыз элинин музыкалык чыгармачылыгы вокалдык жана аспаптык (инструменталдык) формада да болгон. Бул чыгармачылык өзүнүн ыргак

каражаттарынын бай кору, лиризми жана эпостук жөнөкөйлүгү менен айырмаланган бүтүндөй стилин иштеп чыккан. Кыргыз эл музыкасынын өзгөчөлүү стилинин мүнөздүү белгиси — түзүлүп жаткан көркөм образдардын программалуулугу, конкреттүүлүгү болуп саналат. Кыргыз музыкасына жайдары маанай менен оптимизм мүнөздүү. Алар назик, жай, көркөм баяндоо формасында көрүнөт.

Кыргыз музыкасынын көркөм стилинин эң маанилүү белгилери аны казактардын, Алтайдын кээ бир эддеринин жана хакастардын музыкасы менен жакындаштырат. В. С. Виноградовдун[12] пикири боюнча кыргыз музыкасынын өз ара байланышынын эң байкалаарлык жана негизги багыты түндүктү карай — Казакстанга, Түштүк Сибирге, Борбордук Азияга кетет. Кыргыз музыкасы жети баскычтуу диатоникалык негиздин кайсы бир алгачкы этабында калыптанган. Кыргыз музыкасындагы байкалаарлык түрдө сакталып калган байыркы негиздери менен өзүнө гана мүнөздүү белгилери анын речитативдүүлүгү жана импровизациялуулугу сыяктуу эң маанилүү белгилеринен көрүнөт. Речитативдүүлүк негизинен таза түрүндө алыскы райондордо, мисалы, алай кыргыздарында сакталып калган, бирок ал эпостук чыгармаларды, көптөгөн

массалык элдик ырларды, айрыкча үрп-адат ырларын аткаруунун ыгы катарында жашоосун улантууда. Бирок, речитативдүүлүк менен бир катарда кыргыз музыкасында ыр чыгармачылыгынын башка бир багыты — созолонгон обон менен ырдоо ыгы пайда болгон жана өнүккөн. Аларга лирикалык, сүйүү, малчылар ыры кирет. Обондуу ырлар түндүк кыргыз урууларында кеңири тараган.

Импровизация вокалдык да, аспаптык да кыргыз музыкасына мүнөздүү. Кыргыз музыканты бир эле убакта аткаруучу да, аткарып жаткан чыгарманын автору да болуп саналат; эгерде ал аны толук импровизациялабаса да, ага өзүнүн чыгармачылыгынын элементтерин киргизет. Эл ырчылары — акындар кыргыз музыкалык чыгармачылыгынын мыкты өкүлдөрү болушкан. Алар өткөндөгү мыкты көркөм салттарды мурасташып, өздөштүрүп алышкан. Кыргыз акыны көпчүлүк учурда ырчы гана болбостон, музыкант да, композитор да болгон. Бир кыйла алгачкы мезгилде эл ырчылары бир эле убакта акын-импровизатор да, аспаптык музыканын чеберлери да, эпос айтуучулар да болушкан.

Акындардын ар биринин өзүнө гана тиешелүү ыгы болгон: үгүт-насаат, чакан эпикалык чыгарма, айтыш ырлары ж.б. Бул жанрлар эзелки музыкалык белгилерге ээ болушкан жана аткарууда сабатмалуу обондо, салмак менен, ашыкпастан музыкалуу угулган.

Акындар өзүлөрүнүн идеялык багыты боюнча бир тектүү болгон эмес. Акындардын эл ичинен чыккан алдыңкы бөлүгү өзүлөрүнүн музыкалык-поэтикалык импровизацияларында элдин демократиялык умтулуштарын, зулумдукка жана укуксуздукка каршы наразылыктарын, элдин жакшы турмуш жөнүндөгү үмүт-кыялын билдирген. Акындардын экинчи бөлүгүнүн чыгармачылыгы реакциячыл феодалдык идеология менен сугарылган. Алар феодалдык-уруулук төбөлдөргө жакын турган акындар болгон, алар ушул төбөлдөрдү мактоо жанрын өнүктүрүшүп, өзүлөрүнүн чыгармачылыгы менен анын үстөмдүгүн, коомдун патриархалдык-феодалдык негизин колдоп жана чыңдоого умтулган. Музыкалык-поэтикалык чыгармачылыктагы бул эки карама-каршы тенденция алгач анчалык даана калыптанган эмес жана ар дайым эле так чектер менен ажыратылган эмес. Бирок, жүрө-жүрө тарыхый шарттардын эпкини менен андан ары өнүгүп отурган.

Кыргыз аспаптык музыкасы, өзүнүн аткаруу каражаттарынын алда канча жөнөкөйлүгүнө карабастан, өзүнүн обондук мазмуну боюнча кыйла даражада

таасирдүүлүккө жана оригиналдуулукка жетише алат. Элдик музыкалык аспаптардын ичинде таралышы жана кеңири белгилүүлүгү жагынан рабап тибиндеги үч кылдуу чертме аспап — комуз биринчи орунду ээлейт, ал казак домбрасына жакын, бирок андан айырмаланып үч кылдуу келет да, мойну беренелери жок жылмакай болот. Андан кийинкиси кылдуу жана жаа менен тартылуучу музыкалык аспап (кыяк), ал алмурут формасындагы жыгач чарадан турат, мойну кыска келет, чаранын түп жагы ичкерип кетет. Чаранын жарымы төөнүн териси менен капталган, ал аспаптын капкагы катарында кызмат кылат. Кыякта аттын куйрук кылынан жасалган эки кыл бар; ушундай эле кылдар жаага да тартылган. Варган тибиндеги металл аспаптарда (темир комуз ооз комуз)[13] көпчүлүгүндө аялдар менен балдар ойнойт. Үнү өтө уккулуктуу келип, жай ышкырыкка окшойт. Сурнай гобой тибиндеги орто азиялык ушундай аспаптарга жакын. Сурнай жана добулбас өткөндө негизинен согуштук жүрүштөрдө колдонулган. Чоор[14] манжа менен басыла турган 3 же 4 көзөнөктүү музыкалык үйлөмө аспап. Талаа өсүмдүктөрүнүн сөңгөгүнөн, кээде жыгачтан жасалат да,

айрым учурларда музоонун кызыл өңгөчү менен каптап коюшат. Кээ бир аткаруучулар өзүнчө бир «урма» аспапты колдонушат; бул жыгачтан жасалган, тактайдын үстүндө секирип туруучу текелердин фигурасы (так текё). Ал аткаруучунун колундагы жип менен кыймылга келтирилет да, музыканын ыргагына жараша секиришип, ошол эле убакта кызыктуу кыймыл- аракеттерди жасашат.

Аспаптарда ойноочулардын чеберчилиги кыргыздарда абдан өркүндөтүлгөн. Аспаптык үч үн кыргыз эл музыкасынын чоң жетишкендиги болуп саналат. Комуз күүлөрүнүн ичинде элдик-музыкалык чыгармачылыктын чыныгы шедеврлери учурайт. Кыяк үчүн чыгарылган чыгармалар байыртадан келаткан чыгармалар жана өзүнүн тематикасы боюнча да көпчүлүгүндө жоокердик доордун окуяларын чагылдырат. Мисалы, «Ураан», марш түрүндөгү чыгарма «Кер өзөн», баатырдык чыгарма «Кайра качпа» ж.б. ушундайлардан. Кыякта ойноо үчүн музыкалык тиричилик көрүнүштөрү да мүнөздүү. Кыргыз музыкасында программалык-көркөм сүрөттөө мүнөзүндөгү чыгармалар кеңири орун алган.

XVIII—XIX кылымдардагы эски элдик композиторлордун жана музыканттардын ичинен Тилендин, Калчекенин, Сыртбайдын, Куренкейдин, Музоокенин жана башкалардын ысымдары элдин эсинде сакталып калган. Ысмы өтө белгилүү болгон, ал эми чыгармалары кыргыз музыкалык искусствосунун эң эле бай кенчин түзгөн эң көрүнүктүү композитор, музыкант жана акын Сатылганов Токтогул болуп саналат. Анын ырларынын обондору, анын сөздөрүндөй эле эсте калып, бардык элдик оюн-зооктордо ырдалып жүргөн.

## КЫРГЫЗДАР

Кыргыздар революцияга чейинки адабиятта кара-кыргыздар (ошондой эле «таштак» же «жапайы таш» кыргыздары) деген ат менен белгилүү болгон. Бул ат Улуу Октябрь социалисттик революциясынан кийинки алгачкы жылдарда да (1925-жылга чейин) бир аз сакталып калган. Кыргыздардын коңшулары — казактарды мурда казак-кыргыздар деп жаңылыш атап келишкен. Мунун натыйжасында көп учурда казак менен кыргыздарды бир эл катары туура эмес карап келишкен. XVIII кылымдагы кытай булактарында, ошондой эле калмактардын арасында кыргыздар бурут деген ат менен белгилүү болгон.

Кыргыздар Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын калкынын негизги массасын түзөт. 195,5 миң чарчы км. аянтты ээлеген бул республика түндүк жагынан Казак ССРи менен, батыш жагынан Өзбек ССРи жана Тажик ССРи менен, түштүк жагынан Тажик ССРи менен (бул жерде чек ара Алай тоо кыркасы менен өтөт), түштүк-чыгыш жагынан 820 км. узундукта Кытай Эл Республикасы менен чектешет. Анын тутумуна эки область — Ош жана Тянь-Шань областтары, Чүй жана Талас өрөөндөрүндө, Ысык-Көл ойдуңунда жайгашкан республикалык баш ийүүдөгү 15 район кирет.

Республиканын борбору — Фрунзе шаары, мурдагы уезддик Пишпек шаары. Анда Совет мамлекетинин эң көрүнүктүү ишмери, Кызыл Армиянын кол башчысы М. В. Фрунзе туулуп-өскөн.

1959-жылы Кыргыз ССРинде 2066 миң тургун жашаган, ал эми 1913- жылы ушул эле аймакта 864 миң, ал эми 1939-жылы 1 450 миң адам жашаган. Кыргыз ССРинде калктын санынын өсүшү башка республикалардан калктын бир кыйла

агылып келиши менен гана эмес, анын табигый көбөйүп-өсүшүнөн да келип чыккан.

Кыргыз Республикасына калктын көбүрөөк көчүп келишине Улуу Ата Мекендик согуштун убагында өлкөнүн борбордук райондорунан өнөр жай ишканаларынын бул жакка көчүрүлүп келиши жана согуштан кийинки мезгилде жаңы курулуштун кеңири жайылтылышы шарт түзгөн. Мунун натыйжасында Кыргыз ССРинин чектеринде кыргыздардын санынын 11 %ке абсолюттук көбөйүшү менен, республиканын бардык калкынын ичинде алардын салыштырма салмагы 1939-жылдагы 52%тен 1959-жылдагы 40,5 %ке чейин азайды.

Кыргыздар жайгашкан Кыргыз ССРинин чегиндеги жана анын чегинен тышкаркы зор мейкиндик тоо өлкөсү болуп саналат, аны Тянь-Шань жана Памир-Алай системасынын жана Гиндукуштун бир бөлүгүнүн эң бийик тоо кыркалары кесип өтөт.

СССРдин аймагында жашаган кыргыздардын саны 1926-жылы 762,7 миң, ал эми 1939-жылы 884,3 миң адамга жеткен. 1959-жылдагы эл каттоонун маалыматтары боюнча СССРдеги кыргыздардын саны 968,7 миң адамды түзгөн. Совет бийлигинин жылдары ичинде СССРде кыргыз калкынын зор өсүшү 1917-жылга таандык болгон маалыматтар менен салыштыруудан көрүнүп турат, буга ылайык 1917-жылдын алдында кыргыздардын саны 670—680 миң адам болгон.

Кыргыз калкынын басымдуу көпчүлүгү (836,8 миң адам же 86,4%) Кыргыз республикасынын чектеринде жашайт. Республиканын кыргыз калкынын арасында аздыр-көптүр чогуу орустар (623,6 миң адам) жана украиндер (137 миң адам) жашайт. Алардын кыштактары Чүй жана Талас өрөөндөрүндө, Ысык-Көл ойдуңунда жана Ош областынын кээ бир райондорунда жайгашкан. Өзбек ССРи менен чектеш айылдык райондордо жана Ош областынын шаарларында бир кыйла көп сандаган өзбектер (218,6 миң адам) жашайт. Мындан тышкары, Кыргыз ССРинде татарлар (56,3 миң адам), казактар (20,1 миң адам), тажиктер (15,2 миң адам), уйгурлар (13,8 миң адам), дунгандар (11,1 миң адам), немистер (39,9 миң адам), чечендер жана башкалар жашайт. Мына ошентип, Кыргызстан көп улуттуу республика болуп саналат.

Кыргыздар ошондой эле жогоруда аталган коңшулаш республикалардын аймактарында жашашат: 92,7 миң адам Өзбек ССРинде (негизинен Фергана жана Анжиян областтарында), 25,6 миң адам Тажик ССРинде, көбүнчө Жерге- Тал районунун чектеринде (Каратегинде) жана Тоолуу-Бадахшан автономиялуу областынын Мургап районунда — ээн жаткан бийик бөксө тоо болуп эсептелген чыгыш Памирде жашайт, 6,8 миң адам Казак ССРинде жана 0,2 миң адам Түркмөн ССРинде жашайт.

Колдо болгон маалыматтар XVIII—XIX кылымдарда кыргыздардын жайгашуусу азыркы убактагыдан бир аз айырмалангандыгы жөнүндө далилдеп отурат. Алар батышта бир кыйла ары таркалган. Маселен, тажик тарыхын изилдөөчүлөр чогулткан маалыматтар боюнча 200—300 жыл илгери бүткүл Каратегинде (азыркы убактагы Тажик ССРинин аймагында) кыргыздар жыш жашаган, бирок кийин алар тажиктер тарабынан бара-бара кысылып чыгарылып, Алай (Кыргыз ССРинин азыркы убактагы Алай району) өрөөнү менен коңшулаш жайгашкан Каратегиндин чыгыш бөлүгүндө гана калган. Кийинчерээк бул районго да тажиктердин көчүп келүү процесси жүргөн. XIX кылымдын үчүнчү чейрегинде кыргыздардын чакан тобу али Зеравшан өрөөнүндө жашаган:

Самарканд аймагында кыргыздардын саны 665 адамга, Катта-Коргон аймагында 372 түтүн, Ургут түмөнүндө (болуштугунда) 17 түтүн адамга жеткен.

XIX кылымдын акырында Зеравшан өрөөнүнүн Бухара бөлүгүндө «кыргыз» деп аталган 20 кыштак жана алты арык болгон. Мурда Зеравшан өрөөнүндө жашаган кыргыздардын түздөн-түз тукумдары деп Бухара, Гиждуван, Кермин жана Шахрисяб уезддеринин тургундарын эсептөө керек, алар 1924-жылы өздөрүн өзбектердин кыргыз уруусуна таандык кылышкан. Бул кыргыздардын саны 5600 адамга жеткен.

Кыргыздардын бул райондорго карай жылышы бир кыйла илгерки убакта XVII—XVIII кылымдарда болуп өткөн саясий жана согуш окуяларына байланыштуу болгон. Андан ары кыргыздардын бир кыйла бөлүгү бул жерге отурукташып калып, айланадагы отурукташкан калктын таасирине дуушар болуп, андан кийин өздөрүн өзбектерге таандык кылып калышкан.

СССРдин чегинен тышкары кыргыздар негизинен Кытай Эл Республикасынын Синьцзан-Уйгур автономиялуу районунда жашашат. Бул жерде 50 миң чамасында кыргыз Кызыл-Суу Кыргыз автономиялуу округу, Иле

(Казак) автономиялуу округунун Кызыл-Курэ (Текес) уездинде Көк-Терек кыргыз району жана Монгол-Курэ (Чжаосу) уездинде кыргыз болуштугу жайгашкан. 1953-жылдагы эл каттоо боюнча, бардыгы болуп КЭРда кыргыздардын саны 71 миң болгон. 25 миңге жакын кыргыздар Чоң жана Кичи Памирдин чектеринде, Ооганстандын Бадахшан областындагы Гиндукуштун боорлорунда көчүп жүрүшөт, бир аз сандагы тобу советтик Памирге жакын Пакистандын тоолуу аймактарында жашайт. Өзүнүн теги боюнча кыргыздар менен тыкыс байланыштагы хотондор деген ат менен белгилүү түрк тилиндеги чакан этностук топтун (бирок өтө монголдошуп кеткен) Улангом районунда жана Убса дарыясында (Монгол Эл Республикасынын түндүк-батыш бөлүгү) бир канча жүз түтүнү жашайт.

Жакынкы өткөн убакта эле кыргыздарда уруу-уруктук бөлүнүү сакталып калган, бирок уруулук айырмачылык кескин байкалган эмес, көбүрөөк даражада турмуш-тиричиликтин кээ бир бөтөнчөлүктөрү ири аймактык топторго мүнөздүү болгон. Маселен Фергана ойдуңунда, ага тутумдаш жаткан тоо кыркаларында жана чыгыш Памирде жашаган кыргыздар башка кыргыздардан белгилүү даражада айырмаланып турушат. Бул кыргыздарды Тянь-Шанда, Ысык-Көлдүн жээгинде, Чүй жана Талас дарыяларынын өрөөндөрүндө жашаган түндүк кыргыздардан айырмалап шарттуу түрдө түштүк кыргыздар деп атап калышкан.

Ошол эле убакта кыргыздардын арасында кыргыздарга таандык болушса да, бирок кээ бир маалыматтар боюнча башка тектеги бир канча топтор бар. Маселен, аларга күркүрөө (Киров районунда 100 үй-бүлөдөн ашуун), күрөң (Тянь-Шань областынын Ат-Башы жана Нарын райондорунда 60—70 үй-бүлө), калча (бир канча ондогон үй-бүлө) жана башка аттагы топтор таандык. Мурда бул же тигил кыргыз уруктарына кирген калмак тегиндеги чакан топтор — калмактар өздөрүн кыргыздарга кошот. Алар Чүй өрөөнүнүн жана Тянь- Шань областынын кээ бир пункттарында жашашат жана 100 үй-бүлөдөн бир аз ашат.

Октябрь Революциясына чейин Ысык-Көлдүн жээгиндеги кыргыз калкынын арасында бир канча бөтөнчөлөнгөн абалды калмактардын тобу ээлеп турган, ал топ сарт-калмак деген ат менен белгилүү. Ал турмуш-тиричиликте жана эне тили жагынан кээ бир этнографиялык бөтөнчөлүктөрүн сактап калган. Сарт-калмактардын ата бабасы Каракол шаарынын айланасына 1884- жылы келип отурукташкан. Кийинчерээк бул топтун тутумуна ар башка урууларагы кыргыздар

да кирип кеткен. Башка калмактардан бул этнографиялык топ негизинен ислам динин туткандыгы менен айырмаланган. Азыркы убакта сарт-калмактардын көпчүлүгү өздөрүн кыргыздар деп эсептешет жана чындыгында алар айланадагы кыргыз калкына кошулуп кеткен. Сарт-калмактар негизинен Каракол районундагы Бөрү-Баш жана Челпек кыштактарында жашайт. 1959-жылдагы эл каттоонун маалыматтары боюнча алардын саны Кыргызстанда 2,4 миң адамга жеткен, мында 1845 адам өздөрүнүн эне тили катары кыргыз тилин аташкан.

Фрунзе шаарынын батыш бөлүгүндө (мурунку Кызыл Аскер кыштагы) жана Талас өрөөнүнүн кээ бир пункттарында жашаган чала-казак деген аттагы аралаш этнографиялык топ да өздөрүн кыргыздарга таандык кылышат.

Кыргыз тили түрк тилдеринин түндүк-батыш тобуна таандык. 1959-жылдагы бүткүл союздук эл каттоонун убагында СССРде жашаган кыргыздардын 98,7%и өздөрүнүн эне тили деп кыргыз тилин аташкан.

Антропологиялык жагынан кыргыздар жалпысынан казактардан аз айырмаланат. Бирок кыргыздардын көп сандаган ар башка аймактык жана этнографиялык топторун тыкандык менен изилдегенде, аларды казактар, Орто Азиянын башка элдери, ошондой эле алтайлыктар менен тыкандык менен салыштырганда борбордук азиялык монголоиддик элемент казактардын составына караганда көбүрөөк көлөмдө кыргыздардын составына кире тургандыгын белгилөөгө мүмкүндүк болду. Бирок, буга карабастан, кыргыздар баары бир түштүк алтайлыктардан да жана буряттардан да бир аз айырмаланат жана алтайлыктар менен казактардын ортосунда орто аралык абалды ээлеп турат.

Казактардан айырмаланып, кыргыздардын антропологиялык тибинде аймактык айырмачылык кыргыздарда баары бир байкалат. Ысык-Көлдө, Тянь-Шанда жана Алайдагы кээ бир топтордо борбордук азиялык монголоиддик типтин бөтөнчөлүктөрү Чүй, Талас жана Фергана өрөөндөрдөгүгө караганда бир кыйла так байкалат. Бирок, кыргыздардын арасында монголоиддик бөтөнчөлүктүн байкалышынын аздыгы кара көздөрдүн үлүшүнүн азайышы менен коштолбогондугу кызык, бирок бир аз даражада беттин жазылыгынын жана баштын өлчөмүнүн кичирейиши менен байланыштуу. Бул казактардын составынан байкоого мүмкүн болбогон орто азиялык дарыялар аралык тип кыргыздардын составында дегени менен бар экендиги жөнүндө, бирок анын катышуусунун үлүшү өтө аз экендиги жөнүндө далилдеп турат.

Мына ошентип, кыргыздардын составында борбордук азиялык монголоиддик тип басымдуу болуп саналат. Сөзсүз европеиддик элементтердин аралашмасы да бар, анын үстүнө, кыязы, кыргыздардын составына Орто Азиянын эки европеиддик элементи: казактардын составында болгон андроново элементи жана орто азиялык дарыялар аралыгынын тажик-өзбек тибинин негизин түзгөн памирдик элемент кирген.

## *ТАРЫХЫЙ МААЛЫМАТТАР*

В. В. Бартольддун пикири боюнча, Орто Азиянын эң байыркы элдеринин катарына таандык болгон кыргыз элинин келип чыгышы жөнүндө маселе СССРдин тарых намэсинде эң татаалдардын катарына кирет. Аны орус жана батыш европалык адабиятта бир жарым кылымга жакын убактан бери талкуулап келатышат. Бул маселенин татаалдыгы тарыхый булактарда кыргыз деген наамды алып жүргөн эки этностук коомдордун: Түштүк Сибирде — Енисейде

жана Орто Азиянын чыгыш бөлүгүндө — Тянь-Шандын жана Памир-Алайдын тоолорунда болгондугун күбөлөндүргөндүгүндө турат.

Бир канча убактар бою Енисей кыргыздарынын тарыхына башкы көңүл бурулуп келген, алар орустарга XVII кылымда белгилүү болгон. Орто Азияда жашаган кыргыздар жөнүндө жеткиликтүү маалыматты келтирген биринчи орус окумуштуусу П. И. Рычков болгон, ал 1740-жылдын акырында «Татарлар жөнүндө жана Европада татар деген ат менен түшүнүлгөн элдердин азыркы абалы жөнүндө кыскача кабарлар» деген изилдөөнү жазган. 1749-жылы бул кол жазма В. Н. Татищевге анын тарыхый эмгектери үчүн материал катары жиберилген. Рычков кыргыздарга «кыргыз-кайсактардан» же «казактардан» айырмалап, оригиналдуу кыскача мүнөздөмө берген.

Анын «алатай кыргыздары» деген изилдөөсүндө «көчмөн жана күчтүү эл» катары сүрөттөлөт, ал «Ташкенттен ары, Чоң кайсак ордосунан беш же алты күндүк аралыкта Хожент, Найматан (Наманган. — Ред.) жана Мараталан (Маргалан. — Ред.) шаарларынын айланасында аскалуу жана жете алгыс тоолордо көчүп жүрүшөт. Ал тоолор Ала Тау деп аталат (ошондуктан эли да

ушундай деп аталат), зюнгар ээликтери менен жана Сыр-Дарыянын ортосунда Балхаш жана Коркур деп аталаган өрөөндөрдө жашашат. Алардын кээ бир бөлүгү зюнгарлардын жанында турат, башкалары — бөтөн жашайт, алар көп учурда Зюнгардык калмактар менен согушуп турат. Аларды согушка жыйырмадан отуз миң адамга чейин чогултушат». Кыргыздардын арасында ушул убакка чейин ала-тоолук кыргыздар аты сакталып калгандыгы мүнөздүү. Кийинчерээк жарыяланган эмгегинде П. И. Рычков кыргыздарга өзүнүн мүнөздөмөсүн толуктаган: «... алар согушка отуз миңге жакындан ашуун эмес чогулушса да, алардын турак-жайынын кырдаалы боюнча зюнгардыктар жана жергиликтүү кожоюндардан эч кимиси аларды жеңе албайт»[1].

Ошол эле убакта Сибирде жана Орто Азияда «кыргыз» деген этнонимдин болушу бул этнонимдин ээлеринин жалпы теги жана туугандыгы жөнүндө ой туудурду. 1820-жылдан тартып бул багытта ар кандай гипотезалар айтыла баштаган. Н. Я. Бичурин (Иакинф) өзүнүн көз карашын негиздөө менен чыкты, буга ылайык тяньшандык кыргыздардын өз алдынча теги бар. Ал енисейлик жана тяныпандык кыргыздардын этностук жалпылыгын коргогон И. Э. Фишер жана А. И. Левшин менен талашкан. Кыргыздардын келип чыгышы жөнүндө маселени иштеп чыгууга казак окумуштуусу Чокон Валиханов зор салым кошкон. Анын көз караштарында карама-каршылыктар бар, бирок баары бир ал кыргыздар Тянь-Шандын жана Ферганага тутумдаш областтардын аборигендери болуп санала тургандыгы жөнүндө ойду жакын тутат. Ал кыргыздардын көчмөн жолу Алтайга жана Хангайга чейин созулуп, алар ал жакка жайкы жайлоолорго көчүп барып турушкан[2]. Кыргыздардын көчүшү жөнүндө концепция менен биринчи жолу В. В. Радлов чыккан. Ал кыргыздар X кылымда өздөрүнүн Енисейдеги мамлекеттүүлүгүнүн гүлдөшүнүн мезгилинде Тянь-Шанга көчүп келген деген божомолду айткан. Кийинчерээк башка изилдөөчүлөр да бул концепцияны колдошуп, енисейлик кыргыздар кийинчерээк, моңголдук жеңип алуулардын мезгилинде (XIII к.) көчүп келиши мүмкүн деп эсептешкен.

Тяньшандык кыргыздардын келип чыгышынын жаңы, бирок өтө аз негизделген гипотеза менен Н. А. Аристов чыккан, ал байыркы кыргыздарды усундар менен окшоштурган.

Тутумуна азыркы убактагы Кыргызстандын бир кыйла бөлүгү кирген Жети-Суунун тарыхына арналган кат жүзүндөгү булактарга негизденген эмгегинде В.

В. Бартольд XVI кылымдын ортосунда фарс тилинде жазылган Мухамед Хайдер Дуглаттын «Тарихи Рашиди» деген чыгармасын кеңири пайдаланган, анда кыргыздардын Тянь-Шанда болушу жөнүндө алгачкы туура маалыматтар камтылган. В. В. Бартольд X кылымда кыргыздардын бул жерде бир аз пайда болушунун мүмкүнчүлүгүнө жол берсе да, «кыргыздардын негизги массасы Жети-Сууга бир кыйла кийин көчүп келген»[3] деген тыянакка келет.

Кыргыз элинин келип чыгышынын проблемасын чечүү үчүн окумуштуулар жазма булактарды, өзгөчө кытай булактарын, ошондой эле элдик уламыштарды жана этнонимиканын маалыматтарын пайдаланышкан. Ошондой болсо да революцияга чейинки адабиятта бул проблема чечилген эмес. Муну баарыдан мурда булактардын чектелүү экендиги менен жана аларда ири кемчиликтердин болушу менен, ошондой эле, тутумдаш илимдердин маалыматтарын жетиштүү эске албагандык менен түшүндүрүүгө болот. Совет мезгилинде гана кыргыз элинин этногенезинин проблемасын чечүүнү бекем илимий негизге коюуга мүмкүнчүлүк болду. Алгачкы ири салым 1927-жылы акад. В. В. Бартольддун «Кыргыздар»[4] деген эмгегинин басылып чыгышы болду, ал эмгек Кыргыз автономиялуу областынын илимий борборунун өтүнүчү боюнча жазылган болучу. Бул эмгегинде В. В. Бартольд кыргыздар жөнүндө ошол убакта белгилүү болгон бардык жазма жана адабий булактарды жалпылаган.

Анын билдиргенине караганда, енисейлик кыргыздар жөнүндө мезгили боюнча биринчи кабар б.з.ч. 201-жылы түндүктөгү Гэ-гунь падышачылыгын гунндардын багындырып алгандыгы жөнүндө кытай тарыхчысы Сым Цяндын эмгегинде эске алынгандыгы болуп саналат. Кийинчерээк «гянь-гунь» же «цянь-кунь» түрүндө жолуккан «гэ-гунь» деген атты кээ бир тарыхчылар «кыргыз» деген ат менен окшоштурушкан.

Синолог Пемьонун пикири боюнча, гянь-гунь — жекелик түрдө моңголчо жазылышы жана кыркун деп окулууга тийиш. Көп сандаган булактарды талдоонун негизинде советтик окумуштуу Ю. А. Зуев «кыркун» деген термин (кытай летопистеринде цзянь-кунь) түрк тилиндеги гунндук этноско таандык болгон деген тыянакка келген, «кыргыз» деген этнонимдин пайда болушун ал гунн уруулук түзүлүшүнүн бытырап кетиши менен байланыштырат жана V—VI кылымдарга таандык кылат.

Гянь-гунь өлкөсү адегенде, кыязы, азыркы убактагы түндүк-батыш Монголиянын чектеринде, азыркы Кыргыз-Нор көлү жайгашкан жерде болсо керек. Гунндардын жортуулунун убагында гянь-гундар түндүккө карай Минусинск (Миң-Суу) ойдуңуна (Енисей дарыясынын бассейни») сүрүлгөн болучу, ал жерде анда жашаган динлиндер менен аралашып кеткен. Байыркы кыргыздардын этногенезинин процесси башталган чектерде эң байыркы аймактык уруулук коом катары С. П. Толстов[5] дал ошол динлиндик уруулар союзун эсептейт.

Кытайдын Тан династиясынын тарыхынан — «Тан-Шудан» (618—907-жылдар) б.з.ч. 99-жылы гунндарга кызматка өткөн кытай кол башчысы Ли-лин алардан Хягас өлкөсүн (Тан династиясынын убагында «кыргыз» деген этнонимди ушундай жазышкан) ээликке алгандыгы белгилүү.

Азиянын кеңири мейкиндиктеринде ту-кю деген ат менен белгилүү болгон түркий тилиндеги уруулардын VI кылымда пайда болушун сүрөттөөгө байланыштуу «Тан-Шу» 638-жылы Гэ-гу элинин («кыргыз» этнониминин транскрипцияларынын бири) батыш түрктүк аким Ду-луга баш ийгендиги жөнүндө кабарлайт. Кыязы, Хягас өлкөсүнүн экинчи бөлүгү ошол эле убакта

Чыгыш Монголияда үстөмдүк кылган түрктөрдүн чыгыш тармагына көз карандылыкта болсо керек. Ушул мезгил үчүн булактар кыргыз урууларынын арасында төбөлдөрдүн, мүлктүк жактан теңсиздиктин, таптык күрөштүн бар экендигин белгилешет.

Байыркы кыргыздар жөнүндө кээ бир маалыматтар енисейлик кыргыз жана орхон деген ат менен белгилүү (Енисейде жана Селенганын куймасы Орхондо табылган) байыркы түрк таш жазуу эстеликтериндеги эпитафияларда камтылган. Аларда, атап айтканда, чыгыш түрк акими — каганы кыргыздар менен күрөш жүргүзгөндүгү тууралуу айтылган. Күрөш түрк-огуздардын дээрлик толук жеңилишине чейин жана алардын ээликтеринин уйгурларга (745-ж.) өткөнгө чейин улантылган. Бул убакыттын ичинде кыргыздар Кытай менен тыгыз мамиледе болгон, кытайларга бир канча жолу элчилик- терди жиберишип, түрктөргө каршы күрөштө алар менен коалицияга кирген. Кыргыз уруулары жашаган мейкиндик бул мезгилде Жогорку Енисейден Байкалга чейин созулган. Алардын өлкөсүнүн түштүк чек арасы Чыгыш Түркстанга жеткен.

Кыргыздар менен бир катар кагылышуулардан кийин уйгурлар 758-жылы кыргыз урууларын багындыра алышты. Бирок андан кийин да кыргыздар уйгурларга каршылык көрсөтүүсүн уланта беришкен. 840-жылы кыргыз феодалдарынын уйгур феодалдары менен күрөшү уйгурлардын талкаланышы жана алардын Орхондогу борборун алуу менен аяктаган. Уйгурлардын бир бөлүгү кыргыздарга баш ийип, экинчи бөлүгү түштүккө ооп кеткен. Бул мезгилде жана андан кийин да кыргыздардын коңшулары жана бирликтештери катары карлуктар VIII кылымдын экинчи жарымынан тартып, дээрлик X кылымдын ортосуна чейин Тянь-Шандын түндүк бөлүгүндө үстөмдүк абалды ээлеп турган уруу дайыма эске алынат.

Айтылып жаткан мезгилде (VII—IX кк.), Кытай санжырасы билдиргенине караганда, кыргыз уруулары малчылык менен иш жүргүзбөстөн, аңчылык жана дыйканчылык менен да кесиптенишкен. Алар бодо мал, кой, жылкы жана төө өстүрүшкөн, маралдарга, багыштарга, эликтерге аңчылык кылышкан. Таруу, арпа, буудай эгишкен. Алардын өздөрүнүн металл өндүрүшү болгон, боз үйлөрдө жашап, көбүнчө эт жана кымыз менен тамактанышкан, тон, кийиз калпак кийишкен. Аялдар жүндөн жана жибектен токулган кийим кийишкен. Кыргыздардын ажо деп аталган жетекчисинин үйүнүн алдында туу сайылып турган. Аскерлер бардык кыргыз урууларынан чогултулган. Согушта жаа жана жебе пайдаланылган. Жебеден жана кылычтан сактануу үчүн бут, кол жана ийин чакан жыгач калканчтар менен жабылган. Кыргыздарга баш ийген уруулар суусарлардын жана тыйын чычкандардын терилери менен салык төлөшкөн. Кыргыздардын өздөрүнүн жазуусу болгон. Убакытты эсептөө он эки жылдык жаныбарлар цикли боюнча жүргүзүлгөн. Дини боюнча кыргыздар шамандар болгон; өлгөндөрдү өрттөшүп, андан калган сөөктү бир жылдан кийин жерге көмүшкөн.

Кыргыздар жөнүндө кытай маалыматтары IX—XI кылымдардагы фарс тилиндеги жана араб тилиндеги булактар менен толукталат. Аларда кыргыздар малы менен кошо көчүп жүргөндүгү, аларда кыштак да, шаар да жок экендиги, алар таруу, күрүч жана ар кандай эт менен (төөнүкүнөн башкасы) тамактана тургандыгы айтылган. Отко жана Сатурн менен Чолпон жылдыздарына сыйынгандыгы жөнүндө, үйдө кудайга сыйынуу жана табынуу бар экендиги, мындай сыйынганда түштүккө карап сыйынгандыгы жөнүндө, аларда жылына үч майрам бар экендиги жөнүндө маалыматтар келтирилет.

Кыязы, кыргыздар маданий өнүгүшүнүн даражасы боюнча өзүнүн түндүктөгү жана чыгыштагы коңшуларынан жогору турган.

Уйгурларды жеңип чыккандан кийин, аскердик-феодалдык төбөлдөр башчылык кылган кыргыз уруулары түштүк-чыгышты көздөй жылып, Монголиянын аймагын ээлеп алышкан. Алардын таасири батыш Тянь-Шанга чейин таркаган. Алар Кытайдын Тан династиясы менен достук мамилелерди күтүүнү улантышып, Кытайга элчиликтерди жөнөтүп турушкан, тибеттиктер, карлуктар жана арабдар менен соода жүргүзүшкөн. Кыязы, алар Чыгыш Түркстанда жашап калган уйгурлар менен да ынтымакка жетишкен, уйгурлардан аларга кербендер келип турган. Кыргыздардын өлкөсүнөн мусулман өлкөлөрүндө жогору бааланган көп мускус жана аң терилери, ошондой эле кайың жыгачы жана мүйүз ташылып чыгып турган.

Башында кыргыз урууларынын төбөлдөрү турган аскердик-саясии бирикменин борбору Минусинск ойдуңу жана азыркы убакта Тува АССРи ээлеп турган аймак болгон. Ал убактагы Кыргыз мамлекети эрте феодалдык мамилелердин үстөмдүгү менен мүнөздөлгөн. Кыргыз урууларынын аскердик-административдик бирикмеси үчүн патриархалдык-уруулук түзүлүштүн жана уруулук байланыштардын күчтүү калдыктары али өтө мүнөздүү болгон. Ошону менен бирге бул кыргыздардын саясий кубаттуулугунун эң жогору гүлдөшүнүн мезгили болгон.

Х кылымдын башында Монголияда кыргыз урууларынын убактылуу үстөмдүгү аяктап, ал кидандарга (же кара-кытайларга) өткөн, алар 924-жылы Түндүк Кытайдан Монголияга жортуул жасашкан. Кыргыз урууларынын бир бөлүгү, кыязы, Монголиядагы кара-кытайларда калса керек. Бирок бир канча кийинки жүз жылдыктардын ичинде булактар негизинен кыргыздардын Енисейде, Саян тоо кыркасынын түндүк жагында болушу жөнүндө эскерет.

Чынгыс-хан көтөрүлгөндөн жана ал Монголия менен Орто Азияны жеңип алгандан кийин коңшу өлкөлөрдүн саясий турмушунда кыргыздардын ролу бир канча өскөн. 1207-жылы Чыңгыз-хан кыргыздарга баш ийип берүү талабы менен элчилерди жиберген. Бирок кыргыз жолбашчылары каршылык көрсөтүп, ал эми 1218-жылы моңголдорго каршы согуш баштаган. Чынгыз-хан кыргыздарга каршы өзүнүн улуу баласы Жучинин башчылыгы астында аскерлерди жиберүүгө аргасыз болгон. Кыргыздардын өлкөсү Кытай жана Монголия менен бирге Чынгыз-хандын кенже уулу Тулуйдун ээликтеринин тутумуна кирген. Монголдук жеңип алууларга кыргыздар, кыязы, катышпаса керек.

XIV жана XV кылымдардагы кыргыздардын тагдыры жөнүндө көбүнчө монголдук, бир аз фарс тилиндеги булактарда өтө аз маалыматтар гана бар. Кыргыздар жөнүндө жаңы маалыматтар XVI кылымдын башындагы окуяларда пайда болгон, бирок жогоруда айтып кеткендей, бул маалыматтар Тянь- Шандын чектеринде жашап жаткан кыргыздарга гана таандык.

Азыр кыргыздар жашап жаткан аймактын көпчүлүк бөлүгү XVI кылымда Моголстан деп аталган өлкөнүн тутумуна кирген. Жогоруда айтылган «Тарихи Рашиди» деген эмгекте монголдук Ахмед хандын мураскорлорунун ортосунда 1503—1504-жылдарда болуп өткөн өз ара кагылыштарды сүрөттөөдө кыргыздар эске алынат, аларды касташкан тараптар Моголстанда болуп жаткан козголоңдордун күнөөкөрлөрү деп табышып, анын көпчүлүк бөлүгүн кырып салышкан. Тирүү калгандарына Ысык-Көлдүн түштүк жагына көчүп кетүүгө уруксат берилген. 1514-жылы Мухаммед деген кыргыз Кашкарияны жеңип алууда моңголдун ханы Султан Саид-ханга зор кызмат көрсөтүп, бул үчүн сыйлык

алып, Моголстанга жөнөтүлгөн, ал жерде ага бардык кыргыздар баш ийген. 1524-жылы кыргыздардын өлкөсүнө казактардын ханы Тахир келип, ага кыргыздардын көпчүлүк бөлүгү кошулган. Бир канча убакыт бою кыргыздар менен казактардын жалпы хандары болуп, бирок кийин өз алдынча бөлүнүшкөн. 1558-жылы кыргыздар жана казактар бирдиктүү саясий бүтүндүктү түзбөй калышкан. XVI кылым бүт бойдон жана дээрлик бүткүл XVII кылымда кыргыз калкынын бейкут турмушу үзгүлтүксүз бузулуп турган. Эмгекчилерге моголстандык хандардын эзүүсүнө каршы, андан кийин өз жерлерине каптап кирип келген калмак, өзбек жана башка хандар менен феодалдарга каршы күрөш жүргүзүүгө туура келген. Көп учурда кыргыз феодалдары да каракчылык жортуулдарды жасап, өздөрүнүн урукташтарын аларга катышууга аргасыз кылышкан. Кыргыз жоокерлеринин эрдигин ал түгүл душмандар мойнуна алышкан. Бекеринен замандаштары кыргыздарды Моголстандын «жапайы арстандары» деп аташкан эмес. Бул мезгилде кыргыздарды айрым жетекчилери (атап айтканда, жогоруда айтылган Мухаммед) ислам динин тутушканы менен мусулмандар деп эсептешкен эмес. Ошол убактагы сүрөттөөлөр боюнча кыргыздар адам жетүүгө кыйын болгон жерлерде жашашкан; душмандар кол салган учурда алар өз үй-бүлөлөрүн тоолордун түпкүрүнө жиберишип, өздөрү өткөөлдөрдү коргоп турушкан.

Енисейлик жана тяньшандык кыргыздардын тарыхына кыскача баяндама бергенден кийин кыргыздар Тянь-Шанда кандайча жана качан пайда болгондугу жөнүндө, алардын енисейлик кыргыздарга кандай мамилеси бар жана акыркылардын Тянь-Шанга көчүп келиши болгондугу же болбогондугу жөнүндөгү маселеге кайрадан кайрылып келүү туура болоор.

Бул маселелерди чечүүгө А. Н. Бернштам көп күч жумшаган. Азыркы кыргыз элинин келип чыгышы жагынан анын гипотезасы өз убагында Аристов менен Радлов көтөрүп чыккан жоболорду андан ары өнүктүрүүгө негизделген. А. Н. Бернштам кыргыздардын Тянь-Шанда пайда болушун бул жакка енисейлик кыргыздардын көчүп келишинин натыйжасы катары караган, ал көчүп келүү бир канча этап менен болгон: башында Чжи-Чжи шаңыя турган түндүк гунндардын кыймылынын убагында (б.з.ч. 49-жылдан баштап), Батыш- Түрк каганатынын жашаган мезгилинде, бирок негизинен IX—X кылымдарда, енисейлик кыргыздардын саясий жактан жогорулашынын мезгилинде болгон[6]. А. Н. Бернштам өзүнүн гипотезасынын негизине жазма булактарды (кытай санжырасын жана чыгыш авторлорунун чыгармаларын), ошондой эле Тянь-Шандын Саян-Алтай менен байланыштары жөнүндө көрсөткөн археологиялык материалдарды койгон.

Кээ бир булактар кыргыздардын моңголдорго чейинки мезгилде Тянь- Шань менен түздөн-түз кошуналыгы жөнүндө эскерүүлөрдү камтыйт. Маселен, X кылымдагы аты көрсөтүлбөгөн фарс тилиндеги булакта («Худуд ал-Алем») кыргыздар жөнүндө жана Тянь-Шандын түндүк жагындагы Кыркыз-хандын шаары жөнүндө эскерет. Ушул сыяктуу көрсөтмөлөр Истахриде (X к.), Бекранда (XIII к.) бар. Бирок бул жана башка булактардын маалыматтары анчалык так эмес жана бир катар кыйыр фактылар көрсөтүп турса да кыргыздар XV—XVI кылымдарга чейин бул жерде жашагандыгын ишенимдүү түрдө ырастоого мүмкүндүк бербейт. Хягас өлкөсүнүн, б.а. кыргыздардын бир бөлүгү VII кылымда эле түндүк Тянь-Шанды ээлеп турган батыш түрктөрүнүн ээлик- теринин тутумуна кирген; IX кылымда енисейлик кыргыздар карлуктардын кошуналары

болгон жана алар менен, Тянь-Шандын аймагын ээлеп турган башка уруулар менен жандуу катнаштарда болгон.

А. Н. Бернштам сунуш кылган гипотеза көп тарапкерлерге ээ болду, бирок анда начар жерлери болуп жетиштүү негиздүү далилдер жок болгон. Бул проблеманы коллективдүү күч аракеттер менен чечүүнүн зарылчылыгы бышып жетти.

Кыргыз элинин келип чыгышы жөнүндө маселе Кыргызстандын илимий коомчулугу тарабынан зор кызыкчылык туудуруп келген жана туудуруп жатат. Бул маселе боюнча колдо болгон булактардын толук эместигин эске алып жана советтик илим иштеп чыккан комплекстүү ыкмага негизделген кыргыз элинин этногенезинин проблемасын туура чечүүгө зор маани берип, СССР Илимдер Академиясынын Кыргыз филиалы (азыр Кыргыз ССРинин Илимдер Академиясы) СССР Илимдер Академиясынын Этнография институту жана Материалдык маданияттын тарых институту менен бирдикте 1953—1955-жылдарда Кыргыз комплекстүү археологиялык-этнографиялык экспедициясын уюштурган болучу, анын тутумунда археологиялык, антропологиялык, этнографиялык, картографиялык отряддар иштеди. Экспедициянын талаа жумуштары аяктагандан кийин 1956-жылы Фрунзе шаарында кыргыз элинин этногенези боюнча илимий сессия чакырылып, бул проблеманы изилдөөлөрдүн жыйынтыгы чыгарылды жана аны чечүүнүн негизги жолдору белгиленди.

Сессияны өткөргөнгө чейин эле кыргыз элинин этногенезинде борбордук азиялык жана жергиликтүү, орто азиялык этникалык элементтер да катышкан деген пикир туулган эле. Бирок булардын жана башкалардын салыштырма салмагын аныктоо жана азыркы аймакта борбордук Азиядан келгендердин пайда болушунун хронологиялык чектерин белгилөө зарыл болучу.

Кыргыз комплекстүү экспедициясы чогулткан материалдардын жана башка изилдөөлөрдүн, ошондой эле жогоруда айтылган илимий сессияда кыргыз этногенезинин проблемасын кеңири талкуулоонун негизинде ар түрдүү илимий багыттардын өкүлдөрү тарабынан кыргыз элинин негизги уюткусун же жок эле дегенде анын тутумуна кирген негизги компоненттердин биринин борбордук азиялык теги бар экендиги белгиленди[7].

Г. Ф. Дебецтин жетекчилиги астында жүргүзүлгөн антропологиялык изилдөөлөр борбордук азиялык антропологиялык тип, казактарды кошуп албаганда, Орто Азиянын ар кандай башка элинин составында көбүрөөк өлчөмдө кире тургандыгын көрсөттү. Мында Кыргызстандын калкынын составында монголоиддик элементтин салыштырма салмагы б.з. I миң жылдыгында азыркы убакка караганда бир кыйла аз болгон. Палеоантропологиялык материалдар Кыргызстанда б.з. II миң жылдыгынын алгачкы кылымдарында борбордук азиялык тектин монголоиддик элементинин үлүшүнүн кескин жогорулагандыгы тууралуу далилдеп отурат. Бул маалыматтар дал ушул убакта өзүнүн этногенетикалык натыйжалары боюнча бир кыйла тарыхый окуялар болуп өткөндүгүгө жөнүндө тыянакка алып келет.

Кыргыз этногенезинин проблемасын чечүү үчүн тилдин маалыматтары олуттуу мааниге ээ болот. Бир катар эң маанилүү классификациялык белгилери боюнча кыргыз тили тоолуу-алтай тилине бир кыйла жакын экендиги белгилүү. Бул тилдерди бириктирип турган белгилер бирдиктүү тилдин негизинде жана кыргыздар менен алтайлыктардын ата-бабалары үчүн жалпы аймактын чектеринде — Алтайда же Алтайга тутумдаш жерлерде гана келип чыгышы мүмкүн. Кыргыз тили кыргыздардын эң ири уруулук бирикмелеринин

ортосундагы бир кыйла ыркссыздыктын кырдаалында түзүлүшү мүмкүн, бул Тянь-Шандагы кыргыздар үчүн мүнөздүү болгон. Мына ушул бардык факторлордун негизинде кыргыз тилинин тарыхын изилдөө менен белгилүү кыргыз тилчиси Б. М. Юнусалиев кыргыздардын тилдик жалпылыгы кыргыздар азыр жашап жаткан жердин чегинен тышкары, көбүнчө андан чыгышыраак жакта түзүлүшү мүмкүн, анын үстүнө бул салыштырмалуу жакынкы убакта болушу мүмкүн, мунун өзү кыргыз тилинин азыркы убактагы диалекттеринде анчалык көп эмес ажырымдардын болушу менен ырасталышы мүмкүн деген тыянакка келген.

Мына ошентип, антропологдордун жана тилчилердин тыянактары бир-бирине өтө жакын болуп чыкты.

Кыргыз элинин этногенезинин проблемасын чечүүгө кеңири тартылган этнографиялык маалыматтар өтө маанилүү тыянактарды чыгарууга мүмкүндүк берди. Кыргыз элинин маданиятында, өзгөчө анын материалдык маданиятында анын Орто Азиянын жана Казакстандын башка элдери менен тыкыз байланыштары жөнүндө көптөгөн белгилер бар экендигине карабастан, бул маданияттын элементтеринин жалпылыгы салыштырмалуу кийинки көрүнүш катары каралууга тийиш экендигин моюнга алуу керек. Ошол эле убакта материалдык маданияттын, чарбасынын жана дүйнөгө көз карашынын ар түрлүү жактарына тийиштүү көп сандаган фактылар, ошондой эле этнонимика жана элдик уламыштар кыргыздардын Алтайдын, Иртыш боюнун, Монголиянын, Чыгыш Түркстандын, ошондой эле Тибетке тутумдаш райондордун элдери менен этногенетикалык байланыштары жөнүндө ынандырарлык далилдеп отурат.

Бул фактылар азыркы убактагы кыргыз урууларынын түзүлүшүнүн процесси түрк тилиндеги уруулардын базасында, негизинен чыгыш Тянь-Шан боюнун ага тутумдаш жаткан областтардын аймагында келип чыккандыгы жөнүндө жобону көтөрүп чыгууга мүмкүндүк берет, түрк тилиндеги уруулардын бир кыйла бөлүгү өзүнүн теги боюнча, кыязы, VI—X кылымдардагы түрк каганаттарынын жана мамлекеттеринин дооруңдагы урууларга барып такалат. Бир кыйла кийинки мезгилде кыргыз этногенезинин процессине моңгол тегиндеги кээ бир уруулар да кошулган. Кыргыздар жылып келген Орто Азиянын аймагында, кыязы, моңголдордон кийинки мезгилде бул жерде түзүлүп жаткан кыргыз элинин тутуму, бир жагынан казак-ногой элементтери менен, экинчи жактан — өзбектер жана бир аз бөлүгү тажиктер сыяктуу жергиликтүү, орто азиялык элементтер менен толукталган.

Мына ушуга байланыштуу азыркы убактагы Кыргызстандын аймагында, анын түштүк-батыш райондорунда отурукташкан ичкиликтер деп аталган татаал топ бир кыйла кызыкчылыкты туудурат. Бүтүндөй алганда этнографиянын жана тил илиминин акыркы маалыматтарынын негизинде бул топтун кыргыздарга жат экендиги жөнүндө бир канча жолу айтылган пикирлер четке кагылышы керек. Бирок бул топтун түзүлүшү ар кандай себептердин натыйжасында өзгөчө жолдор менен болуп өткөн. Орто Азияга көбүнчө Чыгыш Түркстандын аймагынан келген ичкиликтердин негизги уюткусунун пайда болушун кыргыздардын бир тобунун 1635—1636-жылдарда Каратегин аркылуу Гиссарга жылуусу менен байланыштырууга болот. Бирок бул жерде ичкиликтер жергиликтүү түрк тилиндеги калктын бир кыйла тобун өзүнө сиңирип алган. Мына ушундай ири топтордун бири жөнүндө өзүнүн мемуарларында өзбек султаны Бабур эске салып, аны чакрак (чограк, чегерак) деп атап, алар негизинен топоз багышкандыктарын белгилеп кеткен. Орто Азиянын чектеринде негизинен

топозду азыр да памир-алай кыргыздары — ичкиликтер өстүрө тургандыгы белгилүү. Ичкиликтердин этностук тутумунда болсо нойгут жана тейит урууларынын арасында «чогорок» деген этнонимди сактап калган чакан топтор аныкталган.

Эң акыркы убакта этнографтар менен тилчилер көтөрүп чыккан жобо ферганалык автор Сейфаддин Ахсикенди молдонун XVI кылымдын башталышы менен белгиленген «Мажму ат-таварих» («Тарыхтардын жыйнагы») деген тажик тилиндеги Ленинградда сакталып турган кол жазмасынын маалыматтарында ырасталды. Кол жазма А. Т. Тагиржанов тарабынан сүрөттөлүп, ал жана В. А. Ромодин тарабынан изилденген. Бул булакта XIX жана XX кылымдарда да белгилүү болгон кыргыздардын дээрлик бардык негизги урууларынын аттары келтирилген; мына ошентип, аларды кыргыз элин түзгөн эң байыркы этностук компоненттердин катарына таандык кылууга болот. Кол жазмада камтылган көрсөтмөлөрдүн негизинде XVI кылымдын башына карата кыргыздардын этникалык составы турукташууга үлгүргөн, ал эми мунун өзү кыргыздар XVI кылымда эле жашаган Тянь-Шандын жана Памир-Алайдын аймактарынын чегинен тышкары өтө алыс жерде болушу мүмкүн эмес эле деп эсептөөгө болот.

Көп сандаган маалыматтар көрсөтүп отургандай, енисейлик жана тянь-шандык кыргыздардын ортосундагы эзелтен берки генетикалык жакындык жөнүндө маселе азыркы убакта, кыязы, терс чечилүүгө тийиш, бирок енисейлик кыргыздардын тукумдарынын түзүлүп жаткан кыргыз элинин составына бир кыйла кечирээк этапта бир аз кирип кетишинин мүмкүнчүлүгүн четке кагууга болбойт. А. Х. Маргуландын[8] пикири да көңүл бурууга арзыйт, ал өз убагында Чокон Валиханов тарабынан көтөрүлгөн. Кыргыз урууларынын Тянь- Шандын жана Памирдин аймактары менен илгертеден берки байланышы жөнүндө концепцияны андан ары өнүктүрүп, бул областтардан Саян-Алтайга чейин көчүп жүрүшүп, кыргыз уруулары ал жерде жашаган уруулар менен, анын ичинде енисейлик кыргыздар менен да байланыштары болгондугун далилдейт.

Кыргыз элинин борбордук азиялык уюткусунун бир кыйла так локализациясы жана этностук турпаты жөнүндө жана анын кыргыздардын азыркы убакта жашап жаткан аймагында пайда болушунун мезгили жөнүндө маселе баары бир биротоло аныкталды деп эсептелиши мүмкүн эмес. Акыркы убакта К. И. Петров аны чечүүгө далалат жасады[9]. Автор енисейлик кыргыздардын тяньшандык кыргыздар менен окшоштугун жокко чыгарат жана кыргыздардын ата-бабаларынын негизги массасынын моңголдорго чейинки мезгилде Тянь-Шанга көчүп келиши жөнүндө божомолду четке кагат. Тянь-Шандагы кыргыз эли, анын пикири боюнча, үч негизги этностук компоненттен түзүлгөн, алардын ичинен негизгилери Чыңгыз-хан наймандарды талкалагандан кийин жана аларды Алтай бөксө тоолорунан куугандан кийин Енисей-Иртыш дарыяларынын ортосунан чыккан түрк тилиндеги уруулары болгон.

Кыргыз урууларынын тагдырын К. И. Петров чыгыш кыпчак урууларынын тагдыры менен тыкыз байланышта карайт. Бул кыпчак-кыргыз уруулары XIII кылымда Иле-Иртыш дарыяларынын ортосуна жана Алтай-Хангай бөксө тоолоруна жылып келген. Автордун ырастоосу боюнча, алардын бул жакка жылып келиши Чыңгыз-хандын тукумдарынын — Хубилай менен Хайдунун жана алардын мурасчыларынын өз ара күрөшүнүн жүрүшүндө башталган. Кээ бир моңголдук санжыралардын маалыматтарына негизденип, К. И. Петров Угечи Хашага жана анын уулу Эсэху хандар башында турган кыргыздардын XV кылымдын биринчи чейрегинде Алтай-Хангай бөксө тоосунда ойроттордун

үстүнөн убактылуу үстөмдүгү жөнүндө божомолду айтат. Дал ушул мезгилде кыргыз уруулары Тянь-Шанга активдүү жылып келиши башталып, XV кылымдын акырында бүткүл Тянь-Шанга таркаган.

Кыргыздардын бул кыймылында автор XV кылымдын 70-жыддарына зор маани берген, ал убакта борбордук Тянь-Шань ойрот башкаруучусу Амасанджитайшинин улусунун турган орду болуп калган, муну да автор кыргыз хандарынын тукуму деп эсептейт. Алар менен бирге келген кыргыздар Тянь-Шандагы эң көп сандагы этностук массив болуп, андан ары алар моголдор деп аталган жергиликтүү түрк-моңгол урууларынын конгломераты менен кошулуп кеткен. XV кылымдын экинчи жарымында кыргыз элинин баш кошуусу аяктаган. Тянь-Шанда кеңири «кыргыз-моңгол мамлекети (улусу)» пайда болгон.

К. И. Петровдун кыскача баяндалган концепциясынан көрүнүп тургандай, анын негизин кыргыз элинин этногенези боюнча жогоруда айтылган сессиянын (1956-жыл) негизги катышуучуларынын көпчүлүгү көтөрүп чыккан идеялар түзөт. Анын эмгеги негизделген башкы булактар, бир жагынан, ошол сессиянын материалдары, ал эми экинчи жактан, эчак жарыяланган, бирок жаңыдан автор комментарийлеген эмгектерден жана булактардан башка чыгыш таануучуларынын тобу аткарган чыгыш авторлорунун чыгармаларынан үзүндүлөрдүн жарыяланбаган котормолору болгон.

К. И. Петров көтөрүп чыккан бир катар маанилүү жоболор ишенерлик мүнөздө, ал эми башкалары өтө талаш түрүндө. Автордун тыянактарында да карама-каршылыктар бар. Бүтүндөй алганда ал көтөрүп чыккан концепция олуттуу негиздерди талап кылат, анткени анын пайдасына келтирилген жүйөлөрдүн көпчүлүгү кокусунан туш келген фактыларга негизделген. К. И. Петровдун эмгектери кыргыз элинин келип чыгышынын татаал проблемасын андан ары иштеп чыгуу үчүн пайдалуу болушу мүмкүн.

Советтик археологдордун изилдөөлөрү азыркы убактагы Кыргызстандын аймагында өнүккөн бай маданияттын көрүнүшүн ачып көрсөттү. Кыргыз элинин тутумуна кандайдыр-бир даражада байыркы заманда жана орто кылымдарда Тянь-Шанда жашаган уруулардын тукумдары кирген соң, алардын маданиятынын бул уруулардын маданияттары менен белгилүү жолун жолдоочулугу сакталып калган. Кыргыздардын мал чарбасынан Тянь-Шандын байыркы тургундары — сактардын (б.з.ч. VII—IV кылымдарда), усулдардын (б.з.ч. III кылым — б.з. IV кылымы), түрктөрдүн көчмөн салттарынын улантылышын көрүүгө болот. Кыргыздардын дыйканчылык маданиятына Тянь- Шандын иран тилиндеги калкынын — согдийлердин (б.з. V—VI кылымдар) кеңири өнүккөн дыйканчылык маданияты, алардын жасалма ирригациялык курулуштары жана жерди иштетүү техникасы из калтырган. Кыргыздардын колдонмо сүрөт искусствосунда VIII—XII кылымдардагы согдийликтердин жана түрк калкынын оймо-чиймесинин айрым элементтери байкалат.

Мына ошентип, кыргыздар Тянь-Шанда маданий байлыктарды түзүүнүн катышуучулары гана эмес, Тянь-Шандын калкынын маданий турмушунун салттарын улантуучулар, анын издерин өзүнүн материалдык маданиятында жана эл чыгармачылыгында сактап калган эл катары чыгат.

Енисейде калып калган кыргыздардын бир бөлүгүнүн тагдыры кандайча болду? XVII кылымда орустар Сибирге келген убакта кыргыздар төрт княздыкты: Туба, Езер, Алтыр жана Алтысар княздыктарын түзүшкөн. Алар ал убакта аңчылык жана мал өстүрүү менен кесиптенишкен. Алар жер айдашкан эмес. Бейкут жана коопсуз турмуш издеген катардагы аңчылар жана малчылар орус

букаралыгына өтүүгө умтулушкан. Кыргыз княздары болсо жергиликтүү калктын эмгегин эксплуатациялоодон түшкөн кирешелерден, ошондой эле бийлиги астындагы уруулардан келип түшкөн салыктардан ажыроону каалабагандыктан орус воеводалары менен айыгышкан күрөш баштаган, ал күрөш бүткүл XVII кылым бою улантылган.

XVIII кылымдын башында 2500 кыргыз үй-бүлөсү калмактар тарабынан Түштүк Сибирден айдалып кеткен, ошондон бери Сибирдин элдеринин арасында кыргыздар эске алынбайт. Бирок кыргыз урууларынын чөйрөсүнөн айрым топтор өзүнүн мурунку жашаган жеринин чегинде калган жана өзүнүн атын, тилин жана турмуш-тиричилик укладын жоготкондон кийин Хакас автономиялуу областынын чектериндеги азыр хакас элине топтолгон уруулардын тутумуна, ошондой эле тувалыктардын тутумуна кирип кеткен.

XVII кылымдын акырында Жунгар мамлекети күч алып, 1680-жылдарда тяньшандык кыргыздар калмактардын (ойроттордун) бийлиги астында калган. Мында кыргыздардын көпчүлүк бөлүгү, кыязы, калмактар тарабынан сүрүлүп чыгарылып, алар Фергана өрөөнүнө, Памир менен Алайга, ошондой эле бир бөлүгү Кашкардын коңшулаш райондоруна кетип калган. Кыргыздардын бир бөлүгү Ферганадан Тянь-Шанга 1758-жылы, ойрот мамлекети жашоосун токтоткондон кийин, Жунгариянын аймагында калмак калкы дээрлик калбай калгандан кийин кайра келишкен. Калмактардан бошогон жерлерге андан ары кээ бир кыргыз уруулары жайгашкан. Ал убакта кыргыздардын көчмөн топтору өтө алыс аралыкка көчүп жүрүшкөн.

Кашкарда жашаган кыргыз калкы, ошондой эле Тянь-Шань менен Фергананын кыргыздары бул аймактарда болуп өткөн ар түрдүү саясий окуяларга катышкан. Кыргыз феодалдарынын бир бөлүгү өздөрүнүн бийлиги астындагы калк менен бирге Чыгыш Түркстандагы ак жана кара кожолор деп аталгандардын орто аралык күрөшүнө тартылган. Ошол убактагы кытай чыгармаларында кыргыздар эр жүрөк жана баатыр жоокерлер катары сүрөттөлөт. Алар чачын алдырып жүргөнү, чочконун этин жебегендиги, ичке жеңдүү кийим кийип, төбөсү жалпак төрт бурчтуу баш кийим кийишээри, өздөрүнүн уруу башчыларын бий деп аташып, ар бир уруунун өзүнчө бийи бар экендиги, бул наам мурас боюнча өтө тургандыгы айтылган.

XVIII кылымдын акыркы чейрегине таандык болгон кыргыздар жөнүндө баалуу маалыматтарды тяньшандык кыргыздар тууралуу жазган алгачкы орус авторлорунун бири капитан И. Г. Андреев келтирген. Өзүнүн «Кыргыз-кайсактардын Орто ордосунун сүрөттөмөлөрү» деген эмгегинин үчүнчү главасында ал кыргыздардын жайгашкан орду, саясий турмушу, кесиби жана уруулук түзүлүшү жөнүндө жазган[10].

XVIII кылымда Фергана өрөөнүндө пайда болгон Кокон хандыгынын акимдери өздөрүнүн баскынчылык саясатынын Башкы объектилери катары кыргыз жерлерин тандап алышкан. Кыргыз эл массасы кокондук аскерлерге айыгышкан каршылык көрсөткөн. Кокон аскерлери Тянь-Шанга акырындык менен жылып кирип, бул жерде бир катар согуштук чептерди: Тогуз-Тородо, Кетмен- Төбөдө, Курткада, Жумгалда, Кочкордо чептерди курушкан. Чүй өрөөнүнө кирип келип, алар Кара-Балтада, Ак-Сууда, Пишпекте, Токмокто, андан кийин Ысык-Көлдө — Барскоондо, Караколдо д.у.с. чептерди курушкан. Курулган чептер басып алынган крайды башкаруунун таяныч пункттары катары кызмат кылган, алар соода кербендерине кол салуудан коргоого, салыктарды жыйнап алууну камсыз кылууга тийиш болгон. Көп чептердин айланасында өзбектердин

отурукташкан кыштактары пайда болгон. Кокондун феодалдары кыргыз урууларынын бытырандылыгынан жана уруулар арасындагы күрөштөн пайдаланышып, алардын көпчүлүк бөлүгүн өзүнө баш ийдире алышкан. Фергана өрөөнүнүн түндүк бөлүгүндө жашаган кыргыз калкы аларга толук көз каранды болгон. Кокон хандыгынын койгон адамдары солто, саяк, кытай жана башка уруулардан салыкты дайыма чогултуп турушкан; бугу жана сарбагыш уруулары кээде кокондук бийликтердин баш ийүүсүнөн чыгып турган; черик жана багыш урууларынын жайгашкан аймактары жетүүгө татаал болгон, бирок, алардын бир бөлүгү да кокондуктарга баш ийген; памирдик, бадахшандык жана каратегиндик кыргыздар ар кандай убакта Бухаранын, Кундуздун жана Кокондун бийлиги астында калып турган. Тоолуу райондордо бийлик жалаң гана аскердин күчү менен кармалып турган. Кокондук хандын жан-жөкөрлөрү Кыргызстанда өздөрүн анчалык бекем сезбегендигин чептердин гарнизондору алыскы жайлоолорго барууга батына албай, чептерде бекем бекинишип, ал эми салыкты чогултуу үчүн жыл сайын жазында жана күзүндө бир кыйла күчтүү аскердик отряддарды жабдууга туура келгендигинин фактысы көрсөтүп отурат.

XIX кылымдын 30-жылдарында азыркы убактагы Кыргызстандын бүткүл аймагын басып алууну аяктап, кокондук хандар бул жерге эң оор зомбулук аскердик-феодалдык режимди киргизишкен. Кокон хандыгынын үстөмдүгү эмгекчи калк үчүн көп сандаган жана оор салыктар менен жыйымдарды кийирүү менен белгиленген.

Кыргыз эмгекчилеринен алынган салыктардын негизги түрлөрү «түтүн башынан» ар бир боз үйдөн, бир койдон жыйым алуу (*тундук зекет*), 50 баш малдан бир мал алуу, ал эми кээде 40 баштан, ал түгүл он баштан бир мал алуу (*алал зекет*), дыйкандардын кырманынан үч койдон алуу (*караж*) болуп саналат. Ар бир боз үйдөн үч койдон аскердик чыгым да чогултулган. Мындан тышкары, эмгекчи кыргыз массалары гарнизонду дан менен жабдууга, хандын гана эмес, анын сарайынын азык-түлүктүк муктаждыктары үчүн мал берүүгө, салык чогултуучуларды тоюттандырууга, зарыл болгон учурда хан аскерлерине жоокерлерди берүүгө д.у.с. милдеттүү болушкан. Салыктардын оорчулугу салык чогултуучулар тарабынан кыянатчылыктын болушу менен ого бетер күчөгөн. Кокон бийликтеринин жер саясаты өзгөчө катуу болгон, алар эмгекчил кыргыз чарбаларын Фергана өрөөнүнүн күрдүү жерлеринен кууп чыккан. Полициялык кызматты аткаруу үчүн кокон наместниктери ар бир кыргыз уруусуна кыргыздардын айылы менен бирге көчүп жүргөн чиновниктерди (*илбеш*) дайындашкан.

Түштүк кыргыз урууларынын феодалдык-уруу төбөлдөрү хандыктын саясий турмушуна активдүү катышкан. Ал кыргыздардын үстүнөн үстөмдүктү сактап калууда кокон хандарына зор жардам көрсөткөн. Мына ошентип, кокон бийликтери жүргүзгөн зомбулук жана талап-тоноо саясаты кыргыз феодалдары тарабынан колдоого ээ болгон, биринчи кезекте мына ошолорго хандын чиновниктери таянган. Кыргыз төбөлдөрүнүн өкүлдөрүнө кокон хандары аскерлерде да, граждандык башкарууда да чендерди жана кызмат орундарын берип турушкан.

Эмгекчил кыргыз калкы өздөштүргөн жерлерди басып алуу, сырьёну жана малды бекерге сатып алган көпөстөр тарабынан эмгекчил мал чарбаларын уятсыйытсыз эксплуатациялоо жана талап-тоноо, жакырчылыкка алып келген жыйымдар жана милдеттер, эң катуу зомбулук — кыргыздарга карата кокондук башкаруучулардын саясаты мына ушундай болгон, кыргыздарга исламдын

реакциячыл идеологиясы да таасирин күчөткөн. Такай зордук-зомбулуктан жапа тарткан кыргыздар кокон бийлигине каршы дайыма көтөрүлүш чыгарып турган. Маселен, 1843-жылы ысыккөлдүк кыргыздар коконудуктарды Караколдогу, Барскоондогу жана Коңур-Өлөңдөгү чептерден кууп чыгышкан, 1845-жылы оштук кыргыздар көтөрүлүш чыгарышты, XIX кылымдын 50-жылдарьгаын ортосунда тяньшандык кыргыздар күрөшкө көтөрүлүштү, ал эми 1857—1858-жылдарда Чүй өрөөнүндө жана азыркы Жамбулдун районунда кыргыздар менен казактардын хандык эзүүгө каршы биргелешкен көтөрүлүшү болуп өттү. XIX кылымдын 60-жылдарынын биринчи жарымында солто жана саяк урууларынын арасында Кокон хандыгына каршы боштондук кыймылы башталды, бул кыймыл алардын Россиянын букаралыгын ьнстыяр- дуу кабыл алышына алып келген.

Эң акырында 1873—1874- жылдарда түштүк Кыргызстанда Кокон хандыгынын колониялык-феодалдык эзүүсүнө каршы багытталган XIX кылымдагы кыргыз элинин тарыхындагы эң ири элдик-боштондук көтөрүлүш чыкты. Көтөрүлүшчүлөр кокондук чептерди талкалашып, салык чогултуучуларды, хандын чиновниктерин өлтүрүшкөн. Көтөрүлүштүн кыймылдаткыч күчү кыргыз малчылары жана дыйкандары, эмгекчил өзбектердин бир бөлүгү болгон. Бул көтөрүлүш Кокон хандыгынын эзүүсүнөн бошонуу үчүн гана эмес, бирок төмөндө көрсөтө тургандай, Орусияга кошулуу үчүн да күрөш болгон.

Кокон хандарынын үстөмдүгүнүн мезгилинде кыргыз феодалдарынын ортосундагы уруулук күрөш токтотулган эмес. Жогоруда көрсөтүлгөн көтөрүлүштөрдүн натыйжасында бир катар ири кыргыз урууларынын Коконго көз карандылыгы өтө бошоңдогондон кийин феодалдык өз ара жаңжалдар ого бетер курчуган. Мында талап-тоноого дуушар кылынган эмгекчил массалар дайыма жапа тарткан тарап бойдон кала берген.

Уруулар аралык жана феодалдык согуштар Орусияга кошулганга чейинки бардык жердеги көрүнүш болгон. Малды айдап кетүү максаты (барымта) менен кол салуулар да феодалдык жортуулдардын мүнөзүнө ээ болгон, бул мурда уруулар аралык талаш-тартыштарды чечүүнүн же бул же тигил айылга келтирилген зыянды зомбулук менен ордун толтуруунун каражаты, кээде доону камсыз кылуунун өзүнчө бир формасы катары кызмат кылган. XIX кылымдын башында барымта кыргыз коомунун феодалдык төбөлдөрүнүн кызыкчылыгы үчүн малды жана туткундарды кармап кетүүнүн каражатына айланган. Таптык карама-каршылыктардын өнүгүшү менен бул согуштардын масштабдары жана максаттары өзгөргөн. Майда жортуулдардан алар аймактарды, малды басып

алуу жана эмгекчи массаларды эксплуатациялоону кеңейтүү максатында ири согуштук кагылышууларга айланган.

Кокон эзүүсү, эл массасы үчүн оор жүк болгон кыргыз феодалдарынын өз ара согушу, кыргыз жана казак феодалдарынын ортосундагы согуштар кыргыз урууларынын эмгекчи массаларын кризистен чыгуунун жолун издөөгө түрткөн. XIX кылымдын ортосу ченде падыша өкмөтүнүн аскерлери Орто Азияда падышачылыктын жеңип алуучулук саясатын жүзөгө ашыруу менен түндүк жактан Кокон хандыгынын аймагына жакындап келген. Кыргыз эл массасынын кокон хандарынын бийлигинен, алардын күч жеткис жыйымдарынан жана талап-тоноолорунан бошонууга, ошондой эле бүлгүнгө салган уруулар арасындагы феодалдык согуштарды токтотууга умтулушу бардык негизги түндүк кыргыз урууларынын Россияга ыктыярдуу кошулушунан арга тапты. Россиянын букаралыгына жана коргоосуна өтүү бышып жетилген кризистен чыныгы чыгуунун бирден-бир жолу болгон. Падышалык администрациянын

колдоосу менен уруулар аралык күрөштө өзүнүн абалын чыңдап калууга үмүттөнгөн кээ бир ири кыргыз феодалдары — манаптардын таламдары эл массасынын умтулуусуна убактылуу туш келди.

Түндүк Кыргызстандын Орусияга кошулушу орус аскерлеринин кокондук отряддарды согуштук жактан талкалоо менен бир эле убакта болуп өттү. Орусиянын Кокон хандыгына каршы күрөшүндө кыргыз калкынын негизги массасы Орусия тарапта болду.

Түндүк кыргыз урууларынын Орусия менен дипломатиялык мамилелери бир кыйла мурда, али XVIII кылымдын акырында башталган. 1786-жылы Кыргыздын бийи Атаке Екатерина II нин сарайына элчилик жөнөткөн. 1814-жылы бугу уруусу өзүнүн өкүлдөрүн Батыш Сибирдеги орус бийликтерине жиберген. Андан кийинки делегация ушул эле уруу тарабынан 1824-жылы Семейге жана Омскиге жиберилген. Ал делегация 1825-жылы Ысык-Көлгө орус отрядынын коштоосу менен кайтып келген. Бул жортуулдун катышуучусу дарыгер Зибберштейн өзүнүн «Жолдо көргөндөрүндө» — XIX кылымдын биринчи жарымындагы кыргыздарды эң кеңири сүрөттөп жазуулардын биринде — Ысык- Көлдө орустарга көрсөтүлгөн достук кабыл алуу жөнүндө айтып берген. Андан ары да (1844,1847,1852-жылдарда) бугу жана сарбагыш урууларынын баш- чыларынын Орусиянын букаралыгына өтүүгө, орус администрациясы менен катнашууга аракеттери болгон. Бирок Орус мамлекети менен байланыштарды түзүүгө бул аракеттерден иш жүзүндө натыйжалар чыккан эмес. Мунун себеби Кыргызстандын Орусиядан өтө алыстыгы жана Орусиядагы ички жана эл аралык абалдын татаалдыгы болгон. 1855-жылы гана кыраакы уруу башчысы Боронбай башчылык кылган бугу уруусу өзүнүн өкүлдөрүн Орусияга кайра жибергенден кийин ал Россиянын букаралыгына кабыл алынган жана Алатау округунун тутумуна киргизилген.

1862-жылы Кокондун Пишпек чебин жеңип алышынан кийин бүткүл Чүй өрөөнү падышалык Орусияга кошулган. Андан кийинки жылдардын ичинде түндүк Кыргызстандын башка кыргыз уруулары Россияга кошулган.

Түштүк кыргыз урууларынын Орус мамлекетинин тутумуна киргизилиши кийинчерээк, жогоруда айтылган 1873—1874-жылдардагы элдик көтөрүлүштөн кийин жана дээрлик бүтүн Кокон хандыгы Орусияга кошулгандан кийин болгон. Бирок түштүк кыргыз урууларынын көпчүлүгү да Орусиянын букаралыгын кабыл алууну өзүнүн оор абалын жеңилдетүүнүн бирден-бир жолу катары карашкан.

XIX кылымдын 60—70-жылдарында Орусияга Кыргызстандын кошулушу кыргыз элинин тарыхында зор прогрессивдүү роль ойноду. Кыргызстандын

Орусиянын тутумуна киришинин эң чечүүчү натыйжасы кыргыз эли ылдам кадамдар менен революцияны у1урлап бараткан, дүйнөлүк революциялык кыймылдын борбору болуп калган өлкөнүн тутумуна киргендиги болду. Орус мамлекетинин тутумунда болуу менен кыргыз эли кокондук зомбулуктун эзүүсүнөн жана коңшулаш артта калган чыгыш мамлекеттеринин бири тарабынан кулдукка айландырылышынын коркунучунан кутулду. Ошонун өзү менен ал ач көз таламдары Кыргызстандын чек араларына улам жакындап келаткан Британдык империализмдин колониялык олжосу болбой калды.

Кыргызстандын Орусияга кошулушунун эң маанилүү оң натыйжасы кыргыз элинин улуу орус эли менен жакындашы болгон. Бул жакындашуу кыргыз эли орус маданиятынын өзүнүн материалдык жана рухий турмушунун ар түрдүү жактарына жакшы таасирин ала башташына жана орус коомунун алдыңкы

бөлүгүнүн демократиялык, революциялык идеялары менен таанышуусуна алып келди. Кыргыз элинин тагдыры орус элинин, дүйнөдөгү эң революциячыл орус жумушчу табынын тагдыры менен айкалышты. Өзүнүн чыныгы эркиндигин кыргыз эли мына ушул революциячыл элдин колунан алды.

Падыша өкмөтү алгачкы жылдарда кыргыздарды башкарууну феодалдык-уруулук төбөлдөр — манаптар аркылуу жүзөгө ашырышкан, манаптар уруулардын жана уруктардын башчылары болушкан. 1867-жылдан тартып шайлоо киргизилген, буга ылайык болуштар, бийлер (эл соттору) жана төмөнкү администрацияны түзгөн айылдык старчындар катары манаптар гана эмес, башка адамдар да шайлана алышкан. «Шайлоолор» жогоруда аталган кызматтар үчүн манаптардын күрөшү менен коштолгон, мында сатып алуулар, пара берүүлөр колдонулуп, көп учурда иш адамдар курман болгон ири куралдуу кагылышууларга чейин барган; манапты же анын койгон адамын шайлагандан кийин бардык чыгымдар жана зыяндар ага баш ийген калктын мойнуна жүктөлгөн. Өзүнүн колониялык саясатын жүзөгө ашырууда падышалык өкмөт кыргыз төбөлдөрүнүн — манаптардын жана байлардын кеңири колдоосуна ээ болгон.

Кыргызстан Орусияга кошулган учурда кыргыз коомунда патриархалдык-феодалдык өндүрүштүк мамилелер чексиз үстөмдүк кылган. Кыргыздарда, ошондой эле башка көчмөндөрдө бул мамилелердин негизги белгилери али б.з. I миңинчи жылдын акырында түзүлгөн. Албетте, өткөн миң жылдыктарда патриархалдык-феодалдык мамилелер кээ бир өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Бирок, көчмөн малчылыктын шарттарында өндүргүч күчтөрдүн төмөнкү жана туруктуу мүнөзү, биринин артынан бирин алмаштырган жеңип алуучулар тарабынан бүлүндүргүч жортуулдардын натыйжасында көчмөн уруулар башынан өткөргөн азаптар өндүрүштүк мамилелердеги өтө кашаң жана аз сезилерлик эволюциянын себептери болгон.

Кыргыз коомунда үстөмдүк кылган патриархалдык-феодалдык мамилелердин бөтөнчөлүгү бул мамилелер жарым көчмөн жана көчмөн мал чарбасынын, патриархалдык-уруулук турмуш тиричиликтин шарттарында өнүккөндүгүндө болуп саналат. Алар үчүн феодалдык мамилелердин эрте формаларына тийиштүү болгон көп белгилер мүнөздүү болучу. Бул мамилелердин негизги бөтөнчөлүктөрүнүн бирин феодализмге чейинки, патриархалдык-уруулук коомдук мамилелердин калдыктары жана эски адаттары менен айкалышканынан көрүүгө болот.

Кыргыз калкынын негизги массасын букаралар, чарбалар — салыштырмалуу чакан малдын ээлери түзүшкөн. Калктын бул же тигил тобунун башында феодалдык-уруулук төбөлдөр — бийлер жана манаптар турган. Манаптар менен бийлердин эмгекчилерди эзиши коомдук турмушка кирген «уруулук биримдиктин», «уруулук ынтымактын» идеологиясынын чектеринде жүргөн, мунун өзү патриархалдык-уруулук турмуш-тиричиликтин көп жактуу көрүнүштөрүнөн байкалган. Букара эксплуатациялоонун жана милдеттердин ар түрдүү формаларынын тармагы менен курчалган, бул аны манап менен бийлерге көз каранды абалга койгон, анын үстүнө букара төбөлдөр тарабынан «жакшылык» жана «жардам алып жатат» деп ынандырышкан. Патриархалдык-уруулук салттардын бекем сиңгендигинен пайдаланышып, манаптар менен бийлер аларды өзүнүн мазмуну боюнча эксплуатациялоонун феодалдык формаларын жаап жашыруу үчүн гана кеңири пайдаланышпастан, уруулук салттардын жана адеттеги укуктун (заңдын, нарктын) сактоочуларынын жана

түшүндүрүүчүлөрүнүн ролунда чыгуу менен бул салттардын бекем сакталып калышына активдүү көмөк көрсөтүшкөн.

Таптык бөлүнүүнүн негизинде кыргыз коомунун мүчөлөрүнүн өндүрүштүн башкы каражатына — жерге, өзгөчө жайытка карата ар түрдүү мамилеси жаткан. Мал чарбасынын шарттарында чечүүчү мааниге дал ошол жерге феодалдык менчик ээ болгон, ал кыргыздардын патриархалдык-феодалдык мамилелеринин негизи болгон. Кыргыздарда жайыттарга ээ болуу сырт жагынан жамааттык мүнөздө болгону менен, иш жүзүндө бардык жайыттар ири бийлер менен манаптардын ортосунда бөлүнгөн болучу, алар феодалдык менчик ээлери катары жайыттарды жана башка жерлерди башкарып турушкан. Ошонун өзү менен кыргыз коомунун феодалдык төбөлүнө таандык болгон жерлерге ээ болуунун монополиясы түзүлгөн, башка сөз менен айтканда, кыргыздардын адеттеги укугунда чагылдырылган жана өзүнүн таптык таламдарында феодалдык төбөлдөр жанталашып коргогон жерге жамааттык менчиктин формасына дегеле ылайык келбеген жекече жер менчигинин өзүнчө бир формалары келип чыккан. Мына ошентип, жайыттарга уруулук жана уруктук менчик чындыгында жер менчигине феодалдык форманын юридикалык фикциясы катары чыгуу менен номиналдуу гана болуп келген.

Кыргыз коомунун феодалдык төбөлү көчүп-конуу аймактарын башкаруу укугун негизинен өзүнө ыйгарып алган. Манаптар өздөрүнө баш ийген көчмөндөр үчүн көчүп-конуу чек араларын белгилешип, бул же тигил жайыттарды пайдалануунун тартибин аныкташкан. Жамааттык жерлерди башкаруу укугунан пайдаланышып, манаптар эң ири жайлоолордун: Суусамыр өзөнүнүн өрөөнүн, Соң-Көлдүн айланасындагы жерлерди жана башкаларды өзгөчө катуу контролдоону белгилешкен. Алай өрөөнүндөгү кеңири белгилүү жайыттарды факт жүзүндө ири уруу башкаруучусу Курманжан-датка жана анын уулдары ээлеп турушкан.

Жамааттык жерлерди басып алуу дыйканчылык феодалдык коомго окшош формаларда феодалдык менчикти түзүү жолу менен да болгон. Айрым манаптар кээ бир коктуларды өзүнүн жеке менчиги (корук) деп жарыялашкан. Бул коктулардын эң мыктылары, кээде токойдун бир бөлүгү чопо дубалдар менен тосулуп, кайтарууга алынган; ал жерлерде дарактардан пайдаланууга, аңчылык кылууга д.у.с. эч кимге уруксат берилген эмес.

Эң бай жана көчмөндөр көбүрөөк бара турган жайыттарды ири манаптар кирешелердин булагына айландырышкан. Мал жайгандыгы үчүн алар натуралай жыйым, мал түрүндө өзүнчө рента алып турушкан, булар от май же чөп ооз деп аталган. Ошондой эле белгилүү манаптын бийлиги таркатылган көпүрөлөр жана ал түгүл аймак аркылуу мал айдап өтүү үчүн да жыйым алынган. Мал айдап өтүүчүлөрдөн жана соода кербендеринен өндүрүлүп алынган мындай жыйымдар жөнүндө (аларды туяк пул, туяк акы деп аташкан) өзүнүн сүрөттөөлөрүндө Чокон Валиханов эске салып кеткен.

Өзүнчө бир мүлктүк мамилелер менчиктин «уруктук» же «уруулук» деген түшүнүгү феодалдык төбөлдүн жерди басып алышын жаап жашыргандыгында болгон. Манаптардын, бийлердин жана байлардын колуна зор жер массивдеринин жана малдын топтолушу катардагы көп көчмөндөр бара-бара өндүрүштүн эң маанилүү каражаттарынан айрылып, феодалдык-бай төбөлдөрүнүн кулчулук көз карандылыгына туш келишине алып келген.

Менчиктин мүнөздөлгөн формалары кыргыз коомунун таптык структурасын, өндүрүштө ар түрдүү социалдык топтордун абалын жана алардын өз ара мамилелерин аныктаган.

Таптык кыргыз коомунун жашашынын бүткүл мезгилинин ичинде феодалдык-уруулук төбөл экономикалык жана саясий жактан үстөмдүк кылган топ катары чыккан. Анын негизги өзөгүн XVIII кылымда жана андан бир кыйла эрте мезгилде феодалдык бийликтер — бийлер түзгөн, алардын колунда коомдук турмушка жетекчилик кылуу, анын ичинде ал убактагы башкаруунун эң башкы милдети — сотко жетекчилик кылуу топтолгон. Ошондуктан, андан ары бий деген ат сот деген ат менен окшоштурула баштаган. Бирок чындыгында бийдин абалы мурда соттук милдеттер менен аныкталбастан, кыргыз коомунун турмушундагы үстөмдүгү менен аныкталган. XVIII кылым үчүн муну кытай булактары эң сонун белгилешкен.

XIX кылымдын биринчи жарымында түндүк Кыргызстанда «манап» деген социалдык жаңы термин кеңири таркалып, ал феодалдык бийлик ээси катары бий деген түшүнүктү бара-бара кысып чыгарган (түштүк Кыргызстанда феодалдарды мурдагыдай эле бий деп атоону уланта беришкен). Бул жаңы терминдин пайда болушун жакынкы убакка чейин манапчылыктын жаңы, мурунку бийлерден айырмаланган социалдык институту катары пайда болушу менен байланыштырышкан. Чындыгында, азыр этнографиялык маалыматтар белгилөөгө мүмкүндүк бергендей, адегенде манаптар деп XVII кылымда жашаган өз уруу башчысынын аты боюнча манап деген атты алып жүргөн сарбагыш уруусунун тутумундагы бөлүкчөлөрдүн бирине таандык болгон бардык адамдарды аташкан. Манаптын бөлүкчөсүнүн феодалдары сарбагыш уруусунун ичинде артыкчылык абалды гана ээлебестен, өздөрүнүн таасирин башка кыргыз урууларына да таркатышкан. Мына ушунун натыйжасында «манап» деген термин ушул уруунун башка бөлүкчөлөрүнүн феодалдары үчүн жалпы ат болуп калган, ал эми кийин башка уруулардын бийлерине карата да колдонула баштаган. Мына ошентип, жаңы социалдык институттун пайда болушун «манап» термини менен байланыштырууга болбойт. Бийлер менен манаптардын ортосунда эч кандай принциптүү айырмачылык болгон эмес.

Манаптын бийлиги, адетте, мурас боюнча өткөн. Эң ири манаптар жана бийлер өздөрүнүн бийлигин ар башка улуттар жашаган кеңири аймакка таркатышкан.

Ири феодалдарга (*ага манапка же чоң манапка*) *орто манаптар* жана майда манаптар (*чала манап*) көз каранды болгон. Алардын ар биринин өзүнө көз каранды ар түрдүү сандагы калкы болгон. Мына ушул бүткүл феодалдык төбөл коомдук салттарга жамынышып, өздөрүнүн кууш кызыкчылыктары үчүн жайыттарды гана башкарбастан, ири манаптар жана бийлер өздөрү көп сандаган жылкы үйүрлөрүнүн, короо-короо койлордун, бада-бада уйлардын, төөлөрдүн жана топоздордун ээлери болушкан. Алардын колуна малдын көпчүлүк бөлүгү топтолгон. Калган мал майда малчылардын жекече менчигин түзүп, алардын ичинде да мал өтө ар түрдүү бөлүштүрүлгөн.

XIX кылымдын биринчи жарымында түндүк Кыргызстандын ири феодалдарынын ичинде орто жана майда феодалдарды жана өзүнө баш ийген бир кыйла сандагы көчмөндөрдү, ал түгүл дыйкандардын бир бөлүгүн көз карандылыкта кармап турган сарбагыш уруусунун чоң манабы Жантай болгон, анын 700 боз үй букарасы, бугу уруусунун[11] чоң манабы Боронбайдын 1000 ге чейин боз үй букарасы, сарбагыш уруусунан манап Үмөтаалынын (белгилүү

феодал Ормондун уулу) — 1500 боз үй жана анын бир тууганы Чаргындын 1000 ге жакын боз үй букарасы болгон. Кээ бир ири манаптар уулдарына бүтүндөй уруктук бөлүкчөлөрдү мураска өткөрүп берген. Маселен, Түлөберди манаптын (солто уруусунун талкан уругунан) уулдары атасы өлгөндөн кийин ага таандык болгон букараларды мураска бөлүп алышкан. Алардын ар бири өзүнүн үлүшүн (*энчисин*) алган. Чыны өзүнө бешкөрүк жана мааке уругун алган, Канайга төлөк уругун, Эшкожого жоочалыш, шалта жана карасакал уругун, Карбозго асылбаш уругун беришкен. Мунун өзү өзүнчө бир уделдик системага өтө окшош болгон. Карамагында 100 дөн ашуун түтүнү болгон манаптардын катмары өтө көп санда болгон.

Феодалдык-уруулук төбөлдөргө букара каршы турган. Бул көбүнчө эмгекчи көчмөндөрдүн жана дыйкандардын феодалдык жактан көз каранды массасы болгон. Бирок букара бир тектүү масса болгон эмес. Букаранын ичинде мүлктүк теңсиздик ачык байкалып турган.

Чындыгында коомдук абалы боюнча букаранын тутумунан бөлүнүп чыккан байлар — мал ээлери атактуу манаптардан айырмаланган эмес, ошондуктан аны толук негизде үстөмдүк кылуучу тапка таандык кылууга болот. Ошол эле убакта бай менен манаптарга толук көз карандылыкта турган кембагалдар чарбаларынын саны өсө берген. Кембагалдардын бир бөлүгү (*коңшу*) манаптар жана байлар менен бирге көчүп жүрүшүп, акы алуу шарты менен алардын малын багышкан, башка кембагалдар жатакта калышып, ошондой эле шарттарда байлардын жерлерин иштетишкен. Малынан ажыраган кембагалдар коомдун эң эзилген бөлүгү болгон. Аларды үй кызматчысы (малай), койчу, жылкычы жана жалчы катары пайдаланышкан.

Орто катмардагылар эптеп күн көрүшүп, манаптардын зомбулугу жана тез-тез болуп турган жуттардын убагында эртеңки күнгө алардын ишеними өтө аз болгон.

Феодалдык төбөлдөрдүн өкүлдөрүн букаралардын эмгеги гана байыткан эмес. Россияга кошулганга чейин кыргыздарда патриархалдык кулчулуктун калдыктары болуп келген. *Кулдар* негизинен согуш туткундары болгон. Мындан тышкары, тууган-туушкандары кунун төлөп берүүдөн баш тарткан кылмышкерлер кулдарга айланышкан. Манаптар кулдарды калыңдын жана септин ичине киргизип, ат чабыштардын убагында аларды байгеге сайышкан, кун үчүн кулдарды кармата беришкен. Негизинен аларды үй чарбасында малайлар жана малчы катары пайдаланышкан. Кулдардын өздөрү уруу жамаатынын мүчөлөрү деп эсептелген эмес, алардын тукумдары ошол жамааттын мүчөлөрү болгон, бирок укуктары чектелүү болгон. Кулчулук кыргыздарда кеңири таркаган эмес Кулдардын тукумдарынан тышкары уруу жамаатынын тутумуна башка уруулардын мүчөлөрү (*кирме*) кирген, алар өздөрүнүн уруулук аттарын сактап калышкан. Алар адетте жамааттын башка мүчөлөрү сыяктуу эле жергиликтүү феодалдын көз карандылыгында болгон.

Кыргыздардын патриархалдык-феодалдык мамилелеринин системасында феодализмдин мүнөздүү белгиси — өндүрүштүн кызматкерине феодалдын толук эмес менчиги мүнөздүү болгон. Ал уруулаштарын камкордуктун жана муктаж болгон тууагандарына жардам көрсөтүү түрү астында кулга айландыруунун өзүнчө бир формаларында байкалган. Кээ бир манаптар өзүнүн уруулаштарын калыңдын бир бөлүгү катары беришкен, башкалары — тартууга беришип, уруулаш эмес кыргыздарга алмашкан, үчүнчүлөрү — кандайдыр-бир саясий же үй-бүлөлүк максаттар боюнча бүтүндөй чарбалардын топторун өз букарасына

зомбулук менен айландырышкан. Манап букаранын жекече, үй- бүлөлүк турмушуна да кийлигишип, катардагы көчмөндү өзүнүн уруксаты жок үйлөнүү мүмкүнчүлүгүнөн ажыраткан же кээде уруулаштары алган калыңды кайра тартып алуу менен аялынан ажырашууга мажбур кылган д.у.с.

Кыргыз феодалдары жакырланган малчыларга «жардам көрсөтүү» деген патриархалдык-уруулук чүмбөт менен жабылган букараны эксплуатациялоонун ар түрдүү формаларынан кеңири пайдаланышкан. Мындай эксплуатациялоонун эң кеңири тараган формаларынын бири кедейлерге саанга мал бөлүп берүү болуп саналат. Өзүнө таандык болгон саан уйду же койлорду муктаж болгон туушкан кембагалдарга убактылуу пайдаланууга берүү менен манап аларды өзүнүн чарбасында кээде бүтүндөй үй-бүлөсү менен иштөөгө: мал багууга, отун даярдоого, дыйкан чарбасын тейлөөгө — эгинди сугарып, аларды кайтарууга милдеттендирген. Манаптан алган малды жыл бою тоют- тандырып, төлүн аман сактап калууга тийиш болгон.

Ушундай эле эксплуатациялоонун башка бир формасы күч деп аталып, манап менен байлардын көчкөн убакта же жерди айдоо үчүн унаа малды муктаж болгон туушкандарына убактылуу пайдаланууга берүү болуп саналат. Бул «жардамы» үчүн кембагал манаптын же байдын чарбасында иштеп берүүгө милдеттүү болгон.

Феодалдык эксплуатациялоонун бул эки формасы сыртынан уруулук өз ара жардамдашуунун белгилери болгону менен чындыгында иштеп берүү рентасы, өзүнчө эле барщина мүнөзүндө болгон. Манап жана бай менен мындай мамилеге кирүү менен жакырланган малчы же дыйкан феодалга зомбулук көз карандылыкта калган, белгилүү даражада алар тарабынан кулга айландырылган.

Манапка же байга ашар сыяктуу «жардам берүүнүн» формасы да баршинанын айкын мүнөзүндө болгон. Манаптын сунушу боюнча ага көз каранды букара анын чарбасында жерди иштетүүгө жана түшүмдү жыйнап алууга байланыштуу кандайдыр-бир чоң ишти кыска мөөнөттө чогуу аткарган. Манаптан өзүнүн бекер кызматкерлерин тамак менен сыйлоо гана талап кылынган.

Кыргыздардын арасында, өзгөчө түштүктө, эң кедей дыйкандарды орток деген формада эксплуатациялоо кеңири өнүккөн.

Эксплуатациялоонун бул бардык түрлөрү букара үчүн өтө оор болгон. Бирок иш ушуну менен гана чектелип калган эмес. Кыргыздарда азык-түлүк рентасы да зор өнүгүүгө ээ болуп, ал букаранын мойнуна түшкөн оор жүк болгон. Манаптар өздөрүнө баш ийген калкты салык төлөөгө мажбурлаган; ал мал түрүндө (адетте кой же жылкы менен) жана азык-түлүк түрүндө өндүрүлгөн. Мындан тышкары, букара манапка союш жеткирип турууга, манаптын меймандарын сыйлоого, тойго жана майрамдарга кеткен чыгымдарын төлөп берүүгө, ат чабыштарда жана мелдештерде байгелер үчүн, манаптын үй- бүлөсүнүн мүчөлөрүнүн тоюна белек үчүн мал чогултууга милдеттүү болгон. Мергенчилер милдеттүү түрдө атып алган илбесиндерин манаптын дасторконуна жеткирүүгө, чебер усталар өз эмгегинин мыкты үлгүлөрүн манапка «тартуу кылууга» тийиш болгон.

Кылымдардан бери сакталып келген патриархалдык салттардын күчү жетпей калган учурларда манаптын эркин аткаруучулар — таш боор жигиттер колдоруна камчы алып, багынбагандарды чөгөлөтүп турушкан, манаптардын соту да ушул тарапта болгон. Манаптар көп учурда өздөрү сот-бийлер менен катар соттук милдеттерди жүзөгө ашырышып, ишти чечкендиги үчүн сот акысын (бийлик), ал эми күнөөлүү тараптан жазаны (айып) алып турушкан. Көпчүлүк

учурларда бий-соттор да манаптардын койгон адамдары болуп, алар менен кеңешмейинче бир ишти да бүтүрүшкөн эмес.

Сот практикасында манап менен бий жазылбаган адеттеги укукту жетекчиликке алышкан. Ал бай менен кембагалдын ортосундагы, эркек менен аялдын ортосундагы теңсиздиктин мурдатан түзүлгөн бекем жоболоруна таянышкан. Маселен, өлтүрүлгөн адам кандай коомдук абалды ээлегендигине, анын байлыгына же кедейлигине байланыштуу кундун чоңдугу өзгөрүп турган. Мына ошентип, уруулук салттар жана бийлердин соту үстөмдүк кылуучу таптардын колундагы маанилүү идеологиялык курал катары кызмат кылган. Массага идеологиялык таасир көрсөтүүнүн башка формалары да пайдаланылган.

Кыргыз калкынын коомдук турмушунун жана үй-бүлөлүк — турмуш тиричилик түзүлүшүнүн артта калышынын сакталып калышында уруу-уруктук бөлүнүш жана ага байланыштуу түшүнүктөр зор ролду ойногон. Кыргыз коомунун феодалдык төбөлү уруу-уруулук бөлүнүштүн сакталып калышына өтө таламдаш болгон жана өз элин эзүүнүн куралы катары пайдаланган. Ал генеалогиялык уламыштардын таркатылышына көмөк көрсөткөн, ал уламыштарда бул же тигил манап урууларынын тегинин тазалыгы жана түптүүлүгү ырасталган. Мына ошентип, феодалдар патриархалдык-уруулук коомдун идеологиясынын калдыктарынын башкы алып жүрүүчүлөрү жана сактоочулары катары чыгышкан, бул алардын эмгекчи массасынын үстүнөн үстөмдүгүн абдан жеңилдеткен.

Кыргыздарда болгон уруулук жана уруктук топтор эчак эле мурунку негизин жоготту. Уруунун тутумуна көп учурда көп сандаган бөлүкчөлөрү бар аздыр-көптүр ири уруктар кирген. Бул кеңейип өскөн социалдык бирикмелер — уруулар тутуму боюнча бир тектүү болушкан эмес, алар башка уруулардын жана уруктардын калдыктарын, ал түгүл бүтүндөй жат уруулардын топторун камтыган. Тарыхый жактан түзүлгөн ар түрдүү социалдык жана этностук топторду бириктирген принцип эми кандаш туугандык байланыштар болбостон, аймактык-чарбалык жана коомдук-саясий кызыкчылыктардын жалпылыгы болуп калган. Мына ушул кызыкчылыктарга бул же тигил уруктун же уруунун башында турган манаптар чечүүчү таасирин тийгизген. Муну менен катар кыргыздарда сөөк деген түшүнүк болгон. Бул термин кудалар, б.а. өздөрүнүн кандаш тууган-туушкандарынын никеси аркылуу туугандашкан адамдар дегенди түшүндүргөн; сөзсүз, бир убактарда «сөөк» деген термин кандаш туугандыкты түшүндүргөн.

Уруктардын эң майда бөлүкчөлөрү көп учурда чоң же чакан үй-бүлөлүк-туушкандык топторду — бир атанын балдарын түзгөн, алардын ичинде али да болсо мурунку патриархалдык-уруктук укладдын кээ бир жактары сакталып калган. Мындай топтордун көпчүлүгү жакын туушкандардын 5 тен 15 үй бүлөсүнө чейин жеткен. Бул сыяктуу көп топтордун уюткусу бир же бир канча бай түтүндөрдүн айланасында биригиши болуп саналат, алар туушкандык байланыштарды топтун мүчөлөрүн эксплуатациялоо үчүн пайдаланышкан. Ошондой болсо да бул топтордо белгилүү даражада өндүрүштүк кооперациянын элементтери байкалган (айрым үй-бүлөнүн малга жеке менчигин сактап калуу менен), керектөөчүлүк жалпылыктын, топ ичиндеги тилектештиктин, кандык туушкандык башталманын айрым белгилери байкалган.

Кыргыздарда коомдук уюмдун негизги формасы айылдык жамаат болгон, ал үй бүлөлүк-уруктук топтордун бир аз санынан турган. Г. С. Загряжскийдин кабарлаганына караганда, XIX кылымдын ортосуна чейин «Кыргыздар дайыма

чоң айыл болуп, 200 жана андан ашуун түтүн болуп жашаган; койчулар дайыма найза менен куралданышып, жылкыга көп санда чыгышкан»[12].

Айылдык жамааттар сырт жагынан уруулук жамааттын формасын сактап кала беришкен. Бирок алардын экономикалык мазмуну эми таптакыр башка болуп калган. Аларга баарыдан мурда жайыттарды биргелешип пайдалануу менен бириккен жекече мал ээлери кирген. Айылдык жамаатта азык-түлүк чыгаруу жекече башталмаларда жүзөгө ашырылган, көчүп жүрүү жана жайыттарды пайдалануу жамааттык принципте болгон. Бирок бул, жогоруда айтылып кеткендей, жерге эркин жамааттык ээлик болгон эмес, жерди феодалдар — бийлер менен манаптар башкарган. Жамааттык чындыгында жайыттарды ээлөө эмес, пайдалануу болгон. Айылдык жамааттын ичинде мүлктүк теңсиздик, таптык жикке бөлүнүү байкалган. Мындай жамааттардын курамы көп учурда ар тектүү болгон. Аларга кээде тууган эмес топтор, ал эми кээ бир учурларда ар түрдүү этностук тектеги топтор кирген. Кыргыздардын көчмөн айылдык жамааты өзүнүн экономикалык мазмуну боюнча К. Маркс айылдык жамаат деп атаган дыйканчылык элдерге карата колдонулган коомдук уюмдун тибине толук ылайык келген.


Уруктук бөлүктөрдүн жана өзгөчө үй-бүлөлүк-туугандык топтордун ичинде али да болсо патриархалдык-уруктук мамилелердин ар кандай калдыктары сакталып кала берген, буларды манаптар өздөрүнүн таламдарында түрлөрүн өзгөртүп турган, алар коомдук жана үй-бүлөлүк турмуштун кээ бир жактарынан, ошондой эле идеологиясынан байкалган.

Кыргыздарда өз ара жардам көрсөтүүнүн салттары, атап айтканда ар бир үй-бүлөнүн талаадагы эгиндерин кезектешип жыйнап берүү үчүн биригүү салттары (алгоо, уюшма) сакталып калган. Бул көбүрөөк учурда жарды жана кембагал чарбаларда колдонулган артелдик эмгектин формасы көп учурда байлардын өздөрүнүн кембагал коңшуларын эксплуатациялашы үчүн чүмбөт катары кызмат кылган. Эң жөнөкөй өндүрүштүк кооперациянын бир кыйла туруктуу формалары мал чарбасында да сакталып калган. Бул жерде эгиндерди багууга байланыштуу жумуштарды да кошуп алганда сезондук жумуштар дээрлик бүт артелдик башталмаларда жүзөгө ашырылган. Биргелешип иштөө үчүн кээде кыштоо боюнча, көбүнчө жакын туушкандары болгон ондогон жана андан ашуун коңшу чарбалар биригишкен.

Үйлөнүү, сүннөткө отургузуу сыяктуу майрамдар (тойлор), өзгөчө аштар мурда бүткүл уруу менен чогуу өткөрүлүп, мол тамак берүүдөн жана ар түрдүү элдик оюндардан туруп, муну манаптар менен байлар өзгөчө шаан-шөкөт менен өткөрүшүп, аларды өзүнүн кадыр-баркын жана таасирин күчөтүүнүн жолу, ошондой эле кирешенин эң маанилүү булагы катары карашкан (адет боюнча тойго же ашка чакырылгандар кошумча түрүндө жардам беришкен). Бардык жакын урукташтар үчүн өзгөчө кыйын абадда, муктаждыкта калган уруктун мүчөсүнө материалдык жардам көрсөтүү жана чарбада эмгек жагынан жардам көрсөтүү — кол кабыш милдеттүү болгон.

XIX кылымда, ошондой эле андан мурунку мезгилде кыргыздардын уруу-уруктук структурасы татаал болгон. Негизги кыргыз уруулары жалпысынан үч топту түзгөн. Алгачкы экөө отуз уул деп аталган. Алар эки канатты. оң канатты жана сол канатты түзгөн. Сол канат саны жагынан оң канаттан бир кыйла аз болгон. Качан жана кандай шарттарда мындай бөлүштүрүү болгондугу аныкталган жок, бирок сөзсүз эки канатка бөлүнүшүнүн тамыры байыркы заманга таандык жана социалдык мамилелердин эрте формаларына

байланыштуу. Бир кыйла кийинчерээк мезгилде эки канатка бөлүнүү согуштук уюмда чагылдырылган.




**Кыргыздардын урук-уруу структурасы**

Оң канат үч тармакка бөлүнгөн: тагай — Тянь-Шандын негизги бөлүгүн ээлеп турат, адигине жана муңгуш; акыркы экөө Түштүк Кыргызстандын аймагында жашаган. Тагай тармагына кыргыздар төмөндөгү урууларды таандык кылат: саяк, чекир саяк, черик, бугу, тынымсейит, сарбагыш, солто, жедигер, азык, багыш, суу мурун, моңолдор, баарын. Адигине тармагына: жору, бөрү, баргы, кара багыш жана сарттар уруулары кирет. Мунгуш тармагы эки бөлүмдөн турат: жагалмай жана кош тамга. Мында коцурат[13] уруусу өбочо турат.

Сол канаттын тутумуна төмөндөгү уруулар кирет: кушчу (кутчу), саруу, мундуз, жетиген, кытай, басыз, төбөй, чоц багыш.

Кыргыздардын үчүнчү тобун ичкилик деп аташат. Ага төмөндөгү уруулар кирет: кыпчак, найман, тейит, кесек, жоо кесек, бостон, каңды, нойгут, төөлөс (дөөлөс), авагат (ават).

Жогоруда көрсөтүлгөн уруулардын кээ бирөөлөрү Орто Азиянын башка эддеринин жана казактардын түзүлүшүнө да катышкан.

Кыргыздардын эң ири урууларынын бири — бугулар Ысык-Көлдүн түндүк жээгинин чакан чыгыш тилкесинде, Тянь-Шань, Күнгөй Ала-Тоо жана Тескей Ала-Тоо тоо кыркаларынын жана тоо этектеринин тутумундагы көлдүн бүткүл түштүк жана чыгыш жээгинде Кытай менен чек арага чейин жашаган. Алар дыйканчылык жана малчылык менен кесиптенишкен, Нарын, Кеген дарыяларынын баш жактарын жана башка жерлерди жайлоо катары пайдаланышкан. Бугулардын саны 10 миң түтүндөн ашуун болгон. 9 миңге жакын түтүнү бар сарбагыш уруусу Чүй өрөөнүнүн чыгыш бөлүгүндө, Чоң-Кемин жана Кичи- Кемин өрөөндөрүндө, Кочкор өрөөнүндө, Ысык-Көлдүн батыш жагында жана Нарын, Ат-Башы дарыяларынын өрөөндөрүндөгү бир катар коктуларда көчүп жүрүшкөн.

10 миң түтүнгө жакын калкы бар солто уруусу Чүй өрөөнүнүн борбордук жана батыш бөлүктөрүндө, Чүй дайрасынын түштүк жээгинде, ошондой эле Кыргыз тоо кыркасына тутумдаш коктуларда жашаган.

Бугулар жана сарбагыштар менен дайыма жоолашып келген чекир саяк уруусу (5,5 миң түтүн) Нарын дарыясынын орто чениндеги жана Жумгал,

Суусамыр өрөөндөрүндөгү зор жайыттарды өз колунда кармап келген. Андан ары түштүктө жана түштүк батышта, Фергана жана Алай тоо кыркаларынын этектеринде, Фергана ойдуңунун чыгыш бөлүгүндө, Алай өрөөнүндө жана чыгыш Памирде адигине жана муңгуштардын ири уруулук бирикмелеринин, 14 миңге жакын түтүнү бар ичкилик тобунун кыштоолору жана жайлоолору болгон. Бул түштүк топтордун жана түштүктөр аркалык деп атаган оң канаттагы тагайлардын эң көп сандагы тобунун ортосундагы табигый чек ара катары түндүк батыштан Фергана ойдуңун айланта курчап турган Фергана тоо кыркасы кызмат кылган.

Нарын дарыясынан түштүк жакта саны 4 миң түтүндөн ашкан черик уруусу көчүп жүргөн. Эң сонун жайыттарга бай Талас жана Чаткал өрөөндөрүндө ошол эле аттагы тоо кыркаларынын этектеринде чакан уруулар: саруу, кушчу, багыш жана башка уруулар жашаган, алардын саны жалпысынан 9 миң түтүндөн ашкан. Мындан тышкары, Кыргызстандын ар түрдүү өрөөндөрүндө жана коктуларында ар кандай бир кыйла майда уруулар жайгашкан.

Бардыгы болуп кыргыздарда 40 чамасында уруу болгон. Кыргыздын баатырдык эпосунда кыргыздар көп учурда «кырк уруу эл» деп аталат.

* * *

Азыр Кыргыз ССРи ээлеп турган аймак Октябрь революциясына чейин Түркстан Генерал-губернаторлугунун Жети-Суу, Сыр-Дарыя, Фергана областтарынын жана Самарканд областынын бир бөлүгүнүн тутумуна кирген. Уездик начальниктер жана жогоруда аталган төмөндөгү административдик аппарат аркылуу өлкөнү башкаруу зордук-зомбулук, паракордук, мыйзамсыз жыйымдар жана калкты бүлгүнгө учуратуу менен коштолгон. Өздөрүнүн уруулаштарынын мүлктөрүн өз билгениндей башкарган манаптар тарабынан эксплуатациялоого жана аргасыздоого улуттук эзүү жана жаңы экономикалык азаптар коштолгон. Сакталып калган манаптык жыйымдардан жана салык төлөөдөн тышкары түтүн башына жыйым белгиленген, ал башка жыйымдар менен бирге 8 сомду түзгөн, мындан тышкары жолдорду салуу жана оңдоо боюнча накталай жер салыгы болгон, бул кыргыздардын кембагал бөлүгүнө өзгөчө оор болгон. Чарбанын төмөнкү товардуулугу кыргыздардын көпчүлүгү салыктарды төлөө үчүн көп малын бепбекер сатууга же кийин мал түрүндө төлөп берүү менен кулактардан же көпөстөрдөн карыз алууга аргасыз болушкан.

Падыша өкмөтү бардык өзүнүн саясаты менен манаптардын артыкчылык абалын колдогон. Бирок өзгөргөн экономикалык шарттар манаптарды чарба жүргүзүүнүн жаңы ыкмаларын колдонууга аргасыз кылган. Алардын ичинен кээ бирөөлөрү айдоо жерлеринин жакшы участокторун басып алышып, аларды көчүп келгендерге сатуу жана ижарага берүү үчүн пайдаланышкан. Айрым манаптар көпөстөргө жана сүткорлорго айланышып, башкалары товардык мал чарбаны жана дыйканчылык чарбасын түзүшкөн. Манаптарда адетке айланган зомбулук, жыйым жана зордоп тартып алуу бир канча жолу букаралардын наараызылыгын туудуруп, кээде элди аёосуз талап-тоногон айрым манаптарды өлтүрүп коюу менен коштолгон.

Край Орусияга кошулгандан кийин таптык дифференциация бир кыйла так формаларга ээ болгон. Бир уюлунда кулактардын төбөлү — байлар өсүп чыккан, экинчи уюлунда кембагалдар чарбаларынын тобу улам барган сайын көбөйүп, алар бай менен манапка жалданууга же малайлыкка барууга , ошондой эле айылдык пролетарийлерге айланууга аргасыз болушкан. Кембагалдардын бир бөлүгү байлар менен кошо көчүп жүрүшүп, алардын малын жалданып багышкан

же жерге иштеп беришкен, ал эми дагы бирөөлөрү — жатакчылар ошондой эле шарттарда байлардын жерин иштетип беришкен. Батрактар кыргыз коомунун көп сандаган жана көбүрөөк эксплуатацияланган бөлүгү болгон, алар өз эмгеги үчүн байдын эски кийимдерин алып, табак түбүн жеп оокат кылышкан.

Кыргызстандын Орусияга кошулушунун натыйжасында кыргыз элинин чарбалык турмушунда терең өзгөрүүлөр болуп өттү. Өлкөгө кирген товардык-акча мамилелеринин таасири астында өзүнүн негизинде накталай болгон кыргыз чарбасында бара-бара ыдыроо, кыштактын жана айылдын капиталисттик багытты карай таптык бөлүнүшүнүн күчөшү, патриархалдык-феодалдык мамилелердин бузулушу, бүткүл экономиканын кайра курулушу башталды.

Кыргызстанга жаңы, бир кыйла прогрессивдүү экономикалык укладдын — капитализмдин элементтеринин кириши менен бирге Кыргызстан жалпы орусиялык жана дүйнөлүк товардык жүгүртүүгө кошулду. Бул жерде байланыштын азыркы убактагы каражаттары, алгачкы жакшыртылган жол катнаштары пайда болду, мунун өзү башка факторлор менен бирге Кыргызстандын жабыктыгынын жана башкалардан оолактыгынын жоюлушуна көмөк көрсөттү. Кыргыз элинин орус эли менен чарбалык жактан жакындашуу процесси башталды. Шаарлар, базарлар пайда болду; коңшулаш райондор, Борбордук Орусия менен алмашуу жана соода күч алды. Ошону менен бирге жаңы эзүүчү тап пайда болду. Соодагер өзбек, орус, татарлар менен катар чарбалык турмуштун майданына кыргыз байларынын жана манаптарынын чөйрөсүнөн көпөстөр, ишкерлер жана сүткорлор чыкты — улуттук буржуазия пайда болду.

Дыйканчылык ылдам өнүгө баштады. 1913-жылы кыргыз чарбаларынын көпчүлүгү малдан тышкары айдоо жерлерине да ээ болду. Таптык дифференциациянын өсүшүнө жараша көчмөндөрдүн жыргалчылыгынын негизи — мал улам барган сайын чакан топтордун колуна топтоло баштады. Маселен, 1912—1913-жылдардагы кыргыз чарбаларын изилдөөлөрдүн маалыматтары боюнча, Пишпек уездинде чарбалардын 5,52 %ин үч эң чоң кубаттуу топтору бардык малдын 33,51%ин ээлеген, ал эми азыраак камсыз болгон төрт топко таандык болгон чарбалардын (малы жок жана ар бир чарбага сегиз баштан ашпаган малы барлар) 49,22%инин үлүшүнө малдын бардык башынын 11 Д2%и туура келген. Дыйкандардын арасында да кембагалдардын саны зор болгон: бардык чарбалардын 47,75%инин эч кандай айыл чарба шайманы болгон эмес жана дыйканчылык кылган чарбалардын 40,77 %и башкалардын шаймандарын пайдаланган. Байлардын кулактык тибиндеги чарбаларында жалданма эмгек кеңири колдонула баштаган.

Орусиянын борбордук жана түштүк чектеринен орус жана украин дыйкандарынын көптөгөн санын бул жакка падышачылыктын көчүрүп келиши крайдын чарбалык турмушуна көп өзгөрүштөрдү киргизди. Падышалык өкмөт айдоого жарамдуу жердин көбүн кыргыздардын пайдаланышынан тартып алып, көчүп келгендердин колуна өткөрүп берди, буга кыргыз манаптары активдүү көмөк көрсөтүштү. Алар эмгекчилерден тартып алынган жерлерди көчүп келгендерге сатып жиберишти жана ижарага беришти. Кыргыз эмгекчилеринин бир кыйла бөлүгү тоолуу райондордогу дыйканчылыкка аз жарактуу жерлерге сүрүлүп ташталды, бул жерде кедейлер жарым-жартылай ачкалыкта жашоого дуушар болушту.

Пролетариатташтыруу процесси кыргыз айылын гана эмес, орус кыштагын да кучагына алды. Келгин орустардын эмгекчилери жана жергиликтүү кыргыз

калкы кулактар, байлар жана манаптар тарабынан эзүүгө дуушар болуу менен бирдей шарттарда калышкан. Буржуазиялык мамилелердин жаралышы менен күчөгөн кыргыз айылынын таптык жикке бөлүнүшү орус жана кыргыз элдеринин жакындашуусу үчүн чыныгы негизди түздү.

Кыргыз кембагалдарынын бир кыйла бөлүгүнүн дыйканчылыкка жана отурукташууга өтүшү баарыдан мурда кыргыз коомунун таптык жикке бөлүнүшүнөн келип чыккан, бирок кыргыз эмгекчилерине орус дыйкандарынын үлгүсү да таасирин тийгизген. Дыйканчылыкка өткөн кыргыздар орус дыйкандарынын чарбалык тажрыйбасын жана ыкмаларын жан дили менен кабыл алышкан. Кыргыз чарбасында орус чалгысы, сокосу жана тырмоосу колдонула баштады. Орус дыйкандарынан кыргыз дыйкандары жаңы айыл чарба өсүмдүктөрүн кабыл ала баштады. Чөп чабуу практикасы ишке кирди. Өз кезегинде орус келгиндери да чарба жүргүзүүнүн кээ бир ыкмаларын кыргыз калкынан үйрөндү, маселен, сугат дыйканчылыгын, алыскы жайыттарда мал багууну үйрөндү. Эки элдин чарбалык жактан жакындашуусунун башталышы падышачылыктын улуттук араздашууну тутандыруу жана эки тараптын тең дин кызматкерлеринин таңуулаган диний ырым-жырымдар саясатынын кесепетинен кеңири өнүгүүгө ээ боло албады.

Кыргыз коомунда патриархалдык-феодалдык мамилелердин туруктуу сакталып калышы кыргыздардын дүйнөгө элдик көз карашында идеологиянын өтө артта калган формасы — диндик идеология сакталып калышына көмөк көрсөттү. Ал кыргыз элинин рухий турмушунда, мазмуну ошол мезгилдеги официалдуу үстөмдүк кылган дин — ислам менен анчалык чектелбесе да, олуттуу роль ойноду.

Ислам кыргыздардын арасында бир кыйла кеч таркаган. Ал түгүл XVII кылымга таандык болгон тарыхый булактарда кыргыздар капырлар, б.а. мусулман эмес деп аталган. Исламдын кыргыздардын арасына бир кыйла кеңири таркатылышын болжол менен XVII кылымдын экинчи жарымына жана XVIII кылымга карата таандык кылууга болот. Бул процесс, кыязы, кыргыз жерлерин Кокон хандыгы басып алган учурдан тартып бир кыйла активдүү формага ээ болгон.

Исламдын орношунда жана таркатылышында негизги ролду ар кандай үгүтчүлөрдөн — дербиштерден, кожолордон жана эшендерден башка кыргыздардын феодалдык төбөлү ээлеген. Өзбек дин кызматчыларынын жардамы менен манаптар өзүнүн бийлиги астындагы калкты мусулман каада салтына үйрөнүүгө жана куранды жаттоого мажбур кылган. Бирок кыргыздардын басымдуу көпчүлүгүнүн арасында диндик фанатизм байкалган эмес. Исламдын догматтары аз белгилүү болгон, диний ырым-жырымдар баары тарабынан эле аткарыла берген эмес. Чокон Валиханов бул жөнүндө мындай деп жазган: «... Исламдын пуританизми бул элдердин ортосунда али таркоого үлгүрбөдү. Буруттар (кыргыздар. — Ред.) өздөрүн мусулмандар деп эсептешет, бирок Мухаммед эмне деген киши экендигин ал түгүл билишпейт. Сөөк коюуну, үйлөнүү тойлорун алар шамандык ырым-жырым боюнча өткөрүшөт, бирок мында эгерде сабаттуу ортоазиялык же татар табылса куран окууга мажбурлашат»[14]. Исламдын көрсөтмөлөрү канчалык эркин түшүндүрүлгөндүгүн бир күнү уруулаштарынын өтүнүчү боюнча ири феодал Ормон отуз күндүк орозону жайкы мезгилден кышкы мезгилге которууга уруксат бергендигинин фактысы күбөлөп отурат.

Эл массасында антиклерикаддык маанай кеңири таркатылган болучу. Алар официалдуу мусулман динчилигине каршы багытталган, маселен, Кудайга кайрылган сыйынууларынын биринде мындай деген өтүнүч камтылган: «Ала чапан кожодон сакта, жылып баскан молдодон сакта!»

Өзүнүн үстөмдүгүн чыңдоонун куралы катары динди пайдаланууга умтулуп, феодалдык төбөлдөр колунан келген бардык каражат менен мусулмандык идеологияны, «динсиздерди» жек көрүүнү таңуулашкан. Панисламизм идеологиясы феодалдар тарабынан элдик-поэтикалык чыгармачылыкка киргизилген. Элдин салт болуп калган ырым-жырымдары бара-бара мусулмандык ырым-жырымдар менен алмаштырылган. Исламдын идеологиясы терең реакциячыл болгон. Ал өндүргүч күчтөрдүн өнүгүшүнө бөгөт болуп, маданияттын өсүшүн кечеңдеткен. Исламдын идеологиясынын эң агрессивдүү формаларынын бири сопулук болуп, ал кыргыздардын арасында да бир кыйла таркаган, анын өкүлдөрү — эшендер «динсиздерге» каршы күрөшкө чакырып, өзүнүн тарапкерлерин рухий жактан кулга айландырган. Алар көчмөн кыргыздардын арасынан өздөрүнө муруттарды тартып, аларга дайыма барып туруу менен өз пайдасына диний садака түрүндө көп сандаган малды чогултуп алышкан. Мындай кыдыруулар жөнүндө «эшен аңчылыкка кетти» деп айтышкан. Кээ бир жерлерде, ал түгүл Тянь-Шанда кыргыздардын сопулук жамааты болгон.

Мусулмандардын беш жолу намаз окуу сыяктуу диний милдети негизинен эзүүчү тапка таандык болгон адамдар тарабынан дайыма аткарылып турган.

Мекедеги мусулмандардын ыйык жерине баруу (ажы) XIX кылымдын акырында — XX кылымдын башында манаптардын жана байлардын арасында бир кыйла жайылган. Бирок мусулмандардын дин майрамдары элдик чөйрөдө да сакталган. Бирок аларды майрамдоо бутпарастык ырым-жырымдар менен айкалышкан. Орозону арбактарга сыйынуу менен байланыштырышкан. Орозо айттын аякташын өлгөндөрдү жана дегеле ата-бабаларды эскерүү катары белгилешкен. Бул күнү боорсок бышырышып, 40 шам (кебез менен оролуп, майга малынган чийден) жагышып, аны боз үйдөгү коломтонун тегерегине коюшкан. Арбактарга атап куран окулгандан кийин шамдын калдыктарын отко ыргытышкан. Ошол күнү жеген тамакты ата-бабалардын арбагына арналды деп эсептешкен. Эркектер чогулуп куран окушкан.

Экинчи бир диний майрам (курман айт) кандайдыр-бир малды курмандыкка чалуу менен коштолгон. Бул майрам тирүүлөрдүн майрамы деп эсептелген. Тамак берүү өз үй-бүлөсүнүн мүчөлөрү, тууган-туушкандары, коңшулары үчүн арналган. Бул майрамдын биринчи күнү кээде кыз куумай уюштурушуп, ага жаштар катышкан.

Жаңы жылды (нооруз же оруз дама) тосуп алуу майрамы эң эски мүнөздө болгон, мында өзүнчө бир формада орто азиялык нооруз майрамынын белгилери жергиликтүү байыркы диндердин калдыктары менен айкалышып кеткен. Февраль айынын акырына туш келген бул майрамдын убагында атайын тамак — буудайдан суюк ботко (көжө) даярдашкан. От жагышып эркектер менен балдар андан секиришип, арча түтөтүп адамдарды жана малды аласташкан.

Кыргыздардын исламды үстүртөдөн өздөштүргөндүгү жөнүндө алардын арасында байыркы диний түшүнүктөрдүн көп сандаган калдыктарынын сакталып калышы далилдеп турат. Ата-бабанын арбагына сыйынуу жана шаманизмдин элементтери өзгөчө зор орунду ээлеген. Түштүк кыргыз урууларынын арасында ислам бир кыйла терең тамырлаган; аларда сакталып калган кээ бир байыркы ишенимдер исламдын байкаларлык таасирине дуушар

болгон. Азыркы убактагы Кыргызстандын түштүгүндө диндик караңгылыктын башкы борбору Ош шаары, анын «ыйык» тоосу — Тахти Сулейман болгон. Мындан тышкары, сыйынуунун жана мусулмандык идеологиянын таркатылышынын борборлору катары «ыйык» Азрет-Аюп дарылоо булактары (азыркы Жалал-Абад шаарынын жанында), азыркы убактагы Ала-Бука районундагы Сафид-Буленд айылынын жанындагы Шах Фазиль күмбөзү, Чаткал өрөөнүндөгү Идрис Пайгамбар күмбөзү ж.б. кызмат кылган.

Мусулман динине чейинки көп түрдүү ишенимдердин сакталып калышы үчүн ыңтайлуу негиз көчмөн мал чарбасынын артта калган формаларына терең сиңген патриархалдык салттардын чыдамкайлыгы болуп саналат. Бул чарбанын дайыма ачарчылыкка жана эмгек чарбаларынын бүлгүнгө учурашына алып келген туруксуздугу, мүлктүүлөрдүн бийлиги астында алсыздык, ошондой эле эпидемиялардын жана ар түрдүү оорулардын алдындагы кудуретсиздик кембагалдыктын жана кырсыктардын себептери жөнүндө жалган түшүнүктөрдү туудурган. Эзүүнүн жана укуксуздуктун социалдык күчтөрүнүн алдында, табигаттын кыйратуучу күчтөрүнүн алдында алсыз артта калган малчылар менен дыйкандар өздөрүнүн фантазиясы менен түзүлгөн табийгаттан тышкаркы нерселердин колдоосун издешкен. Ошол эле убакта алар өздөрүнүн аркы дүйнөгө кеткен ата-бабаларынын колдоосуна жана жардамына үмүттөнүшүп, арбактар тукумдарынын тагдырына таасир тийгизүүгө жөндөмдүү деп эсептешкен.

Кыргыздар арбактар тирүү туугандарын колдойт деп түшүнүшкөн; ар кандай кырсыктар жана сыркоолор арбактарды сыйлабагандыгы үчүн болуп

жатат деп эсептешкен. Мына ушундай көз караштын натыйжасы ата-бабанын мүрзөлөрүн өзгөчө урматтоо болуп саналат. Илгерки убакта мүрзөнү мазактагандык үчүн өлүм жазасына тартышкан. Өлгөндөрдүн мүрзөсүнө сөзсүз кандайдыр-бир эстелик же белги коюшкан. Маселен, саяк уруусунда эркектин мүрзөсүнө өлгөндүн жакшы көргөн атынын куйругу байланган бийик шыргыйды сайып коюшкан. Адетте мүрзөнү айланта дубал согушуп, ал эми оокаттуу жана бай адамдардын мүрзөсүнө күмбөз коюшкан.

Ата-бабалардын арбагы менен кээ бир жерлерде сакталып калган байыркы адет байланыштуу: эркек — үй-бүлөнүн ээси өлгөндөн кийин жыгач дөңгөчкө же жаздыкка өлгөндүн сырт кийимин жана тумагын кийгизип коюшкан. Өлгөндүн кейпи кийгизилген мындай өзүнчө бир куурчакты жыл бою, ашын бергенге чейин боз үйдө сактап турушкан. Бул салт үйлөнүү ырым-жырымында сакталып калган үй очогуна сыйынуу болуп саналат. Патриархалдык-феодалдык мамилелер өнүгүп, исламдын таасири күчөгөн сайын ата-бабаларга сыйынуу бара-бара төмөндөй баштаган, анын ордун ар кандай күмбөздөргө (мазарга) сыйынуудан байкалган мусулмандык «ыйыктар» ээлеген. Маселен, Кыргызстандын түштүгүндөгү Арстанбаптын (Арсланбоб) күмбөзү сыйынуунун объектине айланган.

Ата-бабанын арбактары жөнүндө түшүнүк менен катар ислам менен кошо келген Кыдыр-атага (Хызыр) ишенүү таркала баштаган, ал көзгө көрүнбөгөн ыйык эл кыдырган, өзү менен кошо бакты-таалай, байлык, даңк жана башка жыргалчылыкты алып келген. Бул ишеним көчмөндөрдүн арасына мусулман дин кызматчылары тарабынан терең сиңирилген, ал кыргыздарда Кыдыр-ата жардам бергендер гана бактылуу жана бай болушат деген фаталисттик ынанымга тарбиялаган.

Кыргыздардын арасында ыйык коктуларга, дарактарга, булактарга, таштарга д.у.с. сыйынуу кеңири таркалып, ал көп сандаган магиялык аракеттер жана

ырым-жырымдар менен коштолгон. Мазарлар деп аталган мындай жерлерге кээде ушул убакка чейин малдын сөөгүн жана баш сөөгүн, тоо текелердин, аркарлардын мүйүздөрүн коюшат, топоздун куйругу байланган шыргыйларды сайышат, дарактарга кездемелердин айрыктарын байлашып, бир үзүм кебездерди илишет д.у.с. Кандайдыр-бир бөөдө кырсыктар болгондо (кургакчылык, малдын кырылышы ж.б. ) же мусулман майрамдарынын убагында мазарлардын жанына жакынкы убакка чейин эле түлөө берип, коомдук сыйынууларды уюштурушкан. Үй-бүлөнүн ичинен кимдир-бирөө сыркоолоп калса же мал ылаңга учураса, ошондой эле балалуу болбосо жекече курмандыктарды мына ушундай мазарлардын жанына уюштурушкан. Курмандык чалганда кээде ислам менен жалпы эчтекеси болбогон нерсеге сыйынып, жалынып-жалбарууларды айтышкан. Мазарларды өтө бийик ашууларга да ачышкан.

Кыргыз мифологиясында адамга же анын байлыгы болгон көчмөндөрүн малына зыян келтирүүгө жөндөмдүү имиш болгон ар түрдүү шайтан-жиндер жөнүндө түшүнүк өзгөчө орунду ээлеген. Маселен, алар өзгөчө көп учурда мергенчилерге кол салган жез тумшуктуу жана жез тырмактуу аял түрүндөгү нерселерге (жез тырмах) же адамдын согончогунан кан соргон кемпир түрүндөгү нерселерге (мастан кемпир), ошондой эле боюнда бар аялдарга башкы коркунучту туудурган узун эмчектүү аял түрүндөгү нерселерге (албарсты) ж.б. ишенишкен. Байыркы кудай Жер-Сууга сыйынуунун издери сакталып калган, ага арнап курмандыктар чалынган. Бул кудай байыркы орхон жазууларында (анда ал жакшы кудайлардын катарына кирген) эске алынат. Бул кудайга ишенүү жаратылышка сыйынууга таандык болгон түшүнүктөр менен байланыштуу. Тоолордун, дарыялардын, ашуулардын, ар кандай жаныбарлардын жана канаттуулардын ээлери жөнүндө түшүнүктөр мына ушундай болгон. Тоого сыйынуунун калдыктарын XIX кылымдын 60-жылдарында В. В. Радлов белгилеген. Аялдардын арасында Умай-энеге — аялдар менен балдардын, өзгөчө жаңыдан туулган балдардын сактоочусуна сыйынуу кеңири таркалган (Умай байыркы түрктөрдө эненин, үй очогунун ээси, тукумдарды сактоочунун ээси болгон).

Жаман духтарга (жин) ишенүү өзгөчө орун ээлеген. Аны кичинекей чиркей жана чымын сыяктуу элестетишип, адамда жана жаныбарларда ар түрдүү ооруларды, көбүнчө жин оорусун, талма жана башка нерв ооруларын пайда кылат имиш. Жин оорусун оору адамдан кууп чыгууга белгилүү адам (эркек бакшы жана аял бубу) жарамдуу деп эсептешкен, алардын дарылоо ыкмалары көп жагынан шамандардын дубалоосуна окшош болгон. Бакшынын жөндөмдүүлүгүн мурас боюнча өткөрүп берүү, аларда жардамчы духтардын болушу жана кээ бир башка белгилеринин болушу бакшыны шаман катары кароого мүмкүндүк берет.

Кыргыз шамандыгында, бир жагынан, сибирдик жана борбордук азиялык шаманга жана экинчи жактан ислам менен жана баарыдан мурда сопучулук менен байланыштуу орто азиялык шаманга мүнөздүү болгон өзгөчөлүктөр айкалышкан. Кыргыз шамандары кээ бир белгилери менен казак шамандарынан айырмаланган. Бакшы дубалоонун убагында музыкалык шаймандарды колдонгон эмес. Шаймандар малчылардын караңгылыгын жана түркөйлүгүн пайдалануу менен аларга өзгөчө таасирин тийгизген. Кыргыз шамандарында өздөрү алып жүргөн ар кандай аттарына жараша өзүнчө бир адистешүү болгон. Маселен, бакшы менен бүбү негизинен дарылоо жүргүзүшүп, ошол эле убакта төлгөчү катары да чыгышкан. Сынчы бой тартып калган балдардын болочоктогу

мүнөзүн, күлүк аттардын касиетин, адамдардын жоокердик эрдикке жөндөмдүүлүгүн алдын ала айтышкан. Жаан жаадырган жайчылар, аба ырайын алдын ала айткан эсепчилер, таш төлгө тарткан төлгөчүлөр, койдун далысы менен төлгө тарткан далычылар, кара баскан аялдан жинди кууп чыгууга жөндөмдүү шамандар — куучулар болгон.

Ислам жана исламга чейинки ишенимдердин калдыктары кыргыздардын эмгекчи массаларын эзүүнү күчөтүү үчүн феодалдык төбөлдөр тарабынан кеңири пайдаланылган. Исламдын идеологиясы кыргыз аялынын эзилген абалын бекемдеген. Ал көп аял алууну колдогон жана мыйзамдаштырган, үй- бүлөдө күйөөнүн жана атанын талашсыз үстөмдүгүн бекиткен, аялдар үчүн ар кандай чектөөлөрдү белгилеген.

Патриархалдык мамилелердин калдыктары жана артта калган идеологиянын үстөмдүгү кыргыз коомунда таптык карама-каршылыктардын басылышына көмөк көрсөткөн. Көчмөн калктын эзип жанчылышы, кембагалдын, кулга айландырылган койчулардын жана батрактардын таптык аң сезиминин өнүкпөгөндүгү тап күрөшүнүн күчөшүнө тоскоолдук кылган. Бирок дегени менен ак сөөк феодалдык төбөл менен катардагы көчмөндөрдүн, дыйкандардын жана томаяк койчулардын эзилген массасынын ортосундагы антагонизм патриархалдык катмар аркылуу жарылып чыкты. XIX кылымдын биринчи жарымында эле тап күрөшү артта калган формаларда, көбүнчө калктын айрым топторунун, өзгөчө деспотизм жана таш боордук менен айырмаланган манаптардын бийлигинен кетип калуу же көчүп кетүү түрүндө, кээ бир феодал-эксплуататорлордун малын айдап кетүү, айрым жек көрүмчү манаптар менен байларды өлтүрүп салуу түрүндө байкалган. Бирок XIX кылымдын акырында — XX кылымдын башында таптык карама-каршылыктар тереңдеген сайын тап күрөшү өтө курч абалга жетти.

Кыргыз элинин эмгекчи массасы падышачылыктын талап-тоноо саясатынан, манаптар менен байлардын зомбулугунан оор жапа тартты. Падыша өкмөтүнүн жардамы менен түзүлгөн администрация калктан көп сандагы салыктарды, битирлерди жана жыйымдарды алып турган. Алардын бүткүл оорчулугу кембагалдын мойнуна түшкөн. Булар менен катар жергиликтүү администрация жүргүзгөн официалдуу эмес салыктар жана жыйымдар болгон. Мына ушунун баары эмгекчилерди кедей абалга жеткирип, алардын бүлүнүшүнө жана жакырланышына алып келген. Анткени, манаптар менен байларга кыргыз кембагалдарынын кулдай көз карандылыгы азаймак турсун, улам барган сайын күчөй берген. Мына ушунун баарына эмгекчилердин саясий жактан укуксуздугун, дайыма ак сөөктөрдүн жана байлардын тарабында турган падышалык мыйзамдардын алдында алардын толук бойдон коргоосуз калгандыгын кошо кетүү керек.

Адам чыдагыс улуттук жана социалдык эзүү кыргыз элинде революциялык толкундоону туудурган, аны байлар менен манаптарга каршы күрөшкө, падышачылыкка каршы боштондук күрөшкө түрткөн. Таптык күрөштүн жана улуттук боштондук кыймылдын өтө активдүү формасы 1905-жылдагы биринчи орус революциясынан тартып пайда болгон. Алар болуштарды шайлоого байланыштуу өзүнчө бир «тартипсиздиктер», бир жагынан, дыйкандар менен байлардын жана манаптардын ортосунда жер үчүн, салыктарды төлөөдөн баш тарткандык үчүн кагылышуулардын жана жаңжалдардын формасында байкалган. Кыргыз калкынын эмгекчи массасы падышачылыкка жана жергиликтүү эзүүчү таптарга каршы биргелешип чыгуу үчүн көп учурда орус

эмгекчилери менен биригип кеткен. Орусиянын борборунан алыста турган Кыргызстанга революциячыл орус пролетариатынын жана анын большевиктер партиясынын таасири жайылып (бул жерде бир канча социалдык-демократиялык ийримдер болгон), Кыргызстан падышачылыкка каршы багытталган жалпы орусиялык революциялык кыймылга кошулган. Бирок Кыргызстандагы революциялык күрөш жергиликтүү пролетариаттын алсыздыгынын жана аз сандуулугунун кесепетинен Түркстандын башка областтарында болгондой деңгээлге жете алган эмес.

1916-жылы революциялык кыймыл бир кыйла кеңири кулач жайды, ошол жылы падышалык чиновниктердин, колонизатор кулактардын, бай менен манаптардын зомбулугуна кыргыз калкынын эмгекчи массасынын бышып жетилген кыжырдануусу улуттук-боштондук көтөрүлүшкө айланды. Ал стихиялуу түрдө башталып, чачкындуу каршы чыгуулардан байкалды, анын бирдиктүү борбору жана жетекчилиги болгон эмес, ал жумушчулардын, солдаттардын жана орус дыйкан кембагалдарынын революциялык чыгууларынан бөлүнгөн түрдө өтүп, бирок кээ бир жерлерде орус жана кыргыз эмгекчилеринин биргелешип чыгуулары да болгон. Көтөрүлүш бүтүндөй алганда антиимпериалисттик жана антифеодалдык көтөрүлүш болгон. Бирок кээ бир жерлерде феодалдык-клерикалдык элементтер — байлар менен манаптар караңгы, жанчылган массалардын бул баш аламан кыймылын өздөрүнүн таптык таламдары үчүн алдоо жолу менен пайдаланып, аны орустарга каршы, улуттук кыймылга айландыра алышты жана ошонун өзү менен таптык карама-каршылыктардын курчтугун басаңдата алышты. Натыйжада Кыргызстандын кээ бир түндүк-чыгыш райондорунда кыймыл реакциячыл мүнөзгө ээ болду — феодалдык-монархиялык багытта жүргүзүлүп, улуттук араздашууга алып келди.

Кыргыз элинин жеңилүүгө учураган көтөрүлүшүнүн кесепети эл үчүн өтө зор кыйналуу болду. Көптөгөн кыргыз чарбалары бүлгүнгө учурады. 150 миңге жакын адам падышалык жазалоо отряддары тарабынан жазалоодон коркуп жана бай-манаптык үгүттүн таасири астында Кытайга үрктү.

Көтөрүлүштү жойгондон кийин падышалык администрация «орус каны төгүлгөн жерлерди кыргыздардан тартып алууга» чечим кабыл алды. Кыргыз калкынан Чүй дарыясынын өрөөнүндөгү жана Ысык-Көл ойдуңундагы 4 млн. гектар өздөштүрүлгөн жерди тартып алуу жана аларды Тянь-Шандын бийик тоолуу жерлерине көчүрүү болжолдонду. Муну жүзөгө ашырууга Улуу Октябрь Социалисттик революциясы бөгөт болду.

Кыргыз калкынын эмгекчи массасын кулга айландырууга, аларды саясий, экономикалык жана маданий жактан өнүгүү мүмкүнчүлүгүнөн ажыратууга манаптар жана бийлер менен бирге умтулган падышалык жеке бийликтин үстөмдүгүнүн мезгилинде кыргыз эли оор жолду басып өттү. Бирок, орус падышачылыгынын колониалдык саясатынын бүткүл оорчулугуна карабастан кыргыздардын Орусия империясынын тутумуна киргизилиши кыргыз элинин

андан аркы тагдырында зор прогрессивдүү роль ойноду.

* * *

Улуу Октябрь социалисттик революциясы кыргыз эмгекчилерине колониалдык кулчулуктан жана социалдык эзүүдөн бошонууну алып келди, 1916-жылдагы көтөрүлүштүн натыйжасында бүлгүнгө учураган жана мекенинен ажыраган адамдардын зор массасына адамдык укукту берди.

Коммунисттик партиянын жетекчилиги астында жана орус жумушчу табынын жардамы менен кыргыз эли өзүндө совет бийлигин орнотту, ал өзүнүн

жашашынын алгачкы жылдарында ак гвардиячылардын, контрреволюциячыл байлардын жана манаптардын айыгышкан каршылыгына туш келди. Жети-Суулук казак орустардын төбөлдөрү орус дыйкандарынын кулактык колонизатордук элементтери менен бирдикте 1918—1920-жылдарда бир канча жолу контрреволюциялык көтөрүлүш чыгарышкан. Түштүк Кыргызстанда чет мамлекеттердин колдоосу астында буржуазиялык улутчулдар, байлар жана манаптар уюштурган басмачы кыймылы кеңири жайылтылды. Казак-орустардын — кулактардын жана бай-манаптардын контрреволюциясы, ошондой эле басмачылардын кыймылы Советтик Орусиянын ак ниеттүү жардамы менен жоюлду.

Ал убакта Түркстан фронтуна М. В. Фрунзе менен В. В. Куйбышев жетекчилик кылышкан. Катарында кыргыз кембагалдарынын бир кыйла аң сезимдүү бөлүгү күрөшкөн кызыл гвардиялык отряддар, ошондой эле кийин түзүлгөн Кызыл Армиянын бөлүктөрү граждандык согуштун алгачкы мезгилинде душманга каршы күрөштө эмгекчил кыргыз дыйкандарынын кеңири колдоосуна жана жардамына таянган. Басмачыларга каршы күрөшкө кыргыз партизандык отряддары катышкан.

Октябрь революциясынан кийин көп убакыт өтпөй, өзгөчө түндүк Кыргызстанда граждандык согуш аяктагандан кийин Кытайга качып кеткен көчмөн кыргыздар массалык түрдө мекенине кайтып келе баштады. Мамлекет аларга кеңири жардам көрсөттү. 1921—1922-жылдарда түндүк Кыргызстанда жер реформасы жүргүзүлүп, анын натыйжасында качкын кембагалдарга жана орто чарбаларга казак орустардын кулак элементтери бир убакта басып алган жерлер кайта кайтарылып берилип, алар ошондой эле малга жана шайманга ээ болушту.

Кыргыздар жашаган райондор Октябрь революциясынан кийин Түркстан Советтик Социалисттик Республикасынын тутумуна кирген. 1924-жылы Орто Азиянын улуттук-мамлекеттик бөлүнүшүнүн процессинде Кара-Кыргыз автономиялуу областы түзүлүп, ал РСФСРдын тутумуна кирген (1925-жылы 25-майда ал Кыргыз автономиялуу областы деп кайра аталган). 1926-жылы Советтердин Бүткүл Орусиялык Съезди бекиткен БАКтын III сессиясынын чечими менен Кыргыз автономиялуу областы Кыргыз Автономиялуу Совеггик Социалисттик Республикасына кайра түзүлдү. Андан аркы этап 1936-жылы Советтердйн VIII Чукул Съезди бекиткен Конституцияга ылайык ССР Союзунун тутумуна анын тең укуктуу мүчөсү катары кирген Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын түзүлүшү болду- Ошонун өзү менен кыргыз советтик улуттук мамлекеттин түзүлүшүнүн процесси аяктап, бул кыргыз социалисттик улутунун биротоло түзүлүшүндө зор роль ойноду.

Кыргыз эли өзүнүн патриархалдык-феодалдык артта калышынын, падышалык Орусиянын административдик областтары боюнча бытырандылыгынын, капиталисттик мамилелердин начар өнүгүшүнүн жана экономикалык турмуштун жалпылыгынын уютку формаларынын гана болушунун кесепетинен Октябрь социалисттик революциясына чейин буржуазиялык улут болуп түзүлүүгө үлгүргөн эмес. Совет бийлигинин шарттарында түзүлгөн кыргыз социалисттик улуту мурунку кыргыз элинен түп тамырынан бери айырмаланган.

Кыргыз калкынын экономикасында, таптык тутумунда жана анын турмуш тиричилигинде чечүүчү өзгөрүштөр алгачкы беш жылдыктардын жылдарынын ичинде болуп өттү.

Эзүүчү тапты — байларды жана манаптарды жоюу менен коштолгон айыл чарбасын коллективдештирүүнүн аркасында кыргыз дыйкандары оокаттуу турмуштун кеңири жолуна чыкты.

Улуу орус элинин жана СССРдин башка элдеринин туруктуу жардамынан пайдаланып, кыргыз эли өзүнүн турмушун кайра өзгөртүп, аны таптакыр жаңы негизде курду. Кыргыз ССРи ондогон жаңы өнөр жай ишканалары менен байыды; социалисттик айыл чарбаны өнүктүрүүдө эң сонун ийгиликтерге колхоздор менен совхоздор жетишти, жылдар өткөн сайын айыл менен кыштактарда калктын материалдык жыргалчылыгы жогорулады, кыргыз элинин маданияты гүлдөдү.

Кыргызстандын элдеринин түзүүчүлүк тынчтык эмгеги, бардык советтик элдер сыяктуу эле 1941-жылы 22-июнда гитлердик баскынчылардын жүзүкаралык кол салышы менен бузулду. Падышачылык курал берүүгө ишеним көрсөтпөгөн кыргыз эли Коммунисттик партиянын чакырыгы боюнча өлкөбүздүн башка элдери менен коюн-колтук алышып өзүнүн советтик Мекенинин эркиндигин, ар-намысын жана көз каранды эместигин коргоого көтөрүлдү.

Кыргыз жоокерлери Улуу Ата мекендик согуштун санжырасына бир кыйла жаркыраган барактарды жазды. Ата мекендик согуштун баатырларынын арасында кыргыз элинин ишенимдүү уулдары Советтер Союзунун Баатырлары Дүйшөнкул Шопоковдун, Чолпонбай Түлөбердиевдин, Даир Асановдун, Ташмамат Жумабаевдин, Анварбек Чортековдун, Роза Азимовдун, Самат Садыковдун ысымдары өчпөс даңкка бөлөндү.

Кыргызстандын уулдарынын Улуу Ата мекендик согуштун майдандарында баатырдык эрдиктери кыргыз элинин тылдагы кайраттуу эмгеги менен бекемделди. Жумушчулардын, колхозчулардын жана интеллигенциянын күч-аракети менен Кыргыз Республикасы согуш жылдарынын ичинде майданды куралдардын, ок-дарылардын жана азык-түлүктөрдүн ар башка түрлөрү менен үзгүлтүксүз жабдып турган маанилүү райондордун бирине айланды. Кыргызстандын аймагында өлкөнүн батыш областтарынан эвакуацияланган көптөгөн өнөр жай ишканалары иштеп жатты.

Кыргызстандын өзүнүн патриоттук милдетин аткарууда майданга кеткен күйөөлөрүн, аталарын, бир туугандарын жана уулдарын алмаштырган аялдар, жаштар жана карыялар зор роль ойноду.

Кыргызстандын эмгекчилери мамлекетке жеке аманаттарын, байлыктарын, азык-түлүгүн жан-дилинен берүү менен Кызыл Армиянын жеңиши үчүн финансылык жана материалдык базаны түзүүгө активдүү катышты.

Биздин өлкөнүн элдеринин достугу жана боордоштугу Кызыл Армия немистик-фашисттик оккупациядан бошоткон райондордун калкына жардамдын Кыргызстанда бардык жерде жайылтылышынан айкын байкалды. Ленинградды курчоонун эң оор айларында — 1942-жылдын февралында жана октябрында, ошондой эле 1943-жылдын октябрында Кыргызстандан шаардын тургундары жана коргоочулары үчүн бардыгы болуп 100 вагон чамасында белектер жүктөлгөн эшелондор жөнөтүлдү.

Кыргыз эли майдандагы жана тылдагы өздөрүнүн эрдиктеринен советтик патриотизмдин жогорку үлгүлөрүн көрсөтүштү. Улуу Ата мекендик согуш жеңиштүү аяктагандан кийин Кыргызстандын эмгекчилери тынчтык эмгекке өтүп, ал СССРдин эл чарбасын калыбына келтирүүнүн жана өнүктүрүүнүн зор

пландарын жүзөгө ашыруу жагынан совет элинин эмгектик күч аракетинин жалпы агымына кошулду.

## НЕГИЗГИ КЕСИПТЕРИ

Улуу Октябрь Социалисттик Революциясынан кийин кыргыз элинин чарбалык турмушу жана кесиби түп тамырынан кайра өзгөрүүлөргө дуушар болду. Мурунку чарбанын кээ бир тармактары өзүнүн турпатын таптакыр өзгөртүп, башкалары — мурунку маанисин жоготту, бирок эң башкысы — мурда болбогон жана өзүнө дегеле белгисиз болгон кыргыз элинин чарбалык иш аракетинин жана кесибинин көптөгөн түрлөрү пайда болду.

### Өткөн мезгилдеги айыл чарбасы

Революцияга чейинки өткөн мезгилде кыргыз коомунун өндүргүч күчтөрү өнүгүүнүн салыштырмалуу төмөнкү деңгээлинде болгон. Кыргыздардын башкы кесиби көп кылымдар бою экстенсивдүү типтеги малчылык болгон.

Майда мал чарбалары турмуштун көчмөн жана жарым көчмөн түрүн жүргүзгөн. Өлкөнүн жаратылыш шарттары малды бүткүл жыл бою жайытта күтүүгө мүмкүнчүлүк берген. Тоо рельефи жана ага байланыштуу климаттык шарттары жана өсүмдүк дүйнөсү боюнча ар түрлүү тике зоналардын болушу малчыларга кылымдардан бери калыптанып калган жыл бою көчүп жүрүшүнө, сезондук бир жайыттан экинчи жайытка малын которууга мүмкүндүк берген. Бирок, кыргыздарда малчылык илгертеден эле дыйканчылык менен айкалышып келгендигин, ал бөтөнчө эмес, көчмөн айылдын чарбасынын үзгүлтүксүз бөлүгү катары киргендигин белгилей кетүү керек. Бир кыйла кийинки мезгилдерде гана жер-жерлерде чакан дыйканчылык оазистери пайда болуп, алар кандайдыр-бир даражада аларды курчап турган мал чарбачылыгы менен байланыштуу болгон.

Мал чарбасынын багыты тарыхый шарттарга жараша өзгөрүп турган. Кыргызстандын Орусияга кошулушунун алдындагы мезгилде феодалдык согуштар көп келип чыгып, жеңип алуучулардын жортуулу жасалып турган

мезгилде кыргыздар негизинен жылкы өстүрүшүп, кой жана төө азыраак мааниге ээ болгон.

Кыргыздар Орусияга кошулгандан кийин тынчтык турмушка өтүшү менен кой чарбасы биринчи орунду ээлеп, ошол эле убакта бодо малдын жана төөнүн саны көбөйгөн. Чарбалардын бир бөлүгү негизги кесип катары дыйканчылыкка өткөндө, өзгөчө түштүк райондордо алардын малынын арасында негизги орун жылкыларга, бодо малга жана бир аз эчкилерге таандык болгон. Бодо мал отурукташуу турмушуна өтүүгө аргасыз болгон кембагалдар чарбаларында улам барган сайын зор мааниге ээ болгон.

Чыгыш Памирде жана Ош областынын түштүк, тоолуу бөлүгүндө илгертеден эле кыргыздар өстүрүп келген үй малдарынын негизги түрлөрүнүн бири топоз болуп саналат. Мурда эшектерди жана качырларды Кыргызстандын түштүгүндөгү байлардын чарбаларынын көпчүлүгү өздөрүнүн койчулары үчүн күтүп келишкен. Биздин кылымдын 20-жылдарынан тартып гана алар, атап айтканда, түндүктө да бир кыйла кеңири жайылды.

Кыргыз жылкысы — моңгол тукумундагы жылкылардын бир түрү. Бодо мал жапыз бойлуу, жергиликтүү тукумдагы аз сүт берген мал. Кылчык жүндүү кыргыз койлорунун кээ бир жергиликтүү өзгөчөлүгү болгон. Кыргыздарда кош өркөчтүү төө (бактриялык) басымдуулук кылган.

Ар бир уруу жана урук белгилүү аймакта көчүп жүргөн. Көчүү көбүнчө казактардын көп тобунда болгондой, меридиандык багытта эмес (түндүктөн түштүккө карай), тике багытта: төмөндөгү тайпак тоо өрөөндөрүнөн бийик тоолуу алыскы жайыттарга барып, андан кайра келип турган. Кыш бою малчылар шамалдан ыктоо коктуларда жана жылгаларда болгон. Кышкы жайытка (*кыштоо*) тутумдаш жаткан аймакта көп малдуу бай чарбалары ири бодо малды, төөлөрдү, алыска жол жүрүү үчүн арналган жылкыларды кармашкан. Койду жана калган жылкыларды адетте карын шамал айдап кеткен тоо беттеринде жайгашкан алыскы жайыттарда (*отор*) кармашкан. Бай жана оокаттуу чарбалар акыркы учурда койчуларды жана жылкычыларды жалдашкан же өздөрүнө көз каранды болгон айылдаштарынын эмгегинен пайдаланышкан. Кышкы жайыттын шарттары өтө оор болгон. Аяз менен бороон, ачык асмандын астында узак убакыт бою болуу, турак-жайдын жылытылбагандыгы жана кийим кеченин начардыгы алыскы жайыттарда болууну кыйындаткан. Орточо оокаттуу чарбалар малдарын өз күчтөрү менен кезектешип кайтарышкан же чогулуп койчуларды жалдап алышкан.

Малды кышында жаюу зор кыйынчылыктар менен коштолгон жана малды аман сактап калуу үчүн күчтүн баарын жумшоону талап кылган. Ошондуктан кышкы жайыттын ыкмасы өзгөчө тыкандык менен иштелип чыккан. Кардын астындагы чөпкө өз алдынча жете албаган койлорду жана бодо малды багуу үчүн тоолордун күнөстүү капталдары пайдаланылган. Жылкылар кардын астынан чөптү тээп жеген, карсыз капталдар жок болгон учурда малды белгилүү тартип боюнча жайышкан: адегенде жылкыларды жайып, алар туягы менен карды ачышкан, андан кийин бодо малды, анын артынан койду жайышкан.

Эрте жазда, бирок адетте өзүнүн чакан кыштоосуна жакын жерде жайгашкан айдоо жумуштары аяктагандан кийин орточо оокаттуу малчы өз малы менен тоо этектериндеги жазгы жайыттарга (көктөө же бөксө) көчүп кеткен. Бул жерде кой төлдөгөн. Жайкы ысык башталып, көгөн жана ар кандай чымын-чиркейлер малдын тынчын ала баштаганда малчылардын бир бөлүгү өзүнүн малын бийик тоолуу жайыттарга (жайлоо) которгон, ал эми чакан малы бар чарбалар кыштоого кайтып келгенге чейин жазгы жайыттарда кала беришкен. Көп жайкы жайыттар мөңгүлөрдүн жана түбөлүк кар жаткан төөнүн этектеринде 3,5 миң метр бийиктикте бөлгөн. Тоолорго суук түшкөндө малчылар жайкы жайыттарынан күзгү жайыттарына (күздөө) түшүп келишкен, булар көпчүлүк учурда чөбү кайра жетилип калган жазгы жайыттарына туш келген. Үй-бүлөнүн мүчөлөрү, ал эми байларга көз каранды кембагалдар жиберилген эгин чаап-жыйноо жана чөп чабуу аяктагандан кийин кыштоочу тоолорго кайтып келишкен.

Көчүп жүрүүнүн толук цикли көп сандагы малга жана унаа малга ээ болгон бай жана оокаттуу чарбаларда гана сакталып калгандыгын белгилей кетүү керек. Жылкысы да, кою да болбогон, болсо да бир аз санда болгон кембагал чарбалары өз алдынча дегеле көчүшкөн эмес. Кээ бирөөлөрү өздөрүнүн же байлардын айдоо жерлеринде калып, башкалары иштеп берүүнүн шарттарында жайыт үчүн малдын бир бөлүгүн алардан алуу менен өздөрүнүн бай урукташтары менен көчүп жүргөн. Кээ бир бай малчылар бүткүл кыш бою өзүнүн малы менен бийик, жазы бөксө тоолордо (сырт) көчүп жүрүшкөн. Кээ бир жерлерде жайыттар социалдык топтор боюнча так чектеп бөлүш- түрүлгөн. Мына ошентип, кышында жалпы жайыттарга бириккен чарбалардын тобу жылдын башка мезгилинде бир канча бөлүккө ажыраган. Жогоруда айтылып кеткендей, жайыттарды

пайдалануу көпчүлүк учурларда жамааттык башталмаларда жүзөгө ашырылган, бирок чынында аларды феодалдык-бай төбөлдөр башкарган; чөп чабындылары бөлүштүрүлгөн жана көп учурда түтүндүк-мурасчылык ээликте болгон.

Каардуу кышкы турактан кийин жайлоого чыгуу өзүнчө эле майрамга айланган. Бир аз оокаты бар малчылар эң мыкты кийимдерин кийип, аттарына үртүк жаап, төөлөрдүн башын жана мойнун кооз жабуулар менен жасалгалашкан. Төөгө же атка жүктөлгөн боз үйдүн кереге ууктарын жана башка үй эмеректерин килемдер же туш кийиздер менен жабышкан, ал эми кымбат буюмдарды (самоорлорду, сандыктарды, илегендерди) жүк үстүнө байлап коюшкан. Салт боюнча мурда көчүп келгендер жаңыдан көчүп келгендерди тамактандырышкан (*өрүлүк*).

Көчүү жолдорунун узундугу ар түрдүү райондордо бирдей эмес болгон, ал бир канча ондогон чакырымдан 100—120 чакырымга чейин, ал эми кээ бир жерлерде 150—200 чакырымга чейин жеткен. Айрым чарбалар үчүн көчтүн алыстыгы малдын камсыз болушуна жараша болгон.

Малдын ар бир түрүн багуу үчүн тийиштүү рельефтеги жана чөбүнө ылайык жайытты тандап алышкан. Эмгекчи чарбалар жазгы-жайкы сезондо жаюу үчүн жылкыларды жана койлорду бириктиришкен. Малды көбүнчө тууган туушкандар, кээде коңшулары бириктиришкен. Мындай көчмөн топко кирген чарбалардын саны аларга таандык болгон малдын санына байланыштуу болгон. Мындай биригүү мал жаюуну, аны кайтарууну, кыйын ашуулардан, шар аккан суулардан өтүүнү жеңилдетип, жайытты бир кыйла жакшы пайдаланууга мүмкүндүк берген. Байлардын чарбалары өзүнчө, чакан айыл болуп көчүп кетүүгө артыкчылык беришкен.

Малды багууга, малды кармоого, аларды эмдөөгө байланыштуу нерселерде кыргыздардын казактар менен көп окшоштугу болгон. Жылкычы дайыма өзү менен кошо аркан (чалма) жана жайылып жүргөн жылкыны кармоо үчүн укурукту ала жүргөн. Кулундарды белгилүү жашка чейин күндүз желеде кармашкан. Күнүнө 6—8 жолу бээлерди желенин жанына айдап келип саашкан, ал эми түнкүсүн кулундарды энелери менен бирге жайытка жиберишкен. Чабан атка же өгүзгө минип кой кайтарган, ал эми кечкисин аларды айылга айдап келген. Түнкүсүн короо кайтаруу кыздарга же келиндерге жүктөлгөн. Убакытты өткөрүү үчүн алар ыр ырдап (*бекбекей*), малды ит-куштан, карышкырдан сактоого тийиш болгон.

Мал өстүрүү көп кылымдардан берки тажрыйба менен сыналган ыкмалардын системасы болсо да төмөнкү деңгээлде турган. Өткөн заманда кышка тоют даярдоо дээрлик болгон эмес. Бир аз мурда түштүк кыргыздарда, ал эми XIX кылымдын акырынан — XX кылымдын башталышынан тартып түндүк кыргыздарда орус келгиндеринин таасири астында чөп чабуу кеңири таркала баштаган. Тоют бир аз санда, көбүнчө ылаң жана көтөрүм малды, төлдү» ошондой эле алыска жол жүрүү үчүн арналган жылкыны кошумча тоюттандыруу үчүн топтолгон. Чөп чабуу үчүн кадимки эле маңгел пайдаланылган, бирок XX кылымдын башынан тартып орустун чалгысы таркай баштаган.

Кышка тоюттун жетиштүү запасынын жоктугу кыргыз көчмөн малчылыгын жаратылыштын кырсыктуу көрүнүштөрүнө толук көз карандылыкта калтырган. Мал чарбасына эпизоотиялар, атап айтканда кара тумоо жана тоюттун жетишпегендигинен мезгил-мезгили менен кайталанып турган малдын массалык түрдө кырылышы (жут) зор зыян алып келген. Мал (баарыдан мурда

койлор) эрте жазда, узакка созулган каардуу, терең кар жааган кышта, өзгөчө шыргалаң музда көп кырылган.

XIX кылымдын үчүнчү чейрегине чейин кыргыздар мал үчүн кандайдыр- бир жайды дегеле курушкан эмес. Таштан, камыштан, бадалдардан ачык короо курушкан. Топурактан салынган короолор, андан кийин жабык бастырмалар адегенде бай чарбаларда пайда болгон. Кийинчерээк алар өзгөчө түштүк Кыргызстанда бир кыйла кеңири таркалып, бирок малдын көпчүлүк бөлүгү таш короолордо багылган, алар шамалдан гана коргоп, кардан, бурганактан жана бороондон сактай алган эмес.

Эмгекчил мал чарбасында мал жаюуга жана тоют даярдоого байланыштуу бардык жумуштар эркектерге жүктөлгөн, аялдар айылга жакын жерде жайылып жаткан малга көз салууга, бээлер менен уйларды, эчкилер менен койлорду саап алууга, төлдү багууга, сүт чарбасын жүргүзүүгө, мезгил-мезгили менен малды күзөтүүгө, ошондой эле айылдын көчүшүнө байланыштуу жумуштун негизги бөлүгүн аткарууга тийиш болгон.

Кыргыздар малды бардык жерде төлүн салуу менен сүт саап алышкан.

Үй малын дарылоо үчүн кыргыздар операциялык кийлигишүүнү, кан чыгарууну жана элдик ветеринариянын ар түрдүү каражаттарын колдонушкан. Эгер дарылоого мүмкүн болбосо, алар ар түрдүү магиялык ыкмаларды колдонушкан: малды арчанын түтүнү менен аласташып, «ыйык жерлерге» — мазарларга малды айдап барышып, мазарга сыйынышып, үй жаныбарларынын колдоочуларына курмандык чалышкан. Албетте, мына ушунун баары кырсыктан кутулта алган эмес, алардан дээрлик жыл сайын малчылар жапа тарткан. Орусияга кошулгандан кийин пайда болгон ветеринардык мекемелердин тармагы өтө чектелүү болуп, зор мейкиндикке чачылып жаткан кыргыз айылдарын тейлей алган эмес.

Крайга орустардын жана украиндердин көчүп келип жайгашуусу менен жергиликтүү чарбалык турмушта кээ бир жаңылыктар пайда болгон. Ысык-Көл ойдуңунда В. П. Пяновский жылкы заводун түзгөн. Асыл тукум айгырлар Пржевальск шаарында негизделген куудуруу атканасында да болгон. Кыргызстанга бодо малдын жакшыртылган тукумдары, уяң жүндүү койлор ташылып келинген. Кээ бир жерлерде айыл чарба мектептери түзүлгөн, бирок мына ушул бардык прогрессивдүү иш чаралар, ошондой эле чөп чабуунун жана тоют даярдоонун өнүгүшү кыргыз мал чарбачылыгында кандайдыр-бир сезилээрлик натыйжаларды берген эмес. Ал мурдагыдай эле артта калган жана аз продуктулуу бойдон кала берип, жаратылыштын шарттарына жана патриархалдык-феодалдык мамилелердин үстөмдүгүнө толугу менен көз каранды болгон.

Азыркы убактагы кыргыздар жайгашкан аймакта дыйканчылык маданияты илгерки замандан бери эле болгон. Ал антикалык мезгилде Ферганада бир кыйла өнүгүүгө жетишкен; б.з.ч. I миң жылдыктын экинчи жарымында ал Согдадан[1] келгендердин дыйканчылык кесибинин таасири астында Чүй өрөөнүндө гүлдөө мезгилин башынан өткөргөн. Моңголдук мезгилден кийин түндүк Кыргызстандын чектеринде дыйканчылык таптакыр төмөндөп кеткен.

Жакынкы убакка чейин эле Ысык-Көлдүн жээгиндеги аймактарда, Чүй өрөөнүндө жана түндүк Кыргызстандын башка райондорунда дыйканчылыктын кайра жаралышы XIX кылымдын 60—70-жылдарында бул жакка орус жана украин дыйкандарынын көчүп келишине байланыштуу деген пикир болгон. Чындыгында бул крайда дыйканчылык маданияты андан мурда эле кайра

жаралган. XVII кылымда ойроттук феодалдар убактылуу басып алган мурунку жерине өздөрү кайтып келгенден кийин дароо эле абориген-кыргыздар жерди иштете баштаган. Акыркы жылдарда чогултулган талаа материалдары көрсөтүп тургандай, Фергана менен коңшулаш Тогуз-Торо өрөөнүндө (Тянь-Шань) XVII—XVIII кылымдардын чектеринде кыргыздар сугат дыйканчылыгы менен кесиптенишкен. Бул маалыматтарды XVIII кылымдын[2] акыркы чейрегине таандык болгон кытай булактары, ошондой эле XVIII кылымдын акырында жазган капитан И. Андреевдин мурда айтылып кеткен эмгеги ырастайт. Андреев кыргыздардын «бир кыйла мол дыйканчылыгы бар экендигин», анда «жай мезгилинде эмгектенишээрин» кабарлайт.

Фергана ойдуңунун аймагында жана аны курчап турган тоо этектеринде дыйканчылык кыргыздарда сөзсүз мурда эле болгон. В. П. Наливкиндин материалдарынан XVII кылымда кыргыздар бул жерде зор ирригациялык системаларды курушкандыгы көрүнүп турат[3].

Бир кыйла кийинки булактар Ысык-Көл ойдуңунда, Чүй жана Талас дарыяларынын өрөөндөрүндө, ошондой эле Фергана ойдуңунда, Кетмен-Төбө өрөөнүндө жана климаттык шарттар мүмкүндүк берген тоолордо, кээде бир кыйла бийиктикте (маселен, Ат-Башы дарыясынын бийик тоолуу өрөөнүндө) кыргыздарда дыйканчылыктын кеңири таркагандыгы тууралуу күбөлөп отурат. Кыргызстан Орусияга кошулганга чейин эле дыйканчылыктын ири борборлорунун бири Ысык-Көлдүн кылаасы болгон.

Кыргыздардын дыйканчылык маданиятынын коңшулаш отурукташкан элдердин — өзбектер менен тажиктердин жана КЭРдин азыркы Жиньжан-Уйгур автономиялуу районунун аймагында жашаган отурукташкан калктын байыркы дыйканчылык маданияты менен көп окшош белгилери бар. Мына ошентип, кыргыз дыйканчылыгы жергиликтүү ортоазиялык дыйканчылык менен тыгыз өз ара аракетте өнүккөн. Ошону менен бирге өлкөнүн түндүгүндөгү кыргыз дыйкандары (бир аз бөлүгү түштүктө да ) XIX кылымдын 60— 70-жылдарынан тартып илгертеден дыйкандардын — көчүп келген орус жана украин дыйкандарынын жакшы таасирин башынан өткөргөн.

Түштүк кыргыздардын чарбасында дыйканчылыктын салыштырма салмагы илгертеден эле бир кыйла жогору болгон. Түндүк Кыргызстанда анын мааниси Кыргызстан Орусияга кошулгандан кийин көбөйө баштады. 1913-жылы Пишпек уездинин кыргыз чарбаларынын 90%тен ашууну дыйканчылык менен кесиптенген. Кыргыз кембагалдарынын бир кыйла бөлүгүнүн, жогоруда белгиленип кеткендей, дыйканчылыкка жана отурукташууга өтүүсү баарыдан мурда кыргыз коомунун таптык жикке бөлүнүшүнөн, кыргыз чарбасына капиталисттик мамилелердин кире башташынан келип чыккан. Мында падышачылыктын колонизатордук саясаты зор роль ойноду: зор жер массивдерин тартып алуу жана жайыттардын, өзгөчө бир кыйла баалуу жайыттардын кыскарышы аз камсыз кылынган чарбаларда малдын санынын кыскарышына алып келген. Кыргыздардын дыйканчылыгынын өнүгүшүнө алардын коңшуларынын — орус дыйкандарынын жакшы үлгүлөрү да кээ бир таасирин тийгизген.

Өтө аз сандагы малы бар жакырланган чарбалардын бир бөлүгү дыйканчылыкка өтүү менен бирге көчүп жүрүүнүн толук эмес циклин жасашкан. Дегеле малы болбогон көп кембагал чарбалары үчүн дыйканчылык жашоонун бирден-бир булагына айланган.

Октябрь революциясынын босогосундагы жылдарда жарым отурукташкан типтеги аралаш малчылык-дыйканчылык чарбасы бир кыйла кеңири таркаган: мындай чарбада үй бүлөнүн бир бөлүгү жайкысын эгин эгүү үчүн кыштоолордо кала беришкен. Бирок дыйканчылыкка өтүү мурдагы көчмөн чарбалардын отурукташуусу менен дайыма эле туш келе берген эмес. Маселен, Пишпек уездинде кыргыз чарбаларынын арасында бар болгону 15,1%и отурукташкандар болгон. Кыргыз кембагалдарынын дыйкандардын абалына өтүүгө жасаган аракети манаптар тарабынан кескин каршылыкка туш келген, анткени алар мындан өзүнө көз каранды калкты эксплуатациялоо үчүн мүмкүнчүлүктөрдү көрүшкөн. Отурукташууга өтүү үчүн күрөш кээде өтө курч мүнөзгө чейин жеткен. Узакка созулган күрөштөн кийин 1900-жылы Пишпек уездинде кыргыздардын биринчи Таш-Дөбө отурукташкан айылы негизделген. Аны менен дээрлик бир эле убакта Пржевальск уездинде Боз-Учук айылы пайда болгон. Октябрь революциясынан бир аз мурда кыргыздар бир канча башка отурукташкан айылды, анын ичинде кыргыздар менен орустар аралашкан Дархан айылын (1912-ж.)[4]түзүшкөн.

Падышачылыктын агрардык саясатынын шарттарында кембагал кыргыздардын дыйканчылыкка жана отурукташууга өтүүсү бир кыйла кыйынчылык менен өткөндүгүнө карабастан, бул көрүнүш жалпы тарыхый көз караштан алганда, сөзсүз чарбанын жана маданияттын бир кыйла жогорку формасына өтүшүн белгилөө менен прогрессивдүү мааниге ээ болгон.

Кыргыздардын негизги массасынын чарбасында дыйканчылык көмөкчү тармак болгон жана көбүнчө керектөө мүнөзүндө болгон. Айдоолор, өзгөчө кембагалдардын чарбаларында анчалык чоң болгон эмес. Бай малчыларда гана алар көп учурда бир кыйла өлчөмдөргө жеткен. Фергана өрөөнүндө дыйканчылык улам барган сайын товардык мүнөзгө ээ болуп, бул ал жерде пахтачылыктын өнүгүшүнө байланыштуу болгон. Түштүктө кыргыздар пахтадан тышкары буудай, жүгөрү, меке, шалы, бакча өсүмдүктөрүн, беде эгишкен. Кыргызстандын түндүгүндө негизги өсүмдүктөр буудай, таруу жана арпа, бир аз санда сулу жана беде болгон. Арпа бийик тоолуу райондорго өзгөчө таркаган. Сулу айдоо крайда орус калкынын таасири астында таркаган. Кыргыздардын эң байыркы дан эгини, кыязы, таруу болгон. Огороддук өсүмдүктөр анчалык көп таркаган эмес. Маселен, Пржевальск уездинде 1913-жылы огород өсүмдүгүн кыргыз чарбаларынын 1%и гана эккен.

Дыйканчылык кыргыздарда негизинен сугат ыкмасында болгон, ал бийик тоолуу шарттарга ыңтайлаштырылган сугаттын чеберчилик менен иштелип чыккан ыкмалары болгон. Сугат каналдарын (арык, өстөн) көп учурда зор бийиктикте, аскалуу жерде курушкан. Жарлар аркылуу сууну өткөрүү үчүн карагайды оюп, акведуктарды (ноо) курушуп, аларды бийик тирөөчтөрдүн үстүнө жаткырышкан. Кээ бир жерлерде кыргыздар байыркы, эчак пайдаланылбай калган ирригациялык тармактарды калыбына келтиришкен. Жайылтып сугаруу гана колдонулган. Сугат системасы эгин эгүүдөн кийин жайлоолорго көчүп кетүүгө жана эгин жыйып алаарда кайра келүүгө мүмкүндүк берген. Бул убакыттын аралыгында сугаруу үчүн көчмөндөрдүн үй-бүлөсүнүн айрым мүчөлөрү гана келип турган.

Кээ бир жерде сугат дыйканчылыгы жаан-чачынга байланыштуу кайрак дыйканчылыгы менен айкалыштырылган. Бирок кийинчерээк кайрак айдоолору бир кыйла кеңири таркаган, мунун өзү айланадагы орус калкынын тажрыйбасын пайдалануу менен байланыштуу.

Жерди айдоо үчүн негизги шайман буурусун (түштүктө — амач, омоч, ысфар; тажикче салыштырганда — «сипор»), бул украиналык бир тиштүү ралого окшош болуп, Орто Азиянын элдеринин көпчүлүгүнүн бул сыяктуу шаймандарынан айырмаланган эмес. Адетте анын шиш учуна чоюн кийгизилген (тиш). Бул шаймандын байыркы экендиги 1953-жылы Чүй өрөөнүндөгү буддалык храмды казуунун убагында б.з. VIII кылымында арчадан жасалган так эле ушундай шаймандын табылгандыгы менен ырасталып отурат. Бул шаймандын өркүндөтүлбөгөндүгүнөн талааны кайчылаштырып айдоону жүргүзүүгө туура келген. Кыргыздардын айдоо шайманынын тиби жана ага байланыштуу терминология кыргыздардын жана Орто Азия менен Чыгыш Түркстандын отурукташкан калкынын дыйканчылык техникасындагы жалпы окшоштуктарды көрсөтүп отурат.

Октябрь революциясынын алдында байыркы буурусун кыргыздардын айыл чарба техникасында али да болсо басымдуулук кылышын уланта берген. Бирок орус дыйкандарынын таасири астында орустардын темир соколору да таркала баштады. 1913-жылы Пишпек уездинде 3538 соко, ошол эле убакта 13217 буурусун болгон.

Кыргыз дыйканчылыгында дың жер системасы үстөмдүк кылган, котороуштуруп айдоо сейрек болгон, жерди семиртүү түштүк Кыргызстанда бир аз колдонулган.

Кыргыздар үрөндү баш кийимге, чапандын этегине, тери чакага, жем баштыкка салып кол менен себишкен. Кийинчерээк кап менен себүү ыкмаларын орустардан үйрөнүшкөн. Кыргыздарда кээ бир жерлерде көчмөндөр үчүн гана мүнөздүү болгон себүүнүн ыкмалары сакталып калган. Атка минип, үрөндү аттын башынан ашыра себишкен. Тырмоо үчүн долононун, арчанын таңгакталган бутактарын (мала, шак мала) же бутактуу дөңгөчтү пайдаланышкан, кээде капталынан жыгылтылган буурусун менен малалашкан, оор болсун үчүн маланын үстүнө адам туруп алган. Убакыт өткөн сайын жыгач же темир тиштүү маланы пайдалана башташкан, анын конструкциясын орустардан үйрөнүшкөн.

Эгинди оруу үчүн бирден-бир шайман ороктун эки түрү болгон. Иймек формадагы *эски орок*, *кол орок* жана *тиши жок жылма орок* — маңгел колдонулган, бул Орто Азиянын башка райондоруна да таркаган. Карыялардын айтканына караганда качандыр бир убакта эгин оруу үчүн койдун жаак сөөгүн же жылкынын кабыргасын пайдаланышкан. Айдоо аянты кичине болгондо кээде эгиндин башын кол менен үзүп алышкан же бычак менен кыркып же түп тамырынан жулуп алышкан. Кийинчерээк орус чалгысы бир кыйла жайылды. Боо байлашып талаага чогултушкан же *чийне* менен кырманга ташып келишкен, кээде орус же украин арабасын пайдаланышкан.

Айдоо аянттары анчалык чоң болбогон илгерки убакта түшүм бастырууну эгиндин башын жөнөкөй эле таяк менен уруп жүргүзүшкөн. Ушул максат үчүн ичине эгиндин башы салынган сокуну колдонушкан. Бирок эгин бастыруунун эң көп таркаган түрү малды (аттарды, өгүздөрдү, эшектерди) туташтырып, кырмандын ортосуна орнотулган мамыдагы жыгач алкакка (*чамберек*) байлап, бастыруу (*темин басуу, пайкан*) болгон. Түштүк Кыргызстанда эгин бастыруу үчүн өзбектер менен тажиктерден үйрөнгөн бутактар, чыбыктар, чөп менен тордолгон тик бурчтуу жыгач рама түрүндөгү же таңылган бутактар түрүндөгү курал (увал; тажикче — «чапар») колдонулган. Көчүп келген орустар менен украиндерден таш малалардын (мала таш) жардамы менен эгин бастыруу ыкмасын үйрөнүшкөн.

Эгинди сапыруу үчүн биринчи бастыргандан кийин айры (*беш илик*), ал эми экинчи бастыргандан кийин — жыгач күрөк колдонулган. Түштүктө эгинди калбыр (*паран*) менен да элешкен. Эгин бастыруу аяктап кызылы кырманга чогултулгандан кийин ырым-жырым тамагын (чеч) уюштурушкан. Бул үчүн кандайдыр-бир майда малды союу керек болгон. Малдын башына шыпыргы төшөшүп, ал эми анын каны күрөккө тамган. Малдын канын данга жана шыргыйга чачышкан, бул сый тамак Баба Дыйканга — дыйканчылыктын колдоочусуна арналган. Бул ырым-жырым тажиктердин «чошбандисине» окшош келет.

Эгинди унга тарттырууда Орто Азия үчүн жалпы типтеги суу тегирмендери менен катар кол менен тартылуучу таш жаргылчакты колдонушкан. Кыргыздар чарбада кетмен сыяктуу куралды да көп колдонушкан. Бул курал Орто Азияда бардык жерге таркатылган.

Мына ошентип, кыргыз дыйканчылыгы эң байыркы өзүнчө бөтөнчө белгилерин сактап калуу менен бирге бардык ортоазиялык дыйканчылык менен ажырагыс байланышта болгон. Бирок андан коңшулаш орус жана украин калктары менен аралашуунун, ошондой эле Орусия менен экономикалык байланыштардын чыңдалышынын прогрессивдүү таасири көрүнүп турат.

## *Аңчылык*

Кыргыздарда илгертеден эле негизги кесиптеринин бири болгон аңчылык XIX кылымда да алардын эмгек чарбаларында бир кыйла көмөк болгон. Фольклордо айрым учурларда аңчылар кедей айылдарды же чакан жамаатты эт менен камсыз кылып келишкендиги жөнүндө эскерүүлөр сакталып калган. Өткөн заманда аңчылыктын зор мааниси бар экендигинин далили катары кыргыздардын элдик календары кызмат кылат, анда беш айга аңчылык жаныбарларынын аты коюлган: бугу, теке, кулжа жана эликтин текелери (чын куран, жалган куран).

Алгыр куштар жана курал менен аңчылык кылышып, капкан коюп, тузак тартышкан. Октябрь революциясына чейин жыгач кундактуу милтелүү мылтыктар кеңири таркаган, бирок сүмбөлүү мылтыктар жана барданкелер пайда боло баштаган. Мергенчилер аркар-кулжага, эчки-текеге, эликке, аюуга, карышкырга, түлкүгө аңчылык кылышкан; XIX кылымдын биринчи жарымында маралдарга аңчылык кылуу кеңири таралып, жылдын белгилүү убагында атып алынган маралдын мүйүзү Кытайда жогору бааланган; аларды кыргыздардан кытай көпөстөрү сатып алып турган. Кыргыздардын көзгө атар мерген, бөтөнчө чаалыкпас аңчылар катары даңкы чыккан.

Илгери аркар-кулжага жана эчки-текеге кээде чогуу аңчылык кылышкан (уу), аңчылыктын мындай ыкмалары тажиктерде да болгон.

Аңчылар, ошондой эле койчулар тоого чыгуу үчүн аттын туяктарынан жасаган ыңтайлуу нерселерди (тай туяк) пайдаланышкан, аларды өтүктүн таманына байлап алышкан. Алардын тегерек же төрт бурчтуу формадагы лыжалары (жапкак) жана аскаларга чыгуу үчүн темир чокойлору болгон.

Илгерки замандан бери кыргыздарда алгыр куштар менен аңчылык кылуу кеңири тараган. Алгыр куштар катары мүнүшкөр мыкты таптаган бүркүттөрдү, шумкарларды, карчыгаларды пайдаланышкан. Негизинен бүркүт менен аңчылык кылышкан, аларга түлкү, кээде карышкыр, элик алдырышкан. Шумкарлар жана карчыга менен канаттууларга аңчылык кылуу көбүнчө ышкыбоздук- спорттук мүнөздө болгон. Көп учурда ал феодалдык төбөлдөрдүн көңүл ачышы үчүн кызмат кылган. Тайган иттер менен аңчылык кылуу да чеберчилик менен

жүргүзүлгөн. Кыргыздар илгертеден эле иттин өзгөчө, тоого ылайыкташкан тибин (тайган:) өстүрүп келишкен, ал түлкүгө жакшы пайдаланылат. Иттерди айбанаттарды камоонун убагында да пайдаланышкан.

Кыргыздарда мергенчиликке арноонун ырым-жырымы болгон. Канаттууларды арбоо колдонулган.

Октябрь революциясынан кийин аңчылык көмөкчү промыселдин маанисин жоготкон жок, бирок анын мүнөзү зор өзгөрүүлөргө дуушар болду. Аңчылар колхоздордун тутумуна кирген бөтөнчө звеного биригишкен. Алар өткөргөн аң терилери үчүн акча колхозго келип түшүп, ал эми аңчыларга эмгек күнү жазылган. Аңчылыктын негизги объектилери көбүнчө түлкү, суур жана сары чычкан болгон, бирок азыр да жырткычтарга — карышкырларга, аюуларга, илбирстерге аңчылык кылышат. Милтелүү мылтыктар дээрлик бардык жерде керектөөдөн чыкты — аларды эң жаңы аңчылык мылтыктары алмаштырды. Жырткычтарга жана суурларга аңчылык кылуу үчүн азыр да капкандар колдонулат. Бүркүт менен аңчылык кылуу, өзгөчө түлкүгө аңчылык кылуу азыр да улантылып жатат. Мергенчилердин звеносуна кирбеген колхозчулар да аңчылык кылышат. Бул көбүнчө малчылар. Алар оторлорго жана үйүрлөргө коркунуч келтирген жырткычтарга аңчылык кылышат. Кыргызстанда өлкөнүн зоопарктары үчүн жапайы жаныбарларды жана канаттууларды кармоо кеңири өлчөмдө жүргүзүлүп жатат. Кыргыз мергенчилери бул үчүн жабдылган экспедицияларга активдүү катышат жана илбирстерди, мадылдарды, эчки-текелерди, аркар-кулжаларды жана башка айбанаттарды зор устаттык менен кармашат.

Алгыр куштар менен аңчылык кылуу азыркы убакта да кыргыздардын эң жакшы көргөн спорттук көңүл ачууларынын катарына кирет.

### *Үй промыселдери жана кол өнөрчүлүк*

Кыргыз чарбасында ар кандай үй промыселдери бир кыйла орунду ээлейт, алардын көпчүлүгү мал чарбасынын продуктуларын иштетүүгө байланыштуу. Эркектер жазында жана күзүндө кырккан койлордун жүнүнөн, аялдар жыгачтан, коргошундан же таштан жасалган ийиктин жардамы менен жип ийришкен. Бул жиптен эң жөнөкөй токуу станогунда (өрмөк) чепкендерди, шымдарды, каптарды, куржундарды тигүү үчүн таар, ошондой эле боз үйдү курчата таңуу үчүн тасмасын токушкан. Өзүнүн түзүлүшү боюнча кыргыздардын токуу станогу жалпы белгиси жагынан Орто Азиянын коңшулаш мурда көчүп жүргөн элдеринин станокторуна окшош келет.

Кой жүнүнөн ошондой эле токума килемдерди (кыргыздардын түштүк тобунда) жана боз үйдүн жабууларын жасашкан. Ал жүндөн жерге төшөө үчүн ала кийизди, чепкендерди, баш кийимди, бут кийимди, ээр токумдарды жасашкан. Төөнүн жүнүнөн кийим тигүү үчүн таар согушкан, эчкинин жана топоздун жүнүнөн аркан эшишкен. Кой терисинен тон, тумак, боз үй үчүн көрпөчө тигишкен. Терини туз салган айран менен ашатышып, андан кийин челден тазалашкан. Эчкинин терисинен суюктуктарды сактоо жана ташуу үчүн чанач жасашкан. Бодо малдын, жылкынын жана төөнүн териси бут кийим жана ар кандай идиштер үчүн пайдаланылган.

Ар бир айрым үй-бүлөнүн керектөөсүнө зарыл жана бүтүндөй бойдон аялдардын мойнуна жүктөлгөн үй промыседдеринин ичине кире тургандардан жүн жана кебез оролгон чийден жасалган буюмдарды айта кетсек болот.

Кембагал жана орточо оокаттуу чарбаларда үй промыселдеринде үй-бүлөнүн мүчөлөрү иштеген; бай чарбалар үй жумуштары үчүн өздөрүнө көз каранды кедей туушкандарын тартышкан.

Жыгачтан буюм жасоо жумуштарына негизинен боз үйдүн уук-керегелерин, ээрлерди, бешиктерди жана бир аз идиштерди жасоо кирген. Оймо жыгач идиштерин жасоо үчүн жыгач-усталар эң жөнөкөй токардык станокту (кырма, дүкөн) колдонушкан. Кээ бир усталар заказ боюнча, түздөн-түз керектөөчүгө, көбүнчө анын материалынан иштешкен, эмгеги үчүн акы төлөө көбүнчө натуралай жүргүзүлгөн. Кол өнөрчүлүк кыргыздарда өнүккөн эмес. Устаттар малчылык жана дыйканчылык менен кесиптенүүсүн уланта беришкен.

Металлдарды иштетүү кыргыздарда илгертеден белгилүү. Ысык-Көлдөн алынган темир аралаш кумдан аны жөнөкөй көөрүктөрдө эритишип, темир алышкан. Темир усталар така, бычак, орок, балта, соконун тишин, ал эми алардын ичинен чеберлери — курал жасашкан. Күмүш усталар, зергерлер күмүштөн аялдардын кооз буюмдарын, эркектердин кемер курларын, көмөлдүрүк, куюшкан жана ж.б. жасашкан, булар көп учурда зор көркөмдүк кооздугу менен айырмаланган. Кээ бир кол өнөрчүлүктүн түрлөрү кыргыздарда мурас боюнча өткөн; мураскор темир усталар, зергерлер, тегирмен ташын жасоо боюнча да усталар болгон.

Кээ бир жерлерде түстүү таштан кыт куйгучтарды, шам койгучтарды, топчуларды жасашкан. Памирдик кыргыздар хрусталь, яшма, уюма алтын таап алышып, анын баарын Кашкар менен Жаркенттин базарларында сатышкан. Түштүк кыргыздар көмүр өчүрүшүп, аны Фергананын шаарларында сатышкан.

Кыргыздар коңшулаш өлкөлөр менен илгертеден эле алмашуу соодасын кызуу жүргүзүп келген, аларга Ферганадан жана Кашкардан кабыма пахта жана жарым жибек халаттар, жууркан-төшөк, тебетей, жоолук, кебез жана жибек кездеме менен соодагерлер келип, ал кездемелердин арасынан бөз менен бүртмө көбүрөөк талап кылынган. Куралды да ошол жактан алып келишкен. Кулжадан көпөстөр чай, тамеки, күрүч, жибек кездемелерин алып келишкен. Кыргыздарга орусиялык товарлар да келип жеткен. Орусия менен соода кыргыздар орус букаралыгын кабыл алганга чейин көп убак мурда орнотулган. Орусиядан кездеме, булгаары, темир жана чоюн буюмдар, зергер буюмдары келип турган. Бул товарларды кыргыз калкы көп талап кылган. Алып келген товарларынын ордуна көпөстөр кыргыздардан мал, тери, кийиз, булгаары, жүн, аң терилерин жана кыл алышкан. Алмашуу операцияларында жалпы эквивалент катары кой кызмат кылган. Ташылып келинген товарлардын кымбаттарын (маселен, жибек кездемелерди, булгаарыны, күрүчтү) бай мал ээлери гана сатып алышкан.

Отурукташкан коңшу элдер менен сооданын жана алмашуунун бир кыйла өнүккөндүгүнө карабастан, XIX кылымда кыргыз коомунда товардык өндүрүш түйүлдүк абалда гана болгон. Шаарлардын жана базарлардын өтө аз санда болгондугунун натыйжасында малчылардын жана дыйкандардын басымдуу көпчүлүгүнүн чарбасы негизинен натуралдык чарба болгон. Ош жана Анжиян, Кашкар жана Жаркент сыяктуу экономикалык борборлорго тартылган кыргыздар жашаган райондор бөтөнчө абалда болгон. Бул жерде товардык мамилелер аздыр-көптүр мааниге ээ болгон.

XIX кылымдын акырында — XX кылымдын башында Кыргызстанда экономикалык турмуш жандана баштаган. Мал жана мал чарбасынын продуктуларын соодалоо улам барган сайын кеңейип, товардык-акча мамилелери айылга аралаша баштап, натуралай кыргыз чарбасынын негизи

бара-бара бошоңдой баштады. Алмашуу соодасы улам барган сайын акча соодасы менен алмашыла баштады. Негизги орунду Орусия менен соода ээледи.

Октябрь революциясынан кийин, өзгөчө айыл чарбасын коллективдештирүүгө, жергиликтүү өнөр жайдын жана советтик сооданын өнүгүшүнө байланыштуу кыргыз калкынын чарбалык турмушунда үй промыселдеринин жана кол өнөрчүлүгүнүн мааниси жана салыштырма салмагы кескин өзгөрдү. Алардын ичинен кээ бирөөлөрү, маселен, темир усталык кол өнөрчүлүгү, жыгач иштетүү, аркандарды жасоо коомдук чарбанын тармагына толугу менен же бир аз бөлүгү өттү. Бирок колхоздун устаканаларында иштеп жаткан кыргыз чеберлери айыл чарба шаймандарын оңдоо жана жасоодон башка колхозчулар үчүн үй эмеректерин: тулгаларды, кычкачтарды, депкирлерди жасашат. Айрым жыгач усталар ушул убакка чейин боз үйдүн уук-керегесин жасашат. Азыр алардын көпчүлүгү колхоздордун курулуш бригадаларында же колхоздун мастерскойлорунда жыгач уста катары иштеп жатышат. Негизги бош убактысында алар колхозчулардын өтүнүчү боюнча мебелдин жана үй эмеректеринин ар башка түрлөрүн: идиш үчүн жапыс шкафтарды, нан сактоо үчүн үкөктөрдү, дан жана ун үчүн үкөктөрдү, кадимки же тегерек жапыс столдорду, челектерди, сокуларды, бешиктерди, музыкалык шаймандарды (комуз), ээрлерди жасашат.

Кыргыздардын эски үй промыселдеринин бир кыйла бөлүгү азыр да кандайдыр-бир даражада колхоздук үй-бүлөлөрдүн жеке чарбаларында сакталып калган, мунун өзү жергиликтүү чарбанын көп өзгөчөлүктөрү, климаттык шарттар, улуттук табит жана керектөө менен түшүндүрүлөт. Салт болуп калган техникалык ыкмалар да сакталып калган. Үй өндүрүшүнүн бир кыйла бөлүгү жүндү иштетүүгө байланыштуу. Андан боз үйдүн жабуулары үчүн кийиздерди, тердиктерди, калпактарды, кийиз өтүктөрдү жана байпактарды жасашат. Кээ бир үй-бүлөлөрдө чепкен, куржун, кап, ат жабуу үчүн жүн таарларды токушат. Кийиз басуу, аркан эшүү сыяктуу жумуштар ушул убакка чейин коңшуларынын катышуусу менен, коллективдик башталмаларда аткарылат. Кой терисин иштетүү да үй ыкмасы менен жүргүзүлөт, кийин андан тон, тумак, шым, көлдөлөң тигишет. Малчылардын үй бүлөлөрүндө жайыттарга көчүп барганда ыңтайлуу тери идиштин кээ бир түрлөрүн жасашат. Чийден буюмдарды жасоо да сакталып калган.

## *Балык чарбасы, бал челек кармоо, пима өстүрүү*

Орусияга кошулгандан кийин Кыргызстанда балык чарбасы бир аз өнүктү. Ысык-Көлдө балык кармоо үчүн кыргыздар дегени пайдаланышып, сууларды бөгөшкөн. Андан ары орус өнөр жайчыларына жалданган кээ бир кыргыздар алардын ыкмаларын, балык кармоо шаймандарын пайдалана баштаган. Бирок өткөн убакта бул промысел бир кыйла өнүгүүгө ээ боло албады. Ысык-Көлдөгү айрым кыргыз чарбалары көчүп келген орус дыйкандарынан бал челек кармоону үйрөнүшүп, бирок бал челек кармоо да жарым көчмөн кыргыз чарбасынын бөтөнчөлүктөрүнүн натыйжасында анда кандайдыр-бир байкалаарлык ролду ойногон жок. Түштүк кыргыздардын кээ бир бөлүгү дыйканчылык менен катар пима өстүрүү менен кесиптене баштады, мында пима куртун тоюттандыруу аялдардын милдети болуп калды.

Азыркы убакта Кыргызстанда балык чарбасы, өзгөчө Ысык-Көлдө эл чарбалык мааниге ээ болду. Кыргызстандын көлмөлөрүндө жана дарыяларында болгон балыктар элүү түргө таандык Асман, сазан, чабак, жаян жана башка

балыктар кеңири таркаган. Ысык-Көл азыр Орто Азиянын балык өстүрүү базасы болуп баратат. Бул жерге форель, түрпү, судак балыктары климатташтырылган. Тоңдо балык өстүрүү заводу курулган. Ысык-Көлдө балык улоо артелдери уюштурулган.

Көптөгөн кыргыз колхоздорунун, өзгөчө Ысык-Көлдүн жээгинде жана Ош областынын түндүк бөлүгүндө кыргыз бал челекчилери кармаган өздөрүнүн бал челектери бар. Алынган бал колхоз базарында жана колхоздун мүчөлөрүнө сатылат, ошондой эле эмгек күнгө натуралай төлөөнүн түрлөрүнүн бири болуп саналат.

Пимачылык азыр Ош областынын колхоздорунда коомдук чарбанын бир бөлүгү катары өнүгүп жатат.

## *Азыркы убактагы айыл чарбасы*

Мурдагы Орусиянын эң артта калган чет жакасы болгон, көчмөн жана жарым көчмөн чарбасы бар Кыргызстандын айыл чарбасын социалисттик кайра куруу кыргыз элинин турмушунда эң зор мааниге ээ болду.

Совет бийлиги орнотулгандан кийинки он жылдыкта кыргыз айылынын кембагал-орто чарба массаларынын экономикалык абалын чыңдоодо, байлардын жана манаптардын эксплуататордук тенденцияларын чектөөдө айыл чарба кооперациясынын ар башка түрлөрүн өнүктүрүү зор роль ойноду. Кыргызстанда кредиттик шериктештиктер, жабдуу-сатуу милдеттерин аткарган шериктештиктер түзүлүп, өндүрүштүк кооперациянын алгачкы ячейкалары: коммуналар, айыл чарба артелдери, жерди биргелешип иштетүү боюнча шериктештиктер да келип чыкты.

Кыргызстандын айыл чарбасын реконструкциялоо боюнча маанилүү иш чаралардын бири совхоздорду уюштуруу болду. 1924-жылдын аягында Чүй өрөөнүндө биринчи совхоз — эт-сүт багытындагы «Аламүдүн» (азыр Стрельникова атындагы) совхозу негизделген, Тянь-Шанда «Кочкор» кой өстүрүү совхозу жана Кыргызстандын түштүгүндө «Катта-Талдык» кой өстүрүү совхозу уюштурулду. Кыргызстанда алгачкы совхоздорду уюштуруу менен отурукташкан социалисттик мал чарбасынын жаңы тиби келип чыкты.

Айылдарда жана кыштактарда эмгекчи калктын чарбалык жактан көтөрүлүшү үчүн жана Совет бийлигинин иш чараларына айыгышкан каршылык көрсөткөн байлар менен манаптарга каршы күрөшүү үчүн 1927—1928-жылдарда түштүк Кыргызстанда жер-суу реформасынын жүргүзүлүшү зор мааниге ээ болду. Реформанын натыйжасында экономикада феодализмдин калдыктары жоюлду. 17,5 миң жерсиз жана жери аз чарбаларга жер бөлүнүп берилди. Жер, унаа мал жана шайман алган батрактардын, кембагалдардын жана чайрыкерлердин бир бөлүгү колхоздорго биригишти.

Бай-манаптык элементтерге каршы күрөштө батрак-кембагалдар уюмунун — «Кошчу» союзунун иш-аракети көрүнүктүү орунду ээледи. Малчыларды чарбалык-маданий жактан тейлөө жана аларды таптык жактан жат элементтердин таасиринен бошотуу боюнча зор ишти чоң жайыттарда 1927-жылдан тартып түзүлгөн Жайлоо советтери жүргүздү. Мындай биринчи Совет Суусамыр дарыясынын өрөөнүндө түзүлгөн.

Эң ири байларды жана манаптарды Кыргызстандын чегинен көчүрүп жиберүү, кыргыз айылында Совет бийлигин чыңдоо боюнча иш чаралар, кооперациянын ар түрдүү формаларын өнүктүрүү массалык коллективдештирүү үчүн өбөлгөлөрдү түздү, ал Кыргызстанда 1929—1930-жылдарда кеңири кулач

жайды. Кыргызстанда коллективдештирүүнүн процессинде экинчи бир тарыхый милдет — мурунку көчмөн кыргыздардын отурукташууга өтүшү да чечилди.

Натыйжада артта калган, 100 миңге жакын чачкын майда мал чарбасы бар, турмуштун көчмөн жана жарым көчмөн образын жүргүзгөн (алар бардык кыргыз чарбаларынын үчтөн экисине чейинкисин түзгөн) Кыргызстандын айыл чарбасы жаңы техника менен жабдылган алдынкы социалисттик айыл чарба өндүрүшүнө айланды.

1961-жылы Кыргызстанда 334 ири айыл чарба артели, 67 көп тармактуу жана адистешкен совхоз (алардын ичинен 40 кой өстүрүү жана эт-сүт багытындагы), ондогон ремонттук-техникалык жана машина-мал чарба станциялары болгон.

Социалисттик курулуштун жылдарынын ичинде республиканын айыл чарбасында техникалык революция жүзөгө ашырылды, анын натыйжасында ал ири машиналык өндүрүштүн нугуна которулду. Айыл чарба өндүрүшүндө 12 миңден ашуун трактор, 3 миңден ашуун дан комбайндары, кызылча комбайндары, пахта жыйноочу машиналар, 8 миңге жакын жүк ташуучу автомобилдер пайдаланылууда. 1959-жылдын башталышында дээрлик бардык колхоздор көп сандаган техниканы, анын ичинде 232 млн. сомдук жалпы суммадагы 6 миңге жакын трактор сатып алышты.

Айыл чарбасынын алдынкы тармагы мал чарбасы болуп саналат.

1926-жылы эле Кыргызстандагы бардык чарбалардын 9,8%ке жакынын түзгөн бай жана манап чарбалары өздөрүнүн колунда бодо малдын 22%ин, жылкынын 40%ин жана койдун 67%ин топтоп турган. Азыр малдын көпчүлүк бөлүгү коомдук мүлк болуп саналат. 1961-жылы коомдук секторго бодо малдын 80%тен ашууну, койдун 94%и, жылкынын 90%тен ашууну, чочконун 90%и таандык болгон.

Жарымсыз жеке мал чарбасынан колхоздорго жана совхоздорго өтүү малдын санын кескин көбөйтүүгө мүмкүндүк берди. 1916-жылы 2,5 млн. болгон кой-эчкинин саны 1960-жылы 6,3 млн. башка жетти, бодо мал — 519 миңден 739 миң башка жетти. Азыркы убакта кой малдын жалпы санынын 80% ке жакынын түзөт.

Республиканын мал чарбасынын өзгөчөлүгү көп сандаган отор койлорду жана үйүр-үйүр жылкыларды алыскы жайыттарда жыл бою жаюуга байланыштуу кыргыздарда кылымдардан бери иштелип чыккан мал чарбанын тажрыйбасын жана ыкмаларын сактап калуу жана кеңири пайдалануу болуп саналат. Алыскы жайытта багуу системасы Кыргызстандын бүткүл аймагынын жарымынан көбүн ээлеген жана социалисттик мал чарбасынын табигый тоют ресурстарынын эң маанилүү базасы болуп саналган көз жеткис, чөпкө бай жайыттарды натыйжалуу пайдаланууга мүмкүндүк берет. Алардын ичинен Суусамыр, Ак-Сай, Арпа, Кара-Кужур, Чаткал дарыяларынын өрөөндөрүндө, Алай өрөөнүндө, Соң-Көлдүн айланасында жайгашкан жайыттар өтө белгилүү. Алардын ичинен өзгөчө орунду Ысык-Көлдүн сырттары ээлейт.

Сырт жагынан караганда алыскы жайыттарда кыргыз малчыларынын өздөрүнүн мал чарбаны жүргүзүшү жана өндүрүштүк турмуш тиричилиги көчмөн малчылардын эски турмуш тиричилигине көп жагынан окшош. Кайдадыр жылкычылардын же чабандардын коктуга жайгашкан айылына жакын келгенде көчмөндүн мурунку айылына көп окшоп кетет. Ошол эле боз үйлөр, ошол эле желелер, туз үчүн жыгач акырлар, мамыга байланган ат, курут кургатуу үчүн текчелер, жерде жаткан өгүздүн ыңырчактары... Бирок бул айылдын турмушуна жакындан карап көрсөң сенин алдыңда адамдар да мурдагыдай эместиги,

алардын ортосундагы мамиле да жаңы негизде курулгандыгы, эмгекти уюштуруу да, анын мүнөзү да, анын максаттары да терең өзгөрүүлөргө дуушар болгондугу айкын көрүнүп турат.

Мал чарбасынын өзү таптакыр башкача, мурункуга окшош болбой калды. Мурда малчылардын көчүшү турмуш тиричиликтик мүнөздө болгон: алардын баары малы жана үй эмеректери менен кошо 8—10 айга жайытка көчкөн, эми болсо малды жаюу коомдук чарбанын өндүрүштүк максаттарына гана баш ийдирилген: алыскы жайыттарга мал менен калктын бир бөлүгү гана — малды тейлөөгө жана жаюуга түздөн-түз байланыштуу колхозчулар жана совхоздордун жумушчулары кетишет. Алыскы жайытка мал багуу малдын бир бөлүгүн колдо жана жарым колдо күтүү менен, айыл чарба илиминин жана алдынкы тажрыйбанын эң акыркы жетишкендиктери менен айкалышкан.

Малды жаюунун жана багуунун салт болуп калган ыкмаларын колдонууну улантуу менен кыргыз малчылары өтө жооптуу учурга — малды бийик тоолуу жайкы жайыттарга көчүрүүгө мурдатан даярданышат. Алдын ала адистер менен бирге оторлордун, бадалардын жана үйүрлөрдүн көчүшүнүн маршруту жана графиги, айрым колхоздор менен совхоздого таандык болгон ашуу аркылуу малды айдап өтүүдө алардын кезектешүүсү иштелип чыгат. Чабандар, малчылар жана жылкычылар атайын курстарда жана семинарларда өндүрүштүк окуудан өтүшөт. Жайыт жерлерин оттотуунун планы, ал эми семирген мал үчүн — аларды даярдоо базасына тапшыруунун графиги түзүлөт. Зоотехниктер жана ветеринардык кызматкерлер малдын абалын тыкандык менен текшеришет.

Малды көчүрүүнүн башталышы жооптуу чарбалык иш чара жана ошол эле убакта чоң майрам катары каралат. Кээде малды көчүрүүнүн алдында колхоз малчылардын майрамын өткөрөт. Официалдуу бөлүктөн кийин улуттук оюндар жана мелдештер (эңиштер, ат чабуулар), ал эми эң акырында той өткөрүлөт.

Мал көчүрүү адетте майдын аягында же июндун башында, кээ бир жерлерде бир аз кечирээк башталат. Мунун алдында бүткүл мал биринчи ашуулардын биринин алдына жакын топтолот. Бул жакка малдын санагын өткөрүү үчүн бухгалтериянын кызматкерлери барышат. Мал көчүрүүнүн алдынкы күнү салт боюнча тамак уюштуруу менен узатуулар уюштурулат. Көчүп жаткандарга акыл-насаат айтылып, ийгиликтерди каалашат, малдын аман көчүп барышы үчүн тост көтөрүшөт.

Адегенде жылкылар айдалат, анын артынан кой оторлору жана калган мал жөнөтүлөт, алардын артынан эң акыркылардан болуп малчылардын боз үйлөрү менен үй эмеректери жүктөлгөн өгүздөр жана төөлөр чубап жөнөйт. Колхоздор менен совхоздор чабандардын бригадасы көчүп жүрүү үчүн транспорт менен, ал эми ар бир чабан миңги ат менен камсыз кылынышына чараларды көрүшөт. Көп чарбалар малчыларды жакшы боз үйлөр жана чатырлар (кээде жыгач үйлөр) менен, жылуу кийим менен камсыз кылып, аларга тамак-аш азык-түлүктөрүн өз убагында ташып жеткиришет.

Жайлоого бараткан жолдо белгилүү аралыкты басып өткөндөн кийин эс алууга токтошот. Адетте мал көчүрүүгө бир канча күн кетет.

Жайкы, андан да кышкы жайыттарда болуунун убагында чымыркanган жана оор эмгек жумшалат. Чабандарга зор кыйынчылыктарды жеңип чыгууга жана көп учурда өзгөчө кайраттуулук менен эмгектенүүгө туура келет. Ондогон миң малчылар жыл бою жайыттарда, өз айылдарынан алыс жерде эмгектенишет. Чабандар менен жылкычылардын айылдары адетте бир-биринен алыс эмес жайгашкан. Кээде малчылар бир-бирине барып турушат, алардын ортосунда оз

ара жардамдашуу салты катуу сакталат. Алар айылга келген зоотехниктерди жана ветеринардык кызматкерлерди, китепканачыларды, агитаторлорду зор кубаныч менен тосуп алышат. Кээде бир канча айылдын малчылары кезектешип тамак (шерине) уюштурушат.

Малчылар жайлоого адетте үй-бүлөсү менен чыгышат жана көп учурда бүтүндөй үй-бүлө болуп ал жерде эмгектенишет. Кээде алар үй-бүлөсүнөн алыс жашашат. Алардын көпчүлүгүнүн кыштактарда огороддуу үйлөрү бар, анда (көбүнчө кышында) алардын үй-бүлө мүчөлөрү жана жакын туушкандары жашайт. Андан ары бардык чарбалык-маданий борборлордо, колхоздор аралык жана райондор аралык жайыттарда малчылар өзүнүн балдарын бир жерден экинчи жерге ташып жүрбөстөн, аларды жакшы багуунун астында калтыра алышы үчүн мектеп интернаттарды жана сутка бою иштей турган балдар бакчаларын түзүү белгиленип жатат.

Жайкысын малчылардын үй-бүлөсү кышка сүт азыктарын даярдашат, күзүндө мал чарба сырьёсун иштетүүгө, кийим-кече тигүүгө байланыштуу үй жумуштарынын кээ бир түрлөрүн аткарышат. Сентябрда кой кыркыны өтүп, жазгы төлдүн козуларын бөлүү, жаңы оторлорду түзүү жүргүзүлөт. Малчылардын бир бөлүгү күзүндө кыштоолорго карай төмөн көчө баштайт, калгандары малды кышкы жайытка даярдашат. Февраль-мартта төлдүн жана жазгы кыркындын убагында малды кышкы жайыттардан тоо этектерине жана өрөөндөргө которушат. Көп сандаган мал кайрадан кыймылга келип, малчылар үчүн кооптуу күндөр жана түндөр башталат. Мал көчүрүү пункттарында, ашуулардын түбүнө мал үчүн тоют даярдашат, малчылар үчүн көчмө ашканалар ачылат, көчмө соода уюштурулат.

Сүт-товар фермалары малды адетте бир кыйла төмөнкү жайыттарга жайышат, бул жерге сепаратордук пункттар, ал эми кээ бир жерлерге сыр кайнатуу заводдору жайгаштырылат.

Мал чарбасы бүтүндөй алганда сапаттык жактан кайра уюштурулганы менен мал багуунун шарттарында эски көчмөн малчылыктын көп нерселери али сакталып калган. Мал чарбасын андан ары өнүктүрүү кошумча тоютсуз жыл бою мал жаюуга негизделген чарба жүргүзүүнүн эскирген жолдорун жана ыкмаларын түп тамырынан өзгөртүүнү талап кылат,

Мал жаюу үчүн пайдаланылуучу кеңири жайыттарды өздөштүрүү зор мамлекеттик милдетке айланды. Анын зор мааниге ээ болуп жаткандыгынын себеби зор масштабдарда малга жазгы-жайкы гана эмес, кышкы жайыт да колдонулат, ал эми мунун өзү зор даярдык ишин талап кылат. Мал кыштатуу — мал чарбасындагы эң жооптуу этап, ага колхоздор менен совхоздордун өздөрү жөнүндө айтпаганда да бардык партиялык жана советтик уюмдардын көңүлү бурулат. Жайыттарда тоюттардын камсыздандыруу запастары түзүлөт. Ушул максатта ал жакка жем жана таңгакталган чөп жеткирилет. Бул колхоз кыштактарын бардык негизги жайыттар менен байланыштыруучу автомобиль жолдорун куруунун зарылчылыгын туудурду. Бирок кээ бир учурларда бийик тоонун шарты жол курууга мүмкүндүк бербейт. Ошондо малчыларга авиация жардамга келет.

Бирок бийик тоолуу субальпылык жана альпылык шалбаалардагы тоют чөпкө жыл бою багылган көп жүз миңдеген малды камсыздандыруу запастары менен өрөөндөрдөн тоютту ташуу жолу менен камсыз кылуу дээрлик мүмкүн эмес. Бул милдетти чечүү үчүн жайыттардын өзүндө чөп себүүнү жана жем өсүмдүктөрүн айдоону уюштурууга аракеттер жасалып жатат. Орто Азиядагы

эң ири бийик тоолуу Суусамыр жайлоосунда жана Кенес-Анархайда машина-мал чарба станциялары иштеп жатат жана зор аянттарга дан-жем өсүмдүктөрү айдалууда. Жасалма чөп чабындыларын түзүү башталды, миңдеген гектарларга тоют өсүмдүктөрүн айдоо жүргүзүлүп жатат. Бул өз кезегинде сугат тармактарын курууну талап кылат. Ошол эле убакта чөп чабындыларын жакшыртуу жана шалбаа чөптөрүн сугаруу иштери жүргүзүлүүдө. Мына ушунун аркасында жайыттардын өздөрүндө тоюттун зарыл запастарын түзүүгө, аларды даярдоодо ат жана трактор чөп чапкычтарын колдонууга мүмкүнчүлүк пайда болду.

Кээ бир жайыттар мал үчүн суунун жетишпегендигинен натыйжалуу пайдаланылбай жатат. Азыр жайыттарга суу чыгаруу кеңири масштабдарда жүргүзүлүүдө. 1959-1960-жылдардын ичинде гана 413 миң гектар жайытка суу чыгарылды. Бургулоо скважиналарынын жанына темир бетон резервуарлары жана суу ичирүү аянтчалары курулууда. Мунун өзү суусуз жайыттарга жан киргизүүгө мүмкүндүк берди. Суу чыгаруу боюнча өзгөчө зор иштер Кенес-Анархай жайытында жүргүзүлүп жатат. Боордош Казак ССРинин аймагында турган бул жайыт Казакстандын Өкмөтүнүн чечими менен Чүй өрөөнүнүн колхоздору менен совхоздоруна таандык малды жаюу үчүн Кыргызстанга берилген. 528 миң гектар жерди ээлеген Кенес-Анархай жана Балхаш боюндагы ойдуңдагы жайыттарда 300 миңге чейин кой кыштайт. Республиканын суусуз жайыттарына курулган 36 бургулоо жана 84 шахталык кудук малды суу менен камсыз кылып турат. Кенес-Анархайдын чөлдөрүндөгү 15 миң гектар жерди сугаруу жана суу чыгаруу үчүн Жылгынды суу сактагычы курулууда.

Алыскы жайыт мал чарбасын өнүктүрүүдө 11 негизги, өтө ири өрөөндөрдө (Ак-Сай, Орто-Сырт, Кара-Кужур, Ысык-Көлдүн сырттары) чарбалык-маданий борборлорду түзүү зор мааниге ээ болот. Бул жерлерге медициналык пункттар же ооруканалар, зооветеринардык участкалар, дүкөндөр, кызыл бурчтар жана китепканалар, интернаты бар мектептер, орус мончолору (чечине турган, буу бере турган жайлары бар), стационардык киноустановкалар ачылган, радио-станциялар, ыңтайлуу турак үйлөрү курулган. Бардык жерде алыскы жайыттарда, анын ичинде бийик тоолуу сырттарда малы менен кыштап жаткан чабандар жана жылкычылар үчүн чакан үйлөрдү куруу кеңири жайылтылды. Чабандардын өздөрү буга кандай маани бере тургандыгы тууралу Социалисттик Эмгектин Баатыры Төлөсүн Исмаиловдун айткан сөздөрү далилдеп турат: «... Азыркы шарттарда чабандын үй-бүлөсү тоолуу жайыттарда боз үй же чатыр менен канааттана албайт, алар үчүн эки бөлмөлүү үйлөрдү куруу керек. Мындай учурда адамдардын турмуш тиричилигин жакшы уюштурууга болот...». Чарбалык-маданий борборлорго агитациялык маданият бригадалары барып турат, ал жерде кинофильмдер көрсөтүлөт. Алыскы жайыттарга көчмө китепканалар барып турат, ал жакка газеталар жана журналдар жеткирилип, малчыларды жылуу кийим, кездеме, ич кийим, кондитердик азыктар, ун менен жабдуучу кербен-дүкөндөр жиберилип турат. Ошол эле жакка тоют тузу ташып жеткирилет. Автолавкалар менен катар Тянь-Шань областында унаага жүктөлгөн «дүкөндөр» иштеп жатат.

Жаратылыш жана экономикалык шарттарга жараша мал чарбасын адистештирүү анын айрым тармактарынын катнашын кескин өзгөрттү. Революцияга чейинки мезгилде малдын бир кыйла салыштырма салмагын жылкылар ээлеген болсо, эми коомдук малдын басымдуу бөлүгүн азык-түлүктүү мал түзөт. Мал чарбачылыктын алдыңкы тармагы кой чарбасы болуп калды, мааниси боюнча экинчи орунду бодо мал ээлейт.

Малдын тукумдук составы түп-тамырынан өзгөрдү. Айыл чарбасынын адистеринин, окумуштуулардын, практик-малчылардын көп жылдык күч аракетинин жана талыкпаган эмгегинин аркасында Кыргызстанда малдын жаңы, жакшыртылган жогорку продуктулуу тукуму чыгарылды жана кеңири таркатылып жатат. Аларга баарыдан мурда «кыргыз уяң жүндүү» деп аталган койдун тукуму таандык. Ал тоолуу жайытта багуунун шарттарына жакшы ыңтайлашкан, уяң жүн жана көп эт берет. Бул тукумду чыгаруу 1928-жылдары эле башталган. Ага кыргыз кой өстүрүүчүлөрү Т. Досбергенов, А. Осмонов, З. Тынаева катышкан. Кылчык жүндүү кыргыз кою 1,5—1,8 кг жүн берген болсо, кыргыз уяң жүндүү кою 4—5 кг жана андан да көп жүн берет.

Ошондой эле уйдун жаңы, жогорку продуктулуу алатоо тукуму жана мингич-жүк тартуучу типтеги жылкынын жаңы кыргыз тукуму чыгарылган. Республиканын совхоздорунда дээрлик бүт бодо мал, ал эми колхоздордо 70%тен ашууну алатоо тукумундагы жана анын аралашмасындагы уйлардан турат. Колхоздордо жылкылардын үчтөн экисинен көбүн Кыргызстанда өстүрүлгөн жаңы кыргыз жана башка жакшыртылган тукумдагы жылкылар (дон, таза кандуу мингич, орелдук таскактуу) түзөт.

Малдын жергиликтүү тукумдарын сапаттык жактан кайра түзүү үчүн мамлекеттик асыл тукум чарбаларынын кеңири тармагы түзүлгөн. Кыргызстанда малдын негизги тукумдарын чыгаруу жана көбөйтүү боюнча 15 асыл тукум заводу жана 115 асыл тукум чарбалары — репродукторлор, малды жасалма уруктандыруу боюнча 33 станция иштеп жатат.

Кой чарбасын тукумдук жактан кайра уюштуруу көптөгөн оң натыйжаларга алып келди. Эми совхоздордо уяң жүндүү тукумдагы койлорду гана өстүрүшөт жана колхоздордо малдын негизги бөлүгүн уяң жүндүү жана жакшыртылган тукумдагы койлор түзөт. Кыргызстанда мамлекет сатып алып жаткан жүндүн 85%тен ашуунун уяң жана жарым уяң жүн түзөт. 1960-жылы Кыргызстан жүн чыгаруу боюнча СССРде башка союздук республикалардын ичинен алтынчы орунду ээлеген. Жакынкы жылдарда бардык соолук койлорду жана төлдү кыш мезгилинде кошумча тоюттандыруу менен жайыттык-колдо багууга которуу милдети чечилип жатат.

Азыр койлорду эң жөнөкөй кайчылар (жуушаң) менен кыркпастан, электр кырккыч агрегаттарынын жардамы менен кыркышат. Ирилештирилген кыркын пункттары кеңири жайылууда, анын аркасында эмгектин өндүрүмдүүлүгү жогорулап, жүндүн сапаты жакшырды. Мындай колхоздор аралык кыркын пункттары, ошондой эле койлор үчүн күпкөлөр малды өрөөндөргө айдап келүүнүн зарылчылыгынан кутулуу үчүн бийик тоолуу жайыттарда да курула баштады.

Кой чарбасында чарба жүргүзүүнүн прогрессивдүү методдору кеңири колдонула баштады. Алардын демилгечилери азыр кой чарба боюнча Ысык- Көл тажрыйба станциясына кайра түзүлгөн «Оргочор» совхозунун алдыңкы чабандары болушту. Бул совхоздо биринчи жолу койлорду кышкысын төлдөтүү колдонулуп, мунун аркасында 100 тубар койдон 120—130 жана андан да көп козу алууга жана сактап калууга мүмкүндүк болду. Бул ыкманы колдонуудагы сиңирген эмгек Социалисттик Эмгектин Баатыры Ишемби Илиппаевге, атактуу чабан Зуура Тынаевага жана башкаларга таандык. Ошол эле станциянын чабаны Тапшырма Садывакуновдун демилгеси боюнча койлорду жүйүр төлдөтүүгө өтүү үчүн кыймыл башталды, бул ыкманы өлкөнүн атактуу чабаны И. Н. Малашенко иштеп чыккан болучу. Т. Садывакуновдун саамалыгын 300 дөн ашуун бригада

колдоп кетти, алар өздөрүнө бекитилип берилген 145 миң койдон 513 миң козу алууга милдеттеништи. Эки жылдын ичинде үч туут жүргүзүү менен чабандар 100 тубар койдон 370—400 жана андан да көп козу алууга жетишип жатышат. 1960—1961-жылдарда «Улахол» совхозунун (Көл кылаасы) ага чабаны Социалисттик Эмгектин Баатыры, СССР Жогорку Советинин депутаты Төлөсүн Исмаиловдун бригадасы эң мыкты натыйжаларга жетишти. Ал бригада эки жылдын ичинде үч туут жүргүзүп, ар бир 100 тубар койдон 426 козу аман сактап калды, 1961-жылы ар бир койдон орто эсеп менен 5,5 кг жүн кыркып алды. «Жоон-Төбө» совхозунан белгилүү чабан Төлөбек Досбергеновдун көрсөткүчтөрү да ушундай.

Кой жаюунун колдонулган ыкмалары улам барган сайын өркүндөтүлүүдө. Койлорду өз убагында жасалма уруктандыруу уюштурулууда, жайытка жөнөтөрдүн алдында малды профилактикалык дарылоо жүргүзүлөт. Тубар койлорду төлдөтүүнүн акырына чейин концентраттар менен тоюттандырылат. Күз-кыш мезгилинде тубар койлорго жүгөрү силосу берилет. Бардык жерде тубар койлор менен төлдү багуунун сакмалдык ыкмасы киргизилген: бирдей жаштагы козулар менен койлор топторго (сакмалга) бириктирилген. Козулар багылып жаткан алдынкы чарбалардын жайлары жакшы желдетилип турат, анда төшөлгөн самандар тез-тез алмаштырылып, дубалдарын акташат.

Кышкы жайыттын алдында кой жаюу үчүн мурдатан участкалар тандалып алынат, чабандар токтой турган жерлер белгиленет. Мыкты чабандар оторун бир жерде беш-алты күндөн ашык кармабайт. Алар жаюунун тосмо системасын колдонушат, өз убагында малга минералдык кошумча тоют берип, өз убагында сугарып турушат. Койлорду туура көчүрүүнүн жана жакшы жаюунун аркасында көптөгөн тажрыйбалуу чабандар, алардын арасында көп аялдар, койлорунун семиздикте болушуна, жакшы төл беришине жана жүндүн жакшы алынышына жетишип жатат. 1960-жылы биринчи жолу 27 чабанга кой чарбасын жүргүзүүдөгү жогорку көрсөткүчтөргө жетишкендиги жана жаңы прогрессивдүү ыкмаларды колдонгондугу үчүн «Кыргыз ССРинин эң мыкты чабаны» деген ардактуу наам ыйгарылды. Алардын арасында Зуура Тынаева жана Бүбүкан Тыныбекова бар.

Сүт аз берген бодо малды жогорку продуктулуу тукумдар менен алмаштыруунун натыйжасында республикада сүт саап алуу кескин жакшырды (1960-жылы 1953-жылга салыштырганда дээрлик 2 эсе). Буга ошондой эле комплекстүү механизациялаштыруу жана автоматташтыруу көп фермаларда жүзөгө ашыруу көмөк көрсөттү. Кыргыз мал чарба жана ветеринария институту практиктер менен бирдикте иштеп чыккан малды байлоосуз алмаштырып багуу ыкмасы 100 акыры бар уйканада 300 баш малды багууга мүмкүндүк берет. Тоют таркатуучу конвейер автосуу бергич жана электр менен сүт саай турган агрегаттар менен бирге ондогон адамдын эмгегин алмаштырат. Адегенде Чүй районундагы Мичурин атындагы колхоздо колдонулган бул ыкманы ондогон колхоз өздөрүнө киргизе баштады.

Эт алууну көбөйтүүнүн негизги резервдеринин бири малды кеңири өлчөмдө семиртүүнү уюштуруу болуп саналат. Бул жагынан Тянь-Шандын малчылары зор тажрыйба топтогон. 1961-жылы семиртиле турган оторлорго, бадаларга жана үйүрлөргө бөлүнгөн 288 миң мал эң алыскы жайлоолорго жиберилген болучу. Бир катар райондордо топоз өстүрүү кайра жаралууда. Топоз өстүрүү фермалары Тянь-Шандын Ат-Башы районунун бардык колхоздорунда жана Ысык-Көлдүн кээ бир колхоздорунда түзүлдү. Топоздор эң арзан эт берет.

Кыргыз чарбасы үчүн мал чарбасынын жаңы тармактары: чочко багуу, үй канаттууларын, коён өстүрүү өнүгүүдө.

Мал чарбасын сапаттык жактан жакшыртуунун жана анын азыктуулугун жогорулатуунун эң маанилүү шарты туруктуу тоют базасын түзүү жана мал чарба жайларын куруу болуп саналат. Тоют базасы табигый чөп чабындыларды кеңири пайдалануунун, көп жылдык чөптөрдү — бедени, эспарцетти, тамыры тоют өсүмдүктөрдү, дан-жем өсүмдүктөрүн жана тоют үчүн бакча өсүмдүктөрүн, ал эми эң башкысы — жүгөрүнү айдоону көбөйтүүнүн жолу менен түзүлүп жатат. Тоют даярдоодо (чөп чабуу жана чөп жыйноо, жүгөрүнү өстүрүү жана жыйноо) улам кеңири өлчөмдө комплекстүү механизация колдонулууда. Жүгөрү өстүрүүнүн кескин көбөйүшүнүн, жашыл массанын түшүмүнүн өсүшүнүн аркасында 1960-жылы республикада орто эсеп менен ар бир уйга 12 тоннадан силос даярдалган. Жакынкы жылдарда жүгөрүнүн аянты 140 гектардан (1961-жылдагы) 250 миң гектарга чейин көбөйтүлөт.

Колхоздордо мал чарба жайларын куруу, анын ичинде алыскы жайыттардагы курулуш массалык мүнөзгө ээ болду. Бул курулушка комсомолдун демилгеси боюнча айылдык жаштар да, шаардык жаштар да активдүү катышып жатат.

Ветеринардык мекемелердин зор тармагы, зоотехникалык тейлөө, көргөзмөлөрдү уюштуруу, алдынкы тажрыйбаны жайылтуу мал чарбачылыктын улам зор жогорулашына көмөк көрсөтүүдө.

Кыргызстанда талаачылык жагынан да түп-тамырынан өзгөрүүлөр болуп өттү. Азыркы убактагы ири механизациялашкан дыйканчылык өтө артта калган техникага негизделген кыргыздардын революцияга чейинки дыйканчылыгынан түп-тамырынан бери айырмаланат. Чындыгында өзүнүн азыркы жаңы түрү менен дыйканчылык чарбанын жаңы тармагы катары түзүлдү. Эски өндүрүштүк салттар жана көнүмүштөр мал чарбасынан айырмаланып бул жерде өтө чектелген өлчөмдөрдө, атап айтканда, дайыма эле айыл чарба машиналарын колдонуу мүмкүн болбогон тоолуу шарттарда жүргүзүлүүчү ирригацияда жана жумуштардын айрым түрлөрүндө сакталып калды.

Социалисттик дыйканчылыкты өнүктүрүү үчүн Кыргызстанда тоолор арасындагы кең өрөөндөр (Чүй, Талас, Кочкор, Жумгал өрөөндөрү) жана ойдуңдар (Фергана, Ысык-Көл, Кетмен-Төбө ойдуңдары) зор мааниге ээ болот. Аларда жайгашкан райондор жогору өнүккөн дыйканчылык маданияты менен айырмаланат.

Республикада айдоо аянттары 1913-жылга салыштырганда дээрлик эки эсе (1200 миң гектардан ашуун), ал эми техникалык өсүмдүктөрдүн, атап айтканда пахта аянты — 4,5 эсе көбөйдү. Пахтачылыкты өнүктүрүүнүн базасы (70 миң гектардан ашуун) Фергана ойдуңунда жайгашкан түштүк Кыргызстандын жана тутумдаш тоо этегиндеги кээ бир тоолуу өрөөндөрдөгү райондор болуп саналат. Бул жерде 70 колхоз жана совхоз пахта өстүрөт. Чүй өрөөнүндө мурда өстүрүлбөй келген кант кызылчасы, кара куурай жана эфир май өсүмдүктөрү (мускат шалфеи, ажгон, базилик) бекем орунду ээледи. Ысык-Көлдүн жээгинде, бир аз Тянь-Шанда жана Таласта дары апийими өстүрүлөт. Талас өрөөнүндө жана түштүк Кыргызстандын кээ бир райондорунда (өзгөчө Ноокат районунда) тамеки өстүрүү ийгиликтүү жүрүп жатат (6 миң гектардан ашуун).

Бүткүл айдоо аянтынын жарымынан көбүн ээлеген дан (буудай, жүгөрү, арпа, таруу) жана буурчак өсүмдүктөрү республиканын райондорунун көпчүлүгүндө эгилет. Бирок дандын негизги өндүрүүчүсү түндүк Кыргызстан болуп саналат.

Кыргызстандын айыл чарбасын өнүктүрүүдө ирригация чечүүчү роль ойнойт. Сугат жерлеринде бардык айыл чарба өсүмдүктөрүнүн 65 %тен ашууну өстүрүлөт. Кеңири жайылтылган ирригациялык курулуш мамлекет тарабынан ири чыгымдарды талап кылды. Революцияга чейинки мезгил менен салыштырганда сугат жерлеринин аянты эки эседен ашуунга өстү. Бардык сугат каналдарынын узундугу 25 миң км түзөт. Аларда инженердик типтеги 12 миң гидротехникалык курулуштар курулган жана иштеп жатат, бир катар ири сугат каналдары курулду — алардын арасында согуштун жылдарында элдик курулуш ыкмасы менен курулган Чоң Чүй каналы бар. Акыркы жылдарда эң татаал гидротехникалык курулуштардын биринин — Тянь-Шандын түпкүрүндөгү ири Орто-Токой суу сактагычынын жана Чоң Чүй каналынын Батыш магистралдык тармагынын курулушу аяктады. Аларды пайдаланууга киргизүү Чүй өрөөнүнүн 10 миң га жерин сугарууга мүмкүндүк берет. Республиканын түштүгүндө ири суу сактагычтар (Базар-Коргон, Найман, Папан) курулуп жатат, алар пахтачылыкты өнүктүрүүгө жана тоют алууга мүмкүнчүлүк берет. Жети жылдыктын акырында ирригациялык курулуштун темптери 3,5 эсе өсмөкчү. Эски ирригациялык системаларды реконструкциялоого жана жаңыларын курууга карабастан аларды жүзөгө ашырууда инженердик курулуштар (плотиналар, суу бөлгүчтөр) киргизилсе да ирригациялык тармакты эксплуатациялоо процессинде али да болсо кол эмгеги, салт болуп калган ыкмалар жана көнүмүштөр али пайдаланылууда. Дарыялардан бурулуп алынган магистралдык каналдар *өстөн*, экинчи катардагы каналдар — *ок арык* жана эң акырында сууну түздөн-түз талаага берүүчү майда арыктар — *кол арык* деп аталат. Сугаруунун жаңы системасында убактылуу майда ирригациялык тармак түзүлөт. Керектигине жараша арыкты салышат, ал эми жер айдоонун жана түшүмдү жыйнап алуунун алдында аларды түзөтүшөт. Бул жумуш көп чарбаларда али кол менен иштелет, колхоздун бригадаларында жана совхоздордун бөлүмдөрүндө жер сугаруу боюнча тажрыйбалуу сугатчылар тандалып алынат; өзгөчө магистралдык каналдарда суунун бөлүштүрүлүшүнө көз сала турган атайын адамдар — *мураптар* бар. Акыркы жылдарда техникалык өсүмдүктөрдү, атап айтканда дары апийимин сугарууда бир кыйла үнөмдүү бороздоп сугаруу кеңири колдонула баштады. Сугаттарды механизациялоо боюнча иштер жүргүзүлүүдө, суу үчүн суу түтүктөрү, жамгырлатып сугаруучу шаймандар колдонулууда.

Айыл чарба өндүрүшүн эң жаңы техника менен жабдуунун аркасында дан өсүмдүктөрүн айдоого байланыштуу бардык негизги процесстер (жер айдоо, үрөн себүү, түшүм жыйноо) дээрлик толугу менен механизациялаштырылган. 88 колхоз жана совхоз эгип жаткан кант кызылчасын өстүрүү кеңири механизациялашкан, кант кызылчасынын аянтынын көбүрөөк проценти (34 миң гектардан ашуун) эки багытта иштетилет.

Өркүндөтүлгөн машиналарды пайдалануу, агротехникалык иш чараларды жана алдынкы колхозчулардын жетишкендиктерин кеңири киргизүү 1936-жылы эле жылына орто эсеп менен 1 гектарынан 300 центнерден ашуун туруктуу түшүм алуу менен Кыргызстан Советтер Союзунда кызылчанын түшүмдүүлүгү боюнча биринчиликти жеңип алышына жана көпкө чейин колдо кармап турушуна алып келген. 1940-жылы кант кызылчасынын түшүмдүүлүгү боюнча Кыргызстан Американы кууп өткөн. Көп жылдык үзгүлтүктөн кийин Кыргызстандын кызылча өстүрүүчүлөрү өзүнүн даңкын кайра кайтарып ала баштады.1956-жылы алар 1 гектардан 374 центнер, ал эми 1959-жылы — 1

гектарынан 381 центнерден түшүм алууга жетишти. 1960-жылы Кыргызстан 1953-жылга караганда кант кызылчасын 2,4 эсе көп алды.

Пахта — Кыргызстандын негизги техникалык өсүмдүгү. Акыркы жылдарда пахтачылыкты механизациялоо жагынан ири кадамдар жасалды. Чоң аянттар чарчылап-чөнөктөп эгүү ыкмасы менен себилет, айдоолордун 80%тен ашууну эки багытта иштетилет. Пахтаны өстүрүүнүн комплекстүү механизациясы киргизилүүдө. Комплекстүү механизациянын бригадалары 1961-жылы пахтанын бардык аянттарынын 43%ин кетменди колдонбостон иштетишти. Пахта сырьёсун машина менен жыйнап алуу кеңири колдонула баштады. 1961-жылы республиканын пахтакорлору орто эсеп менен 1 гектардан 20,4 центнерден түшүм алышты, ал эми айрым колхоздор бир кыйла зор түшүмгө жетишти.

Айыл чарба өндүрүшүндө улам барган сайын көбүрөөк өлчөмдө колхоздордун жана колхоздор аралык электр станциялары иштеп чыккан электр энергиясы колдонулууда.

Татаал машинаны башкарууну үйрөнгөн дыйканчылыктын чеберлеринин көп сандаган армиясынын арасында азыр миңдеген кыргыздар бар. Эң жаңы техниканы башкара билүүдө кыргыздарга орус механизаторлору жана айыл чарбасынын адистери зор жардам көрсөтүштү. 1960-жылы Ош областынын 63 кыргыз жана өзбек кыздары Турсуной Ахунованын үлгүсүн жолдоп пахта жыйноочу машиналарды башкарып калышты.

Кыргызстанда жашылча жана картошка өстүрүү улам көбүрөөк жайылууда, анын үстүнө бул өсүмдүктөр Тянь-Шандын тоолуу райондорунун түпкүрлөрүнө карай жылды.

Кыргызстандын ыңтайлуу жаратылыш шарттары жемиш бактарын жана жүзүмчүлүктү өнүктүрүү үчүн бай келечектерди ачып жатат. Бул жерде алманын апорт, славянка, кышкы алтын пармен, алматы грушовкасы сыяктуу сорттору өстүрүлүп жатат. Алманын жогорку түшүмүн алып жаткан чарбалардын арасында Чүйдөгү мөмө-жашылча совхозу белгилүү болуп калды, ал 1 гектардан 120 центнерден апорт алмасын чогултуп алат. Жемиш багын өстүрүүгө Ысык-Көлдүн жээгинде зор көңүл бурулууда. Азыр бир кыйла жемиш багын өстүрүүчү кыргыздар, мурунку көчмөндөр колхоздун бактарын сүймөнчүлүк менен багып жатышат. Жүзүм Кыргызстанда, атап айтканда, Чүй өрөөнүндө мурдатан эле өстүрүлүп келген. Эми ал өзүнүн «экинчи жаралышын» башынан өткөрүп жатат. Чүй өрөөнү шампан шараптарын жасоого керектүү жүзүмдүн сортторун өстүрүү үчүн өзгөчө ыңтайлуу болуп чыкты. Мына ушунун базасында бул жерде шампан шараптарынын комбинаты түзүлгөн. Жемиш бактары менен жүзүмдүктөр да бара-бара бийик тоолуу райондорго жылып баратат.

Кыргызстандын айыл чарбасынын өнүгүшүндөгү зор бурулуш КПСС БК Сентябрь пленумунда (1953-ж.) жана БКнын андан кийинки пленумдарында кабыл алынган тарыхый чечимдерден кийин болду. КПССтин XX съезди Кыргызстандын айыл чарба эмгекчилерин эмгектеги жаңы ийгиликтерге шыктандырды. Республиканын эмгекчилери үчүн эң даңктуу окуя пахта, кант кызылчасын, мал чарба азык-түлүктөрүн алууну көбөйткөндүгү үчүн жана 1956-жылы айыл чарба азыктарын даярдоонун мамлекеттик планын ийгиликтүү аткаргандыгы үчүн 1957-жылы январда республиканы жогорку Өкмөттүк сыйлык — Ленин ордени менен сыйлоо болду. 3 миңге жакын эмгекчи СССРдин ордендери жана медалдары менен сыйланды, 45 алдынкыларга Социалисттик Эмгектин Баатыры деген ардактуу наам ыйгарылды. Атактуу кызылчачы Зууракан Кайназарова жана Ош областынын Кара-Суу районундагы «Кызыл-

Шарк» колхозунун төрагасы Хайтахун Таширов Социалисттик Эмгектин эки жолку Баатырлары болуп калышты.

КПССтин тарыхый XXI съезди 1959—1965-жыддарда Кыргызстандын айыл чарбасынын андан ары гүлдөшүнө жаңы келечектерди ачты. Жети жылдык планга ылайык Кыргызстан пахта, кант кызылчасын, эт алууга, уяң жүндүү жана жарым уяң жүндүү кой чарбасын өнүктүрүүгө адистешмекчи. Республиканын айыл чарбасынын эмгекчилери жети жылдык план өздөрүнө жүктөгөн тапшырмаларды бир кыйла кыска мөөнөттө аткарууга милдеттенме алышты. Алар жети жылдыктын акырына чейин эт алууну 200 миң тоннага чейин, сүт алууну — 940 миң тоннага чейин, жүн алууну — 30,5 миң тоннага чейин жеткирмек болушту.

Мына ушуга байланыштуу колхоздордо эмгекке гарантияланган акчалай төлөөнү киргизүү, колхоздор аралык өндүрүштүк байланыштарды өнүктүрүү колхоздордо бөлүнбөс фондуларды көбөйтүү сыяктуу прогрессивдүү чаралар зор мааниге ээ болот. Кыргызстанда колхоздордун 70%тен ашуунун бириктирген колхоздор аралык 43 курулуш уюму бар, колхоздор аралык ирилештирилген кыркын пункттары, электр станциялары, бодо малды бордоо үчүн пункттар, ири механизациялашкан чочко фермалары, консерва заводдору, навайканалар түзүлүүдө, биргелешкен күч менен мектеп-интернаттар курулуп жатат. Колхоздордо бөлүнбөс фондулардын көлөмү 1940-жылдан бери 8 эседен ашуунга көбөйдү да 1960-жылы 2596,6 млн. сомго жетти. Колхоздордун кирешелеринен бөлүнбөс фондуларга чегерүүлөрдүн өлчөмү улам барган сайын көбөйүп баратат. Колхоздордун коомдук чарбасынын өсүшүнө ошондой эле бардык колхоздор өздөрүнүн уставдарына киргизген өзгөртүүлөр көмөк көрсөтүп жатат, анда колхозчулардын жеке менчигиндеги малдык нормасын азайтуу жана короо жанындагы участкалардын өлчөмдөрүн азайтуу каралган.

Айыл чарбасын жогорулатуу үчүн алдыңкы тажрыйбаны жайылтуу жана дыйканчылыктын илимий жактан негизделген системасын иштеп чыгуу зор мааниге ээ болот. Кыргызстанда 36 райондук жана райондор аралык тажрыйбалык-көрсөтмө чарбасы жана областтык эки тажрыйба станциясы түзүлгөн. Райондордо 30 агрохимиялык лаборатория иштеп жатат.

Республиканын айыл чарбасын өнүктүрүүдө совхоздор улам маанилүү роль ойноодо. Малчылык багытындагы совхоздордон тышкары республикада кызылча айдоочу, пахта эгүүчү, кара куурай, тамеки, багбанчылык, жүзүм өстүрүү жана жашылча совхоздору бар. Акыркы убакта колхозчулардын жалпы чогулуштарынын чечими боюнча бир катар колхоздор Кыргызстандын ар түрлүү райондорунда совхоздорго кайра уюштурулду.

Айыл чарбасынын ийгиликтүү өнүгүшүнүн түздөн-түз натыйжасы колхозчу дыйкандардын турмушунун материалдык деңгээлинин үзгүлтүксүз жогорулашы болуп саналат.

### *Өнөр жайы*

Улуу Октябрь социалисттик революциясы Кыргызстандын көп кылымдар бою экономикалык артта калышын жойду. Революцияга чейин бул жерде өнөр жай чындыгында жок болчу. Ал айыл чарба сырьёсун алгачкы иштетүү боюнча майда кустардык ишканалар — бир канча булгаары жана май чыгаруу заводдору, тегирмендер, чакан пахта тазалоо заводдору, жүн жуучу жайлар түрүндө болгон. Тоо-кен өнөр жайы гана түштүк Кыргызстандын аймагында бир аз өнүгүүгө ээ болду (Сүлүктүдөгү жана Кызыл-Кыядагы көмүр кендери, нефть, туз алуу). Бирок

бул жумушчуларынын саны чакан ишканалар болгон. Бардыгы болуп Кыргызстандын өнөр жай ишканаларында 1,5 миңге жетпеген жумушчу иштеген, алардын арасында кыргыздар арзыбаган процентти түзгөн.

Кыргыздар капиталисттик өнүгүүнүн стадиясын башынан өткөрүүгө үлгүрбөдү жана ошондуктан өнөр жай пролетариаты болгон эмес. Кыргыз кембагалдары жана көп сандаган айыл чарбалык пролетариат XX кылымдын башынан тартып бара-бара өздөрүнүн чөйрөсүнөн алгачкы ондогон жана жүздөгөн кыргыз жумушчуларын бөлүп чыгарышты, алардын эмгеги майда, жарым кустардык капиталисттик өнөр жайда колдонулган. Бирок бул көбүнчө сезондук жумушчулар болгон. Бул жумушчулардын эмгек жана турмуш-тиричилик шарттары бөтөнчө оор болгон. Ишканалардын ээлери сырьену казып алуунун жана иштетүүнүн жырткычтык ык маларын, артта калган техниканы колдонушкан. Машиналар жана механизмдер дээрлик болгон эмес, кол эмгеги үстөмдүк кылган. Аёосуз эксплуатацияга дуушар кылынган кыргыз жумушчулары жакырчыдай эмгек акы алышкан. Аларга суткасына 14—16 саат иштөөгө туура келген. Эмгекти коргоо болгон эмес. Жумушчулар же тар казармаларда же жер кепелерде, кээде тытылган кийиз жабылган чатырларда баш пааналашкан. Кийим-кече жана жууркан-төшөк, башка керектүү нерселер жетишкен эмес. Негизги тамагы токоч менен ундан жасалган атала болгон. Оору-сыркоо жана эрте өлүм көп жумушчулардын тагдыры болгон.

Кыргызстанда өнөр жай очокторун түзүү боюнча иш Коммунисттик партия менен Совет бийлиги башчылык кылган, бул ишеними аз жана түздөн-түз душмандарга каршы зор күч-аракеттерди жана күрөштү талап кылган. Буржуазиялык улутчулдар Кыргызстандын индустриялаштырылышынын өсүшүн токтотууга, аны агрардык өлкөнүн абалында калтырууга аракет кылышкан. Эл чарбасын өнүктүрүүнүн алгачкы беш жылдык пландарын жүзөгө ашыруунун натыйжасында Кыргызстан индустриалдык- агрардык республикага айланды. СССРдин боордош элдеринин жана баарыдан мурда орус элинин жардамы менен жогору өнүккөн социалисттик өнөр жайды түзүү кыргыз элинин зор жеңип алуусу болуп саналат. Азыр өнөр жай продукциясы Кыргызстандын эл чарбасынын дүң продукциясынын төрттөн үчүнөн көбүн түзөт.

Кыргызстанда эң жаңы өнөр жайынын көп тармактарынын өнүгүшү үчүн база анын бай сырьёлук ресурстары болуп саналат. Акыркы он жылдын ичинде бул жерде ар түрдүү пайдалуу кендер табылды. Таш көмүрдүн бардык ортоазиялык запастарынын көпчүлүк бөлүгү Кыргызстандын аймагына топтолгон. Бул жерде нефтинин жана газдын, түстүү металлдардын (калайдын, коргошундун, цинктин, жездин), сейрек элементтердин ири кендери ачылды. Ар түрлүү райондордо күкүрттүн, асбесттин, минералдык боектордун кендери жолугат.

Совет бийлигинин жылдары ичинде Кыргызстандын таш көмүр өнөр жайы толугу менен реконструкцияланып, азыр ал ортоазиялык республикалардын отун базасы болуп калды. Кыргызстандын көмүр өнөр жайынын борборлору Кызыл-Кыя, Сүлүктү, Көк-Жангак, Таш-Көмүр болуп саналат. Нефть-газ өнөр жайы түзүлдү. Түстүү жана сейрек металлдарды казып алуу боюнча кен ылгоо фабрикалары бар, Фрунзе атындагы кен-металлургия комбинаты эң жаңы техника менен жабдылып курулган. Алгачкы машина жасоо жана металл иштетүү ишканалары: Фрунзедеги айыл чарба машиналарын жасоо заводу, Новотроицкидеги машина жасоо заводу, «Красный металлист» заводу иштей баштады.

Жеңил жана текстиль өнөр жайы зор өнүгүүгө ээ болду. Буга Ош шаарындагы жибек токуу ири комбинаты, пахтадан жип ийрүү, бир канча трикотаж, кийим тигүү жана бут кийим тигүү фабрикалары, булгаары заводдору, нооту жана байпак фабрикалары кирет. Ошондой эле бир канча пахта тазалоо заводдору, кендир фабрикасы, кара куурай өсүмдүктөрүн кайра иштетүү боюнча заводдор, Ош, Пржевальск, Жалал-Абад шаарларындагы жеңил өнөр жай комбинаттары бар.

Кыргызстандын тамак-аш өнөр жайы Фрунзедеги, Рыбачьедеги эт комбинаттары, Токмоктогу жашылча-консерва жана Жалал-Абаддагы витаминконсерва комбинаттары сыяктуу ири ишканалар менен байыды.

Чүй өрөөнүндө кант заводдорун куруу өзгөчө кеңири жайылды, бул жерде кызылча айдоонун эми айыл чарбасында зор салыштырма салмагы бар. Азыр Кант жана Кара-Балта кант комбинаттары, Токмок, Беловодск жана Новотроицк кант заводдору иштеп жатат. Ошондой эле сүт жана май заводдору, тамеки фабрикасы жана тамак-аш өнөр жайынын башка ишканалары курулду.

Кен-химия, полиграфия, токой, фармацевтика сыяктуу өнөр жайдын тармактары жаңыдан түзүлдү. Токой өнөр жайы негизинен ийне жалбырактуу токой тайгасына бир аз окшош, кээде 50 жана андан да ашуун метр бийиктикке жеткен тяньшань карагайы ээлеген аянттар республиканын чыгышында өнүгүп жатат. Түштүк Кыргызстанда грек жаңгагынан, алмадан, алчадан турган эң бай токой өсөт. Айланадагы калктын эс алышына ыңгайлуу жана сүйгөн жери — Арсланбаб коктусундагы кооз токойлор кеңири белгилүү.

Өнөр жайды өнүктүрүү менен бир эле убакта энергетика базасын түзүү жүрүп жатат. Тянь-Шань тоолору ортоазиялык республикалардын эл чарбасында зор роль ойноп турган көп дарыялардын башаты болуп саналат. Бул — Нарын жана Кара-Дарыя кошулгандан кийин Сыр-Дарыя деп аталган дарыя, Чүй, Талас, Сох, Исфара, Кызыл-Суу дарыялары. Алардын суулары жергиликтүү күрдүү жерлерди — боз топурактарды сугаруу үчүн пайдаланылат. Бул дарыялар Кыргызстанда гидроэлектр станцияларын куруу үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөрү бар зор потенциалдык гидроэнергетикалык ресурстар. Бул запастар боюнча Кыргызстан СССРде үчүнчү орунду ээлейт. Бир канча ири гидроэлектр станциялары жана көп майда райондук маанидеги электр станциялары курулган, айыл чарбалык жана колхоздор аралык гидроорнотмолордун тармагы түзүлгөн. Колхоздордун 90%и жана совхоздордун 74 проценти электрлештирилген. Бардыгы болуп Кыргызстанда 700 дөн ашуун электр станциялары бар. Электр энергиясын чыгаруу 1928-жылдагы 0,8 млн. квт сааттан 1960-жылдагы 871 млн. квт саатка чейин көбөйдү. 1962-жылы Орто Азиядагы эң ири кубаттуулугу 180 миң квт саат келген Үч-Коргон ГЭСи пайдаланууга киргизилди, бул — Нарын дарыясында курула турган кубаттуулугу бир канча миллион кВт келген гидростанциялардын каскадынын биринчиси жана Орто Азия менен Казакстандын жалпы энергетика системасынын бир бөлүгү болуп саналат. Үч-Коргон ГЭСи республиканын түштүгүнө гана эмес, боордош Өзбекстандын эл чарбасына энергия берет.

Өнөр жайды өнүктүрүү ири капиталдык чыгымдарды талап кылды. Кыргызстандын эл чарбасына мамлекеттик капиталдык салымдар жүздөгөн млн. сомго жетет.

Кыргызстандын аймагында 5 миңге жакын өнөр жай ишканалары бар. Алардын баары бирге алганда азыр бир жылдын ичинде Кыргызстандын революцияга чейинки бүткүл өнөр жайы бергендей сандагы продукцияны бир жуманын ичинде берет. 1913-жыл менен салыштырганда өнөр жай өндүрүшүнүн

көлөмү 1960-жылы 61 эсе көбөйдү. Азыр Кыргызстанда Түркияга караганда калктын жан башына нефти 17 эсе көп жана Японияга караганда 60 эсе көп чыгарылып жаткандыгы мүнөздүү. Көмүр жыл сайын 3,5 млн. ашуун тонна казылып алынат, бул Италия менен Испанияны бириктирип алганда аларда казылып алынган көмүргө барабар же Иран менен Пакистанды бириктирип алгандагыдан 4 эсе көп. Кыргызстанда электр энергиясын, көмүрдү, кантты калктын жан башына чыгаруу Түркияга караганда 5 эсе көп.

КПССтин XX съездинен кийин республикада аспап (прибор) жасоо, курама темир бетон, газ жана башка өнөр жай объектилери чындыгында кайрадан түзүлдү.

Бул убактын ичинде Кыргызстанда физикалык аспаптар заводу, электр-механикалык завод, «Кыргызкабель» заводу, велосипед бураштыруу заводу, «Октябрдын 40 жылдыгы» атындагы кийим тигүү фабрикасы (ал республикадагы тигилген кийимдердин негизги массасын чыгарат), «Кара-Суу» жана «Алмалык» таш көмүр разрездери, Фрунзедеги ТЭЦтин биринчи кезеги сыяктуу жаңы ири өнөр жай ишканалары катарга киргизилди.

Фрунзе шаарында СССРдеги эң ири комбинаттардын бири 40 миң токугуч ийиги бар камволдук-нооту комбинатынын курулушу башталды. Ал Кыргызстан тапшырган бүткүл жүндү кайра иштетип чыгат. Анын ар жылкы кубаттуулугу — 9 млн. метр чамасында жогорку сапаттуу жүн кездемеси (бостон, метро, габардин), трикотаж өнөр жайы үчүн 534 тонна жүн жиби. Ошто пахтадан кездеме токуу комбинаты, Жинжиганда көмүр шахтасы, Орто Азиядагы эң ири Кайыңды кант заводу, Кантта цемент заводу, Ош шаарында ири панелдүү үй куруу заводу курулуп жатат.

Кыргызстандын экономикалык байланыштары көп түрдүү. Ал азыр өлкөнүн бардык экономикалык райондорунан өнөр жай продукциясын гана албастан, Кыргызстандын өзүнөн 102 экономикалык районго өнөр жай продукциясы ташылып чыгат. Кыргызстанда чыгарылган машиналар менен товарлардын бир бөлүгү 25 өлкөгө экспортко жөнөтүлөт. Метам кесүүчү станоктор, айыл чарба машиналары, электр кыймылдаткычтары, так аспаптар, медициналык аппараттар, бут кийим экспорттолуп жатат.

Улуу Октябрь социалисттик революциясынын жана өлкөнү индустриялаштыруунун Коммунисттик партия жүргүзүп жаткан саясатынын натыйжасында Кыргызстанда жумушчу табы — кыргыз социалисттик улутунун алдынкы күчү өсүп чыкты. Республиканын эл чарбасында жүздөгөн миң жумушчулар, инженердик-техникалык кызматкерлер жана кызматчылар иштеп жатат. Революцияга чейинки мезгил менен салыштырганда республикада өнөр жай жумушчуларынын саны 60 эседен ашуунга өстү, эми булардын арасында кыргыздар көп. Алардын ичинен төрттөн үчү ири өнөр жайында иштейт. Кыргыз жумушчу табы мурунку жарым жартылай ачка жашаган кыргыз пролетарийлери менен эч кандай окшоштугу болбогон шарттарда жашап жана эмгектенип жатат.

Көп жумушчу кыргыздар татаал адистиктерге ээ болушуп, жогору дасыккан жумушчулар жана устаттар болуп калышты. Алардын 6 жана 7 сааттык жумушчу күнү бар. Аларда өздөрүнүн саясий жана маданий деңгээлин жогорулатуу үчүн, коомдук иш, балдарды тарбиялоо үчүн бош убакыт бар. Эмгектин өндүрүмдүүлүгүнүн өсүшүнүн жана эмгекчилердин материалдык жыргалчылыгын жогорулатуу жөнүндө Совет мамлекетинин камкордугунун аркасында жумушчулардын жана кызматчылардын эмгек акысы үзгүлтүксүз өсүүдө.

Эмгек акыдан тышкары жумушчулар жыл сайын төлөнө турган отпускалар, акысыз медициналык жардам, санаторийлерге жана эс алуу үйлөрүнө жеңилдик жолдомолор менен камсыз кылынат. Аларды тейлөөгө маданий- агартуу мекемелеринин кеңири тармагы: маданият сарайлары, китепканалар, клубдар бар. Кечки мектептерге, техникалык курстарга, кесиптик окуу жайларга жумушчу табынын жаш муундары жык толгон, алар аталары жана чоң аталары эптеп күн көргөн капиталисттик эксплуатациялоонун моюн- туругунан эркин. Азыркы убакта 29 кесиптик окуу жайында 8 миңге жакын уландар менен кыздар окуп жатат.

Өнөр жай жумушчуларынын арасында коммунисттик эмгектин коллективдери жана эпкиндүүлөрү деген наам үчүн мелдеш улам барган сайын кеңири жайылууда. Жүздөгөн бригадалар бул ардактуу наамга татыктуу болушту. Мелдештин алдыңкыларынын ичинде СССРдин Өкмөтү 1960-жылы майда Кыргызстандын өнөр жай ишканаларынын 16 жумушчусун, анын ичинде төрт кыргызды «Эмгектеги каармандыгы үчүн» медалы менен сыйлады. Өндүрүштүк зор ийгиликтери жана коммунисттик эмгектин бригадалары жана эпкиндүүлөрү деген наам үчүн мелдешти уюштурууда көрсөткөн демилгеси үчүн Фрунзе атындагы Түштүк кен-металлургия комбинатынын Кадамжайдагы металлургия заводунун эритүүчүсү Сайдума Тишеевге Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам ыйгарылды. 1961-жылы коммунисттик эмгектин ишканасы деген наам биринчи жолу Фрунзедеги жип ийрүү фабрикасына жана Пишпек станциясынын локомотивдик депосуна ыйгарылды.

КПССтин XXI съезди жактырган өлкөнүн эл чарбасын өнүктүрүүнүн жети жылдык планына ылайык Кыргыз ССРинин өнөр жайы ого бетер ылдам темптер менен өнүкмөкчү. Кыргызстанда дүң өнөр жайын өндүрүү 2,2 эсе көбөйөт, ал эми СССР боюнча 1,9 эсе көбөйтүү белгиленген. Мунун өзү бүткүл Советтер Союзунун экономикасынын өсүшү менен тыкыс байланыштуу ар бир союздук республиканын өндүргүч күчтөрүн кубаттуу өнүктүрүү жана жаратылыш ресурстарын чексиз пайдалануу үчүн мейкиндик ачкан лениндик улуттук саясат турмушка кандайча жүзөгө ашырылып жаткандыгынын айкын-ачык мисалы. Кыргызстандын эл чарбасына капиталдык салымдар жети жылдыктын ичинде 10,5 млрд сом көлөмүндө каралган, мунун өзү төрт беш жылдыктын ичиндеги капиталдык салымдардын көлөмүнө барабар.

Өнөр жай продукциясынын ар жылкы өсүшү орточо 12,5%ке белгиленген.

Нефть жана Кыргызстан үчүн жаңы газ өнөр жайы зор өнүгүүгө ээ болот. Нефть алуу 1965-жылы 1,5 млн. тоннага жеткирилет, б.а. 1958-жыл менен салыштырганда 3 эсе көбөйөт, газ алуу 2 млрд. куб метрден ашуунду түзөт. 1965-жылы Фрунзе шаары Ташкент — Чымкент — Жамбул — Фрунзе — Алматы газ өткөргүчүнө туташтырылат. Кыргызстан жети жылдыктын акырында көмүр казып алууну 4 млн. тоннага чейин көбөйтөт. Өнөр жайдын жаңы тармагы — химиялык өнөр жай өнүгүүгө ээ болот, түстүү металлургия андан ары өсөт. Сымап жана сурьма казып алууну бир кыйла көбөйтүү менен катар (бул тармактар жагынан Кыргызстан Советтер Союзунда алдынкы орунду ээлейт) коргошун концентратын чыгаруу өсөт.

Кыргызстанда электр энергиясын иштеп чыгарууну 3,6 эсе өстүрүү да каралган. Ар түрдүү машиналарды, автомобилдерди, электр жабдууларын, металл иштетүүчү станокторду, насосторду, физикалык аспаптарды, жүк көтөрүүчү жабдууларды, тамак-аш өнөр жайы үчүн жабдууларды чыгаруу, пахтадан жана жүндөн кездемелерди чыгаруу кеңейет же жаңыдан уюштурулат.

Азыркы убакта республиканын өнөр жайы жети жылдык планда каралгандагыдан бир кыйла ылдам темптер менен өнүгүүдө.

## *Транспорт жана байланыш*

Социалисттик курулуштун жылдарынын ичинде Кыргызстанда транспорт менен байланышты өнүктүрүү жагынан зор ийгиликтерге жетишилди. Октябрь революциясынан кийин гана темир жол Фрунзе жана Ош шаарларына чейин жеткирилди. Жүздөгөн километр жаңы темир жолдор курулду- Эми республиканын негизги административдик жана өнөр жай

борборлорунун темир жолдук байланышы бар. Узундугу 173 1-см Фрунзе-Рыбачье жаңы темир жол магистралынын курулушу аяктады, ал Кыргыз ССРинин башкы дан райондору — Ысык-Көл ойдуңун, тоолуу малчылык жана токой райондорун, бай көмүр, коргошун жана башка кендерди Түркстан- Сибирь темир жолу менен бириктирди. Кыргызстандын андан ары гүлдөшү үчүн бул жаңы магистралдын мааниси өтө зор.

Ысык-Көлдө жүргүнчүлөрдү жана жүктөрдү ташууну камсыз кылуучу пароходчулук түзүлдү жана өнүгүп жатат.

Автотранспорт Кыргызстанда өзгөчө мааниге ээ болот, анткени ал бийик тоонун шарттарында механизациялашкан транспорттун негизги түрү болуп саналат. Анын үлүшүнө республикадагы бардык ташуулардын 80%тен ашууну туура келет.

1927-жылга чейин Кыргызстанда бүткүл жыл бою автотранспорттун кыймылы үчүн ыңтайлаштырылган бар болгону 35 км жолу болгон. Экинчи беш жылдыкта эле Кыргызстан алгачкы ири жол курулуштары менен: Фрунзе — Рыбачье, Талас — Жамбул жолдору менен байыды. Совет бийлигинин жылдары ичинде өркүндөтүлүп капталган 14 миң км ден ашуун магистралдык автомобилдик жолдор курулуп, райондордун, кыштактардын жана айылдардын кылымдардан бери бөлүнүп калышын жойду. Автомобиль магистралы Кыргызстандын, Өзбекстандын жана Казакстандын борборлорун байланыштырып турат.

1963-жылы Фрунзе-Суусамыр-Ош эң ири автомобиль магистралынын курулушу аяктайт. Ал республиканын түндүк жана түштүк райондорун эң кыска жол менен байланыштырат, пайдалуу кендерге жетүүгө жол ачат, бийик тоолуу Тянь-Шандын экономикасын жандандырат.

Аба транспорту улам барган сайын зор мааниге ээ болууда, Кыргызстандын борбору Москва, Ташкент, Новосибирск, Иркутск менен, түштүк курорттору (бул жерде комфортабелдүү ИА-18 самолёттору учуп турат), Алматы, Кыргызстандын областтык борборлору менен аба жолдору аркылуу байланышкан. Мындан тышкары, республиканын айрым райондору жана шаарлары менен, алыскы мал чарбасынын участкалары менен авиациялык байланыш бар, санитардык авиация иштеп жатат. Бортунда врачтары бар самолёттор жана вертолёттор тоолуу жайыттардын жетүүгө кыйын болгон эң алыскы бурчтарына учуп барып турат.

Азыр да жол жүрүүнүн кеңири таркалган ыкмасы ат менен жол жүрүү болуп саналат. Кыргыздар — бир канча узак убакыт бою ээрден түшпөй, өзүнүн жолунда эң оор бөгөттөрдөн: ашуулардан, тик беттерден, шаркырап аккан тоо сууларынан өтүүгө жөндөмдүү чаалыкпас чабандестер.

Жылкылар, өгүздөр, төөлөр, эшектер оор жүк ташуу үчүн пайдаланылат. Памирдик кыргыздарда негизги мингич жана унаа малы топоз болуп саналат. Түштүк кыргыздарда мурда деле «фергана» тибиндеги өзбектердин кош

дөңгөлөктүү арабасы бир аз таркалган, ал эми түндүк кыргыздарда дөңгөлөктүү транспорт Октябрь революциясынын алдындагы акыркы мезгилде гана таркала баштаган. Кыргыздар орус дыйкандарынан арабалардын типтерин гана эмес, ага керектүү дээрлик бардык буюмдардын аттарын үйрөнүшкөн. Бийик тоолуу райондордо азыр да *чийне* кээ бир жерлерде пайдаланылат, ал эки шыргыйдан жасалып, туурасынан эки-үч жыгач союл чырмалган болот; шыргыйлардын бир учу ээрге таңылып, экинчи учтары жерде сүйрөлүп жүрөт. Чийне боологон буудайды, куурай-отун ташуу үчүн пайдаланылат.

Ээр тиби жана керегине жараша айырмаланат: ат (мингич) үчүн — *ээр*, *өгүз* (мингич жана жүк ташуу үчүн) үчүн — *ыңырчак*, *төө*, *эшек* үчүн — *ком* колдонулат. Мындан тышкары балдарды ташуу жана аларды атка мингизип үйрөтүү үчүн өзүнчө бир ээр (*айырмач*) колдонулган, ал кичинекей чабандес аттан жыгылбас үчүн бир кыйла ыкмалар менен жабдылган: жазы кийиз үзөнгүсү бар, баланын капталдарына эки кайчылаш бийик жыгач коюлган. Жылкы үчүн ээрдин бир канча түрү жолугат. Эң көп таркаганы анжиян тибиндеги ача баштуу, кеңири, бир аз ийилген ээр (*куш баш ээр*). Кээде ээрдин башы кеңири дого түрүндөгү, алтайлыктарда жана тувалыктарда жолуга турган көп ээрлердин биринин тибине өтө окшош ээр (*дамбаш ээр, ак каңгы ээр*) жолугат. Бул ээр байыркы түрк тибиндеги ээр менен генетикалык жактан байланыштуу.

Кыргыз эли байланыштын эң жаңы түрлөрүн (телефон, телеграф, радио, телекөрсөтүү) пайдаланууга мүмкүнчүлүк алды, көп райондордун республиканын борборлорунан өтө алыс шарттарында анын крайдын экономикасы менен маданиятын өнүктүрүүдө зор мааниси бар. Кыргызстандын байланышчылары СССРде биринчи болуп радиорелейлик линиялардын өнүгүшүнө негиз салышты. Көп каналдуу байланыш Ташкент жана Алматы менен жүзөгө ашырылып жатат.

***

Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын XXII съезди партиянын жаңы Программасын кабыл алып, анда биздин өлкөдө коммунизмди куруунун келечектери белгиленген. Коммунизмдин материалдык-техникалык базасын түзүүдө тең укуктуу союздук республикалардын ичинен ар бири, анын ичинде минералдык сырьёнун зор запастарына жана зор энергетика ресурстарына ээ болгон Кыргыз ССРи да татыктуу ордун ээлейт. Кыргыз ССРинин 20 жыл ичинде өнөр жай өндүрүшүнүн жалпы көлөмү болжол менен 20 эсе өсүүгө тийиш. Өзгөчө роль машина жасоого берилет, ал республиканын өнөр жайында алдыңкы орунду ээлейт. Анын көлөмү 20 эсе өсөт. Кыргызстан гидроэнергияны пайдалануунун базасында энергетика өндүрүштөрүн жайгаштыруунун эң маанилүү райондорунун бирине айланат.

Партиянын жаңы Программасына ылайык жакынкы жылдарда Чоң Нарындын проблемасын — гидроэнергияны жана жергиликтүү минералдык сырьёну комплекстүү пайдалануунун проблемасын практикалык жактан чечүү башталат. Нарын дарыясында Токтогул жана Тогуз-Торо гидроэлектр станциялары тургузулат. Алардын биринчиси ири республикалар аралык ирригациялык-энергетикалык объект болуп калат. Токтогул гидро түйүнү өзүнө кубаттуулугу 1,2 млн. кВт ГЭСти жана сыйымдуулугу 17 млрд. куб. метр зор суу сактагычын камтыйт. Бул гидро түйүндү куруунун аркасында Орто Азиянын республикаларында жана Казакстанда 2 млн. гектарга жакын жаңы жерлерге кошумча суу жеткирилет. Токтогул ГЭСи эң арзан электр энергиясын берет. Мына

ошентип, бир эле убакта электрлештирүүнү, ирригацияны өнүктүрүү камсыз кылынмакчы.

Эл керектөөчү товарларды чыгарууну 20 жылдын ичинде 6—7 эсе көбөйтүү белгиленип жатат.

Алдыда турган жыйырма жылдыкта Кыргызстандын айыл чарбасы да зор масштабдарда өнүгөт. Эт жана жүн алуу 3,5 эсе, сүт алуу — 4 эседен ашуунга көбөйөт. Бүткүл өлкөдөгүдөй эле Кыргызстанда калктын турмуш деңгээлин жогорулатуунун эң зор программасы жүзөгө ашырылмакчы.

## МАТЕРИАЛДЫК МАДАНИЯТЫ

Үстөмдүк кылган чарбалык укладдын мүнөзү — көчмөн малчылык жана патриархалдык уруулук турмуш-тиричилик кыргыздардын материалдык маданиятына терең из калтырды. Турак жайлардын, кийим кеченин типтери, тамагынын жана эмеректеринин мүнөзү, транспорттук каражаттары, чоң аралыктарга көп көчүп жүрүүнүн зарылчылыгы, бекем отурукташкандыктын жоктугу, бүтүндөй чарбалык иш-аракеттин сезондук мүнөзү менен аныкталган.

Бүтүндөй алганда кыргыздардын материалдык маданияты, ошондой эле рухий маданиятынын көп жактары — Тянь-Шандын түндүк тоо этектеринен тартып түштүктөгү Куэнь-Лундун жана Гиндукуштун тоо кыркаларына чейин жана батыштагы Ура-Төбөдөн чыгыштагы Куча оазисине чейин алар жайгашкан кеңири аймакта — анын бардык белгилеринде, ар кандай себептер менен түшүндүрүлгөн жергиликтүү өзгөчөлүктөрү байкалса да, бирдей болгон. Алардын ичинен эң башкысы кыргыздардын кээ бир топторунда мурунку уруулук бөтөнчөлүктөрдүн жана коңшулаш элдер менен маданий жактан өз ара аракеттеринин калдыктарынын сактап калынышы болгон.

Материалдык маданияттын көп элементтерине мүнөздүү жергиликтүү өзгөчөлүктөрдүн болушу үч негизги комплексти бөлүп көрсөтүүгө мүмкүндүк берди: түндүк (борбордук Тянь-Шандын аймагы, Ысык-Көлдүн жээги, Чүй өрөөнү жана Нарын дарыясынын төмөнкү агымындагы райондордун бир бөлүгү), түндүк-батыш (Талас жана Чаткал өрөөндөрүнүн аймагы жана аларга тутумдаш жаткан райондор) жана түштүк (Ош областынын түштүк-батыш райондору, Алай өрөөнү, Каратегиндин чыгыш бөлүгү — Жергетал району; чыгыш Памир). Түндүк жана түштүк, түндүк-батыш комплекстери таркаган аймактардын ортосунда материалдык маданияты эки коңшулаш комплекстердин аралаш белгилери бар кыргыздардын топтору жашайт. Материалдык маданияттын бөлүнүшү өткөн заманда кыргыз урууларынын бул же тигил топторунун белгилүү жайгашуусунун натыйжасы болуп саналат. Мына ошентип, жогоруда аталган комплекстердин кыргыздардын этностук тарыхы менен түздөн-түз байланышы бар.

Материалдык маданияттагы бир кыйла айырмачылыктар кыргыз коомунун таптык түзүлүшүнөн келип чыккан.

Акыркы жылдарда кыргыздардын материалдык маданиятын изилдөөгө Кыргыз археологиялык-этнографиялык экспедициясы олуттуу салым кошту. Кыргыздардын материалдык маданиятында Орто Азиянын башка элдеринин жана казактардын маданий салттарына көбүрөөк жакын көрүнүштөрдүн басымдуулук кылышы менен катар, анда анын Түштүк Сибирдин, Монголиянын, азыркы убактагы Синьцзяндын жана Тибеттин элдеринин маданияты менен жакындатуучу элементтери айкын көрүнүп тургандыгы белгиленди. Бирок бул маалыматтар азыркы убактагы кыргыздардын али да болсо азырынча анчалык

толук аныктала элек материалдык маданиятынын келип чыгышы жөнүндө маселени чечүү үчүн жетиштүү эмес.

Тарыхый далилдер. негизинен кытай булактары, ошондой эле Түштүк Сибирде, Жети-Сууда, Тянь-Шанда жана Памир-Алайда кеңири масштабдарда жүргүзүлгөн археологиялык изилдөөлөрдүн натыйжалары кыргыз урууларынын материалдык маданиятында көчмөндөрдүн — сактардан, усундардан жана гунндардан тартып түрктөргө жана моңголдорго чейин материалдык маданияттын салттарынын кандайдыр-бир даражада улантылышы болгон деп бир кыйла ишенимдүү айтууга мүмкүндүк берет.

Боз үй тибиндеги турак жай усундарга да, ошондой эле байыркы кыргыздарга да белгилүү болгон. Кыргызстандын аймагындагы гунндардын заманындагы эстеликтерди биринчи жолу изилдеген А. Н. Бернштамдын сөздөрү боюнча «кенкол тибиндеги маданият бардык өзүнүн негизги бөлүктөрүндө кыргыз уруулары тарабынан кабыл алынган»[5]. Бул кийимдин бычылышына жана бут кийимдин тибине таандык болгон Кенкол көрүстөнүнүн материал- дары менен өзгөчө ынанымдуу ырасталат, бул кийимдер олуттуу өзгөрүүсүз эле жалаң гана кыргыздарда эмес, Орто Азиянын башка элдеринде да биздин мезгилге чейин сакталып калган. Түрк заманындагы таш мололордо тартылган көчмөндөрдүн типтүү кийимдерин, Жети-Суунун байыркы түрктөрүндө кийизден жасалган кийимине шилтемелерди (Сюань-Цзан, VII к) жана «Тан Шудагы» байыркы кыргыздардын (хагастардын) кийимдеринин сүрөттөрүн (ак кийиз калпактар, кой терисинен жана жүн кездемеден кийимдер) азыркы убактагы кыргыздардын кийимдери менен салыштыруу жок эле дегенде 1300—1400 жыл бою кийимдердин типтеринин улантылып келаткандыгына шектенүүлөрдү туудурбайт. Кыязы, ушунун эле өзүн кооз зергер буюмдары жөнүндө да айтууга болот. Мындан тышкары, кыргыздарда үй эмеректеринин гунндук, усундук жана түрктүк көрүстөндөрдүн тийиштүү буюмдарына формалары боюнча, ал түгүл материалы боюнча (маселен, арча же тяньшань карагайы) таптакыр окшош көп буюмдары (тегерек, түбү жалпак жыгач чаралар жана табактар, чынылар үчүн кутулар, шам койгучтар, жыгач бешик) биздин заманга чейин сакталып келди же жакында эле керектөөдөн чыгып калды. Ушундай эле окшоштуктар аттын ээр токумунан жана анын кооздоолорунан байкалат. Бул жерде келтирилген кээ бир маалыматтар кыргыздардын материалдык маданиятынын татаал мүнөзүн жана анын Борбордук жана Орто Азиянын байыркы жана орто кылымдардагы көчмөн урууларынын кеңири чөйрөсүнүн маданияты менен генетикалык байланышын көрсөтүп отурат.

Азыркы убактагы кыргыздардын материалдык маданияты жөнүндө алгачкы маалыматтар XVIII кылымдагы төмөндөгүдөй кытай булактарында камтылган: Чунь Юандын 1777-жылдагы «Сиюй вэнь цзян лу» («Батыш крайы жөнүндө көргөндөрдүн жана уккандардын баяны») жана «Циньдин хуанчао вэньсян тункао» (Цин династиясынын убагында түзүлгөн классикалык тексттерден жана эң акыркы түшүндүрмөлөрдөн эркин сүрөттөмө»). Бул жерде турак-жайдын (кийиз үйлөр), тамактын мүнөзү белгиленет, тыш кийим жана баш кийимдер кыскача сүрөттөлөт. Бул маалыматтардын кеңейиши жана алгачкы документтер менен ырасталган маалыматтардын пайда болушу XIX кылымдын ортосуна туура келет, бул убакта биринин артынан бири Кыргызстандын аймагында белгилүү окумуштуулар П. П. Семенов-Тян-Шанский жана Чокон Валиханов болуп кетишкен. Биринчисин коштоп жүргөн сүрөтчү П. М. Кошаров эң сонун этнографиялык альбом калтырып кеткен, анын таблицаларында жана

сүрөттөрүндө Ысык-Көлдүн боюндагы кыргыздардын материалдык маданияты дээрлик толук камтылган. П. М. Кошаровдун альбому Ч. Валиханов жасаган кыскача, бирок так жазуулар жана сүрөттөр эң сонун толуктайт.

XIX кылымдын 60-жылдарында кыргыздын бугу жана сарбагыш урууларында болуп кеткен акад. В. В. Радлов да баалуу маалыматтарды кабарлайт. Бул булактар, ошондой эле андан кийинки кээ бир сүрөттөөлөр, музейдин коллекциялары жана жогоруда айтылган Кыргыз экспедициясынын талаа материалдары кыргыздардын материалдык маданиятынын эң маанилүү жактарын мүнөздөп кетүүгө мүмкүндүк берет.

## *Айылдык кыштак жана турак-жай*

Кыргыздардын кыштагынын тиби түзүлгөн тарыхый шарттарга жараша өзгөрүүлөргө дуушар бөлгөн. Уруулар аралык согушка феодалдар тарабынан тартылган кыргыз калкы XIX кылымдын 50—60-жылдарына чейин уруулук түзүлүшү боюнча 100—200 жана андан ашуун боз үйдөн түзүлгөн чоң айылга-жамаатка биригип жана бирге жашоого аргасыз болушкан. Албетте, көчмөн турмушта кыргыздарда бекем отурукташуу деген болгон эмес. Түндүк Кыргызстанда XIX кылымдын орто ченинде гана феодалдык төбөлдөрдүн арасында отурукташуунун белгилери пайда болгон. Бугу уруусунун билерманы Бором- байдын Жууку коктусунда соккон дубалдан курулган чарбак түрүндөгү курулуштары, дан үчүн кампасы жана тегирмени болгон, ушул эле жерде огороду жана эки жемиш багы болгон. Г. Бардашевдин маалыматы боюнча, Боромбай бул жерге али 1843-жылы кербендерди карактоодон коргоо үчүн жана кас сарбагыш уруусу кол салып калган учурда мүлктү кайтаруу үчүн ок ата турган тешиктери бар чоподон кичинекей чеп курган. Чептин ичинде он чакты боз үй болуп, анда эгиндин запастары сакталган. Белгилүү болгондой, бул кыргыздарда жасалма чептердин болгондугунун бирден-бир далили.

Орусияга кошулгандан кийин түндүк Кыргызстанда кыргыздардын алгачкы отурукташкан кыштактары келип чыккан. Мындай кыштактардын түзүлүү процесси бир кыйла кеңири өлчөмдөрдө жана кыязы, бир кыйла мурда Ферганага тутумдаш райондордо пайда болгон. Ал Ферганада өнүккөн экономикалык мамилелердин таасири жана жергиликтүү отурукташкан өзбек жана тажик камсы менен катнаштын күчөшү менен шартталган.

Мурда белгиленип кеткендей, Чүй өрөөнүндө жана Ысык-Көл ойдуңунда алгачкы кыргыз кыштактары XIX кылымдын эң акырында гана пайда болгон. Бул, андан кийин башка кыштактардын келип чыгышы падышачылыктын колониялык саясаты менен байланыштуу жаңы социалдык-экономикалык шарттардын натыйжасы гана эмес, бул жерде пайда болгон орус дыйкандарынын оң таасиринин натыйжасы болгон.

Кыргыз калкынын негизги массасы көчмөн жана жарым көчмөн тибиндеги айылдарда жашоону уланта берген. Бирок булар бир кыйла майда, бытыранды болгон. Кыргыз айылынын чоңдугу туруктуу болгон эмес. Сезондук жайыт- тарга — жазгы, жайкы жана күзгү жайыттарга көчүүнүн мезгилинде, айылдар азайып, ал эми кышкы жайыттарда болуунун мезгилинде көбөйүп турган. Бирок көбүнчө кышында да мындай айылдар чогуу кыштактар болуп саналбайт. Бул бир-биринен кээде бир кыйла аралыкта жайгашкан турак жайлардын чакан топтору болгон. Көп айылдар жакын туушкандардын чакан тобунан түзүлгөн. Айылдардын жайгашуусунда да туушкандык жана уруулук принцип сакталган.

Октябрь революциясына чейин айылдарда гана эмес, бир аз сандуу отурукташкан кыштактарда турак жайдын үстөмдүк кылган тиби боз уй (кара уй, кыргыз уй) болгон. Тоолуу шарттарда көчмөн малчылык менен илгертеден кесиптенген кыргыз уруулары мындай шарттарга өтө ыңтайлуу көчмө турактын тибин иштеп чыгышкан, аны оңой эле чечип, унаа малга жүктөп, кайрадан тигүүгө жеңил болгон. Орто кылымдарда чөл көчмөндөрүнүн арасында кеңири таркаган араба менен ташылуучу турак-жай бул шарттарга жооп бере алган эмес.

Боз үйдүн негизин бир канча бөлүктөн showraштырыла турган жыгач негиздер түзөт: боз үйгө тегерек форманы бере турган бүктөлмө тор жыгачтан (кереге), ага төмөнкү учтары байланып, жогорку учу чоң алкакка (тундук)

сайыла турган узун шыргыйдан (уук) жана эшик кашегинен (босого) турат. Жогору жактагы тешик түтүндүн чыгышы жана жарыктын түшүшү үчүн кызмат кылат. Эшиктин кашегине эки жакка ачылчу каалга илинет же кире бериш кийиз менен капталган эшик жабуу (чийден жасалат) менен жабылат. Керегенин сыртынан чий капталат, андан кийин боз үйдүн уук- керегелери сыртынан ар түрдүү формадагы жана өлчөмдөгү кийиздер менен капталат. Түндүк түнкүсүн, ошондой эле жаан-чачында түндүк жабуу менен жабылат.

Өткөндө кембагалдар ышталган, айрык кара кийиздер менен жабылган кичинекей боз үйлөрдө жашашкан. Байлардын жана манаптардын боз үйлөрү чоң өлчөмдөрү менен гана эмес, жабылган кийиздеринин сапаты менен да айырмаланган. Алар ак нык жана жука кийиздер менен жабылып, ар түрдүү көп сандаган жүн тасмалары менен кооздолгон. Боз үйдүн уук-керегелери да өзгөчө жасалгаланган.

Азыркы убакта боз үйлөрдүн тиби кыргыздардын бардык топторунда бирдей эмес. Негизги айырмачылык анын жогорку бөлүгүнүн формасында болот. Ошол эле убакта түндүк Кыргызстанда (Талас өрөөнүнөн башкасы) боз үйдүн жогорку бөлүгү конус формасына жакыныраак болот, түштүк Кыргызстанда Талас жана Чаткал өрөөндөрүндө төбөсү бир аз жапыз жана ууктарынын төмөнкү бөлүгү өтө ийри болгондуктан жарым сфералык формага жакын болот. Бул айырмачылык кыязы, кийинчерээк келип чыкса керек. XIX кылымдын ортосунда жарым сфералык төбөсү бар боз үйлөр түндүк Кыргызстанда да таркаган. Бул жөнүндө көргөндөр айтып отурат. Мындай формадагы төбөсү бар боз үйлөр өткөн убактагы жарым көчмөн өзбектер үчүн мүнөздүү жана моңголдордун боз үйлөрүнө жакыныраак окшоп кетет.

Боз үйлөрдү кийиздер менен жабуунун ыкмаларында да айырмачылык байкалат. Көпчүлүк райондордо кыргыздар боз үйдүн уук-керегесин эки кабат кийиз менен капташат (төмөнкү катары керегени каптайт, жогоркусу — уук бөлүгүн каптайт). Бирок кээ бир жерлерде (Талас өрөөнүндө, айрым түштүк райондордо) боз үйдү үстүнөн төмөн карай жерге 20—25 см гана жетпегидей кылып үч-төрт туташ кийиздер менен жабышат. Мындай ыкма жарым сфералык төбөсү бар боз үйлөр болгон зонада жайлоого көчүүнүн сезонунда кеңири колдонулган.

Түштүк жана түндүк-батыш комплекске таандык болгон кээ бир райондордо боз үйлөрдүн тышкы декоративдик жасалгаланышы да өзүнчө бир түрдүү. Маселен, Ош областынын батыш райондорунда (кесек жана жоо кесек этнографиялык топтордо) боз үйдү бекемдөө үчүн жазы ак токума тасманы колдонушат; аны менен боз үйдүн баш жагын жана капталдарын бир канча жолу ороп таңышат жана анын кооздугу катары кызмат кылат. Боз үйлөрдү ушул сыяктуу жасалгалоо каракалпактар жана жарым көчмөн өзбектер үчүн мүнөздүү.

Түштүк Кыргызстандын райондорунда боз үйдүн башка жасалгалары, ошондой эле эшиктин сырткы бөлүгү да башкача көрүнөт.

Боз үйдүн ички жасалгасында да өткөндө жана азыр да жасалгаланышы, ошондой эле алардын жайгашуусунун тартиби жагынан кээ бир жергиликтүү айырмачылык байкалат. Бул негизинен декоративдик кийиз жана токулган тасмаларга (*жабык баш, тегирич*) таандык, алар кийиз жабуулар менен керегелердин ортосу аркылуу өткөрүлөт. Атап айтканда, түштүк Кыргызстан үчүн боз үйдүн керегелеринин башын тарттырган токулган тасмалар (кереге таңгыч) мүнөздүү. Ушул эле жерде жасалгалоонун милдеттүү элементи ар түрдүү өлчөмдөгү жана максаттагы килемдер болуп саналат. Ошол эле убакта ичкиликтер деп аталган кыргыздардын кээ бир топторунун боз үйлөрүндө оймо кийиз килемдер (*шырдак же шырдама*), ошондой эле калган топтордун көпчүлүгү үчүн мүнөздүү болгон керегеге илинүүчү кооз саймалар (туш кийиз) жок.

Ички жасалгалоонун буюмдарынын жана эмеректин жайгашуусу боз үйдүн ичинин бул же тигил бөлүгүнүн турмуш-тиричиликтик жана чарбалык максаттары менен шартталган. Боз үйдүн борбордук бөлүгүн от жага турган жер (*коломто*) ээлейт. Анын төр жагына, кире бериштин маңдай жагына жыгач текчеге, ташка, ээрлерге сандыктар, жууркан-төшөк, мамыктар, шырдактар жана килемдер, тон жана башка сырт кийимдер жыйылат. Бир катар кылып жыйылган бул буюмдар жук деп аталат. Жүктүн жанындагы жер — төр сыйлуу жер деп эсептелет. Бул жерде меймандарды кабыл алышып, түнкүсүн укташат. Босогонун оң жагында көпчүлүк учурда «аялдардын бөлүгү» (*эпчи жак*) жайгашкан. Бул жерде чийден токулган кооз тосмонун артында чарбалык бурч (*чыгдан*, *ашкана*) жайгашкан, ал азык-түлүк запастарын сактоо үчүн пайдаланылат. Ушул эле жерге идиш-аяк жана чарбалык эмерек илинип коюлат жана жерге жайгаштырылат. Боз үйдүн сол жагы «эркектердин бөлүгү» (*эр жак*) деп эсептелет. Бул жерде ээр токум, аркан, мылтык, жүгөн, мал багууга керектүү буюмдар жайгашкан. Өткөн убакта бул жерде жаңы туулган козуларды жана улактарды кармашкан.

Бирок мындай жайгашуу бардык эле жерде байкалбайт. Алай өрөөнүнүн батыш бөлүгүндө, чыгыш Памирдин кээ бир жерлеринде аялдардын бөлүгү боз үйдүн сол жагына, эркектердики — оң жагына жайгашкан.

Боз үйдүн ичине кийиз төшөшүп, анын үстүнө койдун же музоонун талпактарын жана кууш кебез төшөнчүлөрдү жайып коюшат. Көп учурларда сыйлуу жерге шырдак төшөлгөн болот. Өткөндө байлардын боз үйлөрүнө килемдерди, аюунун же карышкырдын талпактарын төшөп коюшкан. Кээде бай боз үйлөргө таандык болгон жыгач керебеттер жана жапыз столдор жолугат. Дегеле боз үйдүн ички жасалгасынын саны жана сапаты мурда анын ээсинин таптык таандуулугуна бүтүндөй байланыштуу болгон.

Боз үй адетте коломтого от жагуу менен жылытылат. Жылытуу үчүн тезек же жыгачтын бутактары, кургак куурай пайдаланылган. Жарык кылуу үчүн өткөн убакта эң байыркы формадагы чоюн же чопо (кээде таш) шамдар (чырак) колдонулган, аны мал майы же чөп майы менен толтурушкан.

Көчмө турак жайдын жогоруда айтылган тиби менен катар мурда башкалары да болгон. Эң байыркы тип жогорку учтары байлаштырылган ууктан тигилген конус түрүндөгү кийиз менен жабылган кепе болуп саналат. Чыгыш Памирдин кыргыздары мындай кепелерин кээде айбанаттын терилери менен жапкан деген маалыматтар бар. Башка бир көбүрөөк таркалган башка типтеги турак-жай — алачык кепе менен боз үйдүн ортосунан келип чыккан, анын негизин бир учу

жерге такалган, экинчиси боз үйдүн кадимки түндүгүнө сайылган боз үйдүн уугунан тигилет. Алачыктын үстүн бир-эки чоң кийиз менен жаап коюшат. Бул турак жайдын эки тиби тең калктын кембагал бөлүгү жана байдын койчулары үчүн мүнөздүү болгон.

Алыска көчүүнүн убагында, ошондой эле илгери согуш жортуулдарынын убагында турак-жай катары кичирейтилген өлчөмдөгү адеттеги боз үй (кош, отоо) кызмат кылган.

Көчмөн калктын басымдуу көпчүлүгү үчүн XIX кылымдын биринчи жарымында эле боз үй жайкы гана эмес, кышкы да турак-жай болгон. Боз үйдү жылуу кармоо үчүн кышында анын тегеригине күрткүлөрдү жыйышып, кээде аны саман менен, ал эми памирдик кыргыздар камыш же топоздун көңү менен калап коюшкан. Андан ары туруктуу типтеги турак-жайдын пайда болушу боз үйдүн ролун бир аз азайтты, бирок жыл бою боз үйдө жашаган кыргыз чарбаларынын проценти жогору бойдон кала берген. Жер которуу башкармасынын кызматкерлери бул кырдаалды климаттык шарттар менен түшүндүрүшкөн: «Кышы өтө бир калыпта жана жылуу, катуу сууктар жок. Ошондуктан бышык, жылуу турак-жайдын өзгөчө зарылчылыгы жок жана кыргыздар боз үй менен эле күн көрүшөт»[6]. Социалисттик чындык бул реакциялык ырастоолорду четке какты. Колхоздорго биригишип, малчылар азыркы типтеги үйлөргө көчүп киришти жана толук отурукташкан турмушту өткөрө баштады.

Мунун өзү эски кыргыз боз үйүнүн жоголушуна алып келчүдөй көрүндү эле. Чындыгында ал али да болсо ушул убакка чейин өзүнүн маанисин анчалык жоготкон жок.

Кыргыздардын турмуш тиричилигинде боз үйдүн бир аз сакталып калышы тоолуу мал чарба колхоздору менен совхоздорунда чарбалардын өзгөчөлүгү менен шартталган. Отурукташуу процесси жакында эле аяктаган райондордо турак-үйү болсо да көмөкчү жайкы турак жай катары боз үй кандайдыр-бир роль ойноп жатат: аны кыштактан тышкары, жакынкы жылгаларга көчүрүп барышат. Анда бүткүл жай бою үй бүлөнүн эмгекке жарамсыз улгайган мүчөлөрү жана балдары жашайт. Кыргызстандын көп колхоздору колхоздун малы менен алыскы жайыттарга жөнөп жаткан жылкычылар жана койчулар үчүн боз үй жасашат. Алардын бир бөлүгү кышкысын сырттарда өткөрүшөт жана жыл бою боз үйлөрдө жашайт, калгандары аны жазгы-жайкы сезондо гана пайдаланышып, кышты өздөрү үчүн курулган үйлөрдө өткөрүшөт. Боз үйлөр ошондой эле туут өнөктүгүнүн убагында төл (козулар, музоолор) үчүн жай катары пайдаланылат, аларды мындай учурларда колхоздун койчуларынын боз үйлөрүнүн жанына тигишет. Кээ бир райондордо азыр үйлөрүндө жашап жаткан мурунку көчмөндөр чарбалык имараттары менен катар короого боз үй тигип алышып, аны негизинен тамак даярдоо үчүн пайдаланышат. Сезондук дыйканчылык жумуштарынын убагында боз үйдү кээде талаа шыйпаңдарына тигишет; алар колхозчулардын эс алышы үчүн керек, ошондой эле коомдук тамактануу үчүн ашкана катары пайдаланылат. Совхоздор ошондой эле боз үйлөрдү алыскы жайыттарда мал багып жүргөн койчулар үчүн турак-жай катары беришет.

Боз үйдү көп учурда жайлоолордо маданий-агартуу иштерин жүргүзүү үчүн жайлар катары да пайдаланышат. Анда китепкана жана окуй турган бурч жайгаштырылат, стол оюндары жана музыкалык аспаптар сакталып, аңгемелешүүлөр, газета окуулар өткөрүлөт. Ал малчылар жаңы жайыттарга көчкөндө коштоп жүрөт. Көп тоолуу райондордо ар кандай коомдук

салтанаттарды өткөрүүнүн убагында (малчынын күнү, ардактуу меймандарды кабыл алуу) өтө керек. Үйлөнүү тою же сөөк коюу сыяктуу үй бүлөлүк окуяларга байланыштуу сөзсүз боз үй тигишет.

Колхозчулардын жана совхоздордун жумушчуларынын боз үйлөрүнүн ички жасалгасы кээ бир өзгөрүүлөргө дуушар болду- Кээде анын ичине керебет, стол, шкаф, отургучтар коюлат, керегелерге күзгү, плакаттар жана сүрөттөр илинип коюлат. Койчулардын жана жылкычылардын боз үйлөрүндө көбүнчө өтө зарыл буюмдар жана эмеректер сакталып калган: астына от жагып, эт бышыруу үчүн казан коё турган темир тулга, калай капталган сандык, булгаары идиштин кээ бир түрлөрү бар. Жерге таарлар жана шырдактар салынган, алардын астына кээде камыштан же чийден жасалган бойро төшөшөт. Жүктү мурдагыдай эле жарашыктуу кылууга аракеттенишет. Эми колхозчулардын мурда байларда гана жолуга турган көп жибек жууркандары бар. Ушул эле жерде куржундар жана майда буюмдар, кийим-кече оролгон таңгактар, кийиздер бар. Боз үйдүн керегесине кийим-кече, кашык, туз, чай салуучу баштыктар илинген.

Акыркы жылдардын ичинде бийик тоолуу алыскы жайыттарда колхоздун малчылары үчүн турак үйлөрдү куруу кеңири жайылтылды.

Отурукташкан кыштактардын башаты кыргыздарда, көбүнчө Кыргызстандын түштүгүндө XIX кылымдын орто ченинде башталган. Кыштоолордун ордуна, чакан айдоо аянттарынын жанына мал үчүн эң жөнөкөй жайларды курушкан. Койлорду камоо үчүн таштан тизип курулган аянтчалар (таш короо), чоподон же бадалдан жасалган короолор (чырпык короо) менен катар жер кепелер, бастырмалар, жабык короолор жана сарайлар (кепе) пайда боло баштады, алардын дубалдары топурактан, таштан жана чымдан урулуп курулган. Кээ бир учурларда боз үйлөрдөн жана мал үчүн жайлардан турган чарбактарды дубалдар менен айланта тосушкан.

Кыргызстандын түндүк бөлүгүндө чарбалык курулуштардын тиби XIX кылымдын экинчи жарымында келгин орус жана украин калкынан кабыл алынган. Орустар жана украиндер турак-жайдын жаңы түрүнүн — туруктуу типтеги үйлөрдүн өнүгүшүнө таасирин тийгизип, кыргыздар ал үйлөрдү XIX кылымдын акыркы чейрегинде тургуза баштаган. Адегенде мындай үйлөрдү феодалдык төбөлдөр жана бай малчылар гана курган. Аларды орус чеберлери тургузган. Бирок көп өтпөй катардагы малчылардын кыштоолорунда да кышка ылайык жайлар пайда боло баштады, аларга адамдар эң суук айларда суукtan жана жаан-чачындан баш калкалай алышкан. Маселен, Ысык-Көлдүн жээгинде XIX кылымдын акырында — XX кылымдын башында бай мал ээлери пайдубалын таштан салып, чопо менен шыбалган жыгач үйлөрдү курушкан, башкаларынын асты тактай, чийки кыштан курулган, тактай чатыры жана далиси бар үйлөрү болгон. Ошол эле убакта кембагалдар жана орто чарбалар топурак дубалы жана полу бар, төбөсү дээрлик жапыс жана терезелери кичине бир-эки бөлмөлүү үйлөрдү өздөрүнүн күчү менен куруп алышкан. Алар адегенде очок менен жылытылып, кийин гана темир мештер таркала баштады.

Алай өрөөнүнүн орто жана төмөнкү бөлүктөрүндө (Маргелан Алайы) XIX кылымдын 80-жылдарында эле, көргөндөрдүн сүрөттөгөнүнө караганда, кыргыздардын «мал үчүн да, өздөрү үчүн да өтө ыңтайлуу кыштоолору»[7] болгон. Жалпы жапыс чатырдын астында далиси бар турак-жай бөлмөсү, ошондой эле аткана, уйкана, кой короо, чөп жана саман үчүн кампалар жайгашкан. Мындай үйлөрдүн дубалдарын колек менен урушкан. Чатыры дубалдардын бурчтарына коюлган тирөөчтөр менен кармалып турган. Терезелердин ордуна дубалдын

жогорку бөлүгүндө жылчыктар болгон, төбөсүндө түтүн чыккыдай тешик болгон. Мындай турак-жайды жылытуу кыйын болуп, анда жылуулук кармалган эмес.

Памирдин кыргыздарында боз үйлөрдөн тышкары таштан курулган кепелер болгон, алар шамалдан далдаа жерлерге тургузулуп, малчылар каардуу аяздын убагында баш калкалашкан.

Түштүк райондордо кыргыздар турак-үйлөрдүн архитектурасынын кээ бир өзгөчөлүктөрүн өздөрүнүн коңшулары өзбектерден жана тажиктерден үйрөнүшкөн: курулуштун каркастык тиби, кире бериште кичинекей секи, үйдүн ичиндеги дубалда оюк текчелер жана үй-бүлөнүн мүчөлөрү тамактанып жана уктай турган чопо тектир — супа бар. Түндүк Кыргызстанда болсо алгачкы кыргыз отурукташкан кыштактары жалпы турпаты боюнча көчүп келген коңшулаш орус жана украин дыйкандарынын кыштактарына окшоп кеткен. Таш-Дөбө кыштагы, деп билдирет О. А. Шкапский, теректер тигилген бир көчөнүн боюнда созулуп жатат, андагы үйлөр орус тибинде, көбүнчө камыш менен жабылган эки тик чатырдан жана кичинекей терезелерден турат. Ысык-Көлдүн жээгиндеги Тархан (Дархан) (1912-ж.) кыштагы да орус кыштактарынын тибинде курулган. Бул жерде үйлөр кең-кесири туура көчөлөр кесип өткөн чоң көчөлөрдү бойлото жайгашкан. Бир эле убакта кыштактарды жашылдандыруу да башталган.

Кыргыздардын, өзгөчө кембагалдардын арасында отурукташууга өтүүгө умтулгандык үзгүлтүксүз өскөндүгүнө карабастан, кыргыздардын туракташкан кыштактарынын түзүлүшү Кыргызстандын түндүгүндө өтө жай жүргөн. Кыштоолорго жана аларга жакын жерге жайгашуу менен көп учурда кыштактарды түзбөгөн турак-жай курулуштарын куруунун процесси бир кыйла ылдам темптер менен жүргөн. 1913-жылы Пржевальск уездиндеги кыргыздарда 2619 турак-жай курулушу болгон, мунун өзү чогуу алганда үйлөр менен боз үйлөрдүн жалпы санынын 12%ке жакынын түзгөн. Бирок турак-үйлөрү болсо да малчылардын көпчүлүгү негизинен боз үйлөрдө жашоосун уланта берген. Кыргызстандын түштүк бөлүгүндө башкача көрүнүш байкалган. Бул жерде, өзгөчө отурукташкан өзбектер жана тажиктер менен коңшулаш райондордо, отурукташкан кыштактар көбүрөөк санда пайда болгон. XIX кылымдын акырында Фергана областынын кыргыздарынын үчтөн экисине жакыны отурукташууга өтүп, дыйканчылык менен кесиптенишкен.

Улуу Октябрь социалисттик революциясынан кийин отурукташкан кыштактарды жана туруктуу типтеги турак жайларды түзүү процесси күчөй баштаган. Түндүк Кыргызстанда буга 1921—1922-жылдарда жер-суу реформасын жүргүзүү көмөк көрсөттү. Бирок бул жагынан түп тамырынан өзгөрүштү айыл чарбасынын туташ коллективдешүүсү алып келди. Колхоздорго биригүү менен мурунку көчмөндөр бир эле убакта тиричиликтин отурукташ- кан түрүнө өтүштү. Коммунисттик партия жана Совет өкмөтү көчмөндөрдү отурукташтыруу проблемасына зор маани берген. Бул үчүн ири каражаттар жумшалып, курулуш материалдары бөлүнүп берилген, техникалык жардам уюштурулган. Натыйжада үч жылдын ичинде гана (1932—1934-жылдар) отурукташууга 34500 көчмөн жана жарым көчмөн чарбалары өттү. Алар үчүн 200 жаңы кыштак курулуп, аларда 7895 турак-үй, 67 мектеп жана 23 дарылоочу жай болгон. Турак-үйлөрдү куруу калктын өзүнүн ишкердүү катышуусу менен жүргүзүлгөн. 1933-жылы Ат-Башы районунда пландаштырылган 855 үйдүн ордуна 2341 үй курулган.

Жакында эле ондогон километрге созулуп жаткан айыл сейрек учурай турган ээн мейкиндикте, малчылар кыштаган жерлерде эми жүздөгөн көркүнө

чыгарылган кыштактар созулуп жатты. Алардын курулушунда зор жардамды мамлекет көрсөттү. Көчмөндөр отурукташкан райондордо жалпысынан 35 миңге жакын турак-үй курулду» кээ бир кыштактарга суу өткөргүчтөр курулду, колхоздун чарбактарын жашылдандыруу үчүн жүз миңдеген көчөттөр бөлүнүп берилди. Жаңы кыштактардын түзүлүшү бир орундан экинчи орунга жөн эле көчүрүү болгон эмес. Мурда чачкынды үй-бүлөлөрдү бир кыштакка бириктирүү турмуштун жаңы формаларын иштеп чыгууга, өндүрүштүк жана үй турмуш тиричилигин кайра куруууга алып келүүгө тийиш болучу жана ушундай натыйжага алып келди.

Бүтүндөй алганда азыркы убактагы кыргыз кыштактары ар түрдүү убакта жана ар түрдүү тарыхый шарттардын таасири астында келип чыккан. Ар түрдүү типтердин жана варианттардын татаал көрүнүшү болуп саналат. Кыштактардын бул же тигил тибинин түзүлүшүнө чарбанын мүнөзү, жердин рельефи, суу булактарынын бөтөнчөлүктөрү, жергиликтүү каада салттар, коңшулаш элдер менен байланыштар сыяктуу факторлор таасирин тийгизди. Мурдагыдай эле республиканын түштүк бөлүгүндө кыштактардын мүнөзүнө коңшулаш өзбек жана тажик калкы менен катнашуунун байкалаарлык таасирин тийгизген, ал эми түндүк Кыргызстандагы кыштактарда кыргыздардын орус жана украин калктары менен чарбалык жана маданий жактан жакындашуусунун айдан ачык белгиси байкалат.

Азыркы убакта кыргыздарда көчө тибиндеги кыштактар басымдуулук кылат, бирок көп учурда сызыктык типтеги кыштактар да жолугат. Мында үйлөр бир, кээде эки-үч катар жайгашып, үйдүн арты тоолорду же дарыяларды карап турат. Бул типтеги кыштактар адетте кеңири түздүктөргө жана тоо арасындагы өрөөндөргө жайгашкан. Алар көбүнчө Ысык-Көл ойдуңунда, Чүй жана Талас өрөөндөрүндө таркаган. Көчө тибиндеги кыштактар туура пландаштырылган. Адетте кесип өткөн чолок көчөлөрү бар түптүз, кеңири катарлаш көчөлөрдөн турат. Көп үйлөрдүн жанына жашыл дарактар өстүрүлгөн. Кээде кыштак бир өтө узун көчөдөн турат, ал кыштак аркылуу өткөн тракт бойлото созулуп жатат. Талас өрөөнүнүн кээ бир райондорунда мындай кыштактын үйлөрү бийик дубалы бар көчөнү карап турат, мунун өзү эски өзбек архитектурасынын таасири тууралу далилдеп турат.

Түштүк Кыргызстанда бул типтеги кыштактардын көпчүлүгү — колхоздордун катышуусу менен курулган жакында пайда болгон кыштактар. Алар жакшы жашылдандырылган, кеңири көчө аллеялары бар. Кээ бир тоо этегиндеги райондордо, түштүктүн өрөөндөрүндө сызык тибиндеги көп кыргыз кыштактары бар. Бул көп учурда суунун агымы боюнча бир-эки узун катарга жайгашкан айрым чарбактар, кээде алар бир-биринен бир аз алыс аралыкта жайгашкан, мунун өзү жайгашуунун хутордук тибине бир аз окшошуп кетет.

Тоолуу райондордо (Тянь-Шань, Фергана жана Алай тоо кыркаларынын коктулары) ушул убакка чейин көчмөндөрдүн мурунку кыштоолору үчүн мүнөздүү болгон кыштактардын тиби бир кыйла даражада сакталып калган. Бул чакан кыштактардагы үйлөр иретсиз, эч бир плансыз, эч кандай көчөсүз эле топтоп же жалгыз бойдон жайгашкан. Бул кыштактын «топтошкон» тиби үчүн мүнөздүү. Беттеги тик чакан өрөөндөрдөн кээде өзүнчө бир амфитеатрга окшош текчелерге жайгашкан кыштактарды, үйлөрдү жолуктурууга болот. Түштүк Кыргызстандагы мындай кыштактар тоолуу тажиктердин кыштактарына өтө окшош келет. Тянь-Шань областында бир катардагы үйлөрдөн же бир көчөдөн турган кыштактар да кеңири таркаган, бирок салыштырмалуу туура

пландаштырылган жана бир канча көчөсү бар кыштактар ого бетер көп пайда болду. Түштүктүн тоолуу райондорунда мындай кыштактар сейрек жолугат. Алардын кээ бирөөлөрүндө үйлөр туташ бир катарга созулуп, бирок терезелери көп учурда короосун карап турат.

Тоолуу Кыргызстанда пайда болгон жаңы типтеги калктуу пункттун белгилери Чаек кыштагынан айкын көрүнүп турат, ал Тянь-Шань областындагы Жумгал районунун борбору. Анда ошол эле аттагы колхоздун колхозчулары жашайт. Кыштак 30-жылдарда курулган. Кыштактын башында чоң көлөкөлүү парк созулуп жатат. Эки жагында типтик теректер өскөн башкы көчөсүндө шаар тибиндеги бир канча үй бар. Алардын арасында — райондук мекемелердин имараты, клуб, почта, басмакана, балдар үйү, кооперативдик дүкөн, жаңы турак үйлөр. Дөбөлөргө жайгашкан кыштактын бир бөлүгүнөн интернаты бар орто мектептин эң сонун имараты заңкайып көрүнүп турат, ушул эле жерге райондук өнөр жай комбинатынын курулуштары, колхоздун чарбалык имараттары жайгашкан. Андан ары кыштактын четинде, калың бактын арасында райондук оорукана жана амбулатория бар. Чаек жаңы кыштагы илгери эң бай жана эзүүчү, Жумгал өрөөнүнүн калкынын тагдырын чечүүчү манап Мурзабек Дыйканбаевдин чоң чарбагы жайгашкан жерде пайда болгон.

Колхоз кыштактарынын ишкер турмушунун борборун колхоздун башкармасы, материалдык жана азык-түлүк кампалары, мастерскойлор, устакана, айыл чарба машиналары менен курулуш материалдары, ошондой эле гараж жайгашкан чарбалык короо түзөт. Эң мыкты жерге адетте мектеп, клуб же маданият үйү орун алган.

Кыргыз айылдарында улам барган сайын көбүрөөк санда пайда боло баштаган маданий-турмуш тиричилик максатындагы имараттардын арасында радиотүйүндүн, байланыш бөлүмүнүн, медициналык пункттун, төрөт үйүнүн, бала бакчасынын, бөбөктөр бакчасынын, мончонун имараты ээлейт. Колхоздор өздөрүнүн демилгеси боюнча ооруканаларды, мектептер үчүн интернаттарды, спорттук курулуштарды тургузуп жатышат.

20-жылдарда, өзгөчө 1930-жылдардын башында пайда болгон көп кыштактар акыркы убакта өздөрүнүн турпатын таптакыр өзгөрттү. Эски Карымшак кыштагы (Чүй өрөөнү) ар кайсы жерге чачылган, дубалдан согулган ондогон кепелерден жана боз үйлөрдөн тураар эле. Көчөлөрдүн ордуна жалгыз аяк жолдор болоор эле. Бак-дарак жок болучу. Керосин чырак эч кимде болгон эмес, ошондуктан кечкисин кыштакты көзгө сайса көрүнгүс караңгылык каптап тураар эле. Эми эски Карымшактын ордуна Октябрь кыштагы курулган, анда республиканын алдынкы чарбаларынын бири — «Кеңеш» колхозунун колхозчулары жашайт. Кыштактын башкы көчөсү тракт боюнча жайгашкан, аны бойлото колхозчулардын жапжаңы апаппак ыйтайлуу үйлөрү курулган. Тракттын боюндагы жөө адамдар баса турган жолдорду бойлото теректер тигилген. Колхоздун башкармасынын имаратынын катарына окуу залы жана кино залы бар клуб жайгашкан. Бул имараттардын артына жаш жемиш багы отургузулган. Дээрлик колхозчулардын бардык чарбактарына айланта теректер тигилген, ал эми көп үйлөрдүн жанында жаш алма бактары бар. Кыштактагы эң мыкты имарат — орто мектеп.

Кээ бир кыштактар кайра курулуп, башкалары генералдык план боюнча курулуп жатат. Мурда какыраган жерлер же баш аламан курулган үйлөрдүн ордуна жаңы түптүз көчөлөр пайда болууда. Кыштакты жашылдандырууга (айрым кыштактарда парктар да бар), көпүрөлөрдү, кудуктарды, суу түтүктөрүн

курууга көп көңүл бурулууда, булардын жергиликтүү шарттарда зор мааниси бар. Кыштактарды туташ радиолоштуруу жүргүзүлүп жатат.

Кыргызстанда айылдык кыштактардын жаңы тиби — совхоздордун поселоктору эчак эле пайда болгон. Жакшы жашылдандырылган совхоздордун борбордук чарбактарында — жумушчулар менен кызматчылардын электрлештирилген жана радиолоштурулган үйлөрү, ашканалар, ооруканалар жана башка маданий-турмуш тиричилик мекемелери бар. Айрым совхоздордун кыштактары автобустук катнаш менен байланыштырылган.

Кыргыз кыштактарында турак-үйлөрдүн басымдуу көпчүлүгү коллективдештирүү башталгандан кийин курулган. Дал 30-жылдардан тартып зор мамлекеттик иш чара катары жүзөгө ашырылган отурукташтыруу турмуш тиричилигине массалык өтүү менен белгиленген кыргыз калкынын турмушундагы жаңы тарыхый тилке башталган. Кыргыз колхозчулары курулуш чеберчилигине үйрөнгөн алгачкы устаттар орустар, өзбектер, тажиктер, уйгурлар болгон. Азыркы убакта колхоздордун курулуш бригадаларында чарбалык жана турак-жай имараттарын тургузуу боюнча зор иш жүргүзүп жаткан бир кыйла дасыккан кыргыз устаттары бар.

Колхозчулардын азыркы убактагы турак-жайлары көбүнчө чийки кыштан, кээде сокмо дубалдан жана каркас түрүндө курулган. Алардын ичинен көптөрү адеттеги ортоазиялык типтеги курулуштардын белгилерин сактап калган, бирок аларда олуттуу айырмачылыктар да бар. Түндүк Кыргызстандын колхоздорунда орус жана украин турак жайларынын таасири байкалып турат. Ал пландаштыруу жагынан, өзгөчө үйдүн конструкциясы жагынан байкалат. Кээ бир калктуу пункттарда стандарттуу типтүү үйлөрдү да курушат. Турак- үйлөрдү курууда колхозчуларга колхоз жардам берип жатат. Кредит берип, жумушчу күчүн бөлүп берип, курулуш карагайларын даярдоодо, чатыр материалдарын, цемент сатып алууда көмөк көрсөтүүдө. Үйлөрдүн курулушуна өз ара жардамдашуунун эски салты катары коңшулары жана жакын тууган- туушкандары кызуу катышат. Көп учурда колхозчулар ыктыярдуу түрдө коомдук имараттарды (мончолорду, балдар бакчаларын) курууда коллективдүү эмгектенишет.

Мурда курулган жана акыркы мезгилде курулган үйлөрдүн типтери зор ар түрдүүлүгү менен айырмаланат. Бири-биринен алыс жайгашкан райондордо үйлөрдүн айрым типтерине кээ бир жергиликтүү өзгөчөлүктөр да мүнөздүү. Ысык-Көлдүн жээги үчүн бүтүндөй алганда дубалдарынын ичи-тышы акталып, жалпак-эки беттүү, бийик чатырлуу же төрт жактуу чатыры бар, туура жагында терассалары, орус тибинде дарбазалары, терезе капкактары, палисадниктери бар татынакай үйлөр мүнөздүү. Бул жерде үйлөрдүн үч тиби бар. Биринчи типтеги үйдүн дубалы чийки кыштан, сейрегирээк — пайдубалсыз тургузулган сокмо дубалдан тургузулган, төбөсү дээрлик жалпак. Алар ашканасын кошуп алганда 2—3 бөлмөдөн турат. Бөлмөлөрдүн биринин асты тактай. Бул типтеги үйлөрдүн көпчүлүгү 20—30- жылдарда курулган. Эми алар улам барган сайын жаңы үйлөргө ордун бошотуп берүүдө.

Экинчи типке таандык болгон үйлөрдүн дубалдары деле ушундай, бирок пайдубалы бийик, эки жактуу чатыры бар, бир же эки бөлмөнүн асты тактай, терезелери чоң, террасасы (калидор) бар. Алар эки же кээде үч бөлмөдөн турат. Очок мештер темир мештер менен, кээде жылыткыч плитасы бар голландиялык мештер менен алмаштырылган. Ашканасы турак-жай комплексинен бөлөк курулган. Бул типтеги үйлөр кеңири жайылган. Акыркы жылдарда конструкциясынын өркүндөтүлгөндүгү, дубалдары тыкандык менен

иштетилгендиги менен айырмаланган турак-жайдын үчүнчү тиби улам барган сайын кеңири белгилүү болуп баратат. Бул типтеги үйлөрдүн тактайдан эки жактуу бийик чатыры бар, кээде анда чердак жасалган. Бардык бөлмөлөрдүн асты тактай, орус тибиндеги көчөгө караган террасасы же секичеси бар. Терезелери көчөнү карап турат. Кээде терезелерге орус үлгүсүндөгү капкактар коюлган. Жакшыртылган типтеги жаңы үйлөрдүн курулушу улам барган сайын массалык мүнөзгө ээ болууда.

Акыркы эки типке жакын үйлөр Чүй өрөөнүндө да таркатылган. Мындагы үйлөр секичеси бар эки-үч бөлмөдөн турат, секиче менен үйдүн чатыры бирге же кууш жагы менен көчөгө карап турат. Чатыры эки же төрт жактуу, камыш менен, кээде шифер менен жабылган. Капталы же арты көчөгө караган үйлөрдүн бардык жагына тосмонун ордуна дарактар тигилген. Үйлөрдүн дубалдары акталган, көбүнчө асты тактай. Үйлөр жылыткычы бар плиталар менен, кээде темир мештер менен жылытылат.

Ысыккөлдүк жана Чүйлүк кыргыздар короолоруна чарбалык имараттарды: мал үчүн жабык же тирөөчтөрдүн жардамы менен бастырмалар түрүндө жайларды, тамак-ашты жана чоң эмеректерди сактоо үчүн кампаларды, жайкысын тамак даярдоо үчүн очок же меш курушат. Ысык-Көлдүн жээгинде жашагандардын короосунда нан бышыруу үчүн мештер турат. Короо жанындагы участкаларда жемиш бактары гүлдөп турат. Кээ бир колхозчулар үйлөрүнүн жанына дарак гана эмес, гүлдөрдү да отургузат.

Талас өрөөнү үчүн бийик эки капталдуу чатырлары бар үч бөлмөлүү үйлөр мүнөздүү. Алардын терезелери короого же көчөгө карап турат. Бөлмөлөрдүн бирине очок салынган, бирок көп убакта жылытуу үчүн жылыткычы бар плита пайдаланылат. Жергиликтүү үйлөрдүн архитектурасына өзбектердин таасири жөнүндө үйдүн ички дубалдарында такчалардын жана тектирче төлөнүн бар экендиги далилдеп турат.

Кыргызстандын түштүгү үйлөрүнүн типтеринин зор ар түрдүүлүгү менен айырмаланат. Айыл жерлеринде турак-жай фондусунун негизги бөлүгү Кыргыздардын коңшулаш отурукташкан калктан кабыл алган салттарынын терең таасирин чагылдырып турат. Бирок кыргыз үйлөрүнүн басымдуу көпчүлүгүндө Ферғананын отурукташкан калкынын турак жайлары жана чарбактары үчүн өткөн убакта мүнөздүү болгон эркектер жана аялдар үчүн арналган бөлмөлөр жок. Райондордун бир бөлүгүндө бул жерде жашап жаткан орус калкынын таасири байкалып турат.

Ош областынын түндүк райондорунда жана областтын түштүгүндө жайгашкан тоолуу райондордун көпчүлүгүндө үч бөлмөлүү үйлөр басымдуулук кылат. Бөлмөлөр кире бериштеги ашкана (далис) менен бөлүнгөн, ал ашканага очок курулган. Дубалдары чийки кыштан курулган же каркастуу; ичинде текчелери бар. Үйгө чакан терраса (айван) улаштырылган. Бул үйлөрдө жалпы оогандык архитектуранын таасиринин байкаларлык издери бар.

Алай өрөөнүнүн батыш бөлүгүнүн, Фрунзе жана Баткен райондорунун (Сох дарыясын бойлой) кээ бир кыштактарында, ошондой эле Тажик ССРинин Жерге-Тал районунун кыргыздарында турак-жайдын башкача тиби таркалган. Анда турак-жай жана чарбалык курулуштар бир чатырдын алдында, анын үстүнө төбөсүндө жарык кылуу жана түтүн чыгыш үчүн кудук түрүндөгү тешик бар, ал тешик бир-бирине жыйылган оор чарчы жыгачтардан көтөрүлгөн төбө түрүндө курулган. Памирге тутумдаш деп аталган турак-жайдын бул тиби Памир айланасындагы өлкөлөр, Чыгыш Түркстан, бир аз Закавказье үчүн мүнөздүү.

Кыргыздарда ал өздөрүн тейит, найман жана нойгут урууларынын тобуна таандык кылган тукумдардын арасында таркаган. Азыр бул үйлөр реконструкцияланган: төбөсүндөгү тешиктерин бүтөп, дубалдарына терезе орнотулган, очоктор жасалган.

Ош областынын Сузак жана Өзгөн райондорунун чыгыш бөлүгүндөгү кыргыздардын үйү украиндык хаталарга бир аз окшоп кетет. Алардын тышкы дубалдары акталган, чатырлары бийик эки жактуу (кээде төрт жактуу), камыш менен жабылган. Чатырдын бул тиби, ошондой эле кээ бир башка архитектуралык элементтери бул райондордо жашаган орус дыйкандарынан кабыл алынган. Көп учурда үйлөрдүн бастырма тибиндеги чакан тектирчелери, ал эми ички дубалдарында текчелер бар. Үйлөрү эки-үч бөлмөдөн турат.

Түштүк Кыргызстандын калган райондорунда жалпы оогандык типтеги үйлөр, көбүнчө эки бөлмөлүү үйлөр басымдуулук кылат. Бөлмөлөрү же туташ же жабык текчеге окшош чакан кире бериш менен бөлүнгөн жана эшиктери бөлөк. Мындай үйлөрдүн дубалдарын жыгач каркастан тургузуп, аны кургатылган чопо колектер менен (гуваляк) толтурушат же дубал согуучу техниканы (пакса) колдонуу менен, ошондой эле чийки кыштан курушат. Чатыры адетте жалпак же эки жактуу жалпак; жаңы үйлөрдү бийик эки жактуу чатырлар менен курушуп, аларды шифер менен жабышат. Үйдүн дубалдарынын ич жагына сөзсүз көп текчелерди (такча) курушат. Мындай үйлөрдө сөзсүз терраса болот, анда жылдын жылуу мезгилинде үй-бүлөнүн дээрлик бүткүл турмушу өтөт. Мындан тышкары, короолорго жайкы тип- теги башка жайларды жана абада уктоо жана эс алуу үчүн жайларды: чатыры бар жана капталы камыш же чий бойро менен капталган бийик (1—1,5 м) текче, айланасы дубал, бастырма же дарактын түбүнө текче курушат. Айванга же короого көп учурда чоң жазы жыгач керебет (*чарпая*, *сере*) коюшат.

Көпчүлүк учурда терезелеринин айнектүү, жабык же ачма каалгалуу кашектери бар; эски үйлөрдө бир каалгалуу тешиктер (дарча) жолугат, алар илмек менен бекитилип, үйдү жарык кылуу жана желдетүү үчүн пайдаланылат. Терезелери адетте бир жак бетинде болуп, айван жакка карап турат. Жаңы үйлөрдө бул принцип бузулган. Эски үйлөрдү реконструкциялоодо ал. жерге жакшы айнектелген терезелерди жана каалгаларды орнотушат, бөлмөлөрү тактай менен төшөлгөн.

Тамакты Фергананын бардык жериндей эле чоң түтүн чыккычы бар очокко даярдашат; каминди үйдүн ичине же айбанга курушат. Фергана тибиндеги нан бышыруучу меш (тандыр) да кеңири жайылган. Акыркы убакта үйлөргө жылыткычы бар плиталарды кура башташты. Областтын батыш райондорунда өзбектер менен тажиктерди туурап үйүнөн обочо жайларды — мейманканаларды куруугa умтулуулар пайда болду, ал меймандар үчүн арналган.

Акыркы убакта түштүктүн кыргыз кыштактарында аралаш типтеги үйлөрдү кура баштады, анда азыркы убактагы шаардык үйдүн белгилери фергaналык архитектуранын эң мыкты салттары менен айкалыштырылган. Аларды пайдубалга, чийки кирпичтен терезелерин көчөгө каратып курушат, бирок айваны жана дубалдарында текчелери бар. Бул үйлөр бир кыйла кеңири, алардын дубалдарынын ичи-тышы чопо менен жакшылап шыбалган. Үйдүн шыбын жыгачтан, кээде фанерадан жасашат. Короолор бул жерде да жакшы жашылдандырылган.

Түштүк Кыргызстандан айырмаланып, Тянь-Шань областындагы турак-үйлөр кандайдыр-бир түрдүүлүгү менен айырмаланат. Бул чийки кыштан курулган,

төбөсү жапыс жана ашкана катары кызмат кылган ортоңку бөлмөдө камини бар үч бөлмөлүү үйлөр. Кээ бир жерлерден терезелеринин каалгалары жолугат. Үйдүн астын тактайлоо улам барган сайын көбүрөөк таркалууда Короолору дубалдар менен тосулган.

Турак-үйлөрдүн ички жасалгаланышы мурунку көчмөндөр өздөрү үчүн жаңы турак-жайдын тибин өздөштүрүүнүн процессинде келип чыккан улуттук турмуш тиричиликтин таптакыр жаңы белгиси болуп саналат. Андагы эски боз үйдүн жасалгасына мүнөздүү салттык элементтер коңшулаш элдерден көрүп жасашкан үй ичинин жана үй эмеректеринин жаңы буюмдары менен тыкыс айкалышкан. Азыркы убактагы улуттук жасалгалоолордун көпчүлүгү өткөн убакта калктын оокаттуу бөлүгүнө гана жеткиликтүү болгон.

Эски жана жаңы элементтерди айкалыштыруу механикалык түрдө болгон эмес: ал жасалгалоого өтө жагымдуу жана өзүнчө бир түр берет жана ыңтайлуу, эс алууга жагымдуу үй жасалгасын түзүүгө умтулган кыргыз колхозчу аялдарынын зор табити жөнүндө далилдеп отурат. Турак-жайды көркөмдүк жактан жасалгалоодо чечүүчү роль дал ошол аялдарга таандык, үй ичиндеги бардык жасалгалар алардын колунан чыккан.

Ысыккөлдүк жана чүйлүк кыргыздарда үйдүн ички жасалгасы аздыр-көптүр бир типтүү. Анын мүнөзү бул же тигил бөлмөнүн эмнеге арналгандыгы менен аныкталат. Бөлмөлөрдүн бирин (эгерде үй үч бөлмөлүү болсо) негизинен меймандарды кабыл алуу үчүн, ошондой эле үй-бүлөнүн мүчөлөрүнүн китеп окушу, сабак даярдашы, сайма сайышы үчүн пайдаланышат. Бул бөлмөнү жакшылап жасалгалашып, өзгөчө тыкандык менен кооздошот. Үйдүн астына жөнөкөй кийиз же болбосо ачык түстүү оймолуу шырдак салышып, анын үстүнө көрпөчө же көлдөлөң төшөп коюшат. Үйдүн боорун панно (туш кийиз) менен кооздошот, туш кийиздин ортосу жибек кездемеден же тукабадан жасалган, ал эми жээктери илме шибеге менен ар түрдүү жиптер менен саймаланган. Дубалда илинип турган кийимди дайыма саймалуу же тор менен кооздолгон ак чүпөрөк менен жаап коюшат. Ушул эле жерде турган металл же жыгач керебеттин этегине саймалуу тасманы тартып коюшат. Кээ бир жерлерде дубалдагы күзгүгө кооз сүлгүлөрдү илишет. Көп үйлөрдө саймаланган терезе пардалардан тышкары штораларды илип, өстүрүлгөн гүлдөрдү коюп коюшат. Бөлмөдө үй-бүлө мүчөлөрүнүн жана алардын туушкандарынын тартылган портреттери жана фотографиялары илинип турат.

Жаңы типтеги мебелден бул жерге стол, стул же орундук коюлган. Столдо адетте китептер жана окуу китептери жатат, патефон турат. Жергиликтүү типтеги мебелден (өзгөчө Ысык-Көлдүн жээгинде) тамак ичиш үчүн жапыс тегерек столдор бар.

Жасалгалоонун дээрлик милдеттүү элементи салт болуп калган жүк — төрдөгү кабат-кабат жыйылган жууркан-төшөктөр болуп саналат. Аларды бир катар кылып текчеге жыйып коюшат. Бүктөлгөн жууркандардан, саймалуу же түймө менен кооздолгон ак жаздык кап кийгизилген жаздыктардан, ошондой эле мамыктардан башка бул жерге кийиздерди жана шырдактарды, кышкы кийим оролгон таңгактарды жыйып коюшат. Төмөн жагында адетте сандыктар жана чабадандар турат. Шейшептер кыргыздарда акыркы 20—25 жылдын ичинде гана кеңири таркагандыгын баса белгилей кетүү керек.

Үй жасалгасынын жана эмеректеринин арасында радиорепродукторлор, сааттар, үтүктөр кадимки көрүнүш болуп калды. Кээ бир үйлөрдө кооздук катары дубалдарда аялдардын эски чач учтуктары, чолпулар, күмүш чегилген ат

жабдыктары — жүгөндөр, куюшкандар, кымбат кунулуу тебетей-тумактар, жапайы айбанаттардын терилери илинип турат.

Экинчи бөлмө күндөлүк турмуш-тиричилик муктаждыктары үчүн кызмат кылат: анда үй-бүлө тамактанат, чай ичет, үй жумуштарын аткарат, бул жерге адетте үй-бүлөнүн улгайып калган мүчөлөрү укташат. Бул бөлмөнүн жасалгасы анчалык көзгө урунбайт. Мебелдерден жөнөкөй стол же стол-шкаф болуп, ага самоор, идиш аяк, чырак коюп коюшат. Ушул эле бөлмөдө ар кандай чарбалык эмеректерди, ээр токумду кармашат, кээде бул жерге ун үчүн үкөк коюлат. Кээ бирөөлөрдө ушул эле жерде керебет, бешик турат.

Колхозчулардын көп миңдеген үйлөрүндө электр жарыгы пайда болгон. Электр приборлору үй буюмдарына кире баштады. Электр энергиясын өздөрүнүн колхоздук же колхоздор аралык гидростанциялары берет. Электр жок жерлерде калк керосин чырактарынан пайдаланышат, алар бардык жерде илгерки түтөмө жыгач шамдарды (чырак) сүрүп чыгарган.

Тянь-Шандын колхозчуларынын үйлөрүндө негизинен жасалганын ушундай эле элементтери, бирок бул жерде сатып алынган мебелдер бир кыйла аз; аны улуттук оймо-чийме менен кооздолгон чакан жыгач эки каалгалуу шкафтар алмаштырат, кээде жапыс жылдырма эшиктери бар узун шкафтар (жаван) турат, булар жүк жыйноо үчүн текче катары кызмат кылат. Сейрек учурда бөлмөдө чарбалык эмеректерди илип коюу үчүн бутактуу ыргый (бакан) болот. Түштүк менен чектеш райондордо түштүктө жасалган килем буюмдарын жолуктурууга болот.

Түштүк кыргыздарда үй жасалгаларын жайгаштырууда дубалдагы текчелер чоң роль ойнойт. Алар жууркан төшөктү, кийиздерди, кийим-кечени жыюу жана идиштерди сактоо үчүн (мындай учурда тешиктер текчелер менен бөлүнгөн) кызмат кылат. Текчелерге коюлган гүлдүү идиштер, тарелкалар, чайнектер, чынылар, металл илегендер кооздук катары да кызмат кылат. Түштүк Кыргызстанда колхозчунун үйүнүн жасалгасын керебет, стол, калай капталган жана боёлгон сандыктар, оймо-чийме тартылган же оймо жавандар, кээде стул, орундуктар түзөт. Ар бир жыйылган жүктүн ажырагыс бөлүгү узун кууш кап (чабадан) болуп саналат, анын бет жагы ушул максатта токулган жүн килемчеден жасалган. Ал майда жумшак буюмдарды же боёлгон жүндү сактоо үчүн пайдаланылат. Жаздыктардын бөтөнчөлүгү (алар бул жерде ичке жана узун же түз бурчтуу формада) — кээде саймаланган ар түрдүү жаздык каптар. Жүккө таар шалчага оролгон үй буюмдарын да жыйышат.

Там боорундагы кооздуктар ар түрдүүлүгү менен айырмаланат. Алардын арасында үйдө согулган кездеменин саймалуу тилкелеринен тигилген шалчалар, саймалуу туш кийиздер, ар кандай түстөгү ар түрдүү кездемелердин (сатин, жибек, баркыт, чыт) кесиндилеринен жасалган курак төшөктөр, учтары саймаланган жана түймөлөр менен кооздолгон сүлгү бар. Жерге ала кийиздер, шалчалар жана токулган килемдер төшөлүп, анын үстүнө көлдөлөңдөр, кабыма жер төшөктөр салынган.

Үйлөрдүн декоративдик жасалгасы боюнча Ош областында ичкилик кыргыздардын тукумдары жашаган түштүк-батыш райондору бөлүнүп турат. Бул жерде түндүк кыргыздар жана түштүк кыргыздардын кээ бир топтору үчүн мүнөздүү болгон туш кийиздер жана оймолуу шырдактар жок. Бардык жерде ала кийиз кеңири таркаган.

Акыркы убакта меймандарды кабыл алуу үчүн арналган бөлмөлөрдө бул райондордо узун кагаз тилке түрүндөгү өзүнчө бир кооздуктар пайда болгон, ал

кагаздарга кооз оймо чиймелер тартылган. Булар дубалдын жогорку бөлүгүнө жабыштырылган, алар боз үйдүн ичин кооздой турган токума кооз тасмаларды эске салат.

Мына ошентип, кече күнкү көчмөн кыргыздар кыска мөөнөттүн ичинде отурукташкан турмуш-тиричиликтин эң маанилүү негизин — туруктуу типтеги турак-жайды түзүштү. Анын варианттарынын ар түрдүүлүгүнө карабастан бул турак-жай азыркы убактагы турмуш-тиричилик укладынын ажырагыс бөлүгү болуп калды. Турак-жайдын мына ушул тиби менен бирге кыргыз дыйкандарынын турмушунун жаңы образы да түзүлдү- Жаңы турак-жайлар анда жашаган үй-бүлөлөрдүн чарбалык адистешүүсү менен байланыштуу эмес, бирок алардын азыркы убактагы турмуштук керектөөлөрүнө толук жооп берет. Бул керектөөлөрдүн өсүшү менен бирге айылдык турак-үйлөр өркүндөтүлүп, сапаттык жактан жакшырууда. Алардын курулушу эмгекчилердин турак-жай-турмуш-тиричилик муктаждыктарын канааттандыруунун мамлекеттик планынын бир бөлүгү болуп саналат.

Колхоздук кыштактардын түзүлүшүнө жана өсүшүнө, аларды көрктөндүрүүнүн кеңири жайылышына, колхоз үйлөрүндө жаңы интерьердин түзүлүшүнө байланыштуу көп түрдүү фактылардан биз шаар менен кыштактын ортосундагы айырмачылыктын жоюлушунун процессинин, шаардык жана айылдык турмуш-тиричиликтин шарттарынын бара-бара теңелишинин процессинин күбөлөрү болуп калдык деген талашсыз тыянакты чыгарууга болот.

## *Шаарлар жана шаар тибиндеги кыштактар*

Кыргызстандын экономикалык жактан артта калышынын кесепетинен өткөндө шаардык турмуш бул жерде өтө начар өнүккөн болучу. Ал убактагы бир аз сандагы шаарларда — Бишкекте, Пржевальскиде, Ошто калктын негизги массасын кол өнөрчүлөр, соодагерлер, аскер кызматчылары, чиновниктер, кызматчылар түзгөн. Шаардыктардын бир бөлүгү айыл чарбасы жана кирекечтик менен кесиптенишкен. Жумушчулар шаардык калктын өтө кичине катмарын түзгөн. Шаарлардагы кыргыздардын саны өтө аз болгон.

Октябрь революциясынан кийин Кыргызстанда таптакыр башка абал түзүлдү. Эски шаарлардын дүркүрөп өсүшү жана реконструкцияланышы менен катар жаңы шаарлардын жана шаар тибиндеги кыштактардын курулушу башталды. Азыркы убактагы шаарлардын жана кыштактардын калкы- нын басымдуу бөлүгүн жумушчулар, инженердик-техникалык кызматкерлер жана өнөр жай ишканалары менен мекемелеринин кызматчылары, советтик интеллигенция, окуучулар түзөт.

Эмгекчилердин материалдык жыргалчылыгынын өсүшү жана маданий деңгээлинин жогорулашы, алардын керектөөлөрүн канааттандыруу жөнүндө советтик жана партиялык уюмдардын талыкпаган камкордугу шаардык калктын турмуш шарттарынын кескин жакшырышы үчүн өбөлгөлөрдү түздү.

Республиканын эл чарбасынын жана маданиятынын өнүгүшү менен бирге анын борбору — Фрунзе шаары өстү жана көркүнө чыкты. Бул жерде, 1860—1862-жылдарда орус аскерлери ээлеп алган кокондуктардын Пишпек чебинин ордуна аскердик чеп пайда болуп, ал 1878-жылы шаарга кайра түзүлгөн. Бирок Октябрь революциясына чейин Пишпек кичинекей түпкүрдөгү уезддик борбор болуп, көбүнчө шаарга эмес, бир кабаттуу, камыш менен жабылган үйлөрү жана чаңы буртулдаган көчөлөрү бар ири кыштакка окшош болгон. Ал эң жакынкы

темир жол станциясынан 500 км аралыкта жайгашкан. Пишпектин калкы 1914-жылы 14 миң чамасында адамды түзгөн.

1924-жылы Пишпек Кыргыз автономиялуу областынын, ал эми 1926-жылдан тартып Кыргыз АССРинин административдик-саясий борбору болуп калды. Ошондо ага М. В. Фрунзенин ысмы ыйгарылган.

Шаардын өнүгүшүнө 1924-жылы ага темир жолдун тартылышы зор түрткү берди.

Фрунзе Чүй өрөөнүнүн дээрлик борборунда, деңиз деңгээлинен 725—800 м. бийиктикте, Кыргыз тоо кыркасынын этектерине жакын жайгашкан. Бул Орто Азиянын эң кооз шаарларынын бири. Ал бүт бойдон жашыл түскө оронуп жатат. Анын көчөлөрү — күмүш түстөгү теректер катар-катар тигилген көлөкөлүү аллеялар. Шаарда эмендер, кара жыгачтар, клендор тигилген бир канча парк бар; гүлдүү газондор менен кооздолгон көп скверлер бар. Азыркы Фрунзе — эң жаңы ири шаар. Анда жаңы архитектуралык турпаттагы көп сандаган көп кабаттуу коомдук имараттар тургузулган. Алардын ичинен эң мыктыларына Өкмөт үйү, опера театрынын, медициналык институттун, республикалык китепкананын имараттары, Кыргыз ССРинин Илимдер академиясынын монументалдык архитектуралык ансамблинин бир катар имараттары таандык.

Шаардын аймагы бир канча эсе кеңейди. Шаардын борборунун негизинен түштүк-батышында жайгашкан такыр жерлерде жаңыдан пайда болгон бүтүндөй көчөлөр жана кварталдарга жаңы кооз үйлөр салынды, анда жумушчулардын, инженердик-техникалык кызматкерлердин жана борбордун ишканалары менен мекемелеринин кызматчыларынын үй-бүлөлөрү бир кыйла ыңтайлуулук менен жашап жатышат.

Жаңы турак-жай кварталдары шаардын түштүк-чыгыш бөлүгүндө да өсүп чыгат.

1959—1965-жылдарда шаардык турак-үйлөрдүн курулушуна өткөн жети жылга караганда каражат 3 эсе көп жумшалмакчы.

Шаарды көрктөндүрүү боюнча зор иштер жүргүзүлдү. Анын көп көчөлөрүнө асфальт төшөлгөн, суу түтүктөрү жана канализация иштеп жатат, квартираларга газ берүү башталды, троллейбустук жана автобустук катнаш жөнгө салынды. Шаарга жакын жерге жайгашкан аэропорттон күн сайын ар кандай багыттарга самолёттор жөнөп турат. Шаардын чет жакасына Илимдер академиясынын эң ири ботаникалык багы, республиканын эл чарбасынын жетишкендиктеринин көргөзмөсү, ипподром, 1881-жылы демилгечи-багбанчы Фетисов түптөгөн атактуу кара жыгач токою, 1939-жылы түзүлгөн Комсомол көлү жайгашкан. Бул жерде шаардын тургундары өздөрүнүн эс алуу убактарын өткөрүшөт. Шаардын өзүндө көп сандаган оюн-шоок ишканалары, клубдар, китепканалар жана башка маданий-агартуу мекемелери бар. 1959-жылдын башынан тартып телекөрсөтүү борбору ишке киргизилди.

Фрунзе шаарына жогорку окуу жайларынын көпчүлүгү, Илимдер академиясы жана республиканын башка илимий мекемелери, ооруканалар, бейтапканалар, стадиондор топтолгон. Аны Кыргыз ССРинин маданиятынын жана илиминин борбору деп толук негиз менен атоого болот.

Ошону менен бирге Фрунзе — республикадагы эң ири өнөр жай борбору, анда машина жасоочу жана металл иштетүүчү, жеңил жана тамак-аш өнөр жайынын, ошондой эле курулуш материалдары өнөр жайынын көптөгөн ишканалары жайгашкан. Эл чарбасын өнүктүрүүнүн жети жылдык планына ылайык шаарда жаңы заводдор менен фабрикалардын корпустары тургузулат.

Фрунзе шаарынын калкы 1939-жылдагы 93 миң адамдан 1959-жылы 219,7 миң адамга чейин өстү. Шаардын калкынын дүркүрөп өсүшү анын улуттук тутумундагы зор өзгөрүштөр менен коштолду. Эми анда негизги улуттун — кыргыздардын көп ондогон миң өкүлдөрү жашайт.

Фрунзеден чыгышты карай 60 км жерде Чүй дайрасынын жээгинде илгерки соода кыштагы болгон Токмок шаары кеңири созулуп жатат. Анда 26,5 миң тургун жашайт (1959-жыл). Токмок бара-бара түндүк Кыргызстандын эң ири өнөр жай борборлорунун бирине айланып баратат. Бул жерде автомобиль оңдоочу, кант, консерва жана май чыгаруу заводдору иштеп жатат, ири автобаза жайгашкан.

Фрунзеден кийинки чоңдугу боюнча экинчи шаар Ош — ошондой эле аттагы областтын борбору, Фергана ойдуңунун чыгыш бөлүгүндө, Алай тоо кыркасынын этектеринде жайгашкан. Анда 1959-жылы 65,2 миң тургун жашаган. Ош-Орто Азиянын эң эски шаарларынын бири. Анын X кылымда болгондугу жөнүндө Ибн Хаукаль жазып кеткен. Фрунзе сыяктуу эле Ош көп улуттуу шаар болуп калды, бирок эми да анда өзбек калкы басымдуулук кылат. Ошто 40 чамасында өнөр жай ишканалары, анын ичинде СССРдеги эң ири ВЛКСМ атындагы жибек комбинаты иштеп жатат. Шаарда педагогикалык институт, айыл чарба техникуму, музыкалык-драма театры, областтык музей бар.

Эң жаңы турпаттагы шаардын бир бөлүгүнүн ылдам өсүшү менен катар Орто Азиянын эски шаарлары үчүн мүнөздүү болгон тар, туюк көчөлөрү жана дубалдын артында жашырынган үйлөрү бар эски кварталдар сакталып калууда Шаардын бул бөлүгүндө Сулайман тоосу же Соломондун тактысы (*Тахти Сулейман*) деген ат менен белгилүү болгон аскалуу тоо заңкайып турат. Бул «ыйык» тоого жакында эле бул жерде жайгашкан көп сандаган «ыйыктарга» сыйынуу үчүн Кыргызстандын жана Өзбекстандын коңшулаш райондорунан көп миңдеген зыяратчылар агылып келип турган, бул ыйыктарды үгүттөөнү шайыктардын чоң тобу талыкпастан жүргүзүп келген. Шайыктар курмандыктар түрүндө динге ишенгендерден зор киреше алган. 1959-жылдан тартып жергиликтүү партиялык уюм зыяратчылыкты токтотууга багытталган активдүү жана көп жактуу илимий-атеисттик пропагандага башчылык кылды. Ага шаардын интеллигенциясы көп катышты. Натыйжада зыяратчылардын саны жана шайыктардын иш-аракети кескин кыскара баштады.

Оштон түндүк-чыгыш жакта 68 км аралыкта Кара-Дарыянын бийик жээгине Орто Азиянын эң байыркы шаарларынын бири — Өзгөн созулуп жатат (калкы 16,5 миң). XI—XII кылымдарда ал Орто Азиянын борбору болгон. Азыр Өзгөн райондук борбор болуп саналат. Анын калкынын көпчүлүк бөлүгү — өзбектер. Тургундардын башкы кесиби — айыл чарбасы. Өзгөндүн мурунку зор даңкынан караханид мезгилиндеги эң көрүнүктүү архитектуралык эстеликтер: үч мавзолей жана мунара сакталып калган, алар мамлекеттин коргоосу астында турат.

Жалал-Абад чакан шаары — Ферарнанын чыгышындагы темир жолдун акыркы пункту, салыштырмалуу жаш шаар болуп саналат. Анда 31,2 миң адам жашайт (1959-жыл), бир канча өнөр жай ишканалары, педагогикалык окуу жайы бар. Шаар өткөндө кеңири белгилүү болгон «ыйык» Хазрет Аюбдун ордуна, аны менен катар жайгашкан санаторийге байланыштуу көбүрөөк белгилүү болуп калды. Санаторий өзүнүн дарылык булактары менен даңкы чыккан.

Түштүк Кыргызстанда таш көмүр өнөр жайынын өнүгүшү менен бир эле убакта ири көмүр кендеринин жанына чакан шахтер кыштактарынын ордуна Кызыл-Кыя, Сүлүктү, Көк-Жаңгак жана Таш-Көмүр шаарлары өсүп чыкты.

Ишкана ээлери Батюшковдун жана Ракитиндин кендеринин жанындагы «кызыл жантаймаларда» (кызыл кыя) жепирейген барактар жана кепелер тарыхта гана калды. Алардын ордуна жаркыраган көп бөлмөлүү үйлөр пайда болду. Кызыл-Кыя шаарындагы эң жаш Январский кыштагында эки квартиралуу үйлөр курулган. Ар бир квартирада эки кең бөлмө, ашкана жана мончо, чоң терраса бар. Көп шахтерлор азыркы убактагы талаптарын жана улуттук- турмуш-тиричилик салттарын канааттандыргандай чакан коттедждерди өздөрү үчүн куруп алышкан. Адетте аларда эки-үч бөлмө бар. Алардын биринде тамак- аш даярдалат, ошондуктан аны ашкана деп аташат, экинчисин катта уй (чоң бөлмө) же мейманкана, ал эми кээде уктай турган уй деп аташат. Ал бөлмөдө меймандарды кабыл алышат, ошол эле жерге үй-бүлөнүн мүчөлөрүнүн көпчүлүгү уктайт. Үйлөрдүн чатырлары дээрлик бардык жерде шифер менен жабылган.

Ыңтайлуу бир квартиралуу турак-жайдын үлгүсү катары ардактуу шахтер, Социалисттик Эмгектин Баатыры А. Сатыбалдиевдин үйү үлгү болот. Анда плитасы, суу түтүгү жана мончосу бар ашкананын коридору бөлүп турган эки чоң жарык бөлмө бар. Турак-жай комплексинин бир бөлүгү айнектелген веранда болуп саналат. Короодо жүзүмзарлар, жемиш бактары, гүлзар өстүрүлгөн.

Кыргыз жумушчулары гана эмес интеллигенция үчүн да мүнөздүү жаңы турак-үйдүн артыкчылык белгиси анда жаңы мебелдер менен жасалгаланган бөлмөлөр менен катар улуттук стилдин жасалгасын сактап калган бөлмөнүн бар экендиги болуп саналат. Бул жерге кийиздер төшөлгөн, тамдын дубалдарынын бирөөнө жууркан-төшөк жыйылган, тамдын боорунда туш кийиздер илинип турат. Мындай бөлмө жок болгондо да кыргыз жумушчусунун турак- жайынын ички жасалгаланышында улуттук өзгөчөлүк сакталып калган. Түштүк Кыргызстандагы жумушчулардын үйлөрүнөн дубалдарга жасалган салт болуп калган текчелер көп жолугат, аларга сандыктар, кийим тигүүчү машина, жууркан төшөк жайгаштырылган, идиш-аяктар коюлган. Үйдүн ичине шырдактар жана шалчалар салынган, дубалдарды туш кийиздер коздоп турат. Стол, орундуктар, темир керебеттер менен катар тегерек жапыс столду, эски типтеги жыгач керебетти, улуттук музыкалык аспапты (комуз) көрүүгө болот. Жасалгалоодо башкы орун үйдөгү жаңы эмеректерге таандык болсо да, айрым салт болуп калган элементтерди пайдалануу жумушчулардын турак-жайынын азыркы убактагы интерьерине өзүнчө бир коздук берип турат.

Жумушчу кыргыздардын турак-жайларынын жасалгаланышына жана мебелдердин коюлушуна, ошондой эле алардын турмуш тиричилигине орус жумушчулары менен жакын катнашта болуу оң таасирин тийгизди жана тийгизип жатат. Орус жана кыргыз жумушчуларынын биргелешкен эмгеги жана боордоштук достугу турмуш тиричиликте алардын тыгыз катнашы менен коштолууда.

Кызыл-Кыя шаарында Маданият сарайы, китепкана, оорукана жана бейтапкана, бир канча атайын окуу жайлары (тоо-кен техникуму, кен-өнөр-жай окуу жайы) бар, кыргыз жана орус тилдеринде эки гезит чыгат. Бул жерде 30,2 миң адам жашайт (1959-жыл) Кыргызстандын түштүгүндөгү шаарларга газ берүү боюнча даярдык иштери жүргүзүлүүдө.

Түндүк Кыргызстанда экономиканы жана маданиятты өнүктүрүүдө көл боюндагы Пржевальск жана Рыбачье шаарлары зор роль ойноп жатат. Биринчиси 1869-жылы пайда болсо (ал убакта Каракол деп аталган), экинчиси — республиканын эң жаш жана ылдам өсүп жаткан шаарларынын бири.

Н. М. Пржевальскийдин ысмы Караколго 1888-жылы саякатчы өлгөндөн кийин ыйгарылган болучу. Шаардан 12 км жерде, Ысык-Көлдүн бийик жээгинде өзүн дал ушул жерге көмүүгө керээзин айтып кеткен кайраттуу изилдөөчүнүн сөөгү жатат. Мүрзөнүн жанында Пржевальскийдин эстелиги жана анын үй-музейи жайгашкан. Пржевальск Октябрь революциясына чейин көп ондогон жылдар бою алдыңкы орус маданиятынын жарчысы болуп келген. Бул жерде 1902-жылы эле калк китепканасы негизделген. Жергиликтүү орус демократиялык маанайдагы интеллигенция кыргыз элинин чөйрөсүнө прогрессивдүү маданияттын элементтерин киргизген.

Пржевальск — чакан, бирок жакшы жашылдандырылган жана ыңтайлуу пландаштырылган кооз шаар. Ар түрдүү дарактар тигилген шаардын паркы анын сыймыгы болуп саналат. Пржевальскинин негизги камсын (1959-жылы — 32,6 миң киши) орустар жана кыргыздар түзөт, анда ошондой эле көп татарлар жана уйгурлар жашайт. Азыркы убакта Пржевальскиде жергиликтүү өнөр жайдын бир канча ишканасы иштеп жатат, педагогикалык институт, техникумдар, Н. М. Пржевальскийдин атындагы край таануу музейи, драма театры, бир канча илимий мекеме бар.

Рыбачье шаары Ысык-Көлдүн батыш учуна, Фрунзеден Ысык-Көл ойдуңуна жана бийик тоолуу Тянь-Шанга кеткен жолдордун кайчылашында созулуп жатат. Бул жерге порт жана темир жол станциясы, ири эт комбинаты, балык промыселдери, бир канча автомобиль чарбасы жайгашкан, ошондуктан шаардын калкы да (1959-жылы — 17,9 миң киши) негизинен жумушчулардан, шофёрлордон, балыкчылардан, темир жолчулардан жана алардын үй-бүлөлөрүнөн турат.

Тянь-Шандын чок ортосуна, Нарын дарыясынын боюна Кыргызстандын экинчи областтык борбору — Нарын шаары жайгашкан, ал өзүнүн жашашын XIX кылымдын үчүнчү чейрегинде кичинекей аскер чеби катары баштаган. Эми бул чындыгында таптакыр жаңы, өсүп жаткан шаар, өзүнчө бир кеңири мал чарба крайынын борбору. Нарындын калкын негизинен кыргыздар түзөт. Бул жерде 14,9 миң адам жашайт.

Согуштан кийинки мезгилде жаңы өнөр жай ишканаларынын, энергетикалык, ирригациялык жана башка курулуштардын башталышы менен Кыргызстанда көптөгөн шаар тибиндеги кыштактар өсүп чыкты. Алардын арасында — Ысык-Көлдүн жээгиндеги чоң Орто-Токой суу сактагычынын курулушчуларынын кыштагы, кыргыз нефтичилеринин кыштагы — Кочкор-Ата, Үч-Коргон ГЭСинин курулушчуларынын кыштагы — Шамалды-Сай, кенчилердин кыштагы — Сумсар бар. Алар үчүн жалпы нерсе алдыңкы ыкмалар менен турак үйлөрдүн жана маданий турмуш-тиричилик мекемелеринин өзгөчө ылдам курулушу болуп саналат. Жумушчу кыштактары биздин көзүбүзчө эле өсүп жана көркүнө чыгып келатат. Аларда сөзсүз түрдө клубдар, стадиондор, балдар мекемелери, мектептер, мончолор, коомдук тамактануу ишканалары курулууда. Кочкор-Атада техникум бар. Кыштактар жашылдандырылууда. Шамалды-Сай кыштагынын борборунда ГЭСти курууга келген Болгария Эл Республикасынын жаштарынын демилгеси боюнча СССРдин жана элдик демократия өлкөлөрүнүн элдеринин достугунун Аллеясы отургузулган. Бул кыштактардын баары адетте көп улуттуу. Шамалды-Сайдын тургундарынын арасында 20 дан ашуун улут бар.

Эчактан бери жашап келген жумушчу кыштактары да көрктөндүрүлүүдө. Маселен, Фрунзе атындагы кен-металлургия комбинатынын жумушчулары

жашап жаткан Фрунзе кыштагында парк жана гүлзар жасалган, жайкы кинотеатр ачылган, түнкү санаторий жабдылган.

Бардыгы болуп Кыргызстанда 15 шаар жана 29 шаар тибиндеги кыштак бар. Шаардык калктын саны 1939-жылдан бери (270 миң киши) 2,5 эсе көбөйдү жана 1959-жылы 696 миң кишиге жетти, бул республиканын бүткүл калкынын 34%ин түзөт. 1913-жылы шаардык калктын салыштырма салмагы бар болгону 12,3% менен гана аныкталган. Өтө алыс, бийик тоолуу Тянь-Шань областында Октябрь революциясына чейин шаардык калк дегеле болгон эмес, ал эми 1959-жылы ал обасттын тургундарынын баарынын 20%ин түзгөн. Шаардык калктын ылдам өсүшү негизинен республиканын өнөр жайлык өсүшү менен шартталган.

Бардык шаарларда жана шаар тибиндеги кыштактарда жүзөгө ашырылган эң маанилүү иш-чаралар турак-жай турмуш-тиричилик шарттарынын жакшырышы болуп саналат. Бул багытта алгачкы байкалаарлык натыйжаларга жетишилди. 1956—1960-жылдардын ичинде мамлекеттик жана кооперативдик уюмдар, ошондой эле шаарлар менен жумушчу кыштактарынын калкы тарабынан жалпы аянты 2245 миң чарчы метр турак-жай үйлөрү курулган.

Мындан тышкары, колхозчулар жана айылдык интеллигенция ушул эле убактын ичинде 46,6 миң жекече турак-үйлөрдү курган. Турак-жай курулушунун темптери жыл өткөн сайын арта бермекчи.

### *Кийим кечелери, кооз жасалгалары*

Орто Азиянын кыргыз калкынын кийим кечелери ар түрдүү тарыхый себептердин шарттарында: өндүргүч күчтөрдүн өсүшүнө, алмашуунун жана сооданын өнүгүшүнө, коңшулаш элдер менен карым-катнашка байланыштуу өзүнүн өнүгүшүнүн мезгили ичинде көп өзгөрүүлөргө дуушар болду. Материалдык маданияттын башка жактары сыяктуу эле кыргыз кийим-кечесинен өткөндө айрым аймактык жана уруулук топторго мүнөздүү болгон өзгөчөлүктөр айкын көрүнүп турат.

Кыргыз кийим-кечеси ошондой эле көчмөндөрдүн кийимдери үчүн типтүү болгон көп өзүнчө бир белгилер менен мүнөздөлөт. Кыргыздардын кийим-кечесинин мүнөзүнө температурасы кескин өзгөргөн, кээ бир жерлерде өтө катаал бийик тоолуу өлкөнүн климаты да белгилүү таасирин калтырган. Бул кээде жайкы сезондо да пайдаланылган жылуу кийимдин ар башка түрлөрүнө керектөөнү туурдурган.

«Дайыма болуп турган суук жана жылуу турак-жайдын жоктугу, — деп жазган XIX кылымдын акырында Памир кыргыздары жөнүндө Б. Тагеев, — көчмөндү дайыма жылуу кийинип жүрүүгө мажбур кылган, бул кийим катары ага кабыма чапан жана кой жүнүнөн жасалган тулуп кызмат кылган...»[8].

Революцияга чейинки өткөн мезгилде кыргыз чарбасынын негизинен натуралай мүнөздө болушу калктын кийим-кечесине таасирин тийгизген. Дээрлик ар бир үй-бүлөдө кийизден, үй жана жапайы жаныбарларынын терисинен үйдө жасалган одуракай жүн таардан тигилген кийим кеңири пайдаланылган. Жүндөн токулган кездеме (таар) ар кандай ыкмалар менен жасалган: жүндөн тепме ыкмасы менен (ага ысык суу куюшуп, кийизди тепкилеп жасашкан; мунун дагы бир түрү — басма таар)\ чыйратманы эшилген жүндөн жасашкан; пиязи таарды жасоого төө жүнүнөн ийрилген ичке жип пайдаланылган.

Бирок кыргыздардын кийим-кечесинин бир бөлүгүн XVIII—XIX кылымдарда Кашкардан жана ортоазиялык хандыктардан, өзгөчө Наманган шаарынан келген

сатып алма кездемелерден тигишкен. Ал жактан даяр кийим- кече, бут кийим, кооздук жасалгалар үчүн материалды ташып келишкен. XIX кылымдын орто ченинде Орусиядан түндүк Кыргызстанга орус өндүрүшүндөгү кездемелер (чыттар, коленкор, нанки, миткал ж.б. ), ошондой эле кызыл булгаары ташылып келе баштаган. Алар биринчи кезекте калктын бир кыйла оокаттуу катмарларына кеңири таркаган.

Кийимдин негизги типтеринин жана анын бычылышынын жалпы белгилери кеңири таркагандыгына карабастан өткөн убакта бул же тигил кыргыздын тышкы турпатын аныктаган башкы нерсе анын таптык таандуулугу болгон. Кембагал адетте тыш кийим катары одуракай кездемеден тигилген чапан менен канааттанууга аргасыз болгон, анын үстүнө аны кээде жыңалач этине кийип жүргөн. Койчулар жана малайлар өзүнүн эмгеги үчүн кожоюндун үй-бүлө мүчөлөрүнүн бирөөсүнүн эски жыртылган кийимин алган. Байкоочулар XIX кылымдын экинчи жарымында кыргыздар кийимдерин өтө сейрек алмаштыргандыгын белгилешкен; алар кийимдери жыртылып бүткөнчө үстүнөн түшүргөн эмес. 10 жашка чейинки балдар же жыңалач, же болбосо кандайдыр-бир көйнөкчөн жүргөн. М. И. Венюков «Кээде көйнөк кийип жүрүшөт, бирок алар ич кийим болуп саналбайт...»[9] деп көп маани менен белгилейт. Мына ушул айтылгандардын баары сөзсүз калктын кембагал бөлүгүнө таандык болгон. Ошол эле убакта феодалдар жана бай мал ээлери кымбат баалуу ташылып келинген кездемелерден тигилген кийим кийип жүрүшкөн; алардын тондору козунун көрпөсүнөн тигилген. Алардын сырт кийимдеринин бөтөнчөлүгү күмүш чаптырылган кооз жазы кайыш курлар (кемер) болгон. Ушундай эле айырмачылыктар бут кийимдеринен, баш кийимдеринен жана кооздук жасалгаларынан байкалган.

Кыргыз кийим-кечесинин салт болуп калган мүнөзү, ошондой эле ал дуушар болгон олуттуу өзгөрүштөр XVIII кылымга жана XIX кылымдын ортосуна таандык болгон маалыматтар менен таанышканда айкындалат. XVIII кылымдагы кытай булактары жолбашчылардын (уруу чоңдорунун) жана карапайым элдин кийиминдеги айырмачылыктарды көрсөтөт. Биринчилери, булактардын билдиргенине караганда, парчадан тигилген кийимдерди жана кымбат аң териси менен кыйылган кийиз калпактарды кийип, белине кызыл жибек бел кур тагынып жүрүшкөн, бут кийимдери кызыл булгаарыдан тигилген, карапайым калк таардан тигилген кийим кийип, белине жип курчанып жүрүшкөн, калпагынын кооздугу болгон эмес жана өтүктөрү ийленген булгаарыдан тигилген. Мындай сүрөттөөлөрдөн кыргыздардын ал убактагы кийимдери бүчүсүз болгон, эркектердин жана аялдардын кийимдеринин бычмасы аздыр-көптүр бирдей болгон, кайырма жака кийишкен деген тыянакка келүүгө болот. Кийиз калпактар кымбат тери менен кыйылгандыгы, алардын төбөсү бийиктиги жөнүндө маалыматтарды 1946-жылы Фрунзе шаарындагы Тарых музейи сатып алган XVIII кылымдагы кыргыз жол башчыларынын бирине таандык болгон калпак ырастап турат. Анын төбөсү өтө бийик жана атына караганда (кары бою киш калпак, б.а. бийик суусар калпак) суусардын териси менен жасалгаланган. Мындан тышкары, айткандарга караганда, анын саймасы болгон. Кытайлардын «Тан Шу» деген династиялык санжырасы байыркы кыргыздар жөнүндө баяндамасында алардын жетекчиси «кышкысын суусар тебетей кийип жүрөт, ал эми жайкысын тик төбөлүү этектери кайрылган алтын алкактуу калпак кийип жүргөндүгүн, башкалары ак кийиз калпакчан»[10] деп баяндайт.

Ч. Ч. Валихановдун, П. М. Кошаровдун жана В. В. Радловдун байкоолорунун маалыматтары XIX кылымдын 50-жылдарындагы кыргыз кийимин көз алдыга элестетүүгө мүмкүндүк берет. Бүткүл кийимге токтолбосок да, анда байыркы салттардын сакталгандыгы, анын өз бетинче экендиги жөнүндө жана ошол эле убакта анын Борбордук Азиянын кээ бир элдеринин кийимдери менен сөзсүз байланышы жөнүндө далилдеп турган анын белгилерин белгилей кетели. Маселен, В. В. Радловдун сөздөрү боюнча, кыргыздар кийиминин бөтөнчөлүгү — жеңдүү кийиз сырт кийим (Радлов боюнча — кебенек, азыркы убактагы кыргыздарда — кементай), эчкинин тыбытынан жасалган ак кийиз өтүктөр, ошондой эле «казактарда сейрек жолуга турган ак калпактар, ушунун натыйжасында урууга (кыргыздарга. — Ред.) ак калпак деген ат берилгендиги»[11] болуп саналат. Чынында эле кыргыздардын фольклорунда да «ак калпактуу кыргыздар» деген ат жолугат. Кыргыздардын кийиз калпактары Цинхай провинциясынын (КЭР) калкынын кээ бир топторунун баш кийимдерине өтө окшошуп кетет. XVIII кылымдагы кытай булактарынын биринде алар Пилу орденинин буддалык кечилдеринин калпактарына окшош деп белгилегени кокусунан болбосо керек.

Ушул эле багытта кыргыз аялдарынын белге байланчу кийиминин (белдемчи) окшоштугунун белгилери байкалат, бул кийим кыска, жазы курга тигилген кең этектүү юбкага окшойт; этектери асты жагынан кошулуп турат. Мындай юбканы турмушка чыккан аялдар кийген. Ушундай эле кийим азыр Цинхай жана Ганьсу провинцияларынын чек арасында жашаган моңгол тилиндеги ту элинин (монгорлор) майрамдык жана ырым-жырымдык кийимдеринин тутумуна кирет.

Ысык-Көлдүн кыргыздарында жайылган, тик жакалуу жана ала боосу, көкүрөгүндө топчулары бар эркектердин жана аялдардын XIX кылымдын ортосу үчүн мүнөздүү болгон кафтаны (чапан) кыргыздардын Чыгыш Түркстан менен тыгыз байланыштары тууралуу далилдеп отурат, ал жакта кээ бир элдерде ушул сыяктуу кийим жолугат. Эң акырында, айрым үзүндү маалыматтар өткөн убакта кыргыздарда моңгол элдери үчүн типтүү болгон кымтыланма кийим бир кыйла таркаган деген корутунду чыгарууга мүмкүндүк берет.

XIX кылымдын ортосундагы кыргыздардын кийимине жана бут кийимине көкүрөгүндө саймасы бар же ар түрдүү түстөгү жиптер менен туташ саймаланган төшкө бөлөк кийе турган (өңүр же жака) аялдардын көйнөгү, ашатылган териден, көбүнчө эликтин же эчки-текенин терисинен жасалган жана көй учурда жүн жип аралаш жибек жиптер менен саймаланган эркектердин шымдары (чалбар, кандагай, жаргак гаым), узун кончтуу, кууш, бир аз кайкы тумшуктуу, жыгач такалуу, бастырылып тигилген түстүү булгаарыдан тигилген кызыл өтүктөр (аларды эркектер да, аялдар да кийген) сыяктуу элементтер өзүнчө бир бөтөнчөлүк берип турган. Кийимдердин жана бут кийимдердин бул түрлөрүнүн кээ бирлери казактардын жана Орто Азиянын айрым элдеринин кийимдерине окшош болгон, бирок жогоруда аталган элементтер менен айкалыштырганда кыргыздардын кийиминин өзүнчө улуттук турпаты болгон.

Кыргызстан Орусияга кошулгандан кийин, XIX кылымдын акырында — XX кылымдын башында кыргыз костюму бир аз өзгөргөн. Баарыдан мурда сатылып келинген орус кездемелери бир кыйла кеңири тарkаган. Рыноктук байланыштардын өнүгүшүнүн башка элдер менен (түндүктөгү — орустар, татарлар, түштүктөгү — өзбектер жана тажиктер) карым-катнаштын күчөшүнүн, чарбалык турмуштагы жылыштардын аркасында кийимдердин кээ бир түрлөрү

дегеле жоголду, экинчилеринин бычмасы өзгөрдү, үчүнчүлөрүнүн таркалышы кескин кыскарды.

Костюмга жаңы, эскилерин алмаштырган же сүрүп чыгарган элементтер кире баштады. Маселен, жогоруда аталган узун этектүү чапандар, бийик такалуу өтүктөр керектөөдөн таптакыр чыкты, аялдардын көйнөктөрүндөгү көкүрөк саймасы, кыздардын үйлөнүү тоюндагы шөкүлөсү бара-бара жоголду, тери шымдар сейрек кийиле баштады. Эркектин көйнөктөрү бычылышы жагынан таптакыр башка боло баштады: түндүк Кыргызстанда халатка окшош ачык көйнөктү кыска жеңдүү узун көйнөк алмаштырды, анын жакасы тик жана алдында казан татарларынын көйнөгүнө окшош жырыгы бар. Кыязы, бир өңүрлүү бешмет (*бешмант*) ошол жактан келген, ал бели бүйүрмөлүү тигилип, тик жакалуу. Аялдардын көйнөгүнүн тигилиши да өзгөрдү: аны тик жакалуу кылып тиге башташты; кийинчерээк кенен кыска көйнөккө бүйүрмөлүү юбканы улаштырып тиге баштышты, мунун өзү бул кийимдин бүйүрмө көйнөк деп аталышынан эле көрүнүп турат.

Улуу Октябрь социалисттик революциясынан кийин кыргыз костюмунун өзгөрүшүндө айыл чарбасын коллективдештирүү жана мурунку көчмөндөрдүн отурукташууга өтүшү, өлкөнү индустриялаштыруу жана шаардык турмуштун өнүгүшү сыяктуу факторлор чечүүчү роль ойноду. Сооданын кеңейишинин жана калктын турмуш деңгээлинин жогорулашынын аркасында, жаңы өзгөчө шаардык маданияттын таасири астында жана улуттар аралык байланыштардын өнүгүшүнүн натыйжасында кыргыз костюму бир кыйла өлчөмдө өзүнүн турпатын өзгөрттү. Ал үчүн эң мүнөздүү нерсе, өз кезегинде кээ бир өзгөрүүлөргө дуушар болгон кийимдердин тарыхый жактан түзүлгөн салттуу формаларынын жаңы, негизин азыркы убактагы орус костюму түзгөн кийимдин шаардык түрлөрү менен айкалышы болуп калды. Кийимдин, өзгөчө ар башка курактык топтордун арасында бир кыйла туруктуу комплекстери иштелип чыкты.

Шаарлардын жана жумушчу кыштактарынын кыргыз калкы шаардык бычмадагы костюмду кийип жүрүшөт, бирок ага кээде салт болуп калган кийимдердин айрым элементтери гана кирет (эркектер — баш кийим, аялдар — жеңсиз көйнөк). Улуу муундун, ал эми түштүк Кыргызстандын шаарларында кээде орто муундун кээ бир өкүлдөрү гана эски фасондогу тыш кийимди, көйнөктү кийип жүрүшөт. Айылдык интеллигенция, ошондой эле республиканын бардык райондорунан окууга келип, шаарларда окуп жаткан кыргыз жаштары да шаардык кийимге дээрлик толугу менен өтүштү.

Айылдык жерлерде абал башкача. Бул жерде, шаар тибиндеги кийимдер кеңири кире баштагандыгына карабастан, салт болуп калган кийимдердин көп түрлөрү али да болсо туруктуу сакталып калууда, бирок алардын орду жана салыштырма салмагы куракка жана өндүрүштүк иш аракетинин мүнөзүнө байланыштуу болот. Бирок эски үлгүдөгү бир аз сакталып калган кийимдер фабрикадан чыгарылган кездемелер калктын пайдалануусуна бекем киргендигининин аркасында олуттуу өзгөрдү, бул кездемелердин көпчүлүк бөлүгү мурда мүлксүздөрдүн кеңири массасына жана кыргыз калкынын кембагал катмарларына кол жеткис болгон. Бир аз гана айырмасы болбосо айылдык калк бүт кийимин азыр фабрикалык кездемеден тигишет. Алардын жакшы көргөн кездемелери чийбаркыт, баркыт, жүн жана жарым жүн кездемелер, жибек (түштүк Кыргызстанда — жергиликтүү өндүрүштөгү), сатин, чыт жана ачык түстөгү штапелдер болуп саналат.

Кийимдин кээ бир түрлөрүнүн эски бычмалары кайра иштетилип чыккан, ал эми жаңы талаптарга ылайык келбеген салттык костюмдун айрым элементтери керектөөдөн тез эле чыгып, улгайган жана кары-картаң колхозчулардын арасында гана сакталып калган. Жалпысынан улуттук өзгөчөлүк улуу муундун кийимдеринен, андан да көбүрөөк өлчөмдө — сезондук жайыттарда мал баккан колхозчулардын кийиминен бир кыйла так байкалат, мунун өзү бир кыйла даражада бийик тоонун климаттык шарттарына ыңтайлаштырылган, кылымдардан бери иштелип чыккан формалардын рационалдуулугу менен шартталган.

Кийимдин жаңы түрлөрүнүн таркашынын жолдору ар түрдүү. Бул дүкөндөрдөн даяр көйнөктөрдү жана бут кийимдерди сатып алуу, коңшулардын — баарыдан мурда орус жана украин колхозчуларынын кийимдеринин үлгүлөрүн тууроо, айылдык интеллигенция, шаарда турган туушкандары, студенттер алып келген шаардык фасондор. Колхозчулар даяр кийимди жана бут кийимди жан дили менен жана эң ар башка ассортиментте сатып алышат, бирок андан да көп кийимди, көйнөк менен ич кийимди, бирок тыш кийимдин жана баш кийимдин кээ бир түрлөрүн үйлөрүндө тигип алышат. Буга кийим тигүү машиналарынын кеңири таркашы көмөк көрсөттү.

Өтө маанилүү жаңылыкты баса белгилей кетүү керек: кыргыз калкынын бардык курактары жана бардык катмары үчүн ич кийим кийип жүрүү адет болуп калды. Ич кийимди дайыма алмаштырып турушат, ошондуктан дайыма кир жууп туруу ар бир үй-бүлөдөгү адеттеги иш болуп калды. Колдо жасалган шакар самындар дээрлик керектөөдөн чыгып, аны фабрикалык самындар алмаштырды. Ич кийимди үтүктөө турмуш-тиричиликке улам көбүрөөк кирүүдө. Шаардык үлгүдөгү фартук аялдардын арасында кеңири таркаган, аны тамак жасоодо жана башка үй жумуштарын аткарууда кийип алышат. Бардык жерде шейшеп колдонууга кирди, мурда кыргыздар мындайды билишкен эмес. Көп калктуу пункттарда мончолор курулган. Мына ушунун баары кийим-кече гигиенасындагы жана айылдык калктын жеке гигиенасындагы терең өзгөрүштөр жөнүндө далилдеп отурат.

Азыркы убактагы кыргыз костюму зор ар түрдүүлүгү менен айырмаланат, мунун өзү негизинен кээ бир мурунку уруулук бөтөнчөлүктөрдүн сакталып калышынын, ошондой эле коңшулаш элдер менен байланыштардын кеңейишинин натыйжасы болуп саналат. Мына ушул бардык ар түрдүүлүктү костюмдун кыскача сүрөттөлүшүндө чагылдыруу мүмкүн эмес, ошондуктан анын жергиликтүү кээ бир өзгөчөлүктөрү жөнүндө гана эске сала кетүүгө туура келет. Белгилүү айырмачылыктар республиканын түндүк жана түштүк бөлүктөрүндө жашаган кыргыздардын баарыдан мурда костюмунан байкоого болот.

Түндүк Кыргызстанда жалпысынан аздыр-көптүр кийимдин бирдиктүү тиби үстөмдүк кылат, бирок мында да кээ бир жергиликтүү белгилер байкалат. Маселен, Тянь-Шань областында аялдар башка жерлерге караганда бир кыйла узун кийимчен жүрө тургандыгы, ал эми Талас өрөөнүндө өзүнчө бир эски аял костюмунун салыштырмалуу көбүрөөк элементтери сакталып калгандыгы мүнөздүү. Кыргызстандын түштүгүндө кийимдин комплексинин үч башка түрү айкын байкалып турат. Ош областынын түштүк-батыш райондорунда (ичкилик тобундагы кыргыздар жашаган райондордо) бүткүл Фергананын өзбек жана тажик калкы үчүн мүнөздүү, бирок жалпы кыргыздык костюмдун бир катар элементтеринин айкалыштары болгон кийим колдонулат. Ошол эле областтын чыгыш жана түштүк-чыгыш райондорунда (өздөрүн адигине, мунгуш жана

моңолдор деп аташкан топтор жашаган райондордо) кыргыз костюму кийимдин түштүк-батыш варианттарынын мүнөздөрү менен белгиленген түндүк кыргыз элементтерин өзүнө камтыгансып турат. Эң акырында, Ош областынын түндүк бөлүгүнүн райондорунда түндүк кыргыздардыкына окшош костюмдардын формалары басымдуулук кылат, бирок алар бир жагынан, орустун шаардык костюмунун элементтери менен жана экинчи жактан — «фергана тибиндеги» азыркы убактагы өзбек костюму менен айкалышкан. Өзбекстан менен коңшулаш жайгашкан райондордо өзбектердин таасири өзгөчө байкалаарлык.

Көп башка элдер сыяктуу эле улуттук костюмдун көбүрөөк туруктуулугу аялдарда байкалат. Бирок улгайган аялдарга караганда жаш жана орто курак тагы аялдар, өзгөчө кыздар кийимдин салт болуп калган формаларын өзгөртүшүп, анын жаңы түрлөрүн өздөштүрүшкөн. Бул бардык жерде аялдарды коомдук өндүрүшкө тартуунун, алардын коомдук турмушка катышуусунун түздөн-түз натыйжасы болуп саналат. Азыркы убактагы аялдардын көйнөктөрү бычылышы боюнча бара-бара шаардык көйнөктөргө жакындап бaратат: аны кыскартышып, кайырма жакалуу кылышып, өңүрүнө бүйүрмө юбка тигишет, кээде аны төрт кыйшык кыйыктан тигишет. Кыргызстандын түштүк бөлүгүндө көйнөктүн эки түрүн кийишет: жеңдери түз же бир аз ичкертилген тик жакалуу кенен көйнөк жана узун жеңдүү жана кайырма жакалуу бүйүрмө түрүндөгү азыркы өзбек фасонундагы көйнөк; кийинкиси түндүктөгү кыздардын арасында да кеңири таркаган. Түштүктүк кыздардын көйнөктөрү үчүн кызыл түстөгү кездеме мүнөздүү.

Азыркы типтеги ич көйнөк менен катар аялдардын бир бөлүгү эски үлгүдөгү, бирок бир аз кыска дамбал кийип жүрүшөт.

Аялдардын костюмунун бир бөлүгү катары кыска жеңсиз кийим (пенжек, камзур, кямзир) кызмат кылат, ал эркектердин желеткесине окшош келип, көбүнчө кара түстөгү (майрамда кийе тургандары тукабадан же баркыттан тигилет) кездемеден тигишет, анын ичи бар. Анын көкүрөгү көбүрөөк ачык, жакалуу же жакасыз же болбосо кичинекей тик жабык жакалуу болот (Ош областынын түндүк райондору). Аны кээде күмүш топчулар менен кооздошот (Талас). Орус калкынан үйрөнгөн шаардык бычуудагы жакет (кастум, камзур) улам кеңири жайылууда, аны ошондой эле кебез жана жүн кездемелерден, атап айтканда чийбаркыттан, баркыттан жана тукабадан тигишет. Кээде токулган кофточка да кийишет. Түштүктөгү жаш аялдар ар түрдүү бычмадагы — же чапан түрүндөгү же болбосо кичине кайырма жакалуу бели ичке жеңил жайкы кийимди (желет) кийип жүрүшөт.

Түндүк кыргыз аялдарынын тыш кийими катары азыр кара тукабадан тигилген, кайырма жакалуу, бели бир аз тартылган жылуу пальто (дукаба палто) кызмат кылат. Аларды даяр түрүндө сатып алышат же үйлөрүндө тигет. Ош областынын түштүк бөлүгүндө бычылышы жагынан эркектердикине окшош (капталдары түз, алдынкы этектери жайылган жана кууш жеңдүү, жакасыз) халаттарды (чапан) кийип жүрүшөт. Ал кебезден же жарым жибек жергиликтүү иштетилип чыгарылган ала кездемеден тигилет же болбосо аркасы кууш, кайырма жакалуу, чөнтөктөрү жана бүчүлүктөрү тилинген, топчу менен топчулануучу чапандар болот. Мындай чапандар үчүн жакшы көргөн материал тукаба болуп калды. Түндүктө болсо аялдардын бир бөлүгү жазында жана күзүндө кара кездемеден же чийбаркыттан тигилген, кайырма жакалуу, бирок башкача бычмадагы чапанды кийип жүрүшөт. Кышында, өзгөчө бийик тоолуу жайыттарда аялдар тери ичик кийишет.

Аялдардын адеттеги баш кийимдери — бул гүлдүү түстөгү пахтадан согулган жоолуктар, ал эми майрамдарда кие тургандары — жибек жоолук же бөртмөлүү жибек жоолук. Көп райондордо жоолукту байлануунун өзүнчө, жергиликтүү ыңсмалары байкалат. Кышында аялдар жүн же тыбыт жоолук салынышат.

Түндүктөгү кыздар чачтарын сал-сал кылып майдалап өрүүнү токтотушкан; алар чачтарын экиге бөлүп өрүп, жайкысын жылаң баш, ал эми кээ бирөөлөрү жоолукчан же тебетейчен жүрөт. Мурда бардык жерде таркаган кыздардын эски тебетейлерин азыр да Талас өрөөнүндө кийип жүрүшөт. Түштүктө кыздар мурдагыдай эле чачтарын көп салаа кылып өрдүрүп, тебетей кийип жүрүшөт.

Кыздардын кийимдеринин комплексине көкүрөгү жана жеңдери саймаланган ак кофтадан жана жазы белдүү кара юбкадан (сарапан) турган костюм кире баштады. Бул костюмду жергиликтүү орус жана украин калкынан үйрөнүп алышкан. Аялдардын жана кыздардын күндөлүк кийүүчү бут кийими — жапыс такалуу туфли же ботинка. Майрамдык бут кийими — көлөчтүү ичиги (маасы) же кээде саймаланган жапыс такалуу жумшак өтүктөр, түштүктө мындай өтүктөр адетте кызыл же жалтырак булгаарыдан тигилет. Жылдын суук мезгилинде, өзгөчө жумушка жүн же кийиз байпак менен өтүкчөн, ошондой эле чокойчон барышат.

Эски опсуз чоң жана кымбат күмүш кооз жасалгалар, маселен көптөгөн, колго жасалган илмелери бар конус түрүндөгү сөйкөлөрдүн чынжыры формасындагы төшкө илинүүчү кооздук (сөйкө) керектөөдөн чыгып калды. Азыркы убакта шуруну, сатып алынган же жергиликтүү зергерлер жасаган күмүш сөйкөлөрдү, билериктерди, шакектерди жакшы көрүп тагынышат. Кээ бир жерлерден (маселен, Тянь-Шандан) тыйындардан же ири пластинкалардан турган күмүш кооздук буюмдарын (чолпу, зээр) чачтарына байлап алышканын жолуктурууга болот. Талас өрөөнүндө чачтарынын учуна чачыла (чач папик) түрүндөгү, кара шоонага тизилген күмүш түтүкчөлөрдү чачтарынын учуна байлап алышат.

Улгайган аялдардын костюмунда салт болуп калган белгилер бир кыйла көп сакталып калган. Түндүктөгү аялдар көкүрөгү ачык, тик жакалуу узун жана кең көйнөк тигип алышат. Түштүктөгү аялдар көкүрөгү ачык (жакасы жок), чоң тегерек эски төөнөгүч (бучулук, төөнөч) менен бекитилген көйнөк кийип жүрүшөт; кемпирлерде тажиктердикине окшотуп көкүрөгү үч бурчтуу ачык көйнөк сакталып калган. Түштүктө улгайган аялдардын көйнөктөрү үчүн көкүрөгүн ичке оймо-чийме кездеме же бөзгө саймаланган тилке менен жасалгалоо мүнөздүү. Түндүктөн айырмаланып, түштүктө көйнөктүн сыртынан оролгон саймалуу жоолук же шырылган кеңири кур менен (*белдик*), ал эми кээде илгеркидей токулган кур (*белкур*) менен таңып алуу кеңири таркаган. Улгайган аялдын костюмун эски бычмадагы узун дамбалдар толуктап турат.

Түндүктөгү аялдар бели бир аз кууш, тик жакалуу, этеги тизеге чейин жеткен жеңсиз жана бир өңүрлүү кемсел (*бешмант*) кийип жүрүшөт. Талас жана Чаткал өрөөндөрүндө жеңсиз желеткени кыска жеңдүү кемсел (чолок бешмант) кийишет, алардан көйнөктүн узун жана кең жеңдери чыгып турат. Аны кара кездемеден, баркыттан же чийбаркыттан тигишет. Таласта кемселди бардык курактагы аялдар жана кыздар кийип жүрүшөт.

Улгайган аялдардын сырт кийими катары чапан кызмат кылат. Түндүктө анын эки түрү бар: жакасыз жана чоң кайырма жакалуу (мурда бугу уруусу жашаган аймакта). Эми чапандын жеңин мурдагыдан кыскараак жасашат. Түштүк аялдардын чапаны «ферганалык» бычмага мүнөздүү. Кышкы тыш кийим кой терисинен тигилген, ошол эле териден же суурдун терисинен жакасы бар тон

(ичик) болуп саналат. Жогоруда айтылган белге байланчу кийим — белдемчи да жолугат. Анын мурда бир канча варианты болгон. Маселен, түндүк Кыргызстанда, түштүктө жашаган адигине жана мунгуш урууларынын өкүлдөрү Да белдемчини бүйүрмөлөп кара баркыттан тигишкен жана сайма менен кооздошкон. Өздөрүн ичкилик деп атаган түштүк уруулардын тобунда бул кийимди бүйүрбөстөн, бир канча кыйгач кыйыктардан саймасы жок, түстүү баркыттан же жарым жибек кездемеден тигишкен. Азыр түндүктө белдемчини негизинен чабан аялдар кийип жүрөт, аны кой терисинен жасап, сыртын кебез кездемеси менен каптап коюшат. Кээ бир жерлерде бул кийим кайсы бир түштүк райондордо да (Баткен, Фрунзе, Аейлек, Алай өрөөнүнүн батыш бөлүгү) сакталып калган.

Илгери турмушка чыгасан бардык аялдардын костюмунда көп варианттагы баш кийими маанилүү роль ойногон, бул кийимдери боюнча аялдын кайсы урууга таандык экендигин аныктоого болоор эле. Биздин мезгилде Кыргызстандын райондорунун көпчүлүгүндө улуттук баш кийим кийип жүрүү дээрлик жоголду.

Түндүк Кыргызстанда аялдардын баш кийими чакан, башка жалпак кийилген тилкелүү шапкеден (кеп такыя) турган, ал арка жакка салаңдап, анын үстүнө элечек кийилген. Элечекке жука ак кездеме же бөз жумшалган. Элечектин формасына, кеп такыясынын жасалгаланышына жараша аялдардын баш кийиминин төрт тиби айырмаланган.

Ысыккөлдүк, чүйлүк жана тяньшандык кыргыз аялдар элечек үчүн кездемени спираль түрүндө төмөндөн жогору карай орогон; элечектин өзү цилиндр формасында болуп, анын учу сол жагына кайрылган.

Саруу, кытай, кутчу, жетиген жана багыш уруулары жашаган Талас өрөөнүндө жана азыркы Ош областынын түндүк бөлүгүнүн райондорунда тегерек же сүйрү формадагы элечек (илеки) кийип жүрүшкөн; ал жогору жагы өтө жазы болуп, маңдай жагында бир аз дөмпөгү чыгып турган.

Азыркы убактагы Ош областынын чыгыш райондорунда (адигине, мунгуш жана монголдор тобу), ошондой эле мундуз жана басыз урууларынын кыргыз аялдарында элечек өтө чоң болуп, маңдай жагындагы дөмпөгү салаңдап турган. Шлем түрүндөгү кеп такыя (баш кеп) өтө ичке жибек жип менен саймаланган; чеке жана жаак жагын, аркасына түшүп турган тилкесин саймалашкан. Кеп такыяга күмүш такталар менен бекитилген тизилген мончоктор көкүрөк жагынан илинип турган.

Ичкиликтер деп аталган топтор жашаган Ош областынын түштүк-батыш райондорунда элечектин (кяляк) чоң тегерек формасы болуп өтө бийик болгон, такыясы (чач кеп, кеп чач) мурда айткандарга окшош болгон. Кээде элечектин үстүнөн кооз жоолук (дурия) салынып, анын аркасында салаңдап турган учун сайма же чачы менен кооздошкон.

Элечекти ар кандай: саймалар, жибек тасма менен (ичкиликтер), күмүш жасалгалар, шурулар, тыйындар, бермет менен кооздошкон. Кооз жасалганы кыргак, тартма, калкан деп аташкан.

Ысык-Көлдүн боюнан, Чүй өрөөнүнөн элечекти өтө сейрек кемпирлерден же улгайган аялдардан жолуктурууга болот, Тянь-Шанда ал бир кыйла көбүрөөк жолугат. Талас өрөөнүндө болсо эски баш кийим — илеки бир кыйла кеңири тараган, аны орто курактагы аялдардан да көрүүгө болот. Түштүгүрөөк жакта бул баш кийим сейрек жолугат, ал эми Ош областынын түштүк бөлүгүндө ал керектөөдөн таптакыр чыгып калды. Тажикстандын Жерге-Тал районунда

жашаган кыргыздарда илгерки баш кийим үйлөнүүдөгү кооздук катары гана сакталып калган.

Республиканын райондорунун көпчүлүгүндө кыргыз аялдардын турмуш-тиричилигинен баш кийим жана ачык юбка (*белдемчи*) сыяктуу улуттук костюмдун жоголушуна көп социалдык-экономикалык себептер, баарыдан мурда алар азыркы убактагы талаптарды канааттандырбай калгандыгы шарт түздү. Күндөлүк турмуш үчүн ал жараксыз болуп чыкты. Бирок майрамдык костюмдун элементтери катары элечек менен белдемчи кээде жолугуп калат.

Азыркы убакта кээ бир кыздар жана аялдар улуттук костюмдарын советтик чоң майрамдардын убагындагы демонстрацияларда, фестивалдардын күндөрүндө кийип алышат, аларды спорттук майрамдардын, театрдык оюн-шооктордун, көркөм чыгармачылыктын катышуучулары үчүн заказ беришет. Тилекке каршы, массалык түрдө заказ бергенде костюмдун нукура улуттук белгилери көп учурда өтө бурмаланган же өтө апыртылып жиберилген болот, ал эми кээде салт болуп калган костюмдун мүнөздүү жөнөкөйлүгүнө жана кооздугуна карабастан табитсиз пайдаланылат.

Улуттук аялдык кооздуктарга керектөө өтө зор жана жергиликтүү өнөр жай жагынан али толук канааттандырылбай жатат. Кээ бир аялдардын өздөрүнүн табитине жакын кооз буюмдарды тагынып жүрүүгө умтулуусу алар кыргыз жана өзбек күмүш зергерлеринин буюмдары менен кооздоп жатышкандыгынан көрүнүп турат. Бул буюмдардын арасынан жаңы табитке жооп берүүчүлөрү да жолугат.

Бүтүндөй алганда, терең өзгөрүүлөргө карабастан көп райондордо аялдардын костюмунун улуттук турпаты бар, буга ага мүнөздүү болгон түстүү түр, көңүл токтотоор кооздугу сакталып калгандыгы бир кыйла роль ойнойт.

Кыргыз аялдарда косметика бир кыйла жайылган. Түштүктүн кыргыз аялдарында ал каштарынын ортосуна кал салуу, тиштерин боёп алуу, каштарына сурма коюу (Өзбекстан менен коңшулаш турган райондордо) жагынан байкалат.

Эркектердин кийим-кечелеринде, аялдардын кийимдеринен айырмаланып, костюмдун шаардык формаларынын бир кыйла таасири байкалат, бирок ар түрдүү курактык топтордо бирдей эмес. Азыркы убактагы шаардык костюм жаш колхозчулардын арасында көбүрөөк тараган. Алардын адеттеги кийимин ар түрдүү фасондогу көйнөктөр, желеткелер, гилшастеркалар жана өтүккө шымдалган шымдар түзөт. Кителден жана галифе шымдан турган костюм модага кирди, аны көбүнчө күрөң түстөгү чийбаркыттан тигишет. Аны орто курактагы колхозчулар да кийип жүрүшөт. Адетте жылуу пальтону көп учурда кара кездеме менен капталган кыргыз бычмасындагы ичик алмаштырат. Ысык- Көлдүн жээгинде орус тибиндеги чолок тон (бүйүрмө тон) жана орустардын тонуна окшош (бүйүрмө ичик) пайдаланууга кирди. Баш кийимдери өтө ар түрдүү, анын ичинде шаардык фетр жана чий калпактар бар, бирок көп учурда кыргыз тумактарын жана кийиз калпактарды кийип жүрүшөт. Жогоруда айткандардын баары негизинен түндүк Кыргызстанга таандык. Түштүктөн улуттук костюмдун элементтерин, маселен, ачык түстөгү жарым жибек кездемеден (бекасаба) тигилген, саймалуу жоолук менен курчалган сырт кийимди (чапан) көбүрөөк жолуктурууга болот. Бул жерде бардык жерде топу (чуст фасонундагы) таркаган.

Орто курактагы кыргыз айылдык каллсынын кийим-кечеси көбүнчө аралаш типте. Анда кадимки пинжак же фуфайка жакшы үлгүдөгү шымдар менен айкалыша алат. Кээде шымдар да аралаш бычмада: алардын бели жана чөнтөктөрү шаардык шымдарга окшош. Түндүктө али кителге окшош,

карылардыкына караганда бир кыйла кыска, көйнөктүн сыртынан кие турган бир өңүрлүү кемсел кийип жүрүшөт. Бут кийимдери жаңы типте, баш кийимдери — эски кыргыз кийимдери. Түштүктө орто курактагы кыргыздар салт болуп калган бычмадагы тыш кийим кийип жүрүшөт.

Улуттук кийимдин көп түрлөрү улгайган жаштагы эркектердин жана чалдардын костюмдарында туруктуу сакталып калган. Аялдардын костюмундай эле бул жерде көп жергиликтүү варианттар бар. Түндүктөгү эркектер үчүн тик жакалуу, алдынан топчулана турган ак көйнөк типтүү болсо, түштүктөгү эркектер узун, өзбектердин яктагына окшош же үч бурчтуу жакалуу (узун жака), кыска, көкүрөгү ачык көйнөктү (жегде) кийип жүрүшөт. Ыштандары жалпы ортоазиялык үлгүнү сактап калган. Ар түрдүү кездемелерден, териден, тоолуу райондордо жүнү ичине караган кой терисинен тигишет. Шымды өтүккө шымданып да жүрүшөт.

Түндүк Кыргызстанда, ошондой эле Ош областынын түндүк райондорунда чолок тик жакалуу узун (тизеге чейин) бир өңүрлүү бешмант сакталып калган; аны адетте кара түстөгү кездемеден, майрамдык шымдарды, бешмантын күрөң чийбаркыттан тигишет. Улгайган кыргыздардын тыш кийими бардык жерде жүндөн же кебезден капталган ичи бар, жакасыз же эски фасондогу кайырма жакалуу (Ысык-Көлдүн бугу уруусу үчүн мүнөздүү болгон райондорунда) көкүрөгү ачык халат (чапан) болуп саналат. Республиканын түндүгүндө, Ош областынын чыгыш райондорунда жана Алай өрөөнүнүн батышында сыяктуу эле этеги жазы, кенен тигилген чапан кийип жүрүшөт. Анын кыргыздардын ачык төш кийимдери сыяктуу эле оң жагынын өңүрү чоң. Түштүк Кыргыз- стандын башка райондорунда чапан өзбектер менен тажиктердин чапанына окшотуп тигилген: капталдары тик, кууш, алды ачык жана жеңдери ичке, төмөнкү капталдарында тилиги бар. Аны бул жерде түндүктөгүлөр сыяктуу эле кара түстөгү кездемелерден, көбүнчө кара сатинден тигишет. Түштүктө чапанды туурасынан оролгон, четтери саймаланган чоң жоолук менен (*чарчы*) байланып алуу мүнөздүү, кээде кош жоолук байланып алышат. Түштүктүктөр үчүн жылдын жылуу мезгили үчүн кебез кездемеден ичи бар же ичи жок жеңил халат (желек) түрүндөгү кийим мүнөздүү. Бычылышы боюнча жеңил халаттардын эки түрү бар: өзбектердин яктагына окшош жана түндүк кыргыздардын бешмантына окшош халаттар.

Түндүк Кыргызстандагы чабандарда жана жылкычыларда күрөң же ак кийизден жасалган, кенен тигилген, жаандан жана кардан жакшы сактай турган өзүнчө бир плащтар (*кементай*) жана үйдө согулган таардан тигилген, сырт кийимдин үстүнөн кийип ала турган, узун жана кең жеңдүү узун этектүү халат (*чепкен*, *чекмен*) керектөөдөн чыга элек. Аны ичи бар же ичсиз да тигишет.

Улуттук кийимдин кышкы түрлөрү катары кара кездеме менен капталган, Тянь-Шанда жана Ысык-Көддө көрпө жакалуу ичиктер жана көй терисинен тигилген тулуптар кызмат кылат. Түндүктө жана Ош областынын түндүк райондорунда тонду чоң көрпө жакалуу кылып тигишип, сары же кара түскө боёшот. Түштүктө тонду (постун) кээде жакасыз тигишет, чыгыш райондордо аларды ак түскө боёшот. Батыш райондогу тондордун капталынын төмөн жагында тиликтер бар. Тонду жасалгалоо өтө ар түрдүү: этектерине, өңүрлөрүнө жана жакаларына тери же кара кездеме тигишет.

Тери тумактар ар түрдүүлүгү менен айырмаланат. Тянь-Шанда, Ысык-Көлдүн боюнда, Ош областынын көп райондорунда көрпөдөн же түлкүдөн тебетей тигишет, алардын төбөсү төрт кыйыктуу баркыттан же чийбаркыттан тигилет.

Талас өрөөнүндө жана Жумгал өрөөнүнүн кээ бир жерлеринде, ошондой эле Тогуз-Тородо жана Ош областынын түштүк-чыгыш бөлүгүндө кууш кулактуу, тегерек төбөлүү тумак кийип жүрүшөт, жылдын суук мезгилинде кулагын жана чекесин жабуу үчүн тумактын кулагын түшүрүп алышат.

Дээрлик бардык жерде бир канча варианттагы кийиз калпак тараган, алар төбөсүнүн формасы, кырбууларында тиликтин болушу же жоктугу, тигилишинин мүнөзү боюнча айырмаланышат. Маселен, түштүктүктөрдүн калпагы түндүктүктөрдүкүнө караганда бир кыйла бийик, кырбуулары жазы жана тилиги бар; Талас өрөөнүнүн кээ бир райондорунда калпактын кырбуусу дээрлик түз, төбөсү — жалпак, тилкелери жок; Ысык-Көлдүн боюнда жана Чүй өрөөнүндө тилиги жок кырбуусу бар жарым сүйрү формадагы калпактар жолугат. Кырбууларын баркыт, сатин же башка кездеме менен кыюулашат; тилкелер бириктирилген жерин кара шоона же жылкынын кылы менен тигип коюшат. Кээде калпакты кара жип менен сайылган ар кандай оймо-чиймелер менен коолдошот.

Түштүк Кыргызстанда кээ бир жерде ак чалма (селде) кийип жүрүшөт, ал эми анын батыш райондорунда кээде топуну айланта саймалуу жоолук менен башын ороп алышат.

Бут кийимдин улуттук түрлөрүнүн ичинен тигиши сыртында, бутка кайыш боолор менен байланган, бүтүндөй бир териден бычылган кыска кончтуу өтүктөр (чокой) кээ бир жерде сакталып калган. Көп улгайган эркектер жана чалдар такасыз жана катуу апкыты жок, таманы жумшак өтүктөрдү (маасы) галош менен кийип жүрүшөт. Азыркы убактагы орус өтүктөрү пайдаланууга кеңири кире баштады, аны кышында кийиз байпак менен, ал эми түштүк Кыргызстандын кээ бир жерлеринде жана Жерге-Тал менен Чыгыш Памирдин кыргыздарында — саймалуу токулган жүн байпактар (жороп) менен кийип алышат, кийинкиси тажиктерден келген. Эми кышында мал жайып жүргөн малчыларды кийим-кече жана бут кийим менен камсыз кылууга колхоздор менен совхоздор да катышат. Аларды кебез салынган курткалар, шымдар, чокойлор, кулактуу тумактар, брезент плащтар, өтүктөр менен жабдып турушат.

Кыргыз турмуш-тиричилигинде кээ бир кийимдердин түрлөрүнүн ырым-жырымдык мааниси болгон. Маселен, кызыл ноотудан тигилген халат — манат чапан — колуктунун тойдо кийүүчү жасалгасы деп эсептелген. Колуктунун баш кийими шлем формасындагы шапка — шөкүлө болуп, ал мончоктор, берметтер, тыйындар, күмүш, седеп менен бай кооздолгон. Колукту күйөөсүнүн үйүнө келгенде ага (башын жаап) парча халат (кымкап) жабышкан же (түштүктө) анын бетин баш кийимине бекитилген өзүнчө бир жабуу (чүмбөт, бет жабуу, бет калка) менен жабышкан. Ал көп жагынан тажиктердин бет жапкычына (рубад) окшоп кетет.

Парча халат менен мурда өлгөндүн сөөгүн жабышкан (кээ бир жерде бул азыр да колдонулат). Кийимдин кайгылуу түсү деп ушул убакка чейин көк түс эсептелет.

Кыргыздардын улуттук кийимин жана анда болуп өткөн өзгөрүштөрдү сүрөттөп жазууну аяктоо менен өткөн мезгилге салыштырганда калктын көпчүлүгүндө акыркы он жылдардын ичинде кийимдин сапатынын жакшыргандыгын жана балдар менен өспүрүмдөрдү кошуп алганда үй-бүлөнүн ар бир мүчөсүнө анын санынын көбөйгөндүгүн баса белгилебей кетүүгө болбойт. Азыр ар кимде болгон күндөлүк (же жумушта кие турган) жана майрамдык кийимди айырмалабай калышты. Көпчүлүгүнүн бир канча алмаштыргыдай ич

кийимдери жана ар түрдүү кийимдери бар, ал эми тыш кийимдерин сезонго жараша алмаштырып турушат. Айылдык, ошондой эле шаардык кыргыз калкынын материалдык деңгээлинин жогорулашы ага өзүнүн костюмун улам барган сайын өркүндөтүүгө мүмкүндүк берет. Ага киргизилген өзгөртүүлөр жана жакшыртуулар шаардыктардын жана айылдык тургундардын улам өсүп жаткан маданий суроо-талаптарын да чагылдырып турат.

### *Тамак-ашы*

Кыргыз калкынын тамак-ашы анын чарбалык ишинин багытына түздөн-түз байланыштуу болгон. Кыргыздарда дыйканчылык азыраак таркагандыгына байланыштуу алар адетте ун жана дан азыктары жагынан жетишпегендикти башынан өткөрүшкөн; XIX кылымда алардын тамак-ашында сүт азыктары жана эт басымдуулук кылган. Ч. Валихановдун байкоолору боюнча, XIX кылымдын ортосунда кыргыздар негизинен «сүт жана өлгөн малдын эти» менен тамактанышкан, бирок ал таруу көжө[12] жөнүндө да эске салып кетет. Ал убакта алыскы райондордун тургундарына, маселен, Памирдин жана Каратегиндин кыргыздарына ун табууга өтө сейрек гана мүмкүнчүлүк болгон; аларда ун пайда болсо да андан нан жабышпастан, атала жасап ичишкен.

Кыргызстан Орусияга кошулгандан кийин кыргыздардын чарбалык турмушундагы көп убакыт өтпөй башталган өзгөрүштөр тамак-аш рационунда дан азыктарынын байкалаарлык көбөйүшүнө алып келген. Андан кийинки мезгилде, өзгөчө XIX кылымдын акырында — XX кылымдын башында кыргыз калкынын көпчүлүгү негизинен сүт жана өсүмдүк тамак-ашын жана бир аз этти гана керектей баштаган. Калыс байкагычтар кыргыздарда эт табылбас оокат болуп саналгандыгын жана өтө бай адамдардын гана күндө жей турган тамагы болгондугун белгилешкен.

Кыргыздардын тамак-аш режиминин эң мүнөздүү өзгөчөлүктөрүнүн бири анын сезондуу мүнөзү болгон. Жылдын жылуу мезгилинде алар негизинен сүт азыктары менен тамактанышкан, кышында болсо ундан жана дандан жасалган тамак-аш басымдуулук кылып, ага кээ бир сүт азыктарын (быштак, май, сүзмө) кошушкан. Калктын көпчүлүк бөлүгүнүн үлүшү дайыма, өзгөчө кышында, чала тоют болуп жүрүү болгон; мал массалык түрдө кырылган убакта көп учурда кадимкидей ачарчылык башталган.

Улуттук тамак-аштын бир кыйла ассортиментине карабастан калктын негизги бөлүгүнүн тамактануусу өтө аздыгы жана бир түрдүүлүгү менен айырмаланган. Адетте кембагалдар жана кудуретсиз орто чарбалар жыл бою суюк тамак менен тамактанышкан. Анын өтө көп таркалган түрлөрү максым жана жарма болгон. Максым — бул талкандан же тартылган арпадан жасалган тамак. Жарманы куурулган арпадан (же буудайдан) жасашкан, анын данын сокуга жанчып, кайнак сууга салышкан. Жарма муздагандан кийин ага ачыткы жарма жана ун кошушкан. Жарманы муздак, кычкыл түрүндө ичишет. Мындан тышкары куурулган жана тартылган арпадан, буудайдан же жүгөрүдөн (аны сүткө, айранга же сууга көптүрүшкөн) жасалган талкан, сүт же айран кошулган таруудан (сейрек учурда эт менен бирге бышырышкан) жасалган суюк сорпо — көжө (көчө) жана таруу боткосу кеңири жайылган.

Бардык эле кембагалдардын көчмөндүн адеттеги тамагы — суу кошулган кычкыл сүт (айран) менен күн сайын тамактанууга мүмкүнчүлүгү болгон эмес. Малчылардын эң жакшы көргөн тамагынын бири — бээнин ачытылган сүтүн (кымыз), ошондой эле этти кембагал сейрек гана көргөн, аны да көбүнчө

байлардын дасторконунан табак түп же бай менен манаптар берген тойлордун убагында сый тамак катары гана алышкан. Кант жөнүндө кеп кылбаганда да чай кембагал үчүн кол жеткис болгон, ал түгүл токоч түрүндө нан анын күндөлүк тамак-ашына кирген эмес.

Акыркы он жылдыктарда тамактануу таанылгыс түрдө өзгөрдү. Кыргыз калкынын негизги массасынын мурунку тамак-ашы менен, анын бир чыны жарма же айран жөнүндө күндөлүк камкордугу менен азыркы убактагы колхозчунун тамак-аш режимин эч кандай салыштырууга болбойт. Ага социалдык-экономикалык турмуштагы терең кайра түзүүлөр, калктын маданий деңгээлинин жогорулашы жана өзгөчө мурунку көчмөндөрдүн турмушунун отурукташууга өтүшү таасирин тийгизди. Турмуш-тиричиликтин бул жагы чексиз өскөн турмуш деңгээл жөнүндө далилдеп отурат. Тамактануу жагынан колхозчулардын керектөөлөрүн канааттандыруу баарыдан мурда көп тармактуу коомдук чарбанын өсүшүнө, ошондой эле жеке чарбаларынан азык- түлүктөрдү пайдаланууга негизделет.

Ошону менен бирге тамак-аштын түрлөрүнө шаар менен, коңшулаш орус, өзбек, тажик, дунган жана уйгур калкы менен байланыштардын кеңейиши таасирин тийгизди. Бул Ысык-Көлдүн жээгинен, Чүй өрөөнүнөн, түштүк Кыргызстандан өзгөчө байкалаарлык. Бүтүндөй алганда тамак-аш өзүнүн улуттук өзгөчөлүгүн сактап калышын улантып, аны бышыруунун ыкмалары олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар кылынбаса да анда жаңы, өткөн убакта тааныш эмес тамак-аштын түрлөрү пайда болду, ал ар түрдүү болуп калды. Тамак-аш бир кыйла өлчөмдө чарбанын мурда көчмөндөргө дээрлик белгисиз болгон жаңы тармактарынын: огородчулуктун, багбанчылыктын, бал челек кармоонун, үй канаттууларын өстүрүүнүн өнүгүшү менен байланыштуу. Ошондой болсо да ал өзүнүн сезондук мүнөзүн, өзгөчө малчыларда толук өлчөмдө жоготкон жок. Күзүндө жана кышында тамак-аш бир кыйла күчтүү жана ар түрдүү, жай- кысын анда чай жана муздак суюк тамактар бир кыйла орунду ээлейт, кечинде гана ысык тамак жасашат.

Колхозчулардын басымдуу көпчүлүгүнүн тамактануусу кескин жакшырды, анда тамак-аштын бир кыйла азыктуу түрлөрүнүн салыштырма салмагы жогорулады. Баарыдан мурда колхозчунун дасторконунда эт, мал майы сейрек болбой калды. Күндөлүк тамак-ашка картошка, жашылча, жемиш, бал, сатылып алынган азыктар (кант, кондитер азыктары) кире баштады, күрүч, аны менен кошо палоо кеңири элге жеткиликтүү болуп калды, үй канаттуулар эти жана бышырылган же куурулган түрдө жумуртка көбүрөөк керектеле баштады. Пияз, помидор, бадыраң, сабиз, капуста (андан кээде щи бышырышат) сыяктуу жашылчалар көбүрөөк керектеле баштады. Жашылча менен жемиш тамак- аш режимине эчактан кирген түштүк Кыргызстанда маанилүү орунду ашкабак ээлейт, аны сорпого, пельменге кошушат, эт менен кошо жешет жана андан өзүнчө тамак даярдашат. Казанга бышырылган (көмкөрмө шокоч) же эки көмөч казандын ортосуна көмүргө бышырылган (көмөчтөн) салт болуп калган токочтор менен катар түштүк Кыргызстанда жана Талас өрөөнүнүн бир бөлүгүндө токочту фергана тибиндеги чопо меште — тандырда бышырышат. Кээ бир жерлерде азыркы кездеги ыкма менен бышырылган нан керектелет.

Сүт жана сүт азыктарынан айран менен кымыздан башка төмөндөгүдөй тамактарды даярдашат: кычкыл быштактын бир түрү (курут) кышка даярдалат жана кургак түрдө же эзип, жылуу сууга арлаштырылган түрдө керектелет; кычкыл быштак (сүзмө); суу кошулган айран (чалап) жайкысын муздатылган

суусундук катары пайдаланылат; кайнатылып уютулган сүттөн кичинекей токоч түрүндө кургатылган тузсуз быштак быштак же пышлак (көбүнчө түштүк кыргыздар жасашат жана даярдалгандан кийинки жакынкы күндөрдө тамакка кошушат); койдун сүтүн көпкө чейин кайнатуу менен алынган таттуу быштак түрүндөгү сырдын өзгөчө сорту (эжигей)\ эритилген май (сары май)\ кайнатылган каймак (каймак). Кыргызстандын ар түрдүү райондорунда май даярдоонун ыкмалары айырмаланат. Түштүктө кууш цилиндр идиш формасындагы жыгач май күпкөсү (куп же гуу) кеңири таркаган.

Сүт азыктары жайкысын колхоз малчыларынын негизги тамагын түзөт. Алар башка колхозчуларга караганда көбүрөөк өлчөмдө кышка курут, сары май жана сүзмө даярдашат. Малчылар жайкы жайыттардан кайтып келгендигине байланыштуу ушул убакка чейин коноктоо (өрүлүк) салты сакталып калган. Баарыдан мурда жаңыдан көчүп келген малчыга мурда көчүп келгендер өрүлүктөп келишкен. Азыр кыштактарда жашап жаткан туушкандары жаңыдан көчүп келгендерге бозо, боорсок, токоч, жемиш алып келишет. Малчылар өз кезегинде аларды сүрсүгөн эт, сүзмө менен сыйлашат. Дегеле кыргыздардын айылдык турмуш-тиричилигинин өзүнчө бир белгилеринин бири жайыттарда жүргөн малчылар менен алардын кыштакта жашап жаткан үй-бүлө мүчөлөрүнүн же туушкандарынын ортосунда дайыма тамак-аш менен алмашуу болуп саналат.

Дан азыктарынын молдугу колхозчуларга тамакка ар кандай ун азыктарын керектөөгө мүмкүндүк берет. Ундан боорсок, көмөч, чоймо токоч, ысык сүткө салынуучу жана май менен сүзмө кошулуучу жупка, май же каймак шыбалып бышырылган токоч — каттама, майга бышырылган токоч, май токоч, куймак жасашат. Түштүктө, ошондой эле Талас дарыясынын өрөөнүндө таруудан же жүгөрүнүн данынан жасалган тамак сакталып калган: данды куурушуп, сокуга жанчышат же жаргылчакка тартышат, андан кийин ысык сүт куюп май жана кант кошуп жешет же чай менен бирге беришет. Эт кошулган сорпого, кээде сүткө кесме бышырышат; түштүктө көп жолугуучу тамак сүткө бышырылган күрүч ботко болуп саналат. Нан азыктарын негизинен чай менен жешет.

Чай кыргыздарда эң кеңири жайылган суусундук катарына кирет. Ысык- Көл ойдуңунда илгери көп учурда чайды өздөрү даярдашкан, чайды, көбүнчө кирпич чайды сатып алуу баарынын эле колунан келе берген эмес. Ч. Валиханов кыргыздар туз кошкон чай кайнаткандыгын жана ал «калмактардын чайына» окшоп кеткендигин белгилеген. Ысыккөлдүк кыргыздарда революцияга чейин куурма чай кеңири таркаган: суу кошулган сүткө майга куурулган унду же талканды салып, ага туз кошуп кайнатышкан.

Эми бардык жерде сатып алынган чайды ичишет, анын үстүнө түштүк Кыргызстанда жайкысын *көк чайга* артыкчылык беришет. Түндүктөгүлөр чай үчүн сууну адетте самоорго кайнатышат, ал бул жерде XIX кылымдын акырында — XX кылымдын башында пайда болгон, ал эми түштүктүктөр көбүнчө чоюн кумараларга кайнатышат. Түндүктөгүлөр чайды ар бир кишиге бөлөк чыныга куюшат, ал эми түштүктүктөр бир-эки чыныны кыдыртып ичишет. Чай бергенде токоч жана боорсоктон башка дасторконго май, каймак, кургатылган жемиш, таттууларды, атап айтканда балды коюшат. Ысык-Көлдүн жээгинде кээде бир аз туз кошуп чайды жаңы сүт менен ичишет. Башка суусундуктардан жарма, ошондой эле бозо кеңири таркаган, муну кышында таруудан, арпадан же жүгөрүдөн жасашып, ачытуу үчүн угутту — өндүрүлгөн буудайды пайдаланышып, ун кошуп коюшат.

Азыр көп учурда уй сүтүнөн да кымыз (*уй кымыз*) даярдашат, аны кадимки кымыз менен ачытышат. Түштүктө көп учурда жүгөрүнүн унунан суюк тамак (*атала*) жасашып, аны айран же май кошуп ичишет.

Кыргыздар эттин ар кандай түрлөрүн: жылкы этин (аны өзгөчө баалашат), кой этин, уй этин, ошондой эле кайберендин: эчки-текенин, аркар-кулжанын жана эликтин, эң акырында, куш этин жешет. Мергенчилер ушул убакка чейин этти бышыруунун илгерки эски ыкмасын: (*таис боркок*) колдонушат: атып алынган кайберендин этин карынга салып, ага суу куюп ысытылган таштын үстүнө көөмп коюшат, андан суу кайнап чыгат. Жалпысынан этти адетте чоюн казандарга бышырышат.

Эттен жасалган тамактын эң көп таркаган түрү бышырылган кой эти болуп саналат. Бышкан эттин бир кесимин туздуу эт сорпосуна малып жешет, андан тышкары сорпону тамактын алдында жана андан кийин бөлөк беришет. Эң жакшы көргөн тамагы майда тууралган эт (тууураган эт; аны азыр көбүнчө бешбармак деп аташат) болуп саналат, ага сорпо жана сорпого бышырылган кесмени аралаштырышат. XIX кылымда түндүк Кыргызстанда тууралган этке кесмени кошкон эмес жана ал тамакты нарын деп аташкан. Түштүк кыргыздарда нарын азыр кеңири таралган. Ага тууралган пияз кошушат. Сүт жана май кошулуп, сууга бышырылган койдун өпкөсү (*куйган өпкө*, *олобо*), ошондой эле эт менен май аралаштырылган колбаса (*чучук*) сүйгөн тамагы болуп эсептелет. Бышырылган этти (бул учурда бышкандан кийин чоң кесим кылып туурап беришет) жука жайылган камыр менен (*күлчөтай*) беришет, куурулган эт (*куурдак, куурма*) эчтеке кошулбастан жасалат.

Мурда ири жана орто мал чарбалары гана этти кышка даярдоого мүмкүнчүлүгү болгон; азыр дээрлик ар бир колхоздук үй-бүлө кышка этти даярдап алышат (*согум*). Кеч күздө бир-эки кой, кээде жылкы союп алышат. Эттин бир бөлүгүн бир аз туздап, андан кийин аны бир канча күнү териге ороп кармап, андан кийин кампага илип коюшат. Ар бир кыргыз үйүндө тамак- аштын запастарын сактап коюу үчүн жай бар экендиги мүнөздүү; мурда тамактын бир аз запасын боз үйдө сакташкан жана данды сактоо үчүн гана жерге чуңкур (*ороо*) казышкан.

Эт азыктарын негизинен кеч күздө жана кышында жешет, бирок бешбармакты жылдын башка мезгилинде да — үй-бүлөлүк жана коомдук майрамдарга же меймандардын келгендигине байланыштуу жасашат. Малчыларда кышкысын эттүү тамак басымдуулук кылат. Тууралган эттен башка майрамдык дасторконго боордон жана кандан жасалган бышырылган колбасанын дагы бир өзгөчө түрү (быжы) коюлат, ага май, пияз менен калемпир, кээде күрүч кошушат.

Тамактын салт болуп калган түрлөрү менен катар жаңы түрлөрү да кеңири жайыла баштады. Алар экономикадагы өзгөрүштөрдүн жана орустар менен тыгыз карым-катнаштын аркасында пайда болду. Алардын арасында картошка жана пияз кошулган эттүү сорпо, эт кошулуп куурулган картошка (жаркөп), картошка салынган пирожки бар. Азыр кээ бир уйгур-дунган тамактарын да жасашат, маселен, өзбектер менен уйгурлардын эт салынып, металл идишке (*каскан*) бууга бышкан чоң пирожкисине — мантусуна окшош пельмендерди (*чучбара*), майдаланган эттүү соуска бышырылган кесме кошулган тамакты — лагманды жасашат. Өзбектердин палоосу эми майрамдык тамак катары түндүк Кыргызстанга да тараган; Ысык-Көлдүн жээгинде аны көп учурда таруудан жасашат.

Өтө ток эт тамагын көбүнчө кечинде жеше тургандыгы мүнөздүү — мында эски салт сакталып калган. Бирок куурдак менен жаркөптү кээде күндүз да жешет.

Улуттук даамдуу тамак — боорсокту эми кээде шекер кошуп жасашат.

Жергиликтүү наркотиктерден негизгиси эриндин астына сала турган өзгөчө даярдалган чайноочу тамеки (*насывай*) болуп саналат. Тамеки тарта турган түтүк (канжа) эчак эле керектөөдөн чыгып калган.

Тамак-аштагы тарыхый жактан түзүлгөн улуттук өзгөчөлүктөр (анын түзүлүшү жана даярдоо ыкмалары) алыскы жайыттардагы малчылардын үй-бүлөлөрүндө бир кыйла туруктуу сакталып калган.

Колхоздордо кээ бир орунду коомдук тамактануу ээлей баштады. Аны сезондук жумуштардын убагында талаа шыйпаңдарында жана кой кыркуунун убагында уюштурушат. Бул убакка ашпозчуларды, көбүнчө аялдардын ичинен бөлүп беришет; адетте эттүү кесме бышырышат. Тоолуу райондордо талаада иштеп жаткан колхозчуларды токоч, айран, кээде кымыз менен камсыз кылышат.

Ысык тамакты очокко коюлган казанга бышырышат. Аны эмаль же фаянс идиштерге куюп дасторконго коюшат. Көп учурда жерге төшөлгөн кийиздин үстүндөгү дасторконду тегеректеп отуруп тамактанышат. Бирок Ысык-Көлдө жана Чүй өрөөнүндө (азыраак өлчөмдө Таласта жана Тянь-Шанда) тегерек жапыс жыгач столдор кеңири таркаган, тамак ичүүнүн убагында бүткүл үй- бүлө аны тегеректеп отурушат. Мурда начар тамактанган аялдар менен балдар азыр үй-бүлөнүн калган мүчөлөрү менен бирдей тамактанат.

Өткөн заманда жарым көчмөндүк турмушка ыңтайлашкан эски үй эмеректери негизинен малчылардын боз үйлөрүндө сакталып калган. Бул жыгач жана тери идиштер. Бирок жыгач сокулар, челектер, чакалар, эт үчүн терең табактар кыштактарда да али сакталып калган. Колхоздук курулуш чарбалык турмушка жана маданиятка киргизген өзгөрүүлөр менен бирге пайда болгон эң жаңы көп эмеректер эң ар түрдүү алюминий, эмаль жана фаянс идиштерден байкалат. Сүт азыктарын дээрлик дайыма эмаль чараларга жана кастрюлдарга бышырышат жана сакташат, бирок сүттү, ошондой эле эжигейди мурдагыдай эле казанга кайнатышат.

## *КООМДУК ЖАНА ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ТУРМУШУ*

### *Коомдук турмушу*

Улуу Октябрь социалисттик революциясы кыргыз коомунун таптык структурасын түп-тамырынан бери өзгөрттү жана кыргыз айылында болгон коомдук мамилелерди толугу менен кайра түздү.

Социалисттик чарба системасынын калыптанышы, Кыргызстандын айыл чарбасында коллективдештирүүнүн жеңип чыгышы эзүүчү таптардын — байлардын, манаптардын, кулактардын жоюлушун алдын ала аныктады. Колхоздук дыйкандар, жумушчу табы жана интеллигенция жаңы советтик кыргыз коомун

түзүп калды. Жаш кыргыз жумушчу табы дыйкандар менен тыгыз бирликте келип чыкты жана өсүп жатат, ошентип бул бирлик кыргыз социалисттик улутунун кебелбес негиздеринин бири болуп саналат.

Көп сандаган кыргыз интеллигенциясынын катарында инженерлер, техниктер, агрономдор, дарыгерлер, сүрөтчүлөр, жазуучулар, артисттер,

мугалимдер, окумуштуулар бар, алардын ичинде аялдар көп. Коммунисттик партиянын жетекчилиги астында партиялык жана советтик кызматкерлердин, мамлекеттик ишмерлердин, чарбачылардын көп сандаган улуттук кадрлары даярдалды.

Азыркы убактагы кыргыз коомунун коомдук турмушун бай-манаптардын жана чиновниктердин төбөлдөрүнүн чексиз бийлигине жана катардагы малчылардын жана дыйкандардын көпчүлүгүнүн укуксуздугуна негизделген кыргыз айылынын бир түрдүү жана илең-салаң өткөн мурунку турмушу менен салыштыруу өтө кыйын. Кыргызстандын шаарларында, айылдарында жана кыштактарында коомдук турмуш көп түрдүү, мазмундуу, жаңы мамилелерге жык толгон. Ал шериктештиктин жана өз ара жардамдашуунун принциптерине негизденген, коомдук чарбанын жана эмгектин таламдары менен тыгыз айкалышкан, бүткүл Советтер Союзунун коомдук-саясий турмушу менен көп жагынан байланышкан. Кыргызстанда бүткүл коомдук турмуштун жетекчиси жана уюштуруучусу, XXII съездге карата (1961-жыл) өзүнүн катарына 68 миңден ашуун адамды бириктирген Коммунисттик партия болуп саналат.

Эмгекчилер депутаттарынын Советтери калкты коомдук турмушка активдүү катышууга тартып жатат. Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин жана жергиликтүү Советтердин сессиялары коомдук чарбанын, эмгекчилерди, маданий-турмуш-тиричилик жактан тейлөөнүн эң зарыл маселелерин талкуулап жатат. Жергиликтүү Советтердин 15 миңден ашуун депутаты жана көп миңдеген активисттер бардык советтик уюмдардын иш аракетин жакшыртууда иштеп жаткан туруктуу комиссияларга катышып жатышат. Советтик демократияны андан ары өнүктүрүү максатында республиканын Советтериндеги депутаттардын саны 1959-жылы 2 миңден ашуунга көбөйтүлдү. Советтерге шайлоолор дайыма элдик чоң майрам катары өтөт.

Кыргызстандын эмгекчилеринин коомдук активдүүлүгү жөнүндө КПССтин жаңы Программасынын долбоорун талкуулоого арналган шаардык жана райондук партиялык конференцияларга, партиялык ачык чогулуштарга жана эмгекчилердин чогулуштарына 435 миңден ашуун адам катышкандыгы далилдеп отурат. Миңдеген коммунисттер жана партияда жоктор өздөрүнүн пикирлери жана сунуштары менен чогулуштарда сөз сүйлөштү жана басма сөзгө чыгышты.

Чарбалык иштерди коллективдүү башкарууда жумушчулардын чогулуштары жана ишканалардагы өндүрүштүк кеңешмелер, колхозчулардын жалпы чогулуштары зор роль ойноп жатат.

Өзүнүн катарында 150 миңге жакын уландары жана кыздары бар Кыргызстандын Коммунисттик жаштар Союзу кыргыз жаштарынын таанылган жетекчиси болуп саналат. Анын иш аракети көптөгөн даңктуу иштер менен белгилүү болду. Анын жетекчилиги астында комсомолдордун жана жаштардын айыл чарбасынын алдыңкы тармагы — мал чарбачылыгына массалык өтүшү үчүн кыймыл кеңири жайылды.

Кыргызстандын профсоюздук уюмдары жүздөгөн миң мүчөнү бириктирип турат. Профсоюздардын ишкердүү катышуусу менен эмгекчилер жети жылдык пландын мөөнөтүнөн мурда аткарылышы үчүн мелдешүүдө. КПССтин XXI съездин чакырууга байланыштуу келип чыккан азыркы убактагы эң сонун окуя — коммунисттик эмгектин коллективдери жана эпкиндүүлөрү деген наам үчүн кыймыл 75 миңден ашуун эмгекчини кучагына алды. 1961- жылдын ортосунда

бул ардактуу наам үчүн 3 миңге жакын коллектив күрөшүп, 609 коллектив аны жеңип алды.

Коомдук эмгек адамдарды алардын мурунку уруулук таандуулугуна, алардын улутуна карабастан баш коштурду. Уруулук жана уруктук аң-сезим эчак эле улуттук аң-сезимге ордун бошотуп берди. Биринчи орунду белгилүү эмгектик коллективге таандык болушунун сезими ээледи.

Бирок кыргыздардын улуу муунунун эсинен бул же тигил урууга таандык экендиги жөнүндө, өзүнүн үй-бүлөлүк-туушкандык тобунун жана үй-бүлөсүнүн генеалогиясы жөнүндө түшүнүк али жоголо элек. Бул түшүнүк, адетте, коомдук турмушта эми кандайдыр-бир роль ойнобойт, бирок кээде туушкандык үй-бүлөлөрдүн чектеринде — бир атанын балдарынан байкалат. Элдик салт мүнөзүндө болгон, мындай топтун ичинде өз ара жардамдашуу кээде үй-бүлөлүктүн жана бир-бирин колдоонун кырдаалын түзүү үчүн ак ниетсиздик максатты көздөгөн адамдар жагынан пайдаланылып жатат, мунун өзү коомдук таламдарга кандайдыр-бир зыянын тийгизет. Үйлөнүү, сөөк коюу дагы ушул сыяктуу учурлар боюнча топтун мүчөсүнө коллективдүү жардам көрсөтүү түрүндө байкалган тууган-туушкан үй-бүлөлөрдүн топторунун мүчөлөрүнүн тилектештиги «туушкандык биримдиктин» артта калган жана азыр зыяндуу идеологиясына таянат. Жаштардын көпчүлүгү мурунку уруулук бөлүнүш жөнүндө эскерүүлөргө байланыштуу патриархалдык-уруулук калдыктарды колдошпойт.

Кыргыз ССРинде, СССРдин башка боордош республикаларындай эле мамлекеттик жана коомдук түзүлүштүн негизи элдердин достугунун идеологиясы болуп саналат. Ал республиканын эмгекчилеринин бүткүл өндүрүштүк, коомдук жана рухий турмушуна терең сиңген. Революцияга чейинки мезгилде кыргыз элинин орус. жана башка элдер менен чыныгы достугунун жолунда орус падышачылыгы жана кыргыз феодалдары менен байлары турса, азыр Совет бийлигинин жылдарында достуктун өнүгүшү үчүн эч кандай бөгөт калбай калганда, ал кеңири жана көп түрдүү формаларга ээ болду

Ишканаларда, колхоздордо, мекемелерде, институттарда, жогорку окуу жайларында Кыргызстанда жашаган бардык улуттардын өкүлдөрү окуп жатышат жана Мекенибиздин жыргалчылыгы үчүн кол кармашып эмгектенип жатышат. Көп улуттуу колхоздор — Кыргызстандын түндүгүндө да, түштүгүндө да көп жолугуучу көрүнүш. Ош областынын Кара-Суу районундагы «Кызыл-Шарк» айыл чарба артелинин колхозчуларынын арасында он эки улуттун өкүлдөрү: дунгандар, кыргыздар, өзбектер, орустар, тажиктер, уйгурлар, корейлер, ж.б. бар. Бул колхозду жакынкы убакка чейин Социалисттик Эмгектин эки жолку Баатыры дунган Таширов башкарып келген.

Бардык мамлекеттик, партиялык жана башка коомдук уюмдардын иш аракетинде Кыргызстандын калкынын көп улуттуу тутуму дайыма эске алынат.

Бийлик органдарында бардык улуттардын депутат өкүлдөрү бар. IV шайланган Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин тутумунда 13 улуттун өкүлү болгон. 329 депутаттын ичинен кыргыздар 52,8%ти, орустар 25,2%ти, украиндер 9,4%ти, өзбектер 5,4%ти түзгөн. Кыргызстандын жергиликтүү Советтеринде 36 улуттун депутаттары бар, анын ичинде кыргыздар 55,5 %.

Республикада болгон кандайдыр-бир улуттун кызыкчылыктарын кемсинтүүгө жол бербөө үчүн бардык зарыл нерселер жасалып жатат. Партиялык уюмдар эмгекчилерди социалисттик интернационализмдин, улуттарды жакындаштыруунун духунда тарбиялап жатат.

Коомдук турмуштагы зор окуя Фрунзе жана Пржевальск шаарларынын имподромдорунда, ошондой эле башка пункттарда ат-спорт майрамдарынын жылына бир канча жолу өткөрүлүшү болуп саналат, булардын программасына сөзсүз эл өтө жакшы көргөн улуттук оюндар жана мелдештер киргизилет. Аларга, адетте, элдик баатырлардын мелдештери (күрөш), ат үстүндө күрөш (оодарыш), уландардын жана кыздардын жарыштары (кыз куумай) кирет. 1959-жылы Пржевальскидеги жаңы жылдык майрамда бул чабышта жеңишке орус чабандеси — студентка Валя Гребенгцикова жетишкендигин белгилей кетүү кызык. Ошондой эле аркан тартыш боюнча мелдеш өткөрүлөт. Асыл тукум жылкылардын чабышынан кийин колхоздордун аттарынын катышуусу менен жалпы чабыш — 8—10 кмга чейин аралыкка ат чабыш же аламан байге уюштурулат, булардын чабандестери катары адетте 10—12 жаш курактагы өспүрүм балдар чыгышат. Кээде кыздар катышкан ат чабыштар өткөрүлөт. Жигиттер өздөрүнүн шамдагайлыгын тыйын эңмей мелдешинде да көрсөтүшот, мунун убагында атчан чаап баратып жерде жаткан тыйынды эңип кетиши керек. Эң акырында, корутундусунда адетте чоң спорттук ышкыбоздук менен өтүүчү улак тартыш өткөрүлөт. Бул майрамдарга дайыма көп миңдеген көрүүчүлөр катышып, мелдештердин жана оюндардын бардык окуяларын зор кызыгуу менен карай турушат.

Фрунзе шаарында кээде жергиликтүү өнөр жай ишканалары чыгарган улуттук турмуш-тиричилик буюмдарынын көргөзмөлөрү уюштурулат. Бул ар башка түстөгү аялдардын улуттук көйнөктөрү, эркектердин кийими (чапан, чепкен, бешмант). Мындан тышкары кийим тигүүчү ишканалар чийбаркыттан жана тукабадан аялдардын кийимдерин чыгарышат. Баш кийимдер фабрикасы эркектердин улуттук баш кийимдерин (калпак, топу) чыгарууну өздөштүргөн. Бут кийимдин улуттук түрлөрү да чыгарылат. Мындай товарларды сатуу үчүн Фрунзе шаарында улуттук буюмдар дүкөнү ачылган. Анда туш кийиздерди, жергиликтүү табитке ылайык гүлдүү кездемелерди, улуттук оймо-чиймеси бар жоолуктарды ж.б. сатышат. Жалал-Абаддагы металл куюу-механикалык заводу жергиликтүү формадагы алюминий идиштерди — кумгандарды чыгарууну баштады. Шаарларда жылкы эти жана кымыз сыяктуу улуттук азыктарды сатуу жөнгө салынып жатат.

Кыргызстанда гезиттер жана адабияттар басылын чыгууда, орус, дунган жана өзбек тилдеринде радио берүүлөр уюштурулат, лекциялар да ар башка тилдерде окулат; Ош шаарында көрүнүктүү актриса Таджихон Хасанова катышкан эң эски өзбек музыкалык драма театры иштеп жатат, анда кыргыз драматургдарынын пьесалары да коюлат, кыргыз жаштарынын турмуш-тиричилигине өзбек бийлери кеңири кирди. Өздүк чыгармачылык уйгур ансамбли жана хору, дунгандардын элдик аспаптар ансамбли кеңири белгилүү. Кыргызстанда, башка республикалардай эле улуттардын жакындашуусунун мыйзам ченемдүү процесси жүрүп жатат. Кыргыз элинин маданияты боордош эддердин маданияттарынын элементтерин өзүнө камтып, алар менен жакындашуунун жолу боюнча өнүгүүдө. Мына ушуга байланыштуу эне тили менен катар орус тилин үйрөнүү улам барган сайын кеңири өлчөмгө ээ болууда. Ал кыргыздар үчүн экинчи эне тили болуп калды.

Социализмди куруунун жана биргелешкен эмгектин негизинде өсүп чыккан Советтик Кыргызстандын элдеринин моралдык-саясий биримдиги СССР жана Кыргыз ССР Жогорку Советтерине, жергиликтүү Советтерге шайлолордун убагында жапырт добуш берүүдөн бир канча жолу айкын көрүндү.

Кыргызстанда коомдук өнүгүүнүн маанилүү фактору Кыргызстан менен башка боордош республикалардын ортосундагы бузулбас достук, тыкыс экономикалык байланыштар, кызматташтык жана өз ара жардамдашуу болуп саналат. Көп жылдардан бери республиканын эмгекчилери Өзбекстандын, Тажикстандын, Казакстандын жана Арменияның эмгекчилери менен социалисттик мелдешке катышып жатат. Кыргызстандын делегациясы алдыңкы тажрыйбаны үйрөнүү максаты менен башка республикаларга, ошондой эле Москвага, Ленинградга барып турат. Кыргызстан өз кезегинде боордош элдердин өкүлдөрүн өзүндө кабыл алып жатат. Бул же тигил маанилүү даталарга, тарыхый окуяларга, съезддерге байланыштуу боордош республикалар менен делегацияларды алмашуу дайыма болуп турат. Кыргыз делегациясы Украинанын Орусия менен кайра кошулушунун 300 жылдыгына байланыштуу салтанаттарга катышты, Казак ССРинин, Өзбек ССРинин жана Тажик ССРинин делегациялары бардык кыргыз эли менен бирдикте республикага Ленин орденин тапшырууга байланыштуу салтанаттарга (1957-жыл) катышты.

Адабият жана искусство жагынан өз ара байланыштар кеңири жана көп түрдүү. 1956—1960-жылдардын ичинде боордош республиканын 14 улутунун авторлорунун 200 дөн ашуун китеби жалпы тиражы 600 миңге жакын нускада кыргыз тилине которулду жана басылып чыкты. СССРдин элдеринин көп тилинде кыргыз жазуучуларынын чыгармалары басылып чыгууда.

Акыркы убакта маданий байланыштардын жаңы формасы — республикалардын искусствосунун жана адабиятынын жумалыгын өткөрүү кеңири таанууга ээ болду- 1959-жылы Кыргызстанда Казакстандын адабият жана искусство жумалыгы, Түркмөнстанда кыргыз адабиятынын жумалыгы өткөрүлдү-1960-жылы Кыргызстанда түркмөн адабиятынын жумалыгы жана өзбек искусствосунун жумалыгы, ал эми Өзбекстанда кыргыз искусствосунун жумалыгы, 1962-жылы Кыргызстанда орус адабиятынын декадасы болду.

Кыргызстандын театрларында көп республикалардын драматургдарынын пьесалары жүрүп жатат. Кыргызстандын жана коңшулаш республикалардын театр коллективдеринин өз ара гастролдору салтка айланды, буга коомчулук өзгөрүүсүз кызуу кызыкчылык көрсөтүп жатат. 1959-жылы Алма-Атада кыргыз сүрөтчүлөрүнүн чыгармаларынын чоң көргөзмөсү ачылды. 1939-жылы жана 1958-жылы Москвада өткөрүлгөн кыргыз искусствосунун жана адабиятынын декадалары зор коомдук мааниге ээ болду.

Воронеж областындагы алыскы Селявное кыштагын Улуу Ата мекендик согуштун убагында ушул кыштакка жакын жерде каза болгон кыргыз элинин даңктуу уулу, Советтер Союзунун Баатыры Чолпонбай Түлөбердиев жөнүндө эстелик катары Түлөбердиево кыштагы деп кайра атоо достуктун жана боордоштуктун көрүнүшү болуп саналат. 1958-жылы жердешин эскерип урмат көрсөтүү үчүн ал жакка Кыргызстандын Киров районунун эмгекчилеринин делегациясы барып келди. Делегация абдан жылуу кабыл алынды.

Кыргыз элинин социалисттик жана башка дос өлкөлөрдүн эддери менен көп түрдүү интернационалдык байланыштары улам барган сайын кеңейүүдө. Бул байланыштардын терең тамырлары бар. Эмгекчилердин интернационалдык тилектештигинин өтө айкын көрүнүштөрүнүн бири 1925-жылы Фрунзе шаарына жакын жерде «Интергельпо» («Өз ара жардам») интернационаддык кооперативдик шериктештигин уюштурган чехословакиялык жана венгердик жумушчулардын чоң тобунун Кыргызстанга көчүп келиши болду, бул шериктештик республиканы индустриялаштырууда маанилүү роль ойноду.

Кооперативдин мүчөлөрү 14 улуттун жумушчуларынан, анын ичинде кыргыздардан да турган. «Интергельпонун» ишканаларында жергиликтүү улуттардан дасыккан кадрлар даярдалган. Эң ири революциячыл жана демократиялык ишмерлерди көтөрүп чыккан элдерге карата кыргыз эмгекчилеринин достук сезими Тянь-Шандын тоо кыркаларында альпинисттер жаңыдан ачкан чокуларга Георгий Димитровдун, Эрнст Тельмандын, Юлиус Фучиктин, Манолис Глезостун ысымдарын ыйгаруудан байкалды. Кыргызстанга бир канча жолу келген Ю. Фучиктин ысмы менен Фрунзе шаарындагы көчө жана чоң парк аталды.

Акыркы жылдардын ичинде Кыргызстанга көп өлкөлөрдүн, өзгөчө Азиянын социалисттик өлкөлөрүнүн делегациялары келип кетишти. Коомдук ишмерлердин, илимдин, адабияттын жана искусствонун ишмерлеринин делегациялары менен туруктуу алмашуусу болуп жатат. Индияга жазуучулар Т. Сыдыкбеков, Т. Үмөталиев, А. Токтомушов, белгилүү артистка Бакен Кыдыкеева барып келишти, кийинкиси советтик кинофильмдердин фестивалына катышып, ал жерде артистка башкы ролду аткарган «Салтанат» фильми да көрсөтүлдү. Кыргыз элинин жаңы турмушу жөнүндө баяндаган «Салтанат» фильми Англиядагы жана Франциядагы фестивалдардын убагында да көрсөтүлгөн. Кыргызстандын эл акыны Аалы Токомбаев, сүрөтчү А.Усубалиев Кытайга барып келишти. Кыргызстанга КЭРдин коңшулаш Синьцзян-Уйгур автономиялуу районунун искусство жана маданият ишмерлеринин делегациясы келип кетти, ал эми мунун алдында Синьцзянда Кыргызстандын искусство кызматкерлери мейманда болушту. Алар ошондой эле Монголияга, Индияга, Индонезияга, Германия Демократиялык Республикасына, Бириккен Араб Республикасына барып келишти. Чет өлкөлөрдүн искусство ишмерлерин Кыргызстанда кызуу меймандостук менен тосуп алууда.

Социалисттик өлкөлөрдүн, ошондой эле Индиянын, Ирактын, Алжирдин, Ооганстандын, Япониянын, Камбоджанын жана чыгыштын башка өлкөлөрүнүн жазуучуларынын көптөгөн чыгармалары кыргыз тилинде басылып чыккан. Ошол эле убакта кыргыз жазуучуларынын, журналисттеринин, окумуштууларынын чыгармалары КЭРде, Чехославакияда жана элдик демократиянын башка өлкөлөрүндө жарыяланган.

Чет өлкөлөрдүн элдери менен достуктун тереңдешине жаштардын бүткүл дүйнөлүк жолугушууларына кыргыз жаштарынын катышуусу көмөк көрсөттү. Москвадагы жаштардын жана студенттердин VI Бүткүл дүйнөлүк фестивалында Кыргызстандын делегациясынын тутумунда 350 адам болгон. Кыргыз делегациясы Индиянын, Камбоджанын, Лаостун, Монголиянын, Чехословакиянын, Финляндиянын жаштарынын өкүлдөрү менен жолугушту. Эл ырларын аткаруучу Жапар Чабалдаев лауреаттын алтын медалы менен, сегиз адамдан турган комузчулардын студенттик ансамбли күмүш медаль менен, атактуу обончу жана комузчу Атай Огонбаевдин жээни жана окуучусу комузчу Мээркан Козубекова коло медаль менен сыйланды. Башка фестивалдардын лауреаттары белгилүү бийчи Бүбүсара Бейшеналиева, ырчы Салима Бекмуратова, ар жактуу шыктуу артист Асек Жумабаев болуп саналышат.

Кыргызстанда Чет өлкөлөр менен достук жана маданий байланыштар коому, советтик-кытайлык достук коомунун бөлүмү түзүлгөн. Чет өлкөлөрдүн элдери менен интернационалдык байланыштар жана достук элдер ортосундагы тынчтыктын ишин чыңдап жатат. Тынчтыкты жактоочулардын кыймылы,

тынчтык үчүн күрөш Кыргызстанда эмгекчи массалардын кызуу колдоосуна ээ болуп жатат.

Жаштардын областтык жана республикалык фестивалдары, спартакиадалар сыяктуу окуялар кеңири коомдук пикирге ээ болуп жатат. Адетте жаштар фестивалга карата эмгектик белектерди даярдашат, спорттук аянтчаларды курушат, клубдарды оңдошот, дарактарды тигишет. Бул фестивалдарда республиканын ар түрдүү областтарынын жана райондорунун, ар түрдүү улуттардын жаштары аралашат, аларга башка союздук республикалардын меймандары да катышат. Көптөгөн көркөм ансамблдер бир канча улуттун өкүлдөрүнөн турат. Орус уландары жана кыздары, ошондой эле көп улуттуу хорлор кыргыз ырларын аткарышат, кыргыздар украина ырларын ырдап, кыргыз кыздары озбек бийлерин аткарышат. Концерттер, мелдештер, оюндар, фестивалдардын музыкасы кыштактар менен шаарлардын жүз миңдеген тургундарын өзүнө тартып турат. Спартакиадалар, өзгөчо спорттун улуттук түрлөрү боюнча спартакиадалар, боордош республикалардын спортсмендери менен жолугушуулар, ар башка олкөлөрдүн делегациялары менен эл аралык спорттук жолугушуулар ушундай эле мааниге ээ болот.

Кыргызстандын коомдук турмушундагы маанилүү көрүнүштөрдүн катарына эмгекке жарамсыз деп эсептелген жана эс алууда жүргөн карыя колхозчулардын өтө кызуу жүрүп жаткан айыл чарба жумуштарына коомдук эмгеги менен кеңири катышып жатышкандыгын, Тянь-Шань областынын Ат- Башы жана Кочкор райондорунун эмгекчилеринин саамалыгы боюнча колхозчулардын күчү жана колхоздордун каражаты менен маданий-турмуш- тиричилик мекемелерин демилге боюнча куруп жатышкандыгын, өндүрүштүк коллективдердин оң тажрыйбалары менен алмашуунун ар кандай формаларын таандык кылууга болот. Ушул эле максатка эл чарбасынын жетишкендиктеринин республикалык көргөзмөсүно экскурсиялардын агылып келип жаткандыгы кызмат кылат.

Кыргызстанда салт болуп калган Малчынын күнү өзүнчө шаңдуулук менен өткөрүлөт. Мурда деле малчылардын жайкы жайыттарга көчүшү салтанаттуу күн катары белгиленген. Бирок ал айрым майда чарбалар тарабынан же көчкөндөрдүн чакан топторунун чектеринде өткөрүлгөн. Азыр Малчынын күнүнүн таптакыр башка милдети бар жана кеңири коомдук мүнөзгө ээ болгон. Бул күн малчылардын ишин кароо сыяктуу өтөт, алар жаңы социалисттик милдеттенмелерди алышат. Ушул күндөн баштап коомдук малды жайкысын семиртүү, жогорку салмак жана көбүрөөк сүт саап алуу үчүн күрөштүн мезгили башталат. Жайкысын Чүй өрөөнүнүн колхоздору менен совхоздоруна таандык болгон миллионго чейин кой, жылкы, бодо мал, төө, чочко жайылган Суусамыр өрөөнүндө Малчынын күнүндө Каракол дарыясынын жээгине 4 миңден ашуун чабан, жылкычы, койчу, саанчы, чочко багуучу чогулат. Официалдуу бөлүгүнөн кийин улуттук оюндар, күрөш, ат чабыштар өткөрүлөт. Күндүн калган убагын малчылар кымыз ичип отуруп узакка баарлашуу менен өткөрүшөт. Ушундай эле майрамдар Кенес-Анархай, Арпа сыяктуу чоң жайлоолордо өткөрүлөт. Көп учурда ушул эле жерде өтмө Кызыл туулар тапшырылат. Малчылардын алдында шаардан келген артисттер оюн көрсөтүшөт, ушул эле жерде үйлөмө аспаптар оркестри, улуттук обондор жаңырат.

Кыргызстан үчүн, ошондой эле Советтик Чыгыштын башка республикалары үчүн да өткөндө аялдардын эзилген, укуксуз абалы мүнөздүү болгон. Кыргыз аялдарынын коомдук абалында болуп өткөн терең өзгөрүүлөр, алардын коомдук-өндүрүштүк эмгекке тартылышынын түздөн-түз натыйжасы болду Кыргыз

аялдарынын чыныгы эркиндикке чыгышы үчүн күрөштө алдыңкы орус аялдары маанилүү роль ойноду. Азыр кыргыз аялдары коммунисттик курулуштун активдүү катышуучулары болуп саналат. Республикада жумушчулардын жана кызматчылардын арасында аялдар 41%ти, колхоздук өндүрүштө — 52% ти түзөт. Революцияга чейин Кыргызстанда сабаттуу аялдардын саны ондогон адамга гана жеткен. Ал түгүл 1926-жылы алар бар болгону 7,4%ти түзгөн. 1959-жылы аялдардын 97%и сабаттуу болгон. Азыр мугалимдердин 55%и аялдар, алар ошондой эле медициналык кызматкерлердин 85%ин түзөт. Жогорку жана атайын орто окуу жайларында миңдеген кыргыз кыздары

окуп жатат. Кыргызстанда миңге жакын аялдар — илимий кызматкерлер, алардын ичинен 150 дөн ашууну — илимдин докторлору жана кандидаттары. Бир канча ондогон кыргыз аялдарынын илимий даражалары бар. Республикада медиктер В. А. Исабаеванын, К. Рыскулованын, адабиятчы Б. Керимжанованын ысымдары жакшы белгилүү. Кыргызстандын 36 миңден ашуун аялдарынын жогорку жана атайын орто билими бар, алардын ичинен 5,6 миңи кыргыз айддары. Алгачкы инженер-кыргыз аялдары да пайда болду.

Кыргыз акындары Сатин Абдукаримова менен Субайылда Абдыкадырова кеңири белгидүү болуп калышты.

Кыргызстанда көптөгөн коомдук ишмер аялдар бар. 1961-жылы 39 аял партиянын шаардык жана райондук комитеттеринин секратарлары болуп иштеген. Кыргыз ССРинен шайланган СССР Жогорку Советинин депутаттарынын тутумунда 10 аял бар, республиканын Жогорку Советинин тутумунда 111 аял, жергиликтүү Советтердин депутаттарынын арасында 7 миң аял бар. Беш кыргыз аял эмгекчилер депутаттарынын шаардык жана райондук Советтеринин аткаруу комитеттерине башчылык кылышат. 6 миңден ашуун аял звенолорго, бригадаларга., мал чарба фермаларына, колхоздорго жетекчилик кылышат. Тогуз аял министр жана министрлердин орунбасарлары болуп иштешет, алардын арасында маданият министри Күлүйпа Кондучалова жана социалдык камсыздоо министри Батыш Салиева бар.

Өздөрүнүн эмгектеги ийгиликтери менен С. Батманкулова, жип ийрүү фабрикасында коммунисттик эмгек үчүн кыймылдын баштоочуларынын бири, «Октябрдын 40 жылдыгы» кийим тигүү фабрикасында В.Гаганованын жолун жолдоочу Алима. Усуиова сыяктуу кыргыз аялдары коомдук таанууну жеңип алышты. Мекендин алдында эң көрүнүктүү сиңирген эмгеги үчүн 6 миңден ашуун аял ордендер жана медалдар менен сыйланды, 49 аялга Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам ыйгарылды, алардын ичинде — көрүнүктүү кызылча өстүрүүчү, Ата мекендик согуштун баатыры Дүйшөнкул Шопоковдун жесири Керимбүбү Шопокова, «Кочкор» совхозунун даңктуу чабаны, республиканын Жогорку Советинин депутаты, Баатыр Эне наамынын ээси (ал 12 бала тарбиялап өстүргөн) Телегей Сагынбаева бар. Баатыр Эне деген жогорку наамга Кыргызстандын 850дөн ашуун аялдары татыктуу болгон.

Республиканын коомчулугу партиялык уюмдардын жетекчилиги астында аялга карата феодалдык-байлык мамиленин көрүнүштөрүнө, жашы жете элек кыздарды турмушка берүү жана аларды окуусунан ажыратуу, кыздарды калың үчүн сатуу, кыздарды ала качуу, республиканын айрым райондорунда кээде жолугуп жаткан көп аял алуу сыяктуу өткөндүн маскаралык калдыктарына каршы аёосуз күрөш жүргүзүп жатат. Бул күрөштө ардактуу роль шаарларда, ишканаларда, колхоздордо жана совхоздордо түзүлгөн аялдардын коомдук

советтерине таандык. Алардын контролдугу астында балдар мекемелеринин, турмуш-тиричилик ишканаларынын иши да турат.

Кыргыз калкынын турмуш-тиричилигине Улуу Октябрь социалисттик революциясынын жылдыктарын жана 1-Май Күнүн майрамдоо кирген. Шаарлар менен кыштактардын тургундары революциялык майрамдарды салтанаттуу заседаниелерге жана демонстрацияларга катышуу менен гана эмес, коллективдүү кечелерди уюштуруу жолу менен да белгилеп жатышат. Колхоздордо топтошуп алып тамак менен сыйлоо, бир-бирине мейманга баруу салт болуп калган. Дегеле кыргыздарда меймандостук салты кеңири өнүккөн, ал эски салт боюнча иш боюнча келген айрым адамдарга, ардактуу меймандарга гана эмес, өздөрүнүн айылдаштарына, өз колхозунун мүчөлөрүнө кокусунан келип калган адамдарга да таркатылат.

Жаңы жылды тосуп алуу — шаардык үй-бүлөлөрдөгү адеттеги көрүнүш, бирок айылдарда ал али жалпы салт болуп кала элек. Бул жерде Жаңы жылды тосуп алууга айылдык интеллигенциянын топтору гана чогулат. Салтанаттуу кечелер жана балатылар кыргыз, ошондой эле орус мектептеринде уюштурулат.

Өзүнүн мурунку маанисин жоготкон диний майрамдар бир аз, өзгөчө түштүк Кыргызстанда, бирок негизинен улуу муундагы адамдар тарабынан али белгиленет. Мусулмандык орозону кыргыз калкынын көпчүлүк бөлүгү сактабайт, бирок динге ишенгендер орозо айтты майрамдашат. Мүмкүнчүлүгүнө жараша алар курман айт майрамын да белгилешет. Бул майрамдардын убагында мусулман дин кызматкерлери динге ишенгендерден мечиттердин пайдасына садага чогултуп алышат.

Айыл жерлеринде тамак берүү менен чогулушуунун салт болуп калган түрлөрү али сакталып калууда. Ага баарыдан мурда жоро-бозо жана шерине таандык. Жоро-бозо бул адетте кыш мезгилинде бозо менен сыйлоо үчүн кезектешип чогулуу. Бул чогулууга адетте бирдей курактагы эркектер жана аялдар биригет. Кээ бир топтор 30—40 катышуучудан турат. Башкы тамак бозо болот, бирок сый тамак катары боорсок бышырып, кээде эт менен коноктошот. Чогулгандар өздөрүнөн бирөөнү сый тамактын уюштуруучусу катары шайлап алышат (аны бий деп аташат). Эрке бала деп аталган экинчи катышуучуга оюндарды жана шаан-шөкөттөрдү уюштуруу тапшырылат.

Шерине — жайкысын чогулуп алып тамактануу бир аз башкача өткөрүлөт. Алар бир кыйла сейрек уюштурулат, анткени ар бир катышуучу калгандарын сыйлоо үчүн козу союуга тийиш. Шеринеге катышууга азыр аялдарга да жол берилген, мурда аларга уруксат берилген эмес. Шеринени уюштуруу айыл чарба жумуштары кызуу жүрүп жаткан мезгилге туш келет, ошондуктан бул салт анчалык колдоого жана жактырууга ээ болбой жатат.

Кээде шеринени жайлоолордо коңшулаш мал багып жүргөн малчылар уюштурат.

## *Үй-бүлө жана нике*

Өткөн заманда кыргыздардын үй-бүлөлүк-никелик мамилелери патриархалдык-феодалдык мамилелерге тыгыз байланыштуу болгон. Үй-бүлөнүн үстөмдүк кылуучу формасы жеке (чакан) үй-бүлө болгон. Бирок ал али да болсо өзүнөн мурдагы форманы — патриархалдык үй-бүлөнүн көп белгилерин сактап калган жана үй-бүлөнүн бирден-бир формасы болуп саналган эмес.

XIX кылымда чакан үй-бүлө менен катар кыргыздарда сырт жагынан караганда патриархалдык үй-бүлөлүк жамааттардын көп белгилерин сактап

калган бөлүнбөгөн чоң үй-бүлөлөрдүн көп саны жашоосун уланта бергендиги жөнүндө ишенимдүү маалыматтар бар, мындай үй-бүлөлөрдүн ыдырашы эчак эле башталган. Алар жалпы үй чарбасы менен жашаган үч муун- дагы жана андан да ашуун тууган туушкандардан турган; мындай үй- бүлөлөрдүн мүчөлөрүнүн саны бир канча ондогон адамга жеткен. Мал жалпы үй-бүлөлүк мүлк деп эсептелип, тамак-аштын запастары, ошондой эле тамактануу жалпы болгон.

Чоң үй-бүлөнүн мындай формасынын сакталып калышы мүлктүк теңсиздиктин өсүшү менен байланыштуу. Үй-бүлөлүк менчиктин өнүгүшү, анын топтолушу ири чарбаны жумушчу күчү менен толуктоону талап кылган. Натуралай чарбанын үстөмдүгүнүн шарттарында жумушчу күчүн жалдоо, албетте, кандайдыр-бир таркоого ээ боло алган эмес. Жумушчу күчү жагынан

керектөөнү XIX кылымдын али биринчи жарымында болгон патриархалдык кулчулук да толук өлчөмдө канааттандыра алган эмес. Албетте, мындай шарттарда ири чарбаларда үй-бүлөлүк кооперация зор мааниге ээ болгон. Экономикалык жактан чоң бөлүнбөгөн үй-бүлөлөр, адетте, бир кыйла оокаттуу болгондугу кокусунан эмес, толук мыйзам ченемдүү.

Натуралай чарбанын ыдырашы жана анын товардуулугунун өсүшү, өзгөчө кыргыз айылына капиталисттик мамилелердин кире баштагандыгына байланыштуу чоң үй-бүлөлүү жамааттардын андан ары кулашына алып келген. Бирок бул кулоо, адетте, чакан үй-бүлөлөрдүн толук бөлүнүп калгандыгы менен бүткөн эмес. Алар туушкан үй-бүлөлөрдүн топторун түзүшүп, аларды барыдан мурда үчүнчү -төртүнчү, ал эми сейрек учурда бешинчи муундагы жалпы ата-бабадан келип чыккандыгын түшүнүү бириктирген. Мындай топтордун ичин-деги үй-бүлөлөрдүн ортосунда тыгыз чарбалык, турмуш-тиричиликтик жана идеологиялык байланыштар сакталып калган. Бул топтор үчүн калың төлөөдө, сөөк коюуга жана аш берүүгө байланыштуу чыгымдарда тууган-туушкандарынын материалдык жардам көрсөтүү салты мүнөздүү болгон. Жакын туушкандарын көмүү үчүн күмбөз курулуштарынын өзгөчө тиби болгон.

Адетте чакан үй-бүлө үй ээсинен, анын аялынан жана балдарынан, кээде анын ата-энелеринен турган. Көп аял алуу негизинен манаптарда жана дегеле бай жана оокаттуу үй-бүлөлөрдө таркалган; кедей үй-бүлөлөр, адетте, моногамдуу болушкан. Байлардын чарбаларында көп аял алуу көп учурда аялдардын эмгегин эксплуатациялоонун өзүнчө бир формасы болгон.

Никеге туруунун алдында кудалоо деген болгон. Бул салт боюнча жаңыдан эле төрөлгөн балдарга куда түшүшүп, кээде көз жара элек балдарды кудалашуу да болгон. Бул салт камсыз болгон үй-бүлөлөр үчүн мүнөздүү. Өлгөн күйөөсүнүн жесирин кайнисине алып берүү жана аялы өлгөн жесирге анын балдызын алып берүү сыяктуу никенин формалары кеңири тараган. Кембагалдардын арасында калың төлөбөстөн карындаштарын же жакын тууган кыздары менен алмашып үйлөнүүнүн формалары да жолуккан. Эң акырында, кээде кыздарды ала качуу да болгон. Көп учурда ал кыздын макулдугу менен жасалган. Кызды ала качып кетүү калың төлөөдөн бошоткон эмес.

Көп учурда нике кыз менен уландын ата-энелеринин ортосундагы бүтүм мүнөзүндө болгон, мунун негизин колукту үчүн калың төлөө түзгөн. Адетте, улан менен кыздын никеге турууга макулдугу талап кылынган эмес. Никеге туруунун милдеттүү шарты болуп саналган калың төлөө калктын жакыр катмарлары, жалданма койчулар жана кембагалдар үчүн өтө оор болгон. Кээде кембагалдар ушунун кесепетинен никесиз өтүп кеткен. Ал түгүл орточо оокаттуу үй-бүлөлөрдө калың төлөө күйөө бала таандык болгон бүткүл үй- бүлөлүк-

туушкандык топтун иши болгон. Калыңдын өлчөмү ар түрлүү болуп, ал күйөө баланын жана колуктунун үй-бүлөсүнүн байлыгына жараша болгон. Калың кандайдыр-бир өлчөмдө сеп менен компенсацияланган, ага бай үй- бүлөлөрдө жаштар үчүн боз үй да кирген; адетте, сеп кийим-кечеден, жасалгадан, үй жасалгаларынан жана эмеректерден турган. Кээде колукту үчүн иштеп берүү практикаланган: күйөө бала бир канча жыл бою кыздын атасынын чарбасында эмгектенген.

Эрте никеге туруу адеттеги көрүнүш болгон. 13—15 жаштагы кыздарды күйөөгө беришкен. Ата-энелеринин күчү менен кээде жаш балдарды улгайган кыздарга үйлөндүрүшүп, ал эми 9—10 жаштагы кыздар карган чалдардын аялдары болуп калышкан.

Кыргыздарда экзогамия сакталып калган, бирок ал «муундук» мүнөздө болгон: мурда салт боюнча, атасы боюнча жети муундан ашкан туугандарынын

үй-бүлөсүнөн аял алууга уруксат берилген, бирок бул чектөө кээ бир жерлерде бара-бара жоюлган. Кыргыз үй-бүлөсүндө атасы боюнча туугандык гана чыныгы мааниге ээ болгон, бирок энелик укукка байланыштуу бир кыйла байыркы үй-бүлөлүк-никелик мамилелердин да кээ бир издери сакталып калган. Кыргыздарда бөлөсү, тайлары менен никеге туруу кеңири таркаган. Адабиятта (Н. П. Дыренкова) кыргыздарда бир жактуу бөлөлүк нике — энесинин бир тууганынын кызына үйлөнүү болуп келгендиги белгиленген. Чындыгында эле, энесинин туушкандары менен никеге турууга, анын ичинде эже-сиңдилердин балдары менен (бөлө) никелерине жана энесинин сиңдиси менен никеге турууга өзгөчө артыкчылык берилген. Бирок 1948-жылы эле кыргыздарда атасынын карындашынын кызына үйлөнүү болгондугу аныкталды. Мына ошентип, кыргыздарда кайчылаш-бөлөлүк нике болгон деп эсептөөгө болот. Ошону менен бирге Кыргызстандын түштүгүндөгү кээ бир урууларда атасы боюнча жакын туугандардын ортосундагы никелер болгон, мындан шариаттын таасирин көрбөй коюуга болбойт.

Энесинин туугандарынын арасынан анын бир тууганына (таеке) өзгөчө орун таандык кылынган, анын эжесинин балдарына (жээн) карата белгилүү укуктары жана милдеттери болгон. Жээн таекелери тарабынан өзгөчө урматталган. Күйөө баланын энесинин бир тууганы (таекеси) жана колуктунун энесинин бир тууганы үйлөнүү ырым-жырымында маанилүү роль ойношкон. Энесинин төркүндөрү жээндерине өзгөчө жакшы мамиле кылган. Үйлөнүү тойлорунун жана башка майрамдардын убагында мейман жээндерди өзгөчө топко бөлүп, алар үчүн атайын тамак тартышкан (жээн аяк), аларга белек беришкен. Муну менен катар жээн да бир кыйла укукка ээ болгон. Анын таекесинен белектерди алууга укугу кыргыздын «Жети жээн киргенче, жети бөрү кирсин» деген макалында чагылдырылып калган.

Левират жана сорорат салттарынан тышкары, кыргыздарда никенин байыркы формалары жөнүндө далилдеген башка салттар да болгон. Маселен, карыялар бир заманда кыргыздарда никеден сырткары ар кандай мамилелердин сакталып калгандыгы жөнүндө эскерүүнү сактап калышкан: кичүү иниси улуу агасынын аялы менен никеден тышкаркы мамиледе болууга укуктуу болгон. Мамилелердин мындай түрү моногамдык никеден мурдагы никенин өзгөчө формасынын калдыктары болуп саналат. Никеден сырткаркы мамилелердин мындай формаларын Алтайдын кээ бир элдеринен Л. П. Потапов байкаган. Кээ бир салттардан никенин эски калдыктары да айкын байкалган, бул үчүн матрилокалдык жашоо мүнөздүү болгон. Никеге чейин күйөө баланын

колуктусуна барып турушунун салты (күйөөлөө) ушундай салт болуп саналат. Колуктусунун атасынын айылында аны менен биринчи жолу көрүшкөндөн кийин күйөө бала колуктусунун улуу туушкандары менен гана жолугушуп калуудан качып, ал жакка ачыктан-ачык эле келе берген. Мындай көрүшүүлөрдө колуктунун жакын жеңелерине маанилүү роль таандык. Үйлөнүү тоюна чейинки мезгилде күйөө баланын колуктусуна барып турушу илгерки убакта эрди-катындык катнаштын, башкача айтканда никенин чыныгы башталышы катары болгон. Күйөө баланын келип турушу ар түрдүү ырым-жырымдар жана каадалар менен коштолгон. Түштүк Кыргызстанда жаш келиндин үйлөнүү тоюнан кийин атасынын үйүндө узак убакыт жашап калышынын каадалары болгон, ал жакка анын күйөөсү мезгил-мезгили менен гана келип турган. Жаш келиндин өзүнүн ата-энелерине барышынын (төркүлөө) салты да кеңири таркаган, келин үйлөнүү тоюнан кийин бир жыл өткөндө төркүлөп барган. Ата-энелеринде болуу кээде бир айга чейин созулган. Бул «үйүнө кайтуу» деген белгилүү салттын ар кандай түрлөрүнүн бири.

Кыргыздарда туугандыктын терминологиясында классификатордук системанын белгилери ушул убакка чейин сакталып калган. Ал терминдердин бир кыйла санын камтып, алардын ар бири адамдардын бүтүндөй тобуна таандык.

Кыргыз үй-бүлөсүндө мамилелер патриархалдык негизде курулган. Үй-бүлөнүн башчысы бүткүл мүлктүн жана өз балдарынын тагдырын башкаруучу деп эсептелген. Аялдардын үй-бүлөдөгү, ошондой эле коомдогу абалы толук укуктуу болгон эмес. Аялды өлтүргөндүк же майып кылгандык үчүн кун жарым өлчөмдө төлөнгөн. Аял сейрек учурда гана болбосо сотто күбө катары өтө алган эмес. Ал мүлктүк укукка ээ болгон эмес жана чындыгында мурастоо укугунан ажыратылган. Күйөөсү же атасы өлгөндөн кийин аял күйөөсүнүн туугандарына же бир туугандарына өткөн мүлктүн бир бөлүгү катары гана бааланган. Ажырашканда балдар атасында калууга тийиш болгон. Ошол эле убакта аял үй-бүлөдөгү башкы жумушчу күчү болуп саналып, үй чарбасын жүргүзүү, балдарды тарбиялоо, малды багуу, кийим кечени жана эмеректи жасоо боюнча бардык жумуштарды аткарган. Мына ушунун баары кыргыз аялына оор жүк болуп жүктөлүп, анын мезгилинен мурда карып кетишине алып келген. Жашы жете электерди күйөөгө берүү, калың, көп аял алуу сыяктуу салттар кыргыз аялдары үчүн мазактоо болуп, аны күңдүн абалына чейин төмөндөткөн.

Бирок, эркектердин багуусунда жана баш ийүүсүндө болуу менен кыргыз аялдары үй турмуш-тиричилигинде жана оокат кылууда дегени менен кээ бир эркиндиктен жана өз алдынчалыктан пайдаланышкандыгын белгилей кетүү зарыл. Кембагалдардын үй-бүлөлөрүндө ал оокаттуу жана бай адамдардын үй-бүлөсүндөгүгө караганда бир кыйла кем укуктуу болуп, бардык чарбалык жана үй-бүлөлүк иштерде күйөөсүнүн жардамчысы жана кеңешчиси болуп саналган. Кыргыз коомунда, фольклордун маалыматтары боюнча алсак, аялдар бир кыйла жогорку абалды ээлеген.

Коммунисттик партиянын жетекчилиги астында биздин өлкөдө жүзөгө ашырылган коомдук мамилелердин терең революциялык кайра түзүүлөрүнүн натыйжасында кандайдыр-бир даражада турмуш-тиричиликтин башка жактары сыяктуу эле мурунку патриархалдык үй-бүлөлүк мамилелер да кыйроого дуушар болду. Колхоздук курулуш жана өнөр жайдын өнүгүшү, кыргыз аялдарын коомдук пайдалуу эмгекке кеңири тартуу ага экономикалык жактан көз каранды эместикти алып келип, анын үй-бүлөдөгү тең укуктуу абалын камсыз кылды. Ал

эми мунун өзү өз кезегинде үй-бүлөлүк никелик мамилелердеги терең өзгөртүүлөрдү туудурган эң ири фактор болду, булар үй-бүлөнүн жаңы тибинин — советтик кыргыз үй-бүлөсүнүн келип чыгышына алып келди.

Үй-бүлөлүк-никелик мамилелердин жаңы тибинин олуттуу белгиси жаштардын өздөрүнүн демилгеси боюнча, алардын оз ара бири-бирин сүйүүсү боюнча никелердин кыйылышы болуп саналат, буга, адетте, ата-энелери да каршы чыкпайт. Буга аялдар үчүн кемсинтүү болуп саналган калың төлөө салтына мыйзам менен тыюу салынгандыгынын кырдаалы зор даражада көмөк көрсөттү. Бирок кээ бир жерлерде калың берүүнүн калдыктары али да болсо биздин күнгө чейин жашыруун же чүмбөттөлгөн формада сакталып калгандыгын белгилей кетүү керек. Никелер советтик мыйзамда белгиленген тартипте — ЗАГСта катталуу жолу менен кыйылат, бирок салт боюнча көп үй-бүлөлөрдө нике мусулманча кыйылат.

Мына ошентип, азыркы убактагы нике улан менен кыздын ата энелеринин ортосундагы бүтүмдүн мурдагыдай мүнөзүн негизинен жоготту. Ата-энелеринин талабы боюнча кыйылган никелер улам барган сайын азаюуда. Эгер кыздын ата-энеси башка бирөөгө берүүгө ниеттенип, кыздын тандап алган жигити менен никелешүүгө уруксатын беришпесе, жаштар өз ара макулдашып, күйөө бала кызды жашыруун ала качып кетет. Никелешүүнүн мындай ыкмасынын кыздын макулдугусуз эле аны ала качып кетүүнүн учурларына эч кандай окшоштугу жок. Совет коомунда мындай жорукка чечкиндүү сокку урулат.

Бешиктеги кезинде эле балдарынын болочоктогу никеси жөнүндө ата-энелердин кудалашуу салттары жоголду. Аевираттын маскаралык салты да жашоосун токтотту.

Өткөндө экзогамдык никелик тыюу салуулар бекем сакталып турган убакта колуктуну көп учурда алыстан алып келишкен. Эми көп жаш жигиттер өзүнүн кыштагындагы кыздарга үйлөнүшөт, анткени отурукташууга өткөндөн кийин көп учурларда бир айылга же колхозго ар кандай тектеги адамдардын тобу жайгашкан жана салт болуп калган тыюу салууларды бузбастан туруп эле жакын коңшулардын ортосундагы никелердин болушуна мүмкүнчүлүк түзүлдү Бул сөзсүз никелердин чыңалышына көмөк көрсөтөт, анткени жаштар, адетте, бир-бирин бала кезинен жакшы билишет, мектепте бирге окушуп, өндүрүштө бирге эмгектенишет.

Мурда кеңири таркаган эрте никелешүүгө каршы күрөштө олуттуу ийгиликтерге жетишилди, бирок жаш кыздарга үйлөнүүнүн айрым учурлары али да болсо жолугат. Советтик шарттарда моногамия принциби таптакыр үстөмдүк кылуучу принцип болуп калды. Кээде байкалып жаткан көп аял алуунун калдыктарына каршы советтик коом жана сот органдары күрөш жүргүзүп жатат.

Элдердин ортосундагы достукка, алардын боордоштук кызматташтыгына негизделген жаңы улуттук өз ара мамилелердин орношунун маанилүү натыйжаларынын бири катары аралаш никелердин пайда болушун эсептөө керек Маселен, кыргыздар менен өзбектердин ортосундагы мындай никелер мурда да болгон, азыр болсо алар адеттеги көрүнүш болуп калды. Эми кыргыздар менен орустардын ортосундагы нике мурда болгондой сейрек болуучу окуя болбой калды. Бул мурунку улуттук жана диндик көз караштын жоюлгандыгы жөнүндө далилдеп отурат. Күйөөлөрү — кыргыздар, аялдары — орустар болгон аралаш кыргыз-орус үй-бүлөлөрү орустар үчүн мүнөздүү болгон көп маданий көрүнүштөрдүн, үй тиричилигинин жана үй-бүлөлүк салттардын алдыңкы формаларынын өзүнчө бир жол көрсөткүчтөрү болуп саналат.

Үйлөнүү тою никеге туруп жаткандардын үй-бүлөсү үчүн гана эмес, тууган-туушкандарынын бир кыйла кеңири чөйрөсү үчүн да маанилүү окуя болуп саналат. Ага, адетте, колхоздун активи да катышат. Үйлөнүү каадаларында али көп салттык элементтер сакталып калган. Бирок бул каадалар көп учурда бир кыйла өзгөргөн түрдө байкалат. Үйлөнүү тойлорун салтанаттуу майрамдоо өткөндө калктын камсыз болгон бөлүгү үчүн гана жеткиликтүү болгон. Эми көпчүлүк колхоздук үй-бүлөлөрдүн аларды шаңдуу өткөрүүгө мүмкүнчүлүгү бар. Өзгөрүүгө дуушар болсо да али да болсо кудалашуу салты сакталып калган. Көп учурда кыз өзүнүн атасынын үйүндө мурда милдеттүү түрдө өткөрүлүүчү үйлөнүү тоюн күтүп отурбастан тараптардын ортосундагы сүйлөшүү бүткөндөн кийин көп убакыт өтпөй болочоктогу күйөөсүнүн үйүнө жашап калат.

Үйлөнүү тою колуктусунун атасынын үйүндө болгон учурларда септи карап көрүү, колуктусунун ата энеси ага белекке берген күйөө баланын жаңы кийимин кийинүү сыяктуу шаан-шөкөттөр сакталат. Жаштардын оюндары уюштурулат (*кыз оюн*). Эң белгилүү оюн токмок салуу оюну болуп саналат, анын жүрүшүндө жаштар күйгөн ырларын ырдашат, тамашалашат, айтышууларды уюштурушат. Колукту жөнөп кетээрде анын энеси, башка туугандары жана жолдош кыздары менен коштошуусу болот.

Күйөө бала өзүнүн үйүндө той берүү үчүн колуктусуна барганда аны бир канча жолдоштору (*күйөө жолдош*) узатып барат. Алар колуктунун туушкан кыздарына жана жеңелерине көбүнчө акча түрүндө белек (*жеңкетай*) беришет. Колукту, адетте, өзү менен кошо эң керектүү кийимдерин жана милдеттүү түрдө көшөгөсүн ала кетет.

Түштүк Кыргызстанда жаңыдан үйлөнгөндөр бараткан жолдо кээде балдар жана өспүрүмдөр жол аркылуу аркан тосушат. Жолду ачуу үчүн аларга майда тыйындарды беришет.

Келгендерди башкалар менен кошо күйөө баланын энеси тосуп чыгып, алардын башына боорсок чачып, алкоосун айтат. Күйөөсүнүн үйүнө келгенде колукту кээде мурдагыдай эле бир канча күнү көшөгөнүн артында отурат. Күйөөсүнүн тууган-туушкандары жана тааныштары келин көрүү үчүн үйгө киришип, көргөндүк үчүн белек катары көрүмдүк беришет.

Үйлөнүү тою, адетте, өтө салтанаттуу өткөрүлөт, кээде аны адегенде улуу муундун өкүлдөрү жана ардактуу меймандар үчүн, андан кийин үйлөнгөн теңтуштары жана жаш достору үчүн өткөрүшөт. Дасторкон толтура тамак менен сыйлагандан кийин сармерден айтып ырдоо, оюн-шооктор өткөрүлүп, патефон коюшат. Кээде үйлөнүү тоюна артисттерди жана музыканттарды чакырышып, алар элдик музыканын чыгармаларын аткарып беришет.

Үйлөнүү тоюндагы тамак-аштын чыгымдарына жана тойдун башка чыгымдарына күйөө баланын эң жакын туугандары көбүрөөк катышат. Ушул убакка чейин шаан-шөкөттөрүндө көрүнүктүү орунду никеге тургандардын үй-бүлөлөрүнүн ортосунда көп жолу бир-бирине белектерди берүү ээлейт. Кыздын өзү катышып даярдалган септин ичине үй оокатынын буюмдары (жууркан-төшөк, кийиз, туш кийиз, үйлөнүү көшөгөсү) жана колукту үчүн кийим кече (бир канча көйнөк, пальто, жакет, бут кийимдер) кирет. Септи үйлөнүү тоюнан кийин көбүнчө колуктунун энеси алып келет. Бирок септи алып келүүнүн алдында күйөө баланын ата-энеси жана анын туугандары колуктунун ата-энелерине келип кетет. Алар келиндин үй-бүлөсүнүн туушкандары үчүн өзү менен белектерди ала келишет.

Өз алдынча өсүп чыккан кыргыз жаштарынын никелик мамилелериндеги мүнөздүн өзгөрүшү, алардын дүйнөгө жаңы советтик көз карашы үй-бүлөлүк турмуштун бүткүл турпатына эң ыңтайлуу түрдө таасирин тийгизди.

Үй-бүлөнүн формасынын өзүнөн бир кыйла прогресс байкалат. Ырас, бөлүнбөгөн чоң үй-бүлө болуп жашоо салты кандайдыр-бир даражада азыр да сакталып калган: ар бир кыштактан атасы бир канча үйлөнгөн уулдары же үйлөнгөн эки бир тууганы менен бирге жашап, жалпы чарба жүргүзгөн үй-бүлөлөрдү жолуктурууга болот. Бирок басымдуулук кылуучу типтүү үй-бүлө чакан үй-бүлө болуп калды. Анын үй-бүлөнүн таптакыр үстөмдүк кылуучу формасы катары бекемделиши үй-бүлөлүк мамилелердин патриархалдуулуктун бөлүнбөгөн үй-бүлөлөрүнүн мүнөздүү белгилеринен бошонууга көмөк көрсөттү. Бул кыргыз үй-бүлөсүнүн өнүгүшүндөгү жакшы жана ири кадам аялдар үчүн өзгөчө байкалаарлык болду

Бөлүнбөгөн үй-бүлөлөрдө кээде 15 ке чейин адам жашайт. Алардын ички түзүлүшүнөн үй-бүлөнүн башчысынын ачык көрүнгөн бийлигин байкоого болот. Бирок бул үй-бүлөлөрдө материалдык жана эмгектик өз ара жардамдашуу өнүккөн, ал үй-бүлөнүн мүчөлөрүнүн коомдук эмгекке катышуусун жеңилдетет. Айрым бөлүнбөгөн үй-бүлөлөр кыргыз жумушчу шахтерлорунун арасында да катталган.

Кыргыздарда төрт-беш адамдан турган орточо үй-бүлө басымдуулук кылат. Бирок бир кыйла процентти алты же андан да ашун мүчөсү бар үй-бүлө түзөт. Кыргыз үй-бүлөсүнүн мүнөздүү белгиси туугандык байланыштардын бекемдиги болуп саналат, ошондуктан үй-бүлөнүн тутумуна бул же тигил жакын, ал эми кээде кандайдыр-бир себептер боюнча үй-бүлөсүнөн ажырап калган алыскы туугандары (үй-бүлөнүн башчысынын чоңоюп калган бир тууганы же карындашы, агасынын жесири же атасынын бир тууганы, бир тууганынын же карындашынын уулу же кызы, атасынын же энесинин бир тууганынын балдары) кирет.

Азыркы убакта көп учурда бөлүнбөгөн чоң үй-бүлөнүн жылына жети — сегиз айга (кээде жыл бою) аймактык жагынан, бирок үй-бүлөлүк-туушкандык жакындыктары, ошондой эле жалпы үй чарбасынын кызыкчылыктарына байланыштуу экиге бөлүнгөн өзүнчө бир үй-бүлөнү байкоого болот. Мындай үй-бүлөнүн мүчөлөрү мал чарба фермасында иштейт жана мал менен кошо алыскы жайыттарда болот, ал эми экинчи бөлүгү талаачылык бригадасында иштейт. Бул үй-бүлөлөргө «эки үйгө» жашоого туура келет, мунун өзү алардын үй тиричилигине белгилүү таасирин тийгизет. Үй-бүлөнүн экиге бөлүнүшүнүн зарылчылыгы көп учурда кыштакта жашап жаткан мектептеги балдарынын болгондугунан келип чыгат. Ошол эле убакта малчылардын башка үй-бүлөлөрү көп жылдар бою толук бойдон кыштактан тышкары алыскы жайыттарда жашайт.

Үй-бүлөнүн экономикалык негизи таптакыр башкача болуп, мунун өзү ички үй-бүлөлүк мамилелердин мүнөзүн да өзгөрттү. Өткөндө үй-бүлөнүн бүткүл негизин өндүрүш каражаттарына жеке менчик принциби аныктаган. Бардык өндүрүш каражаттары коомдук менчикке өтүшү жана чарбанын социалисттик системасынын чексиз үстөмдүгү орношу менен советтик кыргыз үй-бүлөсү кээ бир чарбалык милдеттерин сактап калууну улантып жатканы менен, үй-бүлөнүн эмгекке жарамдуу мүчөлөрү өздөрүнүн башкы күчүн жекече чарбаны өнүктүрүүгө эмес, социалисттик өндүрүштү өнүктүрүүгө жумшап жатат. Ошондуктан үй-бүлөнүн материалдык жыргалчылыгынын негизин да үй-бүлө

мүчөлөрүнүн коомдук өндүрүшкө катышуудан алган кирешелер түзөт. Жеке чарбасынан алган кирешелери экинчи даражадагы ролду аткарат. Кирешелердин бардык бул түрлөрү азыр колхозчулардын жана алардын үй-бүлөлөрүнүн ар жактуу улам өсүп жаткан жеке керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн, өздөрүнүн турмушунун материалдык жана маданий деңгээлин жогорулатуу үчүн кызмат кылат.

Үй-бүлөнүн чарбалык турмушунун кээ бир мурунку жактары таптакыр керектен чыкты, көп өндүрүштүк милдеттери да жоголду. Азыр кыргыз аялы өткөн заманда жарым натуралай жеке чарбанын, көчмөн турмуштун өзгөчөлүктөрү менен шартталган, зор күчтү жана убакытты талап кылган эмгектин кээ бир түрлөрүнөн бошотулган. Жеке чарбадагы жана үй оокатындагы эмгек азыр бир кыйла тең бөлүштүрүлгөн, анткени ага эркектер да катышат. Мүлктүк мамилелер советтик мыйзамдарга ылайык жаңы негизде курулуп жатат. Өлгөн адамдын атасы жактан туугандары жана бир туугандары мүлктү мураска алышынын эски адаттык укугу олуттуу түрдө жоюла баштады. Азыркы убакта анын мыйзамдуу мурасчылары аялы жана балдары болуп калды.

Үй-бүлөнүн бүткүл негизинин кайра өзгөрүшүнүн эң жүйөлүү көрсөткүчү эркек менен аялдын ортосундагы жаңы өз ара мамилелер болуп саналат, бул аялдардын улам барган сайын чыңдалып бараткан экономикалык өз алдынчалыгынын натыйжасы. Эркек менен аялдын тең укуктуу абалы, алардын ортосундагы чыныгы шериктештик мамилелер, улууларды урматтоо менен айкалышкан жаштардын бир кыйла эркин жана өз алдынчалык абалы эски үй-бүлөдө басымдуулук кылып келген патриархалдык салттардын жоюлушунун процессинде келип чыкты. Али да болсо аялдарга жана балдарга карата жолугуп жаткан феодалдык-байлык мамилелердин көрүнүштөрүнө Кыргызстандын партиялык уюмдары жана советтик коомчулугу талыкпаган күрөш жүргүзүп жатат.

Кыргыздардын ички үй-бүлөлүк мамилелеринин өзгөрүшүндө орус элинин көп түрдүү таасири, анын алдыңкы маданияты, коңшулаш жашап жаткан орус үй-бүлөлөрү менен катнашуу зор роль ойноду. Өзгөчө бул таасир шаарларда жана шаар тибиндеги кыштактарда өтө айкын байкалууда, бирок аны республиканын алыскы бийик тоолуу райондорун да кошуп алганда, айылдык жерлерден да бардык жерден байкоого болот.

Кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекке үйрөтүшүп, аларда жоопкерчиликтин, өз ара жардамдашуунун, үй-бүлөгө берилгендиктин, улууларды сыйлоонун сезимин тарбиялап жатышат. Дал мына ошондуктан кыргыз үй-бүлөлүк турмуштун жалпы белгиси жогоруда белгиленип кеткен туушкандык байланыштардын өтө бекемдиги болуп саналат. Үй-бүлөнүн эң маанилүү милдети болуп саналган жаш муунду тарбиялоо советтик мектеп, пионердик жана комсомолдук уюмдар менен бирдикте жүзөгө ашырылып жатат. Балдар Мекенин, Коммунисттик партияны сүйүүгө, коммунисттик курулуштун ишине берилгендиктин, интернационализмдин сезимине тарбияланып жатат. Өз тарабынан мектеп үй-бүлөлүк тарбиялоонун туура принциптерин иштеп чыгууга жардам берүүдө. Көпчүлүгү шаарларда билим алган мугалимдер ал жерде билим гана албастан, орус маданиятынын жакшы жактарын да кабыл алышкан. Орус калкы чогуу жашабаган айылдык жерлерде колхозчулардын үй-бүлөлөрү дал ошол мугалимдердин жардамы менен үй-бүлөдө балдарды тарбиялоодо азыркы убактагы көз караштар жөнүндө түшүнүктү алышкан. Кыргыз калкы орустар менен жакын катнашта болгон бардык жерде орус үй-бүлөлөрүнүн үлгүсү жана

алар менен көп жылдар бою аралашуунун тажрыйбасы кыргыз үй-бүлөлөрүндө балдарды тарбиялоодо оң таасирин тийгизүүдө. Бул таасирдин натыйжалары балдарга карата, алардын муктаждыктарына жана суроо-талаптарына карата, жөндөмдүү балдардын музыкага, ырга, сайма саюуга шыктуулугун кубаттоодо, балдарынын орто билим гана эмес, жогорку билим алышына колдоо менен мамиле кылышына, сабактарын даярдоо үчүн мектеп окуучуларына үйдөн өзүнүн «жумушчу ордун» бөлүп берүүдө, баланын тышкы түрүнө, анын кийим кечесине бир кыйла катуу мамилесине, тыкандуулугуна мурдагыга караганда бир кыйла көп көңүл буруудан байкалат, азыр балдарга жаңы ат берүү, анын ичинде орусча ат берүү салты бар. Бирок курчап турган турмуштагы өзгөчө белгилүү окуяларга жана белгилүү күндөргө байланыштуу балдарга ат берүүнүн эски салты али да болсо сакталып калган. Кыргыз балдарынын аттарынан советтик майрамдардын аттарын табууга болот, алардын атында Совет бийлиги, ата мекендик согуш, тынчтык, эл каттоо, жайлоого көчүү д.у.с. чагылдырылган. Көпчүлүк балдардын аттарынын салттык мүнөзү бар.

Баланын төрөлүшү бардык үй-бүлөдө бактылуу окуя катары каралат. Ал дасторконго боорсок, токоч жана сары май коюу менен сөзсүз тамак берүү (*жентек*) менен белгиленет. Беш-жети күн өткөндөн кийин баланы бешикке салышат. Эски көчмөн турмуштан мураска калган бешиктин терс жактарына карабастан, балдардын керебети азырынча аз таркаган. Баланы биринчи жолу бешикке салуу аялдардын кичинекей той (*бешик той*) жасашы менен коштолот. Бешикти арчанын түтүнү менен аласташып, отко май ыргытышат жана кээ бир башка ырымдарды жасашат. Балага 40 күн болгондо да тамак уюштурушуп (*кыркы*), балага коңшуларынан чогултулуп келинген 40 куррактан тигилген көйнөктү кийгизишип, «40 кашык» сууга кириинтишет. Наристе кезинде жасалган бул жана башка ырымдар баланын өмүрүн сактап калууга, анын өмүрүн узак жана бактылуу кылууга тилек менен байланыштуу байыркы диндердин калдыктары болуп саналат. Алар бул ырым-жырымдардын маңызын түшүнбөгөн, өнөкөт болуп калган салттарга баш ийген өзүнүн келиндерине, кыздарына жана башка жаш келин-кыздарына таасирин тийгизген карган аялдардын демилгеси боюнча кээ бир үй-бүлөлөрдө аткарылат. Өнөкөт болуп калган ырым-жырымдардын катарына мусулман ырым-жырымы — балдарды сүннөткө отургузуу таандык.

Биринчи кезекте интеллигенциянын үй-бүлөлөрү сактап жаткан жаңы салттар да: балдардын туулган күнүн белгилөө, алар үчүн балаты уюштуруу турмуш тиричиликке кирип баратат. Балдарга оюнчук сатып беришип, киного барып келүү үчүн акча беришет.

Көп балалуу энелер зор урматтоого татыктуу. Совет Өкмөтү кыргыз аял-энени биздин өлкөнүн башка аялдары сыяктуу эле зор камкордукка бөлөгөн. Көп балалуу жана жалгыз бой энелерге пособиелер, акысыз медициналык жардам, балдар яслилери, боюнда болгондук үчүн отпускалар жана башка көп нерселер кыргыз үй-бүлөлөрүндө балдардын төрөлүшүнүн көбөйүшүнө жана балдардын өлүмүнүн азайышына ыңтайлуу шарттарды түздү.

Балдарды абдан жакшы көргөн кыргыз үй-бүлөлөрүндө көп учурда бала асырап алгандарды, анын ичинде көзү тирүү жакын туугандарынын балдарын асырап алгандарды жолуктурууга болот. Улуу ата-мекендик согуштун убагында кыргыз үй-бүлөлөрү орус балдарды асырап алышы кеңири тараган. Мындан элдердин достугунун жана боордоштугунун идеясына негизделген жаңы, советтик идеология ачык көрүндү.

Эгер эски кыргыз үй-бүлөсүнүн өнүгүшүнүн процесси патриархалдык байланыштардын бара-бара бузулушунун, үй-бүлөнүн бөлүнүшүнүн, анын феодалдык коомдун чарбалык биримдиги катарында чыңдалышынын багытында жүрсө, совет коомунда кыргыз үй-бүлөсүнүн өнүгүү процесси принциптүү жаңы жол менен жана жаңы негизде жүрүп жатат. Азыр моногамдык үй-бүлө болуп калып жана коомдун чарбалык бирдигинин белгилерин бара-бара жоготуу менен ал шаарда да, кыштакта да советтик эмгек коллективинин маанилүү ячейкасына айланды. Эски үй-бүлөгө карама-каршы келип азыркы убактагы кыргыз үй-бүлөсүнүн прогресси бардык социалисттик коом менен, анын көп жактуу байланыштарынын өнүгүшү жана чыңдалышы менен мүнөздөлөт. Мында үй-бүлөлүк турмушта аялдарга карата феодалдык-байлык мамилелерди жоюуга үзгүлтүксүз байланыштуу коммунисттик моралдын принциптерин чыңдоо зор мааниге ээ болот.

Дин идеологиясынын калдыктары сөөк коюу ырым-жырымдарына байланыштуу үй-бүлөлүк адаттарда бекем сакталып калууда, Сөөк коюунун ырым- жырымдарынын бардык негизги элементтери мусулман дининин талаптарына ылайык жасалса да, анда көп нерселер элдик салттарга, ата-бабалардын байыркы культунан келип чыккан көз караштарга келип такалат.

Кыргыздарда сөөк коюу жана аш берүү адетте өзүнчө бир коомдук окуяга айланат, аларга үй-бүлөнүн мүчөлөрү жана жакын туугандары гана эмес, алыскы туушкандарынын кеңири чөйрөсү да катышат. Эгер алар башка айылдарда, райондордо жана шаарларда жашашса, атайын кабар беришет, ошондой эле айылдаштары да катышат. Сөөк коюу жана ага байланыштуу каадалар өтө чоң чыгымдарга алып келет.

Көптөгөн айылдык жерлерде ушул убакка чейин өлгөн адамдын сөөгүн көмгөнгө чейин боз үйдө кармашат, ал ушул максатта атайын короого тигилет. Өлгөндү жоктоп ыйлоо салттуу мүнөздө болот, ага кошокчу аялдар катышат. Аялдар адамдын сөөгү жаткан боз үйдө отурушат. Жакын эркек туугандары таяк таянып боз үйдүн жанында турушат. Туугандары же көңүл айтканы кишилер келгенде боз үйдүн ичинен кошок жана сыртта тургандардын өкүрүгү угулат. Жесири чачтарын жайып, башына кара же түстүү жоолук (өлгөндүн курагына жараша) салынып отурат.

Каза болгондун денесин эки жолу жуугандан кийин, аны ак кепинге ороп, күнөөлөрүн кечирүү ырымы (доорон) жасалат жана намаз окулат. Өлгөндүн сөөгүн жууганга кээ бир жерде азыр да ар түрдүү топтордун (кыз алган үй-бүлөнүн жана кыз берген үй-бүлөнүн) өкүлдөрү (сөөк тамыр) сөзсүз катышат. Сөөк коюуга катышкан ири үй-бүлөлүк-туугандык топтордун өкүлдөрүнө азыр да «арбагын эскерип» акча (мүчө) беришет.

Эски салт боюнча көрүстөнгө эркектер гана барышат. Ушул убакка чейин калктуу көп пункттарда ар бир үй-бүлөлүк-туугандык топтун өзүнчө көрүстөнү бар, бирок улам барган сайын аралаш көмө берүү байкалууда.

Көр казуунун бир канча варианты бар. Алардын бирөө, кыязы байыркы, катакомбалык тип деп аталган көрүстөндөргө барып такалат.

Түндүк Кыргызстанда ушул убакка чейин мүрзөнү айланта дубал менен курчоо же мүрзөнүн үстүнө чакан мавзолей түрүндөгү *молону*, чийки кыштан күмбөз тургузуу сакталып калган.

Сөөк коюу ырым-жырымына эскерүүлөрдүн белгилүү түрлөрү кирет, өлгөндөн кийин үчүнчү күнү үчүлүгүн, жетинчи күнү жетилигин жана 40-күнү кыркын беришет. 40-күнү (же 20-күнү) жакын туугандары өлгөндүн мүрзөсүнө

барышат. Алар тамак-аш алып барып мүрзөнүн жанында жешет. Муну бейит башына баруу деп аташат. Бул шаан-шөкөттүн баары адам өлгөндөн кийин бир жыл өткөндө, кээде андан да эрте аш берүү менен аяктайт. Ашка адамдар көп катышып, көп мал союлат. Советтик коомчулук мындай чыгымдуу аштарды берүүгө каршы чыгат, анткени ал үй-бүлөнүн бюджетине оор таасирин тийгизет. Аштан кийин өлгөндү эскерип ыйлоо жана кара тутуу токтотулат.

## *Саламаттык сактоо*

Өткөн заманда кыргыз эмгекчилеринин оор экономикалык жана турмуш-тиричилик шарттары ар кандай оорулардын кеңири таркашы жана медициналык жардамдын дээрлик жок болушу менен ого бетер кыйындаган. Адетте, жаңы туулган козу менен улактар жайгашкан боз үйдүн тардыгы, коломтодон чыккан түтүн, жер төлөнүн булганычтыгы — мына ушунун бардыгы анда жашагандар үчүн антисанитардык шартты түзгөн. Кыргыздарда көп тараган оорулардын ичинен ар кандай формадагы ич келтелерди, чечекти, котурду, цинганы, ревматизллди, кулгунаны атоого болот. Чечек же ич келте эпидемиясынын натыйжасында медициналык жардамдан ажыраган калк миңдеп кырылган. 70 миңден ашуун калкы бар Пржевальск уездинде 1890-жылы дарыгерге жардам берүү өтүнүчү менен бар болгону 1157 оорулуу адам гана кайрылган. Бүткүл уездде Пржевальск шаарында бир гана дарыгер болгон. Аз сандуу дарыгерлердин көпчүлүгү көчмөндөрдүн турмуш-тиричилиги менен тааныш болгон эмес жана алардын тилин билген эмес. Бирок алардын арасында да, башка орус интеллигенциясынын өкүлдөрүнүн арасында да көчмөндөрдүн массасына азыркы убактагы маданиятты киргизүү үчүн бир кыйла күч жумшаган прогрессивдүү ишмерлер болгон. Мына ушундай ишмерлер пишпектик дарыгер Ф. В. Поярков, ошондой эле М. В. Фрунзенин атасы жана агасы болгон; булардын биринчиси Пишпек шаарында фельдшер, экинчиси дарыгер болуп иштеген.

1913-Жылы азыркы Кыргызстандын аймагында 100 койкалык алты жергиликтүү оорукана, 15 дарыгери бар тогуз амбулаториялык мекеме, 21 фельдшердик жана фельдшердик-акушердик пункт болгон. Адам жеткис тоолуу райондордо жан баккан кыргыз калкынын жүздөгөн миң адамынын ден соолугуна көз салуу ишине падышалык администрациянын кошкон салымы мына ушундай болгон. Албетте, калктын өзү дарылануунун ыкмаларын издөөгө, көп сандаган жергиликтүү дарыгерлердин (табып, тамырчы, дарымчы, эмчи) жардамына кайрылууга мажбур болгон. Маселен, кулгунаны дарылоо үчүн сымап түтөтүүнү жана шыбоону колдонушкан. Сарыктан дарылануу үчүн магиялык каражатты колдонушкан — оорулуу адамды күн бою жез чылапчынды тиктеп отурууга мажбурлашкан. Кан токтотуу үчүн күйгүзүлгөн кийизди жаап басышкан же тамекини себишкен, же болбосо ысык май тамчылатышкан. Баш ооруганда жана кара курт чагып алганда кан чегишкен. Калтыратманы чочутуп дарылашып, суук тийгенде тердетишкен, бул үчүн оорулууну жаңыдан союлган малдын терисине орошкон.

Кыргыз табыпчылары тамырын кармап көрүп, оорунун мүнөзүн аныкташкан жана ушуга ылайык тамак ичүүгө кеңеш беришкен. Бардык тамакты алар ысыкка (ысылык), муздакка (*суукту*к) жана орточо (*мүнөз тамак*) деп бөлүшкөн. Көп учурда оору создугуп кеткенде ачкалык жана суу менен дарылоону колдонушкан. Кээ бир табыпчылар дубалоо, дарымдоо менен жана ар түрдүү магиялык аракеттер менен дарылашкан.

Мына ушунун баары жана дарылоонун ушуга окшогон ыкмалары медициналык жардамдын өтө чектелүү болгондугунан көп учурларда өлүмдүн өсүшүн гана көбөйткөн. Балдардын төрөлүшү да төмөндөгөн. Мунун негизги себептери ыңтайсыз экономикалык шарттар, мал бөтөнчө көп кырылганда башталган ачарчылыктар жана арыктоолор болгон. 10 жылдын ичинде гана, 1903-жылдан 1913-жылга чейин кыргыз калкы дээрлик 10%ке азайган. Балдардын өлүмү өзгөчө зор болгон.

Азыркы убактагы медицина жөнүндө алгачкы түшүнүктөр кыргыз калкынын арасына орус медициналык кызматкерлеринин аркасында кире баштаган. Кыргыз жергесинде биринчи ооруклананы орустар курган. Ошондуктан муну кыргыз эли жогору баалайт.

Кыргызстанда элдин ден соолугун чыныгы коргоо Октябрь социалисттик революциясынан кийин гана өнүгө баштады. 1960-жылы Кыргызстанда эң жаңы аппаратура жана жабдуулар менен камсыз болгон 1300 чамасында медициналык мекеме иштеген. Аларда 16,3 миң койка болгон. Ооруканалар, амбулаториялар, фельдшердик пункттар азыр ал түгүл эң алыскы райондордо жана кыштактарда түзүлгөн. Республиканын медициналык мекемелеринде 3413 дарыгер (1960-жыл), 10000ден ашуун фельдшер, акушерка, медициналык сестра жана орто квалификациядагы башка медициналык кызматкер эмгектенип жатат. Кыргызстанда көп сандаган улуттук медициналык кадрлар өсүп чыкты.

Революцияга чейин Кыргызстанда бир дарыгер 100 миң адамга туура келсе, эми бир дарыгер ар бир 750—800 тургунга туура келет. Кыргызстандын калкынын дарыгерлер менен камсыз кылынышы Түркияга, Иранга жана арасында да, башка орус интеллигенциясынын өкүлдөрүнүн арасында да көчмөндөрдүн массасына азыркы убактагы маданиятты киргизүү үчүн бир кыйла күч жумшаган прогрессивдүү ишмерлер болгон. Мына ушундай ишмерлер пишпектик дарыгер Ф. В. Поярков, ошондой эле М. В. Фрунзенин атасы жана агасы болгон; булардын биринчиси Пишпек шаарында фельдшер, экинчиси дарыгер болуп иштеген.

1913-жылы азыркы Кыргызстандын аймагында 100 койкалык алты жергиликтүү оорукана, 15 дарыгери бар тогуз амбулаториялык мекеме, 21 фельдшердик жана фельдшердик-акушердик пункт болгон. Адам жеткис тоолуу райондордо жан баккан кыргыз калкынын жүздөгөн миң адамынын ден соолугуна көз салуу ишине падышалык администрациянын кошкон салымы мына ушундай болгон. Албетте, калктын өзү дарылануунун ыкмаларын издөөгө, көп сандаган жергиликтүү дарыгерлердин (табып, тамырчы, дарымчы, эмчи) жардамына кайрылууга мажбур болгон. Маселен, кулгунаны дарылоо үчүн сымап түтөтүүнү жана шыбоону колдонушкан. Сарыктан дарылануу үчүн магиялык каражатты колдонушкан — оорулуу адамды күн бою жез чылапчынды тиктеп отурууга мажбурлашкан. Кан токтотуу үчүн күйгүзүлгөн кийизди жаап басышкан же тамекини себишкен, же болбосо ысык май тамчылатышкан. Баш ооруганда жана кара курт чагып алганда кан чегишкен. Калтыратманы чочутуп дарылашып, суук тийгенде тердетишкен, бул үчүн оорулууну жаңыдан союлган малдын терисине орошкон.

Кыргыз табыпчылары тамырын кармап көрүп, оорунун мүнөзүн аныкташкан жана ушуга ылайык тамак ичүүгө кеңеш беришкен. Бардык тамакты алар ысыкка (ысылык), муздакка (сууктук) жана орточо (мүнөз тамак) деп бөлүшкөн. Көп учурда оору создугуп кеткенде ачкалык жана суу менен дарылоону колдонушкан.

Кээ бир табыпчылар дубалоо, дарылоо менен жана ар түрдүү магиялык аракеттер менен дарылашкан.

Мына ушунун баары жана дарылоонун ушуга окшогон ыкмалары медициналык жардамдын өтө чектелүү болгондугунан көп учурларда өлүмдүн өсүшүн гана көбөйткөн. Балдардын төрөлүшү да төмөндөгөн. Мунун негизги себептери ыңтайсыз экономикалык шарттар, мал бөтөнчө көп кырылганда башталган ачарчылыктар жана арыктоолор болгон. 10 жылдын ичинде гана, 1903-жылдан 1913-жылга чейин кыргыз калкы дээрлик 10%ке азайган. Балдардын өлүмү өзгөчө зор болгон.

Азыркы убактагы медицина жөнүндө алгачкы түшүнүктөр кыргыз калкынын арасына орус медициналык кызматкерлеринин аркасында кире баштаган. Кыргыз жергесинде биринчи ооруканаңы орустар курган. Ошондуктан муну кыргыз эли жогору баалайт.

Кыргызстанда элдин ден соолугун чыныгы коргоо Октябрь социалисттик революциясынан кийин гана өнүгө баштады. 1960-жылы Кыргызстанда эң жаңы аппаратура жана жабдуулар менен камсыз болгон 1300 чамасында медициналык мекеме иштеген. Аларда 16,3 миң койка болгон. Ооруканалар, амбулаториялар, фельдшердик пункттар азыр ал түгүл эң алыскы райондордо жана кыштактарда түзүлгөн. Республиканын медициналык мекемелеринде 3413 дарыгер (1960-жыл), 10000ден ашуун фельдшер, акушерка, медициналык сестра жана орто квалификациядагы башка медициналык кызматкер эмгектенип жатат. Кыргызстанда көп сандаган улуттук медициналык кадрлар өсүп чыкты.

Революцияга чейин Кыргызстанда бир дарыгер 100 миң адамга туура келсе, эми бир дарыгер ар бир 750—800 тургунга туура келет. Кыргызстандын калкынын дарыгерлер менен камсыз кылынышы Түркияга, Иранга жана Пакистанга караганда бир канча эске жогору. Кыргыз медициналык институту ачылган 20 жылдын ичинде 3340 дарыгерди даярдады. 1960-жылы институтту бүтүргөн 300 адамдын жарымысын кыргыздар түзгөн.

Ооруканалардан жана амбулаториялардан тышкары төрөт үйлөрүнүн, туруктуу балдар яслилеринин жана бала бакчалардын (буларда 36 миңден ашуун орун бар) кеңири тармагы ачылган. Кыргызстандын колхоздорунда жыл сайын миңге жакын сезондук балдар мекемелери — ясли-аянтчалар иштейт. Колхозчулар мал кыштатуунун мезгилинде жашаган алыскы жайыттарда туруктуу иштей турган медициналык мекемелердин тармагы үзгүлтүксүз кеңейүүдө. Малчыларды медициналык жактан тейлөө малды массалык түрдө жаюунун мезгилинде жайкы жайыттарда да жүргүзүлөт.

1958—1959-жылдардын ичинде гана колхоздордун демилгеси жана күчү менен ооруканалардын, амбулаториялардын, төрөт үйлөрүнүн 200 гө жакын имараты курулду- Маселен, тоолуу Кочкор районундагы Фрунзе атындагы колхоздо өзүнүн каражатынын эсебинен борборлоштурулган жылыткычы жана канализациясы бар 25 койкалык оорукана тургузулду. Балдар мекемелеринин курулушу да кеңири жайылууда. Кээ бир колхоздор бала бакчалар үчүн атайын типтүү имараттарды, башкалары — бригадалык-талаа бала бакчаларын жана яслилерди курушту. Ысык-Көл жана Кант райондорунун колхоздору кенже жаштагы балдар үчүн колхоздун сүт ашканаларын түзүүнү биринчилерден болуп баштады. Калкты медициналык жактан тейлөө боюнча иш чаралардын кеңири кулач жайышы чечектин, холеранын, обонун жана башка өтө жугуштуу оорулардын толук жок кылынышына, безгек менен ооруп калуулардын төмөндөшүнө, бруцеллёз оорусунун сейрек учурашына алып келди. Калктын ден

соолугун чыңдоодо эң сонун кыргыз курорттору зор роль ойнойт, алардын ичинен Ысык-Көлдүн жээгиндеги Койсары жана Тамга тоолуу-климаттык курорттору, Жалал-Абаддагы курорт, Арашан минералдык булактары (Фрунзе шаарына жакын) жана Жети-Өгүздөгү булактар (Пржевальск шаарына жакын) кеңири белгилүү. Ысык-Көлдө Жети-Өгүз жана Чолпон-Ата кышкы балдар курорттору, Ак-Суу жана Светлый Мыс курорттору иштеп жатат. Жайкысын Ысык-Көлгө миңдеген адамдар эс алууга келишет. Бул жерде ар түрдүү ишканалардын жана окуу жайларынын чатыр шаарчалары өсүп чыгат. Кургак учук менен ооругандар үчүн атайын Ош шаарында жана Пржевальскиге жакын жерде санаторийлер ачылган. 3 миңден ашуун койкасы бар дээрлик бардык 15 санаторий жыл бою иштөөгө которулган. Ошондой эле 1105 орундук төрт эс алуу үйү бар. Кээ бир колхоздор өздөрүнүн курортторун жана эс алуу үйлөрүн куруп жатышат. Жайкысын уюштурулган пионердик лагерлер, анын ичинде колхоздор аралык лагерлер ден соолукту чыңдоо жагынан зор мааниге ээ болот.

Кыргызстанда медициналык илим да өнүгүп жатат. 1957—1959- жылдарда жаңы үч илим-изилдөө институту: курортология жана физиотерапия, кургак учук, онкология жана радиология институттары ачылды. Крайды изилдөө медицина институтунун кызматкерлери бийик тоолуу шарттарда иштеп жаткан малчыларды дарылоо үчүн, ошондой эле түстүү металлургия ишканаларынын жумушчулары жана адистери үчүн өзгөчө баалуу жаңы препараттарды түзүштү. Борбордук дарыгерлер алыскы райондорго жана айылдарга барышып, ал жерде оорулууларды кабыл алышып, жергиликтүү дарыгерлерге консультацияларды беришет. Калкты медициналык жактан тейлөө боюнча кеңири масштабдарда жүзөгө ашырылып жаткан иш чаралар Совет бийлигинин жылдары ичинде жалпы өлүм 4 эсе, ал эми балдардын өлүмү 5 эсе төмөндөшүнө алып келди. 1959-жылы Кыргызстанда балдардын өлүмү бардык башка
боордош союздук республикаларга караганда төмөн болгон. Натыйжада калктын табигый өсүшү көбөйүүдө. 1940-жылы ал калктын 1000 кишисине 16,7ни түзсө, 1960-жылы ал 30,7 ни түздү.

Калктын бүткүл турмуш-тиричилигин кайра түзүүгө ылайык анын гигиеналык ыктары да өзгөрдү. Буга кыргыз айылында адеттеги көрүнүш болуп калган медициналык темадагы лекциялар, докладдар жана аңгемелешүүлөр көмөк көрсөтүп жатат. Самынды пайдалануу көбөйүп, ал жумушчулар менен колхозчулар үчүн турмуш-тиричиликтеги зарыл буюм болуп калды. Мурда көчмөн кыргыздар эч кандай түшүнүгү болбогон мончолор да азыр көп колхоздордо жана совхоздордо пайда болду; мончого баруу жергиликтүү калктын зарыл керектөөсү болуп калды. Кээ бир колхоздор колхозчулар үчүн мончону акысыз пайдаланууну киргизди. Кыргызстандын партиялык уюмдары жыл бою иштей турган мончолордун бардык калктуу пункттарда курулушу үчүн, жергиликтүү калк бардык жерде керебеттерден, жеке жууркан-төшөктөн пайдаланышы үчүн күрөшүп жатат.

Металл кашыктар жана вилкалар (мурда коюу тамакты кол менен жеше турган), үй-бүлөнүн ар бир мүчөсү үчүн жеке идиштер турмуш-тиричиликте кеңири тарай баштады. Тамак ичээрде колду жууштун салт болуп калган адети сакталып калууда. Чогуу тамак ичүүнүн убагында отургандарды кыдыртып колдоруна суу куюп чыгышат.

Бүткүл турмуш тиричиликти жакшыртууда өзгөчө мааниге колхоздордо суу түтүктөрүнүн курулушу ээ болот. Мурда калк жайында сугат каналдарынан булганыч сууну, ал эми кышында кардын суусун пайдаланууга аргасыз болгон.

Мамлекеттин жардамынын жана колхозчулардын өздөрүнүн эмгек, транспорт жана каражаттары менен активдүү катышуусунун аркасында көп райондордо ондогон колхоздор иче турган таза суу алып жатышат. Бир эле Чүй районунда суу түтүктөрү тогуз колхоздо жана төрт совхоздо иштеп жатат.

## *МАДАНИЯТ ЖАНА ИСКУССТВО*

Улуу Октябрь социалисттик революциясына чейин падышалык буржуазиялык-помещиктик режимдин оор эзүүсү астында турган жана бай-манаптардын эксплуатациясына дуушар болгон кыргыз эли чексиз жапа тартууга жана жакырчылыкка гана туш келбестен, өзүнүн маданиятын өнүктүрүү мүмкүнчүлүгүнөн ажыраган болучу.

Туташ сабатсыздык, жок нерселерге ишенүүлөрдүн жана бакшылыктын кеңири таркашы, маданий борборлордон алыста калышы эмгекчи кыргыз массаларынын азыркы убактагы маданиятка жакындашуусуна бөгөт болгон. Бирок падышачылык да, феодалдык-бай төбөлдөр да элдик маданиятты жок кыла албады. Ал калың элдин ичинде сарамжалдуулук менен сакталып кала беришин уланта берди.

Кыргыз элинин көп түрдүү маданий мурасынын эң мыкты үлгүлөрү — оозеки акындык жана музыкалык байлык, колдонмо искусствонун чыгармалары — эмгекчи эл жана андан чыккан таланттуу чеберлер тарабынан түзүлүп келген. Ал эл үчүн арналып, анын таанып-билүү жана эстетикалык суроо-талаптарын тейлеген.

Бирок таптык карама-каршылыктардын тереңдеши менен кыргыз маданиятынын өнүгүшүндө эки тенденция бир кыйла айкын чыга баштады: чыныгы элдик, демократиялык, экинчи жактан — элдин бардык чыгармаларын

идеялык жактан өзүнө баш ийдирүүгө умтулган феодалдык-байлык тенденция. Мына ушундан эпостун феодалдык версиялары келип чыгып, төбөлдөр сарайында музыканттар пайда болгон, декоративдик искусствонун аз көркөмдүү, бирок кооз үлгүлөрү иштелип чыккан.

Таптык коомдун шарттарында эл түзгөн маданият көп учурда эмгекчилердин өздөрүнө жеткиликтүү болгон эмес, аны көп учурда үстөмдүк кылуучу таптар өздөрүнө өздөштүрүп алышкан жана пайдаланышкан.

Кыргыз маданиятынын демократиялык элементтери XIX кылымдын экинчи жарымында жана XX кылымдын башында анын алдыңкы орус маданияты менен жакындашынын натыйжасында өзгөчө күчөдү.

Октябрь социалисттик революциясы экономикада, өндүрүштүк мамилелерде гана эмес, эски патриархалдык-феодалдык коомдун надстройкаларынын бардык түрлөрүндө түп-тамырынан бурулуш жасады. Формасы боюнча улуттук, мазмуну боюнча социалисттик жаңы маданиятты түзүү үчүн өбөлгөлөр пайда болду. Ал жаңы кыргыз маданиятынын жаш өнүмдөрүн элге жат идеологиянын уусу менен ууландырууга аракет кылып артка тарткан буржуазиялык улутчулдарга каршы айыгышкан күрөштө калыптанды, бул жаңы маданияттын мазмуну эски патриархалдык-феодалдык маданиятка түп- тамырынан карама-каршы болгон.

Коммунисттик партиянын кеңири жана көп жактуу тарбиялоо ишинин аркасында кыргыз эли эски коомдун артта калган идеологиясы менен түбөлүккө кол үздү жана жаңы, маркстик-лениндик идеологияны кабыл алды, алдынкы орус жана советтик илим менен маданияттын жогорку жетишкендиктерине жакындашты.

Совет коомунун өзүнө жана канына кирген интернационализмдин, элдердин ортосундагы достуктун жана боордоштук кызматташтыктын идеологиясы кыргыз маданиятынын СССРдин элдеринин бүткүл көп улуттуу маданиятынын жетишкендиктери менен байышы үчүн мүмкүнчүлүктөрдү чексиз кеңейтет.

Октябрь революциясы ошону менен бирге кыргыз элдик маданияттын бай мурасынын бардык өтө баалуу нерселерин кайрадан жаратты, ага жаңы өңүгүү берип, ага жаңы мазмунду толтурду.

Кыргыз социалисттик улутунун маданиятынын гүлдөшү азыр колониализмдин эзүүсү астында элдери азап тартып жактан Чыгыштын коңшулаш өлкөлөрүндө маданияттын төмөндөшүнө айкын-ачык контраст болуп саналат.

## *Эл агартуу*

Көп кылымдар созулган тарыхында кыргыз эли эмпирикалык билимдердин бай запасын топтогон, алар, атап айтканда, элдик календарда айкын чагылдырылган, анда оригиналдуу 12 айлык цикл жана Плеядалар боюнча өтө байыркы эсептөө (*тогоол*) бар. Ушуну менен катар 12 жылдык айбанаттар цикли деп аталган эсептөө да таркаган, ал Орто Азиянын башка элдерине тааныш жана анын чегинен тышкары алыс белгилүү.

Турмуш-тиричиликте кыргыздар ушул убакка чейин узундуктун жана аралыктын элдик чендерин жана убакытты аныктоонун ыкмаларын пайдаланышат. Алардын космогониялык түшүнүктөрү турмуштун көйчулук образы менен байланыштуу болгон. Өсүмдүктөрдүн гүлдөшүнө жана алардын өсүшүнө, айбанаттардын жана канаттуулардын абалына байкоо жүргүзүүнүн тажрыйбасы кыргыздарга белгилерди иштеп чыгууга мүмкүндүк берген, ал белгилер боюнча алар жаздын же кыштын келишинин убагын аныктоого, анын аз кардуулугун же көп кардуулугун алдын ала көрүүгө, эмдиги жылы чөп кандай чыга тургандыгын алдын ала айтууга аракет кылышкан. Элдик метеорологдордун (эсепчи) арасында Ысык-Көлдүн жээгинде XIX кылымдын акырында Манаке Айманбаев өтө белгилүү болгон. Элдик тажрыйбаны жана билимди жалпылап келип, кээ бир эсепчилер өзүнүн божомолдору жана кеңештери менен малчыларга жана дыйкандарга алардын эмгек иш аракетинде жардам көрсөтүшкөн.

Кыргыздардын жандуу жаратылыш жагынан билимдери өзгөчө. Илгертеден бери эле аларга жүздөгөн ар түрдүү тоо өсүмдүктөрү белгилүү, анын үстүнө үй жаныбарлары, ошондой эле адам үчүн алардын уулуу же пайдалуу касиеттери алар тарабынан жакшы аныкталган. Аңчылык үчүн пайдаланылуучу жырткыч канаттуулардын түрлөрүн ажыратууда кыргыз төбөлдөрүн тейлеген тажрыйбалуу аңчылар өзгөчө шыктуулугун көрсөтүшкөн.

Кыргыздардын өзгөчө үй жаныбарларына карата анатомиялык билимдери өтө так болгон, үй жаныбарларынын өңдөрү, алардын жашы үчүн терминология жакшы иштелип чыккан.

Бирок, алардын бүткүл баалуулугуна карабастан, эмпирикалык билимдер кыргыз эли кылымдар бою болуп келген жана падышачылыктын колониалдык саясатынын шарттарында ого бетер начарлаган маданий жактан артта калуунун абалынан чыгууга эмгекчилерге жардам бере алган эмес.

Чет жакаларда маданияттын өнүгүшүнө бардык чаралар менен бөгөт түзүп, падышачылык кыргыз элин караңгылыкта жана түркөйлүктө калтырууга умтулган. Октябрь революциясына чейин кыргыздар дээрлик туташ сабатсыз

болгон. Сабаттуулардын саны 2%тен аз болгон. Бул көбүнчө манаптар, байлар, жергиликтүү администрациянын чиновниктери, дин кызматчылары болгон. Сабаттуу аялдар ондоп гана саналган. Азыркы убактагы Кыргызстандын аймагында 1914—1915-жылдарда 103 башталгыч, үч жети жылдык жана бир орто мектеп болгон. Бардык мектептерде 7041 бала окуп, алардын арасында бар болгону 360 кыргыз баласы болгон.

Орусияга кошулганга чейин кыргыз балдарын окутууну манаптар өз айылдарына чакырып келген өзбек молдолору жүргүзгөн, алардын билими өздөрү начар түшүнгөн курандын кээ бир баптарын окуй билүү менен гана чектелген. Край Орусияга кошулгандан кийин айылдарда мурункуларга караганда бир кыйла билимдүү татар мугалимдери пайда боло баштаган. Конфессионалдык типтеги айылдык башталгыч мектептер имамы бар мечиттерде ачылып, алар балдарды окутушкан. Анда эне тили окутулган эмес. Бир катар мектептерди манаптар жана байлар кармаган; анда жакындарынын жана тууган-туушкандарынын балдары окуган. Сабаты ачылгандар болуштук башкаруучулардын катчысынын кызматын же жергиликтүү администрациянын аппаратында кандайдыр-бир орунду ээлеген. Сабаттуу болсо да кембагал мындай кызматка адетте алынган эмес. Кээ бир пункттарда болгон (Пишпек, Ош, Кетмен-Төбө, Пржевальск) орус-туземдик окуу жайлары көбүнчө жергиликтүү административдик аппарат үчүн тилмечтердин жана майда чиновниктердин кадрларын даярдаган. Мындай окуу жайларынын саны өтө аз, ал эми аларда окутуунун системасы байкалаарлык натыйжаларга алып келбесе да, алар кыргыз жаштарынын жалпы өнүгүшүнө белгилүү таасирин тийгизип, кыргыз калкынын чөйрөсүнө орус маданиятынын элементтеринин кириши үчүн жол ачуу менен кээ бир оң ролду ойногон. Орус сабаттуулугуна ээ болуу орус адабияты менен таанышуу үчүн өбөлгөлөрдү түзгөн. Мугалимдердин арасында (алар бар болгону 216 киши болгон) ошондой эле орус элинин бир канча сандагы прогрессивдүү өкүлдөрү болгон.

Мына ошентип, падыша өкмөтүнүн каалабаганына карабастан, мектептер аркылуу, демократиялык маанайдагы мугалимдер менен аралашуу аркылуу кыргыз эли жай болсо да алдыңкы орус маданиятына жакындай баштаган.

Совет бийлиги орногондон кийин Кыргызстанда башталган маданий революция алыскы кыштактарга жана айылдарга чейин тарап, адамдардын зор массасын аң-сезимдүү турмушка карай көтөрдү, алардын кызыкчылыктары жана көз карашынын чөйрөсү илгертеден эле өзүнүн майда чарбасынын, өзүнүн кыштоосунун, уруулук жамаатынын чегинде болгон.

Согушка чейинки беш жылдыктардын жылдарында эл агартуу өсүштүн өзгөчө зор темпине жетти.

Азыр өсүп келаткан муундар туташ сабаттуулук менен камсыз кылынган. Республикада жалпы милдеттүү жети жылдык окутуу, ири шаарларда балдарды он жылдык окутуу жүзөгө ашырылды.

1960—61-окуу жылында Кыргызстанда 1763 мектеп, анын ичинен 376 орто мектеп болгон. Анда 380 миң бала окуп, мунун өзү революцияга чейин окуган балдардын санынан 50 эседен ашуунга көптүк кылат. 1960-жылдын ичинде республика боюнча бүтүндөй алганда 30 миң окуучу орундук мектеп жана мектепке ылайыкташтырылган жайлар курулду- 1961-жылы мектеп курулушу ого бетер зор өлчөмгө жетти: 13,7 миң окуучулук орундук 33 мектеп мамлекеттик бюджеттин эсебинен курулду, мындан тышкары 100 жаңы мектеп имараты жана 300 гө жакын кошумча имараттар колхоздордун каражат- тарына курулду.

Элге билим берүү органдары мектептин турмуш менен, өндүрүш менен байланышын чыңдоо боюнча зор иш жүргүзүп жатат. Кыргыз ССР Жогорку Совети кабыл алган мыйзамга ылайык 1959—60-окуу жылынан тартып республикада жети жылдык мектептерди сегиз жылдык милдеттүү окутууга которуу башталды, өндүрүштүк окутуусу бар он бир жылдык эмгек политехникалык мектептер түзүлүп жатат. Жаңы окуу пландары жана программалары бардык жалпы билим берүүчү мектептердин биринчи-бешинчи класстарына киргизилди. 1960—61-окуу жылында республикада өнөр жай ишканаларынын, колхоздордун, совхоздордун жана РТСтердин базасында өндүрүштүк окутуусу бар 450 сегиз жылдык жана 300 орто мектеп иштеди. Жүздөгөн өндүрүштүк окуучулар бригадалары уюштурулду.

Көп айылдык мектептерде ата-энелери ар кандай себептер боюнча мектептен алыс жашаган балдарды, анын ичинде кышты колхоздун малы менен алыскы жайыттарда өткөргөн колхозчулардын балдарын окутуу мүмкүнчүлүгүн жеңилдеткидей интернаттар ачылды. Интернаттардын жарымынан көбү мамлекет тарабынан толук күтүлөт, калгандары ата-энелеринин бир аз катышуусу менен уюштурулган. Интернаттарда 5 миңге жакын окуучу жашайт. Мындан тышкары, 1960—61-окуу жылында республикада 12 миң бала окуган 38 мектеп-интернат болгон.

Өндүрүштө иштеп жаткан жаштардын арасында орто билим алууга умтулуу зор. Жумушчу жана айылдык жаштардын 215 мектебинде өндүрүштөн ажыратылбастан туруп 17,4 миң адам окуп жатат. Жыл өткөн сайын орто билим алган кыргыз жаштарынын саны өсүүдө. 1952-жылы орто мектепти 2500 чамасында кыргыз уландары менен кыздары бүтсө, 1956-жылы алардын саны 4500 чамасында болду, алардын ичинде 1292 кыз бар. Эми орто мектептин бүтүрүүчүлөрүнүн көпчүлүк бөлүгү, кээде бүтүндөй класстар колхоздордо жана совхоздордо иштөөгө калып жатат же өнөр жай ишканаларына иштөөгө ниеттенүүдө.

Кыргыз мектептеринин окуучулары орус тилин үйрөнүүгө зор кызыкчылык көрсөтүп жатат, ал тилди окутуу бардык орус эмес мектепке киргизилген. Кээ бир кыргыз мектептеринде класстагы сабактарга кошумча иретинде орус тилин үйрөнүү боюнча ийримдер бар.

Кыргызстандын мектептеринде 22 миңге жакын мугалим иштейт, алардын ичинен 8 миңден ашууну кыргыздар. 1197 кыргыз мугалимдеринин жогорку педагогикалык билими бар.

Мектеп өзү менен кошо сабаттуулукту жана билимди гана эмес, эң алыскы кыштактарга жана айылдарга маданий турмуш-тиричиликтин көп ыктарын да ала келди.

Акыркы жылдардын ичинде жаңы мектеп имараттарынын зор курулушу башталды, анын ичинде Тогуз-Торо, Совет, Ат-Башы сыяктуу алыскы бийик тоолуу райондордо курулуп жатат. Колхозчулардын күчү менен жана колхоздордун каражатына мектептерди куруу улам барган сайын көбүрөөк өнүгүүдө. 1956—1960-жылдардын ичинде гана колхоздор 30800 окуучулук орундуу 194 мектеп курду. Мунун өзү мектептерде сабактарды бир сменага которуу үчүн мүмкүнчүлүк түзөт.

Кыргызстанда жалпы билим берүүчү мектептердин тармагы менен катар 28 ар түрдүү техникумдар, педагогикалык окуу жайлары жана башка атайын орто окуу жайлары бар. Аларда 17,2 миң киши окуп жатат. Жогорку квалификациядагы кадрлар Кыргыз Мамлекеттик университетинде,

политехникалык, айыл чарба, медицина жана педагогика институттарында даярдалат. Фрунзеде кыз-келиндер педагогикалык институту түзүлгөн. 1960—61-жылы сегиз жогорку окуу жайында 17 миңден ашуун студент окуган. Университетте гана 30 дан ашуун улуттун 5 миңден ашуун студенти жана аспиранты окуп жатат. Жогорку окуу жайларынын көпчүлүгүндө кечки жана сырттан окуу бөлүмдөрү ачылган, финансы жана китепкана институттарынын сырттан окуучу филиалдары бар. Мындан тышкары, Москванын, Ленинграддын, Ташкендин жана СССРдин башка шаарларынын ар түрдүү окуу жайларында жүздөгөн кыргыз уландары жана кыздары окуп жатат. Акыркы жылдарда кээ бир колхоздор менен совхоздор өздөрүнүн эсебинен кыздар менен уландарды окууга жибере баштады. 1960-жылы айыл чарба институтунда колхоздор жана совхоздор жиберген жана алардан стипендия алган 50 студент окуган.

1958- жана 1959-жылдарда гана Кыргызстандын жогорку окуу жайлары, атайын орто окуу жайлары 4450 жогорку билимдүү, 8040 орто билимдүү адистерди чыгарды.

Кыргызстанда 10 миң тургунга студенттердин саны (80) болжол менен Франциядагыга караганда 2 эсе, ФРГга караганда 2,5 эсе жана Пакистанга караганда алты эсе көп экендигин белгилей кетүү маанилүү.

Кыргыз ССРинде жогорку окуу жайларынын студенттеринин болжол менен 34%ин жана орто окуу жайларынын 27%ин кыргыздар түзөт. 1960- жылы бул жерде жогорку жана атайын орто билими бар 71 миңден ашуун адис, анын ичинде 18,1 миң кыргыз болгон. Алардын арасында инженерлер, агрономдор жана зоотехниктер, мугалимдер, дарыгерлер, жазуучулар, окумуштуулар, артисттер, сүрөтчүлөр бар. Революцияга чейин саналуу кыргыздын гана жогорку жана орто билими болгон.

Кыргыз жазмасын жана адабий тилин түзүү жагынан жетишилген ийгиликтер зор, бул басма продукциясынын өсүшүнөн ачык көрүнүп турат.

Октябрь революциясынан кийинки алгачкы жылдарда түндүк Кыргыз- станда мектептерде окутуу татар жана казак тилдеринде, ал эми түштүк Кыргызстанда — өзбек жана татар тилдеринде жүргүзүлгөн, 1923-жылдан тартып гана кыргыз тилиндеги алгачкы окуу китептери пайда болуп, дал ошол жылга чыныгы улуттук кыргыз жазмасынын келип чыгышын таандык кылуу керек. Орто Азияны улуттук чекке ажыратуудан кийин кыргыз тилиндеги алгачкы көп тираждуу басма газета — «Эркин Тоо» пайда болгон. 1923-жылдан 1928-жылга чейин расмий таанылган кыргыз алфавити реформаланган араб алфавити болгон, ал эми 1928-жылдан тартып латындаштырылган алфавитке өтүү жүзөгө ашырылган. Андан ары латындаштырылган алфавит жаңысы менен алмаштырылып, анын негизин орус графикасы түзгөн.

Азыркы убактагы кыргыз адабий тили жаралган мезгилде ал диалекттердин түндүк тобуна негизделген. Азыр, негизинен түндүк фонетиканы сактап калуу менен лексика жагынан кыргыз адабий тили бардык кыргыз диалекттеринин байлыгын кеңири пайдаланып жатат.

Кыргыз адабий тили жашай баштаган биринчи күндөн тартып эле ага чейин же дегеле кыргыздарга белгисиз болгон же болбосо өтө аз даражада белгилүү болгон түшүнүктөрдүн массасына туш келген. Жаңы сөздөр талап кылынган. Бул керектөөнү канааттандыруу үчүн табигый жол эски сөздөрдүн маанисин кеңейтүүдө жана жаңыларын кабыл алууда турган. Кыргызстандагы буржуазиялык улутчулдар биринчи мүмкүнчүлүктү кеңири пайдаланышып, экинчисин тоотпостон, улуу орус элинин тилинен бөтөнчөлөнүүгө умтулушкан.

Адабий тилдин прогрессивдүү өнүгүшүнө тоскоолдук кылууга аракеттер ийгиликке ээ болбоду. Азыркы убакта кыргыз тили билимдин бардык тармактарында жакшы иштелип чыккан терминологияга ээ болуп, ал негизинен советтик, орус жана интернационалдык терминдердин эсебинен өсүп чыкты. Кыргыз элинин турмушундагы түп-тамырынан берки социалдык- экономикалык өзгөрүштөрдүн таасири астында лексикасы гана кеңейбестен, бир жагынан кыргыз тилинин морфологиясы жана синтаксиси өзгөрүп жатат.

Азыркы убакта мектеп окуу китептерине болгон алгачкы керектөөнү канааттандыруу менен Кыргыз ССРинин илимий мекемелеринде жана окуу жайларында иштеп жаткан кыргыз тили боюнча адистер кыргыз адабий тилин жана диалекттерин андан ары изилдөө боюнча жана капиталдык окуу куралдарын басып чыгаруу боюнча ишти кеңири жайылтышты. Илимий грамматика, кыргыз-орус жана орус-кыргыз сөздүктөрү басылып чыкты. Кыргыз ССРинин Өкмөтү окумуштуулар, эл агартуу кызматкерлери менен бирдикте даярдаган жаңы орфографияны бекитти. Башталгыч, орто жана бир аз жогорку мектептен окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлөт.

Октябрь революциясына чейин Кыргызстандын аймагында бир басмакана (жекече) болуп, анда «Пишпекский листок» газетасы басылып турган. Азыркы убакта Кыргыз Республикасында 140 газета, журнал жана мезгилдүү басылмалар, анын ичинде алты республикалык, 4 областтык, шаардык, райондук газеталар жана көп тираждуулар, жалпы тиражы 600 миңден ашуун нускадагы 13 журнал басылып чыгат. Газеталардын үчтөн экиси кыргыз тилинде, калгандары — орус, өзбек, тажик жана дунган тилдеринде басылат. Кыргыз мамлекеттик басмасы көп сандаган саясий, көркөм, социалдык-экономикалык, айыл чарба адабияттарын жана окуу китептерин кыргыз тилинде басып чыгарат. 1926-жылы Кыргызстанда бар болгону 16 наамдагы китеп чыгарылган. Алардын жалпы тиражы 65 миң нусканы түзгөн. 30 жылдын ичинде республикада 10 миңден ашуун наамдагы китеп басылып чыкты, алардын тиражы 67 млн. нускага жетти. Азыр Кыргызстанда жыл сайын жалпы тиражы 5 млн. чамасында нускадагы 800 дөн ашуун наамдагы китеп чыгарылат. Алардын көпчүлүк бөлүгү кыргыз тилинде чыгат.

Кыргыз элинин идеялык жана маданий турмушунда марксизм-ленинизмдин классиктеринин эмгектерин басып чыгаруу зор роль ойнойт. Кыргыз тилинде айрым басылыш менен К. Маркстын, Ф. Энгельстин. В.И.Лениндин жүзгө жакын чыгармалары жарыяланды, марксизмдин улуу негиздөөчүлөрүнүн тандалма чыгармаларынын биринчи тому чыкты, «Капиталдын» котормосу аяктап калды. В. И. Лениндин Чыгармалар жыйнагы кыргыз тилине которулду жана массалык тираж менен басылып чыкты. «КПСС съезддердин, БКнын конференцияларынын жана пленумдарынын резолюцияларында жана чечимдеринде» деген жыйнактын үч тому кыргыз тилинде басылып чыкты, «КПССтин тарыхы», «Саясий билимдердин негиздери», «Марксизм-ленинизмдин негиздери», «Маркстик философиянын негиздери» деген окуу куралдары, КПССтин XXII съездинин материалдары массалык тираж менен чыгарылды.

Маданий-агартуу мекемелеринин чоң жана кеңири жайылган тармагынын аркасында кыргыз калкынын кеңири массасы алдыңкы советтик маданиятка аралашууга, саясий жана илимий билимдерге ээ болууга мүмкүнчүлүгү бар. Республикада 800 чамасында клуб, маданият үйлөрү жана сарайлары, китеп фондусу 5 млн. даанадан ашкан миңден ашуун массалык китепкана, кинотеатрлардын жана көчмө кинолордун зор тармагы иштеп жатат. Китеп

кыргыз жумушчусунун жана колхозчусунун күндөлүк керектөөсү болуп калды. Алардын көпчүлүгүнүн жеке китепканалары бар, ондогон миңи коомдук китепканалардын туруктуу окурмандары болуп саналат. Республикада басылып чыккан газеталар менен журналдарды окуудан тышкары эмгекчилер 320 миң даана борбордук газеталар менен журнаддарга жазылышкан.

Массалык китепканалар иштин жаңы формаларын колдоно баштады: окурмандарга китеп фондуларына карай жол ачык, чакан кыштактарда, колхоздук фермаларда, малчылар жашаган ири жайыттарында китеп берүү пункттары уюштурулган, алыскы кыштактарга жана жетүүгө кыйын болгон жерлерге энтузиаст-китеп ташуучулар барып турат. Көчмө китепканалар да иштеп жатат .

Кинофикация бир кыйла өнүгүүгө ээ болду. Кыргызстанда 570 туруктуу жана 182 көчмө кино орнотмо иштеп жатат. Киносеанстарга баруу шаардык жана айылдык тургундардын бош убактыларын өткөрүшүнүн жакшы көргөн формасы болуп калды. 20 авто көчмө кинолор алыскы жайлоолордо мал менен жүргөн малчыларды да тейлешет. Ал жакта 120 дан ашуун маданий-агартуу мекемелери иштеп жатат. Алыскы жайлоолорго театрлардын артисттери, көчмө көргөзмөлөр келип турат, аларды 50 дөн ашуун маданият бригадалары тейлейт.

Илгери деле диндик фанатизми менен айырмаланып кетпеген кыргыздардын арасында атеисттик көз караштар кеңири жайылууга ээ болду. Басымдуу көпчүлүк жаш муундун аң-сезими диний ырым-жырымдардан эркин. Бирок кыргыз калкынын кээ бир катмарларынын арасында али да болсо диний көз караштар сакталып калган, ал эми көп үй-бүлөлөрдө чал-кемпирлер диний каадаларды сакташат. Али да болсо балдарды сүннөткө отургузуу, мусулманча никеге туруу, дин майрамдары сыяктуу мусулмандык диндин талаптары аткарылып жатат. Кээ бир ырым-жырымдар исламга чейинки диндердин калдыктары менен байланыштуу. Ырым-жырымдардын көпчүлүк бөлүгү көнүмүш боюнча, карыялардын таасири астында же аларды капа кылбас үчүн аткарылып жатса да, диндик калдыктардын (бул түштүк кыргыздардын арасында бир кыйла байкалаарлык) терс таасирине кем баа берүүгө болбойт. Диндик идеологиянын калдыктары эмгекчилердин идеялык жана маданий деңгээлинин жогорулашына тоскоолдук кылат. Мындай шарттарда илимий-атеисттик пропаганданын ар кандай формалары өзгөчө мааниге ээ болот, мындай пропаганданы партиялык уюмдар жана маданий-агартуу мекемелери жүргүзүп жатат, мунун аркасында калктын динден чыгышы бара-бара күч алууда.

Акыркы жылдардын ичинде лекциялык пропаганда улам зор өнүгүүгө ээ болуп жатат. Республиканын бир катар райондорунда Саясий жана илимий билимдерди жайылтуу боюнча коомдун бөлүмдөрү иштеп жатат. Өтө ири пункттарда лекторийлер түзүлгөн. Көптөгөн алдыңкы колхоздор коомдун коллективдүү мүчөлөрү болуп саналат. 1960-жылдын ичинде коомдун мүчөлөрү тарабынан 54 миң лекция окулган.

Маданияттуу эс алуунун массалык формасы бардык жерде радио болуп калды. Радио берүүлөр кыргыз тилинде гана эмес, башка улуттардын тилдеринде да жүргүзүлөт. Республикада 200 миңден ашуун радио берүүчү точкалар бар. Мындан тышкары, калк 82 миң радио кабыл алуучулардан пайдаланышат. Алар көптөгөн чабандык бригадаларда да бар. Акыркы жылдарда телекөрсөтүү өнүгүп жатат. Өзүнүн программаларын берүүдөн тышкары Фрунзедеги телекөрсөтүү студиясы Алма-Атадан берүүлөрдү тартып көрсөтөт. Студиянын берүүлөрүн Чүй

өрөөнүнүн, Ысык-Көл ойдуңунун бир бөлүгүнүн, Ош областынын өрөөндүк райондорунун тургундары көрүп жатат. Кыргызстанда ар бир кечте 15 миң телевизордун экраны иштейт.

Илимий жана саясий билимдерди музейлер массага таратып жатат. Республикада Жаратылыш музейи жана Илимдер академиясынын Тарых музейи, М. В. Фрунзенин Үй-музейи, Фрунзе шаарындагы Сүрөт искусствосунун музейи, Ош, Жалал-Абад жана Пржевальск (бул жерде ошондой эле Н. М. Пржевальскийдин мемориалдык музейи бар) шаарларында край таануу музейлери иштеп жатат.

Кыргызстанда маданият университеттери сыяктуу калктын маданий деңгээлин жогорулатуунун формасы өнүгө баштады. 1961-жылы 27 маданият университетинде миңдеген угуучулар болгон.

Калкты эстетикалык жактан тарбиялоодо зор орунду көркөм өздүк чыгармачылык ээлейт.

Кыргызстанда азыр 12 элдик өздүк көркөм чыгармачылык театры түзүлгөн.

## *Илими*

Кыргызстанды жана анда жашаган элдерди изилдөөнүн башталышын эң көрүнүктүү орус изилдөөчүлөрү жана саякатчылары П. П. Семенов-Тян-Шанский, А. П. Федченко, Н. А. Северцов, И. В. Мушкетов түптөгөн; Кыргызстандын аймагынан өзүнүн атактуу саякаттарын Н. М. Пржевальский баштап, бул кайраттуу изилдөөчүнүн турмуш жолу Ысык-Көлдүн жээгинде үзүлгөн.

Кыргыз элинин тили жана маданияты биринчи жолу орус академиги В. В. Радлов тарабынан изилденген. Кыргыз тарыхнамесинин негиздерин орус академиги В. В. Бартольд негиздеген. Орус маданиятынын ишмерлеринин зор тобу — Н. Аристов, Ф. Поярков, Н. Зеланд кыргыз калкына жактыруу менен мамиле кылып, анын маданий өсүшүнө жардамдашууга умтулушкан. Бирок өзүнүн эмгектери менен кийинчерээк башталган өлкөнүн экономикалык прогрессине, кыргыз маданиятынын өнүгүшүнө көмөк көрсөткөн алдыңкы орус илиминин жана маданиятынын бул өкүлдөрү аз сандуу болгон. Кыргыз эли колониалдык режимдин шарттарында негизинен артта калган, азапка туш келген абалда кала берген.

Улуу Октябрь социалисттик революциясы Кыргызстанда илимий изилдөөлөрдүн гүлдөшү үчүн гана эмес, жергиликтүү илимий мекемелердин келип чыгышы үчүн да, улуттук илимий кадрлардын өсүшү үчүн да шарттарды түздү.

Алгачкы илимий ячейка Кыргызстанда 1926-жылы пайда болгон, алубакта Мамлекеттик край таануу музейи түзүлгөн болучу. Анын базасында 1928-жылы комплекстүү край таануу илим-изилдөө институту келип чыгып, андан ары бир катар өзүнчө илимий мекемелер: мал чарба институту, кыргыз тили жана жазмасы институту ж.б. өсүп чыкты. Андан кийин республикада көп сандаган ведомстволук илимий мекемелер: ветеринардык, селекциялык жана жашылча-жемиш станциясы, эпидемиология институту пайда болуп, Илимдер комитети өзүнүн иш аракетин ийгиликтүү өнүктүрдү.

1943-жылы орус окумуштууларынын жардамынын аркасында СССР Илимдер академиясынын Кыргыз филиалы келип чыкты, ал эми анын базасында 1954-жылы улуттук Илимдер академиясы түзүлдү- Бул кыргыз элинин маданиятын өнүктүрүүдөгү эң көрүнүктүү окуя болду. Илимдер академиясынын

мекемелеринин тутумунда үч бөлүм: илимий-техникалык илимдер, биологиялык илимдер жана коомдук илимдер бөлүмү бар. Бул бөлүмдөр 13 институтту жана бир канча өз алдынча бөлүмдөрдү, ошондой эле ботаника багын жана музейлерди бириктирип, аларда 500 дөн ашуун илимий кызматкерлер иштейт. Азыркы убакта Кыргыз ССР Илимдер академиясында ядролук физика жана радиофизика, математика жана механика, электроника, автоматика жана телемеханика, кен иши жана металлургия, органикалык химия сыктуу маанилүү адистиктер бар. 1960-жылдын акырында республиканын Илимдер академиясында жана жогорку окуу жайларында 2315 илимий кызматкер, анын ичинде 643 илимдин кандидаты жана доктору болгон.

Илимдер академиясы жалпысынан эл чарбасынын жана маданий курулуштун, жогорку окуу жайларынын ар кандай муктаждыктарын тейлей турган республиканын 39 илимий мекемесинин иш аракетин координациялап турат. Ал илимий ойдун жана кадрларды даярдоонун ири борборуна айланды.

Кыргыз ССРинин жогорку окуу жайларында жана Илимдер академиясында аспирантурада 180 ден ашуун окумуштуулар даярдыктан өтүп жатышат, булардын көпчүлүк бөлүгү — кыргыздар.

Кыргыз ССР Илимдер академиясы жана башка илимий мекемелер өзүнүн жашаган жылдарынын ичинде республиканын эл чарбасынын андан ары өнүгүшүнө көмөк көрсөткөн, анын түгөнгүс жаратылыш байлыктарын ачкан, улуттук маданияттын өнүгүшүнө жардам берген көп сандаган баалуу илимий изилдөөлөрдү даярдады. Илим улам барган сайын өндүрүш менен тыгыз байланыштырылууда. Кыргызстандын окумуштуулары (Казакстандын окумуштуулары менен бирдикте) практиктер менен кызматташтыкта малдын жогорку продуктулуу тукумдарын чыгарышты, геологдор пайдалуу кендерди табуу боюнча маанилүү изилдөөлөрдү жүргүзүштү, эң бай гидро энергетикалык ресурстарды эң мыкты пайдалануунун жолдорун аныктоо боюнча иштер жасалды, тоонун шарттарында жасалма чөп чабындыларды түзүүнүн тажрыйбасы баалуу натыйжаларды берди, Чүй өрөөнүнүн кыртыштарын жалпылап сүрөттөө жасалды, бодо малды тоюттандыруунун жаңы ыкмасы иштелип чыкты, «Кыргызстандын тарыхынын» эки тому, кыргыз элинин тарыхынын айрым проблемаларын чагылдырган бир катар монографиялар жарыкка чыкты, толук орус-кыргыз сөздүгү басылып чыкты.

### *Оозеки акындык чыгармачылык жана көркөм адабият*

Кыргыздардын маданиятында оозеки элдик акындык чыгармачылык ири роль ойногон. Анда элдин өзүнчө тарыхый тагдыры, анын өзүнчө байыркы маданияты, эмгек турмушу, үмүттөрү жана тилектери, жаратылышты поэтикалык кабыл алуу көп жактуу жана ачык формада чагылдырылган.

Оозеки элдик чыгармачылыкты өнүктүрүүнүн жолунда өткөн мезгилде көп тоскоолдуктар турган. Социалдык жана улуттук эзүү, исламдын идеологиясынын таасири элдик таланттардын табигый өсүшүнө бөгөт болгон. Бирок бардык кыйынчылыктарга карабастан эмгекчил эл өзүнүн ырчыларын (акын) жаратып, алар өздөрүнүн жөнөкөй комуздары менен айылдан айылды кыдырып, өздөрүнүн чыгармачылыгын элге жеткиришкен. Алардын ичинен кээ бирөөлөрү эмгекчи элди аёосуз эзген манаптарга жана байларга каршы, падышалык жан-жөкөрлөргө каршы өздөрүнүн кыжырданган добушун көтөрүп, күрөшкө чакырышкан. Байлар менен манаптар өздөрүнүн чыгармачылык иш-аракеттерин алардын таламдарына баш ийдирүүдөн баш тарткан акындарды куугунтукка

алгандыгына таң калууга болбойт. Элдик чыгармачылыкты өздөрүнүн кызыкчылыктарына ыңгайлаштырууга умтулган манаптар менен байлардын куугунтугуна, маскаралоосуна карабастан ал элдик чыгармачылык эң мыкты демократиялык жана көркөмдүк салттарды сактап калуу менен жашоосун жана өнүгүүсүн уланта берген.

Биздин күндөргө чейин жеткен кыргыз оозеки чыгармачылыгы жанрдык жактан зор ар түрдүүлүгү менен айырмаланат. Эмгек, лирикалык жана ырым-жырымдык ырлар менен катар кыргыз элинин чыгармачылыгында элдик чыгармалардын башка түрлөрү да: жомоктор, уламыштар, элдик романдар тибиндеги баатырдык поэмалар жана өзгөчө баатырдык эпос бир кыйла өнүгүүгө ээ болгон.

Кыргыздардын көчмөн турмушу өткөн заманда кой кайтарган аялдардын ырлары (*бекбекей*) жана жылкычылардын ырлары (*шырылдаң*) сыяктуу чыгармаларды жараткан.

Бекбекейди аялдар менен кыздар айылдын жанындагы кой короолорун түнкүсүн кайтарганда ырдашкан. Алардын ыры узакка созулган кыйкыруулар менен коштолгон. Аялдар ырлары менен түнкүсүн карышкырлардын кол салышынан бир-бирин эскертишип, койду кыраакылык менен кайтарууга чакырышкан:

Бүгүн бир айдын он беши,
Сары улак тел башы.
Аркада жылдыз алтымыш,
Кайтарган коюм алты жүз.
Короомдун чети таман жол,
Кайтарган коюм аман бол.
Короомдун жолу тосмо жол,
Кайтарган коюм эсен бол.

Шырылдаңды алыскы жайыттардан айылга тамак издеп келген жылкычылар ырдашкан. Алар мындай деп ырдашкан:

Конок тоого бүткөндө,
Кошо чыккан шырылдаң.
Таруу ташка бүткөндө,
Талаша чыккан шырылдаң.
Жылкычы менен коюндаш,
Жанаша чыккан шырылдаң.
Шырылдаң биздин шыйкыбыз,
Түндө келет уйкубуз.
Аман болсо жылкыбыз,
Эртең канар уйкубуз.

Койчулардын, жылкычылардын эмгек ырларынан тышкары дыйканчылык эмгектин процесстерин, атап айтканда мала басууну коштогон ырлар болгон. Эгин бастыруунун убагында аткарылган ырлар *оп-майда* деп аталган.

Элдин турмуштук тажрыйбасы, анын акылмандуулугу көп түрдүү макалдарда жана лакаптарда айкын чагылдырылган. Ар кандай элдик накыл сөздөр сыяктуу эле кыргыз макалдары жана лакаптары образдуу жана жеткиликтүү формада мекенди жана элди сүйүүгө чакырат, эрдиктин сезимине тарбиялайт, кемчиликтерди чукуп көрсөтүп, жамандыкты айыптайт. Алар мурда мал чарбасы менен, бир жагынан элдин согуштук-көчмөн турмуш-тиричилиги менен тыгыз байланыштуу болгон. Оозеки элдик чыгармачылыктын ушул жанрынын

негизинде өз алдынча, кыргыз фольклору үчүн бөтөнчө болгон акыл айтуу ырлары жана поэмалары болуп саналган чыгармалар өсүп чыккан. Алар элге сиңген макалдардан (көбүнчө ыр формасындагы) жана рифмага салынган афоризмдерден турат. Мындай поэмалар санат (тууроого татыктуу, акыл айтуу же нуска) деп аталат. Макалдар кандайдыр-бир темага тандалып алынат же темасы боюнча ар түрдүү, бирок бүтүндөй алганда поэтикалык насаат айтуу түрүндө чыгат.

Акыл насаат поэмаларынын дагы бир түрү (насыят) макалды кошумча элемент катары гана камтыйт. Революцияга чейинки бир кыйла кийинки насыяттар кесипке жана сабаттуулукка үйрөнүү жөнүндө акыл айтууну камтыган, аларда билимдердин пайдасы жөнүндө кеп болгон. Диний мазмундагы насыяттар да болгон.

Кыргыз фольклорунда зор орунду ыр чыгармачылыгы ээлейт. Бул биринчи кезекте кыргыздардын эң көрүнүктүү акындык дарамети менен, алардын акындык сейрек кездешчү жөндөмдүүлүгүнө, турмушту курчап турган бардык өтө маанилүү окуяларды поэтикалык образдарда жана ыр формасында өзүнө камтууга жөндөмдүүлүгү менен байланыштуу. Ырдын кеңири өнүгүшү элдин музыкалык шыктуулугу менен да байланыштуу. Ыр жанрында алдыңкы орунду лирика ээлейт. Мында ашыктык ырлары да (секетбай жана күйгөн), кандайдыр-бир кайгыга, жеке жоготууга байланыштуу аткарылуучу кайгылуу ырлар да (арман) бар. Аларда муктаждык жана кедейлик жөнүндө, күчтөп күйөөгө берүү жөнүндө баяндалат. Арман ырларына туулуп өскөн жери менен, эли менен, жакындары менен, сүйгөнү менен коштошууда аткарыла турган кош айтышуу ырлары (коштошуу) кирет. Элдик ырчылардын-акындардын ортосунда өзүнчө бир поэтикалык жана музыкалык турнирлердин убагында аткарылуучу ыр-мелдештери (айтыш:) өтө ар түрдүү. Төкмө акындык жөндөмдүүлүгүнө ээ болгондук жагынан көбүнчө эки акын мелдешет, бирок чоң майрамдарда келгендердин көпчүлүгү катышкан мелдештер да мурда уюштурулган. Кээде табышмактардан жана чечмелөөдөн турган айтыштар да өткөрүлгөн.

Өткөн заманда кыргыз манаптары мактоо ырларынын жанрын атайын сиңиришкен. Аларга демократиялык маанайдагы акындар мазактоо ырларын (кордоо) каршы коюшуп, байларды, манаптарды, ошондой эле жалпысынан адамдардын ар кандай жаман жоруктарын мыскылдап ырдашкан.

Ар түрдүү курактагы топтордун, өзгөчө жаштардын ырлары болгон, аларды адетте оюн-шооктордун убагында, алты бакан селкинчек тебүүдө, кыздар мелдеш ырларын (акый же акыйнек) аткарышкан. Бешик ырлары балдарга карата зор сүйүүгө жык толгон.

Турмуш тиричилик ырларынын арасында көрүнүктүү орунду кошок жана ырым-жырым ырлары ээлеген, бул ырлар менен, атап айтканда, үйлөнүү жана сөөк коюу каадалары коштолгон. Колукту ата-энесинин үйүнөн болочоктогу күйөөсүнүн үйүнө жөнөп кетээрдин алдында анын энеси, жеңелери жана курдаштары кайгылуу коштошуу ырларын ырдашкан. Ал ырларда турмушка чыгып жаткан кыздын укуксуздугу зор күч менен ачык көрсөтүлүп, күйөөсүнүн үйүндө өзүн кандай алып жүрүү керектиги жөнүндө кызына айтылган акыл-насааттар, келинге жакшы кароого күйөөсүнүн ата-энесине өтүнүчтөр камтылган.

Адетте аялдар аткарган сөөк көмүүдөгү ыйлар (*кошок*) зор көркөмдүк күчкө жеткен. Бир учурда бул коштошуу кыскача лирикалык чыгармалар болгон, экинчи учурда өлгөндүн өмүр жолу жөнүндө толук баяндаган элегия түрүндөгү

бир кыйла ири чыгарма болгон. Кошоктун кийинки бул тибин көп учурда өткөн заманда феодалдар төбөлүнүн заказы боюнча атайын кошокчулар аткарган. Анын мазмуну эмгекчилерге идеологиялык жактан таасир көрсөтүү максатында бул же тигил манаптын «эмгегин» даңктоо болгон. Өлгөндөрдү эскерүү күндөрүндө аткарылуучу ырлар өзгөчө эскерүү ырларына — жоктоо ырларына өсүп чыккан. Кошоктор кээде биздин мезгилде да аткарылат.

Кыргыздардын оозеки чыгармачылыгында эпостук жанр зор орун ээлейт. Баарыдан мурда чакан формадагы эпикалык чыгармаларга токтоло кетүү зарыл. Кыязы, кыргыз элинин тутумуна кирген урууларлын эпикалык уламыштарынын бир кыйла калдыктарынын бөлүктөрү болуп саналган ондон ашуун эпостук поэма бар. Алардын ичинен кээ бирөөлөрүнүн келип чыгышы сөзсүз байыркы болуп саналат. «Эр Төштүк» жомок поэмасы мына ушундай, анын каарманы жер астындагы дүйнөдө аракеттенет. Бул поэма- нын мазмуну жана образдары Алтайдын элдеринин эпосуна окшошуп кетет. «Кожожаш» поэмасында да жомоктук мотивдер чагылдырылган, ал табигаттан тышкаркы күчү бар кайберенге каршы узак күрөш жүргүзгөн мергенчи жөнүндө баяндайт. Бул күрөштү Кожожаш өлгөндөн кийин анын уулу Молдожаш аяктайт. Поэма, кыязы, өндүргүч күчтөрдүн төмөнкү деңгээлинде турган коомдо келип чыккан, андан анимисттик дүйнөгө көз караштардын белгилери байкалат.

«Курманбек» жана «Эр Табылды» поэмаларында эми эки карама-каршы таптардын — феодалдардын жана аларга көз каранды катардагы малчылардын таламдары айкын билдирилген. Сөзсүз элдик чөйрөдө келип чыккан бул поэмаларда башкы каармандарга элдик таламдарды коргоочулардын, элдин көксөгөндөрүн билдирүүчүлөрдүн белгилери берилген. Мында чет өлкөлүк баскынчыларга — калмак феодалдарына каршы күрөш чагылдырылган. Бул типтеги эпос кыргыз урууларынын элге биригишинин доору үчүн мүнөздүү. Ага каршы басып алуу согуштарын даңктаган мисалы «Жаныш-Байыш» поэмасы бар. Алар мындай согуштарга таламдаш болгон феодалдык-аристократиялык чөйрөдө келип чыккан.

Эң акырында, бул жанрдагы чыгармалардын арасында социалдык-турмуш-тиричилик жана жомок-романдык мазмундагы новеллалык поэмалар бар («Олжобай менен Кишимжан», «Мендирман», «Жаңыл Мырза»). Алар элдик романдарга тиби боюнча окшошуп кетет. Алардын мазмуну — каармандардын башынан өткөн окуялары, үй-бүлөлүк, турмуш-тиричилик жаңжалдары. Терең элдик поэма «Кедейкан» өзгөчө белгилене кетүүгө тийиш, ал элди эзүүчүлөргө каршы багытталган социалдык сатиранын үлгүсү болуп саналат. Ал амалкөйлүк менен хандын тактысын ээлеп алып, хандык бийликти өзүнө окшогон жөнөкөй адамдардын таламдарында пайдаланган кедей жөнүндө баяндайт.

Кыргыз фольклорунда легендалар жана уламыштар бир кыйла орунду ээлейт. Генеалогиялык мүнөздөгү уламыштардан тышкары негизинен коемогониялык түшүнүктөрдү чагылдырган мифологиялык мазмундагы легенданын эң байыркы келип чыгышы белгилене кетүүгө тийиш. Кээ бир легендаларда дүйнөгө тотемисттик көз караштын калдыктары сакталып калган; бугу уруусунун бугудан келип чыккандыгы жөнүндө легенда мына ушундай. Жаныбарлардын жана канаттуулардын келип чыгышы жөнүндө легендалар да өтө көп. Азыр да тарыхый уламыштар бир кыйла кеңири таркаган.

Эпостук жанрга мазмуну боюнча эң ар түрдүү жомоктор (жөө жомок) жакындашат. Мында каармандардын башынан өткөн укмуштуу окуялары, сыйкырлуу жомоктор, фантастикалык айбанаттардын сүрөттөлүшү жана элдин

турмушу, анын жакшы турмуш жөнүндө көксөгөндөрү айкын көрсөтүлгөн сыйкырлуу жомоктор жана анекдоттук жомоктор, айбанаттар жөнүндө жомоктор бар. Жомоктордун түзүүчүлөрү жана таркатуучулары жомокчулар болгон.

Кыргыздардын баатырдык эпосунун эң ири чыгармасы «Манас» поэмасы болуп саналат.

«Манас» таланттуу айтуучулардын — манасчылардын көп муундарынын коллективдүү чыгармачылыгынын натыйжасында түзүлгөн көлөмү боюнча эң зор эпостук үчилтик болуп саналат. Биринчи жолу «Манастын» үзүндүсү XIX кылымдын 50-жылдарынын ортосунда казак окумуштуу-агартуучусу Чокон Валиханов тарабынан жазылып алынган. Орус тилинде кара сөз котормо түрүндө ал 1904-жылы гана жарыяланган. «Манастын» кыскартылган варианты кийинчерээк В. В. Радлов тарабынан жазылып алынып, ал 1885-жылы кыргыз оригиналында жана немис тилине которулуп жарыяланган.

«Манас» кыргыздардын арасында оозеки салт түрүндө гана жашап келген. «Манасты» акыркы убакка чейин сактап калууга манасчылардын укмуштай эсте сакташы гана эмес, анын элге кеңири белгилүү болгондугу көмөк көрсөткөн. «Манастын» элге жат мазмундагы кээ бир айтылыштарын кеңири жайылтууда бай-манап төбөлдөрү жана кийинчерээк буржуазиялык улутчулдар бир кыйла роль ойногон.

Эпос кыргыздарда белгилүү даражада өзүнө фольклордун бардык калган жанрларын баш ийдирип, өзүнө кандайдыр-бир даражада анын бүт байлыгын: уламыштарды да, жомокторду да, ырларды да, макалдарды да камтыган.

Манасчылардын көпчүлүгү эпостун аткаруучулары гана болбостон, төкмө акындар, анын жаңы варианттарын түзүүчүлөр да болушкан.

«Манасты» айтуу үчүн көп күндөр, ал түгүл көп жумалар талап кылынган. Манасчыларды узак мөөнөткө өзүнө чакырып алууга көбүнчө манаптардын, бийлердин жана байлардын мүмкүнчүлүгү болгон. Элдин арасында «Манасты» жайылтууда поэманын айрым, көбүрөөк белгилүү эпизоддорун аткарган ырчылар зор роль ойногон. «Манастын» айрым үзүндүлөрү калктын кеңири катмарына белгилүү болгон. «Манасты», адетте, музыкалык аспаптын коштоосусуз угуучулар көп топтолгон жерде айтышкан. Аңгемелер жана сүрөттөөлөр камтылган поэманын бир бөлүгү бир кыйла ылдам темпте, ал эми каармандардын диалогдору менен сөздөрү бир калыпта жана салтанаттуу баяндалат. Аларды аткаруу музыкалык жомок духунда жүргүзүлөт. «Манасты» айтууда пайдаланылуучу 20 дан ашуун обон бар. Манасчы поэманы аткарууда ар кандай кол кыймылдарын жана бай мимиканы колдонот.

«Манас» үчилтигинин биринчи бөлүгү аркылуу өткөн негизги мазмундук өзөк — бул легендарлуу Манастын Орто Азияда жана коңшулаш өлкөлөрдө жасаган баатырдык эрдиктери. Мында Манастын туулганына, уландык жылдарына, анын хан болуп шайланышына, Манастын жана анын 40 баатырдан турган кошунунун (40 чоро) согуштук эрдиктерине арналган ырлардын цикли берилген. Циклдердин бири Манастын бирлеши Ташкендин ханы Көкөтөйдүн ашына арналган. Акыркы казатта оор жарадар болгон Манас Талас өрөөнүнө кайтып келип, ал жерде каза болот. «Манас» үчилтигинин экинчи бөлүгү «Семетей» поэмасы Манастын уулу — Семетейдин турмушуна таандык, ал эми үчүнчүсү «Сейтек» Семетейдин уулу — Сейтекке арналган. Көлөмү боюнча «Семетей» үчилтиктин биринчи бөлүгүнөн аз эмес. Стили салтанаттуулуктун, каардуу эрдиктин белгилери менен мүнөздөлгөн «Манастан» айырмаланып, «Семетей» жана «Сейтек» поэмаларына лирикалык чыгармалардын белгилери мүнөздүү.

«Манастын» биринчи изилдөөчүсү Ч. Валиханов анда «кыргыздардын турмуш турпаттары, каадалары, салттары, географиясы, диндик жана медициналык билимдери жана алардын эл аралык мамилелери»[13] чагылдырылгандыгын көрсөткөн.

«Манаста» бир канча айрым мазмундар толугу менен иштелип чыккан, алардын ичинен эң ириси Манастын Каныкейге куда түшүшү жана үйлөнүшү, жети хандын Манаска каршы кастыгы, Манаска анын туугандарынын көз-камандардын көчүп келиши болуп саналат.

Эпосто зор орунду социалдык-турмуш-тиричилик материалы ээлейт: үйлөнүү тою, аш берүү, элдик оюндар жана шаан-шөкөттөр, үй тиричилиги чеберчилик менен сүрөттөлгөн. Манас эпосто башкы, өзөктүү адам катары көрсөтүлүп, анын айланасына калгандары топтолгон. Поэмада Манастын өзү катышпаган дээрлик бир да эпизод жок. Эпос кыргыз аялдарынын жана баарыдан мурда сулуу Каныкейдин — Манастын акылдуу жана кеменгер аялы, баатырдын ишенимдүү жана кайраттуу жарынын эң сонун образдарын келтирет. Поэмада көп орун Аккула — Манастын сыйкырлуу атына берилген.

«Манаста» көп нерсе жомок, фантастика жагына таандык, анда мифология өтө көп. Бирок «Манаста» сүрөттөлгөн окуялардын бир бөлүгү кыргыз элинин жана ага топтошкон уруулардын, анын ичинде эң байыркы уруулардын тарыхынын кээ бир мезгилдеринин көркөмдүк менен чагылдырылышы болуп саналат.

Кыргыздарга чет өлкөлүк баскынчыларга жана эзүүчүлөргө моңголдук-ойроттук, өзбек жана башка феодалдар менен хандарга каршы бир канча жолу чыгууга туура келген. Эпостун согуштук эпизоддорунун көпчүлүгүндө XV—XVIII кылымдарда Орто Азиянын аймагына каптап кирген ойротторго (жунгарларга) каршы кыргыз урууларынын айыгышкан күрөшүнө байланыштуу окуялар чагылдырылган. Жунгарларга каршы күрөштүн мотивдери кыргыз эпосун Орто Азиянын башка элдеринин (казактардын, өзбектердин, кара калпактардын) эпостору менен жакындаштырат.

Ошону менен бирге «Манас» эпосунда согуштук-демократиялык түзүлүштүн үстөмдүгү мүнөздүү болгон кыргыз урууларынын эрте тарыхый өткөн мезгилинин эпизоддору да чагылдырылган. «Манас» бүтүндөй алганда жанрлардын жана мазмундардын келип чыгышынын теги жана мезгили боюнча ар түрдүү өтө татаал «ширендиси» болуп саналат. Ал узак мезгилдин ичинде, бара-бара улам жаңы мазмундарга жана ырларга ээ болуп, баарыдан мурда өзүнө акыркы жыйынтыгында кыргыз элин түзгөн уруулардын эпикалык уламыштарын камтуу менен түзүлгөн. Жогоруда айтылган «Мажму ат-таварих» деген чыгармада «Манас» эпосунан кээ бир эпизоддордун кара сөз менен айтылышы камтылган, мунун өзү эпосто казак-ногой катмарынын болгондугу жөнүндө далилдеп отурат.

Өзүнүн негизи боюнча кылымдар бою кыргыздардын арасына терең сиңген «Манас» эпосу сөзсүз элдик чыгарма болуп саналат. Ошону менен бирге өткөн заманда таптык коомдо өнүгүү менен ал өзүнүн идеологиясына ыңтайлаштырууга умтулган кыргыз коомунун бай-манап төбөлдөрү тарабынан активдүү таасир тийгизүүгө дуушар кылынган. Кийинчерээк кээ бир манасчыларга буржуазиялык улутчулдар зыяндуу таасирин тийгизген. Натыйжада кыргыз эпосунда эпостун редакцияларынын эки тобу түзүлдү: бир жагынан, элдик, демократиялык, экинчи жактан — элге жат жана кас идеяларга ширелген феодалдык -байлардын тобу түзүлдү.

«Манастын» идеялык мазмунунда патриархалдык-феодалдык түзүлүшкө мүнөздүү карама-каршылыктар чагылдырылган. Бытыранды уруулардын башталган биригишинин жана ойроттук баскынчылардан коргонуунун зарылчылыгы менен тыгыз байланыштуу болгон кыргыз элинин калыптанышынын доорунда эпопея катары түзүлгөн «Манас» эпосу, бир жагынан, урууларды бириктирүүнүн жана өз өлкөсүнөн чет жердик баскынчыларды кууп чыгуунун прогрессивдүү идеясын камтыйт, ал эми экинчи жактан — патриархалдык-феодалдык тартипти, анын ичинде кыргыз урууларынын башкаруучу төбөлдөрүнүн эмгекчи массалардын үстүнөн өзүнүн үстөмдүгүн бекитүүдө жана колдоодо пайдаланылган катуу ыкмаларды да идеалдаштырат.

Эпостун реакциячыл багыты хандык бийлик, вассалитеттин системасы, феодалдык өз ара чыр-чатактар, өзүнүн эмгеги менен төбөлдөрдү тейлеген кулдар, малды жана туткундарды айдап кетүү менен, бай олжону алып кетүү менен коштолгон баскынчылык жортуулдар, хан сарайынын шаан-шөкөттүүлүгү, эл үчүн оор болгон аштар сыяктуу үстөмдүк кылуучу таптардын социалдык түзүлүшүн жана турмуш тиричилигин мактоо менен мүнөздөлөт. Кийинки варианттарда буга «динсиздерге» каршы күрөштүн улам күчөтүлгөн мотивдери кошулган.

Эпостогу реакциячыл мотивдердин келип чыгышы феодалдык төбөлдөрдү курчаган манасчыларга байланыштуу. Бирок манасчылардын арасында эпостун айрым үзүндүлөрүн эл массасында аткарып, өзүнүн рухий умтулуусу жагынан элге жакындары да болгон. Алар өзүнчө, демократиялык духта эпостун айтылышын аңдап түшүнүшкөн. Көп сандаган согуштук кагылышууларды мындай манасчылар мекенди коргоо, элдин көз каранды эместигине жана ар-намысына чет элдик кол салуучуларга каршы күрөш катары түшүндүрүшкөн. Бул идея эпостун башкы каарманы — Манастын образында жүзөгө ашырылган, ал эл башына туруп, тышкы душмандардан коргонуу үчүн жакын урууларын гана эмес, ыдыраган урууларды бириктирүүгө жетишет, ички душмандарга да каршы күрөшөт. Уруулук жана феодалдык бытырандылыкты жоюуга, кыргыз элинин бүтүндүгүнө, биримдигине жана көз каранды эместигине умтулуу объективдүү прогрессивдүү болгон.

Феодалдык чөйрөлөр, ал эми кийинчерээк буржуазиялык улутчулдар так тарыхый кырдаалдан келип чыккан эпостун бул жакшы максатка умтулуусун өздөрүнүн таптык максаттарында пайдаланууга умтулушуп, эпоско пантүрктүк жана панисламдык идеяларды киргизип, Манастын образына бардык түрк тилиндеги элдердин жол башчысынын жана баш коштуруучусунун, дин үчүн күрөшчүнүн белгилерин беришкен. Эпостун варианттарынын биринин автору манасчы Сагымбай Орозбаков (1867—1930-жылдар) өзүнүн редакциясында дал ушул элге жат демократияга каршы идеяларды чагылдырган. Бирок алар эпосту анын кеңири элдик негизден ажырата албады. Эл чөйрөсүнө көбүрөөк жакыны үчилтиктин эки бөлүгү: «Семетей» жана «Сейтек» болуп саналат, бирок алар да патриархалдык-феодалдык түзүлүштү идеалдаштыруудан эркин эмес.

Орусияга кошулгандан кийин кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүнүн кайра өзгөрүшүнөн башталган турмуштун жаңы шарттары, жаңы маданий көрүнүштөр, элдин оозеки чыгармачылыгына ири өзгөртүүлөрдү киргизди. Анда ар түрдүү таптардын таламдары бир кыйла ачык чектелип бөлүнө баштады.

«Курманбек» поэмасында, ошондой эле кээ бир башка «чакан» эпостун чыгармаларында демократиялык идеялар күчөтүлгөн. Элдин ички

душмандарына — манаптарга жана байларга каршы күрөш кескин баса көрсөтүлгөн. «Жээренче Чечен» поэмасында эмгек макталып, билимдердин, отуруктащуунун пайдасына пропагандаланат, кээ бир жомок поэмаларда аял кыңк этпес күң катары эмес, өз укуктары үчүн күрөшчү катары чыгат. «Ак Мөөр» поэмасында башкы каарман өзүн карган чалга зордуктап бергендиги үчүн каршылык көрсөтөт. «Каптагайдын кызынын арманы» деген поэманын каарманы эски салттын чынжырынан бошонууга аракеттенет: эркиндикке умтулуп, ал эркектин кийимин кийип, өзүнө татыктуу жар табуу үчүн атасынын үйүнөн качып чыгат. Мына ушунун баарынан орус эли менен, алдынкы орус маданияты менен жакындашуудан башталган жаңы коомдук шарттардын таасиринин астында элдин, атап айтканда аялдын аң сезиминин өзгөрүшү байкалып турат.

Эл акындарынын чыгармачылыгында да бир-бирине карама-каршы турган багыттар айкын көрүнүп турат. XIX кылымдын биринчи жарымында өздөрүнүн чыгармачылык ишин баштаган реакциячыл багыттын өкүлдөрү Калыгул жана Арстанбек акындар болгон. Кокон хандыгынын үстөмдүгүнүн убагында жана Кыргызстан Россияга кошулгандан кийин түзүлгөн өзүнүн чыгармаларында бул акындар өздөрү башынан өткөргөн мезгилди зар заман же тар заман, башкача айтканда элдин көз жашынын, кырсыктардын, азаптардын жана кайгылардын доору катары мүнөздөшкөн. Бул чыгармаларда кыргыз элинин феодалдык төбөлдөрүнүн идеологиясы чагылдырылган. Дал феодалдарга таптык карама-каршылыктарды жумшартуу, мистиканын дүйнөсүнө батуу, патриархалдык-феодалдык тартиптерди идеалдаштыруу пайдалуу болгон.

Мүңкүрөөнүн жана зарыгуунун мотивдери, бактысыздыкты алдын ала сезүү реакциячыл багыттагы акындардын чыгармаларына жык толгон. Алар Кыргызстандын Орусияга кошулушуна каршы чыгышкан, кыргыз элинин коомдук идеалдарын мусулмандык Чыгыштын өлкөлөрүнө багыттандырышкан, мюридизмдин идеясын, мунун натыйжасы катары бардык динсиздерге кастыкты жана келишпестикти үгүттөшкөн. Жаңы нерседен корккон реакциячыл акындар орус элинин өкүлдөрү менен аралашуунун таасири астында кыргыз чөйрөсүндө келип чыккан прогрессивдүү көрүнүштөргө каршы чыгышкан. Башталган окуялардан коркуп жана аларды «акыр замандын» жакындап келатышы катары карап, бул акындар жаңы көрүнүштөрдүн терс жактарын көрө алышкан. Алар үй-бүлөлүк салттардын кыйрашына, адептүүлүктүн жоголушуна даттанышкан. Мына ушундан алар патриархалдык- феодалдык түзүлүштү сактап калууга чакырышкан. Падышачылыктын колониалдык эзүүсүнө каршы күрөштү реакциячыл акындар дегеле орустарга каршы күрөш менен алмаштырышкан.

Колониалдык мезгилдеги ири кыргыз акыны Молдо Кылыч Шамыркановдун (1866—1917-жылдар) чыгармачылыгы өзүнөн мурдагылардын — реакциячыл багыттагы акындардын идеологиясынын таасири астында болгон. Ал сабаттуу болуп, көптөгөн башка акындардан айырмаланып өзүнүн чыгармаларын кагазга түшүргөн. Октябрь революциясына чейин кыргыз тилинде басылып чыккан биринчи китеп Молдо Кылычтын «Зилзала» деген поэмасы болгон, ал Кыргызстан менен Казакстандын аймактарынын бир бөлүгүндө болгон зор бөөдө кырсыкты — 1911-жылдагы жер титирөөнү реалисттик менен чагылдырган. Мына ушул поэмасында Молдо Кылыч диний көз карашка бир кыйла артыкчылык берип, ал пессимизм жана мистикалык мотивдерге жык толгон. Акын кудайга, феодалдык-уруулук төбөлдүн боорукердигине гана таянат. Жер титирөөнү ал адамдардын күнөөсү үчүн кудайдын жазасы катары

түшүндүрөт. Бул Молдо Кылычты реакциячыл багыттагы акын катары баалоо үчүн негиз болгон чыгармаларынын бири. Молдо Кылычтын дүйнөгө көз карашынын чектүүлүгү, ал убактагы коомдук түзүлүш жөнүндө анын түшүнүктөрү элдин турмушунда болуп жаткан өзгөрүштөрдүн маанисин анын түшүнүү мүмкүнчүлүгүнөн ажыраткан. Бирок Молдо Кылычтын чыгармачылыгында башка мүнөздөгү мотивдер да жаңырат. Анын «Буудайыктын тою» жана «Канаттуулар» деген сатиралык поэмалары үстөмдүк кылган таптарды ашкерелөөнү жана айыптоону, укуксуздукка жана жакырчылыкка туш болгон кыргыз кембагалдарына тилектештикти камтыйт. Акын өзүнүн чыгармачылыгында кош эзүүнүн-өзүнүн феодалдарынын жана падышалык колонизаторлордун эзүүсүндө жаткан XIX кылымдын экинчи жарымындагы — XX кылымдын башындагы кыргыз айылына мүнөздүү болгон карама-каршылыктарды чагылдырган.

Реакциячыл багыттагы пессимисттик чыгармалар менен катар ага каршы күрөштө экинчи бир, терең демократиялык багыт бышып жетилди жана калыптанды. Бул багыттын өкүлдөрү болгон акындар Токтогул менен Тоголок Молдо айкын чагылдырылган демократиялык тенденциядагы ырларды түзүшүп, элдин кембагалдыгынын жана азап тартышынын күнөөкөрлөрү катары манап менен байларды, ошондой эле падышалык колонизаторлорду ашкерелешкен. Бул акындар өздөрүнүн чыгармаларында элдин жүрөктөн чыккан үмүттөрүн билдиришип, социалдык адилетсиздикке каршы ачык көтөрүлүшкөн, элдердин достугун жана эркиндикке карай умтулууларын даңктап ырдашкан. Дал ошолор өздөрүнүн ырларында өткөндүн мыкты көркөм салттарын өздөрүнө камтышкан. Элдик поэтикалык чыгармачылыктын өнүгүшүнүн демократиялык багыты Кыргызстан Орусияга кошулгандан кийин орус коомунун алдыңкы идеяларынын кыргыз чөйрөсүнө киришинин натыйжасында түзүлгөн жаңы коомдук шарттардын аркасында чыңдалды.

Кыргыз поэзиясында демократиялык багыттын эң көрүнүктүү өкүлү таланттуу акын жана композитор Токтогул Сатылганов (1864—1933-жылдар) болгон. Ал Кетмен-Төбөнүн тоолуу ойдуңунда жайгашкан (азыркы Ош областынын Токтогул району) Сасык-Жийде деген жерде, байларга иштөөгө аргасыз болгон кембагалдын үй-бүлөсүндө туулуп өскөн. Болочоктогу акындын чыгармачылык жөндөмдүүлүгүнүн калыптанышына анын энеси, белгилүү жамакчы жана кошокчу Бурма чоң таасирин тийгизген.

Токтогул бала кезинен эле атасына жардамдашып байда койчу болуп иштеген. Өзү сыяктуу эле өспүрүмдөрдүн арасында Токтогул ырларды жаратып, аларда эзилген жана шордуу кедейлерге карата боорукердигин билдирген.

Жакшы акын жана музыкант (ал комуз черткен) катары Токтогулду коомдук жыйындарга, үйлөнүү тойлоруна, ашка чакыра башташкан.

Токтогулдун шыктуу ырлары кыргыз калкынын кеңири массасынын арасында ага кеңири белгилүүлүктү жана сүймөнчүктү алып келген. Алар укмуштай жөнөкөйлүгү жана айтылган оюнун айкындыгы, терең лирикалуулугу менен айырмаланган. Токтогулдун талантын ал 1882-жылы белгилүү манап Дыйканбайдын кошоматчы акыны Арзымат менен атактуу айтышынан кийин эл өзгөчө кеңири тааныган. Токтогул профессионалдуу акын болуп калган. Бирок ал байлар жана манаптар үчүн эмес, карапайым көчмөндөр үчүн ырдаган. Ал элге кеңири белгилүү ырларды гана аткарбастан, өзүнүн жаңы ырларын чыгарып, аларда лирикалыктан башка граждандык мотивдеги ырлар улам барган сайын катуу жаңырган.

Токтогулдун көп поэмалары орус маданияты менен таанышуунун түздөн-түз таасири астында келип чыккан. Өзүнөн мурдагылардан айырмаланып, Токтогул орустун эмгекчи элин падышачылык колонизаторлор менен аралаштырган эмес. Ал өзүнүн чыгармаларында колониалдык кулга айландыруунун, ошондой эле байлар менен манаптардын эзүүсүнүн кайра тарткыс жана кыжырданган ашкерелөөчүсү катары чыккан. Токтогул Рыскулбек манаптын балдарына — Кетмен-Төбөдөгү кыргыз калкынын чексиз бийлөөчүлөрүнө жана эзүүчүлөрүнө каршы ачык күрөшкө чыккан. Куугунтук- тоого жана зомбулукка дуушар болуу менен ал манаптарга каршы бирден- бир куралы — ыры менен күрөшкөн. «Беш каман» деген ырында Токтогул элин адепсиз жана таш боордук менен талап жаткан мансаптуу беш манапты өзгөчө күч менен сүрөттөгөн.

Азап тарткан, бирок күрөшкө даяр турган, зомбулукка каршы баш көтөргөн кедейдин келбети Токтогулдун бардык чыгармачылыгында борбордук орунду ээлеген.

Прогрессивдүү кыргыз коомдук ой-тилектин айкын өкүлү катары Токтогул манаптарды, байларды, болуштарды, падышалык чиновниктерди гана эмес, реакциячыл мусулмандык дин кызматчыларын да ашкерелеген. Ал зыкымдыкты, клерикалдардын сопусунгандыгын жана эки жүздүүлүгүн курч ашкерелеп, өз элине ага келтирилип жаткан зыянды аңдап түшүнүшүнө жардамдашууга умтулган. Маселен, анын «Эшен Калпа» деген ыры өтө кеңири белгилүү болгон.

Таптык күрөштүн духуна жык толгон Токтогулдун поэзиясы анын ысмын бай-манап төбөлдөрү үчүн жек көрүнчү кылган. Ыңтайлуу учурдан пайдаланышып, манаптар Токтогулдан кутулмак болушкан. 1898-жылдагы Анжиян көтөрүлүшүнүн убагында Рыскулбектин балдарынын бакан ооздугу менен Токтогул падышалык бийликтер тарабынан камакка алынган. Бул ачык өч алуунун, социалдык адилеттүүлүк үчүн эр жүрөк жана кайра тартпас ырчыны жана күрөшчүнү жазалоонун актысы болгон. Көтөрүлүшкө катышкан деген жалган айып менен Токтогул дарга тартуу аркылуу өлүм жазасына өкүм кылынып, андан кийин сүргүнгө айдоо менен алмаштырылган. Аны Сибирге сүргүнгө айдашкан. Оңунан чыкпаган бир жолку качуудан кийин ал 12 жылга кошумча каторгалык жумуштарга өкүм кылынган.

Сүргүндөгү оор турмуш эркиндикти сүйгөн акындын кайратын сындыра албады. Ал жакта да, туулуп-өскөн жеринен алыс жерде, чыгармачылыгын уланта берген. Өзү да чексиз сүйгөн жана эл да жакшы көргөн Токтогул элден ажыраганын терең кайгыруу менен башынан өткөргөн.

Токтогул сабатсыз болгон, бирок падышалык Россияда ал элдин азап тартканын китептен эмес, ар түрдүү улуттагы саясий камактагылар менен аралашуудан көргөн, сүргүндө жүргөн орус революционерлери менен маектешүүлөрдөн турмуштун чындыгын билип, өзүнүн эс-акылын жаңы маалыматтар менен байыткан, интернационализмдин идеяларына терең сүңгүп кирген.

Орус революционерлеринин таасири астында Токтогулдун алдыңкы демократиялык көз караштары биротоло калыптанган жана чыңдалган. Анын чыгармачылыгы курч жана жетиктүү саясий багытка ээ болуп, революциячылыктын белгилери пайда боло баштаган.

Орус досторунун жардамы менен Токтогул экинчи жолу качууга аракет кылган, бирок бул да оңунан чыккан эмес. Жазалоо мөөнөтү 25 жылга чейин көбөйтүлгөн. Каторгадан 12 жыл болгондон кийин гана жер которуп барган

орустардын жардамы менен Токтогул эркиндикке кутулуп чыга алган. Ал эки жыл бою бейтааныш жерлерди кыдырып жүрүп 1910-жылы өзүнүн туулуп өскөн жерине жеткен.

Токтогулга манаптар менен байлардын өч алышынан жана падышалык түрмөчүлөрдүн жазалоосунан жашырынып жашоого туура келген. 1913-жылы ал манаптардын шимшинүүлөрү боюнча кайрадан түрмөгө салынып, андан кепилдикке алынып, өз эли эзүүчүлөрдөн бошонушунун жаркыраган күндөрүнө чейин жашаган.

Токтогул өз элин Орусия менен жана орустар менен жакындатууга умтулган. Ал өзүнүн туулуп-өскөн жеринин болочогун реакциячыл багыттагы акындар үчүн мүнөздүү болгон мусулман өлкөлөрү менен эмес, орус эли, анын маданияты менен байланыштырган. Аны менен жакындоодон ал орто кылымдык аттта калуудан кутулуунун туура жолун көргөн. Токтогул Кыргызстанда «окуунун кени орустa» деген ойду көп айткан биринчи коомдук ишмер болгон.

Саясий ырлар менен катар Токтогул лирикалык жана турмуш темасындагы көп чыгармаларды жараткан. Алардын баары оптимизмге, адилеттүүлүктүн салтанатына терең ишенгендикке жык толгон.

Токтогул жаңы, жогорку идеялуу, демократиялык кыргыз адабиятынын негиздөөчүсү болуп саналат. Ал акындардын бүтүндөй мектебин тарбиялап чыгарып, алардын чыгармачылыгы андан ары кыргыз совет адабиятынын ажырагыс бөлүгү болуп калды.

Токтогул кыргыз элдик музыканы өнүктүрүүдө да ири прогрессивдүү роль ойногон. Анын музыкалык чыгармалары кыргыз эл искусствосунун казнасына кирди.

Токтогул кыргыз искусствосундагы гана эмес, XIX кылымдын экинчи жарымындагы — XX кылымдын башындагы кыргыз коомдук ойдогу демократиялык багыттын эң көрүнүктүү өкүлү болуп саналат.

Октябрь революциясын, Совет бийлигин Токтогул шыктанган чыгармалар менен тосуп алды. Анын В. И. Ленинге арналган ыры кеңири белгилүү, анда кыргыз адабиятында биринчи жолу эмгекчилердин улуу жол башчысынын образы зор сүймөнчүк жана мээримдүүлүк менен түзүлгөн.

Кыргыз оозеки жана жазма адабиятында демократиялык багытты өнүктүрүүдө эң ири ролду жазма акын, таланттуу кыргыз агартуучу акыны Тоголок Молдо деген ысым менен белгилүү Байымбет Абдрахманов (1860—1942-жылдар) ойноду. Акындын туулган жери — Нарын дарыясынын өрөөнүндөгү Куртка деген жер (азыр Тянь-Шань областынын Ак-Талаа району). Эмгекчил үй-бүлөдөн чыккан Тоголок Молдо белгилүү акын жана обончу Музооке деген өзүнүн чоң атасында тарбияланган. Ал чоң атасынан поэзияга карата сүйүүнү жана демократиялык көз караштарды кабыл алган.

Тоголок Молдонун чыгармачылыгынын, анын демократиялык көз карашынын калыптанышына, бир жагынан, аны курчап турган чөйрө, ал үчүн мүнөздүү болгон таптык карама-каршылыктар, бай-манаптык жана колониялык эзүүнүн күчөшү, ал эми экинчи жактан — кыргыз жана орус элдеринин эмгекчи массаларынын жакындашуусунун башталышы зор таасирин тийгизген. Токтогул менен жана анын чыгармалары менен таанышуу да Тоголок Молдонун чыгармачылыгынын мүнөзүнө таасирин тийгизген.

Кыргыз кедейлеринин турмушун, анын кырсыктарын жана азап тар-тууларын жакшы билүү менен Тоголок Молдо өзүнүн кээ бир чыгармаларында байлар жана манаптар, болуштар жана падышачылык чиновниктер жүргүзгөн

талап-тоноолорго, зордук-зомбулуктарга каршы чыккан. Анын куралы курч сатира болуп саналат. «Жер бетиндеги жана суу илбесиндер жөнүндө» тамсилге окшош сатиралык поэмасында Тоголок Молдо канаттуулар түрүнүн астында, бир жагынан, кедейлерди, экинчи жагынан кулалы, чүйлү түрүндө — алардын эзүүчүлөрүн көрсөтөт. Манаптар Тоголок Молдонун чыгармачылыгына акынды куугунтуктоо менен жооп беришкен.

Акындын чыгармаларынын кийинки этабында алдыңкы революциячыл орус коомдук оюнун таасири астында кыргыз коомунда чыңдалып бараткан демократиялык идеялар айкын чагылдырылган.

Тоголок Молдонун поэзиясы үчүн агартуучулуктун мотивдери мүнөздүү. Ал өзүнүн поэмаларында элине орустардан чарбаны маданияттуу жүргүзүүгө үйрөнүү, билимге, кол өнөрчүлүккө ээ болуу, артта калгандык, түркөйлүк, ырым-жырымдарга каршы күрөшүү чакырыгы менен кайрылат. «Жердин жана ааламдын балдары» деген поэмасында ал жаратылыштын ар түрдүү кубулуштарын жана мыйзамдарын рационалдуу көркөм формада түшүндүрүп, ошону менен бирге алардагы диндик түшүндүрүүлөрдү четке кагат.

Тоголок Молдонун насыят поэмаларынын цикли жалкоолукту, көөдөндүктү ашкерелөөгө арналып, аларга эмгекчилдикти, адилеттүүлүктү, адамды урматтоону карама-каршы коёт.

Тоголок Молдонун чыгармачылыгы кеңири белгилүү болуп, элдин ичинде кеңири таркаган.

Ири демократ акындардын катарына ошондой эле Барпы Алыкулов таандык. Жазма акындар Ысак Шайбековдун, Абылкасым Жутакеевдин, Токторалы Талканбаевдин чыгармалары кеңири белгилүү.

Улуу Октябрь социалисттик революциясынан кийин кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын өнүгүшү үчүн жаңы түрткүлөр пайда болду. Аны жазып алуу жана изилдөө боюнча зор иш башталды. Кыргызстанда Совет бийлиги орногонго чейин «Манас» оозеки гана сакталып келген. 1920-жылдарда, Кыргызстанда граждандык согуш бүткөндөн кийин «Манастын» толук текстин жазып алуу биринчи жолу башталды. Кийинчерээк советтик ири манасчы Саякбай Каралаевден эпостун 400 миңден ашуун сап көлөмдөгү эң баалуу варианттарынын бири жазылып алынды. «Манастын» көп варианттары жана анын үзүндүлөрү башка манасчылардан чогултулуп алынды. Акыркы жылдарда эпостун жыйынды тексти басылып чыкты.

Бүтүндөй алганда кыргыз оозеки элдик чыгармачылыгын, анын жанрларынын көп түрдүүлүгүн жана бай мазмунун элдик маданияттын эң маанилүү жетишкендиктеринин бири катары кароого болот. Өткөн заманда ал феодалдык эзүүгө каршы социалдык наарazылыктын мотивдеринин күчөшүнүн эсебинен үзгүлтүксүз байып турган. Кыргыз фольклорунун көп сандаган мыкты үлгүлөрү биздин күндөргө чейин жетип, кыргыз советтик социалисттик маданияттын тутумдуу бөлүгүнө кирди.

Эски фольклордун эң мыкты көркөм үлгүлөрү жазылып алынууда жана изилденүүдө, алардын ичинен көпчүлүгү азыр да аткарылып жатат. Ошол эле убакта, фольклордун салт болуп калган формаларын пайдаланып, эл жаңы чыгармаларды, өзгөчө азыркы убактагы чындыкты айкын чагылдырган, жаңы мазмун менен толукталган лирикалык ырларды түзүп жатат.

Театрдан, концерттик эстрададан, талаа шыйпаңдарынан, патефондук пластинкалардагы жазуулардан жана радиодон биздин доорго өтө үндөш келген фольклордун чыгармаларын угууга болот. Бардык жерде белгилүү акындар жана

манасчылар көптөн күткөн меймандар болуп саналат. Кыргызстандын бардык булуң-бурчтарында кыргыздын эң мыкты төкмө акындары Алымкул Үсөнбаевдин, Осмонкул Бөлөбалаевдин, манасчы Саякбай Каралаевдин ысымдары белгилүү. Алардын ырларында мурдагыдай асан кайгы жок, ал ырларда советтик мекен гүлдөгөн бак менен салыштырылат; шыктанган саптар Коммунисттик партияга, улуу орус элине, элдердин достугуна, Москвага арналган.

Акындар кыргыз фольклорунун мыкты үлгүлөрүн чогултуу жана калыбына келтирүү боюнча зор иш жүргүзүп жатышат. Кыргыздардын эпостук чыгармасын баалуу изилдөөлөр Казак ССР Илиллдер академиясынын академиги М. О. Ауэзовго, СССР ИА мүчө-корреспонденти В. М. Жирмунскийге, адабиятчы Ө. Жакишевге таандык.

Улуу Октябрь социалисттик революциясынын жеңишинин натыйжасында гана улуу орус элинин туруктуу жардамынын аркасында кыргыз эли улуттук көркөм адабиятты түзүүнүн жолуна түштү. Өзүнүн улуттук формасын сактап калып жана өнүктүрүү менен, кыргыз адабияты менен искусствосунун жаңы, социалисттик мазмуну бар.

Советтик жазуучулар союзуна бириккен, 90 дон ашуун мүчөсү бар Кыргызстандын жазуучулары жана акындары өздөрүнүн чыгармаларында падышачылыктын заманында кыргыз элинин өткөн кыйын тарыхы жөнүндө гана баяндабастан, социализм өлкөсүндө турмуштун жана эмгектин кубанычын, советтик элдердин бузулбас достугун даңкташат. Алардын чыгармачылыгы буржуазиялык-улутчулдук адабияттын өкүлдөрүнүн өткөн заманды ар кандай коолдоп көрсөтүүгө, идеалдаштырууга жасаган аракеттерине каршы күрөштө бекемделди.

Кыргыздарда жазма адабият кыргыз жазуусу менен бир эле убакта (1924-жыл) өнүгө баштаган. Кыргыз көркөм адабияты алдыңкы орус жана совет адабиятынын жакшы таасири астында өсүп чыккан. Анын эң бай тажрыйбасын жана жакшы салттарын алуу менен кыргыз адабияты оозеки эл чыгармачылыгынын бардык жакшы жактарын да алды. Бирок совет адабиятынын жаңы мазмуну жаңы формаларды да талап кылган. Орус классиктеринин жана советтик алдыңкы жазуучулардын чыгармаларын туруктуулук менен үйрөнүп, кыргыз адабиятчылары өздөрүнүн жаш адабиятын чындыкты чагылдыруунун жаңы жанрлары жана жаңы каражаттары менен байытышты.

Көп кыргыз акындарынын жана жазуучуларынын чыгармачылыгынын калыптанышында М. Горькийдин жана В. Маяковскийдин курч революциялык багыттуулугу зор роль ойноду. Кыргыз жазуучуларынын чыгармачылыгы үчүн СССРдин башка боордош элдеринин адабияттары менен тыгыз өз ара байланыштар мүнөздүү.

Кыргыз адабияты өзүнүн өнүгүшүндө новелла, аңгеме, повесть, роман, поэма, драмалык чыгарма сыяктуу татаал жанрларга чейин көтөрүлдү Кыргыз жазуучулары чымыркануу менен ээ болуп жаткан социалисттик реализмдин ыкмасы аларга бир катар маанилүү чыгармаларды түзүүгө жардам берди. ВКП(б) БКнын идеологиялык маселелер боюнча чечимдери кыргыз адабиятынын өнүгүшүндөгү эң ири учур болуп калды. Кыргыз жазуучулары социалисттик чындыктын темаларына кайрылды. Кеңири коомчулуктун жактыруусуна татыктуу болгон чыгармалар жарык көрдү. Аларга баарыдан мурда Түгөлбай Сыдыкбековдун «Биздин замандын кишилери» деген романы таандык, ал

Мамлекеттик сыйлыкка татыктуу болуп, орус тилине жана дээрлик бардык союздук республикалардын элдеринин тилдерине, ошондой эле кытай, поляк жана чех тилдерине которулган; мындай чыгармалардын катарына Касымалы Баялиновдун «Көл жээгинде» деген повести, Насирдин Байтемировдун «Салтанат» романы таандык.

Бирок кээ бир жазуучулардын чыгармаларынан улутчулдук мүнөздөгү каталар табылган, ал каталыктар феодалдык өткөн турмушту идеалдаштырууда, реакциячыл инсандарды даңазалоодо болгон. Экинчи бир жазуучулар советтик чындыкты туура эмес чагылдырышкан. Республиканын партиялык уюмунун жардамынын аркасында бул каталыктар ийгиликтүү жоюлуп жатат.

Акыркы убакка чейин кыргыз адабиятында үстөмдүк абалды поэзия ээлеп келген. Бирок азыр алдыңкы жанр кара сөз болуп саналат. Зор эмоциялык күч менен поэтикалык, кара сөз жана драматургия чыгармаларын жараткан кыргыз адабиятынын таанылган чебери катары Кыргызстандын эл акыны, Кыргыз ССР Илимдер академиясынын чыныгы мүчөсү, мурунку койчу Аалы Токомбаев (Балка) эсептелет. Анын биринчи кыргыз газетасы «Эркин Тоонун» 1924-жылдын 7-ноябрындагы биринчи санына басылып чыккан «Октябрдын келген кези» деген ыры менен кыргыз советтик басма адабияттын тарыхы башталат. Анын калемине онго жакын ырлар жыйнагы таандык. Ал саясий лириканын түзүүчүсү болуп саналат. Кыргыз адабиятында жаңы жанрлардын баштоочусу А. Токомбаев өзүнүн ырларында философиялык лириканын бийиктигине чейин көтөрүлгөн. Анын чыгармаларынын арасында өзүнчө бир философиялык элегиялардын бүтүндөй цикли бар. Аларга «Эскерүүлөр», «Акындын түнү» таандык. Бул чыгармаларында ал адамдык инсан проблемасына кайрылат, элге коомдук кызмат кылуунун, адамдын акыл-эсинин жаратылыштын үстүнөн жеңишинин мотивдерин козгойт. А. Токомбаевдин кээ бир кара сөз чыгармалары фольклордук мазмундарга таянган.

Улуу Ата мекендик согуштун жылдарында А. Токомбаевдин ырлар жыйнактары чыкты, ал ошондой эле «Ант» жана «Намыс» драмаларын жазды.

Акындын жаңы чыгармалары анын андан аркы чыгармачылык өсүшү жөнүндө далилдеп отурат. Анын улуу акын-демократтын өмүр жолуна арналган «Токтогул» деген ыр менен жазылган жаңы чоң романы аяктоонун алдында турат.

Кубанычбек Маликовдун чыгармачылыгында адабий жанрлардын бардык көп түрлөрү бар. Анын ондон ашуун ыр китептери басылып чыккан. Республикада Алымкул Үсөнбаевдин, Темиркул Үмөталиевдин, Төлөн Шамшиевдин, Абдрасул Токтомушевдин, Муса Жангазиевдин, К. Акыевдин, С. Шимеевдин жана башка акындардын ырлары кеңири белгилүү.

Аирик акын Жоомарт Бөкөнбаевдин таланттуу, турмуш ырастаган ырлары, ошондой эле жан дүйнөнү козгогон маркум Алыкул Осмоновдун ырлары өтө кеңири белгилүү. А. Осмоновдун поэзиясы үчүн образдардын терең сезимдүүлүгү, мазмунунун байлыгы жана сезиминин назиктиги мүнөздүү.

Кыргыз кара сөзүнүн башаттары катары кандайдыр-бир өлчөмдө жомоктор, эпостук уламыштардын кара сөз варианттары, анекдоттор, легендалар сыяктуу оозеки чыгарма жанрлары кызмат кылган. Бирок анын жаратылышында башкы ролду орус адабиятынын таасири ойногон. Ал поэзияга караганда бир кыйла жай өнүккөн. Биринчи кара сөз түрүндөгү чыгарма 1928- жылы жазылган Касымалы Баялиновдун «Ажар» повести болгон, анда Октябрь революциясына чейин кыргыз кыздарынын оор тагдыры жөнүндө баяндалган.

Ал ондогон тилге, анын ичинде англис, испан, француз тилдерине которулган. Андан кийинки кара сөз түрүндөгү чыгарма Мукай Элебаевдин өмүр баяндык «Узак жол» романы болгон. Касымалы Жантөшевдин «Каныбек» деген чоң тарыхый-окуялуу романы XIX кылымдын экинчи жарымындагы кыргыз айылынын турмуш-тиричилигине арналган. Романдын реалисттик мазмуну сыйкырлуу жомоктордон жана эпостордон чыккан фантастика менен айкалышкан.

Советтик чындыкты чагылдыруучу реалисттик кара сөзгө өтүү А. Токомбаевдин «Жараланган жүрөк» повестинде жасалган. Эң ири кыргыз кара сөз чебери, Кыргыз ССР Илимдер академиясынын чыныгы мүчөсү Түгөлбай Сыдыкбековдун романдарында азыркы убактагы тема толук өлчөмдө чагылдырылган. Автордун көңүлүн коллективдештирүү темасы өзүнө тарткан. Ага Т. Сыдыкбековдун «Кең Суу» деген биринчи романы арналган, ал М. Шолоховдун «Көтөрүлгөн дың» деген романынын таасири астында жазылган жана реалисттик роман жанрынын башатын түзгөн. Ушул эле теманы автор «Темир» романында иштеп чыккан. Т. Сыдыкбековдун эң ири чыгармасы жогоруда эске салынган «Биздин замандын кишилери» романы болуп саналат. Автор эпикалык кеңдик менен кыргыз колхозчуларынын Улуу Ата мекендик согуштун жылдарындагы баатырдык эмгегин, биздин өлкөнүн элдеринин достугун жана боордоштугун, советтик адамдардын жогорку моралдык турпатын сүрөттөгөн. Прозаиктердин арасында ошондой эле Н. Байтемиров, Т. Абдумомунов, У. Абдукаимов белгилүү.

Театр менен чыгармачылык кызматташтыкта кыргыз драматургиясы да өсүп чыкты. Бул жанрдын түптөөчүлөрү Молдогазы Токобаев менен Касы- малы Жантөшев болуп саналат, алардын «Кайгылуу Какей» жана «Карачач» деген пьесалары көп жылдар бою кеңири белгилүү болгон. Драматургиялык чыгармалардын үстүндө ошондой эле А. Токомбаев, К. Маликов, Р. Шүкүрбеков, К. Эшмамбетов, Т. Сыдыкбеков эмгектенип жатышат. Драматургияга байкалаарлык салымды Т. Абдумомунов кошту («Тар капчыгай» жана «Ата- бектин кызы» пьесалары).

Акыркы жылдардын ичинде жаңы таланттуу чыгармалар жаралды. «Кең Суу» романын кайрадан иштеп чыгып, Т. Сыдыкбеков ири көп пландуу «Тоо арасында» деген жаңы чыгармасын жазды. Ал «Абысындар» деген үчилтиктин биринчи китеби — «Батыйна» романын жазуу ишин аяктады. Кыргызстандын жумушчу табы жөнүндө С. Сасыкбаев «Үңкүрдөгү жарык» деген чоң романын түздү. Өзүнүн турмуштук чындыгы менен Мамасалы Абдукаримовдун «Жашагым келет» деген романы татыктуу таанылууга ээ болду.

Жаш кыргыз кара сөз чебери Чыңгыз Айтматов өзүнүн «Жамийла» деген чакан повести менен кеңири белгилүү болуп калды. Анда эски каадаларды жеңип чыгууга жана өзүнүн жаркын сезимине карай утурлап барууга күч тапкан жаш кыргыз аялынын тарыхы зор көркөмдүк күч менен баяндалган. Бул повесть эл аралык кеңири таанылууга ээ болду. Ал Францияда Луи Арагондун кириш сөзү менен чыгып, аны ал «Жер бетиндеги махабат жөнүндө эң сонун повесть» деп атаган. Ч. Айтматовдун «Бетме-бет», «Ботокөз» деген аңгемелери зор кызыкчылык туудуруу менен тосулуп алынды. Жазуучунун «Кызыл жоолук жалжалым» жана «Биринчи мугалим» деген жаңы повестери анын андан аркы чыгармачылыгынын өсүшүн көрсөттү. Ч. Айтматовдун чыгармалары СССРде жана чет өлкөлөрдө 20 дан ашуун тилге которулган.

Чыгармачылык жактан жөндөмдүү жаш жазуучулардын катарына ошондой эле акындар Б. Сарногоев, С. Жусуев, өзүнүн жаңы «Атай» деген ири чыгармасын кыргыз композитору Атай Огомбаевге арнаган прозаик К. Каимов жана Ш. Бейшеналиев таандык. Акыркысы «Кычан» (кыргыз Павлик Морозов жөнүндө) повестинин жана студенттердин турмушунан алып жазылган «Уядан учкандар» романынын автору катары белгилүү. Жөндөмдүү акын жана адабиятчы Мухтар Борбугулов өзүнүн «Элеттик жигит» деген кара сөз түрүндө жазылган чыгармасы менен таанылды.

Кыргызстанда «Ала Тоо» (кыргыз тилинде) жана «Литературный Киргизстан» (орус тилинде) деген коомдук-саясий жана адабий журнаддар ай сайын чыгып турат. Кыргыз адабиятынын калыптануу процессине зор таасирин тийгизген кыргыз акындарынын жана жазуучуларынын эң ири жетишкендиктеринин бири кыргыз тилине орус жана советтик, ошондой эле батыш европалык адабияттарынын классикалык үлгүлөрүнүн которулушу болуп саналат. Улуу Пушкиндин көптөгөн чыгармалары А. Осмоновдун, К. Маликовдун жана башка акындардын жана жазуучулардын котормолорунда басмадан чыккан. «Евгений Онегин» биринчи жолу кыргыз тилине К. Баялинов тарабынан которулган. Лермонтовдун, Л. Толстойдун, Гоголдун, Салтыков Щедриндин, Горькийдин чыгармалары кыргыз окурманына жеткиликтүү болуп калды. Советтик көркөм адабияттын мыкты чыгармалары да кыргыз тилинде басылыш чыккан.

Боордош элдердин улуу жазуучуларынын чыгарлласы кыргыз элине белгилүү болуп баратат. А. Осмонов Шота Руставелинин «Жолборс терисин жамынган баатырын» которгон; Низаминин чыгармалары басылып чыкты. Эң акырында К. Эшмамбетов жана А. Осмонов Шекспирдин «Гамлет», «Отелло» жана «Он экинчи түн» сыяктуу, ошондой эле «Миң бир түн» сыяктуу классикалык адабияттын чыгармаларын кыргыз тилине которушкан.

## *Сүрөт искусствосу*

Илгертеден эле кыргыздарда өнүккөн декоративдик колдонмо искусство формаларынын назиктиги жана байлыгы, сүрөтүнүн тактыгы, түсүнүн жогорку маданияты менен белгиленген. Турмуштун көчмөн укладынын өзгөчөлүгүнүн натыйжасында анын колдонулушу өткөндө турак-жайды, кийим-кечени, эмерек буюмдарын, ээр токумду көркөмдүк жактан кооздоо менен чектелген. Ошондой болсо да элдик чыгармачылыктын бул жагынан да элдин жогорку көркөмдүк жөндөмдүүлүгү байкалган.

Кыргыз сүрөт искусствосунун дайыма чыныгы элдик мүнөзү болгон. Анын көбүнчө боз үйлөрдү кооздогон мыкты үлгүлөрү, ички жасалганын буюмдары, костюмдары, ээр токуму, кыргыз феодал төбөлдөрүнүн жана ири мал ээлеринин ат жабдыктары элден чыккан устаттардын жана уз аялдардын колу менен жасалган. Искусствонун бул чыгармаларынын көркөм ой максатында муундан муунга өткөн эң мыкты элдик салттар сакталып калган. Аз көркөмдүү, бирок таң калтырган боз үй жасалга буюмдарынын укмуштай декоративдүү жасалгалары, феодалдардын заказы боюнча аткарылган айрым кооздуктар өтө сейрек болгон жана бүтүндөй алганда өзүнүн мазмуну боюнча демократиялык кыргыз сүрөт искусствосун мүнөздөгөн эмес.

Кыргыздардын колдонмо искусствосу килем токуу, ар түрдүү типтеги оймо кийиздерди жасоо, оймо-чийме салынган чий чырмоо, сайма, булгаарыга наар түшүрүү, жыгачка оймо салуу жана металлды көркөмдүк иштетүү аркылуу көрсөтүлгөн.

Жүндөн кийиз буюмдарды жасоону эчактан эле Памир-Алай жана ферганалык кыргыздар, ошондой эле КЭРдин Синьцзян-Уйгур автономиялуу районунун түштүк-батыш бөлүгүндө жашаган кыргыздар билишкен.

Килем токуу мурда ичкилик тобуна кирген урууларда көбүрөөк өнүккөн, бирок ал башка түштүк кыргыздарына да жакшы тааныш болгон. Азыр килемди негизинен Ош областынын түштүк-батыш райондорунда токушат.

Өткөндө килем буюмдары турмуш-тиричиликте өтө кеңири таркаган. Жүн килемден башка ушул убакка чейин өң жагы килем болгон ар кандай максаттагы идиштерди коюучу (чабадан, кош жабык), боз үйдү кооздоо үчүн килем шалчаларын (тегирич), асынма баштыктарды (куржун), ээр үчүн килемчелерди (ээр көпчүк) жолуктурууга болот. Мурда, адетте, килемдерди өлчөмүн чакан кылып токушкан, бирок XIX кылымдын акырынан тартып алар жергиликтүү базарларга түшө баштаган соң ири өлчөмдөгү килемдерди жасай башташкан. Азыр 3—3,2 х 1,4—1,5 метр өлчөмдөгү килемдер басымдуулук кылат.

Кыргыз килемдери түркмөндөрдөгүдөй же өзбектердегидей эле жөнөкөй горизонталдык өрмөктөрдө (дүкөн) жасалат. Ал узундугу негизинин кеңдигинен ашыктык кылган эки чабак жыгачтан жана жиптердин арасын ачуу жана алмаштыруу үчүн алкымды жасоо максатында кызмат кылган үч таяктан турат. Аркак жана түктүү түйүндөрдү тиштүү жыгач сокмо менен ныкташат, жүн жипти кайчы менен кесип, анын учун кайчы менен тегиздешет. Түгүнүн бийиктиги 5—7 см Түктүү бир жарым түйүн, кол менен түйүлөт. Кыргыз килеминин жыштыгы 1 чарчы дм ге орто эсеп менен 900—1000 түйүн. Чоң килемдерди, адетте, чогуу жасашат.

Килемди кой жүнүнөн токушат, бирок негизи катары төөнүн жана эчкинин жүнү колдонулат.

Килемдердин басымдуу түстөрү саргыч-кызыл жана кочкул-көк болуп саналат, экөө тең күңүрт түстө болот. Сейрек учурда сары, күрөң, жашыл, ак түс колдонулат. Боекторунун түстөрү өзүнчө башкача, ал эми аларды айкалыштыруу килемчелердин табитинин назиктиги жөнүндө далилдеп турат. Кыргыздар жүндү боёо үчүн өсүмдүк боёкторун пайдаланышкан, ал эми XIX кылымдын акырынан тартып анилин боекторун пайдаланышып, аларды пайдалануу килемдердин сапатын начарлатып жиберген.

Кыргыз килемдеринин борбордук бөлүгүн айланта курчаган оймо-чиймелер бар. Оймо-чиймедеги саймалар борбордогу саймалардан айырмаланып турат. Килемдердин оймо-чиймелеринин композициясынын бир канча варианты бар. Маселен, килемдин ортосу үлүштүк тилкелерге бөлүнүп, ал жерлерге оймо-чиймелер жайгашкан же ага шахмат тартибиндеги же диагоналдар боюнча бир тектүү саймалар жайгашкан же болбосо ортосунда оймо-чиймелери бар ромбалар тартылган болот.

Килемдин оймо-чиймеси сегиз кырдуу, ири чырымдардан, жөнөкөй жана тепкичтүү ромбалардан, көп учурда «кочкор мүйүз» тибиндеги мотивдер менен айкалышта жасалат. Оймо-чийменин аттарында айлананы курчап турган реалдуу дүйнө чагылдырылган, бирок оймо-чиймелердин өзү көп учурларда реалдуу буюмдарды элестетпейт. Оймо-чиймеге айрым кытай мотивдери кирип кеткен, алар кыргыз килеминин кооздугунун ажырагыс элементи катары ырасталган. Килемдин оймо-чиймесинин кыргыздардын чырмалган чийинин (*ашкана, чыгдан*) оймо-чиймелери менен өтө чоң окшоштугу бар.

Оймо-чиймеси жана түсүнүн бөтөнчөлүктөрү боюнча кыргыз килемдери азыркы убактагы Жинжандын килемдерине жана өзбек (анжияндык) килемдерге

көбүрөөк жакын келет. Оймо-чийменин мотивдеринде каракалпактык килемдер менен көп окшоштуктар бар.

Ар кандай ыңтайсыз себептердин таасири астында кыргыздардын килем өндүрүшү Октябрь революциясынын алдында төмөндөп кеткен. Азыркы убакта ал бир аз жанданууда. Кыргыз килемдери сатууга, өзгөчө Исфара шаарынын (Тажик ССРи) базарына сатыкка түшүп жатат. Кыргыз ССРинде килем өнөрканалары уюштурулуп, анда иштөөгө эл уздары тартылууда. Саймасынын эң жаңы тематикасы менен жаңы килемдер пайда болуп жатат.

Кыргыздарда кийиз-килемдер, ошондой эле оймо-чийме салынган кийизден ар кандай турмуш-тиричилик эмеректери көбүрөөк таркаган. Кийиздин оймо-чиймеси үчүн үч техникалык ыкма колдонулат. Биринчи ыкмасы — бул кийиздин негизги фонуна түстүү жүндөн оймо-чиймелерди салуу. Мындай кийиздер ала кийиз деп аталат. Экинчи ыкмасы — аппликация: кийизге боелгон кийизден же кездемеден оймо-чийме жабыштырып тигишет. Эң акырында, үчүнчү ыкма бир эле убакта эки түстөгү кийизди каттап оюп, бир оймо-чийменин элементтерин бириктирип тигүүдө турат. Мындай ыкма менен жасалган кийиз шырдак (*шырдамал, төрбөлжүн*) деп аталат. Килемдерден тышкары оюлган кийизден каптарды жана эмеректерди сактоо жана ташуу үчүн баштыктарды, ат жабдыктарын д.у.с. жасашат.

Оймо-чиймесинин композициясы боюнча шырдактардын ар түрдүү аймактарда гана эмес (Ысык-Көлдүн кылаасы, Чүй өрөөнү, Талас ж.б. ), бир эле аймактын чектеринде өзүнчө бөтөнчөлүктөрү бар. Төмөндөгүдөй айырмачылыктар көбүрөөк мүнөздүү: ири туташ оймо-чиймелери жана ар кандай кеңдиктеги жээктери бар шырдактар; кырынан коюлган чоң төрт бурчтуу ичинде жана алардын ортосунда оймо-чиймеси бар шырдактар; борбордук талаасы бар, экиге бөлүнгөн (негатив жана позитив принциби боюнча) шырдактар; борбордук талаасында чоң тегеректери бар ж.б. шырдактар.

Оймо-чиймесинин мүнөзү боюнча кыргыздардын шырдактары казактардын шырдактарына окшош.

Кыргыз аялдарынын уздук искусствосунда көрүнүктүү орундардын бирин сайма ээлейт. Сайма менен кийим-кечени, үй тиричилигиндеги ар кандай буюмдарды (илип коймо баштыктарды, жаздык каптарды, жүк жапкычтарды, декоративдик сүлгүнү) кооздошот. Сайма искусствосунун мыкты үлгүлөрү туш кийиз болуп саналат. Аны кебез, жүн же ар түрдүү түстөгү жибек жиптер менен баркыттын, кебез жана жүн кездеменин бетине, ноотуга, кийизге жана эң акырында булгаарыга саймалашат. Техникалык ыкмалардан көбүнчө илме шибеге менен саймалоо жолугат, бирок ошондой эле сайма менен гүл түшүрүшөт. Саймалардын оймо чиймелеринин арасында стилдештирилген өсүмдүк жалбырактарынын сүрөтү, чырым түрүндө жайгашкан түгөй «мүйүз- чөлөр» жана башка геометриялык фигуралар бар. Мына ушул мотивдердин баары казактардыкына жакын. Ошондой эле канаттуулардын, айбанаттардын жана ал түгүл адамдардын элестери жолугат. Акыркы убактын ичинде коңшулаш орус калкынын таасири астында чырымдап сайма салуу жана орус, украин оймо-чиймесинин мотивдери таркаган.

Боз үйдүн керегесин айланта калкалоо үчүн керектелүүчү чийден жасалган бойронун оймо-чиймелүү түстүү жүндөн жасалган сүрөттөрү да техникасы боюнча оригиналдуу. Аларда сегиз кырлар жолугат, алардын ичине учтарында түгөй «мүйүзчөлөрү» бар чарчы жайгаштырылган. Мына ушул оймо-чийме, ошондой эле анын композициясы, эң акырында кызыл, ак, көк түстүн

диагоналдык симметриясын колдонуу менен кооздоо токулган кыргыз жана түркмөн килемдерине көбүрөөк окшоп кетет.

Боз үйдүн ар кайсы жерлерин таңуу үчүн пайдаланылуучу токулган тилкелерге да көп учурда оймо-чийме салышат.

Бардык жерде кеңири таркаган саймалуу токума көп ар түрдүүлүгү менен айырмаланат. Кыргызстандын бүткүл аймагында бир аркак менен терме

токумасынын ыкмасы жайылган. Республиканын түштүк бөлүгүндө кажара, букара токумаларынын ыкмасы жолугат, ал үчүн өтө жыштык, өзгөчө техникасы жана өзүнчө айырмалуу оймо-чийме мүнөздүү. Беш кеште деген үчүнчү ыкма негизинен Ош областынын түндүк бөлүгүндө, бир аз түштүгүндө, ошондой эле Таласта таркаган. Ал саймага окшоп кетет. Анын бөтөнчөлүктөрү — эки аркак менен токуу, геометриялык оймо-чийме, ак түс жана оймо- чиймелеринин белгилүү айкалышы.

Булгаарыга наар салуу жана булгаарыдан аппликация негизинен эски сандыктардан, идиш каптардан, кымыз жана сүт үчүн ар түрдүү булгаары идиштерден, ээр токум жабдыктарынан жолугат. Кымыз үчүн булгаары идиштерге (көөкөр) наар салуу менен жасалган оймо-чиймелер формасы боюнча ушундай эле идиштерге алтайлык наар салынган оймо-чиймелерге өтө жакын.

Ат жабдыктарын, кээде эркектин курларын жана кээ бир башка буюмдарды металл пластинкалар жана чегүү, чөгөрүү, гравирлөө, кара түс отургузуу же ача сайма жолу менен аткарылган оймо-чийме менен жалатылган каңылтырлар менен кооздошот. Күмүштөн азыр да аялдардын ар кандай кооздуктарын жасашат. Зергерлер колдонуучу техниканын эң көп таркаган түрү металлга күмүш жалатуу (күмүш зымдарды колдонуу менен) болуп саналат. Мындан тышкары, устат штамповкалоону, түстүү асыл таштарды чөгөрүүнү колдонушат.

Кээде боз үйдүн кашектерин жана каалгаларын, сандыктарды жана шкафтарды, музыкалык аспаптарды оймо-чийме менен кооздошот. Жыгач оюунун эки техникасы: жалпак жана терең рельефтүү оюу колдонулат, мында жалпак оюу көп учурда кызыл, көк, ак, сары боектор менен боелот. Жыгач оюунун мотивдери өсүмдүк жалбырактары жана геометриялык. Акыркы убакта жыгачка боек менен оймо-чийме тартуу да пайда боло баштады.

Жыгачка оюу, ошондой эле металлды көркөмдөп иштетүү, адетте, эркектер тарабынан жүргүзүлөт, колдонмо искусствонун калган түрлөрү аялдардын көркөмдүк чыгармачылыгына таандык. Кыргыз оймо-чиймесинде жаныбарларды, канаттууларды жана курчап турган табийгаттын башка элементтерин, ошондой эле турмуш-тиричилик эмеректерин реалисттик сүрөттөө жолугат. Алар менен катар, саймаларда жана аппликацияларда кыял деп аталган фантастикалык саймалар колдонулат.

Кыргыз оймо-чиймесине акыркы убакта жүргүзүлгөн изилдөөлөр ал бара-бара калыптангандыгын, анын тутумуна эң байыркы жана эң кийинки элементтер киргендигин, бир катар учурларда ага кыргыздар жана алардын ата-бабалары ар кандай убакта кандайдыр-бир байланышка кирген элдердин таасири тийгендигин көрсөтүп турат. Кыргыз оймо-чиймесинин эң байыркы элементтери — негизинен жыгачтан жасалган буюмдарда, саймада жана кийизде жолуккан эң жөнөкөй геометриялык мотивдер. Бирок кыргыз колдонмо искусствосунун жалпы мүнөзүн мүйүз түрүндөгү мотивдер, чырым түрүндөгү фигуралар, пальметтер жана башкалар бир кыйла таркаган жана ошол жалпы мүнөздү аныктап турат, бул оймо-чиймелер менен кыргыздар булгаарыдан, жыгачтан, металлдан, кийизден жасалган буюмдарды кооздошкон. Оймо-

чиймелердин мотивдеринин бул комплекси, кыязы, кийинки көчмөндөрдүн искусствосуна келип такалат (IX—XII кылымдар). Кыргыз оймо- чиймесинде, сөзсүз, Орто Азиянын отурукташкан калкынын искусствосу менен байланыштар да чагылдырылган.

Оймо-чиймеден тышкары кыргыздарга XVIII кылымдан тартып күмбөздөрдөгү кооздуктарда колдонулуучу темалык сүрөт да белгилүү болгон. Бул — Казакстандын мазарларындагы сүрөттөргө окшош фрескалар тибиндеги сүрөт.

Булар али жетиштүү изилдене элек. Мавзолейдин боорундагы сүрөттөрдүн арасынан ар кандай жаныбарлардын (төөнүн, аттын, иттин, эчкинин), эмеректердин, куралдардын жана кийим-кеченин сүрөттөрү, эң акырында адамдын келбеттери жолугат. Кээде фигураларды композиция менен байланыштуу (аңчылык, көчүү) жайгаштырууга аракет, ошондой эле жаратылышты сүрөттөөгө аракет сезилип турат. Казактардагы сыяктуу эле бул бардык сүрөттөрдү аткаруу анимисттик идеялардын талабынан келип чыккан жана диний искусствонун бөлүгү болуп саналат. Композицияларда өлгөндүн тирүү кезинде болгон окуялар чагылдырылган. Букэмдарды сүрөттөө өлгөндүн «аркы дүйнөдөгү» муктаждыктарын канааттандыруу үчүн, кыргыздардын дин ишеними боюнча, зарыл болгон чыныгы буюмдарды алмаштырууга тийиш болгон.

Кыргыз сүрөт искусствосу калктын бүткүл тармагында бир тектүү эмес. Чет жакасына жакындаган сайын анын коңшулаш элдердин искусствосу менен байланышы байкалаарлык боло берет. Маселен, Кыргызстандын түштүгүндө кыргыз оймо-чиймесинин өзбек жана тажик оймо-чиймелеринин элементтеринин бир кыйла жалпылыгы байкалат. Кыргыз калкынын ар түрдүү аймактык топторунда да оймо-чиймесинин өзгөчөлүктөрү сезилип турат. Бүтүндөй алганда кыргыз искусствосу өз алдынчалык мүнөздө, бирок казактардын, бир аз каракалпактын искусствосу менен белгилүү жакындыгы, ал эми бир аз алысыраак алганда Алтайдын элдеринин сүрөт искусствосу менен жакындыгы байкалып турат.

Улуу Октябрь социалисттик революциясынан кийин партия менен өкмөт тарабынан камкордукка курчалган, материалдык жыргалчылыктын жана маданий деңгээлдин өсүшүнүн аркасында андан ары өнүгүү үчүн түрткү алган элдик чыгармачылык жаңыча пайдаланыла жана терең түшүнүлө баштады. Ошол эле убакта мурда кыргыздарга белгисиз болгон сүрөт искусствосунун формалары — живопись, графика, скульптура жаралып, улуттук өзүнчөлүккө ээ боло баштады.

Бай жана ачык түстөгү кыргыз оймо-чиймеси менен жаңы монументалдык имараттардын боорлору кооздолгон, ал жумушчулар менен колхозчулардын жаңы үйлөрүнүн дубалдарын жана жер таманын кооз туш кийиз жана ала кийиз түрүндө кооздоп турат, аны менен физкультурниктердин костюмдары кооздолгон. Кыргыз оймо-чиймеси менен улуттук музыкалык жана драма спектаклдеринде декоративдик жасалгалоодо жана костюмдарда кеңири жана көп жактуу пайдаланылып жатат.

Оймо-чийме салт болуп калган оймо-чиймелер: беш бурчтуу жылдыз, орок жана балка жана башка советтик эмблемалар менен ажырагыс киргизилген жаңы мотивдер менен байый баштады; чеберлер оймо-чийменин жаңы композицияларынын жана түстөрүнүн үстүндө иштеп жатышат.

Декоративдик колдонмо искусствонун чеберлерин Кыргызстандын бардык райондорунан жолуктурууга болот. Алардын арасында улуу муундун өкүлдөрү жана таланттуу жаштар бар. Эң сонун саймачылар жана кийиз жасоо боюнча чеберлер А. Бокбаеванын (Чүй өрөөнү), Турдукан Мамыркановaнын (Ысык-Көл кылаасы), Күмүш Ормонованын жана Сайра Ашырованын (Ош областы) мыкты букэмдары республикалык тарых музейине коюлган. Килем токуунун мыкты салттарын сактап калуучулар Марзия Сатарова, Ырыс Нарынбетова, Толгонай Исманова, Айша Маткаримова, Баян Мадалиев түштүк Кыргызстандын ар түрдүү райондорунда чыгармачылык менен эмгектенүүлөрүн улантып жатышат. Бүткүл Талас өрөөнүндө Киров районунан чыккан металлды көркөмдүк менен иштетүүнүн чебери Бейшеналы Курманкуловдун даңкы чыккан, ал эми Тянь-Шанда укум-тукумунан бери зергер болуп келген Жумгал районунан Андашпай Ырсалиев кеңири белгилүү. Алай районунан зергер аял Барниса Жээнбекова күмүштөн зергер буюмдарын жасай алат.

Кыргыз колдонмо искусствосунун үлгүлөрү Нью-Иорктогу, Парилсдеги эл аралык көргөзмөлөргө бир канча жолу коюлган. Аларды жасап чыгарууга Мадакан Сасыкова, Алтын Майрыкова, азыр көзү өтүп кеткен чебер зергерлер Суура Асарбекова жана Машон Алымбекова катышкан.

Азыркы убакта килемдерди, туш кийиздерди, жыгачтан, мүйүздөн жана сөөктөн буюмдарды жасоонун үстүндө Кыргыз ССР Көркөм фондусунун декоративдик-колдонмо искусствосунун өнөрканалары иштеп жатат. Кыргыз сүрөтчүлөрүнүн эскиздери боюнча ушул өнөрканаларда колдо жасалган килемдер 1960-жылы Москвада декоративдик-колдонмо искусствонун үлгүлөрүнүн Бүткүл бирликтик көргөзмөсүндө көрсөтүлдү.

1943-жылы Фрунзе шаарында Мамлекеттик сүрөт искусство музейинин түзүлүшү жана орус сүрөтчүлөрүнүн жардамы кыргыз профессионалдык сүрөт искусствосун өнүктүрүүдө зор мааниге ээ болду. Сүрөт искусствосу көркөм чыгармачылыктын таптакыр жаңы тармагы катары келип чыкты. Анын алгачкылары Москвада сүрөтчүлүк билимин алган, биринчи улуттук сүрөтчүлөр Гапар Айтиев (азыр Кыргыз ССРинин эл сүрөтчүсү) жана Сабырбек Аасылбеков (искусствого эмгек сиңирген ишмер) болушкан. Г. Айтиев бир катар ири чыгармаларды түзүп, аларда өз элинин турмушунун ар кандай жактары жана Кыргызстандын жаратылышы чагылдырылган. Анын жөндөмдүүлүгүндө пейзаждык, жанрдык жана портреттик чеберчилик айкалышкан. Г. Айтиевдин сүрөттөрүндө жана пейзаждарында Улуу Ата мекендик согуштун окуялары («Майдандан кат»), өзүнүн замандаштарынын образдары (эмгек баатырларынын, жазуучулардын, артисттердин портреттери, «Чабандар» деген сүрөтү), Ысык-Көлдүн укмуштай кооздугу («Ысык-Көлдө», «Чолпон-Атадагы кеч», «Орто-Өрүктү коктусу») чагылдырылган. Ал акын Токтогулдун скульптуралык портретин мрамордон чегип жасаган, Ж. Кожокматов менен бирдикте «Акындар» деген татаал портреттер тобун тарткан, кыргыз искусствосунун декадасы үчүн (1939-жыл) «Алтын кыз» спектаклин жасалгалаган, опера жана балет театрынын имаратындагы көрүүчүлөр залынын төбөсүндөгү сүрөттөрдү тартууга катышкан.

С. Акылбеков айкын живопистүүлүгү менен айырмаланган бир катар чоң сүрөттөрдү түзгөн («Түшүм жыйноо», «Чак түш», «Кечки табунда»), ал опера жана балет театрынын башкы фойесиндеги пейзаждык паннону түзгөн.

Бир кыйла жаш муундун — Москванын жана Ленинграддын көркөмдүк жогорку окуу жайларынын тарбиялануучулары Алтымыш Усубалиевдин, Жакүл Кожакметовдун, Асанбек Молдокматовдун чыгармачылыктары басма сөз

тарабынан таланттуулугу жана өзүнчөлүгү белгиленген. А. Усубалиевдин портреттери, гравюралары, картиналары, К. Керимбековдун жанрлык пейзаждары, Ж.Кожакметовдун декоративдик паннолору, портреттери, Кыргызстандагы граждандык согуштун темасына арналган «Акыркылар», «Фрунзенин отрядына» деген картиналары, бир катар опералык жана балеттик спектаклдерди жасалгалаган декоратор А. Молдакматовдун оригиналдуу эмгектери менен толукталат. Акыркы убакта кыргыз сүрөтчүлөрүнүн катарлары толукталды. Жаш сүрөтчүлөрдүн арасында Аалы Жусупов («Кыргыз балдары» деген картинасы), Мырза Өмүркулов (Фрунзе — Ош жолунун курулушуна арналган линграфиялар), скульпторлор Г. Сатаров жана Т. Сыдыков бар.

Кыргызстанда сүрөтчүлөрдүн бекем чыгармачылык коллективи түзүлгөн, анда кыргыздар менен кошо кеңири белгилүү сүрөт искусствосунун орус чеберлери эмгектенип жатат. Кыргызстанда сүрөт искусствосунун өнүгүшүндө өзгөчө чоң ролду ушул жерде өскөн Кыргыз ССР эл сүрөтчүсү, СССР Сүрөт академиясынын мүчө-корреспонденти, Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты С. А. Чуиков ойноит. Ал кыргыз сүрөтчүлөрүнүн чыгармачылыгына терең таасирин тийгизген, сүрөт искусствосунун музейин түзүүнүн демилгечиси болгон. Ал жаңы Кыргызстандын чыныгы жарчысы болуп саналат. Ал тарабынан «Кыргыз колхоз сюитасы», «Бизде, Кыргызстанда» деген таланттуу серия, «Кыргызстандын кызы», «Токтогул эл арасында» деген ири полотнолор жана көп сандаган башка чыгармалар түзүлгөн. Жаш кадрларды тарбиялоого бир катар монументалдык чыгармалардын жана скульптуралык портреттердин автору, Кыргыз ССР эл сүрөтчүсү, скульптор О. М. Мануйлова, искусствонун эмгек сиңирген ишмери график Л. А. Ильина, живописчилер И. П. Гальченко, А. И. Игнатьев көп күч жумшап жатышат.

Кыргыз сүрөтчүлөрүнүн эмгектери Бүткүл бирликтик жана эл аралык көргөзмөлөргө бир канча жолу коюлган. Кыргызстандын сүрөтчүлөрүнүн 70 мыкты картинасы, гравюрасы жана скульптурасы 1961-жылы Бүткүл союздук сүрөт көргөзмөсүнө коюлган.

Мамлекеттик сүрөт искусство музейи искусствонун эң мыкты чыгармаларын жайылтуу боюнча зор иш жүргүзүп жатат. Ал дайыма көчмө көргөзмөлөрдү, ташыма картина галереяларын уюштуруп, эң алыскы райондорго, Тянь-Шандын жайыттарына чейин барып жатат. Сүрөтчүлөрдүн күчү менен республикада биринчи сүрөт искусствосунун музейи Ош областындагы «Кызыл-Шарк» колхозунда түзүлгөн. Сүрөтчүлөрдүн кадрлары Фрунзедеги сүрөт окуу жайында жана Москванын, Ленинграддын, Ташкендин сүрөт жогорку окуу жайларында даярдалып жатат.

## *Музыкалык чыгармачылык*

Кыргыз музыкасы өзүнүн тамырлары менен байыркы заманга барып такалат. Кыргыздардын музыкага жана поэзияга сүйүүсү жөнүндө дээрлик бардык байкоочулар жана изилдөөчүлөр күбөлөп отурат. Өткөндө ар кандай коомдук окуялар, анын ичинде майрамдар, аштар, согуш жортуулдары, ошондой эле үй-бүлө салтанаттары музыка менен коштолгон.

Ал эл искусствосунун эң сүйүктүү жана кеңири таркалган түрү болгон.

Кыргыз элинин музыкалык чыгармачылыгы вокалдык, ошондой эле аспаптык формаларда болгон. Ал өзүнүн аяктаган стилин иштеп чыгып, ритмалык каражаттардын бай запасы менен айырмаланат жана өзүнүн лиризми, токтоолугу жана эпостук жактан жөнөкөйлүгү менен мүнөздүү. Кыргыз эл

музыкасынын өзүнчө бир стилинин башкы белгиси анын программалуулугу, түзүлүп жаткан көркөм образдардын конкреттүүлүгү болуп саналат. Кыргыз музыкасына турмушка кубануу жана оптимизм мүнөздүү. Алар жумшак, созулган бир калыптагы, баяндоочу көркөм формада көрүнөт.

Кыргыз музыкасынын көркөм стилинин эң маанилүү белгилери аны казактардын, Алтайдын кээ бир элдеринин жана хакастардын музыкасы менен жакындаштырат. Кыргыз музыкасы жети тепкичтүү диатоникалык негизден, анын эрте этабында калыптануу менен өсүп чыккан. Кыргыз музыкасында байкалаарлык сакталып калган байыркы негиздер жана өзүнчөлүк белгилер обон кошуп ырдоо жана төкмөлүүлүгү сыяктуу анын эң маанилүү белгилеринен байкалат. Созолонтуп сөз кошуп ырдоо көбүнчө алыскы райондордо, маселен, алайлык кыргыздарда сакталып калган, бирок ал ошондой эле эпикалык чыгармаларды, көп массалык эл ырларын, өзгөчө ырым-жырымдык ырларды аткаруунун манерасы катары жашоосун улантып жатат. Бирок кыргыз музыкасында созуп ырдай турган ырлар түрүндө ыр чыгармачылыгынын башка багыты да келип чыккан жана өнүккөн. Аларга лирикалык, ашыктык ырлары, койчулардын ырлары таандык. Созолонтуп ырдоо түндүк кыргыз урууларында кеңири таркаган.

Импровизация вокалдык, ошондой эле инструменталдык кыргыз музыкасы үчүн мүнөздүү. Кыргыз музыканты көп учурда аткарылып жаткан чыгарманын автору да болуп саналат; эгер ал аны толугу менен импровизациялабаса да, ал ага өзүнүн чыгармачылыгынын элементтерин киргизет. Өткөндө кыргыз музыкалык чыгармачылыгынын жаркын өкүлдөрү акындар болгон. Алар өткөндөгү эң мыкты көркөмдүк салттарын өнүктүрүшкөн. Акын көбүнчө ырчы гана болбостон, музыкант да, композитор да болуп саналган. Бир кыйла илгерки мезгилде акындар бир эле убакта төкмө акындар да, инструменталдык музыканын чеберлери да, манасчылар да болушкан.

Акындардын өздөрүнүн бөтөнчө ыр жанрлары: насыят ырлары, жемелөө ырлары, чакан эпикалык чыгармалары, айтыштарда аткара турган ырлары болгон. Бул жанрларда байыркы музыкалык белгилер басымдуулук кылып, обон кошуп ырдоо, эпикалык жактан бир калыптагы жана токтоо музыкалык сөз сыяктуу аткарууда жаңырган.

Акындардын чыгармачылыгы идеялык багыты боюнча бир тектүү болгон эмес. Элден чыккан акындардын алдыңкы бөлүгү өздөрүнүн музыкалык-акындык төкмөлөрүндө элдин демократиялык умтулууларын, зомбулукка жана укуксуздукка каршы наразылыкты, жакшы турмуш жөнүндө элдин көксөгөндөрүн билдиришкен. Феодалдык төбөлдөрдүн кошоматчы акындары бул төбөлдөрдү мактоо жанрларын күчөтүшүп, өздөрүнүн чыгармачылыгы менен анын үстөмдүгүн, коомдун патриархалдык-феодалдык негиздерин колдоого жана чыңдоого умтулушкан. Музыпсалык-акындык чыгармачылыктагы бул эки карама-каршы тенденциялар адегенде али так калыптанган эмес жана дайыма эле так дифференцияланган эмес, бирок андан ары тарыхый-коомдук шарттарга байланыштуу өзүнүн өнүгүүсүнө ээ болгон.

Кыргыздардын аспаптык музыкасы аткаруу каражаттарынын өтө жөнөкөйлүгүнө карабастан, обондук мазмуну боюнча зор даражада түшүндүрө билүүгө жана оригиналдуулукка жетишкен. Элдик музыкалык аспаптардын арасында үч кылдуу комуз кеңири белгилүүлүгү жагынан биринчи орунду ээлейт. Ал казактардын домбурасына окшош, бирок андан айырмаланып үч кылдуу жана жылма моюндуу. Андан ары алмурут формасындагы жыгач курсагы

бар, төмөн жагы узун, моюну жогору созулган кыл аспабы (кыяк) кетет. Кыяктын курсагынын төмөнкү бөлүгү төөнүн териси менен капталган. Кыяк- тын ат куйругунан жасалган эки кылы бар, ушундай эле кылдан таякчасы да жасалат.

Варган тибиндеги металл аспапта (темир комуз, ооз комуз) көбүнчө аялдар жана балдар ойношот. Анын үнү өтө мукамдуу, акырын ышкырганга окшоп кетет, сурнай гобой тибиндеги ортоазиялык аспапка окшош. Барабан (доолбас) сыяктуу эле сурнай өткөндө негизинен согуш жүрүштөрүнүн убагында пайдаланылган. Чоор — койчулардын дудкасынын өзүнчө бир түрү, манжалардын учтары менен баса турган үч же төрт тешиги бар узун ачык флейта. Талаа өсүмдүгүнүн сабынан, кээде жыгачтан жасалып, кээ бир учурларда музоонун мөөнү менен тартылган. Айрым аткаруучулар столдун бетинде секире турган эчкинин кыймылдуу турпаты түрүндөгү өзүнчө «урма» шаймандан (тактеке) пайдаланышат. Ал аткаруучунун колуна байланган жип аркылуу кыймылга келтирилип, комуз чертип жатканда ал кызыктуу кыймылдарды жасайт.

Комузчулардын маштыгы кыргыздарда зор өркүндөөгө чейин жеткен. Үч кылдуу комуз кыргыз эл музыкасынын зор жетишкендиги болуп саналат. Комуз үчүн пьесалардын арасында (куу) элдик-музыкалык чыгармачылыктын чыныгы шедеврлери жолугат. Кыяк үчүн күүлөр — эң байыркы теги бар жана өзүнүн тематикасы боюнча согуш доорунун окуяларын чагылдырат. Маселен, «Ураан», марш түрүндөгү «Керөзөн» күүсү, «Кайра качпа» баатырдык күүсү мына ушундай. Кыякта ошондой эле музыкалык турмуш-тиричилик окуялары аткарылат.

Кыргыз музыкасында дегеле программалык-сүрөттөө мүнөзүндөгү күүлөр кеңири берилген.

XVIII—XIX кылымдардагы элдик композиторлордун жана музыканттардын ичинен элдин эсинде Тилендин, Калчакенин, Сыртбайдын, Күрөңкөйдүн, Музоокенин ысымдары сакталып калган. Зор комузчу-кыякчы, биздин замандашыбыз Муратаалы Күрөңкеев болгон. Ысмы кеңири белгилүү болгон, ал эми чыгармалары кыргыз музыкалык искусствосунун эң бай казынасын түзгөн эң ири композитор, музыкант жана акын Токтогул Сатылганов болуп саналат. Анын ыр-күүлөрү, ошондой эле сөздөрү эсте калып, бардык элдик майрамдарда ырдалган.

Октябрь революциясынан кийин кыргыз музыкасынын өнүгүшүнөн жана өркүндөшүнө негиз Токтогул Сатылганов атындагы Эмгек Кызыл Туу ордендүү Кыргыз мамлекеттик филармониясынын түзүлүшү менен түптөлдү. Кыргыз музыкант-аткаруучулары коллективдүү аткарууну жана ноталар боюнча ойноону эч убакта билишкен эмес. Кыргызстанда биринчи болуп филармониянын коллективдеринин арасында эл аспаптарынын мамлекеттик оркестри түзүлүп, ал өркүндөтүлгөн жана модернизацияланган улуттук аспаптардан — комуздан жана кыяктан түзүлүп, профессионалдык оркестрлердин үлгүсү боюнча бөлүштүрүлүп, ага азыркы убактагы флейталар, гобойлор, фаготтор жана урма аспаптар кошулган. Азыр кайтыш болгон композитор П. Ф. Шубиндин жетекчилиги астында оркестрдегилер ноталык сабаттуулукка ээ болушкан. Мына ушунун баары оркестрге жалаң гана кыргыз эл чыгармачылыгынын чыгармаларын эмес, советтик, орус жана батышевропалык композиторлордун чыгармаларын аткарууга мүмкүндүк берди. Оркестрдин тутумунда Кыргызстандын эң ири солист-музыканттары, акындары жана ырчылары бар. Бул жерде белгилүү музыканттар жана ырчылар Атай Огонбаевдин, Муса Баетовдун жана Шаршен Термечиковдун чыгармачылык иш-аракети өткөн, алардын искусствосу эл арасында зор сүймөнчүккө ээ болгон, ушул жерде

комузчулар Карамолдо Орозов менен Ыбрай Тумановдун чеберчиликтери гүлдөгөн. Оркестр алгачкы кыргыз дирижёрлорун өстүрүп чыгарган.

Эл аспаптар оркестринен тышкары Кыргыз филармониясынын тутумунда Атай Огонбаевдин шакирттеринен комузчулар ансамбли түзүлгөн. Ал 1958-жылы Брюсселдеги Бүткүл дүйнөлүк көргөзмөгө катышкан. Ошондой эле темир комузчулардын ансамбли, төкмө акындар бригадасы, өз жана элдик ырларды аткаруучулар эмгектенип жатат. Ушул эле жерде кыргыз эл ырларын гана эмес, советтик композиторлордун чыгармаларын аткаруучу мамлекеттик улуттук хор жана эң акырында эл бийлери ансамбли бар.

Өзүнүн элдик бийи болбогон кыргыз эли эми аны ийгиликтүү түзүп жатат. Орустун хореография чеберлери жаңы өсүп чыккан кыргыз кадрлары менен бирдикте бул багытта зор иш жасалды. Элдик оюндардын, эмгек процесстеринин, оймо-чиймесинин мотивдери боюнча түзүлгөн жаңы «Кийиз», «Жаш кербез», «Кыздардын кыялы» деген кыргыз бийлери, чабандардын бийи жана башкалар бар.

Орус жана советтик музыканын байлыгын өздөштүрүү боюнча жөндөмдүү кыргыз жаштары жүргүзүп жаткан талыкпас эмгек бай жемиштерди алып келди. Эң ар түрдүү, анын ичинде өтө татаал жанрлары бар жаңы кыргыз профессионалдык музыкасы жаралды. А. Түлеев КПССтин XXII съездине арнаган «Партия, сени даңктайм!» деген симфонияны түздү, Т. Эрматов оркестр үчүн симфониялык сюитаны чыгарды, симфониялык оркестр үчүн маршты К. Моддобасанов, фортепиано үчүн сюитаны С. Медетов жазды. А. Аманбаев «Тянь-Шандын күнү» деген ораторияны, А. Малдыбаев менен М. Абдраев вокалдык симфониялык поэманы чыгарышты. Кыргыз композиторлору тарабынан көптөгөн массалык ырлар жазылды. Театрдын өнүгүшүнө байланыштуу композиторлордун чыгармачылыгы жөнүндө төмөн жакта сөз болмокчу.

### *Театр, кино*

Кыргыз театр искусствосу өзүнүн жаштыгына карабастан республиканын маданий турмушундагы олуттуу факторго өсүп чыгууга үлгүрдү. Анда драма, опера, балет сыяктуу кыргыздар үчүн жаңы искусствонун түрлөрү бар. Ал орус жана советтик музыкалык жана театрдык маданияттын мыкты жетишкендиктерин пайдалануунун негизинде өсүп чыкты.

Улуттук искусствонун жаңы формаларын жана жанрларын өнүктүрүүдө алдыңкы театрдык коллективдер — Ленин ордендүү Кыргыз мамлекеттик опера жана балет театры жана Эмгек Кызыл Туу ордендүү мамлекеттик драма театры зор ийгиликтерге жетишти.

1926-жылдан бери жашап келген студиянын базасында түзүлгөн Мамлекеттик драма театры кыргыз артисттеринин алгачкы кадрларын даярдады. Аны Музыкалык театрга кайра уюштургандан кийин жардамга жиберилген орус искусствосунун ишмерлеринин келиши менен улуттук музыкалык- артисттик кадрларды жана алгачкы музыкалык оюндарды даярдоо боюнча иш башталган. Бул иштин натыйжалары дароо көрүнө баштаган. 1939-жылы жана 1958-жылы Москвада болгон кыргыз искусствосунун эки декадасында советтик коомчулукка кыргыз элинин айкын көркөмдүк жетишкендиктери көрсөтүлдү.

Биринчи декаданын убагында Кыргызстандын түштүгүндө 1931—1932-жылдарда коллективдештирүүнү үзгүлтүккө учуратууга аракет кылган басмачылардын буржуазиялык улутчулдар жетекчилик кылган калдыктарына

каршы эмгекчилердин күрөшүн баяндаган «Алтын кыз» музыкалык драмасы, «Ажал ордуна» музыкалык драмасы көрсөтүлдү, анда 1916-жылдагы көтөрүлүштүн окуялары кеңири көрсөтүлгөн жана эң акырында «Семетей» эпосунун мотивдери боюнча түзүлгөн алгачкы кыргыз улуттук опера «Айчүрөк» көрсөтүлгөн. В. Власов, А. Малдыбаев жана В. Фере жазган операнын музыкасы кыргыз эл обондоруна негизделген.

Кыргыз театр искусствосун өнүктүрүүдөгү сиңирген зор эмгектери үчүн декаданын көп катышуучулары, Кыргыз музыкалык театрынын жана Кыргыз мамлекеттик филармониясынын кызматкерлери ССР Союзунун ордендери жана медалдары менен сыйланышты. Кыргыз искусствосун өнүктүрүү ишинде зор жардам көрсөткөн бир катар орус театрдык жана музыкалык ишмерлер да сыйланышты.

Композитор жана артист Абдылас Малдыбаевге СССРдин эл артисти деген ардактуу наам ыйгарылды.

Бул декада театрдык искусствонун андан ары өнүгүшү үчүн кубаттуу түрткү болду. Музыкалык театр Кыргыз опера жана балет театрына кайра уюштурулду. Анын репертуарында классикалык оперелар, анын ичинде Чайковскийдин «Евгений Онегини» пайда болду. Театрдык турмуштагы зор окуя болгон жана зор ийгиликке жетишкен операнын кыргыз тилинде коюлушу Чайковскийдин Клиндеги музейин фашисттик наадандардын жырткычтык менен талкалашына мезгили боюнча туш келди.

Театрдын турмушунда Пуччини «Чио-Чио-Сан» операсынын орус тилинде биринчи жолу коюлушу маанилүү учур болду, анын үстүнө бир катар алдыңкы партияларды кыргыз артисттери аткарышты. Баттерфляйдын оор партиясын аткаруунун үлүшү Сайра Кийизбаеванын татыктуу ийгилигине туш келди. Бул спектаклди түзүү кыргыз актерлорунун жана ырчыларынын өсүшүнө көмөк көрсөттү. Театр В. Власовдун, А. Малдыбаевдин жана В. Ференин биздин күндөрдүн окуяларына арналган «Көл жээгинде» деген жаңы операсын коюу менен бир кыйла алга кадам жасады.

Балеттик оюндардан «Анар» улуттук балетин (музыкасы В. Власовдуку жана В. Ференики) жана классикалык «Атаандаштар», «Сыйкырдуу чоор» жана «Коппелия» балеттерин белгилей кетүү керек.

Чайковскийдин «Ак куулар көлү», М. Раухвергердин «Чолпон», Глазуновдун «Раймонда», Чайковскийдин «УЙкудагы сулуу» балеттери театрдын жаңы ийгиликтүү чыккан оюндарынан болуп калды. Өзүнүн мурда хореографиялык маданияттын жоктугунан балеттик спектаклдерди түзүү коштолгон бардык кыйынчылыктарга карабастан, кыргыз балети байкалаарлык өсүштүн жана өркүндөөнүн процессин башынан өткөрүп жатат. Балериналар Бүбүсара Бейшеналиева, Сайнат Жакабаева, Чолпон Жаманова эл арасында өтө белгилүү. Жөндөмдүү жаштардын арасында Рейна Чокоева жана Уран Сарбагышев бар. Балетти өнүктүрүүдө кыргыз балетмейстерлери жана коюучулары Н. Түгелов менен Э. Мадемилова маанилүү роль ойноп жатышат.

Мамлекеттик драма театрынын коллективи негизинен Москвадагы Луначарский атындагы мамлекеттик театр искусство институтунда атайын билим алышкан жаштардан түзүлгөн. Анын репертуарында кыргыз драматургдарынын пьесалары, азыркы убактагы советтик драматургдардын, орус классиктеринин котормо пьесалары, Шекспирдин «Отеллосу» жана «Он экинчи түнү», Шимердин «Эки жүздүүлүк жана махабаты» бар.

Жогоруда айтылган театрдан тышкары Кыргызстанда Нарын шаарында областтык музыкалык драма театры, Ош, Пржевальск шаарларында жана башка борборлордо театрлар иштеп жатат. Шаардык театрлардын коллективдери дайыма кыш гактарга барып, ал жерде алар күтүлгөн меймандар болуп саналышат. «Айчүрөк» жана «Ак-Шумкар» (музыкасы Ряузовдуку) улуттук опералары, «Ажал ордуна» музыкалык драмасы, «Анар» жана «Чолпон» балеттери көрүүчүлөргө өтө кеңири белгилүү. Көп учурда ачык асман астында көрсөтүлгөн гастролдук оюндарга көп миңдеген айылдык тургундар чогулушат. 1959-жылы эле алар үчүн 3500 оюн жана концерт уюштурулган. Аларга миллиондон ашуун көрүүчүлөр катышкан.

Актерлордун, режиссерлордун жана дирижерлордун улуттук кадрларынын, адетте, жакшы кесиптик билими бар, алар орус жана дүйнөлүк театрдын эң мыкты салттарында тарбияланган. Л. Куттубаев өзүн мыкты коюучу, А. Жумакматов, К. Молдобасанов, Н. Давлесов таланттуу дирижерлор катары көрсөтүштү. Музыкалык-театрдык искусствону өнүктүрүүдө эң көрүнүктүү артист жана таланттуу композитор СССРдин эл артисти Абдылас Малдыбаев эң зор роль ойноп жатат. Ал азыр кеңири белгилүү ырларды жаратты, композиторлор В. Власов жана В. Фере менен чыгармачылык кызматташтыкта бир катар улуттук опералардын музыкасын жазды.

Республикада кыргыз театрынан тышкары Н. К. Крупская атындагы эң эски орус драма театры, Ош шаарында өзбек музыкалык драма театры бар. Кыргызстандын сегиз театрына миңден ашуун чыгармачыл кызматкерлер бириккен. Көптөгөн кыргыз жаштары Москванын жана Ленинграддын театрдык, музыкалык-хореографиялык окуу жайларында, Фрунзе шаарында түзүлгөн Муратаалы Күрөңкеев атындагы музыкалык хореографиялык окуу жайында окуп жатышат.

Кыргыз искусствосунун жана адабиятынын Москвадагы экинчи декадасынын убагында Кыргызстандын театрдык искусствосу өзүнүн жаңы чыгармачылык ийгиликтерин көрсөтүштү. Опера театрынын коллективи В. В. Власовдун, А. Малдыбаевдин жана В. Ференин «Токтогул» деген жаңы улуттук операсын, Чайковскийдин «Опричник» деген операсын, «Анар» жана «Чолпон» балеттерин көрсөттү. Кыргыз драма театрынан москвалыктар кыргыз драматургу К. Жантөшевдин эпостун мотивдери боюнча жазылган «Курманбек» спектаклин жана Т. Абдумомуновдун «Тар капчыгайын», А. Островскийдин «Чагылганын» жана азыркы убактагы кытай драматургу Цао Юйдун «Тайфун» пьесасын көрүштү.

Искусствонун ишмерлери жетишкен ийгиликтерди коомчулук татыктуу баалады. Искусствону өнүктүрүүдө сиңирген эң көрүнүктүү ийгиликтери үчүн СССРдин эл артисти деген ардактуу наам Кыргыз опера жана балет театрынын таланттуу балет солисткасы Бүбүсара Бейшеналиевага, ошол эле театрдын солисткасы, белгилүү ырчы Сайра Кийизбаевага жана Кыргыз драма театрынын эң көрүнүктүү артисти Муратбек Рыскуловго ыйгарылды. Алдыңкы кыргыз артисттеринин катарында ошондой эле Бакен Кыдыкеева, Мариям Махмудова, Салима Бекмуратова, филармониянын солисткасы Мыскал Өмүрканова, А. Мырзабаев, С. Токтоналиев аталууга тийиш. Декаданын көп катышуучулары СССРдин ордендери жана медалдары менен сыйланды.

Кыргыз театр искусствосунун андан ары өнүгүшү жөнүндө далилдей турган жаңы музыкалык оюндардын арасында «Куйручук» балети (музыкасы К. Молдобасанов менен Г. Окуневдики), «Бойдоктор» музыкалык комедиясы

(музыкасы А. Аманбаевдики), Мусоргскийдин «Борис Годунов» операсы, өзбек операсы «Майсарынын жоруктары» (Хамзанын пьесасы боюнча, музыкасы

С. Юдаковдуку) жана азербайжан композитору Кара Караевдин «Чагылгандын изи менен» деген балети бар.

Опера жана балет театры М. Раухвергердин «Жамиля» деген жаңы операсын коюшу кыргыз коомчулугунда зор кызыкчылык туудурду, мунун либреттосу Чыңгыз Айтматовдун белгилүү повестинин мотивдери боюнча жазылган. Айрым кемчиликтерине карабастан, бул жогорку адептүүлүк идеалдарды ырастаган жана махабат менен никеге эскиче көз караштарга каршы чыккан кызыктуу лирикалык-психологиялык опера көрүүчүлөр тарабынан кызуу кабыл алынды. Операда кыргыз эл обондору кеңири пайдаланылган.

Ч. Айтматовдун чыгармачылыгына драмалык театр да кайрылып, жазуучунун ошондой эле аттагы аңгемесинин мотивдери боюнча «Бетме-бет» спектаклин койду.

Кыргызстанда Советтер союзундагы эң жаш кинематография ийгиликтүү өнүгүп жатат. Фрунзе шаарында көркөм жана документалдык фильмдердин студиясы түзүлгөн. Ал «Токтогул», «Менин жаңылыштыгым» жана «Алыскы тоолордо» деген фильмдерди чыгарды. Кыргыз артисттеринин катышуусу менен борбордук киностудиялар эл аралык кинофестивалдарда көрсөтүлгөн «Салтанат» (Мосфильм, 1955-жыл), «Муз жүрөк жөнүндө уламыш» (Мосфильм, 1957-жыл) жана фильм-балет «Чолпон» (Ленфильм, 1959-жыл) сыяктуу фильмдер чыгарылды. Кыргыз студиясы бир катар документалдык жана илимий-популярдык фильмдерди, анын ичинде «Ырдын жаралышы» («Кыргызстан бүгүнкү күндө») деген түстүү толук метраждуу документалдык фильмди даярдады. Студия түзгөн жаңы көркөм фильмдердин негизин да кыргыз кара сөз чебери Ч. Айтматовдун чыгармалары түзөт. Бул дың жерди багынткан кыргыз уланы тууралуу баяндаган «Ботокөз» жана «Жамиля» фильмдери.

### *Оюн-шооктор, спорт*

Кыргыз калкында илгертеден ар түрдүү оюн-шооктор кеңири белгилүү болгон.

Бул жаштардын, эркектердин жана балдардын оюн-шооктору деп бөлүнөт. Жаштардын арасында өтө белгилүүсү жоолук таштамай, дүмпүлдөк, жашынбак болуп саналат. Жаштардын эң жакшы көргөн оюн-шоокторунун бири алты бакан, селкинчек, мында эки жаш селкинчек тепкен убакта ырдап турушат. Эркек жаштардын арасындагы оюндардын арасынан футболго бир аз окшошуп кеткен кара казан топ оюнун, бир бутун көтөрүп алып жөө жарышмай оромпой оюнун, эки топко бөлүнүп алып колдорунан бири-бирин тарткан коон үзмөй, айлуу түндө жылкынын шыймылчак сөөгүн же кийизден жасалган ак топту ыргытып аны издеп табуу жагынан экиге бөлүнгөн топтун мелдеши — ак чөлмөк оюндарын белгилей кетүү керек.

Эркектердин эң жакшы көргөн оюну аркан тартыш болуп саналат, бирок алардын арасында ордо атышуу өзгөчө кеңири белгилүү.

Балдардын оюнунун ичинен чикит, эшек секирмей, ала күчүк оюндары кеңири белгилүү.

Массалык көңүл ачуу, спорттук машыгуулар жана оюн-шооктор кыргыз элинин турмушунда дайыма бир кыйла зор маани ойногон. Көп оюн-шоокторду мүнөзүнүн өзү жоокердик, жүрүштүк турмуштун шарттары менен тарыхый

жактан байланыштуу, андай турмуш кол салууга жана коргонууга туруктуу даяр болууну талап кылган, демек, эрдикти өнүктүрүүгө, күчкө жана шамдагайлыкка тарбиялоого көмөк көрсөткөн. Бирок элдик турмуш-тиричиликтин бул жагы көп учурда өздөрүнүн жеке кадыр-баркын чыңдоо жана калктан киреше алуу максатында үй-бүлөлүк жана коомдук турмуштун ар кандай жүйөлөрү боюнча чоң майрамдарды уюштурган феодалдар төбөлдөрү тарабынан пайдаланылган. Эң акырында, кээ бир көңүл ачуулар эскиден калган мүнөздө болуп, алар өткөн заманда ар кандай ырым- жырымдар менен коштолгон же алардын тутумдуу бөлүгү болгон.

Спорттук оюн-шооктордун эң байыркысы — бул узун союл менен куралданган эки чабандестин мелдеши — сайыш болуп саналат. Мелдештин максаты — эрегишин ээрден сайып түшүрүү. Мындай учурларда кийимдин милдеттүү бөлүгү булгаарыдан же кийизден каттап жасалган калканч болуп саналат. Кээде сайышка аялдар да кирген. Мындай сайыштар көп учурда өлүмгө алып келген, ошондуктан XX кылымдын башында бул сейрек өткөрүлүп, ал эми Октябрь революциясынан кийин дегеле тыюу салынган. Оюн-шоокторду эң жакшы көргөн түрү — ат чабыш негизинен оокаттуу адамдардын ашында өткөрүлгөн. Андан ары ат чабыштар спорттун эң кеңири түрлөрүнүн бирине айланган.

Мурда байге саюу менен уюштурулган ат чабыштарда башкы ролду аттын күлүктүгү анын чыдамкайлыгы ойногон. Ат чабыштын аралыгы өтө узун болуп, кээде 50 км. ге чейин жеткен. Ат чабышка жарактуу аттарды тандап алуу жана аларды таптоо, ошондой эле чабандестерди даярдоо (адетте, атты балдар чабышкан) үчүн зор чеберчиликти жана атайын ыктарды талап кылган ар түрдүү ыкмалардын жана эрежелердин бүтүндөй системасы иштелип чыккан. Азыркы убакта ат чабыштар азыраак аралыкка өткөрүлөт (8—10 км. га чейин) жана колхоздордун жана совхоздордун күлүктөрүн сыноо максатында өткөрүлөт.

Мелдештердин башка бир түрү көкбөрү (же улак тартыш) болуп саналат. Мында аттардын жакшы сапаты гана эмес, ээсинин ээрге мыкты отура алышы, анын шамдагайлыгы жана ыгын жакшы билиши зор мааниге ээ болот. Мелдеш үчүн улактын башын жана төрт шыйрагын кесип ташташат. Мелдештин максаты — аттан түшпөстөн туруп улакты жерден көтөрүп аны атаандаштарына жулдуруп жибербестен белгилүү жерге жеткирүү. Мелдеш, адетте, көп сандаган катышуучулар менен өтөт. Памир кыргыздарында ат чабуулардын ордуна кээде төө менен жарышуулар өткөрүлгөн.

Көңүл ачуулардын өтө белгилүү түрү ат үстүндө күрөш — эңиш болуп саналат, мында каршылашын аттан оодарып түшүрүүгө тийиш. Мындан сырткары күрөш мелдеши болгон.

Октябрь революциясынан кийин азыркы убактагы дене тарбия жана спорт Кыргызстанда зор өнүгүүгө ээ болду. Азыркы убакта Кыргызстанда спорттун 40 тан ашуун классикалык жана улуттук түрлөрү, анын ичинде ат чабыштар, күрөш, эңиш жана тогуз коргоол кеңири жайылган. Ат чабыштар, күрөш жана улуттук спорт менен оюн-шоокторду башка түрлөрү советтик майрамдардын, фестивалдардын, спорттук мелдештердин күндөрүндө өткөрүлөт. Спорттун улуттук түрлөрүнө он миңдеген адамдар катышып жатат. Кыргыздар өздөрү үчүн жаңы болгон спорттун түрлөрү боюнча өздөрүн эң сонун спортсмендер катары көрсөтүштү. 1936-жылы Фрунзедеги аэроклубдун учкучтары жана планеристтери өткөргөн алыстыгы боюнча өтө узун Фрунзе — Москва лыжа жүрүшүнүн жети катышуучусунун ичинен экөө кыргыздар болгон.

Кыргыздардын арасында альпинисттер да, боксерлор да, гимнасттар да, футболисттер да, велосипедисттер да бар — миңдеген уландар менен кыздар спорттук чеберчиликтин бийиктиктерине ээ болуп жатышат. Көптөгөн кыргыз спортсмендери республиканын чемпиондору жана рекордсмендери болуп саналат. Алардын ичинде, мисалы, СССРдин спорт чебери, эл аралык класстагы секирүүчү Тобокел Мамыров бар. Кыргызстанда спорттук курулуштардын кеңири тармагы түзүлгөн, алардын ичинде 10 ири стадион бар. Ыктыярдуу спорт коомдорунда атайын дене тарбиялык билими бар жүздөгөн адистер иштеп жатат. Спортсмендердин жаңы кадрлары жаштардын жана балдардын спорт мектептеринде, дене тарбия институтунда (Фрунзе шаары) тарбияланып жатышат. Кыргызстанда дене тарбия кыймылы 200 миңден ашуун адамды кучагына алат.

## КЫРГЫЗ ЭЛИНИН МАДАНИЯТЫНЫН ОЧЕРКИ

### *КИРИШ СӨЗ*

Ушул очерк СССР Илимдер Академиясынын Этнография Институту «Дүйнөнүн элдери» деген чоң эмгекти басып чыгарууга даярданып жаткандыгына байланыштуу кыргыздарды этнографиялык жактан сүрөттөп жазуу максатында автордун жүргүзгөн узакка созулган даярдык ишинин натыйжасында келип чыкты.

Биздин советтик адабиятта ушул убакка чейин колдо болгон адабияттарда «Землеведение» журналына 1932-жылы (XXXIV том, 3—4-чыгарылышы) жайгаштырылган В. Пятницкийдин «Кыргыздар» деген үстүртөдөн жазылган макаласын айтпаганда кыргыз элинин маданияты жөнүндө маалыматтарды жалпылоого олуттуу аракет болгон эмес. Мындан тышкары кыргыз маданиятынын кээ бир жактары П. Погорельский менен В. Батраковдун «Кыргызстандын көчмөн айылынын экономикасы» (Москва, 1930) жана П. Кушнердин (Кнышевдин) «Тоолуу Кыргызстан» (Москва, 1929) деген эмгектеринде үстүртөдөн чагылдырылган, бирок маданият маселелери бул жерде көмөкчү мааниге ээ болуп, негизги теманы түшүндүрүүгө баш ийдирилген.

Кыргыз элинин азыркы убактагы маданиятына арналган адабият кыргыз искусствосун же аны түзүүчү элементтерди гана кароо менен дээрлик чектелген, материалдык маданияттын, үй-бүлөлүк-никелик мамилелердин, адабияттын д.у.с. маселелерин козгобойт.

Мына ушунун өзү ушул эмгектин авторун кыргыз элинин маданиятынын очеркин түзүү эмгегин өзүнө алууга түрттү, мында Октябрь социалисттик революциясынын алдындагы маданиятты мүнөздөө менен катар совет мезгилинде кыргыз маданиятынын өнүгүшүнүн жолдорун жана тенденциясын карап чыгууга аракет жасалат.

Советтик интеллигенциянын кеңири чөйрөлөрүндө СССРдин боордош элдеринин маданиятына карата байкалып жаткан зор кызыкчылык, ошондой эле биздин көп улуттуу мекенибиздин элдеринин чыныгы тарыхын кайра түзүү үчүн

этнографиялык булактарды бир кыйла толук аныктоонун маанилүүлүгү ушул очеркти түзүүгө кошумча түрткү болду.

Кыргыздар — эң бай социалдык жана саясий окуяларга жык толгон көп кылымдык тарыхы бар, жогорку цивилизациялар менен узак мезгил бою аралашуунун натыйжасында бир кыйла маданий байлыктарды өзүнө камтыган байыркы маданияты бар эл. Алар билимдин ар түрдүү тармактарында изилдөөчүлөр үчүн эң зор кызыкчылык туудурат. Бирок бул элдин маданияты эң акыркы убакка чейин атайын жана системалуу түрдө изилдөөнүн темасы болгон эмес. Кыргыз маданияты жөнүндө биздин билимдердин абалы кыргыз элинин маданий турмушунун тарыхый өнүгүшүндөгү бардык көрүнүштөрүнүн мүнөздөмөсүн кандайдыр бир толук түрдө берүүгө азырынча мүмкүндүк түзбөйт.

Кыргыздардын этнографиясы боюнча адабиятты өтө үстүртөн талдоо чоң жана текшерилген фактылык материалга негизделген атайын монографиялык изилдөөлөрдүн жоктугу тууралуу көрсөтүп отурат; мында журналдык жана газеталык макалалар басымдуулук кылат, алардын бир кыйла бөлүгү кыргыз маданиятынын бул же тигил жагын сөз арасында гана чагылдырып кеткен; чачынды жыйнактарда, айрым эмгектерде, макалаларда д.у.с. өзүнүн өлчөмү жана сапаты боюнча ар кандай кыскача макалалар көбүрөөк орунду ээлейт. Кыргыздардын этнографиясынын бул же башка темасын изилдөөгө атайын арналып, айрым басылып чыккан эмгектер араңдан зорго он чактыга жетет. Мында кыргыздардын маданиятына кандайдыр бир тийиши бар эмгектердин бир аз гана авторлорунан башкасы адис окумуштуулар эмес, чиновник- тердин, аскер кызматчыларынын, врачтардын ичинен чыккан саякатчылар, ышкыбоз этнографтар, кокусунан туш келген байкоочулар д.у.с. болуп саналыша тургандыгын эске алуу зарыл, Мына ушунун натыйжасында көпчүлүк учурларда сүрөттөп жазуулар өтө жалпы мүнөздө болуп, кандайдыр бир так көрүнүштү, анын үстүнө тыянак чыгаруу үчүн бекем пайдубалды бербестен, үзүндү, бири-бири менен байланышсыз фактыларды белгилеп кетет. Бүтүндөй алганда бир катар китептерде, макалаларда жана заметкаларда материалдардын кайсы бөлүгү кыргыздарга таандык экендигин, кайсынысы казактарга тийиштүү экендигин бир кыйла күч аракет менен териштирүүгө гана мүмкүн, анткени өтө көп учурда сүрөттөп жазуулар бир эле убакта мунусуна да тигинисине да тийиштүү болуп, алардын баары кыргыздар деген жалпы атка бириктирилген.

Так ошондой эле жогоруда көрсөтүлгөн себептердин натыйжасында маданияттын ар башка жактары өтө бирдей эмес чагылдырылган; социалдык мамилелердин, диндин, фольклордун кээ бир бөлүмдөрүнүн гана «жолу болду»; бүтүндөй алганда кыргыздардын материалдык маданиятына, алгачкы жамааттык мамилелердин калдыктарынын проблемасына, үй-бүлөлүк-никелик мамилелерине, байыркы динге ишенүүлөрдүн калдыктарына жана башка проблемаларына эмгектер ушунчалык аз арналган, же болбосо алар ушунчалык канааттандырарлык болбогондуктан биз көп учурда бул же тигил «ак тактардын» алдына келип токтоп калууга аргасыз болдук; биз ал түгүл бир кыйла толук сүрөттөп жазуулар алардын сапаты жана методикасынын көз карашы жагынан зарыл илимий деңгээлде турбагандыгы жөнүндө кеп кылган жокпуз.

Жогоруда белгиленип кеткендей, бардык кемчиликтерине карабастан бул эмгек үчүн булактардын негизги түрү катары XIX кылымдын экинчи жарымынан тартып биздин күндөргө чейинки мезгилдин ичинде дээрлик жалаң гана орус

адабиятында топтолгон кыргыз маданияты жөнүндө кандайдыр-бир мааниге ээ болгон маалыматтар кызмат кылды.

Адабият менен катар негизинен Кыргыз ССРинин өкмөттүк жана илимий мекемелери берген кол жазма материал да пайдаланылды. Бул булактардын арасынан баарыдан мурда Н. Х. Калеминдин «Нарын районундагы Шаркыратма, Эсенгул жана Чоро болуштуктарындагы айыл-кыштактагы социалдык мамилелерди изилдөөлөрдүн натыйжалары жөнүндө» деген өтө баалуу кол жазмасын белгилей кетели, бул кол жазманын түп нускасы Кыргызстан КП (б) БКнын архивинде сакталып турат. Бул кол жазманын кең-кесирилиги жана ынанымдуулугу менен айырмаланган материалдарын биз кыргыздардын социалдык түзүлүшүнө арналган очерктин бөлүмүндө пайдаландык. Башка материалдардын ичинен СССР ИА Кыргыз филиалынын Тил, адабият жана тарых кыргыз илим изилдөө институту берген «Манас» эпосу жөнүндө М. Ауэзовдун, ошондой эле Ө. Жакишевдин жана Э. Мозольковдун кол жазмаларын, Кыргыз ССР ЭКС алдындагы дене тарбия жана спорт иштери боюнча комитеттен алынган кыргыз улуттук оюндарынын жана спортунун сүрөттөмөсүн, кээ бир ведомстволук материалдарды д.у.с. айта кетели.

Пайдаланылган материалдардын арасынан СССР ИА Этнография Институтунун тапшырмасы боюнча Кыргыз ССРине баруунун убагында 1938—39-жылдарда илимий кызматкерлер О. И. Иванова-Шацкая менен А. Н. Кондауровдун жасаган талаа жазуулары жана байкоолору өзгөчө орунду ээлейт. Биринчиси түндүк Кыргызстандын райондорунда, экинчиси — түштүк Кыргызстандын райондорунда жана Чыгыш Памирде болушкан. Кыргыз элинин азыркы убактагы маданияты боюнча материалдардын бир кыйла бөлүгү ушул очеркте дасыккан кызматкерлер жүргүзгөн этнографиялык талаа байкоолорунун ушул ишенүүгө татыктуу натыйжаларына негизделген.

Автор ошондой эле проф. К. К. Юдахиндин олуттуу кыргыз-орус сөздүгүндө келтирилген кыргыз тилинин лексикалык материалын да кеңири пайдаланды.

Эң акырында, очерктин текстинин өзүнө ушул эмгектин автору Кыргыз Республикасында беш жыл бою болушунун убагында топтолгон өзүнүн пикирлери жана байкоолору, эскиден калгандардын тирүү күбөлөрү менен баарлашуусунун натыйжасында топтолгон кээ бир материалдары киргизилди. Бул пикирлер жана байкоолор калган бардык булактардын ичинен материалдарды талдоонун жана тандап алуунун «контролдук аппараты» катары кызмат кылды.

Мына ошентип, биз өз ишибиздин методун мүнөздөөгө жакын келдик. Анын биринчи этабы сөзсүз өзүнө карата ишеним туудурган жана тескерисинче кандайдыр- бир себептер боюнча толук ишеним туудурбагандардын кээ бирөөлөрү электен өткөрүлгөндөн кийинки бир кыйла зор жана сапаты боюнча бирдей баада эмес фактылардын толгон токой материалдарынан тыкандык менен тандап алуу болду Кыргыз маданияты жөнүндө темада жазгандардын көпчүлүгү олуттуу көңүл бурууга татыбаган фактыларды өтө эле көп пайдаланышкан; автордун алдында бир кыйла текшерилген жана илимий тыянактар үчүн негиздер берген фактылык материалдарды илимий колдонууга киргизүү милдети турду. Тандап алынган фактылык материал бириктирилип, темалар боюнча топтоштурулду, мунун өзү ар түрдүү, кээде колго тийүүсү кыйын болгон басмалардагы майда маалыматтар түрүндөгү чачкынды маалыматтарды чогуу бириктирип, аларды кандайдыр-бир системага келтирүүгө мүмкүндүк берди. Мына ушундай жол аркылуу сын көз менен талдоого чогултулган

материал тийиштүү түрдө чагылдырууга тийиш болучу, бул да күчүнүн келишинче бир кыйла маанилүү бөлүмдөр үчүн автор тарабынан жасалды. Маселен, автор кыргыз элинин социалдык турмушунун фактыларын, анын диний түшүнүктөрүн ж.б. марксизм-ленинизмдин азыркы убактагы позицияларынын көз карашынан чагылдырууга аракет кылды.

Автор кыргыз маданиятынын темасын толук баяндоого умтулбастан, ал жөнүндө очерк жазуу менен гана өзүн чектеген соң ал албетте экинчи даражадагы көрүнүштөрдү жана майда-чүйдөлөрдү аттап өтүп, өзүнүн көңүлүн бир кыйла олуттуусуна, бир кыйла ири көрүнүштөргө жана процесстерге топтоду. Ошол эле себеп боюнча автор өзү пайдаланган ар бир булакты толугураак карап чыгууну же көз караштарынан алганда биз үчүн алгылыксыз болуп, бирок пайдаланылган эмгектердин авторлору менен талаш- тартышка кирүүнү өзү үчүн мүмкүн деп эсептеген жок. Мына ушул кырдаал көп булактардын өтө фрагменттүү болушу менен катар материалды баяндоонун ыкмасын да аныктады. Очерктин текстинде аппарат дээрлик толугу менен жок. Анын ордуна эмгектин аягында тиркелген пайдаланылган адабияттын тизмеси главалар боюнча берилди.

Очерктин негизги бөлүктөрү III жана IV главалар болуп саналат, мында Октябрь социалисттик революциясынын алдындагы жана андан кийинки кыргыз маданияты жөнүндө түшүнүк берилген. «Жалпы маалыматтар» деген I главанын жана «Кыскача тарыхый маалыматтар» деген II главанын өз алдынча мааниси жок жана көмөкчү материал катары гана киргизилген. Алардын максаты окурманга фактыларды жана тыянактарды андан ары баяндоодо багыт алууга жардам көрсөтүү болуп саналат, ошондой эле кыргыз элинин маданий турмушунун айрым көрүнүштөрү үчүн кээ бир тарыхый келечекти берет.

Эмгектин айрым бөлүмдөрүндө СССР ИА Этнография институтунун карамагына айрым адистер берген материалдар пайдаланылды. Проф. В. В. Гинзбург жазган кыргыздардын антропологиялык мүнөздөмөсү, Кыргыз ССРинин илимине эмгек сиңирген ишмер проф. К. К. Юдахин жазган кыргыздардын тили жана жазмасы жөнүндө жана алардын Октябрь революциясынан кийинки адабий тили жөнүндө маалыматтар мына ушундай. Элдик сүрөт искусствосунун бөлүмү этнографиялык илимдердин кандидаты С. В. Иванов тарабынан редакцияланды жана толукталды. Бир катар тактоолор жана тарыхый маалыматтар Кыргыз ССРинин илимине эмгек сиңирген ишмер тарых илимдеринин доктору А. Н. Бернштамдын материалдары боюнча жасалды. Социалисттик курулуш жана Улуу Ата мекендик согуш бөлүмдөрү боюнча филологиялык илимдердин кандидаты Г. А. Самарин чогулткан материалдар пайдаланылды. Жогоруда көрсөтүлгөн бардык адамдарга автор өзүнүн чын ыкластан ыраазылыгын билдирет.

Автор өзүнүн эмгегин толук аякталган деп эсептөө оюнан алыс. Анын, албетте, бир катар олуттуу кемчиликтери бар, муну ал окурмандардын баалоосуна коёт.

## *ЖАЛПЫ МААЛЫМАТТАР*

Өзүн-өзү аташы жана аталышы. Уруулук бөлүнүштөрү. Негизги уруулардын жайгашуусу. Тундук жана туштук кыргыздар. Этностук таандуулугу. Тили жана жазмасы. Антропологиялык мүнөздөмөсү. Административдик түзүлүшү. СССРде жана анын чегинен тышкаркы кыргыздардын саны жана жайгашуусу. Өлкөнүн географиялык очерки.

## *Өзүн-өзү аташы жана аталышы*

Кыргыздар өздөрүн кыргыз деп аташат. Буга карабастан, адабиятта «кара кыргыз», ошондой эле «жапайы таш кыргыздар» деген ат бекилип калган. Бул ат Улуу Октябрь социалисттик революциясынан кийинки алгачкы жылдарда да бир аз сакталып калган. Кыргыздардын коңшулары казактарга «казак-кыргыздар» деген аттын жаңылыш колдонулушуна байланыштуу адабиятта өтө көп учурда казактар менен кыргыздардын ортосунда эч кандай айырмачылык жасалган эмес, ошентип алар бир калк катары каралып келген.

Коңшулаш элдер кыргыздарды ошондой эле «кыргыз», калмактар — «бурут» деп аташкан.

## *Уруулук бөлүнүштөрү*

Өткөндө кыргыздар бир катар урууга бөлүнүп, алар жыйындысында оң жана сол канаттарды түзүшкөн. Эки канатка бөлүнүү өзүнүн келип чыгышы боюнча өткөн заманда кыргыздарда болгон аскердик уюмуна жана моңголдук уруулардын аскерлеринин эки канатка (фланга) ушундай эле бөлүнүшүнө байланыштуу. Бир ири уруу — ичкилик бул эки бөлүмгө киргизилген эмес.

Кыргыздардын оң канатына төмөндөгү уруулар таандык: саяк, черик, азык, багыш, кара багыш, басыз, моңголдор, бугу, солто, сарбагыш, жедигер жана башкалар (акыркы төртөө Тагай деген бир тармакка биригет), бул канатка таандык уруулар көбүнчө республиканын түндүк райондорунда (борбордук Тянь-Шандын Ысык-Көлгө тутумдаш жаткан тутумдаш бассейнинде, тянь-шандык сырттарда, Ат-Башы, Арпа, Нарын, Жумгал, Суусамыр, Чүй жана башка дарыялардын өрөөндөрүндө) жашашат. Бул канаттын бир бөлүгү түштүк райондордо да (Алай өрөөнү, Кара Дарыянын бассейни ж.б. ) жайгашкан.

Сол канатка кушчу (кутчу), сару, мундуз, кытай, тейит, найман ж.б. таандык. Алар Кыргызстандын түштүк райондоруна (Фергана өрөөнү, Памир-Алай системасынын тоо кыркалары), ошондой эле Талас дарыясынын өрөөнүндө жайгашкан.

Чыгыш Түркстандын чектеринде төмөндөгү уруулардын бир бөлүгү жашайт: тейит, найман, кесек, кыргыз-кыпчак, чоң багыш, мундуз, кушчу, ойгут. Уруулук бөлүнүштөр болсо да анчалык кескин байкалган эмес. Фергана өрөөнүндө, ага тутумдаш жаткан тоо кыркаларында жана Памирде жашаган кыргыздар башка баарынан бир кыйла даражада айырмаланган. Бул кыргыздарды чыгыш Тянь-Шандын чектеринде, Чүй жана Талас дарыяларынын өрөөндөрүндө жашаган түндүк кыргыздардан айырмалап түштүк кыргыздар деп шарттуу атоого болот. Эмгектин тийиштүү бөлүмдөрүндө бул айырмачылыктардын өтө олуттуулары өзгөчө белгиленип кетет.

## *Этностук таандуулугу, тили жана жазмасы*

Этностук жактан кыргыздар элдердин түрк тобуна таандык. Алардын тили түрк системасындагы тилдердин бири болуп саналат. Өзүнүн фонетикалык жана морфологиялык белгилери боюнча ал ойрот, казак, кара калпак, ногой, татар тилдерине жана байыркылардан половецтердин тилине көбүрөөк жакын.

Азыркы учурдагы сүйлөшмө кыргыз тили бир катар бир-бирине өтө жакын диалекттерге бөлүнөт. Кыргыз ССРинин аймагында бардык кыргыз диалекттерин (бул республиканын чегинен тышкары кыргыз тили таптакыр изилденген эмес) эки негизги топко: түндүк (түндүк Кыргызстан) жана түштүк

(түштүк Кыргызстан) деп бөлүүгө болот. Түндүк топко кирген бардык диалекттердин сегиз үндүүсү, ал эми түштүк топтун — тогуз үндүүсү бар (түндүктөрдүкүндөй эле жана дагы «э» б.а. «а» umlaut»).

Түрк тилдеринин көпчүлүгүнөн кыргыз тили айырмаланган экинчи созулма үндүүлөрдүн болушу эки топко тең таандык.

Түштүк топтун үндүүлөрүнүн тутумунда түндүк менен салыштырганда дагы бир «W» тыбыш (эрин-эриндиктин) ашыктык кылат. Бул тыбыштын болушу созулма үндүүлөрдүн ар кандай бөлүштүрүлүшүнө алып келет.

Түндүк топ, өз кезегинде, эки кошумча топко бөлүнөт: 1) «5» жана 2) «г». «2» кошумча тобунда 5 менен 2 башка түрк тилдеринин көпчүлүгүндөгү сыяктуу эле жайгаштырылат: кызыл (кызыл жоолук), ысык (ысык күн), кыз (жоолукчан кыз), кыс (кол кысуу) д.у.с., ал эми «5» кошумча тобунда бул тыбыштар, адетте, тескери тартипте жайгашкан, б.а. 5 тин ордун 2 жана анын тескерисинче: кысыл (кысыл жоолук), ызык (ызык күн), кыс (жоолукчан кыс), кыз (кол кызуу) д.у.с.

Түштүк тобу азырынча өтө начар изилденген.

Өз мезгилинде В. В. Радлов белгилегендей кыргыз тилинде башталма «р> азыркы убакта айрым учурларда гана байкалат. Азыркы убактагы кыргыз тили үчүн кадимки нерсе «ж» башталма тамгасы болуп саналат.

Жогоруда санап көрсөтүлгөн фонетикалык айырмачылыктар ушунчалык аз болгондуктан ар башка диалекттерде сүйлөгөндөр үчүн алар аз байкаларлык. Лексикадагы, өзгөчө чарбалык терминология жагынан айырмачылык (практикальпс көз караштан алганда) бир кыйла олуттуу. Бул түндүк жана түштүк кыргыздардын чарбалык турмушундагы айырмачылыктар менен, биринчисинин казактар менен, экинчисинин өзбектер жана бир аз тажиктер менен жакын коңшулаш болгондугуна байланыштуу.

Кыргыздардын мурунку мекенинде, Енисей дарыясынын бассейнинде түрк тилдеринин биринде жазылган таштагы жазуулар сакталып калган, ал болжол менен биздин заманга чейинки VII кылымга таандык. Эгерде бул жазуулар чындыгында эле кыргыздарга таандык болсо (лингвисттик жагынан муну азырынча далилдөө мүмкүн эмес), анда аларды кыргыз жазмасы- нын биринчи эстелиги катары эсептөөгө болоор эле. Ушундай эле эстеликтер азыркы убактагы Кыргызстанда да (негизинен Талас дарыясынын өрөөнүнөн) табылды. Кыязы, кыргыздардын жазмасы чыгыш түрктөрүнөн алынган болуп, жазуулардагы тил кыргыздардын өзүнүн эмес, официалдуу, байыркы түрк тили катары кабыл алынган болушу ыктымал.

Өзүнүн тарыхынын эң соңку мезгилинде, Октябрь социалисттик революциясына чейин өтө аз сандаган кыргыз сабаттуулары кыргыз тилине өтө начар ылайыкташтырылган эски араб алфавитинен пайдаланышкан жана чагатай деп аталган (байыркы өзбек) тилинин үлгүлөрүн туурап жазышкан. Ошол мезгилден бизге чейин үч китеп келип жетти, бирок алар кыргыздардын өздөрүнө өтө аз белгилүү болгон[1].

## *Антропологиялык мүнөздөмөсү*

Антропологиялык жактан кыргыздар, ошондой эле чыгыш казактар Орто Азиянын калкынын көбүрөөк монголоиддик тобуна кирет. Кыргыздардын арасында түштүк-сибирдик монголоиддик тип жана азыраак даражада — борбордук азиялык тип басымдуулук кылат.

Кыргыздар — ортодон төмөн жана орто бойлуу (орточо өзгөрүшү 161,1 — 168,7 см чегинде), чымыр түзүлүштө. Башынын формасы боюнча алар

брахицефалдарга (башынын көрсөткүчү 84—88) таандык, баштарынын өлчөмдөрү бир кыйла чоң. Бети — узун жана жазы, жаак сөөктөрү бир кыйла чыгып турат. Чекелери жазы жана жайык, каш сөөктөрү орточо чыгып турат. Мурундары бир кыйла чоң, көбүнчө түз. Мурдунун кайкысы жапысыраак.

Көз кабыгынын монголдук түзүлүшү сейрек жолугат, бирок анын таркалышынын даражасы ар кандай райондо бир кыйла айырмаланып турат.

Чачтары жана көздөрү кара, бирок бир кыйла сандагы жээрде сакалчандар байкалат, ошондой эле көгүш көздүүлөр жолугат.

Беттериндеги жана денесиндеги түктөрү начар өнүккөн.

Кыргыздардын арасында европеоиддик элементтин аралашмасы байкалат, алар мүмкүн бир кыйла кийинки болушу мүмкүн, анткени алар Фергана өрөөнүндө көбүрөөк байкалып, Тянь-Шандын областтарында азыраак байкалат.

Административдик түзүлүшү, калкынын саны жана жайгашуусу

Кыргыздар Кыргыз Советтик Социалисттик республикасынын калкынын негизги массасын түзөт. 196,7 миң чарчы километр аянтты ээлеген бул республика түндүгүндө Казак ССРи менен, батышта Өзбек ССРи жана Тажик ССРи менен, түштүктө Тажик ССРи жана түштүк-чыгышта 820 км. узундукта Кытай менен чектешип турат. Кыргыз ССРи — 16 союздук республикалардын бири. Административдик жактан ал алты областка: Фрунзе, Ысык-Көл, Тянь-Шань, Талас, Жалал-Абад жана Ош областтарына бөлүнгөн, алардын тутумуна 47 район кирет.

Республиканын борбору Фрунзе шаары болуп саналат, ал мурдагы уезддик Пишпек шаары. Анда совет мамлекетинин эң көрүнүктүү ишмери, Кызыл Армиянын кол башчысы М. В. Фрунзе туулуп өскөн. Фрунзе шаарынын калкы 1939-жылдагы эл каттоонун маалыматтары боюнча 92659 адамды түзгөн.

Кыргыз ССРинин башка шаарларынын ичинен Ош, Жалал-Абад, Пржевальск, Токмок, Нарын шаарларын белгилей кетүү зарыл. Азыр көмүр өнөр жайынын борборлору: Кызыл-Кыя, Таш-Көмүр жана Көк-Жаңгак да шаарларга айландырылган.

СССРдин аймагында жашап жаткан кыргыздардын саны 1926-жылдагы эл каттоонун маалыматтары боюнча 762736 (399815-эркектер, 362921-аялдар), 1939-жылдагы акыркы эл каттоодо СССРдеги кыргыздар 884306 адамга жеткен.

Кыргыздардын басымдуу көпчүлүгү Кыргыз Республикасынын чектеринде жашайт. Алардын өтө көп бөлүгү (50% ке жакыны) Жалал-Абад жана өзгөчө Ош областынын чектеринде жайгашкан. Республиканын негизги кыргыз калкынын арасында аздыр-көптүр чогуу түрдө орустар жана украиндер — Чүй өрөөнүндө жана Ысык-Көл ойдуңунда, өзбектер — Өзбек ССРи менен чектеш Жалал-Абад жана Ош областтарынын райондорунда жашашат.

Кыргыздар ошондой эле жогоруда аталган коңшулаш республикалардын аймактарында жашайт. 1926-жылдагы эл каттоонун маалыматтары боюнча Казак ССРинде алардын саны 10,5 миңге, Өзбек ССРинде (негизинен республиканын чыгыш областтарында) — 90,7 миңге, Тажик ССРинде көбүнчө Гарм областынын Жергетал районунун, Тоолуу-Бадахшан Автономия областынын Мургаб районунун чектеринде, Чыгыш Памирде — 11,5 миңге жеткен.

СССРдин чегинен тышкары кыргыздар негизинен Синьцзянда (Батыш Кытай же Чыгыш Түркстан) Ак суу, Үч-Турфан, Хотан жана өзгөчө Кашкарда жашашат. Кээ бир маалыматтар боюнча кыргыздар бир аз санда Ооганстандын түндүгүндө жана Советтик Памирге эң жакын түндүк Индиянын тоолуу өлкөлөрүндө

жашашат. СССРдин чегинен тышкаркы кыргыздардын саны жөнүндө так маалыматтар жок.

Өлкөнүн географиялык очерки

Кыргыз ССРинин, ошондой эле анын чек арасынан тышкаркы бардык кыргыз калкы жашаган зор мейкиндик Тянь-Шандын, Памир-Алай системасынын жана Гиндукуштун бир бөлүгүнүн эң бийик тоо кыркалары кесип өткөн тоо өлкөсү болуп саналат. Тянь-Шань системасынын негизги тоо кыркалары тоо массивинен батышты карай чыгыштан батышка карай, СССР менен Кытайдын чек арасындагы Хан-Тенгри чокусунан (деңиз дегээлинен 6992 м. бийиктикте) желпүүр түрүндө тарап кетет. Алардын ичинен эң ирилери: Ысык-Көлдөн түндүктү карай жайгашкан Күнгөй-Ала-Тоо (орточо бийиктиги 4000м), түштүктөн Ысык-Көлдү курчап турган Тескей-Ала-Тоо (орточо бийиктиги 4000-4500 м) жана СССР менен Кытайдын чек арасын бойлото созулуп жаткан Көк-Шаал тоо кыркасы болуп саналат. Батышта Күнгөй-Ала-Тоо кыркасынын уландысы Кыргыз (Александровский) тоо кыркасы болуп саналат. Түштүк-батышта Талас-Ала-Тоосу созулуп жатат.

Талас-Ала-Тоосунан түштүк-чыгышка карай Фергана тоо кыркасы жайгашкан, ал Фергана өрөөнүн түндүк-чыгыштан курчап турат. Бул өрөөндүн түштүк-чыгышында Алай тоо кыркасы жатат, ага батыш жактан Түркстан тоо кыркасы тутумдашын кетет. Алай тоо кыркасына катарлаш Алай тоо кыркасы созулуп жатат, анда Аенин тоо чокусу жайгашкан (деңиз деңгээлинен 7129 м). Кыргыз жана Тажик республикаларынын чек арасын түзгөн Алай тоо кыркасынан түштүккө карай кыргыздар жайгашкан бийик тоо — Чыгыш Памир жайгашкан, ага тутумдаш чыгыш жактан — Сары-Көл, түштүк чыгыштан Музтаг-Ата жана түштүктөн Гиндукуш тоо кыркалары жайгашкан. Чыгыш Памирдин өрөөнүнүн түбү 3600 м ден 4000 м ге чейинки бийиктикте жатат.

Жогоруда сүрөттөлгөн мейкиндикте жаратылыштын бардык түрлөрү — түбөлүк мөңгүлөрдөн тартып ысык ортоазиялык чөлдөр бар. Бул мейкиндиктин бир кыйла бөлүгү кеңири жайыттар жайгашкан бийик тоолуу өрөөндөргө (алардын бир бөлүгү «сырттар» деп аталат) жык толгон, алардын ичинен өтө белгилүүлөрү Суусамыр, Ак-Сай, Чаткал дарыяларынын өрөөндөрү, Алай өрөөнү ж.б. Кыргыз ССРинин экономикасында төмөндө жайгашкан кеңири өрөөндөрдүн (Чүй, Талас, Фергана өрөөндөрү, Ысык-Көлдүн бассейни) ири мааниге ээ болот, аларда жогору өнүккөн дыйканчылык маданияты бар райондор орун алган. Тянь-Шандын чектеринен ортоазиялык республикалардын эл чарбасында зор роль ойногон дарыялардын башаттары жатат: булар Нарын жана Кара-Дарыя, алар кошулгандан кийин Сыр-Дарыя деп аталат, ошондой эле Чүй, Талас, Сох, Исфара, Кызыл-Суу ж.б. бар. Алардын суулары күрдүү кыр-

тыштарды — боз топурактарды сугаруу үчүн пайдаланылат. Көлдөрдүн ичинен кышында тоңбогон тоолуу чоң Ысык-Көл (деңиз деңгээлинин 1624 м бийик), андан кийин бийик тоолуу Соң-Көл жана Чатыр-Көл көлдөрү кеңири белгилүү.

Кыргыз ССРинде акыркы жылдардын ичинде ар түрдүү пайдалуу кендердин зор ресурстары аныкталды. Таш көмүрдүн бардык ортоазиялык запастарынын 75 % ке чейинкиси Кыргызстандын аймагына топтолгон. Бул жерде нефтинин, түстүү металлдардын (калай, коргошун, цинк, жез ж.б.), сейрек элементтердин ири кендери ачылды. Ар түрдүү райондордо күкүрттүн, асбесттин, минералдык боектордун, түстүү таштардын д.у.с. кендери жолугат.

Өлкөнүн рельефине ылайык анын өрөөндөрүнүн көпчүлүгүнүн климаты кескин континенталдуу мүнөздө болуп, температурасынын бир кыйла кескин өзгөрүшү, ысык жайы жана кычыраган кыштары, жаан-чачындын аздыгы, нымдуулуктун жетишсиздиги жана көбүрөөк бууланышы менен айырмаланат. Климаттык шарттар ар түрдүү райондордо бирдей эмес. Маселен, Чүй дарыясынын өрөөнүндөгү (Фрунзе шаарынын) жылдык орточо температура 4-9,3° түзөт; Пржевальск шаарында (деңиз деңгээлинен 1675 м) +6,4°, Нарын шаарында (деңиз деңгээлинен 2015 м) +2,9°, ал эми Мургабда (Чыгыш Памир) — 1,2° түзөт. Температуранын суткалык өзгөрүшү кээде бир канча ондогон градуска жетет.

Бул тоолуу өлкөнүн өсүмдүктөр дүйнөсү өтө ар түрдүү жана бир канча зонага бөлүнөт: чөлдүк, бетеге-шыбак өскөн жарым чөлдүк зонага, ал Ферганада жана Памирде буудай баш чөп өскөн жарым чөлгө, кургак же бетеге-тулаң өскөн талааларга, чөпкө бай шалбаалар зонасына жана анда кең таркаган ит мурун, долоно жана башка бадалдарга ылайык келет. Бул зона анда жайгашкан (Кыргызстандын түштүгүндө) грек жаңгагынан, алмадан, клендон, алчадан д.у.с. турган токойлордун жайгашкандыгы менен өзгөчө белгилүү. Алардын ичинен Жалал-Абад областындагы Арсланбаб өрөөнүндөгү токой өтө кеңири белгилүү. Ушул эле зонада арчалар жолугат.

Эң бийиктикте жайгашкан эки зона — субальпылык жана альпылык шалбаалардын зор эл чарбалык мааниси бар, аларда социалисттик мал чарбачылыктын кубаттуу тоют ресурстары топтолгон. Ушул эле алкакта республиканын чыгышында тайгага бир аз окшош келген ийне жалбырактуу токойлор бар, алардын ичинен башкы орун кээде 50 жана андан ашуун метр бийиктикке жеткен тяньшань карагайларына таандык.

Чыгыш Памирде өсүмдүктөр өтө аз. Ал үчүн жарым бадал түрүндөгү шордуу өсүмдүктөр мүнөздүү болуп саналат.

Кыргызстандын жаныбарлар дүйнөсүнүн көп сандаган түрлөрү бар, алардын ичинен жырткыч жаныбарлардан тяньшандык аюуну, илбирсти, карышкырды, мадылды, түлкүнү белгилей кетели; карагай-пихта токойлорунда эликтер, маралдар, андан жогору жакта эчки-текелер, аркар-кулжалар (акыркылары Памирде өзгөчө көп таркаган) бар. Тоолуу өрөөндөрдө жана чычырканак токойлорунда камандар кеңири таркаган. Кемирүүчүлөрдүн ичинен ачкүсөндөрдү, кашкулактарды, суурларды, сары чычкандарды жана башкаларды белгилөөгө болот. Канаттуулардын ичинен тас жоруларды, бүркүттөрдү, ителгилерди, уларды, кекиликти, тоодакты, кыргоолдорду, көп сандаган суу канаттууларын (каздарды, өрдөктөрдү) белгилей кетүү керек.

Кыргызстандын көлмөлөрүндө жана дарыяларында жолугуучу балыктар бир канча түргө таандык: көк чаар, сазан, чабак ж.б.

Кыргызстандын көлмөлөрү менен дарыяларында жашаган балыктар бир нече түргө таандык: маринка, сазан, жаян, чабак ж.б.

## КЫСКА ТАРЫХЫЙ МААЛЫМАТТАР

*Кыргыздар жөнүндө алгачкы маалыматтар. Кыргыздар VI—IX кылымдарда. Кыргыздардын бул мезгилдеги маданияты. Алардын башка элдер менен байланышы. Кыргыздардын тарыхындагы моңголдук мезгил. Тяньшандык кыргыздардын этногенези жөнүндө маалыматтар. XVI—XVII кылымдарда өздөрүнүн көз карандысыздыгы үчүн кыргыздардын күрөшү. Енисейлик кыргыздардын тагдыры. Кыргыздардын тарыхындагы жунгардык мезгил. Чыгыш*

*жана Батыш Түркстандын саясий турмушундагы кыргыздардын ролу. Кыргыздар жана Кокон хандыгы. Кыргыздардын орустар менен алакасы. Кыргызстандын Орусияга кошулушу. Падышачылыктын колониалдык саясаты жана анын кыргыздардын коомдук-экономикалык укладына таасири. Улуттук-боштондук кыймыл. 1916-жылдагы көтөрүлүш.*

Кыргыз элинин тарыхы эң акыркы убакта гана системалуу түрдө илимий изилдөөнүн темасы болуп калды. Кыргыздардын тарыхынын эң байыркы мезгилин чагылдыруу үчүн ушул убакка чейин пайдаланылып келген негизги булактар официалдуу кытай санжыралары жана археологиялык казуулардын материалдары болуп саналат. Кыргыздар жөнүндө мезгили боюнча биринчи маалымат катары биздин заманга чейинки 201-жылы хунндарга Гэ-гунь падышачылыгынын баш ийип тургандыгы жөнүндө кытай тарыхчысы Сы-Ма-Цяндын эмгегиндеги эске салуу болуп саналат. Кийинчерээк Гянь-гунь формасында жолуккан Гэ-гунь деген атты тарыхчылар кыргыз деген ат менен окшоштурушат. Гянь-гундун өлкөсү ошол убакта Кем деген ат менен белгилүү болгон Енисей дарыясынын жогорку бассейнинде жайгашкан жана мүмкүн Енисейден түштүк жактагы областтын бир аз бөлүгүн кучагына алган. Кытайдын Тан династиясынын тарыхынан (618—907) биздин заманга чейинки 99-жылы хунндарга кызматка өткөн Кытай кол башчыларынын бири Ли-лин алардан Хягас өлкөсүн (Тан династиясынын убагында кыргыз деген сөз ушундайча жазылган) ээликке алган. Бул кабарлардан тышкары биздин замандын VI кылымына чейин жогоруда аталган наамдагы өлкө жөнүндө эч нерсе эске салбайт.

Азиянын кеңири мейкиндиктеринде VI кылымда пайда болгон жана «ту-кю» деген ат менен белгилүү болгон түрк урууларынын сүрөттөлүшүнө байланыштуу Тан династиясынын тарыхында 638-жылы батыш-түрк акими Ду-луга гэ-гу элинин (бул ат да кыргыздар менен жакындаштырат) баш ийгендиги жөнүндө айтылган. Кыязы, бир эле убакта Хягас өлкөсүнүн экинчи бөлүгү чыгыш Монголияда үстөмдүк кылып жаткан түрктөрдүн чыгыш тармагына көз каранды болгон.

Кыргыздар жөнүндө кээ бир маалыматтар енисейлик-кыргыз жана орхон жазуулары (Енисей дарыясында жана Селенганын куймасы Орхон дарыясында табылган) деген ат менен белгилүү таштардагы жазууларда камтылган. Аларда, атап айтканда, чыгыш-түрктүк башкаруучуларга — кагандарга — кыргыздарга каршы күрөш жүргүзүүгө туура келгендиги айтылган. Ыкка келип макулдашуунун натыйжасында кыргыздардын жол башчысы Барс-бег каган катары таанылып, ага түрк каганы Ильтерестин кызы аялдыкка берилген. Түрктөрдүн кыргыздарга каршы күрөшү түрк-өгүздөрдүн толук талкаланышына жана алардын ээлеген жерлеринин уйгурларга өтүшүнө чейин дээрлик (745-жыл) созулган. Бул мезгилдин ичинде кыргыздар Кытай менен тыгыз катнашта болуп, кытайларга бир канча жолу элчиликтерди жөнөткөн жана түрктөргө каршы күрөштө алар менен коалиция түзгөн. Кыргыз уруулары жайгашкан мейкиндик бул мезгилде Жогорку Енисейдин Тувасынан тартып Байкалга чейин созулуп жаткан. Кыргыздардын түштүк чек арасы Чыгыш Түркстанга чейин жеткен.

Кыргыздар менен бир катар кагылышуулардан кийин уйгурлар аларды 758-жылы багындыра алышкан. Бирок мындан кийин да кыргыздар уйгурларга каршылык көрсөтүүнү улантышкан, мында кытайлар кыргыздарда зор кубаттуулук болгондугун — алардын 80000 ге чейин жаа менен куралданган

жоокерлери болгондугун көрсөтүшкөн. 840-жылы кыргыздардын уйгурларга каршы күрөшү уйгурлардын талкаланышы жана алардын Орхондогу ордо шаарын алышы менен аяктаган. Уйгурлардын бир бөлүгү кыргыздарга баш ийип, башкалары түштүккө ооп кеткен. Айта кете турган нерсе, бул мезгилде жана андан кийин да кыргыздардын коңшулары жана бирлештери катары карлуктар — VIII кылымдын экинчи жарымынан тартып дээрлик X кылымдын ортосуна чейин Тянь-Шандын түндүк бөлүгүндө үстөмдүк абалды ээлеп турган уруу дайыма эске алынат.

Биз сүрөттөп жаткан мезгилде (VII—IX кылымдар), Кытай булактарынын билдиргенине караганда, кыргыздар мал чарбасы менен гана эмес, аңчылык менен да, дыйканчылык менен да кесиптенишкен. Алар бодо мал, кой-эчки, жылкы жана төө өстүрүшкөн. Маралга, багышка, эликке аңчылык кылышкан. Таруу, арпа жана буудай эгишкен. Алардын өздөрүнүн металл өндүрүшү болгон. Боз үйлөрдө жашап, көбүнчө эт жана кымыз менен тамактанышкан. Тон кийишип, башына калпак кийишкен, аялдары жүн жана жибек кездемеден кийим кийишкен. Ажо деген ат менен белгилүү болгон (кыргыздардын ажа — улуу деген сөзүнө салыштырганда) жол башчысы кышкысын суусар тебетей кийип, жайкысын төбөсү шуштугуй, жээктери кайрылган жана алтын алкагы бар баш кийим кийип жүргөн. Анын үйүнүн алдында асаба илинип турган. Аскерлер бардык кыргыз урууларынан чогулган. Согушта жаа жана жебени пайдаланышкан. Жебеден жана кылычтын соккусунан сактануу үчүн буттарын, колдорун жана ийиндерин чакан жыгач калканчтар менен жабышкан. Кыргыздарга баш ийген уруулар аларга суусар жана тыйын чычкан түрүндө салык төлөшкөн. Кыргыздардын өздөрүнүн жазмасы болгон. Убакытты эсептөө он эки жылдык айбанаттар цикли боюнча жүргүзүлгөн. Кыргыздар дини боюнча шамандар болуп, каза болгондорду өрттөп, күйгөн сөөктөрүнүн калганын бир жылдан кийин жерге жашырышкан.

Кыргыздар жөнүндө кытай маалыматтары IX—XI кылымдардагы фарс жана араб булактары менен толукталат. Ал маалыматтарда кыргыздар өз малы менен көчүп жүрүшкөндүгү, алардын кыштактары да, шаарлары да жок экендиги, алар таруудан, күрүчтөн жасалган тамакты жана ар кандай этти (төөнүн этинен башкасын) жеше тургандыгы айтылган. Алар отко, Сатурн жана Чолпон жылдыздарына сыйына тургандыктары жөнүндө, үйлөрүндө кудайга сыйынуу жана табынуулар бар экендиги жөнүндө, сыйынганда кыргыздар түштүккө карай бурулуп сыйынаары, аларда жылына үч майрам боло тургандыгы жөнүндө маалыматтар келтирилген.

Өзүнүн маданий өнүгүшүнүн даражасы боюнча кыргыздар, кыязы, өздөрүнүн түндүктөгү жана чыгыштагы коңшуларынан жогору турган.

Уйгурларды жеңгенден кийин кыргыз уруулары чыгышка карай жылып, Монголиянын аймагын ээлеп алышкан. Алардын таасири батыш Тянь-Шанга чейин тараган. Алар Кытайдын Тан династиясы менен достук мамилелерди колдоону улантышып, Кытайга элчиликтерди жиберип турушкан, тибеттиктер, карлуктар жана арабдар менен соода жүргүзүшкөн. Кыязы, алар Чыгыш Түркстанда жашап калган уйгурлар менен да макулдукка жетишкен, ал жактан кыргыздарга кербендер келип турган. Кыргыздардын өлкөсүнөн мусулман өлкөлөрүндө жогору бааланган көп мускус, көп сандаган аң терилери, кайың жыгачтары жана бугунун мүйүзү ташып чыгарылып турган.

Түзүлгөн кыргыз мамлекетинин борбору Минусински ойдуңу жана азыркы убактагы Тува Автономиялуу областы ээлеп турган аймак болгон. Кыргыз

мамлекети уруктук түзүлүштүн жана уруулук байланыштардын өтө күчтүү калдыктары сакталыш турганда келип чыккан. Бул кыргыздардын саясий кубаттуулугунун эң зор гүлдөгөн мезгили болгон.

X кылымдын башында кыргыз урууларынын Монголиядагы үстөмдүгү жоюлуп, ал тунгус-манжур тегиндеги уруулар — кидандарга (же кара-кытайларга) өткөн, алар 924-жылы түндүк Кытайдан Монголияга жортуул жасашкан. Кыргыздардын бир бөлүгү, кыязы, Монголиядагы кара-кытайларда кала берген. Бирок беш кылым бою тарыхый булактар кыргыздар жөнүндө, негизинен, алардын Енисейдеги, Саян тоо кыркасынан түндүк жактагы мурунку мекенине байланыштуу эске түшүрөт.

Чыңгыс-хан жогорулап, ал Орто Азия менен Монголияны жеңип алгандан кийин коңшулаш өлкөлөрдүн саясий турмушунда кыргыздардын ролу кайрадан өсө баштайт. 1207-жылы Чыңгыс-хан багынып берүү талабы менен кыргыздарга элчилерди жиберген. Кыргыз урууларынын жол башчылары Еди-инал менен Урус-инал Чыңгыс ханга баш ийүүнү каалагандыгын билдирип, жооп катары элчи жөнөтүшкөн. Бирок кыргыздар көз каранды бойдон гана кала бербестен, 1218-жылы монголдорго каршы согушка кирген. Кыязы, кыргыздардын каршылыгы ушунчалык күчтүү болгондуктан, Чыңгыс хан кыргыздарга каршы өзүнүн тун баласы Жучи хандын башчылыгы астында аскер жиберүүгө аргасыз болгон.

Бул согушта кыргыздар жеңилүүгө дуушар болгон. Кыргыздардын өлкөсү Кытай жана Монголия менен бирге Чыңгыс хандын кенже уулу — Тулуйдун ээликтеринин тутумуна кирген. Монголдордун жеңип алууларына кыргыздар, кыязы, катышпаса керек.

XIV жана XV кылымдардагы кыргыздардын тагдыры жөнүндө колдо болгон булактарда эч кандай маалыматтар жок. Алар жөнүндө жаңы маалыматтар XVI кылымдын башындагы окуяларга байланыштуу гана пайда боло баштаган, бирок бул жолу ал Тянь-Шандын чектеринде жашап жаткан кыргыздарга гана таандык. Кыргыздар Тянь-Шанга кандайча келип калышты жана алардын енисейлик кыргыздарда түздөн-түз мамилеси барбы деген суроо ушул убакка чейин биротоло чечилбеген бойдон кала берүүдө, бирок биздин заманга чейинки 47-жылы эле Тянь-Шандын аймагына байыркы кыргыз урууларын түзгөн борбордук азиялык уруулар — гунндар жана сяньбилер менен бирге цзянь-гунь урууларынын бир бөлүгү кирип келгендиги жөнүндө маалыматтар бар. Кыязы, VIII—X кылымдардагы мезгилде кыргыз урууларынын Тянь-Шанга көчүп келиши болгон. X кылымдагы бир фарс булагында (Худуд-ал-Алем) Тянь-Шандагы кыргыздар жөнүндө эске алынат. Ушундай эле көрсөтмөлөр Истахриде бар. Кодор болгон булактарды талдоо кыргыз урууларынын бир кыйла бөлүгү XVI кылымдын башталышына чейин көп убакыт мурда Тянь-Шанга көчүп келгендиги жөнүндө Аристов айткан сунушту зор ишенимдүүлүк менен колдоого мүмкүндүк берет. Муну төмөндөгүдөй фактылар далилдеп турат. Хягастардын, б.а. кыргыздардын өлкөсүнүн бир бөлүгү VII кылымда эле түндүк Тянь-Шанды ээлеп турган батыш түрктөрдүн ээликтеринин тутумуна кирген, IX кылымда енисейлик кыргыздар Тянь-Шандын аймагын ээлеп турган карлуктар жана башка уруулар менен коңшулаш болгон жана жандуу карым-катнаштарда турган. Көчмөн уруулардын көп орун которушунун ассимиляциялануу процесстеринин ыкчамдыгынын ошол доорунда эле енисейлик кыргыздардын бир бөлүгү бара-бара түштүккө карай жылуу менен Тянь-Шандын чектеринде болуп калган деп айтууга болот. Кыргыздар кара кытайлар тарабынан Монголиядан сүрүп чыгарылган мезгилде (X кылым) кыргыздардын кээ бир саны Чыгыш

Түркстандын түндүк бөлүгүнө, балким Тянь-Шанга да кирип келген болуш керек. Эң акырында, XV кылымдын башында ошол убакта моңголдор ээлеп турган Тянь-Шандын чыгыш бөлүгүнө енисейлик кыргыздардын түштүк коңшулары болуп саналган бутпарас ойроттор же калмактар каптап кирген. Алардын ичинде кандайдыр бир себептер боюнча калмактардын негизги бөлүгү 1470-жылдарда өз өлкөсүнө кетип калгандан кийин Тянь-Шандын чектеринде калып калган кээ бир кыргыз уруулары да болушу толук мүмкүн. Буга чейин жана андан кийин моңголдор үстөмдүк кылып турганда ар түрдүү уруулардын үзгүлтүксүз орун которуп туруулары болуп турган. Мына ошондуктан Тянь-Шандын калкынын арасында бир катар кыргыз уруулары болгон деп божомолдоого болот. Тянь-Шандын аймагында XIII кылымдын экинчи жарымында акимдик кылган моңголдук хандардын бири Хайдунун энесинин төркүнү бекрин же мекрин деген белгисиз уруунун аты кыргыздардын багрин деген бир уруусунун атына туура келгендиги кокусунан эмес. Бул тоо уруусу жөнүндө Рашид-Ад-дин алар «моңголдор да жана уйгурлар да эмес» деп айткан. Кыргыздардын кишилик сырткы турпат тиби жана аларда моңголдор, могол, монгуш сыяктуу уруктук жана уруулук аттардын бир кыйла санда болушу кыргыздар менен моңголдордун этногенетикалык өтө жакын байланыштары жөнүндө эске салат. Тянь- Шандын чектеринде калыптанган кыргыз урууларынын тутумунда өтө бир кыйла бөлүк катары мурда ал жерде жашаган уруулардын калдыктары менен катар енисей кыргыздарынын жана моңголдордун топтору гана эмес, Алтайдын кыргыздар менен туугандаш уруулары да кирген. Мындай деп айтуунун пайдасына кыргыздарда жана Саян-Алтайдын урууларында ушул сыяктуу уруктук жана уруулук аттардын болушу, ошондой эле азыркы убактагы кыргыз жана ойрот (алтай) тилдеринин олуттуу жакындыгы далилдеп отурат.

Мына ошентип, кыргыз элинин түзүлүшүнүн узакка созулган процессине ар түрдүү этностук элементтер катышкан. XVI кылымга чейин тяньшандык кыргыздар жөнүндө маалыматтардын дээрлик толук жок болушунун себеби — Тянь-Шандын башка урууларынын ичинде жашаган кыргыз уруулары бул мезгилде, кыязы, ал жерде байкалаарлык саясий роль ойногон эмес.

Советтик археологдордун үзүрлүү изилдөөлөрү, өзгөчө акыркы жылдарда А. Н. Бернштамдын жетекчилиги астында жүргүзүлгөн иштер азыркы убактагы Кыргызстандын аймагында өнүккөн бай маданияттын бир кыйла так көрүнүшүн ачып берди. Бул маданиятта Чыгыштын жана Батыштын жогорку цивилизациясынын таасири айкалышып кеткен. Кыргыздар байыркы заманда жана орто кылымдарда Тянь-Шанда жашаган уруулардын белгилүү даражада тукумдары болуп саналат деген көз караштан алганда биз кыргыздардын маданиятын мына ушул уруулардын маданияттары менен айкалышын да белгилей алабыз. Кыргыздардын мал чарбачылык маданиятынан Тянь-Шандын байыркы урууларынын, сактардын, усундардын, түрктөрдүн көчмөн салттарынын улантылышын көрүүгө болот. Кыргыздардын дыйканчылык маданиятында Тянь-Шандагы ирандык калктын — согдийлердин дыйканчылык маданиятынын, алардын жасалма ирригациялык курулуштары жана жерди иштетүүнүн техникасы менен бирге кеңири өнүгүшүнүн издерин сөзсүз калтырган. Кыргыздардын куралдарында усундардын жана түрктөрдүн согуш техникасынын элементтери кайталанат.

Кыргыздардын колдонмо сүрөт искусствосунда VIII— XII кылымдардагы Тянь- Шандагы согдийлердин жана түрк калкынын оймо-чиймелеринин элементтери ачык көрүнүп турат. Мына ошентип, кыргыздар алардын алдында

Тянь- Шанда түзүлгөн маданий байлыктардын катышуучулары катары гана катышышпайт, алар Тянь-Шандын калкынын маданий турмушундагы салттардын улантуучулары катары чыгышып, анын издерин өздөрүнүн материалдык маданиятында жана элдик чыгармачылыгында сактап калышкан.

Азыр кыргыздар жашап жаткан аймак XVI кылымда Могулстан деп аталган өлкөнүн тутумуна кирген. Фарс тилиндеги «Тарихи Рашиди» деген эмгекте моңголдун Ахмед деген ханынын мурасчыларынын ортосундагы чатактарды сүрөттөп жазууда кыргыздар эске алынып, аларды касташкан тараптар Могулстанда болуп жаткан жаңжалдардын күнөкөрлөрү катары таанышып, кыргыздардын көпчүлүк бөлүгүн кырып салышкан. Калгандарына Ысык-Көлдүн түштүк жагына көчүп кетүүгө уруксат берилген. 1514-жылы Мухаммед деген кыргыз Кашкарстанды жеңип алууда моңголдун ханы Султан-саидге чоң кызмат көрсөткөн. Мына ушул эмгеги үчүн аны белектер менен сыйлап, Могулстанга жөнөткөн, ал жерде ага бардык кыргыздар баш ийген. Мухаммеддин жол башчылыгы астында кыргыздар Сайрамга, Түркестанга жана Ташкентке жортуулдарды жасаган. 1524-жылы кыргыздардын өлкөсүнө казактын Тахир деген ханы келип, ага кыргыздардын көпчүлүк бөлүгү кошулуп кеткен, ал эми 1526-жылы моңголдор Тянь-Шандан көчүп, өзү менен кошо кыргыздардын 100 миң коюн айдай кеткен, мына ошондон кийин Тахир кыргыздардын калган бөлүгүн да өзү менен кошо ала кеткен. Бир аз убакка чейин кыргыздардын жана казактардын жалпы бир хандары болуп, бирок кийинчерээк өз алдынча чыга башташкан. 1558-жылы эле кыргыздар Кашкарга, ал эми казактар Ташкентке коркунуч келтирип, кыязы, бирдиктүү саясий бүтүндүктү түзүшпөсө керек. XVI кылым бою жана дээрлик XVII кылымда кыргыздарга моңголдук, өзбек жана уйгур хандарына каршы өзүнүн көз каранды эместиги үчүн күрөш жүргүзүүгө туура келген. Алардын баатырдыгын ал түгүл душмандар тааныган. Замандаштары кыргыздарды бекеринен «Могулстандын жапайы арстандары» деп аташкан эмес. Алар ошондой эле ар кандай хандардын өз ара күрөшүнө жандуу катышып, кыска убакыттын ичинде Кашкар менен Жаркентти басып алышкан. Бул мезгилдерде кыргыздарды али мусулмандар деп таанышкан эмес, бирок биз жогоруда көрүп тургандай, алардын айрым жетекчилери ислам динин тутушкан. Ошол убактагы сүрөттөөлөр боюнча алар адам жеткис жерлерде жашашкан, душман кол салган учурда өздөрүнүн үй- бүлөлөрүн тоолордун түпкүрлөрүнө жөнөтүп жиберишип, өздөрү өткөөлдөрдү коргоп турушкан. Алардын хандары болгон эмес, бектери гана болгон.

Енисейде калган кыргыздардын бир бөлүгүнүн тагдыры бир кыйла башкача түзүлдү. Алар жөнүндө маалыматтар орус архивдеринде камтылган, анткени XVII кылыллда орустар Сибирди караткан учурда алар кыргыздар менен кагылышкан, ал убакта кыргыздар Тува, Езер, Алтыр жана Алтысар деген төрт княздыктан турган. Бардык кыргыз жеринин башчысы Немек деген князь болгон. Мына ушул маалыматтарга ылайык, кыргыздар аңчылык жана мал чарбачылык менен кесиптенишип, жер айдашкан эмес. Орустардын кыргыздарды баш ийдирүүгө жасаган аракетине карабастан алар муну акырына чейин жасай алган эмес. Воеводалардын жүзү каралыгынын жана таш боордугунун натыйжасында кыргыздар бир канча жолу алданып, ошондуктан бирде моңголдор, бирде калмактар менен алмашып бирлик түзүп, орустарга каршы айыгышкан күрөш жүргүзгөн. XVIII кылымдын башында 2500 үй-бүлөдөн турган кыргыздардын бир бөлүгүн түштүк Сибирден калмактар айдап кеткен, ошентип ошондон бери кыргыздардын аты Сибирде эске алынбайт. Бирок кыргыз урууларынын айрым

топтору өздөрү мурда жашаган жерлердин чектеринде кала берип, өзүнүн атын, тилин жана турмуштук турпатын жоготуп, Хакас Автономиялуу областынын чектериндеги азыр хакастар деген ат менен топтолгон уруулардын тутумуна кирип кеткен деп божомолдоого маалыматтар бар.

XVII кылымдын акырында Жунгар же Ойрот мамлекети күч алып, 1680-жылдарда тяньшандык кыргыздар калмактардын (ойроттордун) бийлиги астында калган. Мында кыргыздардын көпчүлүк бөлүгү калмактар тарабынан кысылып чыгып, Ферганага, Памирге жана Алайга, ошондой эле бир бөлүгү Кашкарга кетип калган болуш керек. Кыргыздардын бир бөлүгү Ферганадан кайра Тянь-Шанга 1758-жылы кытайлар ойрот мамлекетин талкалап, көп сандаган калмактарды кыргандан кийин гана көчүп келген.

Кашкарда жашап жаткан кыргыздар тяньшандык жана ферганалык кыргыздар сыяктуу эле ар кандай саясий окуяларга көбүрөөк катышкан. Алар Чыгыш Түркстандагы ак жана кара кожолор деп аталгандардын ортосундагы өз ара күрөшүндө өзгөчө активдүү роль ойношкон. XVIII кылымдын ортосунда Кубат-мырза деген кыргыз Кашкар шаарынын хаким-беги болуп дайындалган. Кытайлар калмактардан бошонгон кыргыздарга бир жерден бир жерге көчүп жүрүүгө уруксат берип, аларды өздөрүнүн букаралары деп эсептешкен жана жыл сайын ар бир 100 жылкыдан жана бодо малдан бир баш жана 1000 койдон бир баш өлчөмүндө салык жыйноо үчүн кыргыздарга отряддарды жөнөтүп турушкан. Отряддарды көпөстөр коштоп жүргөн. Буга карабастан, кыргыздар өздөрүн көз каранды эмес деп эсептешкен. Андан да Чыгыш Түркстанда малдын жетишпегендигинен кытайлардын өздөрү белгилүү даражада малчы кыргыздарга көз каранды болушуп, алар менен жандуу алмашууга киришкен. Ошол мезгилдеги кытай чыгармаларында кыргыздар согушта кайра тартпас жана баатыр эл катары сүрөттөлөт. Алар жөнүндө кыргыздар чачын кырдырышып, чочконун этин жебестиги, жеңи ичке көйнөк кийип, төбөсү жапыс төрт бурчтуу баш кийим кийип, өздөрүнүн уруу башчыларын бийлер деп аташкандыгы айтылган; ар бир уруунун өзүнүн бийи болгон; бул наам мурас боюнча өтүп турган.

Бул мезгилде казактар менен кыргыздардын ортосунда жайыт үчүн дайыма кагылышуулар болуп турган. 1770-жылы казактардын Аблай ханы Чүй өрөөнүндөгү кыргыздарга катуу сокку уруп, зор олжо жана туткундарды алып кеткен. Казактар кыргыздарга каршы өзүнүн жортуулдарын көбүнчө кыргыздар талаа жумуштарына чыккан убакта жасашкан. Кыргыздар өжөрдүк менен коргонушуп, бир канча жолу казактарга катуу сокку урган.

XIX кылымдын башында кыргыздарга жаңы душманга каршы күрөшкө чыгууга туура келген. Ферганада пайда болгон Кокон хандыгы кыргыз жерлерин өзүнүн баскынчылык саясатынын башкы объекттеринин бири катары тандап алат. Кыргыздар кокондуктарга айыгышкан каршылык көрсөтүшкөн. Кокондуктар бара-бара Тянь-Шанды көздөй жылып, Тогуз-Тородо, Кетмен-Төбөдө, Курткада, Жумгалда, Кочкордо, Кара-Балтада, Ак-Сууда, Пишпекте, Токмокто, Барскоондо, Караколдо д.у.с. бир катар аскердик чептерди курушкан. Бул түзүлгөн чептер крайды колонияга айландыруунун, соода кербендерине кол салуудан коргоонун, салыктарды жыйноону камсыз кылуунун таяныч пункттары катары кызмат кылган. Көп чептердин айланасында өзбектердин отурукташкан кыштактары келип чыккан.

Кокондуктар кыргыздардын бытырандылыгынан жана уруулар аралык күрөшүнөн пайдаланып гана аларды бир кыйла даражада баш ийдире алышкан.

Кокондуктар бир канча уруудан гана (солто, саяк, кытай ж.б. ) дайыма салык чогултуп алып турган; бугу менен сарбагыштар хандыктын тутумуна үстүртөдөн гана кирип, чындыгында көз каранды эмес бойдон кала беришкен; чериктер менен багыштар кокондуктарга баш ийбестен кытайларга салык төлөшкөн, бирок өз алдынча өздөрүн башкарышкан. Памирдик, бадахшандык жана каратегиндик кыргыздар бир жагынан Бухаранын, Кундуздун жана Кокондун бийлиги астында болуп, бир жагынан өздөрүн эркин деп эсептешкен. Ферганалык кыргыздар Кокондун букаралары деп эсептелишип, өзбектер сыяктуу эле милдеттери жана укуктары болгон. Кокондуктардын бийлиги мааниге ээ болгон тоолуу райондордо бул бийлик аскердик күч менен гана кармалып турган. Кокондуктар Кыргызстанда өзүн канчалык алсыз сезгендиги тууралуу чептердеги гарнизондор алыскы жайлоолорго баруудан чочулашып, чептердин ичинде кала бергендигинин, ал эми салыкты жыйноо үчүн кокондуктарга жазында жана күзүндө кээде бир кыйла күчтүү аскердик отряддарды жабдып жөнөтүүгө аргасыз болгондугунун фактысы далилдеп отурат.

Кокондуктар өзүнүн бийлигин тааныган кыргыздардан алган салыктардын негизги түрлөрү түтүн башынан алынуучу жыйым — тундук-зекет, 50 баш, кээде 40 баш жана ал түгүл ар бир 20 баш малдан бир мал жыйым — алал-зекет жана дыйкандардын кырманынан 3 койдон жыйым — харадж болуп саналган. Ар бир түтүндөн 3 кой өлчөмүндө аскердик жыйым да чогултулган. Мындан тышкары кыргыздар гарнизондорду эгин менен жабдып турууга, хандын гана эмес, анын сарайынын азык-түлүгүнө мал берүүгө, салык чогултуучуларды тамактандырууга, зарыл болгон учурда хандын аскерине жоокерлерин берүүгө д.у.с. милдеттүү болушкан. Кокондун букаралары деп эсептелген кыргыздар аскерге кызмат өтөөгө милдеттүү болгон. Салыктардын оордугу салык чогултуучулар тарабынан кыянаттыктар жана зомбулуктар менен ого бетер татаалдашкан. Полициялык кызматты өтөө үчүн кокондуктардын ар бир кыргыз уругунда кыргыздардан чыккан чиновниктери — илъбектери болгон, алар кыргыздардын айылдары менен кошо көчүп жүрүшкөн.

Кокон хандыгынын тарыхынын көп этаптарында кыргыздар хандыктын саясий турмушуна активдүү катышып, ага бир кыйла таасирин тийгизген.

Кыргыздардын үстүнөн үстөмдүгүн сактап калууда кокондуктарга манаптар жана бийлер аркылуу кыргыздардын феодалдык-уруулук төбөлдөрү зор жардам көрсөтүшкөн, аларга кокон ханы аскердик жактан, ошондой эле граждандык башкарууда ар түрдүү чиндерди жана кызматтарды берип турган. Датка деген наамы бар Алымбек деген кыргыз хандын биринчи министринин кызматын ээлеп турган. Кыргыздар өздөрүнүн аскерлери менен кокондуктарды кытайлар, Бухара хандыгы д.у.с. менен согуштардын убагында бир канча жолу куткарган. Кыргыз жерлерин өзбектердин дыйканчылык кыштактары үчүн басып алуу, сырьё менен малды эң арзанга сатып алган көпөстөр тарабынан уят-сыйытсыз эзүү, бүлгүнгө учураткан жыйымдар жана жумуштар — кокон ээлиги кыргыздарга мына ушуларды алып келген. Ошондуктан кыргыздар кокон бийлигине каршы дайыма көтөрүлүп тургандыгы таң каларлык эмес Маселен, 1843-жылы кыргыздар Караколдогу, Барскоондогу жана Коңур-Өлөңдөгү чептерден кокондуктарды кууп чыгышкан; 1845-жылы кокондуктар бир катар башка чептерди таштап кетүүгө аргасыз болгон. 1870—71-жылдарда кыргыздардын арасында бир кыйла ири толкундоолор болуп өткөн. Ошол убактагы эң күчтүү уруулардын бири сарбагыштардын кокондуктардан көз

каранды эместиги сарбагыштарда өздөрүнүн саясий уюмунун элементтери болгондугунан чагылдырылып турат; сарбагыштардын башында Ормон хан туруп, ага сарбагыштардан башка саяк жана бугу урууларынын бир бөлүгү баш ийип турган.

Тяньшандык кыргыздардын орустар менен алакасы али XVIII кылымдын акырында башталган. 1786-жылы кыргыздардын Атаке деген бийи Екатерина II сарайына элчиликти жөнөтүп, ал элчилик бийге 800 күмүш сом белек менен кайтып келген[2].

1814-жылдан тартып бугу уруусунун бийлеринин орустар менен карым-катнашы башталып, алар өздөрүнүн өкүлдөрүн Сибирдеги орус бийликтерине жиберишкен. Орус бийликтери бийлерди чиндер, медалдар жана куралдар менен сыйлашкан. 1847-жылы кыргыздардын казактар менен акыркы айыгышкан салгылашуусу болуп өттү, орустарга каршы көтөрүлүш чыгарган белгилүү Кенесары Касымов султан башында турган казактар Чүй өрөөнүндөгү кыргыздарга кол салышкан. Бул салгылашууда манаптар Ормон Ниязбековдун, Жантай Карабековдун жана Жангарач Эшенкожиндин жетекчилиги астында казактарга катуу сокку урушту. Кенесары туткунга алынып өлтүрүлдү. Ошондон кийин Ормон менен Жантай орустар менен мамилеге кирип, алардан сыйлык алышкан.1855-жылы бугу уруусунун башчысы Боромбай өзүнүн букаралыгын орустарга билдирди. Ысык-Көлгө орус отряды жиберилди. 1860- жылы орустар кокондуктардын 20 миңдик аскерин Узун-Агачта талкалады, ал эми 1862-жылы Пишпек чеби каратылып алынгандан кийин бүткүл Чүй өрөөнү Орусияга кошулду. Мында орус аскерлерине өзүнүн уруусу менен орустардын букаралыгын кабыл алган сарбагыштардын манабы Жантай зор көмөк көрсөттү. Андан кийинки жылдарда болжол менен 1865—1867-жылдарда түндүк Кыргызстандын башка кыргыз уруулары бара-бара кошулду» ал эми 1875-жылы Кокон хандыгы жеңилгенден кийин кыргыздар жашаган дээрлик бүткүл аймак Орусияга бириктирилди. Манаптардын көпчүлүгүнүн орустар тарабына өтүшүн орус аскерлери пайдаланышып, алар эч кандай зор курмандыксыз эле Орусияга зор өлкөнү кошуп алды. Буга ошондой эле жайыт, кыштоо д.у. үчүн дайыма чабышып келген кыргыз урууларынын бытырандылыгы да көмөк көрсөткөн. Маселен, Ысык-Көлдө бугу жана сарбагыш урууларынын ортосундагы узакка созулган күрөш мына ушундай болгон. Бирок кыргыз эли орус аскерлерине эч кандай каршылык көрсөткөн эмес деп тыянак жасоо туура болбос эле.

Кокон бийлигине каршы күрөштү улантуу менен эл массасы ошол эле убакта жаңы келгиндерге ыктыярдуу баш ийип берүүнү каалашкан эмес. Эркиндик жана көз каранды эместикти сүйүү сарбагыш, саяк жана башка уруулардын айрым уруктары падышалык аскерлерге каршы жүргүзгөн куралдуу күрөшүнөн көрүндү. Сарбагыштардын казак-орустардын отряды менен ири салгылашуусу 1856-жылы Чүй өрөөнүндөгү Жылгын-Башы деген жерде болуп өттү; 1865-жылы капитан Проценконун отрядына 3000 сарбагыш жана саяк кол салды. Кокон хандыгын баш ийдирүүнүн мезгилинде алайлык кыргыздардын падыша өкмөтүнүн аскерлерине айыгышкан каршылык көрсөтүүсү көз каранды эместик үчүн чыныгы согуштун мүнөзүндө болгон. Бул каршылык көрсөтүүнү уюштурууда ферганалык кыргыздардын бир кыйла массасынын башында турган белгилүү «Алай ханышасы» Курманжан датканын уулдары ири роль ойногон.

Кыргыздар жашаган райондордун Орусияга кошулушу кыргыз элинин саясий, экономикалык жана социалдык турмушуна терең өзгөрүүлөрдү алып келди. Анын натыйжасында кыргыздар менен казактардын ортосундагы, ошондой эле

айрым кыргыз урууларынын жана уруктарынын ортосундагы үзгүлтүксүз согуштук кагылышуулар токтотулду, мурда кыргыздардын арасында болуп келген кулчулукка да тыюу салынды.

Падыша өкмөтү алгачкы жылдарда кыргыздарды түздөн-түз манаптар аркылуу башкарган, аларды уруулардын жана уруктардын башчылары катары таанышкан. 1860-жылдан тартып шайлоо киргизилди, буга ылайык болуштук башкаруучулар, бийлер («элдик» соттор) жана төмөнкү администрацияны түзгөн айылдык старчындар катары манаптардан башкалар да шайлана алышкан. Шайлоолор жогорудагы кызматтар үчүн ар түрдүү манаптардын күрөшү менен коштолгон, анын үстүнө сатып алуулар, пара берүүлөр колдонулуп, кээде адамдар курман болгон ири куралдуу кагылышууларга чейин жетип турган. Адетте манапты же анын койгон кишисин шайлоо жана бардык чыгымдарды букараларга — манаптарга баш ийген калктын мойнуна жүктөө менен аяктаган. Өзүнүн колониалдык саясатын жүзөгө ашырууда падышалык өкмөт кыргыз төбөлдөрүнүн — манаптардын жана байлардын колдоосунан кеңири пайдаланышкан.

Азыр Кыргыз ССРи ээлеп турган аймак Октябрь революциясына чейин Түркстан генерал-губернаторлугунун Жети-Суу, Сыр-Дарыя жана Фергана областтарынын тутумуна кирген. Өлкөнү уеэддик башчылардын жана жогоруда аталган төмөнкү административдик аппарат аркылуу жүзөгө ашырылган башкаруу зордук-зомбулук, паракордук, мыйзамсыз жыйым чогултуу жана калктын бүлүнүшү менен коштолгон. Өздөрүнүн букараларынын мүлкүн контролсуз башкарган манаптар тарабынан эзүүгө жана зомбулукка улуттук эзүү жана жаңы экономикалык оорчулуктар келип кошулган. Сакталып калган манаптык жыйымдар жана жумуштардан тышкары түтүн башынан жыйым чогултуу белгиленген, бул башка жыйымдар менен бирге ар бир чарбага 8 сомдон, жолдорду куруу жана оңдоо боюнча натуралай жерде иштеп берүүдөн турган, бул кыргыздардын эң кембагал бөлүгүнө өзгөчө оор жүк болуп түшкөн. Чарбанын товардуулугунун төмөндүгү кыргыздардын көпчүлүгү акчалай салыкты төлөө үчүн көп малын арзыбаган баага сатууга же кийин мал менен кайтарып берүү шарты менен кулактардан жана соодагерлерден карыз алууга аргасыз болушкан.

Өлкөгө кире баштаган товардык-акча мамилелердин таасири астында жарым натуралай кыргыз чарбасынын бара-бара ыдырашы, капиталисттик багытты карай кыштактын жана айылдын таптык дифференциясынын күчөшү, коомдук-уруулук мамилелердин бузулушу, бүткүл экономиканын кайра курулушу башталды. Шаарлар, базарлар пайда боло баштады: коңшулаш райондор менен алмашуу жана соода күчөдү. Өзбек, орус, татар ж.б. соодагерлери менен катар кыргыз байларынын жана манаптарынын ичинен соодагерлер, ишкерлер жана сүткорлор өсүп чыкты, улуттук буржуазия түзүлө баштады. Жайыттардын кыскарышына жана калктын жакырданышына байланыштуу дыйканчылык өнүгө баштады. 1913-жылы Пишпек уездинин бардык чарбаларынын 91,08 процентинин мал менен катар айдоо аянттары да болгон. Көчмөндүн жыргалчылыгынын негизи болгон мал чакан топтордун колдоруна топтолду. Маселен, 1912—1913-жылдардагы кыргыз чарбаларын изилдөөлөрдүн маалыматтары боюнча Пишпек уездинде үч өтө кубаттуу топтордун чарбаларынын 5,52 проценти бүткүл малдын 33,51 процентин ээлеп турган, ал эми биринчи төрт топтун (малы жок жана ар бир чарбага 8 баштан ашпаган) 49,22 процентинин үлүшүнө бүткүл малдын 11,2 проценти гана туура келген.

Бардык чарбалардын 47,75 процентинин эч кандай айыл чарба шайманы болгон эмес жана дыйканчылык менен кесип кылган чарбалардын 40,77 проценти башка бирөөнүн шаймандарынан пайдаланышкан. Кулак тибиндеги чарбаларда жалданма эмгек кеңири колдонула баштаган.

Кыргыз элинин тарыхый тагдырында борбордук жана түштүк Орусиянын чектеринен орус жана украин дыйкандарын кыргыз крайына падышачылык уюштурган көчүрүп келүүсү чечүүчү мааниге ээ болду. 1866-жылдан тартып башталган ушул колонизациянын натыйжасында көчүп келгендерге кыргыздар айдап келген мыкты жерлер берилип, ал эми кыргыздар дыйканчылык үчүн азыраак жарамдуу тоолуу райондорго сүрүлүп чыгарылган, бул жерде кыргыздардын бир кыйла бөлүгү жарым-жартылай ачкалыкта жашоого дуушар болгон. Пишпек уезди боюнча гана кыргыздардын пайдалануусунан 700 миң га ашуун мыкты жерлер тартып алынган болучу. 1914-жылдын башында Пишпек жана Пржевальск уезддеринде 81, ал эми Кыргызстандын түштүк бөлүгүндө 50 чамасында орус жана украин кыштактары болгон. Манаптардын активдүү көмөгү астында орус дыйкандары кыргыз кембагалдарынын жерлерин сатып алышкан жана ижарага алышкан. Ошол эле убакта жер которуп келген дыйкан күрдүү жерлердин зор үлүшүнө ээ болсо, кыргыз дыйкандары орточо эсеп менен 2,24 гектар жерди айдаган. Өз жерлеринен сүрүлүп чыккан же жакырчылык үлүшүндө калган. Жакырданган жана кембагал кыргыздар көчүп келген орустардын бай жана кулактык чарбаларында батрактар катары иштешкен же бай менен манаптардын чарбаларында койчу, малай болуп иштөө менен алардын толук карамагына өздөрүн өткөрүп беришкен.

Падышачылыктын бул талап-тоноочулук саясатына жооп кыргыздардын колониалдык-капиталисттик режимине каршы бир канча жолу куралдуу чыгуулары болду- Кыргыздар 1885-жылы жана 1891-жылы Фергана областында болуп өткөн толкундоолорго катышкан, ошондой эле 1898-жылы Дукчин-эшендин жетекчилиги астында болуп өткөн Анжиян көтөрүлүшүнө активдүү катышкан. Алардын көпчүлүгү көтөрүлүшкө катышкандыгы үчүн Сибирге каторгалык жумушка сүргүнгө жиберилген. Нарындагы көчүп келгендердин участкасында, Чүй өрөөнүндө жана башка пункттарда көчүп келгендер үчүн жерди тартып алууга жооп катары кыргыздардын бир катар куралдуу чыгуулары белгилүү. Бирок колониалдык үстөмдүктүн бүткүл системасына каршы, анын ичинде өзүнүн эзүүчүлөрү — байларга жана манаптарга каршы стихиялуу улуттук-боштондук кыймылы мүнөзүнө ээ болгон чыныгы бүткүл ЭЛДИК көтөрүлүш 1916-жылы болуп өттү. Күрөшкө дээрлик куралсыз көтөрүлгөн кыргыз эли мыкты куралданган падышалык аскерлер менен кагылышты. Пролетардык жетекчиликтин жоктугу, куралдын жетишпегендиги, бир катар манаптар тарабынан чыккынчылык бул көтөрүлүштүн жеңилишине алып келип, ал бөтөнчө таш боордук менен басылган. Бир жарым миң чамасында кыргыздар өздөрүнүн үй-оокаттарын жүктөп, жолдо баратканда малын таштап, куугунтуктан кутулуу үчүн Батыш Кытайдын чегине качып кетүүгө аргасыз болгон. Көтөрүлүшкө чейин Пишпек жана Пржевальск уезддеринде болгон 62340 чарбанын ичинен 1917-жылдын январына карата 20365 чарба гана калган. Качкындардын негизги тобу Октябрь революциясынан кийин гана өз мекенине кайта баштаган,

Көтөрүлүш жеңилгенден кийин падышалык администрация «орус каны төгүлгөн бардык жерди кыргыздардан тартып алууга» чечим кабыл алган. Бул Чүй дарыясынын өрөөнүндөгү жана Ысык-Көл ойдуңундагы 4 млн. гектар

өздөштүрүлгөн жери бар зор аянтты кыргыздардан тартып алуу жана аларды Тянь-Шандын бийик тоолуу такыр жерине сүрүп чыгаруу дегендик эле. Адамды жек көргөн бул пландын жүзөгө ашырылышына Улуу Октябрь социалисттик революциясы тоскоолдук кылды.

Манаптар жана байлар менен бирдикте кыргыздарды кулга айландырууга жана аларды өз алдынча саясий, экономикалык жана маданий жактан өнүгүү мүмкүнчүлүгүнөн ажыратууга умтулган падышачылык жеке бийликтин үстөмдүгүнүн мезгилинин ичинде кыргыз эли оор жолду басып өттү. Бирок орус падышачылыгынын колониалдык саясаты кыргыздарга канчалык азаптарды жана кайгыларды алып келбесин, кыргыздардын Орус империясынын тутумуна киргизилишинин фактысынын прогрессивдүү мааниси талашсыз бойдон кала берет. Орус маданиятынын кыргыз элинин маданий турмушунун кээ бир жактарына тийгизген таасири да сөзсүз оң болуп чыкты.

## *УЛУУ ОКТЯБРЬ СОЦИАЛИСТТИК РЕВОЛЮЦИЯСЫНЫН АЛДЫНДЛГЫ КЫРГЫЗДАРДЫН МАДАНИЯТЫ*

*Мал чарбасы. Аыйканчылык. Ацчылык. Үй промыселдери. Соода. Көчүү каражаттары жана ыкмалары. Жол катнашы. Кыштак жана турак жай. Кийим кече жана кооздуктар. Тамак-ашы. Медицина жана гигиена. Уруу жана уруулук община. Кулчулук. Феодалдык мамилелердин келип чыгышы. Эксплуатациянын формалары. Кыргыз коомундагы таптар жана социалдык катмарлар. Алгачкы общиналык мамилелердин калдыктары. Патриархалдык үй-бүлөлүк община. Жекече үй-бүлө. Аялдардын абалы. Аини. Эл чыгармачылыгы. Оюндар жана оюн-шооктор. Элдик билим. Билим берүү.*

### *Мал чарбачылыгы*

Өткөндө кыргыздардын тарыхый жактан түзүлгөн башкы кесиби малчылык болуп, азыркы убакта да алардын негизги кесиптеринин бири өз маанисин жоготкон жок. Бул кесип жыл бою бай тоют ресурстарын пайдаланууга негизделип, ушунун натыйжасында тынымсыз көчүп жүрүү мүнөзүндө болгон.

Мал чарбасынын багыты тарыхый шарттарга жараша өзгөрүп турган. Согуштардын мезгилинде малдын көбөйтүлгөн башкы түрү жылкы болуп, кой-эчки жана бодо мал азыраак мааниге ээ болгон. Бейкуттук турмушка өтүү менен биринчи орунга кой чарбачылыгы чыгып, бодо малдын, төөнүн саны көбөйгөн. Эң акырында, чарбалар дыйканчылыкка өткөндөн кийин, негизги кесип катары, өзгөчө түштүк райондордо малдын ичинен негизги орунду жылкы жана бодо мал, бир аз эчкилерге таандык боло баштаган. Памирде жана Фергана областынын түштүк тоолуу бөлүгүндө өстүрүлгөн негизги малдын бири топоз болуп саналат.

Жайып тоюттандырылган мал менен көчүп жүрүү сезондук мүнөздө болуп, кылымдар бою адат болуп калган цикл боюнча жүргүзүлгөн, анын үстүнө ар бир уруу жана урук белгилүү аймакта көчүп жүрүшкөн. Кышында кыштоого жакын жаткан аймактарда бодо малды, төөлөрдү жана минүү үчүн арналган жылкыларды гана жайышкан; койлорду жана калган жылкыны адетте алыскы жайыттарда — отордо кармашкан. Эрте жазда, бирок көбүнчө талаа жумуштарынан кийин кыргыздар өз малы менен кыштоодон алыс эмес жана тоо этегинде жайгашкан жазгы жайыттарга — көктөөгө же бөксөгө көчүп чыккан. Ысык башталып, көгөндөр, чымын-чиркейлер д.у.с. пайда боло баштаганда малчылардын көпчүлүгү малын бийик тоолуу жайкы жайыттарга — жайлоого

чыгарган, ал эми чакан сандагы малы бар чарбалар көпчүлүк учурда кыштоого кайтып келгенге чейин ошол эле жазгы жайыттарда кала беришкен. Тоолордо суук түшкөндө малчылар малын күзгү жайытка — күздөөгө айдап келишкен, бул жерлер көпчүлүк учурда жазгы жайыттарга туш келип, ал жерлерде бул убакта мал оттой турган чөп кайра өсүп калган. Эгинди жыйноо жана чөп чабык аяктагандан кийин малчылар кыштоого кайтып келишкен, эгин орууга жана чөп чабууга үй-бүлөнүн мүчөлөрү же жалданган адамдар иштеген. Көчүп жүрүүнүн толук цикли көп малы бар чарбаларда гана сакталып калгандыгын белгилей кетүү керек. Жылкысы же кою болбогон же болсо да аз санда болгон кембагал чарбалар өз алдынча дегеле көчүп чыгышкан эмес, алар өздөрүнүн же байлардын айдоо жерлеринин жанында кала беришкен. Алардын ичинен кээ бирөөлөрү гана өзүнүн оокаттуу туушкандары менен кошо көчүп чыккан, бул үчүн алардан иштеп берүүнүн шарттарында бир аз мал алышкан. Кедейлер бул малдын сүтүнөн жана жүнүнөн пайдаланып, ал эми малдын башы ээсине таандык болгон. Саан деп аталган эксплуатациялоонун бул формасы «туугандык жардам» деген шылтоо менен чүмбөттөлүп кыргыз айылында эң кеңири таркаган. Мына ошентип, жалпы кышкы жайытка бириккен чарбалардын тобу жылдын калган мезгилинде бир канча бөлүккө бөлүнүп кеткен. Жайыттардан пайдалануу көпчүлүк учурда жамааттык мүнөздө болуп, чөп чабындылары өз ара бөлүштүрүлүп, кээ бир гана учурларда болбосо түтүндүк- мурастык ээликте болгон.

Катаал кыштоодон кийин жазында көчүү кыргыздарда өзүнчө бир майрамга айланган. Баары болгон мыкты кийимдерин кийишип, аттарга үртүк жабышып, төөлөрдүн башын жана мойнун саймалуу жапкычтар менен кооздошкон. Көлүккө жүктөлгөн боз үйдүн үстүнө килем же ачык түстөгү кездемелерди жабышып, ал эми мыкты буюмдарын (сандыктарын, самоорлорун, илегендерин) үстүнө таңып коюшкан. Көчтү жүктөлгөн төөнү же атты жетелеген адетте атчан кыз же аял баштаган; алардын артынан — кичине балдары бар аялдар (эмчектеги балдарды бешикке салып ээрдин астына өңөрүп алышкан) жол тарткан. Эркектер менен өспүрүмдөр алардын артынан малды айдап жөнөшкөн. Мурунку көчүп баргандар кийинки көчүп келгендерди өрүлүктөп барууну салт талап кылган.

Көп кылымдардан берки тажрыйбалар менен сыналган мал багуунун ыкмаларынын системасы салыштырмалуу түрдө жогорку деңгээлде болгон эмес. Өткөндө кышка тоютту дээрлик даярдашкан эмес. Бир аз мурда түштүк кыргыздарда, ал эми акыркы ондогон жылдарда түндүк кыргыздарда да (булар орустардын таасири астында) чөп чаап алуу кеңири таркай баштады, бирок тоют бир аз санда гана, көбүнчө көтөрүм малды, төлдү, ошондой эле минүү үчүн арналган аттарды кошумча тоюттандыруу үчүн даярдалган. Чөп чабуу үчүн кадимки эле орок же мангел колдонулган, ал эми акыркы убакта орустардын чалгысы кеңири таркай баштаган.

Кышка карата тоюттун запастарынын жок болушу кыргыздардын көчмөн мал чарбачылыгын жаратылыштын бөөдө кырсыктарына толук көз карандылыкта калтырган. Мал чарбачылыгына мезгил-мезгили менен малдын кырылып турушу — жут зор зыян алып келген. Бул кырсыктар кар калың жааган узакка созулган катаал кыштын натыйжасында, өзгөчө эрте жазда мал (баарыдан мурда койлор) калың кардын үстүнө тоңгон шыбыргактан чөптү туягы менен тээп жей албай калгандыгынын натыйжасында башталган. Эпизоотияларга, атап айтканда, чумага байланыштуу малдын массалык түрдө кырылышы көп жолуга турган кубулуш болгон. Падышачылыктын колониалдык саясатынын,

кыргыздардын көчүп келгендердин кыштактары үчүн берилген өтө баалуу кышкы жайыттардан ажырашынын натыйжасында негизги көчмөн калктын малынын саны байкалаарлык азайып кеткен.

Мал чарбасында эмгектин бөлүнүшү мадды жаюуга жана тоютту даярдоону уюштурууга байланыштуу бардык жумуштарды эркектердин аткарышына негизделген. Аялдардын үлүшүнө айылга жакын жерде жайылып жаткан малга көз салуу бээлер менен уйларды сааш, жаш төлдү багуу, сүт чарбасы, түнкүсүн кой кайтаруу, айылдын көчүшүнө байланыштуу жумуштардын бир кыйла бөлүгү туура келген.

## *Дыйканчылык*

Дыйканчылык кыргыздарда бул крайды Орусия жеңип алганга чейин көп убакыт мурда эле болгон[3]. Ал Ысык-Көл ойдуңунда, Чүй жана Талас дарыяларынын боюнда, ошондой эле Фергана өрөөнүндө өзгөчө кеңири таркаган. Бирок шарт мүмкүнчүлүк берген тоолордун бардык жеринде, кээде бир кыйла бийиктикте (Ат-Башы, Арпа жана башка бийик тоолуу өрөөндөрдө) айдоо жерлер болгон. Дыйканчылыктын салыштырма салмагы түштүк кыргыздардын чарбаларында бир кыйла жогору болгон. Түндүк Кыргызстанда анын мааниси орустар келгенден кийин көбөйө баштады. Дыйканчылыктын өсүшүнө белгилүү даражада таасирин тийгизген себептер, бир жагынан падышачылыктын колониалдык саясаты болгон, мунун натыйжасында жерди тартып алуу жана жайыт аянттардын кыскарышы болуп, мунун өзү малдын санынын азайышына алып келген, экинчи жактан — манаптар жана байлар тарабынан эзүүнүн жана зомбулуктун күчөшү болгон. Малы өтө аз жакырланган чарбалар өз алдынча көчүп жүрүүгө мүмкүнчүлүк бербей, дыйканчылыкка өткөндөн кийин акыркы мүмкүнчүлүккө чейин мал чарбасынан айрылбоого умтулушкан, ошентип алардын бир бөлүгү көчүп жүрүүнүн толук эмес циклин жасаган. Малы дегеле калбай калган кембагал чарбалар үчүн дыйканчылык эптеп күн көрүүнүн бирден-бир булагына айланган.

Октябрь революциясынын алдындагы жылдарда чарбанын малчылык-дыйканчылык аралаш тибине башкы орун таандык боло баштайт, ал жарым көчмөн мүнөздө болуп, үй-бүлөнүн бир бөлүгү айдоо жерлерин иштетүү үчүн кыштоолордо кала берген. Дыйканчылык кесибине өтүү дайыма эле мурда көчүп жүргөн чарбалардын отурукташуусуна туш келе берген эмес. Октябрь революциясынын алдындагы акыркы 10—15 жылдын ичинде гана түндүк Кыргызстанда туруктуу кыргыз кыштактары пайда боло баштаган (түштүк Кыргызстанда алар мурда эле пайда болгон). Бирок кыргыздардын дыйкандардын абалына өтүүгө бул жасаган аракеттери манаптар тарабынан кескин каршылыкка дуушар болгон, анткени мындан алар өздөрүнө толук баш ийген калкты эзүү үчүн мүмкүнчүлүктүн азайышын көрүшкөн. 1912-жылы Пишпек уездинде бар болгону 15,1 процент отурукташкан кыргыз чарбалары болгон.

Кыргыз дыйканчылыгы көбүнчө керектөө мүнөзүндө болуп, ошол эле убакта мал чарбасы үчүн көмөкчү мааниге ээ болгон. Фергана өрөөнүндө гана ал бир кыйла даражадагы товардык мүнөздө болуп, бул пахтачылыктын өнүгүшү менен байланыштуу болгон. Түштүк Кыргызстанда пахтадан тыш- кары буудай, жүгөрү, меке, күрүч, бакча өсүмдүктөрүн өстүрүшкөн. Түндүк Кыргызстанда негизги өсүмдүктөр таруу, арпа (өзгөчө бийик тоолуу райондордо) жана буудай, бир аз

санда сулу (булар орустар келгенден кийин пайда болгон) жана беде болгон. Огород өсүмдүктөрү менен кыргыз чарбалары өтө аз тааныш болгон.

Кыргыздардын дыйканчылыгы негизинен сугат менен байланыштуу болуп, бийик тоолуу шарттарга ыңтайлаштырылган сугаруунун жасалма иштелип чыккан ыкмалары колдонулган. Кайрак айдоо жерлеринин пайда болушу бир кыйла кийинки мезгилге таандык; ал курчап турган орус калкынын таасирине байланыштуу. Түштүк кыргыздар негизинен дыйканчылыктын техникасын өзбек жана тажик отурукташкан калкынан алышкан. Түндүк кыргыздарда ал бир кыйла өзүнчө мүнөздө болгон. Негизги жер айдоо шаймандары чоюн уч — тиш кийгизилген жыгач соко — буурусун болгон. Эгин чапандын этегине, ошондой эле баштыкка же баш кийимге салып алып кол менен ууштап себүү менен жүргүзүлгөн. Малалоо үчүн бооланган чычырканак же тикендүү бадал — мала колдонулган. Орок менен орушкан. Эгин бастыруу кырманга төшөлгөн эгиндин боолорун чиркештирилген малдын (аттардын же өгүздөрдүн) туягы менен бастырышкан, бул темин басуу деп аталган. Эгинди тартуу үчүн суу тегирмендери менен катар көп учурда жаргылчак пайдаланылган. Дыйканчылыкта универсалдуу аспап кетмен болгон.

Дыйканчылык чарбасында эмгектин негизги үлүшү эркектерге жүктөлгөн, бирок аялдар да жумуштун кээ бир түрлөрүнө (малалоо, эгин оруу) катышкан.

Түштүк кыргыздардын кээ бир бөлүгү дыйканчылык менен катар пилла өстүрүү менен кесиптенишкендигин, мында жибек куртун багуу аялдардын милдетине киргендигин кошумчалай кетүү керек.

### *Аңчылык*

Адабиятта болгон маалыматтар, ошондой эле фольклордо, динде, искусстводо жолугуучу бир катар учурлар байыркы заманда аңчылык кыргыздарда негизги кесиптердин бири болгондугун далилдеп отурат. Маселен, кыргыздардын элдик календарында беш ай промыселдик жаныбарлардын аты менен аталган: бугу (бугунун же маралдын букасы), теке (тоо теке), кулжа, чын куран жана жалган куран (эликтин эркеги). Ал түгүл XIX кылымда аңчылык кыргыз чарбасында бир кыйла орун ээлеген.

Аңчылыктын негизги түрлөрү мылтык менен жана алгыр куштардын жардамы менен аңчылык кылуу болуп саналат. Мындан тышкары, капкандардын жана тузактардын жардамы менен аңчылык кылышкан. Октябрь революциясына чейин жыгач таянычтары бар милтелүү мылтыктар — бараң болгон, бирок пистондуу мылтыктар жана барданкелер пайда боло баштаган. Мылтык менен аркар-кулжага, эчки-текеге, эликке, аюуга, карышкырга, түлкүгө аңчылык кылышкан, ал эми мурда марал менен сайгакка аңчылык кылуу өзгөчө кеңири таркаган, жылдын белгилүү мезгилинде алынган алардын мүйүздөрү кытайлар тарабынан жогору бааланып, аларды кыргыздардан сатып алып турушкан.

Кыргыздар — өзгөчө чебер, көзгө атаар жана чаалыкпас мергенчилер. Алар Памирде тоо эчкиге аңчылык кылууда өңүттүн ыкмаларын (топозго жашынып айбанатка жакындап келүү) колдонушкан. Рельефи мүмкүндүк берген кээ бир жерлерде суурга аңчылык кылуу мылтык жана капканды колдонуу менен катар ийиндерге чейин казылып келинген кичинекей арыктардын жардамы менен суурларды суу менен ийиндеринен чыгарып алышкан.

Мергенчилер, койчулар сыяктуу эле тоолордо басып жүрүүдө жылкынын туяктарынан жасалган бут кийимдин өзгөчө тибин — тай туякты колдонушкан,

аны өтүктүн таманына байлап алышкан, ошондой эле кар менен басып жүрүү үчүн талдан согулган чаңгыларды буттарына кийип алышкан.

Мергенчилердин арасында айбанаттардын жана илбесиндердин ар башка түрлөрүнө сыйкырлоолор кеңири таркаган.

Кыргыздардын арасында илгертен бери эле алгыр куштар менен аңчылык кылуу кеңири таркаган. Таптоолору зор өркүндөтүлүүгө чейин жеткирилген алгыр куштар катары ар кандай жырткыч канаттуулар: бүркүттөр, шумкарлар, ителгилер кызмат кылган. Негизинен бүркүт менен аңчылык кылуу промыселдик мааниге ээ болгондугун белгилей кетүү керек, аны менен түлкү алдырышкан. Шумкарлар жана ителгилер менен аңчылык кылуу көбүнчө ышкыбоздук мүнөздө болгон. Кыргыздарда тайгандар менен аңчылык кылуу өтө кызык болгон. Кыргыздар илгертеден эле иттин өзгөчө тоого ылайыкталган тибин — тайганды. өстүрүшүп, ал түлкүнү кууп жетүүгө жөндөмдүү болгон.

## *Үй промыселдери*

Кыргыз чарбасында ар кандай үй промыселдери бир кыйла орунду ээлеген, алардын көпчүлүгү мал чарбасынын азыктарын иштетүүгө байланыштуу болгон. Эркектер жазында жана күзүндө кыркып алган койдун жүнүнөн аялдар ийиктин жардамы менен жип даярдашкан. Эң жөнөкөй токуу куралы — өрмөктүн жардамы менен ал жиптен чапандарды, шымдарды, каптарды, куржундарды тигүү, боз үйдү курчоо үчүн тасмалар, таарларды ж.б. жасашкан. Бул курал төмөндөгүдөй жасалган. Негизинин бир учу эки казыкка жип менен таңылган таяк аркылуу өткөрүлүп, экинчи учу да жерге кагылган казыкка байланган. Жиптер катарлаш эки таякка байланып, алардын жогорку бөлүгү жерге орнотулган жана жогорку учтары үч узун таякка туташтырылган эки жипке асылып коюлган. Негиздин жиптери аркылуу негиздин жиптеринин эки катмарын бөлүп турган дагы бир такта аркылуу өткөрүлгөн. Негиздин жиптерин ажыратуу жана жиптерди түзөтүү үчүн кылычка окшогон жалпак тактайча кызмат кылган. Өзүнүн түзүлүшү боюнча кыргыздардын токума куралы Орто Азиянын коңшулаш көчмөн элдеринин ушундай эле куралдарына окшоп кетет.

Койдун жүнү ошондой эле түктүү килемдерди (түштүк кыргыздарда) жана кийиздерди жасоо үчүн жумшалган, булардан боз үйдүн жабуулары, боз үйдүн ичинде төшөө үчүн килемдер, кийимдер (халаттар, баш кийимдер, бут кийим), ээр жабдыктары д.у.с. жасалган. Төөнүн жүнү чепкен үчүн кездеме токууга жумшалган, эчкинин жана топоздун жүнүнөн ар кандай максаттар үчүн пайдаланылуучу аркан эшүүгө пайдаланылган, кой терисинен тон, шым, баш кийим тигишип, боз үйлөр үчүн көрпөчө д.у.с. жасашкан; алар туз кошулган айран менен ашатылып, андан кийин тери акталган. Эчкинин терисинен суюктуктарды сактоо жана ташуу үчүн чанач жасашкан, бодо малдын, жылкынын жана төөнүн ышталган жана ийленген терисинен ар кандай булгаары идиштер, бут кийимдер жасалган.

Ар бир айрым үй-бүлөнүн керектөөсүн тейлеген жана дээрлик аялдардын мойнуна жүктөлгөн үй промыселдеринин ичинен чийден ар кандай буюмдар жасала тургандыгын, жүн жана пахта жиптеринен ар кандай тасмалардын согулаарын жана кийимдин, эмеректердин д.у.с. ар кандай түрлөрүнүн саймаланышын эске сала кетүү зарыл.

Жыгачтарды иштетүү негизинен боз үйдүн уук-керегелерин, ээрлерди, бешиктерди жана бир аз жыгач идиштерди жасоого байланыштуу болгон. Кээ бир жыгач усталар заказ боюнча иштеген. Металлды иштетүү кыргыздарга

илгертеден тааныш болгон. Ысык-Көлдө кумдан ажыратылып алынган темирден аны жөнөкөй көөрүктөрдө эритүү жолу менен кыргыздар темир алып, аны кийин болотко айландырышкан. Темир усталар така, бычак, орок, балта, соконун тишин, ал эми чебер темир усталар алардан курал: милтелүү мылтыктарды, орустар келгенге чейин кылычтарды жана айбалталарды жасашкан. Мындан тышкары, темир усталар күмүштөн аялдардын кооз буюмдарын, эркектер үчүн кемер курларды, көмөлдүрүк, куюшкандарды д.у.с. жасашкан, алар көп убакта өзүнүн көркөмдүк табити менен айырмаланып турган.

Кыргыздар түстүү таштардын ар кандай түрлөрүнөн кыт куйгучтарды, шам чырактарды, топчуларды, тогуз коргоол үчүн такталарды д.у.с. жасашкан. Памирдик кыргыздар тоо хрусталын, яшманы, куйма алтынды казып алышып, анын баарын Кашкардын жана Жаркенттин базарларында сатып турушкан.

### *Соодасы*

Кыргыздар коңшу өлкөлөр менен илгертеден эле жандуу алмашууда болгон. Аларга Ферганадан жана Кашкардан пахта жана жарым жибек кабыма чапандарды, жууркан-төшөктөрдү, топуларды, жоолуктарды, пахта жана жибек кездемелерди (алардын ичинен бөз жана пахта кездемелери көбүрөөк талап кылынган), куралдарды д.у.с. алып соодагерлер келип турушкан. Орусиядан орус көпөстөрү жана татарлар төмөнкү сорттогу ноотуларды, чыттарды, коленкорду, булгаарыны, темир жана чоюн буюмдарын, жасалга кооздуктарын д.у.с. ташып келишкен. Кулжадан кытайлар чай, күрүч, тамеки, жибек кездемелерди алып келишкен. Ташылып келинген кымбат товарларды (маселен, жибек кездемелерди, булгаарыны, күрүчтү д.у.с.) бай кыргыздар менен манаптар гана сатып алышкан. Алып келген товарларынын ордуна соодагерлер кыргыздардан мал, тери, кийиз, булгаары, жүн, айбанаттардын терилерин, кылдарды д.у.с. алышкан. Алмашуунун бирдиги катары кой кызмат кылган. Алмашуу товарларынын чыныгы баасын билбеген кыргыздар үчүн бул соода өтө пайдасыз болгон. Бир кыйла сандагы мал кыргыздар тарабынан келген көпөстөргө сатылган жана өздөрү Фергана өрөөнүнүн базарларына сатуу үчүн айдап барышкан. Октябрь революциясынын алдындагы акыркы он жылдарда кыргыз байларынын жана манаптарынын ичинен бир катар ири соодагерлер өсүп чыккан.

### *Кыштагы жана турак-жайы*

Кыргыз элинин өзүнчө бир тарыхый тагдыры өткөндө анын жайгашуусунун тибине өзүнүн изин калтырып кеткен. Өзүнүн коңшулары менен ачык согуштун абалында болуу менен кыргыздар мурда айрым айыл болуп жашаган эмес, бүтүндөй уруулук жамааттары менен чогуу жашаган. Бул аларга коргонуу же кол салуу үчүн тезирээк чогулууга мүмкүнчүлүк берген.

Кыргыздар Орусияга кошулгандан кийин кыргыздардын жайгашуусунун мындай тиби олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Алардын жайгашуусунун негизги бирдиги айыл — уруулук жана туугандык жагынан гана эмес, мурдагыга караганда көбүрөөк даражада аймактык жана экономикалык байланыштар менен бириккен чарбалардын тобу болуп калган.

Кыргыздардын айылынын чоңдугу туруктуу болгон эмес. Жазгы, жайкы жана күзгү жайыттарга көчүүнүн мезгилинде айылдардын көлөмү азайып, кыштоого келген мезгилде көбөйгөн.

Көчмөн же жарым көчмөн тибиндеги отурукташуу — айыл менен катар XX кылымдын башында отурукташууга байланыштуу кыргыздардын туруктуу жайы — кыштак пайда боло баштаган. Түндүк кыргыздарда мындай жайдын белгилүү тиби түзүлүүгө үлгүргөн эмес. Кээде ал бойлото теректер тигилген бир кеңири көчөдөн (сейрек учурда бир канча көчөдөн) турган жана өзүнүн жалпы турпаты боюнча коңшулаш орус кыштактарына окшошуп кеткен. Башка учурларда кыштактар белгилүү бир плансыз жайгашкан. Түштүк кыргыздардын туруктуу кыштактары өзүнүн тиби боюнча коңшулаш өзбек кыштактарынан аз айырмаланган.

Октябрь революциясына чейин кыргыздардын, өзгөчө көчмөн жана жарым көчмөн райондорундагы турак-жайларынын үстөмдүк кылган тиби көчмө турак-жай — боз уй, кара уй болгон. Боз үйдүн негизи керегеден, ууктан, түндүктөн турган. Түндүк түтүндүн чыгышы жана боз үйгө жарык түшүшү үчүн кызмат кылган. Керегенин ортосуна эшиктин кашеги орнотулуп, ага кээде эки жакка ачма эшик илинген. Кире бериш жери кийиз менен капталган чий бойросу менен жабылган. Керегени айланта чий каланып, андан кийин боз үйдүн үстү жана капталдары кийиз туурдук-үзүктөр менен жабылган. Боз үйдүн түндүгү түнкүсүн, ошондой эле жаан-чачында түндүк жабуу менен жабылган.

Байлардын жана манаптардын боз үйлөрү чоңдугу менен гана эмес, туурдук-үзүктөрүнүн сапаты менен да айырмаланып, алар аппак жана бир кыйла жука болгон, мындай боз үйлөр аны айланта курчап тартуу үчүн керектүү болгон сокмо жүн сызмаларынын көркөмдүк жасалгаланышы менен да айырмаланган.

Кыргыз боз үйүнүн ички жасалгасы, адетте, эң татаал эмес жасалгалоодон жана эмеректерден турган. Кире бериштин оң жагына тамак даярдоого байланыштуу идиштер жана эмеректер жайгашкан, мындан тышкары ал жерде азык-түлүк запастары сакталган. Аялдар тарабы деп эсептелген үйдүн бир бөлүгү — эпчи жак чийден жасалган *бойро — чыгдан* менен бөлүнгөн. Кире бериштин төр жагына жыгач текчеге жууркан-төшөк жыйылып, тыш кийимдер жана бир кыйла баалуу буюмдар (сандыктарда же өзүнчө бир капта) сакталган. Ардактуу жер деп эсептелген төргө меймандар отуруп, түнкүсүн ал уктай турган жай катары пайдаланылган. Жаңыдан баш кошкондордун же жаш жубайлардын төшөгү боз үйдүн калган бөлүгүнөн чыттан же байлардыкы -жибектен тигилген *көшөгө* менен бөлүнгөн.

Кире бериштин сол жагына мал багууга байланыштуу буюмдар , ээр токум, жүгөндөр жайгашкан. Ушул эле жерге сол жак босогого жаңыдан төрөлгөн козулар жана улактар жайгашкан. Үйдүн чок ортосунда түндүктүн астында от жагуу үчүн жай — коломто жайгашкан. Бул жерге, адетте, казан үчүн темир тулга коюлуп, казанга тамак бышырылып, токоч даярдалган.

Жерге кийиз төшөлүп, үстүнө койдун же музоонун терисинен көрпөчө же талпак жайылган, оокаттуулардын үйүнө килем, аюунун же карышкырдын талпагы жайылган. Кээде жолуккан жыгач керебеттер жана жапыз тегерек столдор оокаттуу боз үйгө таандык болгон. Керегеге кээде баркытка саймаланган килем — туш кийиз, ал эми түштүк кыргыздарда — жүндөн токулган шалчалар илинген. Байлардын жана манаптардын боз үйлөрүнүн ичине килемдер илинген. Керегеге идиштерди жана башка чарба буюмдарын сактоо үчүн кийиз каптар — табак-кап, аяк-кап, баштык ж.б. илинген.

Алыска көчүүнүн убагында, ал эми илгерки заманда жортуулдардын убагында чакан өлчөмдөгү боз үй — кош, отоо колдонулган. Жаштардын үйлөнүү тоюнун убагында, адетте, өзгөчө боз үй — өргө тигилген.

Турак-жайдын негизги тиби катары боз үйдү көчмөндөр жана жарым көчмөндөр гана пайдаланган эмес; отурукташкан кыргыздар туруктуу турак үйүнүн жанына короого тигилген боз үйдө жылдын көпчүлүк бөлүгүн өткөрүүнү артык көрүшөт.

Бирок, көчмөндөрдүн көпчүлүгү үчүн боз үй бир эле убакта жайкы да, кышкы да турак-жай катары кызмат кылганы менен (кышында боз үйдүн айланасына кардан бөгөт курушуп, кээде аны саман менен каптап коюшкан) кыштоолордо көпчүлүгү кышкы турак-жайды куруп алышкан, анда алар эң суук айларда аяздан жана күн бүркөктө жашырынышкан. Мындай турак- жайлар — там, там уй адетте шамалдан ыктоо жайларга, айдоо жерлерине (эгер андайы болсо) жакыныраак жайгашкан. Алар көпчүлүк учурда дубалдан же чопо менен бекитилген таштардан курулган, үйлөрдүн төбөлөрү жалпак болгон. Терезе катары дубалдын жогорку бөлүгүндөгү жылчыктар, чатырдагы тешик кызмат кылган, үйдүн шыбындагы тешик түтүн чыгуу үчүн да кызмат кылган. Турак-жай начар жылытылып, анда жылуулук кармалган эмес. Үйдүн асты жер болгон, тамак бышыруу жана жылытуу үчүн чопо колектерден же чийки кыштан эң жөнөкөй очок салышкан. Түштүк райондордо кыргыздар өздөрү менен коңшулаш өзбектерден жана тажиктерден кээ бир конструкциялык өзгөчөлүктөрдү (курулуштун каркастык тибин, кире беришиндеги чакан текчелерди куруу) жана турак-жайдын ички жасалгаланышын (чопо текчелердин — супанын болушу, ал жерде тамак ичишип, үй-бүлө үчүн жалпы төшөк салышкан) үйрөнүшкөн.

Кышкы турак-жайга (көбүнчө түштүк кыргыздарда) кээде чарбалык имараттарды: атканаdatabases, малкананы, кышкы тоют үчүн чөп жана саман сактоо үчүн саманкананы курушкан. Койлор үчүн короону мүмкүн болушунча турак-жайга жакыныраак курушкан жана ал таштан, кээде бадалдардан айланта курчалган жапыз аянтча болуп саналат. Эч кандай плансыз эле жайгашкан болсо да туруктуу курулушу бар мындай кышкы кыштоо көп учурда кыштакка окшоп кеткен, анын үстүнө жакын жерде айдоо жерлери болсо жайкысын калктын бир бөлүгү кала берген.

Кышкы турак-жайлардын жалпысынан сүрөттөлгөн бул тиби туруктуу типтеги пайда болгон кыргыз кыштактарындагы турак-жай курулуштарынын негизи болгон, анын үстүнө түштүк кыргыздар өзбектердин үй куруу техникасын көбүрөөк даражада өздөштүрүшкөн. Бирок көбүрөөк отурукташкан райондордо деле туруктуу курулуштардын саны көп болгон эмес: бул Фергана областынын Ош, Скобелево жана Кокон уезддеринде 1913-жылы 9595 боз үйгө 4148 туруктуу курулуш туура келгендигинен көрүнүп турат.

Ири манаптар айланта дубал менен тосулган чарбактарды куруп алышкан, анын ичине чоң жана бышык үйлөрдү тургузушкан.

### *Кийим кечелери жана кооздук жасалгалары*

XIX кылымдын ортосундагы кыргыздардын (негизинен эркектердин) арасында адеттеги кийим-кече Октябрь революциясынын алдында кеңири жайылган кийим- кечелерден бир канча айырмаланган. Ал убакта эркектер чеке жагында тилиги бар, желке жагында кырбусу бар шуштугуй кийиз калпак кийип жүрүшкөн; Чапандарын кашкардык кездемелерден тигип, ала жип менен кооздошкон, жортуулдардын убагында жана кыш мезгилинде аларды багалегинин төмөн жагы тилик кең тери шымга шымданып алышкан; бийик такалуу жана кыска кончтуу өтүк кийип жүрүшкөн. Жаш аялдар аң териси менен

коооздолгон, күмүш жана асыл таштан кооздуктары бар, эки жагына кооздук жасалгалары илинген конус түрүндөгү нооту кабы бар шөкүлө кийип жүрүшкөн.

Эркектердин кийим-кечеси акыркы убакта *көйнөктөн* жана чыт же бөздөн, бирок көбүнчө матадан тигилген кең *дамбалдан* турган; *көйнөктүн* үсүнөн кыска бешмант же *кемсел* тибиндеги жеңсиз кийим — *келтече*, ал эми күн суукта же жол жүргөндө пахта кездемесинен кебез салынган чапан же болбосо нооту менен капталган кабыма чапан же чепкен кийишкен. Кышкысын кой терисинен тон жана жүнү ичине каралган кой терисинен тери шым кийип жүрүшкөн. Ошондой эле көбүнчө жүнү алынган тоо эчкинин терисинен жасалган жаргак шым кийип жүрүшкөн, ал эми оокаттуу кыргыздар мындай шымды түстүү жибек жип менен саймалатып алышкан. Эркектердин, ошондой эле аялдардын тышкы кийими койдун, түлкүнүн, карышкырдын д.у.с. терисинен жасалып тышы кездеме менен капталган ичик болуп саналган. Жаан-чачындан сактоочу кийим катары жүндөн жасалган жеңдүү плащ — *кементай* колдонулган. Койчулардын кийими катары колго согулган жүн таардан ичине кийиз шырылган чапан — *чийдан* кызмат кылган.

Бай кыргыздын баркыт бешманты жана шымдары, бир канча нооту жана жибек чапаны болгон, анын тону ак козулардын жумшак терисинен тигилген. Кедей сырт кийим катары кээде жыңалач этине кийген чапан менен ыраазы болгон. Бут кийим мурунку бойдон — бийик такалуу өтүк сакталып кала берген, бирок такасы жок жана жумшак тамандуу өтүктөр маасы көбүрөөк тарай баштаган. Аларды булгаары көлөчтөр — *кепич* менен, сейрек учурда резина көлөч менен кийишкен. Түштүк кыргыздардын арасында катуу тамандуу, тумшугу бир аз өйдө кайрылган такасыз өтүктөр — *мөку* кеңири тараган. Илгери эчкинин тыбытынан ак кийиз өтүктөрдү саймалап жасашкан. Байларда жана манаптарда булгаары тамандуу баркыт өтүктөр жолуккан. Калктын эң кедей бөлүгүнүн арасында ашатылбаган териден тигилген одоно өтүктөр — *чокой*, чарык кеңири тараган, ал эми койчулар тоодо басып жүрүү үчүн аттын туяктарынан жасалган сандалды — *тай туякты* колдонушкан. Орус тибиндеги өтүктөр да турмуш-тиричиликке кире баштаган. Баштарына топу жана байлыгына жараша көрпөдөн, түлкүдөн же кундуздан тебетей кийишкен, бул кийимдер жайкысын алды кайрылган жана четтери баркыт менен кыюуланган кийиз калпак менен алмаштырылган. Эркектердин кийим-кечесинин зарыл тетиктеринин бири кемер же жүн кездемеден тигилген кур болуп, ага сөзсүз бычак илип жүрүшкөн. Байлар менен манаптардын курлары кымбат күмүш кооздуктары менен жасалгаланган.

Аялдардын кийим-кечеси узун жана кең көйнөктөн, ичинен кие турган узун жазы ылазымдан, дамбалдан жана жеңсиз желеткеден турган. Көйнөк үчүн ачык жана ар түстөгү чытты артык көрүшкөн, бирок кудурети жетпегендер көйнөктү матадан тигишкен. Кыздардын көйнөгү аялдардын көйнөгүнөн көкүрөгүндөгү тиликтин жоктугу менен гана айырмаланган. Кээ бир жерлерде кыздар өзүнчө бир «лифчиктерди» — *чыптаманы* кийип жүрүшкөн. Мурда аялдардын ак матадан тигилген көйнөктөрүнүн жакалары жүн же жибек жип менен саймаланган чыптаманы кара түстөгү кебез кездемеден ичине кабыма салып тигишкен. Кыздар менен келиндер көйнөктүн сырты- нан кызгылт, жашыл же көк түстөгү баркыттан жекет кийип жүрүшкөн. Көчкөндө же башка айылга конокко барганда кебез же жарым жибек кездемеден тигилген чапан, байлары жибек кездемеден *чапан* кийишкен. Аялдар тон кийип жүрүшкөн эмес. Кыргыз аялдарынын өзүнчө бир украиндык юбканы эске түшүргөн кийими *белдемчи*

болгон, анын алды жагы ачык болуп, жазы куру болгон. Мындай кийимди көбүнчө улгайып калган аялдар көйнөктүн сыртынан куру белине туура келгендей кылып кийишкен. Азыраак оокаттуу кыргыз аялдары жүнүн ичине каратып кой терисинен ушундай юбкаларды, ал эми оокаттуу аялдар жарым жибек кездемеден, ноотудан же баркыттан тиктирип, түстүү жибек жиптер менен саймалап, суусардын же кундуздун териси менен көбөөлөшкөн. Жакын туушкандары өлгөн учурда аялдар аза кийимин кийишип, атап айтканда баштарын өзүнчө бир ыкма менен байлап алышкан.

Турмушка чыккан аялдын баш кийими ак жоолуктан — оромолдон же көбүнчө ак элечектен турган, элечек үчүн бир канча ондогон метр ак кездеме кеткен. Кедей аялдардын элечеги бар болгону 5—6 метр кездемеден жасалып, чакан болгон, бай кыргыз аялдарында бир кыйла чоң көлөмгө чейин жеткен. Элечекти ороонун ыкмалары, саймалары жана саймаланган оромосу — *кыргак* тартманы кийип жүрүүнүн жолдору, ар бир урууда айырмаланып турган. Түштүк кыргыз аялдары дегеле бир аз башка формадагы баш кийимди кийип жүрүшкөн. Аларда бул баш кийим артында жабуусу бар, аркасында салаңдап турган чачкап дегени бар кеп такыядан турган. Бул кеп такыянын үстүнөн бир аз алга дөмпөйүп чыгып турган жана беттин үстүндө салаңдап турган элечекти — *келекти* кийишкен; ал саймалуу тасма менен оролуп, кээде үстүнөн саймалуу жоолук менен жабылган. Элечектин астынан жаактарын бойлой төмөн түшүп турган кеп такыянын учтары жана желке жагынан салаңдап турган бөлүгү түстүү жибек менен саймаланган, ал эми булардын учтарына ар кандай формадагы күмүш тыйындардан шуру жиптер менен бириктирилген узун илмектер илинген.

Кыздардын баш кийими суусардын териси менен же бай кыздардыкы кундуз менен жээктелген, үкүнүн канаты менен кооздолгон (тумардын маанисин аткарган) тебетей болгон.

Аялдардын кооздук буюмдарынын ичинен чоң конус түрүндөгү сөйкөш, күмүш же жез сөйкөлөрдү, билериктерди, жипке тизилген шуруларды, шакектерди, көйнөктүн жакасына (түштүк кыргыз аялдарында) төөнөлгөн күмүш таралганы — *богучту*, *бучулукту*, чачка илинген ар кандай күмүш тыйындарды д.у.с. белгилей кетүү зарыл.

Турмушка чыккан аялдар чачтарын сөзсүз экиге бөлүп өрүшкөн, кыздар чачтарын өтө майда кылып (8—12—16) өрүп алышкан, балдардын (кыздардын да) чачтарын кырып алышып, көкүл, саамай калтырышкан. Эркектер баш чачын алдырышып, илгери желкесине бир тутам чач — жакшы чач калтырышкан (тактап айтканда «жал»; эпосто адетте айдар деп аталат).

### Тамак-ашы

Кыргыздардын көпчүлүгүнүн тамак-ашынын негизги түрлөрү сүт жана өсүмдүк азыктары, бир аз эт болгон. Мында көчмөндөрдө жана жарым көчмөндөрдө тамак-аштын эң маанилүү бөлүгүн сүт жана эт азыктары түзгөн, дыйканчылык менен көбүрөөк байланыштуу болгондордо сүт азыктары өсүмдүк азыктары менен айкалышкан. Ар түрлүү тамак-аштын салыштырмалуу бир кыйла ассортименти болгону менен калктын негизги массасынын тамак-аш режими өтө аздыгы жана бир түрдүүлүгү менен айырмаланган. Кембагалдын жана кудуретсиз орточо оокаттуу адамдын адеттеги тамагы жыл бою максым — жаргылчакка тартылып, ачытылган арпадан жасалган ичимдик жана жарма — куурулган арпанын же буудайдын талканынан кайнатылган тамак болгон; жарма ачыбаган жана кычкыл түрдө жасалган. Мындан тышкары талкан — кургак

түрдө же сууга же болбосо сүткө көөлөнгөн тамак жана көжө — сүт, кээде эт аралаштырылган буудайдан жасалган суюк тамак кеңири таркаган. Кембагалдын, көчмөндүн күндө ичүүчү тамагы айранды күндө ичүүгө мүмкүнчүлүгү болгон эмес, ал эми малчынын эң жакшы көргөн ичимдиги бээ сүтүнөн ачытылып жасалган кымызды жана этти кембагал кээде гана көрүп, бай-манаптар өткөргөн салтанаттарда — той же ашта бай дасторконунун табак түбүн гана жей алышкан.

Кант жөнүндө айтпаганда да чай кембагал үчүн дайыма эле жеткиликтүү болгон эмес, нан түрүндөгү токоч да анын күндөлүк тамак-ашына кирген эмес.

Анын эсесине байлардын жана оокаттуу үй-бүлөлөрдүн тамак-ашы ток, даамдуу жана ар түрдүү болгон. Эттин түрлөрү, атап айтканда, жылкынын чучугу, кымыз менен айран, кант салган чай, каймак, буудай унунан жасалган токоч, каймак аралаштырылган талкан, боорсок д.у.с. — ушунун баары оокаттуу кыргыздардын күндөлүк жей турган тамагы болгон. Мындай үй- бүлөлөр күзгүсүн кышка карата согум даярдап алышкан.

Орточо оокаттуу үй-бүлөлөрдө тамак-аш режими байлар менен кембагалдардын тамак-аш режиминин ортосундагы орто аралык орунду ээлеген.

Сүттөн жана сүт азыктарынан жогоруда айтылгандардан тышкары кышында кургак түрүндө, ошондой эле жылуу сууга аралаштырылган түрүндө жасалган курутту, суу аралаштырылган айранды — чалапты (жайкысын суусундук катары колдонулган), быштакты, эжигейди, сары майды жана башкаларды даярдашкан. Кымыз көбүнчө эркектердин, аялдардын тамагы болуп саналып, балдар көбүнчө уйдун, эчкинин жана койдун сүтүн ичишкендигин белгилей кетүү керек. Чоочун эркектердин катышуусу менен тамак ичүүнүн убагында Аялдардын тең укуксуздугу өзгөчө байкалган: алар тамакты экинчи кезекте алышып, анын үстүнө көп учурда табак түп гана жешкен.

Өткөн заманда кыргыздарда кымыздан жасалган аракты чыгаруу белгилүү болгон. Ал азыр эчак эле керектөөдөн чыгып калды.

Ундан боорсок менен кесмеден тышкары отко бышырылган токочту — *көмөчтү*, *чоймо токочту*, май кошулган сүткө бышырылган *жупканы*, каймак кошуп каттап жасалган токочту — *каттаманы*, май токочту, куймакты ж.б. жасашкан. Таруудан же жүгөрүдөн калк ичинде кеңири белгилүү болгон алкоголдук ичкиликти — бозону жасашкан. Түштүк кыргыздар күрүчтөн ботко жана палоо жасашкан.

Эт тамактарынын ичинен эң белгилүүсү бышырылган кой эти болуп саналат. Бышкан бир кесим этти, адетте, туздуу эт сорпого малып жешкен, сорпону мындан тышкары тамактын алдында жана тамактан кийин ичишкен. Калктын көпчүлүгү үчүн эң жакшы көргөн, бирок баарынын эле колунан келе бербей турган тамак тууралган эт болгон, ага шорпого бышырылган кесме аралаштырышкан. Дагы бир эт тамак — сүт жана май толтурулуп сууга бышырылган койдун өпкөсү — куйган *өпкө*, *олобо* сейрек болсо да жолуккан. Бышырылган этке жайылган жупка кошулган тамак *кулчөтай* жана эч нерсе кошулбастан куурулган эт — *куурдак* көп колдонулган. Жылкынын эти даамдуу деп эсептелген. Төөнүн этин да жешкен. Жашылчаны кандайдыр-бир санда тамакка түштүк кыргыздар гана кошкон. Тоолордо жашаган түндүк кыргыздардын көпчүлүгү ал түгүл картошканын даамын билишкен эмес.

Ысык тамак казанга даярдалып, сүт азыктары ар түрдүү тери идиштерде, бир аз гана бөлүгү жыгач идиште жасалган жана сакталган.

Наркотиктердин ичинен негизгиси насыбай болгон. Аны эркектер да, аялдар да тарткан

### *Жүрүү каражаттары жана ыкмалары, жол катнаштары*

Кыргыздардын жүрүшүнүн негизги ыкмасы атчан, төөчөн, өгүзчөн жана эшекчен жол жүрүү болгон. Кыргыздар — көп убакыт бою ээрден түшпөй өзүнүн жолунда эң оор бөгөттөрдөн: ашуулардан, тик кыялардан, шаркырап аккан тоо сууларынан д.у.с. кыйынчылыксыз өтүүгө жөндөмдүү чаалыкпас чабандестер.

Жогоруда аталган миңгичтер оор жүктөрдү ташуу үчүн көлүк катары да пайдаланылган. Памирдик кыргыздарда негизги миңгич жана көлүк мал топоз болгон. Түштүк кыргыздардын арасында өзбектерден алган эки дөңгөлөктүү араба бир аз таркаган. Түндүк кыргыздарда дөңгөлөктүү транспорт Октябрь революциясынын алдындагы акыркы мезгилде гана тарай баштаган. Кыргыздар орус дыйкандарынан дөңгөлөктүү экипаждардын типтерин гана эмес (арабаларды), ошондой эле арабага чегилүүчү бардык шаймандардын аттарын (каамыт, дого, божу д.у.с.) үйрөнүшкөн. Тоолуу райондордо чийне пайдаланылган, ал эки узун шыргыйдан, эки туура жыгачтан туруп, шыргыйлардын эки учу ээрге таңылып, төмөнкү эки учу жерде сүйрөлүп жүргөн. Чийне чөп, отун жана башка жүктөрдү ташуу үчүн керектелген. Ээр өзүнүн тиби жана максаты боюнча айырмаланган: миңгич аттар үчүн ээр, өгүз үчүн ыңырчак, төө жана эшек үчүн ком  колдонулган. Ат үчүн ээрдин бир канча түрү болгон, эң көп жайылганы ача бир баштуу жана ичин көздөй кайкы отургучу бар ээр болуп саналат. Металл үзөңгүлөрдөн башка өзгөчө кышында жыгачтан, ошондой эле мүйүздөн жасалган үзөңгүлөр колдонулган. Кыргыздардын оокаттуу экендигинин көзгө уруна турган белгилеринин бири ээр токумдун жана ат жабдыктарынын сапаты болгон. Бай менен манапты коздолуп саймаланган ат жабдыктары, күмүш чегерилген булгаары тердиги, саймаланган ат жабдуусу ж.б. менен дайыма айырмалоого болот.

Ошондой эле айыл көчкөн убакта колукту минген ат өзгөчө кооздолгон. Аттын башына көбүнчө чачыласы бар кызыл чүпөрөктөн атайын үртүк кийгизилип, тердиги жакшы материалдан тигилип, түстүү жүн жана жибек жип менен саймаланган. Мындан тышкары атка саймалуу ат жабуу жабышкан.

Көчкөндө көлүк малдар да жасалгаланган.

Өрөөндөрдө кадимки катнашуу жолдору кара жолдор, тоолордо жаңгыз аяк кыялар болгон. Орус администрациясы бир кыйла өркүндөтүлгөн почта тракттарын жана дөңгөлөктүү катнашуу үчүн жолдорду куруп, чоң дарыялар (Чүй, Нарын ж.б. ) аркылуу европалык типтеги көпүрөлөр менен жабдыган. Дарыялар аркылуу өтүү көбүнчө кечмеликтерде болгон: мындай мүмкүнчүлүк көп учурда болбогон тоолордо кыргыздар эң жөнөкөй типтеги көпүрөлөрдү курушкан, алар өзүнүн түзүлүшү боюнча коңшулаш элдердин (өзбектердин, тажиктердин) көпүрөлөрүнөн аз айырмаланган.

### *Медицина жана гигиена*

Өткөндө кыргыз элинин массасынын оор экономикалык жана турмуш-тиричилик шарттары өтө чектелген гигиеналык ыктар менен, көп таркаган ар түрдүү социалдык оорулар жана дээрлик медициналык жардамдын толук жоктугу менен ого бетер татаалдашкан.

Адетте, жаңыдан туулган козулар менен улактар жайгашкан боз үйдүн тардыгы, очоктон чыккан туруктуу түтүн, жер төлөнүн булганычтыгы — мына

ушунун баары анда жашагандар үчүн антисанитардык шарттарды түзгөн. Кыштоолордогу жашоо үчүн аз ыңтайлаштырылган туруктуу жайлар деле боз үйдөн дээрлик айырмаланган эмес. Эгер буга идиштер менен сүлгүлөр чогуу пайдаланылгандыгын кошсок, өткөндө жугуштуу оорулардын массалык түрдө таркашынын себептери түшүнүктүү болот. Өтө көп тараган оорулардын ичинен келтенин ар түрдүү формаларын, өзгөчө ич келтени, котурду, чечекти, цинганы, ревматизмди, сифилисти д.у.с. көрсөтүүгө болот. Чечектин же келтенин эпидемиясы күчөгөндүгүнүн натыйжасында медициалык жардамдан ажыраган калк миңдеп кырылган. 10 жылдын ичинде, 1875-жылдан 1885-жылга чейин Пржевальск уездинде анчалык толук эмес расмий маалыматтар боюнча чечектен гана 4000 чамасында адам өлгөн. Бул уезддеги калктын саны 70 миңден ашуун болсо да, 1890-жылы бар болгону 1157 оорулуу адам гана дарыгерге жардам сурап кайрылган. Буга таң калууга да болбойт, анткени, бүткүл уездге Пржевальск шаарында бир гана дарыгер болгон. Уезд чоң болгондуктан ал 2—3 жылда бир жолу гана, болгондо да эпидемия башталганда бир кыйла алыскы болуштуктарга келе алган. Көчмөндөрдүн турмуш-тиричилигин билбеген жана алардын тилин билбеген аз сандаган дарыгерлер кыргыздар аларга чиновниктер катары карай тургандыгын, алардын кеңештерин аткарбагандыгын өздөрү мойнуна алышкан.

1913-жылы азыркы Кыргызстандын аймагында 100 койкалык 6 жергиликтүү оорукана жана 15 дарыгери бар 9 амбулаториялык мекеме, 21 фельдшердик жана фельдшердик-акушердик пункт иштеген. Жетүүгө кыйын болгон тоолуу райондорго камалган жүздөгөн миң кыргыз калкынын ден соолугун чыңдоо ишинде орус администрациясынын баалуу болсо да, бир кыйла жупуну салымы мына ушундай болгон. Албетте, калктын өзү дарылануунун жолдорун издөөгө же көп сандаган жергиликтүү дарымчылардын, тамырчылардын, эмни-домчулардын, түкүрчүлөрдүн жардамына кайрылууга аргасыз болгон. Маселен, сифилисте меркуриалдык каражаттар — сымап менен түтөтүү, сүрүү д.у.с. көбүрөөк колдонулган; сарык оорусунда магиялык каражаттар колдонулган — күн бою жез дагаранын түбүн тиктеп отурууга мажбурлашкан; жарат үчүн (канын токтотуу үчүн) күйгүзүлгөн кийизди басышкан же майдаланган тамеки себишкен, же болбосо ысык май куюш- кан, ал эми кээде мылтыктын дарысы менен күйгүзүшкөн; баш ооруганда, кара курт чакканда кан чегүүнү колдонушкан; безгекти чочутуу менен дарылашкан; суук тийгенде тердөөгө мажбурлашкан д.у.с. Жугуштуу оору пайда болгон учурда көчмөндөр көп учурда өздөрүнүн журттарын жана ооруларын таштап, жаңы жерге көчүп кетишкен, ал эми жугуштуу оорусу бар адамдарды, адетте, обочо тигилген боз үйгө кармашып, анын айлана- сында тазалыктын сакталышына аракеттенишип, маселен, аларды бир үзүм кийизге түкүрүүгө мажбурлашып, ал кийиздин үзүмүн отко ыргытышкандыгын белгилей кетүү керек.

Кыргыз эмчи-домчулары тамырын кармап көрүп оорусу өпкөсүндө же боорунда д.у.с. экендигин аныкташкан жана ушуга ылайык кандай тамактануу керектигин дайындашкан. Алар бардык тамакты ысылык, сууктук жана мүнөз тамак деп бөлүшкөн. Маселен, ысылык тамакка эт, май, ынак айран, дан азыктары, сууктук тамакка — суусундуктар, жашылча, ал эми мүнөз тамакка бал, суу кошулган айран же кымыран сүт д.у.с. таандык кылынган. Өтө көп учурда катуу ооруда ачкалык жана суу менен дарылоо колдонулган. Эмчи-домчулар дарылоонун убагында дубалоону жана ар кандай магиялык аракеттерди

колдонушкан. Анжияндык кожолор кыргыздарды аралап чечекке каршы дарылоону жүргүзүшкөн.

Дарылоонун бардык ушундай жана ушу сыяктуу ыкмалары кээде кандайдыр-бир натыйжага алып келсе да (маселен, кыргыздар илгертеден эле минералдык дары булактарды ийгиликтүү пайдаланышкандыгын айта кетели) квалификациялуу медициналык жардам өтө чектелүү болгондуктан көпчүлүк учурда өлүмдү гана көбөйткөн. Көбүрөөк өлүмдүн негизги себептери экономикалык оор шарттар, көбүнчө мал жутка учураганда башталган ачарчылыктар жана арыктоолор болуп саналган. Революцияга чейин көп убакыт мурда эле кээ бир жылдарда, маселен, 1883, 1885-жылдарда кыргыздардын арасында өлгөндөрдүн саны туулгандардын санынан ашып кеткен. 10 жылдын ичинде гана — 1903-жылдан 1913-жылга чейин кыргыз калкы дээрлик 10 процентке азайган. Кыргыз элин акырындап тукум курут болушунан Октябрь социалисттик революциясы куткарып калды.

## *Социалдык түзүлүшү*

Октябрь социалисттик революциясынын алдында кыргыздардын коомдук түзүлүшүндө төмөндөп бараткан патриархалдык-жамааттык мамилелер, өнүгүп келаткан феодализмдин элементтери жана жаңыдан жарала баштаган капиталисттик мамилелер айкалышкан. Кыргыз коомунда үстөмдүк кылган түзүлүш болуп жарым патриархалдык-жарым феодалдык уклад кала берген.

Мүлктүк теңсиздиктин, уруулук жана уруктук төбөлдөрдүн болушу кыргыздарда али байыркы заманда эле белгиленген, бирок алгачкы коомдук түзүлүштүн кулоо процесси, кыязы, өтө жай жүргөн. Жок эле дегенде бул край падышалык Орусияга кошулганга чейинки мезгилде алгачкы-коомдук мамилелер кыргыздардын бүткүл коомдук жана үй-бүлөлүк турмушу аркылуу өтүп, экономика жагынан да бир кыйла маанилүү роль ойногон. Феодалдык мамилелер ал убакта али биротоло түзүлгөн эмес жана белгилүү бир система да болгон эмес. Сөзсүз, бир катар кыргыз урууларынын Кокон хандыгына көз карандылыгы кыргыз коомунун феодалдашуу процессинин ыкчамдашында кандайдыр бир роль ойногон.

Жеңип алууларга чейин кыргыздардын айрым айыл болуп эмес, бүтүндөй уруулук жамааттар болуп бир дарыянын боюнда катар-катар тигилген боз үйлөр түрүндө жайгашуусунун мүнөзүнүн өзү эле уруулук башталманын олуттуу ролу жөнүндө далилдеп отурат. Уруулук жамааттын экономикалык негизи аларга бекитилип берилген сезондук жайыттар жана айдоо жерлери болгон, анын үстүнө айдоо жерлери айрым патриархалдык үй-бүлөлөрдүн ортосунда жыл сайын кайра бөлүштүрүлүүгө дуушар болгон. Мал бүткүл жамаатка таандык деп эсептелгени менен айрым үй-бүлөнүн ээлигинде болгон. Койлордон кыркылып алынган жүн белгилүү уруулук жамаатка кирген үй-бүлөлөрдүн ортосунда тең бөлүштүрүлгөндүгү тууралуу маалыматтар бар[4]. Уруулук жамаат көпчүлүк учурда уруулук жактан жана жетинчи же сегизинчи муундан атасы боюнча бир тукумдан келип чыккандар бириккен үй- бүлөлөрдүн топторунан турган. Дал ушундай жамаат иш жүзүндө өз ара никеге туруу тыюу салынган топ болуп саналган, бул туушкандардын ортосунда өз ара колдоо жана коргоо салты сакталган; жамааттын мүчөлөрүнүн биринин сөөгүн койгондо же ашын бергенде ар бири жеке өзү жана материалдык жактан жардамы менен катышууга тийиш болгон, мындай жамааттын көрүстөнү да жалпы болгон; эгер анын мүчөлөрүнүн бирин бирөө капа кылса, бүткүл жамаат таарынткандан өч алуу үчүн биригишкен

же болбосо, тескерисинче, өлтүргөн киши же таарынткан киши өздөрүнүн чөйрөсүнөн болсо чогулуп кун төлөшкөн. Бешинчи жана төртүнчү муундан бириккен жамааттар да болгон. Мындай уруулук жамаат дайыма эле аймактык жактан бир кыштоого бириккен эмес, ошондой эле жалаң гана кандаш тууган-туушкандарынан турган эмес. Орусияга кошулганга чейин кыргыздарда кулчулук болгон. Кулдар негизинен казактар, калмактар, өзбектер ж.б. менен согуштардын убагында колго түшкөн туткундар болгон. Мындан тышкары тууган-туушкандары кун төлөөдөн баш тарткан кылмышкерлер кул болуп калышкан.

Кулдарды калыңдын же септин ичине киргизишип, ат чабыштарда байгеге сайышкан, алар менен кун төлөшкөн д.у.с.; алар үй чарбасында жана бир аз малчылыкта пайдаланылган. Кулдардын өздөрү уруулук жамааттын мүчөлөрү деп эсептелинген эмес. Алардын тукумдары ошол жамааттын мүчөлөрүнүн катарына кирип, бирок укуктары чектелүү болгон. Кулдардын тукумдарынан тышкары уруулук жамааттын тутумуна башка уруулардын мүчөлөрү — кирме кирген, алар өздөрүнүн уруусунун атын сактап кала беришкен. Башка уруунун баласын асырап алууга да жол берилген. Асыранды бала ошол уй-бүлөнүн же уруулук жамааттын башчысынын аялынын эмчегине эрдин тийгизүүгө тийиш болгон.

Патриархалдык-уруулук уюм согуштардын жана барымтанын (уруулардын ортосундагы талаш-тартышты чечүүнүн ыкмасы катары мал тийип келүү) убагында бир кыйла роль ойногон. Край Орусияга кошулганга чейинки кыргыздардын саясий жана коомдук турмушунун бардык окуялары жайылтылган негизги фон согуштар, жортуулдар жана айрым кыргыз урууларынын ортосундагы, ошондой эле кыргыздар менен башка элдердин ортосундагы кагылышуулар болгон деп эсептөөгө болот. Башка элдер менен согуштун убагында жалпы душманга кол салуу жана андан коргонуу үчүн өздөрүнүн уруулар аралык жаңжалдарын унутушуп, бир бүтүмгө биригишкен.

Согуштук турмуш-тиричилик кыргыздардын материалдык маданиятынын көп жактарына, чарбалык укладына жана коомдук мамилелерине өз издерин калтырган.

Илгерки заманда кыргыздар жаа менен куралданышкан; XIX кылымдын ортосунда жаа керектөөдөн чыгып, кыргыздардын куралы учтары темирден жасалган жыгач *найза*, *кылыч*, орок түрүндөгү формада бычагы бар балталар — *айбалта*, *учтары шиш — союл*, *чоюн баш*, *шалк-этме* ж.б. болгон. Милтелүү мылтык түрүндөгү ок атуучу курал — ар башка типтеги бараң кеңири таркаган. Душман менен кагылышканда кыргыздар күтүлбөгөн жерден чогуу кол салып, ар бир уруунун салгылашууга кирээрде кыйкырып айта турган урааны болгон. Аттардын куйруктарын түйүп алуу согуш коркунучунун, согуштук жүрүштүн абалынын башкы белгилеринин бири болгон. Кыргыздардын ар бир боз үйүнүн жанында найза сайылып турган. Ири жортуулдардын башчылары кернейчинин коштоосунда жортуулга чыккан.

Тарыхый маалыматтар жана «Манас» эпосунун материалдары өткөндө кыргыздарда өнүккөн аскердик уюм болгондугу жөнүндө далилдеп отурат. Аскерлер кошун тибинде уюштурулган. Он башыга, жүз башыга, миң башыга жана түмөн башыга бөлүнгөн. Чалгындоонун, өңүттүн, согуштун тактикасынын жакшы иштетилген ыкмалары колдонулган.

Кыргыздардын жоокердигин, кайра тартпастыгын, эрдигин жана баатырдыгын ал түгүл алардын душмандары таанышкан. Бул сапат кылымдар бою

эл ичинде тарбияланган, ал эми элдик акылмандуулук алардын так айтылган макалдарында чагылдырылган; «Жатып өлгөнчө атып өл», «Эр үйдө туулуп, жоодо өлөт» жана башкалар.

Бүткүл уруунун ар намысы жана таламдары тепселген учурда, аны коргоого ошол уруктагы курал алып жүрүүгө жөндөмдүүлөрдүн баары гана эмес, кээде бүткүл уруу көтөрүлгөн. XIX кылымдын ортосунда бир канча жыл бою созулган акыркы эң ири уруулар аралык согуштардын бирине, бугу менен сарбагыш урууларынын ортосундагы согушка ар кандай уруктук бөлүкчөлөрдөн миңдеген жоокерлер катышкан.

Тарыхый маалыматтар көрсөтүп тургандай, кыргыз элинин көп жүз жылдык турмушу өзүнүн эркиндиги жана көз каранды эместиги үчүн көп сандаган душмандарга каршы күрөшү Менен жык толгон. Мына ушунун негизинде өзүнчө аскердик-демократиялык түзүлүш калыптанган. Албетте, айрым уруктар жана уруулар согуш убагында уруу аксакалдары сыяктуу өтө кайраттуу жана жөндөмдүү аскер башчылары тарабынан жетекчилик кылынууга тийиш болгон. Маселен, убакытын агымына жараша согуш убагында гана эмес өзүнүн сапаты боюнча бир кыйла айырмаланган жетекчилер — баатырлар уруулардын башында болгон. Баатырдын айланасына анын кошунун түзгөн эр жүрөк жоокерлер — чоролор, жигиттер топтолгон. Баатыр аскер башчысынын милдетин аткаруу менен катар эл көчүрүү иштерине жетекчилик кылып, тууган-туушкандардын ортосундагы талаш иштерди чечүүгө, күнөөлүүлөрдү д.у.с. жазалоого тийиш болгон. Бирок шайланма аксакал, бий али бир канча убакыт бою бир кыйла бийликке ээ болгон, аны менен маанилүү учурларда, өзгөчө сот иштеринде анын айланасында кеңеш сыяктууну түзгөн шайланма адамдар менен кеңешип чечкен баатырлар да эсептешүүгө тийиш болгон. Өз кезегинде бийлердин бийлиги да өзгөрүүсүз бойдон кала берген. Аларды шайлоо бийдин наамын жана укугун мурас боюнча өткөрүп берүү менен алмашыла баштаган. Согуш олжолорун жана туткундарды тартып алуу баатырдын, анын кошундарынын жана бийлердин колдоруна бир кыйла байлыктын топтолушуна көмөк берип, ошонун өзү менен мүлк жактан теңсиздик күчөгөн. Бара-бара уруулук жана уруктук төбөлдөр ушундайча түзүлүп, алардын ичинен XIX кылымдын ортосунда манаптар түрүндөгү кыргыз коомунун феодалдык төбөлү түзүлгөн. Манаптар жана бийлер өз колдоруна баатырлардын жана уруулук аксакалдардын бийлигин топтогон. Алардын ичинен бир кыйла ирилери өзүнүн бийлигин уруктардын бүтүндөй топторуна таркатышкан. Патриархалдык-уруктук мамилелердин өтө чыдамкайлыгынан пайдаланышып, манаптар менен бийлер аларды эксплуатациялоонун өзүнчө бир формаларын иштеп чыгуу үчүн гана пайдаланышпастан, көп учурда уруктук салттардын «сактоочуларынын» жана адеттеги укукту — наркты, заңды коргоочулардын ролунда чыгуу менен алардын консервацияланышына активдүү көмөк көрсөтүшкөн. Уруктук аксакалдардын өздөрү тартып алган укуктарын пайдалануу менен манаптар уруктун номиналдык менчиги деп эсептелген урууларынын мүлкүн өз мүлктөрү катары башкара баштайшкан. Бирок манаптардын зордук-зомбулугу үчүн мүмкүнчүлүктөрү урууластарынын бир манаптан экинчи манапка, бир кыйла «адилеттүү» же күчтүү манапка эркин өтүп кетиши укугу менен белгилүү даражада чектелүү болгон.

Патриархалдык-уруулук уклад менен тыгыз айкалышып кеткен феодалдык мамилелердин элементтери край Орусияга кошулгандан кийин, кокондуктардыкына караганда ого бетер зор даражада күчөй баштады. Буга

чейин эле айрым манаптар кээ бир жылгаларды өзүнүн жеке менчиги — коругу деп жарыялай баштаган. Крайды басып алуудан кийин бул адеттеги көрүнүшкө айланды. Мыкты жылгалар, токой участкалары дубалдар менен курчалып, кайтарыла баштады. Кээ бир манаптар бул участокторду айбанаттар коругуна айландырып, ал жерде кыргоолдорду өстүрүшүп, дарактардан пайдаланууга, аңчылык кылууга д.у.с. эч кимге уруксат бербей калышкан. Эң бай жана малы менен көп адамдар бара турган жайыттарды ири манаптар киреше алуунун булагына айландырышып, мал жайгандык үчүн казактардан, ал эми кээде башка уруудагы кыргыздардан да жыйым өндүрүп алып турушкан. Жаңыдан түзүлө баштаган феодалдык мамилелердин системасынан биз манаптын айдоо жерлерин анын уруулаштарынын иштеп берүүсү түрүндө барщинанын элементтерин да жолуктурабыз, бирок иштеп берүүнүн жана азык-түлүк рент сынын ар кандай түрлөрү көбүрөөк өнүгүүгө ээ болду. Иштеп берүү, малын багып берүү жана дыйканчылык чарбасын тейлөө боюнча иш үчүн сүтүнөн жана жүнүнөн пайдалануу укугу менен муктаж болгон уруулаштарына мал — саан берүү формасында, атты убактылуу пайдалангандык үчүн май формасында жана көчкөндө же манаптын жерин иштетип бергендиги үчүн унаа мал берүү — куч формасында болгон. Бул же тигил манаптын баш ийүүсүндө турган көчмөндөрдүн катардагы массасы букара деп аталган. Анын үстөмдүгүн тааныган уруулаштарына манап жыйымдардын ар кандай түрлөрүн салган: аштарды же майрамдарды өткөрүү боюнча чыгымдарды жабууга — салык, кызмат адамына тамак берүүгө кеткен чыгымдарын жабуу үчүн — чыгым манаптын дасторконунун муктаждыктары үчүн — союш чыгымдарын д.у.с. чогултуп алып турган. Манаптар өздөрүнө баш ийген калктын мүлкүн толук башкаруучулар гана болуп калбастан, көчмөндөрдүн эркиндигин да башкара баштаган; манаптын көрсөтмөсү боюнча бүтүндөй үй-бүлөлөр топтору башка манапка күч менен көчүрүлгөн же «белекке» берилген. Манаптар букаранын үй-бүлөлүк турмушуна да кийлигише баштаган. Манаптар кембагалдардын аялдарын зордук менен тартып алып, аларды калың үчүн экинчи жолу күйөөгө берген учурлар көп болгондугу белгилүү. Өзүнүн букараларынын кимдир-бирөө алган калыңдын же айыптын бир бөлүгүн манаптын өзүнө өздөштүрүп алышы көп жолуга турган көрүнүш болуп калды.

Манап расмий «элдик» соттор — бийлер менен катар соттук милдеттерди да жүзөгө ашырышып, соттошкондор менен ишти чечкендиги үчүн «сот пошлинасын» — бийлик алып, ал эми күнөөлүү тараптан жазаны — айып тартуу алып турган. Көп учурларда бийлер — манаптардын койгон адамдары да манаптар менен кеңешпей туруп бир да ишти чечкен эмес.

Манаптар кыргыз коомунда мындай абалды падышалык өкмөт өзүнүн бүткүл саясаты менен манаптардын артыкчылык абалын колдогондугунун аркасында гана ээлей алган. Бирок өзгөргөн экономикалык шарттар өздөрүнүн чарба жүргүзүү ыкмаларын да өзгөртүүгө манаптарды аргасыз кылган. Алардын ичинен кээ бирөөлөрү мыкты айдоо жерлерин басып ала баштап, аны жер которуп келгендерге сатуу жана ижарага берүү үчүн пайдаланышкан. Айрым манаптар соодагерлерге жана сүткорлорго айланып, экинчилери товардык мал чарбасын жана дыйканчылык чарбаларды д.у.с. түзө баштаган. Манаптардын көнүмүшүнө айланган зомбулук, зордоп чогултуп алуу жана берүүгө аргасыз кылуу алар менен букаранын эң кедей бөлүгүнүн ортосунда мамилелердин бир канча жолу курчушун туудуруп, бул элди өтө аёосуздук менен талап- тоногон. Айрым манаптарды өлтүрүүгө чейин жеткен.

Манаптардын арасында мурастык же укум-тукумунан манаптар, мурассыз манаптар деп бөлүнгөн. Өзүнүн ээлеген абалы боюнча алардын ичинен эң ирилери *чоң манап* же *ага манап* деп аталган, аларга көз каранды, экинчи даражадагы манаптар чала манаптар деп аталган. Манаптардын, ал эми кээде букаранын ичинен манаптардын коомдук иштердеги жардамчылары болуп, аларды атка минерлер деп аташкан, кадырлуу манаптардын баарында мындан тышкары ар кандай тапшырмалар үчүн жигиттери болгон.

Манаптын бийлиги астындагы калк бир тектүү масса болгон эмес. Орусияга край кошулгандан кийинки мезгилдин ичинде таптык жикке бөлүнүү бир кыйла кескин формага ээ болгон. Уюлдун бир башында кулактык төбөлдөр — байлар өсүп чыккан, ал эми экинчи башында байга же манапка жалданууга же малайлыкка барууга аргасыз болгон кембагал чарбалардын тобу, ошондой эле айылдык пролетарийлер бир кыйла көбөйгөн. Байлар да өз ара айырмаланган: укум-тукумунан байлар — кордолуу байлар, чоң жана күчтүү чарбасы бар байлар — ордолуу байлар, сараң, ач көз байлар — сасык байлар деп аталган. Кембагалдардын арасында бир канча топ болгон: байлар менен бирге көчүп жүргөн жана жалдануунун же болбосо иштеп берүүнүн шартында алардын малын баккандар — коңшулар, ордунан көчпөгөн жана ошондой эле шарттарда байдын жерин иштеткендер — жатакчылар, жайкысын эгин ороолорун кайтаргандар — ороо башылар д.у.с. деп аталган. Батрактар — малайлар кыргыз коомунун ото эзилген бөлүгү болгон, алар өз эмгеги үчүн байдын эски кийимин жана дасторкондон калган табак түптү гана алышкан. Алар үйдөгү малайлар койчулар жана жылкычылар катары да пайдаланылган. Байлардын кедейлерди эзишинин өзүнчө бир түрү жана батрактык кылуу туугандарына же урукташына «жардам берүү» деген менен чүмбөттөлгөн жарым феодалдык, жарым капиталисттик эксплуатациялоонун формалары колдонууда турган. Кыргызстандын түштүгүндө эң кедей дыйкандарды орток формасында эксплуатациялоо бир кыйла өнүгүүгө ээ болгон.

Орто дыйкандардын эптеп күн өткөрүүгө мүмкүнчүлүк берген чарбалары болгон, бирок манаптардын зордук-зомбулугунун астында, көп болуучу жуттардын жана падышалык тартиптердин убагында эртеңки күнгө алардын ишеними өтө чектелүү болгон.

Алгачкы-жамааттык мамилелердин калдыктары бир аз өзгөрүп, манаптар тарабынан өздөрүнүн таламдарына ыңтайлаштырылган түрдө болсо да коомдук турмушта, ошондой эле өзгөчө үй-бүлөлүк турмушта жана идеологияда али бекем сиңген бойдон кала берген.

Кыргыздарда урууга жана урукка бөлүнүү сакталып кала берген. Ири уруулардын арасынан сарбагыш, саяк, бугу, солто, черик жана башкалар белгилүү болгон. Ар бир уруу аздыр-көптүр белгилүү аймакты ээлеп, тилинде мурунку уруулук диалекттердин айрым рудименттери сакталып калган, кээ бир уруулук айырмачылыктарды материалдык маданияттан байкоого болот. Уруулардын тутумуна өтө өсүп кеткен уруктар кирип, алардан бир катар майда уруктар бөлүнүп чыгып, өз кезегинде алардын көп сандаган бөлүкчөлөрү болгон. Бул өсүп кеткен социалдык бирикмелер өзүнүн тутуму боюнча бир тектүү болгон эмес, алар башка уруулардын жана уруктардын калдыктарын, башка уруулук топторду өзүнө камтыган. Бул ар түрдүү социалдык жана этностук катмарларды бириктирип турган принцип кандаш уруктук байланыштарга караганда аймактык-чарбалык жана коомдук-саясий таламдардын жалпылыгы болгон,

муну бул же тигил уруктун же уруунун башында турган манаптардын тобу аныктаган.

Ушуну менен катар кыргыздарда сөөккө бөлүү деген болгон. Өткөндө алар кандаш туугандарды бириктирген жана экзогамдык топтор болгон. Биздин мезгилдердеги кыргыздарда бул термин менен кудалар, башкача айтканда, өздөрүнүн кандаш туугандарынын никелери аркылуу туугандашкан адамдарды аташат, бирок ошондой эле анчалык так байкалбаса да айрым учурларда сөөк деген сөз кандаш тууганчылык дегендикти качандыр-бир убакта билдиргендиги тууралуу эскерүүлөр сакталып калган.

Биз жогоруда атап кеткен аймактык жалпылык жана ага байланыштуу экономикалык кызыкчылыктар улам барган сайын зор роль ойной баштаган. Бирок бир кыйла майда уруктук жамааттарда мурунку коомдук-саясий укладдын али көп жактары сакталып калган. Жайыттар жана аз да болсо айдоо жерлери менен пайдалануунун жамааттык принциби өзүнүн маанисин сактап калган. Ашар — эгин жыйноодо жана чөп чабууда өзүнүн айылынын, кээде коңшулаш айылдардын адамдарын тамак берүү менен жардамга чакыруу түрүндөгү, алгоо — артелдин ар бир мүчөсүнүн эгин талаасын кезектешип жыйноо үчүн биригишүү, өз ара жардамдашуу түрүндөгү салттар болгон. Коллективдүү эмгектин бул формалары, биринчиси — орто дыйкандардын чарбаларында, экинчиси — кембагалдардын чарбаларында акыркы он жылдардын ичинде байлардын өздөрүнүн кедей коңшуларын эксплуатациялашы үчүн көбүнчө чүмбөт катары кызмат кылган. Эмгекти коллективдүү уюштуруунун бир кыйла туруктуу формалары мал чарбасында сакталып калган жана айдоо эгиндерин багуу боюнча жумуштарды да кошуп алганда сезондук жумуштардын дээрлик бүт циклин кучагына алган. Бул максат үчүн бир кыйла бекем бирикмелер түзүлүп, алардын тутумуна кээде көбүнчө жакын тууш- кандары болгон кыштоолордогу коңшуларынын ондогон жана андан ашуун чарбалары кирген.

Өткөндө кыргыздардын арасында убакытты өткөрүүнүн коомдук ар түрдүү формалары таркалып, адетте, ал биргелешип тамактануу менен коштолгон. Алардын ичинде, адетте, жайында чогуу тамак үчүн чогулуп кой сатып алуу — *деңгене*, ошондой эле жайкысын кезектешип тамактанып, кымыз ичүүгө бириккен — шерине дегендер болгон. Шериненин катышуучулары туруктуу уюштуруучуну — эрке баланы шайлап алышкан, ал кезекти, тамактануунун өлчөмдөрүн д.у.с. белгилеп турган. Шерине ар кандай көңүл ачуулар менен коштолгон. Ушундай эле биригүүлөр — жоро кышында уюштурулган, мында ар бир катышуучу кезектешип бозо кайнатышкан. Өткөндө бир урук экинчи урук үчүн уюштурган улуш — кандайдыр бир максат менен бай же манап айланадагы калк үчүн уюштурган тамактанууга айландырылган. Мурда жалпы уруктук мүнөздө болгон жана көп тамак уюштуруп, ар кандай элдик көңүл ачуулар менен коштолгон майрамдарды — үйлөнүүгө, сүннөткө отургузууга д.у.с. байланыштуу тойлорду, ошондой эле өлгөн адамдарга аш берүүнү көбүнчө манаптар менен байлар өткөрүшкөн, анткени булардан өздөрүнүн кадыр-баркын жана таасирин күчөтүүнүн, ошондой эле кирешенин бир кыйла маанилүү булагын (салт боюнча майрамга чакырылгандар аны уюштурганга кошумча беришкен) көрө алышкан.

Кыргыз үй-бүлөсүнүн мүнөздөмөсүнө өтүү менен Орусияга кошулганга чейин (андан кийин деле) кыргыздарда патриархалдык үй-бүлөлүк жамааттын болгондугу, бул үчүн чоң казан же чоң тундук деген аттар колдонулгандыгы тууралуу маалыматтар[5] болгондугун белгилей кетүү зарыл. Мындай жамааттар бирге жашаган үч жана андан ашуун муундагы тууган-туушкандардан турган;

алардын жалпы саны бир канча ондогон адамга чейин жеткен. Үй-бүлөнүн малы үй-бүлөнүн мүлкү деп эсептелген, тамак-аш запастары, ошондой эле тамактануу жалпы болгон. Экономикалык жактан мындай жамааттар көпчүлүк учурда бир кыйла кубаттуу болгон.

Бүткүл акыркы мезгил үчүн кыргыздарда үй-бүлөнүн үстөмдүк кылган формасы жекече (чакан) үй-бүлө болуп саналат, ал жакынкы убакка чейин эле андан мурдагы үй-бүлөнүн — патриархалдык үй-бүлөнүн кээ бир белгилерин сактап калган. Үй-бүлө анын башчысынан, анын аялынан жана балдарынан, кээде анын ата-энелеринен турган. Көп аял алуу негизинен бай жана оокаттуу үй-бүлөлөрдө жолуккан; кембагал үй-бүлөлөр, адетте, моногамдуу болушкан. Үйлөнүүнүн астында кудалашуу болгон; анын үстүнө кээде жаңыдан төрөлгөн балдарды, сейрек учурда али төрөлө элек балдарды кудалашуунун салты болгон. Никелешүүнүн кеңири тараган формалары левират — жесир аялды өлгөн күйөөсүнүн бир тууганына күйөөгө берүү жана сорорат — жесир эркектин өлгөн аялынын сиңдисине үйлөнүү болгон. Кембагалдардын арасында калың төлөбөстөн бир-биринин карындаштарына же жакындарына никелешүүнүн формасы да жолуккан. Эң акырында, сөзсүз кыздын макулдугу менен ала качуу учурлары да болгон. Ала качуу калың төлөөдөн бошоткон эмес. Калыңдын өлчөмдөрү (өткөндө аны төлөө күйөө бала таандык болгон бүткүл уруктук жамааттын милдети болгон) болочокто никеге тура турган үй-бүлөлөрдүн оокатына жараша ар түрдүү болгон. Калың бир кыйла өлчөмдө сеп менен компенсацияланган, буга мурда жаштар үчүн боз үй, ал эми кийинки убакта — кийим-кече, кооздук жасалгалар жана эмеректер гана кирген. Кембагалдардын арасында сейрек учурда колуктусу үчүн иштеп берүү практикаланган. 13—15 жашар кыздарды күйөөгө берүү кадимки көрүнүш болгон. Өткөндө салт боюнча, жети ата өткөн тууганынын үй-бүлөсүнөн аял алууга уруксат берилген, бирок бул чектөө бара-бара жоюлган. Энесинин туушкандары менен никеге туруууга артыкчылык берилген. Бирок кыргыз үй-бүлөсүндө атасы боюнча туугандык гана чыныгы мааниге ээ болгон. Ошону менен бирге кыргыздарда энелик түзүлүш менен байланыштуу бир кыйла байыркы үй-бүлөлүк-никелик мамилелердин кээ бир издери сакталып калган. Энесинин туушкандарынын арасынан энесинин бир тууганына (таекесине) өзгөчө орун берилген, анын эжесинин балдарына (жээндерине) карата бир катар укуктары жана милдеттери болгон. Таекеси алар тараптан өзгөчө урматтоого ээ болгон. Энесинин уруусу да жээндерине өзгөчө жакшы мамиле кылган. Уруктук майрамдарда мейманга келген жээндерди өзүнчө бөлүп алып, алар үчүн атайын тамак — жээн-аяк уюштурушуп, аларга белек таратып беришкен. Ушуну менен катар жээн да, таекесине карата бир кыйла укуктардан пайдаланган. Таекесинен анын белек алууга укугу кыргыздын «Жээн киргенче жети бөрү кирсин» деген макалында так чагылдырылган.

Кыргыздардын туугандык терминологиясында классификациялык системанын белгилери сакталып калган.

Кыргыз үй-бүлөсүндө мамилелер патриархалдык негизде курулган. Үй-бүлөнүн башчысы бардык мүлктүн жана өз балдарынын тагдырынын башкаруучусу деп эсептелген. Аялдардын үй-бүлөдөгү, ошондой эле коомдогу укугу толук болгон эмес. Аялды өлтүргөндүк же денесине зыян келтиргендик үчүн кун жарым өлчөмдө төлөнгөн. Сейрек учурдан башка убакта аялдар сотто күбө катары өтө алган эмес. Ал мурастык укуктан гана ажыратылбастан, күйөөсү же атасы өлгөндөн кийин анын өзү күйөөсүнүн туушкандарына же бир

туугандарына өтүүчү мүлктүн бир бөлүгү катары гана бааланган. Бүт үй тиричилигин тейлөө, балдарды тарбиялоо, малга көз салуу, кийим тигүү, эмерек даярдоо д.у.с. боюнча эмгек кыргыз аялынын мойнуна түшкөн оор жүк болгон. Ал үй-бүлөдөгү башкы жумушчу күч болуу менен анын мезгилинен мурда карышына алып келген. Бирок, кыргыз аялы күйөөсүнүн толук багуусунда жана баш ийүүсүндө болуу менен үй чарбасында белгилүү эркиндиктен жана өз алдынчалыктан пайдалангандыгын белгилей кетүү зарыл. Мында кембагал үй-бүлөлөрдө оокаттуу жана бай үй-бүлөлөргө караганда аял бир кыйла көбүрөөк укуктуу болуу менен, бардык чарбалык жана үй-бүлөлүк иштерде күйөөсүнүн жардамчысы жана кеңешчиси болгон.

Эгерде бир кыйла илгерки заманга кайрылсак, кыргыз коомунда аялдардын ролу бир аз башкачараак болгон.

Кыргыз эпосу өзүнүн күйөөлөрүнө кыйын согуштук иштерде ишкердүү жардам берген кайраттуу кыргыз аялдарынын образдарын (маселен Манастын аялы — Каныкейдин образы) биз үчүн сактап калган. Кээде алар өздөрүнүн көз каранды эместигин жана кайраттуулугун көрсөтүшүп, курал кармоонун чеберчилиги менен айырмаланышкан (маселен, Жаңыл Мырзанын образы). Мына ушуга байланыштуу кыргыз элинин санжырасынын биринен биз жолуктурган адеттен тыш чегинүү түшүнүктүү болуп калат: алардын арасында уруу башчысы катары Наалы деген аялдын аты аталган.

Бир кыйла кийинки мезгилде, орустар келээрдин алдында Кокон хандыгында Курманжан деген кыргыз аял зор кадыр-баркка жана урматтоого ээ болгон, ал өзүнүн күйөөсү Алымбек өлгөндөн кийин Кокон хандыгы тарабынан «Датка» деген наам алып, Гүлчөдөгү жана Алайдагы көчмөн кыргыз калкын башкарып турган.

### *Дини*

Ислам кыргыздарда салыштырмалуу кийинки көрүнүш болуп саналат. Ал түгүл XVII кылымга таандык болгон тарыхый булактарда кыргыздар али «капырлар» деп аталган. Исламдын кыргыздардын арасына бир кыйла жигердүү киришин болжол менен XVII кылымдын экинчи жарымына жана XVIII кылымга таандык кылууга болот, ал убакта кыргыздар бир катар себептер боюнча Кашкардын жана Фергана өрөөнүнүн мусулман калкы менен активдүү катнашка кире баштаган. Кыязы, бул процесс кыргыздар Кокон хандыгынын таасиринин чөйрөсүнө киргизилген учурдан тартып өзгөчө күчөгөн. Исламды орнотууда жана таркатууда көбүнчө Фергана өрөөнүнөн кыргыздарга кирип келген ар кандай үгүтчүлөрдөн — дербиштерден, кожолордон жана эшендерден башка бир кыйла ролду манаптар да ойногон. Өзбек динчилеринин жардамы менен манаптар өздөрүнө баш ийген калкты мусулман салтына жана намаз окууну үйрөнүүгө мажбурлаган. Бирок кыргыз калкынын басымдуу көпчүлүгүн чыныгы мусулмандарга таандык кылууга болбойт, кыргыздардын арасында диндик фанатизм байкалган эмес. Исламдын догматтары аларга анчалык белгилүү болгон эмес, диндик ырым-жырымдарды бардыгы эле аткара берген эмес. Исламдын көрсөтмөлөрү канчалык эркин түшүндүрүлгөндүгүн өзүнүн урукташтарынын өтүнүчү боюнча кыргыздын көрүнүктүү манабы Ормон отуз күндүк орозону жайдын узакка созулган ысык күндөрүнө туш келгендигинин себеби боюнча кышка которууга уруксат бергендигинин фактысы далилдеп отурат.

Кыргыздардын исламды үстүртөдөн өздөштүргөндүгүнүн көбүрөөк ынанымдуу далили аларда өткөндө байыркы диндик түшүнүктөрдүн өтө көп сандаган калдыктарынын бар болгондугу болуп саналат, алардын арасында өзгөчө ири орунду ата-бабасынын арбагына сыйынуу жана шаманчылыктын элементтери ээлеген. Кыргыздардын диндик ишенимдеринде жана мифологиясында буддизмден чыккан айрым түшүнүктөрдүн жана ырым-жырымдардын байкалгандыгын эске алсак, анда биз кыргыз идеологиясындагы диндик синкретизм жөнүндө толук негиз менен айта алабыз. Исламга чейинки байыркы дин ишенимдеринин катмары революциянын алдындагы акыркы он жылдыктарда гана мусулмандык динге ишенүүлөр тарабынан бир кыйла интенсивдүү түрдө сүрүлүп чыга баштаган. Буга эң түпкүрдөгү айылдарга кирип келген динчил өзбек жана татар соодагерлеринин күчтүү диндик пронагандасы, манаптардын өзбек жана татар молдолорду чакырып келиши, манаптардын демилгеси боюнча мечиттердин курулушу д.у.с. көмөк көрсөткөн. Маселен, азыркы убактагы Тянь-Шань областынын аймагында, өткөндө көчмөн жана өтө артта калган райондун биринде Октябрь революциясына чейин 25 мечит курулган.

Түштүк кыргыздардын арасында ислам бир кыйла терең тамыр жайгандыгын жана аларда сакталып калган байыркы дин ишенимдеринин кээ бирлери исламдын байкалаарлык таасирине дуушар кылынгандыгын көрсөтө кетүү керек.

Өлгөн ата-бабаларынын арбагына ишенүү өзгөчө кеңири таркаган. Кыргыздардын түшүнүгү боюнча бул арбактар тирүү жашап жаткан туугандарын колдойт, ал эми ар кандай кырсыктар жана оорулар аларга татыксыз кандайдыр-бир жоругу үчүн ата-бабанын арбагы наараазы болгондугу менен түшүндүрүлөт. Мындай көз караштын натыйжасы ата-бабанын мүрзөлөрүнө өзгөчө урмат көрсөтүү болуп саналат. Уламыштарга караганда, илгери мүрзөнү мазактагандык үчүн өлүм жазасына тартылган. Илгери өлгөн бай адамдын мүрзөсүнө мууздалган койду, ал эми кедейлердин мүрзөсүнө арпадан жасалган жарма калтырышкан. Өлгөндөрдүн мүрзөлөрүнө милдеттүү түрдө кандайдыр-бир эстелик же белги коюшкан. Маселен, саяк уруусунда өлгөндүн эң жакшы көргөн атынын куйругу байланган узун шыргыйды сайып коюшкан. Адетте мүрзөнү айланта дубал согушкан, ал эми оокаттуулардын мүрзөсүнө моло, күмбөз, кээде бир кыйла ири өлчөмдөгү күмбөздөрдү курушкан.

Турмуштун өзгөчө маанилүү учурларында арбакка ант беришип, аны күбөлүккө чакырышкан.

Ата-бабанын арбагына сыйынуу проф. М. С. Андреев сүрөттөп жазып кеткен салт да (түштүк кыргыздарда) байланыштуу: эркек — үй-бүлөнүн башчысы өлгөндөн кийин өлгөндүн чапанынан жана чалмасынан ичине жаздык кийгизип куурчакка окшош тулун жасашкан. Өлгөндүн бул тулу боз үйдүн же тамдын бурчуна көшөгө менен тосулуп, ашын бергенге чейин сакталып турган.

Ушул эле сыйынуунун чагылышы үйлөнүү ырым-жырымындагы үй очогундагы отко сыйынуу болуп саналат.

Исламдын таасири астында ата-бабалардын арбагына сыйынуу өз маанисин жогото баштаган, мында анын ордун мусулман «ыйыктарына» сыйынуу ээлеген. Ал ар кандай күмбөздөргө сыйынуудан байкалган. Ата-бабалардын арбактары жөнүндө түшүнүк ислам менен бирге Кыдыр-атага сыйынуу кеңири массага таркаган, бул көзгө көрүнбөгөн жер кыдырып жүргөн, өзү менен кошо бакыт-таалайды, байлыкты, даңкты жана башка жыргалчылыктарды алып келет деген

ишенимди туудурган. Кыдыр-ата кыргыздардын көз карашы боюнча кудайчынын, мунжунун образында пайда болгон, ал эми кээде тааныш адам түрүндө көрүнгөн. Анын келишин көбүнчө түнкүсүн, чоң майрамдардын алдында күтүшкөн. Кыдыр-атаны оң колунун бармагынын сөөгү жоктугунун белгиси боюнча таанууга мүмкүн болгон. Бир катар ырым-жырымдарга, анын ичинде курмандык чалууга байланыштуу Кыдыр-ата жөнүндө түшүнүк көчмөндөрдүн арасында мусулмандык динчилдер тарабынан бекемделген, алар өздөрүнүн таламдарында ишенчээк кыргыздарды кеңири эксплуатациялашкан. Ал кыргыздарды Кыдыр-ата жардам бергендер гана бай боло алат деген ишенимге тарбиялаган.

Жогоруда айтылган динге ишенүүлөрдөн тышкары кыргыздарда ыйык токойлорго, дарактарга, булактарга д.у.с. сыйынуу кеңири таркалган, бул көп сандаган магиялык аракеттер жана ырым-жырымдар менен байланыштуу болгон. Мазар деп аталган мындай жерлерге малдын сөөктөрүн жана баш сөөктөрүн, эчки-текелердин, аркарлардын мүйүздөрүн коюшкан, топоздун куйруктары байланган шыргыйларды сайып коюшкан, дарактарга кездеменин айрыктарын, бир үзүм кебездерди илишкен д.у.с Мындай мазарлардын жанына кандайдыр-бир бөөдө кырсыктар болгон учурда (кургакчылык, жут ж.б. ) же мусулман майрамдарынын убагында, адетте, манаптардын жетекчилиги астында курмандык чалуу менен — түлөө менен коштолгон сыйынууларды уюштурушкан. Кой союшуп, анын этин бышырып жешкен, эгер мал арналып союлса, анын башын мазардын жанына калтырып кетишкен. Адамдар ооруп же мал ылаңга учураганда, бала көрбөгөндө, жайлоого көчөөрдүн алдында д.у.с. мындай мазарлардын жанында көп учурда курмандык чалышкан. Курмандык чалуунун убагында ислам менен эч кандай жалпылыгы болбогон жалынып жалбаруулар айтылган. Мазарлар өзгөчө бийик ашууларда да, маселен Алай тоо кыркасындагы Кызыл-Арт ашуусунда ачылган.

Кыргыз мифологиясында адамга же анын мал сыяктуу байлыгына зыян келтириши мүмкүн болгон ар кандай жин-шайтандар жөнүндө түшүнүк өзгөчө орунду ээлеген. Алардын ичинен 12—13 жаштагы бала түрүндөгү жандык — *мите* — упырь, вампир, жез тумшуктуу жана жез тырмактуу, өзгөчө көп учурда мергенчилерге кол салган аял түрүндөгү жандык — жез тырмак, адамдын согончогунан кан соргон кемпир түрүндөгү жандык — мастан кемпир, негизинен төрөй турган аялдарга коркунуч келтирген, узун эмчектүү аял түрүндөгү жандык — *албарсты* жана бир катар башкалар белгилүү. Жамандык алып келүүчү кудайга — жер-сууга ишеним кеңири таркалган, ага жакшылык кылуу өтүнүчү менен курмандык чалынган. Бул — илгерки-орхон жазууларында эске алынган байыркы түрк кудайы (ал убакта ал жакшылыктуу кудайлардын катарына кирген).

«Жер-суу» кудайы анимисттик түшүнүктөрдүн цикли менен байланыштуу, булар аз изилденген болсо да дегени менен, кыргыздарда байкалышы мүмкүн. Алардан биз тоолордун, ашуулардын, дарыялардын, кайберендердин жана илбесиндердин ар кандай түрлөрүнүн ээлери — арбактары жөнүндө түшүнүктү табабыз. Мында арбактар ар кандай аттар менен аталат (ээ, ата, төрө д.у.с).

Бул түшүнүктөрдүн арасында өзгөчө орунду адамда жана жаныбарларда ар кандай ооруну, көбүнчө жиндиликти, талманы жана башка нерв ооруларын жаратуучу майда чиркейлер же чымындар түрүндөгү жаман духтар — жин ээлеген. Жиндерге таасир тийгизүүгө, аларды оорулуу адамдын денесинен кууп чыгуу жөндөмдүүлүгү белгилүү адамдарга — бакшыларга таандык болгон,

алардын дарылоо ыкмалары көп жагынан шамандык эмдөөлөргө окшошуп кетет[6]. Бакшынын жөндөмдүүлүгүнүн мурас боюнча өтүшү жана бир катар башка белгилери аларды өткөндө калктын арасында зор таасирге ээ болгон шамандар катары кароого мажбурлайт. Бул кырдаал манаптар жагынан эске алынып, белгилүү манаптардын бири Үмөталы Ормоновдун өзүнүн Талканчы деген бакшысы болгондугун көрсөтө кетели.

Бирок, кыргыздардан биз шамандык милдеттердин өзүнчө бир дифференциацияланышын байкагандыгыбызды белгилей кетүү зарыл. Бакшы негизинен ар кандай оорулардан дарылаган. Көзү ачыктыктын, ким уурдагандыгын мурдатан айтуунун д.у.с. милдеттерин сынчылар аткарган. Жаан жаадыруучулардын милдети (бул жөндөмдүүлүккө согуштук кагылышуулардын убагында өзгөчө маани берилген) жайчы деп аталгандарга таандык болгон; мындан тышкары кыргыздардан биз аба ырайын күн мурунтадан айтуучуларды — эсепчилерди, төлгөчүлөрдү, төрөп жаткан аялдан жин шайтандарды кууп чыгууга жөндөмдүү адамдарды — куучуларды д.у.с. жолуктурабыз.

## *Эл чыгармачылыгы, оюн-шооктор*

Кыргыз эли эки миң жылдан ашуун тарыхынын ичинде өзүнүн эркиндигин жана көз каранды эместигин бир канча жолу жоготуп, аны калыбына келтире алса да бүтүндөй муундардын адам суктанарлык чыгармачылыгынын эң асыл түрлөрүн биздин күндөргө чейин жеткире алды. Бул чыгармачылыкта элдин өзүнчө бир тарыхый тагдырлары, анын кайталангыс маданияты, жаратылышты поэтикалык кабыл алуусу, кайра жангыс эркиндикти сүйүүсү, көп сандаган душмандарга каршы күрөштө эрдиги жана баатырдыгы көп кырдуу жана айкын формада чагылдырылган.

Элдик чыгармачылыктын өнүгүшүнүн жолунда көп бөгөттөр турган. Социалдык жана улуттук эзүү, мусулман динчилеринин таасири, жакырчылык жана өлүп жок болуу — мына ушунун баары кыргыз элинин ичинде бир кыйла санда болгон элдик таланттардын табигый жактан өсүшүн басаңдаткан. Эл эң сонун манасчыларды — Келдибекти, Балыкты, Найманбайды жана башкаларды, элдик акындар Калыгулду, Арстанбекти, Калмурзаны, Молдо Кылычты, Музоокени, Токтогулду жана башкаларды өздөрүнүн эсинде кылдаттык менен сактап калган. Комузун белине байлап бир айылдан бир айылга кыдырып, алар өз чыгармачылыгын элге тараткан, алардын ичинен кээ бирлери манаптардын зомбулугуна жана падышалык колонизаторлорго каршы өздөрүнүн кыжырданган добушун көтөрүп, элдин эркиндигин даңазалап, күрөшкө чакырып келишкен. Ошондуктан байлар менен манаптар акындарды куугунтуктап, алардын чыгармачылык ишин маскаралык иш деп эсептешкендиги таң каларлык эмес. Бай менен манаптардын манасчыларга карата шылдың мамилелери «Кимдин уяты жок болсо ал манасчы болот» деген лакаптан байкалып турат. Эл акыны Калык Акиев өзүнүн эскерүүлөрүндө мындай деп айтат: «Мен шаңдуу ыр баштаганымда Төрөгелди манап «Ырдаба, көз жашыңды төк» деп кыйкырды. Ошентип, ал мени жесирдин ыйлаганын тууроого мажбурлады, ал эми көзүмөн жаш чыгыш үчүн ал мени сабап кирди... Менин курсагым ачканда манаптар мени маскаралап көңүл ачуу үчүн боорсокту чайнабастан туруп жутууга мажбур кылышты. Боорсок тамагымды кырып кетти. Бирок ар кимдин тамак ичкиси келет эмеспи...» Байлардын жана манаптардын куугунтугуна, маскаралаганына, элдик чыгармачылыкты өздөрүнүн табиттерине ыңтайлаштырууга жасаган

аракетине карабастан, ал өткөн замандын эң мыкты көркөмдүк салттарын сактап калуу менен өнүгүүсүн жана жашашын уланта берди.

Кыргыз элинин чыгармачылыгы катаал кайра тартпастык жана ошону менен бирге жогорку гүлдөөгө жеткен эпоско мүнөздүү болгон романтикага жык толгон. Кыргыздарга окшоп кубаттуу жаңырган эпостук чыгармаларды түзө алган, элдин бүткүл турмушун, анын кайгы-муңун, кубанычтарын жана идеалдарын күзгүдөй кеңири чагылдырган эл биздин учу-кыйрына көз жеткис өлкөбүздө саналуу гана табылат. Кыргыз эпосунун бермети — «Манас» кубаттуу элдик генийдин жаратканы болуп саналат, андан соолубас булак катары кылымдар бою кыргыз элинин бүткүл рухий маданияты азыктанып келген.

«Манас» таланттуу манасчылардын көп муундарынын коллективдүү чыгармачылыгынын натыйжасында түзүлгөн монументалдык эпостук чыгарма болуп саналат. Биринчи жолу «Манастын» үзүндүсү XIX кылымдын 50-жылдарынын акырында Чокон Валиханов тарабынан жазылып алынган, бирок ал орус тилинде кара сөз котормо түрүндө 1904-жылы гана жарыяланган. «Манастын» кыскартылган варианты 1885-жылы акад. В. В. Радлов тарабынан жазылып алынган жана кыргыз тилинде түп нускада жана немис тилине которулуп жарыяланган. Ошондон бери Кыргызстанда совет бийлиги орнотулганга чейин «Манасты» эч ким чогулткан эмес жана оозеки гана жашоосун улантып келген. «Манас» акыркы убакка чейин элдин арасында ушундай зор поэтикалык эстелик түрүндө сакталып калгандыгы манасчылардын укмуштай эсте тутушу менен гана эмес, анын эл арасында укмуштай кеңири белгилүү болгондугу менен, кыргыз эпосу ал түгүл XIX кылымда да өзүнүн гүлдөө мезгилин башынан өткөргөндүгү менен түшүндүрүлөт. Биз жогоруда көрүп тургандай, кыргыздар Орусияга кошулганга чейин алар өзүнчө бир «баатырдык мезгилди» башынан өткөрүп, эпостун активдүү, таасирдүү маанисине шарт түзгөн. Кыязы, ушул эле себептер менен бул эпос кыргыздарда фольклордун бардык калган жанрларын өзүнө баш ийдирип, өзүнө бир кыйла даражада уламыштардын да, жомоктордун да, ырлардын да, лакаптардын да бүткүл байлыгын камтыгандыгы менен түшүндүрүүгө болот.

Эпосту сактап калууда, андан ары чыгармачылык менен кайра иштеп чыгууда жана байытууда эң көрүнүктүү роль манасчыларга таандык, алардын көпчүлүгү эпостун аткаруучулары гана болбостон, бир эле убакта таланттуу төкмө акындар болушкан. Карыялардын эсинде ысмы сакталып калган биринчи ири манасчы Келдибек болуп саналат, ал өзүнүн чыгармаларын XVIII кылымдын экинчи жарымында — XIX кылымдын башында жараткан. Анын шакирти катары Чүй өрөөнүндө туулган атактуу Балыкты аташат, анын чыгармачылыгы негизинен XIX кылымдын биринчи жарымына таандык. Балыктын таланты анын уулу Найманбайга өткөн. Манасчылардын даңктуу тобуна ошондой эле Тыныбек, Акылбек, Дыйканбай, Чоюке жана эң акырында биз- дин замандын эң таланттуу манасчысы Сагымбай таандык. Ал 1867-жылы Ысык-Көлдүн түштүк жээгинде туулган (1930-жылы өлгөн) жана жаш чагында атактуу Балыкты уккан. Сагымбайдын атасы Орозбак сарбагыштардын белгилүү манабы Ормондун сурнайчысы жана ири музыкант болгон. Сагымбай, башка манасчылар сыяктуу эле, өзүнүн жөндөмдүүлүгүн табийгаттан тышкаркы күчтөрдүн кийлигишүүсү менен, түш көргөндө Манастын арбагы келип ага манас айтууну тапшырган имиштиги менен түшүндүргөн.

«Манас» өзүнүн көлөмү боюнча ушунчалык зор болгондуктан, аны толук аткарып берүү үчүн көптөгөн жумалар, ал түгүл айлар талап кылынган. Албетте,

«Манастын» толук вариантын угуп чыгууга элдин бир кыйла камсыз болгон бөлүгүнүн, баарыдан мурда манасчыларды узак мөөнөткө өздөрүнө чакырып алган, манаптардын жана байлардын гана мүмкүнчүлүгү болгон. «Манасты» элдин арасында таркатууда ырчылар зор роль ойногон, алар поэманын айрым, көбүрөөк белгилүү эпизоддорун аткарып беришкен. «Манастын» айрым үзүндүлөрү калктын кеңири катмарына белгилүү болгон. «Манас», адетте, көп сандагы угуучулар чогулганда аткарылган. Манасчылар «Манасты» музыкалык аспаптын коштоосусуз аткарган. «Манасты» аткарганда гана колдонулган жыйырмадан ашуун музыкалык обондор болгон. Баяндоону жана сүрөттөөнү камтыган поэманын бир бөлүгү бир кыйла ылдам темпте аткарылып, ал эми каармандардын диалогдору менен сөздөрү жайбаракат жана салтанаттуу түрдө аткарылган, аларды аткаруу музыкалык баяндама мүнөзүндө болгон. «Манасты» аткаруу бай кол шилтөөлөр, мимика, интонация менен коштолгон.

Бүткүл поэма аркылуу өткөн негизги мазмундук сызык бул легендарлуу баатыр Манастын Кытайга, Ооганстанга жана Орто Азиянын өлкөлөрүнө согуштук жүрүштөрү. «Манасты» мазмуну боюнча кээ бир шарттуу үлүш менен ырлардын тогуз негизги циклине бөлүүгө болот. Алардын биринчиси Манастын туулушуна, жаш чагына жана алгачкы эрдиктерине арналган, экинчи цикл Манастын хан болуп шайланышы жөнүндө баяндайт; үчүнчү цикл Манастын Кашкар хандарына каршы биринчи жортуулун камтыйт. Орто Азиялык өлкөлөрдү, атап айтканда Ташкенди жана бүткүл Ферганаy багындырып алуу максатындагы экинчи жортуул төртүнчү циклдин мазмунун түзөт. Бешинчи, алтынчы жана жетинчи циклдер Манастын Ооганстанды, Самаркандды жана башка өлкөлөр менен шаарларды жеңип алуу үчүн жортуулдарына арналган. Үчүнчү казаттын убагында Кытайдын ханзадасы Алмамбет Манастын эң жакын досу жана шакирти болуп калат. Сегизинчи цикл Манастын көмөкчүсү Көкөтөйдүн ашын кооздоп сүрөттөө болуп саналат. Ошондуктан тогузунчу цикл менен аяктап, анда Кытайдын борбору — Бейжинге (Бейпинге) улуу жортуулдун («Чоң казаттын») көркөмдүк чеберчилик боюнча эң мыкты сүрөттөлүшү жайылтылат. Бул казатта оор жарадар болгон Манас Талас өрөөнүнө кайра келип дүйнөдөн кайтат.

«Манастын» негизги бөлүгүнүн уландысы эпостук поэмалар: Манастын уулу Семетейдин өмүрүнө жана жортуулдарына арналган «Семетей» жана Семетейдин уулу Сейтекке арналган «Сейтек» поэмалары болуп саналат. «Семетей» өзүнүн көлөмү боюнча «Манастан» кем эмес. Советтик манасчы Саякбай Каралаевден жазылып алынган «Семетейдин» вариантында 200 миңден ашуун сап камтылган.

«Манаста» өз алдынча мааниси бар бир канча айрым темалар толугу менен иштелип чыккан. Алардын ичинен эң ирилери Манастын тажик ханынын кызы Каныкейге куда түшүүсү жана үйлөнүүсү, Манаска анын туугандары — «көз камандардын» көчүп келиши, Манаска каршы жети хандын чагымы, Манаска келген Кытайдын ханзаадасы Алмамбеттин — анын биринчи шакиртинин, эң жакын досунун жана эмчектеш бир тууганынын тарыхы болуп саналат.

«Манаста» топтолгон тарыхый, этнографиялык, географиялык жана башка материалдын байлыгы боюнча аны кыргыз элинин турмушунун энциклопедиясы деп атоого болот.

Көп сандаган согуштук окуялар менен катар эпосто зор орунду турмуш-тиричилик материалдары ээлейт: мында үйлөнүү тойлорунун, аштардын, элдик оюндардын жана оюн-шооктордун д.у.с. көрүнүштөрү чеберчилик менен сүрөттөлгөн. Манас өзүнүн бардык жүрүштөрү менен эпосто башкы, өзөктүү тема

катары көрсөтүлгөн, калгандарынын баары анын айланасына топтолгон. Поэмада Манастын өзү катышпаган бир да эпизод дээрлик жок. Анын эң жакын адамдары кырк чородон турган баатырлар болуп саналат. Манас менен бир катарда ири ролду анын шакирти Алмамбет ойнойт. Поэмада Манастын укмуштай аты Аккулага зор орун берилген. Манас өзүнүн мылтыгы Аккелтеден ажырабайт.

«Манаста» көп нерсени жомоктогудай, фантастикалык түргө таандык кылууга болот, анда мифология өтө бай, бирок «Манаста» сүрөттөлгөн согуштук окуялардын бир кыйла бөлүгү, кыргыз элинин баатырдык өткөн тарыхынын реалдуу фактылары көркөмдүк менен чагылдырылгандыгы айдан ачык көрүнүп турат.

«Манас» кыргыз элинин өзүнүн көз каранды эместиги үчүн күрөшүнүн гениалдуу көркөм эстелиги болуп саналат. Манастын өзүнүн жана анын баатырлары — Бакайдын, Чубактын, Сыргактын образында элдин эң мыкты белгилери: баатырдыгы, эркиндикти сүйүүсү, коюлган максатка жетишүүдө көшөргөндүк камтылган.

Бүткүл «Манас» поэмасына чыныгы баатырдык эпопеянын стили мүнөздүү. Ал сүрдүү баатырдык түрдө берилип, интимдүүлүккө жат, токтоо же натуралисттик жактан ачык. Тескерисинче, «Манастын» уландысы — «Семетей» поэмасына лирикалык, дээрлик романисттик стиль мүнөздүү.

Өзүнүн көркөмдүк сапаты боюнча «Манасты» «Илиада», «Одиссея», «Калевала», «Жангариада» ж.б. сыяктуу дүйнөлүк эпостук адабияттын эң мыкты үлгүлөрүнүн катарына коюуга болот.

«Манас» үчилтиги — кыргыз элинин эпостук чыгармачылыгынын бирден-бир эстелиги эмес. Кыргыздардын оозеки элдик чыгармачылыгынын казнасында ондон ашуун башка ири эпостук чыгармалар бар. Алардын арасында «Сарынжы менен Бөкөй», «Кожожаш», «Курманбек», «Жаныш менен Байыш», «Төштүк» ж.б. бар.

Кыргыздардын оозеки чыгармачылыгында чакан формадагы чыгармалардын ичинде уламыштар, санжыралар жана тарыхый аңгемелер, ар кандай мазмундагы жомоктор, ырлар, макал-лакаптар, табышмактар д.у.с. бар.

Кыргыз фольклорунда зор орунду ээлеп турган ыр чыгармачылыгына өзгөчө токтолуп кетүү зарыл. Бул баарыдан мурда кыргыздардын өзгөчө поэтикалык жөндөмдүүлүгүнө, алардын жамакчылыкка, турмушту курчап турган бардык өтө маанилүү окуяларды поэтикалык образдарда жана ыр формасында баяндоого өзгөчө жөндөмдүүлүгүнө байланыштуу. Ырлардын кеңири өнүгүшү ошондой эле элдин музыкалык шыктуулугу менен байланыштуу. Кыргыз ырлары, адатта, чакан жана куплет менен ырдалат. Ыр жанрында эң ири орунду лирика ээлейт. Бул жерден биз ашыктык ырларын — секетбайды, күйгөндү, кандайдыр-бир кайгыга, жеке жоготууга ж.б. байланыштуу чыгарылган арман ырларын жолуктурабыз. Аирикадан тышкары кыргыз ыр чыгармачылыгында турмуш-тиричиликке байланыштуу ырлар бар, алардын ичинен көрүнүктүү орунду кошок ырлары ээлейт, адетте, муну аялдар ырдап, зор көркөмдүк күчкө ээ болот. Эмгек процесстерине байланыштуу аткарылган ырлар (алардын арасында малды түнкүсүн кайтарган Аялдардын ырлары — бекбекей), феодалдык жана социалдык эзүүгө каршы социалдык каршылыктын ырлары жана башкалар бар. Ар түрдүү курактагы топтордун ырлары, атап айтканда кыздардын мелдешип ырдаган ырлары — акыйнек жолугат.

Октябрь доорунан кийинки ыр чыгармачылыгында кайра жаралган элдин бүтүндөй жаңы турмуш чындыгы, анын өз атасы жана досу И. В. Сталинге сүймөнчүгү чагылдырылган.

Кыргыз элинин музыкалык чыгармачылыгы вокалдык, ошондой эле аспаптык формаларда болгон. Ал чыгармачылык стилистикалык жактан бүтүн, ритмдик каражаттардын бай запасы менен айырмаланат жана эпостук жайбаракаттуулугу, лиризми жана токтоолугу, жөнөкөйлүгү менен мүнөздүү. Аткаруу каражаттарынын салыштырмалуу жөнөкөйлүгүнө карабастан, өзүнүн обондук мазмуну боюнча кыргыз аспаптык музыкасы маанилүүлүгү жана оригиналдуулугу жагынан зор даражага жеткен. Элдик музыкалык аспаптардын арасында кеңири таркалышы жана кеңири белгилүүлүгү жагы- нан биринчи орунда комуз турат, ал казактардын домбурасына окшойт. Бирок андан айырмаланып үч кылдуу жана беренелери жок. Андан ары ал- мурут формасындагы узун моюндуу, ичи оюк жыгач аспапты — кыл кыякты белгилей кетүү керек. Кыяктын төмөнкү бөлүгү төөнүн териси менен капталган. Кыяктын аттын жакшы куйруктарынан жасалган эки кылы бар, таякчасына да кыл тартылган. Варган тибиндеги металл аспап — темир комуз көбүнчө аялдар жана балдар тарабынан колдонулат. Анын үнү өтө уккулуктуу, акырын ышкырганга окшоп кетет. Сурнай гобой тибиндеги ортоазиялык аспапка жакын. Чоор — койчулардын сурнайына окшоп, үч же төрт манжа менен баса турган тешиктери бар. Камыштын өзөгүнөн, кээде жыгачтан жасалып, кээ бир учурларда музоонун мөөнү менен капталган болот. Кээ бир аткаруучулар бир эле убакта марионеткалык театрдын башталмасы катары өзүнчө бир «урма аспапты» колдонушкан. Бул жыгач текчеде секирип турган эчкинин кыймылдуу фигуркасы — так-теке. Ал аткаруучунун колуна байланган жип менен кыймылга келтирилип, музыканын тактына жараша ар кандай кызыктуу кыймылдарды жасайт.

Аспапта аткаруучулардын чеберчилиги кыргыздарда өтө өнүккөн. Эки кылдуу кыякта жана үч кылдуу комузда ойноо аны менен түздөн-түз байланыштуу. Үч кылдуу аспап кыргыз элдик музыкасынын зор жетишкендиги болуп саналат. Комуз күүлөрүнүн арасында чыныгы элдик музыкалык чыгармачылыктын шедеврлери жолугат. Кыяк үчүн күүлөр бир кыйла илгери келип чыккан жана өзүнүн мазмуну боюнча согуштук доордун окуяларын

чагылдырат. Маселен, «Ураан», «Олжо», марш түрүндөгү «Кер өзөн» күүлөрү, «Кайра качпа» ж.б. баатырдык күүлөр мына ушундай. Кыякта аткаруу үчүн ошондой эле музыкалык турмуш-тиричилик окуялары мүнөздүү. Кыргыз музыкасында дегеле программалык - сүрөттөө мүнөзүндөгү күүлөр кеңири таркаган. Байыркы элдик композиторлордун жана музыканттардын ичинен элдин эсинде Тилендин, Калчекенин, Сыртбайдын, Күрөңкейдин жана башкалардын ысымдары сакталып калган.

Ысмы өтө кеңири белгилүү, ал эми чыгармалары кыргыз элдик искусствонун эң бай казнасын түзгөн эң ири композитор, музыкант жана акын Токтогул Сатылганов (1865—1933) болуп саналат. Анын ысмы кыргыз элине өзгөчө кымбат болгондугунун себеби ал өзүнүн музыкасында жана ырларында элдин ойлогон ойлорун, кайгы-капасын жана үмүтүн чагылдырып, ал ырларында падышачылык колонизаторлорду жана манаптардын эзүүсүн кыжырдануу менен ашкерелеген. Ал падышачылыкка каршы куралдуу чыгууга — 1898-жылдагы Анжиян козголоңуна катышты деген жалган айыпка жыгылып, элдин сүймөнчүгү Токтогул, каторгалык жумушка Турухан крайына 25 жылдык сүргүнгө соттолгон.

Каторгада сегиз жыл болгондон кийин Токтогул мекенине качып келип, ал жерде Октябрь революциясына чейин жашыруун абалда жашап, байлар менен манаптардын куугунтугуна дуушар болуп, алардын жазалоосунан эл тарабынан корголуп келген. Токтогул комузчулардын, ырчылардын жана акындардын бүтүндөй муунун тарбиялаган.

Кыргыздардын сүрөт искусствосу формаларынын кооздугу жана байлыгы менен, сүрөттөрүнүн тактыгы, түсүнүн жогорку маданияты менен белгиленген. Турмуштун көчмөн укладынын өзгөчөлүктөрүнүн натыйжасында анын көрүнүшү турак-жайды, кийим-кечени, үй эмеректерин, ат жабдууларын д.у.с. көркөмдүк жактан жасалгалоо менен чектелген. Ошондой болсо да эл чыгармачылыгынын бул жагынан биз элдин жогорку көркөмдүк дараметтүүлүгүнүн көрүнүшүн дагы бир жолу сезип турабыз. Кыргыздардын сүрөт искусствосу килем токуудан, оймолуу кийиздердин ар кандай типтерин, оймо- чиймелүү чырмалган чийлерди жасоосунан, саймасынан, булгаарыга наар түшүрүүдөн, жыгачка оймо салуудан жана металлды көркөмдүк иштетүүдөн көрүнүп турат.

Жүн килем токууну Памир-Алай жана ферганалык кыргыздар, ошондой эле Кытай Түркстанынын батыш бөлүгүндө көчүп жүргөн кыргыздар кесиптенишкен. Килем токуу көбүнчө кыдырша, маңгыт ж.б. уруулардын арасында топтолгон. Кыргыз килемдери жүндөн түркмөндөрдүкүнө окшош жөнөкөй эле станокто жасалган. Мурда негизинен чакан килемдер жасалып, ал эми XIX кылымдын акырынан тартып чоң өлчөмдөгү килемдер жасала баштаган. Килемдердеги басымдуу түстөр мала кызыл жана көгүш түстө болуп, сары, күрөң, кара жана ак түстөр сейрек жолуккан. Боектордун түсү жана чагылышы өзүнчө болуп, алардын айкалышы аткаруучулардын табитинин назиктиги жөнүндө далилдеп турат. Килемдердин оймо-чиймеси ийри кочкор мүйүзү менен айкалышта ар кандай ромбалык фигуралардан, сегиз бурчтуктардан, ийилген тасмалар жана сызыктар түрүндө, жакшы көргөн анардык оймо- чиймеде жана башка формаларда түзүлгөн. Ферганалык, өзгөчө кашкардык кыргыздар жасаган килемдердин оймо-чиймесинде кытайлык элементтер жана мотивдер байкалган. Ар кандай себептердин таасири астында кыргыздардын килем өндүрүшү Октябрь революциясы башталаар алдында төмөндөөгө дуушар болгон. Алардын арасында шырдак жана оймо-чиймелүү кийизден жасалган ар түрдүү турмуш-тиричилик буюмдары көбүрөөк таркаган. Кийизди оюу үчүн үч техникалык ыкма колдонулган. Биринчи ыкма — кийизди жасоо процессинде колдонулат жана кийиздин негизги фонуна боелгон жүндөн оймо-чиймелерди жабыштыруудан турат. Экинчи ыкма — боелгон кийизди же кездемеден оймо-чиймени кийиз негизге тигүү жолу менен жүргүзүлөт. Эң акырында, үчүнчү ыкма түсү боюнча ар түрдүү эки кийизди каптап кесилип алынган бир оймо-чийменин ар түрдүү түстөгү элементтерин кураштырып тигүүдөн турат. Килемдерден тышкары оймо- чиймелүү кийизден шаймандарды, ат жабдыктарын д.у.с. сактоо жана ташуу үчүн каптарды жана баштыктарды жасашкан.

Кийиз буюмдарындагы оймо-чиймелер сүрөтүнүн жөнөкөй жана ачыктыгы менен, салыштырмалуу ири өлчөмдөрү менен айырмаланат, майда тетиктери жок жана көбүнчө эки негизги түскө: көк жана кызыл, кызыл жана ак, кызыл жана сары түскө боелот. Кыргыздардын кийиз шырдактары оймо-чиймелеринин мүнөзү боюнча казактардын ушундай эле кийиздерине өтө окшошуп кетет.

Кыргыз аялдарынын искусствосунда көрүнүктүү орундардын бирин сайма саюу ээлейт. Сайма менен кийим-кече, үй эмеректеринин ар кандай буюмдары (куржундар, каптар, жабуулар, сүлгү) д.у.с. кооздолгон. Сайма искусствосунун эң

мыкты үлгүлөрү боз үйдүн керегесине илине турган кооз саймаланган өзгөчө типтеги баркыт килемдер — туш кийиздер болуп саналат.

Кыргыздар сайманы баркытка, кебез жана жүн кездемелерге, ноотуга жана эң акырында териге ар түрдүү түстөгү кебез же жүн, жибек жиптери менен сайышат. Техникалык ыкмалардын ичинен көбүнчө илме шибеге менен саймалоо жолугат. Саймалардын түрлөрүнүн арасында стилдештирилген өсүмдүктөрдүн сүрөттөрү, кайчылаш жайгашкан түгөй «мүйүздөр», «ийме- чиймелер» жана башка геометриялык фигуралар жолугат. Мындай түрлөрдүн баары казактардын оймо-чиймелерине окшошуп кетет.

Түстүү жүн чырмалган чий бойролору техникасы жана оймо-чиймесинин сүрөтү боюнча оригиналдуу болуп, боз үйдүн сыртын айланта курчоо үчүн колдонулат, аларда сегиз кырдуу ромбалар жолугуп, алардын ичинде уч жактарында түгөй «мүйүзчөлөрү» бар чарчы жайгашкан. Бул ромбалар, ошондой эле оймо-чийменин композициясы, жээгинин болушу, эң акырында, кызыл, ак, кара түстөгү диагоналдык симметрияны колдонуу менен кооздоо кыргыздардын, ошондой эле түркмөндөрдүн токулган килемдерине көбүрөөк окшошуп кетет.

Боз үйдүн бөлүктөрүн таңуу үчүн кызмат кылуучу токулган тасмалар да көбүнчө оймо-чиймелүү болот.

Булгаарыга наар салуу жана булгаарыдан аппликациялар негизинен сандыктардан, кутулардан, кымыз же сүт үчүн ар түрдүү булгаары идиштерден, ээр токум жабдыктарынан, кийим-кечеден д.у.с жолугат. Кымыз үчүн булгаары идиштерге — көөкөргө наар салынган оймо-чиймелер өзүнүн формасы боюнча ойроттордун (алтайлыктардын) ушундай эле идиштерге наар жасалган оймо-чиймелерине өтө жакын келет.

Аттын ээр токуму, эркектердин курлары жана башка кээ бир башка буюмдар металл пластинкалары менен кооздолуп, аларга күмүш чегерилген болот; күмүштөн аялдардын ар кандай кооздук буюмдары жасалган.

Жыгач оймолору менен эшиктер, кашектер, сандыктар, музыкалык аспаптар, *бишкектин* жыгач саптары кооздолгон. Жыгач оюунун эки техникасы колдонулган: жалпак жана терең оюулар колдонулган, мында жалпак оюу көп учурда кызыл, көк, ак, сары боек менен боелгон. Оюунун сүрөттөрү өсүмдүк жана геометриялык формада болгон.

Жыгачка оюу салуу, ошондой эле металлды көркөмдоп иштетүү эркектер тарабынан жүргүзүлүп, сүрөт искусствосунун калган түрлөрү аялдардын көркөм чыгармачылыгынын тармагына таандык болгон. Кыргыз оймо-чиймесинин ичинен айбанаттардын, канаттуулардын турпатынын жана алардын бир бөлүгүнүн, курчап турган жаратылыштын башка элементтеринин, ошондой эле турмуш-тиричилик буюмдарынын аттары жолугат. Алар менен катар, өзгөчө саймаларда жана аппликацияларда кыял деп аталган фантастикалык оймо-чиймелер туш келет.

Оймо-чиймеден тышкары кыргыздар искусствонун башка түрүн да — XVIII кылымдан тартып мүрзөгө коюлган мазарлардагы сүрөттөрдө колдонулган темалык сүрөттү да билишкен. Казакстандын мазарларынын сүрөтүнө окшош бул фрескалык сүрөт экөө тең али жетиштүү изилденген эмес. Мазарлардын боорундагы сүрөттөрдүн арасынан ар кандай жаныбарлардын — аттардын, төөлөрдүн, иттердин, эчкилердин, үй эмеректеринин, куралдардын, кийим-кеченин, эң акырында, адамдын түспөлдөрүнүн сүрөттөрү жолугат. Кээде композицияга байланыштырып (аңчылыктын, көчүүнүн элестери) фигураны жайгаштырууну каалагандык, ошондой эле пейзажга окшотууну каалагандык

сезилип турат. Казактардыкы сыяктуу эле бул сүрөттөрдүн баарын аткаруу анимисттик идеялардын талабынан келип чыккан жана диний искусствонун тармагы болуп саналган. Композиция өлгөн адамдын тирүү кезинде болгон окуяларды чагылдырган. Айрым буюмдар өлгөн адамды «тигил дүйнөдө» тейлөөгө тийиш болгон.

Кыргыз сүрөт искусствосу анын аймагына бир тектүү таркалган эмес. Элетке канчалык жакын болсо ага коңшулаш элдердин искусствосунун таасири байкалаарлык боло баштайт; жогоруда көрсөтүлгөндөй, Фергана өрөөнүндө Кытайдын оймо-чиймесинин таасири байкалаарлык; Кыргызстандын түштүгүндө өзбектердин жана тажиктердин оймо-чиймелеринин элементтеринин бир кыйла аралашмасы байкалат. Бирок бүтүндөй алганда кыргыз искусствосу баарыдан казак искусствосуна, бир аз бөлүгү кара калпак жана азыркы убактагы ойрот (алтай) искусствосуна жакыныраак.

Кыргыздардын арасында ар түрдүү оюндар жана оюн-шоокторр кеңири таркаган. Аларды жаштардын, эркектердин жана балдардын оюндары деп бөлүүгө болот. Эки жыныстагы жаштардын *кыз оюн* оюндары кечкисин же айлуу түндөрдө өткөрүлүп, бул оюн менен сөзсүз түрдө үйлөнүү салтанаттары коштолгон. Мындай оюндарда уландардын ортосунда ыр, курч сөз, шамдагайлык д.у.с. жагынан мелдештердин элементтери болгон. Жаштардын арасындагы эң көп таркаган оюндар *жоолук таштамай*, *дүмпүлдөк*, *жашынбак* болуп саналат. Жаштардын эң жакшы көргөн көңүл ачуулары- нын бири селкинчек болуп, аны эки-экиден болуп ырдап тебишкен. Эркек- тердин оюндарынын арасынан *кара казан*, *оромпой*, *коон үзмөй* оюндарын белгилей кетүү керек, ал эми түнкүсүн ойноло турган ак чөлмөк оюнунда алыска ыргытылган томукту же ак жүндөн жасалган топту издеп табуу жана белгиленген чекке чейин жеткирүү жагынан эки топ мелдешкен. Бой тарткан эркек жаштар жана токтолгон эркектер аркан тартышмай оюнунда күч сынашкан, ал эми өткөндө алардын арасында ордо оюну өтө белгилүү болгон. Балдардын оюндарынын арасынан чикитти, эшек секиртмейди, ала күчүктү атай кетели.

Кыргыз элинин турмушунда массалык көңүл ачуулар жана оюн-шооктор ушул убакка чейин өтө зор мааниге ээ болот. Бул көңүл ачуулардын мүнөзүнүн өзү дайыма коргонууга жана кол салууга даярдыкты талап кылган, демек, эрдикти, күчтү жана шамдагайлыкты өнүктүрүүгө көмөк көрсөткөн, согуштук,

жүрүштүк турмуштун шарттары менен тарыхый жактан байланыштуу болгон. Согуш кагылышууларындагы жеңиштер, албетте, элдик салтанатка айланган. Экинчи жактан, элдик турмуш-тиричиликтин бул жагы кийинчерээк түзүлгөн феодалдык төбөлдүн жеке кадыр-баркын чыңдоо жана калктан киреше алуу максатында пайдаланылган, алар үй-бүлөлүк жана коомдук турмуштун ар кандай себептери боюнча шаан-шөкөттүү майрамдарды уюштурушкан. Эң акырында, оюн-шоокторрдун кээ бирлери эскинин калдыгынын мүнөзүндө болуп, өткөндө ар кандай ырым-жырымдар менен коштолгон же алардын ажырагыс элементтери болуп саналган.

Эң байыркы көңүл ачуулардын бири жыгач найзалар менен куралданган эки чабандестин мелдеши — сайыш болгон. Мелдештин максаты — атаандашын ээрден кулатып түшүрүү. Мындай учурларда кийимдин милдеттүү бөлүгү тери калканч — соот болгон. Кээде мелдешке аялдар да чыккан. Мындай мелдештер көп учурда өлүм менен аяктап, ошондуктан акыркы убакта өтө сейрек уюштурулуп калган, ал эми совет өкмөтү ага таптакыр тыюу салган. Кыргыздардын ат чабыш сыяктуу оюн-шоокторунун түрүнө себепчи сөөк

коюулар жана аштар гана болгон. Бул салтты манаптар менен байлар бузуп, ар кандай ыңтайлуу учурга байланыштуу ат чабыштарды уюштуруу үчүн пайдаланышкан. Аны менен катар ат чабыштар спорттун эң жакшы көргөн түрүнө айланган. Мурда, адетте, байге уюштуруу менен өткөрүлгөн ат чабыштарда аттардын күлүктүгү жана алардын чыдамдуулугу башкы ролду ойногон. Ат чабыштардын аралыгы дайыма узак болгон, кээ бир учурларда 50 километрге чейин жеткен. Мурунку убакта байге катары малдан тышкары көбүнчө туткундардын ичинен кулдарды коюшкан. Ат чабышка кошуу үчүн аттарды тандоо, аларды таптоо, ошондой эле чабандестерди даярдоо ар кандай ыкмалардын жана эрежелердин бүтүндөй системасын түзгөн зор чеберчиликти жана атайын ыкты талап кылат.

Мелдештердин башка бир түрү көк бөрү же улак тартуу болуп саналат. Аларда аттын жакшы сапаты гана эмес, чабандестин ээрге мине билиши, анын чыдамкайлыгы жана тапкычтыгы зор мааниге ээ болот. Мелдештер үчүн улакты союп, анын башын жана шыйрактарын кесип салышат. Мелдештин максаты белгилүү жерде жаткан улакты аттан түшпөстөн туруп эңип алып, аны атаандаштарына тарттырып жибербестен, белгилүү жерге жеткирүү. Мелдештерге ар бир мелдешип жаткан топтон (өткөн заманда уруулардан) экиден, үчтөн адам катышат, андан кийин мелдеш аламанга айландырылат, ал да жеңип чыккандарга байге берүү менен коштолгон. Памирдик кыргыздарда ат чабуулар төө менен жарышуулар менен алмаштырылган.

Оюн-шоокторудун өтө кеңири белгилүү түрлөрү ат үстүндө оодарыш, жердеги жөө күрөш болуп саналат. Балбандар, адетте, белине чейин чечинип, тери шымчан, булгаары кур менен курчанып чыгышат.

Элдик майрамдардын зарыл элементтеринин бири шамдагай чабандестикти көрсөтүү болуп саналат. Ал өткөн заманда шыргыйдын башына илинген уютма күмүштү — жамбыны. жаа менен атуудан, кийинчерээк мылтык менен атып түшүрүүдөн, ат менен чаап баратып жерде жаткан тыйынды эңип кетүүдөн — тыйын эңмейден д.у.с. турган.

## *Элдик билимдер жана билим берүү*

Кыргыздар элдик билимдердин бай запасына ээ, ал муну элдин көп кылымдар бою созулган тарыхында иштелип чыккан жаратылыш менен терең аралашуунун тажрыйбасынан алган. Тоо жаратылышынын көчмөнгө

тийгизген таасиринин көп түрдүүлүгү, курч баамдоочулук, чарбалык иш-аракетте бир катар көрүнүштөрдү жана ыкмаларды иштеп чыгуу жагынан керектөөлөр башка түрк-моңгол элдеринин арасында 12 жылдык айбанаттар циклинин таркашы менен катар кыргыздарда календардын болушу үчүн өбөлгөлөр болгон, анда оригиналдуу 12 айлык цикл жана плеядалар боюнча өтө байыркы жыл эсептөө — тогоол болгон. Кыргыздарга ай менен эсептөө белгилүү болгон. Койчулардын арасында койдун корголунун жардамы менен күн эсебин жүргүзүү кеңири таркалган.

Кыргыздардын турмуш-тиричилигинде узундуктун өзгөчө өлчөмдөрү колдонулган. Маселен, башка ортоазиялык элдерге белгилүү өлчөмдү — *кулачты* (эки жакка созулган жана горизонталдуу абалдагы колдун учтарынын ортосундагы аралык), *төш жары* (созулган колдун сөөмөйлөрүнүн учунан төштүн ортосуна чейинки аралык) өлчөмүн, сөөмдү (ачылган бармак менен сөөмөйдүн учтарынын ортосундагы аралык), *серени* (бир аз ачылган төрт манжанын ортосундагы кеңдик), *элини* (манжалардын кеңдиги) ж.б. атай кетели.

Ал түгүл, эң жөнөкөй болуп көрүнгөн узундук өлчөмү — чакырым (адамдын үнү жеткен аралык) кыргыздар жашаган ар түрдүү рельефтин шарттарында өзүнүн сөзсүз негизи бар.

Кыргыздардан биз космогондук түшүнүктөрдүн башталмаларын да табабыз, албетте бул өткөн заманда койчулардын турмушунун образынан келип чыккан. Аларга Темир казык, Алтын казык (Полярная звезда) Үркөр (Плеяда), Чолпон (Венера), Жетиген (Большая медведица), Керген-Саба (4 жылдыздан турган топ жылдыз), Кош-өгүз жылдыздары белгилүү болгон, Дастара-Кундуз жылдызы кырсык алып келүүчү жылдыз деп эсептелген, мындан тышкары Кербен жол, Куш жолу (Млечный путь) д.у.с. жылдыздарды билишкен.

Өсүмдүктөрдүн гүлдөшүн жана алардын өсүшүн байкоонун тажрыйбасы кыргыздарга жаздын келишинин же кыштын түшүшүнүн мезгилин аныктоого, анын карсыз же кардуу боло тургандыгын алдын ала көрө билүүгө, чөптүн өсүшүнүн сапатын д.у.с. билүүгө мүмкүнчүлүк бергидей бир катар белгилерди иштеп чыгууга мүмкүндүк берген. Бул белгилер канчалык жөнөкөй жана так эмес болбосун, алар кыргыздарда өткөндө өздөрүнүн фенологиялык системасы бар экендиги тууралуу айтууга укук берет.

Жандуу жаратылыш жагынан кыргыздардын билими өзгөчө өркүндөгөн. Аларга ар кандай наамдагы жүздөгөн тоо өсүмдүктөрүнүн аты белгилүү, анын үстүнө алардын мал үчүн ошондой эле элдик медицина үчүн уулуу же пайдалуу касиеттери жакшы айкындалган. Аларды курчап турган ар түрдүү жаныбарлар дүйнөсүндө кыргыздар дайыма эркин баамдай алышкан. Кыргыздар аңчылык үчүн пайдаланылуучу жырткыч канаттууларынын ар башка түрлөрүн таанып билүүдө өзгөчө билимге жетишкен. Кыргыздар карчыга куштардын арасында түрлөрүн ажырата билишет: *кыргый*, *чуйлу куш* шумкарлардын арасынан: шумкарды, ителгини, ылаачынды; акыркылардын ичинен: кара-ылаачынды, тоо-ылаачынды жана башкаларды айырмалай билишет.

Эң акырында, кыргыздардын анатомиялык бай билимдери жөнүндө эске сала кетели, бул баарыдан мурда үй жаныбарлардын анатомиясына таандык, алар үй жаныбарларынын өңү, алардын жашы үчүн толук терминологияны иштеп чыккан.

Бирок эл ичинде кеңири таралган мына ушул ар түрдүү билимдердин бар экендигине карабастан, Октябрь революциясына чейин кыргыздар дээрлик туташ сабатсыз болушкан. Сабаттуулар 2%тен аз болгон. Булар көбүнчө манаптар, байлар, туземдик администрациянын мүчөлөрү, дин кызматчылары д.у.с. болгон. Сабаттуу аялдар бирдеп саналган. Азыркы убактагы Кыргызстандын аймагында 1914—1915-жылдарда 103 башталгыч мектеп жана жогорулатылган типтеги 4 мектеп болгон; бардык мектептерде 7401 адам окуган, алардын ичинде бар болгону бир канча жүз кыргыз балдары болгон.

Орустар келгенге чейин кыргыз балдарын окутууну манаптар өз айылдарына чакырып келген селсаяк өзбек молдолору жүргүзгөн, алардын бүткүл билими өзү түшүнбөсө да курандын кээ бир баптарын окуй билгендигинде болгон. Край Орусияга кошулгандан кийин айылдарда татар мугалимдери пайда болуп, алар өздөрүнөн мурункуларга караганда бир кыйла зор ийгиликтерге жеткен. Акыркы он жылдыктарда айылдык башталма мектеп — имамы бар мечиттерде уюштурулуп, алар балдарды окуткан. Бир катар мындай мектептерди манаптар жана байлар күтүп, алардын жакындарынын жана тууган-туушкандарынын балдары окуган. Кээ бир манаптар акыркы убакта, Октябрь революциясынын алдында өздөрүнүн каражаттарына жаңы усулдагы мектептерди түзүшкөн.

Сабаты ачылгандар болуштук башкаруучулардын катчысынын кызматын же туземдик администрациянын аппаратында кандайдыр-бир орунду ээлеген. Сабаттуу болсо да кембагал, адетте, мындай кызматка жете алган эмес. Кээ бир пункттарда (Пишпек, Ош, Кетмен-Төбө, Пржевальск ж.б. ) болгон орус-уземдик окуу жайлары көбүнчө жергиликтүү администрациянын аппараттары үчүн тилмечтердин жана кызматчылардын кадрларын даярдаган. Кыргыз балдары үчүн бир мындай окуу жайы Олуя-Ата (азыркы Казак ССРиндеги Жамбул шаары) болгон. Мындай окуу жайларынын саны өтө аз, ал эми аларда окутуунун системасы кандайдыр дурус натыйжаларга алып келбесе да, дегени менен алар кыргыз жаштарынын акыл деңгээлине белгилүү таасирин тийгизген. Бул окуу жайларын бүтүрүп чыккан кээ бир манаптардын балдары шаардык орус окуу жайларында жана гимназияларда билим алуусун уланткан.

## *УЛУУ ОКТЯБРЬ СОЦИАЛИСТТИК РЕВОЛЮЦИЯСЫНАН КИЙИН КЫРГЫЗ МАДАНИЯТЫНЫН ӨНҮГҮШҮНҮН ЖОЛДОРУ*

Октябрь социалисттик революциясынын кыргыз элинин турмушундагы мааниси. Айыл чарбасын социалисттик реконструкциялоо. Көчмөн жана жарым көчмөн кыргыз чарбаларынын отурукташууга өтүшү. Өнөр жайдын өнүгүшү. Транспорт жана байланыш. Жаңы отурукташкан кыштактар жана турак-жайлар. Боз үйдүн сакталып калышы. Кийим-кеченин жана тамак- аштын өзгөрүшүнүн жолдору. Кадрлардын өсүшү. Коомдук эмгек. Үй-бүлөлүк- никелик мамилелердеги өзгөрүштөр. Саламаттык сактоо. Дене тарбия жана спорт. Эл агартуу. Басма сөз жана адабият. Аң-сезимдеги өзгөрүштөр. Элдик чыгармачылыктын гүлдөшү. Музыка жана театр.

Улуу Октябрь социалисттик революциясы кыргыз элин тукум курут болуудан сактап калды, ага колониалдык кулчулуктан жана социалдык эзүүдөн боштондук алып келди, 1916-жылдагы көтөрүлүштүн натыйжасында бүлгүнгө учураган жана өз мекенинен ажыраган көп сандагы адамдарды адамдык турмушка карай кайра жаратты. 1918-жылдын башында Кыргызстанда совет бийлигинин орношу ак гвардиячылар, контрреволюциячыл байлар жана манаптар тарабынан айыгышкан каршылык көрсөтүү менен тосулуп алынды. Жети-суулук казак орустардын төбөлдөрү орус дыйкандарынын кулактык колонизатордук элементтери менен бирдикте 1918—1920-жылдарда бир катар контрреволюциялык козголоңдорду уюштурду. Түштүк Кыргызстанда андан кийинки бир канча жылдар бою бай менен манаптар уюштурган жана чек аранын ары жагынан колдоого алынган басмачылык кыймыл кеңири жайылтылды. Казак-орус-кулактык жана бай-манаптык контрреволюция, ошондой эле басмачылардын кыймылы большевиктердин коммунисттик партиясы жетекчилик кылган орус жумушчу табынын ак ниет жардамы менен жоюлду, мында партиянын ишенимдүү уулдары Фрунзе менен Куйбышев Түркстан фронтунун башында турушту. Граждандык согуштун башталгыч мезгилинде кызыл гвардиячыл отряддар (алардын катарында кыргыз кембагалдарынын бир кыйла аң сезимдүү бөлүгү күрөшкөн), ошондой эле Кызыл Армиянын регулярдуу бөлүктөрү душманга каршы өздөрүнүн күрөшүндө кыргыз эмгекчил дыйкандардын кеңири колдоосуна жана жардамына таянышкан. Басмачыларга каршы күрөшкө кыргыздын партизандык отряддары катышкан.

Кыргыздар жашаган райондор Октябрь революциясынан кийин Түркстан Советтик социалисттик республикасынын тутумуна кирген. 1924-жылдагы Орто Азиядагы улуттук-мамлекеттик чекке бөлүнүүнүн процессинде Кара-Кыргыз

автономиялуу областы түзүлдү (1925-жылы 25-майда Кыргыз автономиясына кайра аталды), ал РСФСРдин тутумуна кирген. 1926-жылы Советтердин XIII Бүткүл россиялык съезди бекиткен Бүткүл россиялык борбордук аткаруу комитетинин III сессиясынын чечими менен Кыргыз автономиялуу областы Кыргыз Автономиялуу Советтик Социалисттик республикасына кайра түзүлдү-Кыргыз улутунун мамлекеттик түзүлүшүнүн андан аркы этабы Советтердин Бүткүл Союздук VIII Чукул чакырылган съездинде бекитилген Конституцияга ылайык жаңы Союздук Кыргыз ССРинин түзүлүшү болду, ал ССР Союзунун тутумуна анын тең укуктуу мүчөсү катары кирди.

1920-жылы түндүк Кыргызстанда граждандык согуш аяктагандан кийин Кытайга качып кеткен көчмөн кыргыздар совет өкмөтү көргөн чаралардын аркасында өз мекенине массалык түрдө кайта баштады. Мамлекет ондогон миң жакыр жана ачка үй-бүлөлөргө кеңири жардамга келди. 1921-жылы жер реформасы жүзөгө ашырылып, мунун натыйжасында качкындардын кембагал жана орточо чарбалары бир убакта казак-орус-кулактык элементтер тартып алган жерлерге, малга жана шайманга ээ болду-1927-жылы жер-суу реформасы Кыргызстандын түштүк бөлүгүндө жүргүзүлүп, ал жерде байлардын чарбалары жана жарым феодалдык чарбалар жоюлуп, алардын жерлери жана шайман- дары батрактарга, чайрыкерлерге жана кембагал-орто чарбаларга өттү. Бул ири иш чаралар кыргыз элинин кеңири эмгекчи массасынын жыргалчылыгын жогорулатты. Бирок кыргыз элин оокаттуу жана камсыз кылынган турмуштун кеңири жолуна айыл чарбасын коллективдештирүү гана алып чыкты, бул байлар менен манаптардын эзүүчү табын жоюу менен коштолду.

Экономикадагы, калктын таптык тутумундагы жана анын турмуш-тиричилик укладындагы чечүүчү өзгөрүштөр беш жылдыктардын жылдары ичинде болуп өттү. Орус жумушчу табынын, СССРдин өкмөтүнүн туруктуу жардамынан пайдаланып, кыргыз эли өзүнүн турмушун кайра өзгөртүп, аны таптакыр жаңы негизде курду.

Октябрь революциясына чейин Кыргызстан падышалык Орусиянын башка колониялары сыяктуу эле анын агрардык-сырьелук коштондусу болгон. Пахта тазалоо, булгаары, ичеги тазалоо, пиво кайнатуу, ун тартуу, май чыгаруу сыяктуу өнөр жайдын тармактарында гана бир аз сандагы кустардык типтеги ишканалар болгон. Түштүк Кыргызстанда таш көмүр кендерин куруу башталган.

Беш жылдыктарды жүзөгө ашыруунун натыйжасында Кыргызстан тез эле өнөр жай жактан өнүккөн республикага айланды[7]. Азыр Кыргызстандын өзүнүн оор өнөр жайы бар. Орто Азиялык республикалардын негизги отун базасы болуп саналган таш көмүр өнөр жайы толугу менен реконструкцияланды. Кыргызстандын көмүр өнөр жайынын борборлору Кызыл-Кыя, Көк-Жаңгак, Таш-Көмүр, Сүлүктү болуп калды. Чаңгыр-Таш ири нефть промыседдери бар нефть казып алуу өнөр жайы түзүлдү. Түстүү жана сейрек кездешүүчү металлдарды: коргошун-цинк, сурьма-сымап жана башка кендерди казып алуу боюнча кен ылгоо фабрикалары бар бир катар эң жаңы техника менен жабдалган кендер курулду. Республикада металл иштетүүчү заводдор: Фрунзедеги инструменталдык завод, Новотроицктеги машина жасоо заводу, «Красный металлист» заводу, Фрунзе шаарындагы чоюн куюу заводу жана башкалар иштей баштады.

Кыргызстанда текстиль өнөр жайы да зор өнүгүүгө ээ болду. Булардын катарына Ош шаарындагы ири жибек токуу комбинаты, бир канча трикотаж, кийим тигүү жана бут кийим фабрикалары, булгаары заводдору, нооту, байпак

жана жип ийрүү фабрикалары кирет. Ошондой эле бир канча пахта тазалоочу заводдор, кендир-була фабрикасы, жаңы була өсүмдүктөрүн кайра иштетүү боюнча завод, Ош, Пржевальск, Жалал-Абад шаарларындагы жеңил өнөр жай комбинаттары д.у.с. бар.

Кыргызстандын тамак-аш өнөр жайы Фрунзедеги эт-консерва комбинаты, Токмоктогу жашылча-консерва комбинаты, Жалал-Абаддагы витамин-консерва комбинаты сыяктуу ири ишканалар менен байыды.

Чүй өрөөнүндө кант заводдорун куруу өзгөчө кеңири жайылтылды, мында кызылча айдоо айыл чарбасында зор салыштырма салмакка ээ болду. Иштеп жаткан Кант, Кара-Балта жана Каганович кант комбинаттарынан, Токмок, Беловодск жана Новотроицк заводдорунан тышкары кант өнөр жайынын бир катар жаңы ишканалары курулуу процессинде турат. Тамак-аш өнөр жайы- нын ишканаларынын арасында сүт жана май чыгаруу заводдору, тамеки фабрикасы, нан комбинаты, жемиш-жүзүм комбинаты курулду.

Кен-химия, полиграфия, жыгач, фармацевтика жана кээ бир башкалар сыяктуу өнөр жайдын тармактары да кайрадан түзүлдү.

Республиканын өнөр жайынын дүң продукциясы 1945-жылы 1913-жылга салыштырганда 300 эсе көбөйдү.

Өнөр жайды өнүктүрүү менен бир эле убакта энергетика базасын түзүү жүрүп жатат. Кыргызстан «ак көмүрдүн» зор ресурстарына ээ болуп, гидро-электрстанцияларын куруу үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөр ачылып жатат. Бир канча ири гидростанциялар жана бир кыйла майда, райондук маанидеги гидростанциялар курулду, Ысык-Көл жана Фрунзе областтарында айыл чарбалык жана колхоздор аралык гидроустановкалардын тармагы түзүлдү.

Республикада өнөр жайдын өнүгүшү Октябрь революциясына чейин өнөр жайлык пролетариаты дээрлик болбогон кыргыздарда дасыккан жумушчу кадрларынын пайда болушуна, жумушчу табынын өсүп чыгышына негиз катары кызмат кылды. Фабрикалар менен заводдордо, шахталарда жана кендерде, токой өнөр жайында жана транспортто эмгектенүү кыргыздардын негизги кесиптеринин бири болуп калды. Алардын чөйрөсүнөн эң татаал адистикке ишенимдүүлүк менен ээ болгон стахановчулар, өз ишинин чеберлери өсүп чыкты.

Калктын басымдуу көпчүлүгүнүн кесиби мурдагыдай эле айыл чарбасындагы эмгек болуп кала берди. Бирок бул эмгектин мүнөзү жана шарттары түп тамырынан өзгөрдү. Ал өз максатын аңдап түшүнгөндүк жана алга умтулуучулук болуп калды, ал бир кыйла өркүндөтүлүп, өндүрүмдүү да болуп калды, анткени социалдык база башкача болуп, айыл чарба өндүрүшүнүн техникалык базасы толугу менен реконструкцияланды.

Өткөн заманда айыл-айыл болуп малы жана арзыбаган үй оокаттары менен тоо өрөөндөрү жана бийик тоо кыркаларынын беттеринде көпчүлүгү көчүп жүргөн Кыргызстандын дыйкан чарбаларынын 99,6%и — жаратылыштын кырсыктарына, манаптар менен байларга бүтүндөй көз каранды болгон 190 миңден ашуун майда, туруксуз чарбалар эми 1799 колхозго бириккен. Кыргызстанда ошондой эле ар кандай типтеги 42 совхоз түзүлгөн. Колхоздор менен совхоздорго республиканын бүткүл айдоо аянттарынын 99,97%и таандык. Дыйканчылык чарбанын көмөкчү, керектөөчү тармагынан социалисттик айыл чарбасынын ири механизациялаштырылган, товардык тармагына айланды. Колхоздордун талааларын 1945-жылы 66 МТС иштеткен, аларда 4500 дөн ашуун трактор, 1000 ден ашуун комбайн, 600 гө жакын татаал молотилкалар, 3000 ге чейин сеялка жана көп сандаган башка татаал айыл чарба шаймандары

топтолгон. Республиканын айыл чарбасында жумуштардын баарынын 61,4%и механизациялашкан күчкө туш келет.

Республикада айдоо аянты дан эгиндери үчүн гана революцияга чейинки мезгил менен салыштырганда 127 процентке көбөйдү. Техникалык өсүмдүктөрдүн, атап айтканда, пахтанын аянты бир канча эсе көбөйдү. Мурда эгилбей келген кант кызылчасы, жаңы булалуу өсүмдүктөр (кенеп, түштүк кара куурайы ж.б. ), эфир май өсүмдүктөрү, дарылык апийим дыйканчылыкта бекем орунду ээледи. Кыргыз чарбасында жашылча өстүрүү жана картошка айдоо улам барган сайын байкаларлык ролду ээлей баштады. Талас өрөөнүндө жана түштүк Кыргызстандын кээ бир райондорунда тамеки өстүрүү ийгиликтүү өнүгүүдө, Чүй өрөөнүндө ошондой эле жаңы өсүмдүк — шалы өздөштүрүлдү.

Өркүндөтүлгөн машиналарды колдонуу, агротехникалык иш чараларды кеңири киргизүү жана стахановчу колхозчулардын эң сонун жетишкендиктери Кыргызстан 1936-жыддан тартып жыл сайын орто эсеп менен гектарынан 300 центнерден ашуун туруктуу түшүм алуу менен Советтер Союзунда кант кызылчасынын түшүмү боюнча биринчиликти жеңип алышына алып келди. 1940-жылы республика боюнча кант кызылчасынын түшүмү гектарынан 431 центнерди түздү. 1941 — 1945-жылдардагы согуштун алдындагы акыркы жылдардын ичинде республика пахтанын түшүмү боюнча да СССРде биринчи орунду ээлеп, 1939-жылы өнөр жайга орто эсеп менен ар гектарынан 18,5 центнерден пахта тапшырды. Бул ийгиликтерге, атап айтканда, ирригациялык курулушка зор салымдардын аркасында жетишилди. Кыргызстанда 4400 гидротехникалык курулуш курулду, бир катар ири сугат каналдары казылды.

Мал чарба тармагында да укмуштай өзгөрүштөр болуп өттү. 1928-жылы эле Кыргызстандын бүткүл чарбасынын 9,8 процент чамасын түзгөн байлардын жана манаптардын чарбалары өз колдоруна бодо малдын 22% ине чейинкисин, жылкылардын 40%ке чейинкисин жана койлордун 67 процентин топтоп турган. Коллективдештирүүнүн натыйжасында малдын көпчүлүк саны (1940-жылы 40%и) коомдук мүлккө айланды, ал эми анын бир кыйла бөлүгү колхозчулардын жекече пайдалануусунда болгон. Республикада мал чарбасынын негизги тармагы кой чарбасы болуп саналат. Колхоздук товардык мал чарбанын өсүшү колхоздук-товардык фермалардын түзүлүшүнөн байкалды. 1941-жылга карата алар республиканын бардык колхоздорунда болгон.

Кыргыз элинин турмушунда мал чарбасынын мүнөзү гана өзгөрбөстөн, бул жерде туруктуу көчмөндүк турмуш-тиричиликти талкалаган тарыхый окуя көчмөн жана жарым көчмөн чарбаларды отурукташтырууга которуу болду. Көчмөн малчыларды коллективдештирүүнүн негизинде жүзөгө ашырылган масштабы боюнча зор отурукташтырууга мындай өткөрүү 50000 ден ашуун чарбаны өз кучагына алды. Мамлекет берген каражаттарга чарбалык борборлор пландаштырылды, турак-үйлөр жана өндүрүштүк жайлар, маданий- турмуш-тиричилик мекемелери, жолдор курулду, саздар кургатылып, чарбактар жашылдандырылды, суу түтүктөрү курулду жана көптөгөн башка жумуштар аткарылды.

Бөтөнчө саясий жана чарбалык мааниге ээ болгон отурукташтыруу процесси негизинен согуштун алдыңкы жылдарында аяктады. Тоолуу-Бадахшан автономиялуу областынын (Тажик ССРи) Мургаб районунда, Чыгыш Памирде да акыркы убакка чейин көчмөндүк турмушту өткөрүп жүргөн кыргыздар отурукташа баштагандыгын белгилей кетүү кызык. 1939-жылы эле 61 үй-бүлө отурукташкан турмушка өттү. Мал чарбасы үчүн тоют базасы түзүлө баштады —

деңиз деңгээлинен 4000 метрге жакын бийиктикте жүздөгөн гектар арпа айдалды. Көптөгөн памирдик малчылардан өздөрүндө колхоздорду уюштуруу өтүнүчү менен арыздар түшө баштады.

Отурукташууга өтүү өзүнүн маанисин сактап калууну улантып жаткан эң бай жайыттарды пайдалануудан дегеле баш тарткандык эмес. Бул социалисттик мал чарбанын тоют ресурстарынын башкы түрлөрүнүн бири болуп саналат. Кыргызстанда 11 млндон ашуун гектар жайыт бар. Жайкысын жүздөгөн колхоздор жана ондогон совхоздор өзүнүн малын бийик тоолордо, кээде сырттарда жайып, күзгө жакын бир кыйла төмөн, жылуу өрөөндөргө түшүп келишет. Малдын бир бөлүгү кышкысын кары аз бийик тоолуу өрөөндөрдө жана сырттарда калтырылат. Бирок мал чарбачылыктын техникасы мурдагыдай эле малды жаюу менен гана чектелбейт. Аны кыштатуу үчүн азыр атайын жайлар курулуп, чөп чабуу, силос даярдоо, тоют өсүмдүктөрүн эгүү д.у.с. жолу менен тоюттарды даярдоо уюштурулат. Ветеринардык мекемелердин зор тармагы түзүлгөн, зоотехникалык тейлөө уюштурулган д.у.с. Кыргыз көчмөн чарбасынын тозогу болгон жут биротоло жоюлду.

Олуттуу жетишкендиктердин бири малдын тукумун жакшыртуу жана мал чарбасынын азыктуулугун жогорулатуу болуп саналат. Ушул максатта малды асыл тукумдаштыруу боюнча зор иш жайылтылып жатат. Кылчык жүндүү кыргыз кою уяң жүндүү «вюртембергдер» жана «прекосалар» менен, уйлардын жергиликтүү тукуму маданий тукумдар менен (швицтер, симменталдар, аулиэ-ата букалары менен) массалык түрдө аргындаштырылууда. Жылкылардын жапыс бойлуу жергиликтүү тукуму англиялык, англиялык-дондук жана дондук тукумдар менен жакшыртылып жатат. Акыркы 10 жылдын ичинде жакшыртылган тукумдагы жылкылардын саны колхоздордо 17 эсе, бодо мал — 10 эсе, уяң жүндүү жана метис койлор — 45 эсе көбөйдү. Республиканын мал чарбачылыгында илимдин жана техниканын эң жаңы жетишкендиктери колдонулуп жатат. Маселен, малды жасалма уруктандыруу ыкмасы кеңири колдонулууда. Совхоздордо жана кээ бир колхоздордо койлорду электр менен кыркуу колдонула баштады.

Кыргыздардын чарбасындагы түпкү жылыштарды мүнөздөгөн башка фактылардын арасынан мал чарбасынын жаңы тармагынын, атап айтканда — чочко чарбасынын пайда болушун белгилей кетүү керек, мындай чарбанын болушу өткөн заманда диндик себептер боюнча дегеле мүмкүн болгон эмес. Эми бир катар кыргыз колхоздорунда чочколор өстүрүлүп, анын төлү сатууга

жана этке тапшырууга кетип жатат. Айрым колхозчу кыргыздар жана совхоздордун жумушчулары жеке чарбаларында чочко өстүрүүдө.

Жогоруда айтылган иш чаралардын, стахановчу малчылардын дасыккан кадрларынын өсүшүнүн, социалисттик мелдештин ийгиликтеринин натыйжасында Кыргыз ССРи 1938-жылы мал чарбасын өнүктүрүү боюнча СССРде биринчи орунду ээлеп, СССРдин Дыйканчылык эл комиссариатынын өтмө Кызыл Туусун алган.

Стахановдук эмгек колхоздорго жана колхозчуларга жогорку кирешелерди камсыз кылды. Эгер 1933-жылы Кыргызстандын колхозчулары 68,4 млн. сом акча кирешесин алса, 1938-жылы акча кирешелери 318,7 млн. сомду түздү. Кара-Суу районундагы Киров атындагы колхоз 1938-жылы 2 млн. 463 миң сом киреше алды жана колхозчуларга эмгек күнгө акчалай түрдө гана 12 сом 20 тыйындан берди, Ивановка районундагы «Кеңеш» айыл чарба артели 1939-жылы 1013172

сом дүң киреше алган. Кыргызстанда 1940-жылы 80 ден ашуун миллионер колхоз болгон.

Кыргызстанда социалисттик курулуштун жылдарынын ичинде транспортту жана байланышты өнүктүрүү жагынан зор ийгиликтерге жетишилди. Октябрь революциясынан кийин гана темир жол Фрунзе жана Ош шаарларына чейин жеткирилди. Экинчи жана үчүнчү беш жылдыктардын жылдарынын ичинде ондогон километр жаңы темир жолдор салынды. Республиканын негизги административдик жана өнөр жай борборлору азыр темир жол менен байланышкан. 1939-жылы узундугу 173 км Кант — Рыбачье жаңы темир жол магистралынын курулушу башталды, ал Кыргыз ССРинин башкы дан райондорун — Ысык-Көл ойдуңун, тоолуу мал чарба жана токой райондорун, көмүргө, коргошун кенине жана алтын кенине бай райондорду Түркстан-Сибирь темир жолу менен байланыштырат. Кант — Рыбачье темир жолу Жел-Арыкка чейин жеткирилди. Бул жаңы магистралдын Кыргызстандын андан ары гүлдөшү үчүн мааниси өтө зор. Мындай гүлдөөдө ошондой эле курулуп жаткан Фрунзе — Жалал–Абад — Ош автомобиль жолу зор роль ойномокчу, ал Кыргызстандын түндүк бөлүгүн түштүк бөлүгү менен байланыштырат. Автотранспорт Кыргызстанда анын тоолуу рельефинде механизациялашкан транспортунун негизги түрү болуу менен өзгөчө мааниге ээ болот.

1927-жылга чейин Кыргызстанда жылдын бүткүл мезгилинин ичинде автотранспорттун жүрүшү үчүн ыңтайлаштырылган бар болгону 35 км жолу болгон. Экинчи беш жылдыкта Кыргызстан алгачкы ири жол курулуштары — Фрунзе — Рыбачье, Талас — Жамбул ж.б. автомобиль жолдору менен байыды, ал эми совет бийлигинин жылдары ичинде бардыгы болуп мыкты жолдордун узундугу 10 000 км ге чейин көбөйдү.

Райондордун, кыштактардын жана айылдардын кылымдар бою обочодо калышын жойгон мыкты жолдордун курулушунда ири орун колхозчулардын өздөрүнүн демилгесине таандык. Үч-Терек жана Токтогул райондорунун эмгекчилеринин активдүү катышуусу менен мурда адам жеткис аскалар деп эсептелген жерде Токтогул (Кетмен-Төбө) менен Таш-Көмүрдүн ортосунда узундугу 100 км ден ашуун шоссе жолу курулду. Ысык-Көл областынын 4500 колхозчусу 75 күндүн ордуна 25 күндүн ичинде Рыбачье - Чолпон-Ата жана Лизогубовка — «Жыргалаң» шахтасынын участкаларында жол курушту. Өзгөн жана Совет райондорунун колхозчулары 39 сааттын ичинде Мырза-Аке — Кара-Кулжа ортосунда 22 километрдик жолду курушкан. Согуштун алдындагы эки жылдын ичинде гана республиканын эмгекчилери элдик курулуш ыкмалары менен 2160 км автомобиль жолун курган. Эзүүдөн бошонгон колхозчу дыйкандардын чыгармачылык демилгесинин жана эмгектин социалисттик ыкмаларынын эң сонун үзүрлөрү мына ушундан байкалды.

Кыргыз эли байланыштын бардык жаңы түрлөрүнөн (телефон, телеграф, радио) пайдалануу мүмкүнчүлүгүн алды, ал көп райондордун республиканын борборунан зор алыстыкта болушунун шарттарында анын экономикасынын жана маданиятынын өнүгүшүндө маанилүү фактор катары мааниге ээ болот.

Социалисттик экономиканын дүркүрөп өнүгүшү, колхозчулардын материалдык жыргалчылыгынын жогорулашы, жумушчулардын жана кызматчылардын эмгек акысынын өсүшү кечээ күнкү жарым-жартылай жакыр, сабатсыз жүз миңдеген көчмөндөрдүн, байдын койчуларынын жана чайрыкерлердин маданий деңгээлинин жогорулашы менен бирге алардын турмуш-тиричилик укладында түп-тамырынан өзгөрүүлөрдү туудурду[8]. Бул

өзгөрүштөр кыргыз элинин материалдык жана коомдук турмушунун бүт бардык жактарына тийиштүү болду, мындай өзгөрүштөр анын аң сезиминде болуп өттү.

Материалдык маданият жагынан алар жаңы кыштактарды жана турак жайларды түзүүдө өзгөчө айкын көрүндү. Жакында эле тоо арасында жайгашкан айылдардан, малчылар кышкысын гана көчүп келип чогулган жерлерде жана боз үйлөр айланта курчаган бир канча ондогон ышталган жер кепелерди жолуктурууга болгон жерлерде азыр жаңы, көркүнө чыгарылган кыштактар өсүп чыгууда. Көчмөндөр отурукташкан райондордо отурукташтыруу боюнча иш чараларды аяктоонун алдында 563 чарбак борбору пландаштырылып, аларга 842 колхоз жайгашты. Колхозчулар тарабынан 35 миңге жакын турак-үй курулду, бир канча ондогон километр узундукта бир катар суу түтүктөрү өткөрүлдү, колхоздун чарбактарын жашылдандыруу үчүн 500 миңден ашуун көчөт берилди. Жемиш бактары менен парктар 17,5 га аймакка түзүлдү.

Колхозчунун типтүү стандарттык үйү көбүнчө эки же үч бөлмөдөн турат. Чакан алдыңкы бөлмөдөн бир эшик ашканага, ал эми экинчиси 2—3 терезеси бар турак-бөлмөгө кетет. Ашканага чакан плита курулуп, ал эми турак-бөлмөдө түтүн чыгуучу мору чатырга чыккан кадимки темир меш коюлган. Кээде үйдө алдыңкы бөлмөгө жана ашканага туташ кампа жайгашкан. Мындай үйлөрдү куруу үчүн материал катары көбүнчө чийки кыш колдонулат. Чатыры бир аз эңкейиш эки жактуу кылып курулган, анын үстүнө майдаланган саман аралаштырылган чопо менен жабылат. Жер төлөсү жыгач болсо тактайдан төшөлөт, бирок көпчүлүк учурда жер бойдон кала берет. Маселен, Түп районундагы Орджоникидзе атындагы колхоздун мүчөлөрүнүн үйлөрүнүн астынын 65—70%ине тактай төшөлгөн, ал эми ошол эле райондогу «Курулуш» колхозунда (1930-жылга чейин анын мүчөлөрү көчмөндөр болушкан) 80 үйдүн 17 үйүндө гана асты тактайланган. Маданияттуулуктун жогорулашынын белгиси катары кээ бир райондордо (маселен, Жети-Өгүз районунда) колхозчулар өз үйлөрүнүн ичин да, сыртын да акиташ менен акташкандыгынын фактысын белгилей кетели.

Ушундай үйлөрдүн биринин — катардагы колхозчу Жакып Жумагуловдун (Жети-Өгүз районундагы «Жаңы айыл» колхозу) турак-жайынын ички көрүнүшүн сүрөттөп көрөлү. Жакыптын үйүнүн эшик алдында текчеси бар, анда эки бөлмө, астына тактай төшөлгөн. Чоң бөлмөдө жыгач керебет, сандык, эки стол, стул жана отургуч турат; тамдын боорунда Аениндин, Сталиндин жана Кагановичтин сүрөттөрү, карта, баркыт килем туш кийиз илинген, жерге ак кийиз төшөлгөн. Дубалдын биринде төшөк жыйылып турат. Терезелеринде пардалары бар. Бөлмөдө кийим тигүүчү кол машина, патефон, самоор бар, китептер жатат. Экинчи чакан бөлмөдө дагы бир жыгач керебет, стол, бешик турат. Ушул эле жерге темир меш коюлган. Жакыптын үй-бүлөсү 4 адамдан турат.

Жаңы турак-жайлардын курулушу канчалык жигердүү жүрүп жаткандыгы төмөндөгүдөй фактыдан көрүнүп турат. 1938-жылы Жети-Өгүз районундагы «Жаңы айыл» колхозунда колхозчулар 7 жаңы үйдү курган, ал эми 1939-жылы мындай 35 үй курулган. Европалык типтеги мебель улам барган сайын колхозчулардын турмуш-тиричилигине кире баштады. Түп районундагы «Курулуш» колхозунун дээрлик бардык 80 мүчөсүнүн стоддрру жана стулдары бар, азырынча 11 колхозчунун гана керебеттери бар. Колхоз үй-бүлөлөрүнүн жерге жатып укташынын себеби жалаң гана керебеттин жоктугунан эмес. Кээде сатылып алынган керебет өз кереги боюнча пайдаланылбастан, кооз- дук катары төшөк жыйналган бойдон турат, ал эми үй-бүлөсү жерге жатып уктоосун улантууда. Турмуш-тиричиликке шейшептүү жууркан кеңири кире баштады. Көп

учурда үйлөрдө жыгач алкактагы күзгү, кээде идиш үчүн жыгач шкафтар жолугат. Европалык эмерек менен катар жапыз тегерек столдор жолугат. Жерге жөнөкөй кийиз эмес, көп учурда оймо-чиймелүү кийиз — шырдак же болбосо кой терисинен көлдөлөңдөр төшөлгөн. Көп үйлөрдүн боорлоруна плакаттар илинген. Эмеректердин ичинен металл жана фарфор идиштер менен катар самоор өтө кеңири таркаган. Керосин лампалары жана асма фонарлар бардык жерден илгерки май чырактарды сүрүп чыгарган. Бир катар колхоздордо электр станциялары курулуп, колхозчулардын үйлөрүндө электр лампочкалары пайда болду. Темир мештерди кээде жапыз, тегерек формада жаса- шып, анын үстүнө адеттеги казан асылып коюлат.

Европалык маданият, маданий ыктар көпчүлүк көчмөндөр тарабынан орустар менен украиндер аркылуу кабыл алынууда. Дубалдарды актоо, вилкаларды колдонуу, столдордун, керебеттердин, самоорлордун, терезе пардалардын пайда болушу — мына ушунун баары көп башка нерселер сыяктуу эле элдин материалдык деңгээлинин жогорулашынын талашсыз натыйжасы гана болбостон, алдыңкы орус элинин маданиятынын оң таасиринин натыйжасы болуп саналат. Бул таасир, бир жагынан, кыргыздардын айланадагы орус жана украин калкы менен түздөн-түз катнашынын жолу менен, экинчи жактан — шаарларда, ошондой эле райондук ири борборлордо билим алып, шаардык маданиятты айыл менен кыштактарга жеткирип жаткан айылдык интеллигенция аркылуу жетүүдө.

Бирок, кыргыздардын эски боз үйү ушул убакка чейин өзүнүн маанисин анчалык жогото элек. Отурукташуу процесси жакында бүткөн райондордо жана колхозчулардын баары үйлөр менен камсыз болунбаган жерлерде боз үй азырынча бир кыйла роль ойноп жатат. Памирдик кыргыздар үчүн боз үй азыр да турак-жайдын негизги түрү болуп саналат.

Алардын үй тиричилигинде да фабрикадан чыккан металл идиштер (анын ичинде вилкалар жана кашыктар), керосин лампалар, асма фонарлар пайда болду. Тоолуу - Бадахшан автономиялуу областынын (Тажикстан) Мургаб районунун борбору — Мургабда жана анын айланасында памирдик кыргыздар азыркы убакта өздөрүнө тышкы турак-жайды куруп жатышат, анын үстүнө курулуштун жалпы түрү — европалык, ал эми анын асты топурак бойдон кала берүүдө, ал эми очоктун түзүлүшү коңшулаш памирлик тажиктердикине окшош.

Кыргызстандын көп колхоздору колхоздун малы менен жайлоого көчүп кеткен жана бул үйлөрдө кышында да сырттарда кала берген колхозчулар үчүн боз үйлөрдү жасашат. Боз үйлөр ошондой эле жаш төл (козу, музоо) үчүн жай катары пайдаланылат жана мындай учурларда колхоздун койчуларынын турак-жайларынын катарына тигилет. Кээ бир райондордо, маселен Тоң районунда үйлөрдө жашап жаткан мурунку көчмөндөрдүн көпчүлүгү курулуштардын жанындагы короого боз үйлөрдү тигип алышып, аны негизинен тамак-аш даярдоо үчүн пайдаланышат. Сезондук дыйканчылык жумуштарынын убагында боз үйлөр колхоздук бригадалар жана звенолор үчүн талаага тигилет.

Совхоздор тарабынан боз үйлөр фермаларда жашап жаткан жана алыскы жайыттарда мал жайып жүргөн малчылар үчүн турак-жай катары кеңири пайдаланылып жатат. Колхозчулардын жана совхоздун жумушчуларынын боз үйлөрүнүн ички көрүнүшү кескин өзгөрдү. Андан кээде клеенка менен жабылган столду, стулдарды көрүүгө болот; керегеге портреттер жана фотографиялар илинген. Тоодо жашап жаткан стахановчу-малчы Иманалы Балкабековдун боз үйүндө («Санташ» совхозу) темир керебет, самоор, патефон бар. Казаны бар

темир меш, калай капталган сандык, кээде булгаары идиштер али сакталып калган; жууркан-төшөк мурдагыдай эле дубалга жыйылган, бирок алардын арасында катардагы колхозчулардын да көп жибек жууркан-төшөгү бар, мындайлар мурда байларда гана болгон.

Мурунку кыргыз кыштактары таптакыр таанылгыс болуп калды. Көп сандаган мисалдардын бирин келтирели. Эски Карымшак кыштагы (Ивановка району) ар кайсы жерге чачылган бир канча ондогон жер кепелерден жана боз үйлөрдөн турган эле, эч кандай дарактар болгон эмес. Керосин лампалары эч кимде болгон эмес, ошондуктан кечкисин кыштакта көзгө сайса көрүнгүс караңгы эле. Азыр Карымшактын ордуна жакшы көрктөндүрүлгөн Октябрь кыштагы өсүп чыкты, ал эми анда республиканын эң мыкты колхоздорунун бири — «Кеңеш» колхозу жайгашкан. Кыштактын башкы көчөсү таш жолду бойлото жайгашкан, аны бойлото колхозчулардын жапжаңы аппак ыңтайлуу үйлөрү кас-катар тизилип турат. Трактты бойлото жолго теректер тигилген. Колхоздун башкармасынын имаратынын катарында китеп окуй турган жана кино көрсөтүү үчүн залдары бар клуб курулган. Бул имараттардын артында жемиш бактуу жаш бакча жайгашкан. Колхозчулардын дээрлик бардык чар- бактарына айланта теректер тигилген, ал эми көп үйлөрдүн жанында жаш алма бактары гүлдөп турат. Кыштактагы эң мыкты имарат — орто мектептин имараты, анда жүздөгөн балдар окуп жатат. Колхоз кыштактарын жашылдандыруу — массалык мүнөздөгү көрүнүш, мында мурунку көчмөндөрдөн турган колхозчулар бул бактарды өстүрүп жаткандыгы өзгөчө маанилүү.

Колхоздордо өздөрүнүн маданият жана эс алуу парктары пайда боло баштады. Янги-Наукат кыштагынын четинде (Ноокат району) түштүк Кыргыз- станда биринчи колхоздук Евгений Федоров атындагы маданият жана эс алуу паркы ачылган. Парктын төрт гектар аянтына тыт, өрүк, жаңгак, арча отургузулган. Паркта 600 адамдык клуб, биллиард ойноочу, китеп окуй турган жай, оркестр үчүн жай, киринүүчү жай курулган; көлмө (хауз) жасалган; арыктын үстүнө чайкана курулган. Паркта атайын аянтча автомашиналарды коюу үчүн арналган: колхозчулар киного автомобиль менен келишет. Парк «Маданият» айыл чарба артелинин мүчөлөрүнүн демилгеси боюнча бул округдун калкынан СССР Жогорку Советине депутат болуп шайланган Советтер Союзунун Баатыры Федоровдун урматына курулган. Паркты жабдууга «Гюлистан», «Кызыл-Теит», «Зарбдар», Молотов атындагы жана башка колхоздордон колхозчу аялдар активдүү катышкан.

Түштүк Кыргызстанда кыштактарда жана турак-жайларда жүрүп жаткан өзгөрүштөрдүн кээ бир белгилери байкалат. Түштүктөгү колхозчулардын эски жер кепе турак-жайларын реконструкциялоо негизинен астын тактайлоо, кашеги жана айнеги бар европалык типтеги эшиктерди жана терезелерди орнотуу жолу менен жүрүп жатат; көп учурда мурунку жарык түшүүчү жылчыктар терезенин өлчөмүнө чейин гана кеңейтилип, ал эми коюлган айнектин (кашексиз) четтери чопо менен майланып бекитилет. Мурунку көчмөн малчылар жаңы үйлөрдү курууда коңшулаш өзбектердин турак- жайларынын тибин туурашып, эгер тактай болсо бул үйлөрдүн астын тактайлап, кашектүү жана айнектүү терезелерди орнотуп, темир мештерди коюп жатышат.

Көп колхозчулар тар жана ыңтайсыз эски турак-жайлардын ордуна өздөрүнө жаңы кеңири үйлөрдү курууда. Ош районундагы «Беш жылдыкты 4 жылда» колхозунда колхоздук үй-бүлөлөрдүн жарымынан көбү (157 үй-бүлөнүн ичинен) өздөрүнө жаңы турак-жайды куруп алышкан. Алар түштүктүн башка

колхоздорундагы жаңы курулуштар менен аздыр-көптүр бир типтүү, ошондуктан колхоздун звеньевою Калы Таировдун жаңы үйүнүн төмөндө келтирилген сүрөттөмөсү дегеле түштүк кыргыздардын жаңы турак-жайлары жөнүндө жетиштүү түшүнүктү берет. Калы Таиров 1931-жылы «Беш жылдыкты 4 жылда» колхозуна киргенде анын боз үйү гана болгон. Колхоздо иштеп жүргөндө Калы өзүнө бирден-бир терезеси бар, бир бөлмөлүү чакан сокмо үйдү куруп алган. Стахановдук тапкан эмгек акысы Калыга жаңы үйдү — кыштактагы эң мыкты үйлөрдүн бирин куруп алууга мүмкүндүк берди. Бул үй чийки кыштан курулган, туура геометриялык формада, үйдүн ички жана сырткы дубалдары чопо менен жакшы шыбалган, анда эки бөлмө бар (алардын бири — ашкана), анын эшиктери жалпы үй менен жапыс чатырча менен жабылган чакан сереге чыгып турат, үйдүн ички дубалдарына көптөгөн текчелер жасалып, ар бир бөлмөдө түтүнү дубалдан чыга турган өзбек тибиндеги жакшы жасалгаланган очогу бар (мору чатырдан чыгып турат). Сереге айнектүү чоң терезе карап турат. Турак-бөлмөдө очоктон тышкары жапыс тегерек формадагы темир меш турат. Сереге кеңири жыгач керебет — такта жайгашкан, анда жайкысын эс алышат, иштешет жана укташат. Калынын үйүндө көп жууркан-төшөк бар, мунун көп санда болушу оокаттуулуктун белгиси деп эсептелген, үйдүн ичинде темир керебет, оймолуу сандык, металл жана фарфор идиштер, керосин лампасы бар. Үйдүн дубалдары ар кандай плакаттар, тактайга оюлган сүрөттөр менен кооздолгон.

Үйлөрдүн жанында көбүнчө мал үчүн бастырмалар бар. Чарбак үйү жана чарбалык курулуштары менен бирге айланта сокмо дубал менен курчалган. Жаңы үйлөр эски үйлөрдөн өзүнүн тазалыгы жана сырткы көрүнүшү менен көп жагынан айырмалана тургандыгын кошумчалай кетүү зарыл. Текчелерге коюлган фарфор идиштер менен илегендер өздөрүнүн түздөн-түз пайдаланылышы менен катар кооздук катары да кызмат кылат. Европалык эмерек азырынча баарынан эле жолуга бербейт, көбүнчө темир керебеттер бар, Тамдын асты, адетте, азырынча жер — аны жакшылап таптап, чопо менен шыбап коюшат, бирок үйлөрдүн шыптары тактай, кээде фанера менен өтө тыкандык менен жасалгаланган. Жерге ала кийиз жана кийиз төшөп коюшкан.

Түштүктүн колхозчуларынын көпчүлүгүндө үйдүн жанында боз үй турат, ал көмөкчү жайкы турак жай катары пайдаланылат.

Кыргыздардын айыл жерлериндеги улуттук кийимдери сакталып кала берүүдө, бирок көп учурда европалык кийим-кеченин айрымдары менен айкалышта. Мындан тышкары, эски үлгүдөгү кийимдер менен катар, тиричиликке фабрикалык кездемелер бекем кире баштады. Жаштар, өзгөчө окуучулар же кандайдыр-бир окуу жайларын, курстарды д.у.с. бүтүп чыккандар, ошондой эле айылдык интеллигенция (шаардык интеллигенция жана дегеле шаардыктар жөнүндө сөз кылбаганда) дээрлик толугу менен европалык кийим кийүүгө өтүп кеткен.

Эркектердин кийим-кечесинде европалык пиджак жана тик же кайырма жакалуу бир жагына бүчүлөмө жабык куртка бекем орунду ээледи, аны көбүнчө чийбаркыттан тигишет; чапандар менен катар кебез салынган шаардык пальтого тиби боюнча жакыныраак сырт кийимдер пайда боло баштады, алар кайырма жакалуу, топчу менен бүчүлөнөт. Бут кийимдердин ичинен башкы орунду орус өтүктөрү жана ботинкалары ээледи. Азыр көп учурда тумакты суурдун терисинен тигишет, кеңири тараган улуттук калпактар менен катар жумшак тегерек кабыма панамаларды жана фетр калпактарды кийишкендигин белгилей кетүүгө болот.

Аялдарда жеңсиз сырт кийим сакталып кала берүүдө, бирок аны менен катар баркыттан, тукабадан же чийбаркыттан тигилген жакеттер көрүнүктүү орунду ээлейт, ал эми келиндерде жакеттерден тышкары баркыт кемселдер жолугат. Колхозчу кыздар жана окуучулар шаардык көйнөктү өтө жакшы көрүшөт, алардын ичинен көпчүлүгү юбка жана блузка кийишет, алардын ичинде көйнөк адетке кирди, ал эми мурунку шароварларды трико алмаштырууда. Күмүш жасалгаларын мурдагыдай эле жан дили менен жакшы көрүшөт, кыздардын эң жакшы көргөндөрү жол башчылардын портреттери бар брошкалар жана ар кандай ыктыярдуу коомдордун значоктору болуп саналат (акыркылары көбүрөөк даражада уландарга таандык), жибек моюн орогучтар кеңири белгилүү. Тукабадан тигилген пальтолор жана ак жибек токума моюн орогучтар көп жолугат. Адеттеги бут кийимдер — ботинкалар жана туфлилер. Аялдар топу кийип жүрүшөт, бирок ал мурдагыга караганда сейрек жолугуп, ал жоолук менен алмаштырылган. Көп кыздар берет жана шляпа кийип жүрүшөт.

Мурда кеңири массага кол жеткис болуп саналган кийим үчүн кездемелердин: ноотунун, жибектин, баркыттын д.у.с. колдонулуп жаткандыгын, ошондой эле европалык жана улуттук кийимдерди аралаш кийип жүрүшкөндүгүн жалпы көрүнүш катары белгилей кетүү зарыл.

Оокаттуу турмуш колхозчуларга бай жана кооз кийинип жүрүүгө мүмкүндүк берет. Мындай мүнөздүү мисалдардын бирин келтирели. Он беш жашар Токуштун — Ивановка районундагы «Кеңеш» колхозунун звеньевою Ракыя Садыкованын кызынын чоң энесинде небересинин курагы кезинде матадан тигилген бир гана көйнөгү болгон. Токуштун күндө кийүүчү көйнөк- төрүнөн тышкары эки жибек жана бир маркизет көйнөгү бар. Энеси ага 280 сомго жибек моюн орогуч сатып берген. Токуштун эки пальтосу, татынакай туфлиси, жибек байпактары бар.

Калктын тамак-ашынын сапаты да, саны да таанылгыс болуп өзгөрдү. Бир чыны жарма же айран жөнүндө дайыма камкордуктан башы чыкпаган чала тоют мурунку турмуш менен азыркы убактагы колхозчунун тамак-ашын эч кандай салыштырууга болбойт, бул колхоздук кыштактын жана айылдын оокатынын тыңдыгын толук чагылдырып турат. Баарыдан мурда колхозчунун дасторконунда эт сейрек болбой калды, тамак-аш даярдоого картошка жана жашылча кире баштады, кеңири массага күрүч, аны менен кошо палоо жеткиликтүү болуп калды, тамакка көп учурда бышырылган жумуртка пайдаланылат; казанга же чопо мешке — тандырга (өзбектерден келген жаңылык) бышырылган токочтор менен катар европалык ыкма менен бышырылган нанды да керектей башташты.

Түп районунун Талды-Суу айылдык кеңешиндеги Орджоникидзе атындагы артелдин колхозчуларынын күндөлүк ичкен тамак-ашын Мукаш Кызылбеков мындайча сүрөттөйт. Эртең менен туз татытылган сүт менен чай ичишип, токоч жешет, түшкүсүн жарма, кээде бозо менен нан жешет, кечкисин эттүү сорпо бышырышып, анын ордуна кээде палоо же куурдак даярдашат. Эгерде кандайдыр себеп менен эт болбой калса, аны сүт кошкон чай жана нан алмаштырат. Кээде эртең менен жарма, түшкүсүн чай ичишет. Өтө ток эттүү тамак көбүнчө кечинде ичиле тургандыгы мүнөздүү — мында эски салт сакталып калган. Ошого карабастан, маселен куурдакты кээде күндүз да даярдашат. Эми мусулмандык орозонун убагында, анын ичинде карыялар күндүз деле эт жешет. Кондитердик азыктар жана кант көп пайдаланылат. «Улахол» мал чарба совхозунун жумушчуларын (жумушчулардын 90%ке жакыны кыргыздар) жана тутумдаш

жаткан колхоздорду тейлеген Улахол айылдык дүкөнү 1938-жылдын ичинде гана 17843 сомдук кондитердик азыкты жана 22624 сомдук кантты саткан. Ошону менен бирге азыр көбүнчө шекер менен бирге жей турган улуттук тамак — боорсок унутулган жок.

Колхоздордо (ишканалар жана совхоздор жөнүндө сөз кылбаганда да) коомдук тамактануу көрүнүктүү орунду ээлей баштады. Ал талаа шыйпаңдарында сезондук жумуштардын убагында, мергенчилердин бригадаларында д.у.с. уюштурулуп жатат. Бул убакка ашпозчу, көбүнчө аялдар бөлүнүп берилет. Адеттеги тамак эттүү сорпо, көбүнчө кесмелүү тамак болуп саналат.

Бир катар колхоздордо өздөрүнүн колхоздук ашканалары бар. Талаа жумуштары ийгиликтүү аяктагандан кийин көп колхоздордо колхоздун эсебинен коомдук тамак берүү уюштурулат. Ошонун эле өзү советтик чоң майрамдардын убагында болот. Айлап эт көрбөгөн, көп учурда канттын даамын билбеген, ал түгүл нанды сейрек тамак катары эсептеген кечээ күнкү кембагалдын даамдуу тамак-ашы — социализмдин улуу жеңиши.

Октябрь социалисттик революциясы кыргыз коомунун таптык структурасын түп тамырынан өзгөрттү жана кыргыз айылында болгон коомдук мамилелерди толугу менен кайра түздү. Чарбанын социалисттик формаларынын өнүгүшү, өзгөчө Кыргызстанда айыл чарбасын коллективдештирүүнүн жеңип чыгышы эзүүчү таптарды: байлардын, манаптардын, кулактардын жоюлушуна жана кыргыз коомунда жаңы таптын — жумушчу табынын пайда болушуна шарт түздү. Беш жылдыктардын жылдарынын ичинде өсүп чыккан кыргыз интеллигенциясы, колхоздук дыйкандар жана жумушчу табы жаңы советтик кыргыз коомун түзүп турат.

Революцияга чейинки мезгил менен салыштырганда өнөр жай жумушчуларынын саны 50 эсе өстү, алардын ичинен 74 проценти ири өнөр жайда иштейт, өнөр жайда иштеген бир канча ондогон миң жумушчулардын ичинен бир кыйла бөлүгүн кыргыздар түзөт. Кыргыз интеллигенциясынын катарында инженерлер, техниктер, агрономдор, сүрөтчүлөр, жазуучулар, артисттер, илимий кызматкерлер ж.б. бар, алардын ичинде көп аялдар бар.

Беш жылдыктарды аткаруу үчүн, сүйүктүү республиканын гүлдөшү үчүн күрөштө партиялык жана советтик кызматкерлердин, мамлекеттик ишмерлердин, чарбачылардын жаңы кадрлары өсүп чыкты жана чыңдалды. Жүздөгөн кечээ күнкү колхоздук койчулар, трактористтер, стахановчу жумушчулар өздөрүнө мамлекет тапшырган иштерди ийгиликтүү аткарып жатышат.

Кыргызстандын шаарларындагы, кыштактарындагы жана айылдарындагы коомдук турмуш көп кырдуу, мазмундуу, жаңы социалисттик мамилелерге жык толгон. Ал коомдук чарбанын жана эмгектин таламдары менен тыгыз айкалышкан, бүткүл улуу Советтер Союзунун коомдук-саясий турмушу менен көп жагынан байланыштуу.

Социалисттик мелдеш айрым звенолорду, бригадаларды, колхоздорду, ишканаларды гана кучагына алып тим болгон жок. Бул мелдеш райондордун жана областтардын ортосунда да жүргүзүлүп жатат. Социалисттик мелдеш алдыңкылардын артка калгандарга жардамы менен коштолууда.

Коомдук эмгек адамдарды алардын уруулук жана улуттук таандуулугуна карабастан баш коштурду. Эскиликтин калгандыгы катары гана кээ бир колхоздор өздөрүнүн аттарында уруулук бөлүнүштөрүнүн эски аттарын сактап

калган, маселен «Кызыл-Теит», «Маңгыт», «Үсөн», «Кызыл-Сарай» ж.б. Азыр да илгеркидей эле колхоздук майрамдардын убагында уюштурулган ат чабыштарда өзүнүн күлүктөрүн сүрөгөн колхозчулардын кыйкырган үндөрү угулат, бирок өздөрүнүн уруусун эмес, өздөрүнүн колхоздорунун аттарын атап, маселен «Ворошилов», «Киров», «Фрунзе» д.у.с. деп кыйкырышат. Мурда ар бир уруунун малга баскан өз тамгасы болгон. Азыр ар бир колхоз өз малына өз тамгасын, көп учурда колхоздун атынын биринчи тамгасын басышат. Уруулук бөлүнүштөр практикалык турмушта эч кандай роль ойнобойт, ал эми жаштар алар жөнүндө карыялардын айткандарынан гана билишет.

Аралаш улуттар жашаган колхоздор — Кыргызстандагы көп жолугуучу көрүнүш. Түштүк Кыргызстандын колхоздорунда кыргыздар, өзбектер, уйгурлар, арабдар бирге эмгектенип жатышат. Республиканын түндүк бөлүгүндөгү көп колхоздордон жалпы колхоздук жыргалчылык үчүн ынтымактуу иштеп жаткан кыргыздарды, орустарды, дунгандарды, казактарды, калмактарды д.у.с. жолуктурууга болот.

Социализмди куруунун жалпы кызыкчылыктарынын жана биргелешип эмгектенүүнүн негизинде өсүп чыккан советтик Кыргызстандын элдеринин моралдык-саясий биримдиги 1938-жылы 24-июнда Кыргыз ССР Жогорку Советине шайлоолордун убагында бир тилектен добуш берүүдөн өтө айкын көрүндү. 774904 адам же добуш бергендердин 99,3%и коммунисттердин жана партияда жоктордун блогунун кандидаттары үчүн өз добуштарын берди. Элдердин достугу Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаттарынын улуттук тутумунан айкын ачык көрүнүп турат, ага 135 кыргыз менен катар 74 орус, 27 өзбек, 22 украин, 2 калмак, 1 дунган шайланды.

Турмуш-тиричиликтин башка жактары сыяктуу эле ушундай даражада мурунку патриархалдык үй-бүлөлүк мамилелер кыйроого дуушар болду. Кыргыз аялына экономикалык жана коомдук өз алдынчалыкты алып келген колхоздук түзүлүш аны үй-бүлөнүн тең укуктуу мүчөсүнө айландырды. Азыр кыргыздын колхозчу аялы эркектер менен теңдикте эл чарбалык жана улуттук-маданий курулуштун бардык участкаларына активдүү катышып жатат. Аялдардын арасында колхоздордун, айылдык советтердин, райондук советтердин бир кыйла төрагалары бар, алар өздөрүнүн эмгеги менен кайраттуу эмгектик иш-аракеттин мыкты үлгүлөрүн көрсөтүп жатышат. Аялдар үчүн кемсинтүү болгон калың төлөө салтына мыйзам менен тыюу салынган, бирок анын калдыктары менен кээ бир жерлерде али күрөш жүргүзүүгө туура келип жатат. Никенин диндик жагы эч ким тарабынан сакталбайт — жаштар ЗАГСка (никеге) жазылуу жана үлпөттөрдү уюштуруу менен чектелишет. Эркектердин тукуму боюнча өлгөн бир туугандардын жана туушкандардын мүлкүн мураска алуунун адеттеги укугу жок боло баштады. Эми мүлк аялына өткөрүлүп берилет. Мурда да орун алган аралаш никелер (өзгөчө түштүктөгү кыргыздар менен өзбектердин ортосунда) адеттеги көрүнүш болуп баратат. Кыргыздар менен орустардын ортосундагы никелер мурдагыдай өзгөчө көзгө урунган окуя болбой калды. Эми балдар төрөлгөндө көп учурда жаңы ысымдарды бергендиги кызык, маселен, балдарга — Стал, Эркин, Азат, Марат, Феликс, Тарас, кыздарга — Роза, Тамара, Элеонора, Зоя, Катарина, Советкан, Кеңеш д.у.с. деген аттарды бере башташты.

Кыргызстанда элдин ден соолугун чыныгы коргоо Октябрь социалисттик революциясынан кийин гана өнүгө баштаган. Медициналык мекемелердин тармагы укмуштай өстү. 1945-жылы Кыргызстандын айылдык жерлеринде гана 71 оорукана, 119 врачтык участок, 332 фельдшердик-акушердик пункт, 47 тиш

дарылоо жана 23 рентген кабинеттери болгон. Ооруканалар жана амбулаториялар ал түгүл эң алыскы райондордо түзүлдү. Жогоруда аталган медициналык мекемелерде 470 ке жакын врачтар жана миңдеген фельдшерлер, акушеркалар, медсестралар иштеген. Мурда калк жардам сурап кайрылып келген табыптарды жана тамырчыларды өтө сейрек жолуктурууга болот.

Ооруканалардан жана амбулаториялардан тышкары төрөт үйлөрүнүн, туруктуу жана сезондук бала бакчаларынын, балдар консультацияларынын тармактары кеңири жайылтылды. Кыргызстандын колхоздорунда 1560 сезондук балдар бакчалары 54 миң баланы тейлейт. Шаардык калкты медициналык жактан тейлөө чексиз өстү. Фрунзе шаарында гана 60 тан ашуун дарылоо-профилактикалык мекеме бар. 1945-жылы элдик саламаттык сактоого чыгымдар 1935-жылга салыштырганда 5 эседен ашуунга көбөйдү жана 82,3 млн. сомду түздү. Кыргызстанда улуттук медициналык кадрлар да өсүп чыкты. Маселен, хирург Иса Ахунбаев — жаш врачтын өсүшүнө зор жардам көрсөткөн профессор Царенконун ассистенти эл ичинде кеңири белгилүү. Врач Ахунбаев акыркы жылдардын ичинде 800 дөн ашуун операция жасады. Анын басмадан чыккан өз эмгектери бар жана кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү жактады. Азыркы убакта ал өзү медициналык институтта кыргыз студенттердин практикасына жетекчилик кылат. Кыргыздардын биринчи врачтарынын бири Ахунбаевдин эмгеги өкмөт тарабынан бааланды: ал эки орден менен сыйланды.

Калкты медициналык тейлөө боюнча иш чаралардын кеңири жайылтылышы чечектин жана башка өтө жугуштуу оорулардын толук жоюлушуна, безгек жана башка оорулардын бир кыйла төмөндөшүнө алып келди. Жалал- Абад областындагы Базар-Коргон районунун үлгүлүү райондук ооруканасы жугуштуу ооруларга каршы күрөштө жакшы натыйжаларга жетишти.

Калктын ден соолугун чыңдоодо эң сонун кыргыз курорттору чоң роль ойнойт, алардын ичинен Ысык-Көлдүн жээгиндеги тоолуу-климаттык Кой- Сары курорту, Жалал-Абаддагы курорт, Арашан (Фрунзе шаарына жакын) минералдык булактары, Жети-Өгүз булактары (Пржевальск шаарына жакын) өтө белгилүү. Ысык-Көлдө Жети-Өгүз жана Чолпон-Ата кышкы балдар курорттору иштеп жатат. Атайын кургак учук оорулуулар үчүн Ош жана Пржевальск шаарларында санаторийлер ачылган. Согуштун күндөрүндө Ысык- Көлгө, Жалал-Абад шаарына жакын санаторияларда ж.б. майдандан кайтып келген жоокерлер жана командирлер дарыланышкан жана эс алышкан.

Калктын бүткүл турмуш-тиричилик укладынын кайра өзгөрүшүнө ылайык гигиеналык ыктар да өтө кескин өзгөрдү. Өзгөчө акыркы убакта самынды пайдалануу көбөйдү, ал азыр жумушчулардын жана колхозчулардын көпчүлүгү үчүн гигиенанын зарыл буюму болуп калды. Мында Октябрь революциясынан кийинки алгачкы жылдарда эле кыргыздар атыр самынды кээде «жыттоо үчүн» гана сактап келишкендигин эске алуу керек. Эми кыргыздардын мурда түшүнүгү болбогон мончолор бир катар колхоздордо курулуп, зарыл керектөөгө айланып баратат. Маселен, Жети-Өгүз районундагы Сару кыштагынын беш колхозунун үчөөндө өздөрүнүн мончолору бар. Көп учурда алар колхоздордун фермаларында да курулууда. Бирок колхоздордо мончолор азырынча аз. Мектептерде балдар үчүн мончолордун пайда боло башташы мүнөздүү (Түп районундагы Талды-Суу кыштагында, Жети-Өгүз районунун Саруу кыштагында ж.б. ).

Турмуш-тиричиликке темир кашыктар жана вилкалар кире баштады (мурда коюу тамакты кол менен жешкен), үй-бүлөнүн ар бир мүчөсү үчүн жеке идиш пайда болду. Мурда диндик мааниге ээ болгон тамактын алдында колду жуу

салты өзгөчө коомдук тамактануунун убагында сакталып калган, мында отургандардын баарына дагара тосуп, чөгүндөн суу куюп, колдоруна сүлгү карматышат.

Бүткүл турмуш-тиричиликти жакшыртуу үчүн Кыргызстанда акыркы жылдары колхоздордо суу түтүктөрүнүн кеңири жайылган курулушу бөтөнчө мааниге ээ болот. Мурда жайкысын калк сугат арыктарынан булганыч сууну ичүүгө, ал эми кышкысын эриген кардын суусун ичүүгө аргасыз болгон. Мамлекеттин жардамынын жана колхозчулардын өздөрүнүн эмгек, транспорт жана каражат менен активдүү катышуусунун аркасында бир катар райондордо ондогон колхоздор иче турган таза сууну алышты.

Кыргызстанда дене тарбия жана спорт бекем орунду жеңип алып, алгачкы ийгиликтерге жетишти. Спорттун европалык жана орус түрлөрүн өнүктүрүү менен катар улуттук кыргыз спорту жана оюндары, анын ичинде ат чабьаа, көк бөрү, күрөш, оодарыш, тогуз коргоол ж.б. терең киргизилип жатат. Кыргыздар өздөрүн спорттун жаңы түрлөрү боюнча да эң сонун спортсмендер катары көрсөтүштү. Фрунзедеги аэроклубдун учкучтары жана планеристтери 1936-жылы алыстыгы боюнча өзгөчө узак Фрунзе — Москва лыжа жүрүшүнүн жети катышуучусунун ичинде эки кыргыз — Самтыров жана Түркмөнөв болуп, алар калган баары сыяктуу эле «Ардак белгиси» ордендери менен сыйланган. Көп жаш альпинисттер кыргыздардын ичинен биринчи болуп альпинисттик мектепти бүтүргөн инструктор Касымалы Байгазиновдун жетекчилиги астында тоолордо машыгуудан өтүшкөн. Жеңил салмак боюнча штанга көтөрүүчү Бекчоро Шаршенов 1939-жылы апрелде 55,9 кг. штанга көтөрүү менен республикалык рекорд койгон. Жеңил салмактагы С. Супиев 1939-жылы 101 кг. штанганы булкуп көтөрүү менен жаңы бүткүл кыргыздык рекорд койгон. Кыргыздардын арасында боксерлор да, футболисттер да, велосипед тебүүчүлөр да бар — миңдеген уландар жана кыздар спорттук чеберчиликтин туу чокуларына ээ болуп жатышат.

Кыргыз физкультурниктеринин ийгиликтеринин айкын-ачык көрүнүшүнүн бири 1937-жылдан тартып Москвадагы физкультурниктердин салт болуп калган параддарында алардын чыгуулары болду. 1938-жылы кыргыз физкультурниктери Москвада «Советтик альпинизм» деген темада инсценировканы көрсөтүштү, 1939-жылы 200 мыкты физкультурник Кыргыз ССРинин гербинин макетинин айланасында бир катар гимнастикалык көнүгүүлөрдү, «аркан тартыш» оюнун, чабандардын бийин ж.б. көрсөтүштү.

Кыргыз жаштарынын арасында ошондой эле спорттун коргонуу түрлөрү да зор өнүгүүгө ээ болду. Алардын арасында биринчи оруңдардын бири массалык ат спортуна таандык, буга жаштар да, улгайган колхозчулар да зор кызыгуу менен катышып жатышат.

Совет бийлиги орногондон кийин Кыргызстанда болуп өткөн маданий революция эң алыскы кыштактарга жана айылдарга кирип, адамдардын зор катмарын аң-сезимдүү турмушка карай көтөрдү, алардын кызыкчылыктары жана чөйрө таануусу өздөрүнүн тырмактай чарбасынын, өз кыштоолорунун, өздөрүнүн уруулук жамаатынын чектеринде гана думугуп жаткан болучу.

Эл агартуу, өзгөчө экинчи жана үчүнчү беш жылдыктардын жылдарынын ичинде зор кулач жаюуга ээ болду- Сабатсыздыкты жоюу боюнча жылдан-жылга жүргүзүлгөн иштердин натыйжасында кыргыз элинин басымдуу көпчүлүгү сабаттуу болду. 1939-жылдагы эл каттоонун маалыматтары боюнча

республиканын 9 жаштан жана андан жогорку курактагы калкы сабаттуу болуп саналат.

Өсүп келаткан муундун туташ сабаттуулугу бекем камсыз кылынды. Республикада 1944—45-окуу жылында 1531 мектеп, анын ичинде 700 гө жакын башталгыч кыргыз мектептери, 300 гө жакын кыргыз жети жылдык мектептери жана 30 дан ашуун кыргыз орто мектептери болгон. Республиканын бардык мектептеринде 328 700 бала окуп, бул революцияга чейин окуган балдардын санынан 46 эсе ашып кеткен. Көп мектептерде интернаттар ачылып, ата-энелери ар кандай себептер боюнча мектептерден алыс жашаган балдардын окууга мүмкүнчүлүгүн жеңилдеткен. Тоң районундагы Горький атындагы орто мектептин алдында интернат болуп, анда алыскы кыштактагы колхозчулардын, ошондой эле кышты мал менен жайыттарда өткөрүп жаткан колхозчулардын балдары жашайт. «Тоң» совхозунун мектебинин алдында интернат уюштурулуп, анда ар кайсы жерде чачылып жаткан совхоздук фермаларда иштеген койчулардын балдары жашайт. Ушундай эле көп мектептердин алдында интернаттар бар.

Кыргыз мектептеринин окуучуларынын арасында орус тилин үйрөнүүгө зор кызыкчылык байкалат, орус тилин окутуу бардык орус эмес мектептерге киргизилген. Кээ бир кыргыз мектептеринде (маселен, Жети-Өгүз районундагы Саруу кыштагында) класстык сабактарга кошумча иретинде орус тилин үйрөнүү боюнча ийримдер бар. Кыргызстандын мектептеринде 11 миңге жакын мугалим иштеп жатат, айылдык жана кыштактык мектептердин 58 эң мыкты мугалими ССР Союзунун ордендери жана медалдары менен, анын ичинде Ленин ордени менен Молдобай Байгазаков, Абдылда Аралбаев, Анар Исаева сыйланган.

Мектептер, анын ичинде орто мектептер, эң алыскы кыштактарда жана айылдарда ачылып, өзү менен кошо сабаттуулукту жана билимди гана эмес, маданий турмуштун алгачкы ыктарын да алып келүүдө.

1939-жылы эле 25 ке жакын жети жылдык мектеп, анын ичинде Тогуз- Торо, Халмион, Ак-Талаа ж.б. бийик тоолуу алыскы райондордо курулган. Ал түгүл Кытай чек арасынан алыс эмес, түбөлүк мөңгүлөрдүн жанындагы сырттарда көчүп жүргөн 1-Май мал чарба колхозунда (Жети-Өгүз району) жакында эле боз үйгө жайгашкан мектеп ал үчүн курулган атайын жайга которулду.

Жалпы билим берүүчү мектептердин тармагы менен катар Кыргызстанда көп ар түрдүү техникумдар, педагогикалык окуу жайлар, Ош жана Пржевальск шаарларында мугалилдер институттары бар. Жогорку квалификациядагы кадрлар педагогикалык, айыл чарба жана медициналык институттарда даярдалат. Алты жогорку окуу жайында, техникумдарда жана окуу жайларында 8400 студент окуп жатат. Мындан тышкары, Москванын, Ленинграддын жана Союздун башка шаарларынын ар түрдүү атайын окуу жайларында жүздөгөн кыргыз уландары жана кыздары окуп жатат.

Мектептерден тышкары массалык агартуунун очоктору жүздөгөн клубдар, маданият үйлөрү, китепканалар, кинотеатрлар жана көчмө кинолор болуп саналат. Маданий суроо-талаптардын өсүшүн төмөндөгүдөй фактылар менен көрсөтүүгө болот. 1934-жылы Фрунзе шаарындагы Мамлекеттик Калк китеп-канасында 32 гана кыргыз окурманы болгон, ал эми 1944-жылы алардын саны 9708 ге жеткен; 1935-жылы кыргыз тилинде 171 китеп, 1944-жылы — 40855 китеп берилген.

Кыргыз тилиндеги китептердин санынын мындай көбөйүшү кыргыз жазмасын жана адабий тилин түзүү жагынан жетишилген зор ийгиликтерди, басма продукциянын өсүшүн чагылдырып турат.

Октябрь революциясынан кийинки алгачкы жылдарда мектепте окутуунун жана жазманын тилдери түндүк Кыргызстанда — татар жана казак тилдери, ал эми түштүктө — өзбек жана татар тилдери болгон. 1923-жылдан тартып гана кыргыз тилиндеги алгач окуу китептери пайда боло баштап, чыныгы улуттук кыргыз жазмасынын келип чыгышын дал ушул жылга таандык кылуу керек. Орто Азияны улуттук чекке бөлүүдөн кийин кыргыз тилиндеги алгачкы басма газета «Эркин Тоо» пайда болгон. 1923-жылдан 1928-жылга чейин расмий таанылган кыргыз алфавити реформаланган араб алфавити болгон.

1926-жылдан тартып кыргыздар латындаштырылган алфавитке бара-бара өтө баштап, ал 1928-жылдан тартып бирден-бир расмий алфавит болуп калган. Азыркы убакта латындаштырылган алфавит жаңы алфавит менен алмаштырылды, анын негизин орус графикасы түзөт.

Өзүнүн жаралышынын мезгилинде азыркы убактагы кыргыз адабий тили диалекттердин түндүк тобуна (негизинен «2» топчосуна) таянган. Азыр, негизинен түндүк фонетикасын сактап калуу менен, лексика жагынан кыргыз адабий тили бардык кыргыз диалекттеринин байлыктарын кеңири пайдаланып жатат.

Өзүнүн жашашынын биринчи күндөрүнөн тартып эле кыргыз адабий тили ага чейин кыргыздарга дегеле белгисиз болгон же өтө аз даражада белгилүү болгон толуп жаткан түшүнүктөргө туш келген. Жаңы сөздөр талап кылынган. Бул керектөөнү канааттандыруу үчүн табигый жол эски сөздөрдүн маанисин кеңейтүүдө жана жаңыларын кабыл алууда турат. Кыргызстанда буржуазиялык улутчулдар биринчи мүмкүнчүлүктү кеңири пайдаланышып, экинчисин четке кагышкан. Жаңы сөздөрсүз таптакыр мүмкүн болбой калганда тилге интернационалдык жана орус терминдерине «жол бериле» баштады, бирок бул аз сабаттуу кыргызга эсептелген орфографиялык жактан жол берилген эле. Болжол менен 1934-жылга чейин ушундай болгон. Эми — бул өткөн этап, кыргыз адабий тили жандуу диалекттердин бүткүл лексикалык байлыктарын кеңири пайдалануу менен, бир эле убакта интернационалдык жана орус терминдеринин эсебинен, алардын орфографиялык турпатын бурмалабастан байып жатат. Түп тамырынан берки социалдык-экономикалык өзгөрүштөрдүн таасири астында кыргыз элинин турмушунда кыргыз тилинин лексикасы гана эмес, бир аз морфологиясы жана синтаксиси өзгөрүүдө.

Республикада жалпы тиражы 140 миңден ашуун нускадагы 83 газета, анын ичинде кыргыз тилинде 59 газета басылып чыгат. Кыргыз мамлекеттик басмасы кыргыз тилинде көп сандаган саясий, көркөм, социалдык-экономикалык, айыл чарба адабияттарын жана окуу китептерин басып чыгарууда. Лениндин жана Сталиндин бир катар чыгармалары кыргыз тилинде басмадан чыкты жана басылып жатат. Кыргыз интеллигенциясы марксизм-ленинизмдин эң сонун энциклопедиясын — «ВКП (б) нын тарыхынын кыскача курсун» эне тилинде үйрөнүп жатат. Бардыгы болуп 1941—1946-жылдардын ичинде Кыргызстанда жалпы тиражы 8 млн дон ашуун нускадагы, алардын ичинен 6 млндон ашуун кыргыз тилиндеги 2000 ге жакын наамдагы китептер, брошюралар жана баракчалар басылып чыкты.

Өткөндө жаратылыштын бөөдө кырсыктарына жана тышкы саясий өзгөрүштөргө көз каранды болгон турмуштун адет болуп калган укладынын

бузулушу кыргыз элинин аң-сезиминде олуттуу жылыштарга алып келди. Мунун өзү, атап айтканда, айыл менен кыштактын көбүнчө бир кыйла жаш бөлүгүн кучагына алган динден четтөөнүн интенсивдүү процессине таасирин тийгизди. Бул процесс диндик ырым-жырымдардын өлүп жок болушунун тышкы көрүнүшүнөн байкалат. Көп сандаган мисалдардын бирин келтирели: Түп районундагы «Курулуш» айыл чарба артелинин колхозчулары, анын ичинде карыялары куранда көрсөтүлгөн орозо тутууну бир канча жылдардан бери сактабай келатышат, ал эми алардын ичинен көбү 1939-жылы мөөнөтү өтүп кеткенден кийин гана диндик «курман айт» майрамы жөнүндө эстешкен. Азыр кары-картаңдардын баары эле намаз окуган жери жок; көнүмүш боюнча гана мурдагыдай эле тамак ичкенден кийин сакалын сылап бата тилеп коюшат; даарат алууну деле бир аз карыялар сактап калышкан.

Өткөндө Фергана өрөөнүндөгү диндик пропаганданын жана сыйынуунун эң ири борборлорунун бири — Ош шаарындагы «Тахт-и-Сулейман» тоосунун мааниси жоголуп баратат. Азыр «ыйыктын» күмбөзүнө сыйынуу үчүн чакан сандагы динчилдер гана барышат жана тоонун өзү өзүнчө бир эс алуу жайына айланган, ал жакка кыргыз, өзбек жана орус жаштары дем алыш күндөрдө топ-топ болуп барып, серүүндөө, тамак ичүү жана ырдоо менен убакыттарын өткөрүшөт.

Бир катар диний ырым-жырымдарды камтыган сөөк коюу салты гана көп жагынан ушул убакка чейин али сакталып калган, калган ырым-жырымдар же сакталбайт, же калктын бир кыйла чакан бөлүгүнүн арасында гана кала берген. Албетте, мындан диндин эски калдыктары калктын турмушунда эч кандай мааниге ээ болбойт деп тыянак чыгарууга болбойт. Алыскы тоолуу райондордун калкынын аң-сезиминде алар али орун алууда жана алардын жок болушу үчүн убакыт талап кылынат.

Улуу Октябрь социалисттик революциясы кыргыз элинин бай чыгармачылык мурасынын өтө баалууларын толук жандуу турмушка карай жаратты, ага жаңы өнүгүү берип, ага жаңы мазмун киргизди.

Кыргызстанда граждандык согуш аяктагандан кийин биздин доордун эң ири манасчысы, азыр дүйнөдөн кайтыш болгон Сагымбай Орозбаковдун айтуусунда «Манас» баатырдык эпопеясынын толук текстин жазып алууга алгачкы аракет жасалган болучу. Бул вариантта 400 миңден ашуун ыр саптары бар. Ата мекендик согуштун күндөрүндө салыштырмалуу жаш таланттуу советтик манасчы Саякбай Каралаевдин оозунан 800 миңден ашуун сап «Манасты» жазып алуу жүзөгө ашырылды. Саякбай — колхозчу, Кызыл Армияда ыктыярдуу кызмат өтөгөн, демобилизациялангандан кийин айыл- дык кеңештин төрагасы болуп иштеген, азыркы убакта ал — республиканын эл артисти, ордендин ээси. Каралаев — XIX кылымдын акырындагы эң ири манасчылардын бири Чоюкенин шакирти. Мындан тышкары башка манасчылардан «Манастын» үзүндүлөрүнүн 6 варианты жазылып алынды. «Манастын» жазылып алынгандарынын жалпы көлөмү 1200 миңден ашуун ыр саптарын түзөт.

«Манастын» азыркы убактагы эң кеңири айтуучусу, Саякбайдан тышкары ордендүү Молдобасан Мусулманкулов болуп саналат. «Манастын» үзүндүлөрүнүн басылып чыккан кеңири белгилүү сериялары менен катар орус тилине көркөм котормодо «Манастын» биринчи тому жарыкка чыкты, анда Сагымбай менен Саякбайдын варианттары боюнча поэманын көркөмдүк жактан эң баалуу цикли «Чоң казат» келтирилген.

«Манас» баатырдык эпосу Кыргызстанда өнүгүп жана түзүлүп жаткан көркөм чыгармачылыктын бардык түрлөрүн кубаттуу булак катары азыктандырып турат. Театрлардан, концерттик эстрададан, талаа шыйпаңдарынан, патифондук пластинкадан жана радиодон, колхозчунун, кызыл аскердин китепканасынан Манас жана анын баатырдык эрдиктери жөнүндө угууга жана окууга болот. Манасчылар бардык жерде эл жан дили менен тоскон коноктор болуп саналат.

Акыркы жылдарда өздүк көркөм чыгармачылык өзгөчө кеңири өнүгүүгө ээ болду. Кыргызстандын колхоздорунда жүздөгөн драмалык, хор жана музыкалык ийримдер иштеп жатат. Мында эң сонун нерсе — көптөгөн кыргыз хор ийримдери түзүлдү» ал эми кыргыздар хордо ырдоо жөнүндө түшүнүгү болбогондугу белгилүү. Эл чыгармачылыгынын бир канча бүткүл кыргыздык олимпиадасы өткөрүлдү 3-республикалык олимпиаданын 401 катышуучусунун арасында райондордон келген 258 кыргыз, анын ичинде 108 комузчу, 13 темир комузчу, 10 кыякчы, 2 чоорчу, 11 манасчы, 2 семетейчи, көптөгөн ырчылар жана акындар, бийчилер д.у.с. болгон. Сыйлык менен 7 көркөм коллектив, жумушчу аял Таштемированын башчылыгы астында Мамлекеттик кийим тигүү фабрикасынын (Фрунзе шаары) кыргыз хору жана 57 жекече аткаруучулар белгиленди.

Кыргыз элинин таланттарынын гүлдөшү элдик акындардын укмуштай өсүшүнө таасирин тийгизди. Эң мыкты кыргыз акындары Алымкул Үсөнбаев, Калык Акиев, Осмонкул Бөлөбалаевдердин ысмы Кыргызстандын чегинен алыс белгилүү. Алыскы тоо айылдарында кеңири белгилүү болгон алардын ырларында мурдагыдай кайгы-капа жок, аларда советтик мекен гүлдөгөн бак менен салыштырылат, ал эми эң шыктандыруучу саптар элдик бакытты жаратуучу жолдош Сталинге арналган. Алымкул менен Калык улуу элдик акын Токтогулдун чыгармачылык жактан түздөн-түз мурасчылары болуп саналат.

Ата мекендик согуштун каардуу күндөрүндө акындар кыргыз элинин тылда жана майданда көрсөткөн патриотизмин, элдердин достугун акындык таланттын зор күчү менен даңкташкан.

Мурда өзүнүн жазмасы болбогон, колониалдык-капиталисттик режимдин шарттарында искусствонун азыркы убактагы формаларына аралашууга мүмкүнчүлүктөн ажыраган кыргыз эли Октябрь социалисттик революциясынын жеңишинин натыйжасында гана улуттук көркөм адабиятты түзүүнүн жана мурда көчмөн калк үчүн кол жеткис болгон искусствонун тармактарын өнүктүрүүнүн жолуна түштү.

Кыргызстандын жазуучулары жана акындары советтик жазуучулар Союзуна биригип, анда 42 адам (анын ичинде 39 кыргыз) бар. Өзүнүн чыгармачылыгында алар эркиндик жана көз каранды эместик үчүн кыргыз элинин баатырдык күрөшүн, падышачылыктын доорундагы өткөн оор турмушту чагылдырышып, социализмдин өлкөсүндө турмуштун жана эмгектин кубанычын, Ата мекендик согуштун күндөлүк каардуу баатырдыгын даңкташат.

Кыргыз көркөм адабияты оозеки элдик чыгармачылыктан бардык жакшы нерселерди алуу менен өзүнүн өнүгүшүндө новелла, аңгеме, повесть, роман, поэма, драмалык чыгарма сыяктуу татаал жанрларга чейин көтөрүлдү.

Бирок ушул убакка чейин кыргыз адабиятында оозеки поэтикалык салттардын улантуучусу болуп саналган поэзия үстөмдүк абалды ээлеп турат. Зор эмоциялык күчтөгү поэтикалык, кара сөз жана драмалык чыгармаларды түзгөн кыргыз адабиятынын таанылган чебери катары Аалы Токомбаев эсептелет. Кыргыз адабиятында жаңы жанрлардын баштоочусу А. Токомбаев өзүнүн

ырларында (маселен «Мен дүйнөнү биринчи көрдүм» деген ырында) философиялык лирикага чейин көтөрүлгөн; ал 1916-жылдагы көтөрүлүштүн окуяларын кеңири социалдык полотнодо жайып көрсөтүү менен ыр түрүндө «Кандуу жылдар» романын жазган; «Жараланган жүрөк» аттуу повесттер жана аңгемелер жыйнагын басып чыгарды, Ата мекендик согуштун жылдарында «Алга» ырлар жыйнагын, «Ант» жана «Намыс» драмаларын жазып чыгарды. Ордендүү акын Кубанычбек Маликов бардык көп түрдүү адабий жанрлардын үстүндө көшөрүп иштеп жатат. Ал он бешке жакын ырлар китебин, анын ичинде согуштун убагында 4 жыйнагын басып чыгарды. Кыргызстандын блокада күндөрүндөгү Ленинградга барган делегациясына арналган анын акыркы китептеринин бири «Салгылашкан Ленинград» деп аталат. Анын «Азаматтар» деген повести кеңири таанууга ээ болду, ал ошондой эле майдан менен тылга арналган бир катар новеллаларды, аңгемелерди жана очерктерди жазган.

Республикада акындар Молдогазы Токобаевдин жана жакында дүйнөдөн кайткан Жоомарт Бөкөнбаевдин ырлары кеңири белгилүү. Акындар Темиркул Үмөталиев, Төлөн Шамшиев, Абдрасул Токтомушев олуттуу чыгармачылык ийгиликтерге жетишти. Жаш муундун өкүлү — ордендүү акын Алыкул Осмонов бир канча ырлар жыйнагын чыгарды жана эки драма жазды. Көп акындардын ырлары «Мекен» жана «Москва» (Москваны баатырдык коргоого арналган) жыйнактарына киргизилген.

Акыркы жылдарда кыргыз кара сөзү да байкалаарлык өстү. Мукай Элебаев өзүнүн өмүр жолуна байланыштуу «Узак жол» романын жазды, Касымалы Жантөшев элге кеңири белгилүү «Каныбек» романын түздү, анда революцияга чейинки кыргыз турмуш-тиричилигине байланыштуу бай материал камтылган. Колхоздун турмушунан биринчилерден болуп Түгөлбай Сыдыкбеков «Кең Суу» романын жазды. Чоң формадагы чыгармалардын үстүндө өзүнүн ишин ийгиликтүү улантуу менен Т. Сыдыкбеков «Биздин замандын кишилери» жана «Темир» (коллективдештирүү үчүн күрөш жөнүндө) деген жаңы романдарын жазды. Кара сөз чеберлеринин ичинен ошондой эле Касымалы Баялинов, Узакбай Абдукаимов жана башкалар белгилүү.

Театр менен чыгармачылык кызматташтыкта кыргыз драматургиясы да өсүп чыкты. К. Жантөшев өзүн таланттуу драматург катары көрсөтүп, анын комедиялары областтык жана колхоздук-совхоздук театрлардын сахналарында зор ийгилик менен жүрүп жатат. Драмалык чыгармалардын үстүндө ошондой эле А. Токомбаев, А. Осмонов, К. Маликов, К. Эшмамбетов, Т. Сыдыкбеков ж.б. иштеп жатат.

Кыргызстанда «Советтик Кыргызстан» деген коомдук-саясий жана адабий журнал ай сайын чыгып турат.

Кыргыз акындарынын жана жазуучуларынын эң ири жетишкендиктеринин бири орус жана дүйнөлүк адабияттын классиктерин кыргыз тилине которушу болуп саналат. Улуу Пушкиндин жараткан чыгармаларынан «Капитан кызы», «Дубровский», «Бекетчилик күзөтчү» китептери, А. Осмоновдун, К. Маликовдун жана Кыргызстандын башка акындары менен жазуучуларынын котормосунда бир катар поэмалары жана лирикалык ырларынын жыйнагы чыкты. Биринчи жолу кыргыз тилине К. Баялинов «Евгений Онегинди» которду. Л. Толстойдун, Гоголдун, Салтыков-Щедриндин, М. Горькийдин чыгармалары кыргыз окурмандарына жеткиликтүү болуп калды. Кыргыз тилинде советтик көркөм адабияттын мыкты чыгармалары А. Толстойдун «Нан», Н. Островскийдин «Болот кантип курчуду», М. Шолоховдун «Көтөрүлгөн дың» жана «Бейкут Дон»

романдары жана башкалар басылып чыгууда. Боордош элдердин улуу жазуучуларынын чыгармачылыгы кыргыздарга да белгилүү боло баштады. А. Осмонов Шота Руставелинин «Жолборс терисин жамынган баатырын» которду; Украинанын улуу акыны Тарас Шевченконун туулган күнүнүн 125 жылдык юбилейи анын чыгармаларынын кыргыз тилинде басылып чыгышы менен белгиленди. Эң акырында, Шекспирдин «Гамлет», «Отелло» жана «Он экинчи түн» сыяктуу дүйнөлүк классикалык адабияттын чыгармалары, «Миң бир түн» К. Эшмамбетов жана А. Осмонов тарабынан кыргыз тилине которулган.

Эл чыгармачылыгынын бай мурасы менен өзүнүн тамырлары аркылуу тыгыз байланышкан, дүйнөлүк жана орус адабияты менен айкалышуудан байыган кыргыз көркөм адабияты азыр республиканын маданиятында ири орунду ээлеп турат.

Ивановка районундагы «Кеңеш» артелинин колхозчусу Табыш Байбосуновдун 100 гө жакын китептен турган китепканасында Лениндин 4 тому жана Сталиндин «Ленинизмдин маселелери» менен катар текчеде Гоголдун «Текшерүүчүсү», М. Горькийдин «Энеси», кыргыз акындары жана жазуучулары Ж. Бөкөнбаевдин, Т. Шамшиевдин, М. Элебаевдин жана башкалардын чыгармалары турат. Бул — жаңы, советтик маданияттын колхоздук кыштакка терең сиңгендигинин эң мыкты далили.

Кыргыз искусствосу өзүнүн жаштыгына карабастан республиканын маданий турмушунун олуттуу факторуна өсүп жетүүгө үлгүрдү. Анда драма, опера, балет сыяктуу азыркы убактагы искусствонун кыргыздар үчүн жаңы түрлөрү да өнүктү. Ал орус жана европалык музыкалык жана театр маданиятынын эң мыкты жетишкендиктерин өзүнө камтыды.

Кыргыз элинин көркөм мурасынан бардык жакшы нерсенин, улуттук искусствонун жаңы формаларынын жана жанрларынын өнүгүшүнүн, революциянын айлампасына түшкөн жаш кадрлардын чеберчилигинин синтези республиканын алдыңкы театр коллективдеринин — Кыргыз Мамлекеттик Ленин ордендүү опера жана балет театрынын, Кыргыз Мамлекеттик драма театрынын чыгармачылык ийгиликтери болуп саналат.

1926-жылдан бери жашап жаткан студиянын базасында түзүлгөн Мамлекеттик драма театры кыргыз артисттеринин алгачкы кадрларын даярдады. Ал музыкалык театрга кайра уюштурулгандан кийин искусство иштери боюнча Бүткүл Союздук комитет жардамга жиберген орус искусствосунун ишмерлери келгенден кийин улуттук музыкалык-артисттик кадрларды жана алгачкы музыкалык спектаклдерди түзүү боюнча иш башталды. Бул иштин натыйжасы дароо көрүнө баштады. 1939-жылы май-июнь айларында Москвада болгон кыргыз искусствосунун декадасында бүткүл советтик коомчулуктун алдында, партия менен өкмөттүн жетекчилеринин алдында кыргыз элинин айкын көркөм жетишкендиктери көрсөтүлдү.

Декаданын убагында Кыргызстандын театрдык искусствосунун алгачкы үлгүлөрү: коллективдештирүүнү үзгүлтүккө учуратуу максатында 1931-1932-жылдарда Кыргызстандын түштүгүндө буржуазиялык улутчулдар жетекчилик кылган басмачылардын калдыктарына каршы эмгекчилердин күрөшүн сүрөттөгөн «Алтын-Кыз» музыкалык драмасы, 1916-жылдагы окуялардын көрүнүшү кеңири көрсөтүлгөн «Ажал ордуна» музыкалык драмасы жана эң акырында «Семетей» эпосунун мотивдери боюнча жазылган алгачкы кыргыз улуттук операсы «Айчүрөк» көрсөтүлдү-

Либреттонун (авторлору Ж. Турусбеков, Ж. Бөкөнбаев жана К. Маликов) негизин эпостун эпизоддорунун бири: уурдалып кеткен Ак шумкарын жана өзүнүн колуктусу, Ахун-хандын кызы Айчүрөктү издеп барган жана Ахун-хандын өлкөсүн канкорлор Толтой менен Чынкожодон бошоткон Манастын уулу Семетей баатырдын жүрүшүнүн тарыхы түзгөн. Операнын В. Власов менен В. Фере жазган музыкасы кыргыз эл обондоруна негизделген, алардын арасында А. Малдыбаевдин оригиналдуу обондору да кеңири пайдаланылган. Операнын эпостук полотносу бай турмуш-тиричиликтик көрүнүштөргө жык толгон. Анда жаа атышуунун көрүнүштөрү, салгылашуулар, Семетейдин аңчылыкка чыгышы, үйлөнүү шаан-шөкөттөрү ж.б. бар. Операда хорлор жана бийлер кеңири берилген.

Кыргыз искусствосунун декадасынын корутунду концерти профессионалдык артисттердин жана өздүк көркөм чыгармачылыктын өкүлдөрүнүн көп жактуу жөндөмдүүлүктөрүн көрсөттү. Кыргыз театр искусствосун өнүктүрүүдөгү эң көрүнүктүү эмгектери үчүн декаданын 46 катышуучусу, Кыргыз музыкалык театрынын жана Кыргыз Мамлекеттик филармониясынын кызматкерлери өкмөт тарабынан ССР Союзунун ордендери жана 25 медалы менен сыйланды. Алардын арасында Ленин ордендери менен Анвар Куттубаева жана Абдылас Малдыбаев Эмгек Кызыл Туу ордендери менен кыргыз искусствосун өнүктүрүү ишинде зор жардам көрсөткөн искусствонун бир катар орус ишмерлери да сыйланышты. Композитор жана артист Абдылас Малдыбаевге ССР Союзунун эл артисти деген наам ыйгарылды.

Кыргыз искусствосунун декадасы театр искусствосунун андан ары өнүгүшү үчүн кубаттуу түрткү болду. Азыр кыргыз опера жана балет театрынын репертуарында Чайковскийдин классикалык операсы «Евгений Онегин» бар. Республиканын маданий турмушунда зор окуя болгон анын кыргыз тилинде коюлушу жана зор ийгиликке ээ болушу өзүнүн убагы боюнча Чайковскийдин Клиндеги музейин фашисттик наадандардын жырткычтык менен талкалашына туш келди.

Театрдын турмушундагы кийинки маанилүү учур орус тилинде Пуччининин «Чио Чио-сан» операсынын биринчи коюлушу болду, анын үстүнө бир катар алдыңкы партияларды кыргыз артисттери аткарышты, атап айтканда, татыктуу ийгилик Баттерфляйдын өтө кыйын партиясын аткарган республиканын эл артисткасы Сайра Кийизбаеванын үлүшүнө туш келди. Бул спектаклдин түзүлүшү кыргыз актерлорунун жана ырчыларынын өсүшүнө көмөк көрсөттү. Театрда ошондой эле казактын «Кыз Жибек» музыкалык драмасы, байыркы кыргыз уламыштарынын мотивинде курулган композитор М. Раухвергердин «Көкүл» оригиналдуу кыргыз опера-жомогу (О. Сарбагышевдин либреттосу боюнча) жана Ата Мекендик согуштун темасындагы биринчи кыргыз операсы «Патриоттор» (либреттосу К. Маликовдуку, музыкасы В. Власов, А. Малдыбаев жана В. Ференики) жүрүп жатат.

Азыркы убакта чоң чыгармачылык коллектив жаңы ири спектаклди — кеңири белгилүү кыргыз эпосунун мотивдери боюнча «Манас» операсын көрсөтүп жатат.

Балеттик оюндардан «Анар» жана «Селкинчек» (музыкасы В. Власов менен В. Ференики) улуттук балеттерин жана классикалык — «Күнүлөштөр» жана «Сыйкырдуу чоор» балеттерин белгилей кетүү зарыл. Бул жанр жагынан театрдын ийгиликтүү жаңы оюну М. Раухвергердин «Чолпон» балети болуп саналат. Мурда хореографиялык маданият жок болгондуктан балеттик спектаклдерди түзүү коштолгон бардык кыйынчылыктарга карабастан, дегени

менен, кыргыз балети байкалаарлык өсүштүн жана өркүндөөнүн процессин башынан өткөрүп жатат.

Мамлекеттик драма театрынын коллективи негизинен Москвадагы Луначарский атындагы Мамлекеттик театр искусствосу институтунда атайын билим алган жаштардан турат. Анын репертуарында мурда айтылып кеткен А. Токомбаевдин «Ант» пьесасы, казак драматургу Хусеиновдун «Алдаркөсо» комедиясы, А. Осмоновдун «Махабат» пьесасы, К. Жантөшевдин бирдей эле аттагы эпостун мотивдери боюнча жазылган «Курманбек баатыр» баатырдык поэмасы, театрдын зор чыгармачылык ийгилиги болгон Шекспирдин «Он экинчи түн» спектакли, Гоголдун «Текшерүүчүсү» бар.

Жогоруда көрсөтүлгөн театрлардан тышкары Кыргызстанда Пржевальск, Нарын, Ош шаарларында областтык драма театрлары, Өзгөндө, Токтогулда жана башка борборлордо колхоздук-совхоздук театрлар иштеп жатат. Бул театрлар дайыма кыштактарга, колхоздорго барып, ал жерде алар көптөн күткөн меймандар болуп саналат.

Актердук чеберчиликке жана музыкалык маданиятка ээ болууда эң сонун ийгиликтерге республиканын эл артисттери Сайра Кийизбаева, Анвар Куттубаева, Касымалы Эшимбеков жана Ашыралы Боталиев, республиканын эмгек сиңирген артисттери Бүбүсара Бейшеналиева, Жапар Садыков, Муратбек Рыскулов жана бир катар башкалар жетишти.

Музыкалык театр искусствосун өнүктүрүүдө эң ири ролду көрүнүктүү артист жана таланттуу композитор, СССРдин эл артисти Абдылас Малдыбаев ойноп жатат. Композиторлор В. Власов жана В. Фере менен чыгармачылык кызматташтыкта ал бир катар улуттук опера үчүн музыканы жазды, ондогон кеңири белгилүү азыркы ырларды, анын ичинде хор үчүн «Кызыл Туу», «Биз ленинчилер», «Кызыл атчандар» ж.б. чыгармаларды жазды.

Кыргыз театрларынан тышкары республикада өзбек жана орус театрлары бар. Алардын репертуары кыргыз драматургдарынын пьесаларын да өзүнө камтыйт. Маселен, Крупская атындагы орус драма театры Т. Сыдыкбеков менен К. Рахматуллиндин «Манас менен Алмамбет» деген пьесасын койгон. Кыргызстандын бардык театрларында миңден ашуун чыгармачыл кызматкерлер бириккен. Көп кыргыз жаштары Москванын жана Ленинграддын театралдык, музыкалык жана хореографиялык окуу жайларында, акыркы жылдарда Фрунзе шаарында түзүлгөн Музыкалык окуу жайында жана Москвадагы Чайковский атындагы Мамлекеттик Консерваториянын кыргыз бөлүмүндө окуп жатышат.

Улуу Октябрь социалисттик революциясынан кийин оокаттуу жана маданий турмуштун өсүшүндө, партия менен өкмөт тарабынан камкордук жана көңүл буруууда өзүнүн өнүгүшүнө түрткү алган эски сүрөт искусствосу жаңыча пайдаланыла жана баамдала баштады. Экинчи жактан, кыргыздарга мурда белгилүү болбогон жаңы, сүрөт искусствосунун формасы — живопись жаралды жана өз алдынча өзүнүн жүзүн ала баштады.

Бай жана ачык кыргыз оймо-чиймеси жаңы монументалдык имараттардын кооздуктары жана сүрөттөрү түрүндө колдонулуп (маселен, Эл Комиссарлар Кеңешининин заседаниелер залы), ал ошол эле баркыт жана кийиз килемдерде стахановчулардын жаңы турак-жайларынын дубалдарын кооздоп турат, аны менен физкультурниктердин костюмдары жасалгаланган. Оймо-чиймелер декоративдик жасалгалоодо да, улуттук музыкалык жана драмалык спектаклдердин костюмдарында да кеңири жана көп кырдуу пайдаланылууда.

Азыр элдик сүрөт искусствосунун өнүгүшү бекем базага ээ болду. Эски уздардын арасында көрүнүктүү орунду эң сонун саймачы-колхозчулар Суура Асырбекова менен Машон Алымбекова өздөрүнүн искусствосу үчүн ССР Союзунун медалдары менен сыйланган, алар Бүткүл Союздук айыл чарба көргөзмөсү үчүн биринчиси И. В. Сталиндин, ал эми экинчиси В. И. Лениндин портреттерин түстүү жибек менен саймалап тартышкан. Оймо-чиймелер салт болуп калган саймага айкалыш киргизилген жаңы мотивдер менен: беш бурчтуу жылдыз, орок жана балка, башка советтик эмблемалар менен байый баштады; уздар жаңы композициялардын жана оймо-чийменин түстөрүнүн үстүндө эмгектенүүдө.

Фрунзе шаарында түзүлгөн Мамлекеттик сүрөт искусствосунун музейи жана сүрөт искусствосунун окуу жайы кыргыз живописин калыптандырууда жана өнүктүрүүдө зор роль ойноду. Москвада сүрөтчүлүк билимин алган алгачкы улуттук сүрөтчүлөр Гапар Айтиев менен Сабырбек Акылбеков кооз кыргыз пейзажын сүрөттөөдө, Кыргызстандын жаңы адамдарынын портреттеринин үстүндө иштөөдө олуттуу ийгиликтерге жетишти. Г. Айтиевдин театрда «Алтын-Кыз» музыкалык пьесасын жасалгалоодогу ишинин алгачкы тажрыйбасы өтө ийгиликтүү болуп чыкты. Кыргызстанда сүрөт искусствосун өнүктүрүүдө орус сүрөтчүлөрү, өзгөчө Кыргызстанда туулган, Кыргыз ССРинин эл сүрөтчүсү С. Чуйков зор роль ойноп жатат, ал өзүнүн эмгектеринде Кыргызстандын өткөн жана азыркы убагы жөнүндө көп жактуу түшүнүктөрдү берет.

Курулуп жаткан жана курууга белгиленип жаткан жаңы имараттардын архитектурасында Кыргызстандын архитекторлору кыргыз элдик архитектуранын мотивдерин жана кыргыз оймо-чиймесинин кайра иштетилген элементтерин колдонуп жатышат.

Кыргыз элдик музыканын өнүгүшүнө жана өркүндөтүлүшүнө Токтогул Сатылганов атындагы Кыргыз Мамлекеттик Эмгек Кызыл Туу ордендүү филармониясынын түзүлүшү негиз түздү. Кыргыз музыкант аткаруучулары коллективдүү аткарууну жана нота боюнча аткарууну мурда дегеле билишкен эмес. Кыргызстанда биринчи болуп филармониянын тутумунда Кыргыз ССРинин искусствосуна эмгек сиңирген ишмер П. Ф. Шубиндин жетекчилиги астында эл аспаптарынын Мамлекеттик оркестри түзүлгөн болучу, ал өркүндөтүлгөн жана модернизацияланган улуттук аспаптардан — комуздан жана кыяктан түзүлгөн, ал европалык оркестрлердин (пиколо, прима, альт д.у.с.) үлгүсү боюнча жана аларга бириктирилген европалык флейтадан, гобойдон, фаготтон жана урма аспаптардан турган. Оркестранттар ноталык сабаттуулукка ээ болушкан. Мына ушунун баары оркестрге кыргыз эл чыгармачылыгынын үлгүлөрүн гана эмес, орус жана батыш европалык композиторлордун чыгармаларын аткарууга мүмкүндүк берет. Азыркы убакта оркестрдин тутумунда Кыргызстандын эң ири солист-музыканттары, акындары жана ырчылары, кыргыз эл музыкасынын эң мыкты билермандары: республиканын эл артисттери, ордендер менен сыйланган Алымкул Үсөнбаев, Саякбай Каралаев, Мураталы Күрөңкеев (эң карыя композитор, комузчу жана кыякчы), Кара- молдо Орозов, Молдобасан Мусулманкулов, Атай Огонбаев, Муса Баетов, эмгек сиңирген артист Ыбырай Туманов жана башкалар бар. Оркестр биринчи кыргыз дирижерлорун — искусствого эмгек сиңирген ишмер Шейше Орозовду жана Акмат Аманбаевди өстүрүп чыгарды. Эл аспаптар оркестринен тышкары кыргыз филармониясынын тутумунда комузчулардын — чебер комузчу Атай Огонбаевдин окуучуларынын ансамбли жана республиканын эмгек сиңирген артисти Адамгалый Байбатыровдун жетекчилиги астында темир комузчулардын оригиналдуу аялдар

ансамбли түзүлгөн. Ушул эле жерде кыргыз эл ырларын гана эмес, советтик композиторлордун чыгармаларын аткаруучу мамлекеттик улуттук хор (жетекчилери: искусствого эмгек сиңирген ишмер Я. А. Чмелев жана Султан Юсупов), эң акырында Р. Кудайбергенованын элдик бий ансамбли бар. Мурда өзүнүн элдик бийи болбогон кыргыз эли аны азыр ийгиликтүү түзүп жатат. Бийлерди коюучулар Н. Холфин, С. Будо жана В. Козлов тарабынан бул багытта зор иш жүргүзүлдү. Элдик оюндарды, эмгек процесстерин, оймо-чиймени пайдалануунун негизинде түзүлгөн жаңы кыргыз бийлери: «кийиз тебүү», «жаш кербез», «кыздар кыялы», «чабандардын бийи» жана башкалар бар.

## *КЫРГЫЗСТАН ЖАНА АНЫН МАДАНИЯТЫ УЛУУ АТА МЕКЕНДИК СОГУШТУН ЖЫЛДАРЫНДА*

Кыргыз элинин улуу жетишкендиктеринин мүмкүн болушунун себеби Октябрь революциясынын биринчи күндөрүнөн тартып эле кыргыз элине анын улуу бир тууганы — баатыр орус элинин күндөлүк жардам жана колдоо көрсөткөндүгү жана көрсөтүүсүн улантып жаткандыгы болуп саналат. Мындай жетишкендиктердин мүмкүн болгондугунун себеби кыргыз улутунун жана анын мамлекеттүүлүгүнүн башатында большевиктер партиясы турган.

Совет бийлиги орногон жылдардын ичинде Кыргыз ССРи ондогон эң жаңы өнөр жай ишканалары менен байыды. Социалисттик айыл чарбаны өнүктүрүүдө колхоздор менен совхоздор эң сонун ийгиликтерге жетишти, жылдан жылга айылдарда жана кыштактарда материалдык жыргалчылыктын деңгээли жогорулады, оокаттуу турмуш массалык көрүнүш болуп калды, кыргыз элинин маданияты гүлдөдү.

Кыргызстандын элдеринин, ошондой эле бардык советтик элдердин түзүүчүлүк бейкут эмгеги 1941-жылдын 22-июнунда гитлердик ордолордун жүзүкаралык менен кол салышынан бузулду. Партиянын чакырыгы боюнча Кыргыз Республикасынын бардык эмгекчилери бирдиктүү кужүрмөн лагерге баш кошту. Кыргыз эли өлкөбүздүн башка элдери менен коюн-колтук алышып, өзүнүн советтик мекенинин эркиндигин, ар-намысын жана көз каранды эместигин коргоого көтөрүлдү.

Согуштун биринчи күндөрүнөн тартып эле Кыргызстандын аймагында аскердик бөлүктөр түзүлө баштап, ага кыргыздардын жана республикада жашап жаткан башка элдердин мыкты уулдары келип кошулду. Кыргызстандын жана Казакстандын аймагында, атап айтканда, 1941-жылы ноябрда 8-гвардиялык дивизияга кайра түзүлгөн жана Ленин, Кызыл Туу ордендери менен сыйланган аткычтар дивизиясы түзүлдү. Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты, республиканын мурунку аскер комиссары, Советтер Союзунун Баатыры генерал-майор И. В. Панфилов тарбиялаган жана жетекчилик кылган бул баатыр дивизия Москванын жанында, Ленинграддын алдында, Балтика боюнда немецтик баскынчыларга каршы баатырдык салгылашууларда өзүн өлбөс-өчпөс даңкка бөлөдү. Кужүрмөн постто каза болгон генерал-майор Панфиловдун ысмы мекенге берилгендиктин, баатырдыктын жана эрдиктин символу болуп калды. Кыргызстанда түзүлгөн бул жана башка дивизиялардын катарларында Ата Мекендик согуштун миңдеген баатырлары өсүп чыкты. Кыргызстан Кызыл Армия үчүн толуктоолорду даярдоону уланта берди. Окуу пункттарында, аскерге үйрөтүүнүн жалпы бөлүмдөрүндө, Осоавиахимдин уюмдарында, физкультуралык коомдордо атчан аскерлердин, тоо аткычтарынын, шоферлордун, радисттердин, лыжачылардын, граната ыргытуучулардын, медициналык сестралардын жаңы

кадрлары талыкпастан даярдалып жатты. Бала чагынан эле атка минүүгө машыккан кыргыздар Кызыл Армияга кайраттуу атчандардын көп сандаган кадрларын берди. Улан кезинен эле аңчылыкка чыккан, жаратылышты жакшы билген жана мыкты жашырына алган көп кыргыздар эң сонун снайперлер жана чалгынчылар болуп калышты.

Кыргызстан Кызыл Армия үчүн күжүрмөн резервдердин устаканасы болуп калды. Анда бир канча жөө аскердик жана атчандар бөлүктөрү түзүлдү. Алар мыкты үйрөтүлгөн, тамак-аш, жабдуулар, аттар, жем-чөп менен камсыз кылынган эле.

Революцияга чейинки Орусияда кыргыздар падышачылык куралды ишенип бербеген элдердин катарына кирген; улуттук саясатты жүзөгө ашыруунун натыйжасында кыргыздар колдоруна курал алып өз мекенин коргоонун ардактуу укугуна ээ болушту. Кыргыз эли дайыма өзүнүн уулдарын эрдикке жана мекенине берилгендикке тарбиялаган. Жаңыдан эле туулган уулуна энеси «арстандай тайманбас, кылычтай курч» болушун каалаган. Кыргыз элинде «Коенду камыш өлтүрөт, эрди намыс өлтүрөт» деген макал бар. Өз элин коргоочуга коюлган жогорку талаптар так чагылдырылган кыргыздын башка акылман макалдары да бар: «Өлүү арстандан — тирүү чычкан артык», «Ат алыска чапканда кызыйт, баатыр душманды көргөндө алга жулунат». Ар бир адамдын өмүрү жана өлүмү элге, мекенге таандык болууга тийиш. Бул асыл ой «Бала энеден туулат, эл үчүн өлөт» деген макалда берилген. Дагы бир макалда «Эл — мазар, элден чыккан — азар» деп айтылган.

Энесинин сүтү менен кошо мекенинин көз каранды эместигинин жана аны сүйүүнүн духуна жык толгон, чет өлкөлүк баскынчыларга каршы баатырдык менен күрөшкөн өздөрүнүн ата-бабаларынын баатырдык салттарын улантышып, кыргыз жоокерлери алгачкы күндөн тартып эле Ата мекендик согуштун майдандарында өз элинин тарыхына жана биздин мезгилдин эң зор салгылаштарынын санжырасына бир кыйла даңктуу барактарды жазышты.

Ата мекендик согуштун баатырларынын арасында кыргыз элинин ишенимдүү уулдарынын ысымдары өлбөс-өчпөс даңкка бөлөндү, булар: Дүйшөнкул Шопоков, Чолпонбай Түлөбердиев, Дайыр Асанов, Ташмамат Жумабаев, Анварбек Чортеков, Роза Азимов.

Волоколамск шоссесиндеги Дубосеково кыштагынын жанында биздин коргонуу сызыгыбызды бузуп өтүүгө аракет кылган 54 фашисттик танкка каршы мурда болуп көрбөгөндөй салгылашууга туруштук берген легендардуу 28 панфиловчулардын ичинде кыргызстандыктар: Дүйшөнкул Шопоков, Н. Я. Ананьев, Г. Е. Конкин, Г. М. Шемякин, И. В. Москаленко жана И. Добробабин болгон. Фрунзе областындагы Каганович районунун «Кызыл Аскер» айыл чарба артелинин мүчөсү Дүйшөнкул Шопоков майданга бара жатып, колхоздун чогулушунда мындай деп ант берген: «Жинденген фашисттерди аеосуз талкалаймын. Жеңиш же өлүм — бул менин сиздерге убадам!». ВКП (б)нын мүчөлүгүнө кандидат, өз мекенинин жалындуу патриоту Дүйшөнкул Шопоков өзүнүн антына бек турду. Ал согушта курман болду, бирок өзүнүн башка жолдоштору менен бирге фашисттик танктарды Москвага өткөрүшкөн жок. Ал өлгөндөн кийин Советтер Союзунун Баатыры деген наам берилди. Дүйшөнкул жана анын тайманбас жолдоштору акын Кубанычбек Маликовдун сөздөрү менен өздөрү жөнүндө сыймыктанып айта алышаар эле:

«Маскөөгө кыйын күн тууду,
Маскөөлүкпүз баарыбыз,

Ажалдан коркпой, баатырлар
Бой тирешер чагыбыз!»

Дондун чатындагы салгылашуулардын убагында комсомолец, Фрунзе областынын Киров районундагы Тельман атындагы колхоздун мүчөсү Чолпонбай Түлөбердиев өз элинин даңкын чыгарды. Донду кечип өтүүдөгү айыгышкан салгылашууда душмандардын дзоту өзүнүн чачкан огу менен бөлүктүн алга жылышына бөгөт болгондо Чолпонбай дзотко жулунуп барып өзүнүн төшү менен анын амбразурасын жаап салган. Өз өмүрүн берген, бирок мекен алдында парзын ар-намыстуулук менен аткарган Чолпонбай Түлөбердиевге өлгөндөн кийин өкмөт Сөветтер Союзунун Баатыры деген наамды ыйгарды. Анын ысмы Н-полкунун биринчи ротасынын жеке тутумунун тизмесине түбөлүккө жазылган. Кыргызстандын Эл Комиссарлар Кеңеши баатырдын мекенинде мемориалдык тактаны тургузду. Курулушуна Кыргызстандын эмгекчилери каражат чогулткан анын ысмындагы таңк колоннасы патриоттун даңктуу иштерин түбөлүккө калтырды.

Түштүк-батыш майданындагы салгылашуулардын биринде Тянь-Шань областынын Ат-Башы районундагы «Кызыл Октябрь» артелинин мурунку колхозчусу Дайыр Асанов айырмаланды. 1943-жыддын башында 20 жаштагы Дайыр артиллериялык дивизиондун таңкка каршы замбирегинин наводчигине катталган. Төрт саатка созулган салгылашууда ал 8 танкты, 6 бронемашинаны жана 40 тан ашуун немецтик автоматчыларды жок кылган. СССР Жогорку Кеңешинин Президиумунун Указы менен 1943-жылдын октябрында көрсөткөн эрдиги үчүн Дайыр Асановго Советтер Союзунун Баатыры деген наам берилди.

Танкка каршы замбиректин он тогуз жашар командири сержант Ташмамат Жумабаев өзүнүн замбиреги менен бирге Речицадан түштүгүрөөк жерде Днепрди биринчилерден болуп кечип өткөн. Аркы өйүзгө жеткенден кийин ал душманга каршы ок атып, бул согушта немецтердин эки танкын, танкка каршы 3 замбирегин, 8 станоктук пулемётту жана 2 миномётту жок кылган. Ош районундагы «Фабрика» артелинин мурунку колхозчусу Ташмамат Жумабаев Советтер Союзунун Баатыры деген жогорку наамга татыктуу болду.

Ушундай эле Советтер Союзунун Баатыры деген ардактуу наамды согушка чейин эң сонун стахановчу-жашылча өстүрүүчү катары даңкы чыккан тяньшандык Анварбек Чортеков да алган. Согушта окко учкан командирдин ордун ээлеп, сержант Чортеков жеке өзү айыгышкан согушта 30 дан ашуун немецти жок кылып, маанилүү чекти жоокерлери менен бирге душмандан коргоп калган.

Ош шаарынын жаш тургуну Роза Азимов да Советтер Союзунун Баатыры болуп калды. Кыргызстан Мекенге Советтер Союзунун 54 Баатырын берди. Алардын арасында эң көрүнүктүү советтик учкуч, Советтер Союзунун эки жолку Баатыры, гвардиянын капитаны Талгат Бегельдинов бар, ал тогуз орден жана медаль менен сыйланган.

Кыргызстандын эң мыкты уулдары акын Алымкул Үсөнбаевдин сөздөрүндө айтылган кыргыз элинин төмөндөгүдөй антын ыйык аткарышты:

Антым бергем балкып жаткан эл үчүн,
Күн чачырап, гүлдөп жаткан жер үчүн,
Энчи бөлүп, элим агып толкуган,
Түгөнбөгөн өнөр билим кен үчүн.
Айдан жарык ачык менин жүрөгүм,
Ат ойнотуп кызыл чекте жүрөмүн.

Балапан элем мен да боорум көтөрүп,
Тууган элим уясында түлөдүм.
Колдо мылтык, болот кылыч белимде,
Күндө тоодой толкуп кирет көңүлгө,
Кулан куйрук тулпарымды туйлатып,
Өз колумдан кубат берем өмүргө.
Бул жүрөгүм октой болуп атылат,
Бул окторум жоого каршы чачылат.
Калкым үчүн каным акса кайгырбайм,
Майдандарда бизди кимдер качырат.

Сталинграддын алдында, Дондун талааларында, Днепрде, Ленинград майданында жана немецтик баскынчылар менен күрөштүн башка көптөгөн участкаларында куралдын бардык түрлөрүнүн миңдеген кыргыз жоокерлери душманга каршы эрдик менен салгылашты. Кыргыз элинин эсинде Кыргызстан ЛКСМ Жалал-Абад обкомунун мурунку секретары Кубат Жуматаев сыяктуу баатырлардын ысмы түбөлүккө калат, ал салгылашуу кызуу жүрүп жатканда белине гранаталарды байлап, биздин коргонууну бузуп өтүүгө аракет кылган бир топ танктын алдыда келаткан машинесинин астына боюн таштап, өзүнүн өмүрүн берүү менен алардын жолун тоскон.

Кыргыз снайперлери өздөрүн ардактуу даңкка бөлөдү. Пржевальск шаардык коммуналдык чарбасынын мурунку жумушчусу, кайра тартпас чалгынчы жигит жана снайпер Ашырбай Коенкозов ондогон жолу душмандын тылына барып, штабга 15 «тилди» жеткирген жана 200 гө жакын немецти кырган.

Снайперлерден таңкка каршы замбиректердин жана мылтыктардын жоокерлери артта калган эмес. Гвардиянын кызыл аскери наводчик Керим Кирбабаев согуштун биринде ачык позициядан туруп, түздөн-түз атуу менен 6 таңкты жана бир бронемашинаны катардан чыгарган. Эки жолу жарадар болсо да ал согуш талаасын таштап кетпестен ата-бабаларынын «Салгылашуу жүрүп жатканда душмандын санын көрүүгө көз көрбөй, жаанын үнүн укпаска кулак укпагыдай болуп, аны талкалоо үчүн күчтүү кол болсун» деген осуятын аткарган. Замбиректин наводчиги гвардиянын кенже сержанты Тыныбай Бейшембаев эки салгылашууда немецтердин 11 танкын жок кылган.

Пулемётчулар да өздөрүнүн куралынын даңкын чыгарышкан. Пулемётчулардын командири Кейкен Идирисов өзүнүн пулемёту менен 116 немецти кырып жок кылган. Экинчи номер, комсомолец Солто Мамбетов жарадар болгон наводчикти алмаштырып, баатырдык менен салгылашкан жана жарадар болгондон кийин да согуш талаасын таштап кетпей, кийинчерээк санитардык бөлүктөн кайра кайтып келип, катарга турган. Автоматчылар, броне-бошциктер, миномётчулар, санитарлар да ушундай эле баатырдык иштерди жасаган. Жоокер кыргыздардын көпчүлүгү жогорку жеке баатырдыгы, парзды сезе билиши жана өз ара жардамдашуу жагынан айырмаланган. Фрунзе шаарында мурда ветеринардык фельдшер болуп иштеген комсомолец Айдарбек Урманбетов кыйын кезеңде өзүнүн командирин сактап калып, немис офицерин өлтүрүп, душмандын 3 солдатын туткунга алган.

Кыргыз жоокерлеринин өзгөчө баатырдык сапаттары өкмөт тарабынан татыктуу баалоого арзып, ал бир канча миңин Советтер Союзунун ордендери жана медалдары менен сыйлаган.

Ысык-Көл областынын Түп районунун мурунку тургуну чалгынчы Абдыкерим Адыбаев Кызыл Жылдыз ордени менен татыктуу сыйланган. Чалгындан кайтып

келатып ал 11 немецтин курчоосунда калып, онун кыйратып жок кылып, ал эми он биринчисин туткунга алган. «Кызыл Аскер» колхозунун комсомолдук уюмунун мурунку секретары Мукаш Кыргызбаев жана анын аялы Зейнеп экөө тең снайперлер болуп калышкан, кийинчерээк ал — таңкка каршы куралдын командири, анын аялы — патрон ташуучу 3 танкты атып талкалашкан. Азыр экөө тең Ата мекендик согуш ордендеринин ээлери. Жалал- Абад областындагы Үч-Терек орто мектебинин мурунку директору, чалгындоо дивизионунун комадири, ага лейтенант Асамбек Огонбаевдин көкүрөгүн Ленин ордени, Кызыл Туу ордени жана «Сталинградды коргогондук үчүн» медалы кооздоп турат. Ал Сталинград салгылашуусунда, Таганрог үчүн согушта айырмаланган. 1943-жылдын февралындагы чечкиндүү операциялардын биринин убагында башында Асамбек турган 17 атчан немецтердин кыштагында колго түшүрүлгөн 7 «тилди» өздөрү менен кошо ала келген. Эки жыл ичиндеги согуштун убагында ал төрт жолу жарадар болгон.

Старая Русса үчүн согуштарда операцияларга мыкты жетекчилик кылууну кадрдык офицер-капитан Юсуп Осмонбеков көрсөттү, ал өлкөдө биринчилерден болуп Александр Невский ордени менен сыйланган.

Жоокер кыргыздардын ичинен ушундай эле бир кыйла баатыр офицерлер өсүп чыккан.

Согуш жылдарынын ичинде Кыргызстандык 40 миңге жакын жоокер жана офицер ордендер жана медалдар менен сыйланды. 54 адам Советтер Союзунун Баатыры деген жогорку наамга татыктуу болду.

Ата мекендик согуштун майдандарында Кыргызстандын уулдарынын баатырдык эрдиктери алардын мекенинде, тылдагы кайраттуу эмгек менен бекемделди. Жумушчулардын, колхозчулардын жана интеллигенциянын күч аракеттери менен Кыргыз Республикасы согуш жылдарынын ичинде майданды куралдардын ар кандай түрлөрү, ок-дарылар жана азык-түлүк менен үзгүлтүксүз жабдып турган маанилүү арсеналдардын бирине айланды. Бул мүмкүн болсун үчүн республиканын экономикасын согуштук нукка кайра куруу талап кылынды. Бул кайра куруу биринчи кезекте өнөр жайына тийиштүү болду, ал согуштук жабдууларды жана ок-дарыларды чыгаруу үчүн ыңтайлаштырылды, анын үстүнө бир катар ишканалар кеңейтилип, көпчүлүгү жергиликтүү сырьего которулду. Кыргызстанда СССРдин батыш райондорунан көчүрүлүп келинген коргонуу ишканаларын жайгаштыруу, калыбына келтирүү жана ишке киргизүү жагынан зор иш жасалды.

Республиканын жаратылыш байлыктары, анын ичинде ата мекендик коргонуу өнөр жайы үчүн Кыргызстан бирден-бир булагы болуп саналган стратегиялык сырьенун айрым түрлөрү бир катар жаңы өнөр жай ишканаларын түзүүгө ыңтайлуу шарт түздү.

Ата Мекендик согуштун жылдары ичинде Кыргызстанда 30 дан ашуун жаңы ири фабрикалар жана заводдор, анын ичинде металлургиялык комбинат, бир катар кендер жана кен ылгоо фабрикалары, кубаттуу Новотроицк жана Токмок кант заводдору пайдаланууга киргизилди. Токмок шаарында жашылча-консерва комбинатынын биринчи кезеги, чоюн куюу заводу, «Красный металлист» заводу жана бир катар башкалар катарга киргизилди.

Кыргызстандын өнөр жайы айыл чарба машиналарын жасоо, спирт чыгаруу, сымап казып алуу ж.б. сыяктуу өнөр жайдын жаңы түрлөрү менен байыды.

Республиканын эң бай кендерин иштеп чыгуу, өзгөчө түстүү жана сейрек кездешүүчү металлдарды иштеп чыгуу алга жылды, булар өзүнүн запастары

боюнча союздук маанидеги эң ири кендерге жакын; кокс көмүрүнүн зор кендерин иштетүү «ортоазиялык кочегарка» катары Кыргызстандын маанисин ого бетер көтөрдү. Пайдалуу кендердин бир катар жаңы жерлери табылды. Энергетика базасынын курулушу кеңири жайылтылды. 1942-жылы Кыргызстандын эмгекчилери эң маанилүү чарбалык-саясий иш чаралардын бирин — Чоң Чүй каналынын курулушун жүзөгө ашырууга киришти. Канал эң баалуу техникалык өсүмдүктөр эгилген талааларды сугаруу үчүн суу гана бербестен, анда курулган Ворошилов жана Аламүдүн гидроэлектрстанцияларынын энергиясы менен республиканын борборунун өнөр жай ишканаларын жабдыйт.

Азыр Кыргызстанда дагы алты ири гидроэлектрстанциялардын курулушу башталды.

Согуштун убагында республиканын өнөр жайына 11 миңден ашуун жаңы жумушчулар келди. Арасында ардактуу орунду өнөр жайга биринчи жолу келген кыргыздар ээлеген жумушчу-стахановчулардын асыл эмгеги өнөр жайдын материалдык базасынын өсүшү менен катар өнөр жай продукциясынын кескин көбөйтүлүшүнүн булагы катары кызмат кылды. Кыргызстандын мамлекеттик өнөр жайы 1945-жылы 1940-жылга салыштырганда продукция чыгарууну 81%ке көбөйттү. Куралдарды жана ок-дарыларды чыгаруу өзгөчө өстү. 1944-жылы ал 1942-жылга салыштырганда 3,5 эсе көбөйдү. Көп ишканалар жылдык пландан сырткары продукция берди. Кыргызстандын жеңил өнөр жайы согуш жылдарында Кызыл Армия үчүн 6 миллион сомго кийим-кече жана ич кийим чыгарды. Кыргызстандан куралдар, ок-дарылар жана аскердик-стратегиялык сырьёнун эң маанилүү түрлөрү жүктөлгөн эшелондор тынымсыз жөнөтүлүп турду.

Ата мекендик согуштун жылдарынын ичинде Кыргызстан индустриалдык-агрардык республикага айлануунун жолу боюнча ири кадам жасады. Бир катар райондордун экономикалык жүзү кескин өзгөрдү. Алар индустриалдык турпатка ээ болуп баратат.

Өндүргүч күчтөрдүн мурда болуп көрбөгөндөй жогорулашы өнөр жайга гана таасирин тийгизип тим болгон жок. Республиканын транспорттук чарбасы байыды жана кеңейди. Кант — Рыбачье жаңы темир жол магистралы- нын курулушу токтогон жок, ал боюнча азыр Быстровка станциясына чейин поезддер жүрүп турат. Талас өрөөнүндөгү райондордун колхозчуларынын демилгеси жана күчү менен 1943-жылы Кировское — Маймак станциясы жаңы шоссесинин курулушу башталды. Республиканын калкынын жогорку патриоттук жогорулашы 1943-жылы 1500 эмгекчинин, негизинен колхозчу аялдардын күчү менен согуштук өнөр жай үчүн жумшалуучу эң маанилүү стратегиялык сырье чыккан зонага сегиз километрдик бийик тоолуу жолдун курулушунан байкалды. Эң кыйын шарттарда жол эки жуманын ичинде курулду.

Согуш алдындагы жылдарда ири ийгиликтерге жетишкен Кыргызстандын айыл чарбасы согуш мезгилиндеги оор шарттарга карабастан өзүнүн алга карай жылуу кыймылын токтоткон жок жана согуш мезгилинде майданды жана калкты азык-түлүк менен, ал эми өнөр жайды сырье менен жабдуунун маанилүү булагына айланды.

Согуш жылдарынын ичинде Кыргызстандын айыл чарбасы милдеттүү тапшыруулар иретинде мамлекетке согушка чейинки беш жылдык менен салыштырганда данды 3,5 миллион пудга, картошка менен жашылчаны 2,7 миллион пудга, жүндү 372 миң пудга, этти 2,8 миллион пудга көп берди. Мындан

тышкары, совхоздор, колхоздор, колхозчулар жана колхозчу аялдар Жогорку Башкы командачынын фондусуна 4,5 миллион пуд дан жана 500 миң пуд эт тапшырышты. Кыргызстандын эмгекчилери өздөрүнүн запастарынан үч кыргыз атчандар дивизиясын күтүүгө 193 миң пуд дан, 20 миң пуд эт, 253 миңден ашуун пуд чөп жана башка азык-түлүктөрдү тапшырышты.

Мына ошентип, Кыргызстандын айыл чарбасынын кызматкерлеринин кайраттуу эмгегинин натыйжасында согуштун убагында өлкөгө миллиондогон пуд эгин, эт, сүт, жүн жана башка продуктуларды берди.

Кыргызстандын майдан жана мекен алдында өзүнүн парзын аткарууда аялдар, жаштар жана кары-картаңдар зор роль ойноп, алар майданга кеткен күйөөлөрүн, аталарын, бир туугандарын жана уулдарын алмаштырышты. Миңдеген кыргыз аялдары совет бийлигинин органдарында, мугалимдер, агрономдор, ишканаларда, колхоздордо жана совхоздордо иштей баштады, алардын ичинен көбү жетекчилик орундарды ээлешти.

Аялдар чабандар жана жылкычылар болуп иштеп, соко кармашты, тырмоо тартышты. Согуштун убагында Кыргызстанда 3000 ден ашуун тракторист аялдар даярдалды. Тракторист аялдардын арасында Карачач Рустамова (Ош областындагы Жаңы Ноокат районунун «Бел өрүк» колхозу) сыяктуу көп эмгектин чыныгы баатырлары чыкты, ал эгин жыйнап алуунун кызуу мезгилинде бир күндүн ичинде 7 эмгек күнүн иштеп тапкан. Аялдар чөп чапкычтар катары иштеп, эгин чабуучу - лобогрейкаларды башкара баштады, соколорду, арабаларды жана башка шайманды оңдоодо иштөө менен эркектердин темир усталык адистигин да эң мыкты өздөштүрүшкөн.

Согушка чейин эле кызылчанын рекорддук түшүмүнө жетишкен Кыргызстандын колхозчу аялдары жетишилген ийгиликтерди сактап калуу үчүн туруктуулук менен күрөшүүнү улантышты. Жогорку түшүмдүн даңктуу чебери, СССР Жогорку Кеңешинин депутаты, Каганович районундагы Калинин атындагы колхоздун звеньевою Зууракан Кайназарова 1944-жылы ар гектардан 1200 центнер кызылча алып, түшүм жагынан жаңы рекордду койду.

Ошондой эле патриоттук сезимдер кучагына алып, согуш күндөрүндө ишканаларда, кендерде жана шахталарда иштөөгө келген кыргыз аялдары эмгектин жогорку өндүрүмдүүлүгүнө жетишти. Нормасын 300% аткарган тамеки фабрикасынын жумушчусу Молдокулова «Эмгектеги каармандыгы үчүн» медалы жана «Тамак-аш өнөр жайынын отличниги» деген төш белги менен сыйланган. Фрунзедеги эт комбинатынын жумушчусу Гүлнар Эсенбаевага стахановдук эмгеги үчүн эт-сүт өнөр жайы эл комиссары ардак грамотасын жиберген, ал эми фронттон келген гвардиялык бөлүктүн өкүлү митингде гвардиячылардын атынан алтын шакек тапшырган.

Кыргыз элинин эмгектеги эрдигине жаштар, пионерлер жана мектеп окуучулары баа жеткис салым кошту. Бардык жерден — жер айдоодон, эгин оруудан жана кызылчаны ташуудан, жергиликтүү жер семирткичтерди жыйноодон жана түшүмдү жыйноодон, мал короолорун куруудан жана оңдоодон, жаш төлдү багуудан, өнөр жай ишканаларынын цехтеринде эмгектик баатырдык үлгүлөрүн көрсөткөн, социалисттик мелдештин баштоочулары катары чыккан ондогон миң жаш патриотторду көрүүгө болот эле. Жаштардын бардык башталмаларында алдыңкы күч комсомолецтер болгон. Алай районунун малчы комсомолецтеринин чакырыгы боюнча мал чарбасын өнүктүрүүнүн мамлекеттик планын аткаруу үчүн мелдешке Кыргызстандын 10 миңден ашуун жаш патриоттору кошулду. 70 миң чамасында пионерлер жана мектеп окуучулары

1943-жылдын жогорку согуштук түшүмү үчүн күрөшкө катышты. Алар колхоздун талааларында дээрлик 3 миллион эмгек күнүн иштеп табышты. Балдар 30 миңден ашуун килограмм ит мурун ашын, оконитти, чекендени жана башка дары өсүмдүктөрүн тапшырышты.

Майданга эмгектик жардам көрсөтүүнүн бүткүл элдик кыймылынан карыя аксакалдар да четте калган жок. Алардын көпчүлүгү атка минип, колдоруна мылтык алып талаа корукчуларынын жана кароолчуларынын карапайым ишин зор сүймөнчүлүк менен аткарышты. Карыялар өздөрүнүн тажрыйбасы жана эмгеги менен мал чарбасын өнүктүрүүдө да зор пайда келтиришти. Ысык-Көл областынын «Көк Мойнок» совхозунда 65 жаштагы чабан Исмаил Жалбынов 1942—1943-жылдардын ичинде 1020 боруктан турган өзүнүн оторунда бир баш малдын өлүмүнө да жол берген жок. Ал мамлекеттик тапшырмадан тышкары 17 тоннадан ашуун семиз эт жана 1,5 тоннадан ашуун жүн берди. Азык-түлүктү пландан тышкары тапшыргандыгы үчүн 51345 сом турган бир канча кошумча акы сыйлыкты карыя чабан эки жылдын ичинде алды. Карыялар колхоздук жаштарды үйрөтүшүп, аларга өздөрүнүн көп жылдык тажрыйбасын берип, жеке запастарынан колхоздун үрөндүк фондулары толуктап, өздөрүнүн жеке унаалары менен жер семирткичтерди талаага жеткиришип, ат жабдыктарын оңдошкон д.у.с.

Ата Мекендик согуштун жылдарында элдик таланттар, массалардын демилгеси өзгөчө айкын ачылды; социалисттик мелдешке жана техниканы жакшы башкарууга негизделген эмгектин жаңы, бир кыйла өркүндөтүлгөн ыкмалары тез эле өздөштүрүлүп жатты.

1942-жылы Фрунзе шаарындагы механика заводунда «миңчилердин» кыймылы жаралды. 12 норма аткарган жаш жумушчу Зарлык Алымкулов, планын 1197% аткарган комсомолец Жусуп Мамбетов «миңчилерден» болуп калышты. Өнөр жайдагы алдыңкылардын мисалын кайраттуу эмгектин үлгүлөрүн көрсөткөн колхозчулар улантып кетишти.

Социалисттик мелдештин шыктандырган күчүнүн унутулгус мисалы Кыргызстандын бир катар колхоздорунун баатыр шаар Ленинграддын ишканалары менен түзгөн келишимдери болуп саналат. Ош областындагы Нариманов атындагы артелдин колхозчулары шаардын блокада күндөрүндө К. Либкнехт атындагы заводдун жумушчулары менен келишим түзүштү. Алар жумушчулар үчүн кошумча тамак-аш ресурстарын түзүүгө, жумушчулар пландан тышкары бир кыйла сандагы коргонуу продукциясын берүүгө милдеттеништи, бул келишимди аткаруу үчүн күрөшүп, Нариманов атындагы колхоз 1943- жылы Кыргызстанда биринчи орунду жеңип алды жана заводдун жумушчуларына жашылча жана жемиш жүктөлгөн вагонду белекке жөнөтүштү, ал эми завод 10 айлык программасын 103% ке аткарды. Ош областынын Баткен районундагы «Кара-Токой» колхозу 1942-жылы Ленинграддагы Ленин атын- дагы машина жасоо заводу менен мелдешип, дандын түшүмүнүн планын 120%ке жана мал чарбасын өнүктүрүү боюнча тапшырманы 110 процентке аткарды. Ленинграддагы Сталин атындагы завод Ысык-Көл областындагы Буденный атындагы колхоз менен келишимди аткаруу иретинде 1942-жылы жайында программаны 102,5 процентке аткарды жана пландан тышкаркы продукцияны Буденный атындагы колхоздун белеги катары майданга жөнөттү. Өз тарабынан колхоз мал чарба өнүктүрүү планын ашыгы менен аткарып, койдун башын планда каралгандагыдан 3000 ге көбөйтүп, жумушчуларга белек катары 20 тонна картошка, 10 кг бал жөнөтүп, 100 койду борго байлап, пландан тышкары 20

гектар ар кандай өсүмдүктөрдү септи. 1942-жылы күзүндө колхоз 100 гектардан согуштук түшүм — 100—120 пуддан буудай алды.

Республиканын алдыңкы райондору, алдыңкы ишканалары өздөрүнүн ресурстарын жакшы пайдалана билишип, ийгиликтерге жетишти жана бүткүл өлкөгө белгилүү болуп калышты. № 5-комбинат, Фрунзедеги аспаптык завод жана эт комбинаты Мамлекеттик Коргоо Комитетинин Өтмө Кызыл тууларын бир канча жолу алышты.

Тогуз-Торо району эки жыл бою катары менен мал чарбасын өнүктүрүү планын ашыра аткаргандыгы үчүн Мамлекеттик Коргоо Комитетинин Өтмө Кызыл туусун колдон чыгарбай кармап турду.

Эмгек майданындагы ийгиликтер өздөрүнүн эмгегин бир кыйла өндүрүлдүү кылууга умтулган жумушчулар менен колхозчулардын көптөгөн күч аракеттеринен түзүлгөн. 1943-жылы жазында Ош областынын Ноокат районундагы Тельман атындагы колхоздо анын төрагасы Мамбеталиев уюштурган тоо бөксөлөрүн айдоонун ыкмаларынын мектебинде 50 аял жигердүүлүк менен окуган. Жалал-Абад областынын Токтогул районундагы «Сары-Согот» артелинин колхозчусу Жетиген Супиев чоң орок менен иштөөдө 1943-жылдын түшүмүн кол менен жыйнап алууда рекорддук чекке жеткен. Ал күн сайын 1250% норма аткаруу менен 1,5 гектар эгин оруп, 10 күндүн ичинде боо байлаган аялынын, кызынын жана уулунун жардамы менен 14 гектар буудайды жыйнап бүтүргөн. Райондун бардык 23 колхозунда 100 дөн ашуун орокчу анын жолун жолдоп 2—6 норма аткарышкан.

1943-жылдын жайында уюштурулган силос ачытуу башкаларга үлгү болду- Кыргызстан КП(б) Алай райкому малчылардын арасында бул техникалык иш чаранын таркатылышына көмөк көрсөттү. Ошону менен бирге малчылар малды кошумча тоюттандырууну жүргүзүүнү үйрөнүшүп, малдын өлүмүнө жол беришпеди. Райондун мал чарбасы бир кыйла бийик техникалык деңгээлге мына ушундайча көтөрүлдү- Мына ушундай эле жумуштун жаңы ыкмалары жана методдору Ата мекендик согуштун жылдарында республиканын чарбасынын эң ар түрдүү тармактарында өзгөчө ылдам өздөштүрүлө баштады.

Душманды талкалоо үчүн элдин бардык күчүн мобилизациялоо жөнүндө Сталиндин чакырыктарына жооп берип, Кыргызстандын эмгекчилери Кызыл Армиянын жеңиштери үчүн финансылык жана материалдык базаны түзүүгө активдүү катышты, мамлекетке өздөрүнүн жеке аманаттарын, зергердик буюмдарын, ашык азык-түлүктөрүн жан дили менен берип жатышты. Согуштун алгачкы айларында эле коргонуунун элдик фондусун түзүү боюнча кыймыл кеңири жайылтылып, Кыргызстандын түштүгүндөгү коргонуу гектарларын себүүгө киришкен колхозчулардын демилгеси ылдам жүзөгө ашырыла баштады. Кызыл Армияга өзүнүн эң мыкты 50 атын берген Ворошилов районундагы «Кызыл Аскер» колхозунун чакырыгы боюнча республиканын ондогон колхоздору Кызыл Армияга эң мыкты аттарды даярдашты жана өткөрүп беришти. Аттарды мындай даярдоо атчандардын бүткүл бардык жабдыктарын, жасалгаларын даярдоого каражат чогултуу менен коштолду. Каганович районундагы «Кызыл Аскер» колхозу жыл сайын өздөрү өстүргөн мыкты аттарды, негизинен кавалерия үчүн аттарды Кызыл Армияга өткөрүп берип турду. Бул колхоз Кызыл Армияга өткөрүп берген аттардын саны анын жылкыларынын 25%ин түзөт.

Согуштун жылдарында Кыргызстандын колхоздору Кызыл Армияга 50 миң күлүк атты, анын ичинде 14 миң атты ат жабдыктары менен кошо берди.

Кыргызстандын патриоттору, бүткүл өлкөдөгү сыяктуу эле Ферапонт Головатыйдын асыл үлгүсүн жолдоп, Ворошилов районундагы «Кызыл Аскер» колхозунун саамалыгы боюнча зор шыктануу менен Кызыл Армия үчүн танктарды жана башка куралдарды жасоого каражат чогултууга киришти. «Кыргызстандын колхозчусу» танк колоннасынын курулушуна 50 миң сом кошкон Тянь-Шань областынын Кочкор районундагы «Арал» артелинен коммунист колхозчу Жоро Жаңыбаев биринчи болуп Сталинден салам жана алкыш алды. Ар бири 50, 75, 100 жана андан ашуун миң сом кошкон ири жекече взностордун саны ылдам өсө баштады: Жалал-Абад областынын Ленин районундагы Каганович атындагы колхоздун төрагасы Насаркул Ахметов танктарды курууга 100 миң сом, Ош областынын Куршаб районундагы Ленин атындагы артелдин карыя колхозчусу Ороз Кулматов 125 миң сом кошту.

Ош областынын Совет районундагы балдары майданда жүргөн беш колхозчу аял эненин иштери Ата мекендик согуштун санжыраларында жогорку патриотизллдин үлгүсү болуп саналат, алар мекенге балдарын гана эмес, бүткүл жеке аманаттарын беришкен. Сталин атындагы колхоздон 75 жаштагы Батма Бегалиева — 20 баланын энеси таңктардын курулушуна 55 миң сом, «1-Май» колхозунан Жидаим Жусубалиева — 14 баланын энеси — 30 миң сом, Тельман атындагы колхоздон Сурамбүбү Ибрагимова — 7 баланын энеси — 105 миң сом, Калинин атындагы колхоздон Эркембүбү Кулманбетова 106 миң сом, Сталин атындагы колхоздон Зулпу Өмүрзакова — 8 баланын энеси — 130 миң сом кошкон. Патриоткалар Сталинден жекече алкыш алышкан.

Согуштун 4 жылы ичинде Кыргызстандын эмгекчилери Кызыл Армия үчүн куралдарды жасоого 189 миллион сом акчалай жана 57,3 миллион сомдук мамлекеттик заемдун облигацияларын өткөрүшкон. Акча взностору асыл металлдарды чогултуу менен толукталган. «Нарынкол» кенинин алтын чайкоочулары 1132 сомдук алтын, «Мелик-Суу» кенинин алтын чайкоочулары 1314 сомдук алтын тапшырышкан. Кыргыз аялдары улуттук зергер буюмдарын: күмүш билериктерин жана шакектерин, шуруларын, асыл таштан жасалган чач уштуктарын д.у.с. өткөрүштү. Кыргызстандын эмгекчилеринин каражаттарына курулган айбаттуу куралдар — танктык колонналар, согуш самолётторунун звенолору, артиллериялык батареялар майдандарда ийгиликтүү пайдаланылды.

Кыргызстанда өлкөнү коргоону финансылоого калктын катышуусунун башка формалары да, өзгөчө мамлекеттик заемдорго жазылуу ири ийгиликке жетишти. Согуштун убагында республиканын эмгекчилери мамлекетке 6 миллиард 47 млн. сом карыз берди, акча-буюм лотереялары боюнча 156 лин. сом кошту.

1942-жылдан тартып коргонуу фондусуна пландан тышкаркы айдоолор жүздөгөн колхоздордун салты болуп калды. 1943-жылы коргонуу жана бошотулган райондордун калкына жардам көрсөтүү фондусуна пландан тышкары айдоолор 8 миң гектардан ашуунду түздү.

Кыргызстандын колхозчулары жана колхоздору Кызыл Армиянын Башкы командованиенин өзгөчө фондусуна мал жана азык-түлүк өткөрүү саамалыгын ылдам колдоп кетишти. Жалал-Абад областынын Караван районундагы «Кызыл-Дыйкан» колхозунан Мавлянкул Ысманов жана майданда жүргөндүн энеси Наржан Бердикулова бул фондго 5 тен кой, 14 кг. дан май, тон жана фуфайка тапшырышты. Араван району Башкы командованиенин өзгөчө фондусуна 49 пуд май жана 206 пуд брынза өткөрдү. Дан даярдоонун мамлекеттик планынын аткарылышынын өзү советтик патриотизмдин кубаттуу демонстрациясына айланды. 1943-жылдын 1-сентябрында Фрунзе шаарына Ворошилов районунун

колхоздорунан 10 миң пуд айыл чарба азыктарын, анын ичинде колхозчулардын өз огороддорунан көптөгөн азыктарды жеткирген 400 арабадан турган кызыл кербен келди. 9-сентябрь Фрунзе областынын кызыл кербендеринин майдандык күнү деп жарыяланды. Бул күнү мамлекеттик дан даярдоо пункттарына 1,5 миң тонна дан, 2000 ден ашуун тонна эт жана жашылча жөнөтүлдү, андан кийин Тянь-Шань жана башка областтарда бүткүл областтык кызыл кербендер уюштурулду.

Кыргызстандын эмгекчилери мекенди коргоочуларга өздөрүнүн сүйүү сезимдерин жана ыраазычылыктарын Кызыл Армия үчүн белектердин үзгүлтүксүз агымынан билдиришти. Майданда жүргөн жоокерлерге белектер жүктөлгөн эшелондор Жаңы жылга, Кызыл Армиянын жылдыгына, Октябрь майрамдарына д.у.с. үзгүлтүксүз жөнөтүлүп турду. Согуш жылдарынын ичинде республиканын эмгекчилери Кызыл Армиянын жоокерлерине жана офицерлерине 70 вагондон ашуун ар түрдүү азыктарды, мындан тышкары 38 миң жеке посылкаларды белекке жөнөтүштү. Алардын ичинде Ленинграддын баатыр коргоочуларына, шефке алынган «Октябрская революция» линкорунун моряктарына, 8-гвардиялык Панфилов дивизиясынын даңктуу жердеш жоокерлерине жана командирлерине, Н-авиадесанттык дивизияга д.у.с. белектер бар. Колхозчулар, жумушчулар жана кызматчылар белек үчүн данды, этти, күрүчтү, кургатылган жемишти, сары майды, балды, тамекини, шарапты, жаңгакты жана башка азыктарды, көркөм жана саясий адабиятты, музыкалык аспаптарды зор жогорулоо менен чогултушту жана тапшырышты. Белектер жана өзгөчө жекече посылкалар майданда жүргөндөргө жылуу каттар менен коштолду.

Фронтко жардам көрсөтүүнүн ажырагыс бөлүгү республикада кеңири уюштурулган жылуу кийимдерди чогултуу болуп калды, мунун демилгечилери катары Фрунзе атындагы механикалык заводдун жумушчулары чыгышты. Ата мекендик согуштун мезгилинин ичинде Кыргызстандын эмгекчилери Кызыл Армия үчүн 550 миң жылуу кийимди: тондорду, кийиз өтүктөрдү, кабыма шымдарды, тери желеткелерди, мээлейлерди, байпактарды д.у.с. чогултушту, даярдашты жана жөнөтүштү.

Биздин өлкөнүн элдеринин достугу жана боордоштугу Кызыл Армия немецтик-фашисттик оккупациядан бошоткон райондордун калкына бардык жерде кеңири жайылтылган жардамдан өзгөчө айкын көрүндү. Фрунзе областынын Кант районундагы Карл Маркс атындагы колхоздун чакырыгы боюнча жүздөгөн колхоздор бошотулган райондорго жардам көрсөтүү фондусуна пландан тышкаркы гектарларды себүүгө жана мал бөлүп берүүгө киришти. Бир канча күндүн ичинде Ош областынын колхозчулары бул чакырыкка жооп берип, 33 уй, 207 кой, 48 чочко тапшырышып, 150 гектар буудайды жана 70 гектар картошканы айдоо үчүн үрөн чогултушту, 3 млндон ашуун сом акчалай кошушту. Кыргызстандын колхоздору жана колхозчулары бошотулган райондордо мал чарбасын калыбына келтирүү үчүн 20 миң жылкыны, 10 миң бодо малды, 100 миң кой-эчкини акысыз өткөрүп беришти.

Көп колхоздордо жаштар өздөрү пландан тышкары айдалган гектарлардан чогултулган данды гана эмес, өздөрүнүн жеке запастарынан бошотулган райондор үчүн дан тапшырышты.

Бошотулган райондорго үрөндүк дан менен да бир кыйла жардам көрсөтүлдү. Ысык-Көл областында гана 1943-жылы 950 пуд үрөндүк дан чогултулду.

Кыргызстандын эмгекчилери баатыр-шаарлар Ленинграддын жана Сталинграддын калкы жөнүндө өзгөчө камкордукту көрүштү. Жети-Өгүз районундагы «Үлгү» колхозунун демилгеси боюнча Ленинграддын

эмгекчилерине белектерди чогултуу бүткүл республика боюнча кулач жайды. Блокаданын оор айларында — 1942-жылдын февралында жана октябрында, 1943-жылдын октябрында Ленинграддын эмгекчилери жана коргоочулары үчүн бардыгы болуп 100 гө жакын вагон белектер жүктөлгөн эшелондор жөнөтүлдү. Кыргызстандын эмгекчилерине өздөрүнүн куттуктоосунда Ленинграддын жумушчулары 1942-жылы ыраазычылык менен мындай деп жазышкан: «Сиздердин белек — 50 вагон эмес, 500, 5000 вагон. Кыргызстандын белектери сан жеткис. Бул жеңиштин резерви».

Кыргызстандын 600 комсомолецтери — уландар жана кыздар Сталинградды калыбына келтирүү боюнча курулуш жумуштарына ыктыярдуу жөнөп кетишкен, алардын арасында тамеки фабрикасынын стахановкасы Фая Буракиева, Кант районундагы колхозчу Токтобүбү Алыканова ж.б. сыяктуу кыргыз кыздары бар. Республиканын комсомолецтери жана жаштары Сталинградды калыбына келтирүү фондусуна 865 миң сом которуп, 585 гектар ар түрдүү айыл чарба өсүмдүктөрүн айдашты, 20 миңден ашуун китеп чогултушту.

Кыргызстандын эмгекчилери госпиталдарда дарыланууда жаткан жарадар жоокерлерди көңүл буруу, багуу жана эркелетүү менен курчашты. Жумушчу аялдар, кызматчылар, үй кызматындагы аялдар жарадарлардын сакайып кетишин ылдамдатуу, алардын жакын адамдарын алмаштыруу үчүн колунан келгендин баарын жасашты. Алар муктаж болгон жоокерлерге жана офицерлерге оз кандарын беришти. Фрунзе шаарынын өзүндө гана 1000 активдүү донорлор болгон. Колхоздор жана колхозчулар «Мекенди коргоочулардын ден соолугу» фондусуна азык-түлүктөрдү тапшырышты.

Майдандагылардын үй-бүлөлөрү жөнүндө камкордук ар түрдүү жана март болду. Аскер кызматчыларынын үй-бүлөлөрүнө жардамдашуу фондуна республиканын эмгекчилеринен 16 млн дон ашуун сом, 123363 пуд азык-түлүк, 11 миң баш мал, 145 миң даана кийим-кече жана бут кийим түштү.

Колхозчулар Кыргызстанга эвакуацияланып келген балдарга өзгөчө сүймөнчүлүк менен жардамдашты. Түп районундагы «Кызыл Жылдыз» жана «Кызыл Октябрь» артелдери Ленинграддан Күрмөнтү айылына эвакуацияланып келген балдар үйүнө азык-түлүк бөлүп беришип, жазгы себүү жумуштарын жүргүзүүдө жана үрөн менен камсыз кылууда жардам көрсөтүштү.

Советтик мамлекеттин жеңилбестигинин эң ири факторлорунун бири катары жумушчу табынын жана дыйкандардын союзунун идеясы Кыргызстандын колхозчу дыйкандарынын аң сезимине терең кирди. Ата Мекендик согуштун жылдарында ал бул союздун турмушка жарамдуулугун зор күч менен көрсөтүп, шаарлардын өнөр жай ишканаларынын жумушчуларына жана калкына азык-түлүктөн жардам кеңири өлчөмдөрдө уюштурулду. Республиканын колхоздору жана колхозчулары согуш башталгандан 1943-жылдын мартына чейин аларга мамлекеттик туруктуу баалар боюнча 200 миңден ашуун пуд айыл чарба азык-түлүктөрүн сатышты.

Элдин бүткүл материалдык ресурстарын жана чыгармачылык күчтөрүн мобилизациялаган Улуу Ата Мекендик согуш кыргыз маданиятынын андан ары гүлдөшүн токтотподу. Зор идеялык мазмунга толгон, Мекенди коргоонун улуу ишине кызмат кылуунун асыл максатына жык толгон эл агартуу, илим, искусство жана адабият жаңы эң сонун жетишкендиктер менен байып, кыйшаюусуз өнүгүшүн уланта берди.

Көп сандаган мугалимдер майданга кетти. Аларды курстарда даярдалган жаш мугалимдер алмаштырды. Кыргызстандын мугалимдери балдарды таасирдүү

советтик патриотизмдин духунда тарбиялап жатты. Дал ушундай эле Фрунзе шаарындагы №5-мектептин мугалими Б. Кенжебаева иштеп жатат. Ал майдандагылардын үй-бүлөлөрүнө өзү барып, майданда 3 баласы жүргөн эненин балдарын багууга жардамдашуу үчүн тимурчу Раяны жиберип турган. Баатырдык менен курман болгон политруктун үй-бүлөсүндө Кенжебаева тарбиялаган пионерка Жумабүбү жардамчы болуп калды. Кыргызстандын мектептериндеги турмуштун мүнөздүү көрүнүшү аскер ишине окуучулардын зор кызыгуусу болуп саналат.

Согуштун жылдарында илим-изилдөө иштерин өнүктүрүү жагынан олуттуу ийгиликтер жетишилди. 20 дан ашуун илим-изилдөө институттары, тажрыйба станциялары жана лабораториялар өлкөнү коргоого жана республиканын өнөр жайы менен айыл чарбасын андан ары өнүктүрүүгө байланыштуу маселелерди иштеп чыгышты.

1943-жылы Кыргызстанда Фрунзе шаарына эвакуацияланган СССР Илимдер Академиясынын биологиялык бөлүмүнүн институттарынын ишкердүү катышуусу менен илимий ойдун штабы — СССР Илимдер Академиясынын Кыргыз филиалы түзүлдү. Филиалдын мекемелеринин тутумунда азыр 4 институт: биологиялык, химиялык, геологиялык институттар жана тил, адабият жана тарых институту бар. Филиалдын алдында мындан тыш- кары ботаника багы, кыргыз улуттук маданиятынын музейи жана жараты- лыш музейи бар.

Филиалдын илимии кызматкерлеринин арасында кыргыз окумуштууларынын тобу да, анын ичинде кыргыздардын ичинен бир канча алгачкы илимдердин кандидаттары бар. Филиалга Сталиндик сыйлыктын лауреаты, академик К. И. Скрябин жетекчилик кылат.

Филиал өзүнүн иш-аракетин Ата Мекендик согуш койгон милдеттерди чечүүгө багыттады. Бул багытта республикага Илимдер академиясынын эвакуацияланган генетика, биохимия, өсүмдүктөрдүн физиологиясы, микробиология, эволюциялык морфология, палеонтология институттары зор жардам көрсөтүштү. Бул институттардын 18 кызматкери Кыргызстандын эл чарбасын өнүктүрүү боюнча үзүрлүү эмгеги, Илимдер академиясынын филиалын уюш- турууга активдүү катышкандыгы, жергиликтүү калктан кадрларды даярдоодо жардамы үчүн республиканын Жогорку Кеңешинин ардак грамоталары менен сыйланды. Согуш күндөрүндө жергиликтүү илимий мекемелер да: мал чарба институту, ветеринардык, селекциялык жана мөмө-жемиш станциясы, эпидемиология институту жана башкалар өз иштерин ийгиликтүү улантышты.

Кыргызстандын интеллигенциясы искусствону жана адабиятты өнүктүрүү жагынан согуш мезгилинде өзгөчө үзүрлүү эмгектеништи. Кыргызстандын театрлары ар түрдүү жанрдагы бир катар жаңы оюндарды: Ата Мекендик согуштун жана кыргыз элинин баатырдык өткөн тарыхынын темасындагы драмаларды, комедияларды, опараларды, балеттерди коюшту. Алардын ичинен эң мыктылары советтик патриоттордун баатырдыгы жөнүндө алгачкы пьеса А. Токомбаевдин «Ант» драмасы жана фашизмге каршы күрөшүп жаткан советтик адамдардын биримдиги жөнүндө К. Эшмамбетовдун «Кара туман» пьесасы, А. Малдыбаевдин, В. Власовдун жана В. Ференин Ата Мекен- дик согуштун темасындагы биринчи кыргыз операсы «Патриоттор», кыргыз элинин эркиндик жана ар намыс үчүн баатырдык менен күрөшкөн легендардуу уулу жөнүндө баатырдык поэма — К. Жантөшевдин «Курманбек» пьесасы, бир аттуу кыргыз эпосунун мазмуну боюнча «Манас» операсы (либреттосу К. Маликов менен А.

Токомбаевдики, музыкасы А. Малдыбаев, В. Власов жана В. Ференики) бар. Кыргыз театрларынын сахналарында орус авторлорунун патриоттук темадагы пьесалары — К. Симоновдун «Орус адамдары» жана Соловьевдун «Суворов» пьесалары жүрүп жатты.

Кыргызстандын композиторлорунун иш аракети жигердүү чыгармачылык менен белгиленди. Жалаң гана СССРдин эл артисти А. Малдыбаев кыргыз элинде кеңири белгилүү 20 дан ашуун массалык патриоттук ырларды жазды. Согуш темасындагы Ж. Шералиевдин лирикалык ырлары кеңири белгилүү. Бир катар ири музыкалык чыгармалар композиторлор В. Власов, М. Раухвергер, П. Шубин, В. Фере тарабынан түзүлдү. Акыркысы «Кыргызстан» деген монументалдык симфония жазып, анын финалы Ата Мекендик согуштун күндөрүндөгү Кыргызстанга арналган.

Орус композиторлорунун чыгармачылык жардамы Мукаш Абдраев, Аскар Түлеев жана Акмат Аманбаев сыяктуу жаш кыргыз композиторлорунун көтөрүлүшүнө жана өсүшүнө көмөк көрсөттү. Кыргыз Мамлекеттик филармониясы тарабынан коргонуу жана патриоттук темадагы «Комуз» жана «Достук — бакыттын туу чокусу» деген адабий музыкалык композициялар түзүлдү-

Кыргызстандын искусство кызматкерлери системалуу аскердик-шефтик ишти жүргүзүштү. Согуштун эки жарым жылынын ичинде гана жергиликтүү гарнизондордун бөлүктөрүндө жана госпиталдарда театрлардын жана филармониянын артисттери 2000 ден ашуун концерт беришти. 85 адам катышкан артисттердин майдандык бригадалары бир канча жолу майдандын алдыңкы линиясына барышып, алар ал жерде 1250 концерт беришти. Алардын ичинен көпчүлүгү Кыргыз ССР Жогорку Кеңешинин грамоталары менен, бир жылга жакын коргонуунун алдыңкы чегинде 8-гвардиялык Панфилов дивизиясынын катарында жүргөн жана ал жерде жүздөгөн концерттерди берген артисттер К. Алиева, А. Исмаилова, К. Эралиева жана С. Айманбетов «Күжүрмөн эмгеги үчүн» медалдары менен сыйланышты. Кыргыз артистка кыздар концерт берүүлөрдүн ара чолосунда жоокерлердин кийим кечесин жамашып, ал эми согуштун кызуу жүрүп жаткан убагында атылган октун астында жарадарларды согуш талаасынан алып чыгууда жана таңууда жардам беришкен.

Кыргыз жазуучулары жана акындары элдин баатырдык күжүрмөн эрдиктерине жана эмгектеги ийгиликтерине жооп катары зор патриоттук сезимдерге жык толгон чыгармаларды түзүү менен жооп беришти. Алардын каleminин астынан көптөгөн аңгемелер, очерктер, пьесалар, ырлар, поэмалар чыкты. Кыргыз адабиятында алдыңкылардан болуп эсептелген поэтикалык жанрдын чыгармаларынын ичинен эң маанилүүлөрү А. Токомбаевдин «Алга» жана «Манастын жердеши» ырлар жыйнактары, К. Маликовдун «Канга кан», Ж. Бөкөнбаевдин «Шумкардын ыры» жана «Кымбаттуу мекен» жыйнактары, М. Токобаевдин «Баатырлар күчүн эл баалайт» поэмасы, майданга барып келген акындар: гвардиянын капитаны Т. Үмөталиевдин «Жеңиш ырлары», гвардиянын старший лейтенанты Т. Шамшиевдин «Майдан ырлары» ж.б. ырлар жыйнактары болуп саналат. Акындардын эң мыкты ырлары «Москва» жана «Мекен» жыйнактарына да кирди. Согуш жылдарынын ичинде бир катар жаш таланттуу акындардын катары өсүп чыкты.

Массаларды саясий жактан тарбиялоодо зор таасирге элдик төкмө акындардын чыгармачылыгы ээ болду, алар согуштун жылдарынын ичинде 100 дөн ашуун коргонуу жана антифашисттик тематикадагы чыгармаларды түзүштү.

Алардын арасында эң көрүнүктүү орун «Ант» жана «Салгылашып жаткан баатырларга» ырлар жыйнагын басып чыгарган Алымкул Үсөнбаевге, ошондой эле Осмонкул Бөлөбалаевге жана Калык Акиевге таандык.

Кыргыз адабиятында кара сөз багыты Т. Сыдыкбековдун «Согуш күндөрүндө» деген жыйнагына бириктирилген аңгемелеринде, анын «Биздин замандын кишилери» жаңы романында, А. Токомбаевдин, К. Маликовдун жана башкалардын новеллаларында, очерктеринде жана аңгемелеринде үзүрлүү өнүгүшүн уланта берди.

Согуш мезгилинде драматургия жигердүү өстү. Жогоруда аталгандардан тышкары А. Токомбаевдин «Намыс», А. Осмоновдун «Тоо жүрөгү» (душмандын дзотун көкүрөгү менен тоскон Советтер Союзунун Баатыры Чолпонбай Түлөбердиевдин эрдиги жөнүндө) жана советтик тылдын турмушу жөнүндө «Махабат», К. Жантөшевдин «Көшөргөн Көбөш» ж.б. драмалары жазылды.

Кыргыз акындарынын жана жазуучуларынын чыгармаларында Ата Мекендик согуштун согуш талааларында кан менен бекем ширелген элдердин достугунун мотивдери өзгөчө күч менен жаңырды.

Украинанын жерлерин душмандан бошоткон кыргыз жоокерлеринин сезимин Кубаныч Акаев мындай деп эң сонун билдирген:

Таптым сени согуштун майданынан,
Таптым сени жеринен Украинанын,
Атайы келдим Ала-Тоо аймагынан
Алдырбаска колдогу таалай таңын.
Көздөр көзгө кадалып атаганат,
Көңүл чиркин асманга учту белем.
Бийлик алып махабат ошол замат
Бийик болуп мөөрөйдү утту белем.
Эки элдин тукуму кол алышып,
Эркин турмуш угунда сапарыбыз,
Балдарыбыз каткырат тең жарышып,
Барган сайын көбөйүп катарыбыз.
Өтөп салтын эрк берген кең мекендин
Өмүр куунак өчпөгөн жеңиш туудан
Улуу Достук күч берди — теңсиң, теңмин,
Украина, Кыргызстан кандаш тууган.

Кыргызстандын сүрөтчүлөрү эвакуациянын мезгилинде Москвадан жана Ленинграддан келген сүрөтчүлөр менен бирдикте зор чыгармачылык ишти кеңири жайылтышты. Алар Ата Мекендик согушка Кыргызстандын катышуусунун темаларына арналган өздөрүнүн чыгармаларынын төрт республикалык көргөзмөсүн, «Салгылашкан Ленинград» көргөзмөсүн жана бир канча жекече көргөзмөлөрдү өткөрүштү, аскердик-шефтик ишти, колхоздордо сүрөт көргөзмөлөрүн уюштурушту, «КырТАГдын терезесин» чыгарышты. Скульпторлор 0. жана А. Мануйловдор, Эпштейн жана Фрих-Хар, сүрөтчү А. Могилевский СССРде биринчи болуп Советтер Союзунун Баатыры даңктуу генерал-майор И. В. Панфиловдун эстелигин түзүштү; искусствого эмгек сиңирген ишмер С. Чуйков «Мекен үчүн» (уулун майданга жөнөтүп жаткан кыргыз кемпир) жана «Жамбулдун батасы» деген эң сонун полотнону тартты; белгилүү кыргыз сүрөтчүсү, искусствого эмгек сиңирген ишмер Г. Айтиев «Жалпы окутуу» жана «Майдандан кат» картиналарын жазды. График-сүрөтчүлөр баатыр Панфилов дивизиясына арналган альбомду даярдашты.

Кыргызстандын интеллигенциясы мекен алдында өзүнүн парзын шыктануу менен аткарды, жумушчулар жана колхозчулар менен, бардык советтик тыл менен бирдикте душманды жеңип чыгууну жакындатуу үчүн талыкпастан эмгектенди.

Майдан менен тылдын Улуу Ата мекендик согуштагы чыңдалып жаткан байланышы Кыргызстандын коомдук-саясий чындыгы жык толгон көп сандаган фактыларда эң сонун ырастоого ээ болду.

Кыргызстандын эмгекчилеринин делегацияларынын Ата мекендик согуштун майдандарына барып турушу биздин өлкөнүн элдеринин бузулбас достугунун демонстрациясына айланды.

Кыргызстанга согушуп жаткан Кызыл Армиянын бөлүктөрүнөн делегациялардын келип турушу да системалуу мүнөзгө ээ болду. Кыргызстанга Панфилов атындагы 8-Гвардиялык аткычтар дивизиясынын, Кыргызстан шефке алган «Октябрская революция» кораблинин жана Кызыл Армиянын башка бөлүктөрүнүн делегациялары келип кетти. Кыргызстанга күжүрмөн достордон каттар тынымсыз агым менен келип турду. Республикалык газеталарга 8-Гвардиялык дивизиянын жеке тутумунан, Н-гвардиялык дивизиянын кыргыз жоокерлеринен жана офицерлеринен, Ленинград областында душмандын тылында аракеттенип жаткан партизандардан, Кызыл Туулуу Балтиканын моряктарынан д.у.с. кыргыз элине жазган каттары жарыяланды. Бул каттарда Мекендин коргоочулары кыргыз элине жана республиканын бардык эмгекчилерине жиберген белектери, сүймөнчүгү, камкордугу жана кайраттуу эмгеги үчүн ыраазычылыктарын билдиришкен. Кыргыз элинин уулдарынын даңктуу иштери жөнүндө алардын мекенинде алынган каттар жердештеринин эмгектеги жаңы эрдиктери үчүн түрткү болду. Ош областынын Фрунзе районундагы «Ак-Тепе» колхозунун мурунку мүчөсү, жоокер Ташбулат Сатыкулов айыгышкан чабуул коюу салгылашууларында кырктан ашуун гитлерчилерди жок кылган. Колхоздун комсомолдук уюмунун мүчөлөрү кайраттуу жоокерди тарбиялагандыгы үчүн ыраазычылык менен бөлүктүн командованиесинен кат алышып: «Биздин Ташбулаттан артта калбайбыз!» — деп билдиришкен. Комсомолецтер Турдубаева, Мадалиева ж.б. бардык эгин жыйноо жумуштарында эки нормадан аткара башташты. Колхоз бүтүндөй алганда эгин тапшыруу планы боюнча эгинди мөөнөтүнөн мурда ташып жеткирди. Кыргызстандын патриоттору жердеш майданчыларынын ийгилигине ушундай жооп беришкен. Жек көрүмчү душмандын үстүнөн жеңиш мына ушундай чыңалган.

Кыргызстандын патриотторунун кайраттуу эмгеги өкмөт тарабынан жогору бааланды. Согуштун убагынын ичинде 979 адам СССРдин ордендери жана медалдары менен сыйланды. 8020 стахановчу, искусство кызматкерлери, окумуштуулар, аскер кызматчылары Кыргызстандын Жогорку Кеңешинин ардак грамоталары менен сыйланды.

Майданда жана тылда өздөрүнүн эрдиктеринде даңктуу ата-бабаларынын баатырдык салтын кайра жараткан кыргыз эли эркиндикти сүйгөн адамзаттын фашисттик жырткычтыктын жана наадандыктын кара түмөн күчтөрүнүн үстүнөн жеңишке жетишине прогресстин жана цивилизациянын салтанатынын ишине өзүнүн салымын кошкондугун сыймыктанып түшүнүү менен келди.

1946-жылы 1-мартта Советтик Кыргызстандын эмгекчилери Улуу Советтер Союзунун ажырагыс бөлүгү — Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын түзүлгөн күнүнүн 20 жылдык юбилейин салтанаттуу майрамдашты.

## ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТЫН ТИЗМЕСИ

I

1. *Берг* А. С. Природа СССР.
2. Материалы Всесоюзной переписи населения 1926 г. РСФСР.
3. Юдахин К. К. Кыргыз-орус сөздүгү. М. 1940.
4. Ярхо А. 14. Киргизы. Сб. «За индустриализацию советского востока». М. 1934.

II

1. Аристов Н. А. Опыт выяснения этнического состава киргиз-казаков большой орды и кара-киргизов на основании родословных сказаний и сведений о существующих родовых делениях и о родовых тамгах, а таюке исторических данных и начинающихся антропологических исследований. Журн. «Живая старина», 1894, в. III—IV.
2. Ошонун өзү. Заметки об этническом составе тюркских племен и народностей и сведения об их численности. Журн. «Живая старина», 1896, в III—IV.
3. Бартольд В. В. Очерк истории Семиречья. Памятная книжка Семиречинского областного статистического комитета на 1898 г. Верный. 1898 г.
4. Ошонун өзү. Кыргыздар. Тарыхый очерк. Фрунзе. 1942.
5. Бернштам А. Н. Түндүк Кыргызстандын археологиялык очерки. Фрунзе 1941.
6. Ошонун өзү. Байыркы Кыргызстандын маданияты. Фрунзе. 1942.
7. Ошонун өзү. Кыргыз элинин өткөн тарыхы. Фрунзе. 1942.
8. Валиханоб Ч. Ч. Сочинения. Записки русского географ. об-ва по отделению этно- графии. 1904 г. XXIX.
9. Восстание 1916 г. в Киргизии. Соцэкгиз. М. 1937 г.
10. Грумм-Гржимайло Г. Е. Историческое прошлое Бей-Ганя в связи с историей Средней Азии. СПБ, 1898 г.
11. Катанов Н. Этнографический обзор турецко-татарских племен. Казань, 1894 г.
12. Козьмин Н. Н. Хакасы, Иркутск. 1925 г.
13. Аевшин А. 06 имени киргиз-казакского народа и отличие его от подлинных или диких киргизов. Московский вестник, 1827 г. 4, № 16.
14. Талызин А. Пишпекский уезд. Исторический очерк (1855—1868 г.) Памятная книжка Семиречинского областн. статист. комитета на 1898 г. Верный, 1898 г.

III

1. Абрамзон С. М. Современное манапство в Киргизии. «Советская этнография», 1931 г., 3-4.
2. Ошонун эле өзү. Манапство и религия. «Советская этнография». 1932, № 2.
3. Ошонун эле өзү. Творчество киргизского народа. Сб. «Советская этнография». 1940 г. №3.
4. Абрамов К. А. Записки о Каратегинском владении, составленные по расспросам. Известия Русск. Геогр. об-ва, 1870, т. VI.
5. «Алайская царица» (Курманджан-датха) Газ. «Закаспийское обозрение», 1902, № 124.
6. Андреев Мв. Из нашей жизни. Мерген-Дженавай. Газ. «Туркестанские ведомости», 1913, № 51.

7. Андреев М. С. Поездка летом 1928 г. в Касанский район (северн. Фергана). Известия общества для изучения Таджикистана и иранских народностей за его пределами, т. 1, Ташкент, 1928 г.
8. Он же. Орнамент горных таджиков верховьев Аму-Дарьи и киргизов Памира. Ташкент, 1928 г.
9. Аристов Н. Н. Наманганский округ Кокандского ханства (из показаний одного кыходца в 1871 г.). Материалы для статистики Туркестанского края, 1873 г, т. II.
10. Бардашев Г. Заметки о дикокоменных киргизах. Материалы для статистики Туркестанского края, 1874 г, т. III.
11. Бартольд В. В. История культурной жизни Туркестана. Л, 1927 г.
12. Богданова М. Кыргыз фольклорунун классификациясы боюнча кээ бир маалыматтар. СССР Илимдср Академиясынын Кыргыз филиалынын эмгектери. т. 1. Фрунзе, 1943.
13. Валиханов Ч. Ч. Сочинения. Записки русского географического общества по отделению этнографии, 1904, XXIX.
14. Вельяминов-Зернов В. В. Сведения о Кокандском ханстве. Вестник географ. об-ва, 1856, XVIII , отд. 2.
15. Венюков М. 14. Очерки Заилийского края и Причуйской страны. Записки Русского географ. об-ва, 1861, IV.
16. Вышпольский В. Медико-топографические очерки Иссык-Кульского уезда (Пржевальского) Семиреченской области с описанием преобладающих болезней в зависимости от почвы, климата и бытовых условий среди населения уезда. Военно- медицинский журнал, 1895, X.
17. Гаврилов М. Ф. Киргизские скороговорки. Ташкент, 1927 г.
18. Ошонун эле өзү. Орнамент киргиз Сусамыра. Ташкент, 1929 г.
19. Гедин Свен. В сердце Азии. Памир-Тибет-Восточный Туркестан, т. 1, СПб, 1899 г.
20. Гинс Г. К. В киргизских аулах (очерки из поездки по Семиречью). Исторический вестник. 1913, № 10.
21. Голубев А. Отрывок из путешествия в Среднюю Азию. Заилиский край. Записки Русского географического обгщества, 1861, III.
22. Готфрид А. и Нафиз М. Красный флаг на крыше мира. Ташкент-Сталинабад. 1930.
23. Гродеков Н. И. Киргизы и кара-киргизы Сыр-Дарьинской области, 1. Юриди- ческий быт. Ташкент. 1889.
24. Громчевский Б. Я. Доклад о путешествии в 1889—1890 гг. на Памир, в Раскем, Южную Кашгарию и Северо-Западную окраину Тибета. Известия Русского геогра- фического об-ва, 1891, XXVII, вып. 2.
25. Грулш-Гржимайло Г. Е. Очерки Припамирских стран. Известия географического об-ва, 1886, XXII, вып. 2.
26. Амитровский В. За-Дарьинский край. Географическо-статистические заметки. Газ. «Туркестанские ведомости», 1871, №43.
27. Аублицкий В. Н. Родословная таблица (кара) кыргыз, проживающих в Джеты- суйской области, и краткая их история. Алма-Ата, 1923 г.
28. Аудин С. М. Ковровые изделия Средней Азии. Сборник Музея антропологии и этнографии АН СССР, 1928, VII.
29. Дыренкова Н. П. Брак, термины родства и психические заперты у киргизов. Сборник этнографических материалов А, 1928. вып. 2.

30. Евреинов. Очерк Алайской долины. Сборник материалов по Азии. 1888, вып. 35.
31. Загряжский Г. С. Быт кочевого населения долины Чу и Сыр-Дарьи. Газ. «Туркест. ведомости», 1874, №№25, 27-32.
32. Ошонун эле өзү. Заметки о народном самоуправлении у кара киргизов. Мате- риалы для статистики Туркестанского края, СПб, 1873, III.
33. Ошонун эле өзү. Кара-киргизы. (Этнографический очерк). Газ. «Туркестанские ведомости», 1874, №№ 41, 42, 44, 45.
34. Ошонун эле өзү. Киргизские очерки. Аш, или тризна по умершим. Газ. «Туркес- танские ведомости», 1873, № 1.
35. Ошонун эле өзү. Очерки Токмакского уезда. Газ. «Туркестанские ведомости», 1873. №№ 9, 10.
36. Затаевич А. 260 киргизских инструментальных пьес и напевов. М, 1934 г.
37. Зеланд Н. Кашгария и перевалы Тянь-Шаня (путевые записки). Записки Зап- Сиб. отдела Русского географ. об-ва, 1887, IX.
38. Ошонун эле өзү. Киргизы. Этнологический очерк. Записки Зап-Сиб. отдела Русского географического об-ва. 1885.
39. Иванов Д. А. Охота на Памире. «Природа и охота», 1885, I.
40. Ошонун эле өзү. Путешествие на Памир. Известия Русск. географ. об-ва, 1884, вып. 3.
41. Казанский К. К. Вблизи Памиров (путевые впечатления). Ташкент, 1892.
42. Ковалев Е. П. Очерки быта кара-киргизов. Газ. «Туркестанские ведомости», 1895, №№ 20, 21.
43. Ошонун эле өзү. Убийство Боку Чалкадыкова (Очерки из быта кара-киргизов). Исторический вестник, 1907, № 9.
44. Колбасенко И. С. Киргизская колыбель. Несколько слов об уходе за детьми у киргизов. Протоколы Киевского акушерско-гинекологического об-ва. 1890, VI.
45. Корженевский Н. А. В горах Петра Великого. Труды об-ва зелглеведения, III, СПБ, 1914.
46. Ошонун эле өзү. Киргизская свадьба. Газ. «Туркестанские ведомости», 1913, № 41.
47. Ошонун эле өзү. Краткий отчет о поездке на Памир летом 1923 г. Известия Туркест. отдела Русск. географ. об-ва. 1924, XVII.
48. Ошонун эле өзү. Очерк Памира. Труды об-ва зелллеведения, II, СПб, 1909.
49. Ошонун эле өзү. Поездка на Памир. Кахан и Шуган в 1903 г. Труды об-ва землеведения, I. СПб, 1906.
50. Костенко А. Ф. Туркестанский край. Материалы для географии и статистики России. I—II, СПб, 1880.
51. Краевик. Алай и его обитатели. Газета «Туркестанские ведомости», 1914, №№113-115.
52. Краснов А. Н. Очерк быта семиреченских киргиз. Известия русск. географ. об- ва, 1887, XXIII.
53. Ошонун эле өзү. У подножья Хан-Тенгри. «Азиатская Россия», М, 1910.
54. Куропаткин А. Н. Кашгария. Историко-географический очерк страны. СПб, 1879.
55. Кушакевич А. А. Аулы, урочища и кишлаки, в которых расположены зимовые стойбища кочевников Ходжентского уезда. Материалы для статистики Туркестанского края, 1872, I.

56. Кушнер (Кнышев) П. Горная Киргизия (социологическая разведка), М. 1929.
57. Ошонун эле өзү. Манапство в горной Киргизии. «Революционный Восток», 1927, №2.
58. «Манас». Киргизский народный эпос. М, 1941.
59. Материалы по землепользованию кочевою киргизского населения южной части Ферганской области (Ошский, Скобелевский и Кокандский уезды). Ташкент, 1916.
60. Минаев И. П. Сведения о странах по верховьям Аму-Дарьи (1878 г.). СПБ, 1879.
61. Мушкетов И. В. Памир и Алай. «Живописная Россия», т. X. Русская Средняя Азия СПб-Москва, 1885.
62. Муханов. Памирский район. Ташкент, 1912.
63. Наливкин В. Киргизы Намангандского уезда. Газ. «Туркестанские ведомости», 1881, №20, 21.
64. Обозрение Кокандского ханства во внешнем его состоянии. Записки Русского географ. об-ва, 1849. III.
65. Ошанин А. В. Материалы по антропологии Средней Азии. Киргизы южного побережья Иссык-Куля. Сборник «В. Бартольду». Ташкент, 1927 г.
66. Погорельский П. и Батраков В. Экономика кочевого аула Киргизстана, М. 1930.
67. Покровский Г. В. и Стогов Н. И. Алайские аульные общества Маргеланского уезда в 1909 г. Статистический обзор Ферганской области, 1911 г. (Приложение). Скобелев, 1914.
68. Поярков Ф. Джинны. Из области киргизских верований. «Этнографическое обозрение», 1894, № 1.
69.Ошонун эле өзү. Из области киргизских верований. «Этнографическое обозрение», 1891, №4.
70. Ошонун эле өзү. Кара-киргизские легенды, сказки и верования. Памятная книжка Семиреченской области, 1900.
71. Радлов В. В. Краткий отчет о поездке в Семиреченскую область и на Иссык-Куль летом 1869 г. Известия Русск. географ. об-ва.
72. Ошонун эле өзү. Образцы народной литературы северных тюркских племен. V. Наречие дикокаменных киргизов. СПБ. 1885.
73. Ромм А. Очерк истории изобразительного искусства киргизской ССР, М.—Л, 1941.
74. Рындин М. В. Кыргыз оймо-чиймеси. СССР Илимдер Академиясынын Кыргыз филиалынын эмгектери, т. 1, Фрунзе. 1943.
75. Салагаев К. Медный нос. Поверие. Газ. «Туркест. ведомости», 1901, №45.
76. Сведения о дикокаменных киргизах. Доставлены от генерал-губернатора. Зап. Сибири. Записки русского географ. об-ва, 1861, V.
77.Северцов Н. Путешествие по Туркестанкому краю и исследование горной страны Тянь-Шаня, совершенные по поручению Русск. географ. об-ва. СПб, 1873, VI.
78. Семенов П. П. Первая поездка на Тянь-Шань или Небесный хребет в 1867 г. Вестник географ. об-ва, 1868, XXIII, отд. 2.
79. Ситняковский Н. Ф. Перечисление некоторых родов киргиз, обитающих в восточной части Ферганской области. Известия Туркест. отдела русск. географ.об-ва, 1900, II, вып. I.

www.bizdin.kg

80. Смирнов Е. Т. Сыр-Дарьинская область, СПб, 1887.
81. С. О. В. Байга в Семиречьи (Малая Кебень). Газ. «Туркестанские ведомости», 1912, №№ 222-244.
82. Современный аул Средней Азии (социально-экономический очерк), в VIII, Быстрореченская волость (Фрунзенского кантона Киргизской АССР), Ташкент, 1927.
83. Ошонун эле өзү. Вып. X. Загорная волость (Каракол-Нарынского округа Киргизской АССР), Ташкент, 1927.
84. Современный кишлак Средней Азии (социально-экономический очерк) вып. VII. Араванская волость (Ошского кантона Киргизской АССР), Ташкент, 1927.
85. Соколов А. О кара-киргизах. Газ. «Семиреченские областные ведомости». 1910, №№ 53-58.
86. Сыдыков А. С. Родовое деление киргиз. Сборник «В. В. Бартольду». Ташкент, 1927.
87. Султан Кенисары Касымов в борьбе с кара-киргизами (1845—1846 годы). Газета «Русский Туркестан», 1900. № 2.
88. Тагеев М. А. Памирские киргизы. «Нива», 1897. № 38.
89. Федоров Н. От Оша до Кашгара. Газ. «Туркест. ведомости», 1900 №№ 55—58.
90. Фетисов А. Экскурсия на За Нарынские горы в 1879 г. Газ. «Туркестанские ведомости», 1881, №№ 35, 37-39, 46, 51.
91. Фелъкерзам А. «Старинные ковры Средней Азии», «Старые годы», 1915, VI.
92. Фиелъструп Ф. А. Исследования среди кара-киргиз. Этнографические экспе- диции 1924-1925 гг. Л, 1926.
93. Ошонун эле өзү. Свадебные жилища турецких народностей. Материалы по этнографии, т. III, вып. I. Л, 1926.
94. Хорошхин А. Байтук-батыр (рассказ из кара-киргизской жизни). Газ. «Туркест. ведомости», 1872, №43.
95. Чайковский А. Иссык-Кульский уезд в 1869—1871 гг. Газ. «Туркест. ведомости», 1872, №№ 42, 44-46.
96. Чепелев В. Н. Киргизское народное изобразительное искусство. «Искусство», 1939. № 5.
97. Шкапский О. А. Киргизы — крестьяне (из жизни Семиречья). Изв. Русского географ. об-ва, 1905 г, вып. IV.
98. Ошонун эле өзү. Переселенцы и аграрный вопрос в Семиреченской области. Сборник «Вопросы колонизации», 1906, I.
99. Шнитников В. Н. Поездка по Семиречью, Джаркентскому и Пржевальскому уездам. Изв. Туркест. отдела русского географ. об-ва, 1915. XI, вып. 2, ч. 1.
100. Шрейдер И. И. По окраине. Путевые очерки. СПб. 1893.
101. Шумилов В. О шаманстве у алайских киргиз. Газ. «Туркест. ведомости», 1913, №31.
102. Щукин И. С. Поездка в горы Наманганского уезда (Тянь-Шань) летом 1914 г. «Зелмеведение», 1915, I—II.
103. Эйдригевич Е. В. Козоводство и коза в Киргизии. Фрунзе-Казань. 1939.
104. Ювачев И. П. Курманджан-датха, кара-киргизская царица Алая. Исторический вестник. 1907, № 12.
105. Юдахин К. К. Кыргыз-орус сөздүгү. М. 1940.

www.bizdin.kg

1. Абрамзон С. М. — Творчество киргизского народа. Сб. «Советская этнография», № 3. 1940.

2. «Кыргызстандын 20 жылдыгы» альманахы (Кыргызстан жазуучулар союзунун басылмасы). 1946.

3. Бернштам А. Н. — Ата Мекендик согуштун тарыхы боюнча материалдар. Биринчи чыгарылышы. 1941, Фрунзе, 1943.

4. Боголюбов Н. С. — Советтик Кыргызстандын 20 жылдыгы. «Советтик Кыргыз- стан» 1/Ш. 1946.

5. Виноградов В. А. — Музыка Советской Киргизии. М, 1939.

6. Выставка изобразительного искусства Киргизской ССР (каталог). М.—Л, 1939.

7. «Известия» КирФАН СССР. Вын. 1, 1944 г, вып. И-Ш, 1945 г.

8. Искусство Советской Киргизии. М.—Л, 1939

9. Киргизский музыкальный фольклор. М.—Л, 1939.

10. Кыргыз элинин маданияты жана искусствосу. Фрунзе, 1939.

11. Ромм А. Очерк истории изобразительного искусства Киргизской ССР. М.—Л,

12. Самарин Г. А. — Улуу Ата Мекендик согуш жөнүндө кыргыз элинин ырлары. Академик К. И. Скрябиндин илимий жана коомдук ишинин 40 жылдыгынын урматына жыйнак. СССР КырФАНдын басмасы. Фрунзе. 1945.


13. «Кыргыз ССРинин 15 жылдыгы» жыйнагы. Фрунзе. 1941.

14. «Советтик Кыргызстан» газетасы, № 38 (5645). 22-февраль, 1946-жыл. «Кыргыз ССРинин түзүлгөн күнүнө жыйырма жыл» — (агитаторлорго жана пропагандисттерге жардам) жана — 1946-жылдын 1-мартындагы юбилейлик №43 (5650). 1941 г.

www.bizdin.kg

*II бөлүк*

# Айрым эмгектер жана макалалар



## МАНАПЧЫЛЫК ЖАНА ДИН

Бул макаланын максаты[9] — конкреттүү тарыхый материалдардын негизинде мусулман дин кызматчыларынын «мүлктүүлөрдүн бийлигине» кандайча кызмат кылганын ачып көрсөтүү болуп саналат.

Кыргызстандагы ислам кийинки жүз жылда өзгөчөлүү саясий тарыхты башынан өткөрүү менен өзүнүн өнүгүшүндө кыргыз коомунун феодалдык төбөлдөрү — манаптар менен эң тыгыз түрдө байланышып келген.

Ушул мезгилге чейин сакталып келген жана кээде байлар менен бирдикте жеңиштүү социалисттик жүрүштү токтотууга аракет кылып жаткан манапчылыкка диний идеологияны калыптандырууда жана кыргыз эмгекчи массаларынын арасында исламды терең жайылтууда эң көрүнүктүү роль таандык; ошондуктан манапчылык менен диндин ортосундагы узакка созулган өз ара байланыштардын механизмин ачып көрсөтүү кыргыз элинин тарыхында болуп өткөн жана ушул азыр да болуп жаткан коомдук процесстерди аныктоо ишинде бир кыйла мааниге ээ.

### I

«Кыргыздар Эркеш-туу көтөргүч Мухаммедден тараган». Манаптар менен алардын идеологдору бетине кармаган бул «тарыхий» шилтеме аларга тарыхый фактыларды өздөрү билгендей бурмалоо аркылуу кыргыздардын арасында исламдын жана анын ырым-жырымдарынын алда качантан бери жашап келе жаткандыгын жана анын козголбостугун баса көрсөтүү үчүн керек болгон. Бирок, белгилүү болгондой, ислам Кыргыздардын арасында бир кыйла кечирээк пайда болгон көрүнүш.

Маалыматтары XVI[10] кылымга таандык болгон тарыхчы Сейфи «кыргыздар — капыр да, мусулман да эмес» деп көрсөтөт. Демек ал кезде ислам кыргыздардын арасына эң эле аз тараган.

Эгерде биз бул крайда XIX кылымда келип кетишкен саякатчыларга (Венюков, Грумм-Гржимайло ж.б. ) кайрыла турган болсок, анда алардын кыргыздар жөнүндөгү жазмаларынан биз Сейфи сүрөттөп жазгандан аз айырмаланган көрүнүштү табабыз. Кыргыздар өтө начар мусулмандар катарында сүрөттөлүп, алар «ырым-жырымдарды айылга кожо келгенде, рамазан учурунда», бир жылда бир гана жолу аткарышаары, алардын арасында «өздөрүнүн пайгамбарынын аты-жөнүн билбегендери» да бар экени, ал эми даарат алуу, орозо кармоо ырым-жырымдарын, а түгүл намаздын өзүн да жалпысынан бир аз гана адамдар билишээри айтылат. Эгерде бул сүрөттөп жазууларда кандайдыр бир даражада апыртууларга жол берилген күндө да, тарыхый фактылар менен таанышуу ислам кыргыздардын арасында, мисалы, казактардын арасындагыдай терең тамыр жая албагандыгына ишенүүгө мажбурлайт.

XVII кылымда кыргыздардын жерин калмактар басып алганда алар Ферганanyн аймактарына качып барган мезгилди кыргыздардын ислам менен таанышуусуна таасир берген бир кыйла олуттуу окуя катарында эсептөөгө болот. Ферганада кыргыздар өзбек мусулман молдолоруна туш келишкен, ал молдолор ишенчээк жана куулук-шумдугу жок көчмөндөрдү мусулманчылыкка өткөрүп, муну менен өздөрүнө кирешелердин жаңы булактарын түзүү үчүн үгүт иштерин күчөтүшкөн.

Кыргыздардын көпчүлүк бөлүгү Ферганадан өздөрүнүн эзелки жерине, Тянь-Шандын аймагына[11] кайра кетишкенден кийин көпкө узабай кыргыз калкынын калың катмарын көздөй көпөстөр, алардын артынан пайдакеч жана фанатик

өзбек молдолор менен эшендер келе башташат. Муну менен эле бирге, кыргыз жерлерин Кокон хандыгынын аскерлери басып алуу, өтө маанилүү стратегиялык жана соода пункттарында аскердик чептерди куруу аракеттери жүрүп жаткан эле. Ошентип, аймакты кокондук колонизациялоо мезгили башталып, бул иште алтын мүшөктүн, куралдын жана курандын өкүлдөрү жапа тырмак жана макулдашкан түрдө аракет кылышкан.

Ислам динин таратуу ишинде өзбек молдо-эшендерге манаптар жардамга келишти, алар өз карамагындагы «букараларга» идеологиялык таасир көрсөтүү үчүн аппарат түзүүгө жан-дилинен кызыгдар болушкан.

Өндүргүч күчтөрдүн деңгээлинин төмөндүгү, тез-тез кайталанып туруучу «жуттар» (малдын боо түшүп кырылышын пайда кылган кара тоңголок), уруулардын ортосундагы жана коңшу элдер менен болуп турган барымтачыл согуштук кагылышуулар, дыйканчылыктын начар өнүккөндүгү, ыдырап бүтүп калган уруулук түзүлүштүн күчүн жогото элек каада-салттары өзүнүн көпчүлүк бөлүгүндө шамандык көз караштардын калдыгы болуп саналган элдик диний ишенимдердин комплексинин сакталып туруусу үчүн негиз түзгөн.

Диний түшүнүктөрдүн мындай системасы феодалдык көчмөн төбөлдөрдүн белгилери ачык эле көрүнүп, мителик мүнөздөгү артыкчыл жогорку катмарга тез айланып бара жаткан жана өздөрүнүн кызыкчылыктары менен көздөгөн максаттары бар тап болуп түзүлүп калган манапчылыкты канааттандыра алмак эмес эле. Өз «букараларынын» мал-мүлкүнө, алардын өмүрүнө ээлик кылышып, уруу аксакалдарынан бийликти тартып алган манаптарга элдин тагдырын бийлеген өкүмдарлар катарында алардын кадыр-баркын колдоп, баш ийбегендердин колу-бутун байлап, матоого кызмат кылып бере турган жакшы калыптанган идеологиялык аппарат керек эле. Мындай ролду калкка таасир берүүдө чоң тажрыйбасы бар молдолор менен үгүтчүлөрдөн турган таасирдүү штатка ээ болгон ислам гана ийгиликтүү аткара алмак.

Манаптар исламды биринчилерден болуп кабыл алышып, анын артынан аны өз «букараларынын» арасында, көп учурда мажбурлоо менен тарката башташат. Ушул максатта айрым манаптар өздөрүнө өзбек молдолорун чакырышкан, алар алгач «букараларды» намаз окуу үчүн зарыл керектүү болгон маанилүү аяттарды жана негизги ырым-жырымдарды аткарууга үйрөтүшкөн.

Араб сөзүн биринчи жолу уккан жана анын маанисине түшүнбөгөн кыргыз аны өздөштүрө алган эмес, ушундан улам көп жолу күлкүлүү окуялар да болгон.

Башкалар менен бирге молдодо окуп жүргөн Муратай деген кедей араб сөздөрүн айтканга тили келбей, аны өзүнчө жоромолдоп, кыргыз сөздөрү менен айтат. Арабдардын «paman ijahtьki kavbaoja» деген сөздөрүн айтуунун ордуна кыргызча «малдар жатат кепеде» деген экен.

Мына ушундан улам молдолор намаз окуганда кээ бир мусулман сөздөрү аралашкан байыркы дубаларды окууга жол берген, алар шамандык ырым-жырымдарга байланышкан дубалар болгон.

Кийинчерээк табынуу учурунда айтууга өтө кыйын болгон араб сөздөрүнүн айрымдарын ушул сөздөргө үндөшүп турган кыргыз сөздөрү менен алмаштырышкан. Жүрө-жүрө, исламдын андан ары таралышынын, сабаттуу адамдардын пайда болушунун натыйжасында бата-дубалар кыргыздар үчүн мүнөздүү болгон фонетикалык өзгөчөлүктөргө ылайыкташтырылып, араб тилинде окула баштайт.

Бирок бир нерсе жакшы белгилүү: кыргыздардын арасында ислам узак мезгил бою жана кыйынчылык менен жайылып отурган. Жаңы дин калайык калкка

түшүнүксүз болгон, ал эми «букаралардын» бир бөлүгү исламдын ырым-жырымдарын аткарууга катуу талап коюп, адамдардан зекет түрүндөгү төлөмдөрдү жана башка диний садагаларды чогултуп ала баштаган молдолорго душмандык маанайда мамиле жасашкан. Морлордун бачалык жасашкандыгы жөнүндө фактылар белгилүү болгондуктан жана молдолор кыргыздар жашаган аймактын олуттуу бөлүгүн өз колониясына айлантып, элдин канын соруп жаткан Кокондун мамлекеттик системасынын ажырагыс бир бөлүгү болгондуктан калк кокондук молдолорду жактырышкан эмес.

Ар кандай жыргалчылыктан пайдаланып жашоого умтулуп, ач көздөнгөн молдолор «букаранын» турмушу начар жана баарынан көбүрөөк эзилген бөлүгүнүн арасында эч кандай сүймөнчүлүккө ээ боло албасы айтпаса да түшүнүктүү эле.

Бирок бир кызык нерсе, исламды колдогон манаптардын өз ичинде да айрымдары молдолордун айыгышкан душманы болгон. Мисалы, аскердик-феодалдык төбөлдөрдүн эң ири өкүлү, XIX кылымдын биринчи жарымында сарбагыш уруусун башкарып турган Ниязбеков Ормон хан дал ошондой адам болгон (ага үстүртөн, ал эми кээ бир жерлерде, айрым бир мезгилдерде башка ири урук-уруу бирикмелери болгон бугу, саяк жана солто уруулары да иш жүзүндө баш ийип турушкан).

Ормон хан өзгөчө динчилдиги менен айырмаланган эмес; бирок орозо туткан, сейрек болсо да таңкы намазды окуп жүргөн. Эшендер менен ажыларды дегеле жек көрүп, аларды жанына жакын жолоткон эмес. Бир молдого гана өзүнүн «Ормондун жооп тамасы» деген тарыхын жаздырган, бирок тилекке каршы ал бизге жеткен жок.

Ормон хан жөнүндө төмөнкүдөй бир окуя айтылып жүрөт:

Күндөрдүн биринде ал ажынын туура киши экенин сынап көрүү үчүн ушул максатта Кашкардан келген бир ажыга бир нече чоң жылкыны тартууга берип жатып, аялым ажыга тай-кунандардан тартуу кылыңыз деп кеңеш берди, мүмкүн тай-кунандардан аларсыз дейт. Ажы ага аялдын кеңешин укпоо керек деп жооп берет. Ормон хан ага чоң жылкылардан бир нечесин тартуулап, жолго салат. Бир жылдан кийин жакшы тартуу алам го деген үмүт менен ал дагы келет. Бул жолу Ормон хан ага аялым ажыга чоң жылкылардан тартуула деп кеңеш берди, мен өзүм тескерисинче тай-кунандардан тартуулайын деп турам дейт. Ажы ага: «Аял кандай кеңеш берсе ошондой иштесе да боло берет» деп жооп берет. Ормон хандын катуу ачуусу келип, ажыны белек- бечкексиз эле кууп жибергиле деп буйрук берген экен.

Ормон хан өзү молдолор менен эшендер элди алдап жүрүшөт деп айтчу экен, ошондуктан Ормондун заманында калк «азанчыны» (муэдзиндерди) «оозуңа таш» деген эпитет менен оозандырышкан.

Диний ырым-жырымдарды жетишээрлик даражада бекем тутпаган жана Ормон хан эшен- молдолорго ушундай мамиле жасаган шартта кээ бир изилдөөчүлөр Ормон хандын диний иштерге кийлигишээри жөнүндөгү келтирген маалыматтарды толук чындык деп эсептөөгө болот. Н. Х. Калемин өзүнүн материалдарында[12] мындай деп жазат: «Күндөрдүн биринде (Ормон ханга. С. Л.) анын уруулаштары чоң тартуулар менен келишип, отуз күндүк орозону күнү узак жана ысык жайкы мезгилден кыш айына которуу жөнүндө уруксат сурашат. Ормон дароо эле уруксат берет, ошентип орозо кышка калтырылат.

Бул окуяда Ормон хан ээ болуп турган зор кадыр-барк жана чексиз бийликти эске алуу керек. Буга, атап айтканда, Ормондун жол-жоболорду «мыйзамдаштырган» жарлыгы далил боло алат. Бул «жарлыкта» анын хандыгында төбөсү кызыл тебетейди анын өзүнөн башка эч кимдин кийүүгө укугу жок экендиги, (бирөөнү өлтүрсө) «кун» үчүн — 300 жылкы, бөлөк бирөөнүн аялын ала качып кеткендиги үчүн — 40 жылкы жана уурулук үчүн — 9 жылкы өлчөмүндө айып салына тургандыгы көрсөтүлгөн.

Ормон хандын молдолорго жасаган мындай мамилесинин, жалпы эле анын исламга карата начар мамилесинин негизинде жаткан нерсе исламдын өзбек соода капиталынын ажырагыс коштондусу катарында жайыла баштаганы болду; бул капитал крайды оторлоштургандан кийин кыргыздардын мал чарбачылыгына ургаалдуу түрдө кирип, анын натуралдык негизин буза баштаган болучу, Ормон хан болсо өзбек соода капиталынын кыргыз чарбасына жайылтылышына каршы болгон, ал кокондук хандыкка карама-каршы, туруктуу эмес болсо да, өзүнүн саясий биримдигин түзгөн эле. Бирок бул Ормондун өзүнө марал-бугулардын мүйүздөрүн сатуу боюнча ири операцияларды жүргүзүүгө тоскоолдук кылган эмес.

Ошондой болсо да, булардын бардыгы манаптарга, алардын ичинде Ормон хандын айлана-чөйрөсүндөгүлөргө исламды өздөрүнүн таптык кызыкчылыктары үчүн пайдаланууга тоскоолдук кылган эмес. Ормондун башкы кеңешчилеринин бири — өзүнүн ашынган динчилдиги менен таанылган жана кыргыз элинин келечеги жөнүндө алдын ала айткан көрөгөчтүгү менен атагы чыккан Калыгул болгон (ал Асык уруусунда жети жашынан эле «сопу», б.а. , суфий аталган).

Ислам, акырындык менен үстөмдүк кылган динге айланып отуруп, кыргыздардын арасында кеңири тараган байыркы диний ишенимдер жана ырым- жырымдар менен тил табышып, жашоосун уланта берген.

Бир нече мисал келтирели: казактардын султаны Кененсарынын бир тууганы — Ноорузбайды согуштун учурунда кыргыздар колго түшүрүп өлтүргөндө, казактар өлтүргөн Эркалпак деген кыргыздын аялы Ноорузбайдын ичин жарып, үч жолу канын ууртаптыр. Алибек деген душманын колго түшүрүп өлтүргөндө Ормондун уулу Үмөталы анын жүрөгүн кесип алып, жүрөктөгү канын ичкен экен.

Кыргыздарда «мүчөл» деген салт болгон, жигит үчүн жакшылык менен өткөн ар бир 12 жылда (айбандар цикли) той өткөрүлүп, кандайдыр бир кымбат баалуу курмандык чалынган. Ушундай тойлордун биринде Үмөталы бир чалды өлтүрүп, курмандык чалууга буйрук берген.

Уруулардын ортосундагы же коңшу элдер менен болгон согуштук кагылышууларда, кала берсе анча деле алыс эмес мезгилдерде колдонулуп келген мыкаачылыктарды сүрөттөп жазып отурса өтө эле көп орунду алаар эле.

Н. Х. Калемин төмөнкүдөй бир мисал келтирет: бугу жана черик деген кошуна урууларды көп жолу талап-тоноо менен, ал (Ормон хан. С. А.) колго түшкөн туткундарды а дегенде «көгөнгө» (койлорду байлоо үчүн кыргыздар пайдаланган майда илмектери бар аркан) байлап туруп, койдой мууздачу экен. Мындай учурда көпчүлүгүндө желдеттин милдетин анын уулу Үмөталы аткарган.

Ормон хандын заманы жөнүндө аңгеме айтып бергендердин көпчүлүгү Ормондун ордосунда дарга болгонун, ал эми кыйыр түрдөгү маалыматтар айрым учурларда өлүмгө өкүм кылынгандарды өрттөп өлтүрүшкөнүнөн кабар берет.

Акырында келип, Ормондун тушунда кулчулук да сакталып турган. «Кулдар» ат чабыштарда мал менен бирге байгеге сайылган, бир манап экинчи бир

манапка тартууга берген, малга айырбашталган, ал эми айрым учурларда кулдар мал менен бирге калыңга берилген.

Бул фактыларды келтирүү менен биз ислам кыргыздардын моралдык жол-жоболоруна жана турмуш-тиричилигиндеги эреже-тартиптерине эң эле аз өзгөртүү киргизе алгандыгын, өзүнүн таралышынын алгачкы мезгилдеринде өтө эле жупуну ролду ойногонун баса белгилеп кеткибиз келет. Шаманчылык менен байланышкан түшүнүктөр, «кара күчтөргө ишенүү» али жетишээрлик түрдө бекем болгондугунда эч кандай шек жок. Жогоруда эскерилген Үмөталынын жеке кол алдында Талканчы деген «ордолук» бакшысы[13] болгонун айтсак эле жетиштүү болот.

Бакшыларды өздөрүнүн атаандаштары катарында эсептеген жана ошону үчүн аларды жек көргөн молдолор, ажы менен эшендер (ал кезде бакшылар эл арасында өтө зор кадыр-баркка ээ болуп турушкан) ар кандай жолдор менен калктын бакшыларга болгон ишенимдерин кетирүүгө аракеттенишкен.

## *II*

Манаптар үчүн мусулман дин кызматчыларын пайдалануунун пайдасы бар экени ачык эле көрүнүп тургандыктан кийинчерээктеги манаптардын муундары алар менен эң эле тыгыз байланыштарды түзө башташат.

Буга олуттуу даражада 60-жылдарда крайды падышалык өкмөттүн аскерлеринин жеңип алышы түрткү берди. Ушундан кийин кыргыздарга прогрессивдүүрөөк болгон татар молдолор көбүрөөк келе баштады, алар ырым-жырымдарды аткарууну анчалык катуу талап кылбай, зекет албай, кокондук молдолорго караганда калк арасында чоң кадыр-баркка ээ болууга жетишкен.

Биз бул жерде көптөгөн эски изилдөөчүлөр жол берип жүргөндөй исламды жайылтуу ишинде крайды орустардын каратып алышынын маанисине ашкере баа берилип келгенин белгилеп кеткибиз келет. Алсак, Наливкин өзүнүн «Кокон хандыгынын тарыхы» деген эмгегинде «... орустардын келиши менен кыргыздар эмне үчүндүр мусулманчылыкка ыкташууну зарыл деп табышканын» ачык эле айтат. Мындай сын көз менен карабаган, идеалисттик маанайдагы пикир чындыкка ылайык келбейт, анткени исламга крайды орустар каратып алгандан алда канча мурда эле жол ачылып калган болучу, ал эми крайды орусиялык капитализм оторлоп алган доордогу турмушта пайда болуп жаткан жаңы социалдык-экономикалык жана саясий шарт- жагдайлар кыргыз калкынын калың катмарына исламды жайылтуу боюнча мурда эле башталган процессти тездетип жиберген жана исламга кыргыз жеринде алгачкы тамырларын жаюуга жардам берген ошол эле манаптар падышалык жеке бийликке кызматка өтүү менен бирге ислам идеологиясын жайылтууга мурдагыдан да зор күч-кайрат менен киришкен.

Жогоруда айтылгандардан манаптар кыргыз айылдарынын социалдык структурасы менен тыгыз байланышта болгон жана өзүлөрүнө киреше алып келип, кадыр-баркын көтөрө турган элдик диний ишенимдердин калдыктарын дегеле этибарга алган эмес деген тыянак чыкпайт.

Манаптардын ыйык токойлорду, булактарды (мазарларды) пайдаланганын айтсак эле жетиштүү болот; ал жерлерде манаптардын жетекчилиги менен чоң-чоң курмандык чалууларды — түлөөлөрдү өткөрүшкөн, мындайлар мусулман майрамдарынын учурунда да (мисалы курман айтта), ошондой эле кандайдыр бир табият кырсыктары болуп калса (кургакчылык, жут, жер титирөө ж.б. ) өткөрүлгөн.

Буга көп эл катышкан «тойлорду» (бала төрөлгөндө, үйлөнгөндө ж.б. ) жана «аштарды» да кошууга болот, аш берүүнүн жол-жобосу мусулмандаштырылган болсо да, олуттуу даражада элдик каада-салттарды да камтып турган. Дал «тойлор» менен «аштар» биздин күндөргө чейин манаптар үчүн жеңил олжо табуунун ыгы (буларды өткөрүү учурундагы зор чыгымдардын бүткүл оорчулугу айыл-кыштактардын кедей-орто катмарларынын мойнуна түшкөн) жана манаптардын калайык калкка болгон саясий таасирин бекемдөө үчүн белгилүү бир системасы болгондуктан Кыргызстандын өкмөтү «аш» менен «тойлорду» өткөрүүгө тыюу салуу жөнүндөгү чечимге келген.

Манапчылыктын өзүнүн феодалдык маңызынын улам көбүрөөк көрөңгөлөнүүшүнүн, андан кийин капиталисттик эксплуатациянын усулдарын пайдаланып, падышалык жеке бийликтин бекем таянычына айлануу жолундагы андан аркы өзгөрүшү менен бирге мусулман диний кызматчылары да акырындык менен манаптардын бийлик системасы менен тамырланыша баштагандыктан көпчүлүк ири манаптардын кол алдында молдосу бар мечит (мындайча айтканда «диний бийлик») граждандык бийлик менен башкаруу аппаратынын курамдык бөлүгү болуп калат.

Солто уруусунан чыккан ири манап Чолпонкул Тыналин[14] бийликтин кеңири уюмдашкан аппаратына ээ болгон. Анын уулу менен бирге 300 үй-бүлөдөн турган букаралары болгон, алар 10 жигиттин жардамы менен башкарылган[15]. Чолпонкулдун карамагында 965 букаралары бар 19 дан көбүрөөк майда манаптар болгон, аларды 44 аткаминер[16] жана 54 жигит аркылуу башкарып турушкан. Чолпонкулдун малдан турган капиталы (майда мал эсе- бинде) 44000 койду түзгөн, ал эми анын манаптарынын (алардын жеке менчигиндеги малы) капиталы 919400 койду түзгөн. Чолпонкулдун уулу жана ага баш ийген манаптардын бири молдонун милдетин аткарышкан, калган бардык манаптар үч мечитти кармап турушкан. Чолпонкулдун өзү сабаттуу жана көп окуп, көптү билген адам болгон, ал түрк жана фарсы тилдеринде да окуй алган. Ал болуштук башкаруучу болгон, медалы жана ардак халаты бар, динчилдиги менен айырмаланган адам болуп, Мекеге да барып келген. Бирок булардын баары 1916-жылы кыргыздардын көтөрүлүшү учурунда көтөрүлүшкө катышууга даярданып жатышкан бир нече жүз кыргызды бийликтин колуна өткөрүп берүүгө жолтоо болгон эмес, аларды атып салышкан.

Сарбагыш уруусунан чыккан манап Жантайга 8 манап баш ийип, алар Жантайдын кеңешин түзгөн. Алардын карамагында 20 аткаминер, 20 жигит жана 770 үй-бүлөдөн турган «букаралары» болгон. Бул манаптардын жалпы капиталы (өздөрүнүн жеке менчигиндеги гана, майда малга которгондо) 117400 койго барабар болгон. Манаптын бешөө молдолору жана мусулман мударистери бар менчик мечиттерди кармап турушкан.

1000 ге жакын кожолуктан турган «букаралары» бар манап Канат Абукин өзүнүн менчик мечитинен башка да жаңы усул мектебин (диний мектепти) кармап турган. Канат падыша өкмөтүнө карата жакшы мамилеси менен айырмаланган эмес, ал 1916-жылдагы көтөрүлүштүн учурунда анын башкы жетекчилеринин бири болгон. Ал Темирболот, Абаилде жана Кочкор болуштуктарына хан болуп шайланган.

Ири манаптардын менчик мечиттери болгон. Алар: Мусакожо Келдибеков (700 үй-бүлөлүү букарасы бар, болуштук башкаруучу болгон; анын бир тууганы Аалыны 1907-ж. өкүмчүлдүгү жана салык, параларды көп алгандыгы үчүн кедейлер өлтүрүп салышкан), Касымалы Мамбетов (болуштук башкаруучу, бай,

600 дөй үй-бүлөдөн турган букаралары болгон, соода жүргүзгөн, «букараларынан» ири салыктары алып, аларды ырайымсыз түрдө эзгендиги менен айырмаланган), Түркмөн Сарпеков (мал жана кездеме саткан ири соодагер, сүткор, чоң помещиктик чарбагы болгон, кедейлерди эксплуатациялаган) жана дагы көптөгөн башкалар.

Көптөгөн манаптар өздөрүнүн «штаттык» молдолорун кармап турган. Алардын ичинде Калпа (саяк уруусунан чыккан белгилүү манап), Боогачы, Алагуш Мурзалин (манап, сарбагыш уруусунан), Султан Далбаев ж.б. бар. Султан Далбаев бир кызык адам болгон экен. Ал болуштук башкаруучу болгон, анын жигиттери уурулук кылып, өзү көп кой салык, пара алган, кыргыз кедейлери иштеткен жерлерди көчүрүлүп келген орус кулактарына оңду- солду сата берген.

Портреттердин бул тизмеги дин кызматчыларынын колдоосунан пайдалангандардын социалдык бейнесин жетишээрлик түрдө мүнөздөп турат. Манаптар менен дин кызматкерлеринин мына ушундай кошоктошуп кетишинин натыйжасында диндин таасири өзгөчө күчтүү болгон манаптардын өзгөчө очоктору түзүлүп, бул очоктор диний идеологиянын өзүнчө бир булагы болуп саналган, а түгүл азыр да алардын таасир чөйрөсүндөгү, мисалы, аялдардын арасындагы динчилдиктин күч алышы сыяктуу көрүнүштү байкоого болот.

Кыргызстандагы диндин мындай очокторун таап, аныктоо кудайсыздар кыймылынын эң маанилүү милдеттеринин бири болуп саналат.

Бирок бул динди өз кызыкчылыктары үчүн пайдаланган манаптардын өзүлөрү дайыма динчил болушкан дегендик эмес. Мына алардын айрым мисалдары.

Мурзабек Дыйканбаев — болуштук башкаруучу болгон, европалыктарча асем менен, бай жашаган, динсиздиги жана бузукчулугу менен белгилүү болгон. Өзбек (ысым) — манап, эң ири. бай, дээрлик миллионер (бардык малын майда малга которгондо 80 миңге жакын кою болгон), динсиз, жеткен аракеч адам катарында белгилүү болгон.

Казы Чокинов оюна келгенин иштеген ээн баш манаптын үлгүсү болгон, «букараларын» кордогон. Анын кылык-жоруктары исламдын жол-жоболору менен дегеле сыйышкан эмес. Манаптардын ушундай тибин мүнөздөө үчүн Н. Х. Калеминдин цитата келтирген материалдарынан Казы Чокин жөнүндөгү үзүндүнү келтиребиз, ал отуз жылдай болуштук башкаруучунун кызматын ээлеп турган, ал эми совет бийлигинин тушунда 1926-жылга чейин Ат-Башы болуштугундагы советтик жана партиялык аппаратты өз колунда тутуп, аны өзүнүн койгон жан-жөкөрлөрү аркылуу өз билгениндей башкарып турган.

«Казы өз уруусунун байлыгын чачкан, жеткен аракеч адам болгон. Жыл сайын, күзүндө Эсенгул болуштугунун ар бир кожолугунан анын пайдасы үчүн 10 койдон, ал эми жазында 10 рублден чогултулуп турган. Талап кылынган койлор менен акча колунда жок кедейлер аялдары менен ажырашып, кайрып алган калыңдан Казыга салык төлөөгө аргасыз болушкан. Ушундай жол менен алынган дүнүйө-мүлктү аракканаларда арак ичип, мас болуп, алаңгазарлык менен чачып түгөткөн, ар жолку ичкилик ичүүдө 200 дөн кем эмес рубль төлөгөн. Жолго чыккан учурларда анын артынан дайыма куржунга арак- шараптарды кошо ала жүрүшкөн. Ар кандай тейлөө кызматтарына жана майда-чүйдө буюмдарды сатып алганда жүз сомдук кагаз акча төлөп, ашыгын кайрып берсе алган эмес.

Өзүнүн ат багарына да атынын жем-чөбү үчүн 100 рубль берген. Биринчи эле жолуккан адамдарды күрөшүүгө мажбурлап, жеңгенге караганда жеңилген адамга көбүрөөк төлөгөн. Өзүнүн үч аялын Казы «физкультура» ойноого

мажбурлап, чуркатып, жарыштырып, биринчи чыгып келгенин байге катарында эркелетип ыраазы кылчу экен. Көлбай Кубатбеков деген неме орус дыйканынын укугуна ылайык дыйканчылык кылууну чечет. Казы наржаны (уруулук адат укугу) буздуң деп, нарындык полицейге Көлбайды сабоого буйрук берет. Бул буйрукту аткарган полицай айыпкердин бүт тишин кагып салат, ал эми Казы болсо тиши жок айыпкерди бир ай бою төөнүн этин (өтө катуулугу менен айырмаланат) жедирип, муздак суу берип багат. 1920-жылы макаланын авторун (газетадагы. С. А.) анын өткөн кылык-жоруктарын жазгандыгы үчүн Ак-Жарда жашаган Буудайчы Балбаев дегенди мажбурлап аялдын кийимин кийгизип, уйлар менен бээлерди саадырып мазактаган.

Шабдан Жантаев сыяктуу ири манап Казы Чокиновго толук карама-каршы бейнедеги адам болгон, ал өзүнүн бүткүл саясаты менен исламды бекемдеп, молдолордун кадыр-баркын көтөрүүгө умтулган. Ошондуктан манаптардын ичинде кээ бирөөлөрү өздөрү динчил болушпаса да, калайык калкка диний таасир көрсөтүүнүн маанисин түшүнүшүп, бул үчүн тийиштүү шарт-жагдайларды түзүп беришкен. Сооронбай Кудаяров деген манап ушундай адам болгон, анын 1500 дөй үй-бүлөдөн турган кожолугу болгон, өзү уезддик начальниктин (Пишпек уездинин) кенже жардамчысынын кызматын ээлеген, Токмок шаарында өз каражатынын эсебинен чоң мечит салып, анда «Карамолдо» деген белгилүү молдону кармап турган.

Шабдан Жантаев XIX кылымдын соңундагы жана XX кылымдын башы чендеги Кыргызстандын түндүгүндөгү коомдук-саясий окуяларга көрүнүктүү таасир тийгизе алган эң ири тарыхый инсан болгондуктан, биз анын тушунда диндин ойногон ролуна жана өзүнүн саясий ишмердигинде Шабдан ага кандай орун бергендигине бир кыйла толугураак токтолуп өтөбүз.

Өзүнүн «бийик» манаптык тегин, кыргыз калкынын арасындагы өзүнүн зор кадыр-баркын жана өзүнө болгон ишенимди пайдалануу менен, Шабдан бул ишенимди падышалык өкмөттүн колонизатордук кызыкчылыгы үчүн билгичтик менен пайдаланган, крайды жеңип алгандан кийинки алгачкы жылдарда көчмөндөрдү жаңы бийликке «көнүктүрө» отуруп, калайык калктын көз алдында арааны ачылып, алкы бузулган орус баскынчылардын аракеттерин жымсалдап көрсөтүп, өзүнүн таасиринин күчү жана чексиз бийлигинин жардамы менен баш ийбегендерди тилге келтирип турган.

Шабдандын ролу кыргыз калкынын көпчүлүгү кол астында турган Кокон хандыгын багындыруу учурунда «орус куралынын» баалуу жардамчысы катарында гана эмес, падышалык өкмөттүн да колунан келбей турган, калайык-калкка таасир берүүнүн бүткүл тизгин-чылбырын өз колуна топтоп алган, монархтын эркин аткарып турган, берилген ээнбаш катарында да зор болгон.

Албетте, падыша өкмөтү Шабданга карыздар болуп калган эмес, ал ага падышанын ырайымдуулугу жана макулдугу менен ар кандай сыйлык, урматтарды жоомарттык менен төгүп берип турган. Александр IIIнү такка отургузуу асеми болгон күнү Шабдан полициянын аскердик старшинасы деген чин алган, ар түрдүү себептер боюнча ал медалдар, ордендер, ардак халаттар, алкыш грамоталары менен сыйланып турган, а түгүл омүрү өткөнчө пайдалануу үчүн 400 теше жер да алган.

Шабдан Пишкек уездинде жана ага жакын жаткан Верненск, Пржевальск жана Олуя-Ата уезддеринин болуштуктарында өзгөчө күчтүү таасирге ээ болгон, бирок ал таасир тигил же бул түрдө Кыргызстандын бүткүл түндүк аймагында да көрүнүп турган.

100 миң адамдан көбүрөөк калкы бар мындай ири аймакты баш ийдирип кармап туруунун зарылдыгы Шабданды бийликтин өтө тармактанган аппаратын түзүүгө аргасыз кылган. «Чоң саясаттын» маселелери боюнча иш алып барышкан эң башкы кеңешчилери болгон Манантайдан, Байаке Күнтугановдон жана Боромбай Ыраевден башка да, акылдуулугу менен, же чечендиги менен, же калк ичинде чоң таасирдүүлүгү менен айырмаланган онго жакын кеңешчилери, бир кыйла жооптуу тапшырмаларды аткара турган 5—6 кенже кеңешчилери (алар улук жигиттер деп да аталган), ар түрдүү майда-барат тапшырмаларды аткара турган 15—20 чабарман жигиттери болгон. Шабданга 30—35 болуштуктун башкаруучулары, алар аркылуу (жарым-жартылайы түздөн-түз) 500—600 айыл старчындары менен бийлер (эл сот- тору) түздөн-түз баш ийип турган; старчындар менен бийлер ири жана майда манаптар менен бирдикте бир нече миңдеген атка минерлер аркылуу калган бүткүл «букараны» мыкчып турган. Ошентип, Шабдандын кызматында манаптардан, байлардан жана жергиликтүү администрациядан турган курама аппарат болгон. Ири уруулардын көбүрөөк кадыр-барктуу манаптары Сарыбагыш Мыктыбеков, Рыспек Осмонбеков, Сулайман Корчуев (солто уруусу), Көкүмбай Чинин, Байзак Таукин, Рыскул Нарбутин (саяк уруусу) жана башка бир катары Шабдандын достору болгонун да эскертип кетүүбүз керек.

Шабдан уезддик жана облустук падышалык администрация менен тыгыз байланышып турган, Түркстан генерал-губернатору менен тааныш болгон. Өзүнүн ишмердигинде ал жергиликтүү соода буржуазиясы менен бир кыйла жакын алакада болгон.

Шабдан өзүнүн жеке кол алдындагы аппаратында катчыларды, котормочуларды, эсепчини, квартирмейстерди жана ушу сыяктууларды кармап турган. Анын идеологиялык аппараты жөнүндө биз төмөндө айтабыз.

Шабдан өзү ашкере динчилдиги менен айырмаланган, буга, атап айтканда, чакырылып келген Жылма молдонун жардамы менен динчил атасы Жантайдын берген диний тарбиясы себеп болгон. Бирок бул жаш курагында шайдоот жигит, барымтачы болууга, жылкы уурдоого, бөлөк урууларга кол салып, жүздөгөн баш мал тийип келүүгө тоскоолдук кылган эмес. Дин жагынан Шабдан ага келген ажылардан көптү үйрөнгөн. Шабдан (кайсы убакта жатпасын) таң заарда туруп, муздак суу менен жуунган. Кайда барбасын, кайсы жерде болбосун — бардык намазын даарат алып окуган. Анын ырым-жырымдарды аткарууну катуу карманганын төмөнкүдөй бир окуя айгинелейт. Бир ири жер титирөө болгон күнү Шабдан Токмоктогу мечитте экен. Намаз окуп жатканда жер титирей баштаганда бардыгы мечиттен чыга качышат, жалгыз Шабдан гана ордунда калып, шашпай намазын окуп бүткөндөн кийин сыртка чыгат. Шабдан ичкилик ичкен эмес, чылым чеккен эмес.

1904-жылы декабрда Шабдан Мекеге ажыга барып, ал жактан 1905-жылы майда кайтып келет. Аны менен кошо анын квартирмейстери Өмүрзак, Байаке жана дагы бир нече киши барышат. Шабдандын Мекеге барууга даярданып жатканын уккан кыргыздар жолго деп ага көптөгөн акчаларды алып келип бере башташат, кала берсе эң алыскы райондордон да келишет. Жолдо да аны тосуп алышып, акча менен жабдышат. Мекеге барууга ага-туугандары тарабынан бир кыйла каражат чогултулса да, анын көпчүлүк бөлүгү калктан түшкөн, мында, албетте, башкы ролду манаптар ойногон, алар молдолордун колдоосу менен элдин диний маанайын көтөрүшүп, курмандык чалуунун толкунун пайда кылышкан. Бир маалымат боюнча Шабдандын жанында 10 миң рубль, башка бир

маалымат боюнча — 30 миңдей рубль болгон. Саякаттын учурунда Шабдан Гежас темир жолун курууга 2500 руб. садага берген, бул үчүн ал медаль менен сыйланган. Кайтып келе жатканда Шабдан Константинополдо бир айга жакын туруп, ал жерде түрк төрөлөрү менен бир катар жолугушууларды өткөрөт. Бул жерде биз, калыбы, белгилүү бир диний-улутчулдук, панислаллдык тенденцияны байкай алабыз, мындай тенденция Шабданга гана эмес, бир катар башка ири манаптарга да мүнөздүү болгон.

Шабдан өзүнүн айлана-чөйрөсүндөгү бардык адамдарга дин жагынан өтө катуу талап койгон. Өзүнүн бардык аялдарынан намаз окууну талап кылган, анын аялдарынын бири Шааке Мекеге саякатка да барып келген. Жолдо ал Бухаранын эмирине барып, Шабдандын ага берип жиберген тартуусун — кымбат баалуу тонду тапшырат. Шааке да негизинен калктын каражаты менен барып келген. Шабдан дээрлик бардык жакын туугандары менен жан-жөкөрлөрүн ажыга барууга мажбурлаган. Мекеге анын үч бир тууганы — Төлө, Иманалы жана Мамут, 2 башкы кеңешчиси, улук жана кенже кеңешчилери менен жигиттеринен 10 дон көбүрөөк адам барып келишкен.

Манапбай (ырым-жырымдарды бекем аткарган, өзүнүн менчик мечити болгон, уулу Бухара медресесинде окуган), Боромбай (ал өзү гана эмес, анын уулдары да Мекеде болушкан), Андаш, Байтума ж.б. сыяктуу динчил адамдар менен катар Шабдандын жан-жөкөрлөрүнүн ичинде өзүнүн ырайымсыздыгы менен кеңири белгилүү болгон, а түгүл «каничер» деген ылакап атка конгон Байаке да болгон. Дин менен желдет коюндашып жашап турган.

Чоң-Кемин суусунун өрөөнүндөгү Шабдандын чарбагында европалык типтеги үйдүн катарында наркы 15 миң рублге жакын болгон зор мечит курулган. Аны курууда жумшалган каражаттын негизги үлүшү зекет жана ошондой эле башка салыктар менен жыйымдар ж.б. түрүндө калктан чогултулган. Мечитте Шабдан имамды кармап турган, ал бир эле убакта балдарды диний сабаттуулукка окуткан. Алсак, Ялмиха деген татар он жылга жакын Шабданда имам болгон, ал куранды жатка билген деп айтышат. Анын 300 гө жакын окуучусу болгон.

Окуучуларга акча төлөөдөн башка да калкка диний керектөөлөр үчүн зекеттер менен жыйылдарды да төлөөгө туура келген. Эгерде молдого эмгек акысы аз болуп көрүнсө, Шабдан ага өз каражатынан кошумча акы төлөгөн. Балдар атайын курулган медреседе окуган, мындан башка да Шабдандын уулдарынын бири, өзүнүн динчилдиги менен айырмаланган Хисаметдин медресе үчүн өз үйүн берген. Ал жаңы усул мектебин кармап турган, анда уралдык казак Нуретдин жана казандык татар Нурали Мамин мугалим болуп иштешкен. Хисаметдин диний билиллди Ферганада (Наманганда) жана Токмокто алган, бир аз убакыт орус-тузем мектебинде мугалим болуп иштеп, кийин узак убакыт бою молдонун милдетин аткарып, көптөгөн зекеттерди чогултуп алып турган. Бир жолкусунда ал 1000 баш койдон турган зекет чогултуп, калктын арасында чоң күңкүл туудурган экен.

Шабданга келген ислам дин өкүлдөрүнүн кимиси болбосун ал тарабынан жылуу тосулуп алынган. Ага келип-кеткен көптөгөн өзбек жана татар эшендер анықында 1—2 айлап жатып, айрымдары мечитте 1—2 жылдай жашап, балдарды окутушкан. Ага келген ажылар менен имамдардын эч кимисин тартуу бербей куру кетирген эмес. 1895-жылы наманганлык бир ажыга Шабдан 200 жылкы чогултуп берген, ал эми Шабданга «визит» менен келгенден кийин 50—100 жылкыны алдына салып айдап кеткендер аз эмес болгон. Шабдандын колунда эч кандай жеке менчиги жок болгондуктан, бул «белектер» жакынкы

болуштуктардын «букараларынын» мойнуна сезирээрлик оор жүк болуп түшкөн. Мындай жоомарттык Шабданга даңаза алып келип тургандыктан ал өзүн эч качан мындай даңазадан куру калтыргысы келген эмес, анын жоомарттыгы жөнүндөгү даңк-даңазалар Орто Азиянын бардык булуң-бурчтарына чейин тарап (Ферганадан, Бухарадан жана Ташкенттен гана келбестен, Кашкардан да келип турушкан), анын калк арасындагы кадыр-баркын чыңдаган, анткени алар Шабдандыкында болушканда диний үгүт-насыяттарды күчөтүп жүргүзүп турушкан.

Мусулман эшен-молдолорду Шабданга негизинен дал дүнүйө-мүлккө ээ болуу кызыкчылыгы тартып турган, анткени алар Шабдандан ал өзү каалап берген белек-тартууларды алуу менен гана чектелбестен, өздөрүнүн жигердүү аракеттери аркылуу да көптөгөн белек-бечкектерди чогулта алышкан. Бир кыйла ири ажылар менен эшендер өздөрүнүн келе тургандыгы жөнүндө Шабданга алдын ала кабар беришкен, Шабдан аларга жигиттерин жиберип, жолдон тосуп алышып, алар үчүн өзүнчө өргө көтөрткөн. Келген эшендердин айрымдары кыргыздардын арасынан өзүнө шакирт-мюрилдерди («мурут») тартышкан, ал муруттар кадимки эле кызматчы жигиттерге айланып, иш жүзүндө алардын бардык тапшырмаларьш аткарып турушкан. Кыргыздарга белек-бечкек берип, аларды өздөрүнө тартуу үчүн кожолор менен эшендер таттуу даам-татымдарды, майда-барат буюмдарды (киш-миш, өрүк, топу, саймаланган кур ж.б. ) камдап ала келишип, аларды «колко» катарында пайдаланышкан.

Алардын айрымдары айла-амалдарды колдонушуп, өздөрүн көчмөндөрдүн көз алдында жөнөкөй адам эмес экенин көрсөтүүгө умтулушканы жөнүндө кептер айтылып жүрөт. Алар боз үйдө отуруп, аларга тартуу үчүн кандай мал жетелеп келгенин так айтып беришкен. Көрсө бул өтө эле жөнөкөй нерсе экен. Аларда малдын түрүнө карата белгиленип коюлган жигиттери болгон. Эгерде үйгө жылкыны билдирген жигит кирсе, анда кожо жанында отурган- дарга ага тартуу кылып ат жетелеп келгенин жаңылбай эле айта алган.

Бийликтин жана башкаруунун шабдандык аппаратынын бул бөлүгү дер-виштер («дубаналар») менен олуттуу түрдө толукталып турган. Шабдан кайыр-чыларга, көзү ачыктарга жана «дубаналарга» өзгөчө сүйкүмдүүлүк менен мамиле жасаган, алар зыяратка келгендей эле топ-тобу менен келе беришкен. «Дубана» Шабдан үчүн «пропагандачылардын штаттан тышкаркы институту», манаптар үчүн өзүнчө бир «агитпроп» болгон, аларга жоомарттык менен акы төлөнүп турган. Ал гана эмес, алар Шабдандан түнөк таап, камкордукка бөлөнүп, тамак-ашка тоюнушкан. Шабдан аларга акча берип, үстүндөгү кийип турган кийимин чечип бергенди, дайыма дээрлик мал жетелеткенди жакшы көргөн. Шабдандан ат жетелеп кетпеген кайырчы же «дубаналар» өтө сейрек болгон. Эгерде анын колунда мал жок болуп калса, ал жигитин өз букараларынын кимдир-бирөөнө жиберип, алып келген атты же койду андайларга тартуу кылып жөнөткөн. Буга окшогон адамдар Шабдандын үйүнөн эч качан үзүлгөн эмес. Алардын айрымдары Шабдандыкында бир нече күн, ал эми кээ бирөөлөр жумалап жашаган. Жылуу-жумшак сый көрүп, тартуу алган «дубаналар» Шабдандыкынан чыгып, айыл-кыштактарды кыдырып ак уруп,

Мухаммед менен Шабдандын ысымдарын даңазалашкан. Шабданга мындан башканын кереги жок эле.

Өмүрүнүн акырында Шабдан (ал 1912-ж. өлгөн) анын өзү жана ата- бабалары жөнүндө китеп жазмакчы болгон Осмонаалы Сыдыков деген кыргыз молдо менен көп аңгемелешип, ага акча жагынан да жандуу колдоо көрсөткөн. Бул

китеп 1913-жылы Уфада кыргыз тилинде басылып чыгат. Анда манапчылык, айрыкча Шабдан макталат. Китеп калыс эмес, бир жактуу жазылып (баса бул кыргыз тилиндеги биринчи китеп), тарыхый фактыларды бурмалап, манаптарды идеалдаштырып көрсөтөт. Өз учурунда китеп манаптар үчүн, калыбы, баалуу документ катарында кызмат кылса керек, анткени ал манаптардын «букараларды» эзүүгө жана эксплуатациялоого болгон кебелбес укугун бекемдеген, анын үстүнө ал диний идеология менен өтмө катар сугарылган китеп болгон. Шабдандын өзү сабатсыз болгон менен мусулмандык диний аңгемелерди укканды өтө жакшы көргөн.

Шабданды көмүү жана «ашы»[17] манапчылыктын төбөлдөрүнүн орус падышачылыгы менен байланышын, анын күч-кубаттуулугун жана эмгекчилердин калың катмарына тийгизген таасирин кеңири даңазалап көрсөткөн. Ошондуктан биз Шабданды көмүүнү жана анын ашын сүрөттөп жазууну кызыгарлык деп эсептейбиз.

Шабдандын сөөгүн көмүүгө Пишпек, Пржевальск жана Верный уезддеринен 7 миңдей адам келген, булардын арасында ал жерде жашаган бардык улуттардын өкүлдөрү болгон. Жүз казак-орус менен Токмоктун приставы да катышат. Коноктор өлүктү көмүүгө кеткен чыгымдардын ордун толтуруу иретинде 350 жылкы, 2500 рубль акча, кымбат баалуу ат жабдыктар менен токулган 9 күлүк ат, үч ат чегилген 1 экипаж, 100 дөн ашык ар түрдүү чепкендер (алардын ичинде парчадан жана жибектен тигилгени да бар), кездемелер ж.б. тартууга алып келинген. Өлүктү көмүү учурунда киши өлтүргөндүгү үчүн түрмөдө отурган Шабдандын уулу — Мөкүш камактан чыгарылган.

Бирок өлүктү көмүү иштин башталышы гана болучу. Чыныгы салтанат — Шабдандын «ашы» ошол эле жылы октябрда Жети-Суу облусунун губернаторунун атайын уруксаты боюнча өткөрүлөт.

Өлүктү көмүү менен (апрелде) «аштын» аралыгында Шабдандын үй-бүлөсүнө «көңүл айтуу» үчүн Кашкардан, Кулжадан, Бухарадан, Ташкенден, Ферганадан ... молдолор, ажылар жана эшендер келип кетишет.

«Аш» жөнүндө Түркстан крайынын Жети-Суу, Сыр-Дарыя жана Фергана облустарынын калкына кабар берилет.

Коноктор 7-октябрдан тартып келе башташат. Үч болуштук коноктор үчүн боз үйлөрдү тигишип, ар бир болуштук белгилүү бир уруудан же райондон келген конокторду күтүшкөн. Бул төрт болуштуктун ар бир 10 кожолугу 4 боз үй тигүүгө, анда жашаган конокторду тейлеп тамак-аш берүүгө милдеттүү болгон. «Аш» өткөрүлгөн Кичи Кемин өрөөнүндө бардыгы болуп, коноктор үчүн 1500 боз үй жана тамак-аш даярдоого 100 боз үй тигилген. Юунда гана коноктор келип бүтөт. Болжолдуу эсеп боюнча, алардын саны 50 миң адамга жеткен. Булардын бардыгына тамак-аш берүү үчүн 10 миң кой жана 2 миң жылкы союлган. Орус аскер жана граждандык администрацияларынын чиндеринен 100 гө жакын киши катышат (жүз казак-орусту кошпогондо), аларды Шабдандын уулдары өзүлөрү кабыл алып, күтүшөт. 2000 бөтөлкөгө жакын арак-шарап ичилет. Юунан 15 ине чейин салтанат жана көңүл ачуу улантылат. Ат чабышка биринчи жолу кунандар коё берилет. Экинчисинде ири байгелер сайылган чоң чабыш болуп, ага мыкты күлүктөр катышат. Бардыгы болуп 25 байге белгиленип, алардын биринчиси — 500 рубль, акыркысы — 50 рубль жана 1 жылкы болот. Жарыш башталган жерден марага чейинки аралык 60 чакырымга жакын келип, биринчи байгени таза кыргыз күлүктөрү, ал эми Ташкенден атайы алып келинген англиялык асыл тукум күлүк «Жакерия» 12-байгени алат.

Андан ары, жөө күрөштөн кийин, программанын «өзөгү» болгон найза менен куралданган атчандардын турнири («сайыш») болот. Спорттун бул түрүнүн максаты — найза менен каршысын ээрден сайып түшүрүү. Биринчи экөө — казак менен кыргыз — сегиз жолу беттешип, сайышып, мелдеште эч ким жеңбей, тең чыгышат. Экинчи жубу — экөө тең кыргыз — биринчи эле сайышта бирин бири оор жарадар кылышат (бир нече күндөн кийин алардын бири каза болот). Үчүнчү жупту сайышка чыгарышпай, токтотуп коюшат.

Меймандар үчүн бир топ оюн-зооктор уюштурулат. Мындан башка ал күндөрдө жарманкеде соода-сатык жүргүзүлүп, селкинчек тебилип, музыка жаңырып, эртең мененден кечке чейин чайканалар, ашканалар жана бозоканалар иштеп турат.

Меймандардан мечит жана медресе үчүн, жетим-жесирлерге көптөгөн садагалар чогултулат. Ушул эле каражатка Шабданга эстелик тургузулат.

Салтанаттын башкы башкаруучусу Хисаметдин Шабданов, ал эми ири манаптар, көпөстөр, байлар менен болуштук башкаруучулар анын жардамчылары болушкан.

«Букаралардан» чогултулган жүздөгөн баш мал байлар менен манаптар тарабынан айдалып келип, тартуу кылынган. Алардын бир бөлүгү «ашка» кеткен чыгымдардын ордун толтурууга жумшалып, калган бөлүгү «накта киреше» катарында аш бергендердин колунда калган, эмнеси болсо да «ашка» кеткен укмуштуу чыгымдар акыры келип эле ошол эле элдин мойнуна түшкөн.

Шабдан дүйнөдөн кайтты, бирок анын артында уулдары жана таптык таламдары бирдей болгон көптөгөн достору калды, алар бекем тамыр жайып алууга үлгүргөн мусулман дин кызматчыларынын кеңири колдоосунан пайдаланышып, диний идеологияны мурдагыдай эле дилгирлик менен бекемдөөсүн уланта беришти.

1916-жылдагы кыргыздардын көтөрүлүшүндөгү дин кызматчыларынын ролу жөнүндө да бир-эки ооз сөз айтып кетүү керек. Көтөрүлүш кеңири жайылып жаткан учурда дин кызматчылары Түркияга каршы, мусулмандарга каршы согушка барбоо керек деген тактикалык чакырыкты таштavailable. Белгилүү молдо Исмаил-Ажы Кулдуванин калктын арасында падышалык өкмөткө каршы, көтөрүлүшкө чакырган үгүт иштерин күчөткөн. Шабдандын уулу Мөкүштү хан көтөрүү асеминде, мечиттин жанында жалпы эл катышкан дуба окулуп, бата берилет. Ошентип, көтөрүлүштүн белгилүү бир этабында ага жетекчилик кылууга болгон манаптардын эпкиндүү аракеттери эшен, молдолор тарабынан ушундайча мыйзамдаштырылган. Көтөрүлүшчүлөрдүн арасында колунда куралы бар көптөгөн молдолорду көрүүгө мүмкүн болгон.

Октябрь революциясынан кийин, динге каршы пропаганда жүргүзүү маселелери толук түрдө коюла баштаганда, кыргыздар динчил эмес деп эсептешип, эмгекчилердин арасында динге каршы иш жүргүзүүнүн кереги жок деген корутундуга келгендердин үндөрү көп жолу угулуп турган. Мындай пикирлер кыргыздардын диний ишенимдери менен үстүртөдөн тааныш болгондор тарабынан айтылган эле, кийин партиялык уюмдар маданий жактан артта калуунун жана айрым райондорду советтештирүүнүн кечиктирилип жатышынын себептерин иликтеп ачып жатып, диний уюмдардын зор ролуна туш болушканда, ал уюлдар манаптардын совет бийлигине каршы күрөшүндө билгичтик менен пайдаланылып жаткан курал болуп саналаары ачык байкалат.

Артта калган калайык калкты диний туунун астында совет бийлигине каршы күрөшкө бириктирүү аракети манаптар ажырап калган үстөмдүгүн кайра

калыбына келтирүү үчүн жүргүзгөн күрөштүн ар кайсы этаптарында колдонуп келген усулдардын жалпы тизмегиндеги бир звеносу болгон.

1925—1926-жылдарда Шаркыратма болуштугунда бай-манаптар тарабынан уюштурулган «Таш-куран» жашыруун коому мунун эң сонун далили болуп саналат, ал коомдун максаты наркты (уруулук адат укугун) сактап калуу болгон. Бул коомдун контрреволюциячылдыгы эч кандай шек туудурбайт. Ал уюм тигил же бул талаш маселелерди чечүү үчүн совет органдарына кайрылышкан бардык эмгекчилерди куугунтукка алышып, коомдук бойкотторду, паралап сатып алууну жана советтик аппараттагы өздөрүнүн адамдары аркылуу байланыштарын пайдаланууну колдонушкан. 11 адамдан турган коомдун бардык мүчөлөрү коом өз алдына койгон максатка берилгендигин билдиришип, курандын үстүнө сепил символ-ташты коюшуп антташып, сөз байлашкан. Коомдун курамына мурдагы байлар, айылдык старчындар жана Усман Чулбеков сыяктуу 1000 ге жакын кою, 130 бээси, 50 баш бодо малы жана 6—7 төөсү бар ири байлар кирген. Бул коомдун диний чүмбөтү антисоветтик иш-аракеттери үчүн ишенимдүү парда болгон.

Революция жылдарында байкалган мечиттердин санынын өсүшү да мүнөздүү көрүнүш. Эгерде алардын айрымдары түздөн-түз бай-манаптардын каражаттарына курулган болсо, калгандары белгилүү бир үгүт-насыяттардын жана манаптар тарабынан кысым көрсөтүүнүн натыйжасында чогултулган калктын каражаттарына курулган (мисалы — Барскон айылындагы мечит өз ара салык түрүндө жүздөгөн баш койлорду төлөшкөн калктын каражатына курулган). Эгерде Нарын кантонунда 1900-жылдан 1917-жылга чейин 25 мечит курулган болсо, революция жылдарында андан эки эсе аз убакыттын ичинде — 1917-жылдан 1926-жылга чейин 25 мечит тургузулган. Ушундай эле катышта мечиттердин санынын өсүшү Каракол кантонунда 3 жана 24, Чүй кантонунда — революцияга чейин 8, андан кийин 37 болгон.

Мечиттердин мындай өсүшү диний маанайлардын канчадыр бир даражада күч алганын көрсөтөт, мындай маанайды козутууга манаптар чоң «салым» киргизүүдө.

1929-жылы партактивдин чогулушунда жасаган докладында Обкомдун катчысы Ж. Шубриков биздин маданий фронтубуз менен динчилердин фронтунун куралданышы жөнүндө кызыгарлык цифраларды келтирген. Ошол учурда мугалимдердин кыргыз курамында толук эмес орто билими барлар бар болгону 2 пайызды жана төмөнкү билими барлар 98 пайызды түзгөн болсо, мусулман дин кызматчыларынын курамында (мурдагы Жалал-Абад кантонунда) жогорку диний билимдүүлөрү 30 пайыз, орто билимдүүлөрү 40 пайыз жана төмөнкү билими барлары 30 пайызга жакын болгон, бул динчилердин олуттуу бөлүгү эски диний борборлордон — Бухарадан, Уфадан, Казандан чакырылып келген, совет бийлигине каршы күрөш боюнча салмактуу стажы жана диний-тарбия иштери боюнча тажрыйбалары бар адамдар болгон.

Жаңы, латындаштырылган алфавитти киргизүү боюнча иштер дин кызматчыларынын алардын колундагы күчтүү куралды — араб алфавитин алып коюуга каршы күрөшү менен коштолбой коё албайт эле. Өздөрүнүн алсыздыгын сезген диний кызматчылар амал ойлоп табышат да, куранды жаңы алфавит менен басып чыгарууга уруксат сурашып, ошол кездеги илимий комиссияга кайрылышат, аны ондогон миң даанада чыгарып таратуу жөнүндө кепилдик беришет. Динчилердин калкка өз таасирин сактап калууга бардык ыктар менен жол табууга жасаган бул уятсыз аракеттерине тийиштүү сокку берилет.

www.bizdin.kg

Азыркы учурда күчтөрдүн катышы кескин өзгөрдү. Айыл-кыштактардагы коллективдештирүүнүн жана маданий революциянын ийгиликтери эмгекчилердин арасында динчилдиктин тамырын улам көбүрөөк кыйып, начарлатууда. Ошондой болсо да, кудайсыздар союзунун (СВБ) уюмдарын эмгекчилерди социалисттик кайра тарбиялоо боюнча чымырканган иштер жана өздөрүнүн контрреволюциячыл иштери үчүн диний чүмбөттү пайдаланып жаткан тап душмандарга каршы чечкиндүү күрөш күтүп турат.

Макаланын акырында автор өздөрүнүн баалуу көрсөтмөлөрү жана маалыматтары менен бул макаланын басмадан жарык көрүшүнө жардамдарын беришкен Касым Тыныстанов жана Белек Солтоноевге ыраазылык билдирүүнү өзүнүн парзы деп эсептейт.

## *КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ* [1]

1939-жылы 25-майдан 4-июнга чейин Москвада өткөн кыргыз искусствосунун он күндүгү (декадасы) совет коомчулугунун кеңири чөйрөсүн кыргыз элинин эң мыкты искусствосу жана фольклору менен тааныштырды.

Бул эл өзүнүн эки миң жылдан көбүрөөк убакытка созулган тарыхында өз эркиндигин жана көз каранды эместигин бир нече жолу жоготуп, анан аны кайра калыбына келтиргендигине карабастан, бүтүндөй бир муундардын теңдешсиз чыгармачылыгынын кымбат баалуу асылдыктарын биздин күндөргө чейин жеткире алды. Бул чыгармачылык көп кырдуу жана жаркын формада элдин өзгөчөлүү тарыхый тагдырын, анын өзүнө мүнөздүү болгон байыркы маданиятын, жаратылышты поэтикалык түрдө кабыл алуусун, эркиндикти чексиз сүйгөндүгүн, көп сандаган душмандарга каршы күрөштө көрсөткөн эр жүрөктүүлүгү менен майышпас кайратын чагылдырган.

Эл чыгармачылыгынын өнүгүш жолунда көптөгөн тоскоолдуктар турган эле. Социалдык жана улуттук эзүү, мусулман молдолорунун таасири, ырайымсыз эксплуатациялоо, жакырчылык жана тукум-курут болуу — мына ушулардын баары кыргыз элинин ичиндеги көптөгөн таланттардын табигый өнүгүүсүн артка тартып турган. Эл эң сонун манасчылар Келдибектин, Балыктын, Найманбайдын жана башкалардын, эл акындары, б.а. төкмө акындар Калыгулдун, Арстанбектин, Калмурзанын, Молдо Кылычтын, Музоокенин, Токтогулдун жана башкалардын ысымдарын өтө камкордук менен эсинде сактап келүүдө. Комузду колуна алып, алар конуштардан конуштарды кыдырышып, өз чыгармаларын элге жеткиришкен, ал эми алардын айрымдары манаптардын ээн баштыгына жана падышалык колонизаторлорго каршы каардуу сөздөрүн айтышып, эл эркиндигин даңазалашып, күрөшкө чакырышкан. Бай-манаптардын акындарды куугунтукка алышып, алардын кесибин кемсинткени таң каларлык эмес. Бай-манаптардын эл ырчыларына карата барк албоочулук мамилелери төмөнкү макалдан көрүнөт: «Уяты жок ырчы болот». Эл акыны Калык Акыев өзүнүн эскертүүлөрүндө мындай дейт: «Мен тамашалуу ыр ырдасам Төрөгелди манап «ырдаба, андан көрө ыйла» деп кыйкырды. Ал мени жесирдин кошогун кошууга

мажбурлады, ал эми көзүмдөн кадимкидей жаш чыксын үчүн мени сабады... Ачка болуп турганымда манаптар мага чайнабай туруп, боорсок жуткурушуп, тамашага батышкан. Бүкүлү боорсок кызыл өңгөчүңдү өйкөп, азапты тартасың. Бирок ачка болсоң айла жок жутасың да...» Бирок бай-манаптардын элдик чыгармаларды өз кызыкчылыктары үчүн ылайыкташтырууга жасаган аракеттерине, кордоолоруна жана кодулап, куугунтуктаганына карабастан ал өткөндүн эң мыкты көркөм салттарын улантып, жашап жана өнүгө берген.

Кыргыз элинин чыгармачылыгындагы эң баалуу нерсе анын эң жогорку гүлдөп, өнүгүүгө жетишкен эпоско мүнөздүү болгон кайратынан жанбаган баатырдык жана ошону менен эле бирге, романтика менен да шөкөттөлүп тургандыгында. Биздин көз кыйыры жеткис өлкөбүздүн элдеринин ичинде кыргыздарга окшоп, элдин бүткүл турмушун, анын кайгы-муңдарын, кубанычтары менен идеалдарын күзгүдө чагылгандай кең-кесири чагылдырып турган, жаңырыгы күч-кубаттуу болгон эпостук чыгармаларды жараткан эл аз эле табылат. Кыргыздардын «Манас» эпосу элдин кубаттуу рухунан жаралган дал ошондой чыгарма, бул чыгармадан эч качан соолбос булак катарында кылымдар бою кыргыз элинин бүткүл руханий маданияты азыктанып келген.

«Манас» монументалдуу эпостук чыгарма болуп саналат, ал таланттуу манасчылардын көптөгөн муундарынын коллективдүү чыгармачылыгынын натыйжасында жаралган. «Манастан» биринчи жолу үзүндү XIX кылымдын 50-жылдарынын акыры ченде Чокон Валиханов тарабынан жазылып алынган, бирок ал орус тилине кара сөз түрүндө которулуп, 1904-жылы гана басылып чыккан. «Манастын» кыскартылган варианты 1885-жылы академик В. В. Радлов тарабынан жазылып алынып, кыргызча түп нускасында жана немисче котормосу менен жарыкка чыккан. Ошондон тартып Кыргызстанда Совет бийлиги орногонго чейин «Манас» эч ким тарабынан чогултулбастан, оозеки түрүндө гана жашоосун уланта берген. «Манастын» эл ичинде акыркы мезгилге чейин эң зор поэтикалык эстелик түрүндө сакталып келгендиги манасчылардын керемет эсте тутуу касиетинин чоң роль ойногондугу менен гана түшүндүрүлбөстөн, ошондой эле, анын эл арасында өзгөчө популярдуу болгондугу менен да жана бул эпостун кала берсе XIX кылымда да гүлдөө доорун өз башынан өткөргөндүгү менен да түшүндүрүлөт. Кыргыздарды падышалык Орусия кара- тып алганга чейин алар эпостун активдүү таасири менен шартталган өзгөчө бир «баатырдык мезгилди» баштарынан өткөрүшкөн. Калыбы, кыргыздардын эпосу фольклордун бүт бардык жанрларын өзүнө баш ийдирип, анын бардык байлыгын — уламыштарды да, жомокторду да, ырлар менен макал-лакаптарды да өз боюна сиңирип алганын да ушул эле себептер менен түшүндүрсө болчудай. Эпосту сактап, андан ары чыгармачылык менен өнүктүрүп, байытууда манасчыларга эң зор роль таандык. Ысымдары карыялардын эсинде калган биринчи эң ири манасчы Келдибек болгон, ал XVIII кылымдын экинчи жары- мында жана XIX кылымдын башы ченде манас айтып өткөн. Анын ордун атактуу Балык баскан, ал Чүй өрөөнүндө туулган. Балыктын чыгармачылык ишмердиги, негизинен, XIX кылымдын биринчи жарымына таандык.

Балыктын таланты уулу Найманбайга өтөт. Манасчылардын айтылуу тобуна Арстанбек, Тыныбек, Акылбек, Дыйканбай жана биздин заманыбыздын эң таланттуу манасчысы Сагымбай кирет, ал XIX кылымдын 60-жылдарында Ысык-Көлдүн жээгинде туулуп, жаш кезинде атактуу Балыктан да уккан. Сагымбайдын атасы Орозбак сарбагыштардын белгилүү манабы Ормондун сурнайчысы жана ири музыкант болгон. Сагымбай 1930-жылы 63 жашында дүйнөдөн кайтат.

Сагымбай башка манасчылардай эле, салт болуп калгандай, өзүнүн шыгына табигаттан тышкаркы күчтөрдүн таасири аркылуу ээ болгонун айтат. Анын түшүндө Манастын арбагы келип, ал жөнүндө ырдоону тапшырат. Чыныгы манасчылар эч качан эпосту жөнөкөй аткаруучулар гана болушкан эмес, алар таланттуу төкмө акындар да болушуп, эпосту калыптандырууда жана аны чыгармачылык менен байытууда маанилүү роль ойношкон. «Манас» көлөмү жагынан өтө зор болгондуктан аны толук түрүндө аткаруу үчүн көптөгөн апталар гана эмес, айлар да талап кылынган. Албетте, «Манастын» толук варианты манасчыны узак мөөнөткө үйүнө чакырып, айттырууга мүмкүн- чүлүгү бар элдин бир кыйла оокаттуу бөлүгү, баарынан мурда, манаптар менен байлар гана уга алышкан. «Манасты» эл арасына жайылтууда эпос- тон айрым, көбүрөөк белгилүү болгон эпизоддорду аткарышкан ырчылар чоң роль ойногон. «Манастын» айрым үзүндүлөрү калктын калың катмарына кеңири белгилүү болгон. «Манас» адатта көп эл чогулган жерде айтылган. Аны кыска түрдө күү менен обондотуп сүйлөө жолу менен аткарышып, ал ар бир жаңы саптан кайталанып турат. Кээ бир жерлерде музыкалык баян бир аз жогорулаган же бир аз төмөндөгөн бир кылка темпте, бирок тез-тез күүлөп айтылат. «Манасты» аткарууда жыйырмадан ашык обондор пайдаланылаары белгилүү, алар көп түрдүү мимикалар, ишаралар, интонациялар менен коштолуп жүрүп отурат.

Поэманын башынан аягына чейин сызылып өтүп турган негизги сюжеттик багытты легендарлуу Манастын Кытайга, Ооганстанга жана Орто Азия өлкөлөрүнө жасаган жоокердик жортуулдары түзөт. Мазмуну боюнча «Манаста», бир аз шарттуу түрдө алганда тогуз негизги ыр циклдери бар. Алардын бири Манастын туулганына, жаш курагына жана анын алгачкы эрдиктерине арналган; экинчи цикл Манасты хан шайлоо жөнүндө баяндайт; үчүнчү цикл Кытайдын кол алдындагы хандыктарды жеңип алуу үчүн Манас- тын биринчи жортуулун баяндоону камтыйт. Орто Азия өлкөлөрүн, атап айтканда, Ташкенди жана бүткүл Ферганаthat багындыруу максатында жасаган экинчи жортуулу төртүнчү циклдин мазмунун түзөт. Бешинчи, алтынчы жана жетинчи циклдер Манастын Ооганстанды, Самарканды жана башка өлкөлөр менен шаарларды жеңип алуу үчүн жасаган жортуулдарына арналган. Үчүнчү жортуулдун учурунда кытайлык ханзаада Алмамбет Манастын эң жакын досу жана эмчектеш бир тууганы болуп калат. Сегизинчи цикл Ташкендин ханы, Манастын койгон адамы Көкөтөйдүн ашы ажайып сүрөттөлүп баяндалат. Поэма тогузунчу цикл менен аяктайт, анда Кытайдын ордо шаары Бейжинге (Пекинге) жасалган «чоң казат» жогорку көркөм чеберчиликте сүрөттөлөт. Бул жүрүштө оор жараат алган Манас Талас өрөөнүнө кайтып келип, ошол жерде каза табат. «Манастын уулу Семетейдин өмүрү жана жортуулдарына арналган «Семетей» жана Семетейдин уулу Сейтекке арналган «Сейтек» поэмалары «Манастын» негизги бөлүгүнүн уландысы болуп саналат.

«Манаста» өз алдынча турган бир нече темалар толук иштелип чыккан, алардын ичинен бир кыйла ирилери: Манастын күйөөчүлөп, Каныкейге үйлөнүшү, жети хандын Манаска каршы чагымы, Манаска анын биринчи жан-жөкөрү жана асыранды бир тууганы Алмамбеттин келиши.

«Манаста» топтоштурулган тарыхый, этнографиялык, географиялык жана башка материалдардын бай экендигине жараша аны кыргыз элинин турмушунун энциклопедиясы деп атоого болот. Эпосто көп сандаган согуштук салгылаштарды сүрөттөө менен катар турмуш-тиричилик материалдары: чеберчилик менен баяндалган үйлөнүү тойлору, аштар, элдик оюн-зооктор менен көңүл ачуулар ж.б.

чоң орунду ээлейт. Манас өзүнүн бардык жортуулдары менен эпосто башкы, анын өзөгүн түзгөн тема катарында чыгат, калган бардык темалар анын айланасына топтоштурулган. Поэмада Манастын өзү катышпаган бир да эпизод дээрлик жок. Анын эң жакын чөйрөсүн кырк чородон турган кошуну түзөт. Манас менен бир катарда анын жан-жөкөрү Алмамбет чоң роль ойнойт. Манастын жанында анын укмуштуу аты Аккулага чоң орун берилген. Манас өзүнүн Ак келтесин дайыма кошо ала жүрөт.

«Манастагы» көп нерселерди жомокко, фантастикага таандык кылууга болот, анда мифология өтө арбын келтирилген, бирок «Манаста» сүрөттөлүп айтылып жаткан согуштук окуялардын олуттуу бөлүгү кыргыз элинин өткөндөгү баатырдык турмушундагы чыныгы окуялардын көркөм чагылышы экени айдан ачык.

«Манас» эпосуна бүтүнү менен чыныгы баатырдык эпопеянын стили мүнөздүү. Ал салкын кандуу баатырдык маанайда баяндалат, эч кандай жаапжашырыла турган нерселер жок, бардыгы турмуштагыдай ачык-айкын, салабаттуу жагдайда баяндалат. Ал эми «Манастын уландысы болгон «Семетейге» лирикалык, дээрлик романтикалык стиль мүнөздүү.

«Манас» кыргыз элинин көз каранды эместик үчүн күрөшүнүн гениалдуу көркөм эстелиги болуп саналат. Манастын өзүнүн жана анын баатырлары Бакайдын, Чубактын жана Сыргактын образдарында элдин мыкты сапаттары: каармандыгы, берилгендик, эркиндикти сүйгөндүк, алдына койгон максатына жетүүдөгү тырышчаактыгы көрүнүп турат.

Өзүнүн көркөмдүк сапаты боюнча «Манасты» дүйнөлүк эпостук адабияттардын мыкты үлгүлөрү менен бир катарга коюуга болот.

Кыргыз эли жалгыз гана «Манасты» жараткан күндө да ал ушунусу менен эле бүткүл прогрессивдүү адамзаттын урматтоосуна арзый алаар эле. Бирок «Манас» кыргыз элинин чыгармачылык казынасынын төл башы гана. Кыргыз эли тарабынан ондон ашык башка да эпостук ири чыгармалар жаралган. Алардын арасында «Сарынжы менен Бөкөй», «Кожожаш», «Курманбек», «Жаныш- Байыш», «Төштүк» ж.б. бар. Кыргыздардын оозеки чыгармаларынын кенже формаларынын ичинде уламыштар, легендалар жана тарыхый баяндар, жомоктор, ар кыл мазмундагы ырлар, макал-лакаптар, табышмактар жана д.у.с. бар.

Кыргыз фольклорунда чоң орун ээлеп турган ыр чыгармачылыгына токтолуп кетүү өзгөчө зарыл. Бул биринчи кезекте кыргыздардын эң жаркын поэтикалык шыктуулугу, алардын төгүп ырдоого болгон, алардын өзүн курчап турган бардык олуттуу окуяларды поэтикалык образдарда жана ыр чыгармачылыгы түрүндө чагылдыра билүүгө болгон өзгөчө жөндөмдүүлүктөрү менен байланыштуу. Ырдын кеңири өнүгүшү элдин музыкалык жактан таланттуулугу менен да байланыштуу, ал талант вокалдык да, аспаптык музыкалык чыгармачылыкта да өз чагылышын тапкан. Ыр жанрында эң ири орунду лирика ээлейт. Биз мында секетбай сыяктуу сүйүү ырларын, оңунан чыкпаган сүйүү жөнүндөгү күйүү ырларын, сүйгөнүнө жетпей кайгырганда ырдалчу арман ырларын ж.б. табабыз. Кыргыз ырларында лирикадан башка да турмуш-тиричиликке байланышкан ырлар бар, алардын ичинде өлгөндү жоктоп, адатта аялдар тарабынан аткарылып; зор көркөмдүк күчкө ээ болгон кошок кошуу, эмгекке байланыштуу аткарыла турган ырлар (алардын ичинде түнкүсүн короо кайтарган аялдардын бекбекей ыры), феодалдык жана улуттук эзүүгө каршы социалдык нааразылыкты чагылткан ырлар (алардын ичинде көркөмдүк

күчү жана таасирдүүлүгү жагынан эл акыны Токтогулдун ырлары биринчи орунда турат) ж.б. бар...

Кыргыз элинин музыкалык чыгармачылыгы вокалдык да жана аспаптык да формада өнүккөн. Бул чыгармачылык өзүнүн улуттук стилин толук калыптандырып бүткөн, ал ритмикалык каражаттарынын байлыгы, өзүнө мүнөздүү болгон лиризми, салкын кандуулугу жана эпостук салабаттуулугу менен айырмаланып турат. Кыргыз аспаптар музыкасы салыштырмалуу алганда өзүнүн аткаруу каражаттарынын чектелүү болгондугуна карабастан, обондук жана музыкалык мазмуну боюнча таасирдүүлүгү жана оригиналдуулугу жагынан чоң даражага жетишкен. Элдик музыкалык аспаптардын ичинде, өзүнүн таралгандыгы жана белгилүүлүгү боюнча биринчи орунга, рабап тибиндеги, казак домбрасына жакын, бирок андан айырмаланып беренелери жок, үч кылдуу чертме аспапты — комузду коюуга болот. Кыяк (кыл кыяк) — кылдуу» жаалуу тартма аспап, анын тулкусундагы чарасы алмурут сыяктуу келип, моюну кыска, чарасынын ылдый жагы бир аз сүйрү болот. Чарасынын ылдыйкы жарымы төөнүн териси менен капталган, ал капкак катарында кызмат кылат. Ага аттын куйрук кылы тартылат, эки кылдуу болот, жаасына да ушундай эле кыл тагылат. Темир комуз — варган тибиндеги металлдан жасалган музыкалык аспап, анда көпчүлүгүндө аялдар менен балдар ойношот. Сурнай — гобой тибиндеги орто азиялык музыкалык аспапка окшош келет. Чоор — койчулар пайдаланган, үч же төрт көзөнөктүү, манжа менен басылып ойнолуучу аспап. Талаа өсүмдүктөрүнүн сабагынан, кээде жыгачтан жасалат, айрым учурларда музоонун кызыл өңгөчү менен каптап коюшат.

Кыргыздарда аспапта ойноочулардын чеберчилиги өтө өркүндөгөн. Кыл кыякта кош үндүү, комузда үч үндүү кылып ойноо да дал ушул чеберчиликке байланыштуу. Аспаптагы үч үндүүлүк кыргыз эл музыкасынын чоң жетишкендиги болуп саналат. Комузда аткарылчу күүлөрдүн арасында элдик-музыкалык чыгармачылыктын чыныгы шедеврлери жолугат. Кыл кыякта ойнолгон пьесалар бир кыйла байыркы убакта жаралып, өзүнүн тематикасы боюнча жоокерчилик доордогу окуяларды чагылдырат. Мисалы, «Ураан» («Согуштук ураан»), «Олжо» («Согуштук олжо») деген пьесалар, марш түрүндөгү «Кер- Өзөн» деген пьеса, «Кайра качпа» деген баатырдык пьеса ж.б. ушундай пьесалар болуп саналат. Кыл кыякта турмуштук көрүнүштөрдөгү музыкалык чыгармаларды аткарууга ылайыктуу. Эски, элдик композиторлор менен музыкант- тардын арасынан Тилендин, Калчекенин, Сыртбайдын, Күрөнкөйдүн ж.б. ысымдары элдин эсинде сакталып калган. Атагы алыска кеткен жана чыгармалары кыргыз эл искусствосунун эң бай казынасын түзгөн, жаңы замандын эң ири композитору Токтогул Сатылганов (1859—1933) болуп саналат. Анын ысымынын кыргыз элине өзгөчө кымбат болгонунун себеби, ал өз ырлары менен музыкаларында элдин оюн, кайгы-муңун жана үмүттөрүн гана чагылдырбастан, анда падышалык колонизаторлор менен манаптык эзүүнү каардуу түрдө ашкерелеп гана тим болбостон, падышалыкка каршы куралдуу чыгуулардын — 1898-жылдагы Анжиян көтөрүлүшүнүн активдүү катышуучусу да болгон. Бул көтөрүлүшкө катышкандыгы үчүн элдин сүйүктүү ырчысы Токтогул каторгалык жумуштарда иштөөгө өкүм кылынып, Турухан крайына 25 жылга сүргүнгө айдалат. Каторгада 8 жыл жүргөндөн кийин Токтогул сүргүндөн мекенине качып келет да, революцияга чейин жашыруун абалда жашап, байлар менен манаптардын куугунтуктоосун башынан өткөрөт, бирок эл аны алардын

жазасынан коргоп турган. Токтогул комузчулардын, ырчылар менен акындардын бүтүндөй бир муунун тарбиялап өстүргөн.

Кыргыздардын өнүккөн көркөм сүрөт искусствосу өзүнүн формаларынын көркөмдүгү жана байлыгы, сүрөттөрдүн ачык, дааналыгы, түстөрүнүн жогорку маданияты менен белгиленген. Көчмөндүү жашоо-тиричилигинин өзгөчөлүгүнө байланыштуу бул өнөр үй-жайды, кийим-кечектерди, эмеректерди, ат жабдыктарын жана д.у.с. көркөмдөп кооздоого аракет кылуу менен чектелип келген. Ошондой болсо да элдик чыгармачылыктын бул тарабынан биз элдин жогорку көркөмдүк шыгынын көрүнүшүнө дагы бир жолу күбө болобуз. Кыргыздардын көркөм сүрөт искусствосуна килемдерди, ар түрдүү типтеги оймо-чиймелүү ала кийиз, шырдактарды жасоо, сайма саюу, булгаарыга наар түшүрүү, жыгачты оюп кооздоп, буюм жасоо жана металлды көркөм иштетүү сыяктуу өнөрчүлүктөр кирет.

Жүндөн түктүү килемди памир-алайлык жана ферганалык кыргыздар, ошондой эле кытайлык Түркстандын батыш бөлүгүндө көчүп-конуп жүрүш- көн кыргыздар токушкан. Килем токуу көпчүлүгүндө кыдырша, мангыт ж.б. урууларда топтоштурулган. Кыргыз килемдери түркмөндөрдүкүндөй эле негизине жүн жана аркак колдонулуп, жөнөкөй өрмөктө (станокто) токулган. Негизинен анча чоң эмес килемдер токулган, ал эми XIX кылымдын соңунан тартып, көлөмү чоң килемдер токула башталат. Килемдерде кызгылтым-кызыл жана кочкул көк-көгүш түстөр басымдуулук кылат, сары жана жашыл түстөрү сейрек учурайт. Боёктордун түстөрү менен түрлөрү өзгөчөлүү келип, көп учурда алардын көптөгөн оттенокторун жолуктурасың, ал эми түстөрдүн керемет айкалыштарын тапкан уздардын көркөмдүк табити андан бетер таң калаарлык. Килемге ар түрдүү кыйшык бурч (ромб түрүндөгү) фигуралар, кочкор мүйүз түрүндөгү, сегиз бурчтук, ийрим (меандр) жана кыргыздар эң жакшы көргөн анар формасындагы көчөттөр ж.б. оймо-чиймелер түшүрүлөт. Килемдердин, айрыкча кашкарлык кыргыздардын килемдеринин оймо- чиймелерине кытайлык элементтер менен мотивдер кирген. Ар кандай себептердин таасири астында кыргыздарда килем токуу иши революция башталаардан мурда төмөндөп кеткен. Кыргыздардын арасында шырдак жана оймо-чийме түшүрүлгөн ар түрдүү тиричилик буюмдары көбүрөөк таралган. Шырдакты оюп-чиймелөө үчүн үч техникалык ык колдонулат. Биринчи ык кийизди жасоодо колдонулуп, ал кийиздин негизги бетине түстүү кийизден оймо көчөттөрдү басып түшүрүүдөн турат. Экинчи ыгы — кийизге боёлгон кийизден же кездемеден жасалган оймо көчөттөрдү кынаштырып тигүү жолу менен ишке ашырылат. Акырында, үчүнчү ыгы — бир түрдөгү оймо көчөттүн ар башка түстөгү элементтери түсү ар башка болгон кийиздерден беттелип бычылып алынат да, андан кийин алар кыюусу боюнча кынапталып тигилет. Оймо-чийме түшүрүлгөн кийиздерден шырдактан башка да буюм-тайымдарды, идиш-аяктарды салып сактап коё турган же ташыганда колдонула турган ар түрдүү каптар, баштыктар, куржундар, ат жабдыктардын токулгасына керектүү нерселер ж.б. жасалган.

Кыргыз аялдарынын өнөрүндө саймачылык көрүнүктүү орундардын бирин ээлейт. Кийимдер, үй тиричилигиндеги ар кандай эмеректер, буюмдар (куржундар, баштыктар, каптар, жабдуулар, сүлгүлөр), ат жабдыктардын айрым бөлүктөрү ж.б. саймаланып кооздолот. Боз үйдүн ички бетине илине турган мотивдери боюнча бай түстүү композициядан турган өзгөчө типтеги баркыт килемдер — туш кийиздер саймачылык өнөрүнүн сереси болуп саналат.

Саймалар ар түрдүү түстөгү кебез, жүн жана жибек жиптер менен бар- кытка, пахтадан жана жүндөн токулган кездемелерге, ноотуга, акырында келип, булгаарыга, териге да сайылат.

Талаа өсүмдүгү — чийге ар түрдүү түстөгү жүндөн чырмалып согулган оймо-чиймелердин техникасы да, сүрөттөрү да оригиналдуу келет; боз үйдүн ар түрдүү бөлүктөрүн беките турган таар тасмалар да көп учурда саймаланып жасалат. Териге наар түшүрүү жана териден аппликация жасоо негизинен сандыктарда, кутуларда, кымыз же сүт куюлуучу ар түрдүү тери идиштерде, аттын токулгаларында, кийимдерде ж.б. колдонулат. Ат жабдыктары, эркектердин курлары жана башка кээ бир буюмдар согуп сүрөт түшүрүлгөн, оймо-чиймеленген, карартылган же кесип оюм салынган металл пластиналар жана каңылтырлар менен кооздолгон; күмүштөн аялдардын ар кандай жасалгалары даярдалган. Кесилип-оюлуп жасалуучу оймо-чиймелер каалгаларга, каалгалардын кашектерине, сандыктарга, музыкалык аспаптарга, кымыз чалгыч бишкектин саптарына да түшүрүлгөн. Темирди иштеткендей эле, жыгачка оюп-кесип чийме түшүрүү эркектерге таандык, көркөм сүрөт өнөрүнүн калган бардык түрлөрү аялдардын көркөм чыгармачылыгына таандык болгон. Кыргыздардын оймо-чиймелерине жаныбарлар менен куштардын денелеринин айрым бөлүктөрүн, жаратылыштын көрүнүштөрүнүн жана тиричилик буюмдарынын стилдештирилген сүрөттөрүн айырмалап түшүрүү адат болгон. Бул мотивдер менен катар биз саймалардан, аппликациялардан жана ушу сыяктуулардан фантазиялуу, кыял түрүндөгү оймо-чиймелерди да жолуктурабыз.

Кыргыздардын арасында, өткөн мезгилдерде, жарым-жартылай азыр да ар түрдүү оюн-зооктор жана көңүл ачуулар таралган, алар театрдын да, бийдин да, спорттун да элементтерин өзүнө камтып турат. Кыргыздардын оюндарын жаштардын, эркектердин жана балдардын оюндарына бөлүүгө болот. Уландар менен кыздар үчүн кыз оюн уюштурулуп, ал кечкисин же айлуу түндөрдө өткөрүлгөн, үйлөнүү салтанаттары сөзсүз түрдө кыз оюндары менен коштолуп турган. Ал оюндарда көп учурда жаштардын ортолорунда ырдоо, чечендик, шамдагайлык жана башкалар боюнча мелдеш элементтери орун алып турган. Жоолук таштамай (орустардын «өрмөк» («жгут») оюнуна окшогон), дүмпүлдөк, жашынмак жана көз таңмай, чөө жана башкалар жаштардын арасында кеңири тараган оюндар болуп эсептелет. Жаштардын эң сүйүктүү көңүл ачуучу оюндарынын бири — селкинчек, Аны экиден болуп, ыр ырдап тебишет. Жигиттердин оюн-зоокторунун футболго окшогон кара казан оюнун, бир бут менен секирип ойнолуучу оромпой оюнун, эки топ болуп бөлүнүп тартышып ойнолуучу коон үзмөй оюнун, эки топко бөлүнүп, ыргытылган сөөктү же топту тезинен таап, маарага алып келүүгө мелдешип ойнолуучу ак чөлмөк оюнун ж.б. белгилеп кетүү керек Чоң жигиттер менен чоң эркек адамдар аркан тартыш мелдешине катышышат, бирок алардын арасында өткөн мезгилдерде ордо оюну өтө популярдуу болгон, бул оюн хандын ордосуна ээ болуу үчүн жүргүзүлгөн салгылашты билдирген.

Балдар оюндарынан чикитти, бакай сөөк оюндарынын ар башка түрлөрү, эшек секиртмей — бул орустардын чехардасына окшош келет, мышык- чычкан сыяктуу ала күчүк оюндарын ж.б. атап кетебиз.

Көп эл катышкан элдик оюн-тамашалар жана көңүл ачуулар кыргыз элинин турмушунда ушул күнгө чейин алда канча олуттуу роль ойноп келе жатат. Бул көңүл ачуучу оюн-тамашалардын мүнөзү жоокерчилик, согуштук жортуулдар менен тарыхый түрдө байланышып турат, андай турмуш коргонууга жана кол

салууга дайыма даяр болуп турууну, демек, эр жүрөктүүлүк, баатырдык, күч-кубаттуулук жана шамдагайлык сапаттарды өнүктүрүүнү талап кылган. Согуштук салгылаштарда жеңип чыгуу, албетте, дайыма элдик салтанаттарга айланып турган. Экинчи жагынан, элдин турмуш-тиричилигинин бул тарабы, кийинчерээк пайда болгон феодал төбөлдөр тарабынан өзүлөрүнүн жеке кадыр-баркын бекемдөө жана калктан киреше түшүрүп алуу максатында пайдаланылып, үй-бүлөлүк жана коомдук турмуштагы ар түрдүү окуяларды шылтоо кылышып, шаан-шөкөттүү тойлор менен майрамдарды өткөрүп турушкан. Акырында келип, оюн-зоотордун айрымдары өткөн замандардагы культ асемдеринин курамдык элементтеринин калдыктары түрүндөгү мүнөздө болгон.

Жыгач найза менен куралданган эки атчандын жекеме жеке беттешип сайышы оюн-зооктордун эң байыркы түрү болуп саналат. Сайыштын максаты — каршысын аттан сайып түшүрүү. Мындай учурда милдеттүү түрдө төштү сактоочу тери соот калканч кийинишкен. Кээде мындай сайышка аялдар да чыгышкан. Мындай сайыштар көп учурда өлүм менен аяктагандыктан акыркы мезгилдерде өтө сейрек өткөрүлүп турган, кийин Совет өкмөтү тарабынан ага толук тыюу салынган. Кыргыздардын эң сүйүктүү оюн-зоокторунун түрү болгон аш чабыш өткөн замандарда өлүк көмүү жана аш учурунда гана өткөрүлгөн. Бул салт кийин бай-манаптар тарабынан бузулган, алар ар кандай оңтойлуу учурлардан пайдаланышып, ат чабыштарды өткөрүп турушкан. Байге сайылуучу ат чабыштарда аттардын күлүктүгү жана чыдамкайлыгы башкы ролду ойногон. Жарыштын аралыгы дайыма узак болгон, кээ бир учурларда ал 50 километрге чейин жеткен. Өткөн замандарда байгеге малдан башка да, кулдар, көбүнчө туткунга түшкөндөрдөн да коюлган. Чабууга жарамдуу аттарды тандоо, аларды таптоо, чабандестерди даярдагандай эле ар түрдүү ыктардын жана эрежелердин бүтүндөй бир системасын түзөт жана чоң чеберчиликти жана атайын машыгууну талап кылат. Мелдештин башка бир түрү көк бөрү же улак тартыш болуп саналат. Бул мелдеште мыкты ат гана керек болбостон, көк бөрүчүнүн ээрге бекем отура алганы, анын чыдамкайлыгы жана ыкчылдыгы да керек. Мелдеш үчүн улакты мууздап, башы менен шыйрактарын кесип коюшат. Мелдештин максаты — улак тартыш башталган жерден улакты бөктөрүп, же такымга бекем басып, эч кимге жулдуруп жибербей марага алып келип таштоо. Мелдеште ага катышып жаткан топтордун (өткөндө уруулардын) ар биринен эки же үчтөн адам катышат да, аягында ага көпчүлүк катышып улантылат. Мында да жеңгендерге байгелер тапшырылган. Памирдик кыргыздарда ат чабыштын ордуна төө жарыш өткөрүлгөн.

Оюн-зоокторун бир кыйла популярдуу түрлөрү ат үстүндөгү күрөш — оодарыш жана жөө күрөш болуп саналат, биринчисинде каршысын аттын үстүнөн оодара тартып жерге түшүрүп, экинчисинде каршысын жерге жыгуу талап кылынат. Күрөшкөндөр адатта тери шым кийип, кайыш кур курчанып көйнөксүз күрөшөт.

Элдик майрамдардын зарыл элементтеринин бири ат оюну болуп саналат. Ал эзелки өткөн замандарда жаа менен, кийинчерээк мылтык менен шыргыйга илинген күмүш жамбыны атып түшүрүү — жамбы атышмай, ат чаап баратып жерде жаткан тыйынды эңип алуу — тыйын эңмей ж.б. менен коштолгон.

* * *

Социалисттик революция кыргыз элинин бай чыгармачылык мурасындагы көбүрөөк баалуу болгондордун баарын кайрадан жандандырып, ага жаңыча

өнүгүп-өөрчүүгө жол ачып, жаңы мазмун берип, мурда тоо-таштарга куулган көчмөндөр үчүн кол жеткис болуп келген искусствонун жаңы түрлөрүн жаратты.

Элдик чыгармачылыктын өсүшүнө жана жалпы эле кыргыз искусствосунун гүлдөп-өнүгүшүнө кыргыз элинин арам санаа душмандары — буржуазиялык улутчулдар менен чет өлкөлүк чалгындоолордун троцкийчил-бухаринчил агенттери көп тоскоолдук кылышты. Алар «Манас» эпосун жазып алууну үзгүлтүккө учуратышып, манасчылардын аң-сезимин улутчулдук, пантүркчүл идея сөрөйлөр менен ууландырышып, кыргыз искусствосун орус жана дүйнөлүк искусстволордун казыналарынан ажыратып салууга жана аны түркөйлүк түрүндө сактап калууга аракет жасашты жана д.у.с.

Кыргызстанда граждандык согуш аяктагандан кийин гана биздин доордун эң ири акын-манасчысы Сагымбай Орозбаковдон баатырдык «Манас» эпосунун эң алгачкы толук варианты жазылып алынды. Бул вариант 240 миңге жакын ыр саптан турат. Таланттуу советтик манасчы Саякбай Каралаевдин «Манас» варианты толуктугу жагынан андан бетер жеткилең болуп чыкты. Саякбай Кызыл Армияда оз ыктыяры менен кызмат өтөгөн, армиядан кел- генден кийин айыл кеңешинин төрагасы, колхозчу болгон; азыркы учурда республиканын эл артисти, ордендүү манасчы. Ал XIX кылымдын эң ири манасчыларынын бири Чоюкенин шакирти болгон. Саякбайдан башка да Кыргыз ССРинин эл артисти, ордендүү Модобасан Мусулманкулов менен Баимбет Абдрахманов (Тоголок Молдо) азыркы белгилүү манасчылар болуп саналат. Жакынкы арада «Манастын» 1 томдугу басмадан чыгып, анда Сагымбай менен Саякбайдын варианттары боюнча көркөмдүк жагынан көбүрөөк баалуу болгон «Чоң казат» поэмасынын цикли жарык көрөт.

«Манас» кубаттуу булак катарында Кыргызстанда жаралып жана өнүгүп жаткан көркөм чыгармачылыктын бардык түрлөрүн азыктандырып турат. Акыркы жылдарда өздүк көркөм чыгармачылык өзгөчө кеңири жайылды. Кыргызстандын колхоздорунда, толук эмес маалыматтар боюнча, 100 дөй драма, 76 хор жана музыкалык ийримдер бар, алар 3 миңден ашыгыраак адамды камтып турат. Мындагы эң жакшы нерсе, көптөгөн кыргыз хор ийримдеринин түзүлгөнүндө, белгилүү болгондой, кыргыздар мурда хор ыры жөнүндө дегеле кабарсыз болушкан. Ушул тапта эл чыгармачылыгынын жалпы Кыргызстандык 4 олимпиадасы өткөрүлдү- 3-республикалык олимпиадага 534 аткаруучу катышкан. Райондордон келип олимпиадага катышкан 401 адамдын ичинен 258и кыргыз, алардын ичинде 108 комузчу, 13 темир комузчу, 10 кыл кыякчы, 2 чоорчу, 11 манасчы, 2 семетейчи, көптөгөн ырчылар (алардын ичинде ырчылар менен акындар), бийчилер жана башкалар болгон. 7 көркөм коллектив, алардын ичинде Мамлекеттик тигүү фабрикасынын (Фрунзе ш.) кызматчысы Таштемированын башкаруусу астында катышкан кыргыз хору жана 57 жеке аткаруучулар сыйлыктар менен белгиленишкен. Ноокат районунан келген колхозчу, акын Маткулов Жусуп ырды эң сонун аткаргандыгы үчүн биринчи сыйлыкты алды. Комузда ойногону үчүн биринчи сыйлыкты Кочкор районунан келген колхозчу Сабылкаев Муса алды. «Семетейден» үзүндүнү эң жакшы көркөмдүктө аткаргандыгы үчүн Нарын районунан келген колхозчу Качкеев да сыйланды.

Кыргыз элинин таланттарынын гүлдөп-өнүгүшү элдик акындардын чыгармачылык жактан тездик менен өсүшүнө таасир берди. Алымкул Үсөнбаев жана Калык Акыев сыяктуу кыргыздын мыкты төкмө акындары Кыргызстандан тышкары, алыскы жерлерде да белгилүү. Алардын алыскы тоолуу айылдарда

кеңири белгилүү болуп калган ырларында мурдагыдай кайгы-муң жок, анда кыргыз элинин бактылуу турмушу даңазаланып, совет мекени гүлдөгөн гүлзар-бак менен салыштырылат... Алымкул менен Калык улуу Токтогулдун түздөн-түз чыгармачыл мураскерлери болуп эсептелишет. Өздөрүнүн эң сонун чыгармачылыгы жана кыргыз фольклорунун эң мыкты үлгүлөрүн чогултуп, кайра калыбына келтирүү боюнча жүргүзгөн иштери үчүн экөө тең Союздун ордендери менен сыйланышып, аларга Кыргыз ССРинин эл артисттери деген наам ыйгарылган, Алымкул Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин депутаты болуп шайланган.

Кыргызстандын элдик чыгармачылыгынын казынасынан көркөм адабият да өсүп чыкты. Кыргызстан Советтик жазуучулар союзунда 34 адам бар, алардын 28и кыргыздар. Азыркы учурга чейин кыргыз адабиятында оозеки акындык традициянын түздөн-түз улантуучусу болуп саналган поэзия үстөмдүк абалды ээлеп турат. Ордендүү акын Жусуп Турусбековдун көптөгөн ырларына композиторлор тарабынан ырлар жазылган. Ордендүү акын, кенже муундун өкүлү Алыкул Осмонов азыр «Таңдагы ырлар», «Жылдыздуу жаштык» жана ] «Чолпонстан» деп аталган үч ырлар жыйнагын чыгарды. Ордендүү акын, «Интернационалдын» кыргызча котормосунун автору Кубанычбек Маликов көптөгөн адабий жанрлардын үстүндө чымырканып иштеп жатат. Ал он жылдын ичинде он ыр китебин басып чыгарды. Республикада Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин депутаты жана Президиумунун мүчөсү Төлөн Шамшиевдин, Темиркул Үмөталиевдин, Аалы Токомбаевдин, Абдрасул Токтомушевдин, Жоомарт Бөкөнбаевдин ырлары кеңири белгилүү. Акыркы жылдарда кыргыз прозасы да жарала баштады. Романдарды, повесттерди, аңгемелерди жаратышкан таланттуу жазуучулар өсүп чыкты. Мукай Элебаев өз өмүрүн чагылдырган «Узак жол» романын жазды, К. Маликовдун «Азаматтар» деген повести кеңири таанымал болуп калды. Түгөлбай Сыдыкбеков биринчилерден болуп колхоз турмушунан «Кең-Суу» романын жазды. Прозачылардын ара- сында К. Баялинов, К. Жантөшев да белгилүү. К. Жантөшевдин «Каныбек» романы революцияга чейинки кыргыз турмушу жөнүндө бай материал берет.

Театр менен чыгармачылык кызматташуу аркылуу Кыргыз драматургиясы да өсүп чыкты.

Кыргыз акындары менен жазуучуларынын эң ири жеңиштеринин бири орус жана дүйнөлүк адабияттын классиктерин кыргыз тилине которулушу болуп саналат. Ушу тапта улуу Пушкиндин «Капитан кызы», «Дубровский», «Станция күзөтчүсү» деген чыгармалары жана А. Осмоновдун, К. Маликовдун жана башка акындар менен жазуучулардын котормосунда бир катар поэмалар жана лирикалык ырлардын жыйнагы басмадан чыкты. К. Баялинов тарабынан биринчи жолу кыргыз тилине «Евгений Онегин» которулду. Кыргыз окурмандары А. Толстойдун, Гоголдун, Салтыков-Щедриндин, Максим Горькиидин чыгармаларын өз тилинде окууга мүмкүнчүлүк алышты. Советтик көркөм адабияттан А.Толстойдун «Нан», Н. Островскийдин «Болот кантип курчуду», М. Шолоховдун «Көтөрүлгөн дың» деген эң мыкты чыгармалары кыргыз тилинде басылууда. Боордош элдердин улуу жазуучуларынын чыгармалары кыргыз элине да белгилүү болууда. Ордендүү акын А. Осмонов Шота Руставелинин «Жолборс терисин жамынган баатырын» кыргыз тилине которуп бүттү; украиналык улуу акын Тарас Шевченконун туулган күнүнүн 125 жылдык юбилейи анын чыгармаларынын кыргыз тилинде басылып чыгышы менен белгиленди. Акырында, Шекспирдин «Гамлет» жана «Отелло» жана «Миң бир

түн» сыяктуу дүйнөлүк классикалык адабияттын чыгармалары К. Эшмамбетовдун котормосунда кыргызча сүйлөдү.

1938-жылы гана кыргыз жазуучуларынын 45 китеби басмадан чыкты. Кант районундагы «Кеңеш» айыл чарба артелинин колхозчусу Табыш Байсубановдун жүзгө жакын китептен турган китепканачасында Аениндин 4 томдугу менен Сталиндин «Аенинизм маселелери» деген эмгектеринин катарында текчеде Гоголдун «Ревизору», Горькийдин «Энеси», кыргыз акындары менен жазуучулары Ж. Бөкөнбаевдин, Т. Шамшиевдин, М. Элебаевдин жана башкалардын чыгармаларынын турганы кокустук эмес. Бул — колхоз кыштагына жаңы, совет маданиятынын терең кирип жаткандыгынын эң жакшы далили.

Кыргыз драма театрынын музыкалык театрга айлантылып, Кыргыз мамлекеттик филармониянын түзүлүшү менен жаңы кыргыз музыкалык искусствосунун өнүгүшү башталды. Кыргыз музыканттары менен аткаруучулары коллективдүү аткарууну жана нота менен ойноону эч качан билишкен эмес. Кыргызстанда биринчи жолу филармониянын курамында эл аспаптар оркестри түзүлүп, ал өркүндөтүлүп, жаңыртылган улуттук аспаптары — комуздан жана кыл кыяктан туруп, европалык оркестрлердин үлгүсү боюнча бөлүнүп (пиколо, прима, альт жана д.у.с.) жана ага европалык флейта, гобой, фагот жана урма аспаптар кошумчаланган. Кыргыз ССРинин искусствого эмгек сиңирген ишмери, ордендүү П. Ф. Шубиндин жетекчилиги астында оркестранттар нота сабатын үйрөнүштү. Мына ушулардын баары оркестрге кыргыз эл чыгармачылыгынын үлгүлөрүн гана эмес, орус жана батыш европалык композиторлордун чыгармаларын да аткарууга мүмкүндүк берет. Азыркы учурда оркестрдин курамында (70 ке жакын адам) Кыргызстандын эң ири музыканттары, акындары менен ырчылары, кыргыздын элдик музыкасын мыкты билген, Кыргыз ССРинин ордендүү эл артисттери Муратаалы Күрөңкеев (эң эски композитор, комузчу жана кыл кыякчы), Карамолдо Орозов, Молдобасан Мусулманкулов, Алымкул Үсөнбаев, Калык Акыев, Атай Огонбаев, республикага эмгеги сиңген, ордендүү эл артисттери Муса Баетов, Ыбрай Туманов ж.б. бар. Оркестр Кыргыз ССРинин искусствого эмгеги сиңген ишмери, ордендүү, музыкалык спектаклдерди өз алдынча башкара билген Шейше Орозов жана Акмат Аманбаев сыяктуу биринчи кыргыз дирижёрлорун өстүрүп чыгарды. Кыргыз филармониясынын курамында эл аспаптар оркестринен башка да Адамгалы Байбатыровдун жетекчилиги астында темир комузчулардын оригиналдуу аялдар ансамбли, элдик ырларды гана эмес, советтик композиторлордун чыгармаларын да аткарган улуттук хор жана акырында, элдик бий ансамбли түзүлгөн. Өзүнүн элдик бийи жок болгон кыргыз эли орус балетмейстери Н. С. Холфиндин чыгармачылык жардамы аркасында өзүнүн улуттук бийин ийгиликтүү түзүп жатат. Элдик оюндарды, эмгек процесстерин, орнаменттерди пайдалануунун негизинде жаралган кыргыз бийлери «Кийиз», «Жаш кербез», «Кыз кыял», чабандардын бийи жана башкалар улуттук хореография искусствосунун өнүгүшү үчүн негиз салууда.

Кыргыз музыкалык искусствосун өнүктүрүүдө СССРдин эл артисти, СССР Жогорку Кеңешинин депутаты, ордендүү Абдылас Малдыбаев эң чоң роль ойноду. Таланттуу композитор Абдылас Малдыбаев өзүн бүткүл элдин сүймөнчүлүгүнө ээ кылган жана республиканын эң эле түнт булуң-бурчтарына чейин жеткен бир катар ырларды жазды. Ал кыргыздар үчүн жаңылык болгон музыкалык формалар — хор үчүн «Кызыл туу», «Биз ленинчилербиз», «Кызыл атчандар» ж.б. ырларды жаратты. Анын обондору «Алтын кыз» жана «Ажал

ордуна» пьесаларынын музыкаларына кирди. Ал чогулткан элдик обондор кыргыздын биринчи операсы «Айчүрөктүн» музыкалык негизин түзгөн.

Кыргыздардын көркөм сүрөт искусствосу эки багытта өнүгүүдө. Эски элдик чыгармачылык өркүндөтүлүп, жаңыча добушка ээ болуп, кайра иштелип чыгылып, пайдаланылууда, буга турмуштун оңолуп, маданияттын өсүшү жана өкмөт менен партия тарабынан көрүлүп жаткан көңүл буруулар жана камкордуктар түрткү берүүдө. Экинчи жагынан көркөм сүрөт искусствосунун мурда кыргыздарга белгисиз болгон түрү — живопись өз алдынча өнүгө баштады.

Бай жана көрөсөндүү кыргыз оймо-чиймелери сүрөттөр жана формалар түрүндө жаңы монументалдуу имараттардын беттерине түшүрүлүп, стахановчулардын жаңы үйлөрүнүн дубалдарындагы туш кийиздер менен шырдактарды кооздоп, физкультурниктердин кийимдерине да жарашык берип турат; алар улуттук музыкалык жана драмалык спектаклдердин декорациялары менен костюмдарын жасалгалоого да көп тараптуу пайдаланылууда.

Азыр кыргыз көркөм сүрөт искусствосу өзүнүн өнүгүшү үчүн жаңы, бекем базага — Токмок шаарында түзүлгөн окуу-өндүрүштүк көркөм комбинатка ээ болду. Бул жерде, өздөрүнүн өнөрү үчүн Союздун медалдары менен сыйланышкан эң сонун чебер саймачылар, атап айтканда, Кант районундагы «Бос бармак» айыл чарба артелинин колхозчусу Зуура Асырбекова жана Чүй районундагы «Кыргыз эмгеги» айыл чарба артелинин колхозчусу Машон Алымбекова иштешет, булардын биринчиси Бүткүл союздук Айыл чарба көргөзмөсү үчүн И. В. Сталиндин, экинчиси — В. И. Лениндин портреттерин түстүү жибек жиптер менен саймалап тартышкан. Мурда салт болуп калган сайма үлгүлөрү беш бурчтуу жылдыз, орок менен балка жана башка советтик эмблемалар сыяктуу жаңы мотивдер менен байый баштады, уздар жаңы композициялардын жана түркүн түстөгү, көп түрдүү оймо-чиймелердин үлгүлөрүн жаратуунун үстүндө иштеп жатышат.

Кыргыз килем токуу ишин жандандыруу үчүн чаралар көрүлүүдө. Азыркы учурда Кирпромсовет тарабынан Фрунзе, Ош жана Жалал-Абад шаарларында килем өнөрканалары ачылууда, аларда республикабыздын эң мыкты килемчилери эмгектенишмекчи.

Фрунзе шаарында түзүлгөн Мамлекеттик сүрөт галереясы, сүрөт студиясы менен сүрөт окуу жайы кыргыз живописин калыптандырып, өнүктүрүүдө чоң роль ойномокчу. Москвада азыр көркөм сүрөт билим алуусун аяктап жатышкан биринчи улуттук сүрөтчүлөр Гапар Айтиев менен Сабырбек Акылбеков ажайып кыргыз пейзажынын живопистик сүрөтүн, Кыргызстандын жаңы адамдарынын портреттерин тартуу жагынан азыр эле биринчи олуттуу ийгиликтерге жетише алышты. Г. Айтиевдин театрда «Алтын кыз» музыкалык пьесасын жасалгалоодогу алгачкы тажрыйбасы өтө мыкты болгондуктан ал «Ардак белгиси» ордени менен сыйланууга арзыды. Изостудиядагы көп сандагы кыргыз окуучуларынын ичинен М. Караев, С. Кабулов, К. Суранчиев жана башкалар мыкты сүрөттөрү жана кызыктуу композициялары менен өздөрүнө көңүл бургузууда. Кыргызстандын көркөм сүрөт искусствосун өнүктүрүүдө Кыргызстанда туулуп-өскөн, искусствого эмгеги сиңген ишмер С. А. Чуйков чоң роль ойноодо, ал өзүнүн чыгармаларында республиканын өткөндөгүсү менен бүгүнкүсү жөнүндө көп тараптуу элестерди берип жатат.

Курулуп жаткан жана курула турган жаңы имараттардын архитектурасында Кыргызстандын архитекторлору кыргыз эл архитектурасынын мотивдерин

(Пионерлер үйү) колдонушуп, кыргыз оймо-чиймелеринин элементтерин конструктивдүү түрдө кайра иштеп чыгышып (Маданият сарайы), келечектеги кыргыз архитектурасынын негизин түзүшүүдө.

Кыргыз элинин көркөм мурасына алынган бардык жакшы нерселердин, улуттук искусствонун жаңы формалары менен жанрларынын өнүгүшүнүн, революция тарабынан өстүрүлүп, тарбияланып, алдыңкы орус маданиятын өздөштүрүп алууга чымыркана киришкен жаш кадрлардын чеберчилигинин синтези болгон музыкалык драма, андан кийин опера түзүлдү. 1926-жылдан бери жашап келген студиянын базасында түзүлгөн Мамлекеттик драма театры кыргыз артисттеринин биринчи кадрларын даярдап чыгарды. Анын музыкалык-драма театрына айландырылып, кайра түзүлүшү жана Искусство иштери боюнча бүткүл союздук комитет тарабынан жардамга жиберилген орус композиторлору В. А. Власов менен В. Г. Ференин жана орус искусствосунун башка ишмерлеринин келиши менен улуттук музыкалык-артисттик кадрларды жана биринчи музыкалык спектаклдерди түзүү боюнча чымырканган татаал иштер башталат. Бул иштин натыйжасы жемиштүү болду. 1939-жылы май-июнда Москвада болуп өткөн кыргыз искусствосунун декадасында бүткүл совет коомчулугунун алдында, партия менен өкмөттүн жетекчилеринин алдында кыргыз элинин көркөм чыгармачылыгынын жетишкендиктери көрсөтүлүп, ал бир добуштан жогорку баага жана жактырууга татыктуу болду.

Эң алгачкы музыкалык драма «Алтын кызда» (автору Жоомарт Бөкөнбаев, музыкасы А. Малдыбаевдин катышуусу менен В. Власов жана В. Фере тарабынан жазылган) Кыргызстандын түштүгүндө 1931 —1932-жылдарда коллективдештирүүнү үзгүлтүккө учуратып, алдыңкы колхозчуларды жок кылууга умтулуп, буржуазиялык улутчулдар жетекчилик кылган басмачылардын шайкаларынын калдыктарына каршы эмгекчилердин күрөшү көрсөтүлөт. Драманын каарманы Чынар деген кыз колхозду уюштуруучулардын бири болгон, колхоздун мүлкүн сактап калууда көрсөткөн эрдиги, жаңы эпкиндүү эмгеги үчүн колхозчулар аны «Алтын кыз» деп аташкан. Драмада эл чыгармачылыгынын мотивдери кеңири пайдаланылган. Ал чоң колхоздук той менен аяктап, анда эл акыны Алымкул Үсөнбаев СССР элдеринин достугу жөнүндө ыр ырдайт. Акырында хор А. Малдыбаевдин обонуна жазылган Сталин жөнүндөгү ырды аткарат.

Экинчи музыкалык драма «Ажал ордуна» болуп саналат. Драманын текстин ордендүү акын Жусуп Турусбеков жазган, музыкасы В. Власов, А. Малдыбаев жана В. Ференики. Анда 1916-жылдагы окуялар көрсөтүлөт; кыргыз эли өзүлөрүнүн эзүүчүлөрү — падышалык колонизаторлорго каршы күрөшкө чыгып, бирок байлар менен манаптардын чыккынчылыгына учурап, теңдешсиз күрөштө багынып берүүнү каалабай, калың эл мекенин таштап, Кытайга кетишет. Орусиядагы Улуу Октябрь социалисттик революция жөнүндөгү кабарды угушуп, качкындар, чет жерде көргөн азаптардан кийин өздөрүнүн эркин болуп калган мекенине кайтып келишет. Көтөрүлүшчүлөрдүн ата-мекени, Ысык-Көл менен коштошкон жери жана Зулайка деген кыздын кытайдын бир жогорку чиновнигине сатылганын көрсөткөн жери өзгөчө толкундатат.

Биринчи кыргыз улуттук операсы «Айчүрөктүн» коюлушу кыргыз музыкалык театрынын ири жетишкендиги болду, ал «Манас» эпосунун мотиви боюнча жазылган. Либреттонун негизине (авторлору Ж. Турусбеков, Ж. Бөкөнбаев жана К. Маликов) өтө ажайып эпизоддордун бири — Манастын уулу Семетей баатырдын уурдатып жиберген шумкарын жана Ахун хандын кызы, колуктусу

Айчүрөктү издеп жүрүшкө чыкканы жана Ахун хандын өлкөсүн кулчулукка айландырган каардуу Толтой менен Чынкожодон бошоткону жөнүндөгү окуя алынган. Операнын музыкасы В. Власов жана В. Фере тарабынан кыргыз эл обондорунун негизинде жазылып, алардын ичинде А. Малдыбаевдин оригиналдуу обондору да кеңири пайдаланылган. Операнын эпостук картиналарында турмуштук окуялар өтө арбын. Анда ат чабыш, жаа тартуу боюнча мелдештер, салгылаштар, Семетейдин ууга чыгышы, үйлөнүү тойлору ж.б. бар. Операда хорлор менен бийлер кеңири берилген.

Актердук чеберчиликке жана музыкалык маданиятка ээ болууда республиканын эл артисттери Анвар Куттубаева, Касымалы Ешимбеков, Ашыралы Боталиев, республикага эмгеги сиңген артисттер Сайра Кийизбаева, Бүбүсара Бейшеналиева жана башка көп артисттер эң сонун ийгиликтерге жетишишти. Ушундай эле ийгиликтер пьесаны койгон таланттуу режисер, искусствого эмгеги сиңген ишмер Аманкул Куттубаевдин, дирижер, искусствого эмгеги сиңген ишмер Шейше Орозовдун, сүрөтчү Гапар Айтиевдин да үлүшүнө тийди. Кыргыз искусствосунун жыйынтыктоочу концерти профессионал артисттердин жана өздүк көркөм чыгармачылыктын өкүлдөрүнүн ар тараптуу шыктуулуктарын көрсөттү. Кыргыз театр искусствосун өнүктүрүүдө эң көрүнүктүү эмгек сиңиргендиги үчүн декаданын 46 катышуучусу, Кыргыз музыкалык театрынын жана Кыргыз мамлекеттик филармониясынын кызматкерлери өкмөт тарабынан СССРдин ордендери жана 25 медалы менен сыйланышкан. Алардын ичинде Анвар Куттубаева менен Абдылас Малдыбаев Аенин ордени менен, кыргыз искусствосун өнүктүрүү ишинде көрсөткөн зор жардамы үчүн орус искусствосунун бир катар ишмерлери Эмгек Кызыл Туу ордени менен сыйланышкан. Композитор жана артист Абдылас Малдыбаевге СССР эл артисти деген наам ыйгарылган.

Кыргыз ССРинде бардыгы болуп 17 театр бар, алардын ичинен тогузу кыргыз, экөө өзбек, экөө аралаш (кыргыз жана орус) жана төртөө орус театрлары. Жаш көрүүчүлөр театры да чоң ийгиликтерге жетишти, ал кыргыз тилинде К. Эшмамбетовдун «Сарынжы менен Бөкөйүн», Аопе-де-Веганын «Койлуу булагын», К. Жантөшевдин «Кичинекей баатырын» коюшкан. Колхоздук-совхоздук 7 театрдын ичинде биринчи орунду Пржевальск театры ээлейт, ал колхоздук-совхоздук театрлардын бүткүл союздук фестивалынын катышуучусу болуп бекитилген. Кыргызстандын бардык театрларында 1100 чыгармачыл кызматкерлер бириккен. Көптөгөн кыргыз жаштары Москва менен Ленинграддын театралдык, музыкалык жана хореографиялык окуу жайларында окушууда.

## *Адабият*


1. Андреев М. С. Орнамент горных таджиков и киргизов Памира. Ташкент, 1928.
2. Виноградов В. Музыка Советской Киргизии, М, 1939.

3. Выставка изобразительного искусства Киргизской ССР (каталог выставки), М.—Л, 1939.
4. Дудин С. М. Ковровые изделия Средней Азии. Сб. Музея антропол. и этнограф. АН СССР, т. VII, 1928.
5. Затаевич Александр. 250 киргизских инструментальных пьес и напевов. М, 1934.
6. «Известия», 1939, май—июнь.
7. Искусство Советской Киргизии, М.—Л, 1939.
8. Киргизский музыкальный фольклор, М.—Л, 1939.
9. Киргизский национальный спорт и игры, Фрунзе, 1928.
10. Ковалев Е. П. Убийство Боку Чалкадыкова (очерк из быта кара-киргизов). Историч. вестн, 1907, № 9.
11. «Правда», 1939, май — июнь.
12. Радлов В. В. Образцы народной литературы северных тюркских племен, часть V. Наречие дикокаменных киргизов, Спб, 1885.
13. «Советская Киргизия», 1938; 1939 (январь—июнь).
14. Сочинения Чокана Чингисовича Валиханова. Зап. русск. геогр. общ. по отдел. этнографии, XXIX, 1904.
15. Тагеев М. А. Памирские киргизы. Нива, 1897, № 38.
16. Фелъкерзам А. Старинные ковры Средней Азии. Старые годы, 1915, июнь.

## КЫРГЫЗДАРДЫН АСКЕР УЮМУНУН ЖАНА ТЕХНИКАСЫНЫН БЕЛГИЛЕРИ[1]

(Тарыхый-этнографиялык маалыматтар жана
«Манас» эпосунун материалдары боюнча)

Кыргыз элинин эки миң жылдан ашыгыраак тарыхы касташ урууларга жана мамлекеттерге каршы согуштук аракеттер, кыргыз жеринин бүтүндүгүн, кыргыз урууларынын көз каранды болбой, эркин жашоосун бүлүндүрүүгө умтулган чет жерлик баскынчыларга каршы тынбай жүргүзүп турган күрөштөрү менен тигил же бул даражада байланыштуу болгон окуяларга дээрлик жыш толгон. Азыркы Кыргызстан Орусиянын курамына кошулганга чейин кыргыздардын саясий жана коомдук турмушундагы эң маанилүү окуялар согуштардын, кол салуулардын жана кагылышуулардын кырдаалында өтүп турган. Кыргыз элинин жашоо-турмушунун бүткүл өзөгүнө согуштук жүрүштөр менен согуш коркунучунун каардуу салт-адаттары өтмө катар болуп сиңип калган. Ушул каардуу жоокерчилик турмуш кыргыздардын материалдык маданиятына, чарбалык укладына, коомдук мамилелерине, элдин аң-сезимине өзүнүн изин калтырбай коё алмак эмес.

Тынымсыз болуп турган согуштук кырдаал кыргыздардын турмуш-тиричилигиндеги кандай аныктоочу фактор болгондугун билүү үчүн академик В. В. Бартольд мисал келтирген түрк тарыхчысы Сайфинин (1582-ж.) маалыматтары менен В. В. Радловдун XIX кылымдын экинчи жарымынын башы ченде жарыялаган жеке байкоолорун салыштырып көрүүнүн өзү эле жетиштүү болот. Сайфиден биз «кыргыздар капчыгайлуу бийик тоолордо жашайт. Эгерде кайсы бир падыша аларга каршы аскерлер менен келсе, алар үй- бүлөлөрүн тоонун төрүн карай көчүрүп жиберишип, өзүлөрү эч кимди өткөрбөө үчүн

капчыгайдын оозун тосуп алышат»[2] деген кабарды табабыз. Патриархалдык-уруулук мамилелердин үстөмдүк кылып турушуна жана дайыма согушка даяр абалда туруунун зарылдыгына байланыштуу келип чыккан конуштарда жашоонун кыргыздарга мүнөздүү болгон түрүн акад. В. В. Радлов төмөнкүчө белгилейт: «Кара-кыргыздар айыл болуп топтошуп жашашпайт, алар бүткүл уругу (уруусу) менен, өзөндөрдүн бойлорунда боз үйлөрүн катарынан улай тигишет, ал кээде 20 жана андан да көбүрөөк чакырымга чейин созулуп жатат... Конуштоонун мындай түрү жарым-жартылай жергиликтүү шарттар менен, жарым-жартылай элдин жоокерчилик мүнөзү менен түшүндүрүлөт. Боз үйлөрдү ушундайча жайгаштырганда кара-кыргыздарда кол салууга же коргонууга бүтүндөй бир кошуунду чукул арада даярдап жиберүүгө мүмкүнчүлүк болот»[3].

В. В. Радлов ар бир кыргыз боз үйүнүн түбүндө сайылып турган найзаны көргөн.

Кыргыздардын өткөндөгү тарыхый турмушунун ушул белгиленген өзгөчөлүктөрү элдик баатырдык «Манас» эпосунда бир кыйла ачык-айкын чагылышын тапкан, бул кыргыздардын жоокерлик тарыхынын өзгөчө бир көркөм эстелиги болуп саналат жана аскер ишин изилдеп-үйрөнүүдө биздин көңүлүбүздү өзүнө бурбай коё албайт, анткени тарыхый да, этнографиялык да булактар, алардын бүткүл баалуулугуна карабастан, өтө эле толук эмес, үзүндүлөр түрүндө болгондуктан көп учурда кыргыздардын аскер уюму менен согуш техникасынын айрым жактарын бардык жагынан толук түшүнүк алууга мүмкүндүк бербейт. Албетте, эпостун өзүндө камтылып турган маалыматтар да бизди кызыктырган суроолорго дайыма эле жооп бере бербейт жана ошол турушунда аларды пайдаланууда белгилүү бир даражада сак болууну талап кылат. Бирок «Манас» каармандын жана анын чоролорунун согуштук жортуулдарынан турган башкы сюжеттик өзөгү аркылуу бизге белгилүү болгон кайсы бир эпостук эстеликтерге караганда жазма булактарда жана археологиялык эстеликтерде алиге чейин учурабаган таанымдык мааниси бар баа жеткис маалыматтарды бере алат. Бул доклад кыргыз эпосу «Манастын» кол жеткен материалдарын жана тарыхый-этнографиялык мүнөздөгү маалыматтарды топтоштуруп, белгилүү бир системага келтирүүгө жасалган алгачкы аракет гана болуп саналат. Аткарылган иштер теманы иштеп чыгуунун биринчи этабы катарында гана каралууга тийиш жана козголгон маселелерди толук түрдө чагылдырууга, кээ бир корутундулар толук чечилген мүнөзгө ээ деп айтууга дегеле талаптанбайт. Негизги иш али алдыда, атап айтканда, булактардын каралып жаткан түрлөрүн археологиялык эстеликтер менен салыштырып көрүү иштери да али алдыда Негизги булактардын бири болгон «Манас» да али өтө аз пайдаланылган бойдон калууда. Биздин колубузда эпостун кара сөз түрүндөгү варианты жана СССР Илимдер академиясынын Кыргыз филиалынын Тил, адабият жана тарых институту тарабынан бизге сүймөнчүлүк менен берилген «Манастын» айрым үзүндүлөрүнүн сөзмө сөз котормолору, айрым тексттер, акырында, К. Рахматуллиндин эмгегинде келтирилген материалдар гана бар эле[4]. Мындан аркы иште негизги көңүл «Манастын» текстин түздөн-түз изилдеп-үйрөнүүгө бурулууга тийиш.

Тарыхый булактар, анын коомдук түзүлүштүн проблемаларын талдаган бөлүгү биз үчүн кыргыздардын бүткүл акердик укладын мүнөздөй турган көрүнүштөрдү түшүнүүнүн ачкычы болууга тийиш. Эгерде жалпы багыты боюнча алганда кыргыздардын коомдук түзүлүшү түпкү булактарда да, ошондой эле аларды изилдеп-үйрөнүүгө негизденген эмгектерде да бизге ачылып көрүнүп

турганы менен, кыргыздардын аскер уюму менен байланыштуу болгон жагындагы көрүнүштөрү биз үчүн али түшүнүксүз бойдон калууда. Кыргыз коому өз өнүгүшүндө татаал жолду басып өткөн. Алгачкы жамааттык мамилелерден тартып, кул ээлөөчүлүк уклад аркылуу өтүп, ал коом орустар басып алганга чейин жарым патриархалдык-жарым феодалдык мамилелерге чейин өсүп жетти. Албетте, коомдук формалардын мындай алмашуусу эл аралык коомдук кырдаалдагы да, экономиканын өнүгүү процессиндеги да өзгөрүүлөрдү чагылдырып турган. Өз кезегинде бардык ушул факторлор кыргыздарда жоокерлик искусствонун өнүгүшүнө түздөн-түз таасирин тийгизген.

Бирок биз мында этногенетикалык процесстин өзгөчөлүгүн да эске алууга тийишпиз, бул процесс кыргыздарда кыргыз уруу бирикмелеринин эски борборунда: Енисейде жана Тянь-Шанда болуп өткөн. Ушул этногенетикалык процесстин алкагында кыргыздардын жоокерлик искусствосунун өнүгүшүнүн башаттары менен жолдору жөнүндөгү маселени кароо менен, биз төмөнкүдөй корутундуга келүүгө тийишпиз: жалпы эле кыргыз маданияты сыяктуу эле, аскер иши да кыргыздардагы түпкү жоокерлик негиз менен кыргыз урууларынын Сибирдин, Борбордук жана Орто Азиянын элдери жана мамлекеттери менен көп кылымдарга созулган байланыштарынын учурунда жыйылып отурган кубаттуу катмар менен болгон татаал айкалышынын продуктусу болуп саналат. Кыргыздардын байыркы тарыхын изилдеген белгилүү окумуштуу А. Н. Бернштам, мисалы, кыргыздардын курал-жарактарында кыргыздар коңшу жашап, жакын байланышта болгон усундардын жана байыркы түрктөрдүн согуштук техникасынын издери бар экенин көрсөтөт. Маалыматтардын жетишсиздиги азыркы учурда бизди кыргыздарда аскер ишинин өнүгүшүнүн этаптарын белгилөө мүмкүнчүлүгүнөн ажыратып отурат, бирок биз өз көңүлүбүздү кыргыздардын эки миң жылдык тарыхынын ар түрдүү мезгилдеринде айрым бир фрагменттерде биздин көз алдыбызга тартылып көрүнгөн аскердик укладдын калыптануу жолун калыбына келтирүүгө мүмкүнчүлүк бере турган маалыматтарды иликтеп табууга бурууга милдеттүүбүз.

Эпосто ачык-айкын сүрөттөлгөн кыргыз аскери кол же кошуун (салыштыргыла: моңголдордо хошун), уруулук кошуун принциби боюнча уюшулган. Бул жөнүндө кытайдын династиялык жылнаамасы (Тан-шу) ырастайт, андан хакастардын аскери бардык уруулардан куралаары көрсөтүлөт, ошондой эле ал В. В. Радловдун кийинчерээк байкаганы менен да ырасталып турат, ал «кол салуунун мизин кайтаруу үчүн же кол салуу үчүн манаптын буйругу боюнча уруунун жоокерчиликке жөндөмдүү болгон бардык эркектери колдоруна курал алууга милдеттүү экенин» жазат»[5].

Кыргыздардын колу жортуулдун учурунда араанга: оң араан, сол араан жана орто араан деп үч отрядга бөлүнгөн.

Балким, аскердин мындайча бөлүнүшү кечээ жакынга чейин сакталып келген бардык кыргыз урууларынын оң жана сол болуп эки канатка бөлүнүшү менен байланыштуу болсо керек; мында белгилеп кете турган нерсе, изилдөөчү Н. Ф. Ситняковскийдин материалдарынан биз «отуз-уул» жана «ичкилик» уруу бирикмелеринин ичинде да оц жана сол болуп бөлүнүүнүн сакталып калганын билдирген өтө маанилүү даректи таптык[6].

Аскердин жана элдин эки канатка бөлүнүшүнүн дал ушунун өзүндөй көрүнүшүн Чыңгыз-хандын доорундагы моңголдордон да таптык. «Манас» эпосундагы 12 уруулуу кыргыз аскери, 12 хандык аскер жана д.у.с. жөнүндөгү бир

нече жолку эскерүүлөр бир аз түшүнүксүз болгону менен көңүл буруууга татыктуу. Бул аскерди түмөн боюнча уюштуруу системасы менен байланыштуу болушу мүмкүн, биз бул он эки хандан жол башчыларды, он миң жоокерден турган кошундардын кол башчыларын көрүүгө тийишпиз. Бул жагдайдан алганда академик В. В. Бартольд тарабынан эскерилген, 1635—1636-жылдарга таандык окуялар кызыгууну туудурат; ошол жылдарда башында 12 жол башчы бар кыргыздар Каратегин аркылуу Гиссарга ооп келишкен[7].

Айрым бир башка түрк-моңгол урууларындагыдай эле кыргыздарда да аскерлерди ондукка, жүздүккө, миңдикке жана он миңдикке (түмөнгө) бөлүп уюштуруу системасы колдонулуп келгени эпостун маалыматтары менен да, тарыхый даректер менен да ырасталып турат. «Манас» эпосунун борбордук цикли болгон «Чоң казаттын» эпизоддорунун биринде кыргыз аскеринин жаңы башкы кол башчысы Алмамбет аскерлерди жогоруда көрсөтүлгөн принцип боюнча бөлгөнү жөнүндө айтылат[8]. Кыргыздарды моңголдордун каратып алгандыгы жөнүндө В. В. Бартольд келтирген «Ыйык сыр баянындагы» аңгемеге ылайык Чыңгыз хандын уулу Жучу кыргыздарды багындыргандан кийин «өзү менен кошо он миңдик жана миңдик аскер отряддарынын кол башчыларын ала келет»[9].

Аскерди ушундайча бөлүүнүн зарылдыгы кыргыздарда согушка көп сандаган жоокерлер катышкан шартта гана пайда болушу мүмкүн. Чындыгында да, эпосто баяндалган согуштук жүрүштөрдө жүз миңдеген жоокерлер катышат, кээ бир учурларда алардын саны миллиондон да ашып кетет. Эгерде эпоско мүнөздүү болгон апыртууларды көңүлгө албаганда да, кыргыздардын согуш операцияларына 70—80 миң адамга жеткен куралдуу күчтү киргизгенин тарыхый булактар толук далилдейт.

Кыргыздарда курал-жарактардын белгилүү бир түрү менен куралданган аскер отряддарынын болгондугу жөнүндө далилдүү тарыхый маалыматтар биздин колубузда жок. Бирок ушундай божомолдор үчүн кээ бир кыйыр түрдөгү далилдер эпосто, ошондой эле лексикалык даректерде камтылып турат.

Бейжинге жүрүшкө жөнөөрдүн алдында кыргыз армиясынын башкы кол башчысын шайлоого арналган салтанаттын эпостук сүрөттөлүшүндө Манастын жан-жөкөрлөрүнүн жана аскер сакчыларынын толук тизмеси келтирилет. Манастын алды жагында мылтыктары дүрмөттөлгөн 20 мерген, артында — жаачан 20 жоокер, оң жагында — курч кылыччан 20 жоокер, сол жагында — ай балтачан 20 жоокер бар; андан ары Манасты аскерлердин экинчи тобу курчап турушат, алды жакта калкандуу жоокерлер, артында — найзачан 40 жоокер бар.

Мында сөз, калыбы, кол башчынын, жол башчынын жеке өзүнүн кароолу жөнүндө болуп жатат окшойт. Бирок кыргыз тилинде жаа тарткыч[10], найзачы же найзакер, балта чабар, кылычкер деген терминдер сакталып калгандыктан кыргыз аскерлеринин курамында курал-жарактын тигил же бул түрү менен куралданган, белгилүү бир машыккандыкты талап кыла турган жаа жана ай балупа ж.б. менен көбүрөөк куралданган отряддардын болушу мүмкүн.

Кыргыз кошуунунун негизин жеңил атчандар түзгөн, бирок проф. Бернштам билдиргендей, кыргыздарда, байыркы замандагы кээ бир башка көчмөндөрдөгүдөй эле, ошол кездеги аскер техникасында металл соот-чарайналардын жана ошол сооторду тешип кете турган оор жаа жана темир учу бар жебенин пайда болушуна байланыштуу тез аракеттенүүчү атчан аскерлер менен өз ара биргелешип аракеттенген аралаш аскер бөлүктөрү да колдонула баштайт.

А. Н. Бернштамдын жаачылардын аралаш аскер бөлүктөрүнүн болгондугу жөнүндөгү бул айтканы кыргыздарда «адистешкен» аскерлердин кээ бир түрү жөнүндө жогоруда айтылган пикирди ырастап турат.

Кыргыз аскерлеринин этникалык курамы жөнүндөгү маселе олуттуу кызыгууну туудурат. Белгилүү болгондой кыргыз элинин өзүнүн этникалык курамы бир кыйла татаал болуп саналат. Кыргыз деген ат менен бириккен уруулардын ичинде биз моңгол тектүү урууларды жана бир катар түрк урууларын табабыз, ал уруулар Саян-Алтай менен Орто Азиянын азыркы элдеринин (алтайлыктардын, казактардын, өзбектердин жана башкалардын) курамына да кирген.

Кыргыздардын татаал этникалык курамы алардын аскерине да таасирин тийгизбей коймок эмес. Бул маанide алганда эпос, шексиз түрдө чындыкка жакын көрүнүштү чагылдырат. Эпосто аталып, согуштарда кыргыздар менен бирге катышкан уруулардын ичинен биз моңгол тектүү найман, дөрбөн, нойгут (сыягы, моңголдук онгут) жана башка урууларды, аргын, уйшун деген казак урууларын жана кээ бир өзбек урууларын жана башкаларды учуратабыз. Бул уруулардын кыргыз аскерлеринин арасында катышканы ар түрдүү этникалык тектеги элементтерди өзүнө камтыган уруулар союзунун болгондугунун натыйжасыдыр, бирок мында тигил же бул саясий жана стратегиялык милдеттерди чечүү максатында убактылуу түзүлгөн аскердик-саясий бирикмелер болушу да толук мүмкүн.

Кыргыз аскеринин курамы жана уюмунун системасына үстүртөн берилген өзүбүздүн баяндамабызды аяктап жатып, биз кыргыз аскеринин курамында согуштук жүрүштөрдү ишке ашырууну жеңилдеткен айрым адамдардан турган кээ бир жардамчы «кызматтардын» болгондугун да белгилеп кетүүгө тийишпиз. Алардын ичинен төмөнкүлөрдү атап кетебиз, алар: кечүүлөрдү таап берүүчү суучулдар, ат такалоочу жана курал-жарак жасоочу усталар, адамдардын жоокерлик жөндөмдүүлүктөрүнүн, жылкылардын күлүктүк сапаттарынын билермандары — сынчылар, күндүн чыкканы менен батканы, планеталардын жайгашып турган абалы, жаныбарлардын жүргөн-турганы, өсүмдүктөрдүн өсүп-өнүгүшүндөгү көрүнүштөр боюнча аба ырайы жөнүндө алдын ала айта билген эсепчилер. Алдын ала айта билгендердин категориясына койдун далысына карап келечекти алдын ала айткан — балчыны, 41 таш менен төлгө салып, өткөн менен келечекти алдын ала айткан төлгөчүнү да кошуу керек. Азыркы көз караштан алганда бул алдын ала айтуучулар иррационалдуулук негиздин өкүлдөрү болуп саналат. Кечээ жакында эле кыргыздардын диний идеологиясынын негизин түзгөн шамандык көз караш үстөмдүк кылып турган мезгилде жогоруда аталган адамдар турмуш-тиричиликтин, ошондой эле, согуш ишинин эң зарыл звеносу болгон.

Кыргыздардын аскер уюмунун фольклор менен этнографиянын маалыматтары боюнча бизге белгилүү болгон социалдык тарабын кароого өтүү менен, биз баарынан мурда кыргыз аскерин башкаруу системасына токтолууга тийишпиз, анткени ал үстөмдүк кылып турган коомдук мамилелер менен тыгыз байланышта болгон. Кыргыз коомунда көптөгөн кылымдар бою аскер башчысы — баатыр борбордук фигура болуп келген. Бул фигуранын социалдык мааниси бир аз өзгөрүп турган менен, анын негизи өзгөрүлгөн эмес. Өнүгүүнүн бир кыйла эртерээктеги этабында аскер башчысы али уруунун же уруктун жетекчисинин бийлигине ээ болгон эмес. Анын ролу согуштук кагылышуулардын жана кол салуулардын учурунда гана күчөп турган.

Тынч мезгилде болсо толук бийлик уруу аксакалдарына таандык болуп, алар көчүп-конуунун тартибин белгилешип, айыпкерлерди соттоп, жазалашкан ж.б.

Баатыр өзүнүн жеке сапаттары, тайманбастыгы, жоокерлик эрдиги менен көзгө көрүнгөн, бирок анын бийлиги белгилүү бир даражада уруу аксакалы, ардактуу жана белгилүү карыялардын кеңеши тарабынан чектелип турган.

Аскер башчылары коомдук турмушта улам көбүрөөк башкы абалды ээлей баштаган кийинки этап бизге карыялардын эскерүүлөрү аркылуу жетти. Алар жөнүндө, атап айтканда, өтө кылдат изилдөөчү А. Соколовдун «Кара-кыргыздар жөнүндө»[11] деген эмгегинде келтирилет. А. Соколов өткөндө акылман башкаруучу (бий) же согуштарда жана кол салууларда өз уруусунун эр жүрөк кол башчысы (баатыры) катарында атагы чыккан адамдар бүтүндөй бир уруулар топторунун башчысы катарында эсептелген.

«Белгилүү бир топтогу өз уруулаштарынын ичинде өзүнүн жеке сапаттары менен көзгө көрүнгөн мындай ар бир баатырдын жанында, кыргыздардын айтуусуна караганда, анын кошууну (демейки сандагы кырк жигит) болгон, баатыр жигиттеринин жардамы менен даңкка жетишип турган: чабуул коюп, согушка катышкан, өзүнүн айланасындагы уруулаштарын коргогон, уруулаштарынын саны адатта анын даңкына жана өзүнүн карамагындагыларды башкара билгендигине түздөн-түз байланыштуу болгон, ал өз карамагындагыларды соттоп, жазалаган, көчүп-конуу маселесин чечкен, жалпы эле бардык иштерде башкы жетекчи болгон, мен суроо берген адамдардын көпчүлүгүнүн айткандарына караганда мындай манап-баатыр элдин үстүнөн өз таасирин бекемдөө үчүн өзүнүн кол алдында кеңеш сыяктуу нерсени түзгөн шайлануучу ардактуу адамдар менен, айрыкча, сот иштеринде кеңешип турган». Ошентип, баатыр акырындык менен уруу аксакалдарынын укугун тартып алган. Манапчылыктын кыргыз коомунун үстөмдүк кылуучу катмары катарында калыптанышы жана аны менен эле бирге феодалдык мамилелердин бир катар элементтеринин калыптанышы бул процесстин акыркы этабы болду.

«Манас» эпосу аскер башчысынын, баатырдын алгачкы абалынан коомдун эң жогорку социалдык катмарындагы үстөмдүк кылуучу күчкө айланган учурга чейинки өткөөл этапты өзүндө чагылдырып турат. Бизге бул өткөөл этап коомдун аскердик демократия деп аталып жүргөн абалына алда канча жакын сыяктуу болуп көрүнөт. Бардык кол башчылар, Манастын атасы Жакыптан, Манастын өзүнөн баштап Манастын жан-жөкөрү Бокмурунга чейин коомдук турмуштун бардык маанилүү окуяларында, айрыкча жортуулга аттанаардын алдында аксакалдарды, акылман карыяларды, уруу башчыларын, атактуу баатырларды же кошунчуларды, ал эми, кээде бүт элди кеңешке чакырышат. Жетекчилерди шайлоо салты да өз маанисин али жогото элек. Манастын өзүн, кол башчы катарында аксакалдар шайлайт. Бейжинге жүрүшкө аттанаардын алдында Манас өзү менен бирлеш аскер башчыларына башкы кол башчыны шайлоону сунуш кылат. Бардыгы Манас сунуш кылган Бакайдын кандидатурасы менен макул болушат. Манас Алмамбеттин чалгынга барып келүү үчүн Манастын чоролорунун бири Ажыбайдын аты Карт күрөңдү берип туруу жөнүндөгү өтүнүчүн аткарып, Алмамбетке атын берип турууну сурап, Ажыбайга чабарман жиберет, ал буйрук бербейт, суранат. Бирок демократиялык салт пайда болуп жаткан жаңы мамилелердин таасиринен улам акырындык менен начарлай берет. Муну, атап айтканда, Манаска каршы жети хандын чагымына айланып кеткен бир катар күч алган бөлүнүп-жарылуулар жана карама-каршылыктар далилдейт. Бул социалдык чыр-чатактарга К. А. Рахматуллин адилеттүү көңүл бурат[12]. Бирок

бизге К. А. Рахматуллин бул чыр-чатакты ички мамлекеттик карама-каршылыктардын чагылышы катарында кароо менен мындагы башкы нерсени — эски демократиялык салт менен Манастын өзүнө байланыштуу болгон жаңы мамилелердин элементтеринин ортосундагы күрөштү байкаган эмес сыяктуу сезилет. Эгерде Манастын өзү жөнүндө сөз кыла турган болсок, андан анын социалдык бейне- синин (облик) карама-каршылыгы эпос чагылдырып турган доордун коомдук мамилелеринин татаалдыгын өзүндө топтоштуруп тургансыйт. Ошондой болсо да жаңы тенденциялар канчалык сезилээрлик болбосун, биздин көз алдыбызда жол башчылар менен кол башчылар канчалык өкүмдарлар болуп көрүнбөсүн, эпостун жалпы маанайы кыргыздардын аскердик-демократиялык түзүлүшүнүн гүлдөп турган мезгили жөнүндө айтууга мүмкүндүк берет, ал гүлдөөнүн ачык-айкын көрүнүшү XIX кылымдын дээрлик ортосуна чейин келип жеткен. Биз кыргыз аскеринин «кол башчыларынын курамын», «кадрларын» ушул кырдаалга таянып карап чыгууга тийиштпиз. Ар бир ири кол башчы өзүнүн жанында чакан кошун түрүндө тандалган жоокерлерди — 40 чородон турган жасакты кармап турган. Манастын кырк чоросу — анын жан-жөкөрлөрү, анын гвардиясы болгон. Алардын бардыгы ошол эле убакта Манастын аскерлеринин ири жана чакан бөлүктөрүнүн аскер башчылары, жетекчилери болушкан. Алардын көпчүлүгү ар түрдүү уруулардын өкүлдөрү болгон, ал эми айрымдары Манастын өзүнүн туугандары да болгон, мисалы

Бакай менен Сыргак Манастын атасы Жакыптын бир туугандарынын уулдары болгон. Манастын кырк чоросу, эгерде ага жалпы мүнөздөмө бере турган болсок, моңголдордун нөкөрлөрүнө өтө окшош келет, ал академик Б. Я. Владимиров тарабынан анын «Моңголдордун коомдук түзүлүшү» (Ленинград, 1934) деген эмгегинде эң сонун ачылып көрсөтүлгөн. Бирок Манастын кырк чоросу өзүнүн курамы боюнча бир тектүү эмес. Чоролордун ичинде биз Бакайды көрөбүз, ал айрым бир учурларда аскерлердин кол башчысы катарында, кээде аскерлердин жүрүү багыттарын белгилеген, чабуулга өтүүнүн учурун аныктоочу жетекчи катарында чыгат, ошондой эле нойгут уруусунун башчысы Сыргакты, экинчи жагынан ондуктун башчысы Тазбайматты, чабарман жана жигит катарында жумшалган катардагы чоролорду көрөбүз. Алардын бардыгын Манаска берилгендик, жоокерлик парзды бекем туткандык, өз элин коргоо идеясы бириктирип турат. Алардын бардыгын Манас кужүрмөн ат, байлык, аялдар менен камсыз кылган.

Манаска таандык мүнөз анын жөнөкөйлүгү, өзүнүн чоролоруна жасаган мамилесиндеги демократизми болуп саналат. Ал эми Манастын хандар менен: казактын ханы Көкчө, кыпчактын ханы Үрбү, хотандардын ханы Төштүк, бухардын ханы Музбурчак жана башкалар менен болгон мамилеси таптакыр башкача мүнөздө. Алардын бардыгы Манаска моюн сунушат, бирок алардын ар биринин өз аскерлери бар, белгилүү бир көз каранды эместике ээ, өз алдынча жашашат. Булар Манастын төбөл жан-жөкөрлөрү, алар баш ийүүчүлөргө эмес, бирлештерге окшойт. Бул жерде биз эми вассалитеттин белгилүү формасын көрүп отурабыз. Бейжинге чоң казатка аттанаардын алдында аскерлери менен келишкен хандарды Манас меймандар катарында тосуп алып, сый тамак-аш берип, аларды кабыл алып, тейлөө үчүн өзүнүн көрүнүктүү чоролорун дайындайт.

Кыргыз аскерлеринин кадрлары жөнүндө айтылгандарга кошуп айтып кете турган нерсе, жүрүштүн учурунда аскер башчыны — зардал, сардар же кол башчыны гана шайлабастан, чалгынчылыкты башкарган адамды, аскерлер жүрө

турган көбүрөөк ыңгайлуу жолдорду, түнөөчү жерлерди аныктай турган — жол көрсөтүчтү да шайлашкан. Кыргыз аскеринин курал-жарагы узак эволюцияны башынан өткөрдү; ал кыргыздардын жоокерлик тарыхынын бардык мезгилинде өз мезгилиндеги техниканын деңгээлинде туруп, душмандын курал-жарагынан кем болгон эмес. Согуштук техниканы тынымсыз өркүндөтүп отуруунун дал өзү кыргыздардын чет жердик баскынчыларга каршы күрөштө бир нече жолу ири согуштук ийгиликтерди камсыз кылган. Кыргыздардын аскердик тарыхынын байыркы мезгили үчүн бир кыйла көп тараган курал — жаа, жебе, саадак болуп саналат. Жаанын эволюциясы жөнүндө биз жогоруда айттык. XVII кылымда орустар енисейлик кыргыздарда «жаа менен салгылашты» көрүшкөн. Орустар Тянь-Шанга келген учурда кыргыздарда жаа негизинен Кокон хандыгынан сатып алган атма курал менен сүрүлүп калган болучу. Байыркы убактарда, мүмкүн, салмоор да колдонулса керек, бирок ал жөнүндө маалымат жок. Кыргыздарда учунда металл тыгы бар каска, найзалар кеңири колдонулган. Эпосто найзанын сегиз кырдуу тык менен жабдылганы, анын жила менен иштетилгени (бекем болсун үчүн) айтылат. Найзанын учуна аттын кылынан же топоздун куйругунан түпөк илинген. Атылбас курал-жарактардын башка массалык түрүнөн кыргыздарда көп санда ай балта, чокмор, союл, шалк этме, чоюн баш ж.б. болгон. Куралдын бул тиби үчүн, ошондой эле, кылыч, шамшар, канжар үчүн колдонулган терминдердин көптүгү кыргыздардын коңшу элдердин согуштук техникаларын кеңири алып турушканынан кабарлайт. Муну менен катар кыргыз элинин курамына кирген айрым урууларда өткөндө ал куралдын колдонулганын жана ушундан улам терминологиянын сакталып калгандыгын да байкоого болот. Союл менен күрсү кыргыздарда XIX кылымда да колдонулуп жүргөн болсо да, бул куралдын бардык түрлөрү жана типтери жөнүндөгү ачык маалыматты азырынча бизге этнографиялык да, фольклордук да материал бере элек. Бул куралдын атчан аскерлерде гана колдонулганы же жөө аскерлерде да колдонулганы да белгисиз. Кыргыздардын XIX кылымга чейин эң жакшы көргөн курал-жарактарынын бири секира же алебарда тибиндеги согуштук балта — ай балта болгон, анын миз жагы орок сыяктуу келип, сабына ашталган катуу жыгачка (эпос боюнча ыргайдан жасалат) көп учурда оймо-чийме түшүрүлүп коооздолот. Кылычтар, канжарлар, эки миздүү кыска кылычтар көптөгөн ар түрдүүлүгү менен айырмаланып турган. Алардын арасында перси тилиндеги аталыштар көп. Бизге А. Н. Бернштам айткандай, кыргыздардын курал-жарактарында кылыч, кийинчерээк шамшарлардын пайда болушу атчан согушуунун көп колдонулгандыгынын натыйжасы. Металл курал-жарактарын жасоонун техникасы кыргыздарда, сыягы, эң эле байыркы мезгилдерден тартып белгилүү болсо керек. Кыргыздарда өздөрүнүн металл өндүрүшүнүн болгондугу буга өбөлгө түзгөн. Бул өндүрүш Тянь-Шанда жөнөкөй түрдө болсо да XIX кылымдын экинчи жарымына чейин сакталып келген. 1916-жылдагы көтөрүлүштүн мезгилинде кыргыздар металл эритүүнү кайрадан жандандырышып, курал-жарактарды жасашкан. Эпосто мылтык жөнүндө көп айтылса да, мунун да түрлөрү көп болгон, бул кийинчерээк пайда болгон көрүнүш болсо керек. Сыягы, мылтыктар (чакмак таш менен от алуучу, кийинчерээк милтелүү) кыргыздарга алардын жалпы тарыхый тагдыры бир түрк-моңгол элдерине белгилүү болгондон мурда белгилүү болгон эмес. Ал эми «Манастагы» айтылган абзел замбиреги XVIII кылымдын биринчи жарымында колго түшкөн туткун швед офицери Ренат замбирек куюу өнөрүн калмактарга үйрөткөндүктөн, алар замбиректерди жасап колдонушканы жөнүндөгү белгилүү фактыга байланыштуу

пайда болсо керек. Бул өнөрдү кыргыздар да калмактардан үйрөнгөн болушу мүмкүн.

Кыргыздардын курал-жарактары жөнүндө жетиштүү материалдардын жоктугу бизге азырынча согуш техникасынын өнүгүшүн бир кыйла тагыраак баяндоо жана курал-жарактардын түрлөрүн жана алардын колдонулушун толук сүрөттөп жазуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратып отурат. Келтирилген кыскача маалыматтар курал-жарактардын көп түрдүүлүгү жана ассортименти жөнүндө жалпы гана түшүнүк бере алат жана кыргыз аскерлеринин жогорку деңгээлде куралданганын билдирип турат. Аскер кийимдери жана жабдык- шаймандар жөнүндөгү маселеде да биз ушундай эле абалды көрөбүз. Эпосто кийимдер менен жабдык-шаймандардын көп сандаган типтери эскерилет, бирок алар көп учурда толук реалдуу түрдө сүрөттөлбөйт. Эпосто кебез салынып, калың шайы кездемеден бир нече кат кылып шырылып тигилген, сооттун ордуна кийилип, жебе өтпөй турган олпок жана күбө (ак күбө, көк күбө, кыл күбө, күбө-тон) сыяктуу жоокердик кийимдердин типтери көп учурайт.

Махмуд Кашкаринин Brockelman басып чыгарган сөздүгүндө чопкуттун «күбө» деп аталганын жолуктурганыбыз кызык болду.

Кыргыз турмушунда бүгүнкү күнгө чейин сакталып калган белдемчи, сыягы, өткөндө атка минип жүрүүгө ылайыкталган жоокерлик кийим болсо керек. Жоокерлик кийимдин курамдык бөлүгүнүн дагы бири жапайы текенин терисинен тигилген кең чалбар болгон, анын багалеги жазы келип, көп учурда түстүү жиптер менен саймаланып коюлган. Бул шымдардын (чалбар, жаргак шым) ичине жүрүштүн учурунда үстүнкү кийимдердин этегин кайрып, шымданып алышкан. Жоокерлик кийимдин курамына, азыркы учурда кемпирлер кышында кие турган тизе капка окшогон тизе каптар да киргендиги жөнүндө да маалымат бар.

Согуштун учурунда жоокердин башы шлем — туулга менен корголгон, ал эми ак кийизден жасалып, кара милте салынган калпак күндөлүк кийилүүчү баш кийими болгон; бул калпакты даярдоодо кыргыздар зор чеберчиликке жетишкен. Бир катар изилдөөчүлөр (Радлов, Хорошхин ж.б. ) ушул өзгөчөлүү баш кийими боюнча кыргыздарды ак калпак деп аташкандыгын белгилешет. Бул калпак көчмөн талаалардагы кыргыздардын ата-бабаларын азыркы кара калпактардан айырмалап турган белгилеринин бири болуп жүрбөсүн?

Кыргыздардын жоокерлик кийимдерин азырынча так классификациялоого жана сүрөттөп жазууга мүмкүн эмес. Жоокерлик кийимдердин белгилүү бир типтери ар түрдүү аталыштар менен чүмбөттөлүп турат. Эпосто көп жолуга турган бадана, чопкут панцырь катарында да, кольчуга катарында да чечмеленет. Бадана менен чопкуттан башка да кыргыздар көкүрөккө кийилүүчү, металл сооттору — чарайна, кыякты (салыштыргыла: «хуйк»), булгаары соотту — шарпылдакты пайдаланышкан. Хакастар жөнүндөгү кытай булактарында атчан аскерлер колу менен бутун жаап ала турган кичинекей жыгач калкандарды, ошондой эле, ийиндерин коргоочу анча чоң эмес тегерек калканды колдонушканы эскерилет. Бул калкандар менен жоокерлер жебелер менен кылычтардан коргонушкан. Курал-жаракты асып, илип коюу үчүн курларды — жекерини пайдаланышкан. Калкан, калдырак (кээ бир маалыматтар боюнча металлдан жасалган) жоокерлик жабдыктын ажырагыс элементи болгон.

Жоокерлик кийимдер менен жабдыктарды жасап, даярдоодо кыргыз аялдарына чоң роль таандык болгон. Бул тема эпос тарабынан Манастын аялы Каныкейдин Манастын кырк чоросу үчүн жоого кийүүчү кийимдерин даярдаганы

жөнүндө айтылган эпизоддо эң ачык-айкын ачылып көрсөтүлгөн. Акылман Каныкей бир караганда өтө эле майда-чүйдө сыяктуу болуп көрүнгөн нерселерге чейин камкордук көргөн. Мында кышкы сууктан коргой турган куну тумактар да, бекем болсун үчүн тарамыш менен бекемделген өтүктөр, жайкы-кышкы байпактар, чакмак, бычак, дары-дармектер жана дагы көптөгөн нерселер бар. Анан да жүрүшкө даярдоо кийим-кечектерди, жарак- жабдыктарды гана даярдоону талап кылган эмес. Бул даярдык көрүүдө аттарды жүрүшкө даярдоо, аларды алыскы жол жүрүүгө машыктыруу, согушта пайдалануу үчүн үйрөтүү зор орунду ээлеген. Аскер атынын салгылаштардагы чечүүчү ролу эпосто мингич атты аздектөөнүн бүтүндөй бир жөрөлгөсүн түзгөн. Атты жакшылап бакса кыйын учурларда ал ээсин жоодон куткарып кетет деп ишенишкен (атты баксаң ардактап, жоого бербес тар жерде). Кыргыз макалы аттын ролун өтө так жана толук мүнөздөйт: «ат эрдин канаты». Аттарды жасалгалоо жана сууктан сактоо үчүн башына, мойнуна жапкычтар, үстүнө үртүктөр пайдаланылган. Аттын көкүлүнө үкүнүн жүнүнөн тумар илип коюшкан. Эпосто аскер аттарды бир өңдөш кылып тандоо жөнүндө айтылгандар чындыкка толук жакын. Алсак, Үрбүнүн аскерлери жүрүшкө чыкканда кара ат, Төштүктүн аскерлери тору ат минип келишкен.

Аскерлерде белгилүү бир санда сөзсүз түрдө ашык аттар да кармалып турган. Чалгынга жөнөшкөндө да өзүлөрү менен кошо бош аттарды да коштоп алышкан. Марко Поло жазган моңгол аскерлериндей эле кыргыздар да алыскы жортуулга чыкканда чакан боз үйлөрдү — кошту да өзүлөрү менен ала жүрүшкөн.

Азык-түлүктүн корун — күлазыкты ар бир жоокер өзү менен кошо ала жүргөн. Булар көпчүлүгүндө узак убакыт бою бузулбай турган кургатылган сыр — курут, жана талкан болгон. Бул тамак-аш асылма баштыкка — кул куржунга салынып, ээрге илинип коюлган. Ошентсе да, тамак-аштын жеке корунан башка да алыскы жортуулдарда азык-түлүк үчүн жүк унаалар да колдонулган болуу керек. «Манаста» Алмамбеттин чарчап-чаалыккан аскерлери узакка созулган салгылаштын учурунда төөлөргө арта салынган куржундарды ачып, андагы жоокерлер жана аттар үчүн эң оор учурларда пайдалануу үчүн Каныкей тарабынан даярдалган тамак-аштар менен тамактанышканы айтылат.

Эпос аскерлердин жүрүшкө жөнөшүн өтө ажайып түрдө сүрөттөйт.

Жүрүшкө аттанаарда кыргыздарда жылдыз оңоо салты болгон[13]. Жүрүшкө чыгаардын алдында Манас жоокерлерге кайрылып сөз сүйлөйт, анда алды жактагы жол, жоокерлерди күтүп турган кыйынчылыктар айтылат. Жоокерлер Манастын ант берген сөзүн кайталашып, ант беришет:

«Ант бузгандын баарысын,
Жарыгын берген күн урсун,
Төшү түктүү жер урсун,
Төбөсү ачык көк урсун,
Мартабалуу эр урсун,
Кырк чилтен,
Кайып дагы урсун,
Эли калсын каргышка,
Тукуму курут болсун»[*][14]

---

[*] Орусчага А. Валитөва которгон экен, кайсы булактан алынганы белгисиз болгондуктан кыргызча текстин табууга мүмкүн болбоду. Орусчасынан кайра которулду (которгон — Мамбеталиев С.).

Аоол урулуп жаңырат. Согуш асабалары менен туулар көтөрүлөт. Ар бир кошуундун туусунун түсү ар башка.

Айлананы сурнайдын үнү жаңыртат[15]. Ар бир жүрүш музыка менен коштолот. Жүрүшкө аттанганда, душманга кол салганда, жортуул ийгиликтүү болгондогу салтанат — бардыгы музыка менен коштолуп турат. Согуштардын доорундагы кыргыз музыкасы, жоокерлерди шыктандырган, асыл максатка чакырган музыка бүтүндөй бир катмарды түзүп турат. Согуштук репертуардагы пьесалардын ичинде «Кайра качпа», «Олжо», «Ураан» жана башкалар бар[16].

Курал-жарактар, жабдык-шаймандар алып келинген, даярдалган азык-түлүктөр ээрлерге бөктөрүлүп коюлган. Кыргыздардын эски салты боюнча аттарынын куйругу ортосунан байланып коюлган куралдуу атчан аскерлер душманды билгизет. Ушундан тартып аскерлер согуштук жортуулга чыккан болуп эсептелинет.

Аскерлер жолго чыкканда, айрыкча конуштарда жана өргүү учурларында ишке ашырыла турган алгачкы чара кароолдорду — кайгуул коюу болуп саналат. Кайгуулга катардагы жоокерлер гана эмес, кырк чоронун курамынан да чоролор жиберилет, кайгуулга эң ири кол башчы Бакай да барат. Муну менен бир эле убакта душман аскеринин абалын жана жайгашкан жерлерин билүү үчүн, анын күзөтчүлөрүн жана чек арадагы постторун басып алуу же жок кылуу үчүн чалгынчылар — кайкоолдор дайындалат. Кыргыздардын аскер ишинде чалгындоого кандай олуттуу маани берилгенин Манастын аскерлеринин башкы кол башчысы Алмамбеттин чалгынга барганы жана Бейжинге жасалган чоң казаттын учурунда чалгынчылыкка өзүнчө чоң эпизод арналганы далилдеп турат. Чалгындоонун алдында аттарды кылдаттык менен тандоо, курал-жарак менен жабдуу иштери жүргүзүлөт. Кээде чалгындоо кеңири мүнөздө болот. Эпостун бир нече жеринде Манастын төрт чакан, кээде бир кыйла ири отряддарды ар тарапка жиберүү жөнүндөгү буйруктарын жолуктурабыз. Чалгындоонун ушундай эле системасы Чыңгыз хандын моңгол аскерлеринде да колдонулган. Аларда да жүрүш учурунда чалгынга бардык төрт тарапка 200 кишиден турган төрт отряд жиберилип турган[17].

Душмандын ыркын бузуу, алардын чалгынчыларын колго түшүрүү максатын көздөгөн согуштук амалдардын системасында буктурма маанилүү орунду ээлейт. Алсак, Манастын кол башчыларынын бири Кошой өзүнүн душманы Оронгу-ханышанын чабармандарын өз аскерлеринин буктурмасына тушуктурат. Өзүнүн көз каранды эместиги үчүн падышалык аскерлерге каршы күрөшүндө кыргыздар мыкты буктурмаларды уюштурушкан. Кыргыздардын буктурмадан кол салуусуна 1875-жылы орус офицерлеринин бири туш келген, кийин белгилүү генерал Куропаткин да кабылып, колунан жарадар болгон.

Алдыңкы отряд табигый далдаа жерде буктурмадан душмандын аскерин көздөй билинбей өңүп жылып келе беришет. Кыргыз макалында жоокерге мааниси жок сайдан без деген кеңеш берилет.

Эпосто эки тараптын башкы күчтөрүнүн чабуулунун алдында баатырлардын жекеме-жеке беттешүүсү болот. Бул ык согуш өнөрүнүн кайсы бир этабында колдонулган болушу мүмкүн. Мындай практиканын калдыгы катарында XX кылымдын алгачкы он жылдыктарында орун алган атчандардын мелдеши — сайышты көрсөтүүгө болот, адатта сайышка ар түрдүү уруулардын өкүлдөрү катышкан. Мындай сайыштар өлгөн атактуу адамдардын чоң ашында өткөрүлгөн. Сайыштын максаты каршысын ээрден жыга сайып түшүрүү болгон.

Душмандын жылкысын тийип алуу тактикалык ыктардын бири болгон, ал артынан кууган душманды бириндетип, бөлүп-жарып талкалоо максатын көздөгөн. Бейжинге бараткан жолдо чалгындап бүтүшүп, Алмамбет менен Сыргак кытайдын жылкыларына Карт күрөңдү кошуп жиберишип, аларды тийип, айдап кетишет. Кытайдын баатыры Коңурбайдын колу алардын артынан кууйт. Манас чалгынчыларга жардамга өзүнүн эң башкы баатырларынын бири Чубакты жөнөтөт, кийин анын артынан өзү да жардамга келет. Баатырлардын бир катар жеке беттешүүлөрүнөн соң жалпы салгылаш башталат. Кол салуу учурунда кыргыздар пайдаланып келген ушуга окшогон ыкты — барымтаны орус саякатчысы жана изилдөөчүсү П. П. Семенов-Тянь-Шанский белгилейт. Анын сөзүнө караганда барымтанын биринчи актысы — душмандын жылкыларын тийип, айдап кетүү болуп саналат. Ошондо душман тараптан кызуу куугунтуктоо башталат. Куугунтуктоочулар жылкы тийгендерди кууп жетишкенде, мурдатан даярданып алышкандыктан куугунчулардын алдын тосуп, салгылашка киришет.

Профессор А. Н. Бернштам кыргыздарда согуш учурунда ыкчамдыкты капыстан кол салып, сокку уруу менен айкалыштырылганын белгилейт: душмандын кирелери армиядан бөлүнүп ташталат да, айрым бир отряд жол башчысынын ордосуна сокку урат. XIX кылымдын орто ченинде сарбагыштар менен бугулардын өз ара чабышында сарбагыштардын кол башчысы бугунун манабы Боромбайды үй-бүлөсү менен туткунга түшүрүүгө аракеттенет. Бирок Ормондун уулу Үмөтаалы өзүнө каршы жөнөгөн бугулардын кошунун жазгырып, күтпөгөн жерден бугулардын айылын талкалап, Бором- байды колго түшүрүп алат, ушундан кийин бугулар Ысык-Көл өрөөнүнөн куулуп жиберилет[18].

Кыргыздардын аскерлеринин отряддары душманга жакын келгенде күтпөгөн жерден кол салуу ыгын толук пайдаланууга умтулган. Жебенин мамлекетине каршы жортуулга чыгып, Манастын колу душмандар Айган хандын кызы Алтынайдын үйлөнүү тою өтүп жаткан учурда күтпөгөн жерден кол салат. Күтпөгөн жерден кол салуу душманга каптап кирүү менен коштолгон. Кол салгандар өз уруусунун же уруулар бирлигинин кужүрмөн ураанын айтып, кыйкырык-сүрөөн менен киришкен. Бир катар изилдөөлөрдө (Гродековдун, Аристовдун) кыргыздардын согуштук ураандарын, кээде жалпы элдик мүнөздө болгон ураандарын келтиришет. Эпосто мындай согуштук ураан кол башчы Манастын ысымы болуп саналат.

Душманды курчоого алып, ага ар тараптан кол салуу тактикасы кеңири колдонулган. Мында, мүмкүн болгондо, кол салынган объектини душмандын башка бөлүктөрү менен байланыштырып турган коммуникациялар иштен чыгарылып, душманды өз тылын карай чегинүү мүмкүндүгүнөн ажыраткан; Манастын колу ташкендик Панус хан менен согушуп жаткан учурда Көкөтөйдүн аскерлери ушундай тактиканы колдонушкан.

Согушта табийгый географиялык шарттарды, ландшафттын ыңгайлуу мүмкүнчүлүктөрүн, өңүткө оңтойлуу жайларды, айрыкча өзүнөн өзү эле ишенимдүү бекем чеп болгон Тянь-Шандын шартында пайдалануу кыргыз стратегиясы менен тактикасынын көбүрөөк күчтүү жагы болгон. Биз кыргыз аскер өнөрүнүн ушул жагынан эң акыркы мезгилге таандык болгон бир нече мүнөздүү мисалдарды келтиребиз.

Падышалык аскерлерге каршы кыргыздардын жүргүзгөн күрөшүнүн биз жогоруда эскерген мезгилинде, 1876-жылы Сарылар жана Олжоке уруктары Абдылдабектин башчылыгы астында Кашкар менен болгон байланышты үзүп салышып, Гүлчөдөн 26 чакырым алыстагы Жаңы-Арык капчыгайында өтө

оңтойлуу өңүттү ээлеп турушкан. Капчыгайдын зоокалуу беттери эки катар кылынып, таштын шилендилери менен бекемделген, бул болсо узакка чейин коргонуп, душманды өткөрбөй турууга мүмкүндүк берген.

1867-жылы Байтик манап менен Рыскулбек манаптын жигиттеринин кагылышуусу учурунда, Рыскулбектин адамдары кол салгандарды аскадан таштарды уратуу менен тосуп алышкан[19].

Кыргыздардын 1846-жылы Кенесары Касымовго каршы күрөшү учурунда душмандын аскерлерин суусуз калтыруу үчүн Чүй суусунун Токмок шаарынын жанындагы бир нече айрыктарын сол жээкке буруп жиберүү үчүн пайдаланышкан[20]. Кыргыздар куугунтуктоодон качып бараткanda нечен ирет тоо этектериндеги кургак талааларды өрттөшүп, душманга жеткирбей кетишкен. Атап айтканда, П. П. Семенов-Тян-Шанский ушундай окуя жөнүндө жазат[21]. Кыргыздар үчүн душманды оң жана сол канаттарынан кысып, ыңгайсыз жерге сүрүп келип такоо мүнөздүү экенин проф. А. Н. Бернштам билдирет. Ушуга окшогон тактикалык милдет жогоруда эскерилген Кенесары Касымовдун колуна каршы, согушта ийгиликтүү чечилген. Кыргыздар улам чегинип, тийип-качып салгылашып отуруп, аларды ыңгайсыз жерге алып барып тушуктурушат; жете келген Ниязбеков Ормондун колу Кенесарынын лагерине тыл жагынан кол салып, аларды шашылыш чегинүүгө мажбурлайт.

Кыргыз аскерлерине арьергарддык согуш тактикасы («Манастагы» Манастын колунун Бейжинден чегингенин баяндаган эпизод) жаңы толуктоолорду (кошумча күчтөрдү) жиберүү, резервдерди түзүү жана д.у.с. белгилүү болгон.

Бизге бул бөлүмдү кыргыз аскерлеринде согуштук айла-амалдарды кеңири колдонулганын белгилөө менен аяктоого туура келет.

Эпосто бул мотив «Чоң казат» циклинде айрыкча жакшы иштелген. Анда кыргыздардын ээрге эңкейип жатып алып, жылкылардын арасы менен душмандын жайына киргени баяндалат. Чалгынчыларда душмандын тылына кирүү үчүн кийим которуп кийүү ыгы көп колдонулат. Алмамбет менен Сыргак калмактарча кийинип алышып, Коңурбайдын жылкычыларын жыга чаап, жылкыларды тийип кетишет. Ушундай эле жол менен Алмамбет суу ташыгычтын кийимин кийип алып, чек арадагы гарнизондун башчысы дөө аял Канышайдын сарайына кирет. Акырында, кытайлардын туусун амал менен колго түшүрүп, кытай аскерлерин шаардын дубалын карай ээрчитип жүрүп отуруп, муну менен чегинип бараткан душмандарды кууп жетүүгө кыргыздарга жол ачат.

Кыргыздардын мындай согушчандыгынын, душмандар менен согушта алардын эрдиги менен жалтанбастыгынын, аларга «Могулстандын жапайы арстандары» деген атак-даңк алып келген көп кырдуу согуштук тажрыйбасынын, өздөрүнүн күч-кубаттуулугуна душмандарын ишенүүгө мажбурлагандыгынын, байыркы жана азыркы учурларда да алардын салгылаштардагы чыдамкайлыгынын себептери кайсылар? Бул себептер, биз ойлогондой, баарынан мурда кыргыз элинин өз мекенине, эркин жана көз каранды эмес жашоого болгон соолбос сүйүүсүндө камтылып жатат. Алар, ошондой эле, кыргыз аскерлеринин массасы эркин болгондугунда, аскердик-демократиялык түзүлүштүн шартында алардын эркин абалы өзүнүн жерин, өзүнүн байлыгын коргоого түрткү бергендигинде камтылып жатат. Акырында, ал себептер колуна курал алып, көптөгөн кылымдар бою өзүнүн ар-намысы менен эркиндигин коргоп көнгөн элдин ак ниет, бирок каардуу мүнөзүндө, эркин көчмөндүн бүткүл турмуш жагдайы аркылуу кичинекейинен тарбияланып, такшалган мүнөзүндө камтылып турат. Кыргыздын балдары 6—7 жашынан тартып эле, А. Н. Бернштам

белгилегендей, койго (музоого) мингенди, жаа менен канаттууларды атканды, кийинчерээк — тайларды мингенди үйрөнүшкөн. Кыргыздарда бул үчүн балдарга ылайыкталган ээрдин атайын тиби — айырмач болгон, бул ээр балдарга атчан жүрүүгө өз алдынча үйрөнүүгө мүмкүндүк берген. Кийинчерээк кыргыздын эркек балдары майда жырткычтарга мергенчилик кылышып, тоолордо, өз айылынан алыскы жайыттарда көчүп-конуп жүрүп, кыйын-кыстоо шарттарда атуу өнөрүн үйрөнүшкөн. Жашы жетип, болжол менен 14—15 жаш курагында кыргыз уландары атчан аскерлерге кошулуп, жоокер болгон. Уландарды аскер ишине үйрөтүүнүн негизин жеке машыктыруу түзгөн, бирок эпостун материалынан көрүнүп тургандай, тобу менен чогуу үйрөтүп машыктыруу ыгы да колдонулган. Өзүнүн теңтуштары менен аң уулап, көңүл ачып жүрүп, Манас 11—12 жашында эле жааны чебер ата билген, 13 жашында найза менен душмандарын жеңген, ал эми 14 жашында алардын айылдарын кыйраткан.

Кыргыз балдары жаштайынан эле душманга каршы даяр турууга тарбияланган. Кыргыз макал-лакаптарында «жарактуу күнү жоо келбейт», «эр жигит эл четинде, жоо бетинде» деп бекеринен айтылган эмес. Уландарды тарбиялоонун бүткүл системасы аларда жоокерлик парзын сезүүнү жана мекенди сүйүүнү бекемдеген. Кыргыз макалдарында жоокерлик чеберчилик эң жогорку жакшы сапат катарында бааланган: «билими күчтүү миңди жыгат, билеги күчтүү бирди жыгат» делет анда. Душманды жеңүү үчүн аны билүү керек, кыраакы, сак болуу керек. Бул идея «үйрөнгөн жоо атышаарга жакшы» деген макалда эң сонун берилген. Кыргыз салты душманды кечирбөөгө, эр жүрөк болууга, коркоктукту жек көрүүгө үйрөтөт. Байыркы кыргыздардын мыйзамы боюнча согуш учурунда коркуп, жалтактагандардын башын бекеринен кыя чаап таштакан эмес. Элдик баатырдык салтын «жатып өлгүчө атып өл» деген ар-намыс сөздөрү эң сонун көрсөтүп турат.

Жоокерди тарбиялоонун мына ушул кыскача мүнөздөлгөн моралдык принциптери адамдардын аң-сезимине терең сиңген жолдошчулук, өз ара колдоо, кыйышпас достук сезимдери менен толукталып турат.

Кыргыз эли кылымдар бою өз ата-бабаларынын даңктуу салттарын жоготпой алып келди. Көз каранды эместиктин жана мекенди сүйүү духун ененин сүтү менен кошо боюна сиңирип, көптөгөн муундардын баатырдык иштерин улантышып, кыргыз жоокерлери Улуу Ата мекендик согуштун бардык фронтторунда өз элинин тарыхына, биздин заманыбыздагы эң зор салгылаштын жылнаамасына даңктуу барактарды жазышты. Ата мекендик согуштун баатырларынын ысымдарынын арасында кыргыз элинин мыкты уул- дары — Советтер Союзунун баатырлары Дүйшөнкул Шопоковдун, Чолпонбай Түлөбердиевдин, Дайыр Асановдун, Ташмамат Жумабаевдин жана башкалардын ысымдары эч качан өчпөс даңкка бөлөндү. Миңдеген кыргыз жоокерлери согуш күндөрүндө алардын эрдигин арттырышты. СССР Жогорку Кеңешинин X сессиясынын тарыхый чечиминин негизинде Кыргыз республикасы өзүнүн улуттук аскерин түзүүгө киришкенде, биринчи кезекте, кыргыз жоокерлерге, бүткүл кыргыз элине өзүнүн өткөндөгү даңктуу иштерине көз жүгүрткөнү пайдалуу болот, бул СССРдин жеңишчил Куралдуу күчтөрүн дагы зор ийгиликтер менен куруп жана чыңдоого жардам берет. Бул макала ушул мамлекеттик маанилүү ишке жардам берүү максатындагы жупуну милдетке арналып отурат.

## КЫРГЫЗ ЭТНОНИМДЕРИНИН СЕМАНТИКАСЫНА КАРАТА

Тигил же бул элдин келип чыгышын (тегин) жана анын этникалык курамын аныктоодо этнонимиканы изилдеп-үйрөнүүнүн мааниси илим тарабынан алда качан эле таанылган.

Этнонимдер коомдук мамилелердин өнүгүшүнүн ар түрдүү баскычтарында идеологиялык түшүнүктөрдүн айрым элементтерин да (тигил же бул даражада) чагылдырбай коё албайт. Бул айрыкча тарыхый өнүгүүнүн узак жолун басып өткөн жана ошого карабастан акыркы мезгилге чейин өтө бай этнонимдери менен бирге бир кыйла олуттуу даражада өзүнүн байыркы маданиятынын белгилерин да сактап келе жаткан элдерге таандык.

Бул эмгекте мен кээ бир кыргыз этнонимдерин талдап чыгууну максат кылып койдум. Жакынкы эле өткөн мезгилде көчмөн эл болгон кыргыздардын турмуш-тиричилигинин түрү, малды жайыттарда багып-өстүрүү системасы, патриархалдык-уруулук мамилелердин туруктуу сакталып турушу жана анын кыргыз турмушунда улам көбүрөөк өнүгүп келе жаткан феодалдык институттар менен эриш-аркак ала башташы аларда уруулук жана уруктук бөлүкчөлөрдүн аталыштары түрүндө көп сандагы этнонимдердин биздин күндөргө чейин сакталып калышына жардам берди.

Кыргыз этнонимикасы боюнча бир кыйла маанилүү материалдар акад. В. В. Радловдун[1], Н. А. Аристовдун[2], Н. Ф. Ситняковскийдин[3], В. Н. Дублицкийдин[4] эмгектеринде жана «В. В. Бартольдго» деген жыйнакта[5] камтылып турат.

Бир катар кыргыз этнонимдерин талдап, иликтеп чыгууга биринчи жолу жасалган олуттуу аракет таланттуу орус окумуштуусу Н. А. Аристовго таандык. Кыргыздардагы кээ бир уруулар менен уруктардын аталыштарынын келип чыгышы жөнүндө Н. А. Аристов тарабынан берилген түшүндүрмөлөрдүн жетиштүү түрдө негизделбегендигине, кээде а түгүл негиздөөлөрдүн мажестигине карабастан, анын чыгарган корутундуларынын көбү толук ишенимдүү келип, бүгүнкү күнгө чейин өзүнүн илимий маанисин жогото элек. Н. А. Аристовдун шексиз түрдөгү баалуу эмгегинин эң олуттуу жетишпегендиги автордун этнонимдерди талдап чыгууда кыргыз тилинин жана түрк системасындагы башка тилдердин лексикалык материалдарын жетишээрлик түрдө пайдаланбагандыгы болуп саналат.

Кыргыз этнонимдерин түшүндүрүүгө бир кыйла кеңири мамиле жасоого умтулуп, кыргыз тилинин лексикалык мүмкүнчүлүктөрүн жана башка булактарды пайдаланууда биз бир катар кыйынчылыктарга туш келдик, кыйынчылыктарды жеңүү дайыма эле оң натыйжаларга алып келе алган жок.

Бул кыйынчылыктардын көбүрөөк олуттуулары төмөнкүлөр болду:

а) этнонимдерди жазып алуу кээ бир учурларда тилди жетишерлик даражада билбей туруп жүргүзүлгөндүктөн улам пайда болгон;

б) УРУК-УРУУ топтору менен бирикмелеринин бир кыйла сандагы аталыштары, адатта, ал урук жана уруулардын түпкү ата-бабаларынын же жол башчыларынын ысмына байланыштуу келип чыккан; бул бир катар изилдөөлөр тарабынан аныкталып, материалдардын өзү тарабынан ырасталып отурат;

в) кыргыз элинин этникалык курамынын татаалдыгы болду; бул татаалдык — этнонимдерди талдоого узак мезгилдер бою кыргыздар менен карымкатнашта жашап, кээде Түштүк-Сибирь жана Борбордук Азия аймактарындагы жалпы этногенез процессинде алар менен түздөн-түз байланышы болгон элдерге

таандык болгон окшош мүнөздөгү материалдардын жетиштүү түрдө болушун талап кылды.

Мына ушул бардык жагдай-шарттар бул эмгекке өз таасирин тийгизбей койгон жок. Бул эмгекти биз кыргыз этнонимикасын тактап-аныктап алууга, көтөрүлүп отурган маселелерди биротоло так кесе чечтик деген дооматтан алыс болуп, бир катар этнонимдердин келип чыгышы жөнүндө өз түшүндүрмөлөрүбүздү сунуш кылууга жасалган аракеттердин бири катарында карайбыз.

Биз тараптан сунуш кылынып отурган талдоо андан ары тактоону (ал эми кээ бир учурларда кайрадан карап чыгууну) талап кылат. Ошондой болсо да биз тандап алган жол максатка ылайыктуу жана өзүн актай турган жол сыяктуудай көрүнөт.

Сунуш кылынып отурган эмгекте[6] биз этнонимдерди талдап-иликтеп чыгуу милдетин кыргыздардын этногенез маселелерин чечүү максатында атайылап койгонубуз жок. Бул темага өз алдынча атайын изилдөө арналат деп үмүттөнөбүз.

Этнонимика боюнча биздин колубузда болгон материалдар кыргыздарда байыркы замандардан бери жана анчалык алыс эмес өткөн мезгилдерде жашап келген коомдук жана үй-бүлө мамилелеринин айрым мүнөз-белгилерин ачып көрсөтүүгө мүмкүндүк берет. Бул теманы баяндоого өтүүдөн мурда, биз изилдөөлөрдүн көңүлүн өзүнө буруп келген, бирок ушул кезге чейин канааттандырарлык түрдө чечилбей келе жаткан бир маселеге токтолуп кетүүнү орундуу деп эсептейбиз. Биз мында кыргыз деген этнонимдин өзүн талдоону эске алып отурабыз. Бул жөнүндө адабияттарда айтылган пикирлерге токтолбостон эле (алардын бир бөлүгү кыргыз легендалары менен уламыштарына негизденип айтылган) L.Ligeti[7] тарабынан сунуш кылынган гипотезага токтолуп кетүүнү мүмкүн деп эсептейбиз. Бул (Доружи Банзаровдон кийин) кыргыз этнониминин негизи катарында «кырк» деген түрк сөзүн, ал эми этнонимдин калган бөлүгүнөн көпчүлүк санды билдирүүчү моңгол суффиксин көргөн. Бул гипотеза азыр биздин колубузда турган бир катар маалыматтар менен ырасталып турат.

Биз кыргыздардын баатырдык эпосу «Манастын» тексти менен таанышып чыкканыбызда эпостун кыргыздарга этникалык мүнөздөмө берилген жерлеринде алардын курамына кырк уруу же уруктун кире турганы сөзсүз түрдө айтылат. Алсак, эпостун кыргыз уруулары саналып өткөн үзүндүлөрүнүн биринде биз төмөнкүдөй саптарды табабыз:

... Кырк уруулуу кыргызмын
... Кырк уруу болгон кыргызым
... Кырк уруу кыргыз уругум.

Эпостун көрсөтүлгөн үзүндүсү жарыяланбагандыктан биз анда келтирилген уруулардын аталыштарын беребиз: *катаган, багыш, могол, найлшн, тейит, жоокести*, бостун, набат*, нойгут, кумара, окчу*, серип*, жедшер, кыдырша, кызыл-аяк, басыз, баркы, мундуз, кушчу, кылыч-тамга, кыба, кыпчак, жетиген, саяк, сапыраи*, наалут*, ардай*, тоту*, тагылык, көкунө**[8].

Эпостон келтирилген бул үзүндүдө отуз гана уруу саналып өткөн. «Манасты» жакшы билгендердин айткандарына караганда эпостун башка варианттарында да кырк уруу саналып өткөн жерлер бар. Мында биз дагы бир нерсени, кыргыздардын отуз уул жана он уул болуп бөлүнөөрүн эске алып коюшубуз керек.

Эпосто мунун такай кайталанып айтылып турушу жана азыркы кыргыздардагы легендалык уламыштар бизге кыргыздардагы урууга бөлүнүүлөрдү кайра карап чыгууга себеп болду. Кыргыздардын арасындагы азыраак же көбүрөөк обочолонуп турган жана бир катар белгилери боюнча уруу деп атоого боло турган негизги этникалык бөлүкчөлөрдүн саны 35 тен 38 ге чейин ары-бери болуп тураары белгилүү болду. Ошентип, кырк деген сан кыргыз этнониминин негизи катарында реалдуу мааниге ээ болуп отурат.

Эгерде биз буга моңгол уруулары — ойроттордун батыш топторунун курамында, сыягы, кырк уруу бар экени айтылып жүргөнүн кошумчаласак (салыштыргыла: А. Позднеев «Образцы народной литературы монгольских племен», СПб., 1880, стр.135) анда кыргыздардын кырк урууга бөлүнүшү жөнөкөй кокустук эмес экендиги жана бул, мүмкүн, түбүндө келип эле кыргыз уруулары менен моңголдордун ата-бабалары алыскы бир өткөн замандарда жалпы этногенез процессин баштарынан чогуу кечиргени түшүнүктүү болуп чыгат. Мындай кырк урууга бөлүнүүгө, мүмкүн, социалдык-саясий факторлор, атап айтканда, байыркы мезгилдерде жашаган согуштук уюмдун кайсы бир түрү негиз болгондур деп болжолдоого толук болчудай. Мына ушуга байланыштуу кыргыз эпосунда Манастын кырк чородон турган кошуунуна ири роль ыйгарылганы көңүл бурууга татыктуу; бул чоролордун көпчүлүгү бир эле убакта уруулар менен уруктардын жол башчылары да болушкан.

Бардык жогоруда айтылгандар «кыргыз» этноними Борбордук Азиянын аймагында теги ар түрдүү болгон көптөгөн уруулардан түзүлгөн уруулар бирлештиги тибиндеги бирикмелер пайда болуп жаткан доордо пайда болгон деген корутундуга алып келет. Ушундай бирикмелердин бири, биз болжолдогондой «кыргыз» деп аталган кырк уруунун бирлиги болгон.

Белгилүү болгондой, кыргыздарда урууга бөлүнүү менен бирге сол жана оң деп эки канатка бөлүнүү да орун алган. Дээрлик бүткүл кыргыз уруулары ушул канаттардын курамына кирет. Ушуга эле окшош бөлүнүү моңгол урууларында да бар, мүмкүн ал өзүнүн бир кыйла кечирээктеги жолунда аскердик уюм (кошундун оң жана сол канаты (флангасы)) менен байланыштуу келип чыкса керек.

Бизди мындай бир факты кызыктырды: изилдөөчүлөрдүн бири — Н. Ф. Ситняковский (жогоруда караңыз) уруктар деп атаган отуз-уул жана ичкилик сыяктуу ири уруулук бирлештиктердин өз ичинде да «оң» жана «сол» болуп бөлүнүү бар экенин биринчи жолу белгилеп көрсөтөт. Айрым изилдөөчүлөрдүн ичкилик уруулар бирлештиги эки кыргыз «канаттарынан» тышкары турат деген пикирлерине карама-каршы автор ичкилик уруулар бирлештиги өз ичинде оң жана сол канатка бөлүнөөрүн ынандырарлык түрдө көрсөтөт. Бул жагдай бизди бул фактыдан бир кыйла тереңирээкте жаткан көрүнүштөрдү баамдоого болот деген жоромол айтууга түртөт. Ырасында да, «оң» канаттын ичинде да эки топко бөлүнүүнү көрөбүз, бул бөлүнүүнүн аталыштарын элдик уламыштар өзүлөрүнүн ата-бабалары Тагай жана Адигиненин ысымдары менен байланыштырышат.

Бир нече башкача жагдайларда да байкалып жүргөн бул көрүнүш коомдун алда канча байыркы структурасы менен, түпкү ата-теги бир болгон уруу үстөмдүгүнө негизденген фратриялык (уруу бөлүкчөсү) бөлүнүү менен байланышып турган жокпу? Эки фратрияга бөлүнүү узакка созулган тарыхый өнүгүүнүн жүрүшүндө азыркы биздин учурдагы түргө ээ болушу мүмкүн, ал эми белгилүү бир баскычта башка түрү — моңгол урууларындагыдай эле байыркы кыргыздардын аскердик уюмунун принциптерине толук ылайык келип калышы ыктымал.

Өзүбүздүн көз карашыбызды ырастоо үчүн жогоруда эскерилген «оңдун» эки канатын: Тагай менен Адигинени карап чыгабыз.

Азыркы кыргыз тилинде тага деген термин менен энеси жагындагы эркек бир туугандар, б.а. текти эне жагынан эсептөө үстөмдүк кылып турган мезгилдеги эң жакын туушкандар аталат. Ушуга эле окшош тагай, тахай (же тахауг) деген ошол эле маанидеги терминдерди байыркы түрк сөздөрүнөн да табабыз[9].

Экинчи бөлүкчөнүн — Адигиненин аталышы ушул кезге чейин чечмелене элек. Төмөндө биз сунуш кылган бул этнонимди чечмелөөнү бул табышмактын ачкычын табууга жасалган алгачкы гана аракет деп эсептейбиз.

Бул этнонимдин биринчи бөлүгүндө adyq — *аюу* деген байыркы түрк сөзү өзгөрүлбөстөн түпкү түрүндө сакталып калган болсо керек. Бир катар түрк элдеринде, мисалы, алтайлыктарда (ойроттордо) аюуну өтө аздектешет, алардын аюну аздектөө менен байланышкан бир катар түшүнүктөрү менен ырым-жырымдары да бар. Аюу айрым бир уруулардын түпкү бабасы катарында эсептелген. Этнонимдин экинчи бөлүгүн болсо биз «кенже бир тууган» маанисиндеги ини деген сөздүн өзгөрүлүп кеткен түрү катарында карагыбыз келет[10].

Ушундай болгондо бул этноним — «аюу-ини» деген түшүнүктү бериши мүмкүн. Ушундайча түшүндүрүлгөндө бул этноним Тагай этноними менен байланышып келип, демек, улуу бир туугандардын фратриясы кичүү бир туугандардын фратриясына кандай таандык болсо Тагай фратриясы да Адигине фратриясына ошондой эле таандык болуп чыгаар эле. Мындай болгондо аюу Адигине фратриясынын аталышынын курамдык бир бөлүгү болгондуктан ал фратриянын тотеминин аты катарында чыгаар эле[11]. Биз тотем түшүнүктөрүнүн издери кээ бир башка кыргыз этнонимдеринде да байкалаарын төмөнүрөөктө көрсөтөбүз.

Өткөндө кыргыздарда энелик түзүлүштүн үстөмдүк кылышы менен байланыштуу болгон мамилелердин системасы жарым-жартылай, калдык түрүндө азыркы этнонимикада да өз чагылышын таап отурат. Кыргыздардын коомдук түзүлүшү көптөгөн жүз жылдар бою толук түрдө өнүккөн патриархалдык мамилелерге негизденип жашап келе жаткандыктан жана тууган-туушкандыктын негизги номенклатурасы, демек, бардык санжыралык таблицалар жана генеалогиялык мүнөздөгү уламыштар эркектин үстөмдүгүнүн принцибинен келип чыгып тургандыктан да энелик доордун жогорудагыдай калдык түрүндөгү айрым көрүнүштөрү көңүл бурууга татыктуу.

Биз жогоруда көрсөтүп кеткендей, кыргыз легендасында түпкү ата-баба менен эле катар Наалы деген аял да эскерилет[12].

Жогоруда эскерилген В. Н. Дублицкийдин эмгегинде жарыяланган санжыра таблицасында биз ошол эле Наалыны — кыргыздардын ата-бабаларынын катарында киргизилген жападан-жалгыз аялды жолуктурабыз. Таблицада мунгал, кара-мунгуш, чирак, дур, таманак, коңрат сыяктуу бир нече уруу бөлүкчөлөрүнүн келип чыгыш теги Наалынын ысмы менен байланыштырылат.

Биз бул санжыра таблицасына тарыхый документ катарында маани бере албайбыз, бирок жарым-жартылай легендарлуу тарыхый түрдөгү бул документ кантсе да бизге бир замандарда орун алган коомдук көрүнүштүн жаңырыгын жеткизип тургансыйт.

Келтирилген фактыга таянсак, биз кыргыз этнонимдеринин арасында «аял» деген термин менен байланыштуу болгон этнонимдерди таап отурганыбыз кокустук болбосо керек Алсак, бугу уруусуна кирген желдең уругунда 500

кожолуктан турган сары катын деген бөлүкчө, ал эми моңгуш уруусунун ичинде кош тамга уругунун бир бөлүкчөсү улуу катын деп аталат.

Кыргыз этнонимдеринде алгачкы жамааттык коомдогу мамилелер негизденип турган кандаш туушкандык принциби жөнүндөгү түшүнүктөрдүн калдыктары азыр да сакталып калган. Этнонимдердин бул категориясы бизге азыркы кыргыз тилинин бир катар терминдеринде чагылып калган кандаш тууган-туушкандык мамилелердин дал өзөгүн ачып берет. Алсак, боордоштук, карындаш[13], киндиктеш жана башкалар ушундай терминдер болуп саналат.

Бул терминдердин негизинде адам денесинин мүчөлөрү: боор[14], карын, киндик ж.б. жатат. Жогоруда айтылгандардан көрүнүп тургандай, бул терминдер эне жагындагы кандаш тууган-туушкандык жөнүндөгү түшүнүктөрдү кабарлап турат, бул түшүнүк көптөгөн элдерде семантикасы боюнча жогоруда аталгандарга жакын турган терминдер аркылуу билдирилет[15].

Саруу уруусунун курамында бир урук (Чүй өрөөнү), бугу уруусунан бир урук (Ысык-Көл ойдуңу), могол уругунун бир бөлүкчөсү (Фергана өрөөнү) боор деп аталаары белгилүү.

Ушул эле катардагы этнонимдердин көп сандаган топторунун негизинде ошол эле уруу, урук[16], тукум. деген түшүнүктөрдү билдирген терминдер жатат.

Бул топко кырк уруу (кырк уул уруусу), жети уруу (саруу уруусу), уч урук, кара тукум (черик уруусу), асан тукум, арык тукум (бугу уруусу), кенже тукум, кара туума (канды уруусу), туума тукум (найман уруусу), тукум тейит (тейит уруусу) ж.б. таандык. Бул этнонимдердин ичинде кенже (кичүү бала) жана туу деген этиштен келип чыккан туума деген терминдин бар экени көңүл бургузат[17].

Черик уруусунун бир уругу болгон куу сөөк этноними да кызыгууну туудурат. Адабиятта, азыркы алтайлыктардагыдай (ойроттордогудай) эле кыргыздарда да кандаш тууган-туушкандарга же сөөккө бөлүү орун алгандыгы белгиленген. Жогоруда эскерилген этноним катталган этнонимдердин ичинен — сөөк термини аркылуу аталган азырынча жападан-жалгыз этноним[18].

Кыргыздардын илгерки жоокерчилик турмушун мүнөздөй турган этнонимдердин көп сандаган тобу да зор кызыгууну туудурат. Эгерде, биз кыргыздардын турмушунда көптөгөн кылымдар бою согуштар менен кагылышуулар кандай роль ойногондугун жана алардын көпчүлүгү кыргыздардын чет жердик баскынчыларга каршы күрөшүнөн тургандыгын эске ала турган болсок бул толук табигый нерсе.

Бул күрөштөрдүн жүрүшүндө иштелип, калыптанган татаал аскердик уюм кыргыздардын социалдык турмушунун бардык тарабынан өтмө катар болуп өтүп тургандыктан бул алардын этнонимикасында да чагылбай калышы мүмкүн эмес эле.

Черик (кыргызча аскер, монг. — аскерлер) термини айрым бир уруу бөлүкчөлөрүнүн гана эмес, бүтүндөй бир уруунун — черик уруусунун этноними (же анын негизи) болгон. Чоро деген аталыш менен кыргыз эпосунда Манастын кырк чоросу бизге белгилүү. Ушул эле аталыш «В. В. Бартольдго» деген жыйнакта келтирилген саяк уруусунун уруктарынын бири — кара чорого жана бугу уруусунун бир бөлүкчөсүнө (чоң чоро түрүндө) таандык.

Дублицкий тарабынан келтирилген Дюмен деген уруу бөлүкчөсүнүн аталышынан, мүмкүн, «он миң» деген маанидеги түмөндү көрүүгө болоор (кыргыз кошундарындагы эң чоң бирикме). Кыргыз кошундарынын курамында эпос баарынан мурда жаачыларды атайт. Буга кара саадак уругунун аталышы

толук ылайык келет, мындай аталыштагы уруктар кесек жана канды урууларында бар.

«Манаста» келтирилген кыргыз урууларын атаганда, айтылган окчу уругу (уруусу) да, сыягы, ушул катарга кошулат болуу керек; бул же ошол уруунун аскердик кесибин (ок — жебе) же ушул уруунун мүчөлөрү үчүн мүнөздүү болгон, тынымсыз согуштардын доорундагы маанилүү кесипти («жебе жасоочулар»)[19] көрсөтүп тургансыйт.

Жалаң найза (солто уруусу) уругунун аталышынан биз жалаң найза менен куралданган жоокерлердин түрүн көрүүгө болот деп эсептейбиз.

Кээ бир этнонимдердин семантикасы төмөнкүдөй божомол пикирди айтууга мүмкүндүк берет: белгилүү бир уруу бөлүкчөлөрүнүн өкүлдөрү тарабынан куралган кыргыз аскерлеринин айрым бөлүктөрү өздөрүнүн курал-жарактары боюнча гана эмес, өздөрүнүн кийимдери, минген аттарынын өңү-түсү боюнча да айырмаланышкан. Негизинен жеңил атчандардан турган кыргыз аскерлери үчүн мүнөздүү болгон бул белгилерди кыргыз эпосу «Манастын» материалдары да түздөн-түз көрсөтүп турат. «Чоң казатка» аттанаар алдында хандардын Манаска келишин сүрөттөгөн эпостун бир эпизодунда мындай деген саптар бар:

2330 «...Сараля ат менен теңселип,
Сарынжы тонду белсенип,
Байрак булгап бакырып,
Эр Төштүктүн аскери[20]».

Ушуга байланыштуу биз бостон уруусу, ак тондуу (кытай жана батыш урууларынын ичинде), кара бостон (черик уруусу), сары калпак (бугу уруусу) жана узун калпак (черик уруусу) сыяктуу уруу бөлүкчөлөрү менен топторунун аталыштары сыяктуу этнонимдерди карап чыгабыз.

Ушул материалдардын негизинде биз кээ бир булактарда эскерилип кыргыздарга карата айтылып жүргөн — ак калпак этнонимине көңүл бурууну орундуу деп эсептейбиз (бул кыргыздардын өздөрүнө да белгилүү). Мүмкүн бул этноним, кара-калпак (кара-калпак элинин өз аты) этноними сыяктуу эле кокустан пайда болбосо керек жана булардын бири-бири менен кандайдыр-бир байланышы бардыр, бул байланыш мүмкүн кыргыздар менен кара-калпактардын ата-бабалары үчүн бирдей жалпы болгон жана көчмөндөрдө аскердик уюмдун түзүлүү кырдаалында болуп өткөн этногенездин бир баскычына алып бараар.

Кыргыздардын аскердик түзүлүштөрүндө жылкылардын түсү чоң мааниге ээ болгондугун көрсөтүүчү уруу аталыштарынын ичинде төмөнкүлөрдү белгилеп кетебиз: боз (найман уруусу), тору (черик уруусу), тору айгыр (кыпчак уруусу), күрөң ж.б. Коңурат уруусунун аталышы да (ушундай эле аталыштагы уруулар өзбектерде, казактарда жана башка түрк элдеринде да белгилүү) байыркы аскердик уюмга түздөн-түз тиешеси бардыр (мүмкүн, бул уруунун жоокерлери жоого каршы коңур ат минип чыгышкандыр?).

Кээ бир уруулардын (баргы, сару) курамында олжо деген термин менен аталган айрым уруктар бар (олжо, олжоке); кыргыз тилинде бул согуштук же аңчылык олжону билдирет. Бул терминдин моңгол тилинде туткун деген кошумча мааниси бар. Бул уруктар согушта колго түшкөн туткундардан түзүлгөн жокпу? деген суроо коюлса мыйзам ченемдүү болчудай.

Этнонимдердин каралып жаткан тобуна биз семантикасы боюнча жакын дагы бир нече этнонимди кошууну мүмкүн деп таап отурабыз. Ал этнонимдерде негизинен кастык же, тескерисинче тынчтык жана достук мамилелер чагылып турат. Жоо-кесек (кас, душмандык мамиледе турган кесекилер; кесек — бул ушул

урууга кирген айрым уруктардын аталыштарынын курамдык бир бөлүгү катарында колдонулган уруу аталышы), жоо чалыш (душманга окшош жоо түспөлдүү), жоо кести (душманды бөлө чапкан?), анда (моңгол. анда — дос) сыяктуу аталыштар ушундай этнонимдерге кирет. Биздин пикирибиз боюнча, канды (уруунун аты; мүмкүн, кандуу деп да айтылса керек) этнонимин да ушуларга кошууга болот; бул сөздү биз кан төгүшкөн кастык мамиледе турган деген мааниде түшүндүрүүнү сунуш кылаар элек. Мындай талкуулоо жакында эле өткөн замандарда кеңири тараган кан кууп, өч алуу адаты менен толук үндөшүп турат.

Айрым этнонимдер өткөндө орун алган этникалык жана социалдык жагдайдагы процесстерге жол ачып, атап айтканда, айрым бир уруу бөлүкчөлөрүнүн башка бир уруктар менен аралашып, куралып отуруп пайда болгонун, алардын негизги массадан айрымаланып турган этникалык тегинин өзгөчөлүү экендигин көрсөтүп турат. Буга Фергана өрөөнүнүн, Каратегин менен Памирдин аймактарында тараган кесек[21] уруусунун аталышы (бул урууга кирген уруктар да бай кесек, кара кесек, таш кесек деп аталат), кыпчак уруусунан курама кыпчак уругу (курама — ар түрдүү уруктардын өкүлдөрүнөн куралып отуруп пайда болгон; бөлөк урууга келип кошулган деген мааниде) далил боло алат. Найман уруусунан чыккан үркүнчү уругунун аталышы да социалдык мүнөзгө ээ экендиги шексиз (бул этнонимдин уңгусун *үрк* деген этиш сөз түзөт; бирок үркүн, үрккөн — качып кеткендер).

Таптык жиктелүүнүн белгилери, андагы патриархалдык кулчулуктун элементтери жана феодалдык мамилелердин калыптанышы бир катар этнонимдерден көрүнүп турат, мындагы мүнөздүү нерсе, алардын бардыгы дээрлик сарбагыш уруусуна таандык. Алардын арасынан биз манап жана чала манап, жети кул, кара кул (солто уруусунда ушундай аталган урук бар) сыяктуу бөлүкчөлөрдү жолуктурабыз. Белгилеп кете турган нерсе, мурдагы кулдар менен согуш туткундарынан куралган бир катар уруу бөлүкчөлөрү өзүлөрүнүн түпкү тегинин аталышы боюнча белгилүү болбостон, көп учурда башка аталыштар менен белгилүү болуп калган.

Акырында, этнонимдердин анчалык чоң эмес тобу кыргыздардын негизги кесипчилигинин бири болгон мергенчилик өткөн заманда кандай олуттуу роль ойногонун чагылдырып турат. Буга биз баарыдан мурда мерген деген элементи бар этнонимди таандык кылабыз, аларга: куртка-мерген (саяк уруусундагы бир урук), кара мерген (солто уруусундагы бир урук), андан кийин кушчу уруусунун аталышын көрсөтүүгө болот (солто уруусунун бир уругу да ушундайча аталат), кушчуну биз «алгыр куш менен аңчылык кылган мүнүшкөр» катарында карайбыз. Басыз уруусунун курамындагы уруктун аталышынан (муну Ситняков келтирген «жейрендерге аңчылык кылуучу мерген» деген маанидеги жейренчи терминин көрбөй коюуга болбойт. Эгерде, мындай түрдөгү айрым этнонимдер тигил же бул түпкү атанын ысмына байланыштуу келип чыккан болсо да, алыскы бир өткөн замандарда мергенчиликтин кыргыздардын чарбачылыгындагы ролун түшүндүрүүдө ушул топтогу этнонимдердин мааниси чоң экендиги жөнүндөгү биздин пикирибизди өзгөртө албайт.

Биз тараптан каралып жаткан бир катар этнонимдер ылакап-этнонимдер катарында өзгөчө бөлүнүп турат. Алар ар түрдүү себептерден улам пайда болушу мүмкүн: алардын кээ бирлери белгилүү бир уруу бөлүкчөсүнүн чыныгы же жалган сапаты же сырткы белгилери боюнча ушундайча аталып калышы ыктымал.

Бул типтеги этнонимдер катарында төмөнкүлөрдү көрсөтүп кетебиз: сарылар уругу (кош тамга уруусу), жээрде уруусу (найман уруусу), сакоо-кыпчак уругу (кыпчак уруусу), жоош уругу (жагалмай уруусу), чыргоо уругу (канды уруусу), тентек уругу (нагшан уруусу), топор, чоң чарык уруктары (сарбагыш уруусу), чолок туума (черик уруусу) жана кара-чолок (мундуз уруусу) уруктары жана д.у.с.

Изилдөөчүлөр (В. В. Радлов, Н. А. Аристов ж.б. ) кээ бир кыргыз уруулары жапайы айбандардын аты менен аталганына көп убакыт мурда эле көңүл бурушкан. Мисал катарында бугу (маралдын букасы), багыш, сарбагыш, чоң багыш, кара багыш урууларынын аталыштары келтирилген. Кыргыз этнонимдерин бир кыйла кылдаттык менен карап көргөнүбүздө көптөгөн уруу бөлүкчөлөрүнүн аталыштары гана эмес, бир нече башка уруулардьга этнонимдери да айбандар менен канаттуулардын аты менен аталганын көрдүк. Алсак бөрү, жору жана жагалмай ушундай уруулар болуп саналат.

Кыргыз урууларынын ичинде буга окшош элементтер кеңири орун алган. Биз бул жерде биз тараптан табылган этнонимдердин бир бөлүгүн гана келтирип кетебиз: каман (мундуз уруусу), кийик-найман (найман уруусу; кийик — доңуздан башка бардык ача туяктуулар үчүн жалпы аталыш), куран-найман (куран — эликтин текеси) (найман уруусу), тулку (сарбагыш уруусу) ж.б.

Этнонимдерде канаттуулардын аттары да улам көбүрөөк учурайт: борбаш (канды жана кесек уруулары); боз торгой, торгой (найман жана бугу уруулары); жапалак (жагалмай уруусу); кара-кунас (жору жана кыпчак уруулары), кара кучка; күйкө, уку (солто уруусу); сары боор ж.б.

Байыркы кыргыз эпитафиялары байыркы кыргыздарда тотем ишенимдери бар болгонун айтып турат, атап айтсак, барс, бугу, бөрү тотемдер болгон; бөрү башка түрк элдеринде да тотем болгон. Барс менен бөрү кыргыз эпосунда көп учурда баатырлардын оң эпитеттери катарында кызмат кылат. Перси автору Гардизи (XI к.) кыргыздар, атап айтканда, уйду, кирпини, сагызганды, шумкарды аздектешкен[22].

Байыркы кыргыздардын идеологиясында тотем ишенимдери жана айбанаттарды аздектеп, сыйынуу олуттуу роль ойногондугу, ошентип, этнонимиканын маалыматтары менен да ырасталып отурат. Айбанаттар культунун кээ бир калдыктары жөнүндө бизге этнографиялык материалдар аркылуу да белгилүү[23].

Кыргыз эл календарындагы айлардын аталыштарынын ичинде биз этнонимдерде жолуктурган жаныбарлардын аттарын көрөбүз, алар бугу жана куран (жалган куран жана чын куран түрүндө), ошондой эле теке жана кулжа. Бул факты да кээ бир жаныбарларды ыйык карап, аздектөө менен байланыштуу болушу толук мүмкүн. Мындай болгондо бул айлар ыйык мүнөздөгү айлар болсо керек. Тотемдердин урматына өткөрүлгөн майрамдар курмандык чалуу менен коштолуп турган. Ушуга байланыштуу кыргыз жана башка түрк тилдеринде багышта[24] деген этиш сөздүн бар болушу көңүл бурууга татыктуу (багыштоо — арноо, курмандыкка чалуу)[25]. Бул этиш сөздүн уңгусунун багыш менен окшоштугу бул этиш сөз, эгерде багыш тотем болгон болсо, дал ошол тотемге курмандык чалуу менен түздөн-түз байланыштуу түрдө чыгышы мүмкүн деген ойго түртөт. Азырынча түшүндүрмөсү аныктала элек этноним — тейит деген уруунун атын (кол жазмаларда «таит» түрүндө да жолугат) тайы (курмандык чалуу) этиши менен байланыштырып кароо керектигин андан аркы изилдөөлөр көрсөтүүгө тийиш.

Байыркы кыргыздардын идеологиясынын башка бир элементтеринен этнонимикада космогониялык түшүнүк-ишенимдердин (ырас, өтө жука болсо да) катмары сакталып калган. Сарбагыш жана солто урууларынын курамында («оң» канат) жана «сол» канаттын курамында жетиген уругу бар. Ушул эле этноним менен жедигер[26] уругунун аталышы да байланыштуу деп болжолдоого болот. Мындагы кызык нерсе, мунун курамында асан жана үсөн (Хасан жана Хусейндин ысымдарына окшош) деген эки бөлүкчө бар. Кыргыз тилинде асан-үсөн көк желе деген сөздүн синоними болуп саналат.

Этнонимиканын материалдарын кыргыз эпосу «Манастын» каармандарынын энчилүү ысымдары менен салыштырып көргөнүбүздө этнонимдердин бир кыйла тобу эпостун негизги каармандарынын ысымдары менен толук дал келип чыкты. Биз мындан мурдагы баяндообузда келтирген көп сандагы этнонимдер айрым кыргыз урууларынын чыныгы ата-бабаларынын же уруу башчыларынын энчилүү ысымдарына байланыштуу келип чыкса керек. Демек, бул ысымдарды алып жүргөндөр чындыгында да жашап өткөн тарыхый инсандар катарында каралышы мүмкүн. Эпосто этнонимдерге окшош ысымдар менен аталган каармандардын бар болушу жана алардын көп учурларда уруктар менен уруулардын жол башчылары менен кол башчылары катарында аракет кылышы кыргыздардын баатырдык эпосу белгилүү бир тарыхый окуяларды гана өзүндө чагылдырып турбастан, ар түрдүү доорлордо жашап, аракеттенип өткөн конкреттүү тарыхый инсандарды да чагылдырып турат деген божомолду айтууга түрткү берет. Эпостук чыгармачылыктын көрүгүндө кайнап, уюп чыккан бул инсандар жөнүндөгү эскерүүлөр эпостун башкы каарманы Манастын айланасына баш кошуп, бириккен эпикалык баатырлардын бүтүндөй бир тобунун өмүрү жана эрдиктери жөнүндөгү баяндарга айланып кеткен.

Өзүбүздүн байкагандарыбызды чакан таблица түрүндө келтиребиз:

| «Манас» эпосунун каармандарынын ысымдары | Азыркы кыргыздарда УРУУ бөлүкчөлөрүнүн аталышы: |
|---|---|
| 1.Чубак — Манастын 40 чоросунун бири | ак чубак, бай чубак, (черик уруусу) |
| 2.Кошой — Манастын аскер башчыларынын бири | кошой (солто уруусу) |
| 3. Эштек — Манастын тай акеси | эштек же эстек — Солтонун атасы — солто — уруусунун түпкү атасы |
| 4. Жамгырчы — Эштектин уулу | жамгырчы (солто уруусу) |
| 5.Мусбурчак — Манас менен бир хан | мусбурчак (саруу уруусу) |
| 6. Көкчө — Манас менен бирлеш хан | көкчө уулу (баргы уруусу) |

Биз өзүбүздүн бул темабызды толук иштеп чыктык деген ойдон алыспыз. Ушул багытта жүргүзүлө турган андан аркы иштер кетирилген жаңылыштыктарды оңдоого, мүчүлүш жерлерди толуктоого жардам берет жана биздин: этнонимиканы баалуу этнографиялык материал катарында пайдалануу

маанилүү жана зарыл керек деген негизги оюбузду ырастайт (биз буга ишенебиз).

## КЫРГЫЗДАРДЫН «МАНАС» ЭПОСУНДАГЫ ЭТНОГРАФИЯЛЫК СЮЖЕТТЕР

I

XIX кылымдын ортосунда ири илимий ачылыштар болгон: чыгыш таануучу-окумуштуу жана агартуучу, улуту казак, орус офицери Чокон Валиханов биринчи жолу кыргыздардын арасында Манас баатыр, анын уулу Семетей жана небереси Сейтек жөнүндө баяндаган элдик баатырдык үчилтиктин бар экендигин тапкан. Валиханов ачкан үчилтик ошол кездеги чыгыш таануу илими тарабынан дээрлик байкалбаган бойдон кала берген. 1885-жылы гана илим В. В. Радлов тарабынан жарыяланган «Манас» эпосунун биринчи илимий жазмалары менен байыйт. 1862 жана 1869-жылдарда В. В. Радлов тарабынан Тянь-Шань кыргыздарынын арасынан чогултулган «Манас», «Иолой Кан» жана «Ер Төштүк» эпостук ырлардын кыргыз тексти жана анын немисче котормосу басылып чыгат[1]. Бирок, бул жолу да үлгүлөрү орус илиминин гана эмес, дүйнөлүк илимдин да энчиси болуп калган кыргыздардын таң калаарлык эпостук чыгармаларынын бул эстеликтери, тилекке каршы, эч кимдин көңүлүн өзүнө тийиштүү түрдө бура алган эмес. Бизге белгилүү болгондой, 1885-жылдан кийин үчилтикти жаңыдан жазып алууга олуттуу аракеттер да жана эпосту аз болсо да көңүл буруууга арзый турган изилдөөлөр да жүргүзүлгөн эмес.

Дал биздин заманыбызда, 1922—1926-жылдарда «Манас» эпопеясы улуу манасчы, акын жана төкмө Сагымбай Орозбаковдон биринчи жолу толук жазылып алынгандыгы менен совет илими сыймыктанса болот, бул жазып алуу кыргыздардын элдик оозеки чыгармачылыгынын залкар эстелигинин бейнесин жаңыдан ачып көрсөттү. Чындыгында ал илим үчүн жаңыдан ачылды десе болот, анткени ал илимдин алдына өзүнүн бүткүл толук жана ажайып түрүндө келип көрүндү. «Манастын» Сагымбаевдик версиясы бир аз убакыттан кийин таланттуу манасчы Саякбай Каралаевдин оозунан жазып алынган «Манастын» жаңы жазмасы менен толукталат. Улуу Ата мекендик согуштан бир аз мурда башталган мындай жазып алуулар акыркы мезгилге чейин улантылып келген.

Эми кыргыз элинин бул залкар эпопеясын дүйнөлүк эпостук адабияттын эң сонун эстеликтеринин бири деп атоого бардык мурдагы мезгилдердегиге караганда толук укугубуз бар.

«Манас» баатырдык эпосу кыргыз элинин бүткүл бай поэтикалык чыгармачылыгынын сереси жана синтези (бир бүтүн уютмасы) болуп саналат. Сюжеттик схемасынын татаалдыгы жана көп түрдүүлүгү, образдардын байлыгы, каармандарды жана алардын айлана-чөйрөсүндөгүлөрдү сүрөттөп ай-туудагы көркөмдүк, болуп жаткан окуялардын масштабдарынын залкарлыгы «Манаста» формалардын өркүндөлгөнү жана өзүнчө бир ажайып кооздугу менен айкалышып турат.

Ар кандай чыныгы эпос сыяктуу эле «Манас» биздин көз алдыбызга, баарынан мурда, идеал образдардын дүйнөсүн сүрөттөп тартууга умтулат. Ошондой болсо да эпосто кыргыз тарыхынын айрым бир конкреттүү окуялары да сүрөттөлгөн деп айтууга болот. Баса, белгилеп кете турган нерсе, кыргыз

эпосунун өзгөчөлүгү анын реалисттик мазмундагы эпизоддор жана кырдаалдар менен каныкканы болуп саналат, анын каармандары биздин көз алдыбызда бардык жакшы сапаттары жана кемчиликтери бар жандуу адамдар катарында көрүнөт. Бул өзгөчөлүктү кыргыз эпосун айткан манасчылардын көркөм ыктарынын өзгөчөлүгү менен гана түшүндүрүү кыйын болоор эле. Эпостун айрым бир сюжеттик багыттарынын, анын ири эпизоддорунун негизинде ар кайсы мезгилдерде болуп өткөн реалдуу окуялар жатат деп айтса болчудай, көркөм калыпка салынып, бул түрүндө көптөгөн жолу кайра-кайра иштелип чыгып отурган ал окуялар жөнүндөгү эскерүүлөр легендарлуу Манастын жана анын «кырк чоросунун» эрдиктери жалпы сюжеттик өзөк болуп бириккен эпостук ырлардын циклдери түрүндө бизге жетип отурат.

Өз изилдөөлөрүндө В. В. Бартольд, ал эми кийинчерээктеги мезгилде А. Н. Бернштам көрсөткөндөй, кыргыз урууларынын эки миң жылдан көбүрөөк тарыхы алардын ар түрдүү элдер менен дээрлик тынымсыз жүргүзүп келген согуштары жана кагылышуулары менен толгон, ал согуштар көпчүлүк учурда эркиндикти сүйгөн кыргыз-көчмөндөрдү өзүнө багынтып алууга умтулушкан чет элдик баскынчыларга каршы жүргүзүлгөн согуштар болгон.

Эпос биздин көз алдыбызга Манас башында болгон кыргыз кошундарынын кыргыздардын эзелки душмандарына каршы жүрүштөрүнүн тизмегинен турган ошол эле согуштук окуялардын сүрөтүн жаркын көркөм формада тартып берип отургандыгынын фактысы кыргыздардын оозеки эпостук чыгармачылыгынын алардын өткөндөгү баатырдык жоокерчилик заманы менен ажырагыс байланышын ынандырарлык түрдө далилдеп турат. Бул жагдай «Манас» эпосун тарыхый булак катарында изилдеп-үйрөнүүгө кеңири мүмкүндүк түзөт.

Эң байыркы мезгилдерден тартып кечээ жакындагы окуяларга чейинки кыргыз урууларынын тарыхый өткөн доорлорунун ар түрдүү этаптарынын эпостук чагылыштарын өз боюна камтып алуу менен эле бирге кыргыз эпосу кыргыздардын маданий турмушунун ар түрдүү тараптарын чагылдырууга тийиш эле жана чагылдырып да келген; ал маданият варвардык уруулардын да, ошондой эле Батыш менен Чыгыштын жогорку цивилизациялуу элдеринин маданияттары менен көп кырдуу келген тикеден-тике карым-катышта болуп, өз ара таасир тийгизип турушкан. Эпостун мазмунунун бул тарабы, кыргыз маданиятынын калыптануу жана өнүгүү тарыхын изилдеп-үйрөнүү жагынан алганда кызыктыра турган перспективаны ачат.

Ушул учурда совет илими «Манас» эпосун изилдөө жагында айрым бир натыйжаларга жетише алды. Адабий эстелик катарында «Манас» эпосун изилдеп үйрөнүүнүн үстүндө Мухтар Ауэзов, Өмүркул Жакишев, Е. Мозольков, П. Н. Берков, М. И. Богданова, ошондой эле жакында мезгилсиз дүйнөдөн кайткан таланттуу адабият таануучу жана фольклорчу Калим Рахматуллин жемиштүү иштешти. Бардык жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыгы катарында бир катар эмгектер пайда болду» аларда «Манаска» тарыхый-адабий баа берилип, эстеликтин ыр түзүлүшү жана бир катар формалдуу жана стилистикалык өзгөчөлүктөрү каралып, «Манас» айтуучулардын өмүрү жана чыгармачылыгы иликтеп-үйрөнүлүп, кыргыз эпосунун башка элдердин эпикалык чыгармалары менен болгон байланыштары талдоого алынган ж.б. Кийинки мезгилде ушул эле багытта В. М. Жирмунский эмгектенүүдө.

А. Н. Бернштамдын «Манас» эпосун тарыхый интерпретациялоого жасаган аракети олуттуу көңүл бурууга арзыйт. «Манас» эпосу пайда болгон доор жөнүндөгү өз эмгегинде А. Н. Бернштам[2] эпоско жалпы баа берүү менен катар,

эпостун сюжетинин куралышында тарых башкы ролду ойногонун белгилей келип, жалпысынан биригип келип «Манас» эпосун түзгөн түпкү даректер жана компоненттер жөнүндө бир катар кыйла алгылыктуу болгон конструктивдүү схеманы берет. А. Н. Бернштамдын схемасы боюнча «Манастын» түп негизинде жаткан катмарды башка эпостук эстеликтерде да белгилүү болгон жомоктор менен мифтердин циклдери түзөт. Андан кийинки экинчи катмарга «Манастын» курамдык элементтеринин төрт тобу таандык, алар: 1) алтай-минуса легендалары; 2) Огуз каган жөнүндөгү легенданын байыркы версиясынын кыргызча варианты; 3) кайра иштелип чыккан орто азиялык жергиликтүү уламыштар жана 4) «Шах-Наамадан» алынган образдар менен мотивдер. Эпостун үчүнчү, көбүрөөк ажайып катмары тарыхый сюжеттер болуп саналат. Аларда, А. Н. Бернштамдын пикири боюнча, кыргыздардын уйгурлар менен согушу (IX к.), ошондой эле, кыргыздардын сибирдик-моңголдук, орто азиялык жана Чыгыш Түркстанга жасаган жүрүштөрү чагылдырылган. Кыргыздардын саясий күч-кубаты толукшуп турган мезгилди — IX кылымдын орто ченин А. Н. Бернштам «Манас» эпосу жаралган доор деп эсептеп, кыргыз урууларынын жетекчиси Яглакардан (847-ж. өлгөн) эпостук баатыр Манастын образынын түп үлгүсүн көрөт. Тарыхый фактыларды эпостун жалпы идеялары менен салыштыруунун жана анын айрым эпизоддорун талдап, түшүндүрүүнүн негизинде ийгиликтүү иштелип чыккан аргументтери кыргыз элинин эпостук баяндарынын түпкү башатынын пайда болушунун датасын аныктоо үчүн негиз болуп берди. Кыргыз ССРинин ө1смөтү жана Кыргызстан КП(б) Борбордук Комитети жакынкы келечекте «Манас» эпосунун 1100 жылдыгын белгилөө жөнүндө чечим кабыл алды.

А. Н. Бернштам тарабынан сунуш кылынган айрым жоболордун талаш жана болжолдуу экендигине карабастан, «Манасты» изилдөөнүн проблемаларын кеңири койгондугун анын олуттуу сиңирген эмгеги катарында кабыл алуубуз зарыл, ал проблемалар андан аркы изилдөөлөргө шык берип, негиз болмокчу.

А. Н. Бернштамдын концепциясына таянып, К. Рахматуллин «Манас» эпосун элдик адабияттын эстелиги катарында карап, анын башкы идеясы кыргыз элинин чет жердик баскынчыларга каршы жүргүзгөн боштондук күрөшү болуп саналаарын белгилейт. Өзүнүн «Легендарлуу Манас — улуу атуул (патриот)» (Фрунзе, 1943) деген эмгегинде эпостун бир катар эпизоддорун кеңири ачып түшүндүрүү менен, аларда ар түрдүү тарыхый окуялардын чагылышын табат. А. Валитова[3] андан да ары барат, ал Жаангер кожо көрүнүктүү роль ойногон эпостук баянды XIX кылымдын биринчи чейрегине таандык болгон белгилүү тарыхый эпизодду — Жаангер кожонун көтөрүлүшү жөнүндөгү түрү өзгөртүлүп айтылган поэтикалык баян катарында карайт.

Ошентип, адабият таануучулар менен тарыхчылар кыргыз эпосун белгилүү бир багыттарда изилдеп-үйрөнүү үчүн азыр эле олуттуу кадамдарды жасап коюшту. Тилеке каршы, этнографиялык илим тарабынан «Манас» эпосун булак катарында изилдөө иши башкача абалда турат. Этнография илими үчүн «Манас» эпосу али олуттуу илимий изилдөөлөрдүн объектиси боло элек. Манас таануу тармагындагы ар кандай илимий изилдөөлөргө кескин жолтоо болуп жаткан жалпы себептердин башкысы болуп эсептелген эпостун текстинин негизги бөлүгү бүтүнү менен кол жеткис бойдон калып жатканынан жана ишенимге арзый турган, илимий түрдө ишке ашырылган котормонун

www.bizdin.kg

(«Манастын» биринчи жазып алынган текстин радловдук котормосун эске албаганда) жоктугунан башка да «Манасты» этнографиялык жактан изилдөө иши спецификалык кыйынчылыктарга да туш болууда.

Орус этнографиясы жалпысынан эпостук материалдарды этнография илими үчүн маанилүү нарративдик булактардын бири катарында пайдалануунун анча көп эмес сандагы мисалдарын гана билет, ал эми советтик этнографияда болсо биз ушул типтеги бир нече гана эмгекке ээ болуп отурабыз. Баарыдан мурда этнографиялык илимдин кызыкчылыгы менен позициясынын көз карашынан алганда эпоско олуттуу мамиле жасоо тажрыйбасындагы көңүл буруруга татыктуу болгондорун гана атап кетебиз. Биз маркум Н. П. Дыренкова тарабынан даярдалып, 1940-жылы басылып чыккан «Шор фольклору» деген эмгекти көңүлгө алып отурабыз. Карелия-фин эпосу «Калеваланын» басылмасына Е. Г. Кагаровдун жазган кириш сөзүн (Петрозаводск, 1940), С. А. Козиндин «Жангариаданы»[4] изилдөөгө арналган бир катар баалуу сын пикирлерин, Г. Д. Санжеевдин бурят-моңгол эпосу жөнүндөгү эмгегин ж.б. да эскерип кетебиз. Демек, белгилүү бир традициянын жок экендиги ачык болуп отурат; этнографиянын максаттары үчүн эпостук эстеликтерди сын көз менен пайдалануунун иштелип чыккан ыктары, илимий жоддору менен усулдарынын жоктугу да ушуга байланыштуу. Эпосту этнографиялык булак катарында изилдөө проблемасын коюуга этнографтардын кызыкпагандыгы да жогоркудай көрүнүштүн табигый натыйжасы болуп саналат.

II

Кыргыздардын баатырдык эпосу «Манастын» мазмуну менен алдын ала, бирок азырынча жалпы мүнөздө болгон таанышуу оозеки эл чыгармачылыгынын көлөмү боюнча залкар казынасы зор көркөмдүк баалуулукка гана ээ болбостон, кыргыз элинин өткөндөгү бай саясий жана жоокерлик турмушун чагылдырып турган өзүнчө бир поэтикалык жылнаама гана болуп саналбастан, ошондой эле, өтө бай этнографиялык булак, кыргыздардын элдик маданиятынын оригиналдуу эстелиги да болуп саналаарына бизди ишендирип отурат. «Манас» эпосунун терең таанымдык мааниси Ч. Валиханов тарабынан да бааланган болучу. «"Манас"», — деп жазат Валиханов, — бир мезгилге келтирилген жана баатыр Манастын айлана-тегерегине топтоштурулган бардык кыргыз мифтеринин, жомокторунун, уламыштарынын энциклопедиялык жыйындысы. Бул өзүнчө бир талаа "Илиадасы". Кыргыздардын жашоо-турмушунун түрү, каада-салттары, кулк-мүнөзү, географиясы, диний жана медициналык билимдери жана алардын эл аралык мамилелери бул залкар эпопеядан өз чагылышын тапкан»[5]. Кыргыздардын эпостук баяндарын биринчи изилдөөчү В. В. Радлов да аларда эл турмушун анын бүткүл жыйындысында чагылтылып көрсөтүлүшүнө кандай чоң роль ыйгарылганын белгилейт. «Бул эпос, — деп окуйбуз биз Радловдон, — гректердин эпосунун так өзүндөй эле бүтүндөй бир элдин руханий турмушу менен каада-салттарынын ачык сүрөтүн берет; ал жоокердик жортуулдарды, кудалашууларды, аш-тойлорду, ат жарыштарды, үй турмуш-тиричилигин жана д.у.с. кеңири эпостук арыш менен сүрөттөйт»[6].

«Манас» эпосунун эң маанилүү этнографиялык булак катарындагы мааниси, баарыдан мурда, анын өнүгүүнүн ар түрдүү этаптарындагы кыргыз маданияты жөнүндөгү биздин түшүнүктөрүбүздү кыйла олуттуу түрдө толуктай ала турган маалыматтарды камтып тургандыгында болуп саналат. Бул жагдайды белгилеп отурганыбыздын себеби, колдо болгон тарыхый эмгектер менен изилдөөлөр,

кыргыздарды этнографиялык жактан сүрөттөгөн жазмалар сыяктуу эле көптөгөн мүчүлүштөрдөн куру эмес, же биз үчүн биринчи даражадагы мааниси бар болгон маселелер боюнча өтө эле канааттандырарлык эмес, үстүртөдөн берилген эскертүүлөрдү гана камтып турат. Албетте, этнографтар, тарыхчылар, фольклорчулар же адабият таануучулар сыяктуу эле ар кандай окуя, көрүнүш же этнографиялык факт эпосто чыгармачылык менен кайрадан иштелген, көркөм түрдө элестетилген, кээде мурдагы түшүнүктөр өзгөртүлгөн түрдө чагылтылаарын көңүлгө алуулары тийиш. Бирок бул маанилүү жагдайды эсепке алуу менен бирге эпостогу маалыматтар эң терең кызыгууну туудурат, анткени алар, кыргыз элинин маданиятынын тарыхын таанып-билүү үчүн жаңы барактарды ачып гана бербестен, ошондой эле, этнографтардын колуна жалпы адамзат маданиятынын эң байыркы элементтерин ачып көрсөтүү жана түшүнүү үчүн да асыл материалдарды бере алат, биз муну төмөндө көрсөтүүгө аракет кылмакчыбыз.

Биздин эмгегибиздин максаты «Манас» эпосундагы тигил же бул даражада бизге белгилүү болуп калган этнографиялык сюжеттерди мүнөздөп чыгуу болуп саналат, бирок, албетте, эпостун бардык колдо болгон варианттарын терең изилдеп-үйрөнүү гана «Манастын» мазмунунун биз үчүн көбүрөөк олуттуу болгон жактарын ачып бере алат. Ошону менен эле бирге биз өз алдыбызга мүмкүн болушунча «Манасты» этнографиялык булак катарында изилдеп-үйрөнүүнүн жалпы багытын белгилеп алуу, ошондой эле, өзүбүздүн анча чоң эмес тажрыйбабызды жыйынтыктап келип, эпосто камтылып турган этнографиялык материалдарды иштеп чыгуунун этаптарын аныктоону максат кылып койдук. Ошондуктан биз өз эмгегибизди эпостук материалдын түпкүрүн карай айрым бир этнографиялык чалгындоо жүргүзүү катарында, кыргыз эпосу «Манасты» этнографиялык жактан изилдеп-үйрөнүүгө өзүнчө бир кириш катарында карайбыз. Бул эмгек бардык пайда боло турган көптөгөн проблемаларды чечүүгө талаптанбайт. Кээ бир учурларда биз айрым иллюстрацияларды гана келтиребиз, башка бир учурларда эпостун айрым бир мотивдерин алдын ала талдап көрүүгө аракеттенмекчибиз.

Андан ары баяндоону улантуу үчүн биз жарык көргөн, ошондой эле, кол жазма түрүндө сакталып турган ар түрдүү материалдардан пайдаланмакчыбыз. СССР Илимдер академиясынын Кыргыз филиалынын Тил, адабият жана тарых институтунун Фольклор жана «Манас» эпосу бөлүмүндө сакталып турган айрым тексттер менен сөзмө-сөз котормолордон башка да («Манастын» текстинен алынган бир нече үзүндүлөр «Манас сериялары» деген илимий- популярдуу серияда жарыяланган) биз «Манас» эпосунун сюжетинин Зияш Бектенов тарабынан ишке ашырылган проза түрүндө жазылган вариантын да иликтеп-үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк алдык (Айсулу Валитованын орусча котормосу да бар, ал Г. А. Самарин тарабынан иштелип чыккан), анын көлөмү 19 автордук басма табакты түзөт. Өзүнүн бардык кемчиликтерине карабастан, бул булак бизге көз мелжиткен эпостук материалда туура багыт алууга (Сагымбайдын варианты 240 миң ыр саптан турат) жана андан ары тереңдеп изилдөө үчүн таяныч табууга мүмкүндүк бере ала тургандыгы менен маанилүү. Эпостогу тигил же бул этнографиялык сюжеттердин мазмунун көп учурда ачып көрсөтпөгөнүнө жана биз үчүн шексиз маанилүү болгон ушундай эле мүнөздөгү көптөгөн көрүнүштөрдү таштап кетип, анын үстүнө майда-бараттарды белгилебегенине карабастан, бул прозалык баян эмнеси болсо да эпостогу этнографты кызыктыра турган материалдын бар экенин билдирген көп сандагы баалуу көрсөтмөлөрдү

өзүндө камтып турат. Мына ушул жагдайга байланыштуу эпостун сюжетинин прозалык вариантын «Манас» эпосу боюнча жол көрсөткүч, этнографиялык сюжеттерди табуунун ачкычы катарында пайдаландык. Бул эмгекте жазылып белгиленген айрым этнографиялык фактылардын олуттуу көпчүлүгү эпостун өзүндө камтылып турган маанилүү деталдардын кара сөз вариантында жок болгон күндө да аларды баалап, түшүнүү үчүн алгачкы кадамдарды жасоого мүмкүндүк берет. Көрсөтүлгөн булактардан башка да биз Манас изилдөө мүнөзүндөгү басмадан чыккан эмгектерди жана айрым бир жарыяланбаган кол жазмаларды да пайдаландык, булардын ичинде К. Рахматуллиндин жогоруда эскерилген китеби ардактуу орунду ээлейт.

Жакында «Манастын» башкы эпизодунун биринчи бөлүгүнүн орус тилиндеги поэтикалык котормосунун басылып чыгышы (котормочулар: С. Липкин, Л. Пеньковский жана М. Тарловский) зор коомдук мааниге ээ экендигин белгилеп кетүүбүз керек[7]. Эпостун колдо болгон толук вариантынын мазмуну менен азырынча таанышуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыраган окурмандардын кеңири чөйрөсү менен илимий кызматкерлер кыргыз баатырларынын Ортоңку падышачылыктын ордосу — Бейжинге жасаган каардуу жана кайгылуу «чоң казатынан» ажайып сүрөттөлүп айтылышын зор кызыгуу менен окуй алышат.

III

«Манас» эпосу кыргыздардын дүйнөгө көз карашын жана турмуш-тиричилигинин көптөгөн тараптарын баяндап жазууга мүмкүндүк берүүчү мол этнографиялык материалды камтып турат. Ал материал эпостун «Манастын төрөлүшү жана балалык чагы», «Манастын Каныкейге үйлөнүшү», «Көкөтөй хандын ашы», «Манастын өлүмү жана аны көмүү» жана башка эпизоддордо алда канча толук берилген.

Эпос, манасчы Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча, Манастын санжырасы менен башталып, анда анын ата-бабалары аталып көрсөтүлөт. Радлов Манастын сары ногой уруусуна таандык экенин көрсөткөнүн белгилеп коёлу, ал эми Сагымбай боюнча, ал байыркы кыргыз уруусунан чыгат. Ногойдун уулу — Манастын атасы — Жакып атасы Ногойдун бир тууганы Чыйырдын жесири Шакан деген аялга үйлөнөт. Ал өзүнүн маркум күйөөсү Чыйырдын урматына Чыйырды деген ысым алат. Жакып 50 жашка чыкканга чейин балалуу болбойт. Күндөрдүн биринде ал сырдуу түш көрөт. Түшүндө ал алгыр куш Буудайыкты «туурга» кондуруп, анын жанына алача моюн ак шумкарды кошо кондуруп, байлайт. Бир эле убакта Жакыптын биринчи аялы Чыйырды жана экинчи аялы Бакдөөлөт да кереметтүү түш көрүшөт. Чыйырды түшүндө бир абышка ага чоңдугу аяктай, балдай ширин ак алма сунат; Чыйырды ал алманы жегенден кийин алтымыш кулач «ажыдаар» тууйт.

Ачууланып оп тартса Ай ааламды соруптур. Көрдүм чочуп, нез болуп, Узарыптыр өз боюм Бир жүз отуз кез болуп[*].

Бакдөөлөттүн түшүнө да боз ала туйгун кирет, ал аны туурга кондуруп байлайт.

Жакып элди салтанаттуу тойго чакырат. Ал келгендерди тамак-аш берип сыйлоо үчүн коп мал союп, курмандык чалат. Андан соң ал боз үйүнө өзүнүн жакын туугандарын киргизип, ар бирине бирден ичик жаап, жетим-жесирлерге

[*] «Манас эпосунан келтирилген кээ бир үзүндүлөрдүн орусча тексттерин кайрадан кыргызчага которуп отурбай, алардын кыргызча тексттерин таап киргиздик, алар С. Орозбаков менен С. Каралаевден алынды (котормочу С. М.) (Караңыз: Сагымбай Орозбаков «Манас», 1-китеп, 1978, 23-б.)

садагаларды таратып бергенден кийин, келген элге кайрылып аяндуу түштү жоруп берүүнү өтүнөт. Абышкалардын бири, акылман Байжигит Жакыптын түшүн жоруп, анын баатыр уулдуу болоорун алдын ала айтат.

Ай тийген жердин баарысын Алат экен балаңыз, Андан тынсын санааңыз! Күн тийген жердин баарысын Күтөт экен балаңыз, Күндө тынып санааңыз![*]

Тойдон кийинки үчүнчү жылдын башы ченде Чыйырдынын боюна бүтөт. Чыйырдыга анын өтүнүчү боюнча жолборсту атып келишип, анын жүрөгүн жедиришет. 9 ай, 9 күндөн кийин анын толгоосу башталып, ал 9 күн, 9 түнгө созулат. Жаңы туулган наристенин биринчи ыйлаган үнү отуз жаштагы баатырдын согуштук ураан чакырганындай эле угулат, эки колуна уюган кан уучтап түшөт. Энеси баланы астына алып оң эмчегин салганда абалкысы сүт чыгат, экинчи соргондо — суу, үчүнчүсүндө кан чыгат. Манас менен эле бир убакта кара жалдуу кула бээден ак сур кулун туулуп, Жакып ага Ак кула деген ат коёт. Биринчи уулдуу болгонуна байланыштуу Жакып чоң той берип, ага бардык өлкөлөрдөн меймандар чакырылат. Той ар түрдүү оюн-зооктор, ат жарыш, күрөш, чечендердин мелдеши жана ушуга окшогон тамашалар менен коштолуп турат. Тойдон кийин Жакып уулун чепкенинин этегине ороп алып, кыргыз, казак жана нойгут ак сакалдарынын алдына барып, уулуна куттуу ысым коюп берүүнү өтүнөт. Бул куттуу ысымды күтпөгөн жерден пайда болгон думана коёт. Манас болсун дейт ал, анан көздөн кайым болот.

Манастын балалык жылдары ызы-чуулуу оюн-шооктор, тамашалар менен өтөт. Кийин аны ата-энеси Ошпур деген койчуга жардамчы кылып берет. Өспүрүм жылдарында Манас өзүнүн баатырдык күчүн көрсөтө баштайт, кыргыздардын душмандары — калмактарды жеңип, бир катар эрдиктерди көрсөтөт. Өзүнүн теңтуштарынан «кырк чоро» кошун курайт. Манас башчылык кылган кыргыз колу Нескара деген алптын аскерлерин талкалайт. Ушул эле эпизоддор Манастын мусулман динине өткөнү жөнүндөгү кызыктуу окуялар да толук сүрөттөлөт. 550 жаштагы карыя Айкожо Манаска оозуңду ач деп буйрук берет, ал оозун ачканда анын оозуна түкүрөт. Ошол замат Манастын көзү ачылып, ага тозок жана андагы кыйналып жаткан күнөөлүүлөр көрүнөт. Манастын бетине сыйкырлуу парданы жаап койгондон кийин, ал жети күн бою бейиштин босого-төрлөрүн көрүп чыгат. Манастын бетине суу бүркүп, Айкожо парданы сыйрып алып таштап, аны мусулманчылыкка өткөрөт да, анын колуна Ач албарс деген болот кылычты жана Ак келте деген мылтык тапшырат. Айкожодон кайтып келе жатып Манас укмуштуу жырткычка жолугат. Манас аны Ак келте менен атканда ал так түйүлүп секирет да, алты кулач аркандай оролуп, ачуу чыңырып, жерге кулап түшөт. Манас аны Ач албарс кылычы менен экиге бөлө чаап өлтүрөт. Эр жүрөктүүлүгү, күчтүүлүгү жана баатырдык эрдиктери үчүн курбулары аны ак кийизге салып, хан көтөрүшөт. Кийинчерээк жаштардын сунушу боюнча Манас бардык элдердин ханы болуп шайланат.

Поэманын этнографиялык мүнөздөгү көптөгөн окуяларга толгон биринчи циклинин кыскача мазмуну мына ушундайча (мисалы, Чыйырды төрөгөндөгү сүрөттөмөлөр, жаштардын оюн-тамашалары, ысым коюу ж.б. ).

Баарынан мурда Чыйырдын жесиринин маркум күйөөсүнүн урматына жаңы ысым алганы сыяктуу кызык факт көңүл бурууга татыктуу. Бул фактыдан кыргыз коомунда патриархалдык негиздин пайда болушун туюндурган окуянын бир үзүмүн көрбөй коюуга болбойт.

[*] Ошонун өзүндө. 47-б.

Жакыптын жана анын аялдарынын аян берүүчү түштөрү чоң кызыгууну туудурат. Биздин ушул багыттагы изилдөөлөрүбүз төмөнкүдөй натыйжаларга алып келди. 1240-жылга таандык болгон моңголдук «Ыйык сыр баянында» төмөнкүдөй эпизод бар: Темучжин 9 жашка толгондо анын атасы Есугай ага колукту алып бергени кудалашуу үчүн кетип баратып, жолдо Дэй-Сеченге жолугат. Кайда бара жатасың деген Дэй-Сечендин суроосуна Есугай мындай деп жооп берет: «Мына бул уулума Олхонут уруусундагы таякесинин кызына куда түшкөнү бара жатамын». Анда Сэй-Сечен мындай дейт: «Сенин уулуңдун көзүнөн от күйүп, жүзүнөн таң жарыгы тийип турат. Кудам Есугай, бүгүн түнү түш көрдүм, түшүмдө менин колума ак шумкар келип конду, тырмагына күн менен айды мыкчып алыптыр... Бул эмнеден аян берип жатат болду экен? — дегиче болбой кудам Есугай уулуң менен сен келип калдың. Бул түш мага кандайча болуп кирди? Ушу силер өзүңөрдүн кият урууңардын духу коштоп түшүмдө мага келип, аян берген турбайсыңарбы»[8]. «Алтан Тобчи» деген башка бир моңголдук эстеликте Дай-Сецен (ошол эле Дэй-Сечен) жолдо бараткан Есугайды көрүп, түшүндө кыят уруусунун сулдэсин элестеткен ак шумкар түрүндөгү кушту кармап алганын айтат[9]. «Ыйык сыр баяны» менен «Алтан Тобчинин» мазмунунан көрүнүп тургандай куш (карга же шумкар) Чыңгыз хан таандык болгон кыят уруусунун колдоочусу деп эсептелген. Г. Н. Потанин «Ыйык сыр баянынан» келтирилген жогорудагы эпизодду «Голубиная книга» деген чыгармадагы мотив менен байланыштырат. Анда Давид Волотоман көргөн түштү жоруйт: Волотомандын түшүнө бакта конуп отурган шумкар кирет. Давид: мен Соломон деген ууддуу болот экенмин, ал Волотомандын кызына үйлөнөт экен деп жоруйт[10]. Ак шумкарлардын байыркы кыргыздардын турмушунда ардактуу орунду ээлегенин Рашид-ад-Диндин «Чыңгыз хандын тарыхы»[11] деген китебинде кыргыздардын Чыңгыз ханга ак шумкарды тартууга жиберишкендиги жөнүндөгү эскертүүсү далилдеп турат. Өткөндө кыргыздарда тотемизм жана айбанаттар культу менен байланышкан түшүнүк-ишенимдердин болгондугу тарыхый жана этнографиялык даректер менен аныкталып отурат. Салыштырма этнографиянын тийиштүү маалыматтарын да эске түшүрүп көрөлүчү. Алгачкы жамааттык коомдун элдеринин түшүнүктөрүндө бүркүт менен шумкар көп учурда окшоштурулуп айтылат, ал эми бир катар элдерде карга бүркүт менен катар жүрөт же аны алмаштырат. Б. М. Ионов «Жакуттардын бүркүт жөнүндөгү көз карашы»[12] деген макаласында билдирилгендей, жакуттардын төрөбөс аялдары бүркүткө табынышып, бала сурашат, ушундан кийин бала төрөсө аны бүркүттөн төрөлдү деп эсептешет. А. Я. Штернбергдин «Сибирь элдериндеги бүркүт культу» деген эң сонун этюдунда бул культтун курамында шамандын дарагына маанилүү орун берилген, бул даракты кээ бир элдер (жакуттар, тунгустар) жогоруда эскерилгендей кыргыздарча «туур» деп аташат.

Жогоруда айтылгандардын бардыгы төмөнкүдөй ой-пикирлерди айтууга мүмкүндүк берет: 1) Жакыптын аян берген түшүнүн фольклордук мотиви менен даталары бар эстеликтер: «Ыйык сыр баяны» жана «Алтан тобчиден» келтирилген мотивдердин сөзсүз түрдөгү байланышы бар экенин аныктоого болот; 2) Жакыптын түшүнө кирип, Манастын төрөлүшүнөн аян берген ак шумкар моңголдордогудай эле кыргыздарда да уруунун колдоочу духу болуп саналат; 3) «Жакыптын түшүн» эпостогу эң байыркы мифологиялык сюжеттердин бири катарында кароо керек.

Экинчи келтирилген мисал да кыргыздын «Манас» эпосунун моңгол урууларынын адабияты жана фольклорунун эстеликтери менен белгиленип

отурган байланышы андан ары да олуттуу түрдө кеңейтилиши ыктымал. Манас эки колуна уюган кан уучтап төрөлгөн сыяктуу эле «Ыйык сыр баяны» боюнча, Темучжин да оң колуна чоңдугу бармактай болгон кандын уюткусун уучтап төрөлөт[13]. Г. Н. Потанин тарабынан келтирилген дөрбөттөрдүн «Ирин-Сайн-Гунын-Настай-Мекеле» деген баянынын каарманы төрөлгөндө оозуна «алмысты» (жамандык духу) тиштеп, ал эми оң колуна чоңдугу койдой болгон уюган канды, сол колуна муштулгдай болгон кымбат баалуу буюм уучтап түшөт экен[14].

Биз бул жерде жөнөкөй гана жалпы фольклордук мотивди эмес, тамыры алда канча тереңде жаткан көрүнүштү, байыркы көз караштын биримдигин баамдап отурабыз. Чын-чынына келгенде алгачкы жамааттык коомдун адамы үчүн кан дегенибиз адамдын башкы жандарынын бири же ал жандын материалдашып, денеге айланган түрүндөгү көрүнүшү болуп саналат. Жаңы төрөлгөн ымыркай-баатырлардын колдорундагы ошол уюган кан мүмкүн алардын уюган түрдө көрүнгөн жаныдыр? Экинчи жагынан П. Кафаровдун[15] котормосунда басылып чыккан «Ыйык сыр баянында» жаңы төрөлгөн Чыңгыздын колундагы уюган кан айбанаттардын ташына, б. а. малдын ичинен табыла турган ташка окшош экени айтылат (С. А. Козин анын «Ыйык сыр баянынын» котормосуна тиркеме катарында берген сөздүгүндө П. Кафаровдун бул тушүндүрмөсүн суроо белгиси менен берет). Мүмкүн бул түшүндүрмө түрк-моңгол элдеринин «яда» таш деп аталган жана анын жардамы аркылуу аба ырайын өзгөртүүгө боло турган сыйкырдуу таш жөнүндөгү ишенимдери менен байланышы бардыр. Койдун аш казанынан табылып, жаан жаадырууга жөндөмдүү болгон «жай таш» жөнүндөгү түшүнүк кыргыздарда да бар экенин көрөбүз. Демек, бул деталь ал ташты шамандык практика менен байланыштыруучу биз карап жаткан эпизодго жаңы элементти киргизе алышы мүмкүн; муну белгилеп кетүү өзгөчө маанилүү, анткени С. А. Козин көрсөткөндөй, Чыңгыздын өзү шаман болгон, ал эми «Манаста», анын көп сандаган эпизоддорунда аба ырайын дубанын күчү менен өзгөртүп, кышты жайга айландырып, дарыянын суусун тоңдуруп, жаан, мөндүр жаадырган ж.б. учурлар кезигет. Манастын башкы жан-жөкөрү Алмамбет ошол шамандык сыйкырчылыктын жашырын сырларын эң жакшы билгендиктен кыргыз жоокерлери жортуулдардын учурунда нечен жолу ар кандай кырсыктар менен коркунучтардан кутулуп чыгышкан.

Эпостун Манастын колукту издеп, анан анын Каныкейге үйлөнүшүнө арналган эпизод да кызыгууга толук арзыйт. Өзүнүн досу Алмамбеттин кеңеши боюнча, Карабөрк жана Акылай деген эки аялы бар болсо да, ал каада-салт боюнча үйлөнүүнү чечип, жакшы кызга куда түшүүнү өтүнүп, ата-энесине кайрылат. Бул өтүнүчүн айтып жатып, Манас Карабөркту согушта тартууга алган аялы, Акылай болсо барымтага келген аялы экенин эскертет. Эпостун мындан мурдагы эпизоддорунда Манас калмактардын ханы Кайыпты талкалагандан кийин, хандын отуз кызынын бири, атасынын өлүмү үчүн Манастан өч алып, аны өлтүрмөкчү болгон Карабөркту көрүп, анын сулуулугуна көзү түшүп калат. Атасынын тирүү калганын угуп, Карабөрк атынан түшүп, Манастын алдына келип, башын ийип жүгүнөт. Манас менен Карабөрктүн үйлөнүшүнө байланыштуу отуз күндүк той өткөрүлөт. Манастын аскерлери тарабынан жеңилип калган оогандык хан Шоорук Манаска баш ийгендигин билдирип, өзүнүн Акылай деген кызын баш кылып 30 кызды барымтага жиберет. Манас кыздарды катарда турушкан өз жоокерлеринин ортосуна киргизип, көңүлүңөргө толгон жигиттерди күйөө кылып тандап алгыла дейт. Акылай биринчи болуп чыгып, өзүнө Манасты күйөө кылып тандап алат. Манастын өтүнүчү боюнча

анын атасы Жакып ага колукту издеп жөнөйт. Көптөгөн өлкөлөрдү кыдырып, ылайыктуу кыз таппаган соң, Жакып тажиктердин өлкөсүнө келет. Тажиктердин өкүмдары Атемир хандын кызы Санирабийганы жактырып, кызга куда түшөт да, анын атасы талап кылган өтө зор калыңды төлөп берүүгө макул болуп, кайра кайтып келет. Калыңга төлөнө турган мал элден чогултулгандан кийин Манас 12 миң жигиттен, 40 миң жоокерден турган кошундун коштоосунда атасы Жакып менен бирге тажиктердин жерине күйөөлөп келип, шаардын четине жайланып жатып калышат. Манас түнкүсүн Санирабийга уктап жаткан бөлмөгө кирет. Колуктусу менен болгон биринчи жолугушууда Манас аны менен чатакташып, Санирабийга канжары менен аны колго сайып жиберет, Манас аны жыга тепкенде эси ооп жатып калат. Хан кызынын бул жоругуна ачуусу келген Манас добулбас уруп, аскерлерин көтөрөт, ошондо атасы Жакып баш болгон акылман карыялар аскерлерди токтотуп калышат. Үйлөнүү тоюна чакырылган Манас өзүнө көтөрүлгөн ак өргөдөн эки күн чыкпай жалгыз отурат, анын айбаттуу түрүнөн сестенип, тейлеп, кызмат кылып жүргөн келиндердин бири да анын үстүнө батынып кире албайт. Ачуусу менен Манас Атемир хандын шаарын талкалап салмакчы болот. Манастын ачуусун басуу үчүн жарашуу белгисинин жышаанасы катарында дөңгө чыгып, Санирабийга өзүнүн ак жоолугун булгалап абага ыргытат. Өткөндөгү чатак үчүн өз күнөөсүн мойнуна алып, Санирабийга Манастын жанына басып келип, анын атынын суулугунан кармайт. Манастын колуктусу болгондон соң Санирабийга өзүнүн ысымын өзгөртүп, Каныкей деген ысымды алат. «Чачыла» каадасы боюнча күйөө бала менен колуктунун үстүнө таттуу даам-татымдар чачылат. Манастын кырк чоросу да кимиси кайсы кызды аялдыкка алаары жөнүндө кеп салышат. Манастын сунушу боюнча, ат чабыш уюштурулат. Боз үйдө отурган кыз ошол үйдүн жанына кайсы баатырдын аты келип токтосо, ошол аттын ээсине турмушка чыгууга тийиш. Биринчи болуп Алмамбеттин аты келип, ал Каныкейдин сиңдиси Арууке сулуу отурган боз үйдүн жанына токтойт. Акыркы болуп Манас келет. Каныкей үйдөн тышка чыгып, Манастын атын тизгинден алып түшүрүп, аны өз өргөсүнө киргизет. Манас менен Каныкей баатырлар менен кыздар үчүн болуучу ырк келишпестиктердин алдын алып, Манас жигиттер менен кыздарды өзүнчө бөлүп, өзүлөрү мурда түнөп жүргөн үйлөргө жөнөтүп жиберет. Эртеси эртең менен Манас кыздардын көзүн жоолук менен таңып туруп, кыздын колу кайсы жигитке тийсе, кыз ошол жигитке турмушка чыгат деген шарт коёт. Көздөрү таңылган кыздар өткөн күнү кайсы жигиттин аты анын үйүнүн жанына келип токтогон болсо, ошол эле жигитти тандап алышат. Үйлөнүү шаан-шөкөттөрү менен оюн-зооктор отуз күн, отуз түнгө уланат, андан кийин Манас менен Каныкей, Алмамбет менен Арууке жана 40 чоро жубайлары менен өз эли- журтуна кайтып келишет.

Келтирилген эпизоддун мазмунунан көрүнүп тургандай, этнограф кудалашуунун жана үйлөнүү тоюнун сүрөттөлүшүнөн өзү үчүн көптөгөн баалуу майда-барат жолосундарды таба алат. Манастын колуктусу үчүн төлөнүүчү калың бүткүл «эл» тарабынан чогултулганы жөнүндөгү баалуу кабарды белгилеп кетебиз. Кыргыздарда күйөө бала менен колуктунун үстүнө «чачыла» чачуу сыяктуу байыртадан келе жаткан ырым-жырымдан шаманчылык менен байланышкан байыркы диний мотивдерди көрбөй коюуга болбойт. Ар түрдүү духтардын, кудайлардын, онгондордун урматына арнап, же күн күркүрөгөндө, шамандык дарымдоо ритуалынын алдында сүт же арак чачуу Саян-Алтай тоолорундагы элдерде, буряттардын жана башкалардын арасында кеңири тараган. Бул эскерилген ырым-жырымдын шаман культу менен байланыштуу

экенин ал ырым-жырымдын «чачыла» деп аталышынын өзү эле ырастап турат, ал «чачыл», төгүлүп чачыл деген сөздөн келип чыккан. Алтайлыктарда ак (сүт) чачуу «чачылгы» деп аталат.

Уландардын колукту, кыздардын күйөө тандоо жөрөлгөсү да сөзсүз кызыгууну пайда кылат, мүмкүн, бул үйлөнүү жөрөлгөлөрүнүн байыркы түрүнө таандыктыр, анткени бул жерде биз өзүнө келечектеги күйөө тандап алууга кыздын укугу бар экенин көрөбүз. Ушуга байланыштуу Л. Я. Штенберг[16] тарабынан белгиленген Thurnston'у боюнча Индиядагы Nayadi уруусунун үрп-адаты жөнүндө эскерип кетебиз, бул үрп-адат боюнча кызга үйлөнүүнү каалаган бардык жигиттердин ар бири колуна башкалардыкынан өзгөчөлөнүп турган таяк алып алышат да, ичинде кыз отурган алачыкты тегеренип бийлей башташат. Бий токтогондо күйөө болсом деген ар бир жигит жылчыктан өзүнүн таягын алачыктын ичине таштайт. Кыз бул таяктардын ичинен бирөөнү тандап алат да, кыз тандап алган таяктын ээси алачыкта жашынып отурган кыздын күйөөсү болуп калат. Манас менен Каныкейдин ортосундагы үйлөнөөрдөн мурда болгон биринчи жолу жашыруун жолугушкандагы чыр-чатагы да, сыягы, кокус эмес жөрөлгө болсо керек. Акырында келип, Каныкейдин сиңдиси Арууке Манастын талабы боюнча Манаска эмчектеш ини болуп калган Алмамбеттин аялы болуп калганы (а дегенде Арууке бул никеден баш тартат) жана Манастын колуктусунун ысмынын өзгөртүлгөнү жөнүндөгү окуялар көңүл бурууга татыктуу, муну, моңголдордогу күйөөсү же сүйгөн жигити аялга экинчи ысым бере турган үрп-адат менен салыштырууга чакырат.

Эпостун этнографиялык жактан көбүрөөк мазмундуу келген эпизоддорунун үчүнчүсү — «Көкөтөй хандын ашы» болуп саналат.

Манастын кеңеши боюнча Манастын эң жакын жан-жөкөрлөрүнүн бири — Ташкендин ханы Көкөтөйдүн асыранды уулу жаш Бокмурун атасын шаан-шөкөттүү салтанат менен көмгөндөн кийин, эки жыл өткөндө ага шаңдуулугу жагынан андан да ашып түшкөн чоң аш берет. Аш Каркыра өрөөнүндө өткөрүлмөкчү болуп, Бокмурун өз элин бүт көчүрүп барат. Эпосто баш-аягы үч күндүк жолго созулган зор кербендин кетип баратканы көркөмдүк менен сүрөттөлөт. Аш бериле турган жерге көчүп келип, Бокмурун ашка даярдык көрүүгө киришет. Алп баатыр Жаш Айдарды бүт элдерге атасынын өлгөнүн билдирип, аларды «ашка» чакыруу үчүн кабарга жиберет. Ашта ат чабышта жеңип чыккандарга зор байге бериле тургандыгы жөнүндө жарыя- лоону, ал эми ашка келүүдөн баш тарткандарды урмат көрсөтпөгөндүгү үчүн каардуу жаза күтүп турганын эскертүү жөнүндө буйрук берип, чабарманды узатат. Меймандардын алды келе башташат. Эң акырында Манас келет. Аш чоң ат чабыш менен башталып, ага миңге жакын мыкты күлүктөр катышат. Чабандестер ат жарыш баштала турган жерди көздөй жөнөгөндө калган бүт элге табак тартылып, тамак-аш берилет. Көп сандаган ар түрдүү мелдештер уюштурулат. Биринчи мелдеш бийик шыргыйга илинип коюлган алтындын уюткусун — «жамбыны» атып түшүрүү боюнча өткөрүлдү. Андан кийин кыргыздын баатыры Кошой менен калмактын ханы Жолойдун жөө күрөшү болду. Жар салынып, бирок болбой калган тастардын сүзүшүү, төө чечүү мелдешинен кийин ат үстүндө найза «сайыш» болуп, ага кытай баатыры Коңурбай менен Манастын өзү чыгат. Андан ары эр эңиш болот, анын максаты каршыны ээрден жыгып түшүрүү болуп саналат. Таң-тамаша күлүк чабуу менен аяктап, жеңгендерге байгелер берилет. Кытайлар менен калмактар башкалар алган байгелерди тартып алууга аракет жасаганда жалпы салгылаш башталып, ал кыргыздардын жеңиши менен аяктайт.

Эпостун бул эпизодун толук баяндап отурсак, ото эле көп орун алаар эле, анткени саналып өткөн мелдештердин ар бири жөнүндөгү сүрөттөөлөр негизинде өз алдынча баяндын мазмунун түзүп турат. Бул эпизоддун кызыктуу материалы этнограф изилдөөчүгө бай жемиш бере алат.

Башкы каармандын өмүрү кайгылуу болуп бүткөн акыркы эпизод: жарадар болгон Манастын мекенине кайтып келиши, анын өлөөр алдында айткан керээзи, Каныкейдин бейит үстүнө күмбөз салдырганы, Манасты жашыруун көмүү жана Каныкейдин кичинекей Семетей менен Бухарага, атасыныкына качканы сыяктуу окуяларды камтыйт.

Атайын эмгекте[17] биз Манастын сөөгүн көмүүгө байланышкан өтө кызыктуу бир фактыны талдап чыкмакчыбыз. Манастын керээзи боюнча Каныкей Манастын жакын достору менен бирдикте анын сөөгүн күн мурдатан даярдалып коюлган Кара үңкүрдөгү көргө жашыруун түрдө коюшат. Көрдүн оозундагы каалгага Манастын сүрөтү тартылган. Ал эми Манастын тирүүсүндө тургузулган күмбөздө Манаска окшоштурулуп, сүрөтү тартылып, ак кийизге оролгон куурчак көмүлөт. Бул факт, башка бир катар жөрөлгөлөр сыяктуу эле колдо болгон этнографиялык материалдар менен салыштырып көргөндө, бизди байыркы кыргыздардын идеологиясында, калыбы аныктоочу фактор болгон анимисттик идеялардын чөйрөсүнө алып кире алат.

IV

Эң эле дилгирлик менен көңүл коюп мамиле жасоого арзый турган этнографиялык материалдар эпостун жогоруда айтылып өткөн эпизоддорунда гана камтылып турбастан, бир кыйла олуттуу санда көптөгөн башка эпизоддордо да чачынды түрдө орун алган.

Ал баарынан мурда эпосто жетишээрлик түрдө татаал болуп көрүнгөн социалдык мамилелер жагын камтыйт. Бул татаалдык эпостун өзүнүн огеле узак мезгилден бери жашап келе жаткандыгынын шартына байланыштуу келип чыккан, анткени кыргыз коому башынан кечирип келген татаал социалдык-саясий өзгөрүүлөр жана силкинүүлөр эпосто өз изин калтырбай коймок эмес.

Колдо болгон материалдардын негизинде эпостун бүткүл өтмө катарынан өтүп турган негизги социалдык карама-каршы таламдардын кагылышууларынын бири алгачкы жамааттык түзүлүшкө мүнөздүү болгон жамааттык негиздин феодалдык уклад калыптанып жаткан доор үчүн типтүү болгон жаңы коомдук мамилелер менен өз ара күрөшү, өзүнчө бир аскердик-демократиялык түзүлүштүн фонунда жүрүп жаткан күрөш болуп саналат. Биз, албетте, эпосто чагылдырылган социалдык көрүнүштөргө баа берүүдө, эпос бир кыйла толук түрүндө XX кылымда гана жазылып алынганын жана мында манасчынын жеке өзгөчөлүгү чоң роль ойногонун эске алууга тийишпиз. Биздин бул негизги корутундубуздун канчалык туура экендигин андан аркы изилдөөлөр көрсөтөт.

Эпосто кыргыздардын аскер уюмуна, алардын согуштук техникасына жана жалпы эле жоокердик искусствосуна тийиштүү материал өзгөчө кызыгууну туудурат. Тарыхый булактар байыркы кыргыздардын коомдук-саясий турмушунун бул маанилүү тарабын өтө эле жарды чагылдырат. Алардын ичинен В. Радлов «Aus Sibirien» деген эмгегинде келтирген маалыматтар бир кыйла баалуу болуп саналат. Башкы сюжеттик негизи согуштук мүнөздөгү окуялар болуп саналган «Манас» эпосунун материалы кыргыздардын аскердик уюму менен техникасынын көптөгөн белгилерин, атап айтканда, кошунду түзүүнүн системасын жана анын структурасын, аны башкаруу уюмун, согуштун жүрүшүндө

колдонулуучу тактиканы, согуш ыктарын, курал-жарактарды, аскер кийимдери, ок-дары, азык-түлүк менен жабдууну, туткунга түшкөндөргө кандай мамиле жасоону, жоокердик сапаттарды тарбиялоо ыктарын жана д.у.с. калыбына келтирүүгө мүмкүндүк берет. Алсак, мисалы, «Чоң казаттын» сүрөттөлүп айтылышынан биз аскерлердин байыркы моңголдордукуна окшош «түмөнгө», миңдикке, жүздүккө, ондукка бөлүнгөнүн көрөбүз; эпостогу айрым бир белгилер боюнча кыргыз кошундарында өздөрүнүн куралданышы боюнча айырмаланган: жаачылардын, найзачандардын, ай балтачандардын жана башкалардын отряддары болгондугун болжолдоого болот. Чалгындоолорду толук сүрөттөп айтуу «Чоң казат» циклинде бүтүндөй бир эпизоддун мазмунун түзөт. Манастын балалык жана жаштык курагы жөнүндө баяндаган эпизоддон биз жаш жоокерлерди кандайча тарбиялашканы жөнүндө ачык-айкын түшүнүк алабыз. Манас чагым уюштурушкан алты ханды коркутуу үчүн жөнөгөндөгү салтанаттуу жүрүшү жөнүндө баяндаган эпостун эң жаркын барактарынын пайда болушун аныктап билүүгө жардам бере турган кызыктуу фактыны белгилеп кетүү керек. Эпосто сүрөттөлгөндөй, Манастын алды жагында колдорунда бараңдары бар 20 мергенчи, артында — жаачан 20 жоокер, оң капталында — кылыччан 20 жоокер, сол капталында — ай балтачан 20 жоокер, жаачандардын артында — найзачан 40 жоокер бар. Жүрүштү алты «жасоол» баштап, алардын артынан Манастын аты Ак Куланы тизгиндеп жетелеп 12 жигит баратышат. 60 адам Манастын алтын тактысын көтөрүп алышкан, айланада 4000 куландар чубап, 70 кулач «ажыдаар» сойлоп, азуулуу 6 жолборс бара жатат, сыйкырланган зор кара куштарды да алып алышкан...

Жунгар калмактарынын башчысы Хунтайчжы Цэван-Рабтанга элчиликке барган учурда капитан Унковский[18] 1723-жылы январда калмактардын жаңы жылы «Цаган Сарага» (ак ай) байланыштуу уюштурулган диний жүрүштү көргөн. Талаага тигилген чоң чатырды карай элдин коштоосу менен ламалардын тобу бара жатышат. Алды жакта чоң алты туу көтөргөндөр, алардын артында музыкалык аспаптары (кернейлери, даптары ж.б. ) бар, кызыл жана сары чепкен кийишкен ламалар кетип баратышат. Аамалардын эки жак капталынын ар биринде соот жана туулга кийген, найзачан жана кылыччан 20 киши, соот-чарайна, туулга кийинген, жазайыл жана кылычы бар 15 киши жүрүштү башынан аягына чейин калкалап кетип баратышат». Эки жагында бирден атчан «дархан зүрүктү» (кеңешчи) бара жатат, алардын ар биринин артында экиден жөө кызматчысы бар. Жыл сайын буряттар менен моңголдор өткөрүүчү үрп-адаттардын графикалык сүрөтү болуп саналган «Йүсүн-сульде» деп аталган ламалык иконада ак боз ат минген чоң атчан адамдан башка (анын үстү жагында калкып учуп бараткан шумкардын сүрөтү бар) да, 8 атчан адамдын, үй жаныбарлары менен жапайы жырткычтар — арстан менен жолборстордун сүрөттөрү жайгаштырылган. Атчан адамдын үстү жагында «булуттуу ажыдаарды сайып өлтүрүп жаткан» будда кудайы Очирванинин сүрөтү да тартылган. Ырым-жырымдар аткарылып жаткан учурда ак кийимчен 9 жигит үстүнө чарайна, башына темир туулга кийишип, жааларын ийин- дерине асынышып, ак боз аттарга минишет»[19].

«Манастагы» өзгөчөлүү жомоктогудай салтанаттуу жүрүш ламалык ырым-жырымдардын мазмунун берип турганын көрүү кыйын эмес, бул ырым-жырымдар алардын өткөндө жакын канатташ жашап, моңголдор жана калмактар менен карым-катышта болгон кыргыздарга жакшы тааныш болушу мүмкүн.

Эпосто сүрөттөлүп көрсөтүлгөн кыргыздардын жоокерлик турмушу сөз- сүз түрдө атайын изилдөөнүн темасы болууга тийиш[20].

Кыргыздардын үй-бүлө мамилелерин эпос патриархалдык мамилелер катарында мүнөздөйт. Ошондой болсо да, биз үй-бүлө, нике мамилелеринин алда канча байыркы түрлөрүнүн көптөгөн издерин табабыз. Эки-үч гана мисал келтиребиз. Жүрүштүн учурунда Манас, казактардын баатыры Көкчө жана бул экөөнүн энелери боюнча таякеси Эштек баатыр үчөө жолугушуп, кубанычтуу кучакташып көрүшөт. Эштектин уулу Жамгырчы атасынын эки жээни: Манас менен Көкчө үчүн кең-кесири сый тамак берет, жээндер үчүн берилген бул сый тамак этнографиялык булактар боюнча «жээн табак» деп аталган өзгөчө сый тамак экени бизге да белгилүү. Алмамбеттин өз өмүрү жөнүндөгү аңгемесинде Алмамбеттин Көкчө менен болгон чатагы жана Алмамбеттин кетиши айтылат. Көкчөнүн аялы Акеркеч ага төмөнкү сөздөр менен кайрылат:

Жээниң[21] да жок, тайың[22] жок,
Жердеп турар жайың жок.
Баш калкалар байың жок,
Батып турар жайың жок.
...Бөлөктү койдум, бөлөң [23] жок,
Эңкейип кетсең жөлөк жок,
Кай жерде болор турагың? [24]

Манас өлөөр алдындагы керээзинде: Семетей 12 жашка чыкмайынча сенин агаң Ысмайыл тарбиялаcын, ал ата-энесинин ким экенин да билбесин» деп Каныкейге табыштайт.

Бул мисалдар эпостун каармандарынын үй-бүлөгө карата көз караштарында эне жагынан болгон тууганчылык жана авункулатка жандуу жана чоң маани берилгенин ачык-айкын далилдеп турат.

Айрым бир деталдар кыргыз коомунда орун алган адамдардын жашы жана жынысы боюнча бөлүнөөрүн көрсөтөт. Эпостун айрым эпизоддорунда, атап айтканда, Каркыра өрөөнүнө көчкөндөгү көрүнүштүн сүрөттөлүшүндө адамдар жаш курактары боюнча так бөлүнөт: кыздар, келиндер, аялдар, кемпирлер, андан ары — балдар, өспүрүмдөр, жигиттер, аксакалдар жана д.у.с.

...Кылтыңдаган кыздарга
Кызыл чапан кийгизип,
Боз жоргодон мингизип,
Кош коңгуроо илгизип,
Келинге кете кийгизип
Сур жоргону мингизип,
Аялдар камка кийишип,
Кара жорго минишип,
...Байбичелер сый көрүп,
жегендери куймулчак

Дагы бир башка жерде:

Өспүрүм алсын Урум мылтыгын...
Уландар алсын бараңды[25]. *

Жаштардын үйүрлөшүп, жамаатташ болуп, баш кошуп жүргөнү Манастын жаштык курагы жөнүндөгү эпизоддо жакшы байкалат. Бардык маанилүү

* Орусчадан кыргызчага которгон — С. Мамбеталиев.

учурларда Манас, атасы Жакып жана башка баатырлар кеңешке карыяларды — «ак сакалдарды» чакырышат.

Ушуга эле окшош көрүнүштүн издерин биз калмактардын «Жангариадасынан» жолуктурабыз:

Сан жетпеген балбандар
Алты миң он эки баатыр дагы бар
Жети катар тизилип тегерете турду дейт.
Ак сакалдар бир бөлөк
Каз-катар болуп турду дейт.
Байбичелер нур жүздүү
Бир тегерек курду дейт.
Ак жүздүү, назик айымдар,
Сап-сап болуп тизилип,
Жазгы бышкан мөмөдөй
Кыздар турду кылтылдап[26] [*]

Эпосту андан ары тереңирээк изилдөө азырынча үзүндү-кесинди түрдө гана көрүнгөндөр канчалык олуттуу жана туруктуу социалдык көрүнүш болгондугун аныктоого мүмкүндүк берет.

Алгачкы жамааттык коомдук мамилелер менен же анын ыдыроо этабы менен байланыштуу болгон көрүнүштөрдүн арасында, эпосто аталык (Манасты койчуга жардамчы кылып беришет), боордошуу жана асырап алуу сыяктуу каада-салттар да өз чагылышын тапкан.

Исламды кабыл алып Алмамбет казактын баатыры Көкчөнүн бир тууганы (боордошу) болуп калат. Ал алдына коюлган таш чөйчөктөгү чайды ичет да экөө кучакташып, ант беришип, дос, боордош болуп калышат. Көкчө мындай дейт:

Кан-жаныбыз бир болгон
Боорум болгун кыйышпас!
Жалгыз тонун чечип берген үстүнөн,
Досум болгун кыйышпас![**]

Ушундан улам, Көкчөнүн зайыбы Акеркеч Алмамбетке кайрылганда аны: «О кайним...» дейт.

Алмамбет Манастын да бир тууганы болуп калат. Бул Манастын ата-энеси Жакып менен Чыйырды тарабынан аны асырап алуу жөрөлгөсү аркылуу бекемделет. Карыган Чыйырды отуз жашка барып калган Манаска бир эмчегин, Алмамбетке экинчи эмчегин берет. Кереметтүү окуя болот, Чыйырдынын эмчегинен сүт чыгат. Ошентип, Алмамбет Манастын эмчектеш бир тууганы болуп калат. Ушуга окшогон ырым-жырымдар байыркы антик элдеринде да белгилүү болгон, ал эми Кавказ элдеринде акыркы мезгилге чейин баланы асырап алуу жөрөлгөсү эмчекти символикалуу түрдө гана соруу менен, б.а. , эмчектеш тууган болуу ырымы менен коштолгон.

Ингуштарда асырап алып жаткан аялдын эмчегине эринин же колун тийгизүү талап кылынат, гурийлерде чыны менен эле эмчекти сорушат жана д.у.с.

Акырында эпос патриархалдык кулчулук институтун да өзүндө чагылдырган, мындай кулчулук кыргыздарда XIX кылымга чейин сакталып келген.

«Манаста» камтылып турган көптөгөн жана ар түрдүү материалдар кыргыздардын диний түшүнүктөрү менен дүйнөгө көз караштарын мүнөздөйт.

---

[*] Орусчадан которгон С. Мамбеталиев.
[**] Орусчадан которгон С. Мамбеталиев.

Мында магиялык-анимисттик түшүнүктөр жана шамандык культ менен катар мифологиялык сюжеттерди да табабыз, эпосто ислам идеологиясы да кеңири орун алганын жана буддизмден кабыл алынган ырым-жырымдардын да белгилери байкалып турганын айтпай эле коёлу. Мына ушул диний-культ көрүнүштөрүнүн арасында түш көрүү кеңири орунду ээлейт, ал түштөр көпчүлүгүндө келечек жөнүндө алдын ала айтуу ыктарынын бири болгон аян катарында каралат (мындан башка да койдун далысына карап бал ачуу, 41 таш менен төлгө тартуу да эскерилет, сыйкырчы, дубакөйлөргө — «аярларга» чоң роль ыйгарылат жана д.у.с.).

«Манаста» сүрөттөлүп айтылган ушундай түштөрдөн бир нече мисал келтиребиз.

Манас Алмамбет келээрден мурда түш көрөт. Ал атчан кетип баратып жолдо жаткан кылычты көрөт, ал ташты боорду кескендей кескен курч кылыч экен. Андан кийин кылыч жолборско айланып, Манасты ээрчип жөнөйт. Ал бакырганда бардык жапайы айбандар Манастын алдына келишип, жүгүнүшөт. Андан кийин жолборс шумкар болуп кубулуп, асманга атып чыгат. Анын шаңшыганынан улам бүткүл канаттуулар Манаска учуп келишип, жүгүнүшөт. Шумкар Манастын колуна келип конгондо ал ойгонуп кетет. Түш жоруган адам анын кайраты жана өткүрлүгү кылычтай, айбаты жолборстой, алгырлыгы шумкардай Алмамбет деген баатыр бар экенин айтат. Кытай менен согуш болгон түнү баатырлар: Алмамбет, Сыргак жана Чубак каза таап, Манастын Ак Куласы майып болгондо Таласта калган Каныкей коркунучтуу түш көрөт:

Тултук мүйүз көк бука
Туу түбүндө кыйкырат,
Султаным Алмам өлгөн бейм?
Карга айдаган ак шумкар
Канаты жок калыптыр,
Кан Балтанын Чубагы
Бир кордукту көргөнбү?
Узун бойлуу чынары
Кыбыла көздөй сулаптыр,
Кымбатым Сыргак өлгөнбү?
...Султаным (Манас) отурган алтын так
Бир буту сынып калыптыр,
Көк жалымдын[27] бууданы гана бир окко учканбы?[28]

Эпостогу түш көрүүлөрдүн ролун манасчынын айтуучулук шыгынын пайда болушун түшүндүрүүдө түшкө ыйгарылып жүргөн роль менен байланыштырбай коюуга болбойт. Манасчылардын көпчүлүгү түшүндө Манастын өзү, кээде анын жан-жөкөрлөрүнүн бири же анын уулу Семетей келгенин, алардын ага Манасты даңазалап, мактап ырдагын деген буйругунан кийин «Манас» айта баштаганын эскеришет. К. Рахматуллин манасчылардын өзүнүн шыгына табияттан тышкаркы күчтөрдүн жардамы менен ээ болгону жөнүндөгү салт болуп калган түшүндүрүүлөрүн шамандардын өз жөндөмдүүлүктөрүн духтардын жардамы аркылуу алгандыгы менен адилеттүү салыштырат. Манасчылар үчүн да, шамандар үчүн да мүнөздүү болгон бул көрүнүштү К. Рахматуллиндин оңтойлуу салыштырганы өзгөчө ишенимдүү чыгып отурат, анткени, айрым манасчылар, мисалы Келдибек менен Сагымбай, шамандар сыяктуу эле, дарымчылардын милдетин да аткарышкан.

«Манас» эпосунда адамдардын түшүндө гана эмес, өңүндө да ар түрдүү сыйкырлуу кубулуп кетүүлөр жана кереметтүү окуялар болуп турат. Алмамбет кытай жана калмактар менен салгылашып жаткан түнү Самарканда турган Манас уктай албай чыгат. Анын денеси бирде көгөрүп, бирде кызарып, атынан тер шорголоп агып, алсырап, өзүнүн үстүндөгү «ак күбөсү» кырк жеринен сөгүлүп, Ач албарс кылычы кындан чыгып, мизинен кан агат, мылтыгы Ак келтенин милтеси түтөп, чоң атасы Ногойдон мураска калган кызыл туу согуштагыдай жогору көтөрүлүп, желбирейт. Бул түштү Бакай Манаска төмөнкүчө түшүндүрөт: «Биздин духтарыбыз салгылашканда дайыма ушундай болот». Ушундай эле «кереметтер» Көкчө менен Кошойдун да башынан өтөт.

Жаратылыштын күчтөрү менен ар түрдүү элементтерине жан киргизгендей, адамдын духу бар деген түшүнүк эпосто көп кезиге турган көрүнүш. Алтай жомогу «Кан Төлөдө» анын каарманы жер-энеге кайрылып:

Менин кызыл канымды төктүрбө,
Назик жанымды бүлдүртпө! —

деп айтканы сыяктуу, «Манаста» Төштүк кутумчу-хандарга кайрылып мындай дейт:

...Ал (Манас — С. А.) силердин жаныңарды суурусун, каныңарды шимирсин.

Асмандан кара мөндүр, катуу шамал түшүп келди!

Радлов тарабынан жазылып алынган эпостук поэма «Эр Төштүктө» биз төмөнкүдөй саптарды окуйбуз:

Шамал Элеманга мындай дейт:
Сен малга тойбос болдуңбу?
Сен данга тойбос болдуңбу?
Сенин ач көздүгүң артыптыр
Курмандык чалып, мал сойгун
Кудайга тобо келтиргин[29] *.

Ушундай эле жол менен биз «Манастан» байыркы диний түшүнүктөр менен байланыштуу болгон партеногенез (Манастын жана Алмамбеттин кереметтүү жол менен энелеринин боюна бүтүшү), өсүмдүктөрдүн культу, ата-бабалардын культу жана д.у.с. башка мотивдерди да табабыз. Ушуга окшогон бир катар кубулуштар исламдашкан диний түшүнүктөрдүн катмарларын кылдаттык менен аңтарып көргөндө да табылышы мүмкүн экенин белгилеп кетүү өтө маанилүү.

Алмамбеттин бойго бүтүшү жөнүндөгү эпостук баян дал ушул мүнөздөгү баян болуп саналат, ал баянда Алмамбеттин энеси Алтынайга түшүндө пери тектүү боз уландын келгени, андан Алмамбеттин бойго бүткөнү айтылат. Бул боз улан эпосто Хурдун уулу деп аталат, бул термин адатта «periште» деген сөз менен которулат, бирок анын тагыраак мааниси кыргыз тилинде «бейиш кызы» (гурия — «хур кызы»)[30] дегенди билдирет. Бул терминди түшүндүрүүдөгү так эместик бизди термин кандайдыр-бир башка мазмунду билдирсе керек деген ойго алып келди. С. П. Толстов өзүнүн «XI кылымдын башы чендеги хорезмдик христиандардын жаңы жылдык «Каландас» майрамы»[31] деген макаласында Хорезм падышасынын бир тууганы Хурзаддын (Хурразад) ысмынын, же тагыраак айтканда, анын титулунун байыркы орто-азиялык-ирандык падышалык титул Вау-риг — «кудайдын (күндүн) уулу» менен этимологиялык жактан дал келет деген пикири бизге бул жерде хур деген термин «күн» деген эле түшүнүктү берсе

---

* Орусчадан которгон С. Мамбеталиев.

керек деген божомолду айтууга мүмкүндүк берет. Эгер ушундай болсо анда биз Алмамбеттен да теңирдин — күндүн уулун көрө алаар элек (бул төмөндө келтирилген салыштырма материалдар менен да ырасталып турат).

Учурдан пайдаланып, биз Беллью менен Р. Шанын эмгектеринде[32] айрым бир жерлери Алмамбеттин тарыхын жана «Манастын» айрым башка эпизоддорун өтө жакын элестеткен сюжеттерге туш болгонубузду белгилеп кетебиз. Беллью өзүнүн күндөлүгүндө (247, 248-6.6.) XI к. жазылып, фарсы тилиндеги түп нускасынан түрк тилине которулган «Тазкира Бахра-Хан» деген мусулмандык чыгармадан алынган аңгемени келтирет. Бул аңгемеде хандын кызы Аланора Туркандын тарыхы баяндалат. Ал түнкүсүн намаз окуп отурганда жанына Жебирейил periште келип, анын оозуна бир тамчы нур тамызып[33], көздөн кайым болот. Андан бир нече ай өткөндөн кийин ал бет алдына келе калган жолборстон коркуп, эси ооп жатып калат (кош бойлуу Чыйырдынын жолборстун жүрөгүн жегени менен салыштырып көргүлө), ал эми бир нече айдан кийин ал уул төрөйт. Кыздын атасынын катуу ачуусу келип, кызынын жүрүш-турушун иликтөө үчүн төрөлөрү, акылмандары, эшен- молдолоруна чогулууга буйрук берет. «Манас» эпосунда да Алтынайдын (Алмамбеттин энеси) күйөөсү Азиз хан анын боюна бүткөнүнөн шек санап, эсепчи, катчыларын, төлгөчү-балчыларын чакырып, айы-күнүн эсептеп көргөндөн кийин Алмамбетти өзүмдүн уулум деп эсептейт. Аланоранын уулу 5 жашында мектепке барып, 6 айда эле бардык жашыруун сырдуу жана жашыруун эмес билимдерди өздөштүрүп алат. Алмамбет болсо 6 жашында сыйкырчылыктын жашыруун сырларын окуп-үйрөнүү үчүн 60 баштуу ажыдаарга жиберилет. Андан ары Беллью атасы өлгөндөн кийин атасынын иниси Гарун Бахра-хандын колунда калган Саток Бахра-хандын тарыхын баяндайт. Саток 12 жаш курагында исламды жайылтуу үчүн Бухарадан Кашкарга келген «Абу Назар Саманиден ислам динин кабыл алат». Сатоктун Абу Назар менен жолугушун жана анын ислам динин кабыл алганын сүрөттөп жазган эпизоддун мазмуну жогоруда эскерилген Манастын Айкожо карыя менен жолукканын жана анын исламды кабыл алганын сүрөттөгөн эпизод менен жалпылыгы бар. «Манастын» персонаждарынын арасында да Абу-Насыр деген адам бар. Андан ары Саток өзүнүн агасы, бутпарас Гарун менен кармашып, аны өлтүрөт. Бул мотив Алмамбеттин мусулман болуудан баш тарткан атасын өлтүргөндөгү мотив менен окшош. Р. Ша (246, 247-6.6.) бутпарас падышанын уулу, «Багдаддан келген миссионер Абдул-Насар Самани тарабынан чыныгы динге өткөрүлгөн» Хазрат Султан падыша жөнүндө укканын жазат. Ак сөөк жаш жигиттерден кошуун курап алып, Хазрат Султан атасына келип, аны исламды кабыл алууга буйрук берет. Ал баш тартат. Атасын кармап алышып, тикесинен тик кылып бир жерге кармап турганда аны жер соро баштайт, акыры ал жерге кирип жок болот. Беллью тарабынан баяндалган аңгеменин бул варианты да «Манаста» айтылган мотивге окшош келет.

Биз белгилеп кеткен окшоштуктар, албетте, кокустук эмес. Алар «Манас» айтуучулар тарабынан эпостун жаралышынын кайсы бир учурунда эзелтеден бери эле Чыгыш Түркстанда, демек, кыргыздардын да арасында жайылып, айтылып келген байыркы мусулман легендаларын (алардын ичинде Огуз каган жөнүндө да) пайдаланышып, аларды чыгармачылык менен кайра иштеп чыгышканын далилдеп турат.

Дагы бир маанилүү маселеге — мифологиялык сюжеттерге токтолобуз. Алар жин-шайтандар жана перилер жөнүндөгү жомоктордо жана Манастын Мекеге жасаган саякатында бир кыйла ачыгыраак көрүнөт.

Жин-шайтандар жана перилер жөнүндөгү айтылгандарда Манас ууга жиберген 600 мергенчи 700 архар менен кулжаны атып алышып келе жатышканда жолдо жалгыз көздүү дөөнү жолуктурушат. Дөө 400 мергенчини бирден кармап алып, үңкүргө ыргыта баштайт. Мергенчилердин бири — Куту мерген дөөнү көзгө атып өлтүрөт да, үңкүрдө 2 жылдан 7 жылга чейин кишенделип, камалып жаткан 92 туткунду бошотот. Алардын бири саякаттап жүрүп, аялдары өтө сулуу болгон, эркектери итке окшогон «итаалы» деген өлкөгө келгенин айтат. Кыргыздардын ишенимдеринде дөөлөр жөнүндөгү мифтердин бар экендиги Ф. Поярковдун[34] макаласында эскерилет, макалада «жалгыз көздүү желмогуз» жөнүндө легенда келтирилет. Андан биз дөө жөнүндөгү мифтин «жез тырмак» же «жез тумшук» деп аталган адамга окшош жандар жөнүндөгү легенданын кызыктуу контаминациясын байкайбыз. Мында жалгыз көздүү дөө жөнүндөгү мифтин бардык негизги элементтери 1990-жылы Арал деңизинин жээгинен А. С. Берг[35] тарабынан жазылып алынган дөө жөнүндөгү казактардын жомогу менен, ошондой эле Европада, Кавказ, Орто Азия элдеринин арасында, Алтайда[36] жана башка жерлерде ар түрдүү варианттарда жолугуп жүргөн Полифем жөнүндөгү гомердик жомок менен дал келип турат. Дөө жөнүндөгү мифтин «жез тырмак» жөнүндөгү легенда менен бир жомокто кошулуп айтылышын биз казактардан да учуратабыз, аны М. Миропиев[37] жазып алган. Адатта, дөөлөр жөнүндөгү мындай мифтин пайда болушун европалык элдердин фолыслору аркылуу тараган деп эсептелип жүрөт. Ошентсе да, калыбы, мифологиялык сюжеттер башка жолдор менен да келиши мүмкүн. Н. Я. Никифоров чогулткан алтайлыктардын[38] жомокторунун жыйнагында жалгыз көздүү киши жегич жөнүндө жомокту келтирет, анын биринчи бөлүгү сулуу аялдардын эрлери эркек адамдар — иттер (туура айтканда ит баштуу адамдар) болгон өлкөгө жасалган саякат жөнүндөгү версияны баяндайт, бул версия кыргыздардын эпикалык версиясына жакын. Бул калктын («нохой-эртын») душманы Киргис деп аталган жалгыз көздүү киши жегич болгон. Бул жомок мазмуну боюнча да, аталышы боюнча да (кыргызча «итаалы»), адамдары боюнча да (алтайлыктарча — «нохой — эртын», моңголчо «нохой» — ит) жана алтай жомогундагы киши жегичтин аталышы боюнча да эпостогу кыргыз мотиви менен тыгыз байланышып турат. Белгилеп кете турган нерсе, А. Диваев[39] тарабынан казактардын арасынан «ит-ала-каз» деген куш жөнүндөгү жомок жазылып алынган, ал куштардын жумурткасынан «кумай» деп аталган тайгандар пайда болот экен. «Кумай» деген жору куш өзүнүн жумурткасынан күчүктөрдү басып чыгара тургандыгы жөнүндөгү ушундай легенданы биз кыргыздардын арасынан да уктук. Эч кандай жырткыч качып кутула албай турган легендарлуу «кумайык» ит, кыргыздардын көз карашы боюнча, иттердин «төрөсү (колдоочусубу, түпкү атасыбы?) болгон. Кытайдын биздин замандын V—VII кылымдарына таандык жылнаама булактарында чыгыштагы бөлөк элдер жөнүндөгү баянында Фусань (Ортоңку падышачылыктан чыгыш тарапта) падышалыгынан 1000 ли аралыкта турган аялдар падышачылыгы сүрөттөлөт. Ал аялдардын денелери ак, таза, бирок жүндүү келип, эмчектери жок болот. Эркек балдарды төрөшөт. Дарыянын суусуна чөмүлүп чыкса эле бойлоруна бүтүп калат. Ошол эле жерде мындай деп баяндалат: 506-жылы Пху-ань аймагынын бир тургуну шамал учуруп кетип, бир аралга түшүп калат. Ал көргөн эркектердин денеси адамдыкындай, башы иттикиндей болот. Үндөрү иттин үргөнүнө окшошот[40]. Ушуга эң эле жакын сюжетти биз Плано Карпининин «Монгалдардын тарыхы» (которгон А. И. Малеин) деген эмгегинен табабыз[41]. Чөл аркылуу

кайтып келе жатышып, татарлар аяддары адамдарга, эркектери итке окшош өлкөгө туш келишет.

Ошентип, орто кылымдарда кеңири тараган жана моңголдордо кезиккен, ал эми биздин күндөрдө алтайлыктар менен кыргыздарда кезиккен бул фольклордук мотив эң эле байыркы замандарда жаралганы шек туудурбайт, ал бир жагынан, сыягы, Грецияда («Алтын жүн» деген мифте аргонавттардын ит баштуулар менен жолукканы), ал эми, экинчи жагынан, Ыраакы Чыгышта пайда болсо керек. Бул мотив кыргыз эпосуна алда качан эле кирген болушу мүмкүн; ал эми анын ыраакы чыгыштык мифтик чыгармачылык менен байланышы толук ыктымал деп эсептелсе болот.

Биз «Манас» эпосунда кезиктирген жана бул эмгекте аларга толук мүнөздөмө берүүгө мүмкүнчүлүк болбогон этнографиялык мүнөздөгү ар түрдүү элементтердин арасында эпостун көп сандаган каармандарынын энчилүү ысымдары, топонимика жана этнонимика боюнча көп сандагы маалыматтар бир кыйла орунду ээлеп турат.

«Манастын» ономастика боюнча маалыматтары менен үстүртөн таанышуунун өзү эле бул маалыматтарды кылдаттык менен талдап көргөндө андан ары бир кыйла баалуу корутундуларга алып келиши мүмкүн экенин көрсөтүп турат. Айрым бир мисалдарга токтолуп кетебиз. «Манас» эпосунун башкы каармандарынын бири Коңурбайдын ысымы калмактардын эпосу «Жангардын» эң көрүнүктүү каарманы Хонгордун ысымы менен окшоштугу байкалат. Кыргыз эпосунда Коңурбай кыргыздарга душман, жат, каргашалуу күчтөрдүн өкүлү катарында көрүнсө, калмактардын эпосунда Хонгор Жангардын адилеттүү иши үчүн күрөшкөн оң каарман катарында чыгат. Ысымдары окшош болгон эпостук каармандардын ушундайча карама-каршы сүрөттөлүшү толук табигый нерсе, кыргыздар менен калмактар эпосто гана эмес, тарыхта да көп учурда бири бирине кас мамиледе болуп турушкан. Бул салыштыруудан келип чыга турган өтө маанилүү корутундулар жөнүндө айтпай туруп, өзүнөн өзү талап кылынып турган башка бир салыштырууну келтиребиз. «Манас» эпосундагы калмактын баатыры Жолойдун ысымы менен Сецен же Цецен хан[42] деген ат менен белгилүү болгон (XVI—XVII кк.) моңгол (халхасс) князы Шолойдун ысымы таң калаарлыктай окшош. Ойрот версиясында бизге жеткен Жолой Убашы Хон тайжи жөнүндөгү эпостук Жолой менен тарыхый Шолой бир эле адам болушу ыктымал, анткени өзүнүн тарыхынын белгилүү бир этаптарында кыргыздар моңгол дүйнөсү менен, анын ичинде, балким, Халха менен да жакын алака-катнашта болуп турса керек. «Манастын» эпизоддорунун биринде Чыгыш Түркстандын 11 шаарынын бири Дагалактын башчысы Курмус-ша деген хан кезигет. Бул ысым, биздин пикирибиз боюнча, буддалык-шамандык мифологиядагы теңир Хормустун (Индранын) ысымынын эле өзү болуп саналат. Эгерде буга моңгол фольклорундагы Когутейдин (шамандык пантеондогу кудай) ысымына окшогон, Манастын жан-жөкөрү Көкөтөй хандын ысымын кошо турган болсок, анда бизге «Манаста» белгилүү бир башка катмардын бар экени ачык болот, бул катмар кыргыздардын арасында буддизмдин моңголдук түрүндөгү ишенимдеринин орун алгандыгынан улам пайда болушу толук ыктымал.

Эпостун каармандарынын энчилүү ысымдарынын топонимиканын (географиялык аталыштардын) маалыматтары менен дал келип турганы өтө кызыктуу, мында географиялык аталыштар көбүрөөк санда Чыгыш Түркстандын аймагында жолугат. Бул аймактан биз Манастын ысымы менен аталган шаарды жана дарыяны тапканыбызды айтпай эле коёлук; ушул эле аймакта эпостук

баатыр Оронгонун ысымына окшош Урунгу дарыясын, Хотан оазисинде Малгун деген кыштакты табабыз (Малгун — «Манастагы» жалгыз көздүү дөө) жана д.у.с.

«Манаста» өз чагылышын тапкан топонимиканы, жалпы эле кыргыздардын географиялык тааным-билимдерин сын көз менен карап изилдеп-үйрөнүү изилдөөлөр үчүн өз алдынча тема болуп калышы мүмкүн, бул этнограф үчүн да көптөгөн кызыктуу нерселерди бере алмакчы.

Ал эми «Манаста» камтылып турган этнонимика боюнча бай материалдарга келе турган болсок, аларды изилдеп-үйрөнүү кыргыздардын этногенезинин айрым бир маселелерин чечүүгө жана кээ бир башка проблемаларды баяндап, түшүндүрүүгө жардам бере алаары шексиз.

V

«Манас» эпосу башка эпостук чыгармалардын катарында кандай орунду ээлеп турат жана этнографиялык маалыматтар боюнча баа бергенде «Манас» өзүндөгү камтылып турган сюжеттери жана бүткүл колоритинин жалпылыгы боюнча алардын кайсынысы менен өзгөчө жакын деген табигый суроо туулат.

Академик С. К. Козин тарабынан бизге сүймөнчүлүк менен берилген белгилүү моңгол таануучу В. Л. Котвичтин академик В. М. Алексеевге жиберилип, СССРде монгол адабиятынын эстеликтерин басып чыгаруу маселелесине арналган катынын көчүрмөсүндө бизди кызыктырган маселе боюнча өтө баалуу жана көрөгөчтүк менен айтылган ой-пикирлер камтылып турат. С. А. Козиндин моңголдордогу «Ыйык сыр баяны», «Жангариада» жана «Гесериада» сыяктуу адабий чыгармалардын тыгыз байланышы жөнүндөгү изилдөөлөрү «Евразиянын чексиз талаа мейкиндиктериндеги бардык көчмөн элдердин чыгармачылыгы жагында дагы алда канча кеңирирээк изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн түрткү бере алаарын» белгилеп, В. Л. Котвич мындай деп жазат: «Бул мейкиндиктерде бийликти улам бири экинчисинен ырааттуулук менен алып турган көчмөн элдер өздөрүнөн кийин алардын бүткүл тышкы тарыхы жана элдик духунун умтулуулары чагылдырылып турган бир катар эң көрүнүктүү чыгармаларды калтырышкан. Алсак, VIII кылымдын түрктөрү Монголиянын таш эстеликтеринде өздөрүнүн баатырдык иш-аракеттери жөнүндөгү баяндарды жазып калтырышкан; алардын ордун баскан уйгурлардан ушул убакка чейин Огуз каган жөнүндөгү поэма сакталып турат; алардын мурасчылары кыргыздар Манас баатыр, анын уулу жана небереси жөнүндө дүйнөдө эң зор эпопеяны түзүп, элдин эсинде сактап келе жатышат; акырында, моңголдор өздөрүнүн өткөндөгү улуу заманынын үч баскычын чагылдырган баатырдык үчилтикти жаратышты. Эгерде бардык ушул элдердин иш-аракеттеринин ортосунда хронологиялык жактан биринен бирине өтүп туруучулук гана орун алып турбастан, ошондой эле азыр жетишээрлик түрдө аныкталгандай, алардын саясий, социалдык-экономикалык, административдик жана маданий турмуш мекемелеринде да тыгыз байланыштар болуп турган болсо, анда аларда жалпы адабий традициялар да орун алып турган деп болжолдоо толук табигый нерсе болоор эле». Чындыгында да моңгол эпосунун жогоруда эскерилген эстелик- тери менен таанышып чыгуу бизди кыргыздын «Манас» эпосу аларга өзүнүн айрым бир композициялык-структуралык белгилери боюнча да, айрым бир эпизоддорду баяндап түшүндүрүүсү боюнча да, эпостук баатырлардын образдарын сүрөттөө манерасы боюнча да жана да бир катар нукура адабий ыкмалар (эпитеттер, салыштыруулар ж.б. ) боюнча да, көптөгөн этнографиялык сюжеттери менен деталдары боюнча да жакын турат, мына ошондуктан ал моңголойрот эпосу,

ошондой эле Саян-Алтай тоолорун мекендешкен элдердин эпосу менен эң тыгыз байланышта каралып, изилдеп-үйрөнүлүүгө тийиш.

Ушул азыр да байкалып отурган жалпы фольклордук жана этнографиялык сюжеттер гана эмес, ошондой эле кыргыз элинин этностук, тарыхый жана маданий байланыштары да бизди дал ошол Монголияга, Тувага, Алтайга, Минуса талааларына жана Синьцзянга алып барат. Ушул жол менен жүрүп отуруп, этнограф, этнографиялык булактар катарында эпостук материалдарга ээ болууда алда канча жемиштүү натыйжаларга жетише алат деп ойлойбуз. Бирок, жогоруда айтылгандардан кыргыз эпосу менен Орто Азия элдеринин жана Казакстандын эпосторунун ортосундагы болуп келген жана болуп жаткан олуттуу жана тыгыз байланыштарды этибарга албай коюуга болот деген корутунду чыгаруу туура эмес болоор эле. Тескерисинче, кыргыз эпосунун катыштарынын тигил да, бул да багыттарын изилдеп-үйрөнүүнүн дал өзү этнографка «Манас» эпосундагы эң маанилүү этнографиялык сюжеттердин пайда болушунун негизги жолдорун туура жана толугураак ачып көрсөтүүгө жардам бере алмакчы.

VI

Биз «Манас» эпосундагы этнографиялык сюжеттерге мүнөздөмө берүүгө аракеттендик. Эпостук чыгармачылыктын бул эң баалуу эстелиги менен таанышып чыккандан кийин жалпы мүнөздөгү кандай корутунду чыгарууга болот?

Биз «Манастагы» этнографиялык сюжеттерди изилдеп-үйрөнүү илимий турмушка илим үчүн өз алдынча кызыкчылыгы бар болгон жаңы этнографиялык материалдарды киргизүүгө мүмкүнчүлүк берүүгө тийиш деп ойлойбуз. Эпосто камтылып турган этнографиялык материал кыргыздарды этнографиялык жактан иликтеп билүү үчүн баалуу кошумча маалыматтарды бере алаары айдан ачык, анткени элдин турмуш-тиричилигинин көптөгөн көрүнүштөрү алда качан жоголуп бүткөн, ал эми колдо болгон адабият текшерилген фактыларга өтө жарды. Эпостогу этнографиялык сюжеттерди изилдөөнүн салыштырма этнографиялык усулун пайдалануу менен талдап чыгуу кыргыз элинин маданий турмушунун тарыхынын көптөгөн маанилүү жактарын жана анын коңшу элдер менен өз ара мамилелерин ачып көрсөтүүгө жардам берет.

Жогоруда айтылгандардын бардыгы кыргыз маданиятынын эң сонун эстелиги болгон «Манас» эпосун өздөштүрүү жана изилдөө маселесин Кыргызстанда этнографиялык илимдин эң маанилүү милдеттеринин бири катарында күн тартибине коюуга бизге мүмкүндүк берет.

Баарыдан мурда эпосто камтылып турган этнографиялык материалдарды табуу жана аларды бир системага келтирүү максатында эпостун ар түрдүү варианттарынын тексттерин изилдөө боюнча чоң жана чымырканган иш жүргүзүлүүгө тийиш. Бул материалдар бир системага келтирилгенден кийин, андан ары салыштырылып, этнографиялык талдоого алынып, Түштүк Сибирдин, Борбордук жана Орто Азия элдерине таандык болгон фольклордук-этнографиялык маалыматтар менен салыштырылууга тийиш. Эпостон алынып (бирок эпостон ажыратылбай туруп карала турган), ушундай жол менен талдоо жүргүзүлө турган этнографиялык материалдар башка тарыхый, этнографиялык жана филологиялык мүнөздөгү булактар жана изилдөөлөр менен бирдикте кыргыз маданияты өзүнүн өнүгүш жолунда басып өткөн этаптарды реконструкциялоо сыяктуу маанилүү маданий жана саясий маселелерди чечүүгө кызмат кылат.

# КЫТАЙ ЭЛ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СИНЬЦЗЯН-УЙГУР АВТОНОМДУУ ОБЛУСУНУН

## *КЫРГЫЗ КАЛКЫ*

СССР Илимдер академиясынын Этнография институту СССР ИАнын Кыргыз филиалынын Тил, адабият жана тарых институту жана Улуттук маданият музейи[1] менен бирдикте 1947-жылы Кыргыз ССРинин Ош облусундагы Ноокат районуна барууну уюштурган болучу[2]. Бул райондо бир аз убакыт бою ошол кездеги гоминдандык Кытайдын коңшу Синьцзян провинциясынан көчүп келишкен «келгиндер» деп аталгандардын бир нече тобу жашап турган. Гоминданчылардын террорчулугунан жандарын ала качышып, бул топтор СССРдин территориясына өзүлөрүнүн мал-мүлкү менен кошо көчүп келишкен. Аларга бийик тоолуу Кичи-Алай өрөөнүнө жана ага туташ жаткан Кош-Мойнок деген анча чоң эмес жана ошол эле Кичи-Алайдын түндүгүндө жайгашкан канатташ Чогом өрөөнүнө отурукташууга мүмкүндүк берилген болучу.

Көчүп келгендердин бир бөлүгү 30-жылдардын башы ченден тартып Синьцзяндын территориясында убактылуу жашап турушкан Ош облусунун мурдагы тургундары, калган бөлүгү (40 тай кожолугу) Синьцзяндын Кашкар округунун түпкүлүктүү тургундарынан болушкан.

Ноокатка барып келүүнүн натыйжасында көчүп келгендердин өзүлөрүнүн жана алардын Синьцзянда жашап турушкан тууган-уруктарынын турмуш-тиричилигинин айрым бир жактарын мүнөздөй турган кээ бир маалыматтар, ошондой эле, Синьцзяндын түштүк бөлүгүнүн кыргыз калкынын урук-уруу курамы жана алардын орун алып жашап турган жерлери жөнүндө даректер чогултулду. Мындан башка да Улуттук маданият музейинин тапшыруусу боюнча изилденген топтордун материалдык маданиятына жана көркөм искусствосуна таандык болгон 90 го жакын буюмдар кошо алынып келинди[3].

1953-жылы СССР ИАнын Кыргыз комплекстүү экспедициясынын этнографиялык отряды менен СССР ИАнын Кыргыз филиалы Синьцзян провинциясынын түндүк бөлүгүнөн чыккан кыргыздардын тобун изилдешкен болучу[4]. Бул топ Кытайда элдик бийликтин орноор алдында СССРдин территориясына көчүп келишип, Кыргыз ССРинин Тянь-Шань облусундагы Чолпон районунун территориясында жашап турушкан. Бул топтун көпчүлүк бөлүгү «Коммунизм» колхозуна өтүшкөн. Кыска мөөнөттө жүргүзүлгөн изилдөөнүн учурунда алардын үйлөрү, үй буюмдары, кийим-кечектери, тамак-аштары жана эмеректери сүрөттөлүп жазылып, Синьцзяндын түндүк бөлүгүндөгү кыргыздардын жашап турган жерлери жана алардын үй-бүлөлүк үрп-адаттары жөнүндө айрым маалыматтар алынды. Синьцзяндын территориясындагы кыргыздардын ар түрдүү топторунун орун алып жайгашып турган жерлери жөнүндөгү ушуга окшогон маалыматтар Кыргыз экспедициясынын кыргыз отрядынын 1953—1955-жылдарда түштүк жана түндүк Кыргызстандын башка райондорундагы изилдөө иштеринин жүрүшүндө да чогултулган.

Бул макала Синьцзяндан келген эки топту изилдөөнүн натыйжаларын, ошондой эле изилдөөлөрдүн учурунда суроо-жооп иретинде алынган маалыматтарды жыйынтыктап, Кытай Эл Республикасынын жакында Синьцзян - Уйгур автономдуу облус болуп кайрадан уюштурулган эң четки батыш

провинциясынын кыргыз калкынын этнографиялык өзгөчөлүктөрү жөнүндө жалпы түшүнүк берүү максатын көздөйт.

### *Саны жана жайгашып турган жери*[5]

Кыргыздар Синьцзян-Уйгур автономдуу облусунда жашап турган 13 улуттун бирин түзөт. Алар Тянь-Шань тоо кыркаларын, Памир-Алай тоо системасын жана жарым-жартылай Куэн-Лунду бойлой жаткан кеңири тоо тилкесинде, ошондой эле, оазистердеги, айрыкча Кашкар менен Жаркент шаарларынын аралыгындагы бир катар айыл-кыштактарда жайгашкан.

Кыргыздар жашап турган территориянын негизги бөлүгү Синьцзяндын түндүктөгү Куча шаарынын меридианынан тартып түштүктөгү Каракаш дарыясына чейинки жарым тегерек сыяктуу аймакты түзгөн түштүк бөлүгүн кучагына алып турат.

Кыргыздар негизинен Синьцзяндын Кашкар (Кашы) жана Ак-Суу округдарында жана аз санда Иле жана Хотан (Хэтянь) округдарында жашап турушат[6]. Кашкар округунда — 40—42 миңге жакын, Ак-Суу округунда 20—25 миңге жакын, Иле округунда 7—7,5 миңге жакын, Хотан округунда — 500 адам бар.

1953-жылы өткөрүлгөн акыркы эл каттоо боюнча КЭРде 71 миң кыргыз бар[7]. Алардын басымдуу көпчүлүгү Синьцзяндын территориясында жашайт.

Акыркы жүз жылда Синьцзяндын кыргыздардын жашаган жерлери чоң өзгөрүүлөргө учурады, бул социалдык-экономикалык себептерден жана баарынан мурда кыргыз калкынын чөйрөсүндө таптык жиктелүүлөрдүн тереңдешинен улам пайда болду. Эмгекчи массалардын жакырданышынын натыйжасында кыргыз кожолуктарынын олуттуу көпчүлүгү мал чарбачылыгынан дыйканчылыкка өтүп, бул өз кезегинде алардын тоолуу райондордон оазистерге келип отурукташышына шарт түздү.

Азыркы учурда дыйканчылык Кашкар менен Жаңы-Гиссар шаарларынын ортосундагы жана жарым-жартылай Жаңы-Гиссардын түштүгү тараптагы жана башка кээ бир жерлердеги уйгурлар менен аралаш жашаган жыйырма айыл-кыштактарда («кент») жашап турган кыргыздардын ири тобунун негизги кесиби болуп саналат. Айрым бир кенттерде кыргыздар эчактан бери эле уйгурлардан айырмаланбай калышкан, алардын тилинде сүйлөшөт; карыялардын арасында гана өзүлөрүнүн ата-теги кыргыз болгондугу жөнүндөгү эскерүүлөр гана сакталып калган (Эгиз-Жар, Жаңы-Жер, Ылай-Булак, Төмөн-Ойлу кенттери). Башка кыштактарда жашап тургандар уйгурлардан бир кыйла даражада үй тиричилик-турмушунун үлгүлөрүн кабыл алганы менен, уйгур тили менен бирге өзүлөрүнүн эне тилин да сактап калышкан. Алардын тоолук кыргыздар менен байланыштары бар, кыз берип, келин алып турушат; үйлөнүү, өлүк көмүү жана башка үй-бүлөлүк үрп-адаттарында, конок күтүүдө кыргыздардын каада-салтын сактап калышкан. Отурукташкан кыргыздардын көбү дыйканчылык менен бирге мал да багышат. Алардын үй-бүлө мүчөлөрү жайкысын өз менчигиндеги малын тоолуу жайыттарга айдап барып багышат. Кыргыздардын

бир кыйла ири топтору Паараш (500 кожолук), Эгиз-Жар (350 кожолук), Жыгач-Аяк (280 кожолук), Кос-Ала жана Беш-Камыш (350 кожолук) жана башка кенттерде жашашат. Баардык отурукташкан кыргыздардын саны 2700 гө жакын кожолукту түзөт[8].

Синьцзяндын кыргыз калкынын негизги массасынын арасында илгерки урук-уруу тузүлүшу жөнүндөгү түшүнүк ушул күнгө чейин унутулган эмес жана урууга

жана уруктарга бөлүнүү сакталып калган[9]. Кашкар оазисинде жашап турган топтордун эң ириси кыпчак тобу болуп саналат. Отурукташкан кыргыз калкынын көпчүлүгү жана Кашкар шаарынын батыш тарабындагы Айыгарт, Арча-Бел, Чимген, Бостон-Терек деген тоолуу конуштарда жана Жаңы-Гиссар шаарынын түштүк тарабындагы Чумбус, Кең-Кол, Чаарлын, Ордолун, Кароол, Гыжек жана башка конуштарда жашаган көчмөн жана жарым көчмөн калктын ичинен 750 кожолук кыпчактарга таандык[10]. Андан кийинки ири топ наймандар (700 кожолукка жакын) болуп саналат. Наймандардын негизги бөлүгү Жаңы-Гиссар шаарынын түштүгүндөгү Кызыл-Тоо деген жерде, Тоюнлук, Чимген, Там, Арпалык, Согот, Капка, Сарай, Кайыз ж.б. өзөндөрдө, Ой-Таг, Гез деген конуштарда топтолгон; алардын бир бөлүгү Тагарма өрөөнүндөгү Сары-Колдо жана Таш-Коргондо, СССРдин чек арасына жакын жердеги Сары-Кол кырка тоосунун чыгыш беттеринде жашайт. Жай-Терек жана Жайылган деген эки кенттин отурукташкан кыргыз калкы да наймандар.

Өзүлөрүн тейит тобуна таандык кылган кыргыздар (400 гө жакын кожолук) азыраак санда кездешет. Тейиттер негизинен Кызыл-Суу дарыясынын оң агымындагы (Кашкар шаарынын батыш тарабын карай) Бөрү-Токой, Кара-Таш дарыясынын (Жаңы-Гиссардын батышындагы Кызыл-Суу дарыясынын оң агымы) боюнда жана Жаңы-Гиссардын түштүк тарабындагы Чумбус дарыясынын Кан-Терек жана Чимген өзөндөрүндө турушат. Мындан башка да бир аз сандагы тейиттер Сарыколдо, Кара-Кол-Суубашы, Таш-Коргон конуштарында жашайт. 180 дей кожолукту түзгөн кесек тобу Пас-Рабат, Кең-Кол жана Тагарма өзөндөрүндө жашап турат. Аталган төрт топту (башка бир топтор менен бирдикте) Кыргыз ССРинин Ош облусунда жашап турган кыргыздар кээде Ичкилик деген жалпы ат менен аташат.

Саны боюнча ичкиликтерден кийинки орунда чоң багыштардын чоң тобу (700 дөй кожолук) ээлейт, ал топ Тянь-Шандын түштүк бетинде Тоюн дарыясынын Чакмак, Терек, Майдан жана Тоюн өзөндөрүндө, ошондой эле Кашкар шаарынын түндүк-батыш тарабындагы Кызыл-Ой, Канжуган жана Жыгач-Арт деген конуштарда жана андан ары батыш тараптагы Оксалыр жана Кабагатты конуштарында топтошуп жашайт[11]. Чоң багыштар менен бирге бир аз санда сары багыш, кара багыш, мундуз, дөөлөс, черик жана башка уруу топторунун өкүлдөрү да жашап турушат.

Кашкар округунун кыргыз калкынын арасында кутчулар (600 дөй кожолук) бир кыйла ири топту түзөт. Алар округдун түндүк-чыгыш бөлүгүндө, Жай-Дөбө, Бычан, Аңгыз, Инген, Шейит, Жейрен-Булак жана башка конуштарда жайгашкан.

СССРдин чек арасына жакын жерде, Кызыл-Суу дарыясынын боюндагы бир нече өзөндөрүндө жана анын куймаларында (Сымкана, Сары-Булак, Токой-Башы, Эттик, Сакал, Жыгын, Жоюлган-Суу, Улуучат) бир кыйла сандагы жоош тобу (450 кожолуктан көбүрөөк) жана өзүлөрүн мунгуш уруусуна таандык кылган кээ бир башка топтор жашап турушат. Акырында, Кара-Терек дарыясынын өрөөнүндө, ушул эле райондо (ошондой эле жогоруда айтылган Жоюлган-Суу деген конушта) адигине уруу бирикмесине кирген жору тобунун 50—60 тай кожолугу жашап турат[12].

Ак-Суу округунда өзүлөрүн эки ири уруу топторуна — черик менен кутчуга таандык кылышкан кыргыздар жашап турушат. 1700 гө жакын кожолук- тан турган чериктер Ак-Чий, Кара-Чий, Жалаң-Чий, Кара-Булак, Сары-Булак, Кызыл-Күмбөз, Ак-Бейит, Кызыл-аң, Кулан-Сарык, Уч, Ак-Өтөк, Жаман-Суу ж.б. конуштарда; кутчулар — кээ бир жерлерде чериктер менен чогуу, ошондой эле

Баш-Чакма, Сапарбай, Кара-Теке өзөндөрүндө жашап турушат[13]. Кутчулар 700 дөй кожолукту түзөт.

Мындан башка да Боз-дөң деген жерде Ысык-Көлдөн чыккан, өзүлөрүн бугу уруусуна таандык кылган 350 дөн көбүрөөк үй-бүлө жашап турат. Алар менен бирге дөөлөс, саяк топторуна таандык болгон бир аз сандагы кожолуктардын бар экендиги аныкталды.

Кара-Теке деген жерде 100 Дөн 120 га чейинки кожолуктан турган мундуз тобу жашайт[14].

Мундуздар сыяктуу эле өздөрүн кыргыз урууларынын «сол» канатына таандык кылган бир кыйла майдараак топтор чериктердин (кытай тобу) жана кутчулардын (саруу тобу) ичинде чачыранды түрдө жашашат. Ак-Суу округунун аймагында жашаган кыргыздардын кээ бир башка этникалык топтору жөнүндө да кабар бар, бирок алардын саны жана кайсы жерлерде жашап тургандыгы жөнүндө маалыматтар жок. Алсак, мисалы, кара багыш, сары багыш, чоң-багыш жана кыпчак топторунун бар экендиги белгиленген. Сары багыштар Бай шаарынын түндүк тарабында, тоого жакын жашашып, өзүлөрүн «калмакылар» деп аташат. Кийинки эки топ жергиликтүү уйгур калкынын күчтүү таасирине туш болгон. Чоң багыштар Карашар шаарынын аймагы ченде, кыпчактар Кара-Бак жана Жаңы-Арык деген конуштарда жашап турушат[15].

Иле округундагы кыргыз калкынын негизги бөлүгү Текес дарыясынын өрөөнүндө жана анын куймаларында топтошкон. Бул жерде, акыркы маалыматтарга караганда бугу уруусунун негизги бөлүкчөлөрүнө таандык болгон 1200—1300 үй-бүлө жашап турат. Бирок алардын арасында солто, сары багыш жана башка түндүк кыргыз урууларынын майда бөлүкчөлөрү да жолугат. Бугулар жайгашып турган бир кыйла ири конуштар Көк-Суу, Акыяз, Көк- Терек, Ак-Терек жана башка өзөндөрдүн өрөөндөрүнөн орун алган. Мындан башка да, колдо болгон маалыматтарга караганда кыргыздардын анча чоң эмес топтору Күнөс дарыясынын системасындагы жана Чоң жана Кичи Жылдыз өрөөндөрүндөгү өзөндөрдө жашаган казак жана калмак калктарынын ара- сында да бар[16]. Бирок алар маданий-турмуш жагынан алганда өзүлөрү арасында жашаган калктын ичине олуттуу даражада сиңип кеткен[17].

Хотан округунда, Куэн-Аундун тоо этектеринде, Кулан-Арык, Санжу жана башка жерлерде 60—80 кожолуктан турган найман, тейит, кесек, бостон топтору жана башкалар жайгашышкан.

Синьцзянда долондордун жашап тургандыгы жөнүндө ал жерге барып өзү көзү менен көрүп келгендердин, ошондой эле ал жөнүндө кабардар болгон карыялардын айткандары өтө зор кызыгууну туудурат. Алсак, Сагымбай Маңгытов (Жети-Өгүз району, Ысык-Көл облусу) долондорду Жаркен-дарыяда, Чекилден жана Караңгылык деген жерлерден көргөн. Тили жана жашоо-турмушунун түрү боюнча алар уйгурлардан дээрлик айырмаланышпайт, дене түзүлүшүнүн тиби боюнча, бою бир аз бийигирээк болгон менен, кыргыздарга жакын. Долондордун өзүлөрү теги боюнча кыргызбыз, Жаңыл мырзанын (нойгут уруусунан чыккан легендарлуу баатыр кыз) тукумубуз дешет. Абдыкалык Эсенамановдун (Ак-Талаа району, Тянь-Шань облусу) айтканы боюнча долондор Кызыл-кобу, Чоң-Мыс, Орто-Мыс, Балык-Суу, Чоң-Калка, Кичи-Калка деген конуштарда жана Базар шаарында жашап турушат. Информатор жолугуп сүйлөшкөн долондордун өзүлөрүнүн айткандары боюнча алардын түпкү атасы кыргыз, энеси Долон деген калмактын кызы. Алар уйгурларча жашап, уйгурча сүйлөшөт, бирок айрым бир кыргыз каада-салттарын сактап калышкан, мисалы,

алар «улак тартып, ат чабышат». Долондордун (дөлөндөрдүн) түпкү ата-бабалары кыргыз болгондугун Мурзалы Мадраимов да (Ноокат району, Ош облусу) айтып берди; анын айтканына караганда долондор кыпчактар жана тейиттер менен бирге Бостон-Терек жана Кабак деген жерлерде жашап турушат.

1953-жылы биз тараптан Илепес Сейитовдон (Чолпон району, Тянь-Шань облусу) жазып алган легендада кыргыздардын түпкү ата-бабаларынын бири болгон Долон бийдин үч уулу башка эки бир туугандарына таарынып Кытайга көчүп кетишкени жана азыр өзүлөрүн Үч долон деп аташкан калк жашаган жерде турушаары жөнүндө баяндайт.

Долондор жөнүндөгү ушул айтылган маалыматтарды кокустук деп айтууга болбойт. Ал маалыматтар кыргыздар менен долондордун байыркы этногенетикалык байланыштары жөнүндө кээ бир даректерди бериши мүмкүн, анткени долондордун ата-теги күнү бүгүнгө чейин табышмак бойдон калууда.

Урук-уруулардын курамы жөнүндө келтирилген маалыматтар Синьцзян кыргыздарынын арасында да, азыр Кыргыз ССРинин территориясында жашап турушкан кыргыздардын арасында да өткөн замандардагыдай эле эки ири урук-уруу массиви ачык байкалып турганын аныктоого мүмкүндүк берет. Биринчисине Аксуу округунун аймагында жашап турган кыргыздар, Текес кыргыздары, Кашкар округунун территориясындагы чоң багыш жана кутчу уруу топтору кирет. Бул массив Кыргыз ССРинин түндүк бөлүгүндө жашап турган кыргыздар менен бир бүтүндүктү түзөт. Экинчи массив Кашкар жана Хотан округдарынын кыргыз калкынын негизги бөлүгүн камтыйт, булар өздөрүнүн урук-уруу курамы боюнча негизинен Кыргыз ССРинин Ош облусунун түштүк бөлүгүндө жана Тажик ССРинин Тоолуу-Бадахшан автономдуу облусунун чыгыш бөлүгүндө (Чыгыш Памир) жайгашкан райондордо жашап турган памирлик-ферганалык кыргыздарга өтө жакын.

Синьцзян кыргыз калкынын аталган эки ири тобу буларга кирген урук-уруу бөлүкчөлөрүнүн курамы боюнча гана айырмаланышпастан, ошондой эле, материалдык жана руханий маданиятынын бир катар өзгөчөлүктөрү менен да айырмаланышат; булардын турмуш-тиричилигинин түрү көчмөн мал чарбачылыгы менен байланыштуу болгондуктан жакынкы эле өткөн чакта жалпысынан бирдей болгон; СССРдин кыргыз калкынын арасындагыдай эле ошол эле түндүк кыргыз жана түштүк кыргыз диалекттеринин бар экендигине карабастан аларда бирдиктүү бир тил сакталып калган. Синьцзян кыргыздарынын тили үчүн мүнөздүү болгон жалпы нерсе Синьцзяндын негизги калкы болгон уйгурлардын тилинен ага кээ бир синтаксистик формалардын, белгилүү бир сандагы сөздөрдүн киргендиги болуп саналат.

## *Кыскача тарыхый маалыматтар*

Синьцзян кыргыздарынын эки тобуна мүнөздүү болгон жогоруда айтылган өзгөчөлүктөр, сыягы, алардын калыптанышынын жолундагы бир аз айырмачылыктар менен байланыштуу болсо керек. Бир жагынан, Синьцзян аймагы, айрыкча анын түндүк бөлүгү, байыркы кыргыз жерине көбүрөөк тыгыз түрдө туташ жаткан территория болгон, ошондуктан ал алгачкы кыргыз урууларын Тянь-Шандын мурдакы калкы менен байланыштырып турган «көпүрө» сыяктуу болгондой. Экинчи жагынан, Синьцзяндын өзү анын азыркы калкынын этникалык курамына таасирин тийгизген окуялардын аренасы болгон. Буларга бул жерде огуздар менен тибеттиктердин болгондугун, мында байыркы уйгур урууларынын жайгашканын, кийин кара кытайлардын басып

кирип, өз үстөмдүгүн орнотконун (XII к), Чыңгыз хандын аскерлеринин жортуулун (XIII к), Моголстандын башкаруучуларынын узакка созулган өз ара күрөштөрүн (XIV—XVI кк.) жана, акырында, азыркы Синьцзяндын түндүк бөлүгүндө жунгарлардын (ойроттордун) саясий үстөмдүгүн (XVI—XVIII кк.) көрсөтүүгө болот.

Түндүк Синьцзян менен Фергананын, ошондой эле, көөнө замандан бери эле көчмөн уруулар жашап турган, ар кандай мезгилдерде улам жаңы келгиндер менен толукталып турган Памир-Алайдын тарыхый тагдырларынын жакындыгы бул жерде калыптанган кыргыз урууларынын курамына өз таасирин тийгизбей коймок эмес. Ошондуктан түштүк кыргыз урууларынын ичинде түпкү теги ар түрдүү тарыхый доорлор менен байланыштуу болгон бир нече этникалык кошундуларды аныктап көрсөтүүгө болот.

Эң байыркы жергиликтүү уруулардын катарына, сыягы, тейит уруусун таандык кылса болот. Бул уруу жөнүндө булактарда айтылбайт, бирок (Кыргыз ССРинин Ош облусунун аймагынан) Синьцзяндын байыркы калкынын атын алып жүргөн «уйгур» деген урук тобун таап отурабыз. Кыпчак деген кыргыз уруусу жөнүндө да ушунун эле өзүн айтса болот, бул урууну Орто Азияга азыркы Казакстандын байтак талааларынан келген башка кыпчак топтору менен байланыштыруу кыйын. Чындыгында түштүк Кыргызстан менен Синь- цзяндын кыпчактары бул жерге кыпчактардын адепки жашап турган территориясынан кыйыр жолдор менен эмес, түз эле түштүккө, Жунгария аркылуу көчүп-конуп жүрүп келген уруулар бирлигинин бирөө болсо керек деп болжол- доого болот; мүмкүн алар түштүк тарапка кара кытайлардын жүрүшү менен кошо сүрүлүп келсе керек. Синьцзяндын кыпчактарынын арасында Кыргызстандын түштүгүндө топтошуп жашаган кыпчактардын ичинде жок болгон кээ бир бөлүкчөлөрдү (мисалы, тогуз кыпчак, тобур кыпчак, кара кыпчак) жолуктуруп отурабыз. Бул болсо, биздин көз карашыбызда, алардын Синьцзяндын территориясында узак мезгилдер бою жашап турганын жана алардын жергиликтүү этникалык чөйрө менен тыгыз байланышта болгондугун далилдейт.

Кыргыз уруусу наймандар жөнүндө болсо, алар батыш моңголдук найман уруусунун тукумдары болуп саналаарын ишенимдүүлүк менен айтууга болот, булардын бир бөлүгү Монголиядан Чыңгыз тарабынан сүрүлүп, XIII к. башы ченде Жети-Суу менен Синьцзяндын территориясына Кучлуктун башчылыгы менен келип жайгашып калышкан.

Кыргызстандын түштүгүндөгү кыргыз калкынын арасында жүргүзүлгөн изилдөөлөр көрсөткөндөй, ичкиликтер деген аталыш менен белгилүү болгон этнографиялык топтордун басылдуу көпчүлүгү, алардын ичинде кыпчактар менен наймандар азыркы Синьцзяндын территориясын өзүлөрүнүн байыркы мекенибиз деп эсептешет. Ичкиликтердин бул аймак менен байланышын Синьцзяндын топонимикасы боюнча маалыматтар көрсөтүп турат. Ал жерде биз Бостон-Нор, Бостон-Терек, Орху-Нор, Меркит деп аталган жерлерди жолуктурдук. Ичкиликтердин арасында бостон, оргу (теги боюнча өзүлөрүн наймандарга таандык кылышат), меркит (өздөрүн төөлөс тобуна таандык кылышат) топтору бар экени аныкталды. Жогоруда айтылгандардын бардыгы түштүк кыргыз урууларынын калыптанып, түзүлүү процесси азыркы Синь- цзяндын территориясы менен тыгыз байланышта болгон, ал эми бул процесстин башталышы, калыбы, XI—XII кылымдарга, жарым-жартылай андан алда канча мурдараактагы мезгилге туура келет деген корутундуга алып келет [18].

Кыргыз калкынын азыр ичкилик деген ат менен белгилүү болгон тобу өзүнүн түпкү теги боюнча, уруулардын биригүү жана кыргыз элинин куралуу процессинде ал кыргыз элинин ажырагыс курамдык бөлүгү болуп калган болсо да бир кыйла татаал бойдон калууда; бул, ичкиликтерди, башка кыргыздарга карата алганда «жат тектүү» же «теги башка» деп өзгөчөлүү топ катарында бөлүп көрсөтүүгө эч кандай негиз бере албайт.

Ал эми черик, кутчу, чоң багыш сыяктуу топторго келсек, алар түндүк кыргыз урууларынын чөйрөсү менен этникалык жактан байланышы бар. Чыгыш Тянь-Шандын этек-жакалары, жарым-жартылай Саян-Алтай менен байланышы бар уруулардын бул чөйрөсүнүн калыптануу процесси бир кыйла даражада азыркы Синьцзяндын түндүк бөлүгүнүн территориясында болуп өткөн. «Саны жана жайгашып турган жери» деген бөлүмдө келтирилген кыргыз калкынын топторунун СССРдин чектеринен чыгышты карай Күнгөс дарыясына жана Чоң жана Кичи Жыддыз өрөөндөрүнө чейинки кеңири аймактарга чейин таралгандыгы жөнүндөгү маалыматтарды тарыхый булактардагы кыргыздардын азыркы Синьцзяндын территориясында IX—X кылымдарда эле пайда болгондугу жөнүндөгү маалыматтар менен байланыштырууга болот[19].

Синьцзяндын калкынын отурукташып жашаган жана уйгур тилинде сүйлөгөн белгилүү бир бөлүгү өздөрүнүн түпкү ата-теги кыргыз экендиги жөнүндөгү эскерүүлөрдү сактап калышкандыгы жөнүндө жогоруда келтирилген маалыматтар кыргыз калкын уйгурлаштыруу процесси эчактан бери эле жүрүп келе жатканын далилдеп турат. Калыбы, алда канча мурдараактагы замандарда Синьцзянда кыргыздар бир кыйла көбүрөөк санда болсо керек. Бирок, мунсуз эле Синьцзянда кыргыз урууларынын таралашынын ареалы, ал кала берсе Тибет менен Кашмирдин чек араларына чейин жетип, өтө кеңири аймакты кучагына камтып турганын моюнга алуу керек. Ажыга бара жатып Кашмир жана Тибеттин коңшу райондору аркылуу өтүшкөн уйгурлар, информаторлордун биринин (Курмангалый Байбековдун) айтканына караганда, Тибеттен кыргыздардын тобун кездештиришкен. Бул маалыматты белгилүү географ А. В. Станишевский да биз менен болгон аңгемесинде, анын колунда болгон даректерге караганда Аадакта (Тибет) 1000 дей кыргыз жашай тургандыгын айтып, ырастады.

Уруулардын түндүк кыргыз жана түштүк кыргыз топторунун жаралыш жолунун өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөрү болгондугунун издери алардын материалдык жана руханий маданиятынын өзгөчөлүктөрүнөн көрүнөт. Мүмкүн, XVIII кылымдагы кытай булактары тарабынан чыгыш жана батыш деп аталган эки кыргыз «ордосун» бөлүп көрсөтүлгөнү да ушуну менен түшүндүрүлсө керек[20].

Ошентсе да түштүк кыргыз урууларынын кыргыз элинин этногенезине эчактан бери эле катышы болгонун алардын айдан ачык көрүнгөн улуттук өздүк аң-сезими көрсөтүп турат, бул аң-сезим урук-урууга таандык экендиги жөнүндөгү али жандуу жана жетишерлик даражада туруктуу болгон түшүнүктөрдү өзүнө баш ийдирип тургансыйт. Өздөрүн кыргыз элинин бир бөлүгү болуп саналаарын ачык-айкын сезүү кайсы бир жагдай-кырдаалдардын күчү менен Борбордук Азиянын алыскы бир булуң-бурчтарына сүрүлүп ташталган синьцзяндык кыргыздардын эң эле алыскы топторунда да сакталып калып отурат. Куэн-Аундун тоо этектеринде, анын Кара-Корум менен туташкан жеринде Санжу өзөнүндө, Синьцзяндан Кашмирди карай өтчү соода жолунда жашап турган кыргыздардын чакан тобу да өзүлөрүнүн улуттук өздүк аң-сезимин да, жалпы эле кыргыздарга мүнөздүү болгон көптөгөн

этнографиялык өзгөчөлүктөрүн да сактап калышкан. Санжулук кыргыздар кечээ жакынга чейин алыскы түндүк тарапта өздөрүнүн жүз миңдеген уруулаштары бар экендиги жөнүндө эч кандай түшүнүгү жок болуп келсе да, өзүлөрүн олку-солкусуз эле кыргызбыз дешет. Бир нече жүз жылдар мурда кыргыздар чыгыш тарапты карай алыска созулуп жаткан территорияны, атап айтканда, Хотан тоолорун мекендеп турушкандыгы жөнүндө да маалыматтар бар[21].

Синьцзяндын кыргыз калкы бул жерде чогуу жашап турган башка калктар менен бирге кийинки жүз жыл бою Синьцзяндагы буркан-шаркан түшкөн окуялардын күбөсү да, катышуучулары да болушкан. Жергиликтүү диний феодалдар-кожолор кыргыздарды да кошо тартып, өз ара жүргүзүп келген куралдуу күрөштөр менен катар, бул жерде уйгурлар менен кыргыздардын эмгекчи массаларынын жунгарлык тайшилердин (XVII—XVIII кк.) үстөмдүгүнө жана манжурлук феодалдык-монархиялык режимдин (XVIII—XIX кк.) өкүлдөрү болгон аскердик-феодал төбөлдөрдүн эзүүсүнө каршы багытталган бош- тондук кыймылы да кеңири жайылган болучу.

Бирок бул кыймылды көпчүлүк учурларда жеке кызыкчылыктарын көздөгөн жергиликтүү феодалдар, же ар түрдүү авантюристтер пайдаланып кетишкендиктен тез-тез болуп туруучу көтөрүлүштөр акырында келип ийгиликсиз аяктап турган. Өз ара феодалдык согуштар, манжур-кытай жана кокон феодалдарынын атаандаштыгы, элдик көтөрүлүштөрдү ырайымсыздык менен басуу эмгекчи элдин, анын ичинде кыргыз калкын жакырданууга алып келген, алар тигил же бул феодалдык уйгур акимчилигинде (булардын саны азыркы Синьцзяндын аймагында жетиге чейин жеткен) бийликти өз колуна алууга умтулган кезектеги талапкерлер тарабынан ар бир жолу алданып, куру жалак калууга тушугуп турушкан. 1864—1878-жылдарда бүткүл крайды кучагына алып, манжурлар бийлигине каршы багытталган бир кыйла ири, «мусулман көтөрүлүшү» деп аталган көтөрүлүш манжурлук-кытайлык аскердик-феодалдык бюрократиянын бийлигинин кулашына алып келди, бирок эмгекчилер өз жеңишинин жемишинен пайдалана албай калышты. 1877—1878-жылдарда Якуб бектин буфердик хандыгы жашоосун токтотуп, Чыгыш Түркстан кайрадан Кытайга каратылып алынат. 1884-жылы Кытайдын борбору Үрүмчү (Дихуа) шаары болгон жаңы Синьцзян провинциясы түзүлөт[22].

Манжур-кытай феодалдарынын үстөмдүгүнүн тушунда кыргыздардын абалы жергиликтүү уйгур төбөлдөрүнүн үстөмдүгүнүн мезгилиндегиден жеңил боло койгон эмес. Кыргыздар Синьцзяндын эзилген аз сандагы улуттун өкүлдөрүнө таандык болушкан. Өзүлөрүнүн байлары жана бектери тарабынан эксплуатацияланган кыргыз калкы манжур-кытай чиновниктери менен аскердик бийликтердин ээн баштыгын да башынан кечиришкен. Акимчиликтерди башкарууну манжур-кытай бийликтери тарабынан дайындалып турган жогорку мүлктүү катмардын өкүлдөрү болгон бектер ишке ашырган, алар өз кезегинде уезддик башчыларга баш ийишкен. Бектер салыктардын өз убагында түшүп турушун камсыз кылышып, «он башылардын» жардамы менен полициялык милдеттерди да аткарышкан. Синьцзянда жашап турган акимчиликтин системасына ылайык бектер жалыйна алышкан эмес, алар ар бир кожолуктан бирден кой алуу менен, калктын эсебинен жашап турушкан. «Азыктандыруунун» мындай системасы өз бийлигинен кыянаттык менен пайдалануу үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөрдү түзгөн. Көптөгөн бектер мындан пайдаланышып, калкты

коркутуп-үркүтүп, көптөгөн салык, параларды алып турушкан. Отурукташкан кыргыздар «чоң» деп аталган айыл аксакалдары тарабынан башкарылган.

Жергиликтүү бийликтер чек; ара райондорундагы кыргыз калкына карата аскердик милдеттүүлүктүн өзгөчөлүү системасын колдонушкан: бектер Улуу-чаттагы жана Булуң-Көлдөгү регулярдуу атчан отряддарды («лянз») жана Сары-Көлдөгү регулярдуу эмес бир атчан отрядды комплекттөө үчүн белгилүү бир сандагы атчандарды берип турууга милдеттүү болгон. Чек аралык аскер бөлүктөрүнүн курамынын үчтөн экисин кыргыздар түзгөн, алардын ичинен айрымдары кенже офицер болуп дайындалышкан. Бийликтер чек арадагы кыргыз калкын өз пайдаларына тартуу үчүн бир катар чараларды ишке ашырышкан; кыргыздар мындан башка да батыш чек араларды кайтаруу үчүн карооллдорду коюуга милдеттүү болушкан[23].

1916-жыды Орто Азияда колониалдык-капиталисттик режимге жана жергиликтүү бай-манаптар менен феодалдардын эзүүсүнө каршы багытталган кубаттуу улуттук-боштондук кыймыл кеңири жайылат. Мында кыргыздар да кеңири катышкан. Көтөрүлүш падыша аскерлери тарабынан талкаланып басылгандан кийин, кыргыз калкынын зор массасы жазалоочу отряддардын куугунтугу астында Орусиядан Синьцзяндын территориясына, негизинен Ак- Суу округунун аймагына өтүп кетишет. Качкындар бүт дээрлик мал-мүлкүнөн ажырап, өтө оор абалга туш келишет. Бирок жергиликтүү акимчилик аларга эч кандай жардам көрсөткөн эмес. Жокчулуктун чегине жеткен көптөгөн кыргыз үй-бүлөлөрү кайыр сурап, күн көрүп, ал эми айрымдары өз үй-бүлөсү ачкадан өлбөсүн үчүн балдарын жергиликтүү байларга берүүгө же сатып жиберүүгө аргасыз болушкан.

Улуу Октябрь социалисттик революциясынын жеңиши качкындар үчүн өз мекенине кайтып келүү жана бүткүл совет эли менен бирдикте жаңы, социалисттик коомду курууга киришүүгө мүмкүнчүлүк ачты. Социалисттик өлкөдөгү өз уруулаштарынын турмушу жөнүндөгү чындык кабарлар Синьцзяндын эмгекчи кыргыздарына улам көбүрөөк тарап, алардын Совет бийлигине, Советтер Союзунда социализмди курууга жетекчилик кылган Коммунисттик партияга терең урматтоосун пайда кылды. Кытайга падышалык жеке бийлик таңуулаган тең укуктуу эмес келишимдерди жок кылып, Синьцзян менен тең укуктуулук негизде экономикалык, айрыкча соода мамилелерин түзгөн совет өкмөтүнүн моралдык кадыр-баркы жыл сайын күч ала берди. Мунун тескерисинче, Синьцзянды СССРге каршы күрөшүү үчүн плацдармга айландырууга умтулуп, империализмдин агенттери Синьцзяндын калкынын Совет мамлекетине карата болгон ишенимин бүлүндүрүү үчүн кеңири иш-аракеттерди жайылтышып, чалгындоо жана диверсиялык иштерди жүргүзүштү. Гоминданчылардын көрсөтмөсү боюнча иш жүргүзгөн Синьцзяндын провинциалдык өкмөтү иш жүзүндө мындай бузукулук иштерге тоскоолдук кылган эмес. Бирок ал кенедей да натыйжа берген жок. Кыргыз калкы совет эли алардын ишенимдүү досу экендигине өз тажрыйбаларынан улам көп жолу ынанышты. Алсак, 1938-жылы Синьцзяндын кыргыздарынын олуттуу бөлүгү өтө оор экономикалык абалда калышат. Системалуу түрдө болуп турган эпизоотиялардын натыйжасында жана мунун кесепетинен мал чарбачылыгынын төмөндөп кетишинен улам көптөгөн кыргыз чарбалары жашоосунун негизги каражатынан ажырап калышат. Совет өкмөтү муктаждыкка кабылган малчыларга жардамга келип, аларга малчылардын арасында бөлүштүрүү үчүн 12

миңден көбүрөөк койду акысыз берди. Миңге жакын кедей кыргыз чарбалары бул чын дилден берилген жардамды алышты.

Кытайдын башка провинцияларындагыдай эле Синьцзянда да реакциячыл гоминьдан режимине каршы көтөрүлгөн демократиялык күчтөр күч алып, баш кошуп жатты. Синьцзяндын уйгур, кытай, казак эмгекчилери менен бир катарда туруп, бул күрөшкө кыргыз эмгекчилери да катышат. 1945-жылы гоминдандык кликага каршы ачык түрдөгү куралдуу көтөрүлүштүн натыйжасында Синьцзяндын Иле, Тарбагатай жана Алтай округдарында революциялык база түзүлөт. Революциялык армиянын башында кыргыз Искакбек Мониев турган. Кыргыз калкы кеңири жайылган улуттук-боштондук күрөшкө жана партизандык кыймылга өтө активдүүлүк менен катышат. Синьцзяндын айрым райондору «партизандык край» болуп калат. Улам көбүрөөк уюшкан мүнөздө болуп бараткан партизандык кыймылдын өсүп жатканына жинденген гоминьданчылар эң жаңы америкалык курал-жарактар менен куралданган жазалоочу отряддарды партизандарды талкалоо үчүн жиберет. Күрөш тең болбогондуктан кыргыз элинин көптөгөн мыкты уулдары каза табат. Кытайдын коммунисттик партиясы жетекчилик кылган Кытайдын демократиялык күчтөрүнүн улуу жеңиши гана Синьцзяндын кыргыз калкына да боштондук алып келди.

### *Чарбасынын түрү*

Синьцзянды бошотконго чейин кыргыздарда патриархалдык-феодалдык мамилелер үстөмдүк кылып келген. Жер жана жайыттар, сырттан караганда жерди пайдалануу жамааттык мүнөздө болуп көрүнгөнү менен иш жүзүндө жогорку мүлктүү төбөлдөрдүн колунда болгон. Кыргыздар негизинен мал чарбачылыгы менен кесиптенишкен, бирок алардын ичинде, жогоруда айтылып кеткендей, дыйкандардын бир кыйла ири тобу да болгон. Мал баккандар куйруктуу койлор менен эчкилерди, бодо малды (мунун ичинде Кашкар округунда топоздор бир кыйла орунду ээлеген), жылкыларды, төөлөрдү (түштүгүндө эки өркөчтүүлөрүн) жана акырында эшектерди багып өстүрүшкөн. Аталган малдын түрлөрү ар түрдүү аймактарда бирдей текши болгон эмес, бул баарыдан мурда жылкыларга, топоздорго жана төөлөргө тиешелүү. Тоюн, Сары-Кол, Санжу, Улуучат жана Сымкана деген жергелерде өзгөчө топоздорду көбүрөөк өстүрүшөт. Жылкылар Сары-Колдо жана Кызыл-Ой өзөнүндө баарынан аз өстүрүлөт, бул жердин өтө бийиктиги менен түшүндүрүлөт; Какшаал тоо кыркаларынын этек-жакалары, Тоюн, Бостон-Терек жана Улуучат деген жергелер жылкы өстүрүүнүн негизги борборлору болуп саналат. Бөрү-Токой, Жоюлган жана Тоюн жергелеринде жашаган кыргыздарда төөлөр көп.

Малдын негизги бөлүгү кечээ жакынга чейин эле анча көп эмес сандагы байлардын жана жалданма эмгекти колдонгон, өзүлөрүнө көз каранды болгон кедей-кембагалдарды эксплуатациялоого негизденген ири бай чарбалардын колунда топтолуп келген. Калктын эң кедей бөлүгүнүн колунда мал өтө аз болгон. Кедей малчынын колунда онго жакын кой, эчки, кээде уй, сейрек учурда жылкы гана болгон. Жалпысынан синьцзяндык кыргыздардын арасында малы аз чарбалар басымдуу келип, көп учурда бүткүл чарбалардын санынын 30 дан 50 пайызга чейинкисин түзгөн. Малсыз жана аз малдуу чарбалар ырайымсыз эксплуатацияга туш болуп, бул эксплуатация байлар тараптан көрсөтүлгөн ар түрдүү «жардамдар» менен жаап-жашырылып турган. Көптөгөн кедей кыргыздар акыркы мезгилге чейин малдуу уйгур байлардын койчу, жылкычылары болуп иштеп келишкен. Мында белгилеп кете турган нерсе, бул жерде да (Ички

Монголияга караганда аз даражада болсо да) кытай сүткорлорунун менчигиндеги малды кедей кыргыздарга «төлүн толук сактоо» шарты менен багууга берип туруу тараган. Кедей өзү баккан малдын сүтүн, жүнүн жана төлдүн жарымын пайдаланууга укуктуу болгон, бирок тез-тез болуп туруучу эпизоотиялардын, жуттардын жана башка кырсыктардын кесепетинен баккан малындагы жоготууларды өзүлөрүнүн менчик малынын эсебинен толуктоого милдеттүү болгон, ал акырындык менен өз менчик малынан кол жууп, акыры сүткорлордун батрак-койчусуна айланып калган.

Кыргыздарда мал чарбачылыгы көчмөндүү жана жарым көчмөндүү мүнөздө болгон. Малчылардын кыштоолору көп учурда бир кыйла бийиктен орун алган (деңиз деңгээлинен 2 миң метр бийиктикке чейин). Жаз айларын (жана күзгүсүн) бир кыйла бийигирээкте жайгашкан жайлоолордо өткөрүшөт, ал эми жайында муз төрлөрдүн этек-белдерине чейин, кээде 3 төн 3,5 миң метр бийиктикке (кээ бир учурларда мындан да бийик) чейин көтөрүлүшкөн. Көчүп-конуучу жерлери анчалык алыс болгон эмес. Малды багып, өстүрүүнүн ыктары акыркы мезгилге чейин эле өтө төмөнкү деңгээлде болгон; малга тоюткор даярдоо бир аз гана чарбалар тарабынан жүргүзүлгөн; малдын бир бөлүгү кышкысын ачык кашааларда кармалган.

Климаттык шарттар мүмкүндүк берген жерлердин бүт бардыгында кыргыздар чарбанын кошумча тармагы катарында дыйканчылык менен да кесиптенишкен. Алар негизинен арпа, ал эми климаттык шарттар ыңгайлуу болгон жерлерде буудай жана конок эгишет. Айдоолору, эреже катарында, сугат жерлер. Кыртышты иштетүү үчүн кечээ жакында эле чоюн тиштүү жыгач соко («буурусун», же «букурсун»)[24] сыяктуу өтө жөнөкөй шайман же жөн эле дөңгөчтү (кыртышты тегиздөө үчүн), кээде анын ордуна соконун ок жыгачын да колдонушкан.

Жер айдоо жана үрөн себүү адатта апрелде башталат. Колдо кайсы малдын бар болгонуна жараша жер айдоо өгүздүн, жылкынын же топоздун жардамы менен жүргүзүлөт. Айдоону малалаганда устунду («мала») же соконун ок жыгачы эки учунан моюнтуруктун ортосуна байланат да, анын үстүнө адам туруп алат. Үрөн кол менен себилет. Үрөндү «ат торбого» салып алышат. Эгинди орок менен орушат да боолонгон эгинди талаадан чийне менен ташып алып кетишет. Эгинди бастыруу үчүн кырман даярдашып, анын орто ченине мамы орнотулат. Ал мамыга чырпыктан жасалган тегерек чүлүк бекитилет да ага жип байланат. Ушул жиптин жардамы менен бир нече малды (жылкыларды, өгүздөрдү) кош-кошу менен байлашат да, аларды кырманга чачылып, төшөлгөн эгиндин үстүнөн айдашат. Кашкар округунда мал жетишпей калганда эгинди бастыруу үчүн чырпыктар менен куурайдан түрмөктөлүп жасалган «увал» колдонулат. Увалды жип менен камытка байлап бекитишет. Айдоочу унаага минип алат.

Дыйканчылык кылган кыргыздар кечээ жакында эле жер айдоону жана эгин бастырууну айрым бир ырым-жырымдар менен коштоп жүргүзүшкөн. Жер айдоого жөнөгөндөр өзүлөрү менен кошо нан жана башка тамак-аштарды ала барышып, тамак ичкенде аны дыйканчылыктын ээси Баба-дыйканга багышташкан. Тамак ичип-бүтүшкөндөн кийин дуба окушкан. Бастырылган дан капка салынганда колунда бар кожоюн «чечкор» ырымын жасоого аракет кылган. Бешилик түрүндө бириктирилген айрылардын, күрөктүн жана данды элей турган калбырдын (парак) үстүнө койду жаткызып, аны Баба-дыйканга багыштап мууздашкан.

Бир кыйла көбүрөөк айдоо жерлери бар бай чарбалар түшүмдү жыйноо учурунда көп учурда коңшуларына кайрылып, ашар уюштурушкан: байлар өз талаасында иштеген коңшуларына эмгек акы төлөбөстөн чогуу тамак-аш берип сыйлашкан. Муну менен талаачылык иштер аз каражат чыгымдалып, тез бүткөрүлгөн.

Жаңы-Гиссар шаарынын түштүк тарабында жайгашкан тоолуу өрөөндөрдө, Кызыл-Тоо (Кызыл-Таг) деген жерде, ошондой эле, айрым бир башк аймактарда кедей кыргыздар малынын жетишпегендигинен жана бай малчылар ээлеп алган жайыттардан ажырап калгандыктан дээрлик отурукташкан турмуш өткөрүүгө аргасыз болушкан. Кедейлердин көпчүлүгүндө арпа эге турган алакандай жерлери тоолордун эңкейиш беттеринде чачыранды жаткан.

Уйгурлар менен аралаш жашап, дыйканчылык кылган кыргыздар жөнүндө жогоруда айтылган болучу.

Мал чарбачылыгы менен кесиптенишкендерде негизинен жүн, тери жана мал чарбасынын башка продуктуларын кайра иштетүү менен байланышкан үй кол өнөрчүлүгү өнүккөн. Жүндөн кийиздер, кийим үчүн кездемелер, килем- дер, боз үйлөр үчүн жасалгалар, бут кийим, аркан ж.б. , териден — идиштер, ат жабдыктар, бут кийим жана башкалар жасалган. Кийиздерди жасоодо (аны кошуналардын жардамы менен даярдашат) башка жерлерде кезикпеген ар түрдүү ыкмалар бар экени байкалды. Алсак, чийге оролгон кийизди ийлөө процессинде эки киши аны аркандын жардамы менен кезектешип өзүнө тар- тып, жерге ары-бери тоголотушат, же топозго минген эркек адам артынан томолотуп сүйрөтүп бышырат[25].

Үй эмеректеринин жана кийим-кечектердин олуттуу бөлүгү, ошондой эле боз үй үчүн кийиз жабуулар үйдө колдон даярдалат.

Кыргыз чарбасында жакында эле анын натуралдык мүнөзү ачык көрүнүп турса да, ошого карабастан, анын көптөн бери эле рыноктук байланышы да болгон. Сатыкка тирүү мал да, мал чарба сырьёлору (жүн, тери, кыл, кой териси), ошондой эле кээ бир даяр буюмдар (кийиздер, аркандар) жана аң терилери да түшүп турган. Кездемелерди, кээ бир кийимдерди, чай, металл буюмдарды кыргыздар мурда Кашкар, Жаңы-Гиссар, Ак-Суу, Үч-Турпан жана башка шаарлардын базарларынан, сейрек учурларда көчүп-конуп жүргөн жергелерге келген бакалчы соодагерлерден сатып алышкан.

Мал чарбачылыгы жана дыйканчылык сыяктуу негизги кесиптерден башка да ар түрдүү жерлерде кээ бир кошумча кесиптер да учурайт. Алсак, мисалы, Санжуда жашаган кыргыздар ушул күнгө чейин Кашмирге алып баруучу ашуу аркылуу жүктөрдү ташуу үчүн топоз унааларды жана жол көрсөткүч адамдарды берип туруу менен кесиптенишет. Бөрү-Токойлук кыргыздар отун, жыгачтын көмүрүн даярдашып, отунду кышкысын төөлөргө артып, Упал жана Кашкар шаарларына жеткирип турушат. Кээ бир кыргыздар капканды, мылтыкты жана алгыр куштарды пайдаланышып, аң уулап, мергенчилик кылышат. Мылтыктан (мурда милтелүү мылтыктар басымдуулук кылган) архарларды, тоо текелерди атышкан. Антилопаларга, түлкү менен карышкырларга бүркүттөрдү, коёндор менен канаттууларга ылаачын, шумкарларды салып аңчылык кылышкан. Кыргыздар аңчылык иттеринин өзгөчө тукумун («тайган») өстүрүшөт. Ал эми кээ бир аймактарда алар кен казып, андан жез эритип алыша тургандыгы жөнүндө да маалыматтар бар; жез идиш-аяктарды жана башка буюмдарды даярдоого жумшалган.

## *Материалдык маданияты*[26]

Синьцзяндын кыргыздары материалдык маданиятынын бир кыйла маанилүү белгилери боюнча эки топко бөлүнөт. Алардын түндүк тобу жалпысынан тянь-шандык кыргыздарга кандай өзгөчөлүктөр мүнөздүү болсо ошол эле өзгөчөлүктөр менен мүнөздөлөт, түштүк тобу болсо Памирдин, Алайдын жана түштүк Ферғананын кыргыз калкы үчүн типтүү болгон белгилерге ээ. Ал эми бул эки топко тең мүнөздүү болгон жалпы нерсе, бир жагынан, материалдык маданиятынын жалпы тарыхый тагдыры жана бирдей чарбалык уклад менен байланыштуу болгон негизи, экинчи жагынан, тигил же бул даражада отурукташкан уйгур маданиятынын таасири болуп саналат.

Көрсөтүлгөн эки топтун ар биринин өзгөчөлүгү көчүп-конуп жүрүүгө ылайыкталган жүктөмө боз үйдүн тибинен ачык-айкын көрүнүп турат. Синьцзяндын түндүгүндө аны «боз үй», ал эми түштүгүндө «ак үй» (ак боз үй) же «кыргыз үй» деп аташат. Какшаалдык кыргыздарда үйдүн негизги тиби боз үй болуп саналат. Кышкы конуштар, адатта, 6—10 боз үйдөн жана мал үчүн курулган жөнөкөй курулуштардан турат. Жакын тууган-туушкандарга таандык болгон боз үйлөрдүн мындай тобу «айыл» деп аталып, коңшу айылдан 4—5 км аралыкта жайгашып турат. Күн жылый баштаганда дээрлик бүт калк бүткүл дүнүйө-мүлкү менен чогуу жазгы, андан кийин жайкы жайыттарга көчүп конушат. Боз үйлөрдү чечилген түрүндө төөлөргө жана топоздорго жүктөп ташышат.

Боз үйдүн кереге-ууктары (төбөсү конус түрүндө бийик болгон), ички турпаты жана сырткы жасалгалары боюнча негизинен Кыргызстандын түндүгүнүн бүткүл территориясына таралган тибине таандык, Талас өрөөнүнүн боз үйлөрүнүн формасы тиби жагынан түштүк облустардагыдай бир аз башкараак болгон.

Боз үйдүн тулкусу көп учурда алты, сейрек учурда сегиз керегеден, 70 ууктан жана массивдүү түндүктөн турат, бул түндүк аркылуу жарык кирип, түтүн чыгат. Эшиктин босого жыгачына көп учурда кооздолгон эки жакка ачылма жыгач каалга бекитилет. Боз үйдүн кереге-ууктарын бекемдөө үчүн жана алардын айрым бөлүктөрүн бириктирүү үчүн пайдаланылуучу оймо- чиймелүү, жазылыгы ар түрдүү болгон тасма боолор Кыргызстандын түндүгүндө кандай аталса ошондой аталып, ошондой эле оймо-чиймелер менен кооздолот. Каалга сыртынан чийге кийиз капталып жасалган жабуу менен жабылат. Бул жабуу, адатта чийи ар түрдүү түстөгү жүн менен чырмалып жасалгандыктан, саймалуу болот[27].

Кыргыз ССРинин Тянь-Шань облусундагы Ат-Башы районунда жашаган чериктердин эзелки боз үйлөрүндө кереге-ууктарды жаап турган туурдуктун баш жагына ичинен кызыл жана күрөң кийизден жасалган жазылыгы 50 см. ге жеткен «туурдук баш» деп аталган саймалуу тасма тигилип коюлат.

Байлардын боз үйлөрүндө жайкы мезгилдерде бул тасманын үстүнөн кара баркыттан жасалып, ар түстүү жип-шооналар менен кырдуу кылып саймаланган «жабык баш» деп аталган жазы тасманы илип, жаап коюшат. Көпчүлүк учурларда бул жасалга өз алдынча, өтө жазы (110 см) тасмага кызыл жана көк кийизден сайма түрүндө тигилет да түндүктүн ылдый жагына бекитилет; ал эми анын ылдыйкы четине кызыл кездемеден сайма түшүрүлүп, ак кездемеден жасалган ичке тасма («агэтек») тигилет.

Агэтектен төмөнүрөөк, ууктун асты жагына кызыл жана көк жүндөн согулуп, чекелери кызыл жүн жиптерден өрүлгөн, тордолгон жазы тасма («тегирич») менен бекемделет. Кыргыз ССРинде жашаган тянь-шандык кыргыздардыкындай

боз үйдүн тышын жасалгалоого «кылдырооч-төтөгө» — кызыл кездемеден жасалган аппликациясы (такемети) бар ак тилке колдонулат, ал туурдуктун ылдыйкы четине бекитилет. Кызыл кездемеден жасалып, ак кездемеге түшүрүлгөн аппликация менен эшик жабуунун четтерин жасалгалашат.

Боз үйдүн ичиндеги эмеректер менен буюмдар жана алардын жайгаштырылышынын тартиби, ошондой эле, үй-бүлө мүчөлөрүнүн алган орундары бир аз гана айырмасы болбосо, тянь-шандык кыргыздардын эски боз үйлөрүндөгүдөй тартипте. Боз үйдүн төр жагындагы сый жерге кийиз килемдер төшөлөт, какшаалдык кыргыздарда ал «ободо» деп аталат. Анын үстүнө тери килемче («көлдөлөң») салынат же ардактуу меймандар келгенде анча жазы эмес узун төшөк («алтыгат») салынат, ал кийизден эки-үч кабат кылып, үстүнөн шайы менен капталып жасалат да, четтерине саймаланган баркыттан жазы кыюу тигилет.

Экинчи кийиз килем үйдүн эр жагына төшөлөт. Ушул эле жерге керегеге туш кийиз («туштук») илинет[28]. Үйдүн кире беришиндеги оң тарабына «ашкана»[29] каланып, анын ичине жыгач аяктарга куюлган сүт тамак-аштары коюлат. Какшаалдык кыргыздарда чакан көлөмдөгү (130 X 160 см) саймалуу экинчи чий да каланат, ал «кош ооз» деп аталып, ашкананын оозун ич жагынан жаап турат. Ашкананы ушундайча калап коюу атбашылык чериктерде ушул күнгө чейин сакталып калган.

Боз үйдүн улага жагына шырдак төшөлөт («Таар шырдак» же «Таар ободо»), анын ортосу кылчык жүндөн согулган жол-жолу бар таардан тигилип, жээги саймалуу шырдактан жасалат. Боз үйдүн бул бөлүгү аял жагы деп эсептелет.

Түштүк топ үчүн боз үйдүн төбөсү жарым тегерек формада болгон жапыс, кээде өтө эле жалпайган түрдөгүсү мүнөздүү. Түштүк кыргыздардын боз үйүнүн мындай конструкциялык өзгөчөлүгү ууктардын формасына жараша болот, мында ууктардын төмөнкү бөлүгү бир кыйла ийри түрдө жасалат. Башка жагынан боз үйдүн жыгач тулкусунун олуттуу айырмасы жок.

Түштүк кыргыздардын боз үйүнө анын жогорку кийиз жабуусунун («Үзүк») этек жагына жана эшик жабуунун сырткы бетине салынган аппликация түрүндөгү жасалга жакшы жарашык берип турат. Бул аппликациялар башка түстөгү кийизден жасалып, көп учурда топоздун анча чоң эмес бир тутам жүнү менен коздолот.

Эки топтун тең боз үйлөрүнүн ички жасалгаларында көптөгөн жалпы белгилер сакталып калган. Ал жалпылык буюм-тайымдардын негизги комплекстеринин бирдей жайгаштырылышынан көрүнөт. Үйдүн эшикке карама-каршы турган төр жагына калай темир же булгаары менен тышталган сандыкка жууркан-төшөктөр, кийиздер, жаздыктар, кийимдер, жумшак буюмдар салынган таңгактар жыйылып, ал жерде меймандар күтүлөт. Кире берише оң жакта чарба эмеректери, азык-түлүктүн кору, сол жагына ат жабдыктар, аркандар жана д.у.с. коюлат. Мурда жаан-чачын болгон учурларда ал жерде козу-улактарды да жайгаштырышкан. Коломтого от жагылып же темир меш коюлат.

Бул жалпы белгилер менен бирге кээ бир өзгөчөлүктөр да байкалат. Түштүк тобунун боз үйүнүн керегесинин курчап байлай турган жазы, оймо-чиймелүү токулуп жасалган тилкени («кереге таңуу») жана адатта ууктарды курчап байлай турган («жабык баш») жазы кийиз тилкени пайдаланышаарын белгилеп кетүү керек. Жогоруда эскерилген кийиз тилке (тасма) («туурдук баш») кээде жүндөн эшилген шоона менен шырылып коюлат. Мына ушул бардык жасалгалардын аркасында кыргыз үй-бүлөсүнүн орточо жашагандарынын да боз үйүнүн ичи

кооз көрүнөт. Мындан башка да сейрек үйдө гана жок болбосо, дээрлик ар бир үйдө бир нече килем буюмдар болбой койбойт; жумшак үй буюмдары салына турган, бет жагы оймо-саймалуу кийизден жасалган узун, кууш каптар («чавадан»), ууктарга илинип коюлуучу жана идиштерди же аялдардын баш кийимдерин, жасалгаларын жана д.у.с салып коё турган көздөрү бар чакан килемчелер («килемче», «аяк койчу» же «кош-жабык») бир кыйла көбүрөөк учурайт.

Түндүк тобундагы кыргыздардын боз үйлөрү түштүк кыргыздардыкына караганда бир аз кичирээк болгону менен, өтө бекем болот. Демейки типтеги боз үйдөн башка да байлар малчылары үчүн, ошондой эле кээ бир кедей үй- бүлөлөр чатырга окшогон («алачык» же «ак тегер») турак жайды жасашкан. Анын тулкусу чабак жыгачтардан жасалып, алардын бир учу жерге сайылып, экинчи учу ар бир боз үйдө боло турган демейки тегерек алкакка («түндүк») кийгизилет. Алачыктын чабактары адегенде чийден же камыштан жасалган бойро менен курчалып жабылып, анын үстүнөн кийиз менен жабышкан.

Синьцзяндын түштүгүндөгү көптөгөн малчылардын кыштоолорунда төбөсү жалпак турак үйлөрү бар. Бай чарбаларда андай үйлөр чарба курулуш- тары менен бирге чакан чарбактарды түзүп турат. Отурукташкан кедейлер жашаган жергелерде (мисалы, Кызыл-Тоодо) чала-була жылмаланган таштардан тургузулган үйлөрдөн турган чакан айылдар учурайт[30]. Көп учурда кедейлердин жайкы убактылуу турак жайлары бутактардан, чымдан жана палас болотнойлордон эптеп курула салган алачыктардан турат.

Какшаалдык кыргыздардын бир бөлүгү кышкысын там үйлөрдө жашашат, бирок алардын жанына кышында тамак-аш даярдоо үчүн пайдаланыла турган боз үйлөрдү да сөзсүз түрдө тигип коюшат. Бир аз окчунураак жерде койлор үчүн ачык кашарлардан («короо»), аттар үчүн сарайдан («аткана») жана тоют сактала турган кашаалардан («чөп там») турган чарбалык курулуштар жайгашып турат. Бардык ушул турак-жайлар менен чарбалык курулуштар кашаа менен курчалган эмес, кээде койлор үчүн кашаа үйдүн түбүнө жайгаштырылгандыктан ага короо аркылуу киришет.

Кыргыздар үйлөрдү, короо-сарайларды өзүлөрү салышпайт, бул максатта алар бул жагынан таанылган чебер уста уйгурларды чакырышат. Үйлөрдү чийки кирпичтен, төбөсүн жалпак, терезелерин чоң кылып салышат, үйдүн таманы топурак же тактай болот. Кээде үйдүн жанына сөзсүз түрдө алды чыгышка каратылган терраса («айван») салынат. Дубалына оюктар жасап, ичи-сыртын актап, кээде оймо-чиймелер менен кооздоп коюшат. Дубалдын жогорку бөлүгү да боз үйдөгү оймо-чиймелүү декоративдүү тилкедей эле, «жабыкбаш» деп аталганы кызык.

Бөлмөлөр катарынан жайгаштырылган; алардын саны үй-бүлөнүн кура- мына жана оокаттуулугуна жараша ар түрдүү (экиден төрткө чейин) болот. Төртүнчү бөлмөнү («чоң үйдү») кожоюндун үйлөнгөн иниси ээлейт. Үч бөлмөлүү үйдө бөлмөлөрдүн бири «мейманкана» деп аталып, жата турган жана коноктор күтүлө турган, ортоңкусу («дализ») — кире бериштеги бөлмөдө бут кийимдер чечилип, ат жабдыктар сакталат, жана үчүнчүсү тамак-аш бышырыла турган («ашманкана») бөлмө болуп, бир эле убакта ал кампа катарында да пайдаланылат. Ооз жагы ачык темир мештер менен жылытыла турган мейманкадан башка бардык бөлмөлөргө салынат. Үйдүн пландаштырылышы, бөлмөлөрдүн аталышы, дубалдарындагы оюктар, дубалдын бетин оймолоп-чиймелеп жасалгалоо бул жерде уйгурлар менен өзбектердин таасири тийген деп

болжолдоого мүмкүндүк берет. Үйдүн ички жасалгасында эмеректер менен буюмдарды жайгаштыруунун тартиби боз үйдө кандай болсо ошол эле тартип сакталган. Дубалдагы «текче» же «оюк» деп аталган жерлерге идиш-аяктарды жана баш кийимдерди сакташат.

Чийден жасалган бойрону («ашкана») эмеректер турган бөлмөгө коюшат. Кийимдерди эч нерсе менен жаппай эле дубалга ачык илип коюшат. Столдорду бул жерде дегеле колдонушпайт, алар бай үйлөрдө да жок. Буюмдардын бир бөлүгүн кышкысын боз үйдө калтырышат.

Какшаалдык кыргыздардын кийимдери бүтүндөй дээрлик Кыргыз ССРинин азыркы Тянь-Шань облусу менен Ысык-Көл кылаасындагы кыргыздардын эски кийимдерин мүнөздөй турган белгилерди сактап калган. Акыркы жылдарда болуп өткөн кээ бир өзгөрүштөр негизинен жаш муундардын кийимдерине тийешелүү, бул өзгөрүү калыбы, Синьцзянда жашаган башка элдердин (өзбектер менен уйгурлардын) таасиринен улам болсо керек.

Улуу муундардын өкүлдөрүнүн арасында ушул убакка чейин мурдагы, жакасы жок, төшү ачык көйнөк кийилүүдө.

Жаш жана орто курактагы эркектер азыр жакасы тик көйнөк («туюк көйнөк») кийишет; шым бардык эркектер үчүн бирдей болгон орто азиялык үлгүдө бычылып (алаасы кең) тигилет; кыш мезгилинде аларды көпчүлүк учурда териден тигишет («тери шым»). Көйнөктүн үстүнөн, узундугу тизеге чейин жеткен, бели кыпча, жакасы тик, жеңдүү кафтанга окшогон кийим («кемсел») кийишет. Кыска кемсел эскиче «ыпча» деп аталат. Бул термин ат-башылык кыргыздарга да белгилүү.

Эркектердин кийимдерин (кемсел менен чепкенди) өтө көп учурда койдун жана төөнүн жүнүнөн үйдө колдон токулуп жасалган кездемеден («таар») тигишет. Жылуу халат («чепкен») кышкы кийим болуп саналат; аны ар түрдүү материалдардан тигишет. Бул жерде эски фасондогу ичик («тон») кийишет, ал ак койдун терисинен тигилип, этек-өңүрүнө жээктете жана жакасына кара көрпөдөн жазы тилке — көбөө карматылат; азыркы чакта тонго кээде чоң жака тигишет. Жука ак кийизден жасалган халат («кементай») кеңири тараган, мунун этек, жеңдери менен өңүлөрүнө кара баркыттан ичке кыюу кармалып, жол-жол кылып шырылып коюлат[31]. Мындай кементайды кара кийизден сейрек жасашат.

Сырткы кийимдердин белин кары адамдар — «дүңгө кур»[32] деп аталган жол-жол кездемеден жасалган белбоо, ал эми жашыраактары — диагоналы боюнча оролгон саймалуу жоолук менен сөзсүз түрдө курчанып алышат; бай кыргыздар оймо-чиймелүү каңылтырлар жана күмүш чөгөрүлгөн пластиналар чегеленген булгаары кур («кемер») тагынышат. Бардык курактагы эркектер менен жаштар кыры көрпөдөн жасалып, төбөсү төрт бурчтуу болгон шапке («тебетей») кийишет; улгайган адамдардын тебетейинин төбөсү боз, кара баркыттан, кыры кара көрпөдөн, ал эми жаштардыкынын төбөсү кызыл же ачык-көгүш баркыттан, кыры суурдун же түлкүнүн терисинен жасалат. Уландар менен кичинекей эркек балдар жайкысын түстүү баркыттан жасалган топу кийишет.

Буттарына өтүк кийишет; карылар булгары кепич менен жумшак маасы, койчулар кийиз чокой[33] жана байпак кийишет.

Улуу муундагы аялдардын кийимдери эски убактагы кийимдердин бардык өзгөчөлүктөрүн сактап калган. Бул жерде жаш курагына жараша эки фасондогу кийим кийишет. Улгайгандарынын көйнөгү эни бүгүлүп тигилет да, өтө узун жана кең болот, ал эми бир кыйла жашыраактарыныкы — белинен төмөнүрөөк кыйыгы бар, кайырма жакалуу болот. Ушул азыр да, ырас, сейрек учурда, кызыл

жип менен кыйма-чийме саймаланган ак кездемеден жасалган манишканы («өңгүр») да пайдаланышат, бул өткөн мезгилдерде Кыргызстандын түндүгүндөгү аялдардын кийимдеринин мүнөздүү өзгөчөлүгү болгон.

Кечээки эле өткөн чактарда кездемени кашкарлык көпөстөрдөн алып турушкан; алар кездемелерди (алардын ичинде сатин, чыт, ак жана жол-жол мата, пахтадан токулган баркыт жана гүлдүү кездеме — «саркез») түз эле айыл-кыштактарга алып келишип, малга, жүнгө, териге, оймолуу-саймалуу кийиздерге айырбашташкан, ошондой эле акчага сатышкан.

Көйнөктүн үстүнөн бардык курактагы аяддар менен кыздар жакасы тик, жеңи жок күрмө (жаштардыкы — бир кыйла кыскараак), ал эми кээде жеңи кыска күрмө («чолок күрмө») кийишет. Мунун үстүнөн эркектердикиндей эле бычып тигилген, бирок бир кыйла узунураак «кемсел» кийишет. Азыр жаш кыздар үчүн кемселди көп учурда кайырма жакалуу, бүйүрмө түрдө, бирок дайыма кызыл же жол-жол баркыттан тигишип, күмүш топчу тагышат.

Тышкы кийимдери ар түрдүү кездемеден тепчилип тигилген халат («чоң чапан») жана жакасы жок, жака тарабына, өңүрү менен этек-жеңдерине ичке куну карматылган, халатка окшотуп бычылып тигилген тон («ичик») болуп саналат.

Эрдүү аялдардын кийиминде орустардын колдон токулган кездемеден жасалган юбкасына (понёвасына) окшош келген байыркы «белдемчи» сакталып калган; аны саймалуу кара баркыттан, ал эми малчылардын аялдары териден тигишет. Баркыт белдемчи күнүмдүк кийилүүчү кийим эмес, аны журт которуп көчкөндө жана майрамдарда гана кийишет.

Жаш аялдар кызыл же кара өтүк, ал эми улгайгандары — «маасы» жана «кепич» кийишет.

Черик уруусунун какшаалдык кыргыздарынын эри бар аялдарынын баш кийими («элечек») Кыргызстандын түндүгү үчүн мүнөздүү болгон тыкан формасы менен айырмаланат, ал кеп такыянын сыртынан ар бир катмарынын ылдыйкы чети тегиз чыгып көрүнүп тургандай болуп, оңду карай кабатталып оролот. Жаш аялдар аны кызыл кездеменин же кызыл баркыттын тилкеси жана күмүш каңылтыр желбирөөчтөр, шуру, маржандар менен кооздошот. Азыркы учурда элечекти баары эле кийишпейт, анын ордуна баштарына «чеке таңгыч» деп аталган таңгычы бар жоолук салынышат, ал «чеке таңгыч» маңдайды гана эмес, чачты дээрлик бүт бойдон жаап турат, ал артка, чачтын астынан байланат. Бул таңгычты бир түстүү кездемеден тигишет, мында анын жоолуктун алдынан көрүнүп турган бөлүгүн («чеке») белгилүү бир түстөгү башка кездемеден жасашат. Жаштардын чеке таңгычынын маңдай бөлүгүн кызыл, саргыч же чаар ала, улгайгандардыкын — жашыл, ак, күрөң, ал эми жесирлердикин — көгүш же кара кездемеден жасашат. Мындай адаттын максаты чачты башкаларга көрсөтпөө болуп саналат.

Эрдүү аялдар кечээ жакында эле Какшаалда кара баркыттан тилке кылып жасалып, күмүш каңылтырлар жана шуру-мончоктор менен кооздолгон «чачпак» тагынып жүрүшчү, азыр болсо анын ордуна чачтарына каңылтырлар менен шуру-мончоктордон турган же чоң тыйындардан жасалган кооздуктарды («чачуштук») байлап алышат. Байлардын үй-бүлөлөрүндө үйлөнүү тоюнда кыздар саймаланып, күмүш каңылтырлар жана шуру-мончоктор менен кооздолгон бийик, чуштугуй баш кийим («шөкүлө») кийишет.

Бойго жеткен жана кичинекей кыздар эркектердин тебетейине окшош баш кийим кийишет, анын кыры «кундуз» же көрпө болот да, төбөсү кызыл же көк баркыттан жасалат. 10—11 жаштан тартып кыздардын тебетейлерине сөзсүз

түрдө үкүнүн жүнүн тигип коюшат. Жайкысын болсо кыздар азыр саймасы жок, кызыл баркыттан жасалган топу кийишет.

Синьцзяндын түштүк бөлүгүнүн кийиминде да жалпы эле кыргыз кийимдерине мүнөздүү болгон негизги түрлөрү басымдуулук кылат. Бирок ошону менен эле бирге байыркы уруулук өзгөчөлүктөрдү чагылдырып турган же коңшу уйгур калкынан кабыл алынган айырмачылыктары да бар. Түштүк тобунун аялдар кийиминде күмүш топчу же монета (тыйын) менен топчулап коё турган, жакасы анча чоң эмес көйнөктү белгилеп кетсе болот. Көп учурда аялдар тышкы кийимди белбоо менен курчап алышат, ал эми көйнөктөрүн иш учурунда жоолук менен ороп байлап алышат; кары жана улгайган аялдар кебезден шырылып жасалган жазы курду («белдемчини») курчанышат.

Күмүштөн же күмүш чегерилген темирден жасалып, көйнөктүн жакасын төөнөп коё турган («бүчүлүк», же «төөнөш») өзгөчөлүү жасалга да кызык. Кеңири тараган, жеңи жок, көйнөктүн үстүнөн кие турган («келтече») кийим менен бирге жеңдүү тыш кийим да учурайт. Бойго жеткен жана кичинекей кыздар кээде сол өңүрүн оң капталына чейин жеткире топчуланып ала турган, уйгур фасонундагы («жийазы») тышкы шайы кийим кийишет. Аялдардын туалетинде көкүрөккө тагынып ала турган, каштын кылын жула турган искектен, кашты тегиздей турган устарадан, кулак тазалай турган жана тиш чукуй турган кыпчуулардын тобун — өзүнчө бир несессерди (кутучаны) көрөбүз, бул Синьцзяндын дунган жана уйгур калкынын арасында да тараган.

Бирок түштүк тобунун кыргыз аялдарынын костюмунун эң ажайып өзгөчөлүгү алардын баш кийимдери («кемек») болуп саналат, алардын ар кайсы «урууларда» бир аз айырмачылыктары бар. Бул баш кийим («чачкеп» же «кеп такыя»), айрыкча анын кыздын эки саамайынан ылдый жана далысына түшүп турган, кездемеден жасалган тарам-тарам болгон тилкелери түстүү жибек жиптер менен майда сайма түшүрүлүп кооздолот. Кеп такыянын үстүнөн жоолук салынат да, жоолуктун сыртын ак кездемеден элечек сыяктуу («уч») ороп коюшат. Элечектин ичине көп учурда маңдайкы бөлүгү урчуюп чыгып тургандай кылып бир үзүм кебез («тыккыч») салынат. Элечектин үстүнөн көп учурда саймаланып кооздолгон шайы жоолук салынып («сарбан жоолук» же «дария жоолук»), артка бошураак кылып байлап коюшат[34]. Элечекти өз кезегинде кээде саймаланган кездемеден, парчадан ж.б. жасалган тасма («маңдайлык» же «тартма», «кыргак») менен таңып алышат. Такыянын ылдыйкы четине беттин эки жагынан ылдый түшүп турган, чачысы бар, күмүш тарал- чалар менен бекитилген шуру-мончоктордун узун тизмегин илишет; бул шуру- мончоктун кыска тизмектери такыянын маңдай тарабына да илинет. Бул баш кийим өзүнүн формасы жана жасалгаларынын көптүгү боюнча синьцзяндык кыргыздардын түндүк тобунун аялдары кийүүчү элечектен айырмаланып турат. Аны негизинен салтанаттуу учурларда, конокко барышканда, майрамдарда жана башка учурларда кийишет. Мындай бардык жасалгасы бар элечекти байлардын, колунда бар мал ээлеринин жана жергиликтүү ак сөөктөрдүн аялдары гана күнүгө кийип жүрүшөт. Кемпирлер башына мех (куну) кармалган топу кийишип, анын үстүнөн кисея жоолук салынып, же тескерисинче, жоолук салынып, анын үстүнөн топу кийишет.

Эркектердин кийиминде жалпы кыргыздарга тиешелүү типтеринин жергиликтүү түрлөрү менен катар, уйгурлардын айрым бир таасири тийгендиги да байкалат. Алсак, айрым бир жерлерде эркектер кыргыздардын демейки тыш кийимине караганда бир кыйла узунураак болгон жана этегинин каптал

жактарында анчалык чоң эмес тилиги бар «чапан» кийишет. Тонду («жува») уйгурлардын фасону боюнча, жакасы жок, кара көрпөдөн көбөө карматып тигишет. Ошондой эле, бир жагына кымтылана турган, жакасы тик, кебез салып шырылын, тизеге жетпеген халат («кемсел») кийишет. Кедей катмардын арасында мурда колдон токулган кездемеден жасалган кийимдер, айрыкча кемселдер менен шымдар (шалбар) көп кезиккен. Топуну бардыгы эле кийишпейт; колдон согулган же пахтадан токулган жеңил кездемеден жасалган топулар да кезигет. Тумактары көп учурда Синьцзяндын отурукташкан калкынын тумагына окшош болот. Тумактын төбөсү бир кыйла бийик болот да, көп учурда эки түрдүү материалдан: мисалы, жогору жагы пахтадан токулган кездемеден, ылдый жагы баркыттан тигилет. Тумактар койдун терисинен, кээде кыркылганынан, же башка бир кунудан ичке тилке кылып карматылат. Бул тумактарды көп адамдар күндүз гана кийбестен, уктаганда да кийип жатышат. Койдун же түлкүнүн терисинен жасалган кыры жазы чоң тебетей да кийилет.

Жайкысын бардык жерде кийиз «калпак» кийишет. Түштүк райондордо төбөсү бир кыйла бийик, бир аз конус формасында болгон, эки жагында тилиги бар калпак колдонулат. Аны тиликтерин маңдайы менен желке тарапка келтирип кийишет. Кээ бир калпактарда жарыша кеткен эки сызык түрүндө ичке милте карматылат. Калпактын төбөсүнө адатта кара же түстүү жибек жиптен жасалган чачык («папик») тигип коюшат. Калпактын курбусуна баркыт капталып тигилет. Каргалык шаарынын (Кашкар округу) айлана-тегерегиндеги, өтө жука кийизден жасалып, аттын кылы менен тигиле турган калпактар өзгөчө бааланат. Чоң багыштар менен кутчуларда ушуга эле окшош, төбөсү томолок келген, кээде эки жагы тилик калпактар («тегерек калпак») тараган. Такыба карылар топусун анча узун эмес ак кездеме менен оролгон чалма кийишет.

Эркектердин көпчүлүгүнүн бут кийими (аялдардыкы да кончу бийик эмес, таманы уйдун же топоздун терисинен калың жасалган, такасы жок, тумшугу бир аз кайкы келген өтүк («чарык») болот. Чоң багыштарда кийиз байпактай, ылдый жагына чылгый кайыш каптап тигилип, кызыл ашык ченден тасма менен байлап коюла турган өтүк («тартма») тараган. Ушундай эле өтүктү Хотан округунун тоолорундагы уйгур малчылар да кийишет. Сары-Колдук кыргыздар байпакка окшош, түстүү шоона жиптерден согулган жүн байпак кийишет, мындай байпак коңшу тажиктерде да тараган.

Эркектердин тыш кийиминин мүнөздүү өзгөчөлүгү аны сыртынан жүн же пахтадан токулган кездемеден өрүп жасалган белбоо («кур») же пахтадан жасалган түстүү жиптер менен саймаланган жоолук курчанышат. Кээде белбоо кайыш кур («кемер») менен алмашылат. Чоң багыштар белбоо курчанышпайт, аларда күмүш жасалгалар чегеленген (байларда) кайыш курлар жолугат. Жалпы эле синьцзяндык кыргыздардын кийиминде акыркы мезгилге чейин таптык айырмачылыктар өтө ачык көрүнүп келген, бул алардын тиккен кийимдеринин материалдарынан өзгөчө байкалып турган.

Какшаалдык кыргыздарда көчмөндөрдүн чарбасы үчүн мүнөздүү болгон тамак-аштын илгерки түрлөрү сакталып калган. Нан калктын азыгында өтө эле аз роль ойнойт; аны майга куурулган бир үзүм камыр («боорсок»), же көмөч казанда бышырыла турган тегерек токоч түрүндө пайдаланышат. Чайды көпчүлүгүндө «каймак» жана май менен, таттуусу жок ичишет. Жакшы көргөн тамагы бышырылып, майда тууралган эт болот; кээде ага бышырылган күрүч кошушат. Мындан кийин, адатта сорпо берилет, айрым меймандардын каалоосу

боюнча сорпого бир аз айран кошушат же ага муздак суу аралаштырылат, бул Кыргыз ССРинин Тянь-Шань облусунда да колдонулат.

Ошондой эле палоо да даярдашат, бирок аны «чачмак» деп аташат; конок келген учурларда палоодон кийин баары бир меймандарга эт тартышат. Койдун өпкөсүнөн, анын ичине сүт менен май куюлуп, «олобо» деген тамак даярдашат, боордон «быжы» жасашат.

Кышка согум сойгондо жылкынын казысынан «чучук» жасашат.

Жай мезгилдеринде ар кыл түрдөгү сүт азык-түлүктөрү арпанын талканынан жасалып, жаргылчакка тартылып майдаланган курут кошулган «жарма» негизги тамак-аш катарында кызмат кылат. Тамак-ашка топоздун, койдун жана уйдун сүтүн пайдаланышат. Топоз менен уйдун сүтүнөн сырдын өзгөчө түрү болгон саргыч түстүү «эжигей» жана томолок түрдөгү даамы кычкыл «курут» жасашат, булар кышка карата даярдалат. Ал эми жаздан күзгө чейинки иче турган негизги суусундугу кымыз болуп саналат.

Жазында, бээлер саала баштаганда биринчи үч күн бою кымызды чогултушат да, төртүнчү күнү кымыз ичүүгө бүт айылды чакырышат; мында башка тамак берилбейт. Тамак ичкенде жана конок күткөндө үй-бүлө мүчөлөрүнүн орун алып отурушунда эзелки каада-салт сакталып калган. Аялдар дээрлик дайыма «ашкана» жакта, очоктун жанында отурушат; конок күткөндө үй ээсинин аялы да ашкананын жанында отуруп, сый тамакты кожоюнга берип турат, кожоюн болсо аны конокторго өзү кол жалгап, сунуп турат.

Эркектер аялдар менен чогуу конокко барышпайт, эгерде конокко аялдар келишсе, эрлери башка боз үйгө чыгып кетишет. Мусулмандардын диний майрамы «курман айт» болгондо эркектер менен аялдар өз өзүнчө топ болуп айтташат, мында эркектер айылдын бир тарабына барышса, аялдар анын экинчи тарабына барышат.

Азык-түлүктөрдү даярдоо жана сактоо үчүн, ошондой эле тамак-аш ичүү үчүн жалаң булгаары жана жыгач идиш-аяктар пайдаланылат, мындай идиштер тез-тез көчүп-конуп жүргөн шартта өтө бекем жана ыңгайлуу болот. Жыгач идиштер ар түрдүү көлөмдөгү «аяктардан» жана табактардан, чоң сузгучтан, эзелки формадагы кашыктардан жана «чапчактан» (челек) турат. Мындай кашык менен чапчак кесек тартылган арпанын унунан жасалган жарма үчүн колдонулат. Ар бир чарбада сөзсүз түрдө чулу жыгачтан оюлуп жасалган «соку» жана кол тегирмен («жаргылчак») болот. Идиш-аяктарды негизинен Кашкар менен Үч-Турпанда жашаган өзбектер менен уйгурлар даярдашып, аларды кыргыз айылдарына алып келип турушат. Кээ бир айылдарда кыргыз жыгач усталар да болот, алар идиштерди жөнөкөй токардык станокто («кырма») кырып жасашат. Тамак-ашка, жыгач чөйчөктөрдөн башка да, фаянс пияланы («чыны» жана «чоң чыны») колдонушат. Эмалданган идиштер самоор сыяктуу эле өтө байлардын үйүндө гана учурайт. Чайды атайын кумураларда («кашкар чайнек» же «чайдос») кайнатышат.

Боз үйдө же жайлоолорго көчүп-конгондо фаянс идиштерди сактоо үчүн чырпыктан даярдалган түбү тегерек болгон атайын кутуну («чыныкап») пайдаланышат. Кээ бир үилөрдө металлдан жасалган, сүрөт салынып коолдолгон илегендер болот, калыбы, муну алар уйгурлардан көрүп уруна баштаса керек. Булгаары идиштерди көп учурда аялдар өзүлөрү жасашат. Столду кыргыздар дегеле пайдаланышпайт, тамак-ашты түз эле шырдактын үстүнө жая салынган дасторконго коюшат.

Синьцзяндык кыргыздардын тамак-ашында тигил же бул үй-бүлөнүн мүлктүк абалы да байкалып турат. Түштүк топтун кыргыздарында да чарбалык иштеринин мүнөзү менен шартталган айырмачылыктардын бар экендиги белгиленди. Негизинен мал чарбачылыгы менен кесиптенишкен үй- бүлөлөрдө сүт азык-түлүктөрү басымдуулук кылат; ал эми дыйканчылык негизги кесиби болгон үй-бүлөлөрдө ундан жасалган жана аралаш тамак- аштар көбүрөөк болот.

Сүт азык-түлүктөрүнөн бир кыйла көбүрөөк пайдаланыла турганы «айран» болуп саналат, аны сүттү бышырып туруп, үстүндөгү «каймагын» калпып алгандан кийин уютуп жасашат. Каймакты муздак сууга чылап, андан кийин кайнатат. Ушундай жол менен сызгырылган «сары май» алышат. Сүттүн сүзмөсүнөн «курут» даярдашат. Өтө даамдуу болгондуктан топоздун сүтү өзгөчө бааланат. Кыргыздарда жылкы баккан жердин баарында кымыз даярдоо кеңири тараган. Бирок кээ бир бийик тоолуу жерлерде, мисалы, Сары- Көлдө, бээлер сейрек кулундагандыктан кымыз жокко эсе болот.

Көлөмү чакан тегерек токочторду ачыбаган камырдан казанга жаап

бышырышат, камырды катуу ысыган казанга жабыштырышат да, андан кийин казанды тулгадан алып, жарым-жарты көмкөрүлгөн түрдө, бир жагын тулгага жөлөп, алдына чокту шилеп коюшат. Көп учурда «каттама» жасашат. Жука жайылган камырды май менен майлагандан кийин бирин бирине каттап туруп, ичке тилке кылып кесишет; ар бир ушундай камырдын тилкесин рулон сыяктуу түрөт да, анан кол менен жалпайта басып, андан соң үбөлүк менен диаметри 25 см. ге жеткиче жаят. Мындай каттаманы казанда же көмөч казанда бышырышат; адегенде каттама салынган көмөч казанды отко коюшат, андан кийин көмөч казандын үстүңкү бетине ысык чокту үйүшөт да, ага бутактарды жагышат. Көлөмү жазы, жука жайылып жасала турган «жупка» өтө даамдуу тамак деп эсептелинет, аны казанда каймак майга бышырышат.

Кедейлердин арасында арпанын, сейрек учурда буудайдын унунан жасала турган «умач аш» кеңири тараган. Унду сууга чалып туруп, аны отко коюп, кайнатышат. Жарма муздаганда ага айран катыктап ичишет. Кээде жармага бир нече үзүм эт да кошушат. Мындан башка да бир аз сүт кошуп, кесме салып, «кескен суюк аш», камырды умачтап салып, бир аз пияз кошуп, бир нече үзүм эттен «жайыбаш» даярдашат; кээ бир жерлерде (мисалы, Бөрү- Токойдо) «чүчпара» жасашат.

Өткөндө негизинен байлардын жана оокаттуу мал ээлеринин гана колунан келе турган эттен жасалуучу тамак-аштардын ичинен койдун өпкөсүнө сүт менен май толтурулуп бышырылган «сүт өпкөнү» жана койдун ичегисине боордун, бөйрөктүн, жүрөктүн, эттин жана майдын майда кесиндилери, ошондой эле күрүч, кээде анын ордуна ун салынып жасала турган «быжыны» белгилеп кетүүгө болот. Бул тамак-аштар чоң майрамдарда же үй-бүлөдөгү жакшылыктарда даярдалган. Конок күтүүдө бышырылган эт менен сыйлоонун белгилүү бир ырасымы болот. Токоч же боорсок менен сорпо, боор менен куйрук май берилгенден кийин, кабыргалар, андан кийин бир эле убакта баш, жиликтер жана бүкүлү эттер тартылат. Көп учурда бышырылган этти майда туурап, бирок камыры жок, пияз кошуп гана жешет («туураган гөш» же «нарын»).

Туздалган чай ичүү кеңири тараган. Дандан жасалган ичимдикти — «бозону» кыргыздардын түштүк тобу ичишиейт, аны Текестин, Какшаалдын, Үч Турпан менен Ак-Суунун кыргыздары гана даярдашат.

Идиш-аяктардан жыгач, булгаары, фарфор жана металл идиштерди, булардын ичинде коңшу отурукташкан калктан кабыл алган үч буттуу чоюн казанды

(«даңкан») пайдаланышат; кичирээк казандарга сорпо жасап, ал эми чоңдоруна палоо даярдашат.

Тоо кыргыздары мингич унаа катарында жылкыларды, өгүздөрдү, төөлөрдү, топоздорду, сейрек учурда эшекти пайдаланышат. Ушул эле жаныбарларды жүк ташуу үчүн да пайдаланышат. Бийик тоолуу жайларда бул максатта пайдалануу үчүн өтө күчтүү жана чыдамкай келген топоздон өтөөрү жок. Мингич ээрдин эки түрү колдонулат: эзелки кыргыз тиби чарасы (карсаңы) кеңири, жарым тегерек болот, экинчиси самаркандык түрү («самарканның эгери») деп аталып, анын чарасы кең, кашы куш баш («куш пашы») болот. Даяр ээрди кыргыздар төөнүн териси, ал эми кашын топоздун териси менен өзүлөрү каптап алышат.

Е. И. Махованын жазганына караганда какшаалдык кыргыздарда балдарын 5—6 жашынан тартып атка өз алдынча мингенге үйрөтүшөт; балдардын ээри («айырмач») оймолонуп кооздолуп, Кыргызстандын түндүгүндө кандай болсо ошол түрдө жасалат.

## *Үй-бүлө жана нике*

Жогоруда айтылгандай чарбанын техникасынын төмөнкү деңгээлде болгондугунун жана жалпы эле кыргыз экономикасы менен коомдук мамилелеринин кечээ жакында эле артта калып келгендигинин шарттарында үй-бүлө нике мамилелеринде көптөгөн архаикалык жана консервативдик көрүнүштөр сакталып калган. Синьцзян кыргыздарынын турмушунда туугандык мамилелер ушул күнгө чейин чоң роль ойнойт. Бай үй-бүлөлөр гана өзүлөрүнүн экономикалык жактан көз каранды болбогондугунун аркасында белгилүү бир даражага чейин тууган-туушкандык байланыштарды барк албай, кайдыгер мамиле жасашып келген. Калгандары үчүн ошол кездеги социалдык жана экономикалык жашоо-турмушка мүнөздүү болгон бардык кыйынчылыктар менен болгон күрөштө тууган-туушкандардын жардамысыз өтө оор болмок. Эркектер тарабынан бир атадан тарап, «бир атанын балдары» деп аталып, теги боюнча бириккен тууган үй-бүлөлөрдүн топторунда айрыкча тыгыз байланыштардын бар экендиги байкалат. Мындай топтун үй-бүлөлөрүнүн ортосунда чарбалык (ар бир үй-бүлөнүн өз кожолугу болсо да), ошондой эле нике байланыштары бар.

Түштүк жана бир аздан түндүк топтор үчүн тууган-туушкандардын ортосундагы никелешүүдөгү мүнөздүү нерсе аларда эркек тарабы боюнча туугандардын (атасынын бир тууганынын кызы менен, атасынын бир тууганынын уулунун кызы менен ж.б. ) уул-кыздарынын бири бирине үйлөнө бергендиги болуп саналат. Мындай нике кыргыздардын көптөгөн башка топторунун ичинде учурабайт.

Мындан келип, Синьцзяндык кыргыздардын олуттуу бөлүгүндө нике мамилелеринин системасында ири өзгөрүүлөрдүн болгондугу жана шарияттын таасири астында мурда мындай никелешүүгө тыюу салуунун жоголууга баш койгондугу жөнүндө корутунду чыгарууга болот. Синьцзяндын түштүк тарабы боюнча алынган маалыматтар никелешүүнүн 50—60 пайызга чейинкиси азыр тигил же бул «урук» тобунун ичинде болоорун көрсөтүп турат. Бирок, ошол эле убакта, никелешүү мамилелеринин бир кыйла байыркы түрү да бар экени байкалып отурат. Никелешүүлөрдүн белгилүү пайызы (10—12%га чейин) энесинин «уругунан» алынган кыздар менен болгон никелешүүлөргө туура келет; кээ бир майда топтордо ал андан да жогору (20—25% га чейин). Кыздарды энесинин «уругу» тарапка күйөөгө берүү да орун алган. Кээ бир топтордо

белгилүү бир «уруктардын» өкүлдөрү менен никелешүүгө артыкчылык берилгени байкалат. Тай эжелерге үйлөнүү да (энесинин бир тууганынын кызына, өтө сейрек учурда, атасынын эже-карындашынын кызына үйлөнүү) эзелки салтка таандык, мындай никелешүүдө калың өтө эле аз төлөнөт. Жалпысынан калың алуу кечээ жакында эле үйлөнүүнүн милдеттүү түрдөгү шарты болгон. Калыңдын курамына байларда мал, күлүк ат, күмүш куйма («жамбы»)[35] кирген. Кедей үй-бүлөлөр үчүн бул салт өтө оор болгон, булардын арасында үйлөнбөгөн бойдок эркектердин пайызы бир кыйла көп.

Синьцзяндын кыргыздарынын арасында никелешүүнүн негизги үч түрү болгон: 1) али төрөлө элек балдардын ата-энелеринин келечектеги нике жөнүндөгү макулдашуусу («бел куда»), 2) бешиктеги же жаш балдардын келечектеги никелешүүсү жөнүндө макулдашуу («бешик куда») жана 3) бойго жеткендердин ортосундагы нике. Азыркы учурда Кытай эл Республикасында чыккан нике жөнүндөгү мыйзамдан кийин никелешүүнүн жогоруда көрсөтүлгөндөрүнүн үчүнчү түрү басымдуулук кылат. Эски убактарда нике курагы кыздарда 18—20 жаш, ал эми уландардыкы 20—25 жаш болгон. Бай үй-бүлөлөрдө өспүрүм эркек балдарды 17—18 жаштагы кыздарга үйлөнтүү көп эле учураган. 30—40-жылдарда (КЭРда нике жөнүндө мыйзам басылып чыкканга чейин) кыздарды 13—14 жашында күйөөгө берүү, өспүрүмдөрдү, эгерде алардын ата- энелери бай бөлсө, 12—15 жашында үйлөнтүү салт болгон; кедей үй-бүлөлөрдө жигиттердин үйлөнүү курагы алда канча жогору болгон. Никелешүү жөнүндөгү маселени ата-энелер, тагыраак айтканда, жигит менен кыздын атасы чечкен; жигит менен кыздан никелешүүгө макулдугун (айрыкча кыздардан) сурашкан эмес. Мурда левират салты бир кыйла сакталган, бул салт боюнча жесирге өлгөн күйөөсүнүн эң жакын кенже тууганы үйлөнгөн.

Азыркы учурда эркин Кытайдын бардык элдериндей эле жигиттер менен кыздардын никелешүүсү улам көбүрөөк ыктыярдуу мүнөзгө ээ болууда. Ошондой болсо да үйлөнүү үрп-адатынын улуттук түрү ушул убакка чейин олуттуу даражада сакталып калууда.

Синьцзяндык кыргыздардын үйлөнүү тоюн өткөрүү үрп-адаты өзүнө: куда түшүү, күйөө менен кыздын үйлөнүү жөнүндө убадалашуусуна байланышкан ырым-жырымдар, «башкы той», калыңдын өлчөмүн бычуу, аны төлөө, кыздын ата-энесинин үйүндө үйлөнүү тоюн өткөрүү жана жаңы үйлөнгөн жубайлардын күйөө баланын ата-энесинин үйүнө алып келүү сыяктуу каада-салтты камтыйт. Бирок, кыргыз коомунун ар түрдүү катмарларында үйлөнүү каада- салты мурда дегеле бирдей болгон эмес. Бул каада-салттардын айрым бир өзгөчөлүү мүнөзгө ээ болгондорунан төмөнкүлөрдү көрсөтүүгө болот: күйөө бала менен колукту үйлөнгөнгө чейин бардык эле учурда жолугуша алган эмес; үйлөнүү тоюна бараардын алдында күйөө баланын атасы атайын сый тамак («чачыла той») уюштуруп, ага калың төлөөгө жана башка үйлөнүү чыгымдарына материалдык жардам көрсөтүшө турган адамдар чакырылган; үйлөнүү тоюнда күйөө баланын атасы колуктунун энесинин эркек бир туугандарына белек-бечкектер берүүгө милдеттүү болгон.

Мурдагы мезгилдерде жаш күйөө бала келинчеги бала төрөгөнгө чейин келинчегинин ата-энесинин үйүндө жашап, ушундан кийин гана аялын өз үйүнө алып кеткен. Азыр болсо үйлөнүү тоюнан кийин келинчегинин ата- энесинин үйүндө беш-алты күн жашап турат да, андан кийин өз үйүнө кетет, бирок бир нече күндөн кийин кайтып келип, аялынын үйүндө 15—20 күн жашап турат да, кайрадан өз үйүнө кайтып келет. Минтип аялына келип- кетип туруу беш-алты

жана андан да көбүрөөк айларга созулат[36]. Ал эми келинчеги кош бойлуу болуп калганда күйөөсү аны өз үйүнө алып кетүүгө милдеттүү. Акыркы убактарда күйөө баланын келинчегинин төркүнүндө үйлөнүү тоюнан кийин жашап турушунун мөөнөтү улам көбүрөөк кыскарууда. Бул үрп- адаттардан матрилокамык никенин калдыктарын көрбөй коюуга болбойт.

Кыргыз үй-бүлөсүндөгү аялдын абалы, патриархалдык каада-салттардын бекем сакталып турганына карабастан, үйдөгү бардык иштер жана бир жагынан мал багуу анын мойнунда болсо да, мурда да таптакыр укуксуз болгон деп айтууга болбойт эле. Аял балдарды гана багып, тарбиялабастан, тамак-аш даярдаган, жип ийрип, өрмөк согуп, аркан эшип, тери иштетип, боз үйдү чечип-тигип, уй, кой-эчкилерди саап жана башка иштерди да аткарган. Эркектердин милдетине малды жайытта багуу, айыл чарба иштери, соода-сатык жана д.у.с. иштер кирген. Бирок кыргыз аялдары үй турмуш-тиричилигинде белгилүү бир эркиндиктен жана өз алдынчалыктан пайдалана алышкан; алар эркектер менен бир катарда көптөгөн үй-бүлө иштерин кошо чечишкен. Аялдар эркек- терден бөлүнүп, өзүлөрүнчө жүргөнүнө карабастан үй-бүлөлүк шаан-шөкөттөргө, коомдук чогулуштарга катышышкан. Кыргыз аялдары карым-катышты жакшы көрөт. Колу бош убактыларда абысын-ажындар, курбулар, кошуналар дайыма бири бирине катташып турушкан. Бирок үй-бүлөдө башчылык эркекке

таандык болгон; кыз өзүнө жубай тандоодо атасынын эркине баш ийүүгө тийиш болгон, күйөөгө чыккандан кийин бир жыл бою жана андан көбүрөөк убакыт өзүнүн кайнатасына көрүнбөй качып жүрүүгө жана өзүнүн көз каранды абалын башка жагдайларда да туюп-сезүүгө аргасыз болгон.

Баласы жок үй-бүлө өтө сейрек болот. Бирок, жагымсыз экономикалык шарттардын жана медициналык жардамдын жоктугунун натыйжасында кечээ жакында эле балдардын өлүмү өтө жогору болгон.

## *Майрамдар жана коомдук оюн-зооктор*

Өткөн мезгилдерде бир айлык орозо кармоонун аяктаганына байланыштуу («орозо айт») жана кудай жолуна курмандык чалуу ырым-жырымына байланыштуу («курман айт») диний мусулман майрамдары милдеттүү түрдөгү майрамдар болуп саналган. Мындан башка да жаңы жылды тосуу майрамы да өтө популярдуу болгон, бул майрам жаздын башы ченге, адатта март айына туура келген (кыргыздардын жыл саноосу боюнча бул ай «жалган куран» деп аталат). Бул күнү колунан келгендердин бардыгы мал союп, калгандары боорсок бышырып, нан жабышкан, бирок бардыгы арпанын же буудайдын данынан сөзсүз түрдө ритуалдык тамак-аш («көжө») даярдашкан. Бул үчүн данды а дегенде сокуга жанчып, урпагын бөлүп, тазалап алып, андан кийин казанга кууруп, акырында аны сууга кайнатып, «ботко» жасашат. Ага сууга эритилген «курут» кошушат. Колунда барлары боткону эт кошуп даярдашат. Айылдын тургундары күн бою бири бириникине киришип, тамак-аш ичишет, бул тамакты «нооруз» деп аташат.

Кечинде эки жерге от жагышат. Балдар, жаштар жана айрым бир кары адамдар оттун үстүнөн секиришип, аялдар болсо отко жакын келишип, этек-жеңин күбүшүп, «алас, алас, ар балакеттен калас», «жаңы жыл келди, эски жыл кетти» деп айтышат.

Жамааттащып көңүл ачуунун катарына кыш күндөрүндө кезектешип өткөрүлүүчү сый тамак («шерине»)[37] кирет. Бул негизинен жаш эркектердин тобу тарабынан уюштурулат да, анда аңгеме-субхаттарды өткөрүшөт, жомок айтышат,

ыр ырдашат ж.б. Аңгеме-субхаттар аяктап, оюн-зооктор токтогон маалда эт тартылат. Бул түн оогонго чейин созулат. Конокторго төшөк салынып, алардын бардыгы ошол эле жерде түнөп калышат. Эртең менен тарап кетишет да, кечкисин дагы башка бир шеринечинин үйүндө конокто болушат.

Күзүндө, кыштоого көчүп кеткенге чейин жайлоодо бир нече айылдын жаштары тамаша-зоокторду («оюн») уюштурушат. Оюндар кезеги менен улам бир айылда өткөрүлөт. Көпчүлүк учурда «эшме» («тоотмек») ойношот. Өрүлгөн жоолукту колуна алган адам ыр ырдап, андан кийин аны өзү каалаган жигитке же кызга берет. Жигит же кыз ордунан турат да, кыз менен жигит бири бирине далысын салып турушуп, баштарын артына буруп, бири бири менен саламдашышат. Айлуу түндө көчөдө «ак чөлмөк» ойношот. Мында оюнга катышкандардын бирөө тарабынан ыргытылган ак чөлмөктү таап, аны белгиленген жерге («чек») алып келүүгө тийиш.

Оюн-зоокторго улак тартыш оюну да кирет.

### *Элдик чыгармачылык*

Башка кыргыздардагыдай эле синьцзяндык кыргыздарда элдик чыгармачылыктын ар кандай түрлөрү кеңири тараган. Оозеки чыгармачылыктын ичинде баатырлар жөнүндө баяндар, жомоктор, ырлар, макал-лакаптар ж.б. бар. Бирок кыргыздардын түштүк тобуна эпостук жанрдан жомоктор жана «кенже эпос» деп аталгандын айрым түрү, мисалы, Кожожаш мергенчи жөнүндөгү поэма сыяктуулар гана белгилүү; алардын арасында «Манас» жана «Семетей» сыяктуу чоң чыгармалар дээрлик аткарылбайт. Бул чыгармалар чоң багыштарда, чериктерде жана түндүк кыргыздардын башка топторунда зор сүйкүмдүүлүккө ээ.

Бай ыр чыгармачылыгы калктын арасында өтө сүйүктүү болгон музыкалар менен коштолот. Дээрлик ар бир үйдө үч кылдуу чертме аспапты («комуз») жолуктурууга болот; бул комуз Кашкар округунда бир аз кыскараак келет да, моюну саал артка чалкалап турат. Аялдар темир комузда («ооз комуз») ойношот, кээде ооз комузду оюнчук текенин («так теке») бийи менен коштоп чертишет. Текени жыгачтан жасашып, кызыл баркыт менен каптап, көзүнө мончок тагып, башына тоо текенин мүйүзүнө окшотуп, мүйүз жасап тигип коюшат. Андан соң аны таякчага отургузуп, ал таякчаны тегерек жыгач таканчыктын тешигине орнотуп коюшат. Ал таякчанын төмөн жагына жип байлашат да, анын бир учун комузда ойногон аял же кыз кармап алат. Текенин буту салаңдап бош болот, ал эми жипти тартканда ал секирип, бутун таканчыкка такылдатып тийгизип, бир кызыктай кыймылдарды жасайт. Бул айтылган музыкалык аспаптардан башка да флейта («чоор») колдонулат, аны куштун (айры куйруктун же бүркүттүн) ийин сөөгүнөн жасашат.

Боз үйдү жасалгалоодо, ошондой эле кийимдерди кооздоодо ар түрдүү оймо-чиймелердин чоң роль ойной тургандыгы жогоруда белгиленген эле. Колдонмо көркөм сүрөт өнөрүн өнүктүрүүдөгү негизги эмгек бул жагында да аялдарга таандык. Аялдар жүндөн түктүү килемдерди, кийиз шырдактарды, оймолонуп жана саймаланып жасалган ар түрдүү кездемелерди даярдоодо өзгөчө бийик чеберчиликке жетишкен. Негизинен Кашкар округунда даярдалган кыргыз килемдери татыктуу түрдө даңкталып, аларды Кашкар менен Жаркенттин базарларында токтотпой сатып алып турушкан. Жогоруда аталган кийиз буюмдардан («чавадан» жана «аяк койчу») башка да куржун, ээрдин чарасына салынчу кийиз («эгер көпчүк»), ошондой эле узуну 3 м, туурасы 1,5 м болгон бир

кыйла чоң килемдерди да даярдашат. Килемдердин негизинен кызыл жана көгүш түстөгүсү басымдуулук кылат. Оймо-чиймелерде айрым бир кытай мотивдери да учурайт.

Оймо-чиймелүү килемдер жана өрүлгөн, согулган, эшилген буюмдар какшаалдык кыргыздарда боёктору менен композицияларынын [38] өзгөчөлүгү менен айырмаланат.

Оймо-чиймелүү килемдер эки түрдө даярдалат, анын бири эки түстүү (көп учурда кызыл көгүш түс менен айкалышып) ири жапырт оймолор менен жасалып, ортосунан экиге бөлүнөт, анын бири негатив жана позитив принциби боюнча экинчисинин фону болуп саналат (бул түрү бүткүл Кыргызстан боюнча тараган) жана Какшаал үчүн бир кыйла оригиналдуу жана типтүү келет; ал көп түстүүлүгү жана боёкторунун өзгөчө тазалыгы жана ачыктыгы, композициясынын өзгөчөлүгү менен айырмаланат. Мындай килемдин борбордук бөлүгү 16 майда чарчы оймодон турат, мунун ар биринде эки түс (кызгылт сары менен көк, кызыл менен көк, кызыл менен ак түстөр) айкалышып, эки кабат кыюу түшүрүлөт. Чарчынын ичиндеги оюмдардын ортолору башка түстөгү жүн шоона менен шырылып («жээк»), сүрөткө рельефтүү түр берип турат. Ушул эле типтин экинчи бир түрү: кабыргасынан коюлган 10 чарчы оймо тигилет да, алардын ортолоруна үч бурчтуктар тигилет. Чекелерине үч кыюу жайгаштырылат: а дегенде кызыл ийри-буйру саймалары бар ичке ак кыюу, андан кийин саймалуу жазы кыюу салынып, ал да ийри-буйру болот.

Какшаалдык саймалуу чий (бойро) композициясы жана түстөрү боюнча эки түргө бөлүнөт. Бир кыйла көбүрөөк тараганы — шырдактагыдай эле 16 же андан азыраак чарчыдан турган оймо-чиймелүү түрү болот. Ал чарчылардын ичине башка түстөгү оймо-чиймелер жайгаштырылат. Көп учурда кызыл менен сары, күрөң менен ак же кызыл менен, ак көгүш түс менен айкалышканы кезигет. Мындай чийде кызгылт сары менен кызылт түс айкалыштырылып, бир гана тарабына жээк түшүрүлөт. Ошондой эле фону бир түстө, көп учурда кызыл түстө болуп, саймалары ири жана жапырт түшүрүлгөн чийлер да жолугат, алар кудум эле Кыргызстандын бүткүл түндүк тарабында тарагандарга окшош келет.

Түштүк тобунун кыргыздарында саймалуу жүн кездеме палас катарында колдонулат; ал ар түрдүү жазылыктагы тасмалар түрүндө да даярдалып, боз үйдүн кереге-ууктарын бекитип, байлоого жана ошол эле убакта аларды коолдоо (мисалы «кажар» тасма), ат жабдыктын («шалча»), кийимдердин жээктерине («ыраакы») карматып тигүүгө жумшалат.

Түштүктүк аялдар өзүлөрүнүн баш кийимдерин гана эмес, көйнөктүн оюу-кыюуларын, «бешик жабууларды», куржундарды жана аяк каптарды, чарбалык майда буюллдар салынуучу «баштыктарды», жаздык каптарды жана башкаларды да чоң чеберчилик менен саймалап, шөкөттөшөт. Көчүп-конгон учурларда аттын башына жана төөнүн моюндарына «ат жалы» жана «төө мойнок» деп аталып, ар түрдүү түстөгү кездемелердин кыйыктарынан тигилип, саймаланган жасалгаларды кийгизип коюшат. Оймо-чийме түшүрүү үчүн кийиз жана тери аппликациялар да пайдаланылат.

## *Дини*

Кыргыз калкынын басымдуу көпчүлүгүнүн маданий деңгээли акыркы мезгилге чейин өтө төмөн болгон. Негизинен коомдун оокаттуу катмарынын ичинде гана учурай турган сабаттуулардын пайызы жокко эсе. Аз сандагы мектептердин мугалимдери кыргыздар эмес уйгурлар болуп, аларда көп учурда

окуу уйгур тилинде жүргүзүлөт. Айрым бир кенттерде отурукташкан кыргыздардын балдары уйгурлардын балдарынан бөлөк окушкан.

Кыргыз калкынын маданий жактан артта калгандыгы мусулман дининин катуу таасири жана ар түрдүү ырым-жырымдар, ыйыктарга сыйынуу, эмдомчулук, бүбү-бакшылык ж.б. аркылуу ого бетер тереңдеп турган. Бир айлык орозо тутуу сыяктуу мусулманчылыктын талабы ушул азыр да бир кыйла катуу сакталып калган. Бирок, мусулман диний жөрөлгөлөрүнө ушундай берилип мамиле жасоо менен катар, синьцзяндык кыргыздар мусулманчылыкка чейинки түпкү атанын арбагы менен же аларга таандык кылынган олуялык касиет менен байланыштырылган ыйык жерлерге («мазарга») сыйынуу да сакталып калган. Ушундай ыйык жерлердин бири «Бөрү токой ата» мазары болуп саналат, ал ушундай аты уйкаш жерде, анча бийик эмес тоодон орун алган. Ал (диаметри 3 м келген) таштардан тургузулган тегерек кашаадан турат, анын жанында топоздун куйруктары илинген алты шыргый жана ак желек байланган бир шыргый бар. Кашаанын ичинде аркарлардын, тоо текелердин мүйүздөрү менен баш сөөктөрү жатат. Таштардын арасына сайылып коюлган кыска таякчаларга ары-бери өткөндөр тарабынан көптөгөн чүпүрөктөр байланып коюлган. Бул жерге илдеттен арылуу үчүн оорулуу адамдар келишкен, ылаңдаган малды да айдап келип турушкан.

Ушундай эле мазарлар көптөгөн башка жерлерде да бар. Кээ бир тоолор да, мисалы Маркан-ата (Улуучаттын аймагындагы), Музтаг-ата тоолору ыйык деп эсептелинет. Ушундай тоолордун жанынан өтүп бараткандар аттан түшүп, дуба окушат. Эгерде кимдир-бирөө дуба окубай өтүп кетсе жана ал кокустан бир кырсыкка учураса, анда аны урмат көрсөтпөгөндүгү үчүн Маркан-ата (же Музтаг-ата) жазалады деп эсептешкен.

Төрөбөгөн аялдар эң эле алыскы жерлерден кечээ жакынга чейин эле Аппак кожонун мазарына сыйынуу үчүн келип турушкан. Үстүлөрүнө матадан жасалган эң эле начар көйнөк кийип алышып, жөө келишкен. Өзүлөрү менен кошо алган акчаларына Кашкардан кой сатып алышып, аны союп, андан соң шайыктардын бирине диний садака катарында беришкен. Ар бир аял мазарда бир нече күн жашап турган. Күмбөздүн дубалынын сырткы бетиндеги тешикке колдорун салышып, анын ичинен колуна эмне тийсе ошону (чымын, курт, чач, чөп, чүпүрөк) жутуп жиберишкен, бул төрөбөстүктү эмдөөнүн эң мыкты каражаты деп эсептелинген.

Кашкар округунун кыргыздарында кечээ жакында эле шамандар («бакшы») болгон, алар оорулуу адамдардын денесинен жин-шайтандарды кууп чыгуу жолу менен эмдешкен. Шамандардын арасында эркектер да, аялдар да болгон. Эмдөө учурунда бүбүлөрдүн колдорунда уйгур шамандардыкынан («пери- хон») көлөмү боюнча бир аз кичирээк коңгуроо («дап») болгон. Даптын чекелерине тегерете көптөгөн металл шакекчелер илинип коюлган. Оорулууну эмдеп жаткан учурда бүбү дапты тарсылдатып кагып, шакекчелерин шалдыратып турган.

Бакшылар болсо эмдөө учурунда камчы менен бычакты гана пайдаланышкан. Алар өзүлөрүн, оорулууну жана катышып отургандардын кээ бирөөлөрүн камчы менен чаап, жылаң аяк буту менен чок, ысытылган таш басып, өзүн жана оорулууну бычак менен сайгылашкан. Эгерде жин «чыгып кетпесе», анда аркан менен түндүктөн сыртка чыгып кетип, кайра түндүктөн түшүп келген. Бакшылар өзүлөрүнө жардамга чакырган олуялардын арасында Музтаг-ата, Маркан-ата, Так-Сулайман пайгамбар жана башкалардын аты аталып турган. Дарылоо, адатта,

түнкүсүн өткөрүлгөн. Синьцзяндагы бүбү-бакшылык уйгурлардын бүбү-бакшыларынын күчтүү таасири астында болгону ачык эле көрүнүп турат.

### *Синьцзян кыргыздарынын жаңы турмушу*

Синьцзяндын кыргыз калкы жөнүндө мурда айтылгандардын бардыгы негизинен Кытайда, анын ичинде Синьцзяндын территориясында элдик-демократиялык бийлик орногонго чейинки мезгил жөнүндө айтылды.

1949-жылдан тартып синьцзяндык кыргыздардын бүткүл социалдык-экономикалык уклады, жашоо турмушу менен тиричилигинин шарты акырындык менен терең өзгөрүүлөргө учуроодо. Элдик Кытайда кыргыздар толук саясий тең укуктуулукту алышып, эми алар эң эле унутулган жана азап чегип жүдөгөн майда эл болуудан калды. Алардын укуктары менен кызыкчылыктары Кытай Эл Республикасынын Элдик саясий консультативдик кеңешинин жалпы программасында бардык улуттук азчылыктар жөнүндө жарыяланган ошол эле бийик принциптер менен корголуп жана камсыз кылынат. Синьцзяндын боордош кытай, уйгур, казак, дунган жана башка калктары менен бирге кыргыздар жаңы, жаркыраган турмушту курууга киришти. Алар үчүн социалисттик келечекке алып баруучу жолду жарык кылып турган маяк катарында кубаттуу Советтер Союзу кызмат кылат, ал эми жашоонун жаңы түрүн куруудагы практикалык тажрыйбаны Синьцзяндык кыргыздар бүткүл кытай эли менен бирдикте, улуу орус эли менен, коңшу советтик республикалар — Кыргызстан, Казакстан, Тажикстан жана Өзбекстандын элдери менен тыгыз бирлештикте жана достукта болуу аркылуу алат.

Ырайымсыз эксплуатациялоодон жана эзүүдөн, улуттук чыр-чатактардын отун жаккан аракеттеринен көрүнгөн гоминдандык өкмөттүн реакциячыл саясаты кыргыз калкынын экономикалык жана маданий жактан терең артта калуусун күчөткөн. Элдик бийликтин Синьцзяндын кыргыз калкы жашаган уезддериндеги маанилүү милдеттеринин бири кыргыз чарбасынын негизги тармагы болгон мал чарбачылыгын өнүктүрүүгө берген жардамы болду. Кыргыз малчылар эпизоотияларга каршы күрөштө натыйжалуу жардамдарды алууда. Жыл сайын аларга эпидемияларга каршы эмдөөлөрдү жүргүзүү үчүн ветеринардык отряддар барып турушат. Алар мал сатып алуу үчүн өкмөттөн карыз акча (ссуда) алышат.

Элдик өкмөт көчмөн мал чарбачылыктан акырындык менен малды алыскы жайыттарда багууга өтүүнү тездете турган бир катар чараларды жүргүзүүдө. Ушуга байланыштуу кыргыз калкы да көчмөн жашоодон отурукташып жашоого өтүүдө. Уезддик эл өкмөттөрү малчылардын кеңешмелерин чакырып, анда малды багып-өстүрүүнүн алдыңкы тажрыйбалары жыйынтыкталууда. Кышкы мал сарайларын куруу, малды кышында тоют менен камсыз кылуу сыяктуу иштер практикага киргизилүүдө.

Жогорку азык-түлүктүү мал чарбасын өнүктүрүүдө маанилүү орун Советтер Союзунун жардамы менен түзүлүп жаткан мамлекеттик мал чарбаларына таандык. Жүргүзүлүп жаткан иш-чаралардын натыйжасында кийинки жылдарда малдын башын кескин көбөйгөнү белгиленүүдө. Алсак, Улуучат уездинде боштондукка чыккандан кийинки 9 жылдын ичинде малдын башы үч эседен көбүрөөк өсүп, дээрлик 100 миң башка жеткен[39]. Кеңири, тоютка мол жайыттардын бар болушу кыргыз мал чарбачылыгынын өнүгүшү үчүн кеңири перспективаларды камсыз кылууда.

Дыйканчылык менен кесиптенишкен кыргыз калкы үчүн 1953-жылы аяктаган жер реформасынын жүргүзүлүшү зор окуя болду. Байлар менен жарым-феодалдарга оор көз карандылыктан кутулган эмгекчи дыйкандар өзүлөрүнө тийген жер аянттарын дилгирлик менен иштетишип, эккен өсүмдүктөрдүн түшүмдүүлүгүн жогорулатууда. 1958-жылы дыйкан жана малчы кыргыздардын көпчүлүгү бул жерде түзүлгөн элдик коммуналарга кириштиᅟ[40].

Синьцзяндын эмгекчи кыргыз калкынын турмуш жыргалчылыгын көтөрүүдө бул аймакта кеңири жайылтылган мамлекеттик соода тармактары чоң роль ойноду, бул соода иштери ири айыл-кыштактардагы магазиндер жана мамлекеттик соода компанияларынын көчмө соода алачыктары аркылуу ишке ашырылган. Алар кыргыздарды керектүү өнөр жай товарлары жана тамак-аш азык түлүктөрү, алардын ичинде мурда кыргыздардын көпчүлүгүнүн колу жетпеген товарлар (ун, кант, чай, пахтадан токулган кездемелер ж.б. ) менен камсыз кылып жабдып, алардан мал чарба азык-түлүктөрүн адилеттүү баада сатып алып турушат.

Кыргыздар жашап турган уезддерде өнөр жай ишканалары курулууда. Улуучат уездинде пайдалуу кендерди казып алуу боюнча кен өнөр жайы өнүгүүдө. Советтер Союзунун жардамы менен бул жерде тургузулган кен ишканалары менен заводдордо көптөгөн кыргыз жумушчулар эмгектенишүүдө. Кытайдын кыргыздарынын тарыхында биринчи жолу жумушчу табы пайда болуп жатат[41].

Бардык жерде кыргыз эмгекчилердин кирешелери өсүп, алардын турмуш деңгээли, маданияты жана билими жогорулоодо.

Улуттук азчылыктар, алардын ичинде кыргыздар жашаган райондордо элдик саламаттык сактоо иштерине бир кыйла чоң көңүл бурулууда. Бул жерлерде азыртан эле көптөгөн ооруканалар, амбулаториялар жана уезддик медициналык пункттар ачылган. Мындан башка да көчмө медициналык отряддар иштейт. Синьцзяндын кыргыздары азыркы медициналык жардамдардан пайдаланууга биринчи жолу мүмкүнчүлүк алышты. Кедейлерди акысыз медициналык тейлөө уюштурулган. Мурда кыргыз үй-бүлөлөрүнүн чоң кырсыгы болуп саналган балдар өлүмүнө каршы күрөштө бир кыйла жакшы натыйжаларга жетишип, балдардын төрөлүшү өстү.

Кыргыздардын маданий артта калгандыгы да жоюлууда Ондогон баштапкы мектептер ачылып, аларда кыргыз балдары өз эне тилинде окуп жатышат. Азыр орто даражадагы бир нече кыргыз мектептери да бар. Кызыл-Суу автономдуу округунда гана 1958-жылы бул мектептерде 400 гө жакын окуучулар окуган[42]. Окуучулар патриотизмдин жана интернационализмдин духунда тарбияланууда. Кыргыз жаштарынын өкүлдөрү Пекин, Тяньцзин, Ланьчжоу, Үрүмчү шаарларынын ар түрдүү окуу жайларында (улуттук азчылыктардын институттарында, техникумдарында ж.б. ) да окушат.

Агартуу иштеринин өнүгүшү кыргыздардын жазуусун түзүү менен тыгыз байланыштуу. Азыркы учурда кыргыз тилинде окуу китептери, саясий, көркөм жана илимий адабияттар, «Кызыл-Суу» округдук газета басылып чыгууда. Азыр араб алфавити убактылуу колдонулууда, кийинчерээк ал латын тамгасы менен алмаштырылат. Ушул тапта кыргыз тилин жана жазуусун окуп-үйрөнүү боюнча комитет сыяктуу илимий борбор иштеп жатат.

Кыргыз автономдуу округунда үч маданият үйү, ар бир уездде бирден клуб бар. Беш көчмө кино дыйкандарды, малчыларды жайыттарга барып тейлеп турат. 1957-жылы адабий-көркөм ансамбль түзүлүп, ал Синьцзян-Уйгур

автономдуу районунда өткөн биринчи адабият жана искусство фестивалында 2-сыйлыкты жеңип алган. Оозеки элдик чыгармачылык жана өздүк көркөм чыгармачылык ырларда Кытайдын Коммунисттик партиясы, төрага Мао Цзэдун жана социализмди куруп жаткан кыргыз элинин бактылуу турмушу макталат.

Синьцзян бошотулганга чейин кыргыздардын мамлекетти башкаруу ишине катышууга укугу жок болгон. 1954-жылы Синьцзяндын жогорку бийлик органына — эл өкүлдөр жыйынына кыргыз калкынан тогуз өкүл шайланып[43], ал эми кыргыздардан бир өкүл Бүткүл кытайлык эл өкүлдөр жыйынына шайланган.

Синьцзян-Уйгур автономдуу районунда жашаган кыргыздардын саясий, экономикалык жана маданий жагынан ар тараптан өнүгүшү үчүн 1954-жылы июлда бул жерде бир нече автоноллдуу административдик бирдиктер түзүлгөн, алар: Ак-Чий (Ахеци), Улуучат (У-хэ), Артуш (Атуаньши) жана Ак-Тоо уезддеринен турган Кызыл-Суу кыргыз автономдуу району; бул районго Үч- Турпан (Уши), Жаңы-Гиссар (Иньцзиши), Таш-Коргон (Пули) жана Кашкар (Шуфу) уезддеринин кыргыз калкы жайгашкан бөлүктөрү да кирген; Иле (казак) автоноллдуу округунун курамындагы Кызыл-куре (Текес) уездиндеги Көк-Терек улуттук кыргыз району жана Моңгол-Куре (Чжаосу) уездиндеги улуттук кыргыз болуштугу[44] кирген.

## ЭТНОГРАФИЯ МААЛЫМАТТАРЫНДАГЫ КЫРГЫЗДАРДЫН ЭТНОГЕНЕЗИНИН МАСЕЛЕЛЕРИ

Бул докладга негизинен биздин мезгилде же биздин мезгилге чейинки жакын араларда чогултулган этнографиялык материалдар негиз болду. Бул материалдарды пайдалануу менен биздин алда канча мурдараактагы доорго таандык болгон айрым бир маселелерди да чечип алууга мүмкүнчүлүгүбүз бар. Археологдорго кол сунуу менен этнографтар өзүлөрүнүн материалдары акыр аягында археологдордун маалыматтары менен айкалышат, ошондо тигини да, муну да алда канча тыгызыраак байланыштыруу үчүн мүмкүнчүлүк да пайда болот деп үмүттөнө алышат.

Ошондой болсо да, ар түрдүү мезгилдердин булактарынын мүнөзүндөгү камтылып турган өзгөчөлүктөр кыргыз элинин куралуу процесси жөнүндөгү маселеге карата болгон көз караштарда белгилүү бир ажырымдыктарга алып келиши мүмкүн.

Биздин докладыбыз башка илимий дисциплиналардын өкүлдөрү тарабынан жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжаларын эсепке алуу менен түзүлдү, ошондуктан биз алар жөнүндө өзүнчө эскербейбиз.

Этнографиялык булактарга мунун кандай даражада тиешеси болсо биз азырынча ошондой даражада СССР ИАсынын жана Кыргыз ССРинин Илимдер академиясынын Кыргыз комплекстүү археологиялык-этнографиялык экспедициясынын ишине байланыштуу башталган этнографиялык изилдөөлөрдүн алгачкы жыйынтыктары жөнүндө гана айта алабыз[1]. Сунуш кылынып отурган доклад аяктап бүткөн изилдөөлөрдүн натыйжасы эмес, ал бар болгону иштин алгачкы гана кадамы, сапаты боюнча өтө түркүн түстөгү жана көп учурда карама-каршы келген этнографиялык материалды «тереңирээк чалгындоо» гана болуп саналат.

Тилекке каршы, тарых илими да, археология да бизге өздөрүнүн булактарынын мүнөзү боюнча кыргыз элинин келип чыгышынын проблемаларын кароо учурунда пайда боло турган бир катар суроолорго жооп бере албайт. Буга кыргыз эли кайсы этникалык элементтерден куралган, бул этникалык элементтердин куралышы жана кыргыз элинин жаралышы кайсы территорияда болуп өткөн, кыргыз элинин пайда болуу процессине катышкан бир нечелеген топтордун Кыргыз ССРинин азыркы территориясына келген жолдорун кайдан издөө керек, кыргыз элинин курамына кирген негизги этникалык компоненттердин салыштырма салмагы кандай болгон деген ж.б. ушуга окшогон суроолор кирет.

Бул суроолорго берилүүчү жооптор толук болбошу мүмкүн, бирок алардын айрымдарына этнографиялык илим да өз жообун берүүгө чакырылган.

Этнографиялык илимдин маалыматтары мурда калыптанып калган көз караштар жана корутундулар менен дал келбей калышы мүмкүн. Ошондой болсо да, көпчүлүк учурларда толук түрдө шексиз мүнөздө болгон этнографиялык маалыматтардын маанисин танып салууга болбостур. Тилекке каршы, тарыхчылар менен археологдордун бир катар изилдөөлөрү кемчиликтерден куру эмес, алар этнографиялык булактар бере турган маалыматтарды тийиштүү түрдө эсепке алышпайт. Мындай абал изилдөөлөрдүн фактыларынын белгилүү бир даражада жетишсиз болушуна, айрым бир-бир жактуулукка жана негизделбеген же өтө талаш гипотезалардын, теориялардын жана болжолдордун пайда болушуна алып келүүдө.

Этногенез проблемаларын чечүүдө, этнографиянын мүмкүнчүлүктөрү белгилүү бир даражада чектелген болсо да, баарынан мурда ал хронологиялык алкактар менен чектелген болсо да ага белгилүү бир роль таандык. Ошондой болсо да этнографиялык материалдар, а түгүл алардын бир кыйла кийинкилери да туура пайдаланылса, аларга олуттуу илимий мамиле жасала турган болсо, алар этникалык тарыхтын алда канча мурдараактагы мезгилдерине карай жол ачып бериши мүмкүн.

Кыргыз элинин келип чыгышы жана анын куралышы жөнүндөгү маселени карап жатып, биз баарыдан мурда, бул эл куралган конкреттүү этникалык компоненттерди издөөгө тийишпиз. Көпчүлүк учурларда жалпы эле кыргыздар жөнүндө, бардык кыргыздардын көчүп келиши жөнүндө айтылып келатат. Бизге азыр бул жалпы түшүнүктөрдөн качууга убакыт жетти. Биз этногенетикалык изилдөөлөрдү бул элди түзгөн конкреттүү топтордун этникалык тарыхына негиздеп жүргүзүүгө тийишпиз. Кыргыз экспедициясына катышкан этнографтардын тобу тарабынан жүргүзүлгөн изилдөөлөр дал ушул маселеге арналган.

Биз тараптан жана биздин топтун башка мүчөлөрү тарабынан пайдаланып жаткан этнографиялык булактардын катарына материалдык маданияттын жана элдик көркөм сүрөт өнөрүнүн эстеликтери, элдик уламыштар менен легендалар, элдин урук-уруу курамы жөнүндөгү маалыматтар, чарбачылыгы менен техникасын, үрп-адаттары менен ырым-жырымдарын мүнөздөй турган материалдар жана акырында топонимика кирет. Этнография жакынкы эле өткөн чактарда мындай түрдөгү пайдалуу жана баалуу, бирок да чектелген гана материалдарга ээ болуп келген. Булар, баарыдан мурда, Ч. Ч. Валихановдун, В. В. Радловдун, Н. А. Аристовдун, А. Соколовдун жана башкалардын эмгектери. Өз мезгилдери үчүн булардын ар бири алдыга жасалган ири кадам болгон. Бирок азыркы талаптардын көз карашынан алганда бул эмгектер олуттуу изилдөөлөр

үчүн бекем негиз боло албайт. Кыргыз элинин этникалык тарыхы боюнча маалыматтар жагындагы иш ушундай абалда турат. Материалдык маданият, материалдык өндүрүштүн маалыматтары жагындагы абал ого бетер начар, ал эми үрп-адаттар менен каада-салттарга келе турган болсок, анда буларды мүнөздөй ала турган материалдар кыргыз калкынын бардык эле топторун толук камтый албайт, анын үстүнө алар азырынча анчалык жетиштүү пайдаланыла да элек. Бир катар шаарлардын архивдери менен башка сактоочу жайларында сакталып турган тарыхый-этнографиялык материалдар сөзсүз түрдөгү баалуулуктарга ээ.

Кыргызстандын комплекстүү археологиялык-этнографиялык экспедициясынын этнографиялык отряды тарабынан 1953—1955- жылдарда чогултулган жана ошондой эле колдо болгон адабияттардагы этнографиялык маалыматтардын бүткүл комплекси кыргыз эли куралган негизги этникалык компоненттер жөнүндө, эң болбоду дегенде анын бир кыйла кийинчерээктеги — XVIII—XIX кылымдардагы бейнеси жөнүндөгү маселеге чоң үлүштөгү тактык менен жооп берүүгө мүмкүндүк берет.

Республиканын бардык райондорунун кыргыз калкынын урук-уруу курамы жөнүндөгү жарым-жартылай басмадан чыккан жана жарым-жартылай басмага даярдалып жаткан карталар Кыргыз ССРинин территориясында жайгашып жашап турган бардык этникалык топтор жөнүндө түшүнүк берет[2]. Мен аларды кайталап, санап отурбастан, буга байланыштуу болгон бир катар маселелерди карап чыгууга өткүм келет. Биз тигил же бул элди этнографиялык жактан кандай изилдебейлик, ал изилдөөлөр сөз болуп жаткан элдин курамына кирген негизги компоненттердин түпкү келип чыгышы так аныкталган шартта гана ийгиликтүү болушу мүмкүн. Кыргыз эли үчүн бул ого бетер маанилүү, анткени кыргыздардын аты менен байланыштуу болгон хронологиялык жана географиялык, аймактык жана мезгил координаттары өтө кеңири. Ошондуктан кыргыздарды этнографиялык жактан изилдөө тармагында эң биринчи катарда турган милдеттердин бири бул маселени чечүүгө жардам бере ала турган бардык материалдарды чогултуу жана изилдеп үйрөнүү болуп саналат.

Эгерде «кыргыз» деген аталышты ал жашап келе жаткандан берки бардык мезгилдерде бирдей этникалык мазмунга ээ болгон аталыш катарында карай турган болсок, анда кыргыз этногенез проблемасын чыныгы маанисинде эч качан чече албайбыз. «Кыргыз» деген аталыш белгилүү бир мезгилдерде «казак», «өзбек» деген аталыштар кандай мазмунга ээ болгон болсо, ошондой эле мазмунга ээ болгонун моюнга алууга туура келет. XV кылымдагы «казак» деген аталыштан конкреттүү бир этникалык мазмунду көрүүгө мүмкүн беле? Ошол эле мезгилде «өзбек» деген аталышты кайсыл этникалык бир бүтүн топ алып жүргөн? Өзбек-шейбанилерди бир бүтүн эл деп атоого бизде кайсы негиздер бар? Кыргыздар жөнүндө да ушунун эле өзүн айтууга туура келет.

Кыргыз деген бир эле аталышты биз ар түрдүү мезгилдерде, бири биринен алда канча алыс жаткан территориялардан жолуктура турганыбыз бизди ыңгайсыздандырбоого тийиш. Жүрө-жүрө этникалык мазмунга ээ болуп калган тигил же бул аталыш өзүнчө алганда эч нерсени чече албайт. Алсак, «болгар» («булгар») деген этноним бир нече кылымдар бою эки этникалык топко таандык болуп келген. X—XV кылымдарда волгалык-камалык булгарлар өздөрүнүн этникалык курамы боюнча славян-болгарларга тиешеси өтө эле алыс турган эл болгон, бирок кантсе да славян-болгарлар өздөрүнүн этникалык атын волгалык-камалык булгарлардын ата-бабаларынан кабыл алышкан.

Бул жерде толук окшоштукту табууга аракеттенүүгө болбойт, бирок негизинен тигилердин да, булардын да аталыштарынын дал келгендигине негизденип, бир жагынан, Тянь-Шань менен Памир-Алайдын кыргыздарынын, экинчи жагынан Енисей кыргыздарынын ортосунда түздөн-түз байланышты табууга аракеттенүү кыргыз элинин келип чыгыш проблемасын илимий түрдө чечүү үчүн негиз катарында кабыл алууга боло койбос. Маселени ушундайча коюу кайсы бир даражада метафизикалык мүнөзгө ээ болоор эле. Аталыш, этноним, аны алып жүргөн этникалык топ мезгил жагынан алганда да, ошондой эле мейкиндикте да эч кандай өзгөрүлбөй тура бере турган, бирок кыймылда болуп турган нерсе катарында каралат. VII кылымдын кыргыздары XIX кылымдагы кыргыздардай эле бирдиктүү этникалык жамаат катарында каралат. Буларды бөлүп турган миң жыл, менин көз карашымча, жетишээрлик түрдө көңүлгө алынбайт. Енисейдин кыргыздары менен Тянь-Шандын кыргыздары жөнүндө сөз болгондо өндүргүч күчтөрдүн башкача деңгээли, географиялык айлана-чөйрөнүн, өндүрүштүк мамилелердин башкачалыгы эсепке аз алынат.

Бирок, ошондой болсо да, бул этнонимдин Енисейдин башы ченден алыскы түштүк-батышка, Оро-төбөгө чейин келип жеткенин кандайча түшүндүрүүгө болот? Баарыдан мурда, бир аз болсо да тарап жүргөн, бирок кандайдыр бир олуттуу факт жүзүндөгү илимий жактан негизи болбогон, енисейлик кыргыздар Тянь-Шанга XV кылымдын орто ченинде калмактар менен бирге басып алуучулар катарында келишкен жана үстөмдүк кылып тургандыктан ошол территорияда калыптанып калган элге өз аталышын берген деген «теорияны» чечкиндүү түрдө четке кагуу керек.

«Кыргыз» деген аталыш, айрыкча өтө эле апыртылып жиберилген кыргыздардын «улуу державасынын» доорунда, калыбы, этникалык эмес, саясий мазмунга көбүрөөк ээ болсо керек. Ал жалаң гана Минуса ойдуңунда жана Саян-Алтай аймактарында гана эмес, андан алда канча түштүгүрөөктөгү, азыркы Жунгариянын жана жарым-жартылай Чыгыш Түркстандын территориясында жашап турган түпкү теги ар түрдүү болгон уруулардын бир канча олуттуу топторун өзүнө камтып турган. X кылымдын булактары кыргыздардын түштүк чек арасы Чыгыш Түркстан аркылуу өткөндүгү жөнүндө ишенимдүүлүк менен кабарлайт[3]. Демек, теги борбордук азиялык болгон уруулардын бир бөлүгү кыргыздардын азыркы жашап турган территориясына жакын аралыктарда жашаган.

Эгерде кыргыз урууларынын бир бөлүгү түндүк-чыгыштан жана чыгыштан батыш Тянь-Шанга карай, андан кийин түштүгүрөөк тарапка бир нече жүз километрге жылып, азыркы кыргыздар жашап турган территорияда болуп калышса, анда кыргыздардын Енисейден көчүп келгендиги жөнүндө сөз кылуунун зарылдыгы барбы? Биздин колубузда болгон материалдар азыркы Кыргызстандын территориясына Енисейде жашаган кыргыздар эмес, Чыгыш Тянь-Шань тоо этектериндеги, жарым-жартылайы Ертиш бойлорунда жана Алтайда жашаган кээ бир түркий тилдүү уруулар көчүп келишкен деп болжолдоого мүмкүндүк берет. Бул уруулар үчүн «кыргыз» деген аталыш алгач этноним эмес, алар өздөрү таандык болгон саясий биримдиктин аталышы гана болгон.

Бул татаал маселеге диалектикалык мамиле жасоо менен, эгерде X—XI кылымдарга чейин «кыргыз» деген аталыштын географиялык жактан таралышы бул аталыш этникалык өздүк аң-сезим болуп саналган этникалык ядро үчүн алда канча кеңири болгондугун, ал эми X—XI кылымдардан кийин, тескерисинче,

кыргыз этногенез процессине тартылган уруулардын чөйрөсү «кыргыз» этноними түздөн-түз байланыштырылган территориядан алда канча кеңири болгондугун айтып кетүүбүз керек. Бул аталыштан тышкары турган бардык этникалык топтор кыргыз этногенезине эч кандай тиешеси жок деп эсептелинип келген.

Бир мисал келтирип кетким келет. Таң калаарлык кокустуктан улам Кыргызстандын тарыхчылары Султан Бабурдун «Бабурнаама» деген аталыш менен белгилүү болгон мемуарына көңүл бурушкан эмес. Ырас анда кыргыздар жөнүндө эч нерсе жазылган эмес. Бирок Ферганадагы социалдык- экономикалык абалга байланыштуу болгон бир катар көрүнүштөргө токтолуп келип, ал Фергана менен Кашкардын аралыгында тоолордо көчүпконуп жүргөн уруу жөнүндө жазат, мында бир нече жүз эмес, бир нече миң үй-бүлө жөнүндө сөз болот. Бабур көрсөткөн уруунун аты кээде «чакрак», же «чогрек»[4] деп ар түрдүү окулуп жүрөт. Мындай уруу азыр кыргыздардын курамында жок, бирок бул жагдай бизди ыңгайсыздандырбоого тийиш, анткени Бабур өзүнүн XVI кылымдын башы ченине таандык болгон мемуарында эскергенден кийин, мындай ири уруу орду түбү менен жок болуп кетиши мүмкүн эмес. Мында кеп, бул жерде биз кыргыздар менен гана байланыштырууга боло турган ото маанилүү этникалык белгини көрүп отургандыгыбызда болуп жатат. Бабур бул тоолордо (муну ал жүрүүгө кыйын болгон тоолор катарында сүрөттөйт), көчмөндөр көптөгөн жылкылар менен койлорду багып өстүрүшөөрүн, өгүздөрдүн ордуна кутастарды (топоздорду) багып, өстүрүшөөрүн жана топоздордун өтө көптүгүн жазат. Орто Азияда кыргыздардан башка топоздорду багып өстүрүү негизги кесиби болгон башка бир да эл бизге белгисиз. Бул болсо бизге Бабур тарабынан аталган, Анжияндан түштүк тараптагы тоолордо жашаган ири уруу кыргыз элинин курамына кирген деп айтууга толук негиз боло алат.

Кыргыз этногенез проблемасын чечүү үчүн этнографиянын колунда болгон бардык ар түрдүү маалыматтардын ичинен, биз негизинен, этнонимика жана генеалогиялык да, ошондой эле тарыхый да элдик уламыштар бере турган даректерге токтолуп кетебиз.

Булактардын бул түрлөрү менен байланыштуу болгон маселелерди изилдеп-үйрөнүүнүн азыр жүз жыл дээрлик тарыхы бар. Бул багытта иштелгендердин баарына токтолуп отурбастан, мен изилдөөнүн бул тармагында менден мурдагы жакын араларда эмгектенгендерден улуттук кыргыз окумуштуулары профессор Б. М. Юнусалиевди, профессорлор Б. Ж. Жамгырчинов менен С. И. Ильясовду жана башкаларды белгилеп кетким келет.

Этнографтар жооп берүүгө тийиш болгон биринчи маселе кыргыз эли куралган этникалык компоненттер кандай болгон жана алар теги боюнча кайдан келип чыккан деген маселе болуп саналат.

Бул суроого жооп берип жатып, биз кыргыз эли жайгашып жашап турган территорияда мекендеген бардык көп сандаган этникалык топтор жөнүндө бирдей даражада ишенимдүүлүк менен айтуу мүмкүнчүлүгүнө азырынча ээ боло албай отурабыз. Алардын бир кыйла ири бөлүкчөлөрүн чыгарып салган күндө да, ошондо да кыргыз калкынын элүүгө жакын ар түрдүү топтору каралууга тийиш. Ошондуктан биз азыр негизинен айрым бир негизги топторуна токтолуп кетүүгө тийишпиз. Эгерде бул топтор жөнүндөгү маселени чечүүгө туура мамиле жасоого жетише алсак, анда биз андан ары бүткүл кыргыз элинин этникалык тарыхынын негизги контурларын кайрадан түзүп чыгууга мүмкүнчүлүк алабыз.

Тигил же бул этнонимдерди жана алар жөнүндө айтылып жүргөн уламыштарды талдоодо төмөнкүдөй бир жагдайды эске алуу зарыл: өткөн замандарда, эреже катарында, кыргыз тилин билбеген адамдар тарабынан системалуу түрдө так эмес жазууларга жол берилгендиктин натыйжасында этнонимдерди жазууда чоң каталар жана чаташуулар орун алган, бул болсо өз кезегинде, жалпы эле кыргыз элинин жана айрым топтордун келип чыгышы жөнүндө негизделбеген гипотезалардын, божомолдордун жана теориялардын пайда болушуна алып келген.

Тарыхтын жана географиянын колдо болгон материалдары менен фактыларын байыркы моңгол тилдүү жана түрк тилдүү уруулар менен элдердин этнонимикаларын салыштырып көрүүнүн негизинде кыргыз элинин этникалык тарыхынын эң маанилүү этаптарын чагылдыра турган этникалык топ- тордун бир нече катарын бөлүп көрсөтүүгө болот.

Мындай топтордун биринчи катары шарттуу түрдө биздин замандын VI—X кылымдары менен белгилөөгө боло турган мезгил менен байланыштуу. Бул мезгилге байыркы түрк урууларынын чөйрөсү менен жакын байланышы болгон этнонимдер таандык, алар, атап айтканда, төмөнкүлөр: кыпчак, төөлөс, мундуз, кушчу, канды, арык, бугу, азык, ошондой эле, мүмкүн, багыш, сарбагыш,

кара багыш, ак багыш, чоң багыш, саяк (жарым-жартылай), адигине жана айрым бир башка этнонимдер. Кыпчак, төөлөс, каңды (каңлы) жана башкалар сыяктуу топтор түпкү тектери боюнча байыркы түрк урууларына шексиз таандык экендигин далилдеп отуруунун зарылдыгы деле жоктур, муну өз учурунда кадыр-барктуу изилдөөчүлөр далилдешкен болучу. Менин энчиме айрым бир башка топторду бул катарга киргизүүнү аргументтештирүү үлүшү гана калат.

Бугу тобунун генеалогиялык уламыштарын кылдаттык менен карап чык- канда, анын курамына киргизилип жүргөн арык бөлүкчөсү (же арык тукуму) анын тектеш бөлүгү эмес экендиги ачык эле көрүнүп турат. Кала берсе XVIII кылымда бугулардын Ысык-Көлгө келишине байланыштуу болгон уламыштарда да арыктар өз алдынча топ катарында чыгат. Бул болсо, Г. Е. Грумм-Гржимайлонун арыктар өздөрүнүн теги боюнча уйгурлардын арик деген аталышты алып жүргөн урууларынын бири болуп саналат деген пикирин колдоого мүмкүндүк берет[5]. Азык тобун биз Батыш-Түрк кагандыгынын асигилери менен гана эмес, азыркы теленгуттар менен ач-кыштымдардын[6] курамына кирген төрт-ас тобу менен да жакындаштырабыз, мында биз азыктардын кыргыз тобунун өкүлдөрү өздөрүн «төрт тамгалуу азык» деп аташаарын эске алып отурабыз. Ал эми багыштардын беш тобунун келип чыгышы жөнүндөгү маселени биз өтө татаал маселе деп эсептейбиз жана азырынча аны толук чечүүнү колго ала албайбыз. Кандай болгон күндө да Н. А. Аристовдун багыштардын тегинин келип чыгышы шексиз түрдө Енисей менен байланыштуу деген гипотезасы[7] далилдене элек деп эсептөөгө туура келет. Кыргыз урууларынын карлуктар менен байланышы жөнүндө кабар берип турган айрым бир жаңы даректер Б. Х. Кармышева тарабынан келтирилген тажик карлуктарынын этнонимдери менен кыргыздардын этнонимдеринин кээ бир дал келүүлөрүнө бизди терең ыклас коюп мамиле жасоого мажбурлайт. Алсак, карлуктардын «мажактар» деген этнонимине кыргыздардагы чоң багыштар менен саруулуктардын ичиндеги «мачак» топторунун аталышы дал келет. «Гилат» этнонимине ошол эле чоң багыштардагы «килет» деген аталыш туура келет[8].

Кыргыз этникалык топторунун мындан кийинки катары өздөрүнүн келип чыккан теги боюнча ири эки тарыхый окуяларга: байыркы түрк уруулары мекендеп турган территорияга кидандар менен моңголдордун басып киришине байланышкан мезгилге — XI—XIV кылымдарга туура келет. Бул катарга негизинен моңгол тегиндеги жана башка тектеги топтор кирет. Буларга нойгут (Рашид ад-Дин эскерген онгут уруусу менен жакындаштырабыз), баргы (баргу же баргут деген моңгол уруусу), Коңурат (моңголдук хонкират), катаган (моңголдук хатакин), баарын (моңголдук баарин), найман, керейит, меркит таандык[9]. Кийинки аталган эки топ оштук төөлөстөрдүн ичинде жашашат. Кодогочун (моңгуштардын курамындагы) жана карагунас (адигиненин курамындагы) сыяктуу топтор да теги боюнча моңголдук экени талашсыз. Буларга адигиненин курамындагы ардай тобу да таандык болушу мүмкүн. Ушуларга окшогон, бирок кийинчерээк пайда болуп, калмак деп аталып, ар түрдүү этникалык куралыштардын курамына кирген кээ бир топтор да монгол тектүү десек болот. Кытай тобу өзгөчө орунда турат. Бул топтон кыргыздар тарабынан ассимиляцияланууга дуушар болгон кидандардын же кара кытайлардын алыскы тукумдарын көрө алышыбыз толук мүмкүн.

Топтордун үчүнчү катары кыргыз этногенезинин акыркы этабына таандык, бул этап азыркы кыргыз элинин этникалык бейнеси калыптанып калган кийинки жүз жылдыктарга, XV—XVIII кылымдарга таандык. Булар — теги боюнча ногой-казак топтору, булардын ичинен биз негизинен Суусамыр, Жумгал өрөөндөрүндө жана Нарын дарыясынын ортоңку агымдарында жашаган чекир-саяктар деп аталгандарды, жетиген тобун жана саруунун курамынан (алакчын, колпоч), сарбагыштын курамынан (абыла, сабыр, чагалдак) кээ бир топторду, ошондой эле, Талас өрөөнүндөгү калктын курамына кирген теги казак айрым майда топторду бөлүп көрсөтөбүз. Топтордун бул катарын өзүнчө бөлүп көрсөтүүгө эмнелер негиз болгондугу жөнүндө төмөндө толугураак токтолобуз.

XV—XVIII кылымдарда түзүлүп, калыптанган этникалык топтордун төртүнчү катарына биз моңгол-түрк тегиндеги аралаш топторду, баарынан мурда моңголдор менен чериктерди кошобуз. Биз булардан, биринчи кезекте, чагатайлык моголдорду көргүбүз келет, булардын этникалык курамы тарыхый булактар тарабынан биз үчүн жетишээрлик түрдө түшүндүрүлбөгөн бойдон калууда.

Акырында бешинчи катарга коюла турган, XVIII—XIX кылымдарда пайда болгон анчалык чоң эмес этникалык топтор өздөрүнүн түпкү келип чыккан теги боюнча кыргыздар менен өзбектердин, жарым-жартылай тажик калкынын ортосундагы этникалык байланыштарга милдеттүү. Алардын ичинде сарттар, маңгыттар, сарай, чертике жана айрым башка топтор бар. Калча деп аталып жүргөн айрым топтор тажик тегиндеги топтор. Бул аталыштын өткөн замандарда таралган тоолук тажик-галчалардын аты менен байланышы бар.

Ошентип, кыргыз элинин этникалык курамында үч башкы ар түрдүү тектеги катмар ачылып көрүнөт: а) борбордук азиялыктар, б) ногойлор-казактар жана в) кийинчерээктеги батыш түрк элементтери. Булардын калыптанышы ар башка территорияларда жана ар башка мезгилдерде жүргөн. Ушуга байланыштуу биздин алдыбызда кыргыз элинин курамына кирген этникалык топтордун мейкиндик-территориялык байланыштары кандай болгону, б.а. алардын кайсы территорияларда түзүлүп, калыптанганы жөнүндөгү маселени карап чыгуу милдети турат.

Баарынан мурда, биз түштүк алтайлыктардагы: кыпчак, найман, меркит, толес (кырг. төөлөс, дөөлөс), кергит (кырг. керейлер) деген этнонимдер менен түздөн-түз окшоштугу бар болгон өтө маанилүү кыргыз этнонимдерин бөлүп алууга тийишпиз. Кыргыздарда төөлөстөрдүн ата-бабаларынын ичинде чулум бар, алтайлыктарда болсо чулум-мундуз деген бөлүкчө бар. Мундуз этноними да ушуга таандык: алтайлыктарда кочкор-мундуз, кыргыздарда — коткор-мундуз, алтайлыктарда — дьярык, кыргыздарда — жарык тобу жана башкалар бар[10].

Кыргыздар менен хакастарда жалпы этнонимдер алда канча аз. Алар: кыргыздарда — желдең, хакастарда — чжелден, бугу жана акырында, «кыргыз» этнонимдери. Хакастар менен кыргыздардын этникалык байланыштары ушулар менен гана чектелет. Тувалыктар менен бизде айрым бир дал келүүлөр бар, алар: монгуш, толестер жана баягы эле «кыргыз» этнонимдери[11].

Демек этникалык байланыштар алда канча көбүрөөк санда Алтайда байкалып отурат. Этникалык аталыштардагы мындай параллелдер жалгыз эмес, алар Алтайдагы элдер менен кыргыздарда өтө ачык байкалаарлык түрдө үндөшүп турган тарыхый-маданий мүнөздөгү бир катар көрүнүштөр менен коштолот.

Мына ушундан улам этникалык жактан бир кыйла туруктуу келген үрп-адаттар жана каада-салттар менен байланыштуу болгон кээ бир учурларга көңүл бурууга туура келет. Мындан он жылга жакын убакыт мурда белгилүү географ-альпинист В. И. Рацек Ысык-Көлдүн сырттарында үстүнө жыгачтан тургузулган бир катар бейит курулуштарын көргөн[12]. Азыркы кыргыздарда бейит үстүндөгү саганалар таптакыр башка түрдө курулат. 1954-жылы географ А. В. Станишевский тарабынан Синьцзяндын түндүк тарабында, Бийик-Тоо кыркасынын этектеринде жайгашкан бүтүндөй бир кыргыз көрүстөнүнүн фото сүрөттөрү тапшырылган. Көрүстөн В. И. Рацек сүрөттөп жазган эстеликтерди элестеткен жыгач саганалардан турат, ал эми экинчи жагынан, ал Л. П. Потапов тарабынан белгиленип сүрөттөлгөн алтайлык бейит курулуштарын элестетет. Мындай көрүнүштөрдү кокустук деп эсептөөгө болбостур.

Бейит курулуштарынан башка да кээ бир культтар жагындагы дал келүүлөр жөнүндө да айтууга болот. Мисалы биз кыргыздар менен алтайлыктар үчүн жалпы мүнөздүү болгон тоо культун жолуктурабыз. Бул культ Алтайда өтө кеңири тараган, XIX кылымда бир катар изилдөөчүлөр тарабынан бир кыйла өтө жөнөкөй түрдө кыргыздарда да бар экени белгиленген[13].

Бир катар үйлөнүү каада-салттарында, үй-бүлө мамилелериндеги калдыктарда, спецификалык ырым-жырым терминологиясында алтайлыктар менен кыргыздарда бир кыйла көп жалпылыктар бар. Мисалы, алтайлыктарда, казактарда жана кыргыздарда үйлөнгөн жаш жубайларды алкап, бата берүүнүн жалпы эрежеси бар. Кыргыздарда ал бата мындайча айтылат: «Алдыңды бала бассын, артыңды мал бассын, кудай жалгасын; алтайлыктарда: «Алдыңгы адаганди бала пазын, киинги адаганди мал пазын, кан кудайдын көзи тип...» деп бата берилет[14].

Сеп, калың менен байланышкан, нике мамилелерине таандык болгон терминология кыргыздар менен алтайлыктарда өтө жакын келет.

Кыргыз уруулары менен тарыхый жана генеалогиялык байланышы жагынан бизди кызыктырган андан кийинки аймак — бул Чыгыш Түркстандын территориясы. Биздин, жарым-жартылай А. Н. Бернштам да туура деп тапкан көз карашыбыз боюнча, кыргыз элинин этникалык тарыхы, калыбы, Чыгыш Түркстан (КЭРдин азыркы Синьцзян-Уйгур автономдуу облусу) менен эң тыгыз жана ажырагыс түрдө байланыштуу. Этнографиялык маалыматтар да ушул көз

караштты ырастап отурат. Мунун биринчи далили — кыргыз урууларынын Синьцзяндын аймагында жайгашып, жашап турган жерлери болуп саналат. Алардын жашаган жерлерине өзгөчө көңүл буруу керек. Бул маселени кол жеткен булактар боюнча өтө кылдаттык менен изилдөөнүн натыйжасында кыргыз эли Чыгыш Түркстандын калкынын кечирээк пайда болгон компоненти болуп саналбайт, кыргыз этникалык топтору бул аймак менен түп-тамырынан байланышып турат деген корутунду келип чыкты. Тянь- Шандын, жарым-жартылай Жалал-Абад жана Ош облустарынын аймактарында басыз тобунун өкүлдөрү жашайт. Уламышка караганда бул топтун түпкү атасы Аксуулук деген адам болгон; негизинен Жалал-Абад облусунун аймагында жашаган мундуздардын бир бөлүгү да Аксуулук Баймундузду түпкү атабыз деп эсептешет. Бул эки ысым тең Синьцзяндагы Ак-Су (Ак-Суу) деген жер менен байланыштуу. Талас өрөөнүндөгү кушчу тобу менен Синьцзяндагы кушчу тобунун ичинде кагасты деген жалпы ат менен аталган бөлүкчөлөр бар. Саруунун таластык тобу менен кашкарлык саруунун ичинде бөлөк-чал деген жалпы бөлүкчө бар.

Кыргыз уламыштарында кайсы бир мезгилде Сапарбай, Кум-Дарыя деген жерлерде, б.а. Синьцзяндын аймагындагы конуштарда катаган тобу жашагандыгы айтылат. Батыш кытайдын гидрографиясына арналып, сыягы XVII—XVIII кылымдардан кеч эмес мезгилдерде чогултулган материалдардын негизинде жазылган Си-юй-шуй-дао-цзы деген кытайлык чыгармада бир жагынан, Чыгыш Түркстанда, экинчи жагынан, азыркы Кыргыз ССРинин аймагында азыр да жашап турган бир катар этникалык топтор катталган[15]. Аларга төмөнкүлөр таандык: цзи-бу-ча-кэ (кыпчак), э-дэ-гэ-на (адигине), хуши-цы (кушчу), но-и-гу-тэ (нойгут). Азыркы учурда да нойгуттар өтө аз санда Таш-Коргондун аймагында гана жашап турушаарын белгилеп кетүү керек, бирок бул маалымат да текшерилүүгө тийиш. Ал эми нойгуттардын башка бир бөлүгү Ош облусунун азыркы Баткен районунда топ-топ болуп чогуу жашап турушат. Демек, XVII—XVIII кылымдарда (мүмкүн, андан да мурда) Ак-Суунун түндүк-чыгыш тарабында жашаган нойгуттар азыркы Түштүк Кыргызстандын аймагына ооп келишкен.

Кыргыз генеалогиялык уламыштардын системасында сол деген жалпы ат менен бириккен уруулардын бир тобунун согуштук урааны каратал болгондугу белгилүү. Бул топтун өкүлдөрүн бир кыйла көп санда биз Синьцзяндын аймагынан да жолуктурабыз, ал жерде Ха-ла-та-лэ же Каратал[16] деген суу бар. Акырында келип, Кыргызстандын түштүк аймагында азыр жашап турган бир катар уруулар ушул тапта Синьцзянда жашап турбаса да Синьцзяндын аймагында өзүлөрүнүн топонимикалык аталыштар түрүндөгү издерин калтырышкан. Ал жерде азыр кыпчактар жашап турган Бостон-Терек деген жер бар. Уламыштарга караганда бостон тобу дал ушул жерде пайда болгон (азыркы учурда Ош облусунун түштүгүндө жашайт). Синьцзяндын аймагында Актачы, Ават, Меркит, Орху көлү жана башка бир катар жерлер бар. Кыргызстандын түштүгүндө азыр Синьцзянда жок актачы, ават (авагат) оргу, маркит жана башка топтор жашап турушат.

Мунун баардыгы негизинен мурдагы Кашкариянын аймагына таандык жерлер. Бирок, бизди мурдагы Жунгариянын аймагы, б.а. азыркы Кыргыз ССРинин калкынын бир катар уламыштарында эскерилип жүргөн азыркы Синьцзяндын түндүк бөлүгү да кызыктырууга тийиш. Алсак, кыргыздардын көөнө замандардагы ата-бабаларынын ичинде Кылжырдын ысмы айтылат. Түштүк Алтайга канатташ жаткан аймакта Калжыр деген суу бар. Кыргыздардын

ата-бабаларынын ичинде Үрүмчү, Муңгаттын ысымдары аталат. Синьцзяндын түндүк аймагында ушундайча аталган жайлар бар. Кыргыздардын айрым бир уламыштарында Үч-Куштай, Жылдыз, Күнөс (Күнгес), кала берсе Үрүмчү жана Манас шаарлары да аталып, бул жерлерде мурда кыргыздардын жашагандыгы эскерилет. Бардык ушул айтылгандар мурда мен тараптан эскерилип, укум-тукумдары кыргыздардын арасындагы бир катар этностук топторду түзгөн байыркы түрк урууларынын бир бөлүгү Чыгыш Тянь-Шандын аймагында куралып, калыптанган деп айтууга мүмкүндүк берет.

А. Н. Бернштам тарыхый маалыматтар кыргыз урууларынын Тибетке жакын жайгашкан аймак менен болгон алака-байланыштарына өтө терең ыклас коюп кароого аргасыз кылаарына көңүл бурган. Ушул көз караштан алганда С. Е. Малов өзүнүн лобнор тили жөнүндөгү изилдөөлөрүндө келтирген корутундулар олуттуу кызыгууну туудурат[17]. Биздин этнографиялык материалдарыбыз да этностук байланыштардын ушул багытын белгилөөгө мүмкүндүк берет.

Кыргыздарда жылаан жана бөйөн-чаяндар чакканда жана башка учурларда дарымдоо («бадик») сыяктуу өтө байыртан келе жаткан ырым-жырымдары бар. Жылаандар, бөйөн-чаяндар жана шайтан-шабырлар тараптан келүүчү кырсыктарга каршы багытталган бадиктердин биринде мындай деп айтылат:

«... көкөноордун көлүнө көч!...
Какшаалдын чөлүнө көч![18]

Кыргыздардын арасына Көкөноор деген аталыш кайдан келген? Тибеттин этек-жакасындагы алыскы райондун кыргыздарга кандай тиешеси бар? Ошондой болсо да бул байланыштардын кокустук эмес экендигинен кабар берип турган айрым маалыматтар бар. Аксакалдар кыргыздардын айрым топтору Тибеттин аймагында жашап турушаарын айтышты. Географ А. В. Станишевский да өзүнүн бир катар жылдар бою чогулган материалдарынын негизинде Ладактын аймагында (Түндүк-Батыш Тибет) кыргыз калкынын топтору бар экендигин ырастады. Хотан оазисинин аймагынан чыккандардан алынган биздин маалыматтарыбыз боюнча бир нече жүз жыл илгери Тибетке түздөн-түз канатташ жаткан Хотан тоолорунда кыргыздар жашап турушкан. Ушул азыр да Тибеттен анчалык алыс эмес жерде, Куэнь-Лунь тоолорунда майда кыргыз топтору жашайт.

Кыргыздардын Тибет менен байланышын далилдеп турган дагы бир туруктуу этностук белги бар, бул топоздорду өстүрүү болуп саналат. Топоздорду колдо багуунун борбору болгон Тибеттен башка да, ал Монголиянын, Саян-Алтайдын, Тянь-Шань менен Памир-Алайдын аймактарында тараган. Бизди бул маселеде эмне үчүн топоз багып-өстүрүү Орто Азияда кыргыздарда гана болгон? — деген суроо кызыктыраары табигый нерсе. Зоотехникалык изилдөөлөргө кайрылуу үй топоздорун багып, өстүрүлгөн аймактарда анын эки түрү: тибеттик жана моңголдук түрлөрү бар экендигин көрсөттү. Азыркы Кыргызстандын түштүк аймагында изилденген кыргыз топоздору өзүнүн бир катар мүнөздүү белгилери боюнча топоздордун моңголдук түрүнө эмес тибеттик түрүнө таандык.

Тибет менен канатташ райондордо жашаган, бирок азырынча бизге белгисиз болгон кайсы бир уруулар кыргыз элинин курамына кирип, алар өздөрү менен кошо бийик тоолуу райондорго мүнөздүү болгон — топоз багып-өстүрүү сыяктуу чарбачылыктын түрүн ала келишсе керек деп болжолдобой коюуга мүмкүн эмес.

Тотемдик циклдеги уламыштардын ичинде кыргыздарда да тибеттикке окшош уламыштар бар экендигин кошумчалап кетебиз.

Биздин көз карашыбызча, жогоруда айтылгандар кыргыз урууларынын Тибеттин же ага туташ жаткан райондордун уруулары менен этностук байланышы болгон деп айтууга толук жетиштүү.

Ногой-казак байланыштары да мындан кем эмес маанилүү маселе, бирок буга чейин бул маселеге жетишээрлик көңүл бурулбай келди. Чогултулган материалдар мындай байланыштар мүмкүн гана болбостон, ал байланыштар конкреттүү мүнөзгө ээ болгонун жана алар белгилүү бир мезгилге — XV—XVII кылымдарга таандык кылынышы мүмкүн экендигин айтып турат. Биздин бул пикирибиз эмнеге негизденип айтылып отурат? Баарыдан мурда, саяк этностук тобунун (жумгалдык жана суусамырлык саяктар айтылып жатат) бир катар өкүлдөрү «ногойлордон» чыккан Чекирди же Чакырды, Шакирди түпкү атабыз деп эсептешкенине негизденет. Жетиген тобунун өкүлдөрү да ушунун эле өзүн айтышат, алар уламыш боюнча, саяктардын түпкү атасынын бир тууганы болгон Нусуп Молдону түпкү атабыз деп эсептешет. Биз күркүрөө тобунан Бектемир Атакулов деген карыяга жолуктук, ал күркүрөө тобу (жетиген тобундай эле) «Булгарлардан» келген деп ишенимдүү түрдө айтты. Эгерде бул уламыш учтан-түпкө айтылып келе жатпаган болсо 80 жаштагы сабатсыз карыя мындай аталышты кайдан эсинде сактап калмак.

Мындан башка да, бир катар маанилүү маалыматтар, айрыкча, кыргыздардын казак хандары Ишим менен Турсундун ортосундагы согушка катышкандыгы жөнүндөгү уламыштар менен тарыхый баяндар бар. Бул согуштар, белгилүү болгондой, XVII кылымдын биринчи чейрегинде болгон. Кыргыз уламыштарында бул согуштар менен байланышкан окуялар бир кыйла толук баяндалат. Анда Турсун хандын өлтүрүлгөнү (бул тарыхый фактыларга ылайык келет) жана анын кошунунун талкаланганы өтө ачык жана так айтылат. Уламышка караганда Турсун хан мындай каардуу жазаны өзүнүн Ишимге берген антын бузгандыгы үчүн алган. Казак элинин тарыхына байланыштуу болгон материалдар Ташкен, Түркстан шаарларынын тарыхы менен байланышкан окуяларга казактар менен бирге кыргыздар да кеңири катышканын ырастап турат[19].

Андан ары, казактар менен кыргыздарда ногойлордун түпкү ата-бабаларынын бири — Эдигенин ысмы менен байланышкан уламыштар бар. Кыргыз уламыштарынан биз Эдигенин, Токтомуштун, Баракандын жана башкалардын ысымдарын таптык. Кыргыз уламыштарынын биринде Астрахандын ханы Жедигер жөнүндө жана анын Казандын ханышасы Сүйүн бикенин чакыруусу боюнча ханышанын өз элинин ичиндеги көтөрүлүштү басууга жардам берүү үчүн барганы айтылат. Бул уламыш кайдан келип чыккан? Көрсө, чындыгында да XVI кылымдын орто чендеринде казандык хандардын биринин Сүйүн бике деген аялы болгон экен[20]. Жедигер деген хан да Эдигенин тукумдарынын бири болгону белгилүү. Ал гана эмес, 1549-жылы Казан Жедигер-Мухаммед деген хан тарабынан басылып алынганы да кыргыз уламыштарында айтылат[21].

Казактардын тарыхында мындай факт белгилүү: Тауке хандын тушунда кыргыздарды Көкүм бий Карочорин башкарган[22]. Кыргыз уламышы мындан бир нече жүз жыл мурда багыш уруусунун эң атактуу жол башчыларынын бири Көкүм бий болгондугун, ал эми Көкүм бийдин түпкү атасы легендарлуу Тагайдын уулдарынын бири Карачоро болгондугун кабарлайт.

Чокон Валихановдун кечээ жакында жарык көргөн кол жазмасында казактар менен кыргыздардын ногойлор менен болгон тарыхый байланыш- тары жөнүндө

бир катар кызыктуу байкоолор жана ойлор бар[23]. Бул ойлордо XV—XVII кылымдарга таандык болгон тарыхый фактылар менен уламыштардын байланышы өзгөчө баса көрсөтүлөт. Ч. Валиханов бул маселеге бир нече жолу кайрылат. Ал кыргыздардын ногойлор менен байланышы кеңири сүрөттөлгөн кыргыз эпосу «Манастын» маалыматтарын да салыштырып көрөт.

Сөзүбүздүн акырында ичкилик тобу деген аталыштын кандайча келип чыккандыгы жөнүндөгү маселеге токтолуп кетүү керек.

Ичкилик — өз алдынча болгон 9—10 топтун жалпы аты. Алардын айрымдары өздөрүн ичкиликпиз деп эсептешпейт. Алар түндүктө жашаган кыргыздардын башка топторун «аркалык» деп атаган сыяктуу эле ичкилик деген аталыш да бизге коңшулар тарабынан берилген деп эсептешет. Өзүнүн курамы боюнча ичкиликтер өтө ар тектүү келет. Алар өз ичине көптөгөн элементтерди, анын ичинде ферганалык жана өзбек элементтерин да камтып турат. Бирок ичкиликтердин курамына киргизилген уруулардын негизги массасы өздөрүнүн түпкү тегин Чыгыш Түркстандын аймагы менен байланыштырышат. Алардын уламыштарында Койбос-Жанбос, Ит-Арка сыяк- туу легендалык жергелер гана айтылбастан, ошондой эле Сары-Жон, Каркыра, Көк-Дөбө сыяктуу чыныгы географиялык аталыштар да эскерилет.

Ичкиликтердин өздөрүнүн ата-теги жөнүндөгү түшүнүктөрү карама- каршы келет. Ноокат районунан биз айрымдардын Батыштан келгенбиз дегендерин уктук, бирок биз батыш тарапка улам нарылап жылган сайын биз Каратегинден же Чыгыш Түркстан менен байланышкан аймактардан келгенбиз деп олку-солку болбой так кесе айтылган жоопторду улам көбүрөөк жолуктура бердик.

Бул топтордун көпчүлүк бөлүгү XVII кылымдын экинчи чейрегинде Бартольд жазган окуяларга байланыштуу келген деп божомолдоого негиз бар. Ал кезде кыргыздардын 12 миң үй-бүлөсү батышка Гиссарга чейин ооп келишкен[24]. Жазылып алынган уламыштардан көрүнүп тургандай бул окуя төмөнкүчө аяктаган. Бул уруулардын Гиссарга чейин жеткендиги биздин тажиктерди изилдөөчүлөрүбүз тарабынан жазылып алынган бир катар уламыштарда да чагылдырылган. Кыргыздар Каратегиндин Гиссарга танапташ жаткан жерлерине чейинки бүткүл аймагына барып жайгашып, туруп калышкан[25]. Бир канча убакыттан кийин кыргыз калкынын көпчүлүк бөлүгү кайрадан өз жерине жол тарткан, бирок алардын жарымы Каратегинди мекендеп кала беришкен. Негизги бөлүгү болсо чыгышты карай жылып, андан кийин түндүк тарапка ооп, азыркы ичкиликтер жашап турган аймактарга жайгашып туруп калышкан.

Ушуга байланыштуу төмөнкүдөй бир фактыны белгилей кетүүбүз керек. Ичкиликтерден жазылып алынган уламыштарда айрым бир маалыматтар боюнча ошол аймактагы кыргыз калкын башкарган, башка бир маалымат боюнча ошол калктын түпкү атасы болгон инсан жөнүндө айтылат. Анын ысмы Чамач же Чамасбий. Ушундай инсан болгонбу, эгерде болсо аны кайсы доорго таандык кылуу керек деген маселени тактап алуу маанилүү эле. Султан Бабурдун тукумдарынын, Коконду башкарып турган Миң династиясынын ата-бабаларынын ичинде Шах-Маст же Жамаш-бий[26] деген ысымдагы инсанды таптык. XVII кылымдын экинчи чейрегинде жашаган бул инсан, сыягы, ошол доордогу кыргыздар үчүн маанилүү окуялар менен байланыштуу болсо керек. Биз кыргыздардан жазып алган Султан Бабур жөнүндөгү уламышта ал кыргыздардын түпкү атасы болгон деп айтылат. Өткөндө Ферганнын калкынын арасында таралган бул уламыш[27] кыргыздардын арасында да такай айтылып

келген. Бул болсо кыргыздардын жергиликтүү отурукташкан калк менен эзелтеден бери жана терең байланышы бар болгондугун ырастайт.

Этнографиялык маалыматтар, мына ошентип, кыргыздардын этникалык тарыхынын өтө татаалдыгын далилдейт. Азыркы Кыргызстандын аймагына кыргыздардын пайда болушун уруулардын кайсы бир топторунун бир аймактан башка бир аймакка, мисалы, кыргыздардын Енисейден Тянь-Шанга көчүп келиши катарында гана бир жактуу кароого болбойт. Тянь-Шань менен Памир-Алай учуктары бардык тарапка таралып турган өзүнчө бир этногенетикалык процесстердин түйүнү сыяктуу.

Кыргыз элинин келип чыгышы жана анын куралып, калыптануу проблемасын туура чечүү бул элди түзгөн бардык уруулардын этникалык тарыхын изилдөөнүн базасында, коңшу өлкөлөрдө (Саян-Алтай, Ертиш бою, Монголия, Синьцзян ж.б. ) орун алган этникалык процесстерди ар тараптан эсепке алуунун негизинде гана туура чечүүгө болот.

# ТҮНДҮК КЫРГЫЗСТАНДЫН КЫРГЫЗ КААКЫНЫН ЭТНИКААЫК КУРАМЫ


## *КИРИШ СӨЗ*

Кыргыз элинин этникалык тарыхы али жетишээрлик изилдене элек. Бул тармактагы биздин билимдерибиздин негизги булагын Н. А. Аристовдун «Азыркы учурдагы уруу-урукка бөлүнүү жана уруу эн тамгалары жөнүндөгү маалыматтардын жана санжыралык уламыштардын, ошондой эле, тарыхый даректер менен жаңыдан гана башталган антропологиялык изилдөөлөрдүн негизинде Чоң ордонун кыргыз-казактары менен кара кыргыздардын этникалык курамын аныктоо боюнча тажрыйба»[1] деген фундаменталдуу эмгеги түзөт. Бул эмгек өз убагында казактар менен кыргыздардын этникалык тарыхын изилдөө ишине чоң салым кошкон. Эмгек өзүндө камтып турган фактылай маалыматтар менен корутундулардын көз карашынан алганда гана эмес, өзүнүн изилдөө усулу боюнча алганда да өз маанисин жоготпой турган эмгек, ал усул этнографиялык маалыматтар менен катар тийиштүү тарыхый жана антропологиялык материалдарды да кеңири пайдаланууга негизденген. Н. А. Аристов тарабынан билгичтик менен ишке ашырылган этногенез проблемаларын изилдөө маселесине мындай комплекстүү мамиле жасоо өзүнүн духу боюнча советтик изилдөөлөргө өтө жакын. Н. А. Аристовдун эмгеги кыргыздардын гана эмес, башка түркий тилдүү элдердин да этникалык курамын изилдөөдө кийинки изилдөөчүлөрдүн баарына чоң таасир тийгизген. Ал ушул күндө да көп жагынан өз баалуулугун жоготкон жок жана башка даректердин катарында маанилүү орунду ээлеп турат.

Бул эмгектин мүчүлүш жагы — анын булак таануу (источниковедение) базасынын жетишсиздиги болуп саналат. Кыргыз элинин этникалык курамы, анын уруу-уруктарга бөлүнүшү жөнүндөгү материал, автор ошол кезде өзүнүн колу жеткен бардык архивдик жана адабий булактарды кылдаттык менен пайдаланганына карабастан, сан жагынан алганда өтө кедей. Ошондой эле бул материалдын сапат жагынан алганда да олуттуу кемчиликтери бар. Н. А. Аристов келтирген көп маалыматтарда өзүнүн духу боюнча советтик изилдөөлөргө өтө жакын, этнонимдер көп учурда ката берилген, ошондуктан этникалык тарыхты баяндоодо аларды өтө этияттык менен пайдалануу зарыл.

Колдо болгон адабияттарда кыргыз калкынын бардык көп түрдүү этникалык курамын жетишээрлик түрдө чагылдыра ала турган, текшерилген маалыматтардын жок экендиги этногенетикалык изилдөөлөр кеңири коюлган учурда, баарынан мурда кыргыз элинин курамына кирген негизги компоненттерди гана мүнөздөбөстөн, уруулардын ички структурасын, алардын бөлүнүшүн да, ошондой эле, айрым уруулар менен этнографиялык топтордун территориялык жайгашышын да мүнөздөй турган материалдарды топтоонун зарылдыгын шарттады.

www.bizdin.kg




*1-сүрөт.* Оң жана сол канаттардын структурасы

СССР Илимдер академиясынын президиумунун чечими боюнча 1953-жылы уюштурулган Кыргыз археологиялык-этнографиялык экспедициясынын этнография отрядынын алдына дал ушул маселе башкы милдет катарында коюлган эле. Этнографиялык отряддын алгачкы жыйынтыктары жакында эле басма сөздө чагылдырылды[2]. 1953—19 54-жылдардагы эки талаа сезонунда отряд Кыргыз ССРинин Ысык-Көл, Тянь-Шань, Фрунзе, Талас (азыр бул облустардын Тянь-Шандан башкасы жоюлган) сыяктуу түндүк облустарынын кыргыз калкын изилдеп чыкты[3]. 270 информатордон өкүлдөрү аталган облустардын чектеринде узак мезгилден бери жайгашып жашап турган 36 уруу жана этнографиялык топтор жөнүндө маалыматтар алынды[4]. Бул уруулар менен топтордун ичинен жарымына жакыны өткөндө Жети-Суу облусунун Пржевальск жана Пишпек уезддеринде, жарым-жартылай Сыр-Дарыя облусунун Олуя-Ата уездинде жашап турушкан. Калган уруулар жарым-жартылайы же көпчүлүгү Түркстан крайынын Фергана облусунун бир нече уезддеринин аймагында жашап турган.

Изилденгендердин арасында демейде оң же сол канатка таандык кылынып жүргөн уруулар абсолюттуу түрдө басымдуулук кылат (1-сүрөт). Калган уруулар же шарттуу түрдө гана «ичкилик» деп аталгандарга таандык кылына тургандар же түпкү теги кыргыз эмес деп эсептелген топтор катары каралат. Айрым уруулар менен топтордун түпкү теги алиге чейин ачык эмес бойдон калууда.

Бул эмгектин алдында өтө чектелүү гана милдет турат, ал милдет талаа изилдөөлөрүнүн натыйжасында алынган Түндүк Кыргызстандын кыргыз калкынын курамы жөнүндөгү жаңы маалыматтарды илимий колдонууга киргизүү болуп саналат[5]. Улуу муундардын санжырачы өкүлдөрүнөн алынган маалыматтардын аркасында биз тигил же бул уруунун этникалык өзгөчөлүгүн жана мурда кыргыздарда жашап келген урук-уруу системасындагы анын ордун аныктоо мүмкүнчүлүгүн гана албастан, ошондой эле, анын ички структурасын аныктоого да, анын жайгашып турган аймагын аз же толук даражада тактап билүүгө да мүмкүнчүлүк алдык[6]. Ар бир уруу жөнүндөгү кыскача жалпы маалыматтар алардын революцияга чейинки жайгашкан орду жөнүндө адабий булактардан алынган материалдар, ошондой эле, ал урууларга кошула турган тайпалардын тизмеси менен толукталды, алардын аталыштары карылардын эсинде али сакталып турганы менен

орто курактагы адамдардын, айрыкча жаштардын эсинде олуттуу даражада унутулуп калган. Мындан башка да бул уруу тайпаларынын бүгүнкү административдик чектердин аймагындагы азыркы учурда орун алып, жашап турган конуш жайлары көрсөтүлгөн. Алар жашап турган элдүү пункттар көпчүлүгүндө Октябрь революциясынан кийин пайда болгон (картаны карагыла)[7].

Уруулардын структурасы жөнүндөгү негизги материал 22 схемада берилди (карагыла: 2—23), бул схемалар генеалогиялык уламыштарды, карылардан алынган оозеки санжыраларды жана башкаларды сын көз менен талдоонун негизинде түзүлгөн. Бирок да жарыяланып отурган схемалар сөздүн чыныгы маанисиндеги генеалогиялык схемалар болуп саналбайт. Биз мындай схемаларды түзүүдөн баш тарттык, анткени булар өз алдынча алганда, тигил же бул генеалогиядагы чыныгы жашап турган социалдык звенолорду аныктамайынча этникалык тарыхты изилдөө үчүн анчалык көп материал бере албайт. Биздин күндөргө чейин келип жеткен (чыныгы жана легендарлуу) ата-бабалардын ысымдарын талыкпай шурудай тизип отуруу мурда санжырачылар же генеалогиянын билермандары деп аталгандардын жагымдуу иши болгон. Алар тигил же бул уруунун кеңири белгилүү бөлүкчөлөрүнүн, эң атактуу уруктардын же теги өзгөчө болгон феодалдардын генеалогиясын көбүрөөк толук жана майда-баратына чейин чагылдырышкан.

Биздин схемаларыбыз ар бир уруунун структурасын ачып бере тургандай, бул структуранын (уруктун) турмушта реалдуу мааниге ээ болгон звеносун көрсөтүп тургандай уруунун структурасында уруктардын өз ара катышын аныктап тургандай кылып түзүлгөн. Схемалар мына ушундай тартипте түзүлгөндүктөн толук түрдөгү генеалогиялык схемалардын зарылдыгы жок болуп чыкты. Генеалогиялардын маалыматтары ал схемаларда башкы максатты чечүүгө — уруулардын структурасын кайра түзүүгө жардам бере ала тургандай деңгээлде пайдаланылды.

Белгилүү болгондой, этникалык тарыхтын маселелерин изилдөөдө менчиктин уруулук жана уруктук эн тамгалары кошумча булак катарында кызмат кыла алат. Ошондуктан биз бул макалага талаа материалдарынын негизинде түзүлгөн кыргыз эн тамгаларынын таблицасын тиркеп берүүнү максатка ылайык деп таптык. Бул таблицага кыргыздардын түндүк урууларынын гана эмес, азыркы Ош облусунун аймагын мекендеген уруулардын эн тамгалары да киргизилди. Алда канча толугураак болсун үчүн таблица мурда жарыяланган үч эмгектен[8] алынган эн тамгалар, ошондой эле, Н. Ф. Петровский тарабынан түзүлгөн Пржевальск жана Пишпек уезддеринин[9] аймагындагы бир кыйла ири уруулардын жашап турган жерлеринин схематикалык карталарынын четтерине ал тарабынан сүрөттөрү чийилген, бирок жарыялана элек эн тамгалар менен да толукталды.

Жалпы эле кыргыздардын этникалык курамы жөнүндөгү маселени карап чыгуу жана ошондой эле бүткүл кыргыз элинин жана айрым уруулардын келип чыгышынын көз карашынан алганда этникалык курам жөнүндөгү маалыматтарды талдап чыгуу бул эмгектин милдетине кирбейт. Кыргыздардын этникалык тарыхынын жана кыргыз элинин пайда болушунун маселелери атайын изилдөөнүн предмети болмокчу. Бул эмгек болсо ушундай изилдөөнүн биринчи этабы гана, түндүк кыргыз урууларынын этникалык тарыхына өзүнчө бир кириш сөз, иштин кийинки этабы үчүн булактаануу катарында негиз болуп саналат[10].

Тигил же бул уруунун этникалык мүнөздөмөсүнө таандык болгон, анын курамын, айрым уруктардын түпкү тек жайын жана д.у.с. ачып бере турган маалыматтардын кыргыздардын социалдык-саясий тарыхын аныктап билүү үчүн да мааниси бар.

Кыргыз элинин тарыхый өнүгүшү кыргыздардын бүткүл коомдук укладына, анда феодалдык мамилелер үстөмдүк кылып турган болсо да, патриархалдык-уруулук калдыктардын өтө күчтүү таасири астында жүргөн. Көчмөн-кыргыздын

психологиясынан өтө терең орун алган калдыктардын бири — өзүнүн белгилүү бир урууга, тигил же бул урукка таандык экендигин аңдап билүү сезими болгон. Кыргыздын бүткүл турмушу алыскы жана жакынкы тууган-туушкандарынын чөйрөсү менен тыгыз байланышта болгон, ал чөйрөдөн тышкары тарапта аны көптөгөн кыйынчылыктарга, жокчулукка, кырсыктар менен кокустуктарга тушугуу коркунучу күтүп турган. Ошондуктан ар бир көчмөн кыргыз кандай да болсо ал байланыштарды сактоого, аны бекемдөөгө жана, эгерде, ал байланыш үзүлүп калган болсо, аны кайрадан калыбына келтирүүгө аракеттенген. Бул үчүн ал эң болбоду дегенде өзүнүн үй-бүлөлүк-туугандык тобунун же өз уругунун генеалогиясы жөнүндөгү маалыматтарды билүүгө тийиш болгон. Бул жагынан ага көптү билген белгилүү жана бай-мартабалуу адамдар жардам берген, алар туугандык жана уруулаштык байланыштарды жан дили менен колдошкон, анткени мындай байланыш алардын өзүнө көз каранды болгон уруулаштарынын белгилүү бир туруктуу контингентин камсыз кылып турган. Мындай байланыштар экономикалык эмес мажбурлоонун эң маанилүү негиздеринин бири болгон. Мына ошентип, тигил же бул уруунун жана уруктун генеалогиясы, структурасы жөнүндөгү маалыматтар тарыхка түздөн-түз тийиштүү көрүнүш болгон[11]. Бул — социалдык-экономикалык окуялардын жана таптык күрөштөрдүн жандуу ткандары менен чырмалып турган өзүнчө бир скелет сыяктуу нерсе. Мындан кийинки баяндоолордо солто жана сарбагыш урууларынын мисалында этникалык тарыхтын социалдык өнүгүүнүн процесстери жана таптык карама-каршылыктар менен кандайча тыгыз чырмалышып турганын көрсөтүүгө аракет жасалды.

Кыргыз элинин этникалык курамын изилдөөнүн узак тарыхы бар. Бул маселе боюнча алгачкы так маалыматтар XVIII кылымдагы кытай булактарында берилген. Бул дарек биринчи жолу жарым-жартылай орус тилинде И. Бичурин[12] тарабынан жарыяланып, кийин А. Н. Бернштам[13] тарабынан толук каралып, интерпретацияланган. Капитан И. Г. Андреевдин «Описание Средней орды кыргыз-кайсаков, с касаюгцимися до сего народа, також и прилежащих к Российской границе, по части Колыванской и Тобольской губерний, крепостей, дополнениями»[14] деген XVIII кылымдын акыркы чейрегине таандык эмгеги эң баалуу булак болуп саналат.

Кыргыз уруулары гана эмес, алардын кээ бир бөлүкчөлөрү жөнүндөгү бир кыйла толук маалыматтар белгилүү окумуштуу жана чыгыш изилдөөчү Чокон Валихановдун СССР Илимдер академиясынын архивинде (ф. 23)[15] сакталып турган «Кыргыздардын уруу-уруктары» деген кол жазмасында камтылып турат. Бул маалыматтарды Ч. Валиханов жарым-жартылай башка эмгектеринде да пайдаланган[16].

Кээ бир көрүнүктүү кыргыз уруулары жөнүндө өз заманына жараша олуттуу баяндаманы М. Венюков[17] берген. Башкы кыргыз уруулары жөнүндөгү тизмени Г. Бардашев[18] келтирген. Кыргыз турмушун кылдат байкай билген Г. С. Загряжскийдин[19] макалаларында баалуу маалыматтар камтылып турат. Негизги кыргыз уруулары жана алардын саны жөнүндө толук маалымат В. В. Радловдун немец тилинде басылып чыккан «Aus Sibirien»[20] деген жыйынтыкталып жазылган эмгегинде келтирилген. Талас өзөнүнүн өрөөнүндө жашаган кыргыздардын этникалык курамы жөнүндө кыскача маалыматтарды Е. Смирновдун[21] эмгегинен табууга болот. Эң ири кыргыз урууларынын жашаган аймактары жана саны жөнүндөгү маалыматтар А. Гейнстин «Күндөлүгүндө»[22] келтирилген. Бул макалада каралып жаткан кээ бир уруулар жөнүндөгү маалыматтар Н. Ф. Ситняковскийдин[23] эмгектеринде бар. Пишпек уездинин Сокулук болуштугундагы кыргыздардын этникалык курамы жөнүндө толук талдоо А. Соколовдун[24] макаласында камтылып турат.

Жогоруда аталган, азыр болсо толугу менен же жарым-жартылай Кыргыз ССРинин түндүк бөлүгүнүн курамына кирген үч уезддин кыргыздарынын этникалык курамы жөнүндөгү айрым кабарлар жана алардын жайгашып турган аймактары жөнүндөгү толук маалыматтар революциянын алдындагы жылдардагы кыргыз чарбасын изилдөөлөрдүн материалдары камтылып турган кеңири белгилүү көп томдук басылмада келтирилген[25]. Бул «Материалдарда» көп орунду айрым кыргыз айылдарынын экономикасын мүнөздөй турган статистикалык таблицалар ээлейт. Таблицаларда кыргыздардын изилденген топторунун уруу башчыларынын ысымдары көрсөтүлгөн өзүнчө графалары бар. Өтө көп учурда бул ысымдар кыргыздардын тигил же бул урууулук бөлүкчөлөрдүн жана уруктардын аталышынын эле өзү болуп саналат. Көпчүлүгүндө бул аталыштар, булардын көпчүлүгү статистиктер тарабынан өтө бурмаланса да, биздин талаа жазмаларыбыздагы аталыштар менен толук окшош келет. Мындагы кызыктуу нерсе, «материалдарда» келтирилген кээ бир аталыштар азыркы, бир кыйла «жаш» уруктардын аталыштары менен алмашылгандыктан кийинки мезгилдерде пайдаланылбай калган[26].

Н. А. Аристовдун эмгектеринде негиз салынган орус илиминин традициялары совет адабиятында андан ары өнүгүүгө ээ болду.

Кыргыздардын этникалык курамын изилдеген авторлордун бири В. Н. Дублицкий болду, ал өзүнүн эмгегинде[27] кыргыз «урууларынын» толук тизмесин, алардын жашап турган жерлери жөнүндөгү маалыматтарды жана көлөмдүү генеалогиялык таблицаны жарыялаган. Белгилүү географ Г. Е. Груллм-Гржимайло[28] өзүнүн этногенетикалык эмгектеринде кыргыздардын этникалык курамы жөнүндөгү маалыматтарды кеңири пайдаланган. В. В. Бартольд өзүнүн «Кыргыздар» деген жалпылоочу изилдөөсүнүн акыркы бабында кыргыздардын айрым этникалык бөлүкчөлөрү жөнүндө баалуу тарыхый маалыматтарды келтирет[29]. Кыргыздардын этникалык курамы жөнүндөгү кээ бир маалыматтар ири антрополог Л.В.Ошаниндин «Киргизы южного побережья Иссык-Куля»[30] деген макаласында камтылып турат.

Социалдык көрүнүштөрдүн кыргыздардын этникалык тарыхы менен байланышын аныктоо көз карашынан алганда М. Ф. Гавриловдун «Манап»[31] жана П. Погорельский менен В. Батраковдун «Экономика кочевого аула Киргизстана» (М., 1930) деген эмгектери белгилүү бир даражада кызыгууну туудурат.

Кыргыздардын этникалык курамына тийиштүү маселелер биз тараптан да мурда жарыяланган эмгектерде бир нече жолу козголгон[32].

Кыргыздардын этникалык тарыхынын маселелери кыргыз элинин өз ичинен чыккан изилдөөчүлөрдүн да көңүлүн бургандыгы толук табигый нерсе. Алардын ичинде, баарынан мурда, мезгилсиз дүйнөдөн кайткан окумуштуу, тарыхый баяндарды жана генеалогиялык уламыштарды талыкпай чогулткан Белек Солтоноевдин ысмы аталууга тийиш. Кыргыз ССРинин Илимдер академиясынын Коомдук илимдер бөлүмүнүн кол жазмалар фондусунда анын 566 бет көлөмдүү кол жазмасынын көчүрмөсү сакталып турат, анда ал тарабынан 20—30-жылдарда чогултулган кыргыздардын этникалык курамы жөнүндөгү маалыматтар бар.

В. Н. Дублицкийдин жогоруда аталган эмгегин А. С. Сыдыковдун көлөмдүү макаласы белгилүү бир даражада кайталап турат[33]. Бул макалада да кыргыз урууларынын тизмеси орун алган, алардын болуштуктар боюнча жайгашып турган жерлери көрсөтүлүп, генеалогиялык уламыштардын ар түрдүү варианттары берилген. Кыргыздардын урук-уруу курамы жөнүндөгү маселеге өзүнүн алгачкы эмгектеринин биринде кыргыз тарыхчысы С. И. Ильясов[34] да кайрылган.

Кыргызстандын илимий мекемелеринин фондуларында сакталып турган кол жазма материалдардын негизинде кыргыздардын этникалык курамы боюнча көлөмү чакан, бирок кээ бир баалуу маалыматтарды Кыргыз ССРинин Илимдер

академиясынын академиги, профессор Б. Ж. Жамгырчинов жарыялаган[35]. Кыргыздардын этникалык курамы жөнүндөгү маселелер кыргыз тилинин тарыхына байланыштуу Кыргыз ССР Илимдер академиясынын академиги, профессор Б. М. Юнусалиев тарабынан да каралып чыккан[36].

Колдо болгон материалдарга баяндама берүүнү аяктоо менен белгилей кете турган нерсе, бул эмгек басмага даярдалып бүткөн учурда Ленинградда кыргыздардын этникалык тарыхына тийиштүү баалуу маалыматтарды камтыган жаңы булак табылды. СССР Илимдер академиясынын Чыгыштаануу институнун Ленинград бөлүмүнүн илимий кызматкери А. Т. Тагиржанов Ленинград мамлекеттик университетинин Чыгыш факультетинин кол жазма фондусун тизмелеп жазып чыгуу учурунда ферганалык автор Сейф ад-диндин калемине таандык болгон жана XVI кылымдын башы ченге тиешелүү «Тарыхтар жыйнагы» («Собрание историй») деген кол жазмага көңүл бурган.

Бул кол жазманы окуп, изилдегенде ошол эле институттун илимий кызматкери В. А. Ромодин андан тарыхый маалыматтар жана кыргыздардын баатырдык эпосу «Манастан» кара сөз түрүндөгү үзүндүлөр менен катар, кыргыздардын генеалогиясына жана алардын уруу-урук курамына тиешелүү айрым маалыматтар да бар экендигин аныктаган.

Бул маалыматтарды[37] 1953—1955-жылдарда биз тараптан чогултулган генеалогиялык уламыштар менен салыштырганыбызда Сейф ад-диндин кол жазмасындагы аталган кыргыздардын легендалык ата-бабаларынын теңинен аз эмеси азыркы учурда айтылып жүргөн генеалогияларда эскерилээри аныкталды. Ал ата-бабалардын ичинде (атадан баласына карай): Аналхан, Арслан бий, Мары бий, Шүкүр бий, Сангин бий, Сары бий, Домбур (азыркы санжырачыларда — Домбул), Долон жана Ак уул аталат. Биздин учурдагы генеалогиялык уламыштардын көпчүлүгү негизги кыргыз урууларынын түпкү тегин Долондон жана анын уулдары Ак уулдан (Агул, Абыл) жана Куу уулдан (Куул, Кубул, Кабыл) алып келип чыгарышат.

Сайф ад-диндин кол жазмасынан көрүнүп тургандай, кыргыздар XVI кылымда да ошол эле традицияны (генеалогия боюнча) тутушкан экен. Ошондо эле кыргыздар отуз уул деген аталыш менен баш кошуп, оң жана сол канаттарга бөлүнүшүп келген. Сайф ад-динде оң канат урууларынын ичинде, баарынан мурда, адигине, муңгуш жана кара багыш эскерилет. Андан ары түп баба Тагай баатыр жана анын уулдары Дөөлөн, Койлон, Кылжыр, Богорстон жана Кара чоро аталып, алардан сарбагыш, жедигер, бугу, солто, саяк уруулары келип чыгат. Оң канаттын курамында басыз, мундуз, чоң багыш, саруу, кытай уруулары көрсөтүлөт.

XVI кылымдагы кыргыздардын этникалык курамында, түпкү бабасы булгачы болгон уруулардын тобу да бөлүп көрсөтүлгөн, алар (кээ бир башка уруулар менен бирге) азыр ичкилик деген жалпы ат менен аталышат. Ага бостон, тейит, жоо кесек, дөөлөс, кыдырша жана канды уруулары киргизилген.

Ошентип, XVI кылымдын кол жазмасында камтылып турган кыргыздардын урук-уруу курамы жөнүндөгү маалыматтар бир аз айырмалары болгон менен биздин күндөргө чейин туруктуу сакталып келген уруу-урук структурасынын традициялуу схемасын кайталап отурат. Жаңы булакта аталган урууларды кыргыз элин түзгөн негизги жана алда канча байыркы этникалык компоненттердин катарына толук ишенимдүүлүк менен таандык кылса болот. XVI кылымдагы биз көрүп отурган урук-уруулардын структурасынын дааналыгы кыргыз элинин этникалык курамы бул мезгил ченде калыптанып калгандыгын далилдейт, мындай калыптануу ал территориядан — Тянь-Шандан жана Памир-Алайдан тышкары өтө алыскы аймактарда XVI—XVII кылымдарда жашап турган кыргыздарда түзүлө алмак эмес эле. Бул фактылар кыргыз элинин курамына кирген уруулар өзүлөрү ээлеп турган

территорияда XV—XVI кылымдардан алда канча мурда пайда болушкан деген көз караштьы дагы бир жолу ырастап отурат.

* * *

Негизги материалды баяндоого киришүүдөн мурда терминологияга, ошондой эле бул эмгектин түзүлүшүнүн, айрыкча схемаларынын принциптерине тийиштүү болгон кээ бир түшүндүрүүлөрдү берүүнү зарыл деп эсептейбиз.

Биздин эмгекте ушуга окшогон изилдөөлөрдү жүргүзгөндө этнографтар тарабынан колдонула турган демейки терминология, б.а. негизги этнографиялык (этникалык) категориялар — уруу жана урук терминдери колдонулат. Бул терминологияны биздин колдонгонубуздун себеби эскирген терминологияны кайра карап чыгуу маселеси али чечиле электигинде[38]. Анын үстүнө бул эмгектин материалдарын башка советтик изилдөөчүлөрдүн ушуга окшош материалдары менен салыштыруу мүмкүнчүлүгүн жеңилдетет.

Ошондой болсо да мындай терминология кыргыздардын этникалык курамынын татаалдыгына жана көп түрдүүлүгүнө байланыштуу аларды шарттуу түрдө гана колдонууга болоорун баса белгилеп кетүүбүз керек. Көп сандаган теги башка компоненттерди өзүнө кошуу менен бирге кыргыздардын урук- уруу структурасы көп баскычтуулугу, бир кыйла өзгөргүчтүгү, ошондуктан белгилүү бир даражада туруксуздугу менен айырмаланат. Мындан башка да бул терминология сереп салууга мүмкүндүк бере турган чектердеги мезгил үчүн мүнөздүү болгон реалдуу коомдук мамилелерге иш жүзүндө ылайык да келбейт[39].

XVIII—XIX кылымдарда кыргыздарда калдыктар түрүндө сакталып турган уруу өзүнүн социалдык жана экономикалык мазмуну боюнча алгачкы жамааттык түзүлүштүн эң маанилүү этникалык категориясы болгон уруу менен жалпылыгы аз болгон. Азыр да кеңири колдонулуп жүргөн «урук» деген термин түшүнүгүндө эми мурдагы коомдук-тарыхый көрүнүш катарындагы урук түшүнүгү менен байланышкан реалдуу белгилер да жок болгон. Кечээ жакында эле патриархалдык-феодалдык түзүлүштү сактап келген элдерде этнографтар кезиктирип жүргөн «урук» түшүнүгүн чындыгында негизинен генеалогиялык структуранын звеносу деп эсептөө керек. Муну менен, албетте, патриархалдык-урууулук турмуштун айрым калдыктары да байланышып турат, бирок ал эң эле майда урук бирдиктеринде — үй-бүлө-туугандык топтордо көбүрөөк байкалып, көрүнөт.

Мына ошентип, бизге чейин жеткен уруу жана урук өзүнүн социалдык негизин жана экономикалык мазмунун жоготуп, кийинки урук-уруу структурасында этникалык мүнөздөгү шарттуу гана категориялардын маанисин сактап калган. Ошондой болсо да патриархалдык-феодалдык мамилелер үстөмдүк кылып турган шартта уруу жана урук категориялары феодалдык ак сөөктөр тарабынан пайдаланылып келген, алар өздөрүнүн кызыкчылыгын көздөп, феодалдык иерархия системасын, үстөмдүк кылууну жана баш ийдирүүнү, таптык эзүүнү жана эксплуатацияны урук-уруу структурасынын мурдагы эски формасы менен чүмбөттөп келишкен. Мунун натыйжасында уруу жана урук саясий уюмдун маанисине ээ болуп, алар тигил же бул өлчөмдөгү демейки феодалдык ээликти чүмбөттөп турган. Өтө көп учурда мындай урук-уруу тобу бир кездерде ошол топту башкарып турган феодалдык-тарыхый инсандын ысмы менен аталган. Ал эми кийинки муундардын аң-сезиминде болсо бул инсан дал ушул башкаруучунун кол алдында биригип тургандардын баардыгынын чыныгы түпкү бабасы катарында кабыл алынган. Бирок бул буга окшогон уруу жана урук топторун этникалык категория эмес деп айтууга, аларды XVII же XVIII кылымдардагы өзүлөрүнүн феодал башкаруучусунун ысмы менен аталып калгандыгы үчүн урук-уруу структурасынан чыгарып салууга болбойт. Көп учурда кандаш туугандык жагынан, белгилүү бир чыныгы түпбабадан тараган теги жагынан байланышы болбогон, бирок таптык

коом үчүн мүнөздүү болгон ар түрдүү саясий, социалдык же экономикалык себептерден улам ушул уруу-урук бөлүкчөнүн курамына кошулган башка топтор да ошондой феодал башчынын ысмы менен аталып кала беришкен.

Революцияга чейинки да, советтик да ар түрдүү эмгектерде «уруу» жана «урук» терминдери таасын эмес, чаржайыт мүнөздө болуп, өтө эле ар түрдүү мааниде колдонулуп жүрөт, бул болсо көп учурда иш жүзүндө тигил же бул терминдин кучагына алына турган адамдардын тобун так аныктоону кыйындатууда. Жогоруда айтылгандарга таянып, биз бул эмгекте негизинен: уруу, анын бөлүкчөсү, урук, этнографиялык топ деген төрт терминди колдоно тургандыгыбызды эскертип коюуну зарыл деп эсептейбиз. Мындан көбүрөөк майдалап бөлүүдөн качууга туура келди, анткени ал кыргыздардын урук-уруу структурасын татаалдантып, аны түшүнүүнү кыйындатып жибермек.

Уруу дегенибиз, эреже катарында, сунуш кылынып отурган картада өз алдынча тургуга (иозицияга) ээ. Саны анчалык көп болбогон келдике жана кыдырша уруулары картада көрсөтүлбөгөндүктөн текстте алар жөнүндө кошумча баяндоо берилди. Уруулардын бөлүкчөлөрү белгилүү бир даражада фратрия деген классикалык түшүнүккө же анчалык ылайыктуу эмес «майда урууча» («подплемя») деген терминге туура келет. Уруулардын негизги бөлүкчөлөрү картада цифралар менен белгиленди.

Урук дегенибиз — чындыгында же жорума түрдө бир атадан тараган жана өзүлөрүн ошол адамдын ысмы менен атаган адамдардын жалпылыгы. Бул жалпылык айланасындагыларга да ушундай эле ат менен белгилүү болгон. Тигил же бул уруктун аты белгилүү бир уруунун өкүлүнө ал өзү таандык болгон реалдуу жалпылыктын кандай экендигин билдирип турган.

«Этнографиялык топ» деген термин менен теги кыргыз эмес же аралаш тектеги: сарт-калмак, чала-казак, калмак, калча, ошондой эле, ата-теги белгисиз болгон: күркүрөө, күрөң, мөнкө сыяктуу топтор белгиленди,

Айрым учурларда жардамчы ирээтиндеги мааниси бар тармак («ветвь») жана «жаатташ» («жек-жаат») деген терминдер колдонулат.

Аталган терминдердин кандай колдонуларын көрсөтүү үчүн мисалга бугу уруусун алып көрөлү (2-сүрөт).

Анын башкы бөлүкчөлөрүнүн бири арык деп эсепделинет. Бул бөлүкчөдөгү уруктарга эшей, буларкы, соно, кедей, ондой ж.б. таандык. Бирок көп учурларда биз мындан майда уруктарды да көрсөтөбүз, мисалы, эгизей уругунун ичинде өтө майда беш каман деген урук бар. Мунун тескерисинче, уруулардын структурасын мүнөздөөчү схемада (2-сүрөт) айрым уруктардын жашап турган жерин көрсөтүп жазганда биз көп учурда бир кыйла ирирээк уруктун атын да кошо келтиребиз, анткени ал жөнөкөй уруктардын аталыштарынын катарында кеңири колдонулуп келген. Мисалы, буларкы, кедей, соно уруктарына карата алганда аларды бириктирип турган жалпы аты — сарыке көп колдонулду. Кээ бир учурларда кыргыздарда бир нече урук өзүлөрүнүн жалпы түпкү бабасынын ысмы менен эмес, анын ылакап аты менен аталып, биригишкен. Мисалы, арык бөлүкчөсүндө кара кыз уулу жана кызыл сакал деген эки ылакап аталыш жолукту. Тигил же бул уруктун жашап турган жерин көрсөткөндө, биз кээде алардын өз аталышын эмес, эки-үч урук жалпы биригип аталып жүргөн ылакап атын бердик. «Этникалык аталыштардын көрсөткүчү» деген макалага берилген тиркемеде кээде гана берилбей калбаса, көпчүлүгүндө уруктардын аталышы да жана алардын ылакап аты да келтирилди.

«Урук» термини, эреже катарында, биз башка бир эмгектерде «бир атанын балдары» деп атаганга, б.а. үчүнчү-төртүнчү муундагы бир атадан тараган туушкан үй-бүлөлөрдүн тобуна ылайык келбейт[40]. Өтө көп учурларда урук бул жерде бир атанын балдарына караганда кеңири түшүнүлөт, ал урук мындай туушкан үй-

бүлөлөрдүн ар түрдүү сандагы тобунан турушу мүмкүн. Бирок, кээде бул түшүнүктөр дал келген учурлар да болот. Биздин колубузда көптөгөн уруктар жөнүндө бир кыйла толук маалыматтар болгондуктан, алар уруктарга кирген туушкан үй-бүлөлөрдүн топторун аныктап бөлүп көрсөтүүгө мүмкүндүк берди. Биз уруулардын структурасын дагы көбүрөөк майдалоону максатка ылайыктуу эмес деп таап, бир атанын балдарынын бардык топторун схемага киргизүүдөн баш тарттык. Бирок кээ бир уруктарга келгенде бул принциптен чегинген учурлар да болду. Мындай чегинүү, айрыкча, өткөндө калктын көбүрөөк эзилген бөлүгүнө таандык болгон бөлүкчөлөр менен уруктарга карата алганда, мисалы, солто уруусунун курамындагы жети кул бөлүкчөсүнө, сары багыш уруусунун курамындагы жети урук бөлүкчөсүнө карата алганда жана башка учурларда да зарыл болду.

Генеалогиялык уламыштар тарабынан көрсөтүлгөн уруулардын катышы жөнүндө түшүнүк алуу үчүн кээде «отуз уул» деген жалпы аталыш менен бириктирип жүргөн оң жана сол (1-сүрөттү карагыла) канаттардын урууларынын курамын мүнөздөй турган жалпы схема келтирилди. Айрым урууларга таандык болгон кээ бир схемалардагыдай эле бул схемада уруулар менен уруктарды алардын түпкү теги менен байланышын көрсөтүп турган түз сызыктар менен бирге чекиттүү сызыктар да бар. Көпчүлүк учурда ал чекиттүү сызыктар бул уруунун (уруктун) түпкү тегибиз деп жүргөн ата-баба менен кандаштык байланышынын жоктугун билгизет. Мында, адатта кандаштык байланыштын ордун адаптация (сиңишип кетүү) ээлейт. Бул сарбагыш уруусунун жети урук бөлүкчөсүнө кирген кээ бир уруулардын мисалында даана көрүнөт (5-сүрөт). Айрым учурда чекиттүү сызык ошол уруктун тигил же бул түпкү ата менен же уруунун белгилүү бир бөлүкчөсү менен байланышы али толук аныктала электигин жана шарттуу түрдө гана белгиленгенин көрсөтөт.

Бардык схемаларда уруктар майда сызыкчалуу тегерекчелер менен белгиленген. Майда сызыкчалуу эмес тегерекчелер уруулардын, бөлүкчөлөрдүн жана уруктардын (чыныгы же легендалык) түпкү атасын билдирет. Айрым уруулардын ата-бабаларынын саны айтылып жүргөн генеалогиядагы ата- бабалардын санынан кыскартылып берилди. Айрым учурда майда сызыкчалуу тегерекчелер менен өзүнчө белгиленбеген, чыныгы аты алардын ата-бабаларынын ысмы менен дал келип турган уруктар да майда сызыкчалуу тегерекчелер менен көрсөтүлдү. Бирок биз бул уруктарды алар өзүлөрүнүн ылакап аты менен белгилүү болгондуктан гана бөлүп көрсөттүк. Мисалы, сарбагыш уруусунда (5-сүрөттү карагыла) салыбек уулу деп аталган урук бар. Схемада бул уруктун түп атасы — Кожомшүкүр да көрсөтүлдү. Уруктун өз аты — кожомшүкүр, салибек уулу болсо анын ылакап аты.

Схемада көрсөтүлгөн уруктардын бир бөлүгүнүн аталыштары алар жайгашып жашап турган жерлерди сүрөттөп жазганда эскерилген жок. Бул сурамжылаган адамдардан керектүү маалыматтар алынбагандыктан улам келип чыккан мүчүлүштөр. Бирок, муну менен катар уруктардын жашап турган жерлерин сүрөттөп жазганда «Этникалык аталыштардын көрсөткүчүндө» да белгилүү бир урукка колдонууга болбой турган, бирок бир нече уруктун ата- бабасынын ысмы катарында эсептелип жүргөн аталыштар (мисалы, солто уруусундагы «момокон» деген аталыш, ж.б. ) да учурайт. Биздин мындай ыкты колдонгондугубуздун себеби, белгилүү бир ата-бабадан (түп атадан) тараган уруктардын жайгашып турган жерлерин жетишээрлик түрдө так аныктоого дайыма эле мүмкүн боло бербеди. Мындай учурларда информаторлор баланча же түкүнчө адамдын (мисалы Момокондун) тукумдары жайгашкан жерлерди көрсөтүү менен гана чектелишти. Бир атанын балдары тибиндеги айрым бир өтө майда топтор өзүлөрүнүн аты менен аталбастан, алда канча алыскы түпкү ата-бабасынын ысмы менен жалпы аталышкандыктан, кээде, ошол түпкү ата-бабасынын ысмын келтирүүгө туура келди. Алсак, мисалы,

солто уруусунда «дандыбай» деген аталыш менен (4-сүрөт), алар Даңдыбайдын түздөн-түз тукумдары болбосо да, Кулболду дегендин тукумдары да аталып жүргөнү белгилүү.

Кээ бир учурларда генеалогиялык уламыштарда көрсөтүлгөн уруктардын иш жүзүндөгү катышы ошол уруктардын өкүлдөрүнүн айткандары менен дал келбейт. Алар кээде өзүлөрүн таптакыр эле башка бир ата-бабанын тукумубуз деп эсептешет. Бугу уруусунун курамында (кыдык бөлүкчөсү) алдаке жана кудай бакты деген уруктар бар, алар жакшы белгилүү болгон генеалогияларга (2-сүрөттү карагыла) карабастан өзүлөрүн жаанбайлыктарбыз деп аташат. Ал эми жаныбек уругунун өкүлдөрү өзүлөрүн торгой уругуна таандык кылышып, көп учурда өзүлөрүн торгойлуктарбыз деп аташат. Бул, көп- чүлүк учурда уруктардын узак мезгил бою чогуу жашап тургандыгынын, ал эми кээде тигил же бул социалдык окуялардын же процесстердин натыйжасы болуп саналат. Айрым бир урууларды мүнөздөөдө биз ушундай көрүнүштөрдү жолуктурдук.

Сөзүбүздүн акырында белгилеп кете турган нерсе, бул эмгекти даярдоодо этникалык аталыштар мурда өтө көп учурларда бурмаланып айтылып келгендиктен аларды өтө так берүүгө көп көңүл бурулду. Аталыштардын транскрипциясына биз азыркы кыргыз алфавитин негиз кылып алдык. Бул транскрипцияда «ж» белгисин орустун «дж» тамгасы сыяктуу окуу керек. Орус алфавитинде жок атайын кыргыз тамгалар диакритикалык белгилер кошумчаланып, орус тамгалары менен алмашылды. Мисалы, жумшартылган «у» жана «о» тамгалары «у» жана «о» түрүндө берилди. Мурунчул тыбыш үчүн кыргыз алфавитиндеги «ң» тамгасы сакталды. Географиялык аталыштарда, ошондой эле туунду сөздөрдө «ж» белгиси колдонулган жок (мисалы жети кул, бирок джетикулдар).

Материалды баяндоону биз кыргыз элинин курамындагы негизги, көбүрөөк ири урууларга мүнөздөмө берүүдөн баштайбыз.

## Бугу

Бугу уруусу кыргыз элинин оң канатынын курамындагы негизгилердин катарына кирет. Генеалогия жагынан ал сарбагыш уруусуна көбүрөөк жакын. Бирок бул жакындык феодалдардын саясий жана экономикалык үстөмдүк үчүн күрөшүнүн натыйжасында келип чыккан эки уруунун ортосундагы касташуунун пайда болушуна тоскоолдук кыла алган эмес. Күрөш, болжол менен XVIII к. 60—70-жылдарынан XIX к. 60-жылдарына чейин жүз жылга жакын созулган.

И. Г. Андреевдин кол жазмасынын негизинде бугу уруусу XVIII кылымдын акыркы чейрегинде кыргыздардын эң башкы жана өз алдынча турган урууларынын бири болгон деген корутунду чыгарууга болот. И. Г. Андреев башчысы Бирназар бий[41] болгон өзүнчө Бугу болуштугун атайт. Бугулуктар Айдден Кисей (Аристов боюнча) же Жилдей Кисек (И. Г. Андреевдин Этнография институтунда сакталып турган кол жазмаларынан алынган үзүндү боюнча) деген экинчи болуштукту да түзгөн деп болжолдоого болот, мунун башында Шапак бий[42] турган. Сыягы, бул болуштуктун курамына бугулардын бөлүкчөлөрү желдең жана кыдык да кирсе керек, кол жазмада булардын аты бурмаланып берилген. Бул бөлүкчөлөр эзелтеден бери эле бири менен бири коңшу турушкан[43].

Ч. Ч. Валихановдун жогоруда эскерилген кол жазмасында камтылып турган жана анын жеке өзү тарабынан жазылып алынган бугулуктар жөнүндөгү маалыматтар өтө баалуу болуп саналат.

Ал бугу уруусу 10 миңге жакын түтүндөн тураарын жана анын башкы бөлүкчөлөрү алсейит, тынымсейит жана арык экенин жазат. Бугулуктардын кыштоолору Терскейде ( б.а. Ысык-Көлдүн түштүк жээктеринде, ал эми жайлоолору

— Каркыра өрөөнүндө, Музарттын түштүк беттеринде, Текесте жана Сары-Жазда болгон. Бугулуктардын эн тамгасы, Ч. Валиханов боюнча, жагалмай деп аталып, түспөлдө сүрөттөлгөн. Алардын урааны «жанкороз» болгон. Ч. Валиханов бугу уруусунун генеалогиясы жана структурасы боюнча маалыматтарды келтирет. Ал маалыматтар толук болбосо да биздин мезгилибизде карыялардан алынган маалыматтар менен, б.а. Ч. Валихановдон жүз жылдан кийин да жалпысынан дал келип турат. Алсак, мисалы, кыдык бөлүкчөсүнүн курамында ал кудай бакты, жакшылык, торгой жана жаманбай (туурасы жаанбай) деген уруктарды, б.а. акыркы мезгилге чейин жашап келген дээрлик бардык негизги уруктарды атайт.

Ч. Валиханов билдирген маалыматтар кийин П. П. Семёнов тарабынан «уруулардын» жана «уруктардын» саны жөнүндөгү маалыматтар менен толукталып, анын «Кыргыздар» деген макаласына киргизилген, макала «Географо-статистический словарь Российской империи» (т. II, СПб, 1865)[44] деген сөздүктө басылып чыккан. Бул маалыматтар боюнча бугулуктардын саны 11 миң түтүнгө же эркек-аялы болуп 55 миңден 60 миңге чейин жеткен. Бугу уруу сунун эң маанилүү бөлүкчөлөрү жана уруктары жөнүндөгү бул маалыматтар анча көп эмес түзөтүүлөр менен В. В. Радловдун «Aus Sibirien» (230, 232-233-66.) деген эмгегине кирген.

Октябрь революциясынын алды ченде бугулуктар Пржевальск уездинин чыгыш бөлүгүндө жашап турушкан (Күрмөнтү, Кең-Суу, Түп, Түргөн, Барскон, Семиз-Бел болуштуктары жана Тоңдун бир бөлүгү).

Бугулуктардын кыштоолору менен жайлоолору Ысык-Көлдүн түндүк жээгинин анчалык чоң эмес чыгыш бөлүгүн, ошондой эле, көлдүн чыгыш жана дээрлик бүт түштүк жээгин ага туташ жаткан Тянь-Шандын тоо этектери менен кыркаларын, Кытайдын чек арасына чейин ээлеп турушкан. 100—150 жыл мурда бугулуктардын көчүп-конуп жүргөн жерлери түндүккө жана түндүк-батышка, Кеген жана Текес сууларынын өрөөнүнө чейин созулуп жатканын көптөгөн булактар кабарлайт. Ушул мезгилде да бугулуктардын бир кыйла тобу КЭРдин Синьцзян-Уйгур автономдуу облусунун чектеринде, Текес өзөнүнүн өрөөнүнүн бир бөлүгүндө жашап турат.

Жогоруда аты аталган болуштуктарды изилдөөнүн натыйжасы келтирилген «Материалдарда» «Түпкү аталар», б.а. бугу уруусунун бөлүкчөлөрү менен уруктары жөнүндөгү маалыматтар Күрмөнтү, Кең-Суу, Түп жана Семиз-Бел болуштуктары боюнча гана бар. Ошондуктан бул жерде жолуга турган этнонимдер биринчи үч болуштукта өзүнчө жашап турган белек, бооке жана боор, Семиз-Бел болуштугунда жашап турган арык бөлүкчөлөрүнө гана тиешелүү. Белек, бооке жана боор бөлүкчөлөрү боюнча такабай, токой, токоч, алдаяр, толубай, боор, сарыбай, кудайменде, бирназар, алдаш, шапак, шүкүр, кожош, меңмурат, тогузбай, элчибай, теңизбай уруктары аталат. Арык бөлүкчөсү боюнча: байым, сары калпак, сейитказы, торок, эгизбай, бал татыр, жоо татыр[45] уруктары аталат.

Белек бөлүкчөсү Чыгыш-Жети-Өгүз жана Батыш-Жети-Өгүз болуштуктарынын калкынын олуттуу бөлүгүн да түзүп турган, ал эми арык бөлүкчөсү болсо бүткүл Түргөн болуштугунда жайгашып турган. Заукинск жана Барскон болуштуктарында желдең жана бапа бөлүкчөлөрү жашап турган. Тоң болуштугунун калкынын негизги бөлүгүн кыдык бөлүкчөсү түзгөн. Бугулуктар жайгашып турган он болуштукта 12055 кожолук[46] бар болгон. Бирок бул болуштуктардын бардык эле тургундары өзүлөрүн бугулукпуз деп эсептешкен эмес. Алсак, Чыгыш-Жети-Өгүз жана Батыш-Жети-Өгүз болуштуктарында өзүлөрүн дөөлөс, кытай, саруу, мундуз, коңурат деп атаган жана дагы башка топтор жашап турган. Түп болуштугунда моңолдор менен мундуз топтору, Күрмөнтүдө кытай, Тоңдо саяк, кыпчак, кушчу ж.б. жолуккан. Бардык ушул топтор ар түрдүү себептер менен бугулуктардын арасында туруп калган башка уруулардын бөлүктөрү болгон. Эмнеси болсо да бугулуктар 11 миңден кем эмес кожолукту түзгөн деп болжолдоого болот.

Арык (же арык тукуму), желдеӊ (бул аталыш менен Алсейиттин уулу Тумакашканын бүт тукуму бириккен), бапа, кыдык жана белек бугу уруусунун башкы бөлүкчөлөрү катарында эсептелген (2-сүрөттү кара). Экинчи маанидеги, анчалык чоӊ эмес бөлүкчөлөргө асан, кара мырза, токоч, боор, ит бок жана бооке таандык болгон. Арык бөлүкчөсү, так айтканда, бугу уруусу менен бир катарда өз алдынча уруу деп бөлүнүп айтылууга тийиш эле, анткени генеалогиясы жана ата-теги боюнча аны бугулуктардын бир бөлүгү деп кароого болбойт. Генеалогиялык уламыштарга таяна турган болсок, анда бугулуктар деп Алсейиттин тукумдарын гана сөздүн чыныгы маанисинде айтууга болот (2-сүрөттү карагыла), анткени ушулар гана бугу деген жалпы ат менен аталып жүрүшкөн; анын аялы — Мүйүздүү энени бугулуктар түпкү энебиз деп эсептешкен. Мына ушул ойдон улам жана башка айрым себептердин негизинде бугу уруусунун тынымсейит бөлүкчөсүн биз өз алдынча уруу катарында бөлүп көрсөттүк. Арык бөлүкчөсү негизинен узак жылдар бою бугулуктардын башка бөлүкчөлөрү менен чогуу турмуш өткөрүп, арыктар жашап турган жерлер бугулуктардын, айрыкча белек бөлүкчөсүнүн жерлерине туташ жаткандыктан азырынча шарттуу түрдө бугу уруусуна таандык кылынды.

Бугулук карыялардан алынган маалыматтарга ылайык теги жагынан бугуларга таандык кылынып жүргөн кыргыз калкынын топтору негизинен Ысык-Көл боюнда жайгашып турган. Пункттар 1-таблицада аталды.

*1-таблица*

**Өзүлөрүн теги боюнча бугу уруусунда таандык кылган кыргыздардын азыркы жашап турган жерлери**

| Аталышы | Элдүү пункттар |
|---|---|
| 1 | 2 |
| Арык БААТАТЫР | |
| Эшей | Жолголот Ново-Вознесенск району* |
| Кедей | Ак-Булуӊ, Зындан Ново-Вознесенск району |
| Буларкы | Ошондо эле |
| Соно | Маман (Октябрьское, 20 үй-бүлө), Жаӊы-Арык, Тегизчил, Кара- Чий Пржевальск району |
| Эгизей | Семизбел** Балыкчы району; Ак-Булуӊ Ново-Вознесенск району |
| Беш каман | Маман (он үй-бүлө) Пржевальск району; Семизбел Балыкчы району; Кара-Күнгөй Кочкор району |
| Ондон | Ак-Булак Ново-Вознесенск району; Маман (16 үй-бүлө) Пржевальск району; Кара-Күнгөй Кочкор району |
| Сары калпак ЖОО ТАТЫР | Маман (18 үй-бүлө) Пржевальск району |

* Кээ бир учурларды эске албаганда, бул жерде жана андан ары 1958-жылдын октябрына чейин жашап турган райондордун аты жана административдик (райондук) бөлүнүү сакталды.

Кыргыз ССРинин калк жайгашкан пункттарын камтыган расмий маалыматнааманын жоктугу, бул эмгекке тиркелип берилген картада андай аталыштардын аз санда болушу, ошондой эле калктуу пункттар менен этнонимдердин көп учурда дал келиши бир нече жүздөгөн элдүү пункттарды жазуудагы белгилүү системаны колдонуунун зарылдыгына алып келди. Бул жерде кабыл алынган аталыштар кыргыздардын колдонулуп жүргөн элдик аталыштарына көбүрөөк ылайык келет. Биз элдүү пункттардын бул жазылыштарын колдонууга киргизели деген ниеттен алыспыс, ошондой болсо да географиялык аталыштарды жазууда кабыл алынган принципти тутууну максатга ылайыктуу деп таптык: дефисти пайдаландык, дж аффиксин орустун дж тамгасы менен, мурунчул тыбышты — ӊ тамгалары менен бердик. Эринчил үндүү тамгалар этнонимдерди жазганда ө жана ү түрүндө берилди.

** Семизбелдин аймагында Оттук, Ак-Өлөӊ, Кара-Шаар айылдары, Улахол кыштагы жайгашып турат.

www.bizdin.kg

| | |
|---|---|
| Сокур | Кара-Күнгөй Кочкор району |
| Байым (Майым) | Үч-Кайнар, Маман (15 үй-бүлө), Кара-Чий, Пржевальск району; Кыргыз Боз-Учук Ново-Вознесенск району; Кара-Күнгөй Кочкор району |
| Сейитказы | Кыргыз Боз-Учук, Кайырма-Арык Ново-Вознесенск району; Кереге-Таш Пржевальск району |
| Дүйшө | Чоң-Жергез Ново-Вознесенск району |
| Кара кыз уулу | Орус Жергез Ново-Вознесенск району |

| 1 | 2 |
|---|---|
| Татыгул | Чоң-Жергез Ново-Вознесенск району |
| Калматай | Кыргыз Боз-Учук, Йчке-Жергез (Кичи-Жергез), Ой-Калча Ново-Вознесенск району |
| Кара такыя | Ичке-Жергез Ново-Вознесенск району |
| Отуз уулу | Отуз уул Пржевальск району |
| Торок | Маман (8 үй-бүлө) Пржевальск району |
| Кызыл сакал ЖЕЛДЕҢ | Сары-Камыш Пржевальск району |
| Ак күп | Дархан Покровка району |
| Күрүчбек | Ошондо эле |
| Тойчу | Ошондо эле |
| Итий бас | Ошондо эле |
| Кедей | Чычкан Покровка району |
| Койке | Ошондо эле |
| Темир | Ошондо эле |
| Кубул | Ак-Терек Покровка району |
| Муратжан | Тосор Покровка району |
| Шүкүр | Ошондо эле |
| Маркаш | Тамга Покровка району |
| Назарбек | Кичи-Жаргылчак Покровка району |
| Куттуккожо | Ошондо эле |
| Манжы | Кичи-Жаргылчак, Чоң-Жаргылчак Покровка району |
| Кара күчүк | Сары катын тайпасынын ичинде (2-сүрөттү кара) |
| БАПА КЫДЫК | Барскон Покровка району; Пржевальск шаары — 15 үй-бүлө |
| Торгой | Туура-Там, Төрт-Күл, Туура-Суу, Темир-Канат, Кызылчек, Боль- шевик Тоң району |
| Түлөөгул | Кызылчек Тоң району |
| Жаанбай | Кызыл-Дөбө, Көк-Сай, Ак-Сай, Киров, Ворошилов Тоң району |
| Жакшылык | Бөкөнбаев, Таш-Дөбө, Ак-Сай Тоң району |
| Алдаке | Ак-Сай Тоң району |
| Кудайбакты | Көк-Сай, Кызыл-Дөбө, Ак-Сай Тоң району |
| Жаныбек ИТ БОК | Төрт-Күл Тоң району |
| (Мамбет уулу) | Шаты Түп району |
| БООКЕ (Такабай уулу) | Ичке-Суу, Шаты Түп району; Чоң-Өрүктү, |

| | |
|---|---|
| БЕЛЕК | Кичи-Өрүктү, Орто- Өрүктү Ысык-Көл району |
| Тогузбай | Тасма Түп району |
| Элчибай | Тогузбай (Арал) Түп району |
| Кожош | Долон, Түп Түп району |
| Шүкүр | Сары-Дөбө, Кош-Дөбө, Элчибай Түп району |
| Теңизбай | Чолпон, Тепке, Сары-Көл Түп району |
| Алдаяр | Чоң-Өрүктү, Кичи-Өрүктү, Орто-Өрүктү Ысык-Көл району; Ой-Тал, Ой-Булак, Кудургу Түп району |
| Токой | Сары-Булак, Күрмөнтү Түп району |
| Токоч | Талды-Суу Түп району |
| Саты | Ошондо эле |
| Толубай | Талды-Суу, Шаты Түп району |
| Аалыбай | Көөчү, Кең-Суу Түп району; Жети-Өгүз Жети-Өгүз району |
| Мураталы | Сары-Тологой Түп району |
| Данияр | Желе-Дөбө, Жети-Өгүз Жети-Өгүз району |
| Тилекмат | Шалба, Сүттүү-Булак, Чоң Кызыл-Суу Покровка району |
| Бүрбүжал | Жети-Огүз Жети-Огүз району |
| Кудайменде | Токтоян Түп району |
| Түкөк | Кең-Суу Түп району |
| Тазабек | Сары-Тологой (көпчүлүгү), Кең-Суу Түп району; Жайылма Ново-Вознесенск району |
| Шапак | Токтоян, Жылуу-Булак Түп району |
| Мүкө | Шапак Ново-Вознесенск району |
| Сокур | Ошондо эле |
| Шералы | Кең-Суу (50%), Чоң-Таш, Корумду Түп району; Раздольное (20 үй-бүлөгө жакын) Ново-Вознесенск району |
| Чурум АСАН | Жылуу-Булак Түп району |
| (Асан тукуму) | Жанты-Арык (30—40 үй-бүлө), Кара-Чий Пржевальск району |
| КАРА МЫРЗА | Токтоян (30 га жакын үй-бүлө) Түп району |
| ТОКОЧ | Кара мырзанын тукумдарынын ичинде (5—6 үй-бүлө) |

## *Тынымсейит*

Генеалогиялык уламыштарда тынымсейит тобунун түпкү теги бугу уруусу менен байланыштырылат. Алардын жалпы түп атасы, Тагайдын чөбүрөсү Мырзакулду аташат. Ушуга байланыштуу кыргыздардын этникалык курамына тийиштүү болгон бардык булактарда тынымсейит тобу саны жагынан көптүк кылган бугу уруусунун бир бөлүгү катарында каралат. Бирок, биздин пикири- биз боюнча, тынымсейит тобунун ата-теги башка экендигин жана аны өз алдынча уруу катарында бөлүүгө болорун ырастай турган даректер аз эмес. Муну, баарынан мурда, тынымсейит тобунун улуу муундарынын өкүлдөрүндө алардын бугу менен жалпылыгы жөнүндөгү ачык-айрым бир пикирдин жок экендиги далилдеп турат. Муну, ошондой эле, тынымсейиттердин азыр жайгашып турган жана өткөндө алардын көчүп-конуп жүргөн жерлери ырастайт. Тынымсейиттер бугулуктар конуп-көчүп жүргөн аймактарга жакын турушканы менен, алар толук өз алдынча болушкан, муну Ч.

Валихановдун эскертүүсүнөн да көрүүгө болот[47]. Тынымсейиттердин тобу Кытайдын коңшу райондору менен тыгыз байланышы болгон.

Бугулуктардын көчүп-конуп жүргөн жерлерине өзү барып, бугу уруусунун структурасын кылдаттык менен иликтеп чыккан В. В. Радловдун анда тынымсейит бөлүкчөсүнүн бар экенин белгилебегенин кокустук деп эсептөөгө болбойт[48].

Тынымсейиттер бир туугандар Кабелини (же Каабелини), Шалтакты жана Мортукту өзүлөрүнүн түпкү ата-бабалары деп эсептешет. Акыркысын кээде Кан Мортук же Каммортук деп аташат. Мортуктун тукумдары бир кыйла көп санда болгон, ошондуктан Мортуктун уулдарынын ысмы менен аталган Токтогул менен Жаманак тынымсейит уруусунун негизги бөлүкчөлөрү болуп саналат. Шалтак бөлүкчөсүнүн саны бир кыйла аз (3-сүрөттү кара). Уламыштарга караганда Токтогулдун 9 уулу болгон. Уруулардын ортосундагы жаңжалдардын натыйжасында токтогул бөлүкчөсү бүт бойдон Батыш Кытайдын чектеринде жашап турган, ал жакта Токтогулдун 5 уулунун тукумдары азыркы жайгашып турган аймакка көчүп келишкен. Аларды бул жердегилер көпкө чейин калмактар же калмакылар деп аташкан[49]. Токтогулдун калган төрт уулунун тукумдары, сыягы азыркы Сыньйзяндын аймагында калышса керек. Алардын тагдыры жөнүндө так маалыматтар жок.

Тынымсейиттердин негизги бөлүгү узак жылдар бою Нарын дарыясынын түндүктү карай Он-Арча өзөнүнө чейинки аралыкта, Тянь-Шань облусунун Нарын районунун аймагында, азыркы орун алып турган айыл-кыштактарда жашайт. 1913-жылы алар Пржвальск уездинин Он-Арча болуштугунун калкын түзүшкөн. Алар 1200 кожолук болгон. Бул жакта тынымсейиттердиин кыштоолору Миң-Булак, Оттук, Арчалы-Суу, Оро-Башы, Баш-Нура, Орто- Нура, Эчки-Башы, Кытайчы, Сары-Булак, Ичке-Суу, Кыз-Мазар, Ийри-Суу, Кара-Суу өзөндөрүндө жана башка жерлерде жайгашып турган[50]. Бул территорияда жашап турган жана өзүлөрүнүн ата-бабаларынын ысымдары менен аташкан тынымсейиттердин топтору 2-таблицада саналып көрсөтүлдү.

*2-таблица*


**Тянь-Шань облусунун Нарын районундагы Өзүлөрүн теги боюнча тынымсейиттерге таандык кылган кыргыздардын азыркы жашап турган жерлери**

| Аталышы | Элдүү пункттар | Аталышы | Элдүү пункттар |
|---|---|---|---|
| ТОКТОГУЛ Дөрбөң уулу | Орто-Нура | Сарт бала | Тегерек-Булак |
| Чыйбыт уулу | Ошондо эле | Жумаш | 1-чи Миң-Булак |
| Орус уулу Бай казак | Сары-Булак Ак-кыя | Тотуя (Жаманактын экинчи аялынын аты боюнча) | Эчки-Башы |
| Мөнкө | Ошондо эле | | |
| Былжык Дүлөй уулу * | Кытайчы Мазар | АЯН (Жаманактын үчүнчү аялынын аты боюнча) | Оттук |
| Бөжөкөй | Сары-Булак | | |
| Шопок | Төш-Булак | Ырыс | 1-чи Миң- |

* Дүлөйдүн бир тууганы - Чакыранын тукумдарын да ушундайча аташат.

www.bizdin.kg

| | | | |
|---|---|---|---|
| Төлөмүш | Эмгекчил | (Кашкарынын экинчи аялынын аты боюнча) | Булак |
| Жылчымыш | Чет-Нура | | |
| ЖАМАНАК | | ШАЛТАК | Ак-Булуң |
| Кемпирек | 1-чи Миң-Булак | Меңдибек | Ийри-Суу |
| Опо | Ошондо эле | Чабалдай | Ак-Булуң, Эмгекчил |
| Мөндөш | Ошондо эле | Кызыл таз | Эмгекчил |
| Сырдыбай | Эчки-Башы, 2-Миң-Булак | Кара таз | |
| Сырымбет | 2-Миң-Булак | | |




*3-сүрөт.* Тынымсейит уруусунун структурасы

Тынымсейиттердин кээ бир уруктары Нарын районунан тышкары, негизинен Ысык-Көл боюнда жашайт. Шалтактан тараган кабак уругу, ошондой эле кара таз менен кызыл таздын уруктарынын бир бөлүгү Кабак жана Ак-Кочкор айылдарында жана Жети-Өгүз районунун башка кыштактарында чачыранды жашап турушат. Ошол эле райондун Ак-Кочкор айылында жана Ак-Шыйрак (сырт тараптагы алыскы жайыттар) деген жерде чабалдай уругунун бир бөлүгү орун алган. Акырында, Тоң районунун Көк-Сай айылында, бугу уруусунун кудайбакты уругу менен бирге Кабелинин тукумдары жашайт, алар өзүлөрүн беш бала деп аташат. Покровка районундагы Чычкан айылында беш бала уругунан тогуз үй-бүлө; Жети-Өгүз

районунун Ак-Дөбө айылында он үй-бүлө бар экени белгилүү болду. Беш бала менен кабактардын арасында сокок уругунун өкүлдөрү учурайт. Чүй районунун Кара-Дөбө айылында сарбагыш уруусунун кээ бир уруктары менен бирге адык уругунан чыккан топ жашап турат (алты үй-бүлө).

## *Солто*

Оң канаттын кыргыздарынын ири урууларынын ичинде бугудан кийинки орунду солто уруусу ээлейт. Бул уруу XVIII кылымдагы кытай булактарында эскерилбесе да И. Г. Андреев тарабынан түзүлгөн «болуштуктардын» тизмесинде көрсөтүлгөн. Ал башында Гашибек бий турган Солто болуштугун атайт[51]. Бул болсо солто уруусун кыргыз элинин курамында эчак эле калыптанып бүткөн жана түпкү теги боюнча өз алдынча болгон негизги уруулардын катарына кошууга мүмкүндүк берет. В. В. Радлов солтолуктарда өзгөчө эн тамгасы бар экенин белгилейт. Ал мындай деп жазат: «Бугу менен сарбагышта Жагалбай (туурасы: жагалмай — С. А.) деп аталган эн тамга (менчиктин белгиси), солтодо Ай-тамга колдонулат[52]. Ушундан улам мурда бул урууну «ай тамгалуу солто» деп да аташкан.

Солто уруусу көнөө замандан бери эле Чүй өрөөнүнүн борбордук жана батыш аймактарында, Чүй дарыясынын түштүк боюнда жашап турган. Анын көчүп-конуп жүргөн жайлоо-кыштоолору да канатташ жаткан Кыргыз Ала- Тоосунун өзөндөрүнөн орун алган. Октябрь революциясынын алдында жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн маалыматтарына караганда солтолуктар Жети-Суу облусунун Пишпек уездинин он болуштугунун жана Сыр-Дарыя облусунун Олуя-Ата уездинин эки болуштугунун аймагында жашап турган. Солто уруусунун курамына, адатта, уруусу башка бир кыйла көп топтор да кошулган. Ушундай топторду чыгарып салгандан кийин жогоруда айтылган изилдөөлөрдүн учурунда солтолуктардын саны жана алар жайгашып жүргөн жерлер 3-таблицанын[53] маалыматтары менен мүнөздөлгөн.

Мына ошентип, эки уездде солтолуктардын 10 миңден кем эмес кожолуктары болгон.

Белгилеп кете турган нерсе, Г. С. Загряжский билдиргендей, талкан бөлүкчөсүнүн байсейит жана бошкой уруктарынын жайлоо-кыштоолору 1867-жылы уруктар ортосундагы чыр-чатактардын натыйжасында Талас жакка ооп, ал эми бул уруктар Кара-Балта өзөнүнөн батышты карай, аларга дуулат казактары тарабынан өз ыктыяры менен бөлүнүп берилген жерге көчүп келишет (Чүй өрөөнүндөгү азыркы Панфилов району)[54]. Көрсөтүлгөн уруктардын манаптары менен кошо жаңы жерге аларга көз каранды болгон жүздөгөн катардагы малчылардын чарбалары да кошо келген. Талас өрөөнүнүн калкынын бир бөлүгү да солтолук манаптарга көз каранды болуп калат. Олуя-Ата уездинин курамында солтолор жайгашып турган эки болуштуктун пайда болушу, ошондой эле Талас өзөнүнүн өрөөнүндөгү солтолуктардын жайгашып, жашап калышы ушул жагдай-шарт менен түшүндүрүлөт.

Солто уруусу этникалык курамы боюнча бир кыйла татаал болгон урууларга кирет. Бул, биринчиден, солтолуктардын көчүп-конуп жүргөн жерлеринин географиялык жайгашына, алардын сарбагыш, чекир саяк, кушчу, жетиген жана башка топтордун ортосунда жайгашып тургандыгы, казактар менен жакын кошуна болгондугу менен түшүндүрүлөт. Экинчиден, солтолуктардын жетекчилери XVII кылымдан тартып эле активдүү саясий роль ойной башташкан. Биз тараптан жазылып алынган тарыхый аңгемеге караганда солтолуктардын ата-бабаларынын бири, Чаа бий Эшим хандын тарабында туруп, Турсун ханга каршы күрөшкө катышкан экен[55]. Солтолуктардын согушчандыгын кыргыз турмушун биринчи изилдеген орус изилдөөчүлөр да белгилешкен[56]. Мындай согушчандыкка бир

жагынан, чачыранды уруктардын сырткы кол салуудан өзүлөрүн коргоого табигый түрдө умтулуусу, экинчи жагынан, солтолуктардын феодал төбөлдөрүнүн ач көз кызыкчылыктары негиз болгон.

*3-таблица*

**Октябрь революйиясы болоордун алдында солто уруусунун саны жана жашап турган жерлери**

| Болуштук | Кожолуктардын жалпы саны | Алардын ичинде солтолуктардыкы | Солтолуктардын чарбалары % |
|---|---|---|---|
| Пишпек уезди | | | |
| Кара-Балта | 1179 | 1003 | 85,0 |
| Жамансарт | 701 | 485 | 69,2 |
| Багыш | 833 | 791 | 95,0 |
| Батыш-Сокулук | 1110 | 949 | 85,0 |
| Чыгыш-Сокулук | 1091 | 767 | 70,0 |
| Талкан | 1814 | 1405 | 77,4 |
| Узунгыр | 971 | 971 | 100 |
| Каракийин | 813 | 813 | 100 |
| Ысык-Ата | 848 | 775 | 91,4 |
| Бөлөкбай | 1339 | 257 | 19,1 |
| Олуя-Ата уезди * | | | |
| Жайыл | 1029 | — | — |
| Талкан | 1150 | — | — |

Солто уруусунун этникалык көп түрдүүлүгү мурда В. В. Радлов тарабынан да белгиленген, ал солто уруусунун курамында жетиген, кутчу, саруу, моңолдор, кытай, мундуз, азык уруктары бар экенин атап көрсөткөн. Бирок ал солто уруусунун өз бөлүкчөлөрүн бөлүп көрсөткөн эмес[57].

Солто уруусунун структурасын жана анын генеалогияларын кылдаттык менен иликтөө анын курамынан, биздин маалыматтарыбыз боюнча, түпкү теги жагынан оң жана сол канаттардын башка уруу-уруктары менен байланыштуу болгон, бирок адатта солто уруусуна таандык кылынып жүргөн топторду бөлүп көрсөтүүнүн зарылдыгына алып келди.

Солтолордун ичинде башка уруулардан болгон ири топторго суу мурун (1000 кожолуктан көбүрөөк), асылбаш (258 кожолук), ак буура (200 гө жакын кожолук) кирет. Суумурун тобун биз таптакыр өз алдынча жүргөн уруу катарында бөлдүк. Асылбаш жана акбуура топтору, карыялардын айтуусу боюнча, түпкү теги жагынан Түштүк Кыргызстанды жердеген эң ири адигине уруусуна таандык. Айрым изилдөөчүлөр асылбаш жана акбуура топторун солто ичинде жети кул[58] бөлүкчөсүнүн курамына киргизип жүрүшөт.

Солтолордун ичинде жашаган, бирок өзүлөрүнүн башка этникалык текке таандык экенин билген моңолдор (152 кожолук), кушчу (147 кожолук), кыпчак (118 кожолук), мундуз (100 кожолук), кытай (98 кожолук), жетиген (85 кожолук), азык

* «Материалдарда» Олуя-Ата уезди боюнча солто уруусунун бөлүкчөлөрү жөнүндө толук маалыматтар жок. Жайыл болуштугу боюнча гана жаил (туурасы жайыл) деген бир бөлүкчө көрсөтүлгөн. Ушундан улам ата-теги башка топторду бул жерде бөлүп көрсөтүүгө жана солтолуктардын кожолуктарынын санын тактоого мүмкүндүк бербеди. Ошондуктан бардык кожолуктарды (чарбаларды) шарттуу түрдө солтолуктарга таандык кылууга туура келди. Иш жүзүндө бул болуштуктарда солтолуктардын ичинде моңолдор, жетиген, кытай, саруу жана башка уруулардын топтору да жашап турган.

(50 кожолук), саруу, чекир саяк, сарбагыш, адигине, төбөй сыяктуу топтор башка уруулардын бөлүгү болуп саналат. Пишпек уездинин солтолорунун курамындагы бардык ушул уруусу башка топтордун өкүлдөрү жалпы жонунан 2500 гө жакын кожолуктан турган[59]. Бул топторго киргендердин бир аз бөлүгүн «букаралар», б.а. солтонун чоң жана майда манаптарына тигил же бул даражада экономикалык жактан көз каранды болуп жүргөн адамдар түзгөн[60].

Солтонун курамында (4-сүрөттү кара) түпкү теги жөнүндө ар түрдүү пикирлер айтылып, билерман санжырачылардын арасында да олку-солкулукту пайда кылып жүргөн бир нече уруктар бар. Ушунун өзү эле бул уруктарды кандай болбосун солто уруусуна байлап-матап салууга умтулган аракеттердин жасалма аракет экенин далилдеп турат.

Айрым уруктардын башка уруулардан экендиги талашсыз моюнга алышат, ал эми айрым учурларда (жетиштүү түрдө ынандырарлык болбосо да) алардын түпкү ата-бабасынын (же ата-бабаларынын) этникалык тегин да аташат.

Жогоруда айтылгандардын бардыгы негизинен солто уруусунун негизги бөлүкчөлөрүнүн бирин түзгөн жети кул уруктарына тиешелүү. Бул бөлүкчөгө биздин өзгөчө көңүл бургандыгыбыздын себеби ал кыргыз калкынын эң эле куру жалак калган бөлүгүн түзгөндүгүндө. Булар артыкчылыктоо уруктардын манаптары тарабынан ырайымсыздык менен эзилип келген жөнөкөй букара гана болбостон, жети кул бөлүкчөсүнө киргендердин бардыгы кулдардын тукуму деп эсептелип, ушундан улам алар коомдо эң эле төмөнкү абалда турушкан. Солтонун үстөмдүк кылып турган феодал төбөлдөрү жети кул тукумдарын өз тарыхына, өз генеалогиясына ээ болууга укугу жок, өз урук-уруусу жок, тексиз, жетесиз адамдар катарында карашкан.

Солтонун манаптары жети кулдуктарды өзүлөрүнүн бөлүкчөлөрү менен уруктарынын курамына каалагандай кылып кошуп ала беришкен, мунун натыйжасында жети кулдуктар өзүлөрү да өздөрүн солтобуз дешип атап калышкан. Солто ичиндеги мындай көрүнүштөр жөнүндө бир убактарда Г. С. Загряжский менен А. Соколов да жазышкан[61].

Кылдат байкоочулар менен изилдөөчүлөр солтонун манаптарынын карамагындагы букаралардын чыныгы курамын көрсөтүүгө жетишип, муну менен букаралардын феодал ээлеринин бөтөн урууluktарды эксплуатациялоосунун негизинде жаткан татаал эмес «механизмди» ачып бере алышкан. Бул көз караштан алганда А. Соколовдун «Кара-кыргыздар жөнүндөгү» эмгеги чоң кызыгууну туудурат. Ал келтирген материалдардан көрүнүп тургандай, Пишпек уездинин Сокулук болуштугунда талкан (буга аз сандагы жана кедей, кичи атанын балдарынан тараган («младшей линии») майда манаптар кирген жок) бөлүкчөсүнөн чыккан 50 дөн ашпаган манаптардын үй-бүлөсүнө 18 аталыштан турган топтордон жана уруктардан турган букаралардын 1800 дөн көбүрөөк кожолуктары таандык болгон, булардын ичинен 520 кожолук асылбаштар, 500 гө жакын кожолук жоочалыштар, 205 ке жакын кожолук Мааке уругунан чыккандар, 180 ге жакын кожолук төлөктөр ж.б. болгон[62]. Октябрь революциясынан кийин бул кулдардын тукуму өзүлөрүнүн этникалык аталышын калыбына келтиришкен. Солто уруусунун структурасы боюнча келтирилген схемада (4-сүрөттү кара) биз жети кул бөлүкчөсүнө кирген уруктардын да курамын мүмкүн болушунча толук чагылдырууга аракеттендик.

Бул бөлүкчөнүн курамына кирген уруктардын тизмеси боюнча ар түрдүү пикирлер бар. Аларды салыштырып көргөндө бул бөлүкчөгө төмөнкү алты урук кирген деп ишенимдүү түрдө корутунду чыгарууга болот, алар: беш көрүк, мааке, шалта, жоочалыш, төлөк жана көгой. Жетинчи урук жөнүндөгү пикирлер дал келбейт. Айрымдар акбуура уругун аташса, башкалары — асылбашты[63], үчүнчүлөрү

сөөкмурунду аташат. Башка бир учурда кайдоол уругу да айтылды. Жети кул бөлүкчөсүнө (анын «жети кул» деген аталышына карабастан) жогоруда саналып өткөн бардык уруктар кирген деп эсептөө туура болоор эле.

Бул уруктардын социалдык тагдыры кандайча болгону Сагымбай Аймамбаевдин[64] айткандарынан көрүнүп турат. Анын айткандарына караганда Түлөберди (талкан бөлүкчөсүнөн) манаптын уулдары атасы өлгөндөн кийин букараларды мурас катарында энчилеп бөлүп алышкан. Бөлүштүрүүнү уулдарынын бири — Чыны башкарган. Ал өзүнө беш көрүк жана мааке уруктарын алган. Канайга төлөк уругун берет. Эшкожого — жоочалыш, шалта жана кара- сакал (кийинкиси акбуура уругунун бир бөлүгү) уруктарын, Карбоско — асылбаш уругун берген. Бул бардык уруктардын кайсы ата-тектен чыккандыгын «мыйзаллдуу» кылып көрсөтүү үчүн бул уруктарга өз ысмын берген ата- бабалары солтонун кеңири таралган генеалогияларында кичи аялдын (токолдун) уулдары же солто уруусунун башка бир ата-бабаларынын уулдары же алардын асыранды уулдары катарында айтылат.

Жоочалыш жана төлөк уруктарынын теги кээ бир информаторлордун пикири боюнча, казак болушу ыктымал[65]. Сөөкмурун уругунун ата-тегин кээ бирөөлөр нойгут уруусу менен, башкалары — жедигер уруусу (эки уруу тең Түштүк Кыргызстанда жайгашкан) менен байланыштырышат, үчүнчүлөрү — сөөкмурундуктардын түп атасы калмак деп эсептешет.

Шалта уругу айрым пикирлер боюнча тейит уруусуна таандык кылынат. Кайдоол уругун да айрымдар кушчу уруусу менен, же багыш уруусу менен байланыштырышат. Мааке уругунун өкүлдөрү өзүлөрүнүн түпкү бабасы Курман саруу уруусунан чыккан деп эсептешет. Беш көрүк уругу өзүлөрүнүн башкы ата-бабаларынын бири — Мышык тейит уруусунан чыккан легендарлуу Шырдакбек хандын уулу деп болжолдошот. Тейиттен чыккан асыранды Жаныбек Мышыктын иниси болуп калат. Жүрүштүн учурунда Жаныбек таап алган эркек бала Жолдош деп аталып, алардын жолдошу болуп калат. Кийин Жаныбек өзүнө кожо тарабынан берилген дагы бир эркек баланы тарбиялап өстүрөт. Ал баланы Кожомберди деп аташат. Аталган төрт адамды беш көрүктүктөр ата-бабабыз деп эсептешет. Алсак, биздин информатор Сагымбай Аймамбаев өзүн Мышыктын алтынчы муундагы тукумумун деп эсептейт. Уруктун беш көрүк деп аталып калган себеби, Мышыктын беш уулу жаңжалдашып калганда беш көрүктөй шуулдашкан имиш. Патриархалдык-феодалдык коомдун шартында калыптанган жети кулдардын ар бир уругунун этникалык тарыхы биздин көз алдыбызга персондошкон түрдө тартылат.

Жети кул бөлүкчөсүнүн уруктары жөнүндө жогоруда айтылгандар адатта бөлөкбай бөлүкчөсүнө таандык болуп жүргөн төкөлдөш уругуна да тиешеси бар. Айрымдар, бул уруктун ата-бабасы — адегенде жылкычы болуп иштеп, кийин Бүтөш асырап алган Төкөлдөш кыпчак уруусунан чыккан деп эсептешет. Кыдыке Аманбаев (78 жашта, Төкөлдөш айылынан) өзүн Төкөлдөштүн бешинчи муундагы тукумумун деп эсептейт. Бүтөштүн небереси Кожош асырап багып алган, борочор уругунун түпкү атасы Жалгаштын кайдан келгени белгисиз.

Жети кул бөлүкчөсүнө башка да солто уруусунун негизги бөлүкчөлөрүнө күнтуу[66], култуу (аны чылпак деп да аташкан), талкан[67], бөлөкбай (бул бөлүкчөнүн түп атасынын ысмы — Каракчы, Бөлөкбай — ылакап аты) жана тата кирет. Анча чоң эмес айтуу деген бөлүкчөнү да аташат. Козордун тукумдарын өтө аз болсо да солто уруусунун өзгөчө бөлүкчөсү катары эсептешкен.

Солто уруусунун структурасынын келтирилген схемасына (4-сүрөттү кара) каратүшүнүк катарында төмөнкүлөрдү белгилеп кетүү зарыл. Куттуксейит уругу ири манап Канайдын кулу Куттуксейиттин тукумдарын өзүлөрүнө кошушат. Түлөбердинин экинчи жана үчүнчү аялдарынан төрөлгөн тукумдары — алапай, татыбек жана мантөбөт уруктары талкан бөлүкчөсүнүн кичи атанын балдарынан

тараган (младшей линии) майда манаптарына таандык. Алардын өз айланасындагы букаралардан эч кандай айырмасы болгон эмес[68]. Башка бөлүкчөлөрдөгү айрым уруктар да социалдык жактан катмарланып калышкан. Алсак, бөлөкбай бөлүкчөсүнө үкү ургунун ичинде кескин социалдык ажырым орун алган. Чоң үкү же улуу үкү уругун түзүшкөн манаптар өз алдынча бөлүнүп, ал эми букаралары майда үкү же кенже үкү деп аталып калышкан. Бул көрүнүш алда качан эле башталган социалдык-экономикалык дифференциациялык процесстин натыйжасы болгон, ал Кыргызстандын Орусияга бириктирилгенден кийин кыргыз айылдарында капиталисттик мамилелердин элементтеринин күч алышы менен байланыштуу болгон.

Солто уруусунун бөлүкчөлөрүнүн өз ичиндеги социалдык катмарлануу башка багыт боюнча да жүрүп жаткан. Толук эмес укуктуу болгон уруктардын ичинде тигил же бул урук башчысынын экинчи, үчүнчү жана башка аялдарынан төрөлгөн тукумдары гана эмес, кулдар менен күңдөрдүн тукумдары да болгон. Күңдөр аялы эмес, ойношу катары саналган. Мисалы, Момокондун (талкан бөлүкчөдөн, Кошойдон тарагандар) «уулу» деп эсептелген Саргалдактын тукумдары иш жүзүндө кул болушкан. Кочкорбайдын (ошол эле бөлүкчөдөн, Кошойдон тарагандар) тукумдары да кулдар деп эсептелген, анткени Кочкорбай солтолуктарга бугулуктар тарабынан «кун» үчүн берилген, ошондуктан күң абалында болгон аялдын уулу болгон. Сарыкалпактын (ошол эле бөлүкчө, Коңурбайдан тарагандар) тукумдарынын тагдыры да ушундай болгон, анын энеси кун үчүн алынган бугунун кыздарын бөлүшкөндө Жайылдын энчисине тийген күң экен. Итикенин кулу болгон Котондун тукумдары да кулдар болгон. Жамансарттын (талкан бөлүкчөсү) аялдарынын бири күң болгондуктан аны Сарыкүң деп аташкан. Ал аялдын тукумдары чоң өтүк деген кызыктай ат менен аталышкан. Алар Жамансарттын башка аялдарынан төрөлгөн тукумдарына тең ата боло алышкан эмес. Багышандын (талкан бөлүкчөсү) «уулу» деп эсептелген Мурат, анын уулу Бошмоюн жана башка тукумдары да кул болушкан. Мүмкүн ушундан уламдыр, Багышандын тукумдары «аиырком» (тоөгө токулчу ээр) деген жек көрүмчү ылакап атка конушкан[69].

Чокон Валихановдун жарыяланбаган кол жазмасындагы солто уруусунун структурасы жана жайгашып жашап турган жерлери жөнүндөгү маалыматтар да кызыгарлык. Сарбагыш «уруусунун» ар бир манабынын карамагында, «солто уруусунда да», «ата-теги белгисиз болгон майда уруктардын» бар экендигин белгилөө менен, солтолордо 200 миң түтүн бар экендигин, алардын эн тамгасы айчык түрүндө экенин көрсөткөн. Ушул эле жерде автор анын сүрөтүн да берет. Солто уруусунун ураны Каратал болгон. Солтолордун жайкысын жана кышкысын көчүп-конуп жүргөн жерлери Чүй жана Талас дарыяларынын куймаларынан орун алган. Алардын кыштоолору менен айдоо аянттары Пишпектин этек-жакаларында, Кара-Балта, Сокулук, Кызыл-Белдүү, Аламүдүн жана Аларча өзөндөрүнүн бойлоруна топтолгон.

Ч. Валиханов Богоарстанды (азыркы генеалогияда Богорстон), Истекти (туурасы: Эштек) жана Солтону солтолордун ата-бабалары деп атайт. Ал солто төрт муунга бөлүнөт деп жазат (кашаада биздин транскрипция берилди): Кунтуу (күнтуу), Булекбай (бөлөкбай), Толкан (талкан) жана Уч-Багыш (үч- багыш), ал эми кол жазмасынын башка бир жеринде Солто Култуга (култуу), Күнтууга, Чага ( б.а. чаа) жана Татага (Чаганын жанында, мүмкүн бөлүкчө катарында, Каракчы менен Талкан аталат) бөлүнөөрүн көрсөтөт. Ал «Чылпак, Тата жана Сумурун (суу мурун — С. А.) бөлөкбайларга кирет, булардын ата- бабалары Богорстандын доорунда солтого таандык болгон... Истектин (?) тукумдары Чоң багыш, калгандары — Үч багыш» деп аталганын белгилейт.

Эгерде Ч. Валихановдун кийинки айткандарын эсепке албай турган болсок (солтолордун чоң багыш жана үч багышка бөлүнөөрү жөнүндө бизде маалыматтар жок), мындан жүз жылдан көбүрөөк убакыт мурда ал тарабынан аныкталган солто уруусунун структурасы улуу муундардын эсинде акыркы мезгилге чейин сакталып калган жана биз келтирген схемада көрсөтүлгөн (4-сүрөттү кара) солто уруусунун структурасы жөнүндөгү дарекке дал келип отурат. Айырмачылык айрым бир нерселерде гана бар. Бул болсо өткөндөгү коомдун урук-урууулук структурасы менен байланышкан салттын күчтүүлүгүн далилдейт.

Биз өз маалыматтарыбыздын адабияттагы маалыматтар менен болгон кээ бир ажырымдыктарын белгилеп кетебиз. Алсак, Г. С. Загряжский талкан бөлүкчөсүнүн структурасы жөнүндө айтып, Ч. Валиханов тарабынан эскерилген чоң багыш жана үч багыш[70] уруктарын атайт. Бишкек уездинде Багыш болуштугу болгон. Сокулук болуштугунун букараларынын курамын түзгөн уруктардын ичинде А. Соколов багыш уругунун бар экенин белгилейт[71]. Биз изилдөөлөрүбүздү жүргүзгөн учурда мындайча аталган бир да урукту жолуктурган жокпуз. А. Соколовдо жоочалыш тукумдарына кирген майда уруктардын ичиндеги белек уругу жок, бирок биздин схемабызда жок болгон самтыр жана болот уруктары аталат[72]. А.Соколов атаган жана «Материалдарда» Батыш-Сокулук болуштугунун курамында белгиленген, сыягы, Мааке тукумдарына кирген анча чоң эмес, бозой уругу да биздин схемабызда жок[73]. Мындай анчалык чоң эмес ажырымдыктар башка бир учурларда да болушу мүмкүн; бул негизинен информациянын толук эместиги менен түшүндүрүлөт; бул кээ бир учурларда башка бир себептерге, айталы, кийинки 45—50 жылдын ичинде болуп өткөн тигил же бул окуяларга байланыштуу болушу мүмкүн. Кээ бир уруктардын аталыштары муундардын эсебинен жылышып кетишине байланыштуу болушу да толук ыктымал[74].

Мурда солто уруусунун ар түрдүү уруктарына кирген кыргыздардын азыркы орун алып жашап турган аймактары жөнүндө 4-таблица түшүнүк берет.

*4-таблица*

**Өзүлөрүн теги боюнча солто уруусуна таандык кылган кыргыздардын азыркы жашап турган жерлери**

| Аталышы | Элдүү пункттар |
|---|---|
| 1 | 2 |
| ЖЕТИ КУЛ | |
| Көгөй | Орто-Алыш (70%), Баш Кара Суу (30%), Байгелди (Кичине Жал), Эркин Кызыл-Аскер району |
| Төлөк | Эркин-Сай, Кумарык (15 үй-бүлө) Панфилов району; Төкөлдөш (35 үй-бүлө), Төлөк Ворошилов району; Төлөк (Сталин атындагы колхоз) Сталин району; Кызыл-Жар (көпчүлүгү), Төлөк Сокулук району; Баш-Кара-Суу Кызыл-Аскер району; Сары-Гоо, Ийри- Суу (7 үй-бүлө) Калинин району |
| Жоо чалыш | Белогорка (100 үй-бүлө, 70%) Сокулук району; Кара-Жол (35%), Жайылма (3 үй-бүлө) Покровка району |
| Белек | Белек (Сасык-Булак, 150 үй-бүлө), Сай (40 үй-бүлө) Сокулук району |
| Чоң өтүк | Чыгыш Сокулук Сокулук району (100 үй-бүлө) |
| Көңүл | Туз Сокулук району (150 үй-бүлө) |
| Шалта | Шалта Сокулук району; Шалта (100 дөн ашык үй-бүлө), Чоң- Жар (30 үй-бүлө) Кызыл-Аскер району; |

| | |
|---|---|
| | Ойронду (он үй-бүлө), Кумарык (он үй-бүлө) Панфилов району; Саке (Аенинское, 15 үй-бүлө) Петровка району; Кең-Булуң (6 үй-бүлө) Ивановка району; Талды-Булак (5 үй-бүлө) Будённый району |
| Беш көрүк | Түлөберди (Контой, 40 үй-бүлө) Сталин району |
| Мааке | Түлөберди (140 үй-бүлө) Сталин району |
| Кайдоол | Кош-Дөбө (Жамансарт, 80 үй-бүлө), Ак-Башат (Темен-Суу, 40 үй-бүлө) Сталин району |
| Сөөк мурун | Асанбай-Алыш (көпчүлүгү), Чолок-Кайыңды (көпчүлүгү), Күрпүлдөк (25 үй-бүлө), Чолок-Арык Панфилов району |
| КҮНТУУ | Жаныбек (үч үй-бүлө) Талас району |
| Кулболду | Жал II (70 үй-бүлө) Кызыл-Аскер району; Көнөк (20 үй-бүлө) Сокулук району |
| Даңдыбай | Жал II Кызыл-Аскер району; Көнөк Сокулук району |
| Чоң мурун | Жал II (40 үй-бүлө) Кызыл-Аскер району; Көнөк (20 үй-бүлө) Сокулук району |
| Токбай | Кош-Таш Сокулук району; Чоң-Жар Кызыл-Аскер району |
| Кара мерген | Кара-Жыгач Сокулук району |
| Кашка баш | Чоң-Жал (50 үй-бүлө) Кызыл-Аскер району |
| Сарбан (Сарман) | Байгелди (Кичине Жал, 70 үй-бүлө), Жал I, Арчалуу (70%) Кызыл-Аскер району |
| КУЛТУУ (Чылпак) ТААКАН | Туз (Дайырбек, көпчүлүгү), Алмалы, Үч-эмчек, Ичке-Суу, Чоң-Далы Кант району; Саржон, Бектоо Ворошилов району |
| Кепер | Байболот (Буденный, 40%) Петровка району |
| Мамбет | Сосновка (1400 үй-бүлө) Калинин району |
| Баймырза | Кара-Суу (көпчүлүгү) Калинин району |
| Байкөчөк | Сосновка (60 үй-бүлө), Орузбай (көпчүлүгү), Кучкач (30%) Калинин району; Чыгыш Малтабар Петровка району |
| Каман | Күрпүлдөк (25 үй-бүлө), Чолок-Кайыңды (он үй-бүлө) Панфилов району; Байболот (Будённый, 60%) Петровка району |
| Эшкожо | Жыламыш (10 үй-бүлө), Кара-Сакал (5 үй-бүлө) Сокулук району |
| Жангарач | Белек (40 үй-бүлө), Жыламыш (25 үй-бүлө), Беш Бейбаш (Крупская атындагы колхоз, 10 үй-бүлө) Сокулук району |
| Чыны | Белогорка, Көтөрмө Сокулук району |
| Карбос | Чыгыш Сокулук (20 үй-бүлө) Сокулук району |
| Канай | Чоң-Таш, Таш-Төбө Ворошилов району; Баш Кара Суу, Маңка- Жар, Байгелди (Кичине Жал), Орто-Сай Кызыл-Аскер району |
| Бошкой | Чорголу (30 үй-бүлө), Орто-Арык (15 үй-бүлө), Күрпүлдөк (5 үй-бүлө), Жайылма (6 үй-бүлө), Кара-Жол (4 үй-бүлө), Асанбай-Алыш (3 үй-бүлө) Панфилов району |
| Байсейит | Кумарык (15 үй-бүлө), Чолок-Кайыңды (9 үй-бүлө) Панфилов району |
| Куттуксейит | Кум-Арык (5 үй-бүлө) Панфилов району |

| | |
|---|---|
| Алапай | Белогорка Сокулук району |
| Татыбек | Чыгыш Сокулук (30 үй-бүлө) Сокулук району |
| Бөрүбай | Саке (Аенинское, 10 үй-бүлө) Петровка району; Темене аймагы Сталин району |
| Ажыбек | Ленин атындагы колхоз Петровка району |
| Чоң өтүк | Саке (15 үй-бүлө) Петровка району; Темене аймагы Сталин району |
| Эркебек | Чоң-Арык (Эркебек, 170 үй-бүлө) Петровка району |
| Эсенаман | Үкү (Ворошиловское) Петровка району |
| Саке | Кош-Дөбө (Жамансарт) (20 үй-бүлө) Сталин району |
| Үкү | Ошондо эле (30 үй-бүлө) |
| Карабек | Ошондо эле (10 үй-бүлө) |
| Кален | Ошондо эле (15 үй-бүлө) |
| Айтбай | Үкү жана Саке Петровка району |
| Керимбай | Үкү жана Саке Петровка району, Темене аймагы Сталин району |
| Момокон | Кызыл-Туу (30 үй-бүлө), Токсон үй (Аң-Арык, 15 үй-бүлө) Петровка району |
| Жыргал | Айылчы (Сталинское) Петровка району |
| Жапалак | Кызыл-Аскер (Чортомбай, 60 үй-бүлө) Петровка району |
| Ажы | Батыш Малтабар Петровка району |
| Таштамбек | Ошондо эле |
| Бооку | Төрт-Күл (көпчүлүгү) Петровка району |
| Саргалдак | Токсон үй (60 үй-бүлө) Петровка району |
| Кочкорбай | Айылчы (15 үй-бүлө), Чоң-Арык (Эркебек, 10 үй-бүлө) Петровка району |
| Куртка теңиз | Айылчы (10 үй-бүлө) Петровка району |
| Багышан | Багышан (Кызыл-Дыйкан) Петровка району |
| Айдарбек | Арал (60 үй-бүлө) Калинин району |
| Салык | |
| Баймат | Кызыл-Октябрь (30%) Калинин району |
| Дөбөтбай | Орто-Суу Петровка району |
| Ажыбай | Ошондо эле |
| Ыстамбек | Ошондо эле |
| Жамбала | Ошондо эле |
| Шапак | Ошондо эле |
| Көкшүн | Багышан (6 үй-бүлө) Петровка району |
| Теке | Эриктүү (40%), Жекен (50%), Жон-Арык (60%), Калинин району |
| Үсөн | Ак-Башат Сталин району; Эриктүү (10 үй-бүлө) Калинин району |
| Асан-Каратай | Букара (60 үй-бүлө), Эркин-Сай (55 үй-бүлө) Панфилов району |
| Төрт таз | Орто-Кайырма (77 үй-бүлө) Панфилов району |
| Төрт төлөк | Ошондо эле, 40 үй-бүлө |
| Чурумчу | Ошондо эле, 12 үй-бүлө |
| Төрт төлөк | Сары-Гоо Калинин району |
| Итике | Сосновка, Ийри-Суу (30 үй-бүлө), Сары-Гоо (60 үй-бүлө), Бөксө- Жол (100%), Сары-Булак (7 үй-бүлө), Моңолдор (20 үй-бүлө) Калинин району |

| | |
|---|---|
| БӨЛӨКБАЙ (каракчы) | |
| Байсейит | |
| Эсиркемиш | Тогуз-Булак, Жээк (III интернационал, 100%), Бирлик (100%) Кант району |
| Алдаяр | Тогуз-Булак, Бос-Бармак (50%), Сары-Жыгач (60%) Кант району |
| Үкү (чоң үкү) | Үкү (Таймат, 50%) Ивановка району |
| Үкү (майда үкү) | Социалчы (Майда Үкү) Ивановка району |
| Аксак бөрү | Жар-Башы Кант району |
| Кутумбет | Сын-Таш (70% үй-бүлө) Ивановка району; Карачий-Булак (6 үй-бүлө) Кант району |
| Жору (чулу) | Пылан-Сай (50%) Ивановка району |
| Жалайыр | Ак-Сай (35 үй-бүлө), Сын-Таш (25 үй-бүлө) Ивановка району |
| Чүмкөлөй | Ак-Сай (50 үй-бүлө) Ивановка району |
| Жерказар | Жерказар Кант району, Кой-Таш Ворошилов району |
| Дайырбек | Дайырбек (Туз) Кант району |
| Сарман | Сарман, Жедигер (7 үй-бүлө) Кант району |
| Кара таман | Кой-Таш Ворошилов району |
| Кожо келди | Ошондо эле |
| Борочор | Мыкан I, Мыкан II Ворошилов району |
| Жетикашка | Ылдыйкы Ала-Арча (60 үй-бүлө) Кызыл-Аскер району |
| Төлөн | Таш-Башат Кант району |
| Тубар | Кой-Таш Ворошилов району |
| Багыш | Кайырма Ворошилов району |
| Жагыш | Ошондо эле |
| Баястан | Төлөк, Баястан Ворошилов району |
| Чыңгыш | Бөс-Бөлтөк Ворошилов району |
| Айта | Ошондо эле |
| Төкөлдөш | Төкөлдөш (90 дөн ашык үй-бүлө), Көк-Жар (20 үй-бүлө) Ворошилов району; Орто-Сай (көпчүлүгү) Кызыл-Аскер району |
| ТАТА | Ак-Кудук, «Труд» колхозу Кант району, Кара-Жыгач, Букатай Ворошилов району |
| КОЗОР | Кайырма (10 үй-бүлө) Калинин району; Батыш Малтабар (10 үй-бүлө), Багышан (6 үй-бүлө) Петровка району |

Көрсөтүлгөн райондор менен айыл-кыштактардан башка да солтолор Ак- Талаа районундагы Байкөнчөк айылында, Будённый районундагы Кара-Суу (15 үй-бүлө) айылында жана Үч-кошой деген жерде, Жылкы заводунда (20- үй-бүлөгө чейин) жашап турушат.

### *Сарбагыш*

Кыргыз элинин оң канатын түзгөн уруулардын ичинде сарбагыш (сарыбагыш) уруусу көрүнүктүү орун ээлейт. Анын мааниси анын көп сандуулугу менен гана эмес, ошондой эле сарбагыш феодалдарынын башка урууларга тийгизген саясий таасири менен да жана сарбагыш уруусунун этногенетикалык процессте ойногон ролу менен да аныкталып келген. Ошондуктан сарбагыш уруусунун XVIII кылымдагы кытай булактарында (И. Бичуринде Салабахат-ноток[75] же А. Н. Бернштамда Са-ли-ба-ха-

ши[76]) чыгыш кыргыздарынын негизги урууларынын бири катарында аталганы табийгый нерсе. «Сиюй тучжинин» автору тарабынан кыргыздардын башчысы катарында аталган Ма-му-гу-ху-ли (А. Н. Бернштамдын окуганы боюнча Мамук кули) сарбагыш уруусунун негизги бөлүкчөлөрүнүн биринин түпбабасы (родоначальник) — Манаптын небересинин уулунун уулу, сарбагыштардын ири феодалы Мааматкулунун дал эле өзү экени шек туудурбайт. Кыргыздарда Мааматкулунун ысмы менен тарыхый уламыштардын бүтүндөй бир цикли байланышкан.

Капитан И. Г. Андреев тарабынан саналып өткөн кыргыз «болуштуктарынын» ичинен биринчи болуп, Атекай-Багыш болуштугу аталат, анын башчысы «князь же бий Атекай» болгон[77]. Мында И. Г. Андреевдин кол жазмасынын текстинде, XVIII кылымдын 80-жылдарында сарбагыштардын бийи Атаке (же Атеке) ошол кезде кыргыздардын көптөгөн башка урууларынын да башчысы болгондугу белгиленет. Жалпы эле кыргыздар жөнүндө айтуу менен И. Г. Андреев аларда «эч кандай хан да, султан да жок, Атекай деген бир князы же бийи гана бар... ал Атекай алардын бүткүл ордосундагы башкаруучусу...»[78] деп жазат.

Ушуга байланыштуу Кыргызстандын тарыхчыларынын эмгектеринде анчалык туура эмес чагылдырылып жүргөн бир маселеге тие өтүшүбүз керек. Манапчылык социалдык институтунун пайда болушун «манап» деген терминдин пайда болушу менен байланыштырып кароо демейки көрүнүш болуп калды. Адабияттарда жана жазма документтерде «манап» термини XIX кылымдын 30—40-жылдарында гана пайда боло баштагандыктан, кээ бир тарыхчылар манапчылык кыргыз коомунун феодалдарынын жогорку катмары катарында бийлердин ичинен XIX кылымдын экинчи чейрегинен кийинки мезгилде «бөлүнүп чыккан» деп болжолдошот. Муну ырастоо үчүн 1824-жылы Ысык-Көл кылаасына келип кеткен дарыгер Зибберштейндин жол жазмаларында «манап» деген терминдин эскерилбегенин жана кыргыздардын башчыларын бий деп атаганына кайрылышат. Башка бир тарыхчылар кыргыздардагы уламыштарга негизденишип, «манап» термини XVIII кылымда пайда болгон жана анын пайда болушу сарбагыш уруусунун ырайымсыз жана зулум башчысы — Манаптын ысмы менен байланыштуу дешет. Бул айтылган пикирлердин, биздин оюбузча, олуттуу негиздери жок. Баарынан мурда бүтүндөй бир социалдык институттун келип чыгышын терминдин пайда болушу менен байланыштырууга болбойт. Манаптар менен бийлердин ортосунда принципиалдуу айырма болгондугу эч байкалбайт, сыягы ал айырмачылык жок да болсо керек. Ошентип, манапчылык тап катарында «манап» термини пайда болгондон алда канча мурда эле келип чыккан. Андан ары, биз жогоруда көргөндөй, XVIII кылымдын 80-жылдарында дээрлик бүткүл кыргыздарды башкарып турган Атаке сыяктуу ири жол башчы да манап деп аталган эмес экен. Атакенин өзү (уламыштарга ылайык) Манаптын бешинчи муунундагы тукуму болуп саналат, демек, Манап XVIII кылымда эмес, XVII кылымда жашап өткөн. Кептин баары, «манап» деген терминдин Манаптын жеке ысмына байланыштуу келип чыкпастан өзүнүн түпкү ата-бабасы Манаптын ысмы менен аталып калган манап бөлүкчөсүнүн сарбагыш уруусунун тарыхында үстөмдүк абалды ээлеп келгендиги менен байланышта келип чыккандыгында Манаптар деп (же биз манаптыктар деп айтаар элек) а дегенде сарбагыш уруусунун ичинде ушул бөлүкчөгө тийиштүү болгондордун баардыгын аташкан; кийинчерээк, манап бөлүкчөсүнөн чыккан феодалдардын артыкчылыктуу абалына байланыштуу бул термин ошол феодалдарга колдонула баштаган. Кийин гана «манап» термини башка уруулардын кыргыз бийлерине да колдонулуп кеткен. Зибберштейн Ысык-Көлгө келген мезгилде «манап» термини пайда болуп калган, бирок Зибберштейн келген уруунун, б.а. бугу уруусунун бийлерине али колдонула элек болучу деп айтууга толук негиз бар.

Жогоруда цитата келтирилген Чокон Валихановдун кол жазмасы сарбагыш уруусунда 10 миңден көбүрөөк түтүн бар экендиги айтылат. Сарбагыштардын кыштоолору Ысык-Көлдө, Күрмөнтү өзөнүнөн, күнгөйдүн түндүк өрөөнүн ( б.а. көлдүн түндүк жээги боюнча) кучагына алып, андан көлдүн батыш жээгине, Көтмалды өзөнүнө чейин орун алып турган. Жайкысын алар тоолорго, Каскелең, Курту дарыяларынын баш жагына же Чүй дарыясынын боюна көчүп кетишкен.

Сарбагыш уруусунун эн тамгасы менен урааны бугунуку менен бирдей, бирок эн тамгасы айырмаланып турсун үчүн кичирээк жасалган.

Сарбагыш уруусу жөнүндө алгачкы бир кыйла толук маалыматтар үчүн биз П. П. Семёновго милдеттүүбүз, ал бул урууга кирген бөлүкчөлөр менен уруктардын бир кыйла толук тизмесин берет, анын саны жөнүндө маалыматтарды келтирет[79]. П. П. Семёновдун маалыматтары В. В. Радлов тарабынан толук пайдаланылган. В. В. Радлов сарбагыш уруктарынын жалпы санын да (10 миң түтүнгө жакын; П. П. Семёновдо ал 16500 түтүн деп берилген) жана «бөлүкчөлөр» («отделение») менен «уруктардын» санын да тактайт, ошондой эле, буга ассык «бөлүкчөсүн» («отделение») косугун (косугуна), бучман (бычман), бура (бөрү), бай-күчүк «уруктары» менен бирге кошуп, П. П. Семёновдун маалыматтарын толуктайт. Эсенгул «бөлүкчөсүнө» жедигер «уругу» кошумчаланган, бирок, эмне үчүндүр Семёновдо көрсөтүлгөн ышым (эшим) «уругу» түшүп калган. В. В. Радлов сарбагыш уруусу Ысык-Көлдүн түндүгү менен батышында көчүп-конуп жүрөрүн белгилейт[80].

Ч.Валиханов менен В. В. Радловдун сарбагыштардын жайгашып жашап турган жерлери жөнүндөгү маалыматтары толук эмес; анын үстүнө көпкө узабай болуп өткөн саясий окуялардын натыйжасында алардын конуштары бир кыйла олуттуу өзгөрүүлөргө учураган болучу.

Улуу Октябрь социалисттик революциясы болоордун алдында сарбагыштар Чоң-Кемин жана Кичи-Кемин өрөөндөрүн жана Чүй өрөөнүнүн чыгыш бөлүгүн жана ага канатташ жаткан, Ысык-Көлдөн батышты карай созулуп жаткан аймакты, Кочкор өзөнүнүн өрөөнүн жана Нарын менен Ат-Башы дарыяларынын өрөөндөрүн мекендеп турушкан.

Сарбагыштар Пишпек уездинин беш болуштугунун негизги калкын түзгөн. Атаке болуштугунун калкынын 100% (921 кожолук), Шамшы болуштугунун калкынын 92,1% (1472 кожолук), Сарбагыш болуштугунун калкынын 78,8% (715 кожолук), Темирболот болуштугунун калкынын 75,9% (1331 кожолук) жана Тынай болуштугунун 56,4% (909 кожолук) сарбагыштар болгон. Мындан башка да сарбагыштардын 39 кожолугу Кочкор болуштугунда, 34 кожолугу Жамансарт болуштугунда жана 32 кожолук — ошол эле уезддин Талкан болуштугунда жашап турушкан[81].

Пржевальск уездинде сарбагыштар алты болуштуктун калкынын курамында ири орундарды ээлеп турган. Борукчу болуштугунда калктын 100% (999 кожолук), Жубан-Арыкта — 100% (428 кожолук), Ажында — 79,6% (390 кожолук), Эсенгулда — 59,1% (428 кожолук), Шатенде — 51,7% (375 кожолук) жана Нарын болуштугунда 50,5% (332 кожолук) сарбагыштар болгон[82].

Баардыгы болуп аталган уезддерде сарбагыштардын 8761 кожолугу жашап турган.

Башка учурлардагыдай эле биз бул жолу да өткөн мезгилдерде узак убакыт бою чогуу жашап тургандыктан улам же таптык коомдун эч кимге баш ийбеген мыйзамы боюнча сарбагыштын манаптарына таандык болгон букаралар өзүлөрүнүн феодал ээлеринин ысымдарын кыңк этпей алып жүрүүгө милдеттүү болгондуктан улам көп учурда сарбагыш уруусунун курамына жөндөн жөн эле киргизиле берген ата-теги башка уруулардан болгон уруктарды чыгарып салдык. Ырасында да, жакындан талдап карап көргөнүбүздө сарбагыш манаптарынын (бул манаптар өзүлөрү эзип

турган эмгекчи элдин саны боюнча биринчи орундарды ээлешкен болсо керек) көп сандаган букараларынын курамы өтө эле ар түркүн болуп чыкты. Академик В. В. Радлов саруу, каба жана шыкмаамат (экөө тең саяк уруусунун бөлүкчөлөрү), саяк, моңолдор, азык, дөөлөс, коңурат, мундуз, кытай, жетиген уруктарын сарбагыш уруусуна кошконун кокустук деп эсептөөгө болбойт[83]. Тигил же бул манаптын букараларынын ичине кирген бул ар түрдүү уруктар өзүлөрүнө аты уйкаш уруулардан чыккан уруктар болгон.

Ч. Валиханов да кээ бир урууларда ата-теги белгисиз уруктардын бар экендигин белгилеген. Сарбагыш уруусунда ал төмөнкү уруктарды атайт: асык, өзүк, моңолдор, абыла, эшим, чертике, мундуз, таздар, калмактар, жетиген, дөөлөс, кытай, кыпчак ж.б. Ч. Валихановдун айтканына караганда «бул уруктар Эсенгуловдордун, Черикчилердин жана Атакеликтердин ар бир манабынын карамагында бар». Бул уруктардын аталыштарына караганда алар «ата-теги боюнча бир кыйла байыркы уруулардан» экендиги жөнүндө туура корутунду чыгарат.

Бирок сарбагыштарда жогоруда аталган теги башка уруктар (жана кээ бир башкалары да) гана букараларга таандык болгон эмес. Сарбагыш уруусунун өз бөлүкчөлөрүнүн ичинен да кээ бирөөлөрү, биринчи кезекте, жети урук же токо деп аталган бөлүкчөсү да букара абалында болгон. Бул бөлүкчө уруунун негизги төрт бөлүкчөсүнүн бири болгон; мындан башка да жантай, элчибек (көп учурда таздар же тастар деген ат менен белгилүү болгон) жана манап деген уруктар болгон (5-сүрөттү кара)[84].

Жети урук бөлүкчөсүнүн пайда болушунун тарыхы көп жагынан солто уруусунун курамындагы жети кул бөлүкчөсүнүн тарыхына окшош келет. Бул бөлүкчөнү түзгөн уруктардын түпкү аталары да Токонун асыранды уулдары болгон деп эсептелинет. Бирок, Талас өрөөнүндөгү саруу уруусунун манабына күйөөгө берген кызы Күмүшай үчүн Токо көп малдан турган калыңдан башка да беш кул берүүнү талап кылгандыгы жакшы белгилүү. Ага ал жактан үч кул жана эки күң алып келип беришкен. Кулдардын ысмы: Чечей, Молой жана Өзүк (Өсүк). Абыла, Сабыр жана Чагалдак казактар менен болгон согушта колго түшүрүлгөндөр имиш. Башка бир имиш боюнча Абыла теги белгисиз эки эркек бала менен сарбагыштарга өзү келип кошулган. Мындан башка да ар түрдүү имиштер бар, бирок алардын көпчүлүгү абыла, сабыр жана чагалдак уруктары аталары Токо тарабынан асыралып алынган казактар болгондугун ырастайт. Токо өлгөндө анын кызы кошок кошуп, анда Токонун асыранды уулдарынын ысымдары да аталган экен. Бул кошокто жети урук бөлүкчөсүнө так социалдык мүнөздөмө берилген:

Абыла, Сабыр, Чагалдак
Атам тапкан кул эле, Өзүк,
Молой, кул Чечей
Өзүм тапкан кул эле...

Кара курсак уругун туткунга түшкөн калмактын тукумдары деп эсептешет.

Бул жети кулдун тукумдары ар кайсы жерлерде чакан-чакан топ болуп жашап сарбагыштыктардын эң эле катуу эксплуатацияланган бөлүгүн түзгөн. Башка бир айрым уруктар менен бирге аларды да дүнүйө жана мал менен кошо манаптардын ортосунда бөлүштүрүп алышкан. К. Байбостонов (Нарын району, Жергетал айылы) букараларды сарбагыштардын атактуу манабы Ниязбектин «сегиз бек» деген ылакап ат менен белгилүү болгон уулдарына бөлүштүрүлүп берилгенин айтат. Мисалы, Ормонго чагалдак уругу, Ажыга — өзүк жана чечей уруктары, Субанга — молой уругу, Шатенге — жетиген менен күрөң уруктары, Бердикожого — жарбаң уругу, Рыскулбекке — азык уруусунан чыккан уруктар бөлүнүп берилген.

Мындай тагдырга жалаң эле жети уруктар туш болгон эмес. Таздардын бүтүндөй бир бөлүкчөсү да бүт тобу менен букара болуп эсептелишкен. Сарбагыштардын

башка бөлүкчөлөрүнүн көптөгөн уруктары да манаптардын эзүүсүнүн оорчулугун өз баштарынан кечиришкен (жогоруда эскерилген жарбаң, сокур уулу[85], аюке, беш калмак деген жалпы ат менен бириккен уруктардын топтору, калмактар ж.б. ). В. В. Радловдун эсенгул «бутагын» («отделение») түзгөн уруктардын тизмесин келтирүү менен теги манаптардын уруктарынын бирин да атабаганы өтө мүнөздүү көрүнүш. Бул тизмеде жети уруктардын бардык уруктары, ата-теги башка топтор (азык, жедигер, моңолдор жана жетиген) жана сарбагыштардын тагдыр үлүшүнө букаралык тийген уруктары аталган[86].

Ошол эле убакта манап бөлүкчөсүнүн бир кыйла сандагы уруктары сарбагыш уруусунун тектүү, артыкчылыктуу жогорку катмарын түзгөн.

Алардын ичинде Ниязбектин, Сатыбалдынын, Карабектин жана башкалардын тукумдары көбүрөөк атактуу болушкан. Орусия падышалыгынын сатрабы (төрөсү) болгон Жантаев Шабдан (XIX к. экинчи жарымы — XX к. башы) башында турган атактуу «фамилиянын» түпкү теги да ушул жактан чыккан. Манап бөлүкчөсүнүн уруктарынын бир бөлүгү майда манаптардын тобун түзүп, «чала манап» деп аталган.

Сарбагыштардын ичинде жогоруда аталгандардан башка да теги башка көптөгөн муундар болгон. Мурда Эсенгулдун тукумдарына таандык кылынып жүргөн токтоку уругунун өкүлдөрү алардын түпкү аталары сарбагыштык эмес экенин айтышат. Аларды урууларлардын ири кыймылдарынын биринин учурунда Эсенгул өз букараларына кошуп алган. Токтоку уругунун курамында аты уйкаш уруудан чыккан кичинекей солто тобу бар. Бай казак менен убашы уруктары Алмакүчүк (Тынайдын тукумдарынан) тарабынан туткунга түшүрүлгөн калмактардан куралган.

Тынайдын тукумуна таандык кылынып жүргөн жумаш уулу уругунун түп теги чындыгында, информаторлор айткандай, өзбек болгон. Чертике уругунун түпкү теги жөнүндөгү пикирлер дээрлик дал келет: информаторлордун көпчүлүгү (ошондой эле бул уруктун аксакалдарынын өзүлөрү да) чертикелердин сарттардан экендигин айтышат, ал эми генеалогиянын билерманы Зулпукадыр Балбаков (Кемин районундагы Тегирменти айылы) чертике уругунун түпкү атасы тажик болгондугун тактайт.

Беш калмак жана калмакылар (жантай бөлүкчөсүнөн) деп аталган уруктардын тарыхы чоң кызыгууну туудурат. Бул уруктардын өкүлдөрүнүн айткандарына караганда, алардын ата-бабалары илгери калмактардын (жунгарлардын) колуна туткунга түшүп калышып, ал жерде 30 жылдан көбүрөөк убакыт жашап, кийин укум-тукумдары менен кайтып келишкен. Калмактардын арасында жашап, алардын тилинде сүйлөшүп, алардын үрп-адаттарын тутуп калышкан. Ошондуктан Дайырбек менен Тыныбектин бардык тукумдарын туткундан кайтып келгенден кийин калмактар деп атап калышкан. Синьцзянда болгон адамдардын айткандарына караганда Жунгариянын территориясында Боро-Талаа деген жерде Дайырбектин тукумдарынан 60—70 үй-бүлө жашап турат.

Бирок, башка информаторлордун пикири боюнча беш калмак жана калмакылар уруктарынын ата-теги калмак болуп, кийин кыргыздашып кетишкен. Мындай пикир да чындыкка карама-каршы келбейт, анткени буга окшогон мисалдар өтө эле көп. Бул эки пикирдин тең реалдуу негизи бар деп болжолдоого толук болот.

Кээ бир учурларда уруктар «курама» уруктар болгондугу шек туудурбайт, б.а. ар түрдүү уруулардын өкүлдөрүнөн куралган (уруктардын басымдуу көпчүлүгү жөнүндө мындай деп айтууга болбойт). Бул жагынан алганда манап бөлүкчөсүнүн (Эсенгулдун тукумдары) курамындагы жети кул уругунун келип чыгышы үлгү боло алат. Бул уруктун ата-бабаларынын бири Буудайчы болгон, ал өзүнүн бир тууганы Арпачы менен бирге Түштүк Кыргызстандан, ал жерде бир кылмыш жасашкандан

кийин качып келишкен. Ал кутчу уруусунан болгон. Бул жерде ал Эсенгулдун тукумдарына кошулган. Кернейчи жана ошол эле убакта Эсенгулдун жигити болгон моңолдорлук бир адам алардын экинчи ата-бабасы болгон. Үчүнчүсү мундуз уруусунан чыккан кул болгон. Калган төрт ата-бабасы: калмактардан чыккан Көбөн (ал калмак феодалы тарабынан Эсенгулга тартуу кылынган экен), Төкө (Чүи өрөөнүнөн алып келинген кедей), Бокбасар жана Бүркүт (Жунгариядан келишип, Көбөнгө кошулушкан) болгон. Баардык ушул адамдар Эсенгулдун кулдары деп эсептелип, бул муун анын ысмы менен аталып калышкан.

Эсенгул өлгөндөн кийин алар баш кошуп, биригишет. Аталган адамдардын тукумдарынын ортосунда туугандык мамилелер орноп, чогуу жашап турушкан, алардын ортосунда үйлөнүү болгон эмес. Азыркы учурда 50 гө жакын үй-бүлө өздөрүн жети кулдун тукумдарыбыз дешет, алардын ичинен 17—18 үй-бүлө Кара-Суу айылында, 15 тей үй-бүлө Кочкор районунун Жданов атындагы колхоздо жашашат, калгандары совхоздор менен өнөр жай ишканаларында иштешет. Биз бул жерде социалдык топтун кантип этникалык мүнөзгө ээ болгондугун көрүп отурабыз.

Сарбагыш уруусуна мүнөздөмө берүүнү аяктап жатып, манап бөлүкчөсүнө кирген тоголок (томолок) уругу жөнүндө эскере кетишибиз керек. Бул урукту кээде саруу уруусуна таандык кылып жүрүшөт, бул туура боло койбос. Уламыштарга караганда бул уруктун түп атасы Кудаяндын уулу болгон. Кудаян кыргыздардын Сыр-Дарыянын аркы жагына, алыскы түштүк тарапка жасаган ири жүрүшүндө аларга башчылык кылган.

Карыялардын айткандары боюнча, мурда өзүлөрүн сарбагыш уруусуна таандык кылып жүрүшкөн кыргыздардын топторунун жашап турган жерлери жөнүндөгү маалыматтар 5-таблицада келтирилген.

*5-таблица*

Теги боюнча өздөрүн сарбагыш уруусуна таандык кылган кыргыздардын азыркы жашап турган жерлери

| Аталышы | Элдүү пункттар |
|---|---|
| 1 | 2 |
| ЖЕТИ УРУК | |
| Абыла | Төрт-Күл (30 үй-бүлө, калкынын көпчүлүгү), Калмак-Ашуу (5 үй-бүлө), Үч-Урук, Ильич атындагы совхоз (5 үй-бүлө), Ак-Туз (6 үй-бүлө) Кемин району; Атай (12 үй-бүлө), Кашкелең (7 үй-бүлө), «Көк-Мойнок» совхозу (10 үй-бүлө) Быстровка району; Кошой-Коргон (бир нече үй-бүлө) Ат-Башы району |
| Чагалдак | Совет (15 үй-бүлө), Кайыңды (3 үй-бүлө), Кара-Дөбө (4 үй-бүлө) Чүй району; Чолпон (5 үй-бүлө), Электор (5 үй бүлө) Кочкор району; Таш-Булак (4 үй-бүлө), Кара-Булан (100%) Ат-Башы району; Тогуз-Булак (6 үй-бүлө), Көкалачап (5 үй-бүлө), Кара- Чий (30 үй-бүлө), Нарын району; Үгүт (20 үй-бүлө), Байкөнчөк (70%) Ак-Талаа району |
| Чечей | Кызыл-Суу (70%), Шамшы (80%), Алмалуу (70%), Боорду (15 үй-бүлө) Быстровка району; Жаңы-Жол (60 үй-бүлө), Кара-Булак Кемин району; Кара-Дөбө (9 үй-бүлө), Путь к социализму (30%), Киртруд (көпчүлүгү), Кош-Коргон (10 үй-бүлө) Чүй району; Маңка-Жар (көпчүлүгү) Кызыл-Аскер району; Пионер, Куланак (16 үй-бүлө) Куланак району; |

| | |
|---|---|
| | Кошой-Коргон (9 үй-бүлө), Буркан (9 үй-бүлө) Ат-Башы району; Тогуз-Булак (30 үй-бүлө) Нарын району; Кара-Саз Кочкор району; Жекен Калинин району. |
| Молой | Тегирменти, Кайыңды Кемин району; Өзгөрүш (20 үй-бүлө) Быстровка району; Ылайлуу-Суу (15 үй-бүлө) Куланак району; Быстровка жана Чүй райондорунун бир нече айылдарында тынай тайпасынын ичинде анча чоң эмес топтору бар |
| Өсүк (Өзүк) | Атай (көпчүлүгү) Быстровка району; Бейшеке (60%) Кемин району; Эркин-Сай (15 үй-бүлө) Панфилов району; Кошой- Коргон (13 үй-бүлө), Буркан (13 үй-бүлө) Ат-Башы району; Тогуз Булак (13 үй-бүлө) Нарын району; Ак-Кудук (10 үй-бүлө), Кош- Алыш (10 үй-бүлө) Кочкор району |
| Кара курсак | Кайырма (20 үй-бүлө) Чүй району |
| Чертике | Кара-Булак (15 үй-бүлө), Тар-Суу, Төрт-Күл Кемин району; Атай (8 үй-бүлө) Быстровка району; Чүй (36 үй-бүлө), Он Бир-Жылга (30 үй-бүлө), Бака-Булак (18 үй-бүлө) Чүй району; Пионер (20%), Ак-Кудук (10 үй-бүлө), Ак-Бешим (3 үй-бүлө) Куланак району; Төш-Булак (10 үй-бүлө), Кошой-Коргон (10 үй-бүлө) Ат-Башы району; Тогуз-Булак (4 үй-бүлө), Жалгыз-Терек (15 үй-бүлө) Нарын району; Электор (7 үй-бүлө), Майчыбыр, Чолпон (8 үй-бүлө), Кызыл-Дөбө (15 үй-бүлө), «Шамшы» колхозу (20%) Кочкор району |
| ЖАНТАЙ | Учкун (3 үй-бүлө), Ак-Булак (5 үй-бүлө), Пионер (15%) Куланак району; Чортомбай (10 үй-бүлө) Петровка району; Кошой-Коргон (5 үй-бүлө), Буркан (7 үй-бүлө) Ат-Башы району; Кара-Чий (7 үй-бүлө) Нарын району; Дөң-Арык (80 үй-бүлө) Чүй району |
| Аюуке | Тегирменти Кемин району; Атай (6 үй-бүлө), Быстровка району; Кең-Булуң Ивановка району |
| Ак чабуу | Новороссийское (24 үй-бүлө) Кемин району |
| Кубат | Тегирменти Кемин району |
| Белек | Тегирменти Кемин району; Ак-Жар (10 үй-бүлө) Ат-Башы району |
| Мендике | Новороссийское (25 үй-бүлө) Кемин району; Атай (9 үй-бүлө) Быстровка району |
| Таш токум | Новороссийское Кемин району; Жергетал (15 үй-бүлө) Нарын району |
| Илеке | Тегирменти Кемин району |
| Кусеке | Кайыңды, Карал-Дөбө Кемин району |
| Бай жантай | Шамшы Чүй району |
| Беш калмакы | Карал-Дөбө (90%) Кемин району |
| Калмакы | Кайыңды (90%) Кемин району; Кашкелең (6 үй-бүлө) Быстровка району; Кошчак (40 үй-бүлө) Талас району |
| ЭЛЧИБЕК | |
| Таздар (тастар) | Новороссийское (27 үй-бүлө), Тар-Суу, Үч-Урук Кемин району; Арал, Жаңы-Тилек, Жоон-Арык, Туз Кочкор району; Кашкелең (80%) Быстровка району; Кошой-Коргон, Төш-Булак жана Буркан (6 үй-бүлө), Ат-Башы району; Жалгыз-Терек (3 үй-бүлө) Нарын району |

| | |
|---|---|
| Атамат | Үч-Урук (көпчүлүгү) Кемин району |
| Эшмурат | Сары-Камыш (көпчүлүгү) Балыкчы району |
| Аалыбек | Көк-Жар, Кочкор району |
| Карабөкө | Кашкелең (30 үй-бүлө) Быстровка району |
| Моюнчу МАНАП | Кочкор, Көк-Жар Кочкор району |
| Жарбаң | Путь к социализму (80%), Ак-Бешим (6 үй-бүлө), Маданият (80%) Чүй району; Атайка (7 үй-бүлө) Быстровка району; Ак- Бешим (4 үй-бүлө) Куланак району; Кошой-Коргон (17 үй-бүлө) Ат-Башы району; Жергетал (8 үй-бүлө) Нарын району; «Шамшы» колхозу Кочкор району |
| Эшим | Чүй (4 үй-бүлө) Чүй району; Новороссийское (6 үй-бүлө) Кемин району; Ак-Булак (5 үй-бүлө), Ак-Кудук (15 үй-бүлө) Куланак району; Электор (4 үй-бүлө) Кара-Саз, Кочкор району |
| Чоң чарык | Новороссийское (7 үй-бүлө) Кемин району; Бурана, Шамшы Чүй району; Кара-Суу (20 үй-бүлө), Ак-Кийик айылдык кеңеши, Кум-Дөбө (20 үй-бүлө) Кочкор району |
| Тоголок (томолок) | Кызыл Дөбө (6 үй-бүлө) Кочкор району; Октябрь (Калба деген жер, 40 ка жакын үй-бүлө) Талас району |
| Тынай | Кош-Коргон, Сайлык, Жаңычек, Узбектруд, Чүй району; «Кызыл Октябрь» совхозу Быстровка району |
| Сокур | Калмак-Ашуу (40 үй-бүлө), Боролдой (4 үй-бүлө) Кемин району; Алмалуу, Боорду (12 үй-бүлө), Быстровка станциясы Быстровка району; Таш-Төбө (4 үй-бүлө) Ворошилов району |
| Ая | Кегети, Жаңы-Алыш (5 үй-бүлө) Чүй району |
| Кара үзөң | Ошондо эле (5 үй-бүлө) |
| Жоо базар | Кегети (30 үй-бүлө), Боз-Секи Чүй району |
| Кубат | Сталин атындагы колхоз (анын ичинде Мээнеткеч, Алга айылдары) Чүй району |
| Чомой | Ак-Бешим (4 үй-бүлө) Чүй району |
| Алма күчүк | Кызыл-Аскер, Бурана айылдык кеңеши Чүй району |
| Ыйбак | Ошондо эле |
| Жумаш | Самансур (8 үй-бүлө) Быстровка району; Кош-Коргон (4 үй-бүлө) Чүй району |
| Таштамбек | Атайка (11 үй-бүлө) Быстровка району; Жаңы-Алыш Чүй району |
| Абылай | Талды-Булак, Кара-Ой (5 үй-бүлө) Чүй району |
| Сартай | Совет (Жол-Булак, 19 үй-бүлө) Кемин району |
| Жанкиши | Кызыл-Суу (13 үй-бүлө) Быстровка району |
| Байшүкүр | Жаңы-Алыш Чүй району |
| Алты уулдун | Сасык-Булак, Ленин жолу Чүй району |
| тукуму | |
| Ысмайыл уулу | Кайырма (8 үй-бүлө) Чүй району |
| Бакытай уулу | Маданият (30%) Чүй району |
| Абадан } Дебике | Алмалуу (15 үй-бүлө) Быстровка району |
| Балкыбек | Путь к социализму (Ворошилов ат. колхоз) Чүй району |

| | |
|---|---|
| Саадабай уулу | Кызыл-Суу (15 үй-бүлө), Боорду (6 үй-бүлө) Быстровка району |
| Кудаяр | Кара-Дөбө, Маданият, Токмок ш. Чүй району |
| Мурзабек уулу | Совет (10 үй-бүлө) Кемин району |
| Надирбек | Туз (80 үй-бүлө), Тогуз-Булак, Чоң-Булак, Жоон-Арык, Көк-Жар, «Теңдик» жана Димитров ат. колхоздор Кочкор району |
| Бусурман | «Большевик», «Туз» колхоздору Кочкор району |
| Нияз | Жданов ат. колхоз (10 үй-бүлө) Кочкор району |
| Бай | «Чоң-Булак» жана «Теңдик» колхоздору Кочкор району |
| Ак кулак | «Чоң-Булак» жана «Теңдик» колхоздору Кочкор району; Кошой- Коргон (5 үй-бүлө) Ат-Башы району |
| Кара мурат | Кочкор (10 үй-бүлө) Кочкор району |
| Шоорук (ак көйнөк) | Кара-Суу, Ак-Кийин айылдык кеңеши Кочкор району |
| Кара сарт | Ошондо эле |
| Абдраман | Ошондо эле |
| Куттуксейит | Ошондо эле |
| Базаркул | Ошондо эле |
| Назар | Ошондо эле |
| Кубат | Кара-Суу, Майчыбыр Кочкор району |
| Борукчу | Жаңычек (4 үй-бүлө) Чүй району |
| Айтбай<br>Керим | Куланак Куланак району |
| Жети кул | Кара-Суу (18 үй-бүлө), Жданов ат. колхоз (15 үй-бүлө) Кочкор |
| | району |
| Кожомшүкүр (Салибек уулу) | Кара-Саз, № 53 жылкы заводу (Кара-Кужур деген жер) Кочкор району (баардыгы 25—30 үй-бүлө); Кашкелең (6 үй-бүлө) Быстровка району |
| Чала манап | Кошой-Коргон (15 үй-бүлө) Ат-Башы району; Жергетал (10 үй-бүлө) Нарын району |
| Боогачы | Кызыл-Дөбө Кочкор району |
| Ак көз уулу | Кум-Дөбө Кочкор району |
| Назар | Ошондо эле |
| Черикчи | Чолпон, Орток, Көл-Төр ж.б. (Кочкор суусунун түндүк боюнда) Кочкор району |
| Абаилда | Кызыл-Дөбө, Кош-Алыш (4 үй-бүлө), Коммунизм (15 үй-бүлө), Орток, Чолпон Кочкор району |
| Кырк ууру | Плохотниково (11 үй-бүлө), Чүй району; Чолпон (15 үй-бүлө) Кочкор району |
| Бек бото | Көнөрчөк Кочкор району |
| Жаман кара | Ошондо эле |
| Жаныбек | Ленин ат. жана «Шамшы» колхоздору Кочкор району |
| Борколдой | «Шамшы» колхозу (50%) Кочкор району |
| Кара менде | Бугучу Кочкор району |
| Мамаке | Талды-Булак Кочкор району |
| Казактар | Кызыл-Дөбө (50%), Төрт-Күл Кочкор району |

| | |
|---|---|
| Беш күрөң | Узун-Булак (3 үй-бүлө), Талаа-Булак (5 үй-бүлө), Кош-Алыш (8 үй-бүлө), Кара-Саз (30 үй-бүлө), Ак-Кийин айылдык кеңешиндеги Кара-Суу (20 үй-бүлө), Жданов ат. колхоз (30 үй- бүлө) Кочкор району; Кашка-Жол (5 үй-бүлө), Совет (6 үй-бүлө) Кемин району; Карагай-Булак (6 үй-бүлө) Кант району |
| Токтоку | Тегирменти (көпчүлүгү) Кемин району; Куланак (6 үй-бүлө) Куланак району; Кара-Суу (5 үй-бүлө), Төш-Булак (6 үй-бүлө) Ат-Башы району |
| Эсенгул | Ак-Булак (6 үй-бүлө) Куланак району |
| Ниязбек | Учкун (3 үй-бүлө), Ак-Булак (18 үй-бүлө), Шоро (5%) Куланак району; Бейшеке Кемин району; «Кызыл-Октябрь» совхозу Быстровка району; Ильич ат. совхоз Кемин району |
| Кожобек | Дөрбөлжүн Ак-Талаа району |
| Рыскулбек | Төш-Булак (12 үй-бүлө) Ат-Башы району |
| Бердикожо | Ак-Бешим (30 үй-бүлө) Куланак району |
| Бердибек | Бас-Кыя (8 үй-бүлө) Нарын району |
| Субан | Ак-Бешим (10 үй-бүлө) Куланак району; №53 жылкы заводу |
| | (Тегерек-Кырчын деген жер) Нарын району |
| Ормон | Электор Кочкор району |
| Ажы | Кара-Чий (6 үй-бүлө) Нарын району |
| Шатен | Куланак (18 үй-бүлө) Куланак району |
| Ыстам | Ошондо эле (32 үй-бүлө) |
| Түлкү | Электор, Кара-Саз Кочкор району |

## *Чекир саяк*

Кыргыз элинин этникалык курамын изилдөөнүн жүрүшүндө оң канаттын кыргыздарынан урук-уруу структурасында этникалык жактан бир бүтүн болгон саяк уруусу бар деген пикирдин жаңылыш экендиги аныкталды. Чындыгында бирдиктүү саяк уруусу эч качан болгон эмес. Басма сөздө саяк деген аталыш менен түпкү теги таптакыр ар башка болгон бир нече топтор бириккендиги жөнүндө мурда белгиленди[87]. Ушунун негизинде биз эки урууну бөлүп көрсөттүк. Булардын бири саяк деген ат менен калтырылды (бул урууну алты аталуу саяк деп аташат). Экинчи урууну биз шарттуу түрдө, бул уруунун легендарлуу түп бабасы болгон Чекирдин (аны Шакир, Чакыр, Чекир-молдо деп да аташат) ысмы менен атадык. Эки уруунун тең билерман санжырачылары алардын ортосунда тектештик жалпылыктын жок экенин танышпайт.

Эски адабиятта бир гана саяк деген уруу белгилүү болгон. Ал «Сиюй тучжиде» (И. Бичурин[88] боюнча Сачак-ноток, А. Н. Бернштам[89] боюнча да-я-гу деген аталыш менен) кыргыздардын чыгыш урууларынын курамына кирет деп белгиленген. И. Г. Андреев[90] тарабынан кыргыздардын башка болуштуктарынын ичинде саяк болуштугу да аталган. Анын башчысы Гадай болгон (мүмкүн Кедей, чекир саяк уруусунан). Бул болуштуктардын арасында башчысы Ташыбек бий[91] болгон Бустуман болуштугу да аталат. Бул болуштукта да чекир саяктар же саяктар жашап турушу толук ыктымал, анткени болуштуктун аты, калыбы, чекир саяк уруусунун чоро бөлүкчөсүнүн курамына кирген уруктардын биреөнүн түп бабасы болгон — Бостумактын ысмынан улам ушундай аталса керек.

XVIII кылымда аталган эки уруунун кайсынысы саясий жактан артыкчылык кылып турганын айтуу кыйын. Ошондой болсо да И. Г. Андреевде Саруу болуштугунун башчысы катарында «өлгөн Садыр-батырдын уулу Саит-батырдын»[92] аталгандыгы саяк уруусунун ролу басымдуу болгонун көрсөтүп турат. Анын үстүнө Садыр ата-теги боюнча саяк уруусунун түнгатар бөлүкчөсүнө таандык болгон. Генеалогияга ылайык Сеит Садырдын уулу эмес, бир тууганы болгон. Талас өзөнүнүн өрөөнүндө кечээ жакында эле Садыр салдырган деп айтылып жүргөн чептин урандысы жаткан[93]. 85 жаштагы Жумабай Малаевдин айтканына караганда Садырдын чеби (коргону) Кыс-Моло деген жерде турган. Мындан көрүнүп тургандай, саяк уруусунун феодалдарынын бийлиги, калыбы, саяктардын өзүнө гана эмес, башка кыргыз урууларына да тараса керек. Кыргызстандын Орусияга бириктирилген мезгилдеги чекир саяктардын оор абалы Г. С. Загряжский тарабынан ачык көрсөтүлгөн[94]. Ошол эле убакта Г. С. Загряжский өзүнүн башка бир эмгегинде жогоруда эскерилген Сеиттин небереси, Кетмен-Төбө өрөөнүндө бийлик жүргүзүп турган, эң ири феодал Рыскулбек Нарбутиндин чексиз бийлиги жөнүндө толук жазат[95]. Рыскулбектин уулдарынын ээн баштыгы жана ырайымсыздыгы жөнүндө кыргыздын улуу акыны Токтогул Сатылганов «Беш каман»[96] деген каардуу ыр чыгарган.

Саяк уруусу жөнүндөгү маалыматтар Ч. Валихановдун кол жазмаларында да учурайт. Анын маалыматы боюнча «Саяк уруусу» 13 миң түтүндү түзөт. Ал Ысык-Көлдөн түштүккө, Соң-Көлгө (Төлөктүн баш жагы) карай, Нарын, Кочкор-Ата, Жумгал дарыяларынын бойлорунда, калган бир бөлүгү «Ыссык-Көлдүн ылдыйкы тумшугу ченде» көчүп-конуп жүрүшкөн. Кол жазманын башка бир жеринде саяктар Ат-Башы жана Кокан (?) өзөндөрүнүн бойлорунда да көчүп-конуп жүргөнү айтылат[97]. Саяк уруусунун курамында сегиз муун болгон, алардын ичинен төртөө негизгилер, алар: Курманкожо, Кулжыгач (Чоро), Шыкмамбет (азыркы генеалогиядагы Шыкмаамат экени шексиз) жана Каба. Ч. Валихановдун айтканы боюнча саяктардын ар бир уругунун өз эн тамгасы болгон. Саяктардын «байыркы чакырык-урааны» жоголуп, бардык жерде ал XVIII к. акырында жашаган баатырлардын (Тайлак, Садыр) ысымдары менен алмашылган. Ч. Валиханов «бул муун эски замандарда өзүлөрүнүн күчү жана манаптарынын баатырдыгы менен даңкы чыккан, бирок азыр ылдыйлап, кедейленип калган» деп белгилейт.

Ч. Валихановдун материалдарынан жогоруда көрсөтүлгөн эки уруу «саяк» деген ат менен биригишкени көрүнүп турат. Ал эки уруунун тең негизги бөлүкчөлөрүн санап чыгып, алардын жол башчыларын, чекир саяктарда — Тайлактын, саяктарда — Садырдын ысымдарын атайт.

В. В. Радлов саякты өз алдынча уруу катарында бөлүп көрсөткөн эмес. Бирок ал бугу, сарбагыш жана адигине урууларынын курамына кирген саяк, каба жана шыкмаамат (Радловдо — шыкмаят, шыкманат) уруктарын атайт[98]. Мындан башка да, анын эмгегинде 1867-жылга таандык болгон Макшеевдин маалыматтарын келтирет, анда Токмок уездинде 2000 үйлүү саяк уруусу болгону көрсөтүлгөн[99].

«Материалдарда» келтирилген маалыматтардын жетишээрлик түрдө ачык-айкын болбогондугуна карабастан, биз мурда саяк деген жалпы ат менен биригип жүрүшкөн эки уруунун ар биринин санын жана жашап турган конуштарын бир кыйла так белгилеп көрсөтүүгө жетише алдык. Чекир саяк уруусу Борбордук Тянь-Шанда Жумгал жана Суусамыр өзөндөрүнүн өрөөндөрүндө жана Нарын дарыясынын ортоңку бөлүгүндө орун алган бир катар кокту-колоттордо жайгашып турган. Чекир саяктардын анчалык чоң эмес бөлүгү Чүй өрөөнүнүн аймагында жана Ысык-Көл өрөөнүнүн батыш бөлүгүндө жашап турушкан.

Пишпек уездинин территориясында чекир саяктар Жумгал болуштугунун калкынын (305 кожолук) 100%ын, Каракече болуштугунун (780 кожолук) калкынын

97,9%ын, Суусамыр болуштугунун (510 кожолук) калкынын 80%ын жана Качкын болуштугунун (473 кожолук) калкынын 58,9%ын түзгөн. Мындан башка да, чекир саяктар Темирболот (Кызыл-Дөбө, Чоң-Арык, Талды-Булак коктулары — 48 кожолук), Батыш-Сокулук (Бий-Булак, Ур-Арык коктулары — 39 кожолук), Талкан (Байтик-Арык, Боз-Бөлтөк коктулары — 28 кожолук), Багыш (Малтабар коктусу — 11 кожолук) жана Сарбагыш (9 кожолук) болуштуктарында да жашап турушкан[100].

Пржевальск уездинин аймагында чекир саяктар саяк болуштугун (923 кожолук — 100%) жана Чоро болуштугунун бир нече кокту-колотторун (Терек-Суу, Көтөрмө, Ничке-Суу, Көнөрчөк ж.б. ) конуштап турушкан, буларда бардыгы 675 кожолук болуп, калкынын 45,7%ын түзгөн. Улахол болуштугунда чекир саяктардын 103, Тору-Айгырда — 17 кожолуктары жашап турушкан[101].

Жалпы алганда аталган уезддердин территорияларында чекир саяктар 5205 кожолукту түзүп турган.


Чекир саяк уруусу беш бөлүкчөгө даана бөлүнүп турган, алар: курман- кожо (буга Курманкожонун өз тукумдары гана кирбестен, легендарлуу Түгөлдүн бардык калган тукумдары да кирген), кулжыгач[102], ыман, чоро, ак кабак (6-сүрөт). Терекбай деп аталган алтынчы бөлүкчөсү иш жүзүндө анча чоң эмес урук болгон. Булардын негизгилери биринчи эки бөлүкчө болгон.

Мурдагы учурлардагыдай эле биз чекир саяк уругунун структурасынан өзүлөрүнүн түпкү атын сактап калышкан же ата-теги башка экендигин билишкен теги башка майда топторду чыгарып салдык. Мындай майда топтордун көпчүлүгү Нарын суусунун жээгинде, чоро бөлүкчөсүнүн ичинде жашап турушкан. Бул XVIII кылымдагы чоролук феодалдардын бири Жамболоттун активдүү иш-аракеттеринин натыйжасы болгон, ал бир нече жолу Фергана өрөөнүнө, Талас, Иле сууларынын өрөөндөрүнө жана башка жерлерге басып алгыч, талап-тоногуч жортуулдарды жасап турган. Жамболот тарабынан колго түшүрүлгөндөрдүн тукумдары анча чоң эмес уруктарды түзүшкөн, алар теги боюнча кыпчак, мундуз, саруу, кытай жана башка урууларга, а түгүл башка элдерге (тажиктер, казактар, калмактар) да кирген.

Биз келтирип отурган чекир саяк уруусунун структурасынын схемасы (6-сүрөт) кээ бир түшүндүрүүлөрдү талап кылат. Курманкожо бөлүкчөсүнүн курамында «катаган» деген жалпы ат менен биригип эки урук бар. Байыркы кыргыз урууларынын бири да «катаган» деп аталганын эске алып коюу керек. Ал, атап айтканда, «Манас» эпосунда негизги кырк кыргыз урууларын санаганда жолугат[103], Бул уруунун калдыгын кыргыздардын башка урууларынын ичинен, эгерде Ош облусунун Кара-Суу районунда жана Өзбек ССРинин кошуна райондорунда жашаган 15—20 үй-бүлөдөн турган өтө майда топторду эсепке албаганда, азырынча жолуктура алганыбыз жок[104]. Бул топтон чыккан карыялар аны катаган дешет, бирок анын түпкү тегин билишпейт. Мүмкүн, анын теги боюнча тянь-шандык катагандар менен байланышы бардыр. Бирок тянь- шандык катагандар байыркы катаган уруусунун калдыгы болуп саналбайт. Кеңири таралып жүргөн божомолго ылайык, курманкожолуктардын бабасы Түгөлдүн уулу Мангыт катаган уруусунан чыккан Турсун хандын кызына үйлөнгөн. Анын эки уулу — Казыгул менен Сүйөркулдун тукумдары Маңгыттын аялынын уруусу боюнча катаган деген ылакап ат менен аталып калган имиш. Ошентип, элдик уламыш чекир саяк уруусунан чыккан катагандыктарды байыркы катаган уруусу менен түздөн-түз байланыштырбайт.

Профессор К. К. Юдахинден чапкынчы уругу жөнүндө биз алган маалыматтар, чекир саяктардын бул уругунун Кыргызстандын түштүгүндө жашап турган чапкылдык тобу менен кандайдыр бир байланышы бар экенин кабарлайт. Иликтеп көргөнүбүздө бул маалыматтар ырасталды. 1949-жылы Касымаалы Токтомамбетов (Тянь-Шань облусу, Жумгал району, «Орто кууганды» колхозу) чапкынчы тукуму

Хожент шаарынын (азыркы Ленинабад) чет-жакасында да жашап турганын жана ал бул жакка Тянь-Шандан көчүп келишкенин айтып берген эле. 1955-жылы Ош облусунун Лейлек районундагы Булакбашы айылдык кеңешине караштуу эски Сүлүктү деген жерде жашаган 67 жаштагы Калыгул Жолчубековдон биз алган маалыматтарга караганда чапкылдыктын же чапколдуктун бир кыйла көп сандагы тобу Лейлек районунун жана Тажик ССРинин Ленинабад облусунун коңшу райондорунун (Ленинабад, Пролетар, Канибадам, Исфара) бир нече айыл-кыштактарында, ошондой эле Өзбек ССРинин айрым айыл-кыштактарында жашап турушкан. Анын айтканы боюнча бул топтун ата-бабалары Оңколу менен Чапколу деген бир туугандар болгон жана бул жерде




*6-сүрөт.* Чекир саяк уруусунун структурасы

жашап тургандар Чапколунун тукумдары болгон. Ал чоң аталарынан чапкылдыктардын теги сарыбаштар ( б.а. сарбагыш) болгон жана алар азыркы жашап турган жерине «Кочкор-Жумгалдан» ооп келишкен.

Ыман бөлүкчөсүнүн уруктарынын ичинен схемада (6-сүрөт) кожомшүкүр жана кожомжар топтору көрсөтүлгөн. Бирок азыркы учурда бул уруктардын өкүлдөрү Тянь-Шанда жок. Абдыкалык Чоробаевдин айтканына караганда Ымандын уулдарынын ушул ысымдарынын бирин алып жүргөн адамдын тукумдары Текес өзөнүнүн (КЭР, Синьцзян-Уйгур автономдуу облусу) өрөөнүндө, калмактардын арасында, ал эми экинчисинин тукумдары — Ооганстандагы кыргыздардын арасында жашап турушат.

| Схемада (6-сүрөт) төмөндө көрсөтүлгөн эңкелеч уругу жок, анын генеалогиялык байланышын аныктоого мүмкүн болбоду.

Теги боюнча чекир саяк уруусуна таандыкпыз деп жүрүшкөн кыргыздардын азыркы жашап турган жерлери, улуу муундардан алынган маалыматтарга ылайык, азыркы административдик бөлүнүштөргө туура келтирилсе болот. Ал жөнүндө 6-таблица түшүнүк берет.

*6-таблица*

Теги боюнча өзүлөрүн чекир саяк уруусуна таандык кылган кыргыздардын азыркы жашап турган жерлери

| Аталышы | Элдүү пункттар |
|---|---|
| 1 | 2 |
| КУЛЖЫГАЧ | Кара-Жол (20 үй-бүлө) Панфилов району |
| Караболот1 | |
| Коюке \| | Букара (10 үй-бүлө) Панфилов району |
| Шааболот | Ийри-Жар (Суусамыр) Кызыл-Аскер району; Букара Панфилов району |
| Жолуке | Орто-Кууганды (7 үй-бүлө) Жумгал району, Ийри-Суу (Суусамыр) Калинин району |
| Жаныш | Жоо-Жүрөк (Суусамыр) Сокулук району |
| Чал | Кара-Суу (Суусамыр) Кызыл-Аскер району |
| Токтогон | Үч-Эмчек (Суусамыр) Кызыл-Аскер району |
| Курүчбек | Долоно (6 үй-бүлө), Кең-Арал (7 үй-бүлө) Талас району; Шумкар (15 үй-бүлө) Будённый району |
| Чапкынчы | Көк-Ой (40 үй-бүлө), Миң-Теке (15 үй-бүлө), Кара-Дөбө, (30 үй-бүлө), Кашка-Терек (15 үй-бүлө), Ак-Татыр (20 үй-бүлө), Чет кууганды (25 үй-бүлө), Кара-Ой (10 үй-бүлө), Орто кууганды (18 үй-бүлө), Кызыл Кыргызстан (8 үй-бүлө) Жумгал району |
| Токтор | Кызыл-Ой Жумгал району |
| Мурат | Баш кууганды (40 үй-бүлө) Жумгал району |
| Кырбаш | Чар-уя (Суусамыр) Калинин району; Тунук, Кызыл-Ой Жумгал району |
| Айдарбек | Түгөл-Сай (75 үй-бүлө) Жумгал району |
| Алты өтүк | Кызыл Кыргызстан (4 үй-бүлө) Жумгал району |
| Эсенгул | Тогуз-Булак (35 үй-бүлө), Арал (15 үй-бүлө) Жумгал району |
| Мажык | Тогуз-Булак Жумгал району |
| Ажыбек | Кызыл-Кыргызстан (50 үй-бүлө) Жумгал району |
| Шайыбек | Кара-Баткак (15 үй-бүлө), Кызыл Кыргызстан (7 үй-бүлө) Жумгал району |
| Качыке | Чаек (10 үй-бүлө), Ак-Татыр (15 үй-бүлө), Баш кууганды (15 үй-бүлө), Көл-Арык (20 үй-бүлө), Тогуз-Булак (6 үй-бүлө), Түгөл-Сай (25 үй-бүлө), Кызыл Кыргызстан (25 үй-бүлө) Жумгал району |
| Кедей | Табылгыты (15 үй-бүлө), Көк-Ой (15 үй-бүлө), Кара-Баткак (15 үй-бүлө) Жумгал району |
| Шаабото | Миң-Теке (30 үй-бүлө), Көк-Ой (15 үй-бүлө), Кара-Баткак (15 үй-бүлө) Жумгал району |
| Эңкелеч | Эмел (30 үй-бүлө) Жумгал району |
| Карагул | Беш-Терек (20 үй-бүлө), Орто кууганды (7 үй-бүлө) Жумгал району |
| АК КАБАК | Кызыл-Кыргызстан (5 үй-бүлө), Орто кууганды (30 үй-бүлө), Беш-Терек (8 үй-бүлө), Чаек (4 үй-бүлө), Көл-Арык (30 үй-бүлө) Жумгал району |
| ЫМАН | Кызыл-Кыргызстан (3 үй-бүлө), Табылгыты (7 үй-бүлө), Чаек (8 үй-бүлө), Базар-Турук (3 үй-бүлө) Жумгал району; |

| | |
|---|---|
| | «Эпкин» колхозу (5 үй-бүлө) Кочкор району; Казарман (4 үй-бүлө) Тогуз- Торо району; Дөрбөлжүн, Ничке-Суу, Кара-Суу (100%), Терек (90%), Көк-Жар (100%), Ак-Талаа (70%), Тогуз-Булак (60%) Ак- Талаа району |
| ЧОРО | Туткуй, Ничке-Суу Ак-Талаа району; Төш-Булак (5 үй-бүлө) Ат- Башы району |
| Коңур уулу | Көк-Ой (40 үй-бүлө), Кара-Булуң Куланак району |
| Чымынтай | Ак-Кыз (40%) Ак-Талаа району; Атай (7 үй-бүлө) Тогуз-Торо району |
| Буура | Кызыл-Эмгек Куланак району |
| Бостумак | Кара-Булуң Куланак району |
| Сокучу | Ак-Кыз (40%), Ак-Талаа (Жаңы-Талап, 30%) Ак-Талаа району |
| Чоң чарык | Кадыраалы (Май, 40 үй-бүлө) Куланак району; Дөрбөлжүн (10 үй-бүлө) Ак-Талаа району |
| Чычкак | Казарман, Көк-Ийрим, Атай (46 үй-бүлө) Тогуз-Торо району |
| Тогуз уул | Үгүт (50%) Ак-Талаа району |
| Атантай уулу | Кызыл-Жылдыз (көпчүлүгү) Тогуз-Торо району |
| Тайлак уулу | Дөрбөлжүн Ак-Талаа району; Көк-ийрим (25 үй-бүлө), Казарман (үч үй-бүлө), Атай (8 үй-бүлө) Тогуз-Торо району |
| Беш уул | Казарман Тогуз-Торо району; Дөрбөлжүн Ак-Талаа району |
| Кожоберди | Көнөрчөк (20%) Ак-Талаа району |
| Ырысменде | Көнөрчөк, Дөрбөлжүн Ак-Талаа району |
| Байбагыш | Кара-Ой (Ботояр, 25 үй-бүлө), Кара-Булуң, Куланак району; Дөрбөлжүн Ак-Талаа району |
| КУРМАНКОЖО | Атай (11 үй-бүлө) Быстровка району; Ак-Бешим (3 үй-бүлө) Чүй району |
| Кургак | Чаек (5 үй-бүлө), Ак-Татыр (8 үй-бүлө), Кыз-Арт (Кара-Булак деген жер, 40 үй-бүлө) Жумгал району; Бар-Булак, Ак-Терек Тоң району; Кең-Суу (10 үй-бүлө) Түп району |
| Кара кучкач | Кара-Суу (35 үй-бүлө) Жумгал району; Кызыл-Дөбө (3 үй-бүлө) Кочкор району |
| Чекел } Төлөк | Чоң дөбө (15 үй-бүлө), Багышан (8 үй-бүлө) Жумгал району |
| Сокучу | Багышан (20 үй-бүлө) Жумгал району |
| Нусуп | Чоң-Дөбө (20 үй-бүлө) Жумгал району |
| Балбак | Сары-Талаа (20 үй-бүлө) Жумгал району |
| Медет | Алтын-Арык (15 үй-бүлө) Жумгал району |
| Абак | Кара-Суу (15 үй-бүлө) Жумгал району |
| Эдил | Ак-Талаа (14 үй-бүлө) Кочкор району |
| Шербек | Мантыш (7 үй-бүлө) Кочкор району |
| Өтө | Кара-Чий (15 үй-бүлө) Жумгал району; Ленин ат. колхоз Чүй району |

| | |
|---|---|
| Ажыбай | Кыз-Арт (15 үй-бүлө) Жумгал району |
| Мойнок | Базар-Турук (40 үй-бүлө), Кара-Чий (25 үй-бүлө) Жумгал району |
| Манас | Быстровка (10 үй-бүлө) Быстровка району |
| Беш берен | Кыз-Арт (15 үй-бүлө) Жумгал району; Мантыш (10 үй-бүлө) Кочкор району |
| Котон | Тилектеш (5 үй-бүлө) Куланак району |
| Котон } Байталчы | Кыз-Арт (15 үй-бүлө), Сары-Талаа (45 үй-бүлө) Жумгал району |
| Көк мөө | Кыз-Арт (15 үй-бүлө) Жумгал району; Мантыш (30 үй-бүлө) Кочкор району |
| Аюу | Көк-Ой (10 үй-бүлө) Жумгал району; Кош-Булак, Дөдөмөл, Табылгыты Тогуз-Торо району |
| Катаган | Таш-Төбө (200 гө жакын үй-бүлө), Кыз-Арт (15 үй-бүлө), Чоң- Дөбө (15 үй-бүлө), Алтын-Арык (8 үй-бүлө), Орто кууганды (5 үй-бүлө) Жумгал району; Кайырма (15 үй-бүлө), Ленин-жолу (10%) Чүй району; Мантыш (30 үй-бүлө) Быстровка району; Эркин-Сай (20 үй-бүлө) Панфилов району; Дөң-Талаа, Коңур- Өлөң, Ак-Терек Тоң району; Таш-Төбө Ворошилов району; Чолпон-Ата кыштагынын этегинде* Ысык-Көл району |
| Жараш | Кыз-Арт (43 үй-бүлө), Багышан (15 үй-бүлө) Жумгал району |
| Осмон | Кыз-Арт (18 үй-бүлө) Жумгал району |

Мындан башка да чекир саяктардын топтору (бөлүкчөлөрдүн аттары аныкталбаган бойдон калды) төмөнкү айыл-кыштактарда жашап турат: Куланак Куланак району; Дөң-Алыш (5 үй-бүлө), Чолпон Кочкор району; Кызыл-Суу (5 үй-бүлө), Алмалуу (7 үй-бүлө), Боорду (9 үй-бүлө) Петровка району; Чыгыш Сокулук (60 үй-бүлө) Сокулук району; Маңка-Жар, Шалта (20 үй-бүлө), Орто-Алыш жана Орто-Сай Кызыл-Аскер району; Чорголу (10 үй-бүлө), Орто-Арык, Кум-Арык (20 дай үй-бүлө) Панфилов району; Сары- Гоо (10 пайыздай), Кайырма (3 үй-бүлө), Кара-Суу (10 пайыздай) Калинин району; Тогузак (бир нече үй-бүлө) Ивановка району; Сары-Жыгач (30%), Четинди (көпчүлүгү), Жедигер (5 үй-бүлө) Кант району; Жаңы-Жол, Кара- Дөбө (4 үй-бүлө), Дөң-Арык (12 үй-бүлө), Киртруд (10 пайыздай), Он бир Жылга (5 үй-бүлө), мурдагы Ленин ат. колхоз (10%) Чүй району.

## *Саяк*

Саяк уруусу биз тараптан схемада (7-сүрөт) көрсөтүлгөн курамында кыргыздардын оң канатындагы өз алдынча турган уруу катарында каралды. Бул уруу жөнүндө айрым маалыматтар жогоруда чекир саяк уруусуна мүнөздөмө берилгенде келтирилген болучу.

Улуу Октябрь социалисттик революциясы болоор алдында саяктардын бир кыйла ири топтору Ысык-Көлдүн түндүк жана түштүк жээктеринин батыш бөлүгүн, ошондой эле Нарын дарыясынын ортоңку агымы чендеги кээ бир кокту-колотторду

* Жергиликтүү катагандар өзүлөрүн Сүйөркулдун небереси, Бокойдун тукумдарыбыз деп эсептешет (6-сүрөттү кара).

мекендеп турушкан. Саяктардын чакан топтору Чүй жана Жумгал дарыяларынын өрөөндөрүндө жана башка жерлерде жашап турушкан.

Пржевальск уездинде саяктар Тору-Айгыр болуштугундагы калктын (1458 кожолук) 98,8% ын (Чоктал, Тамчы, Чечек-Булак, Сарай, Тору-Айгыр, Жар-Булак, Ак-Коргон, Тогуз-Булак, Кара-ой, Койчу, Карагайлы-Булак, Согуту, Кара-Суу, Талды-Булак, Четки-Долоноту, Орто-Долоноту жана башка өзөндөр) жана Улахол болуштугунун калкынын (1278 кожолук) 92,5%ын (Жоон-Арык, Шор- Булак, Ак-Терек, Кара-Тоо, Карал-Дөбө, Коңур-Өлөң, Саз, Алабаш, Чолок-Кыр, Туура-Суу, Кыргоо, Жол-Жылга, Тогуз-Булак, Көк-Сай, Кара-Суу жана башка өрөөндөр) түзгөн. Мындан башка да Чоро болуштугунун калкынын курамында саяктардын 419 кожолугу (же 28,5%) болгон, алар чекир саяктар жана басыз- дар менен жакын кошуна жашап турушкан (Көк-Арт, Байдамтал, Казык, Боорду, Колбоор, Арал, Көк-Ийрим, Кайыңды, Кош-Булак ж.б. өрөөндөр)[105].


Пишпек уездинде ар түрдүү бөлүкчөлөрдүн саяктарынын көбүрөөк ири тобу качкын болуштугунда жашап турганы белгиленди (228 кожолук же 28,4%ы), Алар чекир саяктар менен катар Ничке-Суу, Чоң-Кырчын, Кара-Күнгөй, Кедей-Арык, Кызыл-Сөөк, Сары-Булак, Аксалы ж.б. өрөөндөрдө жашап турушкан. Суусамыр болуштугундагы чекир саяктар менен кара боркемик (саруу уруусу) уругунун арасында саяктардын 108 кожолугу болгон (Бостон-Кайың, Туура-Терек, Чоң-Жекат, Сары-Булак, Сары-Камыш ж.б. өрөөндөр). Саны 165 кожолук болгон бөөбүй уругунун саяктары сарбагыштар менен чогуу Темирболот болуштугунда жана 23 кожолугу Тынай болуштугунда жашап турган[106].

«Материалдарда» саяк уруусунун бөлүкчөлөрү менен уруктарынын ичинде төмөнкүлөр аталган: кара кучкач, ботугур, боз тери, элтиңди, серең, кожош, кудай менде, бакачы, казак тукум, жаманбай, куртка мерген, ак тери, кадаң, бөөбүй, өйдө чекти, кайдуулат, шыкмаамат, тезек, тагай, сары, күчүк.

Саяк карыялардын айтканы боюнча алардын уруусунун курамына негизги төрт бөлүкчө кирген, алар: өйдөчетки, кайдуулат, каба жана сарык (7-сүрөт). Булардын ичинен эң ириси — каба болуп саналат, ал өз кезегинде: түнгатар, түнтөй, шыкмаамат жана ала көз болуп төрт бутакка бөлүнөт.

Чекир саяк уруусуна мүнөздөмө бергенде саяк уруусу алты аталуу саяк деп да аталаары көрсөтүлгөн эле. Топко ушундай аталышты берген алты ата- бабалар деп, Кабаны, Түнгатарды, Түнтөйдү, Сарыкты, Өйдөчекти менен Кайдуулатты эсептешет. Каба бөлүкчөсүнүн ири уруктары ак тери менен боз терини (кээде бүт бөлүкчөнү) чоң саяк же жалдуу каба деп да аташат. Ысык- Көлдүн түндүк жээгинде жашаган саяктарды (көбүн эсе шыкмаамат бутагынан чыккандар), адатта күңгөй саяк деп, ал түштүк жээгинде жашагандарды (негизинен ак терек уругунан чыккандар) — тескей саяк деп аташкан.

www.bizdin.kg




*7-сүрөт.* Саяк уруусунун структурасы.

www.bizdin.kg

Биздин информаторлорубузга кээ бир уруктардын аты гана белгилүү, алар уруунун структурасындагы алардын ордун дайыма эле жетишээрлик ишенимдүүлүк менен көрсөтүп бере алышкан жок. Кутунай менен чоңко ушундай уруктарга кирет, буларды алар каба бөлүкчөсүнө таандык кылышат. Түндүк Кыргызстанда бул уруктар жок. Бизге базыл, мурат, ават жана дуулат уруктарынын тукумдары да жолуккан жок. Бул уруктар түнгатар бутагынын басымдуу көпчүлүгү сыяктуу азыркы Ош облусунун түндүк тарабында жашашкан[107]. Сары күчүк уругу да «Материалдарда» көрсөтүлүп турса да биз тараптан катталган жок.

Өзүлөрүн саякпыз деп атагандардын тукумдарынын азыркы жашап турган жерлери 7-таблицада көрсөтүлдү.

*7-таблица*

Теги боюнча өзүлөрүн саяк уруусуна таандык кылган кыргыздардын азыркы жашап турган жерлери

| Аталышы | Элдүү пункттар |
|---|---|
| 1 | 2 |
| ӨЙДӨ ЧЕКТИ | Дөдөмөл (7 үй-бүлө), Кош-Булак, Табылгыты (5 үй-бүлө) Тогуз- Торо району; Байкөнчөк (15%) Ак-Талаа району; Кызыл-Эмгек (5 үй-бүлө), Кара-Ой (4 үй-бүлө) Куланак району; Кызыл-Дөбө (3 үй-бүлө) Кочкор району; Беш-Терек (15 үй-бүлө), Пионер (33 үй-бүлө) Жумгал району |
| Асаке Айдаке | Туура-Терек, Жекат, Ноо, Сары-Булак (баардыгы 100 үй-бүлө) Жумгал району; Сары-Булуң (10 үй-бүлө), Дүнгүрөмө (10 үй- бүлө), Кызыл-Сөөк (15 үй-бүлө) Жумгал району |
| Кулунтай Күчүк | Ичке-Суу (30 үй-бүлө), Кара-Баткак (40 үй-бүлө) Жумгал району |
| Кулунтай<br>Күчүк<br>Асаке<br>Молой } | Ак-Чий (33 үй-бүлө), Кара-Ой (15 үй-бүлө) Жумгал району |
| Молой<br>Мамат<br>Кадаң } | Казарман айылы (30 үй-бүлө) Тогуз-Торо району Бостон-Кайың айылы (100%) Жумгал району |
| Молой<br>Кадаң | Чоң-Арык (4 үй-бүлө) Куланак району; Ничке-Суу, Дөрбөлжүн, Ак-Чий (80%), Мыкачы Ак-Талаа району |
| Каратай<br>Жамбарак уулу } | Кызыл Октябрь (Сары-Камыш, 17 үй-бүлө) Жумгал району |
| Казакбай уулу | Көлмө (6 үй-бүлө) Куланак району |
| КАЙДУУААТ | Казарман (4 үй-бүлө) Тогуз-Торо району; Чоң-Арык (20 үй-бүлө) Куланак району; Сайлык (10 дон көбүрөөк үй-бүлө) Чүи району |
| Беш таз | Жаңычек (5—6 үй-бүлө) Чүй району |
| Думана уулу | Атай (6 үй-бүлө) Тогуз-Торо району |
| КАБА | Чолок-Кайыңды (30 дан көбүрөөк үй-бүлө) Панфилов району |
| Түңгатар | Нылды-Сай («Комсомол» колхозу, 4 үй-бүлө), Долоно (4 үй- бүлө) Талас району |

| | |
|---|---|
| Сары боркемик Түнтей | Бирлик (Сары-Камыш, 14 үй-бүлө) Жумгал району |
| Актери (ылакап аты чалып алды) | Дүпкүр Тогуз-Торо району |
| Шамаке | Атай (90%) Тогуз-Торо району |
| Жарыке* | Көк-Ийрим (70%) Тогуз-Торо району |
| Бозтери | Кара-Тоо, Бар-Булак, Шор-Булак, Коңур-Өлөң, Алабаш Тоң району |
| Казак | Боз тери Ысык-Көл району |
| Ботугур | Чоң Сары-Ой, Кара-Ой Балыкчы району |
| Ботугур<br>Досой | «Кызыл Туу» колхозу Тоң району |
| Кара кучкач<br>Ботогур<br>Үчей<br>Бешей<br>Жаманбай | К. Маркс атын. колхоз Тоң району |
| Кудайменде | Улахол Балыкчы району |
| Серең | Тогуз-Булак Тоң району |
| Шыкмаамат | Казарман Тогуз-Торо району |
| Бакты ороз | Чоң Сары-Ой, Дөбөлү Балыкчы району |
| Бөөбүй | Кара-Мойнок (80 үй-бүлө), Ак-Учук (4 үй-бүлө) Кочкор району; Кызыл-Суу (30 үй-бүлө), Боорду (15 үй-бүлө), Алмалуу (15 үй- бүлө) Быстровка району; Карал-Дөбө (15 үй-бүлө) Кемин району; Плохотниково (4 үй-бүлө) Чүй району; Кара-Дөбө (12 үй-бүлө), Чиркей (70 үй-бүлө) Ысык-Көл району |
| Бакачы | Кара-Ой, Чоң Сары-Ой, Кумбел, Чет Кой-Суу, Боз-Тери, Долинка Балыкчы району |
| Чороке | Чет-Кой-Суу Балыкчы району |
| Куртка мерген | Тору-Айгыр, Чырпыкты, Чоктал Балыкчы району |
| Кожояр | Кара-Дөбө, Көк-Дөбө, Он Жети Карагай, Темировка Ысык-Көл району |
| Калматай | Темировка Ысык-Көл району |
| Чиркей | Таштак, Көк-Дөбө, Чиркей Ысык-Көл району |
| Олжобай<br>Чоң чарык | Корумду Ысык-Көл району |
| Ала көз | К. Маркс атын. колхоз Тоң району; Көк-Ой (5 үй-бүлө) Жумгал району |
| САРЫК | |
| Чымын уулу | Кайыңды, Казарман Тогуз-Торо району |
| Тобок уулу | Кайыңды (көпчүлүгү), Дөдөмөл (90%), Кош-Булак (70%) Тогуз-Торо району |
| Кара сакал | Кызыл-Жылдыз Тогуз-Торо району |
| Тагай | Табылгыты (60%), Аскалы (100%) Тогуз-Торо району |

* Схемада (7-сүрөт) Жарыкенин (Мойноктон) тукумдарынын ичинде мажыкбай жана кешикбай уруктары көрсөтүлгөн. Чындыгында бул уруктар Жайылдын уулу Каныбектин тукумдары; анын жесири Мойнокко тийген, ошондуктан ал аялдын балдары өзүлөрүн Мойноктун тукумдарыбыз деп атап калышкан.


Жогоруда корсотүлгөн айыл-кыштактардан башка да саяктар Жети-Өгүз районундагы Кытай (10 үй-бүлө), Покровка районундагы Чычкан (7 үй-бүлө), Кочкор районундагы Чолпон (10 дой үй-бүлө) айылдарында да жашап турушат.

## *Черик*

Черик уруусунун олуттуу бөлүгү СССРдин чегинен тышкары, атап айтканда — КЭРдин Синьцзян-Уйгур автономдуу облусунда жайгашкан. Бул айрыкча черик уруусунун негизги беш бөлүкчөсүнүн үчөөнө: тору, бай чубак жана куба бөлүкчөлөрүнө таандык (8-сүрөт), бирок булардын айрым бөлүк- төрү чериктердин башка эки ири бөлүкчөсү — ак чубак жана тайчак менен бирге Орусиянын аймагында жашап турган.

Октябрь революциясы болоордун алдында черик уруусу Пржевальск уездинин Черик (946 кожолук) жана Чаш-Төбө (866 кожолук)[108] болуштуктарынын территориясын ээлеп турган, бул болуштуктар Борбордук Тянь-Шандын түштүк, бийик тоолуу тилкесинен орун алган. Чериктердин кыштоолору Ат-Башы дарыясынын өрөөнүндө, Баш-Кайыңды, Кашат, Кара-Тоо, Кара-Кашат, Жыгач-Коргон, Туура-Арык, Узун-Тоо, Аң-Коргон, Кайыңды, Кашкулак, Жол бөгөштү, Туюк бөгөштү, Каман-Суу, Көк-Күмбөз, Ача-Чоң, Керим-Булак, Ничке-Суу, Токой-Башы, Ак-Муз, Орто-Кайыңды, Кара-Чий, Юрме, Муканчы-Суу, Жарык-Таш, Талды-Суу, Жерик-Жал, Туйган, Терек-Суу, Сары-Дөбө, Суук-Булак, Черикти, Чет-Келтебик, Көл-Арык, Орто-Келтебшс, Берле, Сай-Арык, Сасык-Булак, Кеңыш-Арык, (Кеңеш-Арык?), Балагас, Крен-Кыштоо, Жагор өрөөндөрүндө болгон. Ал эми алардын жайкы жайлоолору Арпа жана Аксай өзөндөрүнүн өрөөндөрү болгон. «Материалдардагы» камтылып турган маалыматтар көрсөтүп тургандай, бул аймактарда черик уруусунун төмөнкү бөлүкчөлөрү менен уруктары жашап турган, алар: сазан, тагай болот, куба, сейит, жол болду, тору, кара бостон, жаңы черик, ак чубак, алдаяр, аңгидей, сары көбөң, бейшеке, топор.

www.bizdin.kg



*8-сүрөт.* Черик уруусунун структурасы

Чериктердин улуу муундарынын өкүлдөрүнөн алынган кең-кесири маалыматтар бул уруунун структурасы жөнүндөгү мурдагы жарыбаган материалдарды олуттуу түрдө кеңейтүүгө мүмкүндүк берди[109]. Ошондой болсо да бул маалыматтарда айрым бир бөлүкчөлөрдүн генеалогиялык байланыштары жөнүндө аз эмес карама-каршылыктар орун алган. Ар түрдүү маалыматтарды сын көз менен талдап чыгуу бизди көптөгөн шектенүүлөрдү жана ачык эместиктерди жоё турган жана көбүрөөк ишенимдүү болгон схема 90 жаштагы Кайып Дербишев тарабынан (Ат-Башы айылы, Ат-Башы району) сунуш кылынган схема болуп саналат деген корутундуга алып келди. Бул схема биз тараптан негиз катарында кабыл алынып, бир аз ирээтке салынып, башка материалдар менен толукталды. Ал схемада көрсөтүлгөн айрым уруктар, айрым бир үй-бүлөлөрдү эске албаганда, СССРдин аймактарында жашабайт. Буларга, мисалы, тоймат, олжо болот, молдо черик, кысыл тукуму, күнтү жана башкалар кирет. Биз тараптан чериктердин Кытай Эл Республикасында жашаган, бирок генеалогиялык байланыштары аныкталбаган айрым топтору аталды (алар кош тамга, желдең, жоош, асамбек). Үч тамга, кумач жана башка айрым бөлүкчөлөрдүн генеалогиялык байланыштары кошумча изилденүүгө тийиш. Жогору жакта келтирилген маалыматтарга ылайык, мурда өздөрүн чериктербиз деп аташып, негизинен Тянь-Шань облусунун Ат-Башы районунда жашап турган айылдык калктын жайгашып турган жерлери 8-таблицада көрсөтүлдү.

*8-таблица*

Теги боюнча өзүлөрүн черик уруусуна таандык кылган кыргыздардын азыркы жашап турган жерлери

| Аталышы | Элдүү пункттар |
|---|---|
| 1 | 2 |
| АК ЧУБАК | |

www.bizdin.kg

| | |
|---|---|
| Ак чубак | Ак-Муз (жарым-жартылайы) Ат-Башы району; Ош облусунун Мырза-Аке районундагы Көлдүк айыл кеңешине караштуу Кара-Шоро деген жер* |
| Тосуке<br>Жабыке<br>Даркан | Пограничник (150 үй-бүлө) Ат-Башы району |
| Мамек | Пограничник (40 үй-бүлө), Сары-Булак Ат-Башы району; |
| Кытат | Сары-Булак Ат-Башы району |
| БАЙЧУБАК | |
| Сатыгул | Кең-Бел (Кембөл) Ат-Башы району |
| Көнчөй | Ой-Терскен Ат-Башы району |
| Майлы баш (майлуу баш, майлы баш) | Кең-Бел, Терек-Суу, Ой-Терскен, Талды-Суу, Туюк-Бөгөштү, Ак-Моюн Ат-Башы району |
| Сазан (сасан) | Баш-Кайыңды, Көчпөс, Ак-Моюн Ат-Башы району |
| Жол болду<br>Кейике<br>Нарике | Ой-Терскен Ат-Башы району |
| Боорсок | Туюк-Аң Ат-Башы району |
| Сары көбөң | Ой-Терскен Ат-Башы району |
| КУБА | |
| Куба | Туюк-Бөгөштү Ат-Башы району |
| Күпчекей | Терек-Суу, Суюк-Богошту Ат-Башы району; Жети-Өгүз Жети-Өгүз району |
| Кумач | Кара-Кулжа, Кызыл Жар Совет району, Ош облусу |
| Дубан | Баш-Кайыңды Ат-Башы району |
| Сарычаа | Туюк-Аң, Кызыл-Октябрь, Ак-Моюн Ат-Башы району |
| Жаңы черик | Кош-Кулак, Терек-Суу Ат-Башы району |
| Сейит | Ой-Терскен Ат-Башы району |
| Аңгидей ТОРУ | Кең-Бел, Туюк бөгөштү, Кызыл-Октябрь Ат-Башы району |
| Усун калпак | Ак-Муз, Талды-Суу, Туюк бөгөштү Ат-Башы району; Жети-Өгүз |
| (узун калпак) | Жети-Өгүз району |
| ТАЙЧАК | |
| Кара бостон | Кең-Бел, Терек-Суу, Кызыл-Октябрь Ат-Башы району; Жети- Өгүз Жети-Өгүз району |
| Алик | Ак-Муз, Ак-Моюн, Талды-Суу Ат-Башы району |
| Тору | Баш-Кайыңды, Ак-Моюн, Туюк-Аң, Каратал, Туюк бөгөштү<br>Ат-Башы району; Жети-Өгүз Жети-Өгүз району |
| Эңкеч | Ат-Башы Ат-Башы району |
| Тастар | Кең-Бел Ат-Башы району |
| Алдаяр | Баш-Кайыңды, Кең-Бел Ат-Башы району |

Мындан башка да, чекирлердин чакан топтору теги башка топтордун арасында, Тогуз-Торо районундагы Кош-Булак, Казарман, Атай, Кайыңды; Ак-Талаа

* Кийинки убакта жарыяланган маалыматтарга Кыргызстандын түштүгүндөгү чериктер мурдагы Жалал-Абад облусунун Ала-Бука районунда гана бар экени белгиленген (Я. Р. Винников. Көрсөтүлгөн чыгарма, 149-бет). Бул орун алган кемчиликти толуктап, биз Түштүк Кыргызстандын райондору боюнча кошумча маалыматтарды келтирдик.


районундагы Туткуй, Жети-Өгүз районундагы Шалба (6 үй-бүлө), Покровка районундагы Сүттүү-Булак (5 үй-бүлө), Түп районундагы Көөчү (12 үй-бүлө), Киров районундагы Кара-Буура (20 үй-бүлө), Бакайыр (20 үй-бүлө), Бакыян (5 үй-бүлө) айылдарында жашап турушат. Кийинки аталган үч топту, адатта, багыштарга таандык кылышат, бирок бул топтордун көбүрөөк кабардар болгон өкүлдөрү[110] өзүлөрүнүн теги боюнча жалпы эле черик уруусу менен байланышын олку-солку болбой эле белгилешип, өзүлөрүн кара черик уругуна таандык кылышат.

### Моңолдор

Моңолдор уруусу[111] «Сиюй тучжиде» башка он бир уруу менен бирге кыргыздардын «Батыш ордосуна» кирген негизги төрт уруунун ичинде аталат.

Ар түрдүү саясий окуялардын натыйжасында моңолдор кыргыздардын башка урууларынын жана этнографиялык топторунун арасына чачылып кеткен, кээде гана сейрек учурларда күчтүү феодалдык-уруулук бирикмелердин манаптарында букара абалында турушкан. Моңолдордун эмгекчи калкы кыргыз элинин эң эле укуксуз жана эзилген тобу болгон. Кыргызстан Орусияга бириктирилгенден кийин гана моңолдордун бир бөлүгү бириге алышкан. Октябрь революциясы болоордун алдында бул топ Пржевальск уездинин бүткүл Шаркыратма болуштугунун калкын түзүп турган, анда моңолдордун 1598 кожолугу болгон[112]. Бул болуштук Ат-Башы дарыясынын өрөөнүнүн түндүк бөлүгүндөгү жана Нарын-Тоо кыркаларынан түштүктү карай кеткен, Нарын дарыясы менен аталган кырка тоонун ортосундагы, Тянь-Шандын борбордук бөлүгүндөгү аймактарды ээлеп турган. Бул жерде моңолдор Ала- Мышык, Кара-Тоо, Каш-Кулак, Жан-Булак, Ноот-Булак, Кара-Терек, Таш-Этек, Жалгыз-Арча, Сары-Камыш, Бакал-Булак, Тамчы-Булак, Таш-Күнгөй, Аркар- Булак, Олдомор, Ак-Жар, Талды-Суу, Кызыл-Булак, Саурет-Булак, Даңге-Суу, Мазар-Булак, Кара-Булуң, Уу-Булак, Тогуз-Булак, Шор, Карагайлы-Булак, Калмагаш, Оруктам, Бороонду, Ичке-Суу, Сасык-Булак, Кайыңды, Төө-Жайлоо, Бурган-Суу, Чаар-Айгыр, Шарыго, Күрпек-Көк, Чар, Аң-Коргон, Көк-Жар, Дөбөлү, Алыш, Кожо-Үңкүр өрөөндөрүндө жашап турушкан.

www.bizdin.kg



*9-сүрөт.* Моңолдор уруусунун структурасы

Моңолдордун бул тобунун ичинде төмөнкү бөлүкчөлөр аныкталды: куу сөөк, чолок туума, чагыр, кара тукуму, бакы, бала кыйра, куттугай, түркмөн.

Моңолдор Шаркыратма болуштугунан башка да, чекир саяктар жана өйдө чектилер менен кошуна болуп, ошол эле уезддин Чоро болуштугунун кээ бир айылкыштактарында, Кароол-Таш, Бешик-Саз, Кыргыз-Кырчын, Мазар, Туткуй, Кара-Жар, Кур-Терек өрөөндөрүндө мекендеп турушкан, алар 149 кожолукту түзүшкөн[113]. Моңолдордун алда канча чоң эмес тобу (9 кожолук) Эсенгул болуштугунда[114], Чоң-Саз өрөөнүндө, сарбагыштардын арасында жашап турган.

Пишпек уездинде моңолдордун бир кыйла ири тобу Тынай болуштугунда бар экени белгиленди. Алар Кош-Коргон-Арык, Боорду, Алжамбай, Бүркүт, Арсы жана Чым-Булак өрөөндөрүндө, сарбагыштар, кушчулар, баарындар жана башка топтор менен аралаш жашап турат. Бул жерде алардын 176 кожолугу бар, алардын ичинен135 кожолук өз алдынча жамаатты түзөт. Моңолдордун 73 кожолугу Ысык-Ата болуштугунда (Кара-Тоо өзөнү), солтолордун ичинде, 57 кожолугу — Талкан болуштугунда солтолордун ичинде (Жантай-Кыпчак, Узун-Булак, Ала-Арча, Оро-Башы, Чили-Төрткүл, Боз-Бөлтөк өрөөндөрүндө), 22 кожолугу Жамансарт болуштугунда (Кул-Байтал, Чолок-Булак өрөөндөрүндө), 29 кожолугу Сарыбагыш болуштугунда жашап турушкан[115]. Олуя- Ата уездинде моңолдордун чакан тобу (19 кожолук) монгол деген ат менен Кара-Буура болуштугунда (Айгыр-Таш өрөөнүндө), багыштардын арасында жашап турат[116].

Моңолдор уруусунун структурасы акыркы мезгилге чейин ачык эмес болуп келди. В. В. Радлов «монгулдар уругу» бугу, сарбагыш, солто жана адигине урууларынын арасында бар экендигин белгилеген[117]. Н. А. Аристов да жалпы эле

моңолдор уруусу жөнүндө өтө кыска жана жалпы маалыматтар келтирүү менен чектелип, аны «жат аралашма» катарында караган[118].

Кыргызстандын комплекстүү экспедициясынын этнографиялык отряды карыя-моңолдордон бир нече жолу сураштыруунун негизинде моңолдор уруусунун негизги бөлүкчөлөрү менен уруктарын жана алардын бири бири менен катышын аныктай алды. Уруу төрт бөлүккө бөлүнөт (9-сүрөт): улуу кыйра, бала кыйра, бай моңгол жана бөгөнөк.

Азыркы учурда өзүлөрүн моңолдорбуз деп аташкан кыргыз калкынын топтору, негизинен Тянь-Шань облусунун Ат-Башы жана Нарын райондорунун аймактарында топтолгон, ошондой эле Түндүк Кыргызстандын башка райондорунда да жолугат[119]. Бул топтордун жашаган жерлери 9-таблицадан көрүнүп турат.

*9-таблица*

Теги боюнча өзүлөрүн моңолдор уруусуна таандык кылган кыргыздардын азыркы жашап турган жерлери


| Аталышы | Элдүү пункттар |
|---|---|
| 1 | 2 |
| БӨГӨНӨК | |
| Куу сөөк | Ат-Башы (30 үй-бүлө), Каш-Кулак Ат-Башы району; Жан-Булак, Таш-Булак, Кызыл-Үңкүр, Мээнеткеч Куланак району; Ново- Михайловка, Чым-Коргон (65—70 үй-бүлө) Быстровка району; Нарын шаары (20 үй-бүлө) '1 |
| Чолок туума | Теке-Секирик Нарын району; Нарын шаары (10 үй-бүлө); Кара- Суу (50 үй-бүлө) Кочкор району; Куланак (10 үй-бүлө) Куланак району; Ново-Михайловка, Самансур Быстровка району |
| Сырдыбай | Ак-Моюн Ат-Башы району; Көк-Жар (20 үй-бүлө) Куланак району |
| Кабай | Ак-Жар Ат-Башы району |
| Олжобай | Ак-Моюн Ат-Башы району |
| Чагыр | Каш-Кулак, Ак-Жар Ат-Башы району |
| Маани | Бууган-Тал деген жер Куланак району; «Бирлик» колхозу Ат- Башы району; Самансур Быстровка району |
| Кара моңолдор | Самансур (15 үй-бүлө), Чым-Коргон Быстровка району |
| Карга | Самансур (70 үй-бүлө) Быстровка району |
| Абдик | Кара-Суу Кочкор району |
| Кара тукуму | Нарын ш. (22 үй-бүлө), Үйүрмө (60—70 үй-бүлө) Ат-Башы району; Жан-Булак, Таш-Булак, Кызыл-Үңкүр Куланак району; Теке-Секирик жана Эки Нарын Ортосу Нарын району |
| УЛУУ КЫЙРА | Бака-Булак (10 үй-бүлө) Чүй району |
| Бакы | Ак-Муз (220 үй-бүлө) Ат-Башы району; Нарын ш. (65 үй-бүлө) |
| Жакаш | |
| Үч урук | |
| Ыңырчак | |
| Сарык | |
| Самтыр | |
| Итий бас | Ак-Моюн Ат-Башы району |
| Тогуз ууду | Ак-Моюн, Ак-Муз Ат-Башы району |

| | |
|---|---|
| БАЛА КЫЙРА | Алыш, Ийри-Суу, Дөбөлү, Бас-Кыя (10 үй-бүлө), Тогуз-Булак (5 үй-бүлө), Жергетал (10 үй-бүлө), Кайынды, Таш-Башат, Төө-Жайлоо турагы, Кара-булуң Нарын району; Нарын ш. (15 үй-бүлө), Самансур жана Өзгөрүш (25 үй-бүлө) Быстровка району |
| БАЙ МОҢГОЛ | Нарын ш. (20 үй-бүлө), Теке-Секирик турагы Нарын району |

Моңолдор (бөлүкчөлорүнүн аталыштары аныкталбаган бойдон калды) төмөнкү элдүү пункттарда да жашайт: Таш-Булак (5 үй-бүлө) Ат-Башы району; Пионер (5 үй-бүлө) Куланак району; Көнөрчөк (60%), Туткуи (60%), Ак-Чий (15-20%), Дөрбөлжүн Ак-Талаа району; Электор (15 үй-бүлө), Тогуз-Булак (7 үй-бүлө), «Теңдик» колхозу (50%), Дөң-Алыш (40 үй-бүлө) Кочкор району; Чаек (10 үй-бүлө), Кара-Баткак (4 үй-бүлө), Бирлик (7 үй-бүлө) Жумгал району; Алмалуу ( 9 үй-бүлө), Боорду (15 үй-бүлө) Быстровка району; Сайлык (көпчүлүгү), Жаңычек (3 үй-бүлө), Кош-Коргон (5 үй-бүлө), Кегети I жана II (30 үй-бүлө), Мичурин (бир нече үй-бүлө) Чүй району; Күрпүлдөк (25 үй- бүлө), Жайылма (20 үй-бүлө), Кара-Жол (35%), Чорголу (10 үй-бүлө), Кум-Арык (45 үй-бүлө), Чолок-Кайыңды (10 үй-бүлө), Букара (20 үй-бүлө), Эркин-Сай (15 үй-бүлө) жана Орто-Кайырма (6 үй-бүлө) Панфилов району; Кучкач (20%), Эриктүү (10%), Жекен (25%), Ийри-Суу (20 үй-бүлө), Сары-Гоо (10%), Моңолдор (60%), Кара-Суу (10%) Калинин району; Чоң-Арык (5 үй-бүлө) Петровка району; Сай (30 үй-бүлө), Чыгыш Сокулук (12 үй-бүлө) Сокулук району; Мааке — Беш-көрүк (12 үй-бүлө) Сталин району; Орто-Алыш (30% чейин), Арчалуу (30%), Кашка-Суу (60 үй-бүлө) Кызыл-Аскер району; Пылан-Сай (50%), Үкү (Октябрьский — 50%) Ивановка району; Совет (13 үй-бүлө), Тар-Суу жана Калмак-Ашуу (3 үй-бүлө) Кемин району; Маман (Октябрьское) (4 үй-бүлө) Пржевальск району; Курбу жана Тепке Түп району; Шалба (5 үй-бүлө) Жети-Өгүз району. Моңолдордун монгол деп аталган чакан тобу (7-8 үй-бүлө) Киров районундагы Кара-Буура айылында багыштардын ичинде жашайт.

### *Азык*

Изилдөөчүлөр адатта азык (асык) уруусун кээ бир башка уруулардай эле кыргыз элинин оң канатынын ичиндеги өз алдынча уруу катарында эсептешкен эмес, аны сарбагыш жана солто урууларынын уруктарынын бири катарында карашкан. В. В. Радлов жана Н. А. Аристов азык тобун (алардын жазганы боюнча — ассык) кыргыз элинин негизги «сөөктөрүнүн» бири деп эсептешкен[120] (жетиген уруусу жөнүндөгү маалыматтарды карагыла).




*10-сүрөт.* Азык уруусунун структурасы

Азык уруусу кыргыз элинин эң байыркы компоненттеринин катарына кирет деген пикирге макул болуу менен бирге, биз бул топту өткөн мезгилдеги башка, бир кыйла ири урууларга кошуунун жаңылыштык экендигин да моюнга алышыбыз керек, анткени генеалогиялык уламыштар жана бул уруунун мүчөлөрүнүн өздүк аң-сезими анын түпкү теги боюнча өз алдынча турган уруу экендигин айгинелеп турат. Азык тобун сарбагыш уруусунун бир «бөлүкчөсү» деп эсептеп, муну менен көптөгөн кийинки авторлорго азыкты сарбагыштарга кошууга негиз берүү менен, В. В. Радлов, сыягы, азыктардын көпчүлүгү сарбагыш уруусунун тыгыз курчоосунда же сарбагыштар менен аралаш жашагандыгын көңүлгө алса керек. Бирок бул жагдай, албетте, азыктарды сарбагыш уруусунун курамына киргизүүгө негиз боло албайт. Сарбагыштардын өзүлөрүнүн билерман санжырачылары да сарбагыш уруусунун негизги бөлүкчөлөрүн аташканда азык тобун эч качан кошушкан эмес. Өткөн учурда азыктарды сарбагыш уруусуна кошуунун негизги себеби — алар көпчүлүгүнө сарбагыш манаптарынын букаралары болгондугунда, ушундан улам алар үстөмдүк кылып турган манап кайсы уруудан болсо өзүлөрүн ошол урууга таандык кылууга милдеттүү болушкан.

1912—1913-жылдарда жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн маалыматтарына караганда өзүн «азык» (асык) деген «ата-бабаларынын аты менен аташкан топтор, ошондой эле, бай күчүк, эсенгелди, үмөт, кашкелең[121], козугуна, татык (тойтук), белек, токтогул, жумаш, бөрү Пишпек жана Пржевальск уезддеринин алты болуштугунун көптөгөн айыл-кыштактарында жашап турушкан. Пишпек уездинде бул топтор Пишпек уездинин Кочкор болуштугунун бүткүл калкын түзүп турган (чечей тобунун 39 кожолугун кошпогондо). Бул жерде алар 911 кожолук болгон (Ак-Учук, Тармал-Саз, Узун-Булак, Кара-Суу, Түндүк, Кыргоо, Чекилдек, Оро-Башы, Туз, Ак-Жар ж.б. өрөөндөр). Тынай болуштугунда азыктардын 192 кожолугу болгон (Сай, Орто-Токой өрөөндөрү), Шамшы болуштугунда 38 кожолук[122] (Туура-Кайың, Ак-Жалпа өрөөндөрү), Сарыбагыш болуштугунда 27 кожолук жана Жамансарт болуштугунда 12 кожолук болгон. Пржевальск уездинде азыктардын чоң тобу (350 кожолук) Шатен болуштугунда жашап турушкан (Кара-Токой, Ак-Тал, Кудук, Кекилик,

Байкөнчөк, Борке, Сай-Булак, Чоң-Булак ж.б. өрөөндөр). Ошол эле уезддин Эсенгул болуштугунда азыктардын 132 кожолугу болгон (Ботош, Көлмө, Кара-Коюн, Аң-Тоо, Самар, Миң-Булак, Кошой-Коргон)[123].

Азык уруусунун негизги бөлүкчөлөрү: козугуна, бычман, бай күчүк жана бөрү болгон (10-сүрөт). Бөрү бөлүкчөсүнүн түп атасы Бөрү бир божомол боюнча, аял жагынан Байкүчүктүн тукуму (анын карындашынын уулу, б.а. , жээни) болгон, башка бир божомол боюнча — Башкурттун ( б.а. башкырттын) жана Кашкелеңдин карындашынын уулу, үчүнчү бир божомол боюнча — Азыктын жээни, төртүнчү божомол боюнча — Теги башка адам болгон жана Кашкелең аны 10 жаш курагында 9 эчкиге сатып алып, жээним деп атап койгон. Ошондуктан, кээде бөрү бөлүкчөсүн азыктардын башкы бөлүкчөлөрүнүн катарына кошушпайт. Айрым информаторлордун айткандарына караганда козугуна бөлүкчөсү бычман бөлүкчөсүнүн бир бөлүгү болуп саналат. Ошондой болсо да азыктардын негизги төрт бөлүкчөсүнүн санына жараша төрт эн тамгасы бар (төрт тамгалуу азык) деп эсептелип калган[124].

Азыктардын улуу муундарынын өкүлдөрүнөн алынган маалыматтар өзүлөрүн азык уруусуна таандык кылып жүрүшкөндөрдүн укум-тукумдарынын азыркы учурда жашап турган жерлерин аныктоого мүмкүндүк берди (10- таблица).

Көрсөтүлгөн айыл-кыштактардан башка да азыктардын майда топтору төмөнкү айылдарда да бар экендиги аныкталды: Кашкелең, Самансур, Узбек- труд (20 үй-бүлө), «Кызыл-Октябрь» совхозунун кыштагы Быстровка району; Калмак-Ашуу, Үч-Урук, Кара-Булак жана Тар-Суу Кемин району; Кызыл-Эмгек Куланак району; Көөчү (6 үй-бүлө) Түп району; Чолок-Кайыңды Панфилов району; Орузбай, Кучкач (60%) Калинин району; Ворошиловское (Үкү, көпчүлүгү) Петровка району; Будённый (90%), Сайлык (5 үй-бүлө), Кара Дөбө (10 үй-бүлө), Дөң-Арык, Мичурин (7 үй-бүлө), Он Бир-Жылга (20 үй-бүлө), Ворошилов атындагы колхоз (15 үй-бүлө) Чүй району.

*10-таблица*

Теги боюнча өзүлөрүн азык уруусуна таандык кылган кыргыздардын азыркы жашап турган жерлери

| Аталышы | Элдүү пункттар |
|---|---|
| 1 | 2 |
| БЫЧМАН | Талаа-Булак, Дөң-Алыш, Ак-Чий, Чолпон Кочкор району, Чым- Коргон (65 үй-бүлө) Быстровка району |
| Добой (Дообай) | Ак-Жар Кочкор району, Он Бир-Жылга Чүй району |
| Топон | Оро-Башы Кочкор району |
| КОЗУГУНА | Ак-Жар, Чолпон, Эпкин, Узун-Булак, Ара-Көл, Ак-Чий, Тармал- Саз, Оро-Башы, Туз, Ак-Учук, Ак-Талаа Кочкор району |
| Үмөт | Эпкин Кочкор району |
| Кара азык | Жаңы-Тилек Куланак району |
| БАЙ КҮЧҮК (негизинен Бекечал) | Узун-Булак Кочкор району, Талаа-Булак, Ак-Жар, Кара-Суу Ат-Башы району |
| Жалжабаш, Жумаш, Кожош } | Кара-Коюн (100 үй-бүлөдөн көбүрөөк) Ат-Башы району |
| Жаман | Ак-Тал-Чат Ак-Талаа району (100%) |
| Баймат | Ат-Башы Ат-Башы району |
| Сөлпү | Жумгал районунун Көк-Ой сельсовети (бир аз санда) |
| БӨРҮ | Ак-Жар, Ак-Талаа, Мамай Кочкор району |


www.bizdin.kg

### Багыш[125]

Түндүк Кыргызстандын аймагында багыш уруусунун өкүлдөрү негизинен Талас өзөнүнүн өрөөнүндө жашаган. Бул уруунун бөлүкчөлөрүнүн көпчүлүк бөлүгү узак мезгилден бери Фергана облусунун мурдагы Наманган уездинин аймагында жашап келген. Таластык багыштар өзүлөрүнүн мурда кайсы урук- урууга бөлүнүп келгенин начар билишет (11-сүрөт), бирок багыштардын түштүк топторунун курамы жана структурасы жөнүндөгү маалыматтары анчалык так эмес. Ошондуктан, биздин маалыматтарыбыз менен багыштардын түштүк топторду изилдөөнүн натыйжасында алынган маалыматтардын ортосунда кээ бир ажырымдыктардын болгону толук табигый нерсе[126]. Ар түрдүү информаторлордун тигил же бул уруктун, жалпы эле багыш уруусунун ири бөлүкчөлөрүнүн кайсынысына таандык экендиги жөнүндө берген маалыматтары да дайыма эле дал келе бербейт.

Олуя-Ата уездинин Бакайыр болуштугунда Наймандын тукумдары болгон багыштардын 265 кожолугу болгон. Алар Узун-Булак, Чоң-Коргон, Жар-Арык, Чалпылдак, Кара-Сай-Башы, Көк-Төбө, Беш-Алыш, Беш-Мойнок, Талды-Усай, Жоон-Арык, Ак-Жар-Арык, Ак-Башат, Көк-Жар-Арык, Ак-Таш-Арык өзөндөрүндө, Бакайыр өзөнүнүн боюнда жашап турушкан. Кытай жана кушчу урууларынын топтору алардын жакын коңшулары болгон[127]. Ошол эле уездин Кара-Буура болуштугунда кытай тайпалары менен тыгыз кошуналыкта багыштардын айман, чычар, куттуксейит, төмөн чекти жана ак көйнөк уруктары менен тайпалары жашап турушкан. Алардын конуш жайлары Төрт-Күл, Акыр-Таш, Кош-Кашат, Кош-Арал, Ак-Бото, Шейталы, Сарымсак-Арык, Айыр-Там, Чычар-Арык, Кордой, Бакыян, Кош-Дөбө, Жеңишке-Сай өрөөндөрүндө орун алган. Баардыгы болуп, бул болуштукта багыштардын 384 кожолугу болгон[128].

Азыркы учурда өзүлөрүн ата-теги боюнча багыш уруусуна таандык кылып жүрүшкөн Талас дарыясынын өрөөнүндөгү калк Киров районунан орун алган. Анын курамынан улуу муундар 11 таблицада көрсөтүлгөн бөлүкчөлөр менен уруктарды айырмалап айтышат.




*11-сүрөт.* Багыш уруусунун структурасы

Мындан башка да Кара-Буура жана Бакайыр айылдарында өздөрүн черик жана моңолдор урууларына таандык кылган чакан топтор жашап турат. Алар өзүлөрүн

багыш тукумубуз дешпейт, биринчилери өздөрүн оң канатка кирген черик уруусунун бир уругуна (өздөрүн «кара черик» деп аташат), экинчилери — моңолдор уруусуна (ошол эле канаттын) таандык кылышат. Ал эми найман бөлүкчөсүнүн өкүлдөрү өздөрүн түбүнөн багышпыз деп эсептешет, бирок ата-тегин түштүк кыргыздардагы «найман» деп аталган уруу менен байланыштырышпайт. Демек, бул бөлүкчө түпкү атасы — Наймандын ысмы менен аталган бөлүкчө болушу толук ыктымал, мындай учур кыргызда көп учурайт. Киров районундагы Кара-Буура айылынан 54 жаштагы Акымбек Масалбеков өзүн Наймандын сегизинчи муундагы, ал эми 68 жаштагы Жалпетек Баймуратов алтынчы муундагы тукумумун деп эсептешет.

Багыштардын чакан топтору Тянь-Шань облусунун Тогуз-Торо районунда бар болуп чыкты (Казарман жана Кызыл-Жылдыз айылдары). Алар өздөрүн ожубак бөлүкчөсүнө кирген кандуу моюн уругуна таандык кылышат. Мындан башка да багыштардын 10—12 үй-бүлөсү ошол эле облустун Ат-Башы районунда да турушат (Ак-Жар айылы). Чүй районунун Кара-Дөбө айылында жашап, кошпычак деп атаган чакан топ (7 үй-бүлө) да өздөрүн багыштарга таандык кылышат.

*11-таблица*

**Теги боюнча өздөрүн багыш уруусуна таандык кылган кыргыздардын азыркы жашап турган жерлери**

| Аталышы | Элдүү пункттар |
|---|---|
| Узун чекти | Кара-Буура, Бакайыр |
| Ала куржун | Кара-Буура, Бакыян |
| Баястан | Кара-Буура, Бакайыр |
| Ырай } Тойчу } | Бакайыр |
| Төмөн чекти } Каткан } | Бакыян |
| Чычар | Кара-Буура |
| Элтинди } Сарыгул } | Кара-Бууранын оозу |
| Сарымсак | Кара-Буура |

## *Суу мурун*

Чүй өрөөнүнүн чыгыш бөлүгүндө, солто уруусу (бөлөкбай бөлүкчөсү) менен чектеш жашап турган суу мурун тобу илгертен эле солто уруусунун бир бөлүкчөсү катары эсептелип келген. Айрым бир генеалогияларда суу мурундардын ата-бабасы солто уруусунун түп атасы — Эштектин уулу деп айтылат. Бул маселени бир кыйла көңүл коюп иликтеп көргөнүбүздө суу мурун тобунун ата-теги боюнча багыш уруусуна жакын экендиги жана ал өз алдынча уруу катарында каралууга тийиш экендиги аныкталды.

Бул пикир суу мурун тобунун мурда Олуя-Ата менен Меркенин орто аралыгында, Сыр-Дарыя облусунун аймагында жашап тургандыгы менен да ырасталып отурат, бул топ ал жактан болжол менен XIX кылымдын орто ченинде ооп келишкен[129].

Октябрь революциясы болоор алдында суу мурун уруусу Пишпек уездинин Бөлөкбай болуштугунун негизги калкын (1339 кожолуктун 1082 ин) түзгөн. Суу мурундар Кегети жана Ысык-Ата өзөндөрүнүн аралыгында, ушул өзөндөрдөн чыгарылган арыктардын бойлорунда, Кара-Тоо өзөнүндө жашап турушкан. Мындан башка да суу мурундардын Шамшы болуштугунда 88 кожолугу жана Талкан болуштугунда (Шералы өрөөнүндө) 8 кожолугу болгон[130].

www.bizdin.kg


«Суу мурун» деген аталышты уруунун түп атасы — Нурмамбеттин ылакап аты болгон деп эсептешет (12-сүрөт). Калмакы уругун кээ бир изилдөөчүлөр суу мурун уруусуна кошулган үч калмактын тукумдары, башкалары — колго түшкөн калмак кызынын тукумдары катарында карашат, 78 жаштагы Бекбоо Мурзалиев өзүн жетинчи муундагы Балтанын тукумумун деп эсептейт.

Суу мурундардын ичинде алты бөлүкчө бар, алар: үч олжобай, дүйшем, түлкүчөк, тогузак, асамбеки, кара сакал.

Азыркы учурда суу мурундардын урук-тукумдары негизинен Ивановка районунун (Чүй өрөөнү) бир нече айылдарында, жарым-жартылай — башка райондордо жашап турушат.

Суу мурундардын айрым бөлүкчөлөрү менен уруктарынын жашап турган жерлери (конуштары) 12-таблицада көрсөтүлдү.

Тогузак айылында жашап турган тогузак бөлүкчөсүнүн өкүлдөрүн төмөнкү тогузактар деп, ал эми Кызыл-Арык айылында жашагандарды жогорку тогузактар деп аташкан. Суу мурундар, Ворошилов районундагы Узун-Кыр кыштагында да, жана алардын 10—15 тей үй-бүлөсү ушул эле райондун Беш-Күнгөй айылында да бар.




*12-сүрөт.* Суу мурун уруусунун структурасы

*12-таблица*

**Теги боюнча өздөрүн суу мурун уруусуна таандык кылган кыргыздардын азыркы жашап турган жерлери**

| Аталышы | Элдүү пункттар |
|---|---|
| ҮЧ ОЛЖОБАЙ | |
| Чымчык | Чымчык (Бириккен) Ивановка району |
| Шабек | Шабек (Крестьяновка) Ивановка району; Карагай-Булак (10 үй- бүлө) Кант району |
| Бай көнөк | Байкөнөк (Букара) Ивановка району |
| Мал табар | Малтабар жана Төмөнкү Малтабар Ивановка району |
| Жамгырчы | Кара-Тоо Ивановка району |
| Калмакы | Калмакы (30 дай үй-бүлө) Ивановка району |
| ДҮЙШЕМ | Дүйшем Ивановка району; Бос-Бармак (50%) Кант району; Кара-Жол (4 үй-бүлө), Орто-Арык (35%), Каптал-Арык (6—7 үй-бүлө) Панфилов району |
| ТҮЛКҮЧӨК | Кызыл-Арык (Жумаш) Ивановка району; Карагай-Булак (5 үй- бүлө) Кант району |
| ТОГУЗАК | Тогузак (Орто-Жел, 70 үй-бүлө), Кызыл-Арык Ивановка |

| | |
|---|---|
| | району |
| Абылай Тежик Жумаш | Кызыл-Арык (көпчүлүгү) Ивановка району |
| АСАМБЕКИ | Асамбеки Ивановка району |
| КАРА САКАА | Кара-Сакал, Тогузак (50 үй-бүлө) Ивановка району; Чолок-Арык (көпчүлүгү), Кум-Арык (4 үй-бүлө), Чолок-Кайыңды (10 үй- бүлө), Каптал-Арык (3 үй-бүлө) Панфилов району |

## *Баарын*

Анча көп эмес баарын уруусу өздөрүн Тагайдын уулу Кара Чоронун тукумдарыбыз деп эсептешет. Бул уруунун өкүлдөрү бир кыйла топтолгон түрдө Талас жана Чүй өрөөндөрүнүн бир нече айыл-кыштактарында жашап турушкан. Олуя-Ата уездинин Кара-Буура болуштугунда баарындыктар Чымкент жана Айгыр-Жал (Талас дарыясынын) өрөөндөрүндө жашашкан. Алар 131 кожолукту түзгөн[131]. Пишпек уездинин Тынай болуштугунда баарындардын 65 кожолугу Талды-Булак жана Кош-Коргон-Арык өрөөндөрүндө турушкан[132]. Азыркы убакта Киров районундагы Чыбыкент айылынын (Талас өрөөнү) жана Чүй районундагы Кош-Коргон (80 үй-бүлө), Он-Бир-Жылга жана Чүй айылдарынын (экөөндө 13 үй-бүлө), Ворошилов атындагы колхоздун (бир нече үй-бүлө) тургундары өзүлөрүн баарындарбыз деп аташат. Жети-Өгүз районундагы Аң-Өстөн айылында жашап турушкан дөөлөстөрдүн ичинде өздөрүн ата-теги боюнча баарын уруусуна таандык кылган 15 үй-бүлө бар.

Баарындардын майда топтору (3—4 үй-бүлөдөн турган) башка айыл-кыштактарда да, мисалы «Төлөк» совхозунда да жолугат (Тянь-Шань облусу, Кочкор району).

Баарындар Түштүк Кыргызстандын кээ бир айыл-кыштактарында Өзгөн районундагы Кара-Теке деген жерде, Шаныт деген жерде (Кетмен-Төбө колоту) жана Караван районундагы Эренжитте (Ренжит) да жашап турушат.

Баарын уруусунун негизги бөлүкчөлөрү катарында ана баарын жана анда кул бөлүкчөлөрү аталат (13-сүрөт). Бала баарын, сары баарын жана кара баарын бөлүкчөлөрү Баарындын түздөн-түз тукумдары деп эсептелген эмес. Мисалы, бала баарын Баарындын кызынын же карындашынын уулунан тараган (жээнден туулган) деп көрсөтүлөт. Көптөгөн информаторлор ана баарын бөлүкчөсүнө киргендер гана нагыз баарын экендигин белгилешти.


Жанкороздон тараган бардык баарындарды адатта багыш уруусуна кошушат. Бирок, баарындардын арасында багыш уруусуна жакын экенин моюнга алышса да өздөрүнүн өз алдынча турган уруу экендиги жөнүндө пикир кеңири тараган.

## *Коңурат*

Коңурат уруусунун өкүлдөрү эчактан бери эле Пржевальск уездинин Чыгыш Жети-Өгүз болуштугунун (азыркы Жети-Өгүз району) аймагында, дөөлөс, кытай жана бугу урууларынын топтору менен кошуна болуп, анча чоң эмес топ түрүндө жашап турган. Бирок, Октябрь революциясы болоордун алдында жүргүзүлгөн изилдөөдө Пишпек уездинин Сарбагыш болуштугунда гана коңураттардын чакан тобу (11 кожолук) бар болуп чыккан[133].

www.bizdin.kg

Кыргыз ССРинин Ош облусунан жазылып алынган карыялардын айткандары боюнча, азыр Ош облусунун Кара-Суу, Гүлчө жана Совет райондорунда жашап турган коңураттардын тукумдары ысык-көлдүк коңураттарды өзүлөрүнүн урууулаштары деп эсептешет. Бул айтылгандар оштук коңураттардын курамында ысык-көлдүк коңураттардын урук-уруу структурасында көрсөтүлүп жүргөн атасары уругунун бар экендиги менен да ырасталып турат (14-сүрөт).




*13-сүрөт.* Баарын уруусунун структурасы

Ошол эле карыялардын айткандарына караганда «Таңатар» деген жалпы ат менен аталган коңураттардын тобу Ысык-Көлдө жашап турган. Биз коңураттардын бул тобу үчүн шарттуу түрдө ушул аталышты кабыл алдык.

Азыркы учурда Жети-Өгүз районунун Чырак (мында энтери, ажыбек, карабек деген бир кыйла майда бөлүкчөлөрү бар улаан тобу), Жоон-Булак, Ичке-Булуң (кара мыкчы жана сары молдолор топтору), Ак-Кочкор (сасбак тобу) айылдарындагы калктын улуу муундары өздөрүн коңуратпыз деп аташат.


Мындан башка да, Жети-Өгүз районундагы Кабак, Түп районундагы Сары-Дөбө, Тянь-Шань облусундагы Кочкор районунун Кара-Суу (15 тей үй-бүлө) айылдарында жана Чүи өрөөнүндө: Кемин районундагы Кара-Булак жана Быстровка районундагы Быстровка айылдарында коңураттардын майда топтору бар экендиги белгиленди.

## *Адигине*

Көптөгөн бөлүкчөлөрү бар адигине уруусу кыргыз элин түзгөн байыркы жана бир кыйла ири уруулардын катарына кирет. XVIII кылымдагы кытай булагы «Сиюй тучжиде» адигине уруусу (Одокна-носток[134] же э-дэ-гэ-на[135]) «батыш кыргыз ордосунун» негизги урууларынын ичинде аталат. Элдик уламыштарда салт боюнча адигине уруусу Тагайды өзүнүн түпкү ата-бабасы деп эсептеген жана оң канатты түзгөн уруулар менен түпкү теги бир уруу катарында каралат. Генеалогиялык уламыштарда Адигине менен Тагайдын бир тууган ага-ини болгондугу айтылат. Алардын ортосундагы чыр-чатактын натыйжасында ар кимиси өз тукумдары менен ар башка жерлерден орун алышкан. Адигиненин тукумдары өздөрүнүн көчүп-конуп жүрүүчү жерлери катарында Фергана жана Алай тоо кыркаларын жана алардын жака-белдерин (тармактарын) жана аларга туташ жаткан Фергана ойдуңунун тоо этектерин ээлешкен. Азыркы учурда бул — Кыргыз ССРинин Ош облусунун аймагы. Тагайдын тукумдары болсо Батыш жана Борбордук Тянь-Шандын тоо кыркалары, Нарын, Суусамыр, Жумгал, Чүй жана башка дарыялардын өрөөндөрү, Ысык-Көл ойдуңу ээлеп турган кеңири тоолуу өлкөгө келип жайгашышат.

Бирок өздөрүн Тагайдын тукумдарыбыз деп эсептешкен уруулар жашап турган айыл-кыштактарда узактан бери эле адигинеликтердин майда топ тору чачыранды түрдө жашап турат. Чүй өрөөнүнүн кыргыз калкынын этникалык курамын изилдөө

процессинде демейде солто уруусунун курамына киргизилип жүргөн асылбаш жана акбуура топтору этникалык жактан адигине уруусуна таандык экендиги аныкталды, булардын биринчилери ардай бутагына, экинчилери — баргы бөлүкчөсүнүн мөнөк бутагына кирет. Ушунун негизинде асылбаш жана акбуура биз тараптан солто уруусунун курамынан чыгарылып, адигине уруусуна таандык кылынды.



*14-сүрөт.* Коңурат уруусунун структурасы

Адигине уруусун бүт бойдон иликтеп, карап чыгуу биздин милдетибизге кирбейт. Түштүк Кыргызстандын кыргыз калкынын этникалык курамын жазып чыгууда Л. Р. Винниковдун макаласында (151-152-бб.) бул урууга мүнөздөмө берилген; анда бул топтун генеалогиялык схемасы да келтирил- ген. Биз 1955-жылы Кыргыз археологиялык-этнографиялык экспедициясы- нын этнография отряды жана СССР Илимдер Академиясынын Памир- Фергана экспедициясынын этнография отряды 1951-жылы Ош облусунан чогулткан материалдардын негизинде адигине уруусунун структурасынын схемасын жарыялоону максатка ылайыктуу деп таптык. Биздин схемабыздын Я. Р. Винников жарыялаган схемасынан айырмасы бар, анткени биз ушул эмгекте өзүбүз тараптан кабыл алынган принципти тутуп, негизинен Түндүк Кыргызстандын аймагында биз тараптан катталган адигине уруусунун айрым уруктарынын генеалогиялык байланыштарын жана адигине уруусунун жалпы структурасында алардын ордун ачып көрсөтүүгө умтулдук.

Айтылган схемага ылайык адигине уруусунун курамында бөрү, кара багыш[136], баргы, жору жана сарттар сыяктуу негизги беш бөлүкчө көрсөтүлдү.

Адигинеликтердин чакан топтору революциянын алдындагы мезгилдерге таандык болгон даректерде эскерилет. Алсак, адигинелер Пишпек уездинин Жамансарт болуштугундагы Темене (32 кожолук) өрөөнүндө, Тынай болуштугундагы Байдам-Тал жана Кызыл-Ооз (27 кожолук) өрөөндөрүндө бар экендиги белгиленген[137]. Ошол эле уезддин башка болуштуктарында сарттар тобунун өкүлдөрү бар экендиги белгиленди, адигине уруусунун негизги бөлүкчөлөрүнүн ичинде сарттар деген ат менен белгилүү бөлүкчөсү бар болгондуктан биз бул топту да адигине уруусуна кошуп жүрөбүз. Качкын

болуштугунда сарттардын 21 кожолугу (Үңкүр жана Чаманды), Каракечин болуштугунда — 8 кожолук (Жар-Там өрөөнү), Кара-Балта болуштугунда — 4 кожолук (Мундуз- Арык боюнча) бар болгон. Тынай болуштугунун Чым-Булак өрөөнүндө сарт деп аталган топ (40 кожолук) бар экени аныкталды. Бул топту биз шарттуу түрдө сарттар бөлүкчөсүнө таандык кылабыз. Качкын болуштугунда Манас, Шор-Тоо, Тулпар жана Кара-Мурза өрөөндөрүндө жаган бөрү бөлүкчөсүнүн, Кара-Мурза өрөөнүндө кар багыш бөлукчөсүнүн өкүлдөрү (17 кожолук) бар экендиги катталды[138].

Биз адигине уруусуна таандык кылып отурган асыл баш жана ак буура уруктары 1912—1913-жылдарда Пишпек уездинин бир нече болуштуктарында жүргүзүлгөн изилдөөлөрдө да белгиленген. 258 кожолуктан турган асыл баштар Чыгыш-Сокулук болуштугунда, ак бууралар Багыш (9 кожолук, Малтабар өрөөнү), Батыш-Сокулук (19 кожолук), Чыгыш-Сокулук (66 кожолук) жана Талкан (95 кожолук), Кара-Суу, Шамен өрөөндөрү) болуштук- тарында жашап турган[139].

Кыргыз археологиялык-этнографиялык экспедициясынын этнография отряды тарабынан аныкталган адигинеликтердин майда топтору 13-таблицада көрсөтүлдү.

*13-таблица*

Теги боюнча өздөрүн адигине уруусуна таандык кылган кыргыздардын азыркы жашап турган жерлери

| Аталышы | Элдүү пункттар |
|---|---|
| БӨРҮ | |
| Жүктү | Табылгыты (60%), Кара-Мурза (70%) Тогуз-Торо району |
| КАРА БАГЫШ | |
| Бостон | Табылгыты, Кара-Мурза (30%) Тогуз-Торо району; Жаңы-Тилек Куланак району |
| Назаркул (аблай, ашыке) | Жоон-Булак (15 үй-бүлө), Жети-Өгүз (11 үй-бүлө) Жети-Өгүз району |
| БАРГЫ | Дөрбөлжүн Ак-Талаа району; Кара-Ой, Кадыраалы Куланак району |
| АРДАЙ | Чоң-Алыш (15—20 үй-бүлө), Кара Булуң, «Коммунизм» колхозу Кочкор району; Маман (Октябрьское) Пржевальск району |
| Асылбаш* | Жайылма (4 үй-бүлө), Орто-Арык Панфилов району |
| Кудай менде | Октябрьское (Асылбаш I) Сталин району; Көтөрмө (Арал, 25 үй-бүлө) Сокулук району |
| Сартек | Октябрьское, Асылбаш II Сталин району |
| Сасман } Жолон | Октябрьское Сталин району |
| Кенже | Асылбаш II Сталин району |
| Көчөк | Чапай (Жыламыш, 60 үй-бүлө) Сокулук району |
| Дорбо баш | Кызыл-Жар (Төлөк, 60 үй-бүлө) Сокулук району |
| Меңсейит | Октябрьское Сталин району |
| МӨНӨК | |
| Акбуура** | Чоң-Жал (70% жакын, ЮОдөн көбүрөөк үй-бүлө), |

* Мындан 40 жылдан көбүрөөк убакыт мурда А. Соколов тарабынан жарыяланган (көрсөтүлгөн чыгарма, № 57) асылбаш уругунун структурасынын схемасы биз алган маалыматтар менен дээрлик толук дал келди. Негизинен алда канча алыскы ата-бабалардын бутактары боюнча айрым бир ажырымдыктар бар. А. Соколовдо төмөндөөчү сандык тартипте төмөнкү муундар аталган: нарзай (ардай — С. А.) —> сарай —> асан —» асылбаш —> тоскул —> танкатар —> токто (Танкатардан койсары жана эсенгелди муундары да көрсөтүлгөн) жана андан ары биздин схемада кандай болсо, ошондой (15-сүрөт). Биздин информатор, 49 жаштагы Жусуп Майчаков өзүн Асылбаштын онунчу муундагы тукумумун деп эсептейт.

| | |
|---|---|
| | Байгелди Кызыл-Аскер району; Жедигер (11 үй-бүлө) Кант району; Жайылма (6 үй-бүлө), Кара-Жол (4 үй-бүлө), Юрьевка (11 үй-бүлө) Ивановка району; Быстровка (3 үй-бүлө) Быстровка району; Түлөберди (6 үй-бүлө) Сталин району; |
| Кара сакал | Кара-Сакал (55 үй-бүлө), Көтөрмө жана Кызыл-Жал (Төлөк, 15 үй-бүлө) Сокулук району; Күрпүлдөк (20 үй-бүлө), Кум-Арык (3 үй-бүлө) Панфилов району |
| Чеке чабар | Көтөрмө (30 үй-бүлө), Белогорка (4 үй-бүлө) Сокулук району |
| Сарттар | Чолок-кайыңды (20 үй-бүлө) Панфилов району; Арал (50%), Жон-Арык (20%), Кызыл-Октябрь (25%) Калинин району; Кара-Дөбө (9 үй-бүлө) Чүй району; Кызыл-Кыргызстан (9 үй-бүлө), Орто-Кууганды (6 үй-бүлө) Жумгал району; Өзгөрүш (7 үй-бүлө), Атай, Алмалуу (7 үй-бүлө) Быстровка району |
| ЖОРУ | Дархан жана Чычкан (10 үй-бүлө) Покровка району (Ысык- Көл кылаасы) |

Мындан башка да адигинелердин өкүлдөрү көпчүлүгүндө чакан топтор түрүндө төмөнкү конуштарда жашап турушат: Кошой-Коргон Ат-Башы району; Кызыл-Кыргызстан (5 үй-бүлө) Жумгал району; Чолпон жана Сары- Тологой Түп району; Чым-Коргон, Атайке Быстровка району; Ак-Башат (20 үй-бүлө) Сталин району; Баш-Кара-Суу (50%) Кызыл-Аскер району; Үр-Марал Ленинполь району; Ойронду (30 үй-бүлө) Панфилов району.

## *Саруу*

Саруу уруусу Талас дарыясынын өрөөнүндө жашаган жана оң канат деп аталганды түзгөн уруулардын ичинде бир кыйла көп сандагы уруу болгон. А. И. Макшеевдин 1867-жылга таандык болгон маалыматтары боюнча Олуя- Ата уездин конуштап турган Кыргыздардын 2250 кожолугунун ичинен 1500ү «Саруу уруусуна» таандык болгон[140]. Саруу уруусунун негизги бөлүкчөлөрү: ай тамга, жети уруу, бош моюн, агынай, алакчын, кырк уул, колпоч (же төңтөрт) болгон (16-сүрөт). Андан ары тогунай жана кош кулак бөлүкчөлөрү айтылат. Элдик салтка ылайык, Тагайбердинин (Тубайдын уулу) бардык тукумдарын ай тамга деп, ал эми Меңдинин (Меңдикара же Карамеңди — Тубайдын уулу) тукумдарын — Мендиден тараган жети уруктун саны боюнча жети уруу деп аташкан. Алты уруктун аталыштары жөнүндө көпчүлүк информаторлордун айткандары дал келди, жетинчи урукту кээ бирөөлөр кызыл кулак деп аташат; башкалары болсо кызыл курт деген дагы бир урукту кошушат (ошондой эле кызыл курт деген бул Кызыл-кулак деген ысымдагы адамдын ылакап аты деп да божомолдошот). Кээде жети уруунун курамына чалкан деген дагы бир урукту киргизишет, бирок бул бизде шектенүүнү пайда кылды, анткени балыкчы уругунун өкүлдөрү Чалканды Балыкчынын тукуму деп эсептешет экен.

Бош моюн бөлүкчөсүнүн аталышы түпкү атанын ылакап атынан улам келип чыккан. Бул түпкү атанын өз аты Жээнбай болгон имиш. Аны Муратаалынын кызынын уулу (туугандык номенклатура боюнча — жээн) деп эсептешет. Муратаалынын кызынын күйөөсү теги боюнча чоң багыш уруусуна таандык болгон Аскар деген адам экен. Демек, бош моюн бөлүкчөсү саруу уруусунан чыккан эмес,

** Мамбеталы Андабеков, 82 жаш, өзүн Акбууранын 10 муундагы тукумумун деп эсептейт.

бирок, сыягы, алыскы бир өткөн заманда саруу уруусуна сиңишип кеткен болуу керек. Бекбоо Дүйшөбаев өзүн Бошмоюндун онунчу муундагы тукумумун деп эсептейт.

Агынай уругунун түпкү тегин баары (булардын ичинде анын өз мүчөлөрү да) казакка таандык кылышат. Бул уруктун түпкү атасы Күрпүк казактардын агынай уругунан чыккан имиш. Ырас эле, казактардын кичи жүзүнүн курамында тама уруусунун бөлүкчөлөрүнүн бири — ахынай тобу болгон[141]. Азыркы учурда агынайлар өздөрүн бош моюн бөлүкчөсүнө кошуп жүрүшөт, а түгүл Бош-моюн менен Агынайды бир тууган деп эсептешет. Асыранкул Итийбаев өзүн Күрпүктүн он экинчи муундагы тукумумун деп эсептейт.

Алакчын деп аталган чоң бөлүкчөнүн да теги башка деп эсептелет. Анын түпкү атасы согуш учурунда колго түшүп, туткундарды бөлүштүрүүдө Тубайдын уулу — Муратаалынын энчисине тийген экен. Азыркы учурда карыялар ата-бабалары боркемик, агынай, бош моюн жана алакчын уруктарына таандык болгондордун баарын алакчындар деп аташат. Сүйүнбек Ысаев өзүн Алакчындын он экинчи муундагы тукумумун деп эсептейт.

Информаторлордун кырк уул бөлүкчөсүнүн ичиндеги уруктардын курамы жөнүндөгү маалыматтарында бир аз айырмачылыктар бар. Кулсейит, кулучу жана теңечим уруктарынын кырк уул бөлүкчөсүнүн курамына кирет дегенге

баары эле макул эмес. Кээ бирөөлөр, мисалы, теңечим өз алдынча бөлүкчө жана ал кырк уул менен бирге Саруунун Жамаке деген уулунун тукумдары болуп саналат дешет. Айтылган пикирлердин бирөөсү боюнча келдей менен беш каман байсу (же байзу) уругунан чыккан.

Колпоч (колпош) бөлүкчөсү жөнүнө келсек, биздин схемабызда (16-сүрөт) бул бөлүкчөнүн түпкү атасы Чанчакты (же Жанчакты) согуштан кийин кармалып, Төңтөрт бийдин колуна тийген аялдан туулган деген вариант кабыл алынды. Башка пикирлер (варианттар) да бар. Алардын бири боюнча Колпоч Саруунун уулу Томолоктун тукуму болуп саналат. Колпоч бөлүкчөсүндөгү кубулек уругу жөнүндө да ар башка пикирлер бар. Бирөөлөрү Кубулекти Колпочтун бир тууганы, башкалары — анын экинчи аялынан төрөлгөн уулу (биздин схемабызда ушул пикир кабыл алынды) дешет.

Түндүк Кыргызстандагы саруу уруусунун өкүлдөрүнүн көпчүлүгү Талас дарыясынын өрөөнүнүн батыш бөлүгүнө топтолгон[141а].

Октябрь революциясы болоор алдында алар Олуя-Ата уездинин бир нече болуштуктарында жашап турган, айрыкча алар Боо-Терек, Беш-Таш, Кеңкол жана Үч-Коргон болуштуктарында бир кыйла тыгыз жайгашышкан [142]. Эң ири алакчын бөлүкчөсү (1300 кожолук) Беш-Таш, Үч-Коргон болуштуктарынын бир нече өрөөндөрүн ээлеп турушкан, анча көп эмес санда Кеңкол (125 кожолук), Боо-Терек (78 кожолук) жана Күркүрөө (35 кожолук) болуштуктарында жашап турушкан. «Материалдарда» алакчындардын ичинде берен, эрегул, кубатбек, түйтө, жаныбек, акпай, чиркей, ажибек, бекмурат, маматбай, мандалак, жол болду, алчикен, боруке, шаабото, сатыкей уруктарынын топтору да аталган.

Саруунун бөлүкчөлөрүнүн ичинде мындан кийинки орунду «жети уруу» ээлеп турган, аларда миңден ашык кожолук болуп, дээрлик бүт бойдон Беш-Таш болуштугунун аймагында жайгашкан. Жети уруунун курамында бөлөк чал, түкөк, кашка таман, жол жакшы, оготур, сакоо жана балыкчы деген уруктар бар экендиги белгиленген.

Өзүнө колпоч деген чоң урукту камтыган төңтөрт бөлүкчөсү 847 кожолуктан турган. Колпоч уругу негизинен Кеңкол, ошондой эле Кара-Кол жана Беш-Таш болуштуктарында жайгашып турган. Төңтөрт бөлүкчөсүнүн калган өкүлдөрү Кара-Буура жана Беш-Таш болуштуктарын конуштап турушкан. «Материалдарда» бир

кыйла майда урук топторунун ичинде кустай, ак кийиз, кесек сары, болот, токтук, мамбет, чочой, бүрө, баба, чүңү, айдарбек, кубулек аталган.

Ай тамга бөлүкчөсү негизинен Боо-Терек болуштугунда жашап турган. Ай тамгалыктарда 650 гө жакын кожолук болгон. Алар төмөнкү топтордон турган: баркы, жалпак тил, чаян, пишпек, жоддрш, төбөт, очок, түктүү курт, кенже, чаңгыл, аңдабай жана бала саруу. Акыркы топ Үч-Коргон болуштугунда жашап турган.

436 кожолуктан турган бош моюн бөлүкчөсү Боо-Терек болуштугунда жашаган, бирин-серини гана башка болуштуктарда учураган. Бош моюндардын ичинде рысмат, туума, кенембай, эшим, календер жана сонон топтору айырмаланган.

Кырк уул бөлүкчөсүнүн кыштоолору негизинен Үч-Коргон жана Кеңкол болуштуктарында, азыраак санда Кара-Буура болуштугунда орун алган. Бул бөлүкчөдө 337 чарба болгон. Ага байсу, теңечим, келдей, мачак, мамаяр уруктары кирген.

Саны анчалык көп эмес кош кулак бөлүкчөсү Кара-Буура болуштугунда жашап турган.

Саруулардын бир аз санда Пишпек уездинде бар экендиги белгиленген: Жамансарт болуштугунда алардын 34 кожолугу, Сарбагыш болуштугунда — 68 кожолугу болгон[143].

Улуу муундардын эсинде аттары сакталып калган ошол эле топтордун азыркы учурда жашап турган жерлери 14-таблицада көрсөтүлдү (кээ бир учурларда Талас өрөөнүнөн тышкары турган айыл-кыштактар да көрсөтүлдү).

*14-таблица*

**Теги боюнча өздөрүн саруу уруусуна таандык кылган кыргыздардын азыркы учурда жашап турган жерлери**

| Аталышы | Элдүү пункттар |
|---|---|
| 1 | 2 |
| АЙ-ТАМГА | |
| Сейит*, атек, чүкө | Таш-Кудук Аенинполь району |
| Сейит | Бадрак, Чоң-Алыш Аенинполь району |
| Атек | Үрү-Марал Ленинполь району |
| Кобуке | Баш-Булак Ленинполь району |
| Чүкө | Киров (Кара-Буура суусунун боюнда) Киров району |
| Бала саруу | Чоң-Капка капчыгайынын оозу ченде жана Жайылган Покровка району (Талас өрөөнү), Кара-Бууранын Оозу Киров району |
| Жалпак тил | Кашка-Жол, Бадрак, Чоң-Алыш Ленинполь району |
| Чаян | Чоң-Алыш Ленинполь району |
| Аңдабай | Бейшеке Киров району |
| Очок | Кашка-Жол Ленинполь району |
| Түктүү курт | Баркы-Арык, Кайырма Ленинполь району |
| Жолдош төбөт | Баркы-Арык, Кайырма Ленинполь району |
| Кызыроо | Сары-Куурай Ленинполь району |
| Назарбек (шири) | Бейшеке (20 үй-бүлө) Киров району |
| Бишкек | Орловка (15 үй-бүлө), Кашка-Жол Ленинполь району |
| ЖЕТИ УРУУ | |
| Абдый** | Кызыл-Жар, Көк-Таш Ленинполь району |
| Ким билди | Кара-Тоо, Меңдибай Ленинполь району |

* Сейит бир кыйла ири кенже уругунун курамына кирген; атек, чүкө жана кобуке — бир кыйла ири чаңгыл уругунун курамына кирген.

** Абдый, ким билди, ботояр, таш коюн — оготур уругунун бутактары.

| | |
|---|---|
| Ботояр<br>Таш коюн | Меңдибай Ленинполь району |
| Мамелдей[***] | Кызыл-Жар, бир аз санда Кара-Тоодо жана Чоң-Алыш Ленинполь району |
| Жаңгир | Кызыл-Жар Ленинполь району |
| Байбиче<br>Токол | Калиновка Ленинполь району |
| — | Пушкин Покровка району (Талас өрөөнү), Кемер, Кара-Кашат Талас району |
| Түкөк[*] | Жол-Жакшы Ленинполь району |
| — | Бакыян (70 үй-бүлө), Бейшеке Киров району |
| Мадияр | Кемер (25 үй-бүлө) Талас району |
| Бөлөк чал | Ороо, Кара-Суу, Жол-Жакшы Ленинполь району |
| Балыкчы | Бейшеке Киров району; бир аз санда Ороо жана Кара-Сууда Ленинполь району |
| Жол жакшы | Жол-Жакшы Ленинполь району |
| БОШ МОЮН | |
| Ыңырчак<br>Кезек таз | Наматбек Ленинполь району |
| Кодор<br>Жээнбай | Күмүштак, Шоро, Кызыл-Бакыр Ленинполь району |
| Кенембай | Кош-Арык, Кызыл-Бакыр Ленинполь району |
| Боз айгыр | Күмүштак, Шоро, Кызыл-Бакыр Ленинполь району |
| Ырысмат | Шоро Ленинполь району; Манас (15 үй-бүлө) Покровка району (Талас өрөөнү) |
| Календер | Кызыл-Бакыр (30 үй-бүлө) Ленинполь району |
| Боркемик[**] | Киров Покровка району (Талас өрөөнү) |
| Кара боркемик | Сары-Камыш айылдык кеңеши Жумгал району (80 ге жакын үй-бүлө) |
| АГЫНАЙ | |
| Чоң<br>Эсенгелди | Чалдыбар Ленинполь району |
| Борой | Өрнөк Ленинполь району |
| Кадим | Кызыл-Сай Ленинполь району |
| АЛАКЧЫН | |
| Жол болду | Ныдлы-Сай Талас району; Капка капчыгайы Покровка району |
| Бабыр<br>Акбай | Жайылган, Сөгөт, Чеч-Төбө Покровка району (Талас өрөөнү) |
| Түйтө | Кара-Кашат, Киров, Ныдлы-Сайдан төмөн Талас району; Капка капчыгайынын арты, Жамбулга жакын жер, Ак-Таш Покровка району (Талас өрөөнү) |
| Чиркей | Таш-Арык, Долоно, Иваново-Алексеевка (20 үй-бүлө) Талас району |
| Чокон | Таш-Арык Талас району |
| Шаабото | Ныдлы-Сай, Таш-Арык Талас району |

[***] Мамелдей, Жаңгир, байбиче, токол — сакоо уругунун бутактары.
[*] Түкөк менен Мадияр — кашка таман уругунун бутактары.
[**] Боркемик уругу Муратаалынын тукумдарына кирет. Муратаалынын тукумдарына бош моюн жана алакчын бөлүкчөлөрүн да кошушат (16-сүрөт).

www.bizdin.kg

| | |
|---|---|
| Бекмурат | Таш-Арык Талас району |
| Алчикен | Кичи-Капка жана Чоң-Капка капчыгайларынын оозу ченде Покровка району (Талас өрөөнү); Үрү-Марал менен Күмүш- тактын ортосу Ленинполь району |
| Ажыбек | Манас Покровка району (Талас өрөөнү) |
| Кубатбек | Нылды-Сай, Кең-Арал (жарым-жартылай) Талас району |
| Коңкобай | Таш-Арык Талас району |
| Наматбай | Жийде Покровка району (Талас өрөөнү) |
| Мандалак | Мандалак Покровка району (Талас өрөөнү) |
| Эрегул | Кең-Арал Талас району |
| Берен | Таш-Алыш, Кеңеш, Кум-Арык Талас району |
| Жабагы | Кошчак, Таш-Арык, 1-Май (Чүкү деген жер) Талас району |
| Жарыке | Кошчак Талас району |
| Жаныбек | 8-Март (Алкымдагы Берен) Талас району |
| Сатыкей | Куру-Маймак Киров району |
| Боруке | Көк-Токой Талас району |
| – | Өрнөк Ленинполь району; Таш-Башат Покровка району (Талас өрөөнү), Саруу Покровка району (Ысык-Көл бою) |
| КЫРК УУЛ | |
| Байсу (Байзу) | Пушкин, Жданов, Май-Төбө Покровка району (Талас өрөөнү); мурдагы Киров атын. колхоз (жарым-жартылай) Киров району |
| Келдей | Калба Талас району |
| Мачак | |
| Беш каман Теңечим | Сары-Куурай Ленинполь району |
| Ардай | Долоно Талас району |
| Күштөн | |
| Булбул | |
| Шекер | Киров Киров району |
| – | Таш-Арык Талас району; Саруу Покровка району (Ысык-Көл бою) |
| КОЛПОЧ (төңтөрт) | |
| Ак кийиз | Калба Талас району; Чүй Чүй району |
| Култай | Култай, Ак-Терек Талас району |
| Төкө, Бүрө, Болот, Чочой | Кырк-Казык жана Кырк-Казык айылдык кеңешинин Талас бою деген жердеги башка айылдар Талас району |

| | |
|---|---|
| Кезек сары<br>Кубулек<br>Бяш<br>Токтук<br>Баба<br>Чүнү | <br>Култай, Ак-Терек Талас району<br>Калба Талас району<br>Октябрь Талас району |
| – | Кара-Суу, Бейшеке Киров району; Ак-Башат Сталин району; Калинин жана Панфилов райондорунун кээ бир айыл- кыштактары (Чүй өрөөнү); Кашка-Жол, Кош-Арык Ленинполь району; Саруу Покровка району (Ысык-Көл бою), |
| ТОГУНАЙ<br>КОШ КУЛАК | Жайылган, Арал, Кара-Арча Покровка району;<br>Кара-Бууранын Оозу деген жер Киров району |

Көрсөтүлгөн айыл-кыштактардан башка да, саруулар (булардын бөлүкчөлөрүн тактоого мүмкүн болбоду) Панфилов районундагы Жайылма (6 үй- бүлө), Кум-Арык (15 үй-бүлө), Каптал-Арык (6—7 үй-бүлө), Калинин районундагы Кара-Суу (10% чейин), Петровка районундагы Сталинское (Айылчы, 10 үй-бүлө), Токсон Үй (10 үй-бүлө) айылдарында, Чүй районундагы Он-Бир-Жылга (8 үй-бүлө), Кант районундагы Туз (Дайырбек, 20га жакын үй-бүлө) айылдарында жашап турушат.

## *Кушчу (Кутчу)*

Кушчу уруусу кыргыз элинин курамына кирген уруулардын бири экендиги анык. XVIII кылымдагы кытай булагы «Сиюй тучжиде» жалпы саны 4 миң үй-бүлө болгон таластык кыргыздардын жетекчиси Майтак деп аталган[144]. Сөз Кайыпназардын тукуму, жоош бөлүкчөсүнөн чыккан кушчу Майтак жөнүндө болуп жатканы шексиз. Анын ысмы менен 1911-жылы 52 кожолуктан турган топ аталган[145]. Демек, XVIII кылымдын орто ченинде эле кушчу уруусу башка кыргыз урууларынын ичинде белгилүү бир орунду ээлеп турган.


Октябрь революциясы болоордун алдында кушчулардын негизги массасы[146] (828 кожолук) Каракол өзөнүнүн боюндагы өрөөндөрдө, Талас дарыясынын баш жагында, Олуя-Ата уездиндеги Каракол болуштугунун аймагында жашап турган. Алардын дагы бир көп сандагы бөлүгү (257 кожолук) ошол эле уезддин Кеңкол болуштугунда жашап турган. Кушчулардын анчалык чоң эмес сандагы кожолуктары ошол эле уезддин Бакайыр (78 кожолук) жана Үч-Коргон (39 кожолук) болуштуктарында[147], ошондой эле, Пишпек уездинде: 7 кожолук Карабалта болуштугунда (Чолок-Кудур өрөөнү), 82 кожолук Жамансарт болуштугунда (Керимбаяр, Кургөндөй, Кошколот, Кара-Суу өрөөндөрүндө), 58 кожолук Талкан болуштугунда (Ала-Арча, Кыпчак-Арык, Саздын-Башы өрөөндөрүндө), 27 кожолук Тынай болуштугунда (Кызыл-Ооз жана Байдамтал өрөөндөрүндө) катталган[148].

Н. Н. Пантусовдун 1903-жылы жарыяланган маалыматы[149] боюнча «Кутчу уруусу» Пржевальск уездинин Ат-Башы участогунун аймагында 160 дай кожолуктан турган. Ошол эле участоктун Саяк болуштугунда «беш ондуктан бирөө», Чештөбө болуштугунда — 30 га жакын, Эсенгул жана Борукчу болуштуктарында — 20 дай, Ат-Башы участогунун калган болуштуктарында — беш-алты үйдөн он үйгө чейинки кожолуктар болгон. Мындан башка да, бул уездде Күрмөнтү болуштугунда (Чоң өрүктү жана Ичке-Суу) кутчулардын алты кожолугу, Улахол болуштугунда (Денпаш) тогуз кожолук, Жети-Өгүз болуштугунда (Жети-Өгүз жана Чоң Кызыл-Суу) 12 кожолук, Тоң болуштугунда (Тоң өзөнү) 82 кожолук, Тору-Айгыр болуштугунда

www.bizdin.kg
(Долон-Ата) 30 дай кожолук, Түп болуштугунда (Тасма, Түп өзөнү) 66 кожолук, Күңгөй-Аксуу (Кондой, Атамкул) болуштугунда 6 кожолук, Кең-Суу болуштугунда (Жайылма) 83 кожолук болгон. Н. Н. Пантусов тарабынан аталган «уруу уруктары» ичинен биздин схемабызда экөө гана: кагасты жана мең дуулат көрсөтүлдү. Калган үчөө: уросейит, курмен жана кашка бизге белгисиз.

Кушчу уруусу — жоош жана мең дуулат деген эки негизги бөлүкчөдөн турган (17-сүрөт). Биринчиси экинчисинен алда канча көп санда болгон. Кушчулардын ичинде бир кыйла ири уруктарга — сабатар (272 кожолук), каймазар (же каймасар) (186 кожолук), кыржы (143 кожолук), бүргө (97 кожолук), кангелди (95 кожолук) кирген. Чылпак кушчу, чүрпө, чейне, майтык, сокур бөрү, кара кужур, накай, чилжубут — майдараак урук топторуна кирген.

Өз учурунда жан кушчу деген бөлүкчө атактуу бөлүкчө болгон. XVIII кылымдын орто ченindeги «анжияндык кыргыздардын ири жол башчыларынын бири Кубатбек (Валиханов боюнча — Кабат-мирза)[150] ушул бөлүкчөдөн чыккан.



17-сүрөт. Кушчу уруусунун структурасы

Биз тараптан кушчулардын уруктарга бөлүнүшүн жакшы билген адамдардан алынган маалыматтардын негизинде 15-таблицада кушчу уруусунун курамына кирген уруктардын азыркы жашап турган жерлери көрсөтүлгөн.

Мындан башка да, кушчулар Чүи өрөөнүнүн көптөгөн айыл-кыштактарында чачыранды түрдө жашап турушат. Алар төмөнкүлөр: Өзгөрүш, Кызыл- Суу, Алмалуу Боорду (3—8 үй-бүлөдөн) Быстровка району; Кум-Арык (үч үй-бүлө) Панфилов

району; Кучкач (4—5 үй-бүлө) Калинин району; Саке (көпчүлүгү), Үкү (20%), Кызыл-Туу (15 үй-бүлө), Төрт-Күл (15%), Токсон Үй (12 үй-бүлө) Петровка району; Четинди (20%) Кант району; Социализм жолу, (10%), Талды-Булак (6 үй-бүлө) Чүй району.

*15-таблица*

**Теги боюнча өздөрүн кушчу уруусуна таандык кылган кыргыздардын азыркы учурда жашап турган жерлери**

| Аталышы | Элдүү пункттар |
|---|---|
| ЖООШ | |
| Чылпак кушчу | Кара-Ой Будённый району |
| Сабатар | Көпүрө-Базар айыл кеңешине караштуу Кара-Суу (көпчүлүгү), Шумкар (35 үй-бүлө), Кара-Ой (көпчүлүгү), Будённый Будённый району |
| Кыржы | Кум-Бел Будённый району |
| Кара кужур | Чычкан, |
| Аман кушчу | Кең-Сай, |
| Боочу | Ак-Жар Талас району |
| Каймазар | Кууганды, Сасык-Булак, Топчу-Баш, Будённый, Сүттүү-Булак Будённый району |
| Чүрпө | Үч-Эмчек, Жаңы-Арык, Кара-Суу, Чоң-Алыш айыл кеңеши Будённый району |
| Майтык | Ак-Жар Талас району; Ысык-Көлдүн түндүк жээгинде, саяк- тардын арасында |
| Накай | Кашка-Суу (40 үй-бүлө), Кызыл-Аскер району; Кум-Арык (16 үй-бүлө) Панфилов району |
| Кангелди<br>Тилеке | Тегерек Будённый району |
| Аксак бөрү | Үч-Эмчек Будённый району |
| Сокур бөрү | Чонгор, Чычкан Будённый району |
| Бүргө | Үч-Эмчек, Чоң-Токой, Чычкан Будённый району |
| Жаман кыз | Данбагар Будённый району |
| Ак бото | Арал Будённый району; Ак-Суу (15 үй-бүлө) Сталин району |
| Сулпияндын тукумдары | Ак-Жар Талас району |
| МЕҢ ДУУЛАТ | |
| Таз кушчу | Тегерек Будённый району; Ворошилов атын. колхоз Киров району |
| Кара кушчу | Кууганды, Тегерек Будённый району; Ворошилов атын. колхоз Киров району |
| Көк кушчу | Ворошилов атын. колхоз Киров району |
| Сакалды | Кара-Суу (55 үй-бүлө), Чоң-Алыш айыл совети Будённый району |
| Чалике | Сасык-Булак Будённый району |
| Чейне | Кара-Суу (80 үй-бүлө), Чоң-Алыш айыл совети Будённый району; Орто-Арык Панфилов району; Ысык-Ата Ивановка району |
| Кагасты | Кең-Сай Будённый району |
| Чилжубут | Сүттүү-Булак Будённый району; Ак-Талаа жана Кара-Булуң Кочкор району; Кайырма (15 үй-бүлө) Чүй району; Батыш Малтабар (7 үй-бүлө) Петровка району |

www.bizdin.kg


| | |
|---|---|
| Күнчей | Үч-Коргон Покровка району (Талас өрөөнү) |
| Шара ноот | Тегерек, Кара-Ой Будённый району; Кызыл-Октябрь (20%) Калинин району |
| — | Карачаа жана Бала-Саруу Покровка району (Талас өрөөнү) |

Ысык-Көл боюнда кушчулар төмөнкү айыл-кыштактарда бар экендиги белгилүү болду: Түп райондагы Сары-Тологой (5—6 үй-бүлө); Тоң районундагы Кош-Арык (100дөн көбүрөөк үй-бүлө, кара кутчу, боз кутчу жана кызыл-кутчу уруктары); Ново-Вознесенск районундагы Шапак (15—20 үй-бүлө) айылдары.

Кушчулар чакан топтор түрүндө Тянь-Шань облусунун ар кайсы айыл-кыштактарында жашап турганы аныкталды. Алар: Тогуз-Торо районундагы Кайыңды жана Көк-Ийрим; Ак-Талаа районундагы Туткуй, Дөрбөлжүн жана Ак-кыз; Куланак районундагы Учкун, Ак-Булак, Ала-Кулун, Шоро, Чоң-Арык, Кара-Ой, Көлмө; Кочкор районундагы Кара-Саз, Кош-Дөбө; Ат-Башы районундагы Кошой-Коргон, Ак-Муз (15 үй-бүлө); Нарын районундагы Бас- Кыя, Миң-Булак; Жумгал районундагы Баш-Кууганды айыл-кыштактары.

## *Жетиген*

Изилдөөчүлөрдүн көпчүлүгү жетигенди өз алдынча турган уруу деп эсептешкен эмес. В. В. Радлов жетигенди (Jetigän — етиген) сары багыш менен солто урууларынын уруктарынын ичине жана сол топторунун ичине кошуп атаган[151]. Буд болсо ага жетигенди кыргыз «сөөктөрүнүн» бири катарында кароого негиз берген, ал сунуш кылган гипотеза боюнча алтайлыктар каны бирге туушкандардан турган 24 сөөккө бөлүнгөн сыяктуу кыргыздар да уруктарга бөлүнүү менен бирге сөөктөргө да бөлүнөт. Бул гипотезанын жаңылыш экендиги биз тараптан белгиленген болучу[152], бирок өз убагында ал Н. А. Аристов тарабынан кабыл алынып, жетигенди (ал етиген деп атаган) кыргыз элинин он эки «түпкү сөөктөрүнө» таандык кылган жана бул сөөк түшүнүгүнүн келип чыгышы динлиндик салт менен байланыштуу деген божомолун айткан[153].




*18-сүрөт.* Жетиген уруусунун структурасы

Бир кыйла кийинки авторлордун ичинен жалгыз Б. Ж. Жамгырчинов гана жетигенди өз алдынча уруу катарында карап, аны сол канатка таандык кылган[154]. 1953—1955-жылдарда биз тараптан жүргүзүлгөн талаа изилдөөлөрүнүн

материалдары жетиген толук өз алдынча турган уруу жана ал кушчу, саруу, мундуз жана башкалар менен бир катарда сол канаттын курамына кирген деп айтууга мүмкүндүк берет.

Октябрь революциясы болоордун алдында жетиген уруусунун уруктары менен бөлүкчөлөрү азыр Кыргыз ССРинин түндүк бөлүгүн түзүп, кыргыздар жашап турган территорияны камтыган бардык үч уездде катталган. Олуя-Ата уездинин Каракол болуштугунда алардын 166 кожолугу (Кичи-Көк-Кыя, Андаш, Узун-Булак, Кургак-Булак, Чырканак, Кара-Суу жана Кызыл-Таш өзөндөрү), ошол эле уезддин Кеңкол болуштугунда 200 кожолугу (Чырканак, Чеп, Калба өзөнүнүн сайындагы Бөлтүрүк-Арык жана Бөлтүрүк өрөөндөрү) болгон[155]. Пишпек уездинин аймагында жетиген уруусунун топтору Сарбагыш (35 кожолук) жана Карабалта болуштуктарында (Жетиген-Арык боюнча — 65 кожолук) бар экендиги белгиленген[156]. Пржевальск уездиндеги Нарын болуштугунда (Көк-Сай, Ичке Сары-Булак, Талаа Сары-Булак, Кайнар, Ала- Кулун, Кара-Булак, Ак-Бешим, Теректи-Булак, Ак-Кудук, Дөөлөт-Суу, Аян- Булак, Шоро-Карагатты өрөөндөрү) жетигендердин 325 кожолугу жана Эсенгул болуштугунда (Таш-Булак өзөнү) төрт кожолук болгон[157].

Жетиген уруусунун негизги бөлүкчөлөрү кыбал, кыргый жана дербиш болгон (18-сүрөт). Бирок дербиш бөлүкчөсүнө таандык карыялардын айткандарына ылайык бул бөлүкчөнүн түпкү атасы Молдо Ийрек (же Молдо Эрек) болгон деп эсептесе болот.

Жашап турган административдик бөлүнүүлөргө ылайык өткөн убактарда өздөрүн жетигендер деп атаган топтор 16-таблицада көрсөтүлгөн аймактарда жашап турушкан.

*16-таблица*

**Теги боюнча өздөрүн жетиген уруусуна таандык кылган кыргыздардын азыркы учурда жашап турган жерлери**

| Аталышы | Элдүү пункттар |
|---|---|
| КЫБАА | |
| Чокой }<br>Төлөбай | Талды-Булак Будённый району |
| Итэмген | Арал, Терек Будённый району |
| Кесек сары (насип) | Туш-Ашуу |
| Ормош | Көпүрө, Көк-Кыя |
| Кудай менде | Киндик-Таш, Кашка-Жол Будённый району |
| Жалаң найза | Кара-Суу Будённый району; Ойронду (үч үй-бүлө), Букара(20 үй-бүлө), Орто-Кайырма (4 үй-бүлө), Чорголу (10 үй-бүлө)<br>Панфилов району; Жыламыш Сокулук району |
| Насыкул }<br>Торой | Сүттүү-Булак, Чырканак, Баш-Булак, Ак-Бай, Жаңы-Арык Будённый району |
| Бекболот | Чырканак, Данбагар Будённый району |
| Байсейит | Чырканак Будённый району |
| КЫРГЫЙ | |
| Кара моюн | Кара-Суу Будённый району; Чорголу (10 үй-бүлө) Панфилов району |


| | |
|---|---|
| Сары моюн | Терек Будённый району; Ойронду (үч үй-бүлө), Чорголу(6 үй-бүлө) Панфилов району |
| ДЕРБИШ | |
| Жаныбек | Ала-Кулун (70%) Куланак району |
| Асан | Шоро Куланак району |
| Абышка | Ак-Кудук (70%) Куланак району |
| Жал | Жалбызды, Көкалачап (90%) Нарын району |

16-таблицада көрсөтүлгөндөн башка да, жетигендер төмөнкү айыл-кыштактарда бар экендиги белгиленген: Будённый районундагы Үч-Эмчек (15 үй-бүлө), Чоң-Алыш; Куланак районундагы Ак-Булак (5 үй-бүлө), Ак- Күмбөз (Учкун, 12 үй-бүлө), Куланак (10дон көбүрөөк үй-бүлө); Ат-Башы районундагы Төш-Булак; Кемин районундагы Үч-Урук (көпчүлүгү); Чүй районундагы Ак-Бешим (3 үй-бүлө), Сайлык (6 үй-бүлө), Кара-Ой (7 үй-бүлө); Панфилов районундагы Кум-Арык (90 үй-бүлө), Панфилов районундагы Кум-Арык (90 үй-бүлө); Калинин районундагы Ийри-Суу (10%), Кайырма (көпчүлүгү), Сары-Булак (95%) айыл-кыштактары.

Кыргыйдын тукумдары (кара моюн жана сары моюн уруктары) Нарын районундагы жетигендердин ичинде жана Панфилов, Калинин жана Сталин райондорунун (Чүй өрөөнү) кээ бир айыл-кыштактарында жашап турушат.

## *Кытай*

Кытай уруусу өткөн мезгилдерде көпчүлүгүндө Сыр-Дарыя облусунун Олуя-Ата уездинде[158], Талас Ала-Тоосунун тоо кыркаларынын түндүк тармактарындагы өрөөндөрдө жана Талас дарыясынын өрөөнүнүн батыш бөлүгүндө орун алып турган. Кытайлардын негизги бөлүгү Күркүрөө болуштугунда жашап турушкан жана алардын 1208 кожолугу болгон (булардан башка да ал аймакта саруу уруусунун 35 гана кожолугу болгон). Алар Жери, Таш-Алыш, Жер-Чыбыр, Бабахан-Сай, Чоң Кара-Сай, Кичи Кара-Сай, Беш- Сай, Төө-Жарбашы, Чоң-Коргон, Кайнар, Ата-Чапкан, Чили-Төбө, Кара-Чоро, Бакты-Арык, Кампа, Таш-Башат, Сары-Молдо. Өгүз-Коргон, Бөрү-Курмыс, Ногой-Арык, Сасык-Булак, Көк-Сай, Маймак, Күркүрөө өзөнү, Арчалуу, Сарыкытай-Арык, Эки-Чат, Төрт-Күл, Тайгана, Кой-Таш, Шоралы, Ак-Жар, Кара-Сай, Ак-Чий, Арал, Кур-Сай, Жоон-Дөбө, Капка-Таш, Сары-Үңкүр, Кароол-Дөбө, Көк-Булак, Чоң-Арык, Үч-Алыш, Кертеней-Арык өрөөндөрүн ээлеп турган[159].




*19-сүрөт.* Кытай уруусунун структурасы

Кытайлардын экинчи бир кыйла чоң тобу (428 чарба) Кара-Буура болуштугунда, Сары-Коён, Кара-Коён, Кайырма, Көк-Дөбө, Жалгыз-Кудук, Жоон, Молдосан-Арык, Айыр-Там, Буктемиш, Жар-Кыштак, Жийде-Булак, Чоң-Коргон, Кара-Сай, Турпак-Бел, Быркурмес[160] өрөөндөрүн конуштап турушкан.

Бакайыр болуштугунда (Чалпыддак, Сүлөөсүн-Арык өрөөндөрү) кытайлардын 44 кожолугу, Каракол болуштугунда (Сасык-Булак өрөөнү) 13 чарбасы болгон[161].

Ушул аймактын бардыгы бүт дээрлик азыркы Киров районунун территориясына кирет.

Пишпек уездинде кытайлардын чакан топтору төмөнкү конуштарда бар экени белгиленген: Багыш болуштугунда (Аң-Арык, Чекир өрөөндөрү) 32 кожолук, Батыш-Сокулук болуштугунда (Шор-Башат өрөөнү) 49 кожолук, Талкан болуштугунда (Боз-Бөлтөк өрөөнү) 17 кожолук жана Сарбагыш болуштугунда 8 кожолук катталган[162].

Кытай уруусунун жайкы көчүп-конуп жүргөн жерлери Казак ССРинин азыркы Түштүк-Казакстан облусунун жана Кыргыз ССРинин Ош облусундагы Чаткал районунун аймактарындагы Ой-Кайың, Байдамтал, Чандалаш сууларынын бойлорунда жана Жети-Төр деген жайда болгон Кытай уруусу — жогору тамга жана төмөн тамга болуп экиге бөлүнгөн (19-сүрөт). Булардын биринчисине төнтөгөр жана кыйра бөлүкчөлөрү, экинчисине — Буудайдын тукумдары деп эсептелген 8 майда урук жана Бөгөжүнүн тукумдарынын тобу кирген.

Киров районунда өзүн кытай уруусуна кошуп жүргөндөрдүн тукумдары багыш, саруу, баарын урууларынын топтору жана күркүрөө тобу менен коңшу жашап турушат. Төмөндө кытай уруусунун курамына кирген бөлүкчөлөр көрсөтүлдү:

КЫЙРА, атап айтканда, Арчалуу, Боктубай, Шекер, Бакайыр айылдарында, жарым-жартылай Жер-Үй деген жерде жана «Көк-Сай» совхозунда жашаган тоголок баш, сары кашка, чобок жана башкалар;

ТӨҢТӨГӨР — Сулу-Баймак, Шекер, Кара-Сай жана Күркүрөө-Суу өзөнүнөн Ак-Чий деген жерге чейин.

ТӨМӨН ТАМГА — Кытай (Тельман), Бакайыр, жарым-жартылай «Көк- Сай» жана «Жоон-Дөбө» (Чимкент айыл кеңешине караштуу 2-ферма) совхоздорунда жашап турган ак тондуу, чоодан, сары кытай, төрдөш ж.б.

БӨГӨЖҮ — Кытай айылы, Турпак-Бел деген жай.


Кытай уруусунун өкүлдөрү Киров районунан башка райондордун айрым айыл-кыштактарында да жашашат: Жайылма (6 үй-бүлө), Орто-Арык (35% чейин), Чолок-Кайыңды (20 дай үй-бүлө), Букара (15 үй-бүлө), Орто-Кайырма (4 үй-бүлө), Каптал-Арык (чотон, чарык, кара кытай уруктарынан 60 дай үй- бүлө) Панфилов району; Кызыл-Суу (10 үй-бүлө) Быстровка району; Эриктүү (40%), Жоон-Арык (20%), Ийри-Суу (3—4 үй-бүлө) Калинин району; Кызыл-Аскер (20 үй-бүлө), Батыш Малтабар (15 үй-бүлө), Кызыл-Туу (10 үй-бүлө), Төрт-Күл (10%) Петровка району; Искра (10 үй-бүлө), Плохотниково (7 үй-бүлө) Ленин Жолу (20%), Кара-Ой (75 үй-бүлө) Чүй району (бул райондо сары кытай, тордош, төрт кара уруктары аталган); Кара-Булак (бир нече үй- бүлө) Кемин району; Сары-Камыш айыл кеңешиндеги мурдагы «Бирлик» колхозу (5 үй-бүлө), Бирлик (5 үй-бүлө), Баткак (4 үй-бүлө) Жумгал району; Ничке-Суу, Дөрбөлжүн (30—40 үй-бүлө), Үгүт (3 үй-бүлө) Ак-Талаа району; Куланак (10 үй-бүлө), Учкун (10 үй-бүлө), Кадыраалы (5 үй-бүлө), Кара-Ой (10 үй-бүлө), Кызыл-Эмгек (4 үй-бүлө) Куланак району; Үкөк айыл кеңешиндеги Чоң-Булак (15 үй-бүлө), Кара-Булуң (10 дон көбүрөөк үй-бүлө), «Коммунизм» колхозу (6 үй-бүлө) Кочкор району; Кытай (100%; бул жерде жашагандар өздөрүн төңтөгөр тайпасына таандык кылышат) Жети-Өгүз району; Саруу Покровка району (Ысык-Көл бою); Күрмөнтү жана Сары-Булак Түп району.

www.bizdin.kg

## *Басыз*

Басыз (басыс, базыс) уруусу территориялары Түндүк жана Түштүк Кыргызстандын курамына кирген бир нече уезддерде жайгашып турган. Басыздардын көпчүлүгү мурда жана азыр да Кыргызстандын түштүгүнөн орун алышкан[163]. Пишпек уездинде бардыгы болуп 47 кожолук катталган, алардын 36сы — Тынай болуштугунда (Окторкой жана Чечей-Алыш өрөөндөрү), 11и — Качкын болуштугунда (Чоң-Кырчын өрөөнү) орун алган[164]. Пржевальск уездинде 231 кожолук (Чоро болуштугу, Күндөй, Ак-Чий, Уркурчин, Чолок- Кайың, Шар, Мама ж.б.) Олуя-Ата уездинде 12 кожолук (Беш-Таш болуштугу, Жалгыз-Тал өрөөнү) болгон[165].

Басыз уруусунун структурасын мүнөздөй турган схема (20-сүрөт) негизинен Кыргызстандын түндүк бөлүгүндө жашаган топторду камтыйт жана бүткүл уруунун структурасын чагылдыра албайт. Аны мурда жарыяланган схема[166] да, тилекке каршы, толук чагылдыра алган эмес. Басыз уруусунун негизги бөлүкчөлөрү катарында төмөнкүлөр аталышы мүмкүн: кудайлат, керки тамга, кылыч тамга, бай согур жана бактыгул.




*20-сүрөт.* Басыз уруусунун структурасы

Улуу муундардын өкүлдөрү тарабынан басыздарга таандык кылынып жүргөн төптөрдүн азыркы жашап турган конуштары төмөнкүлөр.

Алардын басымдуу көпчүлүгү толук же жарым-жартылай Тянь-Шань облусунун батыш бөлүгүндө, Жаман-Даван тоо кыркаларынын тармактарынан Нарын дарыясына чейинки аймактарда жайгашкан Тогуз-Торо жана Ак-Талаа райондорундагы бир нече айыл-кыштактарда орун алып турат[167]. Бул жерлерде алар саяк уруусунун каба, тезек, тагай, чекир саяк уруусунун чоро, ыман сыяктуу уруктары жана бөлүкчөлөрү, моңолдордун жана башкалардын топтору менен аралаш (же жакын кошуна) жашап турушат. Басыздардын калган бөлүгү чакан топтор түрүндө ошол эле облустун башка райондорунда, ошондой эле башка тургун жайларда жайгашкан. Басыздардын жашап турган конуштары 17-таблицада көрсөтүлгөн.

Кашка уругун басыздардын тигил же бул бөлүкчөсүнө таандык экенин аныктоого мүмкүн болбоду, ошондуктан ал схемада жок.

*17-таблица*

**Теги боюнча өздөрүн басыз уруусуна таандык кылган кыргыздардын азыркы учурда жашап турган жерлери**

| Аталышы | Элдүү пункттар |
|---|---|
| КУДАЙЛАТ | Чет-Булак (көпчүлүгү), Кош-Дөбө, Дүпкүр, Казарман (5—6 үй- |

| | |
|---|---|
| | бүлө) Тогуз-Торо району |
| КЕРКИ ТАМГА | Кара-Булуң (20 үй-бүлө) Куланак району; Үгүт (40%) Ак-Талаа району; Табылгыты Тогуз-Торо району; Ак-Татыр (4 үй-бүлө), Бирлик (5 үй-бүлө), Жаңы-Жол (5 үй-бүлө) Жумгал району |
| КЫЛЫЧ ТАМГА | |
| Бөгөжөй | Атайка жана Казарман Тогуз-Торо району |
| Чуку уулу | Дүпкүр (көпчүлүгү), Казарман Тогуз-Торо району |
| БАЙ СОГУР | Чолок-Кайың (90%), Жергетал Ак-Талаа району |
| БАКТЫГУЛ | Көнөрчөк (20%), Келтечап Ак-Талаа району |
| Кашка | Казарман Тогуз-Торо району |

Биз тараптан көрсөтүлгөн уруктардан башка да басыздар (алардын тигил же бул бөлүкчөгө таандык экени аныкталган жок) Тянь-Шань облусунун төмөнкү айыл-кыштактарында бар экендиги аныкталды: «1-Май» жана «Кызыл-Жылдыз» колхоздору Тогуз-Торо району; Терек, Дөрбөлжүн, Туткуй, Ничке-Суу Ак-Талаа району; Кызыл-Сөөк (25 үй-бүлө), Эмел, Бирлик (3 үй-бүлө), Кара-Баткак, Ичке-Суу, Кызыл-Кыргызстан (6 үй-бүлө) Жумгал району; Кошой-Коргон Ат-Башы району; Кызыл-Дөбө жана Чоң-Булак Кочкор району.

Басыздардын чакан топтору Чүй өрөөнүндө, Быстровкадагы Чым-Коргон айылында (16 үй-бүлө), Чүй районундагы Кайырма айылында (7 үй-бүлө) жана Сталин атын. колхоздо жашап турушат. Ысык-Көл кылаасында басыздардын анча чоң эмес тобу (9 үй-бүлө) Түп районундагы Көөчү айылында турушат.

Чокон Валиханов[168], андан кийин П. П. Семенов-Тян-Шанский [169], Н. А. Аристов[170] жана кээ бир башка изилдөөчүлөр басыз уруусун ишенилдүү түрдө оң канатка таандык кылышкан. Сыягы, бул басыз уруусунун тарыхый жана территориялык жактан оң канаттын уруулары менен тыгыз байланышта болгондугу менен түшүндүрүлсө керек. Балким, XVIII кылымдагы кытай булагы «Сиюй тучжи» басыз (И. Бичуриндин окуганы боюнча — Басцзы-носок[171], А. Н. Берншталлдын окуганы боюнча — ба-се-цзы[172]) уруусун «батыш кыргыз ордосунун» башка, «эң белгилүү» үч уруу (адигине, моңолдор жана черик) менен бирге атаганы кокустук эмес болсо керек, буларды дайыма олку-солкусуз эле оң канатка таандык кылып келишкен.

Бир кыйла кийинчерээктеги булактар дээрлик бүт бойдон басыз уруусун эми оң канатка эмес, сол канатка таандык кылышкан[173]. Оң жана сол канаттарга кирген уруулардын курамы жөнүндөгү маселе кыргыз комплекстүү экспедициясынын этнографиялык отрядынын Кыргыз ССРинин түндүк райондорунда жүргүзгөн иш процессинде кылдаттык менен аныкталды. Сол канатка кирген уруулардын тизмеси ар түрдүү райондордон 17 информатордон жазылып алынды. Алардын ичинен 10у сол канаттын урууларынын ичинде басыз уруусун аташкан жок. Өзүлөрүн сол канатка таандык кылган сегиз адамдын жарымы гана басыз уруусун сол канаттын курамына киргизишкени көңүл бурууга татыктуу. Ошентип, басыз уруусунун сол канатка таандык экендиги жөнүндөгү маселе али аныкталбаган бойдон калууда Чоң багыш тобу да ушундай эле абалда турат.

## *Мундуз*

Мундуз уруусу дөөлөс уруусундай эле кыргыз элин түзгөн эң эле байыркы компоненттердин ичине кирет, ошондуктан, өзүнө өзгөчө көңүл бурууну талап кылаары табигый нерсе. Бул уруу өткөн мезгилдерде негизинен Кыргызстандын түштүгүн мекендеп турган[174]. Жети-Суу облусунун аймагында мундуздардын 100


кожолуктан турган тобу Пишпек уездинин Карабалта болуштугунда (Мундуз-Арыкта) бар экендиги белгиленген[175]. Мундуздардын 21 кожолугу Олуя-Ата уездиндеги Боо-Терек болуштугунда (Чоң-Арык өрөөнү) катталган[176].

Бул мундуздардын тукумдары мундуз уруусунун негизги бөлүгүнөн (массивинен) көптөн бери ажырап, башка уруулардын арасында жашап тургандыктан, алар түштүк мундуздарга караганда жалпы эле бүт уруунун структурасын анчалык ачык-айкын билишпейт. Ошондой болсо да карыялар көп учурда өз уруктары менен бөлүкчөлөрүн атап бере алышты, ал эми кээ бирөөлөрү алардын уруунун жалпы структурасындагы ордун аныктап бере алышты. Ошондуктан биздин схемабыз (21-сүрөт) мундуз уруусунун бүткүл структурасын камтый алган жок, ал азыркы Кыргызстандын түндүк бөлүгүндө жашаган мундуз уруусуна таандык бөлүкчөлөр менен уруктарды гана чагылдырат. Алар көпчүлүгүндө 3—5—10 үй-бүлөдөн турган, кээ бир айыл- кыштактарда гана 20—30 үй-бүлөдөн турган чакан топтор түрүндө жашап турган (18-таблица).

*18-таблица*

**Теги боюнча өздөрүн мундуз уруусуна таандык кылган кыргыздардын азыркы учурда жашап турган жерлери**

| Аталышы | Элдүү пункттар |
|---|---|
| БАЙ МУНДУЗ | Миң-Булак, Эчки-Башы (17 үй-бүлө) Нарын району |
| Көкчө көз | Казарман, Көк-Ийрим Тогуз-Торо району; Туткуй, Ак-Чий, Дөрбөлжүн Ак-Талаа району; Көлмө (10 үй-бүлө) Куланак району |
| Ат басар | Бадрак (6 үй-бүлө), Баркы-Арык (30 үй-бүлө) Аенинполь району |
| Кулжыгач | Бакыян (6 үй-бүлө) Киров району; «Кайыңды» совхозу (9 үй-бүлө) Покровка району (Талас өрөөнү) |
| Абык | Үгүт (4 үй-бүлө) Ак-Талаа району |
| ООСУРААК МУНДУЗ | |
| Чоң мышык } Кичи мышык | Мундуз (30 үй-бүлө) Жети-Өгүз району |
| Эрназар | |
| Кубат | Мундуз (10 үй-бүлө) Жети-Өгүз району; Сары-Дөбө (6 үй-бүлө) Түп району |
| Рай } Боку | Сары-Дөбө (9 үй-бүлө) Түп району |
| КЫЙРА | Мундуз (10 үй-бүлө) Жети-Өгүз району |
| КОТКОР МУНДУЗ | Кош-Дөбө (20 үй-бүлө) Түп району |
| Күрөң | Төрт-Күл (4 үй-бүлө), Калмак-Ашуу (5 үй-бүлө) Кемин району |




*21-сүрөт.* Мундуз уруусунун структурасы

Булардан башка да ар кайсы райондордун төмөнкү айыл-кыштактарында жашаган майда топтор да өзүлөрүн мундуз деп аташты: Тар-Суу (3 үй-бүлө), Кара-Булак (10 үй-бүлө) Кемин району; Сайлык (7 үй-бүлө), Кегети (20%), Боз-Секи (50%) жана Жаңы-Алыш (25%), Он Бир-Жылга (3 үй-бүлө) Чүй району; Кашкелең, Быстровка Быстровка району; Солто уруусунун багышан бөлүкчөсүнүн ичинде (20 үй-бүлө) Петровка району; Кызыл-Октябрь (25%) Калинин району (Чүй өрөөнү); Шамшы Кашат айыл кеңешиндеги Кара-Булуң (30 үй-бүлө; өзүлөрүн жыргалбай уулу деп аташат).


Ак-Кудук Кочкор району; Алтын-Арык, Кыз-Арт (20%; өзүлөрүн ажыбай мундуз деп аташат) Жумгал району; Пионер жана Кызыл-Эмгек Куланак району; Тогуз-Булак (40% өзүлөрүн жолдубай уулу деп аташат) Ак-Талаа району; Кара-Чий Нарын району, Тянь-Шань облусу; Шапак (6 үй-бүлө) Ново-Вознесеновка району; Тасма, Кең-Суу, Чолпон Түп району (Ысык-Көл бою).

Киров районундагы Бакыян айылында жол болду деп аталган дагы бир анча чоң эмес топ жашайт. Аны мундуз жана кушчу урууларына тектеш деп эсептешет, бирок өз алдынча турган топ катарында бөлүп көрсөтүшөт.

Кемин районундагы Төрт-Күл айылынан 42 жаштагы Жамалетдин Базарбаев өзүн легендарлуу Мундуздун он экинчи муундагы, ал эми Быстровка районундагы Быстровка айылынан 44 жаштагы Сабыр Жумабаев өзүн онунчу муундагы тукумдарыбыз деп эсептешет.

## Төбөй

Анча көп эмес сандагы Төбөй уруусу өткөн мезгилдерде башка уруулардын ичинде жашап, ар түрдүү уезддерде өз алдынча айыл-кыштактардан орун алып турган. Алардын өкүлдөрү Пржевальск уездиндеги Ажы болуштугунда, сары багыштардын арасында Жергетал өрөөнүндө (100 кожолук) бир кыйла чогуу жашап турушкан. Ошол эле уезддин Эсенгул болуштугундагы Кошой-Коргон өрөөнүндө төбөйлөрдүн 9 кожолугу болгон[177]. Олуя-Ата уездинде төбөйлөрдүн тобу кушчулар менен аралаш[178] Каракол болуштугунда, Сасык-Булак, Бала-Чычкан жана Топчу-Баш өрөөндөрүндө жашап, 35 кожолуктан турган. Акырында, Пишпек уездинин Батыш-Сокулук болуштугунун Бий-Булак өрөөнүндө төбөйлөрдүн 16 кожолугу, ошол эле уезддеги Талкан болуштугунун Бос-Бөлтөк деген жеринде бир нече кожолугу болгон[179]. Бул жерде алар солто уруусунун арасында жашап турушкан.




*22-сүрөт.* Төбөй уруусунун структурасы

Акыркы убактарда негизинен Тянь-Шань облусунун төмөнкү айыл-кыштактарында жашаган чакан топтор өздөрүн төбөйлөр деп атап жүрүшөт (22-сүрөт). Буларга: Куланак районундагы Эмгек-Талаа айылындагы, Быстровка районундагы Чым-Коргон жана Кашкелең (бардыгы 8 үй-бүлө) айылдарындагы калдо тобун; Нарын районундагы Жалгыз-Терек (70%) жана Бас-Кыя (70%) айылдарындагы кара баш жана мурат топторун, Ат-Башы районундагы Төш-Булак, Нарын районундагы Жалгыз-Терек айылдарындагы кызыл тебетей тобун, Куланак районундагы Эмгек-Талаа, Кемин районундагы Бейшеке айылдарындагы чалай тобун, Куланак районундагы Эмгек-Талаа айылындагы саты тобун көрсөтүүгө болот.

Өздөрүн моют уругуна таандык кылып жүрүшкөндөр Нарын дарыясынын өйүзүндөгү айылдардын биринде жашап турушат. Жалгыз-Терек айылында жашап, өздөрүнүн тобун чоң төбөй деп атагандардын арасында кара термечик, сары термечик жана сарттар (кийинкиси — 10 үй-бүлө) деген майда уруктар да бар экендиги аныкталды. Информаторлордун бири тарабынан аталган кызыл курт жана беш таз уруктарын аныктоого мүмкүн болот.

Көрсөтүлгөн айыл-кыштактардан башка да төбөйлөр Куланак районундагы Учкун жана Ылайлуу-Суу (15тей үй-бүлө), Кочкор районундагы Кош-Алыш, Сокулук районундагы Белогорка (20 үй-бүлө) жана Жыламыш (10 үй-бүлө), Будённый районундагы Сасык-Булак, Чычкан, Топчу-Баш айылдарында, Чкалов атын. колхоздо (15 үй-бүлө), Панфилов районундагы Күрпүлдөк (4 үй-бүлө), Чолок-Арык (20%о чейин), Орто-Кайырма (6 үй-бүлө), Ивановка районундагы Сын-Таш (10 үй-бүлө) айылдарында да жашап турушат.


Айрым адамдар тарабынан төбөйлөр өз алдынча турган уруу эмес деп айтылып жүргөн пикир төбөйлөрдүн өзү тарабынан гана эмес, башка информаторлордун көпчүлүгү тарабынан да төгүнгө чыгарылып отурат, алар төбөй уруусун толук ишенимдүү түрдө сол канаттын урууларынын катарына кошушат. Ошондуктан жалпы кабыл алынган схемага ылайык төбөй уруусун сол канаттын урууларынын курамына киргизген Б. Жамгырчиновдун[180] адресине карата айтылган жеменин таптакыр негизсиз экендигин моюнга алууга туура келет[181].

## *Дөөлөс*

Дөөлөс уруусу өзгөчө көңүл бурууга татыктуу, анткени анын аталышы (мүмкүн, түпкү теги да) алтайлык уруулардын тобу менен байланышы бар экени шексиз[182].

www.bizdin.kg

Бул уруунун бири биринен алыс турган территорияларда — азыркы Ош облусунун Жаңы-Ноокат районунда, Ысык-Көл боюндагы Жети- Өгүз жана Покровка райондорунда, ошондой эле Чүй өрөөнү менен Тянь- Шань облусунун[183] кээ бир айыл-кыштактарында жашап турган айрым, бир кыйла ири бөлүктөрү мурда (улуу муундар азыр да) өзүлөрүнүн түпкү тегинин




*23-сүрөт.* Дөөлөс уруусунун структурасы

бир экендигин билишкен. Карыялардын толук дал келген пикирлерине караганда ысык-көлдүк дөөлөстөрдүн түпкү атасы Чулумкашка «Анжияндан» келген (Фергана ойдуңундагы кыргыздар жашап турган территорияны ушундайча аташкан). Ал — Толумандын (Толамандын) уулдарынын (кенжеси) бири болгон имиш. Толумандын ысмы менен оштук дөөлөстөрдүн (ал жерде бул уруу толугу менен дөөлөс деп аталат) уруктарынын бири аталат. Чулумкашканын түштүктөн Ысык-Көлгө качып келгендигинин себеби жөнүндөгү биз Жети-Өгүз районунан жазып алган уламыш сюжети боюнча Ош облусунун Жаңы-Ноокат районундагы Толаман айылындагы 73 жаштагы Ашым Досматов айтып берген дөөлөстөрдүн ай тамга деген бөлүкчөсүнүн келип чыгышы жөнүндөгү уламышка өтө жакын. Мында белгилеп кете турган нерсе, 1900-жылы эле оштук дөөлөстөрдүн ичинде ак эчки (Агачкэ)[184] уругу катталган, азыр бизге Кыргызстандын түштүгүндөгү информаторлор

бул урук жөнүндө айтып беришкен жок, бирок ал урук ысык-көлдүк дөөлөстөрдүн ичинде бар экен.

Ысык-Көл кылаасында бир кыйла ири топту түзүү менен дөөлөстөр революцияга чейинки Кыргызстандын коомдук-саясий турмушунда өз алдынча боло алган эмес. Алардын негизги көпчүлүгү негизинен коңшу бугу уруусунун манаптарына көз карандылыкта турушкан. Ошондуктан көп учурда дөөлөс уруусу алда канча күчтүү болгон бугу тобунун бөлүкчөлөрүнүн бири катарында каралып келген. Октябрь революциясынан кийин, уруктардын жана майда этнографиялык топтордун боштондукка чыгуу процессинде дөөлөстөр өздөрүнүн ата-теги бир болгон топ катарында эсептелип, бир нече айрым конуштарды түзүшкөн. Султан Кыдыралиев өзүн Чулумкашканын он биринчи муундагы тукумумун деп эсептейт (23-сүрөт).

Дөөлөс уруусунун кыргыздардын курамындагы башка уруулар менен катышы жөнүндөгү маселе боюнча бири менен бири дал келбеген үч көз караш бар. Айрым бир информаторлор дөөлөс уруусу кыпчактарга таандык, бул уруунун түпкү атасы — Дөөлөс Кыпчактын уулу болгон, ал эми Кыпчак өз кезегинде Кызыл уулдун уулу болгон (кээ бир генеалогияларга ылайык Кызыл уул оң канат менен сол канаттын түпкү аталары Ак уул менен Куу уулдун бир тууганы дешет). Башка бир информаторлор бул пикирге каршы чыгышып, дөөлөс уруусун сол канатка таандык кылышат. Акырында, үчүнчү бирөөлөрдүн пикири боюнча дөөлөс уруусу ата-теги бөлөк, оң канатка да, сол канатка да кирбеген, толук өз алдынча турган уруу деп эсептешет[185].

Дөөлөстөрдүн курамында майда уруктар болгон, алар азыркы административдик бөлүнүүгө ылайык 19-таблицада көрсөтүлдү.

*19-таблица*

**Теги боюнча өздөрүн дөөлөс уруусуна таандык кылган кыргыздардын азыркы учурда жашап турган жерлери**

| Аталышы | Элдүү пункттар |
|---|---|
| Зумбул<br>Кудайкулу | Боз-Бешик Покровка району (Ысык-Көл бою) |
| Жолуке<br>Байболот | Ак-Дөбө Жети-Өгүз району |
| Олжотой<br>Жоруп<br>Эмил<br>Майна | Аң-Өстөн Жети-Өгүз району |
| Булбул<br>Сатыке<br>Алайлар | Боз-Бешик Покровка району |
| Абышка | Боз-Бешик, Жалгыз-Өрүк, Чоң Кызыл-Суу Покровка району |
| Ит бок<br>Тагай | Жалгыз-Өрүк Покровка району |
| Казанбак<br>Чыгырык | Сүттүү-Булак Покровка району |
| Кармыш | Аң-Өстөн айылы Жети-Өгүз району |
| Он жети үй<br>Токоч<br>Эсенгул<br>Кебек | Аң-Өстөн айылы Жети-Өгүз району |
| Кара сакал | Кара-Коюн конушу, «Пограничник» колхозу Ат-Башы району, Тянь-Шань облусу (50 гө жакын үй-бүлө, черик уруусу |

| | |
|---|---|
| | менен аралаш) |
| Барат | Ысык-Ата конушу Ивановка району (солто уруусунун байсейит тайпасынын ичинде) |
| Ак эчки | Боз-Бешик Покровка району (3—4 үй-бүлө, көпчүлүгү Кыргызстандын түштүгүндө) |
| Керейит | Аӊ-Өстөн Жети-Өгүз району (9 үй-бүлө, көпчүлүгү Кыргызстандын түштүгүндө) |
| Кызыл аяк | Чоӊ Кызыл-Суу Покровка району (5—6 үй-бүлө, көпчүлүгү Кыргызстандын түштүгүндө) |

Мындан башка да өзүлөрүн жаӊы дөөлөстөр деп атаган жана Чүй өрөөнүнөн көчүп кетишкен дөөлөстөрдүн 40 үй-бүлөсү Жети-Өгүз районундагы Аӊ-Өстөн айылында турушат. Тескерисинче, Чүй өрөөнүндөгү Кант районунун Жедигер айылында өздөрүн Ысык-Көлдөн келген дөөлөстөрбүз деп атаган 24 үй-бүлөнүн бар экендиги аныкталган. Дөөлөстөрдүн майда уруктары Кемин районундагы Тар-Суу жана Чүй районундагы Он-Бир-Жылга (6 үй-бүлө) айылдарында жашап турушат.

Ивановка районундагы Барат айылында барат уругу жашайт (70 ке жакын үй-бүлө), аларды адатта байсейит бөлүкчөсүнө (солто уруусу, бөлөкбай бөлүкчөсү) таандык кылып келишкен. Бирок, барат уругунун өкүлдөрүнүн өздөрү өзүлөрүн дөөлөстөргө таандык кылышат.

Сатыке менен Алыйлардан башка да Булбулдун уулдары катарында Аккөйлүү менен Айтбайды аташат. Карыялардын айтуусу боюнча, алардын тукумдары Алты шаардын аймагына (азыркы КЭРдин Синьцзян-Уйгур автономдуу облусу) ооп кетишкен. Кээ бир информаторлордун билдиргендерине караганда Синьцзяндын ар кайсы жерлеринде жашаган кыргыздардын ичинде дөөлөс деп аталган топтор бар.

Кармыштын тукумдары өздөрүн майна деп аташкандай, Булбулдун тукумдары өзүлөрүн жалпысынан көп учурда Булбулдун бир тууганларынын бири — Майнанын ысмы менен аташат.

Керейит жана кызыл аяк уруктарын дөөлөстөрдүн генеалогиялык схемасына кошулганы, сыягы, бул уруктардын өкүлдөрүнүн узак убакыт бою дөөлөстөрдүн арасында жашап келгендиги менен түшүндүрүлсө керек. Керейит уругунун Кыргызстандын түштүгүндөгү өкүлдөрү да (ал жакта алар өздөрүн герейит деп аташат) өздөрүн дөөлөс уруусунун бир бөлүгү катарында эсептешсе да, бул уруктун түпкү теги башка экендигинен шектенүүгө болбойт. Кызыл аяк тобунун да дөөлөс уруусу менен этникалык байланышы болбосо керек.

## *Кыпчак*

Түштүк Кыргызстандын территориясында чектелүү аймактарда жашап турган уруулар менен теги жагынан байланышы бар түндүк-кыргыз этникалык топторунун ичинде кыпчак тобу да бар.

Революцияга чейинки булактарда кыпчактар жашап турган бир гана жер көрсөтүлгөн. Пишпек уездинин Талкан болуштугунда 118 кожолук катталган (Шарпылдак жана Чоӊ-Арык өрөөндөрү)[186].

Азыркы учурда Чүй өрөөнүндө, Ысык-Көл кылаасында жана Тянь-Шань облусунда жашап турган бир нече чакан топтор өзүлөрүн теги боюнча кыпчактарбыз деп аташат.

Чүй өрөөнүндө алар төмөнкү айыл-кыштактарда жашап турушат: Ороо (180 үй-бүлө), Чоӊ-Арык (көпчүлүгү) Кызыл-Аскер району; Чоӊ-Далы (20 га жакын үй-бүлө) Кант району; Воронцовка (20 дан көбүрөөк үй-бүлө) Ворошилов району; Дөӊ-Арык (21 үй-бүлө) Ивановка району; Кашкелеӊ (3 үй-бүлө) Быстровка району; Бейшеке (20%) Кемин району;

Тянь-Шань облусунда кыпчактар төмөнкү айыл-кыштактарда бар экени белгиленген: Ала-Кулун (30 үй-бүлө), Кызыл-Эмгек (6 үй-бүлө), Терек Ак-Талаа району; Төш-Булак (20 га жакын үй-бүлө) Ат-Башы району; Кара-Булуң (3 үй-бүлө) Кочкор району.

Ысык-Көл боюнда кыпчактар Тоң районундагы Большевик (10 үй-бүлө), Түп районундагы Күрмөнтү, Сары-Булак, Ново-Вознесенск районундагы Ак-Булуң айылдарында жашашат.

Кыпчактардын бул топторунун өкүлдөрүнүн көпчүлүгү өздөрүнүн бөлүкчөлөрүн билишпейт. Чүй өрөөнүндөгү бир нече айыл-кыштактарда, (Ороо, Чоң-Арык) жана Тянь-Шандагы Төш-Булак айылында жашаган кыпчактар гана аздыр-көптүр ишенимдүү түрдө кыпчак уруусунун негизги бөлүкчөлөрүнүн бирине, атап айтканда, тору айгыр бөлүкчөсүнө таандык кылышты. Ороо айылында жашаган кыпчактар ак бото, кудаке жана тосой деген үч урукка; чоң-арыктык кыпчактар таранчы жана жети айгыр деген урукка бөлүнүшөт. Терек жана Төш-Булак айылдарында жашаган кыпчактар өздөрүн Туйгундун тукумдарына таандык кылышат, ал эми Ала-Кулун айылындагы топ өзүлөрүн анын бир тууганы Тайлактын тукумдарыбыз деп эсептешет.

Бардык кыпчактар бир ооздон өзүлөрүн Түштүк Кыргызстандан чыкканбыз деп айтышат.

### Кыдырша

Түштүк кыргыздардан чыккан майда топтордун ичинде кыдырша тобу да белгиленген. Анын өкүлдөрү (8 үй-бүлө) Тянь-Шань облусунун Ак-Талаа районундагы Дөрбөлжүн жана Ничке-Суу айылдарында жашап турушат. Алардын айткандарына караганда алар азыркы Ош облусунун аймагынан көчүп келишкен жана көсөө уругуна таандык.

### Тейит

Тейит уруусу эчактан бери эле азыркы Ош облусунун айрым конуштарын мекендеп турушат. Ал жерлерден чыккандардын алтынчы-жетинчи муундагы тукумдары азыркы учурда топтошкон түрдө Покровка районундагы (Ысык- Көл бою) Чычкан айылында жашап турушат, алардын 50 гө жакын кожолугу бар. Мындагы тургундар Сарсейиттин тукумдары.

### Нойгут

Нойгут деп аталган уруу өткөндө Алай кырка тоолорунун түндүк этек-жакаларында, негизинен азыркы Ош облусунун Баткен районунун аймагында жайгашып турган. Түндүк Кыргызстанда бул топтордон анча чоң эмес уруктар жашап турган эки айылды аныктадык, алар: Тянь-Шань облусундагы Жумгал районунун Ак-Татыр айылы (бир нече үй-бүлө) жана Ысык-Көл кылаасындагы Ново-Вознесеновка районунун Зындан айылы (15 ке жакын үй-бүлө). Кийинкилери өзүлөрүн ойгут деп аташат, бирок айлана-тегерегиндеги калк алардын уругун бугу уруусунун арык бөлүкчөсүнүн жоо татыр бутагына таандык кылышат.

### Келдике

Анча чоң эмес келдике тобунун түпкү теги легендарлуу Тагайдын уулдарынын бири — Кара-Чородон башталат.

Октябрь революциясына чейин бул топ Пишпек уездинин Темирболот болуштугундагы Кош-Алыш, Богуш, Бечел жана Сокучу өрөөндөрүндө (208 кожолук)

жана ошол эле уезддин Тынай болуштугундагы Чечей-Алыш жана Окторкой өрөөндөрүндө (88 кожолук) жашап турган[187].

Карыялардан алынган маалыматтар боюнча келдикеликтердин тукумдары азыркы учурда Быстровка районундагы Чым-Коргон (40 үй-бүлө), Ново-Михайловка; Чүй районундагы Дөң-Арык (7 үй-бүлө); Кочкор районундагы Чоң-Алыш (10 үй-бүлө), Ак-Кудук (30—40 үй-бүлө) жана Куланак районундагы Тилектеш (20 үй-бүлө) айылдарында жашап турушат.

Информаторлор келдикелердин Түштүк Кыргызстандан ооп келишкенин ырасташат. Алардын айткандары боюнча, азыр да, атап айтканда, Кетмен-Төбө ойдуңунда келдикелердин уруктары бар. Кочкор районунда жашагандар өзүлөрүн Тулубайдын тукумдарыбыз десе, Чым-Коргон айылындагылар Абийир баатырдын (ноорус уругу) тукумдарыбыз дешет. Бирок, генеалогиялык уламыштарды салыштырып карап көргөндө бул уруктардын жалпы ата-бабалары бар экендиги аныкталды. Келдикеликтерден чыккан эң карыя адам — 85 жаштагы Карбос Мамырбаев өзүн Карачоронун тогузунчу муундагы тукумумун деп эсептейт. Келдикелердин арасында айтылып жүргөн алардын ата-бабаларынын бири — көзү ачык, сынчы болгон имиш деген Көчөк жөнүндөгү уламыш да кызык. Ал уламышта Көчөктүн кыргыздардын жол башчысы Кудаяндын өлүмүн алдын-ала айтканы жана ал айткандай эле анын өлүмгө дуушар болгону жөнүндө сөз болот.

### *Чоң багыш*

Чоң багыш уруусунун чоң бөлүгү (тобу) СССРден тышкары — Кытай Эл Республикасынын Синьцзян-Уйгур автономдуу облусунда жайгашып турат. Чоң багыштардын анчалык көп эмес сандагы тобу азыркы Ош облусунун аймагында бар экени аныкталды[188]. Биз тараптан Түп районундагы (Ысык-Көл бою) Көөчү айылында чоң багыштардын 20 га жакын үй-бүлөсү эсепке алынды.

Көпчүлүк информаторлордун пикирлери боюнча чоң багыш уруусу кыргыздардын сол канатынын курамына кирет. Бирок бул жагынан жакшы кабары бар кээ бир адамдар буга каршы чыгышып, чоң багыштарды оң канатка таандык кылышат. Н. Ф. Ситняковский болсо аны «ичкилик» деген жалпы ат менен бириккен уруулардын бири катарында карайт[189].

Чоң багыштардын негизги бөлүкчөлөрү катарында төмөнкүлөрдү аташат: аскалы, каңдабас, кулан сарык, пичине (бечине), килет, кулунчак (кээ бирөөлөр кулун жана чаак деген эки бөлүкчө бар деп эсептешет). В. В. Радлов төмөнкү бөлүкчөлөрдү атап көрсөтөт: аскалы, торо, мачак, үч тамга, каңдабас, кош тамга, куан дуан (Киап-Диап)[190].

Бирок айрым бир информаторлор аталган бөлүкчөлөрдү жалпы эле сол канаттын негизги бөлүкчөлөрүнүн катарына кошушат, алардын пикири боюнча сол канаттын азыркы саруу, кушчу, кытай, мундуз жана башка уруулары дал ушул бөлүкчөлөрдөн келип чыгышкан. Бул көз караштан алганда чоң багыш уруусунун өзү да аскалыдан келип чыккан.

Жогоруда айтылгандардан келип чыга турган жыйынтык бул: чоң багыш уруусунун түпкү теги жана анын курамы жөнүндөгү маселе Кытай Эл Республикасындагы чоң багыштардын азыркы жашап турган негизги райондорунда изилдөөлөрдү жүргүзүүнүн натыйжасында гана такталышы мүмкүн.

### *Жедигер*

Жедигер уруусу эчактан бери эле азыркы Ош облусунун аймагында жашап келген. Пишпек уездинин чектеринде бул уруунун өкүлдөрү Октябрь революциясы

болоордун алдында Каракечүү болуштугунда гана (Күмүш-Булак өрөөнү, 19 кожолук) катталган[191].

Кыргыз археологиялык-этнографиялык экспедициясынын этнографиялык отряды тарабынан жедигерлердин тукумдары төмөнкү айыл-кыштактарда бар

экени аныкталды: Калмак-Ашуу (3 уй-бүлө), Тар-Суу (3 үй-бүлө) Панфилов району; Жедигер (20 га жакын үй-бүлө) Кант району; Кара-Булуң (50 үй-бүлө), Электор жана Теңдик (9 үй-бүлө) Кочкор району; Кошой-Коргон (4 үй-бүлө) Ат-Башы району, Тянь-Шань облусу.

Жедигер айылында асан уулу жана нооруз уулу деген үй-бүлөлүк-туугандык байланышы бар топтор жашайт.

Карыялар жедигерлердин Кытай Эл Республикасынын Синьцзян Уйгур автономдуу облусунда да бар экенин айтышат.

## *Күркүрөө*

Этнографиялык топ күркүрөө теги али толук аныкталып бүттү деп айтууга болбой турган топторго кирет. Мурда биз, мүмкүн, мунун теги ногойлордон чыккандыгын белгилеген элек[192], бирок топтун кээ бир өкүлдөрү муну саруу уруусунан чыккан деп айтышат. Бул уруктун бир аз обочолонуп жашап тургандыгы Олуя-Ата уездиндеги Кара-Буура болуштугунун калкынын топторунун бири катарында катталганы жана анын Чымкент жана Айыр-Там өрөөндөрүндө саруулар менен багыштардын ичинде жашап тургандыгы менен ырасталат, булардын 130 кожолугу болгон[193].

Азыркы учурда Талас өрөөнүндөгү Киров районунун калкынын бир бөлүгү өздөрүн теги боюнча күркүрөө тобуна таандык кылышат: Алар Кара-Суу (80 үй-бүлө), Кара-Буура (20 үй-бүлө) жана Кировское (15 үй-бүлө) айылдарында орун алган. Карыялардын айткандары боюнча азыркы Ош облусунун аймагында (Уу-Төр деген жерде) күркүрөө тобунан 100 гө жакын үй-бүлө жашайт. Бекман жана Кожоакмат топтун бөлүкчөлөрү катарында аталат.

## *Калча*

Калча деп кээ бир чоң уруулардын ичиндеги майда топтор аталып жүрөт. Айрым учурларда бул аталыш жакын ата-бабанын ысмы менен байланыштуу келип чыккан. Бирок, таптакыр башка тектеги, балким, тажик тектүү уруктар да бар[194]. Алардын ата-бабалары Фергана өрөөнүнөн ар кандай себептер менен өзүлөрү келишкен, же ал жактан кулдар катарында күч менен алынып келинген,

Куланак районунда калча деген аталыш менен Кадыраалы айылында 10 үй-бүлө, Көлмө айылында 4 үй-бүлө, Жаңы-Тилек айылында бир нече үй-бүлө белгилүү, алар чекир саяк манаптарынын букараларынын тукумдары болуп саналат, ошондой эле Тогуз-Торо районундагы Дөдөмөл айылында саяктардын жергиликтүү топторунун арасында 5 үй-бүлө жашап турат.

## *Күрөң*

Теги али изилдеп, аныктала элек топтордун ичинде күрөң тобу да аталууга тийиш. Бул топтун теги-жайы жөнүндө информаторлордун берген маалыматтары карама-каршы. Бирөөлөрү бул топ, келдике тобу жана суу мурун уруусу сыяктуу эле Тагайдын уулу — Карачородон тараган дешет, башкалары, бул топтун түпкү атасын Тагайдын карындашы — Наалы эже тарбиялаган деп эсептешет. Үчүнчүлөрдүн айтканы боюнча, бул топтун ата-бабалары Фергана өрөөнүнөн келип, Кыргыздарга кошулган дешет.

Октябрь революциясы болоордун алдында 71 кожолуктан турган күрөң тобу Пржевальск уездиндеги Эсенгул болуштугунда катталган[195].

Азыркы учурда Ат-Башы районундагы Төш-Булак айылындагы 20 үй-бүлө[196], Куланак районундагы Учкун жана Ак-Булак айылындагы 30 дан ашык үй-бүлө,

Нарын районундагы Он-Арча айыл кеңешиндеги 5 үй-бүлө, Кемин районундагы Кара-Булак айылында 10 үи-бүлө өздөрүн ушул топко таандык кылышат.

### *Мөңкө*

Анча чоң эмес мөңкө тобунун теги, информаторлордун айткандары боюнча кыргыз эмес. Анын теги «сарт», бул топтун ата-бабалары Фергана өрөөнүнөн (башка бир маалымат боюнча Талас өрөөнүнөн) келишкен деген маалыматтар бар. Бирок да тынымсейит уруусунун курамында да мөңкө уругу бар экенин белгилеп коюу керек. 36 кожолуктан турган ушундай аталыштагы топ Октябрь революциясы болоордун алды ченде жүргүзүлгөн изилдөөдө Пишпек уездиндеги Тынай болуштугунда катталган[197]. Ал топ Кызыл-Ооз жана Байдамтал өрөөндөрүн конуштап турган.

Азыркы учурда өздөрүнүн мурдагы аталышын унутпаган чакан мөңкө, мисалы, Быстровка районундагы Кызыл-Суу айылында 8 үй-бүлө бар.

Калмак

Теги кыргыз эмес топторго — ар түрдүү айыл-кыштактарда чакан топтор түрүндө жашап турган жана жергиликтүү калк тарабынан же калмак, же ушул уруктун теги калмак болгон деп айтылган ата-бабасынын ысмы менен аталып жүргөн этнографиялык топтор да таандык боло алат.

*20-таблица*

**Теги боюнча калмак тобуна таандык кылынып жүргөн кыргыздардын азыркы учурда жашап турган жерлери**

| Аталышы | Элдүү пункттар |
|---|---|
| Чыйжың*<br>Алодун<br>Күңэлек<br>Баштык | Үч-Өрүк (37 үй-бүлө), Кайыңды** Кемин району, сарбагыш- тардын ичинде |
| Беш калмак | Чүй районундагы Кегети турагы, сарбагыштардын ичинде |
| Бай калмак уулу | Ак-Кыя (10%) Ак-Талаа району |
| Боркок уулу | Туткуй, Саз (6 үй-бүлө) Ак-Талаа району |
| Калмак | Куланак (10 үй-бүлө), Кызыл-Эмгек (5 үй-бүлө), Кара-Булуң (5 үй-бүлө) Куланак району; «Кыз-Арт» совхозу Жумгал району |
| Эсембай уулу*** | Көлмө (10 үй-бүлө) Куланак району**** |

* Жергиликтүү калк аларды калмак деп аташат.

** Бул жерде жашап турган үй-бүлөлөрдүн саны аныкталган жок.

*** Дээрлик ушул эле Эсенбай деген ат менен теги али белгисиз бойдон калган анча чоң эмес топ да белгилүү. Солтолордун чөйрөсүндө жашап турса да, бул топ өз тегин солто уруусу менен байланыштырбайт. Вл. Пятницкийдин айтканы боюнча «эсенбайлар өздөрүнүн теги кул экенин танышпайт» (Вл. Пятницкий. Киргизы. «Землеведение», 1932, т. XXXIV, вып. 3—4, 193-б.). А. Жумагулов бизге билдиргендей, аны менен аңгемелешкен 63 жаштагы Айдарбек Маматбеков, өзүн Эсенбайдын үчүнчү муундагы тукуму экенин жана түпкү атасынын теги жөнүндө бирдиктүү пикирдин жоктугун айтып берген. Анын теги калмак болушу да ыктымал. Азыркы учурда Ворошилов районундагы Беш-Күнгөй айылындагы 60—70 үй-бүлө, ошол эле райондогу Чуң курчак өрөөнүндө жашаган «Аламүдүн» совхозунун жумушчуларынын 20 га жакын үй-бүлөсү өздөрүн Эсенбайдын тукумубуз дешет.

| | |
|---|---|
| Беш күрөң (калмак) | Төш булак (6 үй-бүлө) Ат-Башы району |

Бул топтор жалпы ата-бабалардын аты менен бириккен эмес. Азыркы учурда алар өзүлөрүн кыргыздарга таандык кылышат жана, эреже катарында, тигил же бул чоң урууга кошушат. Алар турмуш-тиричилик жагынан кыргыздардан эч нерсеси менен айырмаланбайт. Бирок, алардын айлана-чөйрөсүндөгүлөр жергиликтүү калктын курамы жөнүндө сураштыра келгенде көпчүлүк учурда мындай уруктардын түпкү ата теги кыргыз эмес экендигин белгилешет.

Революцияга чейинки материалдарда бир гана жолу Пржевальск уездиндеги Эсенгул болуштугунда жашап, он кожолуктан турган жана калмак деп аталган топ эскерилет[198].

Азыркы учурда Кыргыз археологиялык-этнографиялык экспедициясынын этнографиялык тобу чогулткан маалыматтар боюнча, бул уруктар 20-таблицада аталган айыл-кыштактарда жашап турушат[199].

## *Сарт-калмак*

Ысык-Көл боюндагы кыргыз калкынын арасында Октябрь революциясына чейин сарт-калмак деп аталган этнографиялык топ бир аз өзгөчөлөнгөн абалды ээлеп турган. Ал топ өзүнүн теги боюнча өз алдынчалыгын аңдап-сезүү менен бирге, турмуш-тиричилигинде, айрым бир этникалык өзгөчөлүктөрдү, атап айтканда, моңгол тилинин батыш тобуна таандык болгон өз тилин да сактап калган. Мүмкүн, ушул белгилери боюнча сарт-калмак тобу Октябрь революциясына чейин Пржевальск уездинде озүнчө административдик бирдикке — Сарт-Калмак болуштугуна бөлүнгөн болсо керек, анда 366 кожолук болгон. Бул топ Бөрүбаш, Челпек, Зындан, Каракол, Кара-Кыз, Ак-Булак өрөөндөрүндө жашап турган[200].

Өзүнүн теги боюнча сарт-калмактардын негизги массасы батыш моңголдорго (ойротторго), алардын ичинде кара-калмак же өлөтам деп аталгандарга таандык болушат, булардын олуттуу бөлүгү азыркы учурда Текес суусунун бойлорунда жана Кытай Эл Республикасынын Синьцзян-Уйгур автономдуу облусунун батыш бөлүгүнүн кээ бир аймактарында жашап турушат. Мурда бул топтун өкүлдөрү өздөрүн өлөт деп, кийинчерээк — сарт-калмак деп аташкан. Октябрь революциясынан кийин «кыргыз» деген аң-сезим сиңе баштайт. Бул сарт-калмактардын акырындык менен өз эне тилин жана эски жашоо-тиричилигинин айрым өзгөчөлүктөрүн жоготуп коюшкандыктан улам болгон. Азыркы учурда чарбалык турмушунун шарттары, тиричилиги жана маданияты боюнча сарт-калмактар айлана-чөйрөсүндөгү кыргыз калкынан эч кандай айырмаланбайт, ошондуктан аларды кыргыздардын курамындагы этнографиялык топ катарында кароого болот.

Сарт-калмактардын өзүлөрү да алда качантан бери эле этникалык жактан бир тектүү болбой калган. Карыялардын айткандарынын негизинде, сарт-калмактардын курамына солто, сарбагыш, бугу, адигине, коңурат сыяктуу ар түрдүү топтордун кыргыздарынын тукумдары да кирген деп корутунду чыгарууга болот. Алардын ортосунда көптөн бери эле нике байланыштары орун алып келген. Информаторлордун маалыматтары боюнча Бөрү-Баш айылында теги боюнча кара калмактардан болгон жана алтымыш түтүн деп аталган сарт-калмактар жашап турат. Челпек айылында кыргыздар да кирген аралаш топ жашайт. Бул топ эки тилдүү болгон. Сарбагыш уруусунан, 82 жаштагы Илепес Сейитовдун айтканы боюнча, анын өспүрүм чагында Ысык-Көл боюнда калмактардын калдыгы жашап

**** Бул жерде Эсенбай уулу тобун калмак деп аташат.

турган, алардын бир бөлүгү көпкө узабастан ал жактан көчүп кетишкен, ал эми кара-калмактардын 60 үй-бүлөсү болсо биз кыргызбыз жана кыргыздардын арасында калабыз деп билдиришкен. Бул маалыматты азыркы сарт-калмактардын ата-бабалары Каракол (Пржевальск) шаарынын чет-жакасына биротоло 1884-жылы келип жайгашкан деген тарыхый маалыматтар толук ырастап турат.

Азыркы учурда сарт-калмактар негизинен Ысык-Көл кылаасында Пржевальск районундагы жогоруда аталган эки айылда жашап турушат.

### *Чала-Казак*

Аралаш тектен чыккан, азыр өздөрүн кыргыздарга таандык кылган, бирок өтө эле ар түрдүү элементтерден куралган этнографиялык топту чала-казактар деп аташат. 68 жаштагы Эрмекбай Солтобаевдин айтканы боюнча, чала- казактардын курамынан, бир жагынан кыргыздардын ар түрдүү урууларынан, мисалы, солто (күнтуу бөлүкчөсү, төлөк, көгөй уруктары), моңголдор жана башкалардын тукумдарын, ал эми экинчи жагынан, башка улуттардын, мисалы, өзбектердин, уйгурлардын өкүлдөрүн табууга болот. Уйгурлар бул жакка мындан 100—125 жыл мурда, Батыш Кытайдын ар түрдүү айыл-кыштактарынан келишкен, алар кашкарлык жана таранчы топторуна таандык. Чогуу жашоонун жана никелик байланыштардын натыйжасында чала-казактардын курамына кирген ар түрдүү элементтер өздөрүнүн өзгөчөлүктөрүн жоготушуп, бүткүл топ жалпы бейнеси боюнча айлана-чөйрөдөгү кыргыз калкынан айырмасы аз болуп калган.

Азыркы учурда Фрунзе шаарынын түбүнөн орун алып, чала-казак деп аталган Кызыл-Аскер айылынын тургундарынын бир бөлүгүн чала-казактардын тукумдарына таандык кылышат.

Олуя-Ата уездин изилдөөнүн материалдарында Үч-Коргон болуштугунда (Кара-Арча өрөөнү) калкынын курамында чала-казак тобунун бар экени белгиленген. Бул жерде кушчулар менен бирге чала-казактардын 65 кожолугу жашап турган[201]. Суроолорго алынган маалыматтарга ылайык бул чала-казактардын тукумдары азыр Талас өрөөнүндө, Покровка районундагы Кара-Арча айылында (алар тургундардын 60%ына чейинкисин түзөт, калгандары — кушчулар) жана Жайылган айыл кеңешинин аймагында өзбектер жана уйгурлар менен аралаш жашап турушат. Балким, чала-казактардын бул тобун да локалдуу этнографиялык топ катарында кароого болот.

Сартек уругунан чыккан Тагайча (аны адигине уруусунан чыккан асылбаштарга таандык кылышкан) деген кыргыздын тукумдарынын чакан тобу да чала-казак деген ат менен белгилүү болгон. XVII кылымда болуп өткөн кыргыздардын ири кыймылдарынын учурунда бул топ адашып калып, Казалы деген жерде көчүп-конуп жүргөн казактарга туш келет (азыркы казак ССРинин Кызыл-Ордо облусу). Бул топтун өкүлдөрү узак мезгил бою казактардын арасында жашап, бардык жагынан аларга окшош болуп калышкан. Ошентсе да алар өздөрүнүн теги кыргыз экенин эстеринен чыгарышпаган болсо керек. Бул топтун кыргыздардан тураарын солто уруусунан Меккеге ажыга бараткан зыяратчы алардын жылкыларынын эн тамгасы боюнча билген (алар мурда солтолордун арасында жашагандыктан жылкыларында солтонун эн тамгасы салынган экен). Ал бул топту ата-мекенине кайтып келүүгө көндүрүп, акыры өзү менен кошо Чүй өрөөнүнө көчүрүп ала келет. Бул жерде аларды чала-казактар деп аташып, бул ылакап ат аларга биротоло энчиленип калат. Алар Сталин районундагы Чапаев айылдык кеңешине караштуу «Красный пахарь» колхозунда орустар менен аралаш жашап турушат.

# ЭТНИКАЛЫК ТОПТОРДУН КУРАМЫ ЖАНА ЖАШАП ТУРГАН ЖЕРАЕРИ ЖӨНҮНДӨ КӨБҮРӨӨК МААНИЛҮҮ МААЛЫМАТТАРДЫ БЕРГЕН АДАМДАРДЫН ТИЗМЕСИ

## *Генеалогиялык уламыштардын билермандары*

1. Лалиев Кул, 40 жашта, бугу уруусу, Кең-Суу айылы, Туп району
2. Алымбеков Тургумбек, 73 жашта, солто уруусу, сабаттуу, Кум-Арык айылы, Панфилов району
3. Байбостонов Кул, 68 жашта, кушчу уруусу, сабаттуу, Жергетал айылы, Нарын району, Тянь-Шань облусу
4. Баймуратов Жалпэтек, 68 жашта, багыш уруусу, сабаттуу, Кең-Сай айылы, Буденный району
5. Байчериков Өмүралы (Узун молдо), 90 жаш, адигине уруусу, сабаттуу, Жети-Өгүз айылы, Жети-Өгүз району
6. Борсумбаев Жунус, 59 жашта, тынымсейит уруусу, сабаттуу, Миң-Булак айылы, Нарын району, Тянь-Шань облусу
7. Бөгөналиев Масалбек, 74 жашта, кытай уруусу, сабатсыз, Тельман айылы, Киров району
8. Боомбаев Насретдин (1937-жылы, 46 жашында каза болгон, мугалим; кол жазмасынан жазып алынды), сарбагыш уруусу, Кемин районундагы Кароол-Дөбө айыльшда жашаган.
9. Жайыков Чаки, 74 жашта, бугу уруусу, сабатсыз, Кара-Күнгөй айылы, Кочкор району, Тянь-Шань облусу
10. Жумабаев Сабыр, 44 жашта, мундуз уруусу, сабаттуу, Быстровка айылы, Быстровка району
11. Курманалиев Сарт, 41 жашта, адигине уруусу, сабаттуу, Күңэлек айылы, Алай району, Ош облусу
12. Кыдыралиев Султан, 65 жашта, дөөлөс уруусу, сабаттуу, Аң-Өстөн айылы, Жети- Өгүз району
13. Малаев Жумабай, 85 жашта, баарын уруусу, сабатсыз, Чымкент айылы, Киров району
14. Маңгытов Сагымбай, 66 жашта, бугу уруусу, сабаттуу, Шалба айылы, Жети-Өгүз району
15. Матаев Ашым, 63 жашта, сарбагыш уруусу, сабаттуу, Электор айылы, Кочкор району, Тянь-Шань облусу
16. Сейитов Илепес, 82 жашта, сарбагыш уруусу, сабаттуу, Туз айылы, Кочкор району, Тянь-Шань облусу
17. Талканбаев Жээнбай, 59 жашта, моңолдор уруусу, сабаттуу, Чым-Коргон айылы, Быстровка району
18. Чоробаев Абдыкалык, 57 жашта, кушчу уруусу, сабаттуу, Чоң-Арык айылы, Куланак району
19. Чоткараев Усубалы, 72 жашта, саяк уруусу, сабатсыз, К. Маркс атындагы колхоз, Тоң району
20. Шыгаев Ыймамбек, 71 жашта, жетиген уруусу, сабаттуу, Талды-Булак айылы, Буденный району

## *Бугу уруусу*

21. Айтбаев Токтогожо, 60 жашта, сабаттуу, Барскон айылы, Покровка району
22. Бакалов Тилек, 72 жашта, сабаттуу, Большевик айылы, Тоң району

23. Бакиев Мурзакмат, 72 жашта, сабатсыз, Шапак айылы, Ново-Вознесенск району

24. Деркембаев Бейшенбай, 71 жашта, сабатсыз, Чычкан айылы, Покровка району

25. Деркембаев Садык, 66 жашта, сабатсыз, Дархан айылы, Покровка району

26. Калыбаев Кадыркул, 74 жашта, сабатсыз, Дархан айылы, Покровка району

27. Канетов Кангелди, 66 жашта, сабаттуу, Ак-Булуң айылы, Ново-Вознесенск району

28. Кененбаев Ымамбек, 70 жашта, сабаттуу, Октябрь айылы, Пржевальск району

29. Сатыбеков Чыңгышбек, 74 жашта, сабатсыз, Ак-Булуң айылы, Ново-Вознесенск району

30. Торгоев Имамбет, 72 жашта, сабаттуу, Ак-Булуң айылы, Ново-Вознесенск району 31.Чигитеев Сартбай, 85 жашта, сабатсыз, Совет айылы, Ново-Вознесенск району

32. Шертаев Сарткалмак, 70 жашта, сабатсыз, Ак-Булуң айылы, Ново-Вознесенск району

Тынымсейит уруусу

33. Канаев Жунус, 80 жашта, сабатсыз, Эмгекчил айылы, Нарын району, Тянь-Шань облусу

34. Канаев Молдоалы, 85 жашта, сабатсыз, Эмгекчил айылы, Нарын району, Тянь-Шань облусу

### *Солто уруусу*

35. Аймамбаев Сагымбай, 67 жашта, сабатсыз, Сталин атын. колхоз, Сталин району

36. Аманбаев Кыдыке, 78 жашта, сабатсыз, Токөлдөш айылы, Ворошилов району

37. Андабеков Мамбеталы, 82 жашта, сабатсыз, Кара-Сакал айылы, Сокулук району

38. Андабеков Раманкул, 70 жашта, сабатсыз, Кара-Сакал айылы, Сокулук району

39. Жаркымбаев Арык, 78 жашта, сабатсыз, Шалта айылы, Кызыл-Аскер району

40. Дүйшөбаев Абдылда, 60 жашта, сабаттуу, Сын-Таш айылы, Ивановка району

41. Илебаев Сырыкум, 72 жашта, сабатсыз, Көнөк айылы, СоКулук району

42. Кыштообаев Кыдыралы, 66 жашта, сабатсыз, Сталин атын. колхоз, Петровка району

43. Майчаков Жусуп, 49 жашта, сабаттуу, Октябрь айылы, Сталин району

44. Субанов Осмонкул, 75 жашта, сабатсыз, Орто-Кайырма айылы, Панфилов району

45. Сулайманкулов Садирдин, 68 жашта, сабатсыз, Сталин атын. колхоз, Сталин району

### *Сарбагыш уруусу*

46. Аалыбаев Садык, 66 жашта, сабаттуу, Кароол-Дөбө айылы, Кемин району

47. Акматов Закир, 43 жашта, сабаттуу, «Коммунизм» колхозу, Кочкор району, Тянь- Шань облусу

48. Аликеев Самсаалы, 74 жашта, сабатсыз, Кызыл-Дөбө айылы, Кочкор району, Тянь- Шань облусу

49. Балбанов Зулпукадыр, 67 жашта, сабаттуу, Тегирменти айылы, Кемин району

50. Бөрүев Топчубай, 59 жашта, сабаттуу, Калмак-Ашуу айылы, Кемин району

51. Деркембаев Момонкул, 70 жашта, сабатсыз, Электор айылы, Кочкор району, Тянь- Шань облусу

52. Касымалиев Акымалы, 69 жашта, сабаттуу, Учкун айылы, Куланак району, Тянь- Шань облусу
53. Келдибеков Дөөталы, 78 жашта, сабаттуу, Новороссийское айылы, Кемин району
54. Көкөев Абдыке, 63 жашта, сабаттуу, Кара-Суу айылы, Кочкор району, Тянь-Шань облусу
55. Майчинов Орозалы, 60 жашта, сабаттуу, Кашкелең айылы, Быстровка району
56. Осмоналиев Карабек, 69 жашта, сабатсыз, Куланак айылы, Куланак району, Тянь- Шань облусу
57. Сөйдөкөв Сопубек, 62 жашта, сабатсыз, Төрт-Күл айылы, Кемин району
58. Түлкүбаев Касым, 68 жашта, сабаттуу, Совет айылы, Кемин району
59. Эгембердиев Өкмөт, 27 жашта, сабаттуу, Ак-Кудук айылы, Куланак району, Тянь- Шань облусу

### *Чекир саяк уруусу*

60. Айдарканов Аман, 68 жашта, сабатсыз, Букара айылы, Панфилов району
61. Бабаев Молдоалы, 61 жашта, сабаттуу, Кара-Суу айылы (Суусамыр), Кызыл-Аскер району
62. Сазанов Багыш, 79 жашта, сабатсыз, Кара-Суу айылы, Жумгал району, Тянь-Шань облусу
63. Сарыгулов Мусамамбет, 54 жашта, сабаттуу, Дүрбөлжүн айылы, Ак-Талаа району, Тянь-Шань областы
64. Тилекматов Акматказы, 69 жашта, сабаттуу, Кыз-Арт айылы, Жумгал району, Тянь- Шань облусу
65. Улаков Коңкайты, 78 жашта, сабатсыз, Базар-Турук айылы, Жумгал району, Тянь-Шань облусу

Саяк уруусу

66. Мамбеталиев Эмилбек, 67 жашта, сабаттуу, Көк-Ийрим айылы, Тогуз-Торо району, Тянь-Шань облусу
67. Моңголдоров Эсеналы, 63 жашта, сабаттуу, Кара-Баткак айылы, Жумгал району, Тянь-Шань облусу
68. Мамыров Назармат, 60 жашта, сабатсыз, Атай айылы, Тогуз-Торо району, Тянь-Шань облусу
69. ТамашаевТоктомуш, 26 жашта, сабаттуу, Казарман айылы, Тогуз-Торо району, Тянь-Шань облусу
70. Үкүев Садабай, 73 жашта, сабатсыз, Көк-Ийрим айылы, Тогуз-Торо району, Тянь-Шань облусу
71. Чериков Бейшебай, 57 жашта, сабаттуу, Кара-Мойнок айылы, Кочкор району, Тянь- Шань облусу

### *Черик уруусу*

72. Абдрахманов Ыбрайым, 66 жашта, сабаттуу, Пограничник айылы, Ат-Башы району, Тянь-Шань облусу
73. Дербишев Кайып, 90 жашта, сабаттуу, Ат-Башы айылы, Ат-Башы району, Тянь- Шань облусу
74. Календеров Кожогелди, 67 жашта, сабатсыз, Кембел айылы, Ат-Башы району, Тянь- Шань облусу
75. Касымов Дүйшөмбү, 68 жашта, сабатсыз, Кембел айылы, Ат-Башы району, Тянь-Шань облусу

76. Качыбеков Жумабай, 62 жашта, сабаттуу, Кембел айылы, Ат-Башы району, Тянь-Шань облусу
77. Мусаев Айты, 48 жашта, сабаттуу, Жети-Өгүз айылы, Жети-Өгүз району
78. Токтобаев Бердалы, 85 жашта, сабаттуу, Жети-Өгүз айылы, Жети-Өгүз району
79. Чүрөков Осмон, 63 жашта, сабатсыз, Кара-Мойнок айылы, Кочкор району, Тянь-Шань облусу

## *Моңолдор уруусу*

80. Дербишев Өкүн, 53 жашта, сабаттуу, Ак-Моюн айылы, Ат-Башы району, Тянь-Шань облусу
81. Кызалаков Ысак, 62 жашта, сабаттуу, Самансур айылы, Быстровка району
82. Максутов Касым, 52 жашта, сабаттуу, Нарын шаары.
83. Осмонов Босбай, 37 жашта, сабаттуу, Ак-Жар айылы, Ат-Башы району, Тянь-Шань облусу
84. Өмүрбаев Осмон, 49 жашта, сабаттуу, Ак-Моюн айылы, Ат-Башы району, Тянь-Шань облусу
85. Талканбаев Сартбек, 67 жашта, сабаттуу, Ак-Жар айылы, Ат-Башы району, Тянь- Шань облусу
86. Тээжибаев Нуретдин, 72 жашта, сабаттуу, Ак-Моюн айылы, Ат-Башы району, Тянь- Шань облусу

Азык уруусу

87. Аалыбаев Аман, 33 жашта, сабаттуу, Он-Бир-Жылга айылы, Чуй району
88. Атабаев Молдокабыл, 76 жашта, сабатсыз, Кара-Коюн айылы, Ат-Башы району, Тянь-Шань облусу
89. Жакыпбаев Аманбай, 68 жашта, сабаттуу, Ат-Башы айылы, Ат-Башы району, Тянь- Шань облусу
90. Мендекулов Кадыр, 55 жашта, сабатсыз, Эпкин айылы, Кочкор району, Тянь-Шань облусу
91. Төрөканов Нияз, 68 жашта, сабаттуу, Туз айылы, Кочкор району, Тянь-Шань облусу

## *Багыш уруусу*

92. Байсеитов Шербек, 75 жашта, сабатсыз, Бакыян айылы, Киров району
93. Масалбеков Акымбек, 54 жашта, сабатсыз, Кара-Буура айылы, Киров району
94. Нармамбетов Барпы, 58 жашта, сабаттуу, Кара-Буура айылы, Киров району

Суу мурун уруусу

95. Дуулатов Бектемир, 73 жашта, сабатсыз, Кызыл-Арык айылы, Ивановка району
96. Коңурбаев Абдылда, 66 жашта, сабатсыз, Кызыл-Арык айылы, Ивановка району
97. Мурзалиев Бекбоо, 78 жашта, сабатсыз, Кызыл-Арык айылы, Ивановка району

Баарын уруусу

98. Жаңыбаев Ыбрай, 68 жашта, сабатсыз, Аң-Өстөн айылы, Жети-Өгүз району
99. Шопоков Осмоналы, 70 жашта, сабатсыз, Кош-Коргон айылы, Чүй району

## *Адигине уруусу*

100. Аалыбаев Чакы, 77 жашта, сабатсыз, Ворошилов, атын. колхоз, Мырза-Аке району, Ош облусу
101. Абдуразаков Сулайман, 54 жашта, сабаттуу, Кошчан айылы, Ноокат району, Ош облусу

102. Анарбаев Акматаалы, 60 жашта, сабатсыз, «Социализм» колхозу, Гүлчө району
103. Ашыров Мурзамат, 73 жашта, сабатсыз, Терек айылы, Алай району, Ош облусу
104. Бердигулов Ашырбек, 80 жашта, сабаттуу, Жылкоол айылы, Совет району, Ош облусу
105. Жунусов Бошотой, 74 жашта, сабаттуу, Ана-Кызыл айылы, Өзгөн району, Ош облусу
106. Жусубалиев Айткулу, 51 жашта, сабаттуу, «Октябрь» колхозу, Гүлчө району
107. Жээнтаев Жунусалы, 95 жашта, сабатсыз, Терек айылы, Алай району, Ош облусу
108. Калыкбердиев Азимбай, 80 жашта, сабатсыз, Босого айылы, Совет району, Ош облусу
109. Кененбаев Жакып, 70 жашта, сабаттуу, Кара-Жылга айылы, Совет району, Ош облусу
110. Мааткаримов Берикбай, 78 жашта, сабатсыз, Ана-Кызыл айылы, Өзгөн району, Ош облусу
111. Маамытов Кулу, 72 жашта, сабаттуу, Үч-Коргон айылы, Ноокат району, Ош облусу
112. Омекеев Молдожума, 78 жашта, сабатсыз, Үч-Коргон айылы, Ноокат району, Ош облусу
113. Сартов Кылыч, 64 жашта, сабатсыз, Андреев атын. колхоз, Алай району, Ош облусу
114. Солтоев Примберди, 83 жашта, сабатсыз, Шаркыратма айылы, Совет району, Ош облусу
115. Тойчубеков Мамбет, 79 жашта, сабатсыз, «Октябрь» колхозу, Гүлчө району, Ош облусу
116. Түкөев Рысалы, 79 жашта, сабатсыз, Чоң-Алыш айылы, Кочкор району, Тянь-Шань облусу
117. Чормошев Закир, 74 жашта, сабаттуу, Жылкоол айылы, Совет району, Ош облусу
118. Шайыпов Аалы, 79 жашта, сабатсыз, Жылкоол айылы, Совет району, Ош облусу

## *Саруу уруусу*

119. Алманов Сейдалы, 53 жашта, сабаттуу, Маданият айылы, Аенинполь району
120. Жунусов Баратбай, 57 жашта, сабаттуу, Аенинполь айылы, Ленинполь району
121. Дүйшөбаев Бекбоо, 74 жашта, сабатсыз, Нааматбек айылы, Ленинполь району
122. Итийбаев Асыранкул, 68 жашта, сабаттуу, Кызыл-Сай айылы, Ленинполь району
123. Какеев Шадыбай, 60 жашта, сабатсыз, Таш-Арык айылы, Талас району
124. Качкымбаев Курманкул, 64 жашта, сабатсыз, Бейшеке айылы, Киров району
125. Кенжетаев Мураталы, 85 жашта, сабатсыз, Кырк-Казык айылы, Талас району
126. Мамбеталиев Жусупбек, 59 жашта, сабаттуу, Кашка-Жол айылы, Ленинполь району
127. Осмонов Шералы, 73 жашта, сабаттуу, Ороо айылы, Ленинполь району
128. Өмүралиев Дүйшөналы, 52 жашта, сабаттуу, Бейшеке айылы, Киров району
129. Султаналиев Камчыбек, 51 жашта, сабаттуу, 8-Март айылы, Талас району
130. Төлөгабылов Таштамбек, 52 жашта, Долоно айылы, Талас району
131. Ысаев Сүйүнбек, 83 жашта, сабатсыз, Нылды-Сай, Талас району
КуШЧу уруусу
132. Абдраимов Насыралы, 56 жашта, сабаттуу, Кара-Суу айылы, Буденный району
133. Чомокеев Абыке, 75 жашта, сабатсыз, Учкун айылы, Куланак району, Тянь-Шань облусу

### *Жетиген уруусу*

134. Копобаев Абдрахман, 43 жашта, сабаттуу, Эмгек-Талаа айылы, Куланак району, Тянь-Шань облусу
135. Рысбергенов Абдрахман, 51 жашта, сабаттуу, Көпүрө айылы, Буденный району
136. Сарымашаев Ибраим, 70 жашта, сабаттуу, 8-Март атын. колхоз, Куланак району, Тянь-Шань облусу
Кытай уруусу
137. Телкозуев Молдоажый, 66 жашта, сабатсыз, Кытай айылы, Жети-Өгүз району

### *Басыз уруусу*

138. Орозобеков Назарбек, 58 жашта, сабаттуу, Үгүт айылы, Ак-Талаа району, Тянь-Шань облусу
139. Өмүралиев Сатыбалды, 62 жашта, сабаттуу, Чет-Булак айылы, Тогуз-Торо району, Тянь-Шань облусу
140. Тилекеев Кудайберген, 55 жашта, сабаттуу, Чым-Коргон айылы, Быстровка району
141. Шайыбеков Өмүркожо, 76 жашта, сабатсыз, Кош-Дөбө айылы, Тогуз-Торо району, Тянь-Шань облусу

### *Мундуз уруусу*

142. Бейбеков Курмангалий, 78 жашта, сабаттуу, Мундуз айылы, Жети-Өгүз району
143. Ноорузбаев Өмүрзак, 70 жашта, сабаттуу, Пржевальск ш.
144. Сатындыков Шадыкан, 61 жашта, сабаттуу, Бадрак айылы, Ленинполь району
145. Тостоков Кокушалы, 78 жашта, сабатсыз, Мундуз айылы, Жети-Өгүз району
146. Ыманов Ободо, 62 жашта, сабатсыз, Кызыл-Эмгек айылы, Куланак району, Тянь- Шань облусу

### *Төбөй уруусу*

147. Аралбаев Усупбек, 58 жашта, сабатсыз, Жалгыз-Терек айылы, Нарын району, Тянь-Шань облусу
148. Оморов Шаршен, 33 жашта, сабаттуу, Эмгек Талаа айылы, Куланак району, Тянь- Шань облусу

### *Дөөлөс уруусу*

149. Качыбеков Ракман, 72 жашта, сабатсыз, Пограничник айылы, Ат-Башы району, Тянь-Шань облусу
150. Суранчиев Султан, 70 жашта, сабаттуу, Аң-Өстөн айылы, Жети-Өгүз району
Кыпчак уруусу
151.Саралаев Дербиш, 63 жашта, сабаттуу, Төш-Булак айылы, Ат-Башы району, Тянь- Шань облусу
152. Тынаалиев Абдыкалык, 44 жашта, сабаттуу, Кызыл-Эмгек айылы, Куланак району, ; Тянь-Шань облусу
153. Чортонов Жамгырчы, 70 жашта, Сабатсыз, Ороо айылы, Кызыл-Аскер району

### *Келдике тобу*

154. Барманов Жунушалы, 62 жашта, сабатсыз, Чоң-Алыш айылы, Кочкор району, Тянь-Шань облусу
155. Мамырбаев Карбос, 85 жашта, сабатсыз, Ак-Кудук айылы, Кочкор району, Тянь- I Шань облусу

156. Тойчубаев Абылай, 56 жашта, сабаттуу, Дөң-Арык айылы, Чүй району


### *Калган башка уруулар жана топтор*

157. Ажыбеков Ишемби, 78 жашта, уругу коңурат, сабатсыз, Кырак айылы, Жети-Өгүз району
158. Доолуев Осмон, 65 жашта, уруусу жедигер, сабатсыз, Жедигер айылы, Кант району
159. Алсейитов Казак, 66 жашта, күрөң тобунан, сабатсыз, Төш-Булак айылы, Ат-Башы району, Тянь-Шань облусу
160. Атакулов Бектемир, 80 жашта, күркүрөө тобунан, сабатсыз, Кара-Буура айылы, Киров району
161. Солтобаев Эрмекбай, 68 жашта, чала-казак тобунан, сабаттуу, Кызыл-Аскер айылы, Кызыл-Аскер району
162. Сарыков Маамыт, 68 жашта, тейит тобунан, сабатсыз, Чычкан айылы, Покровка району


www.bizdin.kg



# КЫРГЫЗ ТАМГАЛАРЫ



www.bizdin.kg



www.bizdin.kg


**монголдор**

жагалмай тамга





Н. Ф. Петровский боюнча



чолок туума




куу сөөк



**баарын**

ача тамга




(андакулдун тукумдарында)

төгөрөк тамга




(ана баарындарда)

босого тамга



**жедигер**

кылыч тамга



**адигине**

адигине тамга



сарттар

жагалмай тамга



туура тамга



ай тамга (же наал тамга)



мурзаке

жагалмай тамга



баргы

жагалмай тамга (же балдак тамга)



кара баргы

кара баргы тамга



олжоке }
көкчө }


орок тамга



www.bizdin.kg

**адигине**

тооке — тооке тамга



теңизбай — теңизбай тамга



бөрү — бөрү тамгасы

кара багыш — жагалмай тамга



босого тамга




**мунгуш**

жагалмай тамга

кош тамга



**саруу**


алакчын

Гродеков боюнча




колпоч


 

берен (Гродеков боюнча)



www.bizdin.kg






## *Этникалык аталыштардын көрсөткүчү*

| Этникалык аталышы | Бөлүкчөлөр | Уруу. Этнографиялык топ | Струюуранын схемасы(сүрөттүн катар саны) |
|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 |
| аалибек | элчибек | сарбагыш | 5 |
| аалыбай | белек | бугу | 2 |
| абадан | манап | сарбагыш | 5 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| абаилда | манап | сарбагыш | 5 |
| абак | курманкожо | чекир саяк | 6 |
| абдик | бөгөнөк | моңолдор | 9 |
| абзый | жети уруу | саруу | 16 |
| абдыраман | манап | сарбагыш | 5 |
| абик | талкан | солто | 4 |
| абык | бай мундуз | мундуз | 21 |
| абыла | кара багыш | адигине | 15 |
| абыла | жети урук | сарбагыш | 5 |
| абылай | манап | сарбагыш | 5 |
| абылай | тогузак | суу мурун | 12 |
| абышка | | дөөлөс | 23 |
| абышка | дербиш | жетиген | 28 |
| ават | каба | саяк | 7 |
| агынай | бош моюн | саруу | 16 |
| адигине | | | 1 |
| адий | бөрү | адигине | 15 |
| адык | жаманак | тынымсейит | 3 |
| адына | жоош | кушчу | 17 |
| адыр | бапа | бугу | 2 |
| ажы | манап | сарбагыш | 5 |
| ажы | талкан | солто | 4 |
| ажыбай | талкан | солто | 4 |
| ажыбай | курманкожо | чекир саяк | 6 |
| ажыбай | мундуз | мундуз | 18-б. |
| ажыбек | баргы | адигине | 15 |
| ажыбек | | коңурат | 19 |
| ажыбек | алакчын | саруу | 16 |
| ажыбек | талкан | солто | 4 |
| ажыбек | кулжыгач | чекир саяк | 6 |
| азоо булаш | жору | адигине | 15 |
| азык | | | 1 |
| айдаке | манап | сарбагыш | 5 |
| айдаке | өйдө чекти | саяк | 7 |
| айдарбек | колпоч | саруу | 16 |
| айдарбек | талкан | солто | 4 |
| айдарбек | кулжыгач | чекир саяк | 6 |
| айта | бөлөкбай | солто | 4 |
| эзир | ай тамга | саруу | 16 |
| элике | баргы | адигине | 15 |
| элтинди | каба | саяк | 7 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| элтинди | куттуксейит | багыш | 11 |
| элчибай | белек | бугу | 2 |
| элчибек | жору | адигине | 15 |
| элчибек | жоош | кушчу | 17 |
| элчибек | | сарбагыш | 5 |
| эмил | зумбул | дөөлөс | 23 |
| энтери | | коңурат | 14 |
| эңкелеч | кулжыгач | чекир саяк | 6 |
| эңкеч | тору | черик | 8 |
| эрегул | алакчын | саруу | 16 |
| эркебек | талкан | солто | 4 |
| эрмек | баргы | адигине | 15 |
| эрназар | оосурак | мундуз | 21 |
| | мундуз | | |
| эсеке | жору | адигине | 15 |
| эсембай уулу | | калмак | 91-б. |
| эсембай | шыкмаамат | саяк | 7 |
| эсен | бөгөнөк | моңолдор | 9 |
| эсенаман | белек | бугу | 2 |
| эсенаман | талкан | солто | 4 |
| эсенбай | | | 91-б. |
| эсенгул | зумбул | дөөлөс | 23 |
| эсенгул | манап | сарбагыш | 5 |
| эсенгул | кулжыгач | чекир саяк | 6 |
| эсенгелди | мең дуулат | кушчу | 17 |
| эсенгелди | агынай | саруу | 16 |
| эсентүгөл | шыкмаамат | саяк | 7 |
| эсет | кара багыш | адигине | 15 |
| эсиркемиш | бөлөкбай | солто | 4 |
| эш | баргы | адигине | 15 |
| эшей | баргы | адигине | 15 |
| эшей | арык | бугу | 2 |
| эшиге | жантай | Сарбагыш | 5 |
| эшим | баргы | адигине | 15 |
| эшим | бош моюн | саруу | 16 |
| эшим | манап | сарбагыш | 5 |
| эшкожо | талкан | Солто | 4 |
| эшкулу | баргы | адигине | 15 |
| эшмурат | элчибек | сарбагыш | 5 |
| эштек | бөгөнөк | Моңолдор | 9 |

## КЫРГЫЗДАРДЫН ЭТНИКАЛЫК ТАРЫХЫНАН

Кыргыздардын этникалык топторунун ичинен эң байыркылардын бири болгон *дөөлөс* (*төөлөс*) тобу өзгөчө орунду ээлеп турат. Бул топту белгилүү болгон урук-уруу структурасы боюнча ичкилик деген жалпы аталыш менен бириккен түштүк кыргыз тобуна таандык кылышат. Генеалогияны жакшы билген кээ бир дөөлөстүк

карыялар дөөлөс тобун теги боюнча өз алдынча турган топ катарында эсептешет. Анын түпкү атасы катарында Кызыл уулду аташат, ал ысымдары кыргыздардын оң жана сол канатка бөлүнүшү менен байланыштуу болгон Агуул (Ак уул) жана Кубулдун (Куу уулдун) бир тууганы, кыргыздардын легендарлуу түпкү бабасы Долон бийдин (же Доолан бийдин) улуу уулу болгон.

Дөөлөс тобу бири биринен алыс турган аймактарда: Жети-Өгүз районунун бир катар айыл-кыштактарында (Ысык-Көл бою), Ат-Башы районунун «Пограничник» колхозунда (Тянь-Шань) жана Ош облусунун Жаңы-Ноокат жана Үч-Коргон райондорунун бир нече айыл-кыштактарында жашап турушат.

1953-жылы Кыргыз археологиялык-этнографиялык экспедициясынын этнографиялык отряды иштеген учурда бизге бул топтун Ысык-Көл боюна кандайча шартта пайда болгону жөнүндө маекти жазып алууга мүмкүн болду. Султан Кыдыралиевдин сөзүнө караганда (65 жашта, Аңөстөн айылы, Жети- Өгүз району) Кызыл уулдун уулу — Кыпчак, Кыпчактын уулу — Дөөлөс, Дөөлөстүн уулу — Толуман болгон. Толумандын тогуз уул, бир кызы бар экен. Күндөрдүн биринде калмактын ханы Толумандан сулуу кызыңды, аны менен кошо атактуу Тору-Айгырыңды бересиң деп талап кылат. Бул айгырды бардык жылкылардын ээси-коддрочусу (Камбар-Ата) деп эсептешчү. Тору-Айгыр жылкыларды илдеттен, айрыкча маңка оорусунан коргоп турган, ошондуктан Толумандын жылкысы көп болгон.

Толуман хандын талабын аткарып, кызын Тору-Айгырга мингизип жөнөтүп жиберет. Кызы менен атынан айрылгандан кийин Толумандын жылкылары илдеттен өлүп, өзү кедейленип калат. Ошондо ага Тору-Айгырдын жалынан жок дегенде бир талын алып келүүгө кеңеш беришет. Эки жылдан кийин Толуман өзүнүн кенже уулу Чулум кашканы кызына жиберет. Күндөрдүн биринде ал Тору-Айгырдын көкүлүнөн бир нече кыл кесип алып, андан нокто өрүп коёт. Ушундан кийин Толумандын жылкыларында өлүм-житим токтойт. Калмактын ханы бул жөнүндө билип калып, баланы кармап келүүгө буйрук берет, бирок ал качып, Ысык-Көлгө келет. Бул жерде ал үйлөнөт. Көл боюнда жашаган дөөлөстөр анын тукумдары деп эсептелинет.

Ошондон тартып, дөөлөстөрдө кызын күйөөгө бергенде аны тору атка мингизбөө, сепке кошуп тору жылкы бербөө салт болуп калган.

Аталган отряд өзүнүн ишин улантып, 1955-жылы Кыргызстандын түштүгүндө өзүлөрүн дөөлөстөр тобуна таандык кылышкан кыргыздар жашаган кыштактарда болду. Алардын ичинде Жаңы-Ноокат районундагы Толоман айылы бар. Аңгемелешүүгө чакырылган карыялар өзүлөрүнүн түпкү атасы Толомандын уулдарынын бири Чулум кашка болгонун, бирок Ысык-Көл боюнда айтылып жүргөн уламышты биринчи жолу угуп отурушканын айтышты.

Толоман айылында жашаган Ашым Досматовдон (73 жашта) ушул айылдын тургундарынын жакынкы ата-бабасы Калчабай менен байланышкан башка бир уламышты жазып алдык.

Калчабай кедей болгон экен. Күндөрдүн биринде Калчабай жаандан кийин көк желени көргүсү келип, дөңгө чыкса, дөңдө жаңы эле туулган кулун турат, жанында эч кандай аттын изи жок. Калчабай үйүнө келип, бир койду садага чаап, мууздап кудайы өткөрөт. Ушундан кийин ал баягы дөңсөөгө дагы келсе жанында тогуз бээ бар Тору-Кашка айгыр турганын көрөт. Калчабай дагы Кудайы берип, баягы дөңгө келсе көп жылкы жүрөт. Соорусунда ай тамгасы бар, маңдайы кашка Тору-Кашка көп сандаган жылкынын алдында баштап жүрөт. Калчабай ушундайча бай болуп калган экен.

Калчабайдын жалгыз кызы болгон экен. Ага коңшу Саруу уруусунан бирөө куда түшөт. Бирок кызы күйөөгө чыга турган атактуу адам кызың Тору- Кашканы минип

келсин деген талап коёт. Калчабай айгырды берүүгө аргасыз болот. Ушундан кийин анын жылкылары ылаңдап өлүп, адамдары да апаат боло баштайт. Калчабай кандай да болсо Тору-Кашканы кайрадан алууга аракеттенсе да эч нерсе чыкпайт. Акыры анын тапшыруусу боюнча бир киши айгырды өлтүрүп, анын башын кесип алып, Калчабайга алып келип берет. Ошондон тартып Калчабайдын иши оңоло баштайт.

Тору-Кашканы жылкылардын ээси-колдоочусу (Камбар-Ата же Жылкынын камбары) деп эсептешкен. Калчабайдын уруусуна жакын уруктардын бардыгы (Додон, Кенже-тукум жана Дукөн) Тору-Кашка Калчабайдын колунда экенде эле жылкыларын Тору-Кашканын тукумунан өстүрүшкөн. Ошондон тартып, дөөлөстөрдүн бул тобу ай тамга деп аталып калат.

Чындыгында да ай тамга дөөлөстөрдун башкы тобу катарында эсептелинет. Калгандарына меркит, муркут, герейит, шорон кирет.

Бул эки уламыштын сюжеттеринин окшоштугу азыр эки бөлүнүп калган дөөлөс топторунун ортосунда түпкү генетикалык байланыштын бар экенин далилдеп турат. Бул уламыштардагы жана алардын варианттарындагы айрым бир деталдардын негизинде дөөлөстөрдүн Ысык-көлдүк тобунун ата-бабалары Ысык-Көлгө XVIII кылымдын орто чендеринде келишкен деп болжолдоого болот. Өз кезегинде түштүк кыргыз дөөлөстөрү өздөрүнүн ата-бабалары азыркы Синьцзяндын түштүк бөлүгүнөн келишкен деп божомолдошот.

Жазып алынган уламыштарда жаныбарлардын (бул жерде — жылкынын) ээси-колдоочусу жөнүндөгү, ошондой эле, малдын өзүндө гана эмес, анын айрым мүчөлөрүндө (башында, кылында, канында ж. б.) сыйкырдуу күчтүн бар экендиги жөнүндөгү түшүнүктөрдүн кызыгарлык калдыктары көңүлдү бурат. Мусулманчылыкка чейинки диний ишенимдердин бул издери кыргыздардын байыркы дүйнө көз караштары жөнүндөгү башка маалыматтар менен толук үндөшүп турат.

# ЭЛДИК УЛАМЫШТАР БОРБОРДУК ТЯНЬ-ШАНДЫН КЫРГЫЗДАРЫНЫН ЭТНИКАЛЫК ТАРЫХЫН ИЗИЛДЕП-ҮЙРӨНҮҮНҮН БУЛАГЫ КАТАРЫНДА[1]

Борбордук Тянь-Шандын азыркы географиялык картасы мурда өзүлөрүн теги боюнча негизинен оң канат деп аталгандарга (черик, моңолдор, саяк, чекир саяк, тынымсейит, азык, сарбагыш, бугу) жана жарым-жартылайы гана сол канатка (басыз, жетиген ж.б. ) таандык кылышкан кыргыз калкынын ар түрдүү топторунан куралган татаал картинаны берет[2]. Бул топтор азыркы учурда кандай калыптанып бүткөн болсо, ошол түрүндө келип жайгашышы негизинен XIX кылымдын экинчи жарымына туура келет.

Борбордук Тянь-Шандын кыргыз калкынын азыркы топтолушун аныктоочу башкы факторлор XVI кылымдагы жана XVIII кылымдын башы чендеги жунгардык экспансия болуп саналат, бул болсо кыргыздардын көпчүлүгүнүн Фергананын жана Чыгыш Түркстандын коңшу райондоруна жер ооп кетүүсүнө алып келген; ошондой эле, кийинчерээк алардын мурда жашап турган жерлерине кайра көчүп келиши жана жакшы жайыт жерлерди басып алууга жана жергиликтүү калктын үстүнөн үстөмдүгүн бекемдеп калууга умтулган феодалдардын кызыкчылыгына ылайыкталып, айрым калк топторунун жер которууга аргасыз болушу да ошондой факторлордун бири.

Кыргыздардын улуу муундарынын арасында Тянь-Шань байыркы Керме-Тоо аталышы боюнча сакталып калган, аны кыргыздардын мекени деп эсептешип, ал жер ажайып, кереметтүү аймак катарында макталып ырдалат. Ырлардын биринде төмөнкүдөй саптар бар:

Упа-эндиги жок туруп
Кызы сулуу Керме-Тоо,
Оту-чөбү жок туруп
Малы семиз Керме-Тоо.

Азыркы территорияга келгенге чейин кыргыздар жашаган жерлерди демейде Ай-Көл жана Кой-Көл деп аташкан. Ал көлдөр түнкүсүн келин-кыздар короодогу койлорду кайтарышкан учурда ырдала турган бекбекей деген ырда сөзсүз түрдө эскерилет. Кыргыздардын мурдагы мекенинин ээн сай (Енисей) деп атала баштаганын да, калыбы, китептин таасири менен түшүндүрүүгө болоор. А түгүл Чоң ээн сай (Чоң Енисей) жана Кичи ээн сай (Кичи Енисей) деген эки аталыш да айтылып жүрөт.

А. Чоробаев айткан тарыхый уламыштын вариантына[3] ылайык Ээн сайдан Ай-Көл, Кой-Көл, Шарпылдак, Кара-Калкан, Жылдыз жана Кундуз деген жерлерге бир тууган төрт адам көчүп келет. Ал жактан Рыстаркан, Долон жана Оргочор деген үч бир тууган Кер-Көлгө (Ысык-Көлдүн эски аталышы) көчүп келишет, ал эми төртүнчүсү — Узун Калпак Муратай төмөнүрөөк, Сыр- Дарыянын жээгинен орун алат. Оргочор өзүнүн ысмы менен аталган жерде каза табат (Ысык-Көлдүн түштүк жээги), Долондун тукумдары Ысык-Көл менен Тянь-Шанды конуштап жашап калышат, ал эми Рыстаркан болсо Чыңгыз хан менен бирге кетет.

Башка бир уламыш боюнча (мындайлар он чакты) кыргыздар мурда Алтайда жашап, аларды Кыргызкан башкарып турган. Кийинчерээк алар Анжиянды (Фергана ойдуңун, анын тоо кыркалары менен этек-жакаларын ушундайча аташат) мекендеп турушат. Кыргызкандын түпкү атасы Угузкан болгон. Алтайдан алар Далган-бий жана анын уулу Долон-бийдин башчылыгында бул жакка оопкелишкен. Кыргызкан коңшу жашаган манжур (маньжи) жана кара калмактардын хандары менен жаңжалдашып турган, ал эми жаңжалдын себеби кыргыздын бир сулуу кызы

болгон. Согуш болгондо кыргыздар жеңилип калышат да, Тянь-Шань тарапка оойт. Долон жана анын тукумдары Чүй дарыясынын өрөөнүндө жана башка жерлерде көчүп-конуп жүргөн. Долондун өзү калмактар менен болгон согушта курман болуп, анын ысмы менен аталып жүргөн (Тянь-Шандагы) ашуунун белине коюлат[4].

XVI жана XVIII кылымдар бою баскынчы жунгарларга (ойротторго) каршы жүргүзүлгөн узак согуштардын мезгили Борбордук Тянь-Шандын топонимикасында өз чагылышын таап, ал эми ошол мезгилдерге таандык болгон окуялар карыялардын эсинде сакталып калган. Бул күрөштүн бир учуру кызык, ал окуя башка бир окуя менен — казак хандары Турсун менен Ишимдин ортосунда XVII кылымдын 20-жылдарында болгон согуш менен айкалышып кеткен. Кыргыздар Ишимдин тарабында туруп согушкан[5]. Бул окуя жогоруда эскерилген О. Жаманжээнов айткан уламышта баяндалат.

Уламышта мындай деп айтылат. Катаган уруусу мурда Талас дарыясынын өрөөнүндө жашап, аларды бир туугандар Шамий-султан менен хан Турсун башкарып турган экен. Коңшу аймактарда башында Эшимкан (кыргыздар Ишим ханды ушундайча аташкан) турган кыпчак уруусу көчүп-конуп жүргөн болот. Эшимканга Ысык-Көлдүн чыгыш жээгинен орун алган көлдүн башы Көкө-Күлүсүн деген жерге калмак Ажаан көп кол менен келип, бүт кыргыздарды, боюнда бар аялдарга чейин кырып жатат деген кабар жетет. Ошондо Эшимкан белгилүү адамдарды үлүшкө чогултуп, ага Турсун ханды да чакырууну чечет. Ал Турсунга Ажаан менен биргелешип салгылашууну сунуш кылат.

Баарынан мурда Эшимкан өзүнүн саяпкер сынчысына өзүнө мингич ат тандоого буйрук берет. Сынчы Түгөл бийге (Түгөл — чекир саяк уруусунун легендалык түпкү атасы Чекирдин уулу) таандык болгон жылкылардын ичинен Шарпкул деген күлүктү көрөт. Бул маалда Түгөл-бий өзү малы менен Меркиде жүргөн экен, бирок анын туруктуу конуш жайы Жумгал дарыясынын өрөөнүндө, анын ысмы менен аталган (Түгөл-Сай деген) жерде болгон. Сынчынын кеңеши боюнча, Эшимкан 70—80 кишинин коштоосу менен Түгөл бийге барат да, чоң сый-урмат менен конок болуп, убактылуу пайдалануу үчүн (күч) атты алып кайтат.

Эшимкан жүрүшкө аттанат. Салгылашуу болот, ошондо Ажаан өзүнүн Телишалкы деген аты менен качат. Эшимкан аны кууп жетип, өлтүрүп, көп олжо менен Каркыра жана Кеген деген жерден Түп-Жыргалаң деген жерге келет. Бул жерде ал эл менен кеңеш куруп, эс алат, ошондуктан бул жер Жыргалаң[6] деп аталып калат. Андан кийин Эшимкан каалагандарга жана жакшы мингич аты барларга өзү менен кошо Таласка барууну сунуш кылат. Калгандары болсо алардын артынан шашылбай жай келүүгө тийиш эле. Эшимкан менен мыкты күлүк ат минишкен беш адам кошо чыгат. Аттардын биринин аты Тору-Айгыр, экөө — Кара-Буурул, экөө — Ак-Сур, мунун бири жорго экен. Таласка кетчү жолдо жолоочулардын күлүктөрү өлүп, жолдо конгон жерлер ал күлүктөрдүн аты боюнча — Тору-Айгыр, Чоң Ак- Суу, Кичи Ак-Суу, Кара-Буурул, Жоргонун бели деп аталып калат. Эшимкан Шибе (Токмоктон Ашмара-Меркеге чейинки жол ушундайча аталган) менен жалгыз жөнөйт. Эшимкан Таласка келгенде ал өзүнүн элин да, малын да таппай калат. Бир күн түнөйт. Эртеси ага Түгөл бийдин жылкычысы келет. Ал согушта олжо алуу үчүн (соогат же мөөсул) Эшимканды ээрчип барганын, бирок согуштун жүрүшүндө ага эч ким көңүл бурбагандыктан ал олжодон куру жалак калганын, анын жолдошторунун аттары жолдо өлгөнүн, өзү болсо Шарпкуланын энеси — Кара-Бээге минип, Эшимканга кууп жетип келгенин айтып берет.

Экөө ошол учурда Түгөл бий жайлоолоп жаткан Жумгалга жөнөшөт. Түгөл бий Эшимкандын элин көрбөгөнүн, ал эми Кашкар тараптан эч кимдин кол салбаганын, ошондуктан Жумгал аркылуу Ысык-Көл тарапка жөнөп, өз элин ошол жактан издөө керек экенин айтат. Эшимкан менен жылкычы айтылган жол менен жөнөп

отурушуп, Орто-Токой деген жерде чала-була мүлжүлгөн сөөктөрдү көрүшөт. Бул жерде бирөөнүн кол салуусунан качып бараткан адамдар токтогон экен деп ойлойт Эшимкан. Андан ары жүрүп отурушуп, Тосор деген жерден бир айылды көрүшүп, калмактардын айылы деп ойлошот. Түн киргенде Эшимкан айылдын четине келип, кой кайтарып отурган аялды кармап алып, суракка алат. Караңгыда аял тиги адамды тааныган жок, ал өзү Эшимкандын аялы болгондугун, Турсун ал жокто Эшимкандын бүт дүнүйө-мүлкүн, аялдарын басып алганын, ал аялдар Турсун ханга аял болууну каалабагандыктан аларды күңгө айландырып, бирөөнү отун даярдатып, от жактырып, дагы бирине суу ташытып, өзүнө болсо кой кайтартып койгонун айтып берет. Турсун хандын чыккынчылыгы жөнүндө уккандан соң Эшимкан ал аялдан Турсунду кантип жеңүүгө болоору жөнүндө кеңеш сурайт. Аял Турсун хандын чебине Тоң дарыясынан түтүк менен суу жиберилээрин, эгерде сууну бууп койсо, чептегилердин баары суусап, каны катып өлүп калышаарын айтат.

Эшимкан сууну токтотот да, өзү Кашкар тараптан 100 төөдөн турган кербен менен келе жаткан соодагер катарында Турсун кандын чебине кирет; ар бир төөнүн үстүндөгү чатырда бир нече жоокер жашынып отурат. Турсун хандын бүткүл үй-бүлөсүн жана анын аскерлерин кырып жок кылышат; Турсун хандын өзүнүн кызы менен анын иниси Шамий-султандын кызын гана өлтүрбөй тирүү калтырышат.

Ушундан кийин Эшимкан Түгөл бийге анын аты Шарпкуланы берип жиберет, бирок ал ат татыктуу түрдө Эшимканга ылайык деп эсептегендиктен Түгөл бий буга таарынып калат да, аттын үстүнө жолборстун терисинен үртүк жаап, мойнуна үкүнүн жүнүнөн жана «долоно» жыгачынан даярдалган тумарды тагып, өзүнүн уулу Маңгыттан атты кайра жетелетип жиберет. Бул Эшимкандын жалпы душманды жеңгендиги үчүн ага берилген баш куттуктоо тартуусу жана көрсөткөн урмат-сыйы болгон. Эшимкан буга жооп кылып, Турсун хандын кызын Түгөл бийге тартуу кылат. Ал эми Шамий-султандын кызын болсо кыргыздын бийи Чаага (Чаа — солто уруусунун легендарлуу түпкү атасы Богорстондун чөбүрөсү) күйөөгө берет.

Түгөл бий Турсун хандын кызын өзүнүн уулу Маңгытка алып берет. Ал аял ага Казыгул, Сүйөркул жана Эсеркемиш деген үч уул төрөп берет. Турсун хандын кызынын биринчи эки уулунун тукумдарын ал аялдын уругу катаган болгондуктан катаган деген жалпы ат менен аташат.

Кыргыз уруусу чекир саяктын катаган тобун мурдагы катаган уруусунун жээни деп эсептешет. Турсун ханга таандык болгон катагандарды Эшимкан Кашкар тарапка — Опол-Тоодон аркы Кебез-Тоого айдап жиберет.

О. Жаманжээновдун бул айтканы Жумабий Качыбековдун айткандары менен да бир аз ырасталып отурат. Ж. Качыбековдун айткандары анын 1937—1938-жылдардагы[7] жеке байкоолоруна негизденет. Чыгыш Түркстанда Таш-Коргондун түштүк тарабында Кебез-Тоо деген тоо кыркалары жайгашкан, анын этектеринде кумдак жер жана токой бар. Чөп-Бел менен Муз-Бел (түштүктө) ашууларынын ортосунда өзүлөрүн катаган уруусуна таандык кылышкан, эки миңге жакын үй-бүлөдөн турган кыргыздар жашайт. Бул аймактын бир бөлүгү Хотан округуна, башка бир бөлүгү — Жаркент округуна кирген.

Бул көчмөн катагандар 50—60 үй-бүлөдөн турган айылдарда жашашат. Туруктуу конуштары жок. Там үйлөрдө эмес, боз үйлөрдө жашайт. Ал боз үйлөрдүн ичинде көптөгөн хотандык жана жаркенттик килемдер бар. Эркектери бийик, саймалуу кийиз калпак, аялдары этектери саймаланган көйнөк, көкүрөктөрүнө саймаланып жасалган өңүр тагынып, буттарына саймалуу өтүк кийишет. Тердиктери да оймо-чиймеленип жасалган. Катагандар мал чарбачылыгы менен кесиптенишип, эгинди өтө аз эгишет. Алар бул жерде көптөн бери жашап турушаарын, алардын бир замандарда Кошой деген баатыры болгонун айтышат. Алар Жумабийден ошол баатырдын сөөгү Ат-Башыда, суунун боюна[8] коюлганы жана ал жакта черик жана

сарбагыш урууларына таандык кыргыздардын жашап турганы ыраспы деп сурашкан экен.

Катагандар таза кыргыз тилинде сүйлөшөт. Алардын үрп-адаттарынын көбү тянь-шандык кыргыздардын үрп-адаттарына окшош: алар да ат чабыш, улак тартыш, эр эңиш ж.б. уюштурушат. Бирок катагандар өлгөнгө келгендерди а дегенде тамак-аш берип сыйлашат да, андан кийин гана ыйлап, жоктоого уруксат беришет (Тянь-Шанда мунун тескерисинче иштешет).

Д. Качыбеков тарабынан айтылган маалыматтардын канчалык так экенин айтуу кыйын, бирок бул маалыматтарды анын оюнан чыгарылган нерселер деп кароого болбойт. Калыбы, бул айтылгандардын бардыгы алыскы түштүк тарапта, Пакистандын чек араларына чейинки аймактарда кыргыздардын тобунун бар экендигин далилдеген фактыларга таянып айтылса керек. Жогоруда айтылган окуя болсо кыргыздар менен казактардын ортосунда көп кылымдарга созулган этникалык жана саясий байланыштар болуп келгенин ырастайт.

Уламыштардын бир кыйла олуттуу бөлүгү Тянь-Шанда ойроттор (калмак- тар) үстөмдүк кылып турган мезгил менен байланыштуу. Көпчүлүк уламыштарда Тянь-Шанга калмактар келгенден кийин кыргыздар бул жактан сүрүлүп чыгарылганы айтылат. А дегенде Ысык-Көлдөн бугулар куулуп, алар Борбордук Тянь-Шанга ооп кетишкен, кийинчерээк калмактар ал жактан бүткүл кыргыздарды кетүүгө аргасыз кылган.

Айрым бир маалыматтарга караганда калмактар Ысык-Көл боюн жана Тянь-Шанды ээлеп алгандан кийин да кыргыздар Чүй жана Талас дарыяларынын өрөөндөрүндө жашоосун уланта беришкен. Ыбраим Сарымашаевдин айтканы боюнча кыргыздар менен калмактар көпкө дейре аралаш жашап турушканын, андан кийин алардын ортосунда кагылышуу болуп, кыргыздар ал жактан кетип, алардын көпчүлүк бөлүгү Ташкендин тоолоруна жана Анжыянга чейин жеткен. Кийинчерээк калмактар өздөрүнүн ич-ара чыр- чатактарынын натыйжасында өзүлөрү ээлеп турган жерлерден кетип, кыргыздар кайра көчүп келишкен[9].

Тянь-Шандагы Тогуз-Торо районунан жазылып алынган уламыш олуттуу кызыгууну туудурат, сыягы бул район кыргыздар менен калмактардын конуш жайлары канатташ жаткан чек ара район болсо керек. Эмилбек Мамбеталиевдин айтканына караганда[10] бул жерде калмактар жашап, кыргыздар ооп кеткен мезгилдерде калмактардын хандары Доржу менен Калдамдын ордолору Көк-Арт ашуусу тараптагы Атай айылынын батышында орун алып турган. Тянь-Шандын байыркы тарыхын жакшы билген А. Чоробаев калмактардын жол башчысы Доржу Тогуз-Тородо, ал эми башка бир жол башчысы — Ноозан Какыр-Коргондо (азыр Ак-Талаа районундагы Ак-Кыядан өйдө ченде жайгашкан Тобок деп аталган жерде) жашап турганын айтат. Ал калмактын башка бир Калдама деген ханы жөнүндө да кеп салып берди. Калдама өзүнүн кызы Макмалды калмактардын бир төрөсүнө күйөөгө бермек болот. Үйлөнүү тою 70 күнгө чейин уланып, оюн-зооктор 30 күнгө, тойдун өзү 40 күнгө созулат деп чечим кылынат. Ферганадан, Кашкардан, Илиден (Иле), Ысык-Көлдөн жана башка жактардан коноктор чакырылат. Конокторду тосуу үчүн 30 кыз, 30 келин, 30 жигит дайындалат. Жол чаңдап, караан көрүнсө эле той боло турган жерге мына келатышат деп кабар берип турушат (бул аймакта Мунакелди деп аталган жер бар), бирок алар коноктор эмес эле, соодагерлер болуп чыгат. Конокторду 15 күн күтүшөт да, акыры алар келбеген соң, тойду аларсыз эле баштоону чечишет. Ырас, Иледен бир абышка баштаган кырк кыз келет. Калдама келгендер үчүн той өткөрүүнү чечет. Алар бир айга жакын тойлошот. Андан соң кыздар кайра кетишет, бирок кыш түшүп калгандыктан ашуунун белинде алар катуу бороонго кабылышып, тоңуп өлөбүзбү деп коркушат. Абышка аларга менин тегерегиме жаткыла деп, ар бирине орун көрсөтүп берет. Кыздар жаткан бойдон

тоңуп өлүшөт, ал эми абышкага жылуу болгондуктан өлбөй аман калган экен. Жумгал менен Кочкор өрөөндөрүнүн ортосунан орун алып турган Кыз-Арт ашуусунун азыркы аты ушундан улам пайда болгон. Ал эми той өткөрүлгөн жер (Калдамдын кызынын ысмы боюнча) Макмал деп аталып калат, азыр аны Кош-Дөбө деп аташат.

Андан ары Калдама (аны Каддаң Тентек же Каддаң Шэрэң[11] деп да аташат) Жаңыл Мырзанын атасы бир, энеси бөлөк сиңдиси Эбрешимди күч менен, аялдыкка алганы айтылат[12]. Бул окуя, Жаңыл Мырза Түлкүнү өлтүргөндөн кийин, сарбагыштарга колго түшүп, кара багыш уруусунан Калматайга аялдыкка берилген учурда болгон экен. Бир нече жылдан кийин Жаңыл Мырза өзүнүн нойгут уруусуна кайтып келет. Сиңдисинин тагдыры жөнүндө угуп, Жаңыл Калдамадан аны тартып алып келүү үчүн кайрадан Тянь-Шанга жөнөйт. Калдама бул жөнүндө укканда Доржу деген калмак менен бирге Сары- жон ашуусу аркылуу (азыр Калдама деп аталат) Анжыянга качат. Жаңыл артынан кууп, Көк-Арт ашуусу аркылуу түшө калат да, Калдаманын жолун торой чыгып, аны жаа менен атып өлтүрөт. Олжо катарында Калдаманын аты — Конкул-Жоорду жана анын мылтыгы Көк-Чыбыкты алат да, сиңдисин ээрчитип, нойгуттарга жөнөп кетет.

Доржу жөнүндө болсо анын Тогуз-Тородо өлгөнүн, ал эми анын уулдары Бийкалмак менен Ноозан Куртка деген жерде жашап турушканда кыргыздар тарабынан өлтүрүлгөнү айтылат. Ушул азыр да Куланак районундагы «Ак- Кыя» колхозунда Бийкалмактын тукумдары бар. Алар түп атасы Бийкалмак экенин билишет, бирок кыргызбыз дешип, өздөрүн Чымынтай уулунун же Жанболот уулунун (чекир саяк уруусунан) тобуна таандык кылышат. Бул райондо сугат каналы бар, ал мурда Ноозан арык деп аталып, Ноозандын учурунда курулган дешет, азыр ал Чымынтай арык деп аталат.

Назармат Мамыровдун башка бир айткан маалыматы да кызык. Доржу ашуусунун (Доржунун бели) жанында төрт кул урандысы жатат, аны чет калмак Доржунун чеп сарайынын калдыгы деп эсептешет. Ага жакын жерден Доржу арык агып отот, ал бийик тоодогу мөңгүнүн суусунан пайда болуп, кечээ жакынга чейин андан пайдаланып келишкен. Кийин ал жараксыз болуп, аны кайра иштетүү үчүн көп күч жана убакыт талап кылынгандыктан үч жыл бою оңдолбой жата берген.

1954-жылы гана зор күч-аракеттердин аркасында аны калыбына келтиришкен.

Назармат Мамыров Актеринин[13] тукумдары анын тирүү кезинде эле бул жерге көчүп келишкенин, ал кезде мында калмактар да жашап турганын, Доржу-арыкты калмактар менен биргелешип курушканын айтат. Калмактар кеткенден кийин бул арыктан пайдаланууга саяктар менен катар (актери уругу, каба бөлүкчөсү) басыз уруусунун өкүлдөрү (кудайлат) да доомат коё башташат. Кудайлаттардын жарымы Чет-Булакта, дагы бир бөлүгү анын каршысындагы Кара-Талаада жашап турушкан. Бул арык Кара-Талаага чейин жетчү экен. Кудайлаттар арыкты салууга биз да катышканбыз дешсе, аны актериликтер танышып, эки уруунун ортосунда чоң талаш-тартыш чыгат. Эки тараптан тең калыс киши дайындалат. Кудайлаттар биздин курулушка катышканыбызга алар тараптан арыкка калтырылган бир кап көмүр далил боло алат дешет, актериликтер болсо арыкта тогуз төөнүн толорсуктары гана калган дешет. Эки жактын тең айткандары далилденгендиктен арачылар актериликтер менен кудайлаттарды кудалаштырып ынтымакка келтирүүнү чечишет. Кудайлаттардан бир кыз ак тери уругуна күйөөгө берилет. Ошентип, эки уруу жарашып тынышат. Андан кийин, өз ара макулдашуу боюнча, арыктан актериликтер гана пайдаланып калышат[14].

Келтирилген маалыматтар бул райондогу кыргыздар XVII—XVIII кылымдардын чектеринде эле дыйканчылык менен кесиптенишкени жөнүндө ынандырарлык түрдө далилдеп турат.

Калмактардын Борбордук Тянь-Шанда узак убакыт бою жашап тургандыгы топонимикалар менен да ырасталаарына көңүл буруу керек. Дөдөмөл айылынын аталышы (Тогуз-Торо району) калмактыкы деп эсептелинет. Ат-Башы дарыясындагы көпүрөнүн жанындагы жер Буркан деп аталат. Ат-Башы районундагы Терек айыл кеңешинде Чоногур (кыргыздын Бөрүлүү дегенине туура келет) деп аталган чакан ашуу бар. Бокой деген жерден жогору тараптагы (Ат-Башы району) Кең-Бел айылынан алыс эмес аралыкта азыр пайдаланылбай калган калмак-арык бар. Куланак жана Ат-Башы райондорунун ортосундагы ашуулардын бири Улаан деп аталат (кыргыздын Кызыл бел дегенине туура келет). Ат-Башы жана Ак-Сай өзөндөрүнүн өрөөндөрүнүн орто ченинде бийик жерде чоң таш жатат. Аны Олдомор (кыргызча Соку-Таш, же Шиш-Чоку, же Таш-Чоку) деп аташат.

Борбордук Тянь-Шанда болуп өткөн жана анын этникалык тарыхында өз чагылышын тапкан ири окуялардын ичинде сарбагыш уруусунун ата-бабаларынын бири — Кудаяндын[15] ысмы менен байланышкан окуяга таандык. Аны жогоруда эскерилген Үчүке менен Түлкүнүн иниси, б.а. Манаптын небереси деп эсептешет. Алымкул Токбаев[16] айткан уламышка караганда Үчүкө менен Түмсүнүн атасы Сарсейит бий Ак-Сай жана Арпа өзөндөрүнүн өйүздөрүндө көчүп-конуп жүрчү экен. Түлкү менен Үчүке өлтүрүлгөндөн кийин, алар менен чогуу жүргөн бир бала Ак-Сайга жөө келет. Сарсейит баланын кайдан келгенин сурайт, бирок бала бул киши өлтүрүлгөндөрдүн атасы экенин билбегендиктен, болгон окуяны бүт айтып берет. Сарсейит эстен танып калат. Бардык коңшу айылдардын калкы алты-жети күнү боздоп, какшап ыйлашат. Ошондо Сарсейитке анын аялы келип, мындай дейт экен: «Биздин уулдарыбыз жигиттерче курман болушту, бирок биздин Кудаяныбыз бар эмеспи. Ал эки кочушуна кан уучтап түштү, буюрса алп жигит болот». Чынында да бала Кудаян чоңоюп, бой жеткенде кыргыздар менен казактардын ханы болот.

Күндөрдүн биринде ал өзүнө баш ийген бардык уруулардын өкүлдөрүн чогултуп, аларга мындай дейт: «Ооганстанда биздин алыскы туугандарыбыз бар, алар, калыбы, мусулман болушса керек, биз алар менен кошулушубуз керек». Баарына ошол тарапка жүрүшкө аттанууну сунуш кылат. Жыйырма миң аскер чогулат. Бардыгы жолго чыгышат. Түлкү-Башы (Түштүк Казакстандагы азыркы Түлкүбас) деген жерге жеткенде Санчы сынчы (солто уруусунан) сурагандардын баарына кимдин тагдыры жана анын балдары кандай болоору жөнүндө алдын ала айта баштайт. Кудаян да өз тагдыры жөнүндө айтып берүүнү өтүнөт. Ал баш тартат, бирок хан сөзүнөн кайтпаган соң сынчы аны жүрүшкө барбагын, барсаң жүрүштө өлөсүң дейт. Хан сынчыны чаап жиберет, сынчынын койнунан, ага акыл айтып туруучу боз коён качып чыгат. Андан кийин хан жолго аттанат. Кошундун алды Сыр-Дарыяны кечип өтүп, Анжыянга жетип, калган бөлүгү артта калат. Адамдардын жарымы дарыяны кечкенде сууга чөгүп өлөт. Жарымы ачкачылыктан курман болот, ал эми тирүү калгандары Анжыянга жайгашып калат. Кудаян менен бирге бүт калк кетип, Тогуз-Тородо гана (Чаар-Таш деген жерде) бугулуктар калган экен. Хандын өзү жолдо ашуунун белинде өлөт. Ал өлгөндөн кийин эл катуу жакырланып, ачарчылык башталат. Бул мезгил казак кайың саап, кыргыз ысар көлөпкө (Гиссар жана Кулябга) кирген мезгил экен. Бүт эл Анжыяндан Ат-Башыга кайтып көчүп келишет.

Бул уламыштын көп варианттары бар, аларда окуялар башкача сүрөттөлүп, ар кыл кошумчалар менен айтылат. Алсак, Момонкул Деркембаев[17] Кудаян Ооганстанды чаап алганы барган, бирок колго түшүп, ошол жакта калат. Ооганстанда анын тукумдары бар, кыргыздардын арасында андан тукум жок дейт. Бирок башка бир уламыш боюнча Кудаяндан анча көп эмес санда тукум калган деп айтылат. 1953-жылы Чолпон районундагы Кызыл-Дөбө деген айылдан биз өздөрүн тоголок тобуна таандык кылышып, Кудаяндын тукумдарыбыз деген алты үй-

бүлөнү жолуктурдук. Алардын улуусу — Самсалы Аликеев (74 жашта) өзү Кудаяндын жетинчи муундагы тукуму экенин, анын түпкү атасы Кудаяндын уулу, Томолок (Тоголок), деген ылакап аты бар Мамбет деген киши экенин айтты. Анын айтканына караганда суук кабардан улам эси ооп калган Сарсейитке аялы келип, аны уяткара сүйлөйт: «Аялдан бетер сага эмне болду, колубуз куру эмес, Кудаяныбыз бар эмеспи, эми ошол аман болсун». Ал бир колуна сүттөн жасаган аракты, бир колуна кылычты алып, күйөөсүнө ордуңдан туруп, бул аракты жуткун да, кылычты колуңа ал дейт.

Дагы бир уламышта айтылып жүргөндөй Кудаян Сыр-Дарыядан аркы аймактарга жүрүшкө жөнөгөндө элди анын Марал жана Тайбас деген эки жигити айдап жөнөшөт. Дарыядан кечип өткөндөн кийин кошун оор абалга туш келет. Келинчегим төрөгөнү отурат (ишендирүү үчүн келинчегинин белине кийиз таңып коюшат) деген шылтоо менен Маматкулу (Үчүкенин уулу, Кудаяндын иниси) адамдардын бир бөлүгү менен дарыянын берки өйүзүндө калат. Түнкүсүн көпүрөнү өрттөп жиберет да, мекенине кайтып кетет. Кудаян болсо жардам сурап ага эки уулун жиберет (анын бири Томолок болот). Бул мезгил казак кайың саап, кыргыз Ысарга (Гиссар) кеткен заман экен. Уулдары Маматкулуга жеткиче Кудаян каза таап, кошуну тарап жок болот. Кудаяндан бир азыраак гана тукум бар, анткени ал өзү муштап жиберген сынчынын тукумуң өспөсүн деген каргышына калган дешет.

Лепес Сеитовдун[18] айтканына караганда Үчүке менен Түлкү өлтүрүлгөндө Кудаян 10—12 жашта, ал эми Түлкүнүн уулу Тынай (XVIII кылымдын экинчи жарымындагы кыргыздардын белгилүү жол башчысы Атакенин атасы) али бешиктеги бала экен. Жүрүшкө кетип баратып, Кудаян каратегин калкына кол саламын (мен каратегинди чабамын)[19] дейт. Кудаян менен кошо жүрүшкө сарбагыш менен саяк уруулары аттанат. Кудаян кошуну менен Сыр-Дарыядан көпүрө аркылуу аркы өйүзгө өтөт, Мааматкулу иниси Дөөлөт менен берки өйүздө калат. Сынчы Кудаянга элиңден ажырап, эрме чөлдө каласың, чөп алачыкта жашап, ачкадан, кепинсиз өлөсүң деп алдын ала айткан экен. Кудаян кошуну менен кетип, көпүрө өрттөлүп, Мааматкулу менен Дөөлөт эли менен бирге Кочкорго кайтып келишет. Кудаян алар келбеген соң өзүнүн желдети Ак-Таякты жөнөтүп, Мааматкулу менен Дөөлөт эли менен кошо бизди кууп жетишсин деген буйрук менен жөнөтөт, бирок Мааматкулу аялынын төрөгөнүн шылтоолоп, баруудан баш тартат. Кудаяндын кошуну талкаланып, өзү жарадар болуп, Анжыянга жакын бир жерде каза болот. Кошун талкалангандан кийин Кудаяндын уулу Тоголок качып келет, андан сынчы алдын ала айткандай он үй-бүлө да калган эмес.

Башка бир информатор — Нияз Төрөкановдун[20] айтканы боюнча Кудаян кыргыздарды казактарга каршы согушуу үчүн Сыр-Дарыя аркылуу алып жөнөйт. Буга чейин ал Нарында (Нарын көп учурда уламыштарда Борбордук Тянь-Шандын синоними болуп саналат) жашап турган. Кудаяндын кошуну Сыр-Дарыяга жеткенде Тагай (бул жерде информатор жаңылыш айтты, сөз Мааматкулу жөнүндө болуп жатат) аялынын төрөй турганын айтат. Аны менен кошо бүт калкы да калат да, андан кийин түн жамына кайтып келишет.

Ашым Матаев Кудаян жөнүндө башка бир уламышты айтат. Ал өз кошуну менен Ооганстанга жөнөгөн имиш; алар Амыт дарыяга жеткенде (сыягы Аму-Дарыя жөнүндө айтылып жатса керек) Мааматкулу аялым төрөгөнү отурат деп дарыядан кечип өтүүдөн баш тартат. Кудаян ага ишенип, дарыяны кечип өтүп кетет. Ошол эле жерде ал кошуну менен кошо колго түшүп калат.

Кудаян жөнүндөгү уламышты Чаки Жайыков[21] өтө кең-кесири айтып берди. Кудаян кан Чүй өрөөнүндө жашаган экен. Күндөрдүн биринде анын айылындагы ак сакалдар чогулушуп, Санчы сынчы алардын ар биринин тагдыры жөнүндө алдын ала айта баштайт. Кезек Кудаянга жеткенде сынчы анын тагдыры жөнүндө айтуудан

баш тартат. Кудаян кан айткын деп мажбурлайт, бирок сынчы жазадан коркуп дагы баш тартат. Ошондо Кудаян жазалабаймын, коркпой айт деп сөз берет. Сынчы анын уулдуу болоорун жана ага Калдышүкүр эмес Акбаш Мамбет деген ат коёорун, уулу ырайымсыз болуп чоңоюп, абышкаларды өлтүрөөрүн айтат. Андан ары сынчы Кудаяндын какшыган чөлдө, жолдордун айрылышында өлүп, буттары чөп алачыктан сороюп чыгып тураарын, акыры ал жоруларга жем болоорун, тукумсуз өтөрүн айтат. Кудаяндын ачуусу келип, сынчыны чаап жиберет.

Бардыгы сынчы айткандай болот. Кудаян уулду болуп, атын Акбаш Мамбет коёт. Ал бойго жеткенде адамдарга ырайымсыз мамиле жасап, карыларды өлтүрө баштайт. Бир жигит Акбаш Мамбеттин колунан каза болбосун деп, карыган атасын үкөккө салып катып коёт. Кудаян кан казактарга каршы жүрүшкө аттанып өзүнүн кошуну менен Сыр-Дарыяга келип токтойт. Бул жерде алардын азык-түлүгү түгөнүп, ачарчылык башталып, суу жок оор абалга тушугушат. Алды жакта аптаптуу Медиян чөлү жаткан эле. Эл сары санаа болуп, дарыяны кечип өтүүдөн баш тарта баштайт. Үкөктөгү абышка эмне үчүн элдин тынчы кетип жатат деп уулунан сурайт. Уулу ага абалды түшүндүрүп бергенде ал: «Уйду карагыла, ал кайсы жерден сийип, чычса ошол жерде суу болот» дейт. Ырас эле дал ошол жерден казып көрүшсө суу чыккан экен. Абышка дагы мындай деп кошумчалайт: «Эгерде жолдон кара дөбөт көрсөңөр аны өлтүргүлө, ошондо эл Кудаянды ээрчибей, өлбөй тирүү калат да, кайтып кетишет, Кудаян болсо жалгыз кетет. Эгерде аны өлтүрбөсөңөр эл кырылып калат». Дөбөттү темир учтуу жыгач найза (каскак) менен сайып өлтүрүшөт. Эл Кудаянды ээрчибейт.

Кудаян дарыядан өтмөк болгондо Мааматкулу өтпөй кылчактап туруп калат. Кудаян андан эмне токтоп калдың деп сураганда Мааматкулу: «Тээтиги түндүктө кебез байланып турганын көрдүңүзбү. Сиздин келиниңиз төрөгөнү жатат (мурда ушундай салт бар экен — С. А.). Мен артыңардан кууп жете- мин», — дейт. Чындыгында бул шылтоо гана болгон. Мааматкулу Кудаяндын артынан барбай Ысык-Көлгө, Кудаяндын жүрүшүнө катышпаган бугулуктарга жөнөйт. Бугуларды Белек башкарып турган болот.

Кудаян уулу жана дагы бир аз сандагы адамдар менен дарыядан кечип өтүп кетет. Казактар ага баш ийбегендиктен ал өзүнүн жанындагы адамдары менен ачкалыктан өлөт.

Информаторлордун бири калмактарды Тогуз-Теродон Кудаян кууп чыккан деп билдирет[22]. Дагы бири Бакаманжы башкарып турганда калмактар Тянь-Шанда (Ат-Башыда) турушканын айтат. Сарсейит бий, Үчүке жана Түлкү да ошол мезгилде жашаган. Эгин быша турган жерлерди калмактар ээлеп алы- шып, кыргыздар бийик тоолуу жерлерге сүрүлүп, ачкачылыкка учураган. Ошондо Кудаян Гиссарга (Ызарга) жүрүш баштоону чечет[23].

Бул окуяны А. Чоробаев өзүнчө баяндайт. Кудаян кан, дейт ал, калмактардын союздашы болгондуктан алар менен бирге аракеттенген. Кыргыздар аз болгондуктан Кудаян аларды бул жактан алып кетип, аларды оогандыктар (ооган) жана перстер (кызыл баш) менен бириктирип, өз бийлигин орнотмокчу болгон.

Көптөгөн карыялардын айтканы боюнча калмактарды Тянь-Шандан тынымсейит уруусунан Табылды кууп чыгат. Бул уруунун жетекчилеринин бири Мортуке болгон. Анын тукумдары (атадан балага карай) Токтогул — Ак багыш — Үркүнчү — Бөжөкөй — Алике — Табылды деп эсептелинет.

Бул баяндарда карама-каршы жана түшүнүксүз учурлар канчалык көп болсо да, Кудаяндын ысмы менен байланышкан окуялар жөнүндөгү уламыштарды фольклор катарында гана кароого болбойт. Ал уламыштарда кээ бир кыргыз урууларынын түштүк тарапка жылышына таандык болгон тянь-шандык кыргыздардын чыныгы тарыхынын фактыларынын чагылышы толук мүмкүн. Бирок бул кыймылдын

айрым бир кыргыз феодалдарынын баскынчылык умтулуулары менен байланыштуу болгону же жунгарлардын экспансиясынын тушунда өздөрүнүн мекенин таштап кетүүгө аргасыз болгон кыргыздар тушуккан оор абалга байланыштуу болгону аныкталбаган бойдон калууда, Азырынча бул окуялардын болжолдуу датасын аныктоо да кыйын. Кээ бир эсептөөлөр боюнча ал окуялар XVII кылымдын орто ченине жакын мезгилде, башка бир эсептөөлөр боюнча андан бир аз кечирээк болгон. Алсак, Акимаалы Касымаалиев өзүнүн ата-бабалары катарында (түпкү ата-бабага карай) төмөнкүлөрдү атайт: Касымаалы — Мамбет — Качы — Шатен — Ниязбек — Эсенгул — Болот — Мааматкулу — Үчүке — Сарсейит[24]. Жогоруда эскерилген Самсалы Аликеев өзүнүн ата-бабалары Алике — Надирбек — Шүкүр — Жумагул — Үчү — Мамбет — Кудаян.

Көптөгөн уламыштарда баяндалган окуялар кыргыздардын Гиссар менен Кулябга жасаган жортуулу менен байланыштырылганы көңүлдү бурат. Тарыхый булактар кыргыздардын 12 миң үй-бүлөсүнүн Каратегин аркылуу Гиссарга ооп келиши 1635—1636-жылдарда болгонун далилдейт. Биз көрүп тургандай, тарыхый чыгармалардын маалыматтары менен генеалогиялык уламыштарда айтылгандардын ортосундагы хронологиялык ажырым анчалык чоң эмес, ошондуктан Кудаяндын жүрүшүн кыргыздардын жогоруда аталган Гиссарга карай жылышы менен байланыштырса болчудай. Түштүк Кыргызстанда чогултулган талаа материалдары кыргыздарды 12 миң үй-бүлөсү оң канаттын урууларына эмес, ичкилик биримдигин түзгөн жана Каратегинде, Кыргыз ССРинин азыркы Ош облусунун түштүк-батыш райондору менен Алай өрөөнүндө жайгашып турган урууларга таандык болгон деп болжолдорго мүмкүндүк берет. Анын үстүнө 1635—1636-жылдардагы жер которууга катышкан уруулардын кайсы бир бөлүгүнүн кайрылып келгени жөнүндө эч кандай маалымат жок. Сөз биринин артынан бири өз алдынча болуп өткөн эки окуя жөнүндө бара жатат деп болжолдоо туура болоор эле.

Кудаяндын башчылыгы астында болгон жүрүш жөнүндөгү уламыштар — түндүк кыргыздардын ойроттордун кысымы астында Фергана менен Алай тарапка оогондогу окуялардын элдин эсинде калган издери болсо керек. Чыгыш Түркстандан Каратегин менен Гиссар тарапка кыргыздардын массалык түрдө ооп кетиши жөнүндөгү кабар түндүк кыргыздарга жетпей коймок эмес, кийинчерээк бул окуя тянь-шандык кыргыздардын өздөрүнүн жер ооп кетиши жөнүндөгү уламыштары менен бир кызыктай болуп чырмалышып калган.

Жогоруда каралып өткөн сюжеттер тигил же бул даражада историография менен этнографиянын маанилүү маселелеринин бирин — тарыхый фактылар менен элдик тарыхый жана генеалогиялык уламыштарда камтылып турган материалдардын катышы жөнүндөгү маселени козгоп отурат. Булактардын бул түрлөрүнүн ортосунда байланыштын бар экендиги шексиз нерсе, бирок ал байланыш айрым учурларда өтө ачык түрдө, башка бир учурларда — анчалык ачык эмес түрдө көрүнөт. Бул эмгекте бул маселеге толук өлчөмдө токтолууга мүмкүнчүлүк жок, ошондуктан биз тарыхый жана генеалогиялык уламыштар бул уламыштарда эскерилген адамдарды тарыхый инсандар менен салыштырып көрүү үчүн негиз боло алабы деген маселеге гана тийип өтөбүз.

Биз Үчүкенин Мааматкулу деген уулу жөнүндө бир нече жолу эскердик. Булактарда XVIII к. орто чендериндеги кыргыз урууларынын жетекчиси катарында Ма-му-гу-ху-ли деген ысым аталат. Ал жөнүндөгү маалыматта ал кыргыздардын башкы өкүмдары, 90 жашта, дене-бою чың, бирок бир кыйла толук адам, ал азыр да жортуул жасоону улантууда деп айтылат[25]. Уламыш- тардагы Мааматкулу менен булактардагы Ма-му-гу-ли бир эле адам болушу толук мүмкүн. Уламыштарда, атап айтканда, сарбагыш менен бугу урууларынын ортосундагы касташуунун чыгышында ага бир кыйла роль ыйгарылганы кокустук эмес. Анын демилгеси

боюнча сарбагыш уруусу кара багыш жана чоң багыш уруулары менен бирдикте бугулуктарга каршы чыгышат. Ошол учурда Мааматкулуга бий деген наам ыйгарылат. Ал жети жыл Кетмен- Төбөдө жашап, дыйканчылык менен кесиптенет, ал жерде а түгүл Мааматкулу- алыш деп аталган арык да бар.

Ошол эле булактарда Мааматкулунун өкүлү — сарбагыш уруусунун жетекчиси Чэ-ли-гу-ци жөнүндө да айтылат. Бул Мааматкулунун небереси, Темирдин уулу Черикчинин эле дал өзү. Атакенин замандашы катарында (XVIII к. 80-жылдары) Черикчи баатыр жөнүндө Ч. Ч. Валиханов да эскерет[26]. Булакта Тулу-ци-би саяк уруусунун жол башчысы, анын конушу Чжу-му-хань деген жерден орун алган деп айтылат[27]. (Бул жердин Жумгал экени шексиз. Бул өрөөндө чекир саяк уруусунун көпчүлүк бөлүгү орун алган). Бул жерде сөз, сыягы, Чекир саяк уруусунун Кулжыгач бөлүкчөсүнөн чыккан Ит Эмгендин небереси, Айтанын уулу Түлкү жөнүндө болуп жатканы анык. Уламыштарда аны кээде Түлкү бий деп да аташат.

В. М. Плоских шилтеме жасаган И. Г. Андреевдин эмгегинде[28] 1780-жылдарда Саяк болуштугунун башчысы, же «улугу» Гайдай болгон деп айтылат. В. М. Плоских анын бир кыйла так жазылышы Кадай болуу керек дейт, чындыгында аны Кедей деп окуу керек. Кедей жогоруда аталган Түлкү бийдин уулу болгон. Бул жерде да генеалогиялык уламыштын маалыматы тарыхый факт менен дал келип отурат. Биз булакта эскерилген Талас уруусунун жол башчысы Май-та-гу (XVIII к. орто чени) кушчу[29] уруусунун жоош бөлүкчөсүнөн чыккан Каймазардын уулу Майтык экенин мурда бир жолу белгилеп кеткен элек (кушчулардын негизги бөлүгү Талас дарыясынын өрөөнүндө жана ага туташ жаткан өрөөндөрдө жашап турган).

Жогоруда келтирилген булактардын биринде А-ци-би адигине уруусунун жол башчысы деп аталат. А. Н. Бернштам бул (Х) Ажыбий болсо керек дейт[30]. Биз генеалогиялык уламыштардын маалыматтары бул ысымды Ажыбек деп окууга мүмкүндүк берет деп таптык. Бул ысымды адигине уруусунун баргы бөлүкчөсүнөн чыккан Бөөчөнө алып жүргөн[31]. Ажыбектин жакыныраактагы бабасы Тилеке (Я. Р. Винниковдо — Телеке) болгон. Биз бул Тилекени 1610- жылдан кийин 5 миң адамдан турган кыргыз кошунуна кол башчылык кылган Тилеке бий менен салыштырууга батындык. Бул кошундун экинчи кол баш- чысы Бий-Бута-Кара болгон[32].

Адигине уруусунун структурасынын жогоруда эскерилген эки схемасын- дагы бөрү бөлүкчөсүндө Атакенин тукумдары катарында төмөнкүлөр аталат: Я. Р. Винниковдо — Боткара, Кулчу, Куртка, Чот, Сарва; менде — Бок кара, Кулчу, Куртка, Чот, Сарава, Акчубак. Биздин пикирибизче, Бута-Кара, Боткара жана Бок кара — бир эле адамдын ысмынын ар түрдүү айтылышы. В. В. Бартольд билдиргендей, XVII кылымдын экинчи жарымында, Абдулла-хандын тушунда Чумак бек деген кыргыз болгон[33]. Черик уруусунун генеалогиялык уламыштарынан белгилүү болгондой бул уруунун ири бөлүкчөлөрүнүн башчысы Бийчубак, ал эми анын жакын уруулашы Акчубак болгон, кийин бүтүндөй бир бөлүкчө Акчубактын ысмы менен аталган. Булактарда бузулуп аталган «кыргыз Чумак бек» ушул уруу башчыларынын биринин ысмы болушу толук ыктымал.

Биз ушул келтирилген салыштыруулар менен гана чектелебиз. Бирок, булар элдик уламыштардын олуттуу булак катарындагы илимий мааниси бар экендигине ынануу үчүн толук жетиштүү. Ал уламыштар XVI—XIX кк. Кыргыздардын этникалык тарыхынын башкы урунттуу учурларын кайрадан калыбына келтирүүгө мүмкүндүк гана бербестен, алардын граждандык жана аскердик тарыхы жагынан да кошумча маалыматтарды бере алат. Бул эмгекте баяндалган маалыматтар ушул азыр колдо топтолгон материалдарды дегеле толук камтыган жок, ал бар болгону Борбордук Тянь-Шандын кыргыздарынын бий жана татаал этникалык тарыхын жарым-

жартылай гана чагылдыра алат. Бул маселе алда канча олуттуу изилдөөлөрдү жүргүзүүгө татыктуу маселе.

# ЭЛДИК ЭТНОГОНИЯ ЭТНОСТУК ЖАНА СОЦИАЛДЫК ТАРЫХТЫ ИЗИЛДЕП-ҮЙРӨНҮҮ ҮЧҮН БУЛАКТАРДЫН БИРИ КАТАРЫНДА

(*түркий тилдүү көчмөндөрдүн материалы боюнча*)

Этнографтар изилдеп жаткан элдик билим-таанымдардын ичинде айрым элдердин же алардын ар түрдүү топторунун, уруулардын, уруктардын, ошондой эле ири этникалык бирдиктердин же бирикмелердин курамына кирген алда канча майда бөлүкчөлөрдүн түпкү тегинин келип чыгышы, этникалык курамы жана этникалык тарыхы менен байланышкан түшүнүк- төр менен маалыматтар олуттуу илимий мааниге ээ. Элдик билим-таанымдардын шарттуу түрдө элдик этногония деп атоого боло турган бул тармагы элдик руханий маданияттын кайсыдыр-бир бөлүгү катарында гана эмес, баалуу тарыхый-этнографиялык булак катарында да көптөн бери эле изилдөөчүлөрдүн кызыгуусун пайда кылууда[1]. Бул толук табигый нерсе, анткени ар бир эл, уруу жана урук ар качан өзүнүн түпкү теги, башка топтор жана д.у.с. менен өздөрүнүн тектештик байланышы жөнүндөгү маселеге кызыгып келишкен жана бул жөнүндө көптөгөн кылымдар бою чогултулуп, сакталып, муундан муунга оозеки түрдө берилип келген өз көз караштары да болгон. Ушуга окшогон маалыматтар кээде өзүндө тарыхый фактылар менен катар легендалык, мифологиялык элес-түшүнүктөрдү да камтып турганы өзүнөн өзү түшүнүктүү, буларды бири биринен ажыратып аныктоо изилдөөчүнүн милдети. Легендалык сюжеттер белгилүү бир даражада тарыхый фольклор катарында каралышы мүмкүн. Бирок элдик этногония боюнча материалдарды бүтүнү менен, кээде жол берилип жүргөндөй, фольклорго таандык кылууга негиз жок.

Этногония тармагындагы элдик билим-таанымдар мурда (жарым-жартылай азыр да) жер шарынын көптөгөн этникалык жалпылыктарынын арасында: Американын, Австралиянын жана Океаниянын жергиликтүү калктарында, Азиянын, Африканын элдеринде кеңири тараган. Кээ бир элдердин генеалогиялык маалыматтары менен түшүнүктөрүнүн бүтүндөй бир жыйнактары жазуу эстеликтеринде чагылдырылган. Орто кылымдык эң ири тарыхчылар булактардын бул түрүнө кандай маани беришкенине ишенүү үчүн XIV кылымдын белгилүү автору Рашид ад-Диндин эмгегин[2] атап кетүүнүн өзү эле жетиштүү. Элдик этногония өткөндө СССРдин азыркы көптөгөн элдеринде — Түндүктүн, Сибирь менен Ыраакы Чыгыштын, Урал боюндагы жана Волга боюндагы, Түндүк Кавказдын, Орто Азиянын жана Казахстандын элдеринде орун алып келген.

СССРдин азыркы түркий тилдүү элдеринин, айрыкча алардын ичинен, кечээ жакында эле мал чарбачылыгы менен кесиптенип, көчмөн жана жарым көчмөн турмуш өткөрүп келген элдердин улуу муундарынын эсинде азыр да сакталып калган этногония салаасындагы элдик билим-таанымдарды тарыхый-этнографиялык жактан изилдеп-үйрөнүү үчүн чоң кызыкчылыгы бар[3].

Советтик мезгилге чейин өз жазуусу болбогон же жазуусу жаңы түзүлгөн, өздөрүнүн өткөндөгү тарыхынын жазуу түрүндөгү эстеликтери жок болгон элдерди изилдеп-үйрөнүү жөнүндө сөз болуп жатканда этногониянын булак катарындагы илимий мааниси ого бетер зор.

Элдик этногония тарыхый жана этнографиялык билим-таанымдардын чыныгы казынасы болуп саналат. Салыштырма-тарыхый талдоо жүргүзүү көрсөтүп отургандай, алардын мааниси, алардын, эреже катарында, этникалык курамы жана анын өзгөрүшү жөнүндө, уруулардын, уруктардын жана майда бөлүкчөлөрдүн түпкү келип чыгышы жөнүндө, тарыхый, социалдык жана этномаданий байланыштар жана башкалар жөнүндө реалдуу маалыматтарды чагылдырып тургандыгында. Дал мына ошондуктан фольклор жана этникалык тарых боюнча элдик билим-

таанымдар (этнонимика, уруу жана уруктардын келип чыгышы жана д.у.с.) бири биринен олуттуу түрдө айырмаланат, ушул себептүү аларды окшоштурууга болбойт. Эгерде, фольклор жогоруда биз эскерген бир катар элдерде, эреже катарында, этникалык тарыхка тиешеси жок болгон конкреттүү тарыхый фактылар менен окуяларды чагылдырып турган болсо да, бул анын өнүгүшүнүн мыйзам ченемдүүлүгүнүн алкагында жана жанрлардын структурасында, анын өзүнө мүнөздүү болгон образдар менен ыктардын системасында, ал үчүн спецификалуу интерпретациялоодо болуп өтөт. Кала берсе саян-алтайлык элдердин ар түрдүү тарыхый доорлорду чагылдырып турган баатырдык эпосу сыяктуу фольклор жагында да конкреттүү уруулар жана элдер жөнүндө дээрлик эскерилбейт, ал эми иш жүзүндө бул элдерде урук-уруу аталыштары алардын турмушунда реалдуу мааниге ээ болуп, Улуу Октябрь революциясына чейин сакталып келген, ал эми алар жөнүндөгү эскерүүлөр биздин күндөрдө да жок болуп кеткен жок.

Ал эми жогоруда эскерилген этникалык тарых боюнча элдик билим-таанымдарга келсек, бул башка иш, анткени бул билим-таанымдар конкреттүү кыска маалыматтар жана аңгемелер түрүндө болот да, кээде тарыхый булактардын башка бир түрлөрү менен, айрыкча жазма түрүндөгүлөр менен жакшы айкалышып турат. Алар, кээде, хронологиялык жактан узак мезгилдерди кучагына алып, жазма маалыматтар менен ырасталып турат. Алсак, алтайлыктардагы, шорлордогу, азыркы хакастардагы, тувалыктардагы уруктар менен уруулардын биздин мезгилге чейин келип жеткен көп ондогон аталыштары, мисалы, дээрлик 400 жылчалык мурдагы орус жазма булактарында жазылып калынган. Алардын жашап турган жерлери жана чарбалык- турмуш өзгөчөлүктөрү жөнүндөгү маалыматтар кийинчерээк ушул элдердин өкүлдөрү тарабынан да ырасталган[4]. Бул урук-уруу аталыштардын ичинен көптөгөнү андан да мурдагы жазма булактарда, атап айтканда, байыркы түрк рун жазмаларында же кытай жылнаамаларында өз чагылышын тапкан, бул болсо Түштүк Сибирдин түркий тилдүү элдеринин (мисалы, буларга теленгит, телес, телеут, түргөш, төлбер, читтибер, тува, уйгур, кыпчак ж.б. кирет) этникалык курамынын тарыхын кайрадан калыбына келтирүү үчүн баалуу материал катарында кызмат кыла алат.

Албете, Түштүк Сибирдин элдериндеги этногониялык билим-таанымалдардын тарыхый жактан туура келген мисалдарын бардык түрк тилдүү жана башка элдерге жөндөн-жөн эле колдонууга болбойт. Бирок, мисалы, Орто Азиянын, Казакстандын, Башкириянын түрк элдеринин этнонимдерин изилдөө көрсөткөндөй, аларды тарыхый жана этнографиялык булактардын башка бир түрлөрү менен салыштыра келгенде, алардын тарыхый булак катарындагы илимий баалуулугу ырасталып отурат[5]. Мындай материалдын бар болушу түрк элдеринин курамында алда канча байыркы этникалык компоненттердин сакталып калгандыгынын далили болуу менен, байыркы конкреттүү этногенетикалык байланыштарды көрсөтүп бере алат.

Бардык жогоруда айтылгандардын ырасталышын биз бир катар конкреттүү изилдөөлөрдөн табабыз, аларда этнография илими үчүн маанилүү тарыхый корутундуларды чыгаруу үчүн элдик этногониянын илимий мааниси жакшы көрсөтүлгөн.

Анан да, этникалык тарых жагындагы изилдөөлөрдүн тажрыйбасы көрсөтүп тургандай, андай изилдөөлөр элдик этногония боюнча материалдарды, айрыкча урук-урууларга бөлүнүү жана алардын аталыштары жөнүндөгү маалыматтарды кеңири түрдө тартмайынча мүмкүн да эмес[6].

Тигил же бул урук-уруулардын же территориялык жалпылыктардын келип чыгышы жана этникалык курамы жөнүндөгү элдик түшүнүктөр бир кыйла кеңири жана ар түркүн келет. Аларды бүтүнү менен, бай жана ар түрдүү болгон конкреттүү материалдар менен бирдикте журналдык макаланын чегинде толук камтуу мүмкүн

да эмес жана максатка да ылайыктуу эмес. Биз, ушул макаланын авторлору, өз милдетибизди баарынан мурда өзүбүз атайын изилдөөлөрдү жүргүзгөн СССРдин түркий тилдүү элдеринин (мурдагы көчмөндөрдү), б.а. Түштүк Сибирь менен Орто Азия элдеринин, көбүнчө, кыргыздардын этногониясын карап чыгуу менен чектедик.

Элдик билим-таанымдардын биз карап жаткан тарыхый-этнографиялык изилдөөлөрү үчүн булак боло ала турган тармагын мүнөздөгөн айрым бир маалыматтарга токтолмокчубуз. Ага, баарынан мурда, элдик этнонимиканы, б.а. тигил же бул элдерге, урууларга, уруктарга, алардын локалдык жана территориялык топторуна жана башкаларга өздөрү же коңшулары тарабынан берилип жүргөн аталыштар катарында жашап келген жана азыр да жашап жаткан ар түрдүү этнонимдер менен эпонимдерди таандык кылуу керек. Ушундай материалдын негизинде кээде тигил же бул эл, уруу же локалдык топ өздөрүнүн өздүк аталыштары боюнча эмес, аларга коңшулары берген аталыштары боюнча белгилүү болуп чыга келгенин көрүүгө болот. Көптөгөн мисалдардын бири катарында түндүк алтайлыктардын бир бөлүгү өз коңшулары болгон түштүк алтайлыктар тарабынан «тувалар» деп аталып калганы далил боло алат. Тува деген термин менен (көптүк түрдө тувалар) В. В. Бартольддун пикири боюнча, түрк элдери же Борбордук Азиянын чыгыш бөлүгүнүн уруулары адатта Саян-Алтайдын самодий тилинде сүйлөгөн калкын аташкан[7]. Ал эми алтайлык тубалардын өзүлөрү болсо, элдик уламыштарга караганда, өздөрүн жалпы мүнөздөгү, бирок башкача, атап айтканда, иш кижи деген сүрөттөмө термин менен аташкан, бул «токой адамдары» дегенди билдирет. Бирок, кечээ жакынга чейин эле алар өздөрүн негизинен тигил же бул уруктун (сөөк) аты менен атап келишкен. *Йүз*, *комдош*, *кузөн*, *йарык* ж.б. дал ушундай аталыштар. Түштүк кыргыздардын чоң тобун алардын кошуналары ичкилик деген жалпы ат менен аташкан, ошентсе да алардын курамындагы калк өздөрүнүн уруусунун аты менен же ичкиликтердин тигил же бул тобу майда бөлүкчөлөрү болуп саналган айрым элдердин аталыштарын туруктуулук менен сактап келишкен (төөлөс, кыпчак, найман ж.б. ).

Элдик этнонимиканы изилдеп-үйрөнүү көп учурда көрсөтүп тургандай, мисалы, Түштүк Сибирдин түркий тилдүү калкынын көпчүлүк топторунун жалпы өз аты болгон эмес, алар өздөрүн урук-уруу топтору боюнча же а түгүл падышалык администрация тарабынан киргизилген административдик бирдиктердин аталышы менен аташкан. Администрациялык бирдиктер көчмөндөрдүн этносоциалдык терминологиясына чоң чаташууларды алып келген, анткени ал бул терминологияга (көчмөндөрдүн салтына ылайык имиш) административдик «уруктарды» жана майда бөлүкчөлөрдү, «болуштуктарды» киргизип, аларды көп учурда тигил же бул жергиликтүү урук-уруулардын аталыштары боюнча атоону сактап калышкан же ушундай аталышты ыйгарышкан. Буга Октябрга чейин жалпы аталышы болбогон, ал эми хакас деген аталышты дегеле билбеген азыркы хакастар мисал боло алат. Алар өздөрүн урук жана уруулары боюнча аташкан (сагайлар, качиндер ж.б. ). Бирок 1822-жылдан кийин падышалык администрация тарабынан түзүлгөн (Сперанскийдин реформасы) «талаа думасы» же «талаа башкармалыгы» деп аталгандардын курамында узак убакыт бою жашап тургандан кийин акырындык менен ошол думалар менен башкармалыктардын аты менен аталып калышкан. Талаа думалары менен башкармалыктарын комплекттөө жергиликтүү калкты «уруктарга» жана «урууларга» бөлүү сыяктуу салт болуп калган принципке негизденип жүргүзүлгөн, бирок мындай бөлүнүштөр көпчүлүгүндө (айрыкча майдалары) бир кездерде табигый түрдө пайда болгон же тарыхый түрдө калыптанып куралган жергиликтүү урук-уруу бирдиктеринин үлгүсү боюнча түзүлгөн административдик түзүлүштөр болуп саналган. Тигил же бул думага жана

башкармалыкка таандык болгон калк да белгилүү бир административдик урукка таандык кылынган, натыйжада белгилүү бир урукка таандык кылынып катталган адамдар, алар думанын карамагына кир- ген аймакта жашаганына же андан тышкары жашап турганына карабастан салык төлөшкөн, андан башка ар кандай милдеттүүлүктөрдү аткарышкан, өз думасынын юрисдикциясына таандык болгон. Мына ушулардын баарын кайра жандырып, кечээ жакында эле реалдуу түрдө жашап келген азыркы хакастардын уруу-урук курамын кайра калыбына келтирүүдө олуттуу даражада дал элдик билим-таанымдар жардам берген[8].

Уруктардын жана алардын бөлүкчөлөрүнүн тарыхый-этнографиялык изилдөөлөр үчүн канчалык баалуу маалыматтарды камтып турганын баягы эле Түштүк Сибирдин материалдары боюнча көрсөтүүгө болот. Уруктардын көптөгөн аталыштары (сөөктөр) жергиликтүү түркий тилдүү калктын чарбасынын жана турмушунун өзгөчөлүктөрүн чагылдырып турат. Мисалы, андайлар түндүк алтайлык кобурчу-комдош сөөгү (көмүрчү-комдоштор) болуп саналат, алар темирди үйдө эритүү үчүн жыгачтын көмүрүн даярдоого адистешкен же палан-комдош сөөгүн атаса болот, алардын турмушунда калинанын мөмөлөрүн терип даярдоо чоң роль ойногон. Саргайчы-йуз сөөгү жөнүндө да ушунун эле өзүн айтса болот, алар көп өлчөмдө сарандарды (чегиртке) чогултуп, даярдашкан. Йарык сөөгүнүн сыгынчы-йарык деген бөлүкчөсүнүн аталышы бул топтун чарбасында маралга аңчылык кылуу башкы ролду ойногонун билдирип турат ж.б. Келтирилген мисалдар элдик билим-таанымдардан айрым этникалык топтордун чарбасы жана турмуш-тиричилигинин тарыхы боюнча баалуу маалыматтарды алууга болоорун далилдеп турат. Көчүп жүрүүгө байланыштуу чарбалык ишмердиктердин тигил же бул түрлөрү, ошондой эле турмуш-тиричиликтин айрым бир тараптары же өзгөрүлүп же дегеле жок болуп кеткен. Элдик этнонимика бул топтордун өткөндөгүлөрүн, алардын материалдык жана руханий маданиятын кайрадан калыбына келтирүүгө жардам берет. Айрым бир аталыштар сөөктөрдүн жашап турган жерлеринин топографиясы жөнүндө, башка бир учурда бир эле сөөктүн ар түрдүү топторунун дарыянын өйдөкү же ылдыйкы агымында жашап турганы жөнүндө (өрө-куманды жогорку жана алтына-куманды ылдыйкы кумандылар), кээде сөөктүн бир бөлүгүнүн тоодо же дарыянын өрөөнүндө жашап турганы жөнүндө түшүнүк бере алат, мисалы шорлордо, сагайларда таг карга (тоолуктар) жана суг-карга (өрөөндөгүлөр) болуп бөлүнөт ж.б.

Түстөрдү билдире турган аталыштар өзгөчө кызыгууну пайда кылат. Алардын айрымдарын гана атап өтөбүз: белтирлерде ак чистар жана кара чистар (ак жана кара чистар); тубалыктарда: кара саян, сары саян жана кызыл саян (кара, сары жана кызыл саяндар); шорлордо: кара шор жана сары шор; түштүк алтайлыктарда: кара найман, кара тодош, кара телес жана башкалар бар, мындай аталыштар көп. Урууулар менен уруктардын аталыштарындагы түс белгилери азыртан эле чыгыш таануучулардын, айрыкча түркологдордун (тилчилер менен этнографтардын) көңүлүн бура баштады[9]. Ал түс белгилер байыркы мезгилдерден бери эле, хуннулардан (алардан мурдагылардан да) бери тарта XX кылымга чейин белгилүү болуп келген. Элдер- дин аталыштарындагы бул байыркы салт азиялык көчмөндөрдүн таасири астында Европанын этнонимикасында жана топонимикасында да өз чагылышын тапкан деген пикирлер да айтылып жүрөт[10]. Бирок жогоруда эскерилген этнонимикадагы түс белгилеринин пайда болушу жана семантикасы жөнүндө изилдөөчүлөрдүн пикирлери дал келбейт. Алардын айрымдары буга окшогон этнонимдердин семантикасын эски кытайлык-түрктүк-монголдук космологиялык түшүнүктөр менен байланыштырышат, бул түшүнүк боюнча аалам төрт аймакка (аалам өлкөлөрүнө) бөлүнөт да, анын ар бири өзүнө тийиштүү түс менен мүнөздөлөт. Башка бир изилдөөчүлөр түс белгилерин

көчмөндөрдүн аскердик-административдик уюму менен байланыштырышат. Үчүнчүлөрү болсо бир эле этнонимге же эпонимге колдонула турган түстөгү айырмачылыктар бир эле этникалык жалпылыктын бөлүктөрүнүн бири бирине карата алганда жайгашып жашап турган жерин мүнөздөйт деп болжолдошот[11]. Бул маселе бардык уруулар жана элдер үчүн жана бардык мезгилдер үчүн бирдей мааниде чечилиши мүмкүн эмес. Элдик билим-таанымдар буларды конкреттүү түрдө чечүүгө жардам бере алат. Тувалыктарда, мисалы, кара, сары, кызыл саяндар деген аталыштар тува элинин бул тектеш топторунун жашап турган жерлеринин географиялык координациясын билдирген, бул XX кылымдын башы ченде эле чындыгында да ушундай болгон.

Этногенетикалык изилдөөлөр үчүн, атап айтканда, уруулар менен элдердин келип чыгышын жана этникалык курамын изилдеп-үйрөнүү үчүн урук- уруулардын аталыштарын байыркы этнонимдер менен салыштырып кароонун чоң баалуулугу бар. Көп кылымдардан турган тарыхы бар жана азыр зор алыскы аралыктар менен бөлүнүп турган ар түрдүү уруулар менен элдерде сакталып калган окшош этнонимдер тарыхый жалпылоолорду жана корутундуларды чыгаруу үчүн баалуу документалдык материалды бере алат. Ушуга байланыштуу байыркы жазма булактар боюнча белгилүү болгон элдердин, уруулардын же уруктардын көптөгөн аталыштары кечээ жакынкы эле мезгилдерге чейин алтайлыктарда, тувалыктарда, шорлордо, хакастарда, кыргыздарда, казактарда, өзбектерде, башкырттарда жана башкаларда уруктардын, уруулардын жана башка топтордун аталыштары катарында сакталып келгенин көрсөтүп кетүү эле жетиштүү болот. Тургөш, карлук, телес, турк жана дагы көптөгөн башкалар ушундай аталыштар болуп саналат. Орто кылымдардагы түрк элдери уйгурлар, кыргыздар, кыпчактар, наймандар жана башкаларга карата алганда да ушунун эле өзү байкалат. Жогоруда айтылгандарды биз негизинен этнонимдердин элдик этимологиясына эмес, этнонимдердин өзүнө таандык кылабыз, анткени элдик этимологияны ишенимдүү деп эсептөөгө болбойт жана көп учурда карама-каршылыктуу келет. Буга кыргыз этноними жөнүндөгү ар кыл пикирлер мисал боло алат.

Советтик этнографтар бул баалуу булакты өздөрүнүн изилдөөлөрүндө айрым бир элдерге, мурдагы урук-уруу түзүлүштөрүнө карата алганда да жана алардын топторуна карата алганда да кеңири жана жемиштүү пайдаланууда[12]. Элдердин этникалык курамы жөнүндөгү элдик түшүнүктөрдүн мааниси дагы мында турат: булардын жардамы менен байыркы «монополдуу» жазма булактарга, мисалы кытай жазма булактарына факты түрүндөгү өзгөртүүлөр киргизилиши мүмкүн. Ал эми кээде алар ал булактарды чечмелеп түшүндүрүүгө да жардам бериши мүмкүн. Алсак, «ала жылкылуулар» жөнүндө, жылкы культу жөнүндө, байыркы түрк жазма эстеликтеринде эскерилген кээ бир уруулар ж.б. жөнүндөгү маалыматтар камтылган булак- тар ушундай булактарга кирет.

Өздөрүн жана айлана-чөйрөсүндөгү элдерди, урууларды жана уруктарды жана алардын бир кыйла майда бөлүктөрүн (таксономикалык бирдик катарында чыккан) жергиликтүү, өзүнчө бир «элдик классификациялоо» сыяктуу, мурда турмушта кеңири тараган көрүнүштүн мааниси да мындан кем эмес. Социалдык гана эмес, этникалык тарыхты (а түгүл эскерүүлөр боюнча да) изилдеп үйрөнүүдө уруу ичиндеги структуралар — майда тектеш бөлүкчөлөр да чоң кызыгууну туудурат, алар: тувалыктардагы хан-торель (кандаш туугандар); алтайлыктар менен шорлордун айрым топторундагы толь (чоң үй-бүлө); казактардагы ата-бабалар (кайсы бир топтун түп атасы, бабалары); кыргыздардагы бир атанын балдары; кара калпактардагы коше, башкырттардагы ара, аймак же тармык (теги бир бөлүкчөлөр) ж.б.

Калктын эсинде сакталып калган мындай түрдөгү жергиликтүү, элдик систематика бир кездеги элдер менен уруулардын белгилүү болгон, реалдуу этникалык жана социалдык структурасын, анын өзгөчөлүү иерархиясын жана субординациясын толук чагылтып турат. Ал бул топтордун өз ара катыштарын, ал эми кээ бир учурларда алардын бирине экинчисинин тигил же бул түрдөгү көз карандылыгын аныктап жана мүнөздөөгө мүмкүндүк берет. Ошондой болсо да белгилеп кете турган нерсе, биздин изилдөөлөрүбүздүн материалдары боюнча социалдык структуранын аталган майда бөлүкчөлөрү өздөрүнүн этникалык белгилерин сактап калган болсо да, революциянын алдындагы доордо иш жүзүндө өзүнүн туруктуулугун жоготуп, жарым-жартылай калдык түрүндөгү көрүнүш катарында гана жашоосун улантып жаткан эле. Канткенде да алар жөнүндөгү эскерүүлөр жогоруда айтылган социалдык структураны бир кыйла жалпы жана бир бүтүн түрүндө талдоо жүргүзүп, карап чыгуу үчүн баалуу тарыхый материал бере алат[13]. Эскерилген элдик систематикада, албетте, этноско, урууга жана урукка таандык болуунун атрибуциясы, ал элдин түшүнүгүндө кандай кабыл алынган болсо ошол түрдөгү атрибуция көрүнүктүү орунду ээлеген.

Ошондой болсо да урук-уруу структурасы көптөгөн элдерде туруктуу болбогондугун эске алуу керек. Анын өзгөрүлмөлүүлүгү «уруу» деген түшүнүккө жана анын «уруктарына», «майда уруктарына» ж.б. колдонулуп жүргөн терминологиянын дал өзүндө өз чагылышын тапкан. Көп учурда бир эле термин менен уруу да, урук да, же алардын бөлүкчөлөрү да аталган. Кээде бир эле этникалык жалпылыкка түрк тилиндеги жана башка тилдерден (араб, иран, монгол) кабыл алынган ар түрдүү терминдер колдонулган.

Урук-уруу структурасынын орто жана төмөнкү звенолоруна тийиштүү маалыматтарды көбүрөөк реалдуу делген маалыматтардын катарына таандык кылууга болот. Бул структуранын эң жогорку звенолоруна тийиштүү маалыматтар көбүрөөк легенда түрүндөгү мүнөздө болот. Элдик этногониянын негизги мазмунун түзгөн жана XVII—XIX кылымдарды, жарым-жартылай андан да мурдагы мезгилди кучагына ала турган тарыхый жана генеалогиялык уламыштардын көпчүлүгүнүн анык экендиги шек туудурбайт. Албетте, бул хронология шарттуу мүнөзгө гана ээ, анткени уламыштарда чагылып турган маалыматтар, эреже катарында, ар бир элде калыптанган тарыхый салтка ылайык, оозеки түрүндө муундан муунга өтүп турган. Бул салт өтө туруктуу болгон. Мисал катарында XIX кылымдын орто ченинде белгилүү чыгыш таануучу Ч. Валиханов тарабынан казактар менен кыргыздардан жазылып алынган уламыштар менен санжыраны келтирүүгө болот. Аталган элдердин улуу муундарынын өкүлдөрүнөн дээрлик жүз жылдан кийин, 1950-жылдарда советтик изилдөөчүлөр тарабынан кайрадан жазылып алынганда Ч. Валиханов келтирген маалыматтардан айырмаланган олуттуу өзгөрүүлөрдүн болбогондугу аныкталды. Элдердин, уруулардын, уруктардын, айрым локалдык топтордун келип чыгышы, алардын жашап турган жерлери, жер ооп кетиши жөнүндөгү түшүнүктөр (кээде легенда түрүндө) да ушул материалга жакын турат.

Элдердин, уруулардын, уруктардын жана алардын ар түрдүү тарамдары, бөлүкчөлөрү жана д.у.с. тектештиги жөнүндөгү конкреттүү түшүнүктөр элдик этногониянын олуттуу бөлүгү болуп саналат, ал түшүнүктөр ар кандай түрдөгү, ири жана майда, топтук жана индивидуалдык генеалогиялар үчүн негиз жана критерий катарында кызмат кылат.

Бул генеалогиялык бир тектештикте бир нече ар башка түрлөрдү байкоого болот. Баарынан мурда бир уруунун же уруктун курамындагы тектештик тууганчылыкты айтса болот, мунун белгиси айрым адамдын тигил же бул урууга же урукка таандык экенин сезип-туюусу болуп саналат. Мындай тууганчылык элдин түшүнүгүндө, адатта, кандаш туугандык болуп саналып, көптөгөн элдерде мындай

туугандардын ортосунда никелешүүгө жол берилбейт. Мисалы, алтайлыктарда кандаш туугандар бири бирин «карындаш»[14], кыргыздар — боордош деп аташкан. Жогоруда аталган элдерде тууганчылыктын жакын-алыстыгы жана чектери жөнүндөгү түшүнүктөр бирдей болгон эмес. Алардын биринде тууган-урук чексиз өсүп, өнүгө берген, башка бирөөлөрдө анын бир бөлүгү өз алдынча бөлүнүп чыгып, жаңы урукту түзүшкөн, бирок алар эски аталышын, тигил же бул сын атоочтор уланган түрүндө сактап кала беришкен (мисалы, алтайлыктарда: найман, когул найман, кара найман ж.б. ). Мунун натыйжасында уруу ичиндеги экзогамия да бир аз айырмалуу келген. Айтсак, экзогамия алтайлыктарда жалпы ат менен аталган сөөк (атанын тукумуругу) боюнча бардык тууган-туушкандарды, тууганчылыктын бардык даражаларын бүтүндөй камтып турса, казактар менен кыргыздарда экзогамия муундардын белгилүү бир саны менен чектелип, андан тышкарыда ал колдонулган эмес. Бир катар түрк тилдүү элдерде Улуу Октябрь социалисттик революциясына чейин уруу ичиндеги экзогамия же таптакыр эле жок болуп бүткөн, же анын болор-болбос издери гана калган (мисалы, тувалыктарда, түркмөндөрдө ж.б. ).

Демек, каралып жаткан элдерде кандаш туугандык орун алган. Бирок иш жүзүндө түрк тилдүү көчмөндөр үчүн мүнөздүү болгон уруу экзогамиясы жана ата укугу үстөмдүк кылып турган шартта жогоруда эскертилген коомдук нормалардын таасири астында чыныгы биологиялык туугандык ата жагы боюнча гана кабыл алынып, мунун натыйжасында ата жагынан болгон тууган-уруктардын ичинде никелешүүгө жол берилген эмес. Ал эми эне жагынан болгон жакын туугандар никелешкенде тууганды ата жагынан эсептелген учурда алар башка урукка таандык деп табылып, мындай нике жактырылган, а мүмкүн качандыр бир убактарда андай нике сөзсүз боло турган нике деп эсептелсе керек.

Бирок ушундай кандаш тууганды да көп учурларда экзогамдык аталык багыттагы уруунун адат-эрежелерине жооп берген, формасы боюнча гана тууганды болгон. Бул Орто кылымдардагы бытыранды болуп кеткен элдердин, уруулардын жана уруктардын же уруу бирикмелеринин бөлүктөрүнүн өз ара биригишинин натыйжасында айрым уруулар менен уруктардын аралашып, аргындашып отуруп пайда болгонун көп сандаган фактылар ырастап турат, алар кайрадан жаралып, мурдагы элдик же уруулук аталыштары боюнча (кыпчак, найман, каңлы, кытай ж.б. ) сакталып жүрүп отурган (мисалы, алтайлыктарда, башкырттарда, кыргыздарда, кара калпактарда, өзбектерде). Мындай «экинчи жолу» жаралып, түзүлгөн, айрыкча уруу-урук түрүндөгү урук- уруу курамдар алтайлыктарга алда канча мүнөздүү келип, аталык негиздеги экзогамдык уруу-уруктун модели боюнча куралып, калыптануу жолу менен (кээде алар ар түрдүү этникалык элементтерден турган болсо да), б.а. байыркы үлгү боюнча пайда болгон. Алар көп учурда көчмөндөрдүн аларга мүнөздүү болгон тынымсыз согуштар менен кол салуулардын таасири астында бытырап кетүүлөрүнүн жана алардын ар түрдүү топторунун аралашуусунун натыйжасында пайда болуп турган. Бул процесс айрым уруктар менен уруулардын душмандан качып кутулган жеке адамдан келип чыккандыгы аңгемелерде чагылып калган. Мындай аңгемелерде (айрыкча Түштүк Сибирь элдеринде) легендалык элементтер да көп учурайт, ал элементтер кырып жок кылынган уруктун же уруунун тирүү калган мүчөлөрүнүн тагдырына тийиштүү кылынып айтылган. Тигил же бул себептер боюнча бөлөк урук-уруулардын чөйрөсүндө бытыранды болуп чачылып кеткен уруулардын, элдердин, уруктардын майда бөлүкчөлөрү өздөрүнүн түпкү аталышын сактап калуу менен, акырындап ушул белгилер боюнча өз ара баш кошуп, эски аталыштарын сактап, жаңы таксономикалык урук-уруу бирдиктерине айланышкан, көп учурда алар жеңүүчүлөрдүн этникалык чөйрөсүндө тил жана маданий-турмуш жагынан ассимиляцияга учураган.

Ошентип, К. Маркс тарабынан белгиленгендей, байыркы азиялык коомдор үчүн алгачкы гана эмес, кечирээктеги орто кылымдардын урууларынын өндүрүш жана социалдык структурасынын жөнөкөйлүгү алардын өздөрүн өздөрү бир эле туруктуу формада кайра кайра жаратып, мыкты жашоо жөндөмдүүлүктөрдү көрсөтүшкөн.

Душман уруулардын кезектеги кол салуусунда талкаланып, чачырап кеткен болсо да, алар тез арада эле көпчүлүк учурда ошол эле аймакта, ошол эле аталышта кайрадан пайда болуп, соккудан оңолгондон кийин кайсы бир социалдык-саясий жана этникалык бирикмелердин жаңы комбинациясына киришкен.

Бийлик үчүн, жайыттар үчүн, башка элди багынтуу үчүн өз ара күрөш жүргүзүшкөн иштери оңунан чыккан айрым хандардын, жол башчылардын ар түрдүү саясий комбинациялары көчмөндөрдүн аскердик-административдик же мамлекеттик бирикмелердин социалдык-экономикалык элементтеринин негизин бузган эмес. К. Маркс жазгандай, «азиялык мамлекеттердин дайыма кыйрап, кайра жаңыдан пайда болуп, алардын династияларынын тез-тез алмашып турушу сыяктуу кескин өзгөрүштөргө карабастан азиялык коомдордун өзгөрүлбөстүгүнүн жашырын сыры дал мына ушунда»[15].

Тууганчылыктын каралып жаткан категориясына урууга кабыл алынган же белгилүү бир уруунун ичинде жашап калган айрым адамдардын, кээде бүтүндөй бир топтун (согуш туткундары, эркиндик берилгендер (припущенники) уруунун курамына калың же кыздын себи менен кошо берилип кирип калган кулдар же эрксиздер) адаптация боюнча тууганчылыгын таандык кылса болот. Алардын кээ бирлери жаңы урук-уруу бөлүкчөлөрүнүн «түп атасы» да болуп калышкан, буга мисалды алтайлыктардан, кыргыздардан жана башка элдерден тапса болот.

Генеалогиялык тууганчылык жогоруда аталган көптөгөн көчмөндөрдө, алардын түшүнүгү боюнча, ири этникалык бирдиктерди жана урук-уруулардын бөлүкчөлөрүн: көп үй-бүлөлүү жамаатты, аз жана көп үй-бүлөлөрдөн турган үй-бүлөлүк-туугандык топторду жана д.у.с. камтыйт. Бул кеңири тараган генеалогиялык «микроструктуралар», эреже катарында, кандаш туугандыкты билдирип, ал бир катар муундардын ата-бабаларынын, көбүнесе эркек жагындагы ата-бабалардын «тизмектеринен» турган. Алар жогоруда аталган туугандык бөлүкчөлөрдө: саян-алтай элдеринин чоң үй-бүлөлөрүндө, казак- тардагы, кыргыздардагы, кара калпактардагы жана башкалардагы үй-бүлөлүк-туугандык топтордон ачык көрүнөт.

Жогоруда аталган элдерде тараган полигамия генеалогиялык структураларда татаал учурларды пайда кылып, ошону менен эле бирге адат укугу боюнча мыйзамдаштырылган экзогамиянын нормаларын жөнгө салып турган. Бир атанын ар башка аялдарынан төрөлгөн уулдары өз алдынча генеалогиялык бутакты түзгөн, алардын тукумдарын кээде энелеринин аты менен аташкан, мындай тукумдарга өз ара никелешүү үчүн демейки учурдагыга караганда (түп бабадан бери тарта санаганда) азыраак сандагы муундар жетиштүү болгон.

Акырында тууганчылыктын көчмөндөр кабыл алышкан дагы бир түрүн атап кетебиз. Сөз мифологиялык тууганчылык жөнүндө болот, мунун тамыры эң эле байыркы замандардын тереңинде жатат, бул жөнүндөгү түшүнүк диний көз караштардын алгачкы формалары менен чырмалышып кеткен. Мындай тууганчылык айбанаттардын, куштардын жана д.у.с. образында көрүнгөн мифологиялык ата-бабалардан башталат, алардын аттары көп учурда тигил же бул урууга, урукка ыйгарылган. Кээде мындай көрүнүштөн тотем ишенимдеринин издери ачык эле байкалып турат[16]. Жакынкы эле өткөн заманда мындай «тууганчылык» айрым бир азыркы элдерде да байкалган. Ушуга байланыштуу К. Маркстын грек мифтери жөнүндөгү пикирин эске түшүрсө болот: «Гректер өздөрүнүн түпкү тегин мифологиядан алып келип чыгарышса да ал түпкү тек

өздөрү ойлоп чыгарышкан көптөгөн кудайлары жана жарым кудайлары бар мифологиядан алда канча байыркы мезгилдерде пайда болгон»[17].

Биз бул жерде элдик этногониянын материалдарын чогултуунун жана изилдеп-үйрөнүүнүн усулдук ыктарына токтолуп отурбастан, бул материалдардын мааниси ал маалыматтар бир катар маселелерди камтып, комплекстүү түрдө чогултулганда гана алда канча натыйжалуу болоорун белгилеп кетебиз. Бул болсо, кээде этникалык тарых менен байланышкан окуялардын датасын аныктоого жакындоого да, айрым этникалык топтордун миграцияларынын жолдорун тактоого да, алардын чарбалык турмушундагы тигил же бул кесиптердин ордун аныктоого да мүмкүндүк берет. Эң эле алыскы ата-бабага чейин жеткирилип, ата-бабалардын бардык «тизмектеринин» көмүлгөн жерлери жөнүндөгү так маалыматтар менен коштолгон, жакшы иштелип чыккан, жеке бир адам түзгөн санжыра бизге информатор өзү таандык болгон уруу бөлүкчөлөрүнүн гана эмес, андан алда канча ири этникалык топ бир кыйла узак убакыттар бою басып өткөн узун жана ийри-буйру жолдордун изине түшүүгө мүмкүнчүлүк ачып берди. Ушуну менен эле бир убакта мындай көчүп, жер ооп жүрүүнүн себептерин да аныктоого жетише алдык. Элдик этногонияга таандык болгон маалыматтарды картага түшүрүп алуунун маанисин жана зарылдыгын далилдеп отуруу, сыягы, талап деле кылын- баса керек[18].

Элдик этногенетикалык билим-таанымдарга таандык болгон материалдар, албетте, ар түрдүү жерлерде, калктын ар түрдүү топторунан жана мындай информацияларды берген ар түрдүү адамдардан жазып алынгандыктан, ал жазмаларды сын көз менен текшерип, баа берүүнү, аларды өз ара кыл- даттык менен салыштырып көрүүнү, андан кийин (жазма, фольклордук, лингвистикалык, этнографиялык ж.б. ) булактардын башка түрлөрүнүн маалыматтары менен өз ара байланыштарын тактык менен аныктоо талап кылынат.

Элдик этногониянын жогоруда саналып өткөн сюжеттеринде этногенезди жана этникалык тарыхты изилдөө үчүн, тарыхый, этно-маданий жана этно-генетикалык байланыштарды аныктоо үчүн да жана малчы көчмөндөрдүн жана жарым көчмөндөрдүн социалдык структурасын изилдеп-үйрөнүү үчүн урук- урууга бөлүнүүлөр, алардын татаал жана деталдаштырылган номенклатурасы менен бирге алганда өзгөчө мааниси бар. Эскерилген материалдын булак катарындагы мааниси алардын советтик этнографтар менен тарыхчылар тарабынан өздөрүнүн тарыхый-этнографиялык изилдөөлөрүндө пайдаланып жатканын эске алып, бул маселени кароого мүмкүн болушунча толугураак токтолуп кетүү керек. Баарынан мурда жалпы эле урук-уруу структурасынын пайда болушу жана анын мүнөзү жөнүндө эске сала кетүү зарыл. Бул маселе боюнча, Л. Моргандын эмгектери менен материалдарын, алгачкы грек жана рим тарыхчыларынын эмгектерин жана д.у.с. окуп-үйрөнүүнүн негизинде марксизм классиктери тарабынан так маалыматтар келтирилген. Урук-уруулук коомдук структуралардын пайда болушун марксизм классиктери алгачкы жамааттык коомдун алгачкы архаикалык стадиясына таандык кылышат, анткени ал учурда урук менен уруу «өзүнөн өзү табигый түрдө өсүп чыккан»[19] структуралар болгон, мында энелик укукка негизденген уруу негизги коомдук ячейканы түзгөн. Урууну мүчөлөрүнүн ортосундагы тууганчылыктын даражалары жөнүндөгү билимдер жана уруунун аты бала чактан тартып өздөштүрүлгөн. Уруунун аты анын мүчөлөрүнүн ата тек жагынан жалпылыгынын далили жана күбөсү катарында кызмат кылган. Уруу гана санжыраны түзүп, аны колдоп тура алмак, анткени үй-бүлө санжырасы коомдун өнүгүшүнүн бул стадиясында эч кандай мааниге ээ болгон эмес. Өз мүчөлөрүнө таянып турган жалпы уруу аталышынын туруктуулугу анын узак мезгил бою жандуу болуп турушуна кепил боло алмак, ал эми айрым-айрым үй-бүлөлөрдүн санжырасы тарыхтын түпкүрүндө калып, тез жок болуп кетип турган. Ошентсе да, алгачкы

жамааттык доордо эле, айрыкча анын ыдырай баштап, архаикалык уруу аталык укукка негизденген (атадан калган мүлктү балдарынын мурастап алышы менен) урууга өз ордун бошотуп берген мезгилде урук-урууга бөлүнүү, алардын аталыштары жана санжырасы чыныгы биологиялык тууган-туушкандыкты чагылдырбай калган болучу. Ф. Энгельс Римдеги уруу менен мамлекетти изилдеп келип, Рим негизделген мезгилде «уруулар жасалма жол менен пайда болгон көрүнүш катарында чыгып, бирок анын көпчүлүк бөлүгүн жасалма жол менен пайда болуп куралган уруунун эмес, байыркы үлгү боюнча, табигый түрдө өсүп чыккан уруунун тектеш элементтери түзгөндүгүн»[20] белгилеген,

Көчмөндөрдө урук-уруу структурасынын бар экени биздин заманга чейинки акыркы кылымдардын жана биздин замандын биринчи кылымдарынын жазма булактарында чагылдырылган (мисалы, биринчи көчмөн мамлекетти түзгөн гунндарда). Жазма булактар биздин замандын 1-миң жылдыгынын ичинде Борбордук Азиянын чыгыш бөлүгүн мекендеген, биринин ордуна бири келип-кетип турган түркий тилдүү жана монгол тилдүү көчмөн мамлекеттер үчүн урук-уруу структурасы мүнөздүү болгонун бир нече жолу ырастайт. Акырында келип, бул биздин замандын экинчи миң жылдыгында жана XX кылымдын башына чейин олуттуу бөлүгү Орус мамлекетинин курамына кирген түркий тилдүү көчмөндөр үчүн да мүнөздүү болгон. Ошентип, урук-уруу структурасы көптөгөн кылымдар бою өзгөрүлүп отуруп, ар түрдүү социалдык-экономикалык формациялардын шартында коомдук түзүлүштүн элементи катарында сакталып келген.

Чарбасынын негизги тармагы экстенсивдүү, жайытта багылуучу мал чарбачылыгы болгон элдерде урук-уруу структурасынын калдыктары кээ бир изилдөөчүлөр тарабынан көп учурда уруулук түзүлүштүн белгилери катарында түшүндүрүлүп келген. Белгилүү болгондой, советтик этнографтар менен тарыхчылар «уруу» теориясын жокко чыгарып, бул түзүлүштүн патриархалдык-феодалдык мүнөзүн далилдеп чыгышты.

Биздин заманга чейин эле Борбордук жана Орто Азиянын, Түштүк Сибирдин алгачкы көчмөндөрүндө, бул жөнүндө жазма булактар жана археологиялык материал айтып тургандай, мүлк жагынан болгон теңсиздик күч алып өсүп, бул терең социалдык жиктелүүлөрдү пайда кылган. Бирок көчмөндөрдө мамлекеттердин пайда болушуна алып келген таптык жиктелүүлөр малды жайытта багып, өстүрүүчү көчмөндүү чарбачылыктын шартында урук-уруу структурасын жок кылбай, бул структуранын белгилүү бир практикалык мааниси болгондуктан аны менен айкалышып кеткен. Улуу Октябрь революциясы жеңип, Совет бийлиги орноп, эзүүчү таптар жок кылынгандан кийин урук-урууга бөлүнүү турмуштагы өзүнүн реалдуу маанисинен ажырап (айрыкча көчмөндөр отурукташууга өткөндөн кийин) жок болгон.

Түркий тилдүү совет элдеринин ата-бабаларында дээрлик XX кылымдын башына чейин сакталып келген урук-уруу структурасынын практикалык мааниси эмнеде эле? Мунун ар түрдүү тарыхый доорлордо жашап келген бир нече себептери бар. Бирок көчмөндүүлүктүн бардык жашап келген мезгилдеринде ал себептердин эң башкысы урук-уруу структурасы малчылык менен кесиптенген көчмөн жана жарым көчмөн турмуш-тиричилигинин өзгөчөлүгүнүн өзүнөн, мал менен жайыттарда (экстенсивдүү мал чарбачылыгы) дайыма көчүп-конуп жүрүүнүн чарбалык зарылдыгынан келип чыккандыгы болуп саналат.

Жашоо-тиричиликтин мындай көчүп-конуп жүрүүчү түрүнүн туруксуздугу же кандайдыр-бир туруктуу аймакта жашоону жокко чыгарган же андай чарбанын өтө чектелген аймакта орун алышына жол берген.

Мындай шарттарда белгилүү бир аймакта бир кыйла узак мезгил бою жашап туруу өтө эле шарттуу мүнөздө болушу мүмкүн, ал эми тигил же бул урууга же

урукка, же башка бир көчмөн топко таандык болуу туруктуу мүнөзгө ээ болгон. Кимдин кайсы урук-урууга таандык экени жеңил аныкталып, эң эле жөнөкөй болсо да, алардын эсеп-чотун алууга мүмкүндүк берген.

Көчмөн элдерде байыркы мезгилдерде пайда болгон урук-урууга бөлүнүүнүн сакталып турушунда бардык убактарда болуп келген согуштар жана талоончул кол салуулар көрүнүктүү роль ойногон. Бул согуштар жайыттарды жана конуштарды кеңейтүүгө, мал-мүлктү басып алып, адамдарды туткундап, жеңилгендер менен туткундарды кулдарга айландырууга же алык-салык төлөтүүгө жана башкаларга умтулуудан келип, пайда болуп турган. Бул варварчылык мезгили үчүн айрыкча мүнөздүү болгон, Ф. Энгельстин белгилүү сөзү боюнча, согуш жана согуштук уюм «элдин жашоо-турмушунун үзгүлтүксүз функциясы»[21] болуп калган. Феодалдык мамилелердин өнүгүшүнө байланыштуу мындай акциялар ондогон жана жүздөгөн миң карапайым малчы көчмөндөрдү жана отурукташкан дыйкандар менен кол өнөрчүлөрдү өз кучагына тартып, көп учурда ири жана узакка созулган өз ара ички жана уруулар аралык кагылышууларга айланып турган. Адатта көчмөндөрдө аскердик уюмдар урук-уруу кошуну түрүндө түзүлгөн. Бирок, көчмөндөрдүн ири уруулар конфедерацияларында же мамлекеттеринде аскердик-административдик түзүлүш өзүнө ири аймактык бөлүктөрдү — борбор жана флангаларды («канаттарды») жана ошондой эле, аскердик бирдиктердин (ондук, жүздүк, миңдик, он миңдик) сандык системасын камтып турган[22]. Урук-уруу бирдиктери сандык аскер бирдиктерин түзгөндө пайдаланылган, ал эми алардын аталыштары ошол түзүлгөн аскер бирикмелерине берилген. Мындай тартип көчмөндөрдүн биз карап жаткан коомдук түзүлүшү менен чарбасында ыңгайлуу жана жөнөкөй болгон. Мында аскердик тартиптеги бирикмелердин номиналдуу сандык курамы, мисалы, жүздүк, миңдик же он миңдик (түмөн) ага кирген урук-уруу топторунун иш жүзүндөгү сандык курамы менен дайыма эле дал келе берген эмес. Мисалы түмөн же саны андан да көп болгон ири бирикмелердин курамына кээде бир нече урук-уруу бирдиктери кирген[23].

Ошентип, көчмөндөрдүн аскердик уюмдары да урук-уруу структурасынын жана алардын аталышынын туруктуу болушуна өбөлгө болгон.

Көчмөндөрдө эл болуп куралып, калыптануу процесси менен байланышкан жана алардын этникалык тарыхынын маанилүү аспектисин түзүп турган дагы бир олуттуу себепти белгилемекчибиз. Жалпы эле көчмөн турмушта жашаган учурда, анан да тынымсыз болуп турган согуштар менен кол салуулардын шартында ар түрдүү уруктар менен урууларды бирдиктүү бир бүтүн элге кураштыруу, бир жагынан, калктын тынымсыз көчүп-конуп жүрүшүнө байланыштуу өтө жай жүрмөк жана кыйынчылык менен ишке ашмак, экинчи жагынан, ал туруктуу боло алмак эмес.

Көчмөндөрдө эл болуп калыптануу процессин, мисалы, анчалык көп эмес сандагы калктын өтө чоң аймакта чачынды болуп, жыш эмес жайгашып турганы; малды жайыт менен камсыз кылуу үчүн жыл бою чакан-чакан топ болуп көчүп-конуп жүрүү, отурукташкан конуштардын жоктугу жана дагы ушу сыяктуу бир катар ыңгайсыз шарттар кечеңдетип турган. Мына ушулардын бардыгы, албетте, калкты тигил же бул белгилүү бир аймакта такай топтоштурууга, уруктар менен уруулардын бирдиктүү этникалык массивге кошулушуна жана андан урук-уруу топторунун сиңип жок болушуна жардам бере алмак эмес. Ошондой болсо да көчмөндөрдө элдүүлүк жалпы ат менен пайда болуп турган (кыргыздар, кыпчактар, өзбектер ж.б. ). Алар тилинин, маданиятынын жана жашоо-турмушунун жалпылыгын айтпаган күндө да, өздөрүнүн этникалык жалпылыгын жана ага таандык экендигин билишкен. Мына ушулардын баары урук-урууга бөлүнүүнүн сакталышы менен айкалышып турган.

Акыркы айтылган жагдай-шарт көбүрөөк даражада калктын эсебин алуунун жана көчмөн чарбаны уюштуруунун ошол эле практикалык (турмуштук) зарылчылыгынан улам пайда болуп турган. Акырында, урук-урууга бөлүнүүнүн жана алардын аталыштарынын турумдуулугу олуттуу даражада ошол ар кыл даражадагы урук-уруу бирдиктеринин өздөрү түпкүлүгүндө уруулук түзүлүштүн мезгилине таандык болгон, күндөлүк турмушта колдонулуп келе жаткан каада-салттардын, түшүнүктөрдүн, эрежелер менен үрп-адаттардын бүтүндөй бир комплексин сактап келишкендиги менен да түшүндүрүлөт. Ал каада-салттар, түшүнүктөр, эрежелер менен үрп-адаттар да билинбей модерндештирүүлөргө, ар кандай модификацияларга учурап келгенине карабастан, эскерилген комплекс өз кезегинде урук-урууга бөлүнүүнүн туруктуу болушуна көмөктөшкөн. Ошентип, көчмөндүүлүктүн бүткүл тарыхынын жүрүшүндө, эң эле жакынкы мезгилге чейин мындай бөлүнүү: социалдык структуранын звенолору катарында жана этникалык бирдиктер катарында эки милдетти аткарып келген.

Жогоруда айтылгандан төмөнкүдөй жыйынтык чыгат: түркий тилдүү көчмөндөрдөгү урук-урууга бөлүнүү тарыхый түрдө шартталган көрүнүш, ал алардын жашоо-турмушунун материалдык шарттарына байланыштуу келип чыккан жана алардын тарыхында белгилүү бир орунду ээлеп турган. Алардын тарыхынан таптарды, тап күрөштөрүн, реалдуу жашап турган уруулук байланыштарды, согуштарды, адат укугун, диний түшүнүктөрдүн системасын жана д.у.с. чыгарып салууга кандай мүмкүн эмес болсо, урук-урууга бөлүнүүнү да чыгарып салууга болбойт. Бирок, албетте, мисалы америкалык изилдөөчү А. Крадер өз эмгегинде сунуш кылган көз карашты да кабыл алууга болбойт, ал Азиянын мал чарбачыл элдеринде «саясий жана башка социалдык байланыштар кандаштык байланыштарга негизденген»[24] дейт. Кандаш туугандык байланыштардын ролун ашкере арттырып жиберүү (автор боюнча, а түгүл «мамлекет да коомдо кандаштык тектеги уюмду сактап турат») малчы көчмөндөрдүн турмушунун, эң бери дегенде алгачкы түрктөрдүн мезгилинен берки бүткүл тарыхый көрүнүшүн таптакыр бузат. Анын үстүнө көчмөндөрдө туугандык байланыштар жөнүндөгү түшүнүктүн өзү нагыз биологиялык аспекттен алыс турган,

Бул структура түрк тилдүү көчмөндөрдө эң бери дегенде алгачкы орто кылымдардан XIX кылымга чейин өзүнүн архаикалык моделинде гана кайра кайра калыбына келип турган жана жогоруда айтылгандай, тигил же бул көчмөндөрдүн реалдуу кандаш тууган-туушкандыгын дайыма эле чагылтып турган эмес

Ошондой болсо да биздин адабиятта бул жөнүндө башка пикирлер, болгондо да карама-каршы көз караштар айтылды. Ушуга байланыштуу В. С. Батраковдун пикири жөнүндө эске салып кетүү жетиштүү болот, ал мындай деп жазат: көчмөн элдерде «жакынкы мезгилге чейин эле алгачкы жамааттык түзүлүштүн кеңири уруу жана урук уюмдары, мамилелер, байланыштар жана каада-салттар сыяктуу калдыктары сакталып келген, аларды жалпы алганда патриархалдык-уруулук турмуш деп атоого болот...»[25]. Г. Е. Марков, тескерисинче, «ал (уруулук структура — авт..), айтылып жүргөндөй, алгачкы жамааттык түзүлүштүн калдыгы болгон эмес, ал чарбалык жана аскердик уюмду чагылдырып, көчмөндүү чарбада бирден бир мүмкүн болуучу нерсе»[26] деген көз карашты сунуш кылат.

Жогоруда айтылгандарга таяна турган болсок, анда эскерилген бул эки ашкере кайчы пикирлер менен макул болуу мүмкүн эмес. Алгачкы көчмөндөрдүн урук-уруу структурасы, табигый жол менен пайда болуп, андан кийинки доорлордо бир катар себептердин таасири астында социалдык турмуштун формасы катарында өзүнүн жашоосун уланта берген, ал Г. Е. Марков болжолдогондой, алардын чарбалык жана аскердик уюмун гана чагылдырып турган эмес.

Ал ошол эле убакта В. С. Батраковдун формулировкасында айтылгандай, алгачкы жамааттык коомдун катып калган өзгөрүлбөс калдыгы катарында да каралууга тийиш эмес. Кечирээктеги көчмөндөр үчүн урук-урууга бөлүнүү алардын коомдук түзүлүшүнүн салт болуп калган формасы болсо да, уруулар менен уруктардын өздөрү социалдык-этникалык категория катарында толук калыптанып бүткөн таптык мамилелердин системасына киргенин эске алуу зарыл. Уруулар менен уруктардын ичинде өз кезегинде мүлктүк да, социалдык да жиктелүүлөр байкалып турган.

Бизге дагы бир олуттуу жагдай жөнүндө айтууга туура келет. Урук-урууга бөлүнүүлөр жана алардын аталыштары жөнүндөгү элдик билим-таанымдардын булак катарындагы тарыхый баалуулугун карап жатып, биз уруулук идеологияны дегеле ойго алган эмеспиз. Бул түшүнүктөрдү окшоштурууга жана чаташтырууга болбойт. Уруу идеологиясы ар дайым реакциячыл роль ойноп келген, мунун себеби, баарынан мурда, аны тутуп, аны коргогондор көчмөндөрдүн үстөмдүк кылган табы болгон. Анчалык алыскы эмес мезгилдердеги коомдук-тарыхый шарттарда урук-уруу идеологиясы урук-уруулардын «теңчилигин», биримдүүлүгүн жана иш жүзүндө көчмөн төбөлдөрдүн өз уруулаштарын ырайымсыз түрдөгү эксплуатациялоосу чүмбөттөлүп турган өз ара жардам деп аталгандарды үгүттөө менен, таптык карама-каршылыктарды жаап-жашырууга, тап күрөшүн начарлатууга жардам берип, жалпы этникалык же улуттук өздүк аң-сезимдин калыптанышын кечеңдеткен, феодалдык бытырандылыктын, уруулар аралык кагылыштардын жана д.у.с. себепчиси болуп келген. Көчмөндөрдүн уруу идеологиясынын бул тарабы өткөндөгү көчмөн элдердин тарыхы боюнча эмгектерде квалификациялуу баа алууга тийиш. Бирок урук-урууга бөлүнүүнүн маанисине, тарыхый түрдө калыптанып, чынында жашап жаткан этникалык, урук-уруу топторунун бар экенине жеткире баа бербөө да чоң жаңылыштык болоор эле. Бул мурдагы көчмөндөрдүн этникалык жана социалдык тарыхында алардын ролуна объективдүү баа берүүгө тоскоолдук кылаар эле.

Ошентип, көчмөндөрдө октябрга чейинки мезгилде жашап келген урук-урууга бөлүнүүлөр жана алардын аталыштары жөнүндөгү элдик билим-таанымдар баалуу тарыхый-этнографиялык булак болуп саналат. Алар биз карап жаткан элдер өздөрүнүн түпкү келип чыгышы жөнүндө, өздөрүнүн этникалык же социалдык тарыхынын кээ бир стадиялары же фазалары жөнүндө, өз турмушундагы тигил же бул тарыхый окуялар жөнүндө, ошондой эле, өздөрү ар түрдүү алакаларда болушкан башка элдердин турмушу жөнүндө билим-таанымдардан дегеле куру эмес экенин ишенимдүү далилдеп турат. Биз жалпылап, элдик этногенез деп атаган элдик билим-таанымдар көп учурда, адатта, булактардын башка түрлөрү аркылуу ырастала турган конкреттүү тарыхый далилдүүлүгү менен айырмаланат. Биз, өзүбүз тараптан каралып чыккан тарыхый-этнографиялык булакты изилдөө иштеринде кеңири пайдалануу тигил же бул элдин пайда болушу, этникалык жана социалдык тарыхы менен, анын тарыхый-маданий жана этногенетикалык алакалары менен байланышкан маселелердин кеңири чөйрөсүн изилдеп-үйрөнүүгө жардам берет деп эсептейбиз.

## POPULAR ETHNOGONY AS A SOURCE FOR RESEARCH INTO ETHNIC AND SOCIAL HISTORY

(STUDY BASED UPON MATERIALS ON TURKIC-SPEAKING NOMADS)

Among popular lore studied by ethnographers an important place should be given be researches to concepts and data pertaining to the origin, ethnic composition and ethnic history of individual peoples or groups or groups of peoples, tribes, clans. This sphere of popular lore the authors have agreed to call “popular ethnogony”. It is of interest not only as an element of people’s intellectual culture but also as a valuable historical-ethnographic source. Popular ethnogony comprises, as a rule, genuine data on ethnic composition and its changes, on the genealogies of tribes, clans, and smaller subdivisions, on historical, social, and ethnocultural interrelations. Popular knowledge of ethnic history (ethnonymy, origins of tribes and clans, etc.) should not be identified with folklore: there is an essential difference between them, although what is known on ethnic history sometimes includes, besides historical facts, legendary, mythological concepts. It is such legendary concepts that may, to a certain extent, be regarded as historical folklore.

Research in the field of ethnic history has been shown by experience to be hardly possible without a wide use of materials of popular ethnogony including data on tribal and clan divisions and their names. In our country facts concerning the pre-revolutionary clan divisions among nomadic peoples are here and there stored in the memory of the older generation; they are frequently quite genuine and may usually be confirmed by other kinds of sources. Materials on tribal and clan divisions also comprise data valuable for reconstructing the social history of the nomads, e.g. for comprehending all manner of genealogical relationships, the specific processes by which nationalities become formed in nomadic populations, their tribal structure, their military organization.

The authors contend that the tribal and clan divisions of nomads were historically conditioned and had double functions: that of links in the social structure and that of ethnic units.

## ГЕНЕАЛОГИЯЛЫК ЦИКЛДЕГИ КЫРГЫЗ УЛАМЫШТЛРЫНДАГЫ ФОЛЬКЛОРДУК МОТИВДЕР

Өзүнүн негизинде тигил же бул уруунун, же уруулардын тобунун, же бүтүндөй бир элдин генеалогиясын камтыган элдик уламыштар фольклордук-этнографиялык иликтөөлөр үчүн бай материалды бере алат. А. Н. Бернштам туура белгилегендей, генеалогия «тарыхтын алда канча стабилдүү булактарынын бири»[1]. Бул жобо өз учурунда С. П. Толстовдун түркмөндөрдөгү дуалдык уюм жөнүндөгү изилдөөсүндө эң сонун ачылып көрсөтүлгөн[2]. Генеалогиялык уламыштар дегенибиз — бул «элдик этногония» деп атоого боло турган элдик билимдердин бүтүндөй бир тармагын түзүп турат. Алар элдин граждандык тарыхынын айрым бир этаптарын реконструкциялоо үчүн керек

болуучу баалуу маалыматтарды гана камтып турбастан, ошондой эле этногенез менен этникалык тарыхтын көптөгөн кырларын, элдердин, айрыкча кечээ жакынга чейин уруктардын үй-бүлөлүк-тuугандык топтор сыяктуу түрүнөн тартып ири уруулук бирикмелерге чейинки ар түрдүү деңгээлдеги урук-урууга бөлүнүү бекем сакталып келген жана алардын социалдык жана руханий турмушуна олуттуу таасир берип турган мурдагы көчмөн элдердин бир замандарда баштарынан кечирген социалдык структуранын олуттуу белгилерин ачып көрсөтүүгө мүмкүндүк берүүчү маанилүү этнографиялык булак болуп да саналат.

Генеалогиялык уламыштарда көп сандаган фольклордук мотивдер өтмө катар болуп жатат, аларды али атайын изилдөөлөр күтүп турат. Өздөрүнүн мазмуну боюнча тарых илиминин, этнографиянын жана фольклор изилдөөчү илимдин кызыкчылыктарынын айкалышкан чектеринде турган генеалогиялык циклдеги уламыштар дал ушул макалада алдын ала карап чыгуунун объектиси катарында кызмат кылмакчы.

Ушуга байланыштуу белгилеп кете турган нерсе, кээ бир окумуштуулар, айрыкча фольклорчу эместер, этнограф эместер, менин көз карашымда, генеалогиялык уламыштарды эч негизсиз түрдө «тарыхый фольклор» катарында же фольклордук жанрлардын бири катарында карашат. Фольклор менен этнография материалдарынын ортосундагы чектер көп учурда өтө шарттуу болсо да, баары бир генеалогиялык уламыштарды биз тараптан жазылып алынып, изилденген түрүндө бүтүнү менен толук бойдон фольклордук чыгармаларга таандык кылууга болбойт. Бир катар уламыштардын негизги элементтеринин туруктуулугу жана адат болуп калгандыгы, алардын муундан муунга оозеки берилип, өтүп турушу алардын өз алдынчалуу тарыхый-этнографиялык маанисин кенедей да начарлата албайт. Генеалогиялык уламыштардын негизин түзгөн сюжеттер менен схемалардын салт болуп калганы XX кылымдын орто ченине таандык болгон биздин жазмаларыбызды Чокон Валиханов тарабынан өткөн кылымдын орто чендеринде жазып алынып, кечээ жакында гана жарыяланган генеалогиялык уламыштар менен салыштырып көргөндө ачык байкалып отурат[3].

Азыркы Кыргыз ССРинин ар түрдүү аймактарынан, өзүлөрүн ата-теги боюнча ар түрдүү урук-урууларга таандык кылган адамдардын топторунун ичинен жана ар түрдүү информаторлордон жазылып алынган уламыштарды салыштырып көргөндө айрым уламыштардын, өзгөчө аларда кезигүүчү деталдардын «көп варианттуулугун («поливариантность») жеңил байкоого болот. Демек, фольклорго мүнөздүү болгон бир катар өзгөчөлүктөрдүн бар экендиги көрүнүп турат. Ошондой болсо да, бул уламыштар (шежере, санжыра) көп учурда бир кыйла олуттуу жана өзгөчөлүү фольклордук «жүктү» камтып турганына карабастан, кабыл алынган маанидеги фольклор эмес.

Кыргыз элинин келип чыгышы жөнүндө, «оң канаттын» ата-бабалары бир тууган кыргыздар Тагай менен Адигиненин, алардын карындашы Наалы-эженин ысымдары менен байланышкан окуялар жөнүндө, айрым бир, айрыкча, ири кыргыз урууларынын түпкү теги жана башкалар жөнүндө баяндалган уламыштарда фольклордук мотивдер, эгерде ушундай деп айтууга мүмкүн болсо, алда канча көбүрөөк топтоштурулган. Бардык аталган генеалогиялык уламыштардагы фольклордук мотивдерди талдоого токтолуп отурбастан, алардын айрымдарына гана тийип өтөбүз.

Адатта кыргыздардын салт болуп калган генеалогиялык уламыштары кыргыздын элдик эпосу «Манастын» каармандарына таандык кылынып жүргөн генеалогия менен байланыштырылбайт, бирок, эреже катарында, бул эпостун каармандары, анын бардык варианттарында кенже эпос деп аталгандардын («Курманбек», «Кожожаш» ж.б. ) каармандары сыяктуу эле белгилүү бир урууларга таандык кылынат. Биз Кыргызстандын түштүгүнөн, эскиликти жакшы билген Сарт Курманалиев[4] деген адамдан жазып алган генеалогиялык уламыштан традициялык жана эпостук генеалогиялардын түздөн-түз байланышын, туурасын айтсак чырмалышып турганын көрөбүз. Мында Манастын ата-бабаларынын генеалогиялык тизмеги берилет, ал эпос- тун бир нече варианттарында орун алган: Манастын атасы — Жакып, анын атасы — Ногой, чоң атасы — Каракан, бабасы — Көгөй. Ушунун эле өзүндө Манастын атасынын эпостук бир туугандарынын ысымдары да аталат: Көз-каман, Оrozду, Бай, Ороздунун уулу — Элеман. Элемандан, эпосто айтылгандай, уйкаш аталыштагы жомоктун («Эр Төштүк») башкы каарманы Төштүк туулат, бул жомок биринчи жолу XIX кылымдын 60-жылдарында В. В. Радлов тарабынан жазылып алынган[5].

Аталган генеалогиялык уламышта Көгөйдүн атасы — Кокуй деп аталат. Бул ысымды баяндамачы бүткүл кыргыздардын урааны деп атады. Ал эми Кокуйдун өзү кимдин уулу болгон? Көрсө, ал кырк кыздын бирөө — Ыроонун уулу экен, элдик этимология боюнча «кыргыз» деген этноним дал ушул курама аталыштан келип чыккан. Ушунун өзүндө эле эпостук генеалогия традициялык генеалогия менен түздөн-түз «ашташып» турат. Сарт Курманалиев түзгөн генеалогиялык тепкич менен төмөн карай түшүп жүрүп отуруп, биз Манастын атасынын бир тууганы Ороздунун уулу Үрүмчү экенин көрөбүз (Үрүмчү — Чыгыш Түркстандагы ири шаардын аты, бул аймак кыргыз этногенезинин маанилүү очокторунун бири болгон), бир нече даректерге ылайык Үрүмчүдөн кийинчерээктеги кыргыз урууларынын генеалогиясы башталат.

Жогоруда айтылгандардын негизинде белгилеп кете турган нерсе — генеалогиянын аталган эки түрү тең огуздардын байыркы баяндары менен генетикалык жактан байланыштуу. Бул баяндарга ылайык алардын түпкү атасы — Огуз каган Каракандын (Каракан — Ногойдун атасы) уулу болгон, Биз жазып алган генеалогиялык уламыштардын бир нече варианттарында Угузкандын өзү, анын 6 уулу жана 24 небереси айтылат, бул неберелеринин биринен бардык кыргыздардын түпкү атасы Кыргыз төрөлөт, б.а. кээ бир чыгыш булактарында (Рашид ад-Диндин, Хиванын ханы Абу-л Газинин жана башкалардын чыгармаларында) орун алган версиялар айтылат. Бул каралып жаткан уламыштын А. Т. Тагиржанов менен В. А. Ромодин[6] тарабынан жарыяланып, жарым-жартылай изилденген XVI кылымга таандык тажик тилиндеги кол жазма «Мажму ат-таварихте» айтылган генеалогиялык маалыматтар менен байланышы чоң кызыгууну туудурат. Ошол кездерде айтылып жүргөн кыргыздардын элдик уламыштарына шексиз түрдө негизденген бул кол жазмада, атап айтканда, кечээ жакында эле өткөн заманда ичкилик урук-уруу бирикмесин түзгөн бардык уруулардын түпкү атасы катарында Булгачы аталат. Бул эпоним монгол уруусу була-гачин[7] менен таптакыр негизсиз түрдө окшоштурулат. Сарт Курманалиевден жазып алган уламыштан биз Каракандын жетинчи муундагы тукуму, Булганч деген ысымдагы адамды таптык, ал түштүк кыргыздардын кыпчак, нойгут, найман, кесек, тейит, төөлөс жана башка урууларынын түпкү

атасы катарында айтылат. Кол жазмадагы Булгачы менен уламыштагы Булганч бир эле адам — легендарлуу түпкү ата экендигинде шек жок.

Кыргыздардын келип чыгышы жөнүндөгү уламыштарда жомок-мифология жана тотем түшүнүктөрүнүн негизинде келип пайда болгон фольклордук мотивдер ачык байкалат. Бул жагдайдан алганда кыргыздардын генеалогиялык уламыштары эң эле байыркы традицияларга таянат . Ю. А. Зуев тарабынан жарыяланган маалыматтар боюнча, түркий тилдүү уруулардын бирикмеси болгон усундарда (б.з. чейинки 1 миң жылдыктын акыры — б.з. алгачкы кылымдары) ал эл карышкырдын канчыгы эмизип багып чоңойткон эркек баладан тараган деген легенда айтылып жүргөн[8]. Кийинчерээк байыркы түрктөрдө Ашина уруусунун түпкү атасы — бала менен жыныстык байланышта болгон канчык карышкыр 10 уул төрөгөн деген легенда тараган. Ошондуктан усундардын уруулар союзунда да жана байыркы түрк урууларында да карышкыр негизги тотем жаныбарлардын бири болгондугу толук табигый нерсе.

Усундар менен байыркы түрктөрдөгү бөрүгө окшогон айбанаттардын образдары түрк тилдүү элдердин эпосунда демейки эле көрүнүш болуп саналат. Ит, архар, канчык карышкыр, эчки баланы эмизип багат же тууйт, кыргыз генеалогиясында орун алган эң эле алыскы ата-бабаларды гана эмес, ошондой эле айрым уруулардын бир кыйла жакынкы ата-бабаларын колдоп, сактап турат, бул алда канча байыркы фольклордук мотивдердин бири. Аларга байланышкан сюжет ушул макаланын авторунун китебинде толук чагылдырылды[9].

«Кыргыз» этноними гана эмес, кыргыздардын өзүнүн келип чыгышы да генеалогиялык уламыштардын көптөгөн вариантта рында кырк кыз менен байланыштырылат (кээ бир уламыштарда аларды ордо кыз, б.а. хандын ордосундагы кыздар деп да аташат). Бул кыздар (кээде алардын бирөө гана) суунун көбүгүнө малынган бармагын жалагандан кийин эле боюна бүтүп калат. Аларды кандын кызы менен бирге алыскы бир эл жок жерге айдап жиберишет, алар ал жерде эркек балдарды (башка бир уламыштарда кыздарды да) төрөшөт, ал балдар кийин кыргыздардын ата-бабалары болуп калат. Башка бир варианттарда куулуп жиберилген кыздарды ээрчип барган кызыл ит (*кызыл тайган*) ошол балдардын атасы катарында айтылат[10].

Белгилүү болгондой «кырк» — эпостук сан. Манастын кырк *чоросу* бар, кара калпактарда жоокер кырк кыз жөнүндө «Кырк кыз» деген эпостук баян бар, огуздардын орто кылымдардагы эпосу «Китаби Коркуддан», өзбектердин эпостук баяндары «Алпамыш» менен «Гөроглыдан» биз канышанын кызматындагы кырк жигит менен кырк кызды ж.б. жолуктурабыз.

Сюжети боюнча кыргыздардыкына өтө жакын болгон Хань өлкөсүнүн кырк кызы жөнүндөгү уламыш монгол мезгилине таандык болгон XIV кылымдагы кытай жылнаамасы «Юань шиде» айтылат, анда ал кыздар ус элинин эркектерине турмушка чыгышып, алардын тукумдарынан енисейлик кыргыздардын пайда болгондугу баяндалат.

Бирок кырк кыз жөнүндөгү аңгемеден мурда кээ бир кыргыз уламыштарында Анал деген кыз жана анын агасы Минал жөнүндө да айтылып келген, бул уламыш боюнча эки бир туугандар бири бири менен ойноштук кылгандыгы үчүн даргага асылып өлтүрүлүп, денелери өрттөлүп, күлү абага чачылып жиберилет. Ошол күл көбүккө айланып кырк кыздын боюна бүтүп калышына себеп болгон. Бул аяндын кээ бир варианттарында Аналдын агасы Шайык ( б.а. *шейх*) Мансур болгон делет. Агасы менен карындашы асып өлтүрүлгөндөн кийин да, денелери өрттөлгөндөн кийин да токтобой айта берген сөздөрүндө (аналхак, маналхак) hak («акыйкат»)

деген араб сөзү жолугат. Бул болсо кыргыздардын генеалогиялык уламыштарына ачык эле мусулмандык мазмундагы фольклордук мотивдер жана сюжеттер чырмалышып кеткен деген ойду пайда кылат.

Фольклордо, атап айтканда, эпосто тараган мотивдердин бири — каармандын кереметтүү жол менен төрөлүшү болуп саналат. Мисалы, «Эдигей»[11] деген эпостук баяндын каарманы ушундайча төрөлгөн делет. Кыргыз эпосунда Манас картаң Жакып аялы Чыйырды менен курмандык чалышып, той өткөрүшкөндөн кийин ыйык жайга — мазарга барышып, жалынып-жалбарып бала берүүнү суранышканда туулат. Ошондо Чыйырды уул төрөйт[12]. Бугу уруусунун генеалогиялык уламышында бөлүкчөлөрдүн биринин — арык тукумунун башчысынын небереси Сарыке алты уулунан бүт ажырап калып, аялы менен бирге Манжыл атанын мазарына жөнөйт. Ал жерде алар кудайдан перзент сурашат. Көлчүктөн алма таап алышат. Сарыкенин 55 жаштагы аялы ал алманы жегенден кийин боюна бүтүп, Буларкы жана Соно деген эки уул төрөйт[13].

Бугу уруусунун ата-бабаларынын бири Алсейиттин (*Алымсейит* деп да аталат) уулдары да кереметтүү жол менен төрөлөт. Бул эпизоддон биз дүйнөлүк фольклордук сюжеттер менен мифтерде айтылып келе жаткан фольклордук мотивдердин бүтүндөй бир комплексине туш келебиз. Ушуга окшогон мифологиялык сюжеттердин бири кыргыздарда бүткүл бугу уруусунун түпкү энеси жөнүндөгү уламыш түрүндө кезигет. Эки мергенчи жолуккан бугулардын тобунан бирөөнү атып өлтүрүшөт. Өлгөн бугуга бир кыз жүгүрүп келип, байкелеп, жоктоп ыйлай баштайт. Мергенчилер кызды кармап алы- шып, үйүнө алып кетишет. Кийинчерээк анын башында анча чоң эмес эки мүйүзү бар экени белгилүү болот. Кызды мергенчилердин биринин тууганына күйөөгө беришет. Бирок ага чейин кыз келечектеги күйөөм эч качан менин денемди карабасын, сууга жуунганда жалгыз жуунайын жана күйөөм эч качан мени башка урбасын деген шарт коёт. Бул фольклордо жакшы белгилүү болгон никелик тыюулардын бири болуп саналат. Мындай тыюуну бузган адам сулуу кыздын теги айбан экендигинин жашыруун сырын ачып коёт, ал эми кыз сүйгөн жигитин таштап кетүүгө аргасыз болот. Кыргыздардын генеалогиялык уламышында окуя дал ушундайча болуп өтөт.

Бугулардын арасынан кармап алып келинген бул аялдын күйөөсү аялдын башында мүйүзү бар экенин билбей эле, ал сууга жуунуп жатканда бөз үйгө кирип келет. Ал аялынын өз өпкөсүн сууга чайкап жатканын көрөт. Көптөгөн орто азиялык жана кээ бир сибирдик элдердин демонологиясында жаңы төрөгөн аялдын жана жаңы төрөлгөн баланын душманы — «албасты» («албарсты», «алмыс») деп аталган персонаж бар. Кыргыздардын албарстысы жаңыдан төрөгөн аялдын өпкөсүн уурдап кетет да аны сууга чайкайт, ушундан улам ал аял каза табат.

Ушул окуядан кийин Мүйүздүү эне же Мүйүздүү байбиче деп аталган Алсейиттин аялы өлүп калат (башка бир вариант боюнча күйөөсүнөн качып кетет). Бирок бир канча убакыттан кийин, Алсейит өз үйүндө отурганда күтүлбөгөн жерден анын көз алдында бала бөлөнгөн бешик пайда болот. «Мүйүздүү энеден» төрөлгөн уул ушундайча пайда болот. Башка бир версия боюнча, аялы отурган үйгө капыстан кирбөө жөнүндөгү тыюуну бузуп, Алсейит үйдүн жылчыгынан караганда аялды эмес, оюн салып турган жаш бугуну көрөт. Ал үйгө кирип келгенде, үйдө эч ким жок болуп чыгат, аялы көздөн кайым болот...

Мүйүздүү эне тирүү кезинде эле, бул уламыштын версияларынын биринде айтылгандай, өзүнүн Бапа (бугу уруусунун бөлүкчөлөрүнүн бирөөнүн ушундайча

аталганы белгилүү) деген уулуна колукту катарында өзүнүн сиңдисин алып келип берет, кийин ал Оолуят байбиче (Ыйык байбиче) деген ылакап ат алат. «Мүйүздүү эненин» өзү сыяктуу эле анын сиңдиси да Кайыптын, же Кайберендин кызы деп эсептелген; Кайберен жакшылыктын духу, кепшөөчү жапайы жаныбарлардын мифтик колдоочусу болгон. Оолуят байбиче жашы жетип өлөт, бирок анын сөөгү мусулмандык ырым-жырым боюнча жуулуп, кепинделгенден кийин сыйкырлуу түрдө жок болуп кетет. Мүйүздүү эне жуунган сууну Чейжимжан деген күң (башка бир версия боюнча Алсейиттин үчүнчү аялы) ичип алат, ушундан кийин анын боюна бүтүп, бала төрөйт, аны Желдең деп аташат. Желдең бугу уруусунун бөлүкчөлөрүнүн биринин түпкү атасы деп эсептелген.

Жогоруда баяндалганга жакын фольклордук мотивди биз казактардын, кара калпактардын, жарым көчмөн өзбектердин, башкырттардын, сибирдик татарлардын жана башкалардын арасында тараган «Едигей» деген эпостук баяндын версияларынын биринен табабыз. Баяндын бул версиясында периште кыздардын ак куу болуп кубулуп учуп келген кичүүсү олуя Баба-Тукластын аялы болууга макул болот, бирок ал мен чачымды тараганда башымды карабасын, көйнөгүмдү чечип жатканда колтугуму карабасын, бут кийимимди чечип жатканда бутумду карабасын деген шарт коёт. Баба-Туклас шартты бузуп, өзүнүн сулуу аялынын баш сөөгү тунук экенин, колтугунан өпкөсү көрүнүп турганын, ал эми буттары куштун бутундай же ача туяктуу экенин байкайт. Аялы сыры ачылып калганын билип, күйөөсүн таштап кетет, бирок учуп бара жатып, боюнда бала бар экенин, төрөгөндө болжошкон, ээн жерде калтырып коёрун билдирет. Баба-Туклас тийиштүү мезгилде баланы — Едигейди таап алат[14]. Бул баяндын башка бир вариантында Едигейдин атасы, ак куу пери кыздын күйөөсү Баба-Туклас эмес, мергенчи Аңгилбай деп айтылат[15]. Бугу уруусунун ата-бабаларынын келип чыгышы жөнүндөгү кыргыз уламышы менен «Едигей» жөнүндөгү баяндагы фольклордук мотивдердин таң калаарлыктай окшоштугун байкоо кыйын эмес.

Кыргыздарда, бизге белгилүү болгондой, Едигей жөнүндөгү эпостук баян сакталып калган эмес, бирок Ч. Ч. Валиханов кыргыздарда ушундай баяндын бар экендиги жөнүндө үстүртөдөн болсо да эскерип кетиптир[16]. Бирок бул

саптардын авторуна 1953-жылы, Соңкөлдүн (Кыргыз ССРинин азыркы Нарын облусу) айланасындагы жайлоолордо болгондо Н. Сарымашаев деген салабаттуу карыядан бир уламышты жазып алууга мүмкүн болду, ал уламышта Эдиге жетиген уруусунун түпкү атасы деп аталат. Уламышта тарыхый инсандар — Токтомуш кан (Токтамыш) жана Баракан (Барак) да айтылат, кээ бир фольклордук мотивдер да орун алган. Жетигендердин түпкү атасы Эдиге деп айтылган башка бир уламышта согуш учурунда бала бөлөнгөн бешик табылганы, аны жапайы эчки («Едигейдеги» ногойлордун версиясын салыштырып көргүлө, анда жаңы төрөлгөн баланы ит эмчегин эмизип багат) эмизип бакканы айтылат[17]. Ошондуктан Эдигени эчкиден туулган Эдиге деп аташкан.

Жалпы эле бир катар кыргыз урууларынын же алардын бөлүкчөлөрүнүн ата-бабалары, уламыштарга ылайык, ар түрдүү жагдайларда бешикте жаткан жеринен табылган болуп чыгат, адатта, а дегенде дал ошол жерде тайлак, же ак боз ат, же архар, же эчки көрүнөт да, андан кийин алар көздөн кайым болуп, ал жерден бешиктеги баланы таап алышат. Мында да тотем ишенимдеринин издерин көрбөй коюуга болбойт. А түгүл айрым бир тарыхый инсандардын, айрым урук-уруулардын чыныгы ата-бабаларынын генеалогиялары кээде традициялуу фольклордук мотивдер ачык эле көрүнүп турган легендалар менен

чулганып калат. Бугу уруусунун жол башчыларынын бири (XVIII к. соңу — XIX к. башы ченде) Бирназар тарабынан ымыркай чагында асыралып алынган, жылкычы Жылкыайдардын легендарлуу тарыхы дал ушундай. Ымыркайды дарыядан кечип өтүп бараткaнда энеси жоготуп коёт. Аны алыстан ак боз атты көрүп, таап алышат. Жакын келишкенде ак боз ат көздөн кайым болот да, ал турган жерден бешикте жаткан бала табылат, кийин ал Жылкыайдар деп аталат. Уламышта Жылкыайдардын жөнөкөй адам эмес экендигин билгизген бир катар белгилер менен жышааналары сүрөттөлүп айтылат.

Жомоктордогудай, эпостук баяндардагыдай эле генеалогиялык уламыштарда да табышмактуу жагдайларда кары аялдардын эмчегинен күтпөгөн жерден сүт чыгып калат. Кыргыздар Гиссарга качып барып, кайра келатканда Талас дарыясынын өрөөнүнө токтошкон маалда, Даирбектин уулдары туткундан бошоп келип калышканда кереметтүү окуя болот: Даирбектин карыган энесинин эмчегинен сүт агып чыккан экен (сарбагыш уруусу). Башка бир уламыш боюнча, мундуз уруусунун Ысык-Көлдүк тобунун ата-бабаларынын бири — 20 жаштагы Байбекти асырап алуу ырым-жырымы өтүп жатканда (адат боюнча асыралып жаткан адам асырап алып жаткан адамдын аялынын эмчегине эриндерин тийгизүүгө тийиш), Байбек Усупбектин алтымыш жаштагы аялынын эмчегине эриндерин тийгизгенде анын эмчегинен көбүрүп-жабырып сүт агып кеткен экен. Эпостук баатыр Манастын уулу Семетейди дубалап салышкандыктан, ал көзү да көрбөй, кулагы да укпай көлөкө сыяктуу жер кесип жүрө берет. Семетейдин жан жолдошу Күлчоро аны Семетейдин энеси Каныкейдин алдына ээрчитип келет да, баатырды энесинин эмчегине эриндерин тийгизүүгө мажбурлайт, ошол замат Каныкейдин какшып калган эмчегинен дирилдеп сүт агып чыгат. Эненин сүтүнүн күчү Семетейди жандандырып, анын көзү көрүп, кулагы угуп калат[18].

Фольклордо көбүрөөк тараган мотивдердин бири — кайып чал мотиви. Жогоруда эскерилген эпостук баян «Едигейде» кайып чал баян айтып жатып Токтомуштун Едигейден жеңилзэрин, анын өлкөсүн жана тактысын Едигейдин басып алаарын айтып эскертет. 500 жаштагы Ай кожо Манаска исламдын купуя сырларын ачып берет. Ушул эле «Манас» эпосунда дербиш (дубана) түрүндөгү кайып чал Манаска ат коёт.

Генеалогиялык уламыштардын бирине ылайык, кыргыздардын «оң канатынын» ата-бабаларынын бири — Тагайдын уулуна жана Тагайды издеп жүрүшүп жолдон жолуккан анын жолоочу жолдошторунун ысымдарын сынчы (адамдын тагдырын алдын ала айтуучу) коёт. Ал Тагайдын өз уулуна жана анын асыранды уулдарына ат коюп гана тим болбостон, алардын ар биринин тукумдарынын келечектеги тагдырын да алдын ала айтат: Азыктын тукумдары тынч жашайт, Чериктин тукумдары бай болот, Саяктын тукумдары башка уруулардын үстүнөн үстөмдүк кылып турат... Сарбагыш уруусунун генеалогиясында Кудаян хан жөнүндө баяндалат, ал 20 миң аскерден турган кыргыздардын кошунун Сыр-Дарыяны көздөй алып жөнөйт. Жолдо ал Санчы сынчыга аны алдыдагы жүрүштө эмнелер күтүп турганын айтууну сунуш кылат. Абышка баш тартат, бирок Кудаян аны мажбурлаган соң Санчы сынчы жүрүштүн учурунда Кудаяндын ачкадан өлөөрүн алдын ала айтат. Ачуусу келген Кудаян сынчыны муштап жибергенде сынчынын койнундагы аян айтып берүүчү боз коёну качып чыгып кетет. Ошондон кийин Санчы сынчы алдын ала аян айта албай калат. Бирок анын айткандары келип, Кудаяндын жүрүшү ийгиликсиз аяктап, өзү болсо, кошунунун бир бөлүгү менен кошо курман болот. Биз Кудаяндын «тукумдарын» издеп таап алдык, алар өтө эле аз санда азыр да Тянь-

Шанда жашап турушат. Кудаяндын өзү жогоруда эскертилген Тагайдын алтынчы муундагы тукуму деп эсептелинээрин белгилеп кетемин. Кыргызстандын түштүгүндө баргы уруусуна («оң канаттын» адигине тобуна кирген) таандык Сакинин коёндун артынан кууп кетишкен сегиз уулунун өлүмү жөнүндө уламышты жазып алган элек. Коён көздөн кайым болот. Ал коён Кайып болгон делет. Дагы бир Сансыз деген кайып чал шаман (*бакшы*) болгон. Ал Адигиненин тукуму, Бөөчөндүн уулуна ат койгон.

Сарбагыш уруусу жөнүндөгү генеалогиялык уламыш менен өзгөчө бир чырмалышып кеткен дагы бир фольклордук мотивге тийбей өтүүгө болбойт. Белгилүү кыргыз Сарысейит Тагайдын бешинчи муундагы түздөн-түз тукуму деп эсептелген. Анын уулу Түлкү өзүнүн Тынай деген жападан жалгыз уулун төрөп берген аялынан баш тартат. Ага кайрадан үйлөнүүнү сунуш кылышканда ал салт боюнча үйлөнүүнү каалабай, нойгут уруусунан чыккан белгилүү баатыр кыз Жаңыл Мырзаны күч менен колго түшүрүп, үйлөнмөкчү болот. Андан ары уламышта Түлкүнүн жана анын иниси Үчүкенин жортуулу жана Жаңыл Мырзанын малын тийип алганы жөнүндө баяндалат. Конуштаган жеринде Түлкү Жаңыл Мырзанын тайганын көрүп, анын ээсин кордогон шылдың сөз айтат. Бул сөздү баатыр кыз угуп, эки бир тууганды, алардын эки жолдошу — Атагозу менен Чабакты кошо жаа менен атып өлтүрөт. Түлкү менен Үчүкенин урууларштары нойгут уруусуна кол салып, баатыр кызды колго түшүрүп, аны бир абышкага күйөөгө беришет. Күндөрдүн биринде Жаңыл Мырза жаа атуу боюнча өзүнүн чеберчилигин көрсөтөт, бирок күтпөгөн жерден күйөөсүн жана башка душмандарын атып өлтүрөт. Өз уруусуна кайтып келе жатып, ал жолдо Түлкүнүн бейитине келип, өзүн өзү өлтүрөт. Бул жерде биз баатыр кыздын фольклордук мотивин көрөбүз. Баатыр кыз Жаңыл Мырза — кыргыздын аты уйкаш лирикалык-эпостук баяндын каарманы катарында эл ичинде кеңири белгилүү. Бул уламышта айтылып жүргөн анын эрдиги жана жоруктары жана сарбагыш уруусунун генеалогиялык уламышы ушунчалык тыгыз чырмалышып кеткендиктен булар чындыгында үзгүлтүксүз бир бүтүндүктү түзүп турат.

Башка бир баатыр кыздын образы — жогоруда эскерилген Адигине менен Тагайдын карындашы Наалы-эженин образы болуп саналат. Генеалогиялык уламышта ал да баатыр кыз катарында мүнөздөлөт, ал аңчылык кылган, курал-жаракты мыкты колдоно билген кыз болот. Наалы-эженин Коңур кула (же Коңур ала) деген өзүнүн мингич аты жана Таманак-тайган (же Ак-Тамана) деген тайганы болгон экен. Күндөрдүн биринде Адигине менен Тагай жортуулга аттанып жатып, Наалы-эженин аты менен тайганын кошо ала кетишет, бирок алар душмандардын колуна түшүп калат. Адигине менен Тагай алардын ордуна Наалы-эжеге эки (башка бир версия боюнча — үч) эркек баланы алып келип беришет. Аттын ордуна берилген баланы Коңурат, экинчисин, тайгандын ордуна берилгенин Черик (ал согуш болгон жерде бешиги менен табылат) деп аташат. Наалы-эже эки баланы тарбиялап чоңойтот. Аларды ушундайча аталып жүргөн кыргыз урууларынын ата-бабалары деп эсептешет.

Кыргыздын баатыр кызынын образы өзбек эпосу «Алпамыш» (каарманы — Барчин) менен кара калпак эпосу «Кырк кыздын» (каарманы — Гүлайым) персонаждары менен үндөшүп турат.

Жогоруда эскерилген жана башка генеалогиялык уламыштарда камтылып турган жана фольклордук мотивдерди кайталаган көптөгөн нерселерди мындай коюп, куштардын ролуна кыскача токтолуп кетүү керек, булар эпосто өзүнүн белгилүү бир ордун ээлеп турат. Манастын уулу Семетейдин Ак шумкарын эле

эске түшүрүп көрөлүчү. «Сейтек» поэмасынын аягында («Манас» үчилтигинин акыркы бөлүгү) эпостун каармандары Бакай, Каныкей, Семетей, Айчүрөк жана Күлчоро адамдар менен коштошушат да, кайып болуп кетишет, алар менен бирге Манас жакшы көргөн Ак шумкар, анын ити Кумайык, Семетейдин залкар аты Тайбуурул[19] да көздөн кайым болот. Семетейдин колуктусу Айчүрөк ак кууга айланат. Эпостук каарман Эр Төштүк жер астындагы дүйнөдөн зор Алп каракуштун жардамы менен жер үстүнө кайтып келет.

Генеалогиялык уламыштарда да ата-бабаларды колдогон же аларга өзүнүн атын берген куштар көп кезигет. Ыйык *ак кажыр* учуп келип, Бапанын колуна конот (бугу уруусунун ата-бабаларынын бири), ушундан кийин анын уулу денесиндеги жаратынан сакайып кетет. *Жору* деген *улуу куш* Тагайдын жаасынын жебесинен өлөт. Тагай бул кушту хандын уруксаты боюнча атат, хан Тагайга эгерде кушту атып өлтүрсөң менде туткунда турган агаңды — Адигинени бошотомун деп убада берет. Хан тартуу кылган кыздан Адигине эркек балалуу болуп, ысмын Жору коюшат. Ал ушул эле ат менен аталган уруу бөлүкчөсүнүн түпкү атасы болуп калат.

Генеалогиялык циклдеги кыргыз уламыштарындагы саналып өткөн фольклордук мотивдердин орун алышы толук мыйзам ченемдүү көрүнүш. Ал, биринчиден, кыргыз фольклорунун бүт дээрлик жанрларын өзүнө камтып турган эң сонун эпостук эстелик болгон «Манастын» зор таасири менен түшүндүрүлөт. Анын үстүнө «Манас» эпосунун өзү да өзүндө кыргыздардын байыркы генеалогиялык уламыштарын камтып турганы да толук табигый нерсе. Экинчиден, кыргыздар жана алардын ата-бабалары алардын өткөндөгү тарыхындагы өзгөчөлүү шарт-жагдайлардын натыйжасында Орто Азиядагы жана Казакстандагы гана эмес, Түштүк Сибирь менен Борбордук Азиянын уруулары менен элдеринин кеңири чөйрөсү менен байланышта болуп келген[20]. Бул болсо, өз кезегинде кыргыздардын генеалогиялык уламыштарында аталган элдерде тараган фольклордук мотивдердин пайда болушуна алып келген.

## ЭСКЕРТҮҮЛӨР, КОММЕНТАРИЙЛЕР, БИБЛИОГРАФИЯ

### *КЫСКАРТУУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ*

ВГО — Всесоюзное географическое общество — Бүткүл союздук география коому.

ВЯ — Вопросы языкознания — Тил илиминин маселелери.

ЖС — Живая старина — Тирүү эскилик.

Каз. ГПБ — Казахская государственная публичная библиотека — Казак мамлекеттик элдик китепкана.

КРС — К. К. Юдахин. Киргизско-русский словарь. М., 1965. — Кыргызча-орусча сөздүк.

КСИЭ — Краткие сообщения Института этнографии АН СССР —СССР Илимдер академиясынын Этнография институтунун кыскача билднрүүлөрү.

МАЭ — Музей антропологии и этнографии им. Петра Великого АН СССР — СССР Илимдер академиясынын Улуу Петр атындагы антропология жана этнография музейи

МИА — Материалы и исследования по археолоши СССР — СССРдин археологиясы боюнча материалдар жана изилдөөлөр.

МХЭ — Материалы Хорезмской экспедиции. — Хорезм экспедициясынын материалдары.
РГО — Русское географическое общество — Орус географиялык коому.
СВ — Советское востоковедение — Советтик чыгыш таануу.
СЭ — Советская этнография — Советтик этнография.
ТИИ — Труды Института истории АН Киргизской ССР — Кыргыз ССРинин Илимдер академиясынын Тарых институтунун эмгектери.
ТИЭ — Труды Института этнографии АН СССР. Новая серия — СССР Илимдер академиясынын Этнография институтунун эмгектери. Жаңы серия.
ТИЯЛИ — Труды Института языка, литературы и истории Киргизского филиала АН СССР. — СССР Илимдер академиясынын Кыргыз филиалынын Тил, адабият жана тарых институтунун эмгектери.
ТКАЭЭ — Труды Киргизской археолого-этнографической экспедиции. — Кыргыз археологиялык-этнографиялык экспедициясынын эмгектери.
ТТАЭЭ — Труды Тувинской археолого-этнографической экспедиции. — Тувалык археологиялык-этнографиялык экспедициясынын эмгектери.
ТХАЭЭ — Труды Хорезмской археолого-этнографической экспедиции. — Хорезмдик археологиялык-этнографиялык экспедициясынын эмгектери.
ЦГИА — Центральный государственный исторический архив Казахской ССР — Казак ССРинин Борбордук мамлекеттик тарых архиви.
ЭО — Этнографическое обозрение — Этнографиялык баян.

*Илимий-популярдуу басылма*
Саул Матвеевич Абрамзон
**Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер**
Түзгөн *Өмүркул Караев*
Которгондор: *Сатыбалды Мамбеталиев, Дардайыл Сулайманкулов, Советбек Макенов*
Редакторлору *Токтосун Иязалиев, Калманбет Эстебесов, Сатыбалды Мамбеталиев*
*Көркөм редактору Эмилъ Тилеков*
Тех. редактору *Салима Нурмиева*
Корректору *Нургул Абдиева*
Терүүгө 20.01. 99 берилди. Басууга 20.11. 99 кол коюлду. Офсет кагазы.
Кагаздын форматы 70 X 108 1/16 «Лазурский» ариби. Офсет ыкма менен басылды. 56.0 физ. басма табак. Нускасы 2000. Заказ № 2466.
«Кыргызстан — Сорос» фондунун басма борборунда терилди.
Кыргызполиграфкомбинаты. 720461. Бишкек, Т. Суванбердиев көчөсү, 102.

[1] В. В. Бартольд. Киргизы. Исторический очерк. Соч., т. II, ч. I, М., 1963, стр. 474.
[2] М. П. Вяткин. Путевые замечания Омского гарнизонного полка лекаря Зиберштейна. Ист. архив, т. I, М., 1936.
[3] П. П. Семенов-Тян-Шанский. 1) Первая поездка на Тянь-Шань или Небесный хребет до верховья р. Яксарта или Сыр-Дарьи в 1857 г. Вестн. РГО. 1858, ч. XXIII. 2) Путешествие в Тянь-Шань в 1856—1857 г.г. М., 1946.
[4] Ч. Ч. Валиханов. Собр. соч. в пяти томах. Т.т. I—IV, Алма-Ата, 1961—1968.

www.bizdin.kg

[5] С. М. Абрамзон. 1) Очерк культуры киргизского народа, Фрунзе, 1946, стр. 3—4; 2) Этнографическое изучение Киргизии за 20 лет. Төмөнкү китепте: Наука в Киргизии за 20 лет (1926—1946). Фрунзе, 1946, стр. 179—180. Революцияга чейинки этнографиялык адабияттын толук библиографижын караңыз: 3. Л. Амишин-Шапиро. Анноти-рованный указатель литературы по истории, археологии и этнографии Киргизии (1750-1917). Фрунзе, 1958.

[6] Ф. А. Фиелъструп. Исследования среди кара-киргиз. Төмөнкү китепте: Этнографические экспедиции 1925—1926 г.г. А., 1926.

[7] Н. П. Дыренкова. Брак, термины родства и психические запреты у киргизов. Сб.этногр. матер. по семейно-родовому быту народов СССР, № 2, Л., 1928..

[8] Н. Х. Калемин. О результатах исследования социальных отношений в ауле-кишлаке Шаркратминской, Эсенгуловской и Чоринской волостей Нарынского кантона, 1926—1927 г.г. Кол жазма. Кыргызстан КП БКнын алдындагы партия тарыхы институту

[9] М. Ф. Гаврилов. Классовый состав «букары» горной Киргизии и «Манап». Төмөнкү китепте: Современный аул Средней Азии. Вып. X. Загорная волость (Каракол-Нарынского округа Киргизской АССР. Ташкент, 1927).

[10] П. И. Кушнер (Кнышев). Горная Киргизия (социологическая разведка). М., 1930.

[11] П. Погорелъский, В. Батраков. Экономика кбчевого аула Киргизстана. М., 1930.

[12] А. С. Бежкович. Киргизское бытовое земледелие. Кол жазма. Кыргыз ССР Илимдер академижынын коолгдук илимдер бөлүмүнүн кол жазмалар фондусу, инв. № 735.

[13] Б. Солтоноевдин «Кызыл кыргыз тарыхы» аттуу 618 бет көлөмүндөгү чоң эмгегинин кол жазмасы, кыргыз элинин тарыхы, этнографижы жана фольклору боюнча бай материалдарды камтыйт, ал материалдар автор тарабынан 1895-жылдан 1934-жылга чейинки мезгилде чогултулган. Кол жазманын көчүрмөсү (инв. № 1057, машинкага басылган, 566 бет) Кыргыз ССР ИА Тил жана адабият институтунун кол жазмалар фондусунда сакталып турат. Ал «Кыргыз, казак тарыхы» деп аталат, бул аталыш анын мазмунуна туура келбейт.

[14] С. И. Илъжов. 1) Рассказы охотников. Төмөнкү китепте: Академику К. И. Скрябину. Фрунзе, 1945; 2) Пережитки шаманизма у киргизов. ТИЯЛИ, вып. I (1944), Фрунзе, 1945; 3) Пережитки патриархально-родовых и феодально-буржуазных отношений у киргизов до проведения сплошной коллективизации. Ошонун өзүндө; 4) 0 сугцности патриархально-феодальных отношений у кочевых народов Киргизии. Матер. объед. научн. сессии, посвягц. истории Ср. Азии и Казахстана в дооктябрьский период. Ташкент, 1955; 5) Земельные отношения в Киргизии в конце XIX — начале XX в.в., 1963.

[15] Жамгирчинов. 1) Киргизы в эпоху Ормонхана. ТИЯЛИ, вып. I (1944) Фрунзе, 1945; 2) Из генеалогии киргизов. Төмөнкү китепте: Белек С. М. Малову. Фрунзе, 1946.

[и]Б. М. Юнусалиев. 1) Проблема формирования общенародного киргизского языка. ВЯ, 1955, № 2; 2) Киргизская лексикология, ч. I. Развитие корневых слов. Фрунзе, 1959.

[16] Б. М. Юнусалиев. 1) Проблема формирования общенародного киргизского языка. ВЯ, 1955, № 2; 2) Киргизская лексикология, ч. I. Развитие корневых слов. Фрунзе, 1959.

[17] Кыргыздардагы совет мезгилиндеги этнографиялык изилдөөлөр жөнүндө баяндаманы төмөнкүлөрдөн караңыз: С. М. Абрамзон. Этнографическое изучение Киргизии за 20 лет; В. П. Шерстобитов, К. К. Орозалиев, Д. Ф.Винник. Очерк истории исторической науки в Советском Киргизстане (1918—1960 г.г.). Фрунзе, 1961, с. 12—15, 22—29, 45-53.

[18] . К. Юдахин. Киргизско-русский словарь. М., 1965.

[19] С. М. Абрамзон. Этнографические экспедиции в Киргизской ССР в 1946—1947г.г. Изв. ВГО, т. 80, вып. 4, 1948.

[20]К С. М. Абрамзон, К. И. Антипина, Г. П. Васильева, Е. И. Махова, Д. Сулайманоб.Быт колхозников киргизских селений Дархан и Чичкан. ТИЭ, т. XXXVII, М., 1958.(Мындан ары авторлор келтирилбейт.)

[21] С. М. Абрамзон. 1) Полевые этнографические исследования в Киргизской ССР в 1953 г., СЭ, 1954, №2, стр. 155—158; 2) Предварительные итоги полевых этнографических исследований в Киргизской ССР в 1954 г. КСИЭ, вып. XXV, 1956.

[22] Быт колхозников киргизских селений Дархан и Чичкан; К. И. Антипина. Особенности материальной культуры и прикладного искусства южных киргизов. Фрунзе, 1962; Е. И. Махова. Материальная культура киргизов как источник изучения их этногенеза. ТКАЭЭ, т. III, Фрунзе, 1959. Автордун эмгегинде синь-цзянь кыргыздарынын түндүк тобунун материалдык маданиятын мүнөздөөнүн негизин (С. М. Абрамзон. Киргизское население Синьцзян-Уйгурской автономной области КНР. ТКАЭЭ. т. II, М., 1959) Е. И. Махова чогулткан жана иштеп чыккан материалдар түздү; автор «Кыргыздар» деген главанын «материалдык маданияты» деген бөлүмүн даярдоодо (төмөнкү китепте: Народы Средней Азии и Казахстана, т. II, М., 1963. Сер. «Народы мира») Е. И. Махованын кээ бир талаа жазмаларын да пайдаланды.

[23] Д. Айтмамбетовдун «XIX кылымдын экинчи жарымындагы жана XX кылымдын башындагы кыргыз элинин маданияты» деген китебинин жарыкка чыгышы (Фрунзе, 1967, айрыкча I жана V главаларын караңыз, 17—64, 217—182-6.6.) кыргыз жана орус элдеринин тарыхый-маданий байланыштарын толук карап чыгуу зарылдыгынан авторду бошотот.

# I бап
# КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ЭТНИКАЛЫК ТАРЫХЫНЫН МАСЕЛЕЛЕРИ

[1] П. И. Рычков. Топография Оренбургская, то есть: обстоятельное описание Оренбургской Губернии, ч. I, Спб., 1762, стр. 133—134. 1740-жылдардын акырында П. И. Рычков тарабынан «Краткое известие о татарах и о нынешнем состоянии тех народов, которые в Европе под именем татар разумеются» (кол жазма ССР ИАнын архивинде сакталып турат, разр. II, оп. 1, № 126, А.А. — 1—21) деген изилдөө жазылат. Анда автор кыргыздардын өзүнө кыскача нукура мүнөздөмө берет да, аларды кыргыз- кайсактардан же казактардан (казахтардан) ажыратып көрсөтөт. Орто Азияны жердеген кыргыздар жөнүндө ишенимдүү маалыматтарды келтирген биринчи орус окумуштуусу П. И. Рычковдун эмгегинин мааниси жөнүндө А. Шеймандын «Русский ученый XVIII века о киргизах» (Литературный Кыргызстан, 1959, № 2) деген макаласында айтылат.

[2] В. Н. Татищев. История Российская. М., 1768, стр. 283.

[3] Г. Андреев. Описание средней орды киргис-кайсаков, с касающимися до сего народа, також и прилежащих к Российской границе, по части Колыванской иТобольской губерний, крепостей, дополнениями. Новые ежемесячные сочинения, СПб.,1795-1796, чч. CX-CXVIII.

[4] Филипп Ефремов. Девятилетнее странствование. М., 1950, стр. 36.

[5] Н. Я. Бичурин. Описание Чжуньгарии и Восточного Туркистана в древнем и нынешнем состоянии. Переведены с китайского монахом Иакинфом. Ч. I, Спб., 1829,стр. VIII, XXV-XVIII.

[6] А. Левшин. 1) 0б имени киргиз-казацкого народа и отличии его от подлинных,или диких киргизов. Московский вестник, 1827, ч. IV, № XIV; 2) Описание киргиз-казачьих, или киргиз-кайсацких орд и степей, ч. I, Спб., 1832.

[7] Ч. Ч. Валиханов. Собр. соч. в пяти томах. Тт. I—IV., Алма-Ата, 1961—1968.

[8] W. Radloff. 1) Observations sur les Kirgiz Journal Asiatique 1863, №9; 2) Aus Sibirien, Leipzig, 1884; Aufl 2, 1893.

[9] Н. А. Аристов. Опыт выясения этнического состава киргиз-казаков Большой орды и каракиргизов на основании родословных сказаний и сведений о существующих родовых делениях и о родовых тамгах, а также исторических данных и начинающихся антропологических исследований. ЖС, 1894, вып. III и IV.

[10] Г. Е. Грумм-Гржимайло. Западная Монголия и Урянхайский край, т. II, Л., 1926.

[11] В. В. Бартольд. 1) Очерк истории Семиречья. Соч., т. II, ч. I, М., 1963;2) Киргизы.Исторический очерк. Ошонун өзүндө.

[12] А. Н. Бернштам. 1) Источники по истории киргизов XVIII века. Вопр. истории.1946, №11—12; 2) Историко-археологические очерки Центрального Тянь-Шаня и Памиро-Алая. МИА, № 26, М.—Л, 1952; 3) К вопросу о происхождении киргизского народа, СЭ, 1956, № 2; 4) О появлении киргизов на Тянь-Шане в IX—X вв. СВ, 1956,№4.

[13] Кыргыздардын этникалык тарыхы боюнча эң маанилүү изилдөөлөр жана жарыяланган эмгектер жөнүндө баяндоону төмөнкү эмгектен караңыз: С. М. Абрамзон. Этнический состав киргизского населения Северной Киргизии. ТКАЭЭ, т. IV, М., 1960.

[14] The Tarikhi-i-Rashidi of Mirza Muhammad Haidar, Dughlat Ed by N. Elias. The transl. of Danison Ross. London, 1895; *Махмут ибн Вали.* Бахр. ал-асрар фи манакиб-и -ахйар (Асыл эрдик иштер жөнүндө деңиздей чалкыган сырлар). Кол жазма. Өзб. ССР Илимдер академиясынын Чыгыш таануу институту, № 1375 (төмөнкү эмгекте пайдаланылган: Б. Ахмедов. К изучению политической истории Киргизии XV века. Общественные науки в Узбекистане, 1961, № 5, стр. 24—34);М. А. Салахетдинова. 1) Сочинение Мухаммед-Садыка Кашгари «Тазкира-и-ходжаган» как источник по истории киргизов. ИАН, сер. обществ. наук. т. I, вып. 1 (История), Фрунзе, 1959; 2) Сведения о киргизах в «Абдулла-намэ» Хафиз-и Таныша. Ошонун өзүндө, т. II, вып. 3 (История), Фрунзе, 1960; Собрание историй (Мажму ат-таварих). Подгот. К изд. А. Т. Тагирджанов. Изд. ЛГУ, Восточный факультет, Иранская филология, вып. 2, Л., 1960; В. А. Ромодин, Некоторые источники по истории Ферганы и Кокандского ханства (XVI—XIX в.в.) в рукописных собраниях Ленинграда. Тр. XXV. Международ конгр. востоковедов, т. III, М., 1963. Орто Азиянын, анын ичинде кыргыздардын да этникалык тарыхынын көп жактарын аныктоо үчүн А. Н. Кононовдун макаласынын жана анын буга берилген комментариясынын чоң мааниси бар (караңыз: А. Н. Кононов. Родословная туркмен. Сочинение Абу-л-Гази хана хивинского. М.—Л., 1958).

[15] Кыргыз Археологиялык-этнографиялык экспедицижынын ишинин негизги жыйынтыктары төмөнкүлөрдө жарыяланган: «Труды»: т. I, М., 1956; т. II, М., 1959; т. III, Фрунзе, 1959; т. IV, М., 1960; т. V, М., 1968. Дагы караңыз: Г. Ф. Дебец. 1) Некоторые проблемы происхождения киргизского народа в

свете работ последних лет. Матер.Первой Всесоюзн. научн. конфер. востоковедов в г. Ташкенте. Ташкент, 1958.

[16] К. К. Юдахин. 1) Из ляйлякских материалов. ТИЯЛИ, вып. II, Фрунзе, 1948;2) Итоги и задачи изучения киргизских диалектов. Тр. Инст. языка и литературы АН КиргССР, вып. VI, Фрунзе, 1956; 3) Киргизско-русский словарь, М., 1965;
Б. М Юнусалиев. 1) Проблема формирования общенародного киргизского языка, ВЯ, 1955, № 2; 2) Киргизская лексикология. Ч. I, Развитие корневых слов. Фрунзе, 1959; И. А. Батманов. 1) Современный киргизский язык, Ч. I, Фонетика. Фрунзе, 1963; 2) Некоторые лингвистические данные к этногенезу киргизского народа. ТКАЭЭ, т. III.

[17] ТКАЭЭ, т. III, бул том толугу менен ушул сессияга арналган. Дагы караңыз: С. М. Абрамзон. Научная сессия по этногенезу киргизского народа. СЭ, 1957, № 1; А. Д. Грач. Проблемы этногенеза киргизского народа. Вестн. АН СССР, 1957, №2.

[18] Бул эмгек «Кыргыздар жөнүндө жазмалар» деген ат менен биринчи жолу толугу менен төмөнкү китепте жарыяланган: Ч. Ч. Валиханов. Собр. соч., т. I, стр. 301—379.

[19] Ч. Ч. Валиханов. Сочинения. Спб., 1904 (Зап. РГО по отд. этногр., т. XXIX).

[20] ) Этногенез киргизов и их движение на Тянь-Шань в XIII—XV в.в. Изв. АН Кирг.ССР, сер. обществ. наук, т. II, вып. 3 (История), Фрунзе. 1960; 2) К истории движения киргизов на Тянь-Шань и их взаимоотношений с ойратами в XIII—XV вв. Фрунзе, 1961; 3) Очерк происхождения киргизского народа. Фрунзе, 1963.

[21] А. Х. Маргулан (кыргыз элинин этногенези боюнча сессияда сүйлөгөн сөзү), ТКАЭЭ, т. III, стр. 175-201.

[22] Караңыз: ТКАЭЭ, т. III, стр. 132-133.

[23] 0. Караев. К вопросу о передвижении киргизов на Тянь-Шань и ассимиляции им местных племен в XIII—XV в.в. СЭ. 1966, №4; Ошонун эле китеби: Арабские и персидские источники IX—XII веков о киргизах и Киргизии. Фрунзе, 1968.

[24] С. М. Абрамзон. Киргизы. Төмөнкү китепте: Народы Средней Азии и Казахстана. т. II, М., 1963 (сер. «Народы мира»), стр. 164—165.

[25] А. П. Потапов. Этнический состав и происхождение алтайцев. Историко-этнографический очерк. Л, 1969, стр. 56—57.

[26] В. П. Юдин. О родоплеменном составе могулов Могулистана и Могулии и их этнических связях с казахами и другими народами. Изв. АН. КазССР, сер. обществ. наук. вып. 3. Алма-Ата, 1965, стр. 61. (Ариптердин арасын ачкан мен — С. А.).

[27] К. И. Петров. К истории движения киргизов на Тянь-Шань..., стр. 4.27

[28] А. Н. Бернштам: 1) К вопросу о происхождении киргизского народа; 2) О появлении киргизов на Тянь-Шане в IX—X в.в.; 3) Археологический очерк Северной Киргизии. Фрунзе. 1941, стр. 46, С. П. Толстов. Основные проблемы этногенеза народов Средней Азии. Төмөнкү китепте: Советская этнография, VI—VIII, 1946, стр. 303—304; С. В. Киселев. Древняя история Южной Сибири. М., 1951; Ю. Зуев. 1) Термин «кыркун». К вопросу об этническом происхождении кыргызов по китайским источникам. ТИИ, вып. IV, 1958; 2) К этнической истории усуней. Тр. Инст. ист., археол, и этногр. АН Каз. ССР, т. 8; Новые материалы по древней и средневековой истории Казахстана. Алма-Ата. 1960; С. М. Абрамзон. Киргизы. Сов. ист. энциклопедия, т. VII, стр. 277.28

[29] Кийинки мезгилде бул маселе бир нече эмгектерде козголду: А. Абдыкалыков.0 термине «буруты». СЭ, 1963, № 1; К. И. Петров. К этимологии термина «кыргыз».(Цветовая древнетюркская топоэтнонимика Южной Сибири). СВ, 1964, №2; Н. А. Баскаков. К вопросу о происхождении этнонима «кыргыз». Ошонун өзүндө. Дагы караңыз: Ю. А. Зуев. 1) Древнетюркские генеалогические предания, как источник по ранней истории тюрков. Автореф. канд. дисс. Алма-Ата, 1967, стр. 14; 2) Киргизы буруты. (К вопросу о тотемизме и принципах этнонимообразования). СЭ, 1970, № 4: А. Р. Кызласов. Взаимоотношение терминов хакас и кыргыз в письменных источниках VI—XII веков. Народы Азии и Африки. 1968, №4; С. Е. Яхонтов. Древнейшие упоминания названия «киргиз». СЭ, 1970. № 2. А. Н. Кононов. Еще раз об этнониме названия «кыргыз». Төмөнкү китепте: «Тюркологические исследования. Сб. статей. посвяхц. 80-летию акад. К. К. Юдахина. Фрунзе, 1970, стр. 16—20.

[30] В. П. Юдин. О родоплеменном составе могулов..., стр. 61.

[31] В. В. Бартольд. Киргизы, Соч., т. II, ч. I, стр. 492—493.31

[32] Сообщение Центрального статистического управления при Совете Министров СССР «О возрастной структуре, уровне образования, национальном составе, языках и источниках средств сугцествования населения СССР по данным всесоюзной переписи населения на 15 января 1970 года» (Правда, 1971, 17 апр.).

[33] С. И. Брук. Расселение национальных меньшинств Китайской Народной Республики. СЭ, 1958, № 1, стр. 77.

[34]С. И. Брук. Этнический состав стран Передней Азии. СЭ, 1955, №2, стр. 75.Башка бир маалымат боюнча (А. В. Станишевский, Афганистан. М., 1940, стр. 23.) Афганистанда 5 миңге жакын кыргыздар көчүп жүрүшкөн.

[35]Сообщение Центрального статистического управления... 35

[36] Кээ бир булактар XIX кылымда эле кыргыздар батыш тарапка Самарканга чейин, а түгүл Заравшан дарыжынын Бухара бөлүгүнө чейин тарагандыгын далилдейт. Караңыз: И. Вирский. Сведения о Заравшанском округе. Матер. для статистики Туркестанского края, вып. IV, СПб., 1876, стр. 10—55, 87, 97,110; Заметки о Бухарской части долины Заравшана. Изв. Туркестанского отд. РГО, т. 1899, вып. 2, Ташкент, 1900, стр. 181—193; Материалы по районированию Средней Азии. Кн. I. Территория и население Бухары и Хорезма. Ч. I, Бухара. Ташкент, 1926, стр. 214, 262—266.36

[37]Н. Я. Бичурин. Описание Чжуньгарии и Восточного Туркестана..., А. Н. Бернштам. Источники по истории киргизов XVIII века; А. А. Кондратьев. Исторические сведения о киргизах в китайских источниках. Матер. Первой Всесоюзной научн. конфер. востоковедов в Ташкенте, Ташкент, 1958. 37

[38] И. Г. Андреев. Описание Средней Орды киргис-кайсаков..., гл. III (О диких черных или закаменных киргизцах).38

[39]Ч. Ч. Валиханов. Собр. соч., т. I, стр. 302-303, 333-342, 422-423, 544-551, 579-588. 39

[40] М. Венюков. Очерки Заилийского края и Причуйской страны. Зап. РГО, СПб.1861, кн. 4; В. В. Радлов. Этнографический обзор турецких племен Сибири и Монголии. Иркутск, 1929; Н. А. Аристов. Опыт выжнения этнического состава киргиз-казаков Большой орды и кара-киргизов..., стр. 427—459.40

[41] Н. Ф. Ситняковский. 1) Перечисление некоторых родов киргиз, обитающих в восточной части Ферганской области. Изв. Туркестанск. отд. РГО, Ташкент, 1900, т. II, вып. I.; 2) Таблица киргизских родов Ошского уезда. Там же, вып. 2.41

[42]Корнилов. Кашгария или Восточный Туркестан. Ташкент, 1903, стр. 233—236.21 42

[43] В. Н. Аублицкий. Родословная таблица (кара) кыргыз, проживающих в Джетысуйской области, и краткая их история. Алма-Ата, 1923; Г. Е. Грумм-Гржимайло. Западная Монголия и Урянхайский край; А. С. Сыдыков. Родовое деление киргиз. Төмөнкү китепте: В. В. Бартольд. Ташкент, 1927; С. И. Ильжов. Пережитки патриархально-родовых и феодально-буржуазных отношений у киргизов до проведения сплошной коллективизации. ТИЯЛИ, вып. I (1944), Фрунзе, 1945, стр. 132; £. Д. Джамгерчинов. Из генеалогии киргизов. Төмөнкү китепте: Белек С. Е. Малову. Фрунзе, 1946, стр. 35—39; Б. М. Юнусалиев. Проблема форм. общенародного киргизского языка.

[44]С. М. Абрамзон. 1) Полевые этнографические работы в Киргизской ССР в 1953 г. СЭ, 1954, №2, стр. 155—158; 2) Предварительные итоги полевых этнографических исследований в Киргизской ССР в 1954 г. КСИЭ, 1956, вып. XXV; Киргизское население Синьцзян-Уйгурской автонолшой области КНР. ТКАЭЭ, т. II; 4) Вопросы этногенеза киргизов по данным этнографии. ТКАЭЭ, т. III; 5) Этнический состав киргизского населения..., 6) S.M.Abramzon. Die Stammesgliederung der Kirgisen und die Frage nach ihrer Herkunft. Acta orientalia Hung., 1962, I. XIV, fasc. 2; 7) Я. Р. Бинников. Родоплеменной состав и расселение киргизов на территории Южной Киргизии. ТКАЭЭ, т. I

[45] Бул кол жазма жөнүндө биринчи билдирүүнү төмөнкү журналдан караңыз:Проблемы востоковедения. 1960, № 2 (Хроника).

[46] Байыркы түрк тексттеринде «отуз огландын» (уулдардын, уландардын өрөөнүндө табылган экинчи эстеликтен мындай деп окуйбуз: «отуз оглан сагдычлары пічін(а) jati iripmi (a) ... — («Отуз огландын» берилген достору. Мечин жылы, он жетинчи күн... — С. Е. Малов. Памятники древнетюркской письменности Монголии и Киргизии. М.— Л., 1959, стр. 60—61). Экинчи бир Талас эстелигинен төмөнкү саптарды окуйбуз: «Atu cur (a) otuz o˅lan asy˅ adyrylmys siza talsy˅ aran...» (Анын аты — Чур.) Ал силерден,
отуз огландан, (дүйнөнүн) пайдасы менен жыргалынан бөлүнүп кетти (б. а. өлдү) — С. Е. Малов. Памятники древнетюркской письменности. М.—А., 1951, стр. 74—75). Эки эстелик тең Талас суусунун өрөөнүндө жайгашкан. Азыркы учурда ал жерде өзүлөрүн отуз уул тобунун сол канатына таандык кылышкан кыргыздардын алда канча көп бөлүгү топтолгон.

[47] Генеалогиянын көптөгөн билермандары төөлөс уруусу оң канатка да, сол канатка да, ичкилик тобуна да кирбейт дешет.

[48] Н. Ф. Ситняковский мурда эле белгилегендей (караңыз: ушул главадагы 41 шилтеме), ичкилик тобунун өз ичинде да оңго жана солго бөлүнүүлөр бар.

[49] Б. Ахмедов. К изучению политической истории Киргизии XV века, стр. 31—34.49

[50] Бул топтор жөнүндө кээ бир маалыматтарды төмөнкү эмгектен караңыз С. М. Абрамзон. Этнический состав киргизского населения..., стр. 87—92; сарт-калмак, чала-казак тайпалары жөнүндө караңыз: Б. Алымбаева. К вопросу о сближении народов Киргизии. Төмөнкү китепте: Трудящиеся Киргизии в борьбе за строительство социализма и кол4мунизма. Фрунзе, 1966, стр. 200—212.

[51] Башкырттардын арасында мурдагы Челябинск уездинде жашап турушкан сарт калмактардын тобу да бар экендиги аныкталган (С. 14. Руденко. Башкиры. Историко-этнографические очерки. М.—Л., 1955, стр. 54, 57; Р. Г. Кузеев. Очерки исторической этнографии башкир. Ч. I. Родоплеменные организации башкир в XVII—XVIII в.в. Уфа, 1957, стр. 54).

[52] Бул топ жөнүндө төмөнкү эмгекти караңыз: Л. П. Потапов. Очерки народного быта тувинцев. М., 1969, стр. 52, 54, 78.

www.bizdin.kg

[53] В. П. Юдин. О родоплеменном составе могулов..., стр. 62.

[54] СССРдеги кыргыздардын уруулук топторунун жайгашканы Я. Р. Винниковдун (ТКАЭЭ, т. I) жана С. М. Абрамзондун (ТКАЭЭ, т. IV; автордун материалдары боюнча жана анын катышуусу менен Я. Р. Винник тарабынан түзүлгөн) жогоруда аталган эмгектерине тиркеме катары жарыяланган картада көрсөтүлгөн; Кытай Эл Республикасындагы кыргыздардын негизги уруулук топторунун жайгашканы С. М. Абрамзондун аталган эмгегине тиркеме катары берилген картада көрсөтүлгөн (ТКАЭЭ, т. II;автордун материалдары боюнча С. И. Брук тарабынан түзүлгөн).

[55]С. М. Абрамзол. Из этнической истории киргизов. Тюркологический сборник к 60-летию А. Н. Кононова, М.—Л, 1966, стр. 165—167.

[56] Салыштырыңыз: алтайлыктарда Я тамга деген «жаа-тамганы» билдирет (W.Radloff. Aus Sibirien, I, стр. 279).

[57] С.М.Абрамзон. Этнический состав киргизского населения..., стр. 99—104 (приложение: Киргизские тамги).

[58] Ю. А. Зуев. «Тамги лошадей из вассальных княжеств». Төмөнкү китепте: Новые материалы по древней и средневековой истории Казахстана. Тр. Инст. ист., археол. И этногр. АН КазССР, т. 8, Алма-Ата, 1960, стр. 132.

[59] Н. А. Аристов. 1) Опыт выжнения этнического состава, стр. 396, 397, 402—405, 407, 426—427, 461—464; 2) Заметки об этническом составе тюркских племен и народностей и сведения об их численности. ЖС, 1896, вып. III—IV. Дагы караңыз: В. В. Бостров, М. С. Муканов. Родоплеменной состав и расселение казахов (конец XIX — начало XX в.). Алма-Ата, 1968, стр. 31, 36, 41, 43, 48, 55, 56, 92, 98, 99, 100.

[60] 60 Ю. А. Якубовский, Б. Д. Греков. Золотая Орда и ее падение. М.—Л., 1950, стр. 316 сл.; о чуме — стр. 413.

[61] В. В. Бартольд. Киргизы, стр. 517—518. Бул жагдайда алганда 1955-жылы Баткен районундагы Таян айлында нойгут уруусундагы Айткозиев Сатардан жазылып алынган уламыш мындан кем эмес кызыгууну пайда кылат. Уламышка караганда нойгут уруусу калмактар менен согуш жүрүп жатканда Кашгар тараптан ооп келген. Ал жактан он эки аттуу нойгут жана башка топтор көчүп кетишкен. Он эки аттуу нойгут үч түрдүү талкууланышы мүмкүн: 12 нойгут, же нойгут уруусунан 12 мырза же 12 атчан нойгут.Бул топтун тукумдарынын бир бөлүгү Гиссар менен Кулябда (Ысар-Көлөп) жердеп калышкан, алар калдык (же карлык, каллык), б. а. карлуктар деп аталышкан. Б. Х. Кармышеванын маалыматы боюнча түштүк Тажикстандын түркий тилдүү калкынын курамында (барластар менен мугулдардын) «кыргыз» деп аталган топ бар.

[62] «Жизнеописание Хаджа Мухаммад Шарифке» караганда, болжол менен XVI кылымдын биринчи жарымында эле кыргыздар Каратегинде жашап турушкан: «Кыргыздар ал кезде Кара-Тегинде турушкан. Алар шаарларды алыстан да көрүшкөн эмес». («Тазкира-йи Ходжа Мухаммад Шариф». Төмөнкү китепте: Материалы по истории казахских ханств XV—XVIII веков. Извлечения из персидских и тюркских сочинений. Алма-Ата, 1969, стр. 235).

[63] Захир ад-Дин Бабур. Бабур намэ. Ташкент, 1948, стр. 42—43; ср.: С. А. Азимджанова. Черты. социально-экономической жизни Ферганы на рубеже XV—XVI в.в. Тр Инст. востоковедения АН УзССР, вып. III, 1954, стр. 38.

[64] Материалдык маданият жана көркөм сүрөт искусствосу үчүн мүнөздүү болгон көптөгөн ушундай белгилер төмөнкү китепте белгиленген: К. 14. Антипина. Особенности материальной культуры и изобразительного искусства южных киргизов. Фрунзе, 1962. Ичкиликтерге жалпы мүнөздүү болгон бир катар көрүнүштөр ушул изилдөөнүн айрым главаларында баяндалат.

[65] К. 14. Петров. 1) К истории движения киргизов на Тянь-Шань..., стр. 23, 41—43, 133—137; 2) Очерк происхождения киргизского народа, стр. 60—62, 139.

[66] Белгилүү санжырачы Асанбаев Узакбай молдодон жазылып алынды (Ысык-Көл бою, Талды-Суу айылы).66

[67] Өзүн теги боюнча баргы уруусунун көкчө уул тукумуна таандык кылат (Ош областынын Алай району).

[68] Өзүн теги боюнча адигине тобундагы бөрү уруусуна таандык кылат (Ош областы, Совет району, 1955-ж.)

[69] Өзүн теги боюнча найман уруусунун бос торгой уругуна таандык кылат (Ош областынын Үч-Коргон районундагы Чаувай кыштагы, 1955-ж.)

[70] В. П. Юдин. О родоплеменном составе могулов..., стр. 55, 60.70

[71] Б. Ахмедов. К изучению политической истории..., стр. 31; Тарих-и-Рашиди. Рукопись. ЛГУ, № 272, л. 36 а.

[72] С. М. Абрамзон. К семантике киргизских этнонимов. СЭ, 1946, № 3.

[73] B.O.Oruzbayewa. Etnonyme im epos «Manas» und ihre beziehung zu dem spateren Gentes-Stammigen Bennenungen der Kirgisen. Der VIII Intern. Kongr. Anthrop. u Ethnogr. (Tokyo, September, 1968), Moskau, 1968.

[74] Г. Е. Грумм-Гржимайло. Западная Монголия и Урянхайский край, стр. 154.

www.bizdin.kg

[75]Н. Я. Бичурин (Иакинф). Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена, т. I, М.—Л., 1950, стр. 289.

[76] С. Е. Малов. Памятники древнетюркской письменности, стр. 32, 41, 62, 67.

[77] В. В. Бартольд. Очерк истории Семиречья, стр. 36.

[78] В. В. Бартолъд. Киргизы, стр. 485. Ушул бетке тийиштүү 20-эскертүүдө. В. А. Ромодин аздарга жана алардын кыргыздар менен байланыштарына таандык «Худуд ал-амдагы», XVII кылымдын чыгармасы «Бадаи ат-таварихтеги» (кыргыздарды ас деп аташат) жана Гардизидеги эскертүүлөрдү келтирет.

[79] Түргөштөрдүн башка бир бутагы — Чүй өзөнүнүн өрөөнүндө жашаган тухейликтер кыргыздар менен коңшу болгон. (Б. Б. Бартолъд. Киргизы, стр. 492). Л. П. Потапов белгилегендей «аздардын негизги массасы алар Кара-Хол көлүнүн жээгинде Күлтегиндин жетекчилиги менен чыгыш түрктөр тарабынан талкалангандан кийин батышка ооп, Чүй өзөнүнүн бассейниндеги түргөштөрдүн өлкөсүнө жайгашышат». (Л. П. Потапов. Этноним теле и алтайцы Тюркологический сборник к 60-летию А. Н. Кононова, стр. 238. Ариптердин арасын ачкан мен — С. А.).

